# Мазмун


1 АСМАН ЖАНА СӨЗ 3

2 БАШ СӨЗ 7

3 Манастын туула элегиндеги бабалары 12

4 Калмактын Кочку балбаны жети жүз кол менен жер коруп келип, Манаска катылып, Манас аларды такыр кырганы 142

5 Эсенкан Жолой менен Дөңгөнү баш кылып, Манасты кармап келүүгө он миң кол аткарганы 161

6 Манас Эсенкандын жиберген колунан эки жүз кишисин өлтүрүп, төөлөрүн жүгү менен талатканы 171

7 Жакып, Акбалтайдын Ала-Тоону карай көчө баштаганы. Жолойдун аларга катуу чабуул койгону 179

8 Акбалтай менен Жакып Жолойго кыздарды, малды тартуу тартып багыналы — деп, кеңешкени. Манас болбой урушуп жеңгени 189

9 Манаска кырк чилтен, Кызырдын жолукканы Акбалтайдын кеңеши менен Манас Кошойду көздөй жөнөгөнү 238

10 Эсенкан буйрук менен Жолойду баш кылып, Манаска кол аткарганы 334

11 Кутубий кароол карап, кытайдын колун көргөнү 355

12 Кутубийдин Кытай менен болгон биринчи урушу 366

13 Эзкара Манастан үч күн уруш токтот деп, үч күн нөөмөт сураганы (дем алыш) 428

14 Кошой Билерик менен Манасты бошотуп алуу үчүн аскер камдап, Кытайга жөнөгөнү 435

15 Манастын Кытай менен болгон экинчи урушу 453

16 Кошойдун келип, Манаска кошулганы 469

17 Жолой, Эзкаралар Манаска жеңдирип, Эсенкандын алдына барганы 485

18 Эсенкан сынчыларын чогултуп, бүтүн Кытайдан Коңурбайды жаратып, кароолго эл четине койгону 495

19 Манастын Таласка көчүп келип конгону 503

20 Манастын Аккуланы эгин эгип Аккуланы сатып алганы 520

21 Манастын Таластан чыгып Бакай, Ажыбайга жолукканы 561

22 Манастын Алөөкөнү жеңип кан көтөрүлгөнү 640

23 Манас баатыр Шоорук канды жеңип, Акылайды тартууга алганы 706

24 Чубак баатыр баяны 773

25 Манас баатырдын Каныкейди алганы 841

26 Жети кандын бузугу. Колдун Бээжин аттанганы 877

27 Алмамбет менен Чубактын чыры 917

28 Алмамбеттин жомогу 950

29 Алмамбет менен Сыргактын чалгыны 1041

30 Манас, Чубак Алмамбет, Сыргактын кытайга согуш салганы 1134

31 Кыргыздын колунун келиши 1188

32 Кытайдын жеңилип Манасты Чет Бээжинге кан көтөргөнү 1236

33 Кожожаштын келиши. Баатырлардын окко учканы 1421

34 Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 1621

35 Алп манасчынын алдындагы парз аткарылды 1629

36 МАНАС 1629

Баатырдык эпос

САЯКБАЙ КАРАЛАЕВдин варианты боюнча

Түзгөндөр: АЙНЕК ЖАЙНАКОВА,

АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВ

«Турар» Бишкек 2010

УДК 398 ББК 82.3 (2 Ки) М 23

Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Кеңештин мүчөлөрү:

Акматалиев А. А. - башкы редактор

Жайнакова А. Ж.

Кыдырбаева Р. З.

Мукасов М. М.

Мусаев С.М.

Мураталиев Т.Т.

М 23 МАНАС: С. Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А. Жайнакова, А. Акматалиев; Сөздүктү даярдаган А. Мамытов. Сүрөттөрү Т. Гер-цендики. - Б.: «Турар», 2010. - 1006 б.

18БЫ 978-9967-444-37-9

Кыргыз элинин улуу мурасы, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу мазмунунун кенендиги, баяндаган ой-түшүнүктөрүнүн тереңдиги, көркөмдүк деңгээлинин кол жеткис бийиктиги менен жалпы адамзаттык рухий казынада ардактуу оруңдардын бирин ээлеген

уникалдуу көрүнүш.

УДК 398

М 4702300500-10 ББК 82.3 (2 Ки)

18БЫ 978-9967-444-37-9 © «Турар» басмасы, 2010.

© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2010. Түзгөндөр: А. Жайнакова, А. Акматалиев.

# 1 АСМАН ЖАНА СӨЗ

(Алардын кош жаңырык цндештцгц)

Асман менен Сөз бири-бирине коошпогон тцшцнцк чыгаар, анан калса бийик цн, кош цндцн жацырыгына жалгашып чыгышы кандайча?! Ыра-сында эле, Сөз — адам акыл сезимин, ой жцгцртцццсцн чагылдыруучу кере-мет нерсе, Асман — өлчөмсцз аалам мейкиндигинин көп кырдуу чексизди-ги болуп жцрбөсцн...

Бир караганда бул улуу тцшцнцктөрдцн ортосунда кандай байла-ныш болушу мцмкцн, жаңырып чыккан кош цндц кандай тцшцнцргө мцмкцн? Улагалаш чыккан цн эки адамдын бир ыргакка кошулуп жалпы сезимди, кыялданууну, дилгир кумарланаарсун удургутуп чектеш кылган добуш эмеспи. Бул жолу Асман, Сөз жалгашып цн чыгарат... Кеп каймана элестетццнцн бар жогунда эмес. Ошентип чындыктын болгонун болгон-дой айтсак, кадимки Сөз жана кадимки Асман, мен эми окуянын кцбөсц катары көргөнцмдц көргөндөй төкпөй-чачпай айтып бергенге аракет кы-лып көрөйцн.

Ал тцгцл Асман да айраң-таң болду деп айтышкандай, бул окуядан улам ал ойдун бекеринен айтылбаганына чынында эле ишенгендей бол-дум...

Кылымдардын касиеттцц өзөгцнө айланган көөнөрбөс элдик Сөздцн сырын өз көөдөнцнө уюткудай кармап, байыркы кыргыздын обондуу поэзия-сын Сөзгө айландырган, «Манастын» айтуучусу ошол кцнц, ошол маалда Асманды удургутуп, кулак тундурган жаңырык кошуп, табышмактуу жанданышына себепкер болду.

Ошол окуянын кцбөсц болгонума курсант болуп, сыймыктанам... Бцгцнкц симпозиумда, эл аралык жолугушууда ошол окуя жөнцндө ай-тып берццнц чечтим.

Андан бери көп убакыт өттц. Бул окуя XX кылымдын экинчи жары-мына таандык.

Бирок кепти баштаардан оболу мифологиянын тарыхына кайрылып, тарыхтын цзцлбөгөн көчцндө ар бир эл оозеки чыгармачылыгын жара-тып, кылым карыткан казынасын укумдан-тукумга калтырып, өнцктцрцп келгени тууралсындагы талкууну бцгцнкц форумда көтөргөнц отурганыбызды эсиңиздерге салып кетццнц ашык көрбөңцздөр.

... Баягы көч улам алыстап мунарыкка айланып бараткан сайын, изин кубалап ар бир кадамын тескеп, мезгил таразасына салганча, муна-ралар кыйрап археологиялык урандыларга айланып, ошол эле убакта дцйнөлцк империялар жаңыланган конъюнктуралык өнөкөттөрдц изде-генин токтотпой, адамзат качан да болсо ишке ашпас социалдык уто-пияларга берилип алданып, адашканын койбой, качан болбосун урунуп беринип келээрки дцрбөлөңдцц согушту баштап, аргасы тцгөнгөндө соң-кусуна кабылып, ошол эле маалда кыйсыпырын чыгарган төңкөрцштөр жасалып жатса дагы жумурай журттун салттуу оозеки чыгармачылы-гына айланган байыркы Сөз баяны, өзцнцн мурастуу дцйнөсцндө жашоо-сун улантып көөнөрбөй да, бөксөрбөй да, кылым кезген ырларда, санжы-раларда, болумуштарда, балладаларда шамдай жанып, кайталангыс улут-тук маданияттын тарыхын сактап, ошону менен бирге дцйнөлцк өнцгццнцн тцйшцктцц сапарынын ар бир этабына таандык Сөз менен Рух мурасын жаратып келе берццдө.

Алиги мен айтайын деген кайталангыс укмуш окуя эпикалык баян-дардын дцйнөсцнө мцнөздцц уңгуга окшош.

Ошентип, 20-кылымдын экинчи жарымы өтцп жаткан. Убакыт өтцп кеткенден кийин бардыгын ойго калчап, кцндөлцк жазып жцрбөгөнцмө абдан өкцнцп калдым. Качан болбосун эмки жолкуга калтыра бермей адатыбызга салып отуруп, унутуп коёбуз. Ал кезде идеологиянын добул-басы дцйнөнц дцңгцрөтцп турган тапта, мен «Правда» газетасынын Кыргыз ССРи жана Орто Азия боюнча өздцк кабарчысы болуп иштеп жцргөм. Тагдырдын буйругу менен акыркы классик айтуучу, оозеки чы-гармачылыктын деңизин бир заматта чалкытып буюккан бурганакка, бир заматта кой оозунан чөп алгыс момунга айланткан, кыргыз тилин билбеген адамга да шумдуктай таасир калтыра алган биздин мекенде-шибиз, улуу гений манасчы Саякбай Каралаев менен таанышып калдым. Ысмы баш тамга менен белгилөөгө мцмкцн болгон, чыгармачыл дараме-ти залкар талант дцйнөдө дагы кайталанаар бекен...

Улуттун миңдеген кылымдар бою аздектеп сактап келе жаткан ру-ханий казынасын мезгилдин класстык мцдөөсцнө төп келбеген: «Элге каршы чыгарма», — деп жарыя кылып таштаган саясый

катаал маалда Жараткан тартуулаган улуу талант пайда болгон. Илим жаатында бул сыяктуу тыянак кедерги таасирин тийгизбей койгон жок. Буларды эске салып отурганымдын себеби, Саякбай Каралаев өзцнцн айтуучулук залкар талантынын кцчц аркылуу тоталитардык факторлордон кады-ресе бийик болуп, мифологиялык ички кудуретине байланышкан ченем-сиз чындыктуу ишеними кыргыз журтчулугун муютуп, улуу баянды угууга элди кцсөтцп келген. Телевидение жаңыдан пайда боло баштаган. Ошол себептерден улам манасчыны өз көзц менен көрцп, өз кулагы менен

уккусу келген замандаштарыбыз көп эле. Демек, Саякбай цчцн «Манас» адамдык негизги парзына, жашоосунун маңызына айланганы бекер эмес эле, анткени «Манас» эпосундагы улуу Сөз баатырлыктын тарыхын эле айтпастан, улуттун дцйнө таануусун, тарыхый ордун, ишенимин чагылдырган. «Манас» Теңирдин бизге берген чоң бактысы экендигин өз замандаштарыбыздын оозунан далай уккам. Ал эми Саякбай Каралаев доордун айтуучусу болуп калды.

Чындыгында эле бул калети жок бцтцм. Бул адам башкалардан айыр-масы жок кадимки эле пенде, болгону дцйнөлцк аспектиден алганда улут-тук поэтикалык чыгармачылыктын маани-маңызын көөдөнцнө жазбай сактап, жаңыртып келген, нукура эпикалык инсан. Ушундайча айтууга мцмкцн болсо, биз мамлекеттик эгемендцццлцккө «Манас» деген эпика-лык байрак менен келдик. Саякбай Каралаев өңдөнгөн залкар айтуучу-лар азыркы кцнгө чейин бизге Сөздцн табигый маанисин төкпөй-чачпай жандуу тцрдө жеткирип отурушат.

Саякбай Каралаев кең далылуу, кара тору, бакырайган сцйкцмдцц көздөрц бар, ички абалына жараша тез эле өң-далалаты өзгөрцп турган жандуу жайдары мцнөз, ачык, сымбаттуу адам эле. Манасчы эпостун маанисине терең берилип, бир заматта падышага, өтцкчцгө, бир замат-та аялзатка, наристеге, баатырга, жцзц карага, махабатка арзыганга, ирмемде ат минип жоого аттанып, деги койчу өзгөрцп тураар эле.

Мунун баарын текшилеп айтып жатканым, башында берген убадам-ды аткарып, «Манас» эпосундагы улуу Сөз өзцнө окшош асман стихия-сын чакыра алган кцчкө ээ экенине кцбө болгонумду айткым келет.

Кечиресиздер, болгонун болгондой айтып бергенге аракеттенип көрөйцн.

Анын цстцнө ал кездерде Саякбай Каралаев экөөбцз бир цйдө, биз цчцнчц, ал киши биринчи кабатта жашаар элек. Албетте, тез-тез жолугуп кал-чубуз. Мындан мурдараак айтып кеткендей, мен «Правда» гезитинде кабарчы болуп Фрунзеге каттаганымда, жакын катыштарыбыз, кай бирде чет элдик кызматкерлер менен жолугуп калганда кошуна иретинде Саяк-бай Каралаевди чакырып алаар элек. Айтылуу Манасчыны уккандарга ал киши өзгөчө бир экзотикалык кызыгууну туудуруп, айрыкча суктан-дыраар эле.

Мухтар Ауэзов менен Дмитрий Шостакович «Манасты» укканда абдан катуу таасир алгандары алигиче эсимден кетпейт. Д.Шостако-вич Фрунзе шаарына 60-жылдардын ортосунда келген. Тилди билбесе да Саякбайды ыракаттанып суктануу менен уккан.

Кцндөрдцн биринде цйдцн алдынан Саякбай аксакал жолугуп калып, Чцй боорундагы колхоздордун бирине чакырылганын, тцштөн кечке дей-ре «Манас» айта турганын айтып, машина менен жеткирип коюумду суранды. Унаанын себепкер болгону ал кездерде колхоздордо жцк тарт-

кан машиналар, тракторлордон башка транспорт болчу эмес. Колхоз башкармалары, парторгдор атчан жцрцшчц. Ал кезде айыл жеринде эмес, шаарда да машина маселеси каат болуп, азыркыдай быкылдаган маши-налар жок болгон.

Кыскасын айтканда, эртеси эртең менен менин «Победама» тцшцп жөнөп калдык. Кайсы колхозго барганыбыз эсимде жок, калыбы Токмок-тун цстц жагындагы тоо этектери туштап, Ысык-Ата тарапка бар-дык окшойт.

Белгилцц манасчы Саякбай Каралаевди кцтцп жаткан айылга жет-киргениме өзцмчө ыраазымын. Бцт колхоз, айыл-ападагылар калбай чо-гулган экен. Саякбай Каралаев кыргыз элине аттын кашкасындай таа-нымал экенин билчцбцз, бирок бул жолку көргөнцм делебемди козгоп тол-кундатпай койгон жок. «Манаска» жаны-каны менен берилгендиги цчцн мекендештериме миң мертебе ыракматымды айта бергим келет, антке-ни ал мамиле алардын терең маданиятынын, тарыхый жана уруулук тектцц патриотизминин кцбөсц эмеспи.

Экинчиден, Саякбайдын «рэп-манасы» ачык асман алдында өтмөк болду, клубдун чоңдугу чогулгандар цчцн караандамак да эмес. Ошентип, кол-хоздогулардын чоңунан кичинесине дейре кеңсенин алдында каалашынча жайланышты. Айыл аксакалдары алдыга бири отургучка, бири дөңгөчкө отурушту, тегеректе ак жоолукчан аялдар, абдан көп балдар чогулду. Эң кызыгы эркек балдар жакын жердеги тал-теректердин бутактарына чымчыктардай конуп алышты. Көпчцлцк механизаторлор машинанын бортун ачып жиберип, бир далай кишини жайгаштырып, кай бирлери ат цстцндө, бирлери эшекчен угууну чечишти. Өспцрцм бала минген төөсцн чөгөрцп өркөчцнө мамык креслого отургандай жайма-жай отурушу кцнц бцгцнкцдөй эсимде калыптыр.

Тегеректегилерди көрцп ичим жылып, улуттун улут болуу артыкчы-лыгына бир эле ирет берилцццч ата-бабалардын эпикалык баалуу мура-сына ак дилдцц берилгендик менен мамиле жасап, кыргыз элимдин көкцрөгцндө дайыма эле ушундай биримдиктин болушун эңседим. XX кылымдын тынчы жок сансыз кцндөрцндө деле көп нерсеге жетишип, көп нерсени жаратса болмок, бирок «Манас» эпосуна окшогон кайталангыс цлгцлөрдц, улуу шедеврди жаратууга мцмкцн эмес.

Ал кцнц Саякбай Каралаевдин «рэп-манасы» чоң ийгилик менен өтөөрцнө кцмөнцм деле жок эле, анткени манасчы эл алдына нечен ирет чыгып, небак таанымал эле. Кцн дагы алда недей ачык болуп, жайдын толук саратан кези болучу. Эгин-тегин чапкандар, чөп чапкандар да жумушун токтотуп, бардыгы эл арасына кошулган.

Көптөн кцткөн убакыт келип жетти. Саякбай Каралаев кабалтең чоң жылкы минип, Манасты баштады. Чынын айтсам айтуучунун ат

цстцндө элге кайрылганын биринчи көрцшцм. Кийин сцйлөшкөнцбцздө манасчы өзц да биринчи жолу ат цстцндө манас айтканын билдирди. Бир эсептен ошондойчо чечкени абдан ыңгайлуу болгонун байкап, дилим-де тан бердим, анткени окуянын шартына жараша, манасчы тегеректеп угуп отурган элге тизгин буруп кайрылып баяндын учугун цзбөй узат-канга оңтойлуу болуп жатты. Анын цстцнө ал убактарда цн кцчөткөн микрофондор да жок эле.

Эпостун баяны башталганда поэтикалык тцрмөктцн кцчтцц таа-сири ушунда белем, сөздцн өзөктцц кубатын дубалагандай сырдуу тара-та алган манасчы менен угуучулар дцйнө кабылдоонун табышмактуу чөйрөсцнө айланып кеткендиги туюлду. Айтуучу менен угармандардын Жараткангa бел байлап, Манастын сырдуу дцйнөсцн, кыргыз улутунун кылым кечирген тарыхын, теңдеш өткөн окуяларын, ирегелеш көчмөн калк менен карым-катышын, жумурай журттун бийик рухун, баатыр-лык жцрцштөрцн алар менен бирге Жараткан да цнцлцп угуп жаткан-сып цмцт туткан эпостун нагыз триумфу эле.

Албетте, тема жөнцндө көптөгөн ой жцгцртццлөрдц, божомолдоолор-ду, мифологиялык тармактагы далилдерди келтирсе болоор эле.

Менин далалатым, Сиздердин көңцлцнцздөрдц бургум келген негизги тцшцнцгцм, бул «Манас» эпосунун өзгц ааламдык (космический) ма-ңызга ээ экендигинде.

Кыскасы, жайдын бышкан саратан кцндөрцн, айыл кеңсесинин ал-дында каалашынча жайланышып угуп жаткан элди, ат цстцндө баян-дын сырдуу тцрмөктөрцн берилип айтып жаткан манасчы Саякбай Ка-ралаевди элестетип көрсөңцздөр. Эч кимдин оюна келбегендей, алиги эл топтолгон жерди туштап кара булут каптап, заматтын ортосунда алай-дцлөй тцшцп, чагылган жарыша чартылдап, кцндцн

тцбц тцшкөндөй шатыратып жамгыр нөшөрлөп төгцп жибербеспи. Отурган ордумдан секирип туруп кеңсенин ичине умтулуп, босогодон чалынып жыгыла жаздап калдастап калдым. Саамга бой токтотуп, жадымда, ошентип колхоз олимпиадасы соңуна чыкты окшоду, отургандардын кай бири кеңсеге пааналап, калгандары туш-тарапка таандай тарап качып, ма-насчы аттан тцшцп эл артынан кеңсеге кирет го, антсе көңцлцн көтөрцп кубаттап коёюн деп ой кылдым...

Бир эмес бир нече мцнөт өттц, кеңсеге кирген эч ким да болгон жок. Эмне болуп кетти? Саякбай кайда? Ээрден ооп тцшцп калган жокпу? Эл эмне болду? Эшиктеги нөшөрлөгөн жамгырга кайра атып чыгып, көргөн көзцмө ишенген жокмун. Бир дагы адам, жадесе бак бутактарына конуп отурган жаш балдар да ордунан козголгон эмес экен. Кеңсенин босогосун-да отурушкан колхоздун башкармасы, парторг шөмтцрөп суу болуп кан-дай отурса дал эле ошондой былк этпей ордунда калгандарын көрдцм.

Баарынан мени манасчынын өзц таң калтырды! Саякбай Каралаев ат цстцндө отурушунан жазбай, баягыдан да көбцрөк кцч-кайратка толуп кубаттанып алган. Ал башынан бутунун учуна дейре суу болуп, дцңгцрөп тцшкөн чагылганды, шатыратып жааган жамгырды таназар албай аалам-дын асмандан тцшкөн жомокчусундай «Манастын» сөзцн, болгон та-рыхты, кайгы менен азапты атырылтып баяндап жатты. Анын бийик цнц тегеректе жаңырып, жааган жамгырга, чартылдаган чагылганга цндөш куюлуп, зарылдыгы мени таң калтырып; асмандан кыргыз сөзц улам жаңыланып, кайрадан жаралып жаап жатты. Эркек да, аял да, жадесе балдар да орундарынан козголгон жок, бир гана мен далдоо издеп качка-нымды байкадым. Жамгыр да, чагылган да Саякбайдын «Манасына» дилдцц ыргак болуп улам эргип, улам кцчөп жаай берди. Уялганымды айтпа, жаны артыгы эле мен белем... Асмандын кыргыз тагдырына болгон сына-гына, элдин эркине туруштук бере албай...

Уятыма чыдабай, Саякемдин жанына чуркап барып, эч нерседен камы жок аттын тизгинин алып, алардын кыймылына кошулдум. Кандайдыр таасирлерден улам, ошол тапта Асман менен Сөздцн ушунчалык ыргак-туу чектеш, киндиктеш тургандарын, «Манастан» жаралган Сөздц, жамгырдан төгцлгөн Асманды сезгендей болдум. Кыргызча айтканда: «Нөшөрлөп төккөн калың жаан манасчынын кцчцнө кцч кошуп, шерик-теш болуп турду!» Асман менен Сөздцн дуэти ушундайча угулуп турду. Кошоктош чыккан цндц «Манас» эпосун сцйгөндөр кыйкырык сцрөөнгө алып коштоп турду. Саякбай Каралаевдин цзөңгцсцн кармап, кош цндц мен дагы көпчцлцк менен кошо сцрөп жаттым. Асман менен Сөздцн улуу кубулушу касиеттцц цндөш дуэтке айланып, укумдан тукумга өтцп, «Манас» эпосунда унутулбай айтылган баян ай-асмандай кцчкө ээ бол-гон саатты, мцнөттц жаздым кетирбей, көөдөнцмө бекем сактап кал-дым. Нөшөрлөп жааган жамгыр, төгцлцп айтылган Сөзгө кошулуп кады-ресе жашоодогу турмуштук өзгөрццлөрдцн жеңиши менен кыйроосу, баа-тырдыгы менен кайраты, даанышмандыгы менен көсөрлцгц, арзуусу ме-нен айрылуусу, ачуусу менен ырайымдуулугу, салтанаты менен жырга-лы, өлцмц менен төрөлццсц, даңкы менен кара санатайлыгы, көрө албас-тыгы агын болуп жаап жатты...

Ошол тапта жааган жамгыр, чагылган алдында биз бардыгыбыз бир ооздон Саякбай Каралаев менен бирдикте ураан чакырып турдук...

Акырында айтаарым, жамгыр алдында аттын чылбырын Манас ру-хунун байрагын кармагандай кармап турдум. Мен кармаган тизгин эпос-тун ички демин жана тцбөлцктццлцгцнөн кабар берген белги болгонуна тагдырыма миң мертебе ыраазымын...

Чыңгыз АЙТМАТОВ

## 2 БАШ СӨЗ

Элибиздин улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу өзцнцн көп варианттуулугу, ашкере көлөмц менен эле эмес, ошого ылайык жаралган жогорку көркөмдцгц, кооз поэтикасы аркылуу дцйнөгө

таанымал. Көп бөлцмдөн куралган бул зор чыгарманы цчилтик формасында жаздырып калтырган манасчылар анча көп эмес. Алардын ичинен эң көрцнцктцдсц, кыргыздын улуу инсаны - залкар манасчы Саякбай Каралаев (1894-1971). Анын варианты жөнцндө кыргыздын чоң окумуштуу уулу Б.М.Юнуса-лиев өз учурунда: «...уникалдык, жападан-жалгыз вариант. Муну Саяк-бай карыянын өз элине, бцткцл адамзатка калтырган баа жеткис чоң тартуусу деп билиш керек» - деп макаласын «Улуу эпос, укмуштуу жо-мокчу» (Ала-Тоо, 1967, № 1) атаган эле. Мына ошол укмуштуу жомокчу-нун баскан жолу кандай болгон? Ал 1894-жылы Ак-Өлөңдцн Семиз-Белин-де кцз маалында төрөлгөн. Ата-теги Ысык-Көлдцн Керме деген жеринде-ги арык тукумунан болуп, жетишпеген куу турмуштун айынан улам жер которуп, көчцп-конуп жцрццгө туура келген. Жашаган социалдык чөйрөсцнө, коомдогу тарыхый татаал бурулуштарга байланыштуу 16-17 жаштар-дагы өспцрцмдцн Манаска дитин коюп өз алдынча аракеттенип жцрц-шцнцн өзц да бир кылка, зымга тарткандай абалда өткөн эмес. Агасы менен бирдикте малайлыктын ачуу даамын эртелеп таткан. Көптцн бири катары айыл ичиндеги чарба иштери менен да алектенген. Кыска-сы, эли эмнени көрсө, болочок манасчы да ошону өз көзц менен көрцп жетилген. «Манаска» болгон дилгирлик, кызыгуучулуктун учкуну акы-рындап тутана берген. Саякбайдын манасчылык өнөрцнцн калыптаны-шына чоң энеси Дакиш аркылуу өткөн Суранчынын айтымынан тар-тып, Көл айланасындагы Байдалы, Назар, Акылбек, Тыныбек, Чоюке (жер-дештери Чойке дешчц экен) ж.б. өңдцц ошо кездеги чоң манасчылардан уккандары өрнөк болуптур. 1918-1922-жылдар арасында Кызыл Аскер-дин катарына өтцп, өзц айткандай, көрбөгөнц көр болуп, «Томуктай болгон тоо жок, токумчалык коо жок, куу жцрсө кулагы, кулан жцрсө туягы көрцнбөгөн» Кара-Кумга чейин барган. Ошондо да маал-маалы ме-нен «Манастан» цзцндцлөрдц айтып такшалган.

Манасчылардын кимисине жолугуп таалим алып, бирге болгонсуз? -деген суроого «чоң манасчыдан» Акылбекке (1840-ж. туулган) кезиктим.

«...Сексендин беш-алтысына барып калган кези экен. ...Ошондо да кебел-бей айтып турат («Манасты» - А.Ж.) кайран киши» - деп, бир кезде улуу манасчы С.Орозбаков Назар, Нармантай, Келдибек, Балык, Тыны-бектен жогору турат деп баалаган Акылбек манасчыны С.Каралаев да бекеринен эскерип отурбаган чыгаар. Буга кошумча - С.Каралаев уста-тым деп Көл өрөөнцндөгц Чоюке Өмцр уулун эсептейт. Чоюке да айрыкча психологиялык деталдарды жеткире аткарган артисттик жөндөмц би-йик, чыгаан манасчы болуптур.

С.Каралаев да «Манаска» дилгир болуп жцргөн кезинде башка манас-чылардай эле «кереметтцц тцш көрцц» салтынан четте калбаптыр. Ал мындайча: «1916-жылы Орто-Токой тараптан келе жатып, мурдагы көрцп жцргөн чоң кара таштын ордуна ак боз цй тигилип калганына таңыр-кап турса, кандайдыр бир ачуу кыйкырык чыгат да эси ооп жыгылат. Саякбай ошол абалында цйгө кирип, Каныкей сунган аяктан даам ооз тийип, сырттан Бакайга жолугат. Ал: «Казатка бараттык эле, Манас сага бер деген кцлазыкты берейин» - деп, оозун ачтырып бир нерсе берип, өзц Бакай экенин айтып, Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргакты бирден сыпаттап тааныштырат. Мына ушул аян берген «кереметтцц тцш» жаш жигитке демөөр берип, биротоло чыгармачылыкка дем байлайт. Буга чейин эле өз алдынча кыйналып буулугуп жцргөнцн байкаган тууга-ны Саадабай Саякбайды Кочкорго ээрчитип барып, эл алдына айттырып жолун ачат. Бара-бара «Манаска» баш-оту менен кирип кетишине уста-ты Чоюкени ээрчип жцрцп (1924-ж.) эпостун текстин толук өздөш-тцрцшц да себеп болот. 1930-жылы жетилген манасчы катары коомчу-лукка таанылат. 30-жылдары эл арасынан оозеки чыгармалардын цлгц-лөрцн чогултуу маселеси көтөрцлгөндө ошонун шарапаты менен профес-сор К.Карасаев 1931-жылы табат. (С.Каралаев жөнцндө Сары-Камыштык Кайдуу деген адам ага төмөнкцдөй кабарлайт: «Ошол кишинин аты Саякбай Карала уулу. Ал илгерки Чоюкеден цйрөнгөн. Өзц далайды башы-нан өткөргөн жигит. ...Ошол Саякбай «Тайторуну чапкан жерин» ук-муштуу айтат («Семетейден» - А.Ж.). Тегеле эч бир манасчы Саякбай-дай айта алган эмес. «...Саякбай «Чоң казаттан» («Манас» - А.Ж.) да бир топ жакшы айтат. Эмики калган манасчы эле көл башында ошол». Бул ошо кезде эле бир топ даражага көтөрцлцп калган талантка берил-ген акыйкат баа, кагазга

катталган алгачкы (эл өкцлц тарабынан ай-тылган) сын пикир болгон. Демек, С. Каралаев өзцнө чейинки чоӊ манас-чылардын салтын тцз жана кыйыр тцрдө болсо да өздөштцрцп, өркцн-дөтцп бизге жеткирген зор талант. Анын варианты шарттуу тцрдө цчилтик («Манас», «Семетей», «Сейтек») аталганы менен Манас баа-тырдын акыркы тукумдары Кенен, Алымсарык, Кулансарыктар жөнцндө да айтымдары бар. Ушул вариант аркылуу «Манасты» эпикалык жанр-

дын бардык эволюциялык жолун басып өткөн классикалык формадагы «тарыхый-баатырдык эпопея» деп билебиз. Океандай эпосту алмадай башына батырып, канча бөлцмгө жеткирип айтпасын, сюжеттик маз-мун ар дайым өз орду менен, тереӊ логикага баш ийдирилген. Эпостун эӊ бир артыкчылыгы - ал камтыган тема, көтөргөн элдик идея өлбөс-өчпөс тцбөлцктцццлцгц менен кылымдар бою актуалдуу. Качан болбосун бирөө-лөрдцн алдында тизе бцкпөй, теӊ ата жашоо, жашаганда да жыргал турмушта жашоо, ынтымакта биргелешип өз Ата Мекенин жат душ-манга тебелетип-тепсетпей жашоо - эпостогу элдик идеал. Эпос ошону-су менен ардактуу. Ал ким тарабынан, кандай вариантта айтылбасын, анын башкы максаты - эл-жердин эркиндиги цчцн тик турган, анын туусун ыйык сактаган өз уулдарынын иш-аракетин сыймык менен даӊа-залоо.

С. Каралаевдин «Манасы» да, негизинен, жалпы кабыл алынган салт боюнча байыркы кыргыз элинин кылымдарды кыдырып басып өткөн тур-муш жолун, тагдырына туш келген далай кыйын кезеӊдерде жеӊип чык-кан мекенчил кцрөштөрцн эпикалык арымда көркөм жалпылаштыруу-дан турат. Согуштун мцнөзцнө жараша ага катышкан эпикалык каар-мандын портрети да, психологиясы да калыптанган традицияга бекем таянып өзгөрөт. С.Каралаев өзцнө чейинки манасчылардан уккандарын жайынча көнцмцш катары кайталап айтпастан, өзцнцн талантына таянып, жогорку чыгармачылык эргцц менен өркцндөтцп, тереӊдетип, кеӊейтип берцццгө жетишкендиктен, эпостун көркөмдцк кудурети эле эмес, көлөмц, масштабдуулугу артып, жарым миллион сапка жеткен. Ырас, ушул саптын баары эле бирдей жогорку көркөмдцктө десек кал-пыс сөз болмок, анткени эч бир жазуу-сызуусуз, жалаӊ гана өз мээсине ишенген адам кандай тцйшцк тартпасын, буга жетише коюш мцмкцн эместиги белгилцц. Бул оозеки чыгармачылыктын өсцп-өнцгцп отуруп эл арасына тарап, кылымдар бою жашашына жол бере турган мыйзамче-немдцццлцк. Ошондой эле эпоско таандык баатырдык духка байланыш-туу согуштук эпизоддор өтө узак кайталоолор аркылуу баяндалган учур-лар бар. Көбцнчө баатырлардын жекеме-жеке беттешцццлөрцнөн орун ал-ган мындай көрцнцштөр согуштун катаалдыгын, ошого катышып жат-кан каармандыктын деӊгээлин ачып берцццгө жардамдашат. Бул да болсо оозеки чыгармачылыктын өзцнчө бир жашоо өзгөчөлцгц экендигин ырас-тайт. Эпостун өнцгцп-өсцшц жылдар менен эмес, кылымдар аркылуу ченелсе, анын көпчцлцгц да миф-фантастикага таянса да, жашоонун агымы, ага карата болгон философиялык көз караш, адамдык жеке мами-лелер, айталык улууну урматтоо, кичцццнц эмгегине жараша баалоо ж.б. реалисттик аспектиде чагылдырылган. Ошондон улам «Манас» эпосу баштан-аяк өзцнцн жомоктук оӊ каармандарын гана бир жактуу даӊа-

залап отурбастан, анын каршысындагы душман баатырына да калыс мамиле көрсөтөт. Айрым кездерде душманына алдырып, алы кетип тур-ган каармандын трагедиясы карапайым адамдын эле тизе бцгцп мцӊкцрөгөн учуру катары ачуу чындык менен айкашат. СКаралаевдин варианты кайсы тарапка таандык баатыр болбосун, анын сын-сыпа-тын, курал-жарагын, кийген жоо кийимин минген тулпарына чейин тереӊ берилгендик менен сцрөттөйт. «Манаста» айтылгандай:

Көбц төгцн, көбц чын, Көрцп келген адам жок. Бири төгцн, бири чын, Билип келген адам жок. Илгеркиден биздерге

Келе жаткан ушу кеп. (СК. «Манас»)

Ошентсе да эпостун мазмунунда элибиздин башынан өткөн оош-кы-йыш замандар, алдуураагы алсызын басмырлаган «ит жыгылыш» тур-муштун духу сезилээрлик абалда орун алган.

Адатта, эпикалык сюжет башынан оор тагдырды кечирип отурган улуттун зор кубанычы катары

келечекте өч ала турган уулдун жарык жашоого (көп кцттцрцп) келишин даңазалоо менен башталып, анын эр жетиши, алгачкы эрдиктери, цйлөнцшц, сырткы өчмөндцц душманына жасаган жортуулдары, акыры чыккынчылыктын курманы болушу менен бцтөт. Ушул туруктуу схема кыргыздардан башка элдердин эпостору-нан да орун алган. Ал эми «Манаста», анын бөлцмдөрцндө бул схема баштан-аяк кайталанып, качан болбосун далай кармаштарда сындал-ган эр жцрөк, шамдагай жоокер бардык сын-сыпаты боюнча идеализация-ланган. Элдин эстетикалык муктаждыгын канагаттандырган андай эпикалык образдардын элестери математикалык формулалардай салт-туу стилдик айкалыштарга айланып, манасчы цчцн эң негизги көркөм каражат катары кызмат өтөп келген. Манасчынын эстутумунун өзгөчөлцгцнө көп кырдуу таланты, артисттик жөндөмц, цнц, фантазиясы ар качан угуп отурган аудиториядан жогору турган. СКаралаев эмнени гана сцрөттөбөсцн, элдин жашоо-шартына, цмцт-тилегине ылайыктап, кандай апыртылган жомоктук көрцнцштөр болбосун, улуттук салтка, црп-адатка баш ийдирип, эл турмушун кеңири, терең чагылдырууга ба-гыт алдырган. Ошондуктан манасчынын жана ал ырдап отурган текст-тин эстетикасы угуучуларга өтө тцшцнцктцц жана жакын.

СКаралаев «Манасты» башка эпикалык баатырдын өткөн ата-баба-ларынын санжырасынан баштап, Каракандын өлгөнцнөн пайдаланып, жаш калган тукумун туш-тарапка айдап кордук көрсөткөн кытай кан-

дары Алөөкө, Молтонун зордук-зомбулугун баса белгилейт. Булардын эң кенжеси Жакып Алтайга айдалып барып кен казып, кырк цйлцц кыргыз-дын турмуш шарты оңолуп кетет, бирок Жакып балалуу болбойт. Ошол учурда кытайдын каны Эсенканга сыйкырчылары келип, кыргызда Ма-нас аттуу уул төрөлөт, ал аман чоңойсо Бээжинди соо койбой турган баатыр болот - деп, аны таап, эртелеп жок кылууну сунуш кылышат.

Манас төрөлгөндө берилген чоң той кытай, калмактардын тынчын кетирип, Жакыптын сандаган малы жердин чөбцн жеп койду деген шыл-тоо менен Эсенкан жер коругуч Кочку балбанын жети жцз колу менен кыргыздарга жөнөтцп, Жакыптын жаш баласын эптеп тартып алууга аракеттенет. Ошондо он экиге чыгып калган Манас Кочку балбанды аттан оодара саят. Биринчиден, өзцнцн коопсуздугунан, экинчиден, Ма-настын келечегинен чоң цмцт кылган эл бел байлап, Акбалтайдын акы-лына көнцп:

Жыйгандын баарын чачалы,

Бул Алтайдан качалы.

Ала-Тоо артык жерине,

Кетели кыргыз элине! (С.К. 1. 84) -деп, бир чечимге келишет. Ушундан баштап Манаска болгон элдик ише-ним кцчцнө кирет. Анын милдети - «эл четинде, жоо бетинде туруу». Бир сөз менен айтканда, эпостун эң негизги идеясы болуп эсептелген эркиндик, көз каранды эместик идеясынын башаты ушул жерде. Доңгө менен Жолой Манасты байлап кетццнц көздөп кыргыздарга кол салы-шат. Акбалтай, Жакып Манаска болушуп, катуу кагылышта манжуу, кытайлар чоң зыянга учурап, ушул окуядан кийин Манас кырк чилтен, Кызыр даарыган чыныгы баатыр катары шер атагын алат. Эли-жери-нин кабарын Акбалтайдан угуп тцшцнцп, Кошой менен жолуккандан кийин Манас чачылган журтун чогултууга бет алат. Бул учурда Эсен-канга Манас колдуу Доңгөнцн өлгөнц, Дөөдцр менен Жолойдун араң ка-чып кутулганы жөнцндөгц кабар жетет. Эсенкандын буйругу боюнча Жолой көп кол баштап, кыргыздарга каршы кайра аттанат. Ушул со-гушта эки тарап тең чоң жоготууга учурайт. Манас минген биринчи тулпары Торучаар урушта Каражойдун огунан мерт болот. Манас кыр-гыздарды Таласка көчцрцп келип, Кошой менен коңшу конуп, бирок ата-сына наарazыланып өз алдынча Анжыян тарапка кетип, бабадыйкан менен орток эгин айдап, нойгуттун каны Карачадан Аккула тулпарды сатып алат. Ак сакалдуу думана болуп кезиккен адам асмандан тцшкөн алты курчту тапшырат. Тууган издеп Бакайды табат, Ажыбай өзц келип кошулат, кырк жерден кырк чоро

куралып, Анжыянды сурап тур-ган Алөөкөнцн залимдигин Айкожодон угуп, ошону карай жөнөйт. Алөөкө Бээжинге качып, Манас чоролору менен кытайдын изине салып кууп

отуруп, Аксынын жанында, Кум-Арык дарыянын боюна жетип согушуп, өзцн колго тцшцрцп, дцнцйөсцн калкка кайтарып алып берет. Ушул окуядан кийин кандарга кабар айтылып, Кошойдун сунушу боюнча Ма-нас алтын гцлдцц ак килемге салынып, алтын такка минип, эл алдына кан шайланат.

Манастын кадыр-баркы өйдөлөгөн сайын тегерегиндеги кандардын көрө албастыгы ашынат. Төштцктцн тоюнда он эки кан топтолуп, жалгыз эле өзц кыйратып жаткансып көөп кетти, Манастын жазасын берели - деп кеңеш курушат. Бирок Манастын сцрцнөн корккон кандар Кытайга жортуул жасайлы деп келдик эле, - деп кайра тайсалдашат. Манас казатка камынып, Алмамбет баштаган калың кол Бээжинге ат-танат. Алмамбет менен Сыргак чалгынга барып Бээжинге кирип, кытайдын жылкысына тиет. Кытай куугунчулары менен катуу согуш бо-луп, кытай колуна жаңы кцчтөр кошулуп, далай алптар окко учат. Манас баатыр Алмамбет, Чубак, Сыргак, Музбурчак, Бокмурун өңдцц эрлерден айрылып, Аккуласын окко учуруп, оор жараты менен элине кай-тат. Согуш учурундагы оор жараттан Манас көз жумат. Манас өлгөндөн кийин анын сөөгцн Каныкей киши билбегендей, Эчкиликтин кара зоосуна жашыруун көмдцрцп, эл көзцнө көрцнцктцц кцмбөз салдырат.

Мындай трагедиялуу учурда эпостун тили менен айтканда:

Кайың ыйлап, тал ыйлап, Караган жандын баары ыйлап, Кычыраган шер ыйлап, Кцңгцрөп кара жер ыйлайт.

Көпчцлцктцн кайгысына жалпы аалам органикалык бирдикте шай-кеш көрсөтцлцп, элдик кайгы-капанын оор басымы сезилет. Бирок эпика-лык мейкиндикте да турмуштагыдай кайгы менен кубаныч жанаша жцрөт. Башкы баатыр каза болгондо «Карагайдын бутагын кайрып цзцп алып, табылгынын бутагын тартып цзцп алып, Жер энеси менен кин-диктеш жаңы баатыр жарыкка келет. Жашоонун тцбөлцктцццлцгц мына ошондо. Эпос мына ушул идеяны туу тутат.

Кыскарта айтканда, улуу манасчы С. Каралаев өзцнцн өлбөс-өчпөс «Манасы» менен дцйнөлцк маданиятка эли сыймыктанаарлык салым кошуп кетти. Колуңуздардагы китеп С.Каралаевден 1936-жылы катчы-лар К. Жумабаев, Ы. Абдыракманов тарабынан жазылып алынган вариант. Бул вариант 1952, 1968-жылдарда жазылгандарга караганда толук тцрдө биринчи болуп кагазга тцшкөндцгц менен баалуу. Мында манасчыга таандык диалект көбцрөөк сезилет. Биз тараптан сюжетке эч кандай алымча-кошумча киргизилген жок.

Бул басылышта, негизинен, манасчынын говору сакталган. Азыркы адабий тилге көнгөн окурманга бул варианттагы айрым диалектилик өзгөчөлцктөр тааныш эместей сезилээр. Мисалы, С. Каралаев «з»чыл айтуучу, ал Манас эмес «Маназ» деп айткан, «м», «б» тыбыштары алмашылып, ошондой эле сөз башындагы «н» тыбышы айтылбай калган учурлар бар (окто-нокто, огой-ногой, амаз-намаз, амыз-намыз, аадан-наадан, менде-пенде, бар-пар, бери-пери, бил-пил, бусурман-мусулман, ар-нар, бир-пир ж. б. сыяктуу). Ошондой эле айрым каармандардын ысым-дары да өзгөчө айтылат. (М.: Алөөкө-Алооке, Акбалтай-Акбалта, Бал-тай-Балта»). Кыскасы, текстти тцрдцц катчылар жазгандыктан, ар кандай цлгцлөр жолугат. Анткени бири манасчы айткан сөздөрдц ада-бий тилдин нормасына салып оңдоп жазса, бири манасчыныкындай жа-зат. Кандай болгондо да С.Каралаев өзцнө чейинки мыкты манасчылар-дын салтын улап, чоң манасчылардын өлбөс-өчпөс плеядасынын акыркы улуу өкцлц экендигин ырастап турат. Ал 1971-жылы өзцнцн эли менен тцбөлцк коштошуп, «Манасын» мураска калтырып кетти.

«Манасты» сыйлаган, ага кызыккан окурмандарга кош колдоп суна-быз.

Айнек ЖАЙНАКОВА,

КРнын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреа-ты, Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин

кандидаты.

## 3 Манастын туула элегиндеги бабалары

Түп атасы Түгөл кан,
үбүнөн Кыдыр даарыган,
Башкы атасы баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү мазар орногон
Муну түбүнөн кудай оңдогон.
Басып өткөн жерине
Базарлуу калаа орногон,
Муну башынан кудай оңдогон.
Он эки бирге кол берип,
Калыйпадан кат алган,
Муну менен зайыппуруш аталган.
Түп атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Огой кан,
Огой кайдан оңойдур
Муну менен беттешкен
адам жоголгон.
Сомдуктун суусун бойлогон,
Огойго согушкан адам сойлогон,
Атасынан бабасы
Арыстандын тукуму
Ичсе канга тойбогон,
Огой кандан Балакан,
Балакандын баатыры,
Канча жерге тараган,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып сабаган.
Эңкейтип адам албаган,
Бет алып менде барбаган,
Балакандан Каракан,
Кайраттуу, мыктуу, заары күч,
Бу да катылганды кылган түз,
Кыргыздан тарап туулган,
Мунун кайратынан жан чыгып,
Кытайга салган чуулган.
Кайраттуу, мыктуу, заары күч,
Бу да катылганды кылган түз.
Каракан ээлеп турганда
Мейманкана беш сарай,

Берендин жайын сураба,
Мунун белгилүүсү бир далай,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Каракан болуп аталып,
Ал дагы бир мүчөлүү бадирек,
Айзакерден артык эр,
А дагы катылганды кылган түз.
Айбаты бийик, заары күч,
А дагы ааламга чыр салган,
Ал Каракан өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды,
Ошол киши көргөндө,
Аргын менен кыргыздын
Кереге-уугун кыйратып,
Кытайдан Молто кан чыгып,
Келин-кызын ыйлатып,
Кылымга татып чатагы,
Алөөкө деген да чыгып,
Балбандарын шайлашып,
Балбанын мыктуу камдашып.
Аргын, кыргыз аралаш
Өзөн бойлой конгондо,
Каракан өтүп дүйнөдөн
Өрт өчкөндөй болгондо,
Каяшаякка жан калбай,
Каяша айтып коюуга
Калың журттан ал калбай,
Кытайлардын Молто кан,
Калайманды баштады,
Каяшаяк бергенди
Койбой кырып таштады.
Алымын артык жороду,
Кайра айтып койгонду
Кызыл канга боёду,
Кылча жанды койбоду.
Кайраттанып алганда
Калың кыргыз, аргындын
Каны суудай ташыды,
Каракан түшүп эсине
Калың журттар жашыды.
Кара калмак, манжуу журт
Каарын салып узду алды,
Олжо кылып оңбогур,
Беш көкүлдүү кызды алды,
Талдын баарын сулатты,
Тамдын баарын кулатты,
Такыр чаап алды эми
Акыр татыр заманды,
Журт башына салды эми.

Түтүнгө алман салганы,
Тутанып кеткен бул доңуз
Такыр жыйып алганы.
«Ай, Каракан, өлбө - деп,
Бул өңдөнгөн кордукту
Мендесине бербе! » - деп,
Калайыктын баары ыйлап,
Карып калган чал ыйлап:
«Эртең тартып алат» - деп,
Ойноо өспүрүм кыз ыйлап,
Кан талоосу бек азап,
Кандан калган кыргызды
Камчыга ченеп бөлүптүр,
Молто менен Алөөкө
Арага мыктап алыптыр,
Азапты бекем салыптыр,
Алы жок, алсыз кыргызга
Түтүнгө асый салыптыр,
Түгөнүп кеткен ал чочко,
Такыр жыйып алыптыр.
Аргын менен кыргыздын
Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта баарын көчүрүп,
Ал Каракан өлүптүр.
Каяша берген киши жок,
Аргын менен кыргызды
Кечээ камчыга ченеп бөлүптүр.
Аргын менен кыргызды
Астын бапан айдаптыр,
Алсыратып ал журтту
Түк койбой баарын жайлаптыр.
Каарланган капырга
Же кармап берер мал калбай,
Же каяша айтар жан калбай,
Тополоңу тоз болуп,
Токтобой качып кайран журт,
Капаланып кайгырып,
Калк айласын табуучу
Каракандан айрылып,
Айласын таппай быркырап,
Кан өлгөндө эки кан
Кайратты мыктап салыптыр,
Кара кылбай калың журт,
Капкайда тентип алыптыр.
Алымына чыдабай,
Бирөө тентип Алтайга,
Бирөө тентип Каңгайга,
Бирөө тентип Урумга,
Бирөө тентип Кырымга,

Элсиз эркин жер калып,
Каны жок, каңгып эл калып,
Каракандын катыны
Кара кийип тул калып
Каракандын өзүнөн
Казына толгон бул калып,
Каракандын сегиз уул,
Мунун баары жаш тегиз уул,
Бул Каракан өлгөндө
Боортокто баары жаш калып,
Болбогон баары мас калып,
Атасы өлүп жаш калып,
Ошо Каракандын сегиз уул
Кээси жалкы, кээси эгиз,
Мунун эрдиги журтка эң тегиз.
Калайыктын баарысы
«Жетим балдар чоңойсо
Мунун бир байдасы тиер» - деп,
Тилек кылып жүрүүчү.
Атасы Каракан кан эле,
Каракандын сегиз уулу бар эле,
Аман жүрүп чоңойсо,
Ажыратып кыргызды
Ала турган бала эле,
Балдардын эрени Жакып, Улак кан,
Кыр жагынан чалдырып,
Казына менен калың эл,
Дүйнөсүн талап алыптыр,
Муну менен ал балдар
Талаада боздоп калыптыр.
Балдар эрешен тартып, эр болуп
Кечээ эр уулу менен тең болуп,
Балдар эрбейип атка мингенде
Абаң Балтай барыптыр.
Акбалтай жайын сурасаң -
Нойгуттун мыктуу каны экен,
Ордолуу журту нойгутту
Алөөкө канга алдырып,
А дагы азып калган чагы экен.
Адырда түмөн көп жылкы,
Ак үйлүү турган Алөөкө -
Акбалтай өңдүү каныңдын
Төбөсүнөн басыптыр,
Дүнүйөсүн чачыптыр,
Кирип кетер көр таппай,
Корголоорго жер таппай,
Акылдан чындап шашыптыр,
Төрөнүн уулу экен - деп,
Жакыпты көздөй качыптыр.

«Каракандын сегиз уул
Бириктешип көрсөм - деп,
Өлсө бирге өлсөм - деп,
Чалгынды бирге чалсам - деп,
Чампандан жылкы алсам - деп,
Тек туруп алым бергенче
Тиштешип жүрүп өлсөм - деп,
Кара калмак, манжууга,
Кагышып жүрүп өлсөм» - деп,
Кайран Балтай канетсин,
Караан кылды Жакыпты.
Кою болду короолош,
Абаң Балтай көк жалдын
Ашы болду жороолош.
«Чалгын барса - чаң бирге,
Бололук, Жакып, кулунум,
Өлүм орток, жан бирге,
Тирүү болсок жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш,
Балам, Жакып, кебимди ук,
Менин Алөөкө элимди
Чыгарып ийди жеримден,
Суутту менин демимди,
Сындырып ийди белимди,
Тийип алды жылкымды,
Тим эле ачты уйкумду,
Сындырып кетти белимди,
Кырып салды элимди
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Калкыма кара калмак доо кылып,
Түбүнө тирүүлөй жеткени,
Түгөнгөн нойгут журтумду
Түк койбой кырып кеткени.
Балбандарын байлады,
Эрендердин баарысын
Түк койбой кырып жайлады,
Чалдын баарын сабады,
Кыздардын баарын талады,
Калың казды орумду,
Кытайлардын Алөөкө
Кайнатып ийди шорумду,
Буланы бузуп алганы,
Кадимки нойгут журтума
Бузукту абдан салганы,
Каарын төгүп камады,
Каарына чыдабай,
Кан абаң Балтай жадады.
Укурук тийгис азоо мал,
Үйүң күйгөн Алөөкө

Манжуусуна мингизди,
Кан-казына ордомо
Күрмөлөрүн күлдүйткөн
Күчтүүлөрүн киргизди,
Калайман салып элиме,
Каран түн салды өзүмө.
Козголгондо кор чыгып,
Манжуулардан Алөөкө
Эсеби жок зор чыгып,
Жапаа салды бир далай,
Кечээ айкырып, алым салганда
Нойгуттун журту чыдабай,
Апсиси жок Алөөкө,
Кытайды кудай урганы,
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Алым алып турганы,
Ашкере мүшкүл иш болду,
Ушул Алөөкөнүн кылганы.
Айтканына көнбөсөк,
Ал алымын бербесек,
Шуру отогот, маржан таш,
Өрттөнгүрдүн жанында
Луң-туңдун каны аралаш,
Каары келип какайса,
Дал-дал болот кайран баш.
Алөөкөнүн заарынан
Бет алып менде барбады,
Айкырык салса Алөөкө,
Адамдын жаны калбады.
Алөөкөнүн алдында
Албан түрдүү алпы бар,
Алпын алып Бээжинден
Атайы «Бурут, сени» - деп,
Бул аттанган экен каркыбар.
Он эки кылым салбаптыр,
Бул Каракан өлгөнү,
Каарланган капырга
Укурук кайрар калбаптыр.
Балбаны башка түрү суук,
Катылган аман калбастай,
Алдадан буйрук болбосо,
Адамдын алы жеткисиз,
Үркүн-дүркүн балбаны,
Кагылышкан жандардын
Жөн эле чыга турган алдары.
Көк темирден тон кийген
Баатырлары башкача,
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Алөөкө

Көк жолборстой чамынып,
Кыргызды кырып кетүүгө
Келген экен камынып,
Аскер алып, кол жыйнап,
Козголоң туман чуу салып,
Ак үйлүүгө келиптир,
Каарынан жан чыгып,
Канча адам өлүптүр.
Балбандары башкача,
Баатырлары бир канча,
Кытайдан жыйган калкы бар,
Каяшаяк бергенди
Канын ичмей салты бар,
Казына мыктап жыюуга,
Камынган экен каркыбар.
Кериги бар, били бар,
Алөөкө оңой жоо эмес,
Кейиштүү, балдар, билип ал!
Алөөкөнүн күчөшү
Адам билип алгысыз,
Кагыша кеткен менденин
Бирөө да тирүү калгысыз.
Секидеги кароолу -
Санап койсок сексен төрт,
Үйүң күйгөн кытайдын
Серп алган жагы кызыл өрт.
Түзү суук балбаны
Тутанып кеткен ал доңуз
Түк койбой жыйып алганы.
Адамдан башка сөздүү бар,
Балбанынын ичинде
Түрү суук жалгыз көздүү бар,
Балбанынын баарысы
Чапчышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Мендеден бөлөк сүрү бар.
Арыландай түрү бар,
Кармаганды кандаган,
Кез болгонду жайлаган,
Чын айбатын көргөндө
Кез болгон аман калбаган,
Аны эңкейтип менде алабы,
Атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу,
Алөөкөнүн балбаны
Кечээ айылды талап турганда,
Ар шумдуктуу балбаны

Адамдын мурду-кулагын
Тумар кылып тагынган,
Мунун желдети жетик балбаны.
Издеген экен Алөөкө
Бул дүйнөлүк пайданы,
Ушул азыр кезинен,
Алөөкөнүн күчүнөн
Өлбөй менде калабы?
Калайманды карасам,
Салганы келген кези экен,
Жердин жүзүн майдандап
Алганы келген кези экен.
Аты Алөөкө чоң бааша
Айзакерден ыктуу экен,
Ажайыптан окуган,
Акылы жетик кан экен:
«Кызыталак, бурут, сени» - деп,
Ал Каракан өлгөндө,
Кекенип калган жан экен.
Алөөкөдөн туулган
Алтымыш уулу бар экен,
Чынмачындын Бээжиндин
Чындаган мыктуу каны экен,
Чындап: «Бурут, сени» - деп,
Кастарын тиккен жан экен.
Алтын менен күмүштү
Алым салып алгыдай,
Күчөп кетсе бир күнү
Такыр кырып салгыдай,
Эстеп, Жакып балам, бил,
Бул Алөөкө капырдын,
Дүйнөгө тойбос баатырдын
Чалгырты турат көзүндө,
Чаманын баарын түгөтүп,
Эми чалганы турат өзүмдү.
Бөтөнү турат көзүндө,
Бөлөгү турат сөзүндө,
Чамасы келсе бул капыр
Бөлгөнү турат өзүңдү.
Каарланды Алөөкө
Катыныңды күң кылат,
Эркегиңди кул кылат,
Каарланган капырга
Каяша берген оңобу,
Ит менен теңелишер адам жок,
Бизге каран күн мынча болобу.
Же качып кирер токой жок,
Же кармаш кылар чамам жок,
Же таап качарга жолум жок,

Талкалашып урушуп,
Анан кийин өлүүгө
Жыйыл алган колум жок,
Белги кылган белим жок,
Белиме таңуу бир кылып,
Кытай итке уруш кылууга
Караканым дагы жок,
Чалыша турган чамам жок,
Алыша кетер айлам жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ээ, чиркин ушундай экен,
дүйнө бок!
Айланы кантип кылабыз,
«Атасы өлгөн бала» - деп,
Айланса болот, Жакыбым,
Силерге караан кылып турабыз.
Белгилеп уккун сөзүмдү,
«Беренден калган бала - деп,
Белек кылдык өзүңдү».
Акбалтай зарлап муну айтып,
Алөөкөгө алдырып салган
шумду айтып,
Акбалтай абаң турганда
Текечи кан, Шыгай кан
А да келди антаңдап,
Чакчелекей чаң болуп,
Башы челек кан болуп,
Кыясыз жолун чалдырып,
Кыйын дүйнө, сан мүлкүн
Кытайларга алдырып,
Азапты мыктап тарттырып,
Кароолдогу балбандан
Алтымышын Алөөкөгө аттырып,
Каны качып алсырап,
Элтелеңдеп жүгүрүп,
Эми өлүп кетчүдөй
Кайран жандан түңүлүп,
Элтеңдеп экөө муну айтат:
«Кытай алды жылкымды,
Калмак бузду мүлкүмдү,
Тыргоот төктү канымды,
Койбос болду кылайтып,
Бир чымындай жанымды.
Калың кытай түптүү журт,
Каканчынын калкы бар,
Караканың өлгөндө:
«Такыр кырып кетсек» - деп,
Камынган экен каркыбар.
Катылгандын баарысын

Канын ичмей салты бар,
Кыйшактасак кызыталак,
Кыйратып чогуу кырат го,
Өкүмүнө көнбөсөк,
Каалаганын бербесек
Тукумсуз журтту кылат го.
Ал Алөөкө баатырдын,
Каны Молто капырдын
Ажайыбы, мүлкү бар,
Алты айчылык азапты
Азыр билип берүүчү
Сыйкырчылуу кары бар,
Тутанып өлгөн чочконун
Ажайыбы дагы бар,
Кериги бар, били бар,
Келжиребей балдарым,
Ушул сапар тилимди ал!
Каары күчтүү капырдын
Айтканына көнөлү,
Дегенинин баарысын
Назыр кылып берели.
Ушул кезде Алөөкө
Балбаны бар, колу бар,
Баарыбызды кырууга
Балбандары чогуу бар,
Жосуну бөлөк, заары күч,
Балдарым, аны жолотсоң,
Жандарыңдан күдөр үз!
Жоругу бөлөк Алөөкө
Жолборсу он беш төлдөптүр,
Буга жолоп адам келбептир.
Бет алып адам жеңбептир,
Азыркы кезде Алөөкө
Ажыдаары алтымыш,
Анын ар жак жагында
Кылыч тумшук били бар,
Буга бет алып менде баргысыз,
Береним, балдар, тилимди ал
Алөөкөнүн аскери
Абайлап көрсөм, балдарым,
Албан түрдүү көрүнөт,
Ал балбанды көргөндө
Акылым кетип бөлүнөт,
Топон суу каптап кетсе да,
Тозголдошот көрүнөт,
Буттай темир курчанган
Жолум үйдөй күрсү алган,
Жолукканды бир салган,
Байлануу жатат балбаны,

Жолугушуп баргандын
Чыгып кетет далдалы.
Жердеп жүрдүк карлуу тоо,
Аңырайган капчыгай
Атасы жок балдарга
Мен арманым айтам бир далай.
Ырымы бөлөк, заары күч,
Ырас кудай эми урду,
Каптап кирди кытай журт,
Баарыбызды кылат түз!»
Алөөкө камап келгенде
Аргын, кыргыз аралаш
Алек болуп кайран баш,
Алакандай бусурман
Айласы кетип кысылган,
Нойгуттан бар Акбалтай,
Текече кан, Шыгай кан,
Улак кан бар, Жакып кан,
Каракандын сегиз уул
Айласы кетип дал болуп,
Үйүрмөнүн сазына
Үйрүлүп жыйын кылды эми,
Калк чогулган дөбөгө
Калдайып жыйын кылды эми.
Текече айтып кыйла кеп:
«Кызыталак кытайга
Кыйрашалы журтум - деп,
Калкы тыргоот, манжууга,
Кантип сурак беребиз?»
Шыгай туруп муну айтып,
Адам уккус шумду айтып:
«Молто менен Алөөкөгө
Алышып ал жетеби,
Айбаты бийик баатырга,
Кара курттай капырга?
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак
Топон суу тийбес кытай журт
Тозокту эчен салыптыр,
Мындан мурун кыргызды
Так токсон чаап алыптыр.
Бабам Огой чыкканда
Басташкан экен кытайга,
Чынмачындын Бээжинди
Чындап уруш салыптыр,
Айдап тоону жердетип,
Азганакай бул журтту
Бабам күтүп калыптыр.
Ал Каракан өлдү - деп,

Кабардан угуп алыптыр.
Бизди чаап алууга,
Чаркы келсе кытайың
Кулдантып чогуу алууга,
Кара курттай кол болуп,
Келген экен бул кытай
Какандан бери козголуп,
Жери Бээжин жери экен,
Көптүгү курттан көп экен,
Түптүү кытай эли экен,
Түгөтмөккө капырың
Камына чыккан кези экен.
Моюнга түштү күйгөн чок,
Манжуу, кытай жабылса,
Алууга бизди камынса
Каяша айтар адам жок.
Кытай милек, биздер аз,
Кыларым барбы кудайга
Дегенине көнөлү,
Түбү түптүү капырдын
Каяша айтпай, сөз айтпай
Сураганын берели.
Бизде каяша айтар кан да жок,
Күркүрөгөн капырга
Күрөшө кетер ал да жок,
Чапчышарга чама жок,
Акыр заман салды го
Ит менен алыша кетер ал да жок.
Теңелишсек капырга,
Кан Алөөкө баатырга,
Жарлык кылса жаңжуусу,
Жабылып каптап өтөт го
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Азганакай журт элек
Жерге таптап кетет го.
Кара калмак-солоону
Калайманды салат го.
Жети жашар баланы
Каарланса капырлар
Денекул кылып алат го.
Астына сунар айза жок
Бу журт менен алыша кетер айла жок.
Мына, бүгүн көргөн эртең жок,
Кайран башка күн түшсө
Тойпоңдошсок капырга
Топурактай тоз кылып,
Токтотпой чаап алат го,
Толкуп жаткан капырлар
Тозокту башка салат го.

Балдар, бизге медер кылар бел да жок,
Бет алышып салышчу
Белге таңуу эр да жок,
Чалышарга чама жок,
Эңкүгө бүткөн пас болдук,
Эзелден бери аз болдук.
Тогуз бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу,
Толгон кытай аз журтту
Сабаса тарпын коёбу,
Калың кытай, түптүү журт
Буга катылган киши оңобу?
Алөөкө менен Молтонун
Айтканына көнөлүк,
Каалаганын берелик.
Жетимиш кызыл нар айдап,
Кызыл алтын, ак жамбы
Нарга артып алалы
Бөйдө канды төкпө - деп,
Тартуу кылып баралы.
Бээжинден келген Алөөкө
Ак үйлүүгө келиптир
Кан көтөрүп алалык».
Бай менен Балтай чамынды
«Көп эле болсо өлөрбүз,
Өлүп калса кайран баш
Кыямат жүзүн көрөрбүз,
Ажал жетип, күн бүтсө
Көр азабын көрөрбүз!
Сурак тийсе кытайың
Барабанды тартпайбы,
Баарыбызды олжолоп,
Тыйпыл кырып карыңды
Андан кийин кайтпайбы!
Букара кылса кытай журт:
«Ууру кылдың» - дебейби,
Эбин таап кытайың
Элдин баарын жебейби!
Луңтуң деген каны бар,
Колго түшсө бул кытай
Артыкча башым барында
Айылымды кантип берейин,
Кутурган экен Алөөкө
Ит менен кулжуңдашып көрөйүн!»
Текече кан, Шыгай кан,
Кайраттуусу Акбалтай
Кайран Балтай муну айтып,
Оозун жыйып алгыча
Бозала желек, кызыл туу

Кудай бетин салбай кал,
Бой-бойлогон ызы-чуу,
Чаң обого бурулуп,
Туш-туштан сан кол куюлуп,
«Каканчылап» чуу тартып,
Жез түтүк үнү чыркырап,
Жез най үнү дыркырап,
Айзанын башы кылкылдап,
Эми аскердин башы былкылдап,
Балтачаны бөлүнүп,
Асты менен айзачаны көрүнүп,
Чаң обого бурулуп,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Калмагы бөлөк бөлүнүп,
Асты менен манжунун колу көрүнүп,
Жаңылбаган мергени
Жабылып каптап келгени.
Жаа тартуучу ыктуусу,
Чалма уруучу мыктуусу
Колодон чырмап айзасын
Колойтуп өйдө аштаган,
Согуш десе сүйүнүп,
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулашкан адамды
Коёндой жерге таптаган,
Алышканды буй кылган,
Балбандары башкача.
Бука моюн, буура сан,
Булкушканды куураткан
Баатырлары бир канча,
Дөңгөнүн колу бир илек,
Күн чыгыштан жабылып,
Алөөкө колу алты илек.
Күн батыштан камынып,
Айбаты бийик, заары күч
Эми аманат жандан күдөр үз.
Алек болуп Акбалтай өңдүү кандары
Чыркырап ыйлайт
Каракандын жетим балдары,
Таш күмбөзүн талкалап
Такыр чаап өттү эми
Куралган ишин кулатты,
Кез болгонду сулатты,
Кадырман кыргыз калкыңдын
Эми келин-кызын чуулатты,
Кытай селдей каптады,
Каяшаяк бергенди
Кара жерге таптады.
Жан айласын табалбай

Шашкан кыргыз мындан көп.
«Жаным калар бекен» - деп,
Энтелеңдеп тоо бойлоп,
Качкан кыргыз мындан көп.
Карылардын баарысы
Тизелери бүгүлүп,
Кайраты жок жамандар
Кытайлардын астына
Келин болуп жүгүнүп.
Ошондо кытай Алөөкө
Ордону бузуп бул кылып,
Катындардын баарысын
Кара элечек тул кылып,
Кайраттуунун баарысын
Такыр айдап кул кылып,
Каракандын казына,
Мейманкана беш сарай
Бекемдиги бир далай
Түркүгүн сууруп алды эми,
Дүмөктү башка салды эми,
Казына бузуп өттү эми,
Түпкө минтип жетти эми.
Алөөкө кан, Молто кан
Адам билбес жообу бар,
Адамды карап кылуучу
Кумурскадай жайнаган
Арт жагында колу бар,
Каптап кирди калың кол
Эми бусурман журттун шору бар.
Калың колдун ичинде
Кытайдан Дөңгө балбан бар,
Дөңгөнүн жайын сураба
Мунун жан казандай башы бар,
Жана жаткан иттей кашы бар,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Баатырдыгы башкача
Ачкан ороо көздөнүп,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Кол алдында чоң Дөңгө
Козголсо жанды жегидей,
Чоюнбаш чапчу ыктуу экен,
Чоң чочко кытайдан чыккан
мыктуу экен.
Кынсыз кылыч байланып,
Кармаса жутуп ийчүдөй
Каары бетине айланып,
Айкырык салып сумсайып,
Буруп темир курчанып,
Мурунтан чыккан эр экен,

Каканчылуу Бээжинде
Атагы Дөңгө дээр экен.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган эр экен,
Жеткендин баарын өлтүргөн
Кан жыттанган кул экен.
Кез болгонду койбогон,
Бир камандын этине
Бир жегенде тойбогон,
Бээжиндин Кары канынан
Буйрук алып шаарынан
Кан талоосун кылууга
Камданган экен каркыбар
Кара бурут кыргызды
Калтырбай чогуу кырууга
Камданган экен каркыбар.
Дөңгөнүн жайын сураба
Чынмачындан Бээжинден,
Чын какандын өзүнөн
Тегиз жыйнап, кол алып,
Албан түрдүү мол алып,
Көк күбөнү жамынып,
Көрүүчү болсоң чоң Дөңгө...
Көк жолборстой чамынып,
Керинейин чуу тартып,
Чаң обого бурулуп,
Тыргоот, шибе, манжуусу
Тыйпыл баары чогулуп,
Кытайлардын добулбас
Чогуу баары кагылып,
Балбаны такыр жабылып,
Молто менен Алөөкө
Буйрук кылып Дөңгөгө:
«Тили башка тилинде,
Кызыталак буруттун
Бизге душман зилинде,
Союп жерге тапта - деп,
Баатыр Дөңгө, капта - деп,
Өлтүрүп жерге тапта - деп,
Кечээ бурут Огой барында
Оторго койгон сан кара,
Бажыга алган түмөн мал
Түгөл тийип кетти эле,
Түбүмө минтип жетти эле,
Менин түгөнбөй турган өчүм бар.
Төрөсү өлгөн буруттун,
Мунун төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы,
Мунун төрүнө казан асалы!

Канын байлап кыралы,
Карасын талап туналы,
Каяшаяк бергенди
Калтырбай чогуу кыралы!
Кызыталак буруттун
Кызыгына кирели,
Кулжуңдап кетсе кууратып,
Куйкасын кармап тилели.
Айда, Дөңгөм, кол айда,
Колдун баарын чогуу айда!
Кайраттуусун камайлык,
Кыз-келинин түк койбой
Үй үстүнөн талайлык.
Кызыталак буруттун
Жаккан отун өчүрүп,
Үч үйлүүсүн бир койбой
Жан-жабылта көчүрүп.
Камчылан, Дөңгөм, камчылан
Түйшүктү мыктап салалык,
Кыз-келинин буруттун
Түк койбой талап алалык!
Каарлуу Дөңгөм, кебимди ук,
Кайраттуусун кыралы,
Кайраты жок жаманын
Олжо кылып туналы.
Кыстап алман салалы,
Эл четине Алөөкө
Ак үйлүү кылып баралы,
Кутуруп жаткан буруттан
Алманды мыктап алалы,
Түпкү журтун түк койбой
Түгөтүп чаап алалы!» -
Каарланып Молто кан
Дөңгөгө айтып бул сөздү,
Жер жайнаган кол болуп,
Кол санатсыз мол болуп,
Чаң обого бурулуп,
Кытайы кыйын жыйылып,
Беш жагынан кол каптап,
Белгиси жок мол каптап,
Жезнай үнү такылдап,
Барабан үнү баркылдап,
Кылычы кынсыз көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп
Керней-сурнай тартылып,
Калың кытай какайлап,
Эми келип жетти катылып,
Жаа жамгырдай атылып,
Жер карарып түн болуп,

Көргөнгө дүмөк күн болуп,
Чаң обого бурулуп,
Көптүгүн көрсөң кара курт
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Асты элди таптады,
Аркасы селдей каптады,
Кайрат кылып, кеп айтпай
Текече кан, Шыгай кан
Ала-Тоо бойлоп качканы.
Көктөн көк ала булут тутулуп,
Текече кан, Шыгай кан,
Бечара аман кутулуп,
Нойгуттардын Акбалтай
Арсланың калды тутулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Адырда жылкы алты сан
Аны тийип кетти эми,
Тоодагы жылкы тогуз сан
Токтотпой айдап өттү эми.
Тополоңун тоз кылып,
Түпкө минтип жетти эми,
Кыйла жанды кырды эми,
Кыздарды олжо кылды эми,
Буланы булап алды эми,
Бузукту башка салды эми.
Келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу кыргыздын
Кытай кеп кылбай, олжого алды эми.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кыргыздардын кылактаган сулуу кыз
Кара калмак, манжуу журт
Олжо кылып калды эми.
Мурун Каракан аттуу кан өлүп,
Каны өлгөндө кара журттун баары өлүп,
Алөөкө менен Молтонун
Сурак кылган азабы
Буттап алтын зер алат,
Ал алтынды таппаса
Жайылып жүргөн малды алат,
Малдан кемип бир калса
Башты чаап жанды алат,
Тура чапкан кыргызды
Туура кункор тул кылды,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып кул кылды.
Буланы булап алганы,
Бузукту мыктап салганы,

Бу Алты-Шаар, Маргалаң
Аяк жагы Кокон кан,
Ордолуу шайык көк жөкөр
Орчуну Букар, Самаркан
Саны кетип тарады,
Ак үйлүү күттү Алөөкө,
Журттун баарын карасаң
Дал ошого карады.
Бээжинден келип зор болуп,
Алөөкө аттуу кан чыкты,
Алөөкө менен Молтонун
Добушунан жан чыкты.
Ааламга өкүмдү
Салып турду Алөөкө,
Алык-алман алтындан
Чалып турду Алөөкө,
Ал алманды таппаса
Курмандыкка барганы
Салып турду Алөөкө.
Алөөкөнүн азабы
Ажыдаардай толгонду,
Алөөкө келет дегенде
Ыйлаган балдар соорондy.
Каары келсе Алөөкө
Катуу мүшкүл иш кылат,
Каарына тийгенди
Кара жердей түз кылат,
Бет алдына барганды
Бейпай салып жадатат,
Чындап жини кармаса,
Бет алдына барганды
Калдайларга сабатат.
Каары күчтүү, кан аты,
Букарасын сабамак -
Бул кытайдын түбүнөн бери адаты.
Маргалаңга ажайып
Салып турду Алөөкө.
Каарын төгүп кайкайып,
Канча жерден алымын
Алып турду Алөөкө.
«Ай, Каракан, өлбө - деп,
Бул өңдөнгөн кордукту
Жан - деп, кудай жаратсаң
Мендесине бербе» - деп,
Калайык ыйлап, калк ыйлап,
Катын-бала жалпы ыйлап,
Күздүн күнү болгондо
Түтүнгө асый салганы,
«Түгөтөмүн азыр» - деп,

Дүмөктү чогуу салганы,
Түк койбой жыйып алганы.
Жазга маал болгондо
Жалдуу байтал мингизбейт,
Жалпы жыйып бир алат,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей,
Буга күчтү бир салат.
Үч үйлүүгө бир казан
Жалгыз үйгө каратты,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып сабатты,
Калың журттун баарысын
Калайман салып жадатты,
Каяшаяк бергенди
Колун чеге кадатты,
Акыр-такыр күч кылды,
Кайран журттун баарысын
Дүмүрчөгүн түз кылды.
Кыштын күнү болгондо
Жана: «Алымга бергин» - деп,
Кыздан алым баштады,
Каарына чыдабай,
Калайыктын баарысы
Бузулуп кете таштады.
Өөдө-төмөн өкүрүп,
Туйлап жүргөн мындан көп.
«Кыз да болсо
Өзөктөн чыккан бала эле
Атаа, өлүмгө кантип бердик!?» - деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
«Алөөкөнүн заары - деп,
Куткарбады бир кудай
Бу капырдын каары - деп,
«Өлөйүн» - деп, өлө албай,
Өкүрүп турат кайран журт
Өз жанын өзү кыя албай.
Калайык антип турганда
Каракандын сегиз уул -
Башчысы Жакып, Улак кан
Баары катар кеп баштап:
«Минтип тирүү жүргөндө
Туубай туна чөгөлү,
Тирүү жүрбөй өлөлү,
Бу кытайдын кордугун
Өлгүчө кантип көрөлү,
Биз дагы Каракандын уулу элек,
Баары жаман болбосок
Канзааданын бири элек.

Тирүү жүрбөй өлдүк го,
Бу кытайдын кордугун
Кыяматка көрдүк го!
Өлбөй тирүү жүргөндө
Кай мураска жетебиз,
Күчөгөн экен бу кытай
Биз бир күрпүлдөшө кетелик!
Өтүп кеткен Каракан
Атабыздын чоңдугу
Аз болсо тоонун сеңирдей,
Каракандын сегиз уулу
Атасын тартпай баарысы
Акмак болду дегизбей,
Кара-Тоону бет алып,
Ой беките конолу,
Кайран Балтай баш болсо,
Кызыталак кытайдын
Баласын уурдап соёлу,
Бир кишиге билгизбей,
Бир адамга туйгузбай
Муну четтетип жүрүп соёлу.
Колдогусун биз жетим
Билгизбей уурдап соёлу».
Аттанууга камынып:
«Азирет!» - деп, жалынып,
Жай-жарагын шайланып,
Жоо кылычын байланып,
Тулпардан жыйып ат алып,
Тууганы кыргыз журттан бата алып,
Сай тулпарды токунуп,
Шашып амаз окунуп,
Арсландай таптанып,
Баштыгы Жакып, Акбалтай
Алтымыш балбан аттанып,
Кең Кашкар ылдый жакалап,
Сай буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Кара байыр, казанат
Калбыр өпкө, жез билек
Ат тулпарын минишип,
Түгөнгөн тоонун бетине,
Тетиги кум арыктуу дайранын
Оңкойгон тоонун урчуктан,
Оңурайган тумшуктан
Супа садык чалганда,
Кечээ таң дүмпүйүп калганда
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды караса
Алтын, жакут, дилде артып,

Күндүзүн өргүп, түн катып,
Кызыл дилде, жакут таш
Кымбаттыны төөгө артып,
Калдайдан сексен балбаны
Бээжинге жүрүп калганы.
Кез болгон экен ошо жол
Кытайдын токсон балбаны,
Арсыланы Жакып, Акбалтай
Талаадан кармап алганы,
Таш-талканын чыгарып,
Такыр кырып салганы,
Жүк арткан төөсү токсон беш,
Кызыл куйрук кара нар
Олжо кылып алганы.
Карактап кармап төөнү алып,
Балдар келип кыргызга
Дегенине көнүшүп,
Ар түтүнгө бир бирден
Муштумдай алтын беришип,
Олжого мыктап канышып,
Ойронду мыктап салышып,
Таң кашкая атышып,
Тамаша кылып жатышып,
Киречилер жол тартып
Конуп жаткан кезинде,
Балбандардын баарысын
Союп жаткан кезинде,
Аябаган калайман
Салып жаткан кезинде,
Балбандарды курманга
Салып жаткан кезинде,
Алөөкөнүн алдында
Жөө желдет деген балбаны
Ошол акмак кутулуп,
Канына аман барганы.
Канына барып муну айтып,
Алөөкөнүн алдына
Адам билбес шумду айтып:
«Каным көрдүм кызыкты,
Качып келдим бузуктан.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Боз алалуу туу көрдүм,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Бир айкайы күчтүү чуу көрдүм.
Калайманды баштады,
Эсенкандын алдына
Алтын жүктөп баруучу
Балбаныңдын баарын

Такыр кырып таштады.
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Кайыпка катар ат минген,
Илек-илек жоо чыкса
Сезгенбей жоого бир тийген,
Курун селде чалынган,
Катар айза сунганда
Кудуреттеп жалынган,
Көрсө бурут өзү экен,
Казынаңдын баарысын
Карактап алганы жүргөн кези экен!
Төбөбүздөн басканы
Жүктөлгөн дилде, көп алтын
Олжо кылып чачканы
Көрдүм бурут өзү экен,
Карасам кара көзү экен.
Казып кетти орумду,
Кайнатып кетти шорумду,
Чачып кетти мүлкүмдү,
Кырып кетти элимди,
Сындырып кетти белимди,
Укпай кетти сөзүмдү,
Олжо кылды малымды,
Агызды суудай канымды.
Андан көрө таксыр кан,
Колду жыйып алыңыз,
Таланып кеткен алтынды
Такыр жыйып алыңыз!»
Кабарчысы барган соң
Мунарга жарык жагылып,
Добулбас бекем кагылып,
Айзанын баары кыйылып,
Адамдын баары жыйылып,
Канынан буйрук келген соң
Кытайдын баары ээлигип,
Кыйындын баары жээлигип,
Баатырдын баары шамданып,
Балбандын баары камданып:
«Түбүнө чогуу жетем» - деп,
Түк койбой кырып кетем» - деп,
Карапчы тонун шайлатып,
Буудандарын камдатып,
Алөөкөнүн кийгени -
Көөхардан топчу муштумдай,
Эми көрүүчү болсоң ушундай,
Каарланып чамынып,
Добулбас бекем кагылып,
Алөөкө кылды буйрукту,

Кара калмак, манжууга
Кайра салды шумдукту.
Алөөкөнүн жанында
Күрмөчөнүн күлдүйтүп,
Күчтүүдөн бар бир миң кан,
Карыпчысын калдайткан
Калдайдан бар бир миң кан.
Өрттөй көзү бек жайнап,
«Алтыныӊ алды» дегенде
Кан ичмеси бек кармап:
«Акылга дыйкан эриң кел,
Бул азапты көрүңөр!»
Акылман экен каркыбар,
Ааламдын баарына
Чалдырбай турган чаркы бар.
Алөөкөнүн эшикке
Жолборсу он беш төлдөптүр,
Жолоп адам келбептир.
Астында алтын тагы бар,
Алтайчылык өлөрдү
Азыр бейлеп билүүчү
Алты аяры дагы бар.
Атагын уккан чочуган,
Алтымыш бурку илийди
Жетик билип окуган,
Бичиктерин алышып,
Аяр менен сыйкырчы
Балын ачып салышып,
Алты аяры капырдын,
Ал Алөөкө баатырдын
Канына айтып бир топ сөз -
Аярдын баары жабылды
«Сиздин алтыныңыз табылды!
Же Каракандын сегиз уул
Эрешен тартып эр болду,
Эр уулу менен тең болду.
Тыңдуудан жыйнап кол алып,
Эрендерин чогуу алып,
Буланды булап алыптыр,
А балдар бузукту мыктап салыптыр.
Сенин кызматчыңды кармаптыр,
Балбаныңды түк койбой,
Түгөл баарын жайлаптыр.
Токсон беш төөдө алтынды
Талап олжо кылыптыр,
Балбандардын баарысын
Талаадан басып кырыптыр.
Эч ким тийбей балбанга
Букарадан эл жүрөт,

Каракандын сегиз уул
Тышка чыккан кытайды
Талап-булап жеп жүрөт.
Башчыларын сойбосоң
Таш-талканын чыгарып,
Быйыл такыр бөлүп койбосоң,
Эгерде бизди оң кылбайт,
Эзелде бизди соо кылбайт.
Балбан айдап, кол жыйып,
Колдун баарын мол жыйып,
Үй үстүнөн басалы,
Үйүң күйгөн буруттун
Капкайда жинин чачалы.
Бокчолорун тинтели,
Төрүнө чийип сызыкты,
Кызыталак бурутка
Бир кылалы кызыкты.
Суук кептен салалы,
Ал алтынды бербесе
Сулуусун тартып алалы».
Деп, - ошентип, аярлар
Айтып өтүп кеткенде,
Алөөкөнүн добулбас
Буйрук кылып койгондо
Камынып чабат балбаны,
Ал добулбас чабылса
Кулактын чыгат далдалы.
Добулбас катуу кагылып,
Добулбас үнүн укканда
Балбанынын баарысы
Эми жетти жабылып.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү оолукту,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары чогулду.
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Керинейин чуу тартып,
Кез-кез жерде бор атып,
Кара калмак, манжуунун
Балбандары чогулуп,
Алтынын таап алууга
Жана мүшкүл доо кылып,
Алман салып калганы.
Кумурскадай кыжырап,
Каптады кытай быжырап,
Кынжылалуу балбаны
Сегиз уулдун башына
Кыйын мүшкүл салганы.
Баштыгы Балтай кан экен,

Акбалтайдын жанында
Сегиз жетим бала экен.
Ал балдарга барганда
Кайраты бийик, заары күч
Катылса кылат кырып түз,
Эми бу капырдан күдөр үз.
Себилдүү балбан сексен төрт
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Адам тилин билбеген
Балбандары бир башка,
Баары каптап чуркурап,
Балакет салды куу башка.
Ал балбанын көргөндө
Ааламдын калкы жыйылды
«Кылып иер эми» - деп,
Каарына чыдабай
Кыйла кыргыз кырылды.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
«Түбүбүзгө жетер - деп,
Каарланса бул баатыр
Түк койбой кырып кетер» - деп,
Калайыктар күйүнүп,
Эс билгендин баарысы
Эр Алөөкө алдына
Келин болуп жүгүнүп,
Акылман экен Акбалтай
Аттан түшүп жүгүрүп
Алөөкөнүн алдына
Тизеси жерге бүгүлүп,
Акбалтай турду жүгүнүп,
Сөзгө чечен Акбалтай
Кара тилин кайрады,
Кан Алөөкө алдына
Кайран Балтай сайрады
«Баатыр, кан экениң чын болсо,
Ээлесең кызык жер мына,
Кырып ийсең, букара кыргыз эл мына,
Баатыр, жайлап салсаң мен мына!
Менин чапчыша турган чамам жок,
Сиз менен алыша турган айлам жок,
Менин кайра айтар тилим жок,
Менин кагыша кетер күнүм жок.
Тойгуча алсаң мал мына,
Агызчу болсоң кан мына,
Күтүп алсаң букара,
Аргын, кыргыз эл мына.
«Бузук» - деп, кырып жиберсең
Башчысы Балтай мен мына!»

Балтай мындай деген соң:
«Бул айтканың ырас» - деп,
Молто кан карап турганы,
Алөөкөнүн өзүнө
Чоң буйрукту кылганы
М А Н А С
«Карактаткан алтындын
Кайда кеткен дайыны жок,
Же кармап алган ээси жок,
Кылмышсыз бар, момун бар,
Кыйлада нече сонун бар,
Муну кырып ийсек болобу!? -
Бу журтта каракчы бар, күрө бар
Калың журт таза эмеспи,
Муну кылып жүргөн бирөө бар.
Кубалашып куушуп,
Муну куп мойнуна салалы
«Кууракан бурут кылды» - деп,
Бул журтту кантип кырып салалы!
Жан сактоого жер керек,
Алым алып туруугa,
Казынаны жыюуга
Бизге калың кара эл керек!
Кылмыштууну табалы,
Бу кызыталак буруттун
Капкайда жинин кагалы».
Анда Алөөкө муну айтат:
«Бу кызыталак бурутту,
Токсон беш төөнүн алтынын
Мына ушул бурут курутту.
Бу Каракандын сегиз уул
Чаткалга жыйган малы бар,
Чамасы келсе бу бурут
Биз менен чапчышам деген алы бар.
Бөтөнү турат сөзүндө
Бөлөгү турат көзүндө,
Чамасы келсе бу бурут
Чалышкан турат өзүмө.
Ушунчада күтүнүп,
Мунун үйүрүн бузуп тийбесек,
Эгерде бизди соо кылбайт,
Муну туш-тушка бөлүп ийбесек!
Жаккан отун өчүрүп,
Кызыталак бурутту
Жан-жабылта көчүрүп,
Буга жер бербейли конушка,
Мунун бирөөнү айдап оруска,
Мунун бирөөнү айдап ийренге,
Муну түшүрүп жибер тереңге!

Бирөөнү айда казакка
Мына минтип түшүр азапка.
Бирөөнү айда кабыргалуу Каңгайга,
Бирөөнү айда кара калмак Алтайга,
Түп коргонун түз кылып,
Түгөл айдап жоголткун!»
Муну менен Молто кан
Алөөкө тилин алганы,
Балбандары башкача
Басып кызык салганы,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тирүү байлап алганы.
Кан буйругу эки эмес -
Кайран Балтай, Жакыпты
Кырк үйлүү кыргыз баш кылып,
Алтай көздөй айдады.
Бирөө айдалды ийренге,
Бирөө түшүп кетти тереңге,
Бирөө айдалды оруска,
Жер табалбай конушка.
Оболку дарты козголду,
Тополоңу тоз болду.
Колу артына байланып,
Кордук көрүп айдалып,
Буларды бөлүп турганда
Калайык ыйлап, кары ыйлап,
Калайык журттун баары ыйлап:
«Ай, Каракан, өлбө - деп,
Азапты бу журт көрбө - деп,
Бул өңдөнгөн кордукту
Мендесине бербе» - деп,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Талан көргөн кайран журт
Көзүнүн жашы он талаа.
Дүмөктүү түйшүк салды эми,
Каракандын сегиз уул
Түк койбой байлап алды эми,
Төрүнө казан асты эми,
Төрт түлүгүн чачты эми.
Адырдан тийди бээсин,
Жакын келсе моминтип
Жайната муштап мээсин,
Чыгарып ийди бул журттун
Капкайдагы кээсин.
Кайратсызын байлады,
Кайрат кылган мыктуусун
Кармап алып жайлады,
Алардан калган балдарды
Денекул кылып алганы,

Какандын кароол канына
Кызматчы кылып салганы.
Кайраттууну сабады,
Катын менен баланы
Олжо кылып талады.
Тоодо жылкы тогуз миң
Токтотпой тийип өткөнү.
Өрүштөгү төөнү,
Союп салды Алөөкө
Баатырсынган дөөнү.
Ургаачыдан узду алып,
Бейилиң курган Алөөкө
Беш көкүлдүү кызды алды.
Калың казды орлорду,
Кайнатты такыр шорлорду,
Бош койбой байлап колдорду,
Такыр кырып салды эми
Буларга кол кайруучу чоңдорду.
Агала желек туу салды,
Ач айкырык чуу салды.
Эңкейиштеп бас экен,
Кыргыздын колу аз экен,
Өөдөгө чыккан чөп экен,
Кытайдын калкы көп экен.
Түрлүү-түрлүү алпы бар,
Түбүнөн бери куралып,
Келген экен каркыбар.
Колуна тийген адамды
Койбой сабап, талкалап,
Бөлүп кетер наркы бар,
Кыйыгына тийгенде
Кылычтап башын чаап салмак
Бу кытайдын салты бар.
Дүмбүрчөгүн түзөтүп,
Түк койбой талап алды эми.
Кемпирлерин ыйлатып,
Абышкасын кыйнатып
Аябай дүмөк салды эми.
Коломтосун казды эми,
Кордук менен талкалап
Кыргыз журтту чачты эми,
Өкүм менен иш кылып,
Өз билгенин кылды эми.
Каканчынын калкы экен,
Катылганды бул кытай
Канын ичмей наркы экен.
Кытайдан Молто чоң улук
Кыргызды кырып кетүүгө
Көк жалың

Какандан келген тоорулуп,
Балбандары башкача
Каары толук капырдын
Бил мингени бир канча.
Атсыз жүргөн дөөлөрү
Кумурскадай быжылдап,
Курчап келди жөөлөрү.
Кынжысы бар мойнунда
Албан түрлүү балбаны,
Ал балбаны катылса
Адамдын чыгат далдалы.
Алөөкө менен Молтого
Акыл айран, заары күч,
Каарланган капырың
Катылганды кылат түз.
Заары күчтүү балбаны
Таш күмбөзүн талкалап
Кыргызды такыр чаап алганы.
Эр Алөөкө, Молто кан
Калың колун каптатып,
Талоон кылып турганда
Ажалы жеткен жан өлүп,
Кыргыздан кыйла бала өлүп,
Шибенин каны чоң Дөңгө,
Калмактардан Ылама
Кажылдаган капырдын,
Кан Алөөкө баатырдын
Бу кордугун сураба!
Казанды олжо кылышып,
Олжолоп алып тунушуп,
Кара курттай кыжырап,
Жер тумандап быжырап,
Асман ачык, жер бүркөө
Жеткилең кытай жеткени,
Алөөкөнүн токсон нар
Кызыталак бурут алдың - деп,
Акыр заман дүйнөнү
Башка салып турганы.
Кан Алөөкө капырга,
Улугу Молто баатырга
Олжо болду көп кыргыз,
Каяша айтар бир жан жок
Жорго болду көп кыргыз.
Түндүктү жагып кыйратты,
Түйшүктү салып ыйлатты.
Ажалды анык жеткизди,
Чаманын баарын кеткизди.
Азаматты кул кылды,
Катындын баарын тул кылды.

Кара курттай капырга
Кайрат кылар бир жан жок,
Кайран Дөңгө баатырга
Белгилүү жок, бел да жок,
Бет алышып турганда
Же кайрат кылар эр да жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Атаңдын көрү, алакчы
Мында кырылгандар санда жок,
Ажыратып алуучу
Ал Каракан мында жок!
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабылан сындуу жойлогон,
Кайран кыргыз эл элек,
Өзөн бойлоп конуппуз,
Эр Каракан өлгөндө
Өрт өчкөндөй болуппуз
Обол мурда кан өлүп,
Айла табар жан калбай,
Же калайыктын баары өлүп,
Өзөн бойлой конуптур,
Өйдө кылар бир жан жок
Өрт өчкөндөй болуптур,
Баатырлар жатат сабоодо,
Малдар жатат камоодо,
Ай караңгы белгисиз
Түн ушундай экен - деп,
Алакчы дүйнө, оңбой кал,
Кытайдын каары келгенде
Бизге күн ушундай экен» - деп,
Муңканып ыйлап калың журт
Арманын айтып тургуча,
Ачып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче
Кытайлардан Алөөкө,
Кырмышанын Мурадыл
Манжуулардан чоң Молто,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары чогулуп,
Күрмө кийген калмактын
Күчтүүлөрү чогулуп,
Белбоо кийген кытайдын
Берендери чогулуп,
Акылдуусу, ыктуусу,
Алөөкө менен зор Молто
Жоонун айласын билчү мыктуусу.
Айзасы артык учтуусу,

Кылычы кыйын курчтуусу,
Чоюнбаш чапчу балбаны,
Чоң акылман жандары,
Бичик ачкан сыйкырчы
Чогулушуп алганы.
Чаң обого бурулуп,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Кылыччаны шайланып,
Очогор айбалтасын
Оңураңдап байланып,
Каканчын Бээжин дээр экен,
Каарланса кытайың,
Каптап кетер эл экен.
Жарлык кылса жаң-жусу
Такыр келген эл экен,
Алакандай кыргызды
Алек кылып таптакыр
Алып салган кези экен.
Өз билгенин кытай журт
Кылып калган кези экен,
Олжого катын-кыз алып,
Тунуп калган кези экен,
Каяшаяк бергенди
Т/* о и
Кайра тартып тим койбой,
Кырып салган кези экен,
Калың кытай, какан журт
Тунуп калган кези экен,
Кыргыздын баарын кыйратып,
Олжо кылган кези экен.
Алтын, күмүш мол алып,
Жүктөй албай калыптыр,
Агача келин, сулуу кыз
Олжосуна көп алып,
Үптөй албай калыптыр.
Кытайдын ишин сураба
Кызыл куйрук нарды алып,
Кызыл жамбы, көөхар таш,
Кызыл алтын, жамбы алып,
Шибелерден эр Дөңгө
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өйдө аштаган,
Ааламга азап баштаган,
Койгулашкан жоо чыкса

Коркуп колтук ачпаган.
Койгулаша келгенде
Коёндой жерге таптаган,
Беттешкен аман калбаган,
Бет алып менде барбаган.
Көк камандай күүлөнүп,
Молто менен Алөөкө
Бул экөөнө сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү, эки кан,
Азыркы кезде тилимди ал,
Чоң зыйкырчы жан элем
Менин айтканымды билип ал!
Ушу турган бурутка,
Бурут деген бу журтка
Калайманды баштайлы,
Эркеги түгүл буруттун
Катынын кырып таштайлы.
Өзү бурут тилинде,
Кызыталак бурутуң
Бизге душман зилинде.
Бул буруттун ырымы -
Үчтөн-төрттөн көрүнөт
Атына таккан жырымы.
Заңгел тоону жердеген,
Бет алып менде жеңбеген,
Кароолдоп жолун чалбаган,
Эңкейтип киши албаган
Мээнет баскан эл экен.
Кокустан, тирүү койсок карысын,
Өлтүрбөй койсок баарысын,
Асты Какан Бээжинге
Айыл конуп албасын,
Сырын алып ал элдин,
Сыртын көрүп бу жердин
Семирип сергип албасын.
Кубары кыргыз кутуруп,
Көчүп барып жериңе,
Айыл конуп элиңе
Обол мурун ыр тартып,
Андан кийин сыр тартып,
Семирип-сергип калбасын,
Андан кийин биздерге
Укумунан тукуму
Серпишип уруш салбасын,
Чынмачындан Бээжиндин,
Чын какандын элинен
Тутанып кеткен бурутуң
Чындашып өчүн албасын!»
Дөңгө туруп муну айтты.

Ошол кезде Алөөкө
Билеги жоон, таш жүрөк
Өзү бил мүчөлүү бадирек:
«Атаңдын көрү, эр Дөңгө,
Ит экенсиң, сен Дөңгө,
Атым - балбан Алөөкө,
Каарыма алганда
Астымда керик малым бар,
Бурутуң турмак мен өзүм
Он сегиз миң ааламды
Талкандай чалар алым бар!
Ушу кезде байкагын,
Жолборсум он беш төлдөгөн,
Ушул кезде өзүмө
Жолоп адам келбеген.
Ажыдаарым - алтымыш,
Анын ар жак жагында
Кылыч тумшук пилим бар,
Кыңкылдаган, ой Дөңгө,
Менин бу күчүмдү билип ал,
Жүргөнүмөн чаң чыгат,
Менин добушуман жан чыгат,
Ушу башым барында
Эч ким назар сала албайт,
Мени эңкейтип менде ала албайт.
Менин каканчыда каным бар,
Менин канча жерде шаарым бар,
Ал шаарымды жердеген
Менин канча жерде жаным бар.
Бу дүйнөнүн адамын
Менин ала турган алым бар,
Аскерим бар, колум бар,
Бел байлаган белим бар,
Менин бекип жаткан жерим бар,
Шуру отогот бөркүм бар,
Бурутуң эмес ааламды
Менин буй кыла турган эрким бар.
Жан багууга жер керек,
Биз өңдөнгөн кандарга
Букара болчу эл керек.
Азканакай бурутту
Багынтып алсак,
Бурут деген бу журтту,
Каарды кантип баштайбыз,
Катын менен баласын
Не - деп, кырып таштайбыз?»
Алөөкө айтып ар кыл кеп,
Айтып өттү мындай деп:
«Биз менен алыша турган алы жок,

Же буруттун акыл тапчу каны жок,
Катын менен балдарын
Тегиз кырып таштасак,
Тентек болот мунуңуз,
Айласы кеткен буруттун
Артынан коркуп турасыз,
Так, алдыңкы жерде туруңуз!
Улукка мойнуң буруңуз,
Доңго, уят болот мунуңуз!
Колго тийген букараны
Не бетиң менен кырдыңыз?»
Алөөкө оозун эми жыйганда,
Айтып муну турганда
Бала каздай баркылдап,
Баатыр экен кытайдын
Баягы Молто таркылдап,
Шуру отогот маржан таш
Төбөсүндө жаркылдап:
«Атаңдын көрү, эр Доңго,
Сен айта бербе андай - деп,
Ушу турган бурутуң,
Бурут деген бу журтуң
Ак буудайдай үрөндөш,
Тукуму бирге сүрөөндөш».
Андан көрө бу журтту
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Бурамалуу жез найза
Бурчунан кармап имерип,
Эрен кабырга жиберип,
Бирөөнү айдап оруска,
Жер бербегин үч үйлүү
Бурут конушка
Мунун бирөөнү айда ийренге,
Муну түшүрүп жибер тереңге.
Мунун бирөөнү айда казакка,
Түшүрүп ий бурутту
Кайра тарткыс азапка.
Бирөөн көчүр кең Оркондун жонуна,
Түшүрүп жибер,
Оркондо тыргоот колуна.
Мунун бирөөнү көчүр Каңгайга,
Көчүрүп Каңгай жонуна,
Энчисине басып төмөнкү
Манжуу шибе колуна.
Бирөөн жибер Алтайга,
Адам кирбес түшүнө
Жибергин, кара калмак ичине.
Мунун кайраттуусун көрөлү,

Өлтүрбөстөн, житирбей,
Кызыталак бурутту
Камчыга ченеп бөлөлү!»
Каны буйрук кылган соң
Калың журт карап турабы,
Кандын сөзүн эки кылабы,
Кадырман кыргыз кайран журт
Каракандын сегиз уул
Тополоңун тоз кылып,
Токтотпой байлап алды - дейт,
Тополоңун тоз кылып
Тозокту башка салды - дейт.
Каракандын сегиз уул -
Улуусу Бай, Үсөндүр,
Үсөндүн колун байлады,
Оркон көздөй айдады.
Байдын колун байлады,
Төмөн Желпиниш көздөй айдады.
Улак кан колун байлады,
Ийренди көздөй айдады,
Баштыгы Балтай, Жакыпты
Алтай көздөй айдады,
Азганакай кыргыздан
Алышар алдуу калбады.
Казганы калың ор болду,
Кайнатылуу шор болду,
Добушунан жан чыгып,
Алөөкө башаа кан болду,
Маргалаңга ажайып
Салып урду Алөөкө,
Алты-Шаар, Кокондон,
Айда сабап сарттардан
Алым алды ошондон.
Алөөкө аттуу башааны
Артыкча кудай урганы,
Айда сабап сарттардан
Алты миң жамбы, миң кундуз
Алым алып турганы,
Ал алымын таба албай
Журт тукурап турганы.
Кытайдан Молто кан чыгып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Мунун добушунан жан чыгып,
Сандан кетти калың журт
Аны мындай таштайлы,
Байлоого кеткен баатырлар,
Айдалып кеткен бакырлар,
Ошондон кабар баштайлы.
Баштыгы Балтай, Жакыптын

Эки колу байлоодо,
Эки көзү жайноодо
Алты миң кытай, сан калдай
Өзүлөрү тегеректеп айдоодо.
Алты өгүз, төрт качыр
Күчүн берип айдады,
Алты эчки, үч уйдун
Сүтүн берип айдады,
Кырк үйлүү кыргыз журт эле
Мунун кылайган алы калбады.
Эти болду көк жашык,
Каны калды бир кашык.
Жер жүзүнө даңкайтып,
Баткызбай айдап баратат,
Эки күнү бир жерге
Жаткызбай айдап баратат.
Же жашынарга кабак жок,
Жакшылап жеген тамак жок,
Балдар баспай чуркурап,
Арык болуп баратат.
Айласын таппай айдалып,
Артына колу байланып,
Карып болуп баратат.
Күндүзүндө тынч албай,
Минтип айдап алды эми.
Түнүчүндө уйку албай,
Күндө тынып калган жок,
Күн мезгилин алган жок,
Айда тынып калган жок,
Ай мезгилин алган жок.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам гүлү учкуча
Мыктап алты ай айдалды.
Тоңкойгон эчен тоону өттү,
Толкуган эчен суу кечти,
Адыр-будур бел ашты,
Мунарык тарткан чөл басты,
Эчки-Өлбөстөн эңкейди,
Кордой менен Маңканды
Кошо ашып калды эми,
Иленин башы Үч-Арал
Амалсыз кечип барды эми.
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу,
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз
Тегиз басып алды эми,
Ары жак жагы - Ак-Талаа
Ак-Талаага барды эми.
Ай, жаныбар, Ак-Талаа
Баба баскан жер эмес,

Жердиги тыргоот, көп калмак
Жети ата көргөн эл эмес.
Ак-Талаа жетип конду эми,
Ал күнү Ак-Талаа конок болду эми.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жетип жарык тийгенде,
Супа садык чалганда,
Таң дүмпөйүп калганда
Төбөдөн жылдыз зирилдеп,
Кыбыла көздөп бириндеп,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Мунарык тартып бүрүлдөп,
Таң шоокуму көрүнүп,
Таңдын муздак жели зыркырап,
Камыштын башы чыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Кумунун үстү чийилип,
Талынын башы ийилип,
Жаткан экен Ак-Талаа
Адыр-бүдүр бел экен,
Абыдан сонун жер экен.
Бөөт көлчүк, сазы бар,
Бөлүнгөн өрдөк-казы бар,
Алмасы бышып көң болгон,
Жаңгагы бышып сай толгон,
Кызгалдак чөбү кылкылдап,
Кымыздык чөп, ышкыны
Тегиз бышып былкылдап,
Жаткан экен Ак-Талаа.
Ортосунда оргуган булак суусу бар,
Жылтыргандуу шыбагы
Жыргалдуу экен убагы.
Суу боюнда өзөнү,
Бу жерге басып адам келбеген
Элкин экен жерлери.
Чырпыктары чынардай,
Чынарлары мунардай,
Чымчыктарын карасаң
Тоодо улуган улардай.
Кескелдирик жыландай,
Жыландарын карасаң
Тогуз кулач аркандай,
Алда Таала кудурет
Жан жараткан ар кандай,
Ак-Талаа жайы ушундай.
Эркин экен талаасы,
Бөрсө деген бир жан бар
Курсагынан бөрсөңдөп,
Чыгып жүрөт баласы.

Түрлүү-түрлүү жаныбар,
Жан көрбөс жандын баары бар.
Киши кийик, төө кийик
Адырында мунусу.
Элкин жаткан жер экен,
Мунун аягын Алтай дээр экен,
Ал Алтайды жердеген
Кара калмак, манжуу журт,
Кайнап жаткан эл экен.
Балтай, Жакып баштыгы
Эмгекке колу байланып,
Кыргыздан чыгып кырк үйлүү
Алтайга барды айдалып,
Айдалып барган карыптар
Артык Алтай жер тапты,
Кара калмак эл тапты.
Кыргыздан каңгып жоголду,
Кыйланын баары кайгырды,
Кыйналып журттан айрылды.
Кара калмак дээр экен,
Өзү кадырман сонун эл экен,
Кең Алтайды жайлаган,
Эшигинин алдына
Миңден кысыр байлаган.
Аркысы тыргоот, көп калмак
Окто тийбей карыган
Ойноп жүргөн аты бар,
Төрт түлүктүү калың мал
Калмагың күткөн экен каркыбар
Айдалып барган кырк үйлүү
Баштыгы Жакып, Акбалтай
Кырк үйлүү кыргыз курган журт
Саанчы кирип, сүт ичип,
Минтип жанын бакты эми,
Жылкы жайып, күч минип,
Антип жанын бакты эми.
Кара калмак, манжуудан
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эбин таап кысыр тайын жеп,
Минтип жанын бакты эми.
Бул калмакка келгени
Он эки айга толду эми.
Кырк үйлүү кыргыз ичинен
Акылманы Акбалтай
Кыргыздан келген көк бука,
Көк буканы союшуп
Көңүл толгон көп капа
Көп капаны жоюшуп,
Бала каздай каркылдап,

Ак сакалы жаркылдап,
Абаң Балтай кыргызга
Акыл айтты жаркылдап:
«Кырк үйлүү келген күнөкөр
Алыста калды бусурман
Ордолуу шайык көк жөкөр
Айдалып келген бусурман
Жерибиз Алтай дээр экен,
Алтайда кара калмагың,
Эң эле сонун эл экен.
Балдар капанын баарын чачалы,
Кайгырсак кыргыз табылбайт,
Алтындын кенин казалы.
Кетмендеп жерди оёлу,
Кайран жан өлүп кеткиче
Балдарым, кең-кесири тоёлу.
Балдар, капанын баарын коёлу,
Кайгырсак кыргыз табылбайт,
Көрүнсө абийир жабылбайт.
Бизде, балдар,
Бел байлаган бел да жок,
Медер кылып жүрүүчү
Белгилүү кыргыз эл да жок,
Бизде калка кылар Огой жок,
Качып кирер токой жок,
Биздин эл аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
Жан багуучу карыппыз,
Кара калмак, манжуунун
Ортосунда калыппыз.
Алтай артык жер экен,
Калмак да караандуу
Журту артык эл экен.
Кыйбат сөз айтам билип ал,
Керүүгө тиккен бак да жок,
Керсейип жатар чак да жок,
Талаага турган бак да жок,
Бизде талтайып жатар чак да жок.
Сегиз, тогуз жыл болсун
Жан аябай турушуп,
Аябай жанды багалык,
Кара жер менен урушуп.
Атагы Алтай жер экен,
Кара калмак, манжуу журт
Бул аштык билбес эл экен.
Кырсыкты чечсе жараткан
Дардайышып жатасың,
Алып койгон эмгектин
Табагын тайга сатасың.

Эмгек кыл, балдар, эмгек кыл,
Ачкан курсак тоюнат,
Арыганы семирет!»
Акыл айтты Акбалтай,
Олуязаада жан экен,
Акбалтай аттуу карынын
Чоң акылы бар экен.
Айзакерден мыктуу экен,
Айла тапкыч ыктуу экен.
Акбалтай бизге кан экен,
Каңгып келсек бул жерге
Акбалтай берди жараткан
Бизде өлбөчү күндөр бар экен.
Баатыр Балтай кыраанын
Билбегенди билгизген
Билимдүү Балтай эр экен,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Балтай шер экен,
Касиеттүү жан экен,
Сүйлөп турса сөзү ачык,
Бу дүйнөдө көзү ачык,
Касиеттүү жан экен,
Атагы нойгут каны экен.
Азып келдик алыстан,
Акбалтайды берди кудурет,
Ушу турган калың журт
Бир ырысы бар экен.
Медер кылды Балтайы
Ушул Акбалтай тилин алалы,
Чекеден тер агызып,
Аштыкты кенен салалы.
Кайгынын баарын жоёлу,
Кара жерди быйыл
Кетмендеп жатып оёлу.
Келжейип басып жүргүчө
Быйыл кең-кесири тоёлу,
Акбалтай тилин алалы,
Быйыл арыптап малды табалы.
Тирүү жанга мал керек,
Малды жыйнап калалык.
Семирип-сергип алалык.
Жан аябай мал жыйнап,
Кара калмак, манжуруга
Тең тууган болуп калалык.
Капанын баарын таштайлык,
Быйыл кайратты мыктап
баштайлык».
«Карып Балтай абаңдын
Айткан сөзү акыл - деп,

Акбалтай тилин албастын
Жети атасы капыр - деп,
Жетик Балтай муну айтып,
Жетелүү сөзү акыл» - деп,
Абам Жакып муну айтат.
Кырк үйлүүнүн баарысы,
Азып барган бул журттун
Акбалтай, Жакып карысы,
Кырк үйлүү кыргыз баарысы
Кызматка кирди баарысы.
Алтын кенин казышты,
Казып алган алтынды
Дорбого салып катышып,
Керек десе калмакка
Төрт түлүк малга сатышып,
Шамыянын шайлатып,
Кош өгүзүн байлатып,
Жердин жүзүн ачтырып,
Уучтап тукум чачтырып,
Эгин айдап, жай болуп,
Эсепсиз кыргыз бай болуп,
Ак буудай данын чайнашып,
Эшигинин алдына
Алтыдан тулпар байлашып,
Айдап алган эгиндин
Кочушун койго сатышып,
Табагын тайга сатышып.
Жан аябай жарышып,
Сан кара күтүп бай болуп,
Көңүлү мындан жай болуп,
Санаасы менен болтуруп,
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтуруп.
Байлыгын мүлккө толтуруп,
Короосун чаңга жашырып,
Бай Жакып деп аталып,
Сан кара күтүп эр Жакып,
Төрт түлүгү шай болуп,
Төрө агаң Жакып бай болуп,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн каркайтып,
Атаны алты сан болуп,
Абаң Жакып бай болуп,
Ал Алтайда турганда
Абаң Жакып көкжалдын
Алтыны жети там толуп,
М А Н А С
Адырда жылкы алты сан,
Аргымак, буудан аралаш

Жакып күтүп сан кара,
Көңүлү күндө жай болду,
Абаң Жакып кайрандын
Көңүлү журтка жай болду,
Алтайда манжуу, калмактан
Баарынан Жакып бай болду.
Байлыгы журтка билинип,
Улук экен Эсенкан
Анын даңзасына чийилип,
Аты жетти Алайга,
Абаң Жакып берендин.
Атагы журтка жайылып,
Сан кара күтүп бай болуп,
Бичик чийип кат алып,
Бай Жакып - деп аталып,
Өрүшкө малы толуптур,
Алтайдагы көп журтка
Аты Жакып берениң
Олуя чалыш болуптур.
Атактуу Жакып бай болуп,
Эчен жылы болгуча
Бир балага зар болуп.
Ошондо Жакып: «Ушунчалык сан кара мал күтүп алып же балам жок, көргөн күнүм кандай болот?» - деп, кырк үйлүү кыргызды жыйып алып: «Бул каран калган көп малды ким ээлейт?» - деп, адам таппас ой кылып, ааламга жетер той кылып, Жакып жараткандан бала сурап муңканып ыйлап турган жери.
«Малды күттүм, балам жок,
Жаратkандан көп тилейм -
Менин бала күтөр чамам жок.
Тоодогу жылкым тогуз сан
Тобурчак тулпар алам жок,
Тозокко жыйган каран мал,
Муну тосуп алуучу
Тозоктуу дүйнө балам жок,
Тобурчак, тулпар мээси жок,
Муну тосуп алчу ээси жок!
Кудайдын кылган ишине
Муну көтөрбөскө чара жок,
Ээси жок каран мал
Муну тосуп алчу балам жок,
Куу дүйнөнү көп жыйдым,
Же бала табаар чамам жок,
Бу дүйнөнү көп жыйнап,
Мураска минтип жетемби?
Атаным алты сан болду,
Баласы жок сандалган
Жакыбың мындай жан болду.
Тегинге жыйган ээсиз мал

Теңшерсем эркек балам жок,
Тегеренет эсен жан.
Турага толду кайран мал,
Туякка эркек бала жок,
Тура албас болду кайран жан.
Менин жүктөрүм атан, пил болду,
Береки алган жарым Чыйырды
Алганым эчен жыл болду,
Солбуп чачын тарабайт,
Соолгур кандай күн болду?!
Баатыркан кызы Бакдөөлөт
Менин баштатан жарым ушу эле,
Барктасам бала төрөбөй
Баарыдан мүшкүл иш болду!?
Ээси жок малды көп күтүп,
Ээ мураска жетемин,
Баана кылган бала жок
Туяксыз өтүп кетемби?!
Аргымак бактым мээси жок,
Муну баптап минер ээси жок!
Мен Алтайга келгени
Каран малды көп жыйып,
Бастырып төргө чыкпадым,
Же «баа» эткен үнүн укпадым.
Арманым калың, ичим чок
Алтайга минер буудан жок,
Өзүм менен уялаш
Айдалган сегиз тууган жок,
Ичим капа, боорум чок.
Мал үзүрүн көрүүчү
Баатыр кыргыз журтум жок,
Эңкейип кетсем элим жок,
Ээсиз малды жаюуга
Менин ээлки турган жерим жок.
Бул Алтайда курган журт
Эңкейип кетсем элим жок,
Элим турмак бул жерде
Эш кармарга жээним жок.
Астымда турган ага жок,
Алтайда туруп күн көрдүм,
Арка кылган тага жок,
Менин байлыгым калың санда жок
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон
Менин арсланым кыргыз элим жок!
Кудайдын салган дүмөгүн
Көтөрбөскө чарам жок,
Көп ээсиз малды мен жыйдым,
Муну күтүп алар балам жок.

Кырк үйлүү кыргыз биз болдук,
Кара калмак, манжуунун
Ортосунда турабыз,
Же калкты табар айла жок,
Калайык, кандай арга кылабыз?
Бу калмактын ичинде
Абаңыз Жакып өлөбү,
Баласыз Жакып экен - деп,
Каран калган көп малды
Калмак кечили келип бөлөбү?
Кочкусу кордук салабы,
Баштатан кордолуп келген эл элек,
Каран калган бу малды
Кытайың ээлеп алабы?
Жез түркүктүү чатырга,
Каяша берген адам жок
Бу кара калмак баатырга!
Долоно саптуу ай Балтай
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт,
Бу тосуп жүргөн көп журтту
Томсортпой муну ким баштайт?
Кара жаак ай Балтай
Муну кайкалатпай ким аштайт,
Камоодо жүргөн калың журт
Муну капа бир кылбай ким баштайт?
«Балам жок» - деп зарланып,
Байыңыз Жакып муну айтып,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чындап тилейт баланы,
Минтсе да бала көргөн жок,
Арданып Жакып өлгөн жок.
Жакып арман кылганда
Кырк үйлүү кыргыз жашыды,
Жакып кандын сан кара
Көктөмдө чөптөй ташыды.
Эки көздөн аккан жаш
Эсил Жакып карынын
Эки бет ылдый кулады,
Эбедейи эзилип,
Эр экен Жакып байыңыз
Эгемден бала сурады,
Аны мындай таштайлы
Бу учмактуу Бээжин шаарынан
Улук экен Эсенкан
Эми ошондон кабар баштайлы.
Каканчынын Бээжинден
Атактуу Эсенкан экен,
Алты жылдык азапты
Азыр ойлоп билүүчү

Зыйкырчысы бар экен.
Бал ачуучу төлгөчү
Малакай калпак кийүүчү,
Жети жылдык кекерди
Жеткилең ойлоп билүүчү,
Ачык айтчу жарчысы,
Зыйкырчысы, балчысы.
Бээжиндин жайын сураба,
Бээжин бекер жер эмес,
Кытай оңой эл эмес.
Кечээ Нук байгамбар тушунда,
Топон суу жүргөн ушунда.
Топон суу толкуп ашканда,
Дүнүйөнүн баарысын
Карап кылып басканда,
Көөдөндө калган көп арман,
Топон суу толкуп жете албай,
Ошондо тогуз жүз түтүн эл калган.
Кечээ ак байгамбар Мукамбет
Аршыга чыгып турганда,
Нур төгүлгөн Бээжинге
Буга эч ким назар салбаган,
Кайраттуу сурак албаган,
Байгамбардын барында
Ушул турган Бээжинде
Эчен түркүн эл калган.
Капырга казат салганда,
Чынмачындын канын
Аламын деп барганда,
Катын алып Бээжинге
Калып калган туркана,
Чындаса таап алабыз,
Чын бусурман дуңкана.
Бээлесең болот бейарман
Чын кыргыздын тукуму
Чынмачындын Бээжинде
Салалык деген эл калган.
Элдин жөнүн билгенге
Эсел экен Эсенкан,
Түп атасы Чылаба,
Орноткон кымбат шаары бар,
Жети жылдык азапты
Жети күндө билүүчү
Жети аяры дагы бар.
Зыйкырчысы билиптир,
Эсенкандын алдына
Калайман салып кириптир.
Эсенкандын алдында
Кароолго чыкчу мунара,

Мунара жайын сураба -
Токсон миң кулач бийиги,
Мунардагы коңгуроо -
Коңгуроосу коло жез,
Жоондугу үч кулач,
Үнүн уксаң оолак кач.
Эңдеме коңгуроо
Коңгуроосун бир урса,
Эсенкандын билими -
Алты күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулат,
Бу капырдын тийими.
Мунарга жарык жагылды,
Коңгуроо бекем кагылды,
Коңгуроону укканда
Зыйкырчы тегиз жабылды.
Илийи бичик колго алып,
Бичигинен көрүптүр:
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Ач арыслан түрлөнгөн
Атактуу Манас кан чыгат,
Ошонун каарынан жан чыгат,
Ал бурутта туулат,
Манас атка мингенде
Сенин тыргоотуң тыйпыл кырылат.
Орто бойлуу, кең далы
Кыргыздан Манас кан чыгат
Мунун каарынан жан чыгат.
Телегейин тең тубат,
Буруттан Манас шер туулат,
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Добушунан жан чыгат.
Арыслaндай шер туулат,
Ааламды бузган эр туулат.
Ошол Манас туулса,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Манас туулуп чоңойсо,
Эгерде бизди оң кылбайт,
Бу Бээжинди соо кылбайт.
Түп атабыз Чылаба,
Түгөнгүрдүн эрдиги
Ааламды буй кылат,
Ал Манастын шердиги.
Ичсе канга тойбогон
Бейжай салчу эр ошол,
Алышканды койбогон.
Карап кылат каныңды,

Карайлатат баарыңды,
Чыркыратат жаныңды.
Таш-талканын чыгарат,
Бел байлаган белиңди,
Кызыл канга бөлөнтөт
Ушул турган кытай элиңди.
Улугуңду, каныңды
Буруттан Манас эр чыгып,
Уйпалайт Бээжин шаарыңды.
Ошол Манас туулса,
Ак маралды уй кылат,
Ушул турган Бээжинди
Алда рече буй кылат.
Көк марал кууп уй кылат,
Бээжин эмес, ал Манас
Көрүнгөн жерди буй кылат.
Он эки кылым түк салбайт,
Ойрон Манас туулса
Укурук кайрар түк калбайт,
Кагышып Манас чыкканда
Бет алып менде баралбайт,
Укурук кайрар түк калбайт,
Манас чыкса жан калбайт.
Буруттан туулат ал Манас
Бусурмандын диниде,
Бурмалабай чын айтам
Бээжинге душман зилинде.
Кынсыз кылыч байланат,
Кызыталак ал көк жал
Каары тышка айланат.
Ичсе канга түк тойбойт,
Бет алганды түк койбойт.
Кабагы бийик, заары бар
Аркасында белгиси
Кара көк жал жалы бар.
Анын колдогону кожо сан,
Чын жолдошу кырк чилтен.
Ошол Манас туулса
Каарды катуу салбайбы,
Капкайда кегин албайбы,
Каканчылуу Бээжинди,
Таш сайынган кытайдын
Тазасын кырып салбайбы,
Кызык кылып кытайды
Кыйла жерге жөлөнтөт,
Каарына тийгенди
Так кыпкызыл канга бөлөнтөт.
Өлбөй адам калабы,
Аман болсок көрөрбүз

Аты бар Манас баланы,
Ачуу салып ичирет.
Тамакка салып тузуңду,
Ошол Манас чоңойсо
Аман болсо көрөрсүң,
Олжо кылып талкалап,
Так беш көкүлдүү кызыңды,
Өрттөйт Бээжин шаарыңды,
Талкан кылат баарыңды.
Ошол Манас катылса
Эгерде бизди оң кылбайт,
Эзели бизди соо кылбайт,
Таш сайынган каныңды,
Талкан кылат шаарыңды.
Айдарлууңду кул кылат,
Күрмө кийген күчтүүңдү
Таманга салып жүн кылат.
Төбөңдөн кирип басуучу,
Канкор бурут чоңойсо
Сенин төрт түлүгүң чачуучу,
Бейлеп, каным, күтүнгүн
Бейлебей жатып сен алсаң,
Сен эртеңки күндө көрөрсүң,
Сен, каным, көзүңө кирген түтүндү.
Бедөөнүн чачын өрүп ал,
Бейлебей койсоң бул ишти,
Он чакты жылдын ичинде
Берен Манас көк жалды
Сен бул Бээжинден көрүп ал!
Ошол Манас чоңойсо
Тийип алат жылкыңды,
Буюрбасын калп айтсам,
Сенин умачтай ачат уйкуңду.
Жаздын күнү болгондо
Жалдуу байтал мингизбей,
Какан кандын Бээжинге
Калайман салчу эр ошол.
Айтсам мүшкүл билинди:
«Атактуу Манас эр чыгып,
Бээжинден сурак алат» - деп,
Алдыңдагы чоң даңзага чийилди.
Менин сүйлөгөнүм жаттанды,
Бээжинге мүшкүл аттанды.
«Сулайман тийбес Бээжиндин
Тагын тартып алат» - деп,
Бир атагы Манастын
Бичигиңе катталды.
Шумдуктун асты билинди:
«Аты Манас көк жал» - деп,

Таксыр, сиздин боотайыңа чийилди.
Даңзадан көрүп күйүндүм,
Ушунчалык шаардын
Улугу элең, Эсенкан,
Таксырым, сизге жүгүрдүм.
Бузулуп кетти көргөн түш,
Таксыр, Эсенканым, ук
Манасы кандай мүшкүл иш!
Туулса Манас каркыбар,
Атагы Манас аты бар,
Мунун бичикке түшкөн каты бар.
Окуп алып ал катын
Таксыр, боконо сөөгүм болкулдайт,
Болкулдаган себеби -
Аты Манас шер ошол,
Кытай эмес кылымды
Кырып кетчү шер ошол.
Угулуп мынча сааты бар,
Ок жетпеген аты бар,
Ок өтпөгөн тону бар.
Арслан Манас көк жалдын
Ичсе канга түк тойбос,
Кытай эмес кылымды
Туулса жанды түк койбос,
Арбагы оор, аты улук
Берени ошол, бели ошол
Бул Каканчылуу Бээжинди,
Топон суу кирбес жериңди
Тополоң салчу эр ошол.
Ошол буруттан Манас эр чыкса,
Алышып ааламдын алы жете албайт,
Аган арсландын тиши өтө албайт.
Анын жылаңач Кыдыр болжошу,
Ар бириси Манаска тете эр ошол,
Кырк жерден келген жолдошу,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кыркы кылымдан чыккан
көй кашка.
Ошол кыркы бириксе
Кытайда болот көп арман,
Кытай эмес, ал Манас
Кылымга салат чоң жаңжал.
Кырк кабылан бириксе
Эңкейтип адам алабы,
Буга кез болгон тирүү калабы?
Мынчасында күтүнүп,
Сынчыларың жиберип,
Айдатып келгин Бээжинге
Таксыр, Манас аттуу баланы,

Кырк аркан бойлуу чоң зындан
Жер чуңкурга салалы,
Аты Манас туулса
Мунун эсебин минтип табалы!»
Ушунчалык шаардын
Улугу экен Эсенкан
Так жүз жашка келиптир,
Бээжиндеги Карыкан
Манастын атын укканда
Бул кытайдын бейили тарыган.
Барабан бекем кагылып,
Эшикке манар жагылып,
Карыкан менен Эсенкан,
Кабар угуп мынча жан
Чыңыроон тартып жез найдан,
Барабан жыйып сурнайдан
Зыйкырчыдан кеп угуп:
«Атагы Манас буруттан
Туулат экен» - деп угуп,
Бул кабарды укканды
Даңзасынан көрүптүр.
Окуу билген манжуудан,
Бичиктен көрүп алган соң
Так он экиси өлүптүр.
Топурак учуп, тоз күйүп,
Калаанын ичи тапталып,
Зыйкырчыны чакырып,
Буйрук салып караса:
«Аты Манас туулат» - деп,
Калган экен кызыталак
Бичигине катталып,
Шер экени билинген,
Туулбастан жети жыл
Каканчылуу Бээжиндин
Бичигине чийилген.
Калайманды баштады,
Каканчылуу чоң Бээжин
Манастын атын укканда
Бузулуп кете таштады.
Бээжиндеги Карыкан
Манастын атын укканда
Чоң кандын көөнү тарыган,
Бээжиндеги алтын так,
Тегереги чынар бак
Менде назар салбаган,
Жанына бейдаарат адам барбаган.
Нук байгамбар тушунда
Нур чачылган жер ошол,
Каны Какан аталып,

Бузулбай турган жер ошол.
Доор-кыямат болгуча
Кыйшайбай турган эл ошол.
Карыкандын алтын так -
Тегереги мунар бак.
Кырк жылы суугa чыласа
Кылайып оңуп койбогон,
Сексен жыл суугa чыласа
Серпилип чирип койбогон,
Алтын түрлүү килемден
Алтымышы жайылуу.
Анын үстү алтын так,
Жосунун киши чалбаган,
Жолоп адам барбаган,
Көргөн менде таң калган.
Түркүгү алтын, көөхар таш
Адам минер жеринде
Жакут, бермет аралаш.
Мына ошондо Карыкан
Каарлуу бейили тарыган.
Карапчы кийген балбаны
Каны буйрук кылган соң
Каканчыда кырк эшик
Катар ачып алганы.
Добулбас бекем кагылып,
Зыйкырчыдан кыркы бар
Тизе жерге бүгүлүп,
Үйдөй чокмор колго алган,
Балбандары жүгүрүп,
Балбан такыр жыйылып,
Кан алдына келгени.
Каарланып Карыкан:
«Балбандарым, баарың ук,
Башкача желдет зыйкырчы,
Узун кулак карың ук!
Түп атасы буруттан,
Туулуптур Манас эр
Бурут деген журттан.
Калың тыргоот каның кел,
Зыйкырчы, сынчым, баарың кел,
Билүүчүдөн миңиң кел,
Ушул сапар жарап бер,
Аты Манас уул болсо,
Ал буруттан карап кел,
Он жетиден ылдыйкы,
Жарым жаштан өөдөкү
Аты Манас уул болсо
Кол-аягын байлап кел,
Койбой бери айдап кел,

Тирүү койбой тим эле
Бери карай айдап кел!
Атаңдын көрү, балбаным,
Ал Манасты таппасаң
Көрүнбөгүн көзүмө,
Жолобогун өзүмө!
Билинбегин шаарыма,
Атаңдын көрү, балбандар,
Келбей кырыл жаныма!
Ал Манасты таппасаң,
Башыңа коок кийгизем,
Коржоңдотуп баарыңды
Кордукту жаман билгизем.
Оорутам такыр башыңды,
Үшүнтүп сурайм жашыңды.
Ал Манасты таппасаң,
Аркан байлап мойнуңа
Дарыга чогуу тартамын,
Манасты таап келбесең,
Жаза салып мойнуңа
Бириңди койбой атамын.
Билгенимди кыламын,
Тирүү койбой баарыңды
Тамам баарың кырамын,
Манасты таап келбесең,
Эсебиңди таптырам,
Кылыччан балбан такыр көп
Кыйла баарын, чаптырам!»
Эми Карыкан буйрук чачканы,
Карапчысын калдайтып,
Канча балбан шашканы,
Эселектин баарысы
Эшикке чыга качканы.
«Жердин үстүн сыдыргын,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Бүтүн койбой кыдыргын.
Ак сакалдуу карың ук,
Абайлап балбан баарың ук,
Айзакерден ыктууң ук,
Жоонун айласын билген
мыктууң ук!
Каадалуу балбан ойлогун,
Буруттан чыккан Манасты
Кармап келбей койбогун!
Зынданым бар, орум бар
Колго тийсе салайын,
Тирүү койбой Манасын
Тындым кылып салайын.
Манасты кармап сойбосок,

Бу дүнүйө жүзүнөн
Бир жоготуп койбосок,
Бусурмандын852 дининде
Бизге душман зилинде.
Кокустан Манас чоңойсо,
Оңой Манас уул эмес,
Ушул турган Бээжинди
Оң таптырчу кул эмес!»
Карыкан айтты шумдукту,
Кан Эсенкан бул экөө
Кылган экен буйрукту.
Бейжай Манас чоңойсо
Бекер калчу уул эмес,
Ошо Манас чоңойсо,
Эрешен тартып эр болсо
Талкан кылат шаарды,
Сындырат Бээжин багыңды,
Талашат алтын тагыңды.
Жерге көмөт байдаңды,
Кызыталак Манас чоңойсо
Кетирет кытай айлаңды.
Каканчылуу Бээжинди
Какайлатат кытайды
Оңой туулган жоо эмес,
Туулса Манас алакет,
Чынмачындын Бээжинге
Бир чын жаралган балакет.
Туулса Манас эр ошол,
Кара кытай, манжууга
Калайман салчу эр ошол.
Балбандарым, баарың ук!
Табылбай Манас калбасын,
Таппай келип антаңдап,
Балбандар силерди кудай албасын.
Кокустан,
Манасты таппай келсеңер
Жалынсаң укпайм сөзүңдү,
Жарлык айткан сөзүм бул -
Жадалдап чыккан көзүңдү
Таппай келсең көрөсүң,
Тыргоот, манжуу, көп кытай
Тыптыйпыл менден өлөсүң!
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Ардактуу балбан чоң Дөңгө,
Ажайып зыйкыр окуган,
Төлгө тартып, бал ачкан
Төртөөң тең чыгып издешкин!
Бээжиндеги кырк аяр,
Түп атасы буруттан,

Бурут деген журттан
Буйгатыңда калбасын,
Түрү өзүңө белгилүү
Түзүн көрүп таанырсың».
Эсенкан менен Карыкан
Эсепсиз буйрук кылганы,
Сынчысы тегиз чогулуп,
Кытайды кудай урганы.
Бал тартуучу дарыгери,
Көзү ачык мыктуусу,
Жаман менен жакшыны
Айра билчү артыгы,
Кылычы кынкай курчтуусу,
Кара көңүл мыктуусу
Бээжинден чыкты миң аяр,
Мунун билимдүүсү бир далай,
Билге жүктөп ок алып,
Оңой кытай журт эмес
Билимдүүсүн чогуу алып,
Бээжинден чыккан аярлар.
Балбаны Дөңгө баатыры
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш капыры,
Шибеден бар Музкиндик,
Тыргооттон бар Солобо,
Кажылдаган капырдын
Сынчысы мындай болорбу.
Токушкерден Бозкертик,
Солоңдон бар Ороккыр,
Кыргызды көздөй бет алып,
Кытайдын кармап шайтаны
Кажылдаган капырдын
Кайсы бирин айталы.
Кытайлардын чоң Дөөдүр,
Боз качырчан Маамытбек,
Атагын көргөн чочуган,
Айткандардын баарысы
Ажайыптан окуган.
Алышып адамдын күчү жетпеген,
Арслан тиши өтпөгөн
Адам билбес сөздүү бар,
Башында чакадай жалгыз көздүү бар,
Жалгыз көздүн себеби -
Атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу.
Ороккыр менен Музкиндик
Кытайдын мыктуу балбаны,
Туула элек, Манас дайыны жок

Бурутту көздөй жол жүрүп,
Бала издеп калганы.
Зыйкырчысы сындан көп,
Ажайыптан окуган
Капырлардын аярлары андан көп.
Эл сыначу жакшысы
Буйрук алып канынан,
Эр куралып, кол алып,
Күрсүлдөгөн капырлар
Күл азыкты мол алып,
Бир аярда миң балбан
Кызматына бериптир,
Кырк күнчүлүк чөлдөрдө
Кутургандай желиптир,
Алтай, Каңгай эки жай
Буга Дөңгө келиптир.
Кырк үйлүү кыргыз баласын
Койбой жыйып алды эле,
Чубатууга салды эле.
Он жетиден ылдыйкы,
Жарым жаштан өөдөкү
Балаларын жыйнады.
«Балдарды кырып кетет - деп,
Түпкө чогуу жетет» - деп,
Айдалып келген карып журт
Баштыгы Балтай кан болуп,
Айласы кетип ыйлады.
Алты аяр катар тең туруп,
Алты күн катар сынады.
«Манас болсо белгиси -
Кулагы учу тешилүү,
Сүрүнети кесилүү,
Белгисинин баары бар,
Оң далынын үстүндө
Табактай кызыл калы бар,
Аркасында баланын
Кара көк жал жалы бар,
Аты «Манас» коюлган
Айылыңда бала барбы?» - деп,
Жар чыкырып сурады.
Балбандардын минткени
Айылдын баарын тинткени,
Мындан бала табалбай
Андан ары жөнөдү.
Буйрук алган балбандар
Ат бороюн сыдырып,
Ааламдын баарысын
Издеп жүрүп кыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун

Төрт айлана кыдырып,
Жердин түбү Желпиниш
Жети айлана кыдырып,
Мындан бала табалбай,
Көөнө-Турпан, кең Барбар,
Көчүк жагы Лоп дайра
Мунун баарын кыдырып,
Топурактуу чөл менен,
Толкуган кумдуу бел менен,
Тозокту тартып балбандар
Ааламды сыдырып,
Так алты жыл кыдырып,
Мындан бала табалбай,
Алты-Шаар, Кокон кан,
Аяк жагы - Самаркан,
Маңдай жагы - Маргалаң,
Алкым жагы - Анжыян,
Бузулган-Чамбыл, Букара,
Мунун буйгат жагы Сары-Арка,
Сары-Аркада Айдаркан
Казактардын каны экен,
Аты казак колунда
Канча журту бар экен,
Андан бала издеди,
Андан бала табалбай,
Букардагы Каракан
Мындан бала издеди.
Бузулган-Чамбыл жердеген
Ошондогу Буудай кан
Мунун журту мынчалык
Муну жыйып алганы,
Жаш балдарын чубатууга салганы,
Мындан бала табалбай
Кайра тартып калганы.
Сайылган жери Самаркан,
Самарканга келди эми,
Түтүнгө бала салганы,
Түк койбой жыйып алганы.
Энелери чуу туруп,
Элди бузуп жиберди,
Аталары чуркурап,
Арыкты бузуп жиберди,
Жеткилең эли чуулады,
Жети күн бала чубады.
Самарканда Чоң Эшен
Касиеттүү жан экен,
Ал Эшендин колунда
Аты Манас коюлган
Бир дардайган бала бар экен.

«Аты Манас коюлган
Айылыңда бала барбы?» - деп,
Кыстоо салып турганда:
«Караган балаң ушу» - деп,
Калкты кудай эми урду,
Аты Манас бала - деп,
Калайыктар кеп урду,
Эл чогулуп кат койдук,
Эрдигинен балага
Жар Манас - деп ат койдук.
Кара тилин кайрады,
Калың кытай ичине
Бир абышка сайрады
«Аты Манас бу бала
Балбандыгы бир канча,
Баатырлыгы бир мынча,
Жети жашка келгенде
Өз билгенин кылганы,
Ойноп жүргөн баладан
Так он экисин кырганы.
Атасы Эшен чоң экен
Кыйналбай таптың Манасты
Балбандарым, эгерде ишиң оң экен!
Аты Манас бул бала
Кабагы бийик, заары күч,
Каныңа барсаң жактырат
Катылганды кылат түз».
Тилин алып ал чалдын
Кытайлардын зыйкырчысы-
балчысы,
Көзү ачык эрени,
Көптү көргөн чоң сынчы
Аты Дөңгө берени,
Бээжиндеги кырк аяр
Катар туруп калганы,
Жылаңачтап баланы
Чубатууга салганы,
Эртелеп аяр караса
Эр баланы каалаcа:
«Аты Манас ушу» - деп,
Сынчылары сынады.
«Аты Манас экен» - деп,
Сүйүнбөй балбан турабы,
Кээ бирөөсү сынады
Эңчегей бойлуу, кең далы
Эр экени чын экен,
Чын Манастын өзү экен,
Өзү тургай көзү экен,
Кээ бирөөсү муну айтат:

«Оң далысы кең экен,
Өзү ойротту бузар эр экен».
Кээ бирөөсү муну айтат:
«Опол тоодой көркү бар
Ааламдын баарысын
Кырып кетер эрки бар
Бээжиндин каны Карыкан
Муну чын эле билген экен
каркыбар».
Кээ бирөөсү муну айтат:
«Бул ак маралды кубалап,
Уй кылуучу уул экен,
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо
Каканчылуу Бээжинди
Кырып кетер уул экен».
Кээ бирөөсү муну айтат:
«Аты Манас бу бала
Карап турган жолборстой,
Буга кагышкан аман болбостой,
Мунун кабагы бийик, заары күч
Катылганды кылат түз.
Чын Манастын өзү экен,
Өзү тургай көзү экен».
Кээ бирөөсү муну айтат:
«Мендеден бөлөк көркү бар,
Чынмачынды Каканды
Кырып иер эрки бар.
Душман колго тийдиби,
Чындап кудай берди» - деп,
Байлап таштап баланы
Өлүп кетер ой кылып,
Өңчөй балбан чогулуп,
Ок эки күн той кылып,
Капанын баарын жоюшуп,
Качырын тойго союшуп,
Желдеттин баары желигип,
Балбандын баары ээлигип,
Бусурман журтуң ийилип,
Кытайдын журту сүйүнүп,
Манас - деп, байлап зордуктап,
Кара курттай кытай журт
Самаркан журтун кордуктап,
Кетирди журттун чамасын,
Самаркандан тартып алды
Манас - аттуу баласын.
«Аты Манас ушул - деп,
Бул айтылган иштин тушу» - деп,
Темир аркан торчону,

Тегеректеп алды эле
Баланы тегиз канжар колчону.
Чоюнбаш чапчу ыктуусу,
Бээжинден чыккан чоң аяр:
«Аты Манас ушул» - деп,
Жар Манастын башына
Темирден коок кийгизди.
Бут-аягын шайлады,
Бекитип көзүн байлады,
Самаркандын журтуна
Акыр заман салганы.
Жар Манас аттуу бу экен,
Самарканды жердеген
Чоң Эшендин уулу экен.
«Эр Жар Манас кетти» - деп,
Калайык ыйлап, калк ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап,
Алты айчылык жол деген
Бээжинди менде көрөбү,
Ага барган адам келеби?
Барса-келбес жер деген
Каканчынын журтуна
Барган адам келеби?
Самаркан журту кайгырды,
Он жети жашка чыкканда
Жар Манастан айрылды.
Кырк уруу кытай чогулуп,
Бузду жаман санааны,
Тартып алды баланы,
Кайнап жаткан капырга
Кагышкан аман калабы!
Бусурман көөнү тыныптыр,
Тартып алып баланы
Капырды кудай уруптур.
Бээжинге карай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ара жерге барганда
Алты күлүк ат берип,
Бээжиндин каны Карыкан
Буга алакандай кат берип,
Теңи коло, жез буркан
Бурчунан кармап имерип,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Чоң аярды жиберип,
Чоң аяр кирип барганда:
«Манасты кармап келдик» - деп,
Канына кабар салганда,
Кан ордонун ичинде
Калың эл турган кендеме

Кендемеде Кен-Тунду
Ал Кенинин жанына
Келип жайнап эл турду.
Кендемеде мунара
Мунара кызык абыдан,
Мунараны сураба.
Түбүн таштан түптөткөн,
Курчап таштап жыйдырган,
Көк чоюндан куйдурган.
Мунараны сурасаң
Тогуз жүз кулач бийиги,
Үстүндөгү коңгуроо -
Коңгуроосун урганда
Тогуз күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулган,
Ырас экен тийими.
Мунарга жарык жагылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Кайнап жаткан көп улук
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү чогулду,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары чогулду,
Эсенкан менен Карыкан
Экөөнө кабар барганы.
Эсенкан менен Карыкан
Экөөнө кызмат кылуучу
Так миң экен балбаны,
Алтын түрлүү килемге
Ал экөөнү салганы,
Каны чыкса сейилге
Ал кытайдын ырымы
Балбаны чуркап калганы.
Астындагы балбаны
Келе жатат кош-коштоп,
Аркасында тулпарды
Он эки төрө бош коштоп,
Каны келсе сейилге
Калкынын баары жыйылып,
Канча доңуз, далай мал
Тойго союп кырылып,
Кырк кулачтуу жез казан
Көчөгө асып алыптыр.
Кырк чочкону да союп,
Муну катар салды эле.
Кырк өгүздү да союп,
Аны катар да салды.
Кырк качырды да союп,

Аны дагы салды эле.
Ар уруудан кырк-кырктан,
Бу кытайдын ырымы
Алып келип салды эми,
Колодон кылган жез буркан
Кудайым - деп, ошону
Аса байлап калды эми.
Зыйкырчысы чочунуп,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары чогулуп,
Адам таппас ой кылып,
Душманды таап келдик - деп,
Так кырк беш күнү той кылып,
Алтын тактын түбүнө
Жар Манас айдап барды эле.
Манжуулары башкача,
Балбандары бир канча
Алтын тактын түбүндө
Бийиги кырк аркан бойлуу
чоң зындан
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тирүү бойдон салды эле.
«Манастын аты өчтү» - деп,
Улуктун баары тараптыр,
Өлтүрбөстөн житирбей
Ал байкушту
Он эки жылы камаптыр.
Аны мындай таштайлы,
Эми бери жактан баштайлы.
Алтайга барган бакырлар,
Айдалып барган баатырлар,
Өлбөй-житпей кайгырган,
Тирүүлөй журттан айрылган,
Күнөөгө колу байланган,
Алтайды көздөй айдалган.
Алтын кен казып бай болгон,
Аштык айдап, мал күтүп,
Сан кара айдап, бай болгон,
Ал Жакыптын колунда
Калмактан Кочку бар болгон.
Койго койгон Ошпурду,
Төөсүндө малай бар.
Ошо Жакып кайран бай
Жуманын кадыр түнүндө,
Түн ортосу мезгилде
Уктап жатып түш көрүп,
Түшүндө жакшы иш көрүп,
Бөлүнгөн Жакып байкуштун
Бөдөнөдөй көзүнөн

Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Жакып сындуу байыңдын
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Түшүндө бейиш көрүнүп,
Түштү көрүп бай Жакып
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Кыдырата карабай
Кыйын мүшкүл иш түшүп,
Кылча жанын аябай:
«Күтүп алган сан кара
Түшүм орун келсе - деп,
Түбүнө чогуу жетсем - деп,
Ушул турган сан кара
Түгөл кырып кетсем» - деп,
Байыңыз Жакып муну ойлоп,
Кырк үйлүүнүн жакшысы
Өпкө чабар бакшысы,
Өөдө чабар жакшысы,
Башчысы бабыр Акбалтай,
Берениң Жакып ыйлаптыр,
Кырк үйлүү кыргыз, Акбалтай
Ошонун баарын чакырып,
Түндөгү көргөн асыл түш
Жорутууга жыйнаптыр.
Бай Жакыптын түшү - деп,
Кырк үйлүү кыргыз келди эми,
Жыйнап алып кыргызды
Бай Жакып ыйлап берди эми:
«Менин малым арбын, башым жок
Баарыдан азап бул мүшкүл
Менин бала тапчу айлам жок.
Ичим капа, тышым чок
Каран малга ээ болчу
Карасам эркек балам жок,
Же менин бала тапчу чарам жок,
Бадышам Алдам болбосо
Андан бөлөк чара жок,
Топозум токсон миң болду,
Менин байлыгым журтка даң болду,
Менин малым түмөн, балам жок,
Жараткан себеп болбосо
Менин андан башка чарам жок.
Бээ баштаган беш тогуз
Тилекке кармап сойду эми,
Төө баштаган төрт тогуз

Мискин менен бакырга
Назырга байлап койду эми,
Көңүлгө бүткөн көп муңду
Таптакыр Жакып койду эми,
Калың жаткан далай бээ
Даам берүүгө сойду эми,
Бай Жакыптын үйүнө
Кырк үйлүү кыргыз толду эми,
Кырк үйлүү кыргыз тойгондо:
«Оомийин!» - деп, кол жайып,
Бата кылып койду эми.
Бала каздай баркылдап,
Баатыр сүйлөп таркылдап,
Адам угаар эпти айтты,
Баатыр Жакып кепти айтты,
Түндөгү көргөн түштү айтты,
Түйшүгү жакшы ишти айтты
«Журтум,
Түндө бир жатып түш көрдүм,
Мен түшүмдө мыкты иш көрдүм,
Журтум, кадыр түн чалар түн барбы,
Калмактан кудай куткарып
Кыргызды көрөр күн барбы?
Менин түндөгү түшүм ыктуу түш,
А түшүмдүн байдасы
Силерге тийчү мыкты түш.
Түндө жатып түш көрсөм,
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен бир бала барчын
бүркүт кармадым
Салбурун чыксам салууга,
Канаттын күүсү угулду,
Каарына карап туралбай
Мунун качырган жандар жыгылды.
Ааламды чардап учкандай,
Кара кулак кабылан
Астында болду чычкандай.
Томогосун тартканда
Калайманды салыптыр
Кара чаар жолборс, каманды
Каршы-терши жарыптыр,
Кайыр кылган бир жан жок
Канаттуунун баарысы
Астына түшүп калыптыр.
Көтөрсө боосу сексен төрт,
Ал бүркүттүн серп алган жагы
кызыл өрт,
Күн чыгышка көтөрүп
Салбурунга барыпмын,

Азуулуунун баарына
Мен акыр заман салыпмын,
Жалгыз бирөөн куткарбай
Жардырып союп алыпмын,
Кызыккандан бир жайды
Кыпкызыл канга түшүрүп,
Капчыгай кылып салыпмын.
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Жана уктап түш көрсөм
Тоодо жүрүп атыпмын,
Басып түшөр дайыны жок
Мен бир зоодо жүрүп атыпмын.
Капаланып тура албай,
Каарланып турганда
Абийирим минтип жабылды,
Ошо көргөн түшүмдө
Кайыбынан колума
Бир зулпукор кылыч табылды,
Кармап алып качырдым,
Жол бербей турган кара зоо
Кара зоого качырдым,
Шилтесем зоо быркырап
Кылычымын каарына чыдабай
Кара зоо кулай берди быркырап,
Түптүү тоону кулаттым,
Түз чапкандын баарысын
Талкан кылыпураттым.
Ташты чаап жол кылдым,
Чытырман токой-черлерди
Талкан кылып жойлоттум,
Ташты бузуп жол кылдым,
Далай зоону кор кылдым,
Дарыяны соолттум,
Бет алганды өрттөдүм.
Өлөңдүү жерге өрт койдум,
Жардуу жерди жай кылдым,
Бу башымды кан кылдым.
Жүргөнүм ээн жай, чет болду,
Кылычты шилтеген жагым өрт болду,
Бул эмине болучу,
Журтум, түшүмдү жоручу?
Жана да жатып түш көрдүм,
Жана жакшы иш көрдүм,
Дөбөгө жатып түш көрсөм,
Төгөрөктү курчаган
Ааламга тийип көлөкөм
Чатыр болуп жатыпмын,
Бир танабын байланган

Күндүн чыгаар жерине,
Менин бир түркүгүм орноптур
Күн батуучу белине.
Көлөкөм тийип ааламга
Жайнап жатып калыпмын,
Арсландай чамынып,
А кудайга жалынып,
Оң кол менен бир чапчып,
Күндү кармап алыпмын.
Сол кол менен бир чапчып,
Айды кармап алыпмын.
Оң колумда күн турат,
Сол колумда ай турат,
Күндү кармап имерип,
Ай ордуна салыпмын,
Айды кармап имерип,
Күн ордуна салыпмын,
Күн менен айга аралаш
Мен чакмак уруп алыпмын.
Бул түшүмдү жоручу,
Бул эмне болучу?»
Жакыптын түшүн укканда
Сары атандай кыйгачтап,
Уксуз жерден жол баштап,
Акырын айтып, бек таштап,
Абаң Балтай кеп баштап,
Көргөн түштү жоруган
Акбалтай асыл кан экен,
Акбалтайды коштогон
Анда бир жылаңач бала бар экен.
Чын олуя, көзү ачык,
Акбалтай абаң сураба.
Айтып турса көзү ачык,
Тилге балбан Акбалтай,
Чечендиги дагы бар,
Динге балбан Акбалтай
Эшендиги дагы бар.
Кара тилин кайрады,
Кайран Балтай канетет
Калк ичинде сайрады.
Сүйлөгөндө баркылдап,
Кейиштүү кыргыз ал журтка
Кеп баштады жаркылдап:
«Кырк үйлүү кыргыз, жакыр журт
Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз,
О, кудай, киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз,
Баана берип жараткан

Элди табат экенбиз!
Кудуреттин бергени,
Ушу бай Жакып түштү көргөнү,
Артык кырсык чечүүчү
Ушу бай Жакыптын түшү экен,
Жаратканга бу кыргыз
Жалбара турган иш экен.
Ушул түшүң чын болсо
Ааламга бузук салуучу
Кара калмак, манжуудан
Ажыратып алуучу
Бизге бир арыслан бала табылат!
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйылат,
Өчкөн отуң тамылат,
Өлгөн жаның тирилет!
Кырк үйлүү кыргыз журт элең,
Кара калмак, манжуунун
Ортосунда эл элең.
Баабединиң бат айткын,
Жаратканды өзүнө
Ай туяк баштап ат айткын
Кайгынын баарын өчүргүн,
Журтум, кырсыктын баары кесилди!
Жакып кандын түшүнө
Жалбырап кетип баратам,
Ушу көргөн ишине.
Болкулдуп барат жүрөгүм,
Балдар, бул калмактын ичинде
Көрсөң күнөөкөр болуп жүрөмүн.
Ээй, чиркин, ар нерсе түшөт эсиме
Кыргыз кайда, эл кайда,
Жакып, кызык түштү көрүпсүң
Элге жетер күн кайда?
Бала Жакып, баатырым,
Сенин кабыл келди акылың!
Жоруюн көргөн түшүңдү,
Бай Жакып, балам, байкачы
Оңдосун кудай түшүңдү!
Балам, тоого чыгып алганың
Толкуган кара калмактын
Төбөсүнө чыкканың,
Бала барчын куш салсаң
Азуулуу кырып дагы алсаң
Балам, ааламды билер экенсиң,
Барчының бала болбойбу,
Атаңдын көрү бай Жакып,
Сен балалуу болот экенсиң!
Кайгырганың кой, балам,

Тоюңа токсон сой, балам.
Кара барчын куш салсаң
Жакып бай, балалуу болот экенсиң!
Кыр жагыңда кытайды
Кырып берер уул экен,
Кара калмак, манжууга
Калайман салчу кул экен.
Капалуу болсоң жоёсуң,
Балалуу болсоң, кулунум,
Атын Манас коёсуң,
Кара көк жал эр болот,
Ааламды буй кылган
Аябаган шер болот.
Жан-жолдошу сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Бет алып менде келе албайт.
Душман жүзүн көрө албас
Берендүү болот экенсиң,
Балалуу болсоң Жакып бай,
Анын кармашар жоосу Каканчын,
Басташар жоосу Бакбурчун.
Азуулууну алганы
Аман жүрүп туулса
Таманы менен тик түшөт,
Муну менен кагышкан душман бүк түшөт.
Уулдуу болсоң, Жакыбым,
Ааламга тиет айзасы,
Аз журтка тиет экен го
Ал балаңдын байдасы,
Коргон болор шер туулат,
Козголбос берен эр туулат.
Түштө кылыч да тапсаң -
Ташты чаап жол кылган,
Далайды бузуп эл кылган,
Кара сууга кан куйган,
Өзөнчөнү майлаган,
Каарына тийгенди
Кармап алып жайлаган,
Аты - Манас, арслан-шер
Алда Жакып, кулунум,
Уулдуу болот экенсиң!
Ай менен Күндү кармасаң
Балаң баатыр атыгып,
Баатырым, Жакып, угуп ал
Он сегиз миң ааламдын
Сен туткасын кармар экенсиң!
Байкап чапсаң ааламга
Атың келет экен го,
Балалуу болсоң дүйнөгө

Сенин датың кетет экен го!
Балалуу болсон, Жакыбым,
Ошо бала эр болуп,
Он эки мүчө тең болуп,
Ааламга чыр баштап,
Санат кылат экен го,
Кырк үйлүү кыргыз байкушту
Кара калмак колунан
Азат кылат экен го!
Ай менен Күн алганың,
Бусурмандын жерине
Капырды айдап салганың,
Капырыңдын жерине
Бусурман айдап салганың,
Ушунчалык көп журттун
Жакыбым, түркүгү болуп калганың!
Кырсыгын чечип жараткан
Бай Жакып,
Калбаптыр сенин арманың.
Сенден туулса шер туулат
Он эки мүчө тең туулат.
Алты шердин кенжеси
Алданын чын сүйгөн мендеси
Зайыппуруш аты улук,
Ары балбан, ары шер
Таалайың артык султан эр
Уулдуу болоор экенсиң».
Акбалтай баштап бусурман,
Кол көтөрдү бусурман,
Бата берди чуркурап,
Жакыптын зайыбы Чыйырды
А дагы ыйлап чыкты чыркырап:
«Ушу күндөн, ушу күн
Же медер кылган бала жок,
Капанын баарын коёлу,
Каран калган көп малдын,
Жылкынын баарын соёлу.
Дүнүйөнү чачалы,
Сандыктын оозун ачалы,
Жыйып алган каран мал
Малдын баарын чачалы.
Бул жалганчы дүйнөдө
Упасыз малды үрөйлү
Дүйнөдөн бото тилейли!»
Безге сайган эмедей
Ыргып түштү эр Жакып:
«Зарып кылбайм малымды,
Кетире бербейм алымды.
Мал чачууга чамам жок,

Же сенин төрөп жаткан балаң жок.
Жок эмеге ой кылбайм,
Жок балаңа той кылбайм,
Бекер малды жок кылбайм!
Бекер сөзгө баспаймын,
Түш көрдүм - деп, ой кылбайм,
Түгөнгөн, катын, той кылбайм».
Баштап жатып жумушту,
Бай Жакып байбиче менен урушту.
«Ырымым бар, мындай иш -
Балалуу болуп каларбыз
Байбичем,
Үч жылдан кийин күдөр үз!
Мал башчысы кула бээ,
Баш башчысы куу катын,
Бойдок жүрөт кула бээ,
Төрөбөй жүрөт куу катын.
Кула бээм тууса тулпар туур,
Кула бээнин кулуну
Кулунунун кыйыны
Төрөсө казанат ат болор
Аны сураган адам жат болор.
Чалгын минсе чаалыкпас,
Оорукка минсе оорунбас,
Кагышка минсе камсыкпас,
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуу сөйкөп карыбас,
Айкай укса шашпаган,
Жер жарылган чуу болсо
Бир изин ката баспаган,
Сыны бийик, сырты түз,
Байбичем,
Үч жылдан кийин күдөр үз!
Кула бээм тууса тулпар тууйт,
Сыпаты сыны ушундай,
Кош басмайыл жырымым,
Менин ушундай кылган ырымым.
Куу катын тууса шумкар тууйт.
Кайгынын баарын жоёлук,
Кудай берсе бир уулду
Атын эл айткан атты коёлук.
Жекене белге курчанар,
Куу катын эркек уул тууса,
Жети түмөн кол келсе
Жеке аралап кол салар.
Бел байлаган бел болор,
Кудай эркек уул берсе
Мендеден артык шер болор», -

Бай Жакып айтты мындай деп.
Кайран Жакып чоң байдын
Түгөнбөгөн кеби бар,
Бала көрбөй той кылбай,
Ушундай бир малга кароо жери бар.
Батасын берип Акбалтай
Кең Алтайдын баткалда
Кейип кыргыз жатканда
Күн кечигип, түн өтүп,
Күз ортолоп, жай өтүп,
Семизчилик убагы
Үч айга убак толуптур,
Чыйырды аттуу байбиче
Ал Жакыптын зайыбы -
Күмөндүү талгак болуптур.
Жылкыдан сексен бээ сойду,
Эт экен деп тойгон жок,
Ал байбиче Чыйырды
Талгагын такыр койгон жок.
Төө баштаган бир тогуз
Жана Жакып мал сойду,
Байбиченин алдына
Сойгон этти да койду,
Сойгон этин жеген жок,
Муну тамак экен деген жок.
«Шердин этин тапкын» - деп,
Болбой турду байбиче.
Шер атаар мерген табылбай,
Же шердин эти кабылбай,
Ал Чыйырды байбиче:
«Атаа шердин эти» - деп,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Бөтөнчө ыйлап алды эми,
Карагаттай кайран көз
Кайгырып ыйлап алды эми.
«Шердин этин көрсөм - деп,
Анан кийин өлсөм» - деп,
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп калды байбиче,
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп алды байбиче.
Түнүчүндө уйку албай,
Минтип ыйлайт байбиче.
Күндүзүндө уйку албай:
«Алда, шердин эти» - деп,
Ак эткенде так этет.
Байбиче жатып алганы,
Жапаны башка салганы.

Шер эти кайдан табылсын,
Дүмөк кылды байбиче.
«Шер этин таап алсам - деп,
Казаныма салсам - деп,
Мыктап жатып тойсом - деп,
Аңкаганым койсом - деп,
Андан кийин өлсөм - деп,
Кыямат жүзүн көрсөм» - деп,
Тилек кылат байбиче.
Ошо кезде бай Жакып
Төрт түлүктүү каран мал
Зарып кылып шер издеп,
Шердин эти табылбай
Кырк үй кыргыз тең ыйлап,
Малдан ашты баарды,
Шердин этин издетип,
Кыдыртты далай шаарды.
Кырк үйлүүнүн ичинде
Кыйын экен Акбалтай
Акбалтай акылды таап тургены,
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,
Токсон төөнүн буудайын
Алман салып жыйнады,
Кырк үйлүүдөн кырк мерген
Шерге уу кылып калганы.
Салбурун тартып, жол жүрүп,
Жан аябай мол жүрүп,
Мергенге шер табылбай
Бейпай тартып турду эле,
Балтай, Жакып башчысы
Токсон төөнүн буудайын
Кочкусуна бергени,
Аткан экен бир шерди
Кытайдын Кочку мергени.
Шердин эти табылып,
Кырк үйлүү кыргыз бакыр журт
Абийири мындан жабылып,
Жок буюму табылып,
Баары кыргыз чуркурап,
Баабединге камынып,
Баабедин айтып алышып,
Топоңдотуп торпогун
Баса калып чалышып,
Жеткендери төө союп,
Жеткилеңи бээ союп,
Ар тилегин бат айтып,
Адам тапкыс ой кылып,
Кырк үйлүү кыргыз бакыр журт
Жан-жабыла той кылып.

Акбалтай менен Жакыбың:
«Айланайын, калың журт,
Шердин эти табылды,
Ушул бала туулса
Бизге бир шердей бала кабылды!»
Бай Жакып айтып мындай кеп:
«Малым менен жанымды
Талап кеткин, журтум - деп,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Көлүгүм таштап, төөмдү ал,
Кызыл куйрук билимди ал,
Кымбатым, журтум, тилимди ал,
Силерден сурайм угуп ал!
Ак сакалдуу карың ук,
Кырк үйлүү кыргыз, баарың ук!
Кара калмак, манжуу журт
Ортосунда турабыз.
«Бай Жакыптын катыны
Шерге талгак болду» - деп,
Кара калмак, манжууга
Угулуп ушак жетпесин,
Талгак болгон катынды
Таш коргонду талкалап,
Такыр кырып бул журтту,
Бээжинге тартып кетпесин.
Туудурбастан, төрөтпөй
Түпкө чогуу жетпесин.
Күнөөлүү кыргыз эл эле,
Алтайда калмак көп эле,
Бу катындын кабарын
Укса калмак соо кылбайт,
Эзелде бизди оң кылбайт.
Киши ишенип болобу,
Атагы манжуу капырга!
Укса бизди оң кылбайт,
Талгак болгон катынды
Тартып алса соо кылбайт».
Бай Жакып айтып мындай кеп:
«Бекиткин, журтум, оозуң - деп,
Айтып коюп калмакка
Каза көрбө орумду
Кайната көрбө шорумду».
Жакып тилеп муну айтып,
Акбалтай турду күүлөнүп,
«Болду, Жакып баатырым,
Сенин бул айтканың акыл - деп,
Кара калмак, манжууга
Бүлкүлдөгөн кишинин
Жети атасы капыр - деп,

Шерге талгак катынды
Эркек тууйбу, кыз тууйбу
Эминеси болсо да
Шер туучу баатырды
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Ушул Чыйырды тууса шер тубат,
Кара көк жал эр тубат.
Ушул кара калмак, манжууга
Өлбөсөң журтум көрөрсүң,
Чылап койгон уу тубат,
Чын кыргыз бизге туу тубат.
Бел байлаган бел тубат,
Белге таңуу шер тубат.
Кырк үйлүү кыргыз журт элең
Ак буудай унун чайнап бер,
Шерге талгак болду - деп,
Журтум, айтпаска куран кармап бер!»
Муну укканда, кыргыз журт
Өлүп кетер ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Убада кылып буркурап,
Түп көтөрө кыргыз журт
Бекитти оозун буркурап:
«Айтып койгон адамдын
Малы, башын талайлы,
Билгизбей кармап алалы,
Койбой жүзүн дүйнөгө
Курмандыкка чалалы!»
Калың журт мындай дегенде,
Убадасын бергенде
Ошол кезде бай Жакып
Бээ баштаган беш тогуз
Берен Жакып сойду эле,
Журттун оозу бек болуп,
Артыкча тойду кылды эле.
Капшыттагы кара арак
Бай Жакыптын үйүндө
Калмакча көөкөр менен бир арак,
Капшыттан сууруп куюшуп,
Эр башына сунушуп,
Кара калмак, манжуунун
Бала издеген дүмөгү
Сан кара күткөн Жакыптын
Балада болот тилеги.
Айланайын, калайык -
Деп, ошентип, Жакып кан
Айтып оозун жыйганча
Бүткүл шерди сойгону,

Сойгон шердин этине
Байбиче мыктап тойгону,
Талгагын анан койгону.
Кыймылдаса кыйналып,
Ыйлай берди байбиче,
Ай мезгили толуптур,
Төрөй турган катындын
Убактысы болуптур.
Тогуз ай, тогуз күн болду
Күндү эсепке алыптыр,
Күндү катка салыптыр.
Акбалтай баштап карысын
Жыйып алды бай Жакып
Кырк үйлүү кыргыз баарысын:
«Үй үйлөнүп, мал күттүм
Эч мураска чыкпадым,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Бир баланын үнүн укпадым.
Менин малым арбын, балам жок,
Байбиче бала төрөсө
Баланын үнүн укканда
Менин өлбөй калчу чамам жок.
Баланын үнүн укканда
Менин көңүлүм жашып кайгырар
Сүйүнгөн бойдон жүрөгүм
Ортодон тарс - деп айрылар.
Бала убайын көрө албай
Кокустан Жакып өлөбү,
Кызыктуу кыйын сүйүнүп,
Жакыбың кыямат жүзүн көрөбү?
Малым арбын, балам жок,
Балалуу болсом сүйүнүп,
Менин өлбөй турган чамам жок.
Эмгектен тапкан сан кара
Бу жерге туруп нетейин,
Ушул жылкыны көздөй кетейин,
Мен жылкыга барганда,
Көп кечигип калганда
Катын аман төрөсө,
Эркек болбой, кыз болсо
Атап койгон ала бээ
Тоюна союп жеп койгун,
Кайран Жакып көк жалың
Туяксыз өттү - деп, - койгун.
Жылкыдагы өзүмө
Бирөөң басып барбагын,
Бирөөң кабар салбагын.
Эгерде эркек уул тууса,

Тоюна токсон соё көр!
Айкырып азан чакырып,
Атын Манас коё көр!
Тоюна токсон соё көр,
Сүйүнчүлөп кала көр,
Эрениң мага бара көр!
Эркек атын угузсаң
Дегениңе көнөйүн,
Багып жүргөн сан кара
Баарын сага берейин,
Топозум токсон миң болгон
Баарысын сага берейин.
Сүйүнчүгө баргандын
Дегенине көнөмүн,
Төрт түлүктүү каран мал
Түгөл бойдон беремин.
Адырда жылкы алтын сан
Аргымак-буудан аралаш,
Сүйүнчүгө барганың
Тандап буудан малымды ал,
Аздык кылса ал малым
Менин көөкөргө куюпканымды ал!
Кааласаң төөдөн кошуп ал,
Калайык ук, карың ук,
Калың журтум, баарың ук!»
Мурасына жеткени,
Муну айтып, бай Жакып
Жылкысына кеткени.
Ойлосо кетет дарман-ал,
Кандай бала төрөр - деп,
Тутамга келбейт кайран жан.
Кабырга сөөгү сөгүлөт,
Жакыптын көңүлү нече бөлүнөт.
Санаа тартып тура албай,
Сан малга Жакып барыптыр,
Камбар ата кара айгыр
Көп жылкыдан кары айгыр
Кармап алып бай Жакып
Мойнуна кисе салынып,
Жаратканга жалынып,
Камбар ата айгырды
Ай туякка чалды эми,
Айгырды Жакып сойду эми,
Этине мыктап тойгондо
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Жакып бай уйку салды эми.
Кементайды жамынды,
Бир кудайга жалынды.

Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Уйкуга көзү илинип,
Жараткан кылдың убара
Жылаңайлак, жылаңбаш
Жакып кандын түшүнө келип
кириптир
Бир ак сакалчан дубана:
«Атыңдын оозун бур, Жакып,
Алда! - деп, өйдө тур, Жакып!
Кызыр алейки салам мен элем,
Кыр жагыңа келгеним -
Жараткан берди бир бала
Ошону айтып бергени.
Кайгынын баарын жой, Жакып,
Бүгүн эркек уулдуу болосуң
Атын Манас кой, Жакып!
Бул уулуң Алтайга келип туулган,
Аман жүрүп чоңойсо
Ааламга салат чуулган.
Бул уулуңдун серп алган жагы
кызыл өрт,
Себилдүүсү сексен төрт,
Бул уулуңдун серп салган жагы
кызыл өрт.
Жети жашка келгенде
Калыйпа кирип кат алат,
Канзаададан бата алат.
Он эки бирге кол берип,
Кырк чилтен баштап жол берип,
Өзү зайыппуруш аталат.
Кан ичип жүрүп катыгат,
Бет алганды мерт кылып,
Өзү канкор Манас аталат.
Кара көк жал шер болот,
Телегейи тең болот.
Алты шердин кенжеси,
Өзү кудайдын сүйгөн мендеси.
Душман азар салбаган,
Беттешкен тирүү калбаган
Телегейи тең болот,
Ичин карап отурсаң
Ушул жер жүзүнөн кең болот.
Манас менен беттешип,
Менде азарын сала албайт,
Он сегиз миң ааламда
Укурук кайрар түк калбайт.
Каканчынын Бээжинге
Калайман салчу шер ошол,

Топон суу жүрбөс Бээжинге
Тополоң салчу эр ошол.
Кабылан Манас уул келди
Эми карап, Жакып, угуп ал!
Атын койгун Манас - деп,
Капаңдын баарын жоё көр,
Кара калмак, манжууга
Чоң Жинди атка коё көр!
Ушул бүгүн тууган балаңдын
Колдогону - Кожосан,
Жөлөгөнү - кырк чилтен.
Бул балаңды көргөндө
Адам тапкыс ой кылгын,
Жылма болгон жылкыңдын
Көбүн союп, той кылгын!
Бүгүн куу катының шумкар тууйт,
Сенин кула бээң бүгүн тулпар тууйт.
Бүгүн Кызыр айткан азылзат ушул,
Кабылан Манас шер уулуң
Казатка минер ат ушул.
Бүгүн экөө бир күн туулду,
Биттейинде бирикти,
Кенедейде кезикти,
Керишке минчү мал ушул.
Артык тулпар мал болот,
Алты ай минсе арыбайт.
Алтымыш асый болгуча
Азуу сөйкөп карыбас,
Куйругу саяң, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Сөөгүнүн баары көпкөк таш,
Астындагы мингени
Батырак өлөр өмүр аз.
Атканым ушул, тилимди ал,
Баатыр, Жакып, билип ал!
Айтканым ушул, кеп ушул,
Балаң Манас кулунуң,
Мендеден башка тууган туйгунуң
Чоңоёру кеч болор,
Кыжылдаган капырдан
Кытайдын журту өч болор.
Жашы он экиге келгенче
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Колуна айза алгыча,
Эңкейип айза сайгыча,
Ок жетпес атын мингиче,
Ок өтпөс тонун кийгиче,
Манас, Манас болгуча,

Алчайып атка мингиче,
Калк ичине жүргүчө,
Ордолуу кыргыз журтуна
Ордо болуп калгыча
Он экиге келгинче:
«Уулумдун аты Манас» - деп,
Бир адамга билгизбе,
Бир калмакка туйгузба!
«Уулумдун аты Манас» - деп,
Айтып койсоң дардаңдап,
Манастын даңкы билинди,
Мындан мурун жети жыл
Чыны Какандын даңзасына чийилди.
Манастын атын укканда
Калайыкка чыр салып,
Бээжиндин каны күйүнгөн
Белгилүү Манас уул ошол.
«Уулум Манас аттуу» - деп,
Угуза көрбө кытайга!»
Ошонтүп айтып, ал адам
Көздөн кайып болгону.
Ошол кезде бай Жакып
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Мойнуна курун салынып,
Кудурет - деп жалынып,
Баабединин бат айтып,
Бай Жакып турду камынып,
Ошол күндө Жакыптын
Уйкусу кетти чачылып,
Умачтай көзү ачылып,
Ыргып турса ал Жакып
Жанында адам турмак, айбан жок.
Сүйүнүп жүрөк акылдап,
Ошол кезде таманы жерге такылдан,
Башынан буу буркурап,
Жаратканга чыркырап,
Ыйлап турду бай Жакып:
«Уктап турсам түш экен,
Бул кудайдын кылган иши экен!»
Ыргып турса түн экен,
Ошол кезде Жакыпка
Кадыр түн болор түн экен,
Айтып кеткен ошол жан
Кыдырыңдын өзү экен.
«Аты Манас болду» - деп,
Алды каткан бай Жакып
Угуп турган кези экен.
Мойнуна курун салынып,

Ошол кезде бай Жакып
Жаратканга жалынып,
Супа садык чалыптыр,
Тараза жылдыз бириндеп,
Бирөө калбай батыптыр,
Жакып ыргып турганда
Таң кашкайып атыптыр,
Жерге жарык тийиптир.
Ыргып турса бай Жакып
Табылган малга төл башы
Төрөбөй жүргөн кула бээ
Ырысы күлдөй жөнөптүр,
Ошол кула бээ кулун төрөптүр.
Ырымдаган кула бээ
Кулун тууган кези экен,
Кулун эмес тууганы
Кыйын тууган кези экен.
Малдын башы кула бээ
Быйыл тууган кези экен,
Тууганда мыктап кула бээ
Куюн тууган кези экен.
«Туш-тушунан караса
Жал, куйругу төгүлөт,
Жаныбарым Торучаар
Мунун тулпарлык сыны көрүнөт.
Кыл мүчөсүн караса
Кызыктык түрү көрүнөт.
Куйругу бар, жалы бар
Ошондой сулуу жаныбар.
Аман болсо Торучаар
Толкуган тулпар ат болот,
Муну сураган адам жат болот.
Ар мүчөсү бөлүнөт,
Жаныбардын артыкча сыны көрүнөт.
Аман жүрүп ат болсо,
Чылбыры тутам калгыча
Чындаган жоого алдырбайт,
Чын кырсык миңдеп чалбаса
Мингенин жоого сайдырбайт.
Чуу укса мүчө сөгүлгөн,
Айгай укса жаныбар
Тулпардык сыны көрүнгөн.
Очогор атса шашпаган,
Жер жарылган чуу укса
Бир изинката баспаган,
Оозун коё бергенде
Тулпарлардан бөлүнгөн,
Айгай укса жарыктык
Тулпарлык сыны көрүнгөн.

Басып өтсө кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Тайгылбаган бийиктен,
Такыр жери кем эмес
Ташка баскан кийиктен.
Минген адам шарт болот,
Аман жүрсө Торучаар
Эрге ылайык ат болот.
Кетмен туяк, кең соору
Аман болсо Торучаар
Керишке минер ат болот.
Кара байыр казанат
Аман болсо Торучаар
Тоорушка минер ат болот.
Айзакерден кабылан
Ыктуу минер ат болот,
Ааламга чыр салчу
Мыктуу минер ат болот.
Багалчагы майышпас,
Баатыр чалыш жылкы экен.
Бекер куйрук, жал эмес,
Бул жаныбар Торучаар
Мен көргөндөй мал эмес!»
Кулунду сынап алганы,
Кубангандан бай Жакып
Кайра көзүн салганы.
Торучаарды караса,
Мал жыргалын кааласа
Жерди чапчып Торучаар
Таптап турган кези экен,
Энесинин үстүнөн
Ары-бери түйүлүп,
Аттап турган кези экен.
Муну көрүп бай Жакып
Көңүлү кетип бөлүнүп:
«Минүүчү ээсин бергин» - деп,
Тилек кылып кудайдан
Көңүлү кетти бөлүнүп,
«Минүүчү уулду берсе - деп,
Мингенин көзүм көрсө - деп,
Анан кийин өлсөм» - деп,
Торучаарды көргөндө:
«Баабедин!» - деп бакырып,
Жылкычысын чакырып,
Боконо жүрөк болкулдап,
Көкүрөгү кирилдеп,
Тула бою дирилдеп,
Айтып оозун жыйганча
Андай-мындай дегиче

Карарган тоонун урчуктан,
Кайкалаган тумшуктан
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Чаңды көрүп бай Жакып
Дене бойдон жан чыгат.
Оргуган чаңды караса
Телкүрөңдүн чаңы экен,
Үстүндөгү мингени
Акбалтай өңдүү жан экен.
Кабарга Балтай келгени,
Араң турган бай Жакып
Сүйүнчүлөй бергени.
Акбалтай айтып мындай кеп,
Бай Жакыпка мындай деп:
«Бай Жакып, балам, сүйүнчү!
Бүгүн сенин багыңа
Ач арслан шер келди,
Кайгырсак колго тийбеген
Кабылан султан эр келди!
Чыдап адам калбады,
Колуна кош колдоп заар кармады.
Курсакта жатып бакырды,
Мунуң «Манастап» ураан чакырды.
Сары саамай көк койдо
Сары башыл ирик тууду,
Манасыңды тууганда
Таманы менен тик тууду!
Оң колуна кара кан
Кармай түштү кан Манас,
Оң колуна кара кан кармай түшкөнү -
Кармашууга жоо болсо,
Кара кандай агызып,
Канын төгөм дегени.
Сол колуна сары алтын
уучтай түшкөнү -
Салышарга жоо болсо,
Сары алтындай саргайтып,
Мен түбүнө жетем дегени.
Курсактан балаң түшкөндө
Кулагынын учу тешилүү,
Мунун сүрүнөтү кесилүү,
Көргөн жан болду бышмана,
Ой, Жакыбым, ойлончу
Курсактан түшкөн балаңдын
Мынчалык болду жышана.
Баркырап бала түшкөндө
Түшкөн жерден чаң чыкты,
Ыйлаганда балага
Жүрөк туйлап жан чыкты.

Көрбөгөндү көрүптүр,
Бала эмес, бир желмогуз экен - деп,
Тогуз кемпир бечара
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагында балаңдын
Кара көк жал жалы көрүндү.
Манасың жерге түшкөндө
Нур төгүлүп тоюнду,
Кара көк жал кабылан
Аты «Манас» болсун - деп,
Балаңдын аты коюлду.
Катындар ороп аларда
Бу белгиси дагы бар,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынды,
Ал ымыркай баланы
Ары-бери үч аттап,
Караса көзгө илинбей
Кайда экени билинбей
Кайып болуп жоголду.
Көсөө куйрук көк арслан
Оң жагынан чамынды,
Арсланды көргөндө:
«Кандай шумдук болду?» - деп,
Катын качты чуркурап,
Калайыктын баарысы
Түп көтөрө зыркырап,
Туулган бала Манастын
Оң ийинден бир жыттап,
Сол ийинден бир жыттап,
Күр-күр этип толгонуп,
Берен менен арслан
Кошо жатты комдонуп,
Бир карасаң баладай,
Бир карасаң сур жолборс,
Аман жүрүп чоңойсо
Беттешкен адам аман түк болбос.
Чекеси жерге жеткени,
Асмандан кудайдын нуру чачылып,
Зилзала жүрүп кеткени.
Төрөгөн Манас уулуңуз
Кудайдын сүйгөн кулу экен,
Ар мүчөсүн карасаң
Токсон миң жандык уул экен.
Аман жүрүп чоңойсо
Эрешен тартып эр болот,
Кара көк жал кабылан
Каары толук шер болот.

Жүргөнү күйгөн чок болот,
Атаары болот ок болот,
Аты Манас коюлду
Ааламда жок болот.
Аты Манас шер ошол,
Айдалып келдик алыстан,
Тууганыбыз кыргызды
Таап берүүчү эр ошол,
Муңуңду чечер шер ошол,
Бизди муңкантпай күтчү эр ошол.
Өзү Алтайда туулду
Билсең кадыр түн келди
Ойлоп көрсөң, Жакып кан,
Бизге бир жакшылык тиер
күн келди.
Мурун кааласаң сизге туш келди,
Бүгүн сенин түшүңө туушар
иш келди.
Жакып бай, кабыл келди көргөн түш,
Эркек төрөп Чыйырды
Аты Манас коюлду,
Калкыңда барбы мындай иш!?
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Төрөлгөндө келбети
Чукул келди көргөн түш,
Кызырлуу Жакып, угуп ал
Кылымда болбойт мындай иш!
Балаңдын ар белгиси чак келди
Алда Таала кудурет
Өзү каалап бак берди.
Туулганда кара жер
Токтоно албай тербелди,
Аты Манас арслан
Байкасаң бизге шер келди!
Жакыбым,
Жалынсак болбойт мындай иш,
Жакында келбейт көргөн түш,
Жараткан Манастай бала берет - деп,
Жадыда барбы ушул иш?!
Белгилүү экен, бел экен,
Берен Манас бул уулуң
Белге таңуу шер экен,
Байланып жаткан бактынын
Багын аччу уул экен,
Кордукта жүрчү адамдын
Колун чечер уул экен.
Муңканып жүргөн адамдын,
Муңун табар уул экен,
Кайнап жаткан капырга

Казат кылар шер экен,
Алтайдагы карып журт
Аман Манас чоңойсо
Азат кылар шер экен.
Кечээ, Жакып, көргөнсүң
Кабарыңда бар бекен,
Текече кан, Шыгай кан
Бир караанын тийгизбей,
Же эр экенин билгизбей,
Алек болуп жан менен
Акылынан шашканда
Бул экөө тоого чыга качканда,
Тирүүлүккө жутунду
Бир караанын тийгизбей,
Туугандыгын билгизбей
Өздөрү качып кутулду.
Чалышарга чама жок,
Алышарга айла жок
Кара калмак, көп манжуу
Төбөбүздөн басканда
Кечээ быт-чыт кылып
баарыбызды чачканда,
Кордукту койдой салганда,
Мал менен башка ээ кылбай
Кытайың такыр талап алганда
Кол менен аяк байланып,
Кордук көрүп айдалып,
Капаланып кайгырып,
Өз туугандан айрылып
Белгилесек каран түн,
Мендеде барбы мындай күн?
Кол-аяк чогуу байланды,
Кордук көрүп айдалдык.
Бирөөбүз кеттик Эйренге,
Бирөөбүз түштүк чыкпай турган
тереңге.
Көбүбүз түштүк кордукка,
Жолуктук чоң чокмор алган
зордукка.
Калайман башка салганда,
Бул капырлар айдап алганда
Союп жээрге кой таппай,
Тыныч алууга жер таппай,
Жалы бар жетим тай таппай,
Же бир жан жыргатар жер таппай,
Жабыркап тентип келгенде
Алтайга келдик, ал таптык, Жакып,
Алтын кен казып,
Мал таптык, Жакып!

Каадада барбы көргөн түш,
Алда Таала жараткан
Манастай бала берет - деп,
Теги каадада барбы ушул иш!
Ушул бир бала чоңойсо,
Кегиңди алар кен ошол,
Сенин чериңди жазар эр ошол.
Туш-тушка кеттик айдалып,
Аман болсок тууганды табар эр ошол.
Байкасаң жакшы көргөн күн,
Билгенге Манас кадыр түн.
Арыган атың семирди, баатыр,
Бизге ачкан бир курсак тоюнду,
Сенин үзүлгөнүң уланат,
Балаң аман чоңойсо,
Көөдөндөн капаң чачылар,
Өрттөнгөн жүрөк басылар,
Аман болуп чоңойсо,
Сенин умачтай көзүң ачылар!
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйналат» -
Акбалтай айтып турган кеп,
Балалуу болдуң Жакып - деп,
Агарып таңың чыктыбы,
Сенин кызарып күнүң келдиби,
Аты бир Манас кабылан
Айкөлдү кудай бердиби?!
Көрсөң бир ичте бышман бар,
Учмактуу Бээжин улуу шаар
Ошонун улугу мыкты Эсенкан.
Уламадан кеп уктум:
«Аты Манас эр чыгып,
Бээжинге дүмөк салат - деп,
Бээжиндин каны Эсенкан
Бул кыргыздын журтунан
Бала издеди» - деп уктум.
Аты Манас бала - деп,
Балчысы айтып билиптир,
Тили кыргыз тилинде,
Бээжинге душман зилинде.
Ойлоп, билип балчысы
Ал Эсенкан капырдын
Айтып берип жарчысы
Көзүнө айтып далайы
Билген экен Манасты
Казыналык аяры.
Аярдан анык кеп угуп:
«Манас душман» - деп, угуп,
Албан түрдүү кол алып,

Ушул кырк үйлүү кыргыз журт элек
Чогуу жыйнап алганда
Кабарыңда бар бекен,
Балдардын баарын чуулатып,
Чубатууга салганда,
Манас издеп Эсенкан
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Калайманды салды - дейт,
Тутанып өлгөн кызыталак
Туш-тушка кабар кылды - дейт,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып кырды - дейт.
Чоң экенин билгизип,
Чогулган журттун баарысын
Кыйнап, сабап, күйгүзүп,
Бала издеди - деп уктум,
Аты Манас, жалы бар
Жан издеди - деп уктум,
Өз билгенин ааламга
Кылып кетти - деп уктум,
Кежирине тийгенди
Кежигесин кержейтип
Кырып кетти - деп уктум,
Аябаган дүмөктү
Салып кетти - деп уктум,
Самаркандын шаарында
Туулган экен бечара
Чоң Эшендин Жар Манас
Зордук кылып кытайлар
Алып кетти - деп уктум.
Каканчынын калкы бар,
Кайнап жаткан кытайдын
Канча түрдүү алпы бар
Каны буйрук кылганда
Ушундай зордук кылмай салты бар.
Ордолуу шайык көк жөкөр
Орчун журт Кокон, Маргалаң
Кызык кылды - деп уктум.
Анжыянды жердеген,
Муну эңкейтип душман жеңбеген,
Анжыянда Айкожом,
Айкожо уулу - Билерик,
Айкожо жайын сураба -
Өзү олуя жан экен,
Айкожонун Билерик
Өзү өлгөндө көргөн бала экен.
Жети-Өзөн суунун талмызы,
Айкожонун өлгөндө көргөн Билерик

Ата уулунун жалгызы,
Салым кылып алтынды
Артып алды - деп уктум,
Курун селде чалынып,
Кудуретке жалынып,
Төөгө булун жайлашып,
Кытайды көздөй айдашып,
Кытайдан чыгып, чоң Дөңгө
Өз билгенин аларга
Кылып салды - деп уктум,
Медиян суусуз чөлүндө
Соодага барган кожону
Кырып салды - деп уктум,
Ошондо кожо кырылып,
Сооданын баары тыйылып,
Олжолоп алып чоң Дөңгө
Жолго түштү - деп уктум,
Айкожо уулу Билерик
Колго түштү - деп уктум,
Темир аркан чыкпаган
Торго түштү - деп уктум,
Кытай эрмек кылууга
Дуугa түштү - деп уктум,
Айыкпаган бир үлкөн
Чуугa түштү - деп уктум,
Кожолорун коржойтуп,
Жайлап кетти - деп уктум,
Бу дагы бусурмандын эли - деп,
Билерикти моминтип,
Байлап кетти - деп уктум.
Жарманас менен Билерик
Экөөнү кошуп алды - дейт.
Кан тагында чоң зындан
Бийиктиги кырк аркан
Ал зынданга салды - дейт,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Аларың бакырча болуп калды - дейт.
Кытай бүлүк болуптур,
Атын угуп Манас - деп,
Абайлагын, бай Жакып,
Ааламда барбы мындай кеп,
Уруусу Манас кыргыз - деп,
Уяны Манас бузар - деп,
Бээжинге салды мыктуу чеп,
Бээлеп, Жакып, кебимди ук,
Мендеде барбы мындай кеп,
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,
Айта көрбө, Манас - деп.
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,

Капанын баарын жоёлу,
Кыргыздын баары чогулуп,
Кызыр чалган көк жалды
Азырынча Чоң Жинди атка коёлу.
Жашы он экиге келгенде
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго салалы,
Кайнап жаткан капырдан
Биз капкайдагы кекти алалы.
Он төрткө жашы келгенде
Канга тоюп катыгат,
Карап тургун Манаска
Каканчындын Бээжинге
Канкор Манас атыгат.
Белгилүү ушул, бели ушул
Каканчындуу Бээжинге
Калайман салчу эр ушул.
Бай Жакып, балам, кебимди ук,
Бала келди, шер келди,
Мал менен башың тең келди,
Таалайың артык кабылан,
Үйүңө Манас эр келди!
Аман болсо бул уулуң
Кыяны чаап жол салат,
Айтканым жалган болбосо,
Алдам өзү билбесе
Бул уулуң кытайды чаап олжо алат.
Сан кара күткөн, ой Жакып,
Малга кароо жан элең
Сараңыңды кой, Жакып!
Сенин адырда жылкың алты сан,
Мунун көбү сонун ала баш,
Ичинде аргымак-буудан аралаш.
Капанын баарын жой, Жакып,
Табылып Манас уул келди,
Далайын тойго сой, Жакып,
Далай жылкы, далай кой
Бир далайын сой, Жакып,
Баланын аты «Манас» - деп,
Эч адамга билгизбей,
Эч адамга туйгузбай
Өз ичиңен: «Манас» - деп,
Баланын атын кой, Жакып!
Сан кара малың чач, Жакып,
Элдин оозун бас, Жакып!
Уй менен төөң союлсун,
Бул Алтайдын түзүнө
Чоң кемеге оюлсун,
Бул Манастын тоюнда

Календер, бакыр, мискиндер
Калбай баары тоюнсун!»
Акбалтай айтып мындай кеп
Сүйүнчүлөп калганы.
Баласы жок Жакып бай
Айтканына көндү эми,
Боз айгыр үйүрү миң байтал
Айткан Акбалтайыңа
Сүйүнчүгө берди эми.
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн аркайтып,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Бир өркөчүн зоңкойтуп,
Балпаң-салпаң маң баскан,
Төрт аягын тең баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Нардан чыккан төрт жүздү
Айдап Жакып келди эми,
Ал Акбалтай абаңа
Сүйүнчүгө берди эми.
Шаа мүйүзүн койкойтуп,
Өзү сүрөк, сүтү май
Баркы кымбат жаныбар
Малым жетпейт бир далай,
Байкуш Жакып аянбай
Уйдан берди төрт жүздү.
«Ой, Акбалтай, абаке
Ушул сөзүң чын болсо,
Жылкыдан тулпар малымды ал,
Аздык кылса бергеним
Көөкөргө куюп канымды ал,
Ырас болсо айтканың
Өгөөмдү таштап, бүлөөмдү ал,
Экөөмдү таштап, бирөөмдү ал,
Алтайга таштап, айылымды ал,
Баламды таштап, зайыбымды ал,
Мүлкүмдү жыйнап, бөзүмдү ал,
Оорубаса, ой абам,
Чукуп бир жак көзүмдү ал,
Жылкы жыйдым дүйнөсүз,
Ээсиз малды көп жыйдым,
Сүйүнчүлөп калыпсыз,
Айтканың ырас чын болсо,
Малым түгүл, мени да ал!
Акбалтайдын кебине
Эзилип кетип барамын,
Кебин угуп кан Балтай
Сүйүнгөнгө чыдабай,
Күйүп барат жүрөгүм.

Айланайын Акбалтай
Аты Манас коюлса
Ал баламды көрөйүн,
Бул Алтайга келгени -
Малым арбын, балам жок,
Бала үчүн тарттым жапаны,
Мына ушундай экен, дүйнө бок!
Айланайын Акбалтай,
Бир туткан бирим сен элең,
Жанды кудай жаратат,
Ал баланы көргөнчө
Менин жаным чыгып барат!» -
Деп, - ошентип, бай Жакып
Турага толгон (түмөн) мал
Баланын жөнүн укканда
Тутамга келбей шордуу жан
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Балалуу болдуң дегенге
Байкуш калган бай Жакып
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Шашып атын токунуп,
Ээрчиткени эр Балтай
Чоң Алтайдын оюнан,
Чоң өзөндүн боюнан,
Салып келсе үйүнө
Ырыс-таалай жөнөптүр,
Байбичеси Чыйырды
Манас шерди төрөптүр.
Манасты төрөп турганда
Байбиче белги көрүптүр,
Ал белгини көргөндө
Он эки катын бечара
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Түшкөндө бала тик түшүп,
Көргөн кемпир бүк түшүп,
Бар-бар-бар ыйлап,
Баркырап көк жал бек ыйлап,
Көк жал жалы бөлүнүп,
Аягы менен тик келип,
Абайласа баланын
Арслан түрү көрүнүп,
Манасты төрөп турганда,
Кудай кылган убара
Байда болуп келиптир
Бир ак сакалчан дубана:
«Бул төрөгөн балаңыз -
Алты шердин кенжеси,
Алланын сүйгөн мендеси.
Аты Манас артык шер,

Жан жаратып мендеден
Эзелде чыкпайт мындай эр,
Айза имерип, топ бузат,
Муну менен алышкан адам окко учат.
Берен ушул, шер ушул,
Шер кенжеси эр ушул.
Аман болуп чоңойсо,
Жолсуз жерге жол салат,
Тийишкенге кол салат,
Себилдүүсү сексен төрт,
Аман болсо көрөрсүң,
Мунун серпишкен жагы кызыл өрт,
Жүргөнүнө чаң жетпейт,
Мунун сайышына ал жетпейт,
Беттеп менде келе албайт,
Муну душман жеңип алалбайт,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас шер ушул,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өкүм Манас эр ушул.
Каканчындын Бээжинди
Аман жүрүп чоңойсо,
Какайлатар эр ошол.
Калайман салып кагышып,
Чоң-Бээжин менен чабышып,
Көргөндө болбойт эч арман,
Кыраанын Манас чоңойсо,
Кытайга салат чоң жаңжал.
Белгилүү ушул, бел ушул
Бу дүйнөдө жашаган
Белгилүү Манас шер ушул.
Кыраан уулуң чоңойсо,
Кытайга бүлүк кылуучу,
Бет алганда токтобой
Бээжинге найза сунуучу.
Кайнап жаткан калыкка
Качырып согуш кылышса,
Ажалдуусун кырышса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Каршы-терши турушса
Айбалталап чабышып,
Карсылдашып урушса,
Күпсөрдөн дары күбүлсө
Ок-дарысы түгөнүп,
Тизелешип салышып,
Тим эле жандан түңүлсө,
Каалап берген болот ок
Капырга казат кылууга
Манас өңдүү менде жок.

Дегениме көнүңүз,
Даам ичирбей балага
Ушул болот ок менен балаңа
Оозандырып бериңиз,
Айтканымды билиңиз,
Айгайлаган жоо келсе
Бир кереги чын тиет,
Ушуну жакасына тигиңиз».
Маңдайынан үч сылап,
Көздөн кайым болду эле,
Олуя чалдын өзү экен,
Төрөлгөндө Манасты
Даарымак болгон кези экен,
Кабылан - деп, катыгып,
Калың элдин баарына
Кан Манас - деп, атыгып,
Баласы жок Жакыпка.
Бала көрүп бай болуп,
Ар көңүлү шай болуп,
Адам тапкыс ой кылып,
Балалуу Жакып болду - деп,
Калайык тегиз чогулуп,
Камынмак болду бай Жакып
Баласына той кылып.
Ошондо Жакып берендин
Малы түмөн, бала жок,
Баалуу болуп турганда
Бай Жакып той бербеске чара жок.
Калайыктын ою - деп,
Балалуу болуп турганда
Бай Жакыптын тою - деп,
Бээ баштаган беш жүздү
Эркек перзент көрдүм - деп,
Берен Жакып сойду эми,
Уй баштаган үч жүздү
Союуга байлап койду эми.
Санат жетпес кой союп,
Кой сойгондо мол союп,
Кочкор союп, той кылып,
Адам билбес ой кылып,
Бай Жакыптын тою - деп,
Кара калмак, манжуу журт
Калкынын баары чогулуп,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Жакып байдын далай мал
Тойго зарып кырылып,
Ала-Тоодой эт болуп,
Ала-Көлдөй чык болуп,
Бичик чийип, кат коюп,

Манастын атын бурмалап,
Чоң Жинди - деп, ат коюп,
Калмактын кочкулары короңдоп,
Күрмөчөнү, таштуусу
Жакыпты ушак кылып сороңдоп,
Чоң Жиндини тууду - деп,
Адам, чоң той кылды бул бурут,
Башаалыктай мал сойгон
Адам, байыган экен бул бурут.
Дүнүйөнү шай койгон,
Кымыз да аш, арак да аш
Адам, кызыкты көрдүк буруттан,
Ушул кезде кайран баш!
Тойго келип буруттан
Кызык көрмөк болдук ээ,
Айгыр койбой төө сойгон,
Ар түлүгүн тең сойгон,
Адам, артык экен бул бурут.
Улугу бар, таштуу бар
Тойго келип тоюнуп,
Аң-таң калды каркыбар.
Кан Жакыптын малы бар,
Кара калмак каны бар,
Жакыбым той кылганда
Калың журттун баары бар.
Адам таппас ой кылып,
Ал Манастын тоюна
Ат чаптырып той кылып,
Бай экенин билгизип,
Калмактардан душаңы
Арбаң-дөрбөң кылышып,
Тойго калып тунушуп,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк терин сызышып,
Арак ичип алкынып,
Күчтүүлөрү күпүлдөп,
Канча мал тойго союлуп,
Баланын аты Чоң Жинди болду
коюлуп.
Таш сайынган калмактын
Тазалары жыйылып,
Ал баланы көрчүдөй,
Ар кимиси колуна алып салмактайт,
Ал балага энчи бөлүп берчүдөй.
Жакыпка жакын Ошпурбай
Кою бирге короолош,
Аштыгы бирге ороолош
Ашы бирге жороолош,
Мал багышса күч бирге,

Саан саашса сүт бирге.
Манастын тоюн бергенде
Ушак кылып чуу кылды,
Кара калмак, манжуу журт
Калың элге чуу кылды.
Ошпур угуп ойлоду,
Уккан кебин Ошпурбай
Жакыпка айтпай койбоду.
Бир күнү калмак кеп кылып:
«Улукча кармап мал сойгон,
Дүнүйөсүн шай койгон,
Алтайдагы буруттун,
Бурут деген бу журттун
Күрдөлү кармап мал сойгон,
Кучөгөн экен бул бурут.
Бекер сойгон мал эмес,
Бекер бурут бул эмес.
Катыны тууса мал сойгон,
Бар дүйнөсүн тең койгон
Күпүлдөгөн буруттун
Күчөгөнүн карачы!» -
Күңкү кылды көп калмак,
Эли жогу курусун
Жакыпка тийди көп салмак.
«Баашалыктай мал сойгон
Жакып оңой бай эмес,
Туулганда мал кырылды
Ушул баласы оңой бала эмес!
Баланын аты Чоң Жинди
Аржакы атын ким билди!
Баласы күйгөн уу белем,
Аман жүрүп чоңойсо,
Бээжинге бүткөн чуу белем!
Кең Каканчын-Бакбурчун
Келип көрдүк бул журттун
Мындай малды ким сойгон,
Мал сойгонун кылыгын.
Чоң даңзага чийгизип,
Жакыптын мал сойгонун
Чын-Бээжинге билгизип,
Баашалыктай мал сойгон
Мааниси кандай буруттун,
Бул бурут деген журттун.
Бээден беш жүз мал сойгон
Берен экен бул бурут,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн каркайтып,
Төөдөн сойгон беш жүздү,
Адам таппас ой кылган,

Ааламга жетер той кылган,
Кулак угуп, көз көрүп,
Мындай тойду ким кылган?!
Бул Алтайга келгени
Эчен жылга жетиптир,
Бул буруттун байлыгы
Ааламдан ашып кетиптир.
Катыны тууса той кылган
Бул буруттун эрдигин,
Белги кылбай бээ сойгон,
Төрт түлүк малды тең сойгон,
Бу Какандын шаарында
Мындай малды ким сойгон.
Тоюна барган ток экен,
Бул Какандын шаарында
Буруттай адам жок экен.
Бул арагы менен кымызы
Ааламга сыйгыз иш болду,
Улуңтуң, Даң-Шаң, Бакбурчун
Улугун көрдүк бул журттун,
Адам көргүс ой кылды,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнөн өйдөрөөк
Ушул бурут той кылды.
Тоюна адам жайланды,
Кара калмак, манжуунун
Балдары уча байланды,
Тоюна толук малы союлуп,
Баласынын атын сурасаң
Чоң Жинди атка коюлуп,
Катыны тууса той кылып,
Адам көргүс ой кылып,
Кутурган экен бул бурут!
Учмактуу Бээжин чоң шаарда
Улугубуз Эсенкан
Ошого кабар салалык,
Мал сойгон бурут кыргыздын
Кабарын айтып калалык».
Кара калмак, манжуудан
Калкынын баары жыйылып,
Бээжиндин Эсенканына,
Каканчынын белине,
Кайнаган кытай элине,
Сепил тозгон тамына,
Бек бекиткен шаарына,
Бээжиндин Эсенканына
Бейили кетип калмак журт
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,

Жезден кылган добулбас
Сабынан кармап имерип,
Каканчынын шаарына
Чоң желдетти жиберип.
Мына ошондо чоң желдет
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Толкуп жаткан суу кечип,
Тоңкойгон эчен тоону өтүп,
Ашып-шашып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Арада эче күн жүрүп,
Мунарыктап көрүнгөн,
Чет-Бээжиндин айылына,
Барып жетти ал желдет
Эсенкандын айылына.
Кырк эшиктүү Чет-Бээжин -
Капка баккан жайсаңы,
Эшиктеги бирөөсү,
Кечил турган күрөөсү,
Бул күрөөнүн жайын сураба
Өгүзү карып, өзү өлөт,
Өлүп калган адамдын
Өлчөп малын тек бөлөт.
Серкесин сетер көтөрөт,
Мингени ыйык ат болгон,
Ырымын көрсөң бул журттун
Ургаачы менен жүрбөгөн.
Азоо атын токунган,
Ырымын көрчү бул журттун
Колодон кылган чоң буркан
Кудай - деп, ошого чокунган.
Эсенкандын жанында
Кечилден турат бир миңче.
Баягы барган чоң желдет
Ашып-шашып антаңдап,
Катынын кара баскансып,
Мунун куугуну жакын качкансып,
Эсенкандын алдына
Баштай берди бузукту,
Айта кирди кызыкты
«Айдалып келген буруттан
Алтайга келип конду эле,
Азып келип журтунан
Бизге букара болду эле,
Көңүлү ташып жай болду,
Көбүнчө аштык айдап бай болду,
Бай болгондо ал Жакып
Адам тапкыс ой кылды,

Баашалыктай мал союп,
Катыны тууса той кылды».
Чоң желдет айтып турганда
Ачуусу келди Эсенкан:
«Балалуу болсо той кылмак -
Баары журттун адаты.
Айдалып келген ал бурут
Төрт түлүк малы жай болсо,
Атаңдын көрү калмак журт,
Сенин араңа келип бай болсо,
Малдуу малын сойбойбу,
Качан болсо арыкта бар
Калайык баланын атын койбойбу?
Малы бар экен бай Жакып
Баашадай малды сойду - деп,
Мынчалык неге кутурдуң?
Колунда малын сойбойбу,
Тоюна келген тойбойбу,
Калайыктар чогулуп,
Баланын атын койбойбу!?
Балалуу болгон ал бурут
Мал көзүнө карайбы
«Малын көп союп салды» - деп,
Маа келгениң жарайбы?
«Букара малын сойду» - деп,
Бузулуп кантип кетемин.
«Бурутум малын сойду» - деп,
Күнүлүк кылып нетемин.
Букарам кармап той кылса,
Ошого бузулган адам оңобу?
Тоюна тоюп кутурдуң,
Бер жакка чаап жутундуң,
Адам бир деген оңобу,
Адам сендей болобу?» -
Кууп ийип желдетти,
Зың-зың этип кенебей,
Жатып алды Эсенкан
Айтып барган ал кепти
Бучкагына теңебей.
Мына ошондо Манас эр
Күндөн-күндөн күн өттү,
Күн мезгили да жетти,
Жетиге келди зор Манас
Мунун коюлган аты Чоң Жинди,
Кара көк жал султандын
Шер экенин ким билди,
Сегизге чыгып серпилип,
Оң жол менен жүрбөдү,
Адам айткан сөз болсо

Муну кулагына илбеди,
Айтса адамдын сөзүн билбеди.
«Чын Чоң Жинди экен», - деп,
Кара калмак, манжуу журт,
Айың кылып жүргөнү.
Балача чуркап шашпады,
Бешке чыга келгенче
Берениң Манас баспады.
Чыкырган аты Чоң Жинди,
Чын Манас атын ким билди?
Кара калмак, манжуу журт:
«Жакыптын бечел уулу» - деп,
Калмак көзү көргөнү,
Айың кыла бергени.
Артык Манас опсолоң,
Бешке чыга келгенде
Бутун жыйнай басканы,
Жети жаштан сегиз жаш
Бала чыгып келгенде
Күйүп турган чок болду,
Кырк үйлүү кыргыз ичинде
Мындай тентек жок болду.
Балдар менен ойноду,
Ойногондо ал берен
Ойногонду койбоду,
Ойной берген балдардан
Эчен балдар сойлоду.
Каары келип кармаса,
Чыңырып балдар чыркырайт.
Чындап кармап жиберсе,
Талкан болуп быркырайт,
Бир күн Манас кабылан
Оолугуп токтобой,
Кырк үйлүүдөн кырк бала
Кыйбатын жыйып алыптыр,
Чоң Алтайдын талаага
Чогулуп оюн салыптыр.
Бул кырк үйлүү кыргыз балдары
Кыйындап ойноп алыптыр,
Кыраан Манас ичинде
Кымбаттап оюн салыптыр,
Кара калмак, манжуудан
Он беш менен он алты
Экөөнүн орто жеринен
Сексен бала барыптыр.
Ал баланын ичинде
Боз калмактын чоң уулу
Ары чогоол, ары эр
Сексен бала оңбоду.

«Кызыталак бурут» - деп,
Ал балдарды кордоду.
Анда балдар муну айтып:
«Тентип келген бурут - деп,
Бул буруттун балдарын
Буркуратып курут» - деп,
Сексен бала качырып,
Кырк балага асылып,
Кырк балалар чуркурап,
Кылайган жаны калбады.
Кырк баланын баарысы
Тизеси жерге бүгүлүп,
А балдардын алдына
Башынан корккон кырк бала
Сексен бала алдына
Келин болуп жүгүндү.
«Жакелер жан соога» - деп,
Чымындай жандан түңүлдү.
Карап турса кырк бала
Билегинен сап кеткен,
Жүрөгүнөн кап кеткен,
Чыркырап качып жүгүрүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Балдар минтип тургана,
Кырк баланы сексени
Жалынса болбой урганы.
Даакысы кетти тытылып,
Мурду канап быркырап,
Кырк бала ыйлап чыркырап,
Балдар ыйлап бой-бойлоп,
Манас турат калмактарды
«Кой, кой» - деп,
Кой, койлосо болгон жок,
Кара калмак оңгон жок.
Кой, кой - деп турса Манаска
Желигип балдар жеткени,
Жети чокмор, төрт муштум
Манаска тийип өткөнү.
Бул чокморду жегенде
Кыдырата карабай,
Кыраанын салды бузукту.
Кылча жанын аябай,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Каалгадай кашка тиш,

Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр.
Кырк бала кыйрап калганда
Кызыр чалган кургуруң
Кызык мушташ салды эми:
«Кара калмак, манжуу журт,
Калкың менен кырайын,
Кутурган экен сексенин
Кырып жүрүп тынайын!
Кырк үйлүүнүн баласы
Айдарлуу кара калмагын.
Тим турган жанды тим койбой,
Тийди жаман салмагың,
Бууданын кармап алгансып,
Бузукту мурда салгансып,
Бу күйүткө ким көнсүн,
Күчөсө түпкө жетейин,
Күчөгөн экен бул калмак
Мен бир күрпөңдөшө кетейин!» -
Айтып муну эр Манас
Каарланып бакырып,
«Кыргыздап» ураан чакырып,
Кызыгын көрчү баланын
Кара даакы жонунда,
Кара чокмор колунда,
Үйрө кармап чокморду
Балдарга карап жетти эле,
Ойноп-ойноп өттү эле,
Он эки бала бир өлдү.
Сексен бала дыркырап,
Быт-чыт түшүп дыркырап,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Шашкан балдар мындан көп,
Жаны калбай жабылып,
Качкан балдар мындан көп.
Манастан коркуп ал балдар
Тоголонуп жыгылып,
Шашканынан балдардын
Кудайга үнү угулуп.
Каарланып Манасың
Калайман бүлүк салды эми,
Он эки бала калмактан
Тырайып өлүп калды эми.
Балдар качып жүргөндө
Токтобой Манас оолугуп
Кыргыздын кырк баласы
Караан болуп чогулуп,
Калмактын сексен баласын

Кезиккенин жанчыптыр,
Кордукту койдой салыптыр,
Койгулаша кеткенин
Манас кокосун жулуп алыптыр.
Түбүнө чогуу жетерде,
Кууп отуруп балдарды
Тонунун баарын тытарда,
Жетсе канын жутарда,
Кызык кыргын саларда,
А калмактын балдарын
Чөл түшүрүп баарысын
Айылына кууп барарда,
Чөл түшүрүп баарысын
Түбүнө чогуу жетерде,
Кармаганын соо кылбай
Тырайта муштап өтөрдө,
Калмак билип каларда,
Катуу бүлүк саларда
Атакеси бай Жакып
Мал жайытын чалыптыр,
Боз айгыр менен кампайып,
Кара ниет Жакып бай
Үстүнөн чыгып калыптыр.
Кырк баланы кайра айдап,
Манасты кармап алыптыр:
«Атаа, балам, түпкө жеттиң» - деп,
Армандуу кайгы салыптыр.
«Алып келип мал күттүм,
Алтайым жакшы жер эле,
Эли сонун, ичи кең
Менин калмагым сонун эл эле.
Минте берсең, сен балам,
Казмак болдуң орумду,
Кайнатмак болдуң, кулунум,
Капкайдагы шорумду,
Кетиресиң алымды,
Бул тентегиң койбосоң
Талатасың малымды.
Тентектигиң сында жок,
Теңдешип союл чабуучу
Теңиз кыргыз мында жок.
Балам, биз тентип келдик Алтайга,
Сенин тентегиң жетет далайга.
Жөн жүрбөй сийип иесиң
Кымыз куйган күбүмө,
Куу балам жетет экенсиң
Капкайдагы түбүмө!
Бул тентегиң койбосоң
Козголоң салат уйкума,

Эртең чабуул койбойбу
Өрүштөгү жылкыма!
Кара кылар токой жок,
Баана кылар огой жок.
Калмак зордук кылбайбы,
Бул тентегиң койбосоң,
Жыйып алган үбүмө,
Акыры жетет экенсиң,
Ушинтип жүрүп түбүмө.
Чийбейби чогуу сызыкты,
Бул тентегиң койбосоң,
Кара калмак, көп манжуу
Кылбайбы маа кызыкты,
Чачмак болдуң, чунак уул,
Сан кара жыйган малымды,
Төктүрмөк болдуң, чунак уул,
Бул калмактан канымды,
Койчу, кыймак болдуң жанымды,
Бул кылыгың койбосоң,
Баштамак болдуң бузукту!»
Балдардын баарын бакырып,
Жапырып Жакып тозгону,
Тосуп алып баарысын
Байыркыны козгоду:
«Бала сурап, кудайдан
Ырас эле бир балакет
Көргөн экемин,
Тогузга жашың келелек,
Тозокту мынча не салдың?
Казмак болдуң орумду,
Кара калмак кутурса,
Байлап кетет колумду,
Көргөзбөйбү көзүмө
Киши кылгыс сонунду.
«Уулуң бала кырды» - деп,
Уятты калмак кылбайбы,
Уулум, сенин айыңдан
Ушу турган кыргызды
Такыр кырып салбайбы!
Кыра турган себеби -
Кара калмак кеги бар:
«Буруттан Манас чыгат» - деп,
Бул капырдын башынан бери
шеги бар.
Балам, сенин кылыгың,
Кылып жүргөн бузугуң
Аярына датталуу,
Атың Манас билинип,
Кайнап жаткан капырдын

Даңзасына катталуу.
Балам, баштаганың бузукпу,
Салмак болдуң башыма
Менде көргүс кызыкты.
Жасатмак болдуң чараны,
Жараткан берген экен го
Сен өңдөнгөн тентек баланы.
Кетирмек болдуң алымды,
Талатмак болдуң малымды,
Кырдырмак болдуң кытайга
Кыргын кылып жанымды.
Сенин бабаларың өлгөндө,
Бабаңдан калган сан мүлктү
Кара калмак бөлгөндө,
Каракандын сегиз уул
Бытыратып баарысын
Туш-тушту көздөй бөлгөндө,
Биздин бирөөбүз кеттик Иренге,
Түшүп кеттик моминтип,
Кулак угуп, көз көргүс
Аябаган тереңге.
Билгенге кадыр түн көрдүк,
Биз Алтайга келип күн көрдүк.
Бала өлтүрүп, чыр кылдың,
Төктүрөсүң канымды,
Менин кырдырасың малымды!»
Жакып бай айтып мындай кеп:
«Атаа, тентек уулум» - деп,
Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче
Абам Балтай акжолтой,
Сүйлөгөнү жарыя,
Кырк үйлүүнүн ичинде
Абаң Балтай карыя
Акбалтай айтат бир сөздү:
«Атаңдын көрү, ой, Жакып,
Бул жемеңди кой, Жакып,
Жылкың менен жерге кир!
Аты Манас бул уулуң
Береке ушу, бел ушул,
Калмак турмак канчага
Кыргын салар шер ушул!
Эркек бала шок болсун,
Мал багар уул болгунча
Бар болгунча жок болсун!
Артыңа колуң байланып,
Бери карай айдалып,
Ошол күнү өлгөнбүз!
Бейлесек, далай бейарман

Ушул уулуң чоңойсо,
Бээжинге салар чоң жаңжал.
Караса канбайт куу жүрөк
Аман уулуң чоңойсо,
Каканга салат чоң дүмөк!
Талаадан жыйнайт көчүңдү,
Алып берет Манасым
Капкайдагы өчүмдү,
Ушул Манас зор болсо,
Атагы журтка дүң болсо,
Бет алган жагы түз болсо,
Сайып кырган дөөсүнүн
Атагы туура жүз болсо,
Көңүлүң артып жай болдуң,
Балаң жокто, бай Жакып,
Сан кара күтүп, бай болдуң,
Малга ишенген болобу,
Малың бала болобу?
Көрдүң, Жакып, алыңды
Жоо ээлесин малыңды!
Угуп турам чамаңды
Кудайдан тилеп, ай Жакып,
Көргөзгөн жалгыз балаңды,
Арбактуу Жакып аты улук,
Балам малды чачар - деп,
Азыр болдуң макулук!
Айтканымды азыр бил,
Аңкоо Жакып экенсиң,
Малың менен жерге кир.
Кыраң кайда, бел кайда
Кыйналасың малыңа,
Кызырлуу кыргыз эл кайда?
Уулум тентек чыкты - деп,
Уйпаланып калыпсың,
Каңырыгың бек түтөп,
Кара баскан эмедей,
Сен малыңды аяп алыпсың.
Айтканымды азыр бил,
Кайгыланба, бай Жакып,
Сенин малың менен жерге кир.
Абайлап, Жакып, кебимди ук,
Уулум тентек чыкты - деп,
Мал аяган болобу,
Кара ниет экенсиң,
Жакып, сени адам деген оңобу.
Тентек уулдан мал аяп,
Теги жок киши экенсиң,
Атаа, мал күндү киши экенсиң!
Кара адырмак каркайган

Кара өзөн кайда, бел кайда,
Сенин издегениң мал беле?
Абайлап, Жакып кебимди ук,
Аргын, кыргыз эл кайда?
Малың караан болобу?
Мал түгөндү - деп кейип,
Сени адам деген оңобу?
Кечээ, атаң Каракан өлгөндө,
Каракандын казына
Кара калмак, манжуу журт
Карсылдатып токмоктоп,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Болбогон ачуу күткөндө,
Бокчонун баарын тинткенде,
Кылчайганды кырганда,
Ак сарай үйдү талкандап,
Кара калмак киргенде,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып талкалап,
Как куйкасын тилгенде,
Кедеңдеген кежирдин
Тирсегинен илгенде,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып сабатып,
Жонунан кайыш тилгенде,
Бээлеп билгин, Жакып бай,
Мына ошондо өлгөнбүз,
Бул кытайдын кордугун
Так эки миң көргөнбүз!
Бардыгер күчүн салганда,
Баланы тартып алганда,
Кол артка чогуу байланып,
Кордукту көрүп айдалып,
Бурулбай басып кайгырдык,
Малың турмак, Жакып бай,
Бир туугандан айрылдык,
Биздин бирөөбүздү айдады
Ойлосоң боло, ой Жакып,
Адам жеткис белине,
Биздин бирөөбүздү айдады
Күндүн чыкчу жерине.
Кара калмак күч кылды,
Калкыбызды бүт кырды.
Адырдан тийип малды алды,
Айылдан басып жанды алды.
Кечээ кызыкты кытай кылганда,
Калың элди жоготуп,
Билгенин бизге кылганда
Биздин ургаачы, кызды олжолоп,

Күл чыгарган күң кылды,
Жаш чоң эркек баланы
Уй кайтарар кул кылды.
Ойлосоң боло, ой Жакып,
Мындай ишти ким кылды,
Бирөөбүз кеттик Иренге,
Бирөөбүздү түшүрдү
Кайра чыккыс тереңге.
Алтайга келдиң айдалып,
Айлаңды таппай зарланып,
Бул Алтайга келгенде
Аштык айдап, кен каздың,
Ар түйшүктү көп кылып,
Сан кара жыйып, мал күттүң.
«Уулум тентек чыкты» - деп,
Сени кудай урабы,
Кейип жаткан бул малың
Кыяматка барабы?!
Айтканым ушул, анык бил,
Атаа Жакып, жарыктык,
Шул жылкың менен жерге кир!
Аркар, кулжа тоонуку,
Сенин кейип жаткан бул малың
Күчөсө бир күн жоонуку.
Бул тентек балаң оңолот,
Өлбөсө бир күн журттуку,
Бекерге жыйган куу малың,
Кыйкырса бир күн жуттуку.
Жүрдүң беле, бай Жакып,
Малың арбын, балаң жок
Балам тентек чыкты - деп,
Байкасам, сендей сараң жок!»
Кашатча жерин тебелеп,
Кан Балтай турду кайгырып,
Бай Жакыпты жемелеп;
«Бай Жакып, конолу Алтай талаага,
Садагасы кетелик,
Өзү тентек Манас аттуу балага,
Мойнуна тумар тагалы,
Муңуңду чечер уул болор -
Бул баланы багалы.
Карачы, Жакып, кебимди
Бизге караан да ушул, бел да ушул
Касташкан кара кытайды
Жеңип берчү уул ушул.
Аман болсо көрөрсүң
Ак марал айдап уй кылат,
Ушул Манас чоңойсо
Ааламдын баарын буй кылат,

Берен уулуң чоңойсо
Беттеп менде келеби,
Муну бет алып, душман келеби,
Эңкейтип адам алабы,
Буга кез болгон аман калабы?
Келжиреп кепти көп айтып,
Кесир кылып турасың.
Андан көрө, бай Жакып,
Адырда жылкы алты сан
Айдап жыйып калалык,
Каран малдын баарысын
Чубатууга салалык
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгунча
Азуу сайып карыбас
Ат мыктуусун табалы,
Каран калган бул малды
Күтүп жүрбөй чалалы,
Адырда жылкы алты сан
Тегиз жыйып алалы,
Ал жылкынын баарысын
Чубатууга салалы,
Айгай укса шашпаган
Ай караңгы түн келсе
Бир изин ката баспаган
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Бир ат күлүгүн табалы,
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Ок өтпөс тон кийгизип,
Ок жетпес ат мингизип,
Киши жүрүп, эл билбес,
Кара калмак, манжууга
Бирөөсүнө билгизбей,
Бирөөсүнө туйгузбай
Манасты тоого сактап багалы.
Эрешен тартып, эр болсо
Эр уулу менен тең болсо,
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго салалы,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго салалы,
Өйдө чыксак Манасты
Өбөк кылып алалы,
Ылдый түшсөк Манасты
Жөлөк кылып алалы.
Бул Манастын тентегин
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,

Эркелетип көрөлү,
Ээленсе кара калмактан
Ушул Манас бала үчүн
Ажал жетсе өлөлү!»
Акбалтай айткан сөзүнө
Кырк үйлүү кыргыз эп көрүп,
Билбегенди билгизген
Билимдүү экен, Акбалтай,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун экен, Акбалтай.
Айлакерден акылман
Абаң Балтай кургуруң
Ак шумкардай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Кара тилин кайрады,
«Манас - деп айтпа элге» - деп,
Кайран Балтай сайрады.
Ошол кезде коюлган
Манастын аты Чоң Жинди,
Манастын Манас болот - деп,
Кара калмак ким билди?
Азабын тартып Манастын
Алек болду бай Жакып.
Манастын түрүн көргөндө:
«Түбүмө чогуу жетет - деп,
Бу баланын саатынан
Дүмүрчөгүм түзөтүп,
Түгөл кырып кетет» - деп,
Кайгыланды бай Жакып.
Барып Жакып ыйлады,
Байбичени кыйнады
«Ай, байбичем, Чыйырды,
Алда Таала кудурет
Бизге бала берген экен го,
Сууга сийген Чоң Жинди
Чала берген экен го!
Өрүштүн малын жый, катын,
Бул балаңды тый, катын!
Бул балаңды тыйбасаң,
Бузук салса калмакка
Кытай илек, биз жалгыз
Кырыша кетсек кытайга
Тирүү кармап алат го,
Зынданына салат го!
Балаң тентек минтпесин,
Баса калып бул калмак
Бир бокчону тинтпесин.
Уулуң теңтек, шок чыкты
Бул баландын тентеги

Ааламда жок чыкты.
Кырк үйлүү кыргыз балдарын
Жыйып оюн баштады,
Кара калмак, манжуунун
Так он эки баласын
Ойрон кылып таштады,
Билбей кара калмагың
Бир биринен көрүштү.
Келгендерден кеп уктум:
«Кара калмак, манжуулар
Жаңжалдашып, чырлашып,
Кыргын болду - деп, уктум.
Жерден бакан алышып,
Желеден айгыр минишип,
Жакалашып салышып,
Жаман согуш болду - дейт,
Бээ тийишип, эр өлүп,
Аябай бузук болду - дейт.
Байбичем, сенин уулуң оң кылбайт,
Минте берсе бул Манас
Эгерде бизди соо кылбайт!
Балам жок - деп зарланып,
Бир балакет сурап алыппыз.
Алтайга келдик айдалып,
Арганы таппай сандалып,
Бала сурап алыппыз,
Бала десек бадирек
Куу мүшкүлгө калыппыз.
Бул тентегин койбосо,
Билсе кара калмак журт
Төбөбүздөн басат го,
Төрт түлүктү чачат го.
Чаңдатып тиет бээни,
Жакын барсак бул калмак
Жайната муштайт мээни.
Чыгарат го - деп, турам
Капкайдагы кээни.
Тентек болду бул уулуң,
Тентегин калмак көрбөйбү,
Тентиген бурут дебейби!
Теминишер айла жок,
Жыйып алган каран мал
Бирөөн койбой жебейби.
Ушул турган кыргыздар
Айласын таппай качпайбы,
Ушул жыйып алган сан кара
Такалуудан тай койбой,
Такыр калмак чачпайбы!
Керженеңдеп тентек бул уулуң

Калмакка кежир иш кылып,
Менин сан кара малым курутат.
Кой, байбичем, угуп ал
Тентегин бул уул койбосо,
Казат экен орумду,
Ушул уулуң чоңойсо,
Кайнатат экен шорумду,
Көргөзөт экен сонунду.
Малдан жыйган күбүмө,
Чоңойчу болсо, бул уулуң
Жетет экен түбүмө!
Бул уулуңдун сыягы -
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Добушунан жан чыгат.
Адам, кыйкырса кулак укпаган,
Койгулашкан балдарды
Коёндой жерге ыктаган,
Колуна тийген балдардан
Бирөө тирүү чыкпаган,
Балаң салат балакет,
Бул баарыга жетет алакет.
Эңкейиште чеп экен,
Бул калмактын журту көп экен,
Бул буруттун баласы
Тентек чыкты дебейби,
Түбүндө мени жебейби.
Каралашып бир жүргөн
Калмагым сонун эл эле,
Алтын казып, бай болгон
Алтайым сонун жер эле.
Бул Алтайга келгени
Менин ырысым толуп күчөдү,
Төрт түлүк малдын баарысы
Сан кара болуп күчөдү.
Чачат го уулуң малымды,
Кетирет го алымды.
«Уулуң тентек экен» - деп,
Калмактар кармап алат го
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат го,
Ай касаба туу алып,
Айылга бузук салат го,
Түгөнгөн жанды түк койбой,
Түгөтүп чаап алат го,
Аман болсо көрөрсүң,
Түйшүктү башка салат го!»
Ак байбиче Чыйырды
Анда туруп кеп айтат:
«Баатырым,

Бала үчүн бузба санааңды,
Оорсунуп калган экенсиң,
Төрөм, өлгөндө көргөн балаңды!
Бул боз ала туйгун болпоңду,
Оорсунбагын, ой төрөм,
Бул өлгөндө көргөн чолпонду».
Ак байбиче Чыйырды
Төрөсү мындай деген соң,
Бөдөнөдөй кара көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетет,
Айтып оозун жыйгыча,
Көздүн жашын тыйгыча,
Койчулар башчы Ошпур бар,
Ошол Ошпур келиптир,
Бул келгенин байбиче туруп көрүптүр.
Бөлөккө бурду санааны,
Ошпурга берди бай Жакып
Аты Чоң Жинди аттуу баланы.
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Мойнуна курун салынып,
Ошпурбайлап жалынып:
«Айланайын, Ошпур бай,
Сен, өзөндө жаткан дөө элең,
Бай Жакыптын көп коюна ээ элең.
Бизде дүнүйө далай, бала жок,
Өлгөндө көргөн бул бала
Тентегин тыяр чара жок.
Торко тон кылдым кийгизгин,
Жылкы ичинде Торучаар
Тулпарды кармап мингизгин,
Төбөсүнө калмактын ташын тага көр
Аманат койдум колуңа
Дагы бир төрт жыл бага көр!»
Баланы Ошпур алган соң,
Бай Жакып анда калган соң,
Торучаарды мингизип,
Торконун күлүн кийгизип,
Тобокелдеп кой жакка
Алып жүрдү эр Ошпур.
Ошпурга Манас барганда
Анда Манас боло элек,
Берениң Манас атка коно элек.
Ошпурга барып көк жалың
Эрешен тартып, эр болду,
Эр уулу менен тең болду,
Карарып күйгөн чок чыкты,
Кара калмак, манжуудан
Мындай тентек жок чыкты.
Бир күнү Манас оолугуп,

Койчуларды сабады,
Жылкычысын сабады.
Койчу качып короктоп,
Жылкычынын баарысы
«Чоң Жинди бурут келет» - деп,
Качып жүрөт сороктоп.
Койбой Манас аталып,
Койду жыйып, ой кылды,
Койчулардан кырк бала
Жыйып алып ал Манас,
Койду союп талаага
Койбой Манас той кылды.
Торпок минип топоңдоп,
Толгон бала чогулду.
Кызыкты Манас баштады
«Төрөм - деп, мени айткын» - деп,
Ал балдардын торпогун
Такыр союп таштады,
Бузукту мындан баштады.
«Төрө» - деп койгон балага
Кементайын керсейип
Салып берет талаага.
Ошол кезде Манастын
Тилегин кудай бериптир,
Ошол кезде Манасың
Он эки жашка келиптир.
Ок өтпөстөн тон кийип,
Жылкыдан Торучаар өңдүү ат минип,
Ошол кезде Манас шер
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Жулуп алар баш таптай.
Тиштээрине таш таппай,
Эң кызыгып ээлигип
Токтоно албай жээлигип,
Таалайы артык кайран шер
Эми, тамаша салган ошол жер.
«Төрөм - деп айт мени» - деп,
Өзүн өзү билдирип,
Билген жанды күлдүрүп,
Ай-талаага кырк таман
Кадимки ордо чийдирип,
Көк жалдыгын билдирип,
Ошпур баккан көп койдон
Миң козусун союптур,
«Баатыр - деп айт мени» - деп,
Баглан козу, ширин баш
Бор кайнатып коюптур,
Ордо салып, чүкө атып,

Көк жалдын кылган иши бул.
Кең Алтайдын баткалда,
Кырк баласы жанында
Күн кылкылдап батканда,
Жан-жаныбар, макулук
Кыймылдабай жатканда,
Бала ичинде көк жалың
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип, тынч алып,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Асыл Манас көк жалың
Алп уйкуну салыптыр,
Күн шашке болгончо
Күлүстөн абыдан уктап калыптыр.
Уйкудан Манас тургуча,
Жылкычы алпы Канжаркол
Ошол жылмайгыр келип калыптыр.
Астындагы ала айгыр -
Жаман күлүк ал айгыр:
«Жайып ийсем оозун
Куштай учуп кетет» - деп,
Кутургурду карасаң
Кум салынып алыптыр,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Кара келтек чокморду
Кармап үйрүп алганы,
Кырк балага умтулуп,
Качырып колду салганы.
Канжар алп түрүн көргөндө
Кырк бала качты чыркырап,
Эти турмак, бети жок
Балдардын баары качты быркырап,
Качып балдар сабылат,
Кан Манаска жалынат.
Уйкудан Манас ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Баш көтөрүп караса,
Бала аманын караса,
Балдардын баары качыптыр,
Балдардан кармап төртөөнү
Айгырдан түшүп, ал алпы
Төрт баланы басыптыр.
Төртөөнү катар союптур,
Азык эттин баарысын
Шиш менен сайып тоюптур.
Көрүп алып, зор Манас
Ал балбандан чочунуп,

Торучаарды токунуп,
Жоо кийимин кийинип,
Оодарышмай ойнойм - деп,
Оңбогон бала сүйүнүп,
Каары келип, көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Каалгадай кашка тиш -
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алыптыр,
Кара келтек чокморун
Балаң үйрө кармап алыптыр.
Бекем белин курчанып,
Торучаар санга бир салып,
Баскан жерин уратып,
Балбанды көздөй чуратып,
Торучаар оозун бурду эми,
Ал балбанга келгенде
Бул сөзүн айтып турду эми:
«Атаңдын көрү, Канжар алп,
Сен - жылкычы, мен - койчу,
Балдардын баарын кыйратып,
Бул зордукту сен койчу!
Талап жедиң этимди,
Он эки балбан болсоң да
Эми жору чукуйт бетиңди.
Ай, Канжар алп, арача,
Арачага көнбөсөң
Азыр салам тамаша!»
Манас айтып турганда
Канжар алп тура калганы.
Каргыш тийген Канжар алп
Катуу басып чунайып,
Кырк баладан төрт бала
Өлгөн экен тырайып,
Өлүп бала жатканда
Манасың карап турабы
«Атаңдын көрү, Канжар алп,
Талаада кырк бир бала элек,
Талаага козу кайнатып,
Ойноп жүргөн жан элек.
Зордуктап этке тойгудай,
Төрт баланы тырайтып,
Бөйдө өлтүрүп койгудай,
Адырдагы бээңди
Тийип алып чачтыкпы»,
Сенин айгырың мине качтыкпы?
Сенин каалаганың бузукпу?
Өзүң тийдиң өпөйүп,
Эми менден көрдүң кызыкты!»

Үч кыйкырып бакырып,
«Манас», - деп ураан чакырып,
Үйдөй кара чокморду
Үйрө кармап алганы,
Качырып кирип Канжарды
Как төбөгө салганы.
Манастан чокмор жегенде
Башы кетти быркырап,
Балбан жерге жыгылып,
Жаны кетти чыркырап.
Балбанды союп, жай кылды,
Кайра козу союшуп,
Бала султан кабылан
Төрт баланы карасаң -
Аргасы эчак кетиптир,
Кабыргасы быркырап,
Кудай Таала кылганы,
Төрт баланы ал балбан,
Бирөөнү койбой кырганы.
Төрт бала өлүп тоңкоюп,
Дүнүйөдөн көчүптүр,
Эт бышырып жаккан от
Кыпын калбай өчүптүр.
Ошондо Манас көк жалың
Алпты союп, жай кылып,
Ал жолдо бүлүк салганы,
Төрт баладан бөлөгүн
Аман алып калганы,
Катуу кирген балбандын
Башын бөлүп салганы,
Кабылан көк жал умтулуп,
Эми калмакка салган жаңжалы.
Балбанды союп жай кылып,
Балдарды жыйып алды эми.
Бай Жакыптын козудан
Жүзүн кармап сойду эле.
Балдарды Манас чакырып:
«Төрө - деп айткын мени» - деп,
Атаңдын көрү кырк бала,
Айтканым менен болуп бер,
Тегерете конуп бер,
Маа чоро болуп бер!
Кармап алып төө союп,
Бээ баштаган кой союп,
Кызык салды тамаша.
Кара көк жал кабылан
Отун жыйса, оту жок,
Кара калмак, манжуунун
Коюлган аты Жырынта

Козу издеп келиптир,
Келгенин Манас көрүптүр.
«Абышка бери келгин - деп,
От күйгүзүп алууга,
Талаага жанды багууга,
Оттугуңду бергин» - деп,
Сурап көк жал турду эле.
«Атаа, кумка бурут - деп,
Атаа, курган кыргыз» - деп,
Айтканына көнгөн жок,
Атаңдын көрү, как баш чал -
Чал оттугун берген жок.
Кара ниет капыр чал -
Кара калмак ал элдин
Канчасынан баатыр чал,
Эң жортормон ыктуу чал.
Ары балбан, ары эр
Зың-зың этип кенебей,
Талаада жүргөн баланы
Бучкагына теңебей,
Чалды кудай урду эми.
Ээликкенден желикти,
Көк жал Манас ээликти:
«Чалым, сураса бербес отуңа
Суук колум саламын,
Кесирленсең көбүрөөк
Кержейген кара калмагым,
Курмандыкка чаламын,
Керек болду оттугуң
Сенден минтип тартып аламын!» -
Деп ошентип, умтулуп,
Чалды курдан алды эле,
Айгырынан оодарып,
Көтөрүп жерге салды эле,
Куру үзүлүп ал чалдын
Кисеси колдо калды эле,
Чалың шашты, жүгүрдү:
«Алда эмине кылат?» - деп,
Чымындай жандан түңүлдү.
Тизе жерге бүгүлүп,
Ашып-шашып абышка
Эликтен бетер түйүлүп,
Темир таман үзөңгү
Теппей чурап минди эми
Жаагынан кан тамчылап,
Көк айгырды камчылап,
Чакчелекей чаң болуп,
Башы-көзү кан болуп,
Өкүрүгү таш жарып,

Кыйкырыгы баш жарып,
Калмак кетти жолуна.
Кой башчысы Ошпур бай
Дөбөгө чыгып караса,
Кырк баланы кааласа -
Көктөн түтүн бөлүнөт,
Көп козуну чогултуп,
Көк жал Манас кабылан
Кырып салган көрүнөт.
Оромпой оюн чаң салып,
Кырк баланын баарысы
Тегеректеп Манасты
Ортосунда эр Манас
Опол-тоодой көрүнүп,
Козуну кармап союшуп,
Башка көрдү балдарды
Шишке сайып тоюшуп.
Кунан чаап ойноп, бакырып,
Балдардын бакырыгын байкасаң
«Манастап» ураан чакырып,
Быяк жакта алачык,
Алачыгын байкасаң -
Калк башчысы он миң жан,
Кең-кесири баткандай,
Бир жагында кырк бала
Манас баштап ичине
Кеңири ордо аткандай.
Кара чаар кабылан
Кадимки Манас баланын
Капталында чамынат,
Чолок көк жал арслан
Ошпурду жара тартчудай,
Бет алдында камынат.
Секи жагы сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Көрүп туруп Ошпурдун
Боконо сөөгү болкулдап,
Боктуу ичеги солкулдап,
Болбой эси бир чыкты,
Билегинен сап кетти,
Манастын түрүн көргөндө
Жүрөгүнөн кап кетти.
«Бул Жакыптын жинди уулу
Катылганды оң кылбайт,
Кармашканды соо кылбайт.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Жетилип алган кези экен,
Эми калмакка салат чоң дүмөк.

Бир түрү бар - арслан,
Муну бир карасам - кабылан,
Кан ичменин өзү экен.
Көз кашайып, көп калмак
Көрбөй калган кези экен.
Чынмачынга чыр салат,
Кармаганды оң кылбайт,
Кара жолтой бул бурут
Кармашканды соо кылбайт.
Жерге сайып коюптур
Комокойлуу айзасын,
Ааламга чыр салат
Бул баланын айласы.
Атаа, оңбогурдун баласы
Оолугуп жини кармаса
Ойротту бузар шер экен,
Өз билгенин талаага
Кылып салган турбайбы,
Бай Жакыптын козусун
Баарын койбой окшойтуп,
Кырып салган турбайбы!
«Козуну неге кырдың?» - деп,
Кокусунан сурасам -
Этектен алса оң кылбайт,
Эгерде мени соо кылбайт,
Бул жерге туруп нетейин,
Балаңды тыйып алгын - деп,
Бай Жакыпка жетейин!
Атасын алып келбесем,
Анан кийин көрбөсөм
Ажалды бачым жеткирет,
Амалды азыр кетирет», -
Муну айтып эр Ошпур
Жакыпты көздөй дыр койду,
Жан аябай чуу койду.
Астындагы айгырды
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Талаа-түздү уратып,
Айгыр менен чуратып,
Ашып-шашып токтобой,
Каран калган көп койдун
Канча өлгөнүн жоктобой,
Кайран Ошпур канетет
Ашып-шашып токтобой,
Катынын кара баскансып,
Куугуну жакын качкансып,
Куугунун чукул кууган сып,
Катыны эркек туугансып,

Бай Жакыптын ордого
Барып түштү Ошпур бай,
Балакеттүү шумдук сөз
Салып түштү Ошпур бай:
«Уулуң Манас эр болду,
Айтсам кулак укпады,
Баргандардын баарысын
Коёндой жерге ыктады.
Кырк баланы жолдошко
Кыраан балаң жыйыптыр,
Бөрү кырган эмедей,
Талаага койду кырыптыр.
Балаң өңдүү жан болбос,
Жанындагы жолдошу -
Жаланып турган сур жолборс.
Айткан сөздүн бекери,
Кара чаар кабылан
Ал уулуңдун жөкөрү.
Ай талаага кырк бала
Алачыктан салыптыр,
Ортосунда жинди уулуң
Султан болуп калыптыр.
Этке тойгон кырк бала
Жөө кунан чаап бакырат,
Астыга келген балдары
«Манастап!» - ураан чакырат.
Уулуңдун аты Чоң Жинди,
Мунун Манас атын ким билди?
Козуну балаң союптур,
Кырк бала түгөл жыйылып,
Муну Манас атка коюптур.
Бала туубай, Чыйырды,
Бир баатыр тууган экенсиң,
Ичсе канга тойбогон
Капыр тууган экенсиң.
Сенин буурсунуң бурдурбайт,
Минте берсе бул уулуң
Бул Алтайга тургузбайт.
Чатак салат бул уулуң,
Айзанын башы кагышат,
Жашы он экиге келиптир,
Кара калмак журт менен
Ушул бүгүн салышат.
Кечээ кабарыңда бар бекен?
Эсенкандын элчиси,
Билген экен зыйкырчы
«Буруттан Манас чыгат» - деп,
Мурунтан издеп жүргөнү.
Бул Алтайдан туулду,

Айткан Манас өзү экен,
Өзү турмак Манастын
Караган кара көзү экен.
Тутанып кеткен сен, Жакып,
Арамга бөлүп санааңды
«Уулумдун аты Жинди» - деп,
Айтпапсың Манас балаңды.
Өзөн-талың кыйып ал,
Өрттөмөк болду Алтайды
Ал балаңды тыйып ал!
Калмакты көрсө камады,
Манжууну көрсө сабады,
Кой кайтарган мен Ошпур
Балаңдын тентегинен жадады.
Элдин мыш-мыш кеби бар,
Жылкычы башы чоң Канжар,
Аны да Манас шум уулуң
Өлтүрүп салган чени бар.
Бул уулуңду тыйбасаң,
Кара калмак, манжуу журт,
Мунун көптүгүн көрсөң кара курт,
Кеп мисалы ушундай,
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу?
Жети миз киши бирөөнү
Сабаса тарпың коёбу?
Балаңды тыйып, тилимди ал,
Менин айтканым ушул билип ал!»
Айтып оозун жыйганда,
Бай Жакыптын байбиче,
Аты артык Чыйырды
Бөдөнөдөй кара көз
Эми бөлөк-бөлөк жаш кетти.
Асыл катын Чыйырды
Ак эмчегин булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Акырын сүйлөп, муну айтып:
«Малың арбын, бала жок
Зарланып көрдүк Манасты,
Алтайдан чыктык айдалып,
Бото көрбөй зарланып,
Өзөндөгү булагың,
Аты Манас бул балаң
Өлгөндө көргөн чунагың.
Боз ала туйгун болпонуң,
Көргөн Манас жалгызың,
Боз карчыга чолпонуң.
Бала көрбөй кылдың зар,
Сенин Манастан бөлөк кимиң бар?!

Көргөн Манас жалгызың
Боздон тоодак куткарбас,
Боз ала шумкар Манасым,
Тоо башына токтобос
Карала барчын ал эле.
Кармаган ээси сен элең,
Адырдан аккан булагың,
Айкөл Манас чунагың,
Белгилүү ушул, бел да ушул,
Бет алышкан душманга
Бейпай салчу шер ошол,
Капаланба, Жакып бай,
Жалгызың Манас - шериң ал,
Белгилүү ошол, бел ошол,
Бек кудурет жараткан
Мендеден артык шер ошол.
Манас бойго бүткөндө,
Чабылган менен чачылган
Капанын баарын жойгомун,
Балаңа талгак болгондо,
Шерге талгак болгомун.
Төрөгөндө жөнү бар,
Айтсам эчен кеби бар.
Бел байлаган кара кыр,
Белиң Манас эмеспи,
Сенин сан түмөн малың чачуучу,
Шериң Манас эмеспи.
Кайыбынан кабылган,
Балаң Манас жалгызың,
Какшап жүрүп табылган.
Карап турган эки көз
Жашы Манас эмеспи,
Зыркыраган көкүрөк
Дарты Манас эмеспи.
Өлгөндө көргөн Манасың
Эрешен тартып, эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо,
Балтыры барып толгондо,
Балбандык атка конгондо,
Санаасы менен болтурат:
«Балам тентек чыкты» - деп,
Зарланбагын малыңа,
Сандыгыңдын баарысын
Сары алтын мүлккө толтурат.
Туурдугуң май кылат,
Аман жүрсө жалгызың
Сени туш-туш жерге кан кылат.
Үзүлгөнүң уланат,
Уулуң Манас бар болсо

Чачылганың жыйналат.
Адалга бур бейилиңди,
Айлантып кудай жеткирер,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон
Кайрылтып кудай жеткирер
Кайран кыргыз элиңе.
Армандуу иш кайдан оңолду,
Жети бирдей жан бооруң
Бул кытайдын заарынан
Айдалып кетип жоголду.
Бул жетөөнүн кеткени,
Аты угулбайт, өзү жок,
Кайгырбагын, бай Жакып,
Чуркурап журттан бөлүндүк,
Караан кылып отурган,
Жалгызың Манас болбосо,
Ал журтка кайдан көрүндүк.
Аман болсо Манасың
Кең-Кол, Талас жер табат.
«Атамдан калган мураа» - деп,
Аргын, кыргыз эл табат.
Аман болсо Манасың
Күйүттүү кабак ачылат,
Күйүккөн жүрөк басылат.
Упасы жок куу малга:
«Уулум тентек чыкты» - деп,
Убара болуп кейибе,
Жалгызың Манас куттуку,
Кыйналып баккан бул малың
Кыйкырса шамал жуттуку.
Өлгөндө көргөн Манасың
Бул Алтайда туулган,
Аман болсо көрөсүң,
Каканчылуу Бээжинге
Өлбөсө салат чуулган.
Чуулган салар себеби,
Жаңы төрөп турганда
Таманы менен тик түштү,
Арка жагын карасам,
Көк жал жалы төгүлдү,
Этегими өйдө ачканда
Арслан түрү көрүндү.
Чарайнада жатканда
Он эки кемпир көрдү эле:
«Бай Жакыптын байбиче
Балакет тууп салды» - деп,
Он эки кемпир өлдү эле.
Таянып жерге түшөрдө

Каарланып бакырган,
Кабар салып билгенге
«Манастап!» ураан чакырган.
Жышаанасы мынчалык -
Кулак учу тешилүү,
Сүрүнөтү кесилүү.
Ыйлаганда келме айткан,
Ырас түрү мынчалык,
Денеси жерге жетти эле,
Жөө туман түшүп, мөндүр жаап,
Бул Алтайдын өлкөгө
Зилзала жүрүп кетти эле.
Манасты туул алганда
Чылка канга боёлуп,
Чыдай албай шордуу жан
Чыйырды болгон убара.
Чын Кызырдын өзү - деп,
Ушул кезде таң калам.
Жылаңайлак, жылаң баш,
Ак сакалчан дубана
Чекесинен үч сылап,
Дубана туруп муну айтат:
«Кейибегин, сен катын,
Кайгырган капаң жазылды,
Келип колуңа шер тийди,
Эми көөнүң ачылды.
Кан ичип жүрүп катыгат,
Капырга кыргын көп салып,
Канкор Манас атыгат.
Ташты бузуп, жол салат,
Талкан кылып далайды,
Эчен жерге кол салат.
Бет алып менде келе албайт,
Беттешип душман жеңе албайт.
Күмүрөй күчтүү жоо болсо,
Кырк чилтен менен экөөлөйт.
Онжоңдотуп кула атын
Он эки чоро жетелейт.
Кудай берди өзүңө
Кырааным Манас баланы,
Безенишкен жоо чыкса,
Бет алган өлбөй калабы?
Аман Манас чоңоюп,
Токойду кесип, жол салат,
Кулак угуп, көз көргөн
Жер жүзүнө кол салат.
Калыйпа кирип, кат алат,
Он эки бирге кол берип,
Өзү зайыппуруш аталат.

Азыр тууган бул балаң
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси.
Телегейи тең ушул,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең ушул.
Адам азар салбаган
Он сегиз миң ааламда
Укурук кайрар калбаган,
Кабагы бийик, жарык жүз,
Катылганды кылат түз.
Телегейи тең ушул,
Шай колдогон шер ушул.
Аман уулуң чоңоёт,
Ак марал айдап, уй кылат,
Атышкандын баарысын
Айдап жүрүп буй кылат.
Ушул уулуң чоңойсо,
Каркайган кара тоо болот.
Каарланып катылса,
Кантип душман соо болот.
Келишкен Манас шер ушул,
Дубана айткан кеп ушул,
Манаска келет кырк кашка,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Чоркок айтса кырк чоро,
Кырк чоро эмес кырк жоро,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кыркы кылымдан озгон көй кашка,
Ат семирип ык болот,
Бул уулуңдун жолдошу
Капкайдан келип кырк болот.
Он экиге келгенде
Каарлуу белин курчанар
Кара калмак, кытайга
Какайлатып кол салар.
Ордо бузуп, олжо алар,
Орчун жерге кол салар,
Жүрүшүнөн чаң чыгар,
Мунун добушунан жан чыгар».
Ырымкай бала кезинде
Дубана айтып койду эле,
Айтып ийип ал адам,
Көздөн кайып болду эле.
Жараткандын жиберген
Белги кылган иши экен,
Аты Кызыр ал адам
Алейки салам өзү экен,
Манасыңды байкасаң,

Даарып жүргөн кези экен,
Кызырыңдын өзү экен,
Өзү турмак көзү экен.
Манаска жолдош болууга
Жолугуп турган кези экен.
Ал адам кебин укканда,
Кубангандан курган жан
Жүрөгүм кайнап чок болду,
Айтып турган ал адам
Көздөн кайып жок болду.
Кейибе, Жакып, малыңа,
Жыйганың бала чачпайбы,
Ишенбегин малыңа,
Балаңдан арка болбосо,
Караса канбайт кумарың,
Кайгырып көргөн бул балаң
Кара кашка тынарың.
Быйыл уулуң буюрса
Казатка кирер убагы,
Күн эсептеп калганда,
Күн болжолун алганда,
Быйыл кезде Манасың
Он экиге толгон кез,
Ушул быйыл чунагың
Он эки жашар болгон кез.
«Уулум тентек чыкты» - деп,
Кайгырбагын малыңа,
Кайрат бергин балаңа.
Балаңа кайрат бербесең,
Каптал жакта Каңгай бар,
Каңгайда кара калмак бар,
Кайгыланбай кайрат кыл,
Сага түшчү салмак бар,
Сенин кыр жагыңда кытай бар,
Кыйрашчу жооң далай бар.
Маңдайыңда манжуу бар:
«Баягы бурут экен» - деп,
Сени менен басташчу жооң далай бар.
Койчуңдун башчы Ошпурдур
Ошпуруң кара калмакты
«Уулуң тентек чыкты» - деп,
Сенин үйүңө айтты салмакты,
Бул Алтай сага жер эмес,
Бул Ошпур сага эл эмес,
Ошпурдун тилин сен алсаң,
Жакып бай, бөлөкчө кылат
санааңды.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тартсам бөлүнбөйт,

Калмактан койчу Ошпуруң
Кыргыздан тийсе колуна
Кылчаяр арам көрүнбөйт.
Жашыл ала тал жибек
Жан-жанын тытсам бөлүнбөйт,
Жакын көргөн Ошпуруң
Жаңжуң келсе жамандап,
Жан коёр адам көрүнбөйт.
Жылкысын айтат: «Мөрүн» - деп,
Жакын көргөн Ошпуруң
Жан коёр адам көрүнбөйт.
Бала берген Ошпуруң
Казбасын калың оруңду,
Калмак келсе жамандап,
Кайнатпасын шоруңду.
Таппасын кылча кырыңды,
Айтып коюп кытайга
Кетирбесин суруңду.
Бул Ошпурга ишенсең
Бөлүнтөт сенин санааңды.
Кармап берет кытайга
Манас аттуу балаңды.
Атаганат дүнүйө,
Алтайды айттың жерим - деп,
Сен калмакты жүрдүң элим - деп,
Бул Алтай бизге жер эмес,
Бул калмак бизге эл эмес,
Уу чылайт идиш күбүңө,
Бул балаңа шылтоолоп,
Бул калмак жетет түбүңө!
Сан дүйнө малды чачыңыз,
Арка кылып Манасты,
Бул Алтайдан качыңыз.
Бул Алтайдан качпасаң
Коруп алат мал оттогон талааңды,
Кармап кетет өлгөндө көргөн балаңды.
Кармаса соёт Акбалтай баштап бириңди,
Манжуу кагат капкайда кеткен жиниңди.
Малың арбын, балаң шок
Он экиге келиптир
Сен Манасты тыяр чамаң жок!
Кара болот зулпукор
Кынынан сууруп кырдашар,
Калмак эмес Манасың,
Кытай каны Эсенкан,
Ошону менен чырдашар.
Буурсунуң бурдурбас,
Бузук тил кара калмагың
Бул Алтайга тургузбас.

Азапка салар чамаңды,
Кармап кетет кокустан
Береки Манас балаңды,
Кан эшиги - кыямат,
Катуу буйрук кылганда:
«Балаңды бер» - деп турганда,
Басып кирер жол барбы?
Кара курттай капырга
Кан Жакыбым, кебимди ук,
Чалыша турган чамаң жок,
Бел байлаган белиң жок,
Бекип жаткан элиң жок,
Бет алышып урушуп,
Бекем өчүн алуучу
Белгилүү кыргыз элиң жок.
Качып кирер токой жок
Караа кылып отурган
Кан атаң Огой дагы жок.
Бел байлап турган белиң жок,
Бет алып согуш бир кылып,
Бул кытайга чыр кылып,
Ажыратып алуучу,
Белгилүү кыргыз элиң жок.
Кара калмак, көп манжуу
Кечээ, тегеректеп алганда,
Кыргынды кызык салганда,
Качып, үркүп кайгырдык,
Караа кылып отурган
Туугандардан айрылдык.
Алтын казып, дан айдап,
Алтайга келип турабыз,
Уулуң тентек чыгыптыр,
Эми эмне айла кылабыз?
Айтканым ошол билип ал,
Ай, бай Жакып, тилимди ал,
Бул капырдан кетүүгө,
Бир мураска жетүүгө,
Көп дүйнөнү чачууга,
Көп кыргыз көздөй качууга,
Калмакка моюн бурбаска,
Бул Алтайга турбаска,
Ат семирип, ык болсо,
Эр семирип, бук болсо,
Кочкоруң биттеп ирик кылгын,
Коюңдун баарын түрк кылгын,
Айгырың биттеп ат кылгын,
Жылкыңды шайдоот бат кылгын.
Эркегин битте малыңдын,
Эртелеп жыйгын алыңдын,

Өлчөлө качар чамаңдын,
Тилегин тиле өткөрө Манас балаңдын».
Чыйырды айтып мындай сөз,
Оозун жыйып алгыча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Ошпур келди күүлөнүп,
Бай Жакыпка сүйлөнүп:
«Малыңа бачым барыңыз,
Балакет Манас балаңды
Өз колуңа алыңыз,
Атанга жүгүң артыңыз,
Азабын өзүң тартыңыз.
Берген Манас балаңыз
Айткан тилди түк албайт,
Айдаган жолго түк баспайт,
Кеп укпаган бала экен,
Аман жүрсө ал бала
Кейишке салар жан экен,
Ордо бузуп, олжо алып,
Же ал уулуң сени бай кылат,
Омуроо кагып, чыр салып,
Же ал уулуң сени жай кылат.
Кара калмак, манжуу журт
Бул Алтайга кондурбайт,
Кебимди уккун, бай Жакып,
Бул уулуң сени оңдурбайт,
Элден ушак кеп уктум:
«Эчен койчу, жылкычы
Талаага кырды» - деп уктум.
Муну укканда бай Жакып
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Мал кунду экен бай Жакып
Мал үчүн көөнү бөлүнүп,
Тентек уулу Манасы
Теги көзгө жаман көрүнүп,
Каарланып бай Жакып
Басып атка минди эми,
Ошпур экөө биригип,
Койду көздөй жүрдү эми.
Сары адырмак урчукка,
Салаңдаган тумшукка
Салып чыгып караса,
Чоң Алтайдын оюнда,
Кең өзөндүн боюнда,
Адыр-күдүр баткалда
Бай Жакып кою жатканда,
Оргуп түтүн бөлүнөт,

Жыйнаганы кырк бала
Ээсиз калган каран кой
Тең жарымын эр Манас
Талаага сойгон көрүнөт.
Оолукмасы бек кармап,
Адам билгис ой кылган,
Койду союп талаага
Ала-Тоодой той кылган.
Түнөп турган жерине
Түптүү мазар орногон,
Он экиде кылыгы
Мындай адам болбогон.
Талаага салган алачык,
Ал алачык жанына
Кай адам барган жанашып,
Бир жак бурчу алачык -
Манас баштап кырк бала
Кенен ордо аткандай,
Бир жак бурчун карасаң
Сексен киши жөн эле
Кең-кесири жаткандай.
Койду кырган жерине
Короолоп мазар орноптур,
Муну Мустайыптар колдоптур,
Үч айланган жерине
Үйдөй мазар орноптур,
Ошол кезде Манасты
Үстүртөн кудай оңдоптур.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Ошол күнү Манаска
Кыйындап жолдош болуптур.
Жаратып мындай жан болбос,
Бир мүчөлүн карасаң
Комдонуп жаткан көк жолборс.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арслан
Оң жагында камынып,
Асмандан алп кара куш - Зымырык
Азыр эңип кетчүүдөй
Арбайтып бутун салыптыр.
Колдогону бир тогуз,
Коржоктотуп Манасты
Колдоп жаткан кези экен,
Телегейи тең экен,
Өзү Шай колдогон шер экен.
Алты шердин кенжеси,
Өзү кудайдын сүйгөн мендеси,
Кырк бала жыйып Манасың

Оюнду опсуз коюптур,
Жакып кандын көп коюнун
Тең жарымын союптур,
Жетпеген мискин, календер
Ал Манастан тоюптур,
Ошол тойгондордун баарысы
Манасты төрө - деп атка коюптур.
Кыялды кызык баштаган,
Ошпур баккан көп койдун
Теңин союп таштаган.
Мал күндү экен бай Жакып,
Баарыдан билбес чын жаман,
Бадырек экен ал жаман
Капаланып кайгырып:
«Керденге бүткөн Манасым,
Кетирипсиң алымды,
Талаага не деп сойгонсуң
Жоо ээлеген малымды?»
Анда Манас муну айтат,
Киши билбес шумду айтат:
«Кокуй, ата, не дейсиң?
Ээсиз малды көп кылып,
Күтүп жүрүп нетесиз,
Не мураска жетесиз?»
Манас айтып чунайып,
Бай Жакып турду кубанып.

## 4 Калмактын Кочку балбаны жети жүз кол менен жер коруп келип, Манаска катылып, Манас аларды такыр кыргады

Айтып оозун жыйганча,
Бай Жакып ачуу тыйганча,
Кудай бетин көргөзбө,
Боз ала желек кызыл туу,
Бой-бойлогон ызы-чуу,
Ай касаба кара туу,
Айкайлаган ызы-чуу,
Манжуунун ары бетинде,
Каңгайдын бери бетинде,
Эсенкандын элчиси
Кара калмак, манжуунун
Жер кайтарган жерчиси
Ушакчыдан кеп угуп:
«Бурут Жакып кыргыздын
Бурулбаган көп малы
Жерди жеди», - деп угуп,

Жети асаба туу алып,
Жети жүздөй кол алып,
Жети жүздүн баштыгы -
Жеткилеңи чоң Кочку,
Кочку келип калганы.
Калмактын Кочку балбаны
Калайманды салганы.
Кырк үйлүү кыргыз Жакыптын
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Камынган экен ал чочко
Түгөл кырып кетүүгө,
Буласын булап алууга,
Бузукту мыктап салууга,
Кутүнгөн экен ал чочко
Жакыптын малын алууга,
Эсенкандын казына
Алпарып аны салууга.
Кочку келди короктоп,
Балбандары сороктоп,
Кызыл жээрде ат минип,
Каарланып аттанып,
Эсенкандан кат алып,
Кайран Кочку канетсин
Кароолчудан ыктуудан,
Айза сайчу мыктуудан,
Жети жүздөй кол алып,
Келген экен ал Кочку
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Баданасын барбайтып,
Асманга учуп топурак,
Аскер жүрүп, топурап,
Асынганы аскердин
Алеңгир жаа, сыр жебе
Бай Жакыптын башына
Жетип салды аңгеме.
Өкүрүгү таш жарып,
Кочку келди күүлөнүп,
Кыйкырыгы баш жарып:
«Кызыталак, куу мурут,
Жүргөнүң бузук, чуу бурут,
Баашалыктай мал күтүп,
Кутурупсуң, калыпсың,
Алтайга айдалып келип бай болуп.
Дегениме көн, бурут,
Балаң тентек Манасты
Азыр бизге бер, бурут,
А дегенде көнбөсөң,
Ал Манасты бербесең,
Опсуз өкүм бепбелен,

Түбүңө чогуу жетемин.
Кызыталак сен, бурут,
Дегениме көн, бурут,
Манасты бизге бер, бурут,
Дегениме көнбөсөң,
Манасты азыр бербесең,
Кырк үйлүү кыргыз эл элең,
Кырка тием бээңди,
Чыгарамын капкайдагы кээңди,
Жакында ачуум кармаса
Чыгара муштайм мээңди!
Сурап сенден Манасты
Алганы келдим, бурутум,
Сурагыма көнбөсөң,
Айтканымды бербесең
Калайманды саламын,
Карап тургун, бурутум,
Калкыңды талап аламын,
Төрүңө кудук казамын,
Төрт түлүгүң чачамын,
Сенин умачтай көзүң ачамын.
Жарлык келди минтемин,
Кызыталак, куу бурут,
Бир бокчоңду тинтемин,
Жарлык кылды Эсенкан.
Бээжинден улук мунум бар,
Калдайым бар, каным бар,
Бул сөзүмө көнгүлө,
Бузукташпай чырдашпай,
Манасты маа бергиле,
Кызыталак, куу бурут,
Кыргыздан минтип айдалдың,
Кыйырыңды таппай сандалдың.
Баашалыктай мал күтүп,
Береки Алтай бөксөсүн
Жандап жүргөн экенсиң:
«Баламдын аты Жинди», - деп,
Бадышабыз Эсенкан
Алдап жүргөн экенсиң,
Мытаамдыгың башынан
Ашыра жүргөн экенсиң,
Дүмпеки Манас уулуңду
Жашыра жүргөн экенсиң,
Элиңе келип бай болуп,
Көңүлүң күндө жай болуп,
Этейин деген экенсиң,
Эң алыста калган кыргызга,
Эптеп жүрүп бир күнү
Кетейин деген экенсиң,

Алтындан тапкан сан кара
Чачайын деген экенсиң,
Ашкере бурут журтуңа
Кызыталак, куу бурут,
Качайын деген экенсиң.
Уулуң Манас канкордун
Канкордугу билинген,
Эр Эсенкан улуктун
Даңзасына чийилген.
«Баламын аты - Жинди», - деп,
Кызыталак бай Жакып,
Кылганыңды кантейин!
Эсенкандын кеби бар
Кырк үйлүү кыргыз бай Жакып,
Сени кыйратсын деген чени бар,
Деген сөзгө көнүңүз,
Тентек уулуң Манасты
Эсенкан канга бериңиз.
Ал айтканга көнбөсөң,
Уулуңузду бербесең,
Бузук салып чыр баштайм,
Жаккан отуң өчүрөм,
Эсенкандын алдына
Жан-жабылта көчүрөм.
Акбалтай, Жакып байыңды
Азыр табам жайыңды,
Чыгарамын этиңден
Сөөгүңдөн чыкчу майыңды.
Кан буйругу - кыямат,
Ал балаңды бербесең
Айылыңа салам кыянат».
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчөп келип турду эми.
Кайраты бийик, заары күч,
Каарланган ал капыр
Катылса кылат кырып түз.
Буйрук алган канынан,
Бу балбанды көргөндө
Калайык жандан түңүлдү.
Кочку турду күрсүлдөп,
Каарынан капырдын
Жер айрылды түрсүлдөп,
Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче,
Барабан үнү бапылдап,
Чыңыроон үнү такылдап,
Мылтык атып, жаа тартып,
Чаң обого бурулуп,
Балбаны тыйпыл чогулуп,

Күрмө кийген күчтүүсү,
Каары толук капыры,
Жети жүз экен балбаны,
Добулбас бекем кагылып,
Элчиге келген Тагылык,
Эр Кочкусу баш болуп,
Жылкы тийди жабылып.
Адырда жылкы ала баш,
Ал жылкынын ичинде
Аргымак, буудан аралаш.
Кочку менен Тагылык,
Жети жүз балбан баш болуп,
Жылкыга кирди жабылып,
Желе кыркып, чуу кылып,
Кырк үйлүүгө сын кылып,
Буйрук алган канынан,
Бай Жакыпка чыр кылып,
Калмактан көрүп кордукту,
Катын-бала күйүнүп,
Кайран Балтай, бай Жакып:
«Туткунга туура калдык» - деп,
Кайран жандан түңүлүп:
«Кочкудан кордук көрдүк - деп,
Каяшаяк биз берсек,
Бирөөбүз калбай өлдүк - деп,
Малды алса кытай алсын - деп,
Казынага салсын - деп,
Кадыр Алда кудурет,
Кайран жан аман калсын!» - деп,
Бузукту Кочку баштады,
Кырк үйлүү кыргыз, кайран журт
Жандан кечип таштады.
Эсенкандын алдынан,
Атайы каалап кыргызга
Барганы келген кези экен,
Балакетти Жакыпка
Салганы келген кези экен,
Сан карасын бир тийип,
Алганы келген кези экен.
Кереге, уугун кыйратып,
Келин, кызын ыйлатып,
Керүүдөгү жылкынын
Баарын тийди чуулатып,
Ал аңгыча болгон жок,
Он экиде эр Манас
Минген аты Торучаар
Жоо-жарагын шайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай

Каары бетине айланып,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай:
«Күрдөлүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бул калмак
Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн.
Маанилүү башым барында
Малымды кантип берейин,
Кутурган экен Эсенкан
Муну менен кулжуңдашып көрөйүн.
Балбанын байлап алайын,
Эр Эсенкан канына
Балакетти салайын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын.
Билген чырым кылайын
Эсенкандын балбанын
Так бирин койбой кырайын.
Күчөгөн экен бул капыр
Катылып кирген капырды,
Өзү тийген баатырды
Бээжинге чейин кубайын.
Алтайдагы капырды
Каңгайга айдап тыгайын,
Каңгайда кара манжуусун
Бээжинге айдап тыгайын.
Бул кызыкты кылбасам,
Так ушинтип кырбасам,
Туубай туна чөгөйүн
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Кызыккан экен бул кытай
Кыргындашып көрөйүн,
Өзү тийген капырды,
Кадимки Кочку баатырды
Жылкымды тийип алгыдай,
Бузукту мурда салгыдай,
Абийири жок капырдын
Алтынын талап алдымбы?
Артык доого калдымбы?
Эр Эсенкан кан менен
Чийишейин сызыкты,
Оюна койсом бул кытай
Айдай качат малымды,
Тутанып өлгөн бул чочко
Койбойт экен жанымды,
Оюна койсом бул кытай

Баштайт экен кызыкты,
Салат экен кыргызга
Киши көрбөс бузукту.
Кара курттай быжырап,
Өнгөн кытай экен го,
Союп, талап, зордуктап,
Көнгөн кытай экен го,
Кайран башым барында
Калкымды кантип берейин,
Кадыр Алда колдосо,
Кайнап жаткан кытайга
Кармалашып көрөйүн.
Айза кармап топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп:
«Тобокел» - деп, бел байлап,
Туу кармашып турушуп,
Тууган үчүн ит менен
Турбай кирип урушуп,
Кыргынды кызык салам - деп,
Кытай алган жылкымды
Ажыратып алам», - деп,
Ак күбөнү жамынып
Көрчү болсоң Манасты
Ак жолборстой чамынып.
Ак күбөнү кийиптир
Торучаарды миниптир,
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Кан ичмеси кармаптыр,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш -
Кашкайып чыгып алыптыр,
Ачуусу келип бөлүнүп,
Ар мүчөсүн карасаң,
Арслан сындуу көрүнүп.
Каарланып каркыбар
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети
Караса көзгө көрүнүп,
Миң кишидей көрүнүп,
Адам, Шай колдогон кабылан,
Алты шердин кенжеси
Алданын сүйгөн мендеси -
Телегейи тең ошол,
Шай колдогон шер ошол.
Ичин карап отурсаң,
Жер жүзүнөн кең ошол
Беттешкен тирүү калбаган,
Бет алып адам барбаган,
Белгилүү шердин бири ошол,

Берен Манас шер ошол.
Колдогону бир тогуз,
Ошол күнү Манасты
Колдоп алган кези экен.
Кара чаар кабылан
Жоону көздөй бет алса
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арслан
Жолдош болуп баатырга,
Арт жагында чамынган.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Жолдош болуп баатырга
Сүрөөн салып жабылып,
Сүрөөн салып Манаска
Менде азар салгысыз,
Беттешип кирип кабылган
Өлбөй аман калгысыз,
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең экен.
Таалайын артык жараткан
Канкор Манас шер экен,
Калык кармап, журт билген
Зардал сыны бар экен,
Калк айдап, журт билген
Балбандык сыны бар экен.
Жер жүзүнө калайман
Салчу сыны көрүнөт,
Жеке кирип талкалап,
Жети капка Бээжинди
Алчу сыны көрүнөт.
Каарланып аттанат,
Арсландын өзүнө
Ажалдуу киши капталат.
Түрүн көрсөң баатырдын
Темирден салган коргондой,
Кочку турмак, катылса
Эсенкан аман болбостой.
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Жакып байдын жаш Манас
Жеткилең белин курчанып,
Торучаар санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Каарланып бакырып,
Арт жагынан кырк бала

«Манастап» ураан чакырып,
Жолсуз жерге жол салып,
Кыраан Манас кабылан
Кочку баштап ошондо
Жети жүзгө кол салып,
Орто жерин зор Манас,
Он экиде кези экен,
Оюп келип берди эле.
Кыл ортосун кырк бала
Камап келип берди эле.
Орто жерин ойронуң
Оюп чыгып баратат,
Астындагы Торучаар
Айкай укса бөлүнүп,
Чуу чыкканда жаныбар
Тулпарлык сыны көрүнүп,
Айкай укса шашпаган,
Айдын караңгысында
Бир изин ката баспаган,
Чуу укканда бөлүнүп,
Астындагы Торучаар
Тулпарлык сыны көрүнөт.
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Тайгылган жок бийиктен,
Такыр жери кем эмес,
Ташка баскан кийиктен.
Кагышка минсе камсыкпай,
Чабышка минсе чарчабай,
Оорукка минсе оорунбай,
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин тулпары,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Манас кандын Торучаар
Ээленип, жулкунуп
Кагышка кирип барганда
Эри өлгөндөй булкунуп,
Баскан ташы быркырап,
Жолум үйдөй чоң даңкан
Жолборс Манас көк жалдын
Төбөсүндө чыркырап,
Койдой эти бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып,
Ээлендирип, жулкунтуп,
Эр Манас кирди кагышка

Торучаар менен жулкунтуп.
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өйдө аштады,
Койгулашкан душмандан
Коркуп колтук ачпады,
Койгулашкан адамды
Коёндой жерге таптады.
Айзасын канга чыктады,
Атышка келген балбанды
Коёндой жерге ыктады:
Жылкы тийип калганда,
А деп айгай салганда
Жети жүз эле балбаны,
Айгайлап колду салганда
Эчтемеси калбады.
Ойкуп Манас кол салса,
Он эки балбан сулады.
Баданачан балбаны
Өлүп жатат сырайып,
Күймө кийген балбаны
Өлүп жатат тырайып,
Белгилүү өлүп, жан өлүп,
Жети жүз экен балбаны
Кездешкендин баары өлүп,
Бузуктун баары тыйылып,
Жылкынын баары жыйылып,
Ойрон Манас кабылан
Ойкуп-ойкуп кеткенде
Он эки балбан сырайып.
Ойрон колду салганда,
Бет алгандын баарысы
Аттан түшөт сырайып,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Калайманды баштады,
Жети жүз экен балбаны
Жетик Манас канкоруң
Жетип кырып таштады.
Балбан эри Кочкусу
Бир дүмөктү салууга,
Жаш Манасты саюуга,
Аңгемени салууга,
Ою кетти кызыталак
Эсенкандын алдына
Манасты байлап баруугa.
Чылгый ичи өрт жанып,
Чын найзаны колго алып,
Чын жээрдени бир салып,
Каарланып бакырып,

«Мөндүлөп» ураан чакырып,
Көк күбө тону көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Каарланса капырың
Ала-Тоодой көрүнүп.
Ошол келген Кочкунун
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Мурутуна караса
Өтөккө чыккан чалкандай,
Канжасынын кирин көр,
Балдар көөлөп жеген талкандай,
Аркасында айдары
Айгыр аттын жалындай,
Балбан Кочку эр экен,
Эсенкандын алдынан:
«Манасты байлап келем», - деп,
Кезенип чыккан кези экен.
А дагы алышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Ардакталуу чоң балбан
Көзү көрдүн оозундай,
Көрүнгөндү соргудай,
Мурунунун таноосу
Бурулуш жылга буткулдай,
Кезиккенди ал Кочку
Жөн эле аты менен жуткандай.
Бул Кочкунун жайын сураба
Миң балбандык түрү бар,
Муну эңкейтип менде алабы?
Буга кез болгон тирүү калабы?
Мунун атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу,
Ачууланып Манаска
Каарланып барбайып,
Чоңдугу тоодой дардайып:
«Он экиге келипсиң,
Сексен Манас болсоң да
Бүгүн менден өлүпсүң.
Түбүңө чогуу жетемин,
Бай Жакып атаң баш кылып,
Баарыңды байлап кетемин,
Түп көтөрө куу бурут,
Түбүңө чогуу жетемин.
Ойноп койсо, сен бурут,
Каарлуу дүмөк баштадың,

Жети жүз эле балбаным
Такыр кырып таштадың.
Каарым келди, какайдым,
Казыр жетем түбүңө,
Алтайдан тием көчүңдү,
Кызыталак, куу бурут,
Азыр алам өчүмдү,
Кырк беш жаның болсо да
Кызыталагым, койбоймун».
Каарланып, күпүлдөп,
Кайраттанып капырга
Жер айрылып дүпүлдөп,
Жекеге чыкты эр Кочку,
Төбө чачы сексейип,
Кайраттанып чамынып,
Кол салууга Манаска
Кочку турду камынып,
Ошол кезде Манас кан
Таалайы артык жаралган,
Торучаар санга бир салып:
«Тобокел» - деп, кыраанын
Сыр найзаны колго алып,
Бели артында бекчейип,
Кабыргасы бириндеп,
Караса көңүл бөлүнүп,
Каарланган канкордун
Кан ичер чагы көрүнүп,
Жетик Манас көк жалың
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден Кочкуну
Көмө коюп өттү эле,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Тоо ураган эмедей
Аттан кулап түштү эми.
Акбалтай менен бай Жакып
Арага түшүп калганы,
Атасы Жакып муну айтат:
«Жалгыз уулум, Манас кан,
Каарды катуу баштадың,
Каран түн, мүшкүл чыр салып,
Калмактын Кочку балбанын
Такыр союп таштадың.
Калың каздың оруңду,
Кайнатмак болдуң шоруңду,
Көргөзмөк болдуң, кулунум,
Киши көргүс сонунду.
Алтайга келдим айдалып,
Айламды таппай сандалып,
Айла кетип каңгырып,

Азып келдик тыяктан.
Көп кыргыз журттан айрылып,
Түшүп кетип тереңге,
Атадан сегиз уул элек
Бирөөбүз кеттик Эйренге.
Алтай да бизге жер эле,
Манжуу, калмак аралаш
Ушул журт бизге эл эле,
Ордолуу журтка катылып,
Чечтирмек болдуң тонумду,
Салмак болдуң башыма
Тентек чыгып, кулунум,
Киши кылбас сонунду,
Муну укканда, кулунум,
Кара калмак, манжуу журт
Казат экен орумду.
«Уулуң тентек чыкты», - деп
Кайнатат экен шорумду,
Талатмак болдуң үбүмдү,
Тентек чыгып, чунайгыр,
Түгөтмөк болдуң түгүмдү.
Эми кытай алат коюмду,
Түгөтөт экен бу кытай
Капкайдагы оюмду».
Кейип Жакып турганда,
Акбалтай кирди күүлөнүп,
Бай Жакыпка сүйлөнүп:
«Кейибе, Жакып, жөнү жок
Кейиген адам оңобу,
Ушул сенин кейишиң жакшы болобу!
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Алданын башка чийгенин
Чиркин, бул баш көрбөйбү!
Эселек Жакып, не дейсиң,
Эркек балаң шок болсун,
Шок болбосо ал бала
Туулгуча жок болсун,
Эркек балаң эр болсун,
Эр болбосо ал бала
Туулбай кара жер болсун,
Талаага салган ордо бар,
Кочкудан колго түшүргөн,
Жети жүз тулпар олжо бар,
Олжого бүгүн туналык,
Так жети жүз тулпарды
Бөлүп олжо кылалык».
Акбалтай айтып ар кыл сөз,
Айтып оозун жыйганча,
Кабылан Манас чамынып,

Калайманды салганы,
Астыңкы Кочку балбандын
Башын кесип алганы.
Жети жүз экен тулпары
Олжо кылып келгени,
Ата уулуна кылдай тең
Олждодон түшкөн тулпарды
Такыр бөлүп бергени.
Эбин тапкан кээ бирөө
Олжого тулпар мал алып,
Эң жаманы кыргыздын
Кызыл алтын, зер алып:
«Кымбат тууган Манасты
Аман-эсен койсун, - деп,
Кейибе, Жакып, бул ишке,
Көк жал Манас шер ушул,
Аман болсо карап тур,
Күптүңдү чечер шер ушул,
Күрдөлүү чечен эр ушул.
Үзүлгөнүң улоочу
Чачылганың жыйноочу,
Өчкөн отуң тамызат,
Аман болсо бул бала
Өлгөн жаның тиргизет.
Кайнаган манжуу, капырдан
Сурагын сурап, кан болот,
Аман болсо көрөрсүң
Муну менен сумсайган киши
жай болот.
Кырк үйлүү кыргыз бул журтту
«Күн көрсүн» деген бул экен,
Күйүккөн жүрөк басуучу,
Умачтай көздү ачуучу,
Астыга салса акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Койчу, бай Жакыбым,
Ачылган артың жабылды,
Манасты берди жараткан,
Абийир эми табылды.
Берекеси белестей
Бел эмеспи бул балаң,
Белге таңуу чын көк жал
Шер эмеспи бул балаң.
Аман болсо Манасың
Күрдөөндү тапчу шер болот,
Аман болсо Манасың
Күлкүңдү тапчу шер болот.
Туурдугуң май кылат,
Туураланба, бай Жакып,

Туура кудай берди го,
Сени туш-туш жерге кан кылат.
Керегеңди май кылат,
Кейибегин, бай Жакып,
Сени кез болгон жерге кан кылат.
Сенин санааңды жетик болтурат,
Сайышкан жерден олжо алып,
Сандыгыңдын баарысын
Сары алтын мүлккө толтурат.
Көңүлүң менен болтурат,
Көмүркөйүң баарысын
Көк күмүш мүлккө толтурат.
Аман болсо бул Манас
Добул келсе жел тийгис,
Булуң токой, чер болот,
Доочу келсе мал бергис,
Кара көк жал эр болот.
Кырк үйлүү кыргыз эл элек,
Калыктан зарлап бөлүнгөн,
Караан кылып отурам,
Ошол кыргыздай Манас көрүнөт.
Кайгырасың жөнү жок:
«Балам тентек чыкты», - деп,
Кайгы төлөө болобу?
Кайгыланба, бай Жакып,
Өлүмдөн корккон оңобу?
Манастын тапкан олжосун
Кырк түтүн бөлүп алалык,
Эртең ажал келгенче,
Семирип-сергип алалык!
Жараткандын чийгенин
Төбөгө келсе көрөлүк,
Жалгыз Манас уул үчүн
Калың какан, кытайга
Курмандык болуп өлөлүк,
Кулжуңдаба, бай Жакып,
Бүткүл малды чачалык,
Медер кылып Манасты
Кыргызды көздөй качалык!
Бул Алтайга турганда
Не мураска жетебиз,
Медер кылып Манасты
Жүр, кыргызга кетелик!
Кырк үйлүү кыргыз журт элек,
Тирик эмес, өлүү элек,
Өлгөн жандын бири элек,
Кайнап жаткан капырдын
Ортосунда турабыз,
Кай жерде биз тирүү элек?»

Акбалтай айтып кыйла сөз,
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,
Медер кылып Манасты
Кочкорун биттеп, ирик кылып,
Коюнун баарын түрк кылып,
Букасын биттеп, уй кылып,
Айгырын биттеп, ат кылып,
Буурасын биттеп, бой кылып,
Кайран кыргыз ошентип,
Кача турган ой кылып,
Кудуретке жалынып,
Кымбат журтту табууга
Кайран кыргыз камынып.
Жети жүз балбан, эр Кочку
Баары катар өлгөндө,
Көп дүйнөсүн чачканда,
Кытайлардан Тагылык
Кечээ, Эсенкан көздөй качканда
Көктөн жылдыз тутулуп,
Көрбөй Манас калганы.
Тагылык качып кутулуп,
Ашып-шашып жол жүрүп,
Арада эчен мол жүрүп,
Алтын түркүк чатырга,
Эр Эсенкан баатырга,
Капкасы темир ордого,
Эр Эсенкан баатырдын
Бадышалык коргонго
Тегереги чынар бак,
Бул чынардын ортосу
Эсенкандын алтын так,
Көрсө кумар канылуу,
Түрлүү-түрлүү килемден
Алтымышы салынуу,
Ал килемдин кызыгы -
Кырк жыл суура чыласа
Кыярып чети оңгусуз,
Сексен жыл суура таштаса
Серпилик чирип болгусуз.
Сейил курган багында,
Отуруптур Эсенкан
Бадышалык тагында.
Эсенкандын жанында
Шуру отогот, маржан таш,
Луң-туңдун каны аралаш,
Карапчысын калдайткан
Кан сонуну ошо жерде.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүү балбан дагы бар,

Адам башын чабуучу
Кылыччаны кошо бар,
Балтачаны балбаны
Каркыбар кандын жанында
Даяр болуп калганы.
Кериги бар, били бар,
Кез келгенди соо койбой
Союп иймей жини бар,
Балтаны алган баатыр бар,
Каны буйрук кылганда
Жөн эле калайман салчу капыр бар.
Балбаны бар, алпы бар,
Бардыгерди жыйнаган
Бадыша экен Эсенкан
Бар келүүчү байдадан
Жыйнаган экен каркыбар.
Эсенкандын алдында,
Кире турган эшикте
Кырк аркан бойлуу ору бар,
Кырк желдети дагы бар,
Анда алтымыш дөөсү байлалуу,
Каны буйрук кылганда
Адамдын чыгат далдалы.
Ажайыпка алдырган,
Капкасынын оозунда
Кылыч тумшук били бар,
Доор кыямат болгуча
Алдырбоочу түрү бар.
«Айт!» - дегенде жабылган
Желдеттери жетимиш,
Адамдын мурду-кулагын
Тумар кылып тагынган.
Кытайлардан Тагылык
Кыйкырып, качып барганы,
Таазим кылып жүгүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Кайран Манас канкордун
Кабарын айта салганы:
«Астыңа келген арызчыбыз,
Ай, таксыр, сенин астыңа
Арыз айтуучу датчыбыз,
Баашалыктай мал союп,
Уулуна «Жинди» ат коюп,
Өзү бурут бул Жакып,
Өткөрө канкор баласын
Каткан экен бул бурут.
Кочку баштап, жети жүз
Кан буйругун айтканда,
Буудандын оозун бурганда,

Эсенкандын кабары
Чын ушундай болду», - деп,
Кабар айтып турганда
Калайманды баштады,
Эр Кочкуну баш кылып,
Жети жүздөй балбанды
Такыр кырып таштады.
Айдардын баарын жүн кылды,
Адамдын баарын жок кылды.
Кочкуларды коройтуп,
Балбандардын баарысын
Кырып салды соройтуп,
Кыйыны Кочку кан өлдү,
Каарды катуу баштады,
Каран күн бурут көрүнөт,
Балбанды кырып таштады.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Жалаяк ооз, жар кабак
Жан коёр адам көрүнбөйт.
Эңчегей бойлуу, кең далы
Эрге ылайык шер экен,
Камынып кармап албасаң,
Зынданыңа салбасаң,
Өлтүрүп башын албасаң,
Тындым кылып салбасаң,
Талкалап кырат алпыңды,
Аман болсо көрөрсүң,
Таксыр, Сенин талкандай чалат калкыңды.
Улук экен, шер экен,
Уйпаланган буруттун
Уулу Манас эр экен.
Он экиге келиптир,
Жашы он сегизге келгенде
Буурсунду бурдурбайт,
Аман болсо көрөрсүң
Чынмачынды, Бээжинди
Кайнап жаткан элиңди
Бул Бээжинге тургузбайт,
Талкан кылат бутуңду,
Каным, Сенин тазалап кырат журтуңду.
Манастын түрүн карасаң
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган,
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп бийик аштаган,
Өзү коркуп колтук ачпаган,
Койгулашкан адамды

Коёндой жерге таптаган,
Билеги жоон, таш жүрөк
Өзү бил мүчөлүү бадирек.
Себилдүүсү сексен төрт,
Анын серп алган жагы кызыл өрт,
Алдап жүрүп ал бурут
Алтайга келип туулган,
Капкара көк жал жалы бар,
Каканчыдан Бээжинге
Калайман салар алы бар,
Мунун жүргөнүнөн жан чыгат,
Мунун добушунан жан чыгат.
Башкы жагың Бакбурчун,
Маңдай жагың Каканчын,
Улукту Дыңшаң кентиңди
Кесип келдик мынчаны,
Бекер туулган жан эмес,
Бекер турчу бала эмес,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Кармашкандын баарысын
Каарланып жегидей.
Супатын көрдүм сур жолборс,
Бул бурут өңдүү жан болбос,
Айкырып айза сунганда
Арслан сыны көрүнөт,
Адамдан мындай көрбөдүм,
Таксыр, сенин алдыңа
Араң качып келгеним.
Көрдүм мындай балбанды,
Көзүм көрдү, таксырым,
Барганга кыргын салганын.
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын тийип алганда,
Торучаардай ат минип,
Казып көрдү ойгону,
Баргандардын баарысын
Бирөөн койбой сойгону.
Атын олжо кылыптыр,
Олжого бурут тунуптур.
Бөлөгүн айтып нетейин,
Каным, какшап отуруп,
Кай мураска жетейин.
Туула электе өрттөнгүр
Даңзаңызга чийилген,
Канкор бурут өзү экен,
Он экиге илинип,
Чыгып калган кези экен».

## 5 Эсенкан Жолой менен Дөңгөнү баш кылып, Манасты кармап келүүгө он миң кол аткарганы

Кытайдан балбан Тагылык,
Тагылык мындай деген соң,
Кара сакал Бороончу,
Кытайдан сүйлөп Тагылык,
Манастын дайнын укканда,
Айласы кетти таптакыр,
Кайнап аткан көп улук.
Манкушта алп, Дөөдүр алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Караса канча жандар бар,
Эсенкандын алдында
Эл бийлеген кандар бар.
Айзакерден ыктуулар,
Жоонун айласын билген мыктуулар,
Манастын атын укканда
Баары катар зирилдеп,
Бадышасы экен Эсенкан
Эми турду күрүлдөп,
Ай-жаңжуң менен Күн-жаңжуң
Акылдаш экен бул экөө
Кан Эсенкан канетсин,
Каарланып чамынып,
Калайманды баштады.
Айкырса элден жан чыкты,
Көк арсландай күүлөнүп,
Улук экен Эсенкан
Учмактуу элге сүйлөнүп,
Каарды катуу баштады,
Кыйкырыгы таш жарып,
Ошол турган балбанды
Кырып ийе таштады:
«Улугуң бар, каның бар,
Ушунча журт баарың бар,
Болбос уулду: «Манас» - деп,
Азапты неге баштадың?
Атайы сынчы жиберсем,
Кызыталак бурутка
Манасты неге таштадың?
Көзү ачыктуу сынчың бар,
Ажайыптан окуган
Билгичиң бар, карың бар,
Алты айчылык азапка
Азыр тиктеп берүүчү
Билимдүүнүн баары бар,
Ордо күткөн кандарың,

Алты айчылык азапты
Азыр билчү жандарың,
Ажайыптан окуган
Күрмө кийген күчтүүдөн,
Күрсүлдөгөн жандарым,
Канкорду таап кел десе,
Кара күчкө таптым - деп,
Каканчынын канына
Калп айтканың кантейин!»
Зыйкырчысын чакырып,
Мунарга жарык жагылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кабар салып Тагылык,
Кан Эсендин алдына
Кайнап кетти көп улук.
Улугу кайнап келгени,
Калайманды баштады,
Эсенкандын каарынан
Чогулушкан көп улук
Кырылып кете таштады.
Аярлардын башчысы,
Дөөсү Дөңгө чоң балбан.
«Бээжиндеги отогот,
Жакасы - алтын, жеңи - жез,
Атышка кийсе - ок өтпөс
Кийбей барган экенсиң,
Кебетесин-кешпирин
Айбанга чалыш, балбаным,
Билбей барган экенсиң!
Айттым эле мен бая,
Укпадың беле сен бая,
Аты Манас, аты улук
Бул ааламды кырчу макулук.
Айтпадым беле мен бая,
Укпадың беле сен бая,
Душман канкор буруттан,
Ошол бурут деген журттан,
Өрттөнүп кеткен ал журттан,
Өзү ислам дининде,
Бизге душман зилинде,
Ошондон Манас туулат,
Манастын түрү мындай - деп,
Айтпадым беле мен бая.
Ошо кутуруп өлгөн буруттун,
Ошол бурут деген журттун,
Ошондон тууган Манастын
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Тирүү жүргөн келбети,
Кулагы учу тешилүү,

Анын сүрүнөтү кесилүү,
Көргөндө далай бышмана,
Бар мүчөсү ушундай
Байгамбар сындуу бышмана.
Жышанын айтып таба албай
Капыя калган экенсиң,
Калың казып орумду,
Жумшасам таап келе албай,
Кызыталак аярлар,
Бараадан келген экенсиң.
Баарың катар калп айтып,
Талаадан келген экенсиң.
Кызыталак аярлар,
Казыптырсың орумду,
Кайнатып койгон экенсиң
Капкайдагы шорумду.
«Манасты таап келдим», - деп,
Кара жолтой аярлар,
Калп айтканың кантейин!
Мурун уктуң кебимди,
Капилет баштап, калп айтып,
Кызыталак аярлар:
«Кыйынды таап келдим», - деп,
Артык жалган кебиңди
Ашырганың кантейин!
Жок немени: «Манас» - деп,
Сенин жашырганың кантейин!
Жалынсаң укпайм кебиңди,
Карап тургун, балбандар,
Жалпы чукуйм көзүңдү!
Кан Эсенкан чамынып,
Кайыптан ачуу табылып,
Калайманды баштады,
Аярлардан так кыркын
Такыр кырып таштады.
Кан алдында чоң майдан,
Чоң майданга алдырды,
Ал майдандын ортого
Чын эсебин таптырды.
«Канга бекер айткан», - деп,
Такыр кырып таштады.
Каарланып бакырып,
Канына жакын чакырып:
«Айзакерден эриң кел,
Жоонун айласын билген шериң кел,
Айзакерден ыктууң кел,
Жоонун айласын билген мыктууң кел!
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган мыктууң кел,

Чогол мылтык чорт этсе,
Чочубаган эриң кел,
Кылычың кыйла учтууң кел,
Айбалта чапчу эриң кел,
Кыйшаңдабай бурутка
Кыргынды кызык салчууң кел,
Кызыталак буруттун
Күчтүүлөрүн байлап кел,
Күчсүздөрүн жайлап кел.
Эрендерин чогултуп,
Курмандыкка чалып кел,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып кел.
Он экиде канкору
Манас тийсе колуңа,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тирүү кармап алып кел!
Кызыкка кыйла каналы,
Кызыталак канкорду
Кыздарга айгыр салалы.
Манастан эркек төрөсө
Алтын таажым кийгизип,
Амыз кылбай, кеп кылбай,
Алтын такка мингизип,
Андан тууган баланы
Кан көтөрүп алалык.
Кармай албай калсаңар
Каарды катуу көрөсүң,
Карыпчынды калдайтып,
Кандарыңдын баарысы
Как Манастан өлөсүң.
Өзү Алтайда туулган,
Аман болсо көрөрсүң,
Бээжинге салат чуулган.
Даңзабызда катталуу,
Эрешен тартып, эр болсо
Ошол Манас чоңоюп,
Эр уулу менен тең болсо,
Катылса бул баш адашат.
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо,
Бул Бээжиндин кандыгын
Аман болсо талашат.
Койбой тиет жылкыңы,
Какайлатып кубалап,
Кырып кетет журтуңу,
Чынмачындын Бээжинди
Чыркыратат элиңди.
Топон суу жүрбөс бул Бээжин

Тобу жетчү уул ошол,
Искендер жетпес Бээжинди
Иши жетчү уул ошол.
Кайраты башка, заары күч
Кармашкан менен жан койбой,
Катылганды кылат түз.
Зорлугу тоонун теңиндей,
Кара жолтой ал бурут
Катылганды жегидей.
Манастын Манас экени
Баары журтка билинген,
Ал Манасты тууганда:
«Калайманды салат, - деп,
Нур төгүлгөн Бээжиндин
Кандыгын тартып алат», - деп,
Даңзасына чийилген.
Аты Бээжин Какандын
Даңзасына бир жеткен,
Манас туулуп турганда
Ушул турган Бээжинге
Зилзала жүрүп бир кеткен.
«Манасты кармап кел» - десе,
Бар аярым жаңылып,
Баары чала көргөнү,
Каарым келип какайып,
Аярымдын баарысы
Бүгүн менден өлгөнү.
Күрмө кийген күчтүүлөр,
Айтканым кандай билип ал,
Манасты аман жибербей,
Баары балбан, тилимди ал,
Колуңа тийсе байлап кел.
Кырк үйлүү кыргыз кызыталак
Баламын аты: «Жинди» - деп,
Каткан экен куу бурут,
Амал менен арамын
Ашырганын буруттун,
Баламын аты: «Жинди», - деп,
Жашырганын буруттун!
Алтайга келип кутуруп,
Эртең Манас чоңойсо,
Элимди кырат жутунуп,
Эртең Манас эр болсо,
Туландуу жерди тутантат,
Туура кырып Бээжинди
Өлөңдүү жерге өрт коёт,
Бээжинге бизди кондурбайт,
Кызыталак ал канкор
Чоңойчу болсо оңдурбайт.

Оңдурбаган себеби -
Чет-Бээжинден көчүргөн
Биздин Бээжиндик бузган көчү бар.
Жети атасын жайладык,
Кол-аягын байладык,
Кордук салып баарысын,
Манастын мындай өчү бар.
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Карыпчылуу калдайым,
Өрттөн кайра тартпаган
Кайран Дөңгө балбаным,
Манасты кармап келүүгө,
Чын колума берүүгө,
Чындаган балбан ыктууң бар,
Чын өлүмдөн коркпогон
Таптооң келген темирдей,
Зорлугуң тоонун теңиндей,
Бириң эмес, саның бар,
Арсландай түрдөнгөн
Балбандарым, баарың бар!
Калмактардан кан Жолой,
Балбандыгың башкача,
Сенин баатырдыгың бир канча,
Жортуулга кетсең коңур күз,
Кагышкан дөңдү кылдың түз.
Кечээ чоң Кап-Тоонун бетинде,
Суук-Төрдүн четинде
Калайман эрдик бир салдың,
Дөө менен салышып,
Кулагы темир Кутан алп,
Маңдайы темир Маңкуш алп,
Киндиги темир Китен алп,
Карагер минген Казан алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Кап-Тоону басып жер кылдың,
Беш дөөнү байлап эл кылдың.
Телегейиң тең элең,
Анча-мынча алптарды
Байлап келчү эр элең,
Ушунчалык кытайдан
Ишенгеним сен элең.
Кара калмак уулу элең,
Кадууга салган там элең,
Жеке башың, кайраным,
Миң балбандык бар элең.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган кул элең,
Жетимиш дөөнү өлтүрүп,
Кан жыттанган уул элең,

Сегиз батман буудай жеп,
Дан жыттанган кул элең,
Сексен эрди өлтүрүп,
Кан жыттанган уул элең.
Алышканды койбогон
Балбан түрүң дагы бар,
Атың Жолой, аты улук
Адамдан сендей чыгабы,
Сендей дөө-макулук
Чет-Бээжиндин шаарында
Сен өңдөнгөн эрим жок,
Каканчында Бээжинде
Бай байлаган белимсиң.
«Бет алганга жарайт» - деп,
Ишенип жүргөн эримсиң.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Супа-садык чалганда,
Таң кашкайып калганда,
Жети асаба түмөн кол
Жетип жыйып алайын,
Чынмачындан, Бээжинден,
Чын балбанды жыяйын,
Чубатууга салалы,
Эренин тандап алалы.
Таңга өлчөлүү болжош ал,
Таамай балбан жолдош ал,
Айласын тапсаң жайлап кел,
Айлалуу болсоң Манасты
Акыры тирүү байлап кел!
Дөңгө, Жолой балбаным,
Сенин ааламга жетет жаңжалың,
Чарпышып чамаң жете албай,
Куру келсең сен экөөң
Көрүнбөгүн көзүмө,
Жолобогун өзүмө!
Манаска чамаң жете албай,
Куру келсең, балбаным,
Кылычтап башын аламын,
Кыйшаңдатпай баарыңды
Кыргын кылып саламын!
Чапчышып чамаң келе албай,
Качырып ийсең Манасты
Баарыдан жаман мүшкүл иш -
Каздырам терең орунду
Кайнатамын, балбандар,
Капкайдагы шоруңду!
Азабын калың арттырам,
Аркан байлап мойнуна

Дарыгерге тарттырам,
Кылычтап башың алдырып,
Кыйла мүшкүл салдырам!
Балбандарым, ойлогун,
Айтканым туура кылбасаң
Бирөөңдү тирүү койбоймун!»
Дөңгө, Жолой алпы бар,
Ашкере алпын жыйнаптыр,
Ал Эсенкан каркыбар.
Добулбас бекем кагылып,
Добулбас үнүн укканда
Кайнап жаткан көп балбан
Эсенканга жабылып,
Кыбыраган көп жандар
Адам билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар
Мындан миңи келгени,
Манасты байлап келгени
Эр Дөңгөгө бергени.
Ошол берген балбаны -
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Мендеден бөлөк түрү бар,
Катылса салат чоң бүлүк.
Анын ар жак жагынан
Кынжы менен байлаган,
Катылыша кеткендин
Кылча жаны калбаган,
Ал балбандын ичинде
Ат оюнчу, жөө күлүк
Орко, Керке балбаны
Буйрук алып канынан
Кошо чыгып калганы.
Бир уруусу балбандын
Чалма урууч ыктуу бар,
Бир бөтөнү балбандын
Айбалта чапчу мыктуу бар.
Ал балбандын ичинде
Темир аркан торчону,
Адам болсо жабылып,
Тегеректеп кетүүчү
Тегиз канжар колчону,
Айзакерден айлалуу,
Аябаган ыктуусу,
Балбандардын баарынан
Жолой, Дөңгө мыктуусу,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Бадана кийген баатыры,
Каарланса бакырып,
Калайман салчу капыры

Буйрук алып канынан
Чыкмак болду балбандар
Чоң-Бээжинден камынып.
Кериги бар, били бар,
Качыры бар, төөсү бар,
Кайнап жаткан капырдын
Туш-тушунча дөөсү бар.
Манасты кармап келүүгө,
Чылаба Эсенканына
Тирүү кармап берүүгө,
Козголоң түшүп кол каптап,
Аз кана эмес, мол каптап,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Чокморлору балбандын
Жолум үйдөй көрүнүп,
Албан-албан балбаны
Аскер жүрүп калганы.
Асманга учуп топурак,
Аскер жүрүп топурап,
Асманга учуп топурак,
Асман ачык, жер бүркөө
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Токой болуп, сел болуп,
Толкуган балбан эр болуп,
Торала желек булгалап,
Дөңгө менен Чоң Жолой
Артынан түшүп кол айдап,
Колун жыйып чогуу айдап,
Ачбуудан сындуу ат минип,
Кара калмак, манжуунун
Эри экен кан Жолой
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң Жолой ушундай,
Көк жолборстой чамынып,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көк арсландай чамынып,
Көрсөң Дөңгө ушундай.
Ок өтпөгөн кек күбө,
Этеги жайык көк күбө,
Кары бою буладан
Болот эгеп аралаш
Ортосуна салдырган,
Айза менен муштаса
Адамдын колун талдырган,
Көрсө куба кандырган,
Муштаса айза өтпөгөн,
Жашыл күрмө тон кийип,
Качыр, тулпар ат минип,

Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Бээжиндин эли козголуп,
Кол эсебин алганда
Кенен он миң кол болуп,
Аз кана эмес, мол болуп,
Жез най үнү такылдап,
Керней үнү бапылдап,
Чыңыроо тартып, чуу туруп,
Добулбасын карс уруп,
Он башысы ороктоп,
Айзачаны бир түрдүү
Алды менен сороктоп,
Жүз башчысы жүгүрүп,
Элүү башы, жүз башы,
Миң башчыны көргөндө
Кайран жандан түңүлүп,
Өзөндөн чаң буркурап,
Өлгөн кара калмагың
Өлөңүн айтып чуркурап,
Калың кол каптап түйүлүп,
Көргөн адам күйүнүп,
Аскер жүрүп кылкылдап,
Алеңгир жаа, сыр жебе
«Манасты байлап келгин», - деп,
Улук экен Эсенкан
Журтуна салды аңгеме.
Балбанынын баарысы,
Баатыр Доңгө карысы
Ылашкер он миң кол алып,
Эсенкандан эпсиз буйрук жооп алып,
Жер жайнаган кол алып,
Жети асаба туу салып,
Жеткен жердин баарына
Ач айкырык чуу салып,
Добулбас бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Албан түрлүү балбаны
Такыр каптап калганы.
Бөөт-бөөт белди ашып,
Адыр-күдүр жер басып,
Тоңкойгон эчен тоо ашып,
Тоңурайган коо кечип,
Аянбастан жол жүрүп,
Ийри-буйру тоо басып,
Имерилген суу кечип,
Аскер кайдан аянып,
Жеткен экен көп аскер
Алтайдын тоосун таянып,

Кол баштыгын сурасаң
Дөңгө менен эр Жолой.
«Ушул жерге ылашкер
Үч ай тыным алалык,
Кырк үйлүү кыргыз бай Жакып
Астына элчи салалык.
Эрен бекен, шер бекен,
Же кайратсыз кара жер бекен?
Качып жүргөн коңулчу
Кырк үйлүү кыргыз эл бекен?
Кайран Дөңгө, балбаным,
Сен чыгаргын жүз киши,
Калмактардан, Жолой кан,
Мен чыгарам жүз киши.
Эсенкандын кырк нарга
Кыйла көөхар, сары алтын
Дорбого салып арталы,
Бурамалуу кең найды
Бурчтан салып имерип,
Алты сартты баш кылып:
«Соода кыл» - деп жиберип,
А сооданын ичине
Кырмызыдан бүктөтүп,
Балбандарга жүктөтүп,
Эки жүз балбан эр барсын,
Орой, чогоол тең барсын.
Кызыталак бурутка
Камчы сүйрөп киргиле,
Энтеңдеген буруттун,
Алпарган булду саткыла,
Бир нарды союп көргөзбөй,
Кызыталак Жакыптын
Жабыгына каткыла,
Эки жүзүң чогулгун,
Бай Жакыпка доо кылгын.
«Арымды уурдап сойдуң», - деп,
Белгилүү чырдан курагын:
«Айыбы үчүн нарымдын
Балаң Манас бергин», - деп,
Айыбы үчүн сурагын.

## 6 Манас Эсенкандын жиберген колунан эки жүз кишисин өлтүрүп, төөлөрүн жүгү менен талатканы

Айыбына Манасты
Ошол бурут бербесе,
Камчы сүйрөп киргиле,

Кызыталак буруттун
Как куйкасын тилгиле.
Чатак кылып минткиле,
Кызыталак буруттун
Бир бокчосун тинткиле.
Малын талап алгыла,
Ал буруттун башына
Бир балакетти салгыла.
Ордосун бузуп киргиле,
Одураңдап баратса
Баса калып буруттун
Куйкасын каршы-терши тилгиле.
Төбөсүнөн баскыла,
Төрт түлүк малын чачкыла,
Айтканыңа көнбөсө,
Ал Манасты бербесе,
Түрүнүп кир билекти,
Күлүн сабап чаңдатып,
Сала киргин дүмөктү.
Тийип ал жылкы, бээсин
Жакын келсе буруттун
Жайната мушта мээсин.
Үбүн талап алгыла,
Үйүнө шумдук салгыла.
Малын талап алгыла,
Башына кыргын салгыла!
Аяган Манас баласын
Азыр байлап алгыла,
Бир кыйшыгын тапкыла,
Бардыгер жинин каккыла,
Сан карасын алгыла,
Кызыталак бурутка
Заман акыр салгыла!
Кайраттуусун кыргыла,
Кызыталак бурутка
Бир бүлүктү кылгыла.
Адыраңдап кеп айтса
Балакетти салгыла.
«Ууру кылдың бурут», - деп,
Малын талап алгыла.
«Уурубуз мына таптык», - деп,
Манасты байлап алгыла,
Бир кыйшыгын тапкыла,
Кызыталак буруттун
Капкайда жинин каккыла», -
Деп, ошентип эр Жолой,
Баатыр Дөңгө баш болуп,
Эки жүзүн каалады,
Эки жүзгө башчы - деп,

Чоң Дөөдүрүн шайлады.
Эсенкандын казыналык кырк нарга
Алтын, күмүш, дилде артып,
Соода кылып жол жүрүп,
Эптеп кыңыр табууга,
Эптеп кыргыз чабууга,
Алтай жолун төтөлөп,
Арт жагында эки жүздөй балбаны,
Алты сарт чыкты бечара
Кырк нарды коштоп жетелеп,
Аркасынан балбаны.
Балбандардын алганы -
Айбалта, кылыч, добулбас,
Кайраты мыктуу балбандын
Түрүн көрсөң ыраак кач!
Балбандары бир башка,
Баары баатыр көй кашка,
Чоңдугу билдей алпы бар,
Кепти ордуна токтотуп,
Келген экен каркыбар.
Эки жүздүн баатыры -
Эсепсиз Дөөдүр капыры
Алайса көзү чолпондой,
Кулагын көрсөң калкандай
Мурутуна карасаң -
Өтөккө чыккан чалкандай,
Чоңдугу тоонун сеңирдей,
Кырк үйлүү кыргыз Жакыпты
Мунун жалгызы кирсе жегидей.
Ошол кезде Манас кан
Торучаары шайлалуу,
Ошол кезде Манастын
Кермеде толгон тулпар байлалуу,
Эриксе элик атыптыр,
Эрикпесе зор Манас
Элкин ойноп жатыптыр.
Таң-тамаша оюнга
Батып жаткан кези экен,
Кырк таман чийип ордону
Атып жаткан кези экен.
Кырктан, кырктан байталды
Байгесине сайышып,
Утканы союп алышып,
Түштүгүнө тай союп,
Түндүгүндө бээ союп,
Казыны кардай кемирип,
Калмактарча кара арактан шимирип
Чатыраш ойноп, даң салып,
Тамашалуу кызыкка

Батып жаткан кези экен,
Ордо салып көп оюн
Атып жаткан кези экен.
Кызыр чалып кабылан
Бул кыйланы кылчу олуям,
Манас, Манас болуптур,
Манас атка коонуптур,
Улук жашын сурасаң
Он экиге толуптур,
Торучаарды миниптир,
Ок өтпөстү кийиптир.
Ошол кезде Манасың
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Атышарга ок таппай,
Кечерине чок таппай,
Зың-зың этип кенебей,
Кара кытай, манжууну
Кагышарга ой кылып,
Калган экен кабылан
Бучкагына теңебей.
Кытай кордук кылганын,
Кыйла журтун кырганын
Эбак ойлоп билиптир.
«Кайнап жаткан капырга,
Кагыш кылчу баатырга,
Бир беттешип калсам, - деп,
Кыргынды кыйла салсам, - деп,
Беренсиген манжууга
Бир беттешип калсам», - деп,
Кумар болуп жүрчү экен.
Таң-тамаша оюнга
Берен Манас батыптыр,
Сары адырмак кыраңга
Ордо атып жатыптыр.
Ордо аткан оюн бекери,
Жанындагы кырк бала
Арслан Манас жөкөрү.
Шайыр бала Чалыбай
Кырк үйлүүнүн балдардан
Жыйып алган тамыр ай,
Чийип койгон чийинди.
Кара баспай, ак басып,
Кыйшыгы жок так басып,
Кадамакты кадашып,
Оюн салып жатканда,
Тоорумак тооруп жатканда,
Ичке түштү зор Манас,
Чүкө чертер чоң оюн

Ишке түштү зор Манас.
Кызыкка кыйын батканда,
Чүкө чертип жатканда,
Эсенкандын кырк нары
Жүктөлгөн алтын, дилде бар,
Кырк нарыңдын астында
Казыналык кызыл нар,
Кыйла алтын, кымбат мал,
Жетелеген астында алты сарты бар,
Чүкө черткен Манаска
Ар жагынан эки жүздөй балбаны
Кызматкерди шаштырды,
Атып жаткан ордонун
Ортосун жара бастырды.
Айбаттанып арслан:
«Кербенчилер, соодагер,
Таап бастыр жолуңду,
Эл алдаган капырлар
Көргөзөм азыр сонунду!» -
Ачууланып ал Манас
Бир чүкөнү черткени,
Чүкө ыргыды чыркырап,
Эсенкандын эки нары
Чүкө тийген жилиги
Талкан болду быркырап,
Кызыл нар кыйрап жыгылды.
Балбандары күүлөндү,
Ал балбандын ичинен
Дөөдүр алпы сүйлөндү,
Балбанды кудай урганы,
«Үттүгүңө шоодай», - деп,
Төбө чачы үрпөйүп,
Каарланып күүлөнүп,
Кан Манаска сүйлөнүп,
Балтачаны жүгүрүп,
Жанындагы кырк бала:
«Өлдүк» - деп, жандан түңүлүп,
Кызыр чалган кан Манас
Чиймек болду сызыкты,
Баштамак болду бузукту,
Он эки балбан чокморчон
Алтымыш балбан айзачан,
Карыпчысын калдайтып,
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Жамгыр сындуу жаа тартып,
Мөндүр сындуу ок атып,
Эки жүз балбан жабылды,
Манасты кармап калууга
Тирүүлөй кармап алууга,

Ошондо Манас кабылан
Арсландай көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Телегейи тең болчу,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең болчу.
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Эч ким азар салбаган
Таалайы артык, аты улук
Көк жалга укурук кайрар калбаган.
Балбандарды көргөндө
Кыраан Манас арслан
Кызыкты мында салганы,
Чокмор алып бакырып,
Ойноп-ойноп келгенде
Он эки балбан бир өлдү.
Каарды Манас баштады,
Алтымышын тырайтып,
Арслан кырып таштады.
Союлдай мойнун коржойтуп,
Кекиртегин суурду.
Канкор шерге катылып,
Канча балбан тырайып,
Жолум үйдөй балбандар
Өлүп жатты тырайып.
Талкан чалган эмедей,
Кудай бетин салбай кал,
Калайманды баштады,
Эки жүз экен балбаны
Эсил Манас кабылан
Баарын кырып таштады.
Ал балбандын ичинде
Керик минген чоң Дөөдүр
Чакчелекей чаң болуп,
Башы-көзүн карасаң
Кызыл челек кан болуп,
Балбанды кырып жатканда
Жеткилең кирип аралап,
Калган экен чоң Дөөдүр,
Дөөдүр качып кутулду,
Жетимиш жерден жара жеп,
Баш айрылып, кан болуп,
Бүткөн бойдун баарысы.
Кызыл челек кан болуп,
Муну мындай таштайлы,
Атакеси бай Жакып
Ошондон кабар баштайлы.
Жакып келди күүлөнүп,

Манасыңа сүйлөнүп.
«Уулум, балам, шок чыгып,
Тентек менен чатагың
Бу дүйнөдө жок чыгып,
Добушуңан чаң чыгып,
Жүрүшүңөн жан чыгып,
Кандын төөсүн карактап,
Кара жолтой, чунак уул,
Калайман мүшкүл салдың го.
Сан малымдан айырып,
Башта көргөн кордукту
Бүгүн салдың, кулунум,
Киши көрбөс зордукту.
Урушту неге баштадың,
Эсенкандын элчисин
Эсил уулум, оңбой кал,
Неге кырып таштадың?!
Мүшкүлдү мындан баштадың,
Кумурскадай былкылдап,
Кутурган кытай жетпейби,
Кырк үйлүү кыргыз журт элек,
Бизди курутуп талап кетпейби!
Качып кирер токой жок,
Кара кылар Огой жок,
Өрт каптайт жыйган үбүмө,
Опсуз тентек чунагым,
Жеттиң ээ менин түбүмө!
Тентек уулум, оңбой кал,
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу,
Жети миң киши кырк жанды
Сабаса тарпты коёбу?
Кара курттай капырдын
Каарын эми келтирдиң,
Кан Эсенкан баатырдын.
Улукка тийип, уйпадың,
Уулум Манас, оңбой кал,
Ушинтип бизди сыйпадың!
Оолугуп кытай, манжуу журт
Ордону талап эми алат,
Ойронду башка чын салат,
Алтай да бизге жер эле,
Кадемди чындап катырдың,
Калмак да бизге эл эле»,
Капа болуп Жакып бай,
Каарланып турганы.
Акбалтай келди күүлөнүп,
Бай Жакыпка сүйлөнүп:
«Өлсө болбойт түк арман,

Өлө берсин көп балбан,
Кыраан Манас барында
Кытайга салат чоң жаңжал,
Кыраан Манас бар болсо,
Алда Таала кудурет
Мендем - деп, бизге жар болсо,
Бээжинден жайнап кол келсе,
Ал колуң аз кана эмес мол келсе,
Капаланба бай Жакып
Кармалаша көрөрбүз,
Каза жетсе өлөрбүз,
Бул дүйнөнү ким билген?
Кабылан Манас барында
Каканга салар чоң дүрбөн.
Көк жал Манас барында
Караан да ушул, бел да ушул,
Караан кылып отурган
Кабылан Манас шер ушул,
Күн көрсүн деп биздерге
Алда Таала кудурет
Манасты берген жери ушул.
Баатырдын тапкан байгеси,
Ойрондон тапкан олжосу,
Кырк нардагы дилдени
Олжого жүктөп өтөлү,
Кудай башка салганды
Эртең күндө көрөлү,
Бүгүн тийген дилдени
Олжо кылып бөлөлү.
Каарды катуу салалык,
Бусурмандын кулуну
Төө коштогон алты сартын
Кошо жолдош кылып алалык».
Акылдуу экен Акбалтай:
«Кырк үйлүү кыргыз бул журттун
Эрден жасоо камдайлы
Эми эрендин баарын шайлайлы.
Ай касаба туу тартып,
Азиреттеп чуу тартып,
Сан кара малды чачалы,
Бул Алтайдан качалы!
Ит урушун салалы,
Эрте өлгөндүн бирибиз,
Берен Манас султанды
Безилдебей, бай Жакып,
Белге таңуу кылалык.
Ушул турган сан кара,
Упасы жок куу малды
Күтүп жүрүп нетели,

Кыргын таап, урушуп,
Кытайдан өлбөй калган жан
Бусурманга жетели!
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам гүлү учкуча
Мыктап алты ай урушуп,
Жыйгандын баарын чачалы,
Бул Алтайдан качалы!
Ала-Тоо артык жерине,
Кетели кыргыз элине».
Акбалтай айтып бул сөздү,
Жаккан отун өчүрүп,
Кырк үйлүү кыргыз кайран эл
Жан-жабылта көчүрүп.

## 7 Жакып, Акбалтайдын Ала-Тоону карай көчө баштаганы. Жолойдун аларга катуу чабуул койгону

Акылман экен Акбалтай
Мындан мурун алты жыл
Камынган экен каркыбар,
Айгырын биттеп ат кылып,
Жылкынын баарын шарт кылып,
Кочкорун биттеп ирик кылып,
Коюнун баарын түрк кылып,
Букасын биттеп уй кылып,
Кылдыратпай уук чечип,
Шылдыратпай суу кечип,
Тулпардын баарын байлашып,
Күтүп алган сан кара
Түп көтөрө айдашып:
«Баабединге жол бер», - деп, -
Ак боз бээ союшуп,
Жасоону жакшы коюшуп,
Азаматын, шерлерин,
Айза сайчу эрлерин,
Айбалта чабар эренин
Белге таңуу кылыптыр
Кабылан Манас берениң.
Көч алдында Жакып бай,
Көч артында Акбалтай,
Такыр таштап жыйганды,
Издеп жалгыз ыйманды,
Сан кара малды чачты эми,
Байгамбар ак, диним ак
Калып калды Алтай жак,
Алтайдан көчтү кырк үйлүү,

Аны мындай таштайлы,
Дөөдүр алп барган калың кол
Ошондон кабар баштайлы.
Качып барып чоң Дөөдүр
Түркүгү алтын чатырга,
Барган экен ал Дөөдүр
Дөңгө, Жолой баатырга.
Чатырга чырак жагылып,
Эр Дөөдүрдү көргөндө
Казандап каптап көп улук,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Эми кайнап жаткан көп улук,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары жыйылып,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындары жыйылып,
Акылга дыйкан эрени,
А Дөөдүрдүн үстүнө
Келген экен ал күнү
Дөңгө, Жолой эрени.
Баары келип турганы,
Баары тегиз келгенде,
Эр Дөөдүрдү караса
Чакчелекей чаң болуп,
Кызыл челек кан болуп,
Эрбеңдеген эки кол
Өйдө болбой, шал болуп,
Көнөктөй болгон кайран баш
Кызыл кочкул кан болуп,
Кыр жагынан чалдырып,
Кызыталак бурутка
Кырк төөдө малым алдырдым.
Калың казды орумду,
Кызыталактан, буруттан
Кыйла көрдүм сонунду.
Кызыкты кыйла кылдырдым,
Эки жүздөй балбанды
Жалгыз Манасына кырдырдым.
Манастын жайын сураба,
Өзү он экиде бала экен,
Он тогузга келгенде
Каканчылуу Бээжинге
Кыргын салчу эр экен.
Оң далысы кең экен,
Канкор бурут Манасы
Он сегиз миң ааламды
Ойрон кылчу эме экен.

Манастын жайын сураба,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Кылымдан мындай көрбөдүм,
Бил мүчөлүү бадирек,
Канкор бурут өзү экен,
Өзү турмак Манастын
Караган кара көзү экен.
Кобурунан жан чыгат,
Аман болсо көрөрсүң,
Канкор бурут Манастын
Каарынан жан чыгат.
Көк жал экен, шер экен
Көпкөрүнөө туулган,
Аман болсо Бээжинге
Сала турган чуулган.
Калк бийлеп, журт кармап,
Зардарлык сыны бар экен,
Качырган жактан кан агат,
Балбандык сыны бар экен.
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Кабагы бийик, заары күч
Качырып Манас кол салса,
Кайран жандан күдөр үз.
Себилдүүсү сексен төрт,
Кызыталак буруттун
Серп алган жагы кызыл өрт.
Кынсыз кылыч байланган,
Кызыл жезден айза алган,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Ичсе канга тойбогон,
Бет алганды койбогон,
Берендик жаны көрүнөт,
Ак марал кууп уй кылат,
Аман болсо көрөрсүң
Ааламды буй кылат.
Бет алып менде барабы?
Берен Манас бурутка
Беттешкен тирүү калабы,
Мендеден мындай көрбөдүм.
Бир караса - бир киши,
Кызыталак ал бурут
Бир караса - миң киши.
Асты жагын карадым -
Алты миң эрдин сүрү бар,
Аркасына карадым -
Арслан шердин түрү бар.
Белгилүү кыйын бел экен,

Мендеден бөлөк эр экен.
Жекене белге курчанган,
Жети милек жоо барса,
Желек кирип кол салса,
Желмогуздук түрү бар,
Кара көк жал шер экен,
Кызыталак буруттан
Бир туулган эр экен.
Алышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Балбандыгым башкача
Манас менен чырдаштым.
Каарды катуу баштады,
Эки жүз эле балбаным
Баш-баштарын жөн эле
Ышкындай үзүп таштады.
Кара жаак айбалтам
Кармай калып имердим,
Качырып кирип Манасты
Так токсон тартып жибердим,
Зың-зың этип кенебейт,
Менден тийген балтайбы
Бучкагына теңебейт.
Күчкө салсам ал Манас
Чымын сындуу теңебейт.
Тамактан өтпөйт ичкениң,
Манас тартып ийгенде
Дал-дал болду биздин баш.
Айла кетип тутулдум,
Астымдагы боз кериктин
Күлүгүнөн качып кутулдум.
«Манасты байлап алам» - деп,
Өз жаныман шашканым,
Өлүк-тирик ортосу
Жаралуу болуп жатканым,
Өзүм өкүм салам - деп,
Өз дүйнөмдү чачканым,
Кыймалуу жактан чалдырдым,
Эки жүздөй балбанды
Кыргызыңа алдырдым.
Бир салганда токтолдум,
Эки салса не кылат,
Күйүп-жанып чок болдум.
Бириң барбай, миңиң бар,
Азың барбай, көбүң бар,
Жаманың барбай, мыктууң бар,
Айттым, тилим алып бар,
Манас оңой жоо эмес,

Чууга кулак салып бар,
Баатырың тандап, эриң бар,
Жалгызың коюп, көбүң бар,
Жаманың калып, эриң бар,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган мыктууң бар,
Чогол мылтык торс этсе,
Чочубай турган эриң бар.
Алыш кылса Манаска
Адамдын алы жеткисиз,
Чалыш кылса канкорго
Арсландын тиши өткүсүз.
Беттеп менде баргысыз,
Берен экен куу бурут
Бет алган тирүү калгысыз.
Капырай, көзү көрдүн ордундай,
Көрүнчү болсо баарыңды
Атың менен жуткудай,
Каарланса канкоруң
Кармап алып баарыңды
Жөн эле чөп катары оргудай.
Ажалдан кайра тартпаган
Өлүмдөн кайра кайтпаган,
Өлчөөсү курусун буруттун,
Туулган экен ал Манас
Бурут деген журттан.
Шумдуктун кара көзү экен
Манас эмес, ал бурут
Жөн эле чуулгандын өзү экен.
Ушул Манас жетилсе,
Ташты бузуп, жол салат,
Кайнап жаткан Каканчы,
Чоң-Бээжинге кол салат.
Буурсунду бурдурбайт,
Буюрбасын калп айтсам,
Бизди бул Бээжинге тургузбайт.
Таш коргонду талкалап,
Такыр кылчу эр экен,
Кырк үйлүүдөн туулуп,
Көрбөй калып Манасты
Көз кашайган кези экен.
Ошол Манас чоңойсо,
Каканчылуу Бээжинди
Какайлатчу шер экен,
Бул Бээжиндин элине
Калайман салчу эр экен.
Көрдүм Манас буруттy,
Бул бурут деген журтту,
Дини ислам дилинде,

Бизге душман зилинде,
Бет алып менде келе албайт,
Бүт Бээжин журтун айдасак,
Манаска алы келе албайт,
Эңкейтип адам алгысыз,
Кара жолтой бурутту
Кез болгон тирүү калгысыз.
Орой чоку баш ооруйт,
Өлчөлүү жердин баары ооруйт,
Кыймылдарга алым жок,
Кайра барсам бурутка,
Ошол бурут деген журтка,
Чама кылар айлам жок,
Чамам чарчап, ал кетти,
Бүткөн бойдун баарынан
Зиркиреп кара кан кетти.
Мен Дөөдүр алп болгону,
Дөөдүр атка конгону
Мадаңшаң менен салышып,
Ордолуу шаарын бузганда,
Алтынын талап артканда,
Бет каратып кайтканда,
Мында мындай болбодум» -
Дөөдүр минтип турганда
Дөңгө чыкты күүлөнүп,
Жолой чыкты сүйлөнүп:
«Кызыталак буруттан,
Бурут деген журуттан
Коркуп калган экенсиң!
Баатыр Жолой, эр Дөңгө,
Чаба жүргөн бурут журт,
Ала жүргөн кол ушул,
Айтыша жүргөн ооз ушул.
Биз көргөнбүз бурутту,
Буласын булап алганбыз,
Бузукту минтип салганбыз.
Бирөөнү айдап Эренге,
Кызыталак бурутту
Көп түшүрдүк тереңге.
Чала жүргөн жол ушул,
Ала жүргөн кол ушул!
Он экиде бала экен,
Манасын байлап алабыз,
Бай Жакып тийсе колго
Курмандыкка чалабыз,
Кадырдуусун кырабыз,
Кызыталак бурутту
Кара элечек кылабыз», -
Деп, ошентип, эр Жолой

Калың колду шаштырып,
Астындагы Ачбуудан
Ойку-кайкы бастырып,
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң эр Жолой
Көк жолборстой чамынып,
Күрмөчөнү күлдүйүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Жолойдун жайын сураба
Опол-тоодой көрүнүп,
Бир жагынан эр Дөңгө
Ай касаба туу алып,
Сары ылашкер кол алып,
Чоң обого бурулуп,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Асманга учуп топурак,
Аскер жүрүп топурап,
Айзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Асман ачык, жер бүркөө,
Жерден бир тал көрүнбөйт,
Караса көзгө илинбейт,
Кай кеткени билинбейт,
Камгак учкан эмедей,
Каптап жүрдү Манасты.
Жоо мыктуусу эр Дөңгө
Эсенкан колу козголуп,
Жардык алган чочколор
Эсеби жок мол болуп,
Боз ала желек ыргалат.
Ачбуудан менен айкырып,
Айдап жүрдү эр Жолой
Манасты көздөй жапырып,
Айдап жүргөн көп колдо
Шуру тогот, маржан таш
Луң-туңдун каны аралаш,
Балтачаны башкача,
Калың кытай какайлап,
Чогулган экен бир канча.
Түрдүү-түрдүү колу бар,
Түрү суук эли бар,
Ат көтөргүс алпы бар,
Албан түрдүү көп балбан
Келген экен каркыбар.
Темир аркан торчон бар,
Тегеректеп кетүүчү
Тегиз канжар колчон бар,
Албан түрдүү алпы бар,
Үйүң күйгөн кытайдын

Эчен түрдүү алпы бар,
Чалма уруучу ыктуу бар,
Жаа тартуучу мыктуу бар,
Албан түрдүү эри бар,
Аңгемеси чоң дүмөк
Мунун түгөнбөй турган кеби бар.
Кайрат кылган каны бар,
Кыйкырып сүрөөн салуучу
Мунун калдайынын баары бар.
Акыл билгис эри бар,
Баатыр Дөңгө дөөсү бар.
Добулбас бекем кагылып,
Кайнап жаткан аскерлер
Каптап жүрдү жабылып,
Күн бүлбүлдөп көрүнбөй,
Жер тумандап кир болуп,
Жетмек болду балбандар
Жер жүзү менен бир болуп,
Он башысы ороктоп,
Элүү башы короктоп,
Жүз башысы жүгүрүп,
Миң башынын баарысы
Жандарынан түңүлүп.
Ай касаба кызыл туу,
Ач айкырык ызы-чуу,
Боз ала желек, кызыл туу,
Бойбойлогон ызы-чуу,
Аламандап ат коюп,
Чабуулун кытай бат коюп,
Каарланып бакырып,
Колдун артын карасаң
«Манжуулап» ураан чакырып,
Бөлүнүшүп бакырып,
Бөлөкчө мындай мүшкүл иш
«Мөндүлөп» ураан чакырып,
Боз атчаны бөлүнүп,
Эрендердин баарысы
Четтеп көзгө көрүнүп,
Сурнай кулак тундуруп,
Барабан үнү бапылдап,
Жез най үнү такылдап,
Тыргоот, манжуу, кытайы
Тыйпыл баары чогулуп,
Чыңроо тарткан жез найдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан,
Эрендери эригип,
Арсландары бетинде,
Албан түрдүү кытайдын

Эрендери четинде,
Кандуу канга канышчу,
Качпай туруп салышчу,
Камбылдары дагы бар.
Айза имерип салышчу,
Жоонун айласын мыктуу табышчу,
Эрени бар, каны бар,
Көй кашканын баары бар.
Айзакерден ыктуу бар,
Жоонун айласын билчү мыкты бар,
Зорлугу тоодой эри бар,
Кумурскадай кайнаган
Кутургурдун көбү бар.
Казат баштап, чыр салып,
Анда-мында капырлар
Добулбасты бир салып,
Түзү суук көрүнүп,
Душмандык сыны көрүнүп.
Кастарын тигип калыптыр,
Буйрук алып эринен
Калың кол каптап калыптыр.
Кармашаары Жакып бай,
Кармачусу Акбалтай,
Кырууучусу кырк үйлүү,
Мунун кыйын кереги -
Жакыптын уулу зор Манас.
Кудай бетин көргөзбө,
Жердин бетин таптады,
Жетиги Дөңгө, эр Жолой
Аламан салып каптады,
Акыр-такыр күн салды.
Манасты кармап алууга,
Акыр заман чыр салды.
Кармап алса кокустан
Түпкө чогуу жетүүгө,
Чынмачынга, Бээжинге
Тирүү байлап келүүгө,
Билген чырын кылууга,
Кармап алса канкорду
Кан Эсендин алдына
Алпарып тартуу кылууга,
Ээлигип кытай козголуп,
Алган экен капырың
Эчен түрдүү козголуп,
Кумурскадай кылкылдап,
Каптап жүрдү калың кол,
Кудай айла кылбаса,
Курчап кытай былкылдап,
Кырк үйлүү эмес, бул кытай

Ааламды каптап өткүдөй,
Алышкандын ажалы
Азыр чогуу жеткидей.
Бет алып менде келгисиз,
Каары толук капырга
Катылган тирүү калгысыз.
Аскер каптап жер жайнап,
Алеңгир түшүп, шор кайнап,
Көптүгүнөн жер жайнап,
Каарланып бакырып,
Аламан салып каптаса,
Баарысы «мөндүлөп» ураан чакырып,
Үркүн-түркүн бөлүнүп,
Жан койбостой көрүнүп,
Касаба туусу ийилип,
Көргөн жандан түңүлүп,
Кол алдында эр Дөңгө,
Кол артында чоң Жолой,
Соргоктугу бир бөлөк,
Кезиккенди койбогон,
Бир оопаздын этине
Бир жегенде тойбогон,
Беттешкенди койбогон,
Кайран Жолой камбылы,
Эң ишенип жиберген
Эсенкандын нак колу.
Кармап алар камбылы,
Кайран Жолой, эр Дөңгө
Канчасынан камбылы,
Кайрандарын бир бөлөк
Шайлап алган кези экен,
Дүркүрөтүп көп колун
Айдап алган кези экен.
Арык койдой токмоктоп,
Ийрип чыгып келатат,
Арка жагын токмоктоп,
Кайран Жолой канетет
Айдап чыгып келатат.
Чоңдугу тоодой эр келет,
Каарынан капырдын
Жер солкулдап термелет.
Жетик кол каптап дүркүрөп,
Жеткилең экен эр Жолой
Колдорду айдап дүркүрөп,
Үйдөй чокмор колго алган,
Чоңдугу касаба тоодой көрүнгөн,
Катылыша кеткендин
Жөн эле каны төгүлгөн.
Кайраты бийик, заары күч,

Катыла кеткен адамды
Кырып, союп, кылат түз.
Каары бөлөк көрүндү,
Каптап кетчү эмедей
Түрү бөлөк көрүндү.
Кең Алтайдын суук төр
Кырк үйлүү кыргыз кайран эл
Өрдөй конуп калыптыр,
Өрдөтө айдап көп малды,
Корголотуп куу жанды,
Акбалтай менен Жакып бай
Аңгемени кылыптыр,
Кырк үйлүүнү жыйыптыр,
Куп акылдан кылыптыр:
«Казган калың ор келди,
Эр Эсенкан шаарынан
Каптаган калың кол келди.
Түпкө чогуу жетет го,
Түгөтүп кырып кетет го,
Эңкейиште чөп экен,
Чөптөй кытай көп экен,
Буланы булап алат го,
Бузукту башка салат го,
Кармап алса, бул капыр
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат го,
Малыбызды чачат го,
Көрүбүздү бул капыр
Типтирүүлөй казат го!»

## 8 Акбалтай менен Жакып Жолойго кыздарды, малды тартуу тартып багыналы — деп, кеңешкени. Манас болбой урушуп жеңгени

«Баатыр Манас, көк жалым,
Сенин аркы атакең Огойдур
Огой кайдан оңойдур -
Сомдуктун суусун бойлогон,
Атаң Огой барында
Согушкан адам сойлогон.
Чоң атаң Огой эр эле,
Ааламды бузган шер эле.
Түп атаң болчу Түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Огой кандан Бала кан,
Бала кандын өзүнө
Эчен жандар караган,
Каракандын Бошогон

Кара калмак ошого
Калайман салган ошогон.
Ал Бала кан өлгөндө
Муну калк чогулуп көмгөндө
Андан туулуп Каракан
Сенин Каракан атаң эр чыгып,
Каракандын барында
Канча журт ага караган
Каяшаяк бергенди
Сенин Каракан атаң сабаган.
Каракан өңдүү кан болгон,
Каракандын өзүнө
Катылган адам жай болгон.
Ошо Каракан өлгөндө,
Тентип кеттик баарыбыз,
Кол аякты байлады,
Кордук кылып бардыгын,
Кордук менен айдады.
Кыйлабыз кыргын болуп өлгөнбүз,
Эстен кетип сабылып,
Кара калмак, манжуурга
Кордук көрдүк сабалып,
Чоң атаң зор кан өлгөндө,
Кара калмак, манжуу журт
Көп малды олжо кылып бөлгөндө,
Алтайдан күткөн сан кара
Кулунум, Манас, кебимди ук,
Баарысын тартуу кылып берели,
Аман-соо калалык,
Кызыл сулуу кыздарды
Тартуу кылып кытайга
Ошолорду берелик,
Жанды сактап калалы,
Кыйланып калган эл элек,
Тирүү жүрбөй, кулунум,
Кырылып калган эл элек» -
Жакып мындай дегенде,
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти эр Манас:
«Кокуй, ата, не дейсиң?!
Өлүмдөн корксом оңбоюн
Ажалдан корксом мен, ата,
Туубай туна чөгөйүн!
Алтайдагы капырды,
Кармашчу балбан капырды,
Кокуй, ата, не дейсиң,
Торучаар берчи минейин,
Тобокел - деп бакырып,
Бүгүн «ыстандап» ураан чакырып,

Кайнап жаткан капырды
Каканга чейин сүрөйүн,
Бээжинден чыккан балбанды
Бакбурчун айдап кирейин:
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин!
Зордукчу кара кытайга
Согушту мыктап саламын,
Телпейген кара калмактан
Быйыл теңдигим алып кетемин.
Кокуй, ата, кейибе -
Айзалаша топ бузам,
Дагдыр жетсе окко учам,
Күрдөлүү башым барында
Айылымды кантип берейин,
Күчөгөн экен бул кытай,
Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн!
Каптап келген капырга,
Кармаш кылчу баатырга,
Кангайдагы манжуугa,
Бээжин айдап сүрбөсөм,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Күчөгөн экен бул журтуң
Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн!
Согуш кылып окко учпай,
Мен сан кара кантип берейин!» -
Деп, ошентип, эр Манас:
«Жетик белим курчанам,
Жер жайнаган капырга
Жалгыз кирип кол салам», -
Деп, ошентип, эр Манас,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Каарланып бөлүнүп,
Кан ичер түрү көрүнүп,
Мына ошондо зор Манас
Жоо-жарагын шайланып,
Кыргын кылчу Аркескен
Кылычын ичинен байланып,
Каарланып бөлүнүп,
Кан иччү түрү көрүнүп,
Арсландай чамынып,
Айкөл Манас артык шер
Казатка чыкты камынып,
Чочуп тулпар токунуп,
Эриң Манас көк жал, шер
Кылча көрбөй куу жанды

Кыргынга кирген ошол жер.
Арбагы оор, аты улук
Айкөл Манас шер ошол,
Дөңгө менен Жолойго
Согуш кылган жер ошол.
Манас, Манас болгон жер,
Манас атка конгон жер,
Торучаарды минген жер,
Толкуган кытай-калмакка
Жетик белин курчанып,
Жер жайнаган калмакка
Жеке кирип кол салып,
Минген аты Торучаар
Сопол куйрук, сом туяк,
Кара байыр, казанат
Калбыр өпкө, жез канат,
Туу куйругун чубаган,
Алты айчылык айгайга
Ашпай-шашпай чыдаган,
Кырк күнчүлүк чөл болсо
Кыйшайып жүдөп оңбогон,
Алты ай сапар жол жүрсө
Азып-тозуп калбаган
Кабылан Манас канкор шер,
Артык балбан, артык эр
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Беттешкен аман болбогон,
Бет алганды койбогон,
Чачылганды жыйганы,
Каалаганы ыйманы,
Кабыландын өзү ошол.
Каарланып бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Кагышка кирди эр Манас,
Он экиге келгенде
Кыргын салган ошол жер.
Торучаар менен ойнотуп,
Толгон кытай, манжууну
Тоголотуп сойлотуп,
Каарланып сумсайып,
Кайнап жаткан кытайга
Кабылан Манас кол салып,
Кара жаак зулпукор
Кармай калып имерип,
Бет алдына келгенин
Канкордун иши ушундай,
Чөл түшүрүп жиберип.
Алысыраак балбанды

Айза менен кулатып,
Тизгиндеше келгенди
Айбалталап сулатып,
Оң жагына келгенди,
Ойрон Манас кабылан
Кылыч менен сулатып,
Дардайган кара калмактын
Чачы калып булайып,
Эчен тоодой балбандар
Өлүп жатат тырайып,
Каарман өлүп, кан өлүп,
Кабылан Манас султандан
Кармашкандын баары өлүп,
Жаңжу жанын аябай
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Балбан каптап кылкылдап,
Туш-тушунан кол салып,
Кумурсканы көр, куртту көр,
Куртча кытай журтту көр,
Жамгырды көр, чокту көр,
Жабыла тийген окту көр,
Камышты көр, селди көр,
«Какайлап» ураан чакырып,
Каптап калган колду көр.
Камыштай айза кылкылдап,
Кылыч, мылтык жылтылдап,
Очогор огу жаңырып,
Жаа, жебе огу жабылып,
Мунара күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр,
Казылган чуңкур орду көр,
Кажылдап, каптап чуркурап,
Каптап калган колду көр!
Боз атчаны четинде,
Болумдуу Дөңгө бетинде,
Каж-куж этип, чуу туруп,
Кылыччаны шайланып,
Балтачаны камданып,
Кылычы кыйла учтуусу,
Айзасы артык курчтуусу,
Чалма уруучу балбаны,
Эчен түрдүү жандары,
Кумурскадай калктары,
Түрдүү-түрдүү алптары,
Темир аркан торчону
Каптап уруш салды эми.
Темир канжар колчону
Тегиз каптап урушту,

Эрендери, кандары,
Эчен түркүн жандары
Эр Манаска ок атып,
Тегиз каптап калганы.
Күрмө тон кийген күчтүүсү,
Таш сайынган тазасы,
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Качырып уруш салды эми,
Жетик Манас көк жалды
Ортосуна алды эми.
Боз мунарык, күйгөн чаң
Зың-зың этип кенебей,
Туруп берди Манас кан
Өлөмүн - деп кенебейт,
Өңкөй дөөсү каптаса
Бучкагына теңебейт.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей
Кайсы экени билинбейт.
Кызыл айза, күйгөн өрт
Кынап жүрөт Манас кан,
Кыргын салып кытайга,
Кылча көрбөй урушту
Чыдап жүрөт Манас кан.
Эңкейгенде эр саят,
Эсепсиз канкор Манас шер
Жетөөнү катар бир саят.
Торучаарын чуратып,
Кез болгондо калмактын
Кечилин сайып кулатып,
Өр таянса эр сайып,
Шер экенин мындан бил,
Он экисин бир сайып,
Беттеп айза сунганда
Менде чыдап тура албай,
Качырып кылыч суурганда
Калмак чыдап тура албай,
Беттеп айза сунганда
Чаң созулат чубалып,
Төөдөй кара кытайлар
Кулап кетет тырайып,
Асты жагын караса
Таалайы артык канкордун
Алты миң эрдин түрү бар,
Аркасын салса, баатырдын
Ажыдаардын сүрү бар,
Бет алса кытай бөлүнүп,
Таалайы артык канкордун

Арслан сындуу көрүнүп,
Бир караса миң киши,
Бир караса, баатырым
Жер жайнаган сан киши.
Манастын түрү ушундай:
Алты шердин кенжеси,
Айкөл Манас арслан, шер
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Телегейи тең ошол,
Так Алтайдын боюнда
Жашы он экиге келгенде,
Кыраан Манас кабылан
Кыргын салган жери ошол.
«Канкор бурут экен», - деп,
Калдай көрүп күйүнүп,
Шер экени Манастын
Кайнап жаткан кытайдын
Даңазасына чийилип,
Күрмө кийген күчтүүсү
Араласа арслан шер
Ат-атынан күбүлүп
Чыйрагыраак балбаны
Чын жанынан түңүлүп,
Себилдүүсү сексен төрт,
Кызыталак канкордун
Серп алган жагы кызыл өрт,
Алысын чаап суй кылып,
Кыжылдаган кытайды
Айдап көк жал буй кылып,
Беттеп көк жал барганда
Балбан шашып соксоктоп,
Бет алганын көк жалың
Айдап, кууп токмоктоп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү тоодой жыйылып,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары кырылып,
Мыкты балбан кан өлүп,
Жалгыз Манас баладан
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын баары өлүп,
Каары катуу бакырып,
Кырк үйлүүгө жеткирбей,
Кайнап жаткан кытайды
Кабылан Манас канкор шер
Кайра сайды жапырып.
Өйүз-бүйүз жатышып,
Айза менен жетпесе
Мылтык менен атышып,

Бет алышып турушуп,
Алысыраак болушса
Мылтык менен урушуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Камгак учкан эмедей
Караса көзгө илинбейт.
Жаанын огу чыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Катуу кыргын болду эми.
Дөңгө, Жолой алпы бар
Чылгый ичи өрт жанып,
Же Манасты кармап ала албай,
Же канына куру бара албай,
Ардыгынан өлө албай,
Өкүрүгү таш жарат.
Канына куру бара албай,
Чет-четинде зыргытып,
Кол токмоктой кара чач
Ардангандан бул экөө
Чачтарын жулуп ыргытып.
Манаска чыдап тура албай,
Манжуу качып шок-шоктоп,
Ар жагынан эки дөө
Манжуулардын баарысын
Кайра тозуп токмоктоп,
Элдин баары жыйылып,
Эки ортого чөл түшүп,
Балбандын баары кырылып.
Бул кызыкты ким билген,
Жаңыдан болгон ушул иш,
Кыраан Манас кабылан
Кытайга салган чоң дүрбөөн
Мында көргөн болбойт эч арман,
Канкор Манас барында
Калмакка салган чоң жаңжал.
Эчен балбан күчтүүлөр
Баатыр Манас көк жалды:
«Байлаймын» - деп жыйылып,
Байламак турмак бадирек?
Өздөрү чогуу кырылып,
Улугу келип шашты эми:
«Өлтүрөмүн» - деп келип,
Өз дүйнөсүн чачты эми.
Балбанынын баатыры
Айзакерден ыктуусу,

Жоонун айласын билген мыктуусу,
Айзакерден эрени,
Айла тапкыч берени,
Балбан Дөңгө, эр Жолой
Каарды катуу салды эми.
Өлгөнүнөн калганы
Балбанды айдап алганы:
«Бадышалык багынан,
Эр Эсенкан тагынан,
Айтышып калган ооз кана,
Эсенкандын кеби эле:
«Жакыптын уулу Манасты
Кармап келгин» - деди эле,
Кызыкты кыйла кылдырып,
Балбандын баарын кырдырып.
«Буруттан шумдук көрдүк - деп,
Беттешкенде өлдүк» - деп,
Өлбөй кантип тартабыз?
Өкүм бааша эрендин
Уялбай кантип айтабыз?
Кызыталак буруттан
Кырылышып кайтабыз.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алтай салышып,
Кыргын болуп тартабыз,
Кызыталак бурутту
Сырттап-сырттап чыгалы,
Зыркыратып кубалап,
Сыйынган жерге тыгалы.
Ойронду опсуз салалы,
Кызыталак бурутту
Ороп кармап алалы,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп салалы».
Балбан Жолой күүлөнүп,
Баарысына сүйлөнүп,
Кордобой Жолой калбады,
Колдун баарын айдады.
Колдун артын эр Жолой
Айдап алган кези экен,
Койбочудай эр неме
Жайнап алган кези экен.
Кол алдында Чоң Дөңгө
Адам билбес сөзү бар,
Бээжиндин ар жак жагында,
Сазаңшаң деген эл экен,
Киши билбес сөзү бар,
Башында табактай жалгыз көзү бар,

Атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу.
Кежиге чачы үксөйүп,
Каары келип какайып,
Кармашарга жан таппай,
Каары күчтүү капырга
Кайраты толук эр экен,
Каканчылуу Бээжинге
Кайран Дөңгө дээр экен.
Арбагы бийик, аты улук,
Артык балбан эр Дөңгө
Бир жаратылган макулук,
Каарданып туу кармап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көсөгөр тоодой көрүнүп,
Каарланып кыйкырса
Капчыгай көчүп дүпүлдөп,
Манас эмес жөн эле,
Он сегиз миң ааламды
Кыргын кылып кетчүдөй,
Кайран Дөңгө күүлөнүп,
Мурунунан чыккан буу
Кол ыштыктай буркурап,
Кыргын тийген эмедей
Артынан кытайдын колу чуркурап,
Аз гана эмес эл каптап,
Айгайлап сан кол жетерде,
Арслан Манас айкөл шер
Кыргындашып кытайга
Дагы жеткен ошол жер,
Торучаар менен желигип,
Каар салып бакырып,
Каптап кетчү балбанын
Канкор Манас кабылан
Кайра айдады сапырып.
Көрчү болсоң эр Дөңгө
Кылкүрөң менен чамынып,
Бет алдынан өрттөнгүр
Манаска айза саюуга
Калган экен камынып.
Жай-жарагын жайланып,
Кыргын кылып өтчүдөй
Каары бетине айланып,
Каар төгүлүп күүлөнүп,
Жете электе Манаска
Жеп ийчүдөй сүйлөнүп:
«Колду эмне кырдың? - деп
Буйрук келсе чоң кандан

Төөнү эмне кылдың? - деп,
«Кытайды кыргын кылам» - деп,
Ойлоп жүргөн экенсиң,
Айгайлаган калмактын
Алсызы менен чапчышып,
Сен, ойноп жүргөн экенсиң.
Кызыталак, куу бурут,
Бүгүн тийдиң жиниме,
Кетирем бүгүн түрүңдү,
Каарым келип какайдым,
Бүгүн катылбай койбойм бириңе.
Бүгүн билгенимди кыламын,
Так бириңди койбой кырамын!»
Ошентип, Дөңгө күүлөнүп,
Колундагы чокмору
Жолум үйдөй көрүнүп,
Көк темирден туулга
Көмкөрө кийип алыптыр,
Көргөн жерден Манаска
Көк найза сунуп салыптыр.
Кылкүрөңгө камчы уруп,
Кылча жанын аябай,
Капчалдай оозу ачылып,
Оозунан өрт күйүп,
Жең билектей чачылып,
Кылып ийчү эмедей,
Кызыгы кыйла көрүнүп,
Кытайлардан эр Дөңгө
Алган экен бөлүнүп,
Жекеге чыгып алыптыр,
Каарынан капырдын
Жер айрылып алыптыр.
Караса көңүл бөлүнүп,
Болкулдаган ал Дөңгө
Боз сеңир тоодой көрүнүп,
Арт жагынан Дөңгөнүн
Каптап келген балбаны
Аламан коюп калганы.
Кылкүрөңгө камчы уруп,
Кытайлардан бөлүнүп,
Алыптыр Дөңгө балбаны.
Мендеден бөлөк сүрү бар,
Катылышкан адамды
Тирүү койбос түрү бар.
Эр Дөңгөнү көргөндө
Кыраан Манас кабылан
Торучаар тулпар күлүккө
Токтобостон камчы уруп,
Кол салды кытай бүлүккө.

Торучаар оозун бурду эми,
Тоодой болгон Дөңгөгө
Токтобой айза сунду эми.
Белгилүү Манас шериңдин
Берендиги бек башка,
Каканчылуу Бээжинди
Такыр кырчу көй кашка.
Кармашканы канкордун
Коңур салкын күз болгон,
Катылган кара калмактын
Эчендери кырылып:
«Кармашам» - деп, түз болгон.
Эр Дөңгөнү көргөндө
Сайышарын билди эми,
Биле коюп канкоруң
Мыйыгында күлдү эми,
Өлүмдөн кайра түк тартпай,
Ажалдан Манас түк кайтпай,
Торучаар оозун бурду эми,
Кызык темир сыр найза
Эр Дөңгөгө карата
Күркүрөтө сунду эми.
Берен Манас султандын
Бели артында бекчейип,
Алактаган эки көз
Өрттөй кайнап чекчейип,
Каары бөтөн көрүнүп,
Кудай сүйгөн баатырдын
Арслан сүрү көрүнүп,
Алагай көзү чолпондой,
Айкөлдүн сүрүн сураба,
Каалгадай кашка тиш,
Эми калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
Кан ичмеси бек кармап,
Дөңгөгө колду салыптыр.
Тулпар экен Торучаар
Башын жерге салыптыр
Башкача арыш алыптыр.
Басып өтсө кара таш
Талкан болуп быркырап,
Жолум үйдөй даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Көкүлүн көккө зыргытып,
Жаныбар туягын жерге мылгытып,
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Эсеби жок тулпардын
Кабылан оозу менен алышып,

Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча
Шердин шер экени билинип,
Торучаар жетти жүгүрүп,
Торучаардын үстүндөгү кан Манас
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Кан ичме Манас кабылан
Жетик белин курчанып,
Жеткен жерде Дөңгөнү
Айза менен бир сайып,
Жетик бала шериңиз
Жебеден мурун жеткени,
Жеткен жерде Дөңгөнү:
«Кендир курдун чети - деп,
Өпкөнүн бир жак бети - деп,
Жан жеринин тушу - деп,
Өрттөнүп өлгөн чочконун
Өлүүчү жери ушул» - деп,
Кан ичсе тойгус сыр найза
Кармай калып имерип,
Канкордугу мынчалык
Каң дедире Дөңгөнү
Муштап келип жиберди.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Манас шер айза сайганда
Өпкөсү эки бөлүнүп,
Суудай каны төгүлүп,
Көрүп турган адамдын
Бүткөн бою дүркүрөп,
Кылкүрөңдүн үстүнөн
Ээринен арт тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Кулап кетти күркүрөп,
Дөңгө аттан түшкөндө
Балааны башка салганы,
Башын кесип алганы.
Ал Дөңгөсүн жай кылып,
Ичке жолду төтөлөп,
Кылкүрөңдү Манас шер
Олжо кылды жетелеп,
Кылкүрөң коштоп чыккыча,
Кудай бетин көргөзбө,
Камышты көр, селди көр,
Каптап кеткен элди көр,
Мунарык учкан чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр,
Каарлуу Жолой бакырып,
«Какандап» ураан чакырып,

Каарды катуу салды эми,
Кайнап жаткан көп балбан
Каны Жолой баш болуп
Калың Манас султанды
Тегеректеп калды эми.
Акбалтай бай, Жакып бай
Көөдөнгө батпай көп санаа
Кан Манасты көргөндө,
Экөөнүн көзүнүн жашы он талаа:
«Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетели,
Маңдайга бүткөн бала үчүн
Курган жан курман болуп кетели».
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Көөдөнгө батпайт көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа.
«Ажал жетсе өлдүк - деп,
Айла болсо Манаска
Караан болуп бердик - деп,
Кара жанды аябай,
Капталынан кан Балтай
Качырып айза сунганы,
Ортосунда Жакып бай
Ойрон Манас уулу үчүн
Кыргындашып турганы.
Таалайы артык кайран шер,
Талкан кылып кытайды
Кырып жүрөт Манас эр.
Торучаар санга бир салып:
«Кан Манас» - деп, үн салып,
Ойноп-ойноп кеткенде
Он эки калмак тырайып,
Торучаар менен ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Ортосунда зор Манас
Опол-тоодой көрүнүп,
Канкордун каарына чыдабай,
Качып балбан бөлүнүп,
Как алдына келгендин
Качып аман кутулбай,
Агып каны төгүлүп,
Айкырыкка келгенде,
Арслан Манас көк жалдын
Шердик түрү көрүнүп,
Эңкейиште эр саят,
Эсеби жок кабылан
Так элүүсүн катар бир саят.

Калайманга киргенде
Каарланып бакырды,
Кара талдай калмакты
Кайра айдап сапырды,
Орто жерин Акбалтай,
Оюп алган кези экен,
Бир чекесин Жакып бай
Союп калган кези экен,
Калмак качып бириндеп,
Жайнап калган кези экен.
Жайнаганын кыргындап,
Баягы Манас көк жалың
Айдап алган кези экен.
Каарды катуу баштады,
Эр Дөңгөсүн баш кылып,
Келген колдун баарысын
Такыр кырып таштады.
Түзөңдүн баары чаң болду,
Колоттун баарын карасаң
Коркурап аккан кан болуп,
Балааны башка чалдырып, -
Эсенкандын балбаны
Жалгыз Манас канга алдырып,
Акбалтай бай, Жакып бай,
Атты олжо кылыптыр,
Олжого булар тунуптур.
Калмактардын баатыры
Кайран Жолой капыры
Калайманды бир салды;
Калмактардын Жолою
Чыландын жолун тозгону,
Калайманды бир салды,
Кызматкерин кыйратып,
Топурак-Сөксөөл жолунан,
Тозоку Жолой колунан,
Миң калаба бир салып,
Миң төөнүн чайын бир алды.
Каарды катуу баштады,
Жолоюнан бөлөктү
Жонокко кырып таштады.
Кечээ томуктай жерде тоо жок,
Тоңкоё кирер коо жок,
Буурсун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Айдай сары талаада
Артык балбан эр Жолой
Он жайсаңын ээрчитип,
Ойрон Жолой баштыгы.
Маңдай жагын чалдырып,

Балбандарга кошумча
Миң төөдө чайын алдырып,
Балбандан булар бөлүнүп,
Жан аябай ич күйүп,
Өлүүчү түрү көрүнүп,
Түгөнгөн тоонун урчукта
Дүмүрөйгөн тумшукта
Оргуп туман бөлүнөт,
Опол-тоодой даңкайып,
Он эки жайсаң жанында
Ойрон Жолой көрүнөт.
Жайсаңдардын мыктуусу
Кайчы кулак Каман алп,
Жору куйрук Жоон алп,
Карачоюн балбаны
Он эки жайсаң ээрчитип,
Оройгон тоонун урчуктан
Кан Жолой чыга калганы.
Кыйладан Жолой эр ошол
Кызык болуп урушуп,
Кыргындашкан жер ошол,
Улугу бар, дөөсү бар,
Билгенге оор баркы бар,
Манасты байлап алууга
Кумар болгон каркыбар,
Он экидей жайсаңын,
Ар бириси балбандын -
Ары соргок, артык эр
Кыйрашып кызык сайышып,
Кыргын болчу ошол жер.
Эр экен Жолой бакырып,
Кайчы кулак Каман алп,
Каман алпын чакырып:
- Кызыталак Манас буруттан
Өч албай кантип өтөбүз,
Бир өлүшпөй Манаска
Тирүү кантип кетебиз,
Каарды катуу баштады,
Кайран Дөңгө эрендин
Балбаны менен тырайтып,
Такыр кырып таштады.
Калайман баштап, чыр салды,
Үйүң күйгөн бул бурут
Топурактын жонунда
Миң төөнүн чайын бир алды,
Кейишти кечээ баштады,
Менин кечилим тийсе колуна
Кежигесин кержейтип,
Ат кылып биттеп таштады.

Бул зордукту ким көргөн?
Кызыталак буруттан
Кыйланып Жолой эр көрдү.
Бээжин каны Эсенкан
Бет алып жолун чалдырса,
Бек ишенген Жолою
Кызыталак бурутка
Көп дүйнөсүн алдырды.
Өлүшпөй кантип тартабыз?
Баатыр болсо бурутка
Басып уруш салалы,
Бары-жокту кырдырып,
Кантип тирүү калалы.
Астындагы Ачбуудан
Канаттуу тулпар мал ошол,
Куйругу саяң, жалы бас,
Кутургурдун Ачбуудан
Куланды кууса куткарбас,
Салышкан жоого болгон маш.
Астындагы Ачбуудан
Ойку-кайкы бастырып,
Жайсаңдын жанын чыгарып,
Каарланып шаштырып,
Кайран Жолой канетет?
Капа болуп токтобой,
Атасы азыр өлгөндөй
Ач айкырык чуу салып,
Добулбасты бир салып,
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Жолой кан
Көк жолборстой чамынып,
Жолум үйдөй баштанып,
Түлөгөн жору каштанып,
Бөрүдөй көзү бөлүнүп,
Бөлүнүп өлгөн чочконун
Бөтөнчө сыны көрүнүп,
Мурду жалпак, жаргак көз,
Кабагы тайыз, заары күч,
Бул капырдан күдөр үз,
Кара калмак каны экен,
Сайыш менен чабышка
Башынан кадик жан экен.
Өзү жалпак, өңү саз,
Күрөш менен согушка
Эчак болгон эң бир маш,
Жетик Жолой чоң балбан,
Кайчы кулак Каман алп
Караан кылып айдаптыр,
Жору куйрук Жоон алп

Жолдошко бекем шайлаптыр.
Карааны балбан, заары күч
Катынын кара баскансып,
Энтеңдеген капырлар
Кутургур жайын көрүп ал.
Кул дүйнөсүн чачкансып,
Кутургур жайы мамындай
Куугуну жакын качкансып,
Энтелеңдеп эл баштап,
Чыңдап белин курчанып,
Чылгый балаа Жолойдун
Чыдай албай доңуздун
Чылгый ичи өрт жанып,
Чындап согуш салууга,
Чымырканып кан Жолой
Манаска чындап уруш салууга,
Үйүң күйгөн ал чочко
Үтүрөйүп алыптыр,
Чымындай жанын аябай
Чымырканып калыптыр.
Калайман салды бул канкор
Ушул Алтай жерине,
Кыргын салды кызыталак
Менин кара калмак элиме.
Мен Бээжинге кеткенде
Кайруу берген бир жан жок,
Кара калмак тыйылган,
Катылып келген балбаны
Бирөө калбай кырылган.
Бул кызыталак буруттун
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Добушунан жан чыкты,
Сынчы көзү кашайып,
Бул Алтайда туулган, -
Кызыталак бул бурут
Салмак болду чуулган.
Эсенкандын алдынан
Келдик эле көп аскер,
Кызыкты кыйын салдырып,
Кыйла түмөн, көп балбан
Бир бурутка алдырып,
Кан бетин кантип көрөйүн,
Чамам келсе чарпышып,
Бул кызыталак буруттун
Чабыш кылып көрөйүн» -
Деп, ошонтүп Жолой кан
Манастын канкор экенин
Көрүп алган кези экен,
Кайраты толук балбанды

Бөлүп алган кези экен.
Темингиси телпилдеп,
Аркасында айдары
Кол токмоктой селпилдеп,
Астындагы Ачбуудан
Олбуй-солбуй камчы турса
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап.
Ирмегенде кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Тутанып өлгөн бул аттын
Тулпарлык сыны көрүнүп.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап
Жолум үйдөй чоң туяк
Шилтесе жерде тарсылдап,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Каарлуу Жолой баатырда
Сакал да жок, мурут жок,
Балбандыгы башкача,
Кан жыттанган Жолойдун
Баатырлыгы бир канча,
Өлчөөң кеткен бул Жолой
Өлтүрүп канга тойбогон
Жан кыйгычтын бирөө ошол,
Жалаңкычтын өзү ошол,
Кан ичип жүрүп катыккан,
Каары толук заары күч,
Бул капырдан күдөр үз,
Төбө чачы сүксөйүп,
Жеп ийчүдөй үксөйүп,
Качырган каман төштөнүп,
Алуучу аюу көздөнүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Айкырып сунган айзасы
Карагайдай көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Жолум үйдөй чоюн баш
Билекке орой чалынуу
Жолойду көрсөң көзүңдү ач
Болот жаак айбалта
Болжолу жок Жолойдун
Бул колунда чалынуу.
Жолойдун жайын сураба,
Дем алганда муруну,
Мурунунун таноосу
Сеңирлүү тоонун баткалдай,

Бир бетине чочконун
Он эки шибе, кырк манжуу
Ордо атышып жаткыдай.
Эки көздүн кычыгы
Боз адырмак кабактай.
Бир көзүнө карасаң
Бакалуу көл буткулдай,
Каарланган бул капыр
Жөн эле кармашканды жуткудай.
Кашы өрттөнгөн токойдой,
Калбайыңкы эрини
Жылкычы кийген чокойдой.
Өрттөнүп өлгөн бул Жолой
Эрдиги мыктуу, заары күч,
Мындан мурун кармашып,
Эчендерди кылган түз.
Кечээ Кап-Тоонун бери жээгинде,
Сазаңшаңдын элинде,
Күн чыкканда ошол журт
Талаага малча жайылган,
Күн кечкирип кетерде
Кай жерде ийин, кай жер чуңкур,
Жатарга боо камынган,
Ошонун каны Мадыкан,
Мамытбек менен эки кан
Сайышууга ыктанып,
Барган Жолой эмеспи,
Балакетти ал журтка
Салган Жолой эмеспи,
Алтымыш күнү урушуп
Калган Жолой эмеспи,
Көк букачан Мадыкан,
Боз качырчан Мамытбек
Экөөнү бирдей тең байлап
Алган Жолой эмеспи.
«Жолой балбан экен» - деп,
Атагы журтка билинген,
Эр Эсенкан баатырдын
Даңзасына чийилген.
Ошол Жолой балбандын
Мойнуна кытайча лумпу тактырган.
Буттап алтын кызыл зер
Эсенкандын казына
Зарп кылып чачтырып,
Казынага бактырган.
Эркелиги эң башка
Жолойдун жайын сураба,
Бээжинден чыккан көй кашка.
Урушууга сумсайып,

Бууруксунган Жолою
Буттай темир курчанып,
Булгары тердик, бурма бел
Бууруксунган эр Жолой
Астындагы Ачбуудан
Тозоңу тоодой буркурап,
Жекеге чыгып калыптыр,
Каарына капырдын
Жер майышып алыптыр.
Кол токмоктой кара чач
Аркасында селкилдеп,
Мунун темингиси телпилдеп,
Көк ала майдан таш кашат
Майданга чыга калды эми.
Кыраан Манас кабылан
Бет алып чукул барды эле.
Таалайы артык кайран шер,
Калканга кирди Манас шер,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Чуугa кирди Манас шер,
Айыкпай турган бир үлкөн
Дуугa кирди Манас шер.
Аты Кызыр кырк чилтен
Айкөл эрдин жолдошу,
Кырк үйлүүдөн кырк бала
Кан Манастын болжошу,
Кокуй Манас эр менен
Жыйып алган жолдошу.
Ашы бирге жороолош,
Кою бирге короолош,
Өлүм орток ыймандаш,
Бу дүйнөдө жыйгандаш,
Сайышка кирсе айзалаш,
Олжо алса байдалаш,
Караан болуп кырк бала
Кырдан көрөт кызыкты.
Кыраан Манас көк жалың
Эр Жолойго кол салып,
Торучаар санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Чоңдугу тоодой Жолойго
Бет алышты кол салып,
Манас жакын калганда
Анда Жолой муну айтат:
«Атыңдын оозун бура тур,
Антаңдабай, сен бурут,
Алдыңкы жерге тура тур!
«Манас», «Манас» дегенде,
Өзүң он экиге келипсиң,

Барбактап кетет экенсиң,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Суўга салган чаначтай
Дардаңдап кетет экенсиң.
Бул Алтайда туулдуң
Киндигиң тийди буякка,
Сенин кишилигиң каякта?
Дегениме көн, Манас,
Буруттугуң чын болсо -
Кезегимди бер, Манас,
Атактуу Жолой эр элем,
Бала бурут кан эмес,
Он сегиз миң ааламды
Алган Жолой мен элем.
Жекелеше турушуп,
Жеке сайыш кылалык,
Баатырга сонун мырза иш
Жекелешип алалык».
Айтканына Жолойдун
Асыл Манас көндү эми,
Толукшуган Манас кан
Тоодой болгон кабылан
Дегенине көнгөнү,
Каалаганы - кезеги,
Кезегин Манас берди эми:
«Аябай айза сай, Жолой,
Аяп калсаң эгерде
Так энеңди алып кал, Жолой,
Бардык күчүң сал, Жолой,
Жыга сайып кал, Жолой,
Жыга албасаң, Жолоюм,
Жылмаң чалгын чалынат,
Байкагыныӊ, эр Жолой,
Башыңа Балтай чабылат.
Жыласты жылма баштадым,
Мына, Жолой, кебимди ук,
Балбаның кырып таштадым!
Кыйын болсоң ардыккын,
Кечүүңдү чалып жол кылдым,
Уккун ушул сөзүмдү
Сенин кечилиң биттеп кор кылдым.
Жылкыдан миндиң күлүктү,
Менин атам Каракан өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Олжолопсуң малымды,
Кыргын кылып барымды.
Сындырыпсың белимди,
Талкалап айдап ийипсиң,

Сугалак кыргыз элимди.
Эми желигип туулуп жетилдим,
Эми кечүүдөн чалам көчүңдү,
Келберсиген калмагым,
Эми аламын сенден өчүмдү!
Бет алып соём дөөңдү,
Чамам келсе талкалайм
Жолоюм, сенин мээңди.
Шымаланып чыгыпсың
Каканчынын шаарынан,
Кармап, союп жиберсем
Сенин каның сонун баарыдан.
Үч калайман бир салам,
Жылкың түгүл жылмайтып,
Уюңду тийип кошо алам.
Алтай, Оркой жериңди
Айланып, тооруп баспасам,
Манас болбой өлөйүн,
Сенин ордоңду бузуп чачпасам,
Белимди бекем буубасам,
Бет алышып турбасам,
Атаа, безилдеген бүрүгүм,
Сени Бээжинге чейин куубасам,
Төшүңө айза сунбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Сенин төрөңдү сайып жыкпасам!
Таштууңду кармап албасам,
Кызыл чоктуу эриңе
Кыргынды кымбат салбасам!»
Айбаты катуу, заары күч
Арслан Манас күүлөндү:
«Атаа, үч таш тулга, бир очок
Чанач мурун, чоң соргок
Этеги жерге тийбеген,
Эгемдин жалгыз экенин
Эч убакта билбеген,
Эртең менен турбаган,
Кызыталак, бүрүк ит
Эзелки кирин жуубаган,
Андай-мындай дебеген,
Мууздап малын жебеген,
Ыламасын бир кылган
Малы арбын, башы жок
Бурканын кудай дей берген.
Жыйылган кара калмагың,
Каканчыдан Бээжиндин
Канынан буйрук алыпсың,
Калдай кара калмагың
Каарды катуу салыпсың.

Кезетиң ала койгун - деп,
Чамаң келсе, калмагым,
Эми мени соргун» - деп,
Торучаар оозун бурду эми:
«Кезетиң Жолой алгын - деп,
Кеңири күчүң салгын - деп,
Келберсиген чоң калмак,
Келегой кегиң алгын» - деп,
Кыймылдабай, былк этпей,
Кызыр чалган кабылан
Кылт этпей карап турду эле.
Ачбууданчан Жолой кан
Оңурайып барбайып,
Опол-тоодой дардайып,
Жетик эрдин бири экен,
Көрүп сынайт Манасты
Өзү сынчы кул экен.
Капырай, адамдан бөлөк сүрү бар,
Арслaндай түрү бар,
Кара чаар кабылан
Канкор эрдин жолдошу -
Капталында чамынат.
Чолок көк жал арслан
Алып салчу эмедей
Арслан эрдин жөкөрү
Арт жагынан чамынат,
Бир караса - миң киши:
«Калмакты карап алгын» -деп,
Аңдып турган эмедей
Аркасынан жабылат.
Бет алдына караса -
Арандай оозу ачылып,
Алып ийчү эмедей
Аңдып турат сур жолборс,
Ар мүчөсүн карасаң -
Арслан сыны көрүнөт,
Акыл айран, ич күйүп,
Жолойдун көөнү бөлүнөт,
Жан-жагына караса
Жанакы келген буруттун
Жалаңкыч сыны көрүнөт.
Ары балбан, ары шер,
Адамда болбойт мындай шер,
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек
Кайраты бийик, заары күч
Катылышкан адамды
Кыла турган жылма түз.
Үйдөй кара бөркү бар,

Ааламдын баарысын
Жеке кырчу эрки бар,
Астындагы Торучаар
Ирмегенден мал жетпейт.
Үстүндөгү канкорго
Алышкан менен ал жетпейт.
Бет алыша келгенде
Менденин көөнү бөлүнгөн,
Эки беттин ортосу
Ажыдаар түрү көрүнгөн,
Айбаты бийик шер экен,
Ааламдын баарысын
Кыргын салчу эр экен.
Билинбей жүрүп куу бурут
Бул Алтайда туулган,
Катылышкан адамга
Сала турган чуулган.
Бекер туулган шер эмес,
Бекер оңой уул эмес,
Көргөндө жүрөк зырпылдап,
Шер экени билинди,
Көрө салып эр Жолой
Манасты көрүп күйүндү,
Байкап туруп, Жолой эр
Өз жанынан түңүлдү.
Сунуп айза тартпастан,
Ажалдан кылча кайтпастан,
Ачбууданды бир салып,
Каарланып айза алып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Төбө чачы үрпөйүп,
Кайран Жолой балбаны
Манаска айза сунганы,
Каруусу толуп капырга
Кезетин берип эр Манас
Былкылдабай турду эми.
Бет алып сайды эр Жолой,
Сырттан Манас кайран шер
Зың-зың этип кенебей,
Жолой балбан сайганын
Бучкагына теңебей.
Жолойдой балбан капыр жок,
Калмактардын Жолоюн
Жарты кылча көргөн жок,
Айкырып Жолой сайганда
Айзасы кетти быркырап,
Көк жал Манас берендин
Шерлик жайы билинди,

Астындагы Ачбуудан
Эр Жолойдун тулпары
Тизеден жерге орноду,
Мыктап сайса Манас кан
Бир кыйшак этип койбоду.
Калмактардын кан Жолой
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Кылайган арга калбады,
Кайран Жолой канкор эр
Качар жагын камдады:
«Кайрылса Манас жеди - деп,
Сайса бурут оң кылбайт,
Кызыталак бул бурут
Эгерде мени соо кылбайт,
Кызыталак канкордун,
Сайышып турган анткордун
Шердиги эчак билинген,
Туулбастан алты жыл
Каканчындын Бээжиндин
Бичигине чийилген.
Канкор бурут өзү экен,
Өзүм Жолой болгону,
Чиркин, Жолой атка конгону,
Мындай шерди көрбөдүм,
Балбан да элем, шер да элем,
Болбой калган экемин,
Ааламды буй кылган
Атактуу Жолой эр элем,
Оңбой калган экемин.
Каарлуу кайрат баары жок,
Баштакыдай чама жок,
Болбой калган экемин» -
Деп, ошентип, кан Жолой
Ыңкыр-дыңгыр кеп ойлоп,
Жолой минтип турганда
Жолборс, айкөл, кабылан
Оңтойлонуп чамынып,
Жолойго айза саюуга
Жолборсуң айкөл камынып,
Тегерегин карабай
Теңизиң айза сунду эле,
Тегеле жанын аябай.
Кыдырата карабай
Кыйкырып айза сунду эле,
Кылча жанын аябай.
Көк темирден тон кийип,
Көк чыбык айза колго алып,
Торучаар санга бир салып,
Айзаны оңдоп колго алып,

Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көпкөрүнөө кайран эр
Көк жалдык сыны көрүнүп,
Жолойдон кезет алууга,
Ажал жетсе өлүүгө,
Жолой менен эр Манас
Бир мушташып көрүүгө,
Канкор Манас кан ичме
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Берениң Манас бет алып,
Кан Жолойго жетти эле,
Жеткен жерде Жолойду
Канкордугу болбосо,
Кан Манастан башкасы
Кан Жолойго жолойбу?
Жолой кандай эме экен,
Эр Жолойго кол салган
Манас кандай шер экен?
Ач арслан төштөнүп,
Алгыр кыраан көздөнүп,
Айкырып Манас жетти эле,
Жеткен жерде Жолойду:
«Калмак ээрдин кашы - деп,
Как жүрөктүн башы» - деп,
Камбыл тууган капырың
Качырып айза сайды эми.
Калмак каны Жолойдун
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты кылтайып,
Эки өңүрү далбактап,
Кайран жандан түңүлдү,
Калмактардын Жолою
Эки көзү жайнады,
Кайран жандан түңүлүп,
Куюшканды кармады.
Чылгый ичи күйүндү,
Калмактардын Жолою
Чымындай жандан түңүлдү.
«Кайрылса бурут өлдүм - деп,
Он экиде буруттан
Ажалды артык көрдүм» - деп,
Эси кетип салактап,
Эс-акылын жыя албай
Эр Жолой турду алактап,
Айласы кетип бакырып,
«Мөндүлөп» ураан чакырып,
Кайрылып Манас келгиче
Калмактардын Жолою

Каман алпын чакырып,
Жору куйрук Жоон алп
Жоон алпын бакырып,
Алтымыш жайсаң, кырк дөөсү
Коргон болуп Жолойго
Тегеректеп жетти эле,
Жөлөп-таяп Жолойду
Оңолтуп жүрүп кетти эми.
Аркасынан чыр салып,
Ак арсландай суйсалып,
Берениң Манас бет алып,
Белгилүү жанын аябай
Балбандарга жетти эми.
Кайчы кулак Каман алп,
Жору куйрук Жоон алп,
Жолунда кыйын балбаны
Кабылан төрө, канкордун
Астынан чыга калганы.
Балбанды бузуп, жол салып,
Күрмө кийген балбандын
Күчтүүсүнө кол салып,
Маңдай-тескей турушуп,
Айзалашып көк жалдар
Бет алышып урушуп,
Мушташканда айзалар
Куурайдай сынып быркырап,
Айза учунан ак була
Калдактап учуп дыркырап,
Айзадан амал кеткенде,
Айбалта колго алышып,
Көз ирмебей көк жалдар
Муну менен салышып,
Айбалта сынып быркырап,
Тутам жери түк калбай
Такыр сынып чыркырап,
Кылычты колго алышып,
Кыя тарта салышып,
Кылыч сынып быркырап,
Кабы куру калды эми,
Катуу мүшкүл, чоң согуш
Кыргынды эске салды эми.
Чоңдугу тоодой алп менен
Кайран Манас канетсин
Бет алышып калды эми.
Каман алп менен Жоон алп
Балбандыгы башкача,
Үйүң күйгөн иттердин
Баатырдыгы бир канча.
Кан алдында турганда

Кезиккенди койбогон,
Бет алган аман калбаган,
Беттеп менде барбаган:
«Кылып иет окус» - деп,
Кынжы менен байлаган,
Балбан экен, эр экен
Баатыр Манас эр менен
Айкалышкан кези экен.
Капчыгайдын желиндей
Каарланып күркүрөп,
Аңги суунун селиндей
Жер солкулдап дүркүрөп,
Бет алыша калышып,
Манас менен бул алптар
Мендеден бөлөк салышып,
Кудай шер кылып жараткан
Манас эр кандай шер эле,
Манас менен беттешип
Жоон алп менен Каман алп
Экөө кандай эр эле?
Жакалашып тартышып,
Астындагы буудандар
Тизеден жерге батышып,
Тондун баарын тытышып,
Каршы-терши турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Башкасынан айла жок
Чокмор менен урушуп,
Кайчы кулак Каман алп
Канкоруңа жетерде,
Көк жал Манас жетти эми,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча
Кыраан Манас канкор шер
Торучаарга камчы уруп,
Токтолбостон жеткени,
Колунда болот чокморун
Сууруп алып өткөнү,
Каарланып бакырып
«Кыргыздап» ураан чакырып,
Канкор Манас шериңдин
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып сумсайып,
Каары бөлөк, заары күч
Кармашканды кылат түз.
Арсландай көз жайнап,

Арслан Манас көк жалдын
Кан ичмеси бек кармап,
Колунда болот чокморун
Далдап кармап имерип,
Жору куйрук Жоон алпын
Төбөгө салып жиберди.
Чокмор кетти быркырап,
Көк темирден туулга
Асманга учту дыркырап,
Жору куйрук Жоон алпың
Жаны чыкты чыркырап.
Кейитпей көк жал турбады,
Дүнүйө салып Жоон алп
Керигинен кулады,
Кытай кыйла, бул жалгыз
Кызыкты кымбат баштады,
Кырк жайсаң баштык Жоон алпын
Кыраан Манас кабылан
Кыргын кылып таштады.
Кызык уруш кылышып,
Кылчайбастан урушуп,
Күн мезгилин алган жок,
Күнүндө тынып калган жок.
Чыканактап уйку албай,
Чырм этип тынч албай
Чындап Манас урушуп,
Канкордугу билинди.
«Кан ичер көк жал экен» - деп,
Чоң атагы Манастын
Бээжиндин Эсенканынын
Даңзасына чийилди.
Кыргынды кызык баштады,
Эсенкандын элчисин,
Катуу сакчы жерчисин,
Койбой кырып таштады.
Мындай дүмөк ким билген,
Кырааның Манас барында
Кытайга салган чоң дүрбөөн.
Көргөндө болбойт эч арман,
Канкор Манас жомогу
Калмакка салган чоң жаңжал.
Өзү Алтайда туулган,
Он экиге келгенде
Ойронуң салды чуулган.
Кара калмак, манжуунун
Өзөнчөсүн өрттөдү,
Кочкуларын коройтту,
Баатырларын башкача
Койбой кырып соройтту.

Кара суугa кан куйду,
Туландыуу жерди тутантты,
Өзөнчөнү майлады,
Өчөшкөндү жайлады,
Белестен Манас толгонду,
«Манас келет» дегенде
Тилди билген балдары
Дым ыйлабай соорондy.
Катылган тирүү калган жок,
Каканга салды чоң дүмөк
Өлгөн менен арман жок,
Башта Манас жогунда
Кара калмак, ал манжуу
Кырк үйлүү кыргыз шордуугa
Кызыкты мыктап салчу экен,
Ат менен сулуу кызынан
Жылында алым алчу экен,
Ал алымын бербесе
Билгендерин кылчу экен,
Кара калмак, манжуу журт
Койбой сабап урчу экен.
Кечээ Манас он экиге келгенде
Каарды катуу салыптыр,
Эсенкандын келгенин,
Зордук кыла бергенин
Кыргын кылды соройтуп,
Кыйласын союп торойтуп,
Кыргынды кызык баштады,
Кочку, Дөңгө чоң алпын
Койбой кырып таштады.
Каардуу катуу чыр салды,
Топурактын жонунан,
Тозоку Жолой колунан
Миң төөдө чайын бир алды,
Кесирди кенен баштады,
Кечилдерин кержейтип,
Кесирине тийгенди
Малча биттеп таштады.
Айдардуусун аймады,
Таш сайынган мыктуусун
Такыр кырып таштады.
Кан Манаска катылып,
Улугунан кан өлдү,
Канкор шерге катылып,
Кармашкандын баары өлдү.
Жору куйрук Жоон алп
Талкан болуп өлгөнү,
Балбандардын өлгөнүн
Кайчы кулак Каман алп

Жолой экөө көргөнү,
Көрүп алып эр Жолой
Каман алпка айтты кеп,
Ачбуудан оозун бурганы,
Каман алптын өзүнө
Арманын айтып турганы:
«Өзүм Жолой болгону,
Жолой атка конгону,
Кара калмак калк элем,
Каканчылуу Бээжиндин
Чоңдугу тоодой алп элем,
Кең өзөндүн карагай
Оргон Жолой мен элем,
Кез болгонду талкалап,
Соргон Жолой мен элем,
Жеке өзөнгө ээ болуп,
Конгон Жолой мен элем,
Кармашканды соо койбой,
Соргон Жолой мен элем,
Чынмачынга Каканга
Коргон Жолой мен элем,
Чоңдугум тоодой эр элем
Жолукканды жанчтаган
Жолборско чалыш эр элем,
Жолукканды мент кылган
Коргон Жолой мен элем.
Жоону бүгүн көргөнүм,
Чамам чарчап, ал кетип,
Кордукту бүгүн көргөнүм,
Атагым бар Бээжиндин
Аябаган дөөсү элем,
Беттешкенге барчу элем,
Эсенкан буйрук кылганын
Бет алып байлап алчу элем,
Чаар ат минген бурутту,
Бурут мени курутту,
Оң далымдын бети ооруйт
Ики, кокуй, катыгүн!
Баякы өпкөмдүн бир жак чети ооруйт.
Үү - деп, ийсем оозуман
Өжөк-өжөк кан кетти,
Ичим күйүп өрт болуп,
Жолоюңан жан кетти.
Ичи-тышым чок болду,
Эми жетип бир сайса
Тоодой Жолой жок болду.
Өзүм Жолой болгону,
Беттешкенди соргону,
Жети батман буудай жеп,

Дан жыттанган кул элем,
Жети миң дөө өлтүрүп,
Мен дагы кан жыттанган эр элем,
Сегиз батман буудай жеп,
Дан жыттанган уул элем,
Жеткен жерди көп сойгон
Мен дагы жин жыттанган эр элем.
Өлөргө Жолой аз калдым,
Кетериме так калдым,
Бүгүн өчөрүмө аз калдым,
Башым челек кан болду,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай шал болду.
Жандан жаман түңүлдүм,
Буруттун Манас канкору,
Бузуку тууган анткору,
Жан коюучу жан эмес,
Бекер туулган бала эмес,
Ушул Манас чоңойсо
Каарды катуу салат бейм
Өрттөнүп өлгөн бул бурут
Капкайда кегин алат бейм,
Жолукканды жоготуп,
Курмандыкка чалат бейм,
Кагыша кетсек өлөрбүз,
Чынмачынды Каканчын
Өлбөй жүрсөк токтой тур,
Өрттөнүп кеткен буруттан
Иттей кордук көрөрбүз.
Жалындуу бузук көзү бар,
Беттешкен менде оң болбойт,
Кызыталак бурутка
Бет алган киши соо болбойт.
Бул чуулгандуу буруттун
Коюлган аты «Чоң Жинди»,
Үйүң күйгөн буруттун
Бул амалын ким билди?
Сынчы менен мен келбей,
Жакыптын уулун бир көрбөй,
Капыя калган экемин,
Баласын мурун бир көрбөй
Сокур болгон экемин.
Өзүм Жолой болгону,
Жолой атка конгону,
Мындай балаа көрбөдүм.
Өз дүйнөнү чачалы,
Жолуң каткан балага
Жолобостон качалы.
Беттешип менде жеңеби,

Кызыталак канкорго
Теңелген үйүн көрөбү?
Канкор экен, шер экен,
Он эки мүчө тең экен,
Ушул Манас чоңойсо
Буланы бузуп албайбы,
Бузукту катуу салбайбы,
Аман турса Бээжиндин
Кандыгын тартып албайбы!
Бейпай салат куу башка
Өзүм Жолой болгону,
Жолой атка конгону,
Ачбууданды мингени,
Айкырып жоого тийгени,
Жолуккандын баарына
Жоболоңду салчу элем,
Кезиккенди талкалап,
Кейитип байлап алчу элем.
Өзүм Жолой болгону,
Бул буруттун колунан
Өлүп кала таштадым,
Эрбеңдеген эки кол
Өйдө болбой шал болду,
Челектей болгон кайран баш
Жарылып кара кан болду.
Кабыргам кетти быркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Омурткамдын кошмосу
Бул бурут айза сайганда
Бөлөк-бөлөк бөлүндү,
Кызыталак буруттун
Капырай кыйындык жайы көрүндү.
Көз жумулуп өлбөдүм,
Кан Жолой аткаконгону
Каардуу мындай көрбөдүм.
Кайраты мыктуу, заары күч
Канчаларды кылды түз,
Кармаша турган жоо эмес
Бул буруттан күдөр үз.
Оң таптырчу уул эмес,
Оңой кылчу кул эмес,
Каарды катуу баштады,
Баатырсынган Дөңгөнү
Такыр кырып таштады.
Балбан да экен, шер да экен,
Кызыталак бул канкор
Артык балбан эр да экен,
Дүмөктү чууга баштады,
Караан кылган балбанды

Такыр кырып таштады,
Акылы айран бөлүндү,
Айбатынан жан чыгып,
Үйүң күйгөн бул бурут
Жалаңкыч сыны көрүндү.
Алпым да бар, дөөм да бар
Бет алып айза сайбады,
Каары күчтүү буруттан
Бет алган тирүү калбады.
Оңой бурут уулу эмес,
Бет алышкан мендени
Оң таптырчу кул эмес,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Жолум үйдөй бөркү бар,
Жолуккандын баарысын
Жөн эле кыйратып ийчү эрки бар,
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Ак жолборстой сүрү бар,
Ааламдын баарысын
Ала турган түрү бар,
Көк жолборстой чамынып,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Алтайда бурут туулган,
Кытай эмес кылымга
Сала турган чуулган.
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсак
Жер жүзүнөн кең экен,
Өлчөөсүн көрүп байкасам
Шай колдогон шер экен.
Сыягы суук Манаска
Менде азарын салабы?
Кызыталак канкорго
Бет алган тирүү калабы?»
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүнөө кудай билбесе
Көрүп келген киши жок,
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе
Жанынан келген киши жок.
Зайыппуруш шерлерди
Жомок кылдык эрмекке,
Илгерки кеткен шерлердин
Жосунун айтып бермекке.
Калмактардын кан Жолой
Башын чайкап күйүнүп:

«Кармаса кыргын салат» - деп,
Кайран жандан түңүлүп:
«Сары жаргак шым кийген
Жакыптын уулу Манастын
Зарларлык сыны көрүнөт,
Жазганбай жоону кыйратчу
Балбандык сыны көрүнөт,
Ааламды талкандай
Салчу сыны көрүнөт,
Экөөбүз турмак Каман алп
Какайлатып Бээжинди
Алчу сыны көрүнөт.
Кырк чилтен жолдош шер экен,
Кытай турмак Кырымды
Кызыгып тийсең жинине
Кыйратып ийчү шер экен,
Адамдан мындай болобу?
Салмакташып, беттешип
Муну менен сайышкан адам оңобу?
Мындай карап отурса
Бир адам болуп табылат,
Айкырып айза сунганда
Миң киши болуп жабылат.
Беттешсек бу кан төгүлөт,
Кызыталак бул канкор
Мендеден бөлөк көрүнөт,
Оңой бурут жоо эмес,
Шай колдогон шер экен,
Кез болгонду кулатып,
Тебелеп кетер эме экен.
Кызыталак канкорду
Бул Алтайдын ичинде
Көрүмбөй тууган анткорду,
Кырк чилтен экен жолдошу,
Чилтендин бирөө сур жолборс
Асты жагын баштаптыр,
Эң астында беш адам
Белгилүү жолун чалыптыр,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Жолун баштап алыптыр.
Алп кара куш зымырык
Азыр илип кетчүдөй,
Азыр түпкө жетчүдөй,
Асмандан арбайтып бутун салыптыр.
Көк жал Манас кабылан
Алтымыш кулач кара мар
Жыландын чоңу ажыдаар
Арт жагынан ышкырып,

Жолдош болуп калыптыр.
Капчалдай оозу ачылып
Леп тартып ийчү эмедей
Оозунан өртү чачылып,
Сойлоп жүрүп калыптыр.
Мендеден бөлөк түрү бар,
Каптал жагым Каканчын,
Улуңту Дыңша, Бакбурчун
Ушуларды талкалап,
Алчу түрү бар экен,
Чынмачынга кыргынды
Салчу түрү бар экен.
Өлбөй-житпей бул жерден
Өз дүйнөнү чачалы,
Карыкан көздөй качалы,
Кызыталак бул бурут
Чалышсак чама түк келбейт,
Чабышсак моюн түк бербейт.
Чарпыша кетсек кокустан
Кокуйду башка салбасын,
Койбой кармап албасын
Койдой башты кеспесин,
Курсакты бээдей жарбасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбасын.
Тыйпыл кылып талкалап
Таза кырып салбасын» -
Деп, ошонтүп эр Жолой
Каарланып чамынып,
Качарына камынып,
Боконо сөөгү болкулдап,
Боктуу ичеги солкулдап,
Чыны менен күйүнүп,
Капырдын Жолой балбаны
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Кайран Жолой качты эми,
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Дүмүрөйгөн тумшуктан,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Астындагы Торучаар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Торучаар оозун буруптур,
Кырма темир сыр найза
Кыйкырык салып сунуптур.
Каарланып бет алып,
Качып берген Жолойго
Канкор шер айза көтөрүп,

Астындагы Torучаар
Сопол куйрук, сом туяк,
Темир туяк, жез билек
Чуу укканда бөлүнүп,
Тулпарлык сыны көрүнүп,
Ирмегенде кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Чуркаганда тулпарың
Буудандык сыны көрүнүп,
Арандай ооз ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Басып өткөн кара таш
Талкан болуп быркырап,
Жолум үйдөй дыркырап,
Жолборс Манас көк жалдын
Төбөсүндө дыркырап,
Баарыдан тулпар Торучаар
Башын жерге салыптыр,
Арбытып арыш алыптыр.
Эти кызып ээлигип,
Кайыктай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Койбой чуркап арыштап,
Тулпарлык сыны көрүнүп,
Булчуң эти карасаң
Жолум үйдөй көрүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Арандай оозу ачылып,
Бүрүшүп кеткен туягы
Жолум үйдөй ачылып,
Тозоңун тоодой чубалтып,
Калмактардын Жолоюн
Түгөнгөн тоонун урчугу,
Түмпүйгөн тоонун тумшугу -
Айры белес тайпаңды
Айкөл Манас кабылан
Алты айланта кууду эле,
Жетим кайкаң дөбөчө
Жеткилең айкөл Манас кан
Жети айланта кууду эми.
Түз адырмак кайкаңга
Манас кетип баратат,
Адыр-күдүр чыбырда
Жолой качып баратат,
Будурмакты айланып,
Буткулга салып кубалап,
Эңкейишке киргенде
Чоң Жолойдун Ачбуудан

Эликтей колу сайылып,
Өр таяна бергенде
Канкоруңдун Торучаар
Жал-куйругу жайылып,
Будур жерге келгенде
Эр Жолойдун Ачбуудан
Букадай мойну булкулдап,
Бурулушка келгенде
Буудан экен Торучаар
Бугудай көзү жылтылдап,
Айдай сары талаанын
Атактуу Жолой кыраакы
Алкымына салды эле,
Сары изине чөп салып,
Заманасын кетирип,
Манас саргарта кууп алды эми.
Томуктай жерде тоо жок,
Томпоюп кирер коо жок,
Кытайлар Дыңша дээр экен,
Кырк күнчүлүк чөл экен.
Чып этим жерде суу жок,
Чымчып жээр чөбү жок,
Ошол чөлдү этектеп,
Ашып Жолой баратат.
Алапайын таба албай,
Аманат жандан түңүлүп,
Качып Жолой баратат:
«Жетсе канкор жеди», - деп,
Жерге кирген чоң Жолой
Жетик жандан түңүлдү.
Кабагы карыш тырышып,
Каарланып күпүлдөп,
Кайран Жолой канетсин
Ачбуудан менен урушуп:
«Канаттуу тулпар мал элең,
Каргыш тийди саа - деп,
Жетсе канкор оң кылбайт,
Ажал жетти маа» - деп,
Капырлардын Жолою
Жеткилең кыйын шум экен.
Чоң зыйкырчы, жадыкөй
Өзү жайчы кул экен.
Жер бөлүнүп закымдап,
Торучаары курусун,
Жолойдун Ачбууданга
Жетмек болду жакындап,
Астындагы Жолойго
Күүлөндү Манас баркылдап:
«Кызыталак Жолой кул,

Качып отур көрөйүн,
Сенин каныңды суудай төгөйүн,
Кайра тарткын эр болсоң,
Кармалашып көрөйүн!
Этеги карыш тилик ит,
Эс билбеген чирик ит!
Минтип качып отурсаң
Аңгекке ууп тыкпасам,
Азапты артык кылбасам,
Бээжинге чейин куубасам,
Каарды катуу салбасам,
Кылычтап башың албасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Кара калмак качпагын
Кармалашып көрөйүн.
Минтип качып отурсаң
Качканың менен койбоймун,
Каарыма кабылдың
Каргыш болуп торгоймун,
Эми жетсем оң кылбайм.
«Алыша албай өлдүм», - деп,
Армандуу болуп каласың,
Каарды катуу көрөсүң,
Катынча качып өлөсүң!
Жетчү болсом калмак саа
Кызыкты кыйын саламын,
Барбаңдаган кайырдин
Жетчү болсом өзүңө
Кылычтап башың аламын!
Кытайга тууган кыргынмын,
Кызыкты кымбат саламын,
Кыйла атамды өлтүрдүң,
Ошонун өчүн аламын!
Өзөндүү булак чоң Алтай
Ошону өрдөтө салар малым жок,
Өзүң тийип чыр кылдың,
Өлөрман кытай, коё тур,
Өлүмдөн аяр жаным жок.
Каарым келди какайдым,
Катуу тийдиң жиниме,
Казат баштап урушуп,
Эми катылбай койбойм бириңе.
Тим жүргөн жанды тим койбой,
Тийдиңби менин жиниме?
Катыламын Каканчың
Басташканым Бакбурчун
Белди бекем бубамын,
Бездиң кара калмагым,
Сени Бээжинге чейин кубамын!

Жетчү болсом кокустан,
Кабыргаңдын бөксөсүн
Качыр-бучур сөгөмүн,
Каныңды койбой төгөмүн,
Кызыталак, ой, калмак,
Азапка эми чатылдың,
Жети миң балбан кол тартып,
Жергеме не - деп, катылдың.
Жергеме кол салгыдай,
Мени байлап алгыдай,
Бээжинден көчкөн кытайдын
Беш калаа сан көчү жок,
Бейилсиз калмак тура тур
Жети атаңдын өчү жок!»
Манас келет күүлөнүп,
Шер Жолойго сүйлөнүп,
Бакырып Манас кеп айтса,
Качкан Жолой калмактын
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Аркасына көз салса,
Айкөл Манас кабылан
Кан ичер түрү көрүнүп,
Астындагы順учаар
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө союлгур
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Омбул-домбул чуратып,
Тозоңун тоодой уратып,
Астындагы Торучаар
Булуттай учуп закымдап,
Калган экен кызыталак
Ачбууданга жакындап,
Жакын Манас барганда
Былкылдактын сары саз
Ичи токой, чилик аралаш
Айласын таппай шашты эми
Көзөл экен эр Жолой
Токойго кире качты эми.
Калмактардын кан Жолой
Өзү жайчы кул экен,
Токойго кирип барганы,
Күн жаадырчу жай ташты
Көтөрүп сууга салды эми.
Астыдан булут табылды,
Жер жүзүнө көгөрүп,
Жөө туман түшүп жабылды,
Туш-тушунан зыркырап,
Муздак шамал урду эле,
Тоо башына дүмпүйүп,

Кара булут турду эле.
Булут учуп кыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр куюлуп,
Ак ала жамгыр шыбыргак
Кудай бетин көргөзбө,
Тоо-тоонун башы жабылып,
Чуңкурдан туман табылды.
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Аңгектин баары тыгындап,
Арыктын баарын жыгындап,
Асман менен куюлган
Алты сай мөндүр шыбыргак,
Жердин үстү бузулуп,
Кыян жүрүп кыбырлап,
Коктудагы жыгачтын
Дүмүрү чыгып короюп,
Жаткан төөдөй, уйдай таш
Талаага токтоп короюп.
Жаткан төөдөй дөңгөчтөр
Каршы-терши сороюп,
Токойдун баары тутулуп,
Тоонун баарын карасаң
Кыян жүрүп бузулуп,
Кызык кылып күн жайлап.
Кызыталак Жолой кутулуп,
Аранын баары бузулуп,
Жайдын күн муздак кыш болуп,
Төрө Манас бетине
Төрт эли муздак муз туруп,
Кыбыладан
Муздак жел жүрүп зырылдап,
Чүмкөгөн булут чачылып,
Жапжарык болуп
Алданын күнү ачылып,
Жер үстүнөн кара буу чыгып буркурап,
Жолойду таппай кайгырып,
Кан ичер канкор зор Манас
Алтайга тартты кайрылып,
Жалгыз жолду жакалап,
Көрүнгөндө көрүнгөн
Тетиги Алтайдын тоосун бакалап,
Асмандан ак ала мунар тутулуп,
Көп балбанын кырдырып,
Баякы тозоку Жолой кутулуп.
Атаа, олжоңдогон кайран эр
Олоктоп тарткан ошол жер,
Ач арслан төштөнүп,
Ачуусу келип түнөрүп,

Алгыр бүркүт көздөнүп,
Оңураңдап кайран шер,
Олоңдогон курган эр
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Жүрөрүнө жол таппай,
Тиерине кол таппай,
Алтайдын тоосун жакалап,
Асыл көк жал келатса
Алтымыш тулпар сан буудан
Астына айдап алыптыр,
Бет алдынан барбайып,
Каман алп чыга калганы.
Каман алпты көргөндө
Эрте сөзү кеч болуп,
Кан ичме Манас канкордун
Бир кагыша кетүүгө
Эки көзү төрт болуп:
«Кайчы кулак Каман алп
Кармалаша калайын,
Олжо кылган күлүгүн
Ортодон тартып алайын!
Күрдөлүү башым барында
Күлүктөрдү айдатып,
Олжого кантип берейин,
Күчтүүсүнгөн кул менен
Күпүлдөшүп көрөйүн
Туйгун башым барында
Тулпарым кантип берейин,
Бээжинден чыккан алп экен
Муну менен бет алышып көрөйүн!
Каарды катуу салайын,
Опол-тоодой алп менен
Бир кагышып калайын,
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Опол-тоодой балбанга
Олоктошуп жолугуп,
Ойрондошуп көрөйүн!
Баатырсынган Каман алп
Качырып айза саяйын,
Камбылсынган ит менен
Бир кармалашып калайын.
«Тагдырда жоктур даба» - деп,
Талканды мыктап салайын,
«Кара калмак сага» - деп,
Капкайдагы өчүм алайын.
Кайчы кулак Каман алп
Кайраты мыктуу, заары күч
Бул бир тобунан жаман алп,

Айзакерден абыдан
Даңгылдыгы бар экен,
Алышканды жок кылган
Камбылдыгы бар экен.
Алышкан жоого кез келсе
Добушунан жан чыгат,
Ою менен болчу экен,
Колуна таамай тийгенин
Жаш камыш чөптөй орчу экен,
Кайраты келип, кол салса,
Кагышкандын баарысын
Жөн эле аты менен сорчу экен,
Алышкандын эченин
Кыргын кылып койчу экен.
Кечээ жети Бээжин козголуп,
Кап-Тоонун бери бетинде,
Кытайдын ары четинде,
Кыяңгер, Капсаң-Тоосунда,
Суук-Капчыгай оозунда
Суук-Төр деген төрүндө,
Жалгыз көз деген элинде,
Кызыталак кытайдын
Уруусу эчен элинде,
Ошонун бер жак бетинде,
Шибе деген эл экен,
Жери майдан ээн экен.
Адам бөлгөн алыстан,
Катыны тууса ырымы -
Устара кылган камыштан,
Киндигин кесип ырымдап,
Тукуму шибе дээр экен,
Жалгызын көрсө карышкыр
Алыста койдой жээр экен,
Кайчы кулак Каман алп
Ошол шибе эл экен.
Шибе журттан туулуп,
Балбан болуп Каман алп
Боконо сөөгү толгондо,
Балбан атка конгондо,
Казынага алыптыр,
Тоюна токсон качыр союптур,
Муну менен чоң балбан атка конуптур.
Ошол Суук-Төрдүн жеринде,
Жалгыз көздүн элинде
Сазаңшаңдын өзүндө,
Жети Бээжин козголуп,
Жети жыл уруш салыптыр,
Ит жээр, бит жээр калкына
Согуш кылып барыптыр,

Кытайдын баары жыйылып,
Жалгыз көздүн элине
Согуш кылып барганда
Жалпы баары кырылып,
Атагы чыккан Бээжинге,
Жалгыз көздүн элине
Жапаны жалгыз салыптыр,
Калмактардын Жолою
Белге таңуу кылыптыр,
Жалгыз көз элин Каман алп
Жалгыз өзү кырыптыр.
Кайраттуусун жайлаптыр,
Канчаларын кул кылып,
Бээжинге тирүү байлаптыр.
Бейпайды мыктап салыптыр,
Бет каратып багынтып,
Жалгыз көз журтун алыптыр.
Кайчы кулак Каман алп
Катылганды кайсаган
Бул дагы атагы чыккан жаман алп.
Керишип канга тойбогон,
Үйүң күйгөн бул чочко
Кез болгонду койбогон,
Балбандыгы башкача,
Мунун баатырлыгы бир канча,
Жүрөгүнөн чаң чыгат,
Мунун добушунан жан чыгат.
Эчен төрдү жайлаган,
Эр Эсенкан баатырга
Тартуу кылып эчен дөөнү байлаган.
Балбандыгы билинген,
Белгиленип чоң кандын
Бичигине чийилген.
Кайчы кулак Каман алп
Манастын түрүн көргөндө
Каарланып бакырып,
«Какайлап» ураан чакырып,
Каарланып элеңдеп,
Жай-жарагын белендеп,
Керишүүгө ой кылып,
Керигин санга бир салып,
Түсү качып, көз жайнап:
«Түгөтөм бурут сени» - деп,
Айзасын түздөп бек кармап,
Айгайы кулак тундуруп,
Колундагы айзасын
Манасты көздөй сундуруп,
Жебеден мурун жетишип,
Жеткен жерден мушташып,

Айзалашып өтүшүп,
Айза сынып кеткенде
Айбалта менен кагышып,
Андан айла кеткенде
Кылыч менен чабышып,
Мындан айла кеткенде,
Чокмор менен кагышып,
Кезенишип турушуп,
Бет алышып урушуп,
Кез болгондун баарысын
Бөрүчө бөлүп жулушуп,
Карсылдашып урушуп,
Чоң Алтайда чыр салган,
Канкоруңдун жумушу
Карама карап калышып,
Кармай калып айзаны
Кез келген жерге малышып,
Кылыч башта жаркылдап,
Айбалта башта такылдап,
Жан аябай турушуп,
Жадаал салып урушуп,
Арслан Манас көк жалдын
Колдогону кырк чилтен
Шер экени белгилүү,
Ошондо Манас кабылан
Чымырканып чыңданды,
Бардыгер күчтүн баарысын
Колуна жыйып тыңданды,
Кайраттанып сабылып,
Кайыптан акыл табылып,
Каарланды Манас кан
Кудретке жалынып:
«Душманды кыраар шер кылдың
Он эки мүчө тең кылдың,
Бир капырга ал жетпей
Мынча неге кем кылдың?» -
Деп, ошондо муну айтып,
Арсландай көзү жайнады,
Канкор Манас шериңдин
Кан ичмеси кармады.
Каарланып урушту,
Каршылашып турушту.
Кыраан Манас кайран шер
Эңкейип эрдик салды эле,
Каман алптын
Кол токмоктой кара чач
Колуна тие калды эле,
Шамдагайы болжолсуз
Шапа-шупа бат кармап,

Үзөңгүнүн боолукка
Үч жол орой салды эле,
Жылкыдан тулпар Торучаар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
«Чү» - деп жүрүп калды эле.
Торучаар жоого үйрөтүп,
Опол-тоодой шибени
Дыркыратып сүйрөтүп,
Бай Жакыптын чоң кылыч
Жанынан сууруп алды эми,
Кайчы кулак Каман алп
Койдой башы кесилип,
Коондой ичи жарылып,
Кан Манастын колунан
Өлүм болуп калды эми.
Колот жерди май кылып,
Каман алпты жай кылып,
Кыргын салып кытайга
Канга тоюп катыгып,
Канкор Манас атыгып,
Катылган тирүү калган жок,
Кудай сүйгөн кайран шер
Өлгөн менен арман жок.
Беттешкенди мент кылды,
Кез болгонду кармады,
Бет ала келген балбандан
Бирөө тирүү калбады,
Беттешкендин баарысын
Берен Манас жалмады.
Белсенип чыккан күчтүүнүн
Берен Манас колунан
Бирөө тирүү калбады.
Торучаар ичин ачырып,
Топ балбанын кырдырып,
Топурак-Тикен жонунан
Тозоку Жолой балбанын
Бээжинди көздөй качырып,
Аябаган дүмөктү
Арслан салган жери экен.
Алтымыш буудан тулпарды
Айдап Манас келди эми,
Жанындагы кырк бала
Олжо кылып кетти эми.
Кырк баланын башчысы,
Кыйласынан жакшысы,
Айзага камбыл ыктуусу,
Жоо бөрүсү мыктуусу,
Куру сөздүн бекери

Куруп калган Кутубий -
Көк жал Манас жөкөрү.
Ободон жылдыз болжошу,
Байчоро менен Чалыбай,
Баатырыңдын жолдошу,
Жыйып алган кырк бала
Канкоруңдун жолдошу.
Манас салып кыргынды
Туурдугун май кылды,
Тушукканда кыргызды
Туш-туш жерге бай кылды.
Керегесин май кылды,
Кезиккенде кыргызды
Келберсиген бай кылды.
Санаасы менен болтурду,
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтурду,
Көңүлү менен болтурду,
Көмүркөйдүн баарысын
Көп алтынга толтурду.
Ордо бузуп, олжо алып,
Орчун журтту байытты,
Телегейин тең кылды,
Катылганды тең кырды,
Кара калмак, манжуура
Кырк үйлүү кыргыз шордууну
Ошол журтка тең кылды.
Чоңсунганын сомдоду,
Зордук кылган адамды
Айбалталап токмоктоп,
Арслан Манас оңдоду,
Келип калса кокустан
Бирөө тирүү болбоду.
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Кырк үйлүү кыргыз журтуна
Кабылан Манас туулган,
Кулак угуп, көз көрүп,
Аты угулган манжуура
Айкөлүң салды чуулган.
Жолоп адам барбады,
Жолборсуңдун астына
Жолуккан тирүү калбады.
Каттап адам барбады,
Канкоруңдун өзүнө
Катылган тирүү калбады.
Кырк үйлүү кыргыз карып журт:
«Манас атка минди - деп,
Кыйланып келген кырк үйлүү

Эгедер болуп, ээ болду
Маңдайга кудай бир жазган
Бизге ырыс дөө болду», -
Баабединге бат айтып,
Алда Таала жолуна
Ай туяктан ат айтып,
Өлө турган ой кылып,
«Кара калмак, манжуудан
Кутулуп жатып калдык» - деп,
Курган кыргыз той кылып,
Баабединин бат айтып,
Түлөө кылып буркурап,
Түгөл кыргыз чуркурап,
Мойнуна буурчак салынып,
Чурулдашып чуу туруп,
Жаратканга жалынып,
Күйүттүн баары ачылып,
Күптүнүн баары жазылып,
Ачылган арт жабылып,
Абийирдин баары табылып,
Үзүлгөнү уланып,
Үшүнтүп кыргыз кубанып:
«Өчкөн оттор тамды - деп,
Маңдайга Манасты кудай берди - деп,
Боз керешке булуң чер
Жел тийбеген жылууну
Кудай бизге берди - деп,
Ордолуу журттан айрылып,
Тентип келген эл элек,
Кара калмак, манжуу журт
Ортосунда калчу элек,
Каяшаяк биз берип,
Кайшалаңдап бир койсок,
Кыргын болуп калчу элек».
Киши тапкыс ой кылып,
Курган кыргыз той кылып,
Көк бөрү тартып чаң салып:
«Кутулдук калмак элден» - деп,
Кунан чаап, чаң салып,
Кутуруп кыргыз даң салып:
«Журт кутулуп калдык» - деп,
Эсепсиз кыргыз той кылып,
Элдин жаны тынды эми.
Манас, Манас болгон жер,
Манас атка конгон жер,
Ак калпакты кийди эми,
Алчайып атка минди эми.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алды - дейт,

Ордо күтүп, кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Орунтуктуу эр болуп,
Он эки мүчө тең болуп,
Куйүттүү кыргыз кырк үйлүү
Күтүп алаар шер болуп,
Толкуган кара калмакка
Тоодой кара сел болду.
Ошондо Манас кабылан
Чалгын чалып, жер кайгып,
Буурукса бугу атышып,
Буурукпаса Алтайда
Кеңири ойноп жатышып,
Түздөн кулан куулган,
Каканчы менен кармашып,
Бээжинге салган чуулган,
Берен да ошол, бел да ошол,
Белгилүү Манас шер да ошол.
Дүнүйөнү жайнатып,
Багылан козу, ширин баш,
Бор кайнатып салышып,
Капанын баарын жоюшуп,
Бай Жакыптын кырк тайын
Бир сапарда союшуп,
Мал күндүү Жакып карыя:
«Кырк тайым бир күн сойду» - деп,
Чекесин түйүп тырышып,
Кайта айтууга чара жок
Ичинде Жакып урушуп.

## 9 Манаска кырк чилтен, Кызырдын жолукканы Акбалтайдын кеңеши менен Манас Кошойду көздөй жөнөгөнү

Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Супа садак чалганда,
Таң сөгүлүп калганда,
Таң атардын муздак жели урганда
Камыштын башы зыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Жерге жарык тийди эле,
Жанындагы кырк бала
Кыраң жерди караса
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Кыраң менен бир болуп,
Кырк бала менен Манаска
Бир карышкыр көрүнөт.

Карышкырды көргөндө
Арсландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Денеси үркүп чочунуп,
Коржоктогон шер Манас
Торучаар атты токунуп,
Кылычты кынай жайланып,
Чокморду туура байланып,
Береленип белсенип,
Берен Манас көк жалың
Бери ургандай теңселип,
Ар болотун шайланып,
Жабдык жасап байланып,
Жанындагы кырк бала
Каарланып таптанып,
Канкорго жөкөр болууга
Кыркынын баары аттанып,
Астында Манас кабылан
Журт баштаган төрөдөй,
Айгай салып, чуу тартып,
Кырк баланын баарысы
Кыргын тийген эмедей,
Карышкыр качты зирилдеп,
Тегеректеп кырк бала
Бөрүнү кууду бириндеп.
Айгай кулак тундурду,
Айкөл Манас баш болуп,
Астындагы бөрүнү
Бир эсебин эңкейип,
Таба турган болгондо,
Эми жетип бөрүнү
Чаба турган болгондо,
Оң жагына караса
Кыядан түштү кырк киши,
Кырк чилтендин өзү экен,
Бөрү болуп кубулган
Аты Алейкисалам өзү экен,
Өзү турмак береки
Караган кара көзү экен,
Карышкыр болуп кубулуп,
Манаска жолукканы жүргөнү
Белестен чыкты беш киши
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Айбаты жанды жегидей,
Шай атамдын өзү экен,
Кырааның Манас көк жалга
Жолуга турган кези экен,

Кол алышып турду эми.
Аты Кызыр дубана:
«Колдодум» - деп, Манаска
Ичинен ыпча тон берди,
Кырк чилтендин баарысы,
Шай ата баштык карысы
Кыдырата кол берди.
Белекке берген көк күрмө,
Ок өтпөй турган бек күрмө,
Кийсең жоого ылайык,
Ок өтпөгөн кылайып,
Табылгы жаксаң чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт,
Жакадан тартсаң кол өтпөйт,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме жака, кең күрмө,
Керишке кийсең ылайык.
«Кызыр атам берди - деп,
Алты шердин кенжеси,
Арсланым, кийгин бул тонду,
Балбандыгың башкача
Алда Таалам жаратты,
Сенин баатырлыгың бир канча,
Отко салса күйбөйсүң,
Сел каптаса акпайсың,
Арбагың артык, заарың күч,
Катылгандын баарысын
Алдам ысап бербесе,
Кыйратасың кылып түз.
Алда Таала жалгыздын
Мендеси болуп жаралдың,
Алты шердин артыкча
Кенжеси болуп жаралдың,
Зайыппуруш көк жалдын
Берени болуп жаралдың,
Калк баашасы кабылан
Эрени болуп жаралдың,
Султандасың, кандасың
Жараткан чындап жасаган
Арбагың бийик, атың оор,
Айкөл Манас өзүң зор
Бел байлаган белимсиң,
Алда Таала жараткан
Белгилүү көк жал шеримсиң.
Арбагың бийик, атың оор -
Эңкейтип душман жеңе албайт,
Сага эч ким туура келе албайт.
Айкашкан жоого киргенде,

Шыдыр жолуң төтөлөйм,
Ооздуктан алып, кулунум,
Өзүм кармап жетелейм.
Жараткан жалгыз кудайым
«Болжош бол - деп жиберди,
Жараткан жалгыз бир кудай
Көк жал Манас өзүнө
Жолдош бол» - деп жиберди,
Жылаңайлак, жылаң баш
Аты Кызыр өзүмүн.
Кулунум, Манас, көзүңдү ач!
Быягыңда кырк киши
Кырк чилтендин өзү ушул,
Кол бергени көк жалым,
Келип калган кези ушул,
Кыдырата дос болгун
Кырк чилтендин өзү ушул.
Кыдырата кол берип,
Кырк чилтен кирди чуркурап,
Белестеги беш киши
Белгилүү Шайдын өзү ушул.
«Беренге жолдош болом» - деп,
Бет алып келген кези ушул.
Түшө калып беш киши
Кучакташып калды эми,
Ошондо Манас кабылан
«Шер» атагын алды эми.
Дин түркүгү зор кансың,
Чындап кудай жараткан
Артык улук адамсың,
Кара дин болбой ак болгун,
Барлыгын билип кудайды
Чын бусурман бат болгун.
Балам, бүгүн көргөн, эртең жок
Жети күндүн бири өлүм,
Жеткилең динди билбесең
Уят болот мунуңуз,
Башыңа тоодой иш келсе
Шүкүр кылып туруңуз,
Акырет жолу такылдыр,
Акыры ыйман жакындыр,
Ал ыйманды билбеген
Дин билбеген капырдыр.
«Быссымылда» деген тилге кел,
Кудай - жалгыз, куран - чын,
Байгамбар ак, диниң ак,
Чачып ийчи жыйганды,
Каалагын жалгыз ыйманды.
Барлык бирлик иш билгин,

Кудайдын атын бүт билгин».
Кызыр мындай деген соң,
Кызырлуу Манас көк жалың
Асмандан жылдыз козголуп,
Кызыр менен Манас кан
Кырк эки сапар дос болуп:
«Өзүң улук шердирсиң», -
Кырк чилтен менен Шай атаң
Конуп калган жери ошол,
Чын бусурман Манас кан
Болуп калган жери ошол.
Каалаганы кадырдай
Түнгө келди зор Манас,
Кара динден ак болуп,
Динге келди зор Манас.
Зайыппуруш кайран шер
Болгон экен зор Манас,
Көкүрөккө көп ыйман
Толгон экен зор Манас.
Ошпурдун уулу Чеге экен,
Чакырып алып Чегени
Атасын сурап отурсаң,
Кара калмак уулу экен,
Чеге аттуу оңобу?
Бул бусурман бала эле,
Чеге аттуу болобу?
Чеге аты жоюлсун,
Кутубий атка коюлсун,
Куп уккун, балам, сөзүмдү,
Кутубий койдум өзүңдү,
Чынзаададан бата алдың,
Балам, сен Кутубий болуп аталдың!
Куп уккун, Манас, сөзүмдү,
Кутубий - дедим, бул бала
Кутман болот өзүңө,
Астыңа салса ак жолуң,
Сенин артыңда жүрсө сан колуң,
Өзү баатыр кыраакың,
Ушул турган Кутубий
Таалайга бүткөн мурапың.
Өйдө чыкса өбөгүң,
Ылдый тартса Кутубий
Белиңе таңуу жөлөгүң,
Маңдайга чыкса барааның,
Кармашып жоого кол салсаң
Кутубий болот карааның,
Жумшасаң канат кумарың,
Ушул турган Кутубий
Туу түбүнө турарың,

Кутман да ушул, бел да ушул,
Белге таңуу эр да ушул.
Ушул турган Кутубий
Чачып ийсе жыйгандаш,
Өлүп калса ыймандаш,
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Анык жолдош чын болсоң
Арка болот Кутубий» -
Деп, ошонтүп турганда
Кутубий байкап кат билди,
Берен да экен, эр да экен,
Кудайдын атын жат билди.
Көөдөнгө толду ыйманы,
Көк жалга жолдош болууга
Бусурман болуп турганы.
Бурканынан адашып,
Эми келди Кутубий,
Бусурман динди талашып,
Кара динден ак болду,
Манас менен достошуп,
Калмак элден жат болду.
Кубат болду Кутубий
Манас шерди жандады,
Он эки бирге кол берип,
Камбылдардан кат алып,
Ошол жолдо зайыппуруш аталды.
Өзөнгө бойлой конушту,
Манас менен Кутубий
А дүйнөлүк болушту.
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Адам өлөр шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Тулпар минип, туу уучтап,
Эрдик салып, жоо жоолоп,
Куп ынанып сөзүнө
Ошол турган Кутубий
Кубат болуп өзүнө.
Саналып жылдыз болжошу,
Кутубий баштап кырк бала
Кыраанындын жолдошу.
Алтайдагы кырк үйлүү,
Акылманы Акбалтай
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Акылга дыйкан эрени,
Кыргыздан Балтай берени,
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,

Кызык кылып той кылып,
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Абам Балтай кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек таштап:
«Журт баштыгы өлгөндө,
Кызык кылып биздерди
Кырк уруу кытай бөлгөндө
Биздин бирөөбүз кеттик Эренге,
Биздин бирөөбүз кеттик Каңгайга,
Биздин бирөөбүз кеттик оруска,
Жер таба албай конушка,
Биздин бирөөбүз кеттик казакка,
Моминтип түштүк азапка.
Каракандын сегиз уул
Кечээ, түпкө чогуу жеткенде,
Түгөл бойдон кордуктап,
Кара калмак, көп манжуу
Түпкө чогуу жеткенде,
Сегизинин кенжеси
Кайыпча качып жүрү - дейт,
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Ала-Тоону жер кылып,
Баякы Улак кан байкуш тирүү - дейт.
Кулак угуп, көз көрүп,
Биз Алтайга келгени,
Ээн басып чыкпадык,
Андан бөлөк туугандын
Эч кайсысын укпадык.
Же кырылып баары өлгөнбү?
Же кыстоону кыйын көргөнбү?
Же башына окто катылып,
Балаага башы чатылып,
Баарысы кордук көрдү - деп,
Баарысы малча сатылып,
Кыстоону кыйын көрдү - деп,
Тирүү калбай баарысы
Упат болуп өлдү, - деп,
Ушул жактан шек кылам.
Айтсам Алдага сөзүм зар эле,
Бай Жакып менен агининин баласы
Үсөн деген бар эле,
Айдап кетип Үсөндү
Кара калмак алды эле.
Бээжиндин ары жагында
Сазаңшаң деген жеринде,
Кара калмак элинде,
Кой артына салды - дейт,

Үсөн атын жойду - дейт,
Көзкаман атка койду - дейт,
Калмакча динге кирди дейт,
Жүк бурчунда бурканын
«Кудайым» - деп жүрөт дейт,
Туура калмак болду - дейт,
Балааны башка салды - дейт,
Калмактан катын алды - дейт.
Тууп берди катыны
Капанын баарын жойду - дейт,
Көкчөкөз атка койду - дейт.
Жана тууса катыны
Дөрбөлдөй атка койду - дейт.
Жана тууса катыны
Барбалдай атка койду - дейт.
Жана тууса катыны
Калмакча атты койду - дейт,
Кыргыздын атын жойду - дейт,
Калмактын атын койду - дейт,
Тууганды туура унутуп,
Баарысы калмак болду дейт.
Тулпар бактым арынап,
Айдасам бээден бөлүнбөйт,
Алыстап кеткен ал тууган,
Бизге туугандык түрү көрүнбөйт.
Кара адырмак чыбырдын
Аягы чыбыр коо чыгат,
Калмакка кеткен ал тууган
Түбүндө бизге жоо чыгат.
Жана мүшкүл иш кыйын
Кармашарың Каканчын,
Касташканың Бакбурчун,
Топон суу тоздоп тийбеген,
Ушул турган Бээжинге
Искендер изин салбаган,
Ушул турган Бээжинден
Эч ким сурак албаган.
Каарлуу кытай калың журт,
Мунун көптүгүн көрсөң кара курт,
Чарпышып чама келе албайт,
Күрөшкөн менен күч жетпейт,
Балам, Манас, кулунум!
Бул Бээжиндин элинде
Казылган калың ору бар,
Каны кабар кылганда
Каптап кетчү колу бар,
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар.
Балам, Манас, кулунум!

Эрен чыктың, шок чыктың,
Эрдик менен шердигиң
Бул дүйнөдө жок чыктың,
Өлөңдүү жерди өрттөдүң
Тулаңдуу жерди тутанттың,
Кара суугa кан куйдуң,
Суу ич десе, уу ичтиң,
Бөрк ал десе, баш кестиң,
Кан төк десе, жин төктүң,
Каарды катуу баштадың
Ордолуу журтка кол салып,
Ойрон кылып таштадың,
Кезиккенди мент кылдың,
Шумдукту артык баштадың.
Эсенкандын элчисин
Жана кырып таштадың,
Капчалдуу жерге жол салдың,
Канчаларга кол салдың,
Калбаны катуу баштадың,
Кара калмак, манжууну
Катылганын кыйратып,
Бизди катүгүн кылып таштадың,
Ордо бузуп, олжо алдың,
Орчун журтка кол салдың,
Кыйынын кырып таштадың,
Балам, кытайга калба баштадың.
Кыйындарын кыйратып,
Кыргын кылып таштадың,
Ордо бузуп олжо алдың,
Кытайга мүшкүл кол салдың.
Канга тойдуң катыктың,
Каканчылуу Бээжинге
Канкор бурут атыктың,
Кыйырлуу журтка катылып,
Кымбатка минтип чатылдың,
Какандын журту каптаса
Түбүбүзгө жетет го,
Түптүү журт каптап бир кетсе
Бизди түгөл кырып кетет го!
Төрө Манас, кулунум,
Минте берсек бул кытай
Төбөбүздөн басат го,
Төрт түлүктү чачат го,
Каарды катуу баштайт го!
Кырк үйлүү кыргыз журт элек,
Каарланса бул кытай
Кыргын кылып таштайт го!
Кулунум, Манас, кебимди ук,
Жети бөрү бир койду

Таласа тарпын коёбу?
Жеткилең жерден кол чыгып,
Кырк үйлүү кыргыз журт элек
Сабаса тарпын коёбу?
Алтайга келдик айдалып,
Айланы таппай сандалып,
Алтайда келип жан бактык,
Күйүттү күчтүү баштадың
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүсүн кырып таштадың,
Бул күйүттү кантебиз?
Каканчылап чуу тартып,
Каптап кытай кетет го,
Каарлуу журтка катылдык,
Калайман салып бул элге
Түпкө чогуу жетет го.
Асманга учса топурак,
Аскер келсе топурап,
Чарпыша турган чама жок,
Алыша турган айла жок,
Качып кирер токой жок,
Караан кылар Огой жок,
Бел байлаган белиң жок,
Бекип жаткан жериң жок,
Бет алышып салышсак,
Белге таңуу кылууга
Белгилүү кыргыз элим жок,
Кырк үйлүү кыргыз калыкпыз
Кызылдай тозок, куу мүшкүл,
Кырк үйлүү кыргыз эл элек
Кыжылдаган кытайдын
Ортосунда калыппыз.
Кара таандай кол келсе,
Калайман баштап мол келсе,
Кандай айла кылабыз?
Катылып койдук кытайга
Алтайга кантип турабыз?
Сан кара малды чачалы,
Күн батыш көздөп качалы,
Алышып калдык кытайга
Алтайга туруп нетели,
Андан көрө, кулунум,
Бусурман көздөп кетели,
Отор-отор оюнчук
Ойлоп минтип көчөлүк,
Кыжылдаган кытайдын
Кыйынын мунун билели,
Кыдыра көчүп тынбастан,
Кыргызга көчүп кирели.

Ала-Тоо бойлой баралык,
Андан көрө, кулунум,
Жан бекитип калалык,
Кайыңдан айза кыялы,
Азган менен тозгон бар,
Ошолорду жыялы,
Белге таңуу кылалы!
Үйүз-бүйүз турушуп,
Каптап кетсе көп кытай
Мылтык атып, жаа тартып,
Качпай туруп урушуп,
Кечүүдөн айдап көчүңдү,
Кененип алып жолдошко
Кажылдаган калмактан
Анан алгын өчүңдү.
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Катаган кандын кан Кошой
Байгамбар чалыш карыя,
Адамдан артык тууган олуя
Батасы эрди байыткан,
Дубасы жанды жарыткан.
Беделин көргөн чочуган,
Он эки бирге кол берип,
Абаң Кошой кайран эр
Мекеден беш жыл окуган,
Калыйпадан кат алган,
Муну менен ал Кошой
Даанышман Кошой аталган.
Мисир менен Багдаттан
Мындан беш жыл окуган,
Белгилүү Кошой эр ошол,
Ал да белге таңуу шер ошол.
Кененче керчөө тон кийген,
Кер кабылан ат минген,
Азар түмөн кол чыкса
Айгай салып бир тийген,
Эрдиги бөлөк, заары күч
Эр абаң Кошой ошол бар,
Байланып калган базардын
Багын ачкан эр Кошой,
Бекип жаткан берендин
Колун чечкен эр Кошой.
Кечээ Айкожонун Билерик
Кытай кармап алганда,
Кырк аркан бийик оруна
Алып барып салганда,
Абам Кошой кайран эр
Былкылдак куурай бышкыча,

Мыйзамдын гүлү учкуча
Мыктап алты ай салышып,
Жекене белге курчанып,
Жети түмөн кытайга
Жеке аралап кол салып,
Темир чопкут кийишип,
Кайнап жаткан кытайга
Кан абам Кошой киришип,
Кыйла журтту кырды - дейт,
Кыргынды кызык салды - дейт,
Айкожонун Билерик
Кытайдан тартып алды - дейт,
Ат-Башынын Чеч-Төбө
Мекен кылып калды - дейт,
Алты-Шаар, Маргалаң
Алымды мыктап алды - дейт.
Жети-Өзөндөй кайран жер
Эби менен жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылып,
Кулаалы багып куш кылып,
Курама жыйып журт кылып,
Тели куш багып куш кылып,
Тентиген элди жыйып журт кылып,
Катагандын кан Кошой,
Коргонун таштан салды - дейт,
Азган-тозгон ал элге
Абам Кошой карыя
Башчы болуп калды - дейт.
Бир тутуучу эр ошол
Билимдүү Кошой шер ошол
Абам Кошой карыя
Олуязаада артык кан,
Баатырлыгы башкача,
Көк жалдыгы көрүнөө -
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Көзү көлдүн ордундай,
Кез болгонду соргудай.
Белге таңуу бел ошол,
Мендеден артык эр ошол,
Балам, Манас, угуп ал,
Акбалтай айткан кеп ошол.
Биз айдалып кеткенде,
Бул Алтайга жеткенде,
Кыйла жыл баштан өткөндө,
Дагы сурап кеп уктум,
Эки-Кемин жердеген,
Эгиз кара ат байлаган,

Күрүчүн күздүк айдаган,
Күлүгүнө күрүчтүн
Күрмөгүн берип байлаган,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Кара токой мал эткен,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Жарды жүрүп байыган,
Атасы Таздын эр Үрбү
Ал дагы кыргыздан чыгып эр болуп,
Конуш тапты - деп уктум,
Мына, белге таңуу бел ошол,
А да саа жолдош болчу эр ошол.
Буудан оозун бурбайлы,
Бул Алтайга турбайлы,
Бул Алтай бизге жер эмес,
Бул кытай бизге эл эмес», -
Акбалтай айтат ар кыл сөз.
Акбалтайдан кеп угуп,
Мунун урааны кыргыз - деп угуп,
Ээрчиткени кырк бала
Мунун кутмандуусу Кутубий:
«Мен табайын далай жеримди,
Мен да жолдош кылып алайын,
Ушул кебиң чын болсо
Кошой канга барайын».
Карчыгадай чамынып,
Торучаар минип камынып,
Арсландай чамынып,
Арслан Манас эр көк жал
Аттанып чыкты кыргызды көздөй камынып.
Ээрчиткени кырк бала
Адыр жерде жарышып,
Бөөт-бөөт бел ашып,
Бөтөнчө кара төр ашып,
Бөлөк тоону жакалап,
Көк жалың Манас жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эрикпей эчен жол жүрүп,
Башындагы суусар бөрк,
Шер атанган кара көк
Сонун жер, сонун көл көрүп
Созулган үлкөн суу кечип,
Кыяз менен Текести
Кыркалай басып келди эми.
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы,
Тоосунда кары бар,

Токоюнда чары бар,
Жан жараткан ар түркүн,
Жан-жаныбар баары бар.
Коңулунда коён бар,
Копшутунда жылан бар,
Тектиринде теке бар,
Будурунда бугу бар,
Адырында аркар бар,
Түзөңүндө түлкү бар,
Талаасында кулан бар.
Кескелдирик жыландай,
Куландары кунандай,
Жыландарын карасаң
Алты кулач аркандай,
Алда Таала кудурет
Жан жараткан ар кандай.
Булбул сайрап чуулдап,
Буруп-буруп сайраса
Муңдуу киши уккусуз,
Буркурап ыйлап эчен жан
Бул жайыңан чыккысыз.
Тоосунан күкүк сүйлөнүп,
Талынан тоту күүлөнүп,
Кайыңга тууп куштары,
Камынган экен учканы,
Терекке тууган куштары,
Теминген экен учканы.
Жер соорусу турбайбы,
Муну жердеген адам тунбайбы!
Талынын башы ийилип,
Тамашасы ушундай -
Кумунун үстү чийилип,
Чырпыктары чынардай,
Чымчыктары улардай,
Жер мыктуусу турбайбы,
Жердеген менде тунбайбы!
Муну көрүп кубанып,
Тоңурайган тоо кечип,
Толгон чуңкур коону өтүп,
Ашуу ашып, таш басып,
Арслан Манас жол тартып,
Эрениң кайдан аянды,
Үкүрчүнүн оюна,
Үч-Капкактын боюна
Көк жал Манас таянды.
Бел-Мойноктун белине,
Бет алып чыкты көк жалың
Үч-Каркыра жерине.
Бетеге менен тулаңы

Белден болуп чириптир,
Жылтыркан чөп, шыбагы.
Кенен конуп калайык
Жайлабай турган жер бекен?
Жалбырагы жаргактай,
Жаткан экен Каркыра
Кара курту бармактай,
Балтырканы билектей,
Маралы үркүп, чу койсо
Мала кашка инектей.
Муну көрүп кубанып,
Жер байкаган сыягы
Жеткилең Манас кырааны
Үч-Каркыра басты - дейт.
Кызыл-Кыя кымбат жол,
Кызыр чалган Манас эр
Кызык көрүп оолугуп,
Кылт этип ашып түштү эле,
Ысык-Көлгө жолугуп,
Береке экен, бел экен,
Менде көрчү жер экен,
Жердегенде адамды
Кан кылуучу жер экен.
Жээк-жерге баарысын
Бай кылуучу жер экен,
Ортосу көпкөк көл экен,
Суусунда миңдей төр экен,
Жердеген адам бай болчу
Көлүндө ырыс бар экен!
Боз мойнокчо дөбөчө
Түшүп Манас жер чукуйт,
Касиеттүү жер экен,
Эки эли жерин оодарса
Түгөнгүс алтын бар экен.
Жаныбарым Ысык-Көл,
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген киши тунбайбы,
Мындай кызык жер болбос,
Мындай кызык көл болбос!
Будур-будур бел экен,
Будурмак артуу жер экен.
Будурмак келип бурулуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Жаткан экен жаныбар
Будурдун чөбү суюлуп,
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп,
Ар коктудан шаркырап,
Миңден булак куюлуп,

Өйүз-бүйүз жери тар,
Ортосунда жайнаган
Көпкөк сонун көлү бар.
Жерине сан кол бата албай,
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Алек болчу жер экен.
Кармашарым Каканчын
Кармашчу кытай зор экен,
Туш-тушунан кол салса
Өзөндүн баары жол экен.
Ысык-Көл ылдый жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ойлосо эчен ой ойлоп,
Конгон жерге көк жалың
Ордо салып, оюн ойноп,
Көз кайкыган жер таппай,
Көлөкө кылып алууга
Көк жалың Манас эл таппай,
Күрдөлү тигер жер таппай,
Күптүнү жазар эр таппай,
Каптап конор жер таппай,
Кадырды билчү шер таппай,
Жердин үстүн кыдырып,
Булак койбой сыдырып,
Буудан Манас кабылан,
Жеткилең тууган олуяң
Он эки бирге кол берген,
Таалайы артык жаралган
Аты Кызыр дубана
Өзү коштоп жол берген.
Айбаты кыйын, заары күч,
Абаңдын жайы ушундай
Кагышканды кылат түз.
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Таалайы артык кайран эр
Мендеден артык келбети.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Атасы Жакып айдалып,
Айласын таппай сандалып,
Кордуктан өлбөй кайгырып,
Сегиз экен тууганы -
Бирөөн таппай кайгырып,
Кордук менен түн көрүп,
Кордук менен күн көрүп,
Алтайды барып жер кылып,
Атагы манжуу калмакты
Аралашып эл кылып,

Бай Жакыптын өзүнөн
Манас көк жал туулган,
Он экиге келгенде
Катылганды өлтүрүп,
Калмакка салган чуулган.
Эрдиги элге билинген,
Канкор бурут экен - деп,
Он экиге келгенде
Бээжиндин каны Эсенкан
Даңзасына чийилген.
Өзү Алтайда туулган,
Ордо бузуп олжо алып,
Алтайда кара калмакка
Салган экен чуулган.
Качырса канга тойбоптур,
Кармашканды койбоптур.
Каарды катуу баштаптыр,
Катылганды тырайтып,
Такыр кырып таштаптыр.
Алтайдын тоосун четтептир,
«Байлап алам» дегенин
Кызыр чалган кырааның
Бирөөн койбой өрттөптүр.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Катылган кытай алдырып,
Доошунан жан чыгып,
Канкоруңдун өзүнөн
Кармашкан балбан өтүптүр,
Катылгандын баарысын
Канкор канын төгүптүр.
Каканчылуу кытайга
Кармашканы билинип:
«Канкор бурут экен» - деп,
Бээжиндин Карыканынын
Даңзасына чийилип,
Жоболоңду салыптыр,
Жолуккандын баарысын
Таш-талканын чыгарып,
Такыр бойдон алыптыр,
Олжого кыргыз каныптыр.
Кара калмак, манжуунун
Калкынан коркуп кан Балтай:
«Түпкө чогуу жетет - деп,
Түптүү чочко каптаса
Кокусунан Манасты
Тирүү байлап кетет - деп,
Кызыкты кыйла салат - деп,
Караан кылган Манасты
Мерт таптырып салат - деп,

Кыжылдаган көп кытай
Ортосунда турабыз,
Ушу Манас жогунда
Кыжылдаган көп кытай
Кызыкты кыйла салчу эле,
Кыйратып сабап, күч кылып,
Бажысын санап алчу эле.
Ушу Манас жогунда
Омбутуп жатып туз алган,
«Каканчыга керек» - деп,
Эчен кыйын узду алган.
Манас чыгып багына
Зордук кылып жүрчү эле.
Кытай малын чачты, - деп,
Кыргызды кыйла бай кылып,
Умачтай көзүн ачты, - деп.
Таалайга Манас туулган,
Калмакка салган чуулган.
Акылман экен Акбалтай
Манасты кыйнап кеп айтып,
Тукумуӊ кыргыз деп айтып,
Акбалтай айткан бир сөздү
Көөдөнгө салган кир сөздү.
«Ала-Тоо сенин жериӊ, - деп,
Ал кыргыз сенин элиӊ», - деп,
Даанышман кандан кеп угуп,
«Кыйыры кыргыз», - деп угуп,
Акбалтай ачык кеп айтып,
Катагандын кан Кошой
Кырааныӊ болор - деп айтып,
Эбиӊди табар эр ошол,
Күрдөөӊдү табар шер ошол.
Абаӊ Кошой артык кан,
Арка кылсаӊ бу бир жан.
Катагандын каны ошол,
Касиеттүү жан ошол».
Акбалтай айткан кеп эле,
Абаӊ Кошой карыга
Кезиге көргүн деди эле.
«Арка Кошой чоӊ канга,
Амандаша кайтайын,
Берен Кошой абама,
Бет алыша келейин.
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарип кармашып,
Көктөн жылдыз боз болуп,
Акыреттик дос болуп,
Кошойго акыл салайын,
Картайган Кошой абамды

Караан кылып алайын,
Кармашса кара кытайдан
Кетпеген кегим алайын.
Алтайдагы калмакты
Каңгай айдап сүрөйүн.
Кармашкан кара кытайды,
Карааным болсо кан Кошой
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Берениm Кошой абамды
Белиме таңуу кылайын,
Айза кармап, топ бузуп,
Тагдыр жетсе окко учуп,
Кылымга кыргын салайын,
Ушу кымбатым Кошой абама
Жүз көрүшө барайын».
Канкор шер айтып мындай кеп:
«Кошойго барам эми» - деп,
Козголуп төрө жол тартып,
Ал күнү Манас жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Түш кыйшайып ооганда
Өңгүл-дөңгүл тоо ашып,
Өөдө-ылдый бел басып,
Эрен Манас оолукту,
Ат-Башынын боюнда
Абаң Кошой карыга,
Дарбазалуу ордого,
Чеч-Төбөнүн боюнда,
Чоң Кошойдун коргондо,
Кең-Өзөндүн баткалда,
Керилип кыргыз жатканда,
Адыр-адыр бел экен,
Чеч-Төбө ата дээр экен.
Адырда жылкы алабаш,
Эр Кошойдун колунда
Аргымак, буудан аралаш,
Чеч-Төбөнү жайлаган,
Ченебеген эр Кошой
Тулпарларын байлаган.
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап турган кези экен,
Эч кимге башын бийлетпей,
Абаң Кошой ошондо
Жыргап турган кези экен.
Кошойдун жайы ушундай:
Жети-Өзөндөй кайран жер -
Эби менен жер кылып,
Жети-Өзөндө кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылып,

Абаң Кошой карыя,
Адамдан бөлөк олуя.
Батасы журтту байыткан,
Байгамбар чалыш карыя.
Жарды жүрүп байыган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн.
Кулаалы жыйып куш кылган,
Курама жыйып журт кылган.
Телик куш таптап куш кылган
Тентиген жыйып журт кылган.
Абаң Кошой артык эр -
Акылга дыйкан кеменгер.
Жолуккан куру калбаган,
Эңкейтип душман албаган.
Абаң Кошой карыя,
Бет алып душман албаган,
Беттеп адам барбаган,
Кабылан Кошой эр ошол,
Калыйпа кирип кат алган,
Канзаададан бата алган,
Он эки бирге кол берип,
Зайыппуруш аталган.
Кезиккен жерге кент кылган,
Кармаш кылган душмандын
Канчаларын мент кылган.
Кармашка балбан, сайышка эр,
Атышка мерген Кошой эр.
Ажалдан кайта тартпаган,
Беттешкен жоодон кайтпаган,
Кудайназар куу чокмор -
Курган Кошой жолдошу.
Угар кулак, көрөр көз,
Абаң Кошой ыктуусу.
Жазы жаак, жалпак тил,
Куу калпактуу Кутунай
Курган Кошой сөздөшү.
Чалгынчысы Чалыбай -
Ак буудайдын камыры,
Арслан Кошой тамыры.
Ордолууну чакырып,
Башта Кошой түш көрүп,
Башынан жакшы иш көрүп,
Түш жоручу билгичти,
Узун кулак баарыны
Жыйган экен эр Кошой,
Көптү көргөн карыны.
Даанышманды, чеченди,
Журт чогултуп ой кылып,
Жоруктуу Кошой той кылып,

Түш жорутту ошондо.
Бээ баштаган семизден
Берениң Кошой сойдуруп,
Кардай кантты опуруп,
Сары майдан томуруп,
Багылан козу, ширин баш,
Сүт бото, тайлак аралаш,
Аралаша салды, - дейт,
Бор кайнатып калды, - дейт.
Көргөн түшүн жорутуп,
Кан Кошой кепти салды, - дейт.
«Айзакерден даанышман,
Ыктууң мында турасың,
Ар түрлүү кыргыз эл элек,
Мыктууң мында турасың!
Чеч-Төбөнү жер кылдык,
Канча жоо менен алышып,
Аз үйлүүнү эл кылдык.
Түндө жатып түш көрсөм:
Кынсыз кылыч байланып,
Күн чыгышка шилтесем
Күн чыгышты өрттөдү,
Кайнап карга көп учуп,
Ал кылычка жетпеди.
Туура тарткан Кара-Тоо,
Тийсе эки бөлүндү,
Ошо турган Кара-Тоо
Болотко эки бөлүндү,
Бу кандай түш болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Жана жатып түш көрсөм:
Муз мурут бүркүт алыпмын,
Колунда алтын боосу бар,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта салыпмын.
Кайыр айтар бир жан жок,
Арысланды илиптир,
Жан-жаныбар, макулук
Кыргын салып жүрүптүр.
Көлөкөсүн көп кыргыз
Баана кылып жатыптыр,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Кудайназар куу чокмор,
Курган Кошой сырдашы
Карчыгадай чамынып,
Кайыптан акыл табылып:
«Аты Кошой канзаадам,
Кындан тарткан кылычың

Күн чыгышты өрттөсө,
Уламадан уладык,
Билгичтерден сурадык,
Алтайга кеткен айдалып,
Айласын таппай сандалып,
Күнөөгө башы катылган,
Күйүткө жаны чатылган,
Өлдүк го - деп кайгырган,
Ордолуу журттан айрылган,
Алтайга айдап камаган,
Мал-башына ээ кылбай
Кара калмак талаган.
Кордук менен күн өткөн,
Кейиш менен суу ичкен,
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кызыр даарыган,
Башкы атасы баары кан
Башынан кыдыр даарыган,
Ордо күтүп, кан болгон,
Укумунан тукуму
Олуязаада жан болгон.
Түп атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Түмөн кан,
Түмөн кандан Огой кан,
Огой кандан Бала кан,
Бала кандан Тара кан,
Тара кандан Кара кан.
Балакандын баласы
Сурап ичип тойбогон,
Бул кыргыздын сарысы,
Кара ниет Жакыптан
Аты Манас коюлуп,
Кара көк жал тууду, - дейт,
Каарын салып калмакты
Каңгайга чейин кууду, - дейт.
Кочкусун кармап сойду, - дейт,
Кордук кылган кытайды
Тыйпыл кырып койду, - дейт.
Кас болгонго жаралган
Казат келе турганы,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,
Жалгыз уулу Жакыптын
Манас келе турганы.
Кайрат берип сөзүңө,
Камчы болуп өзүңө,
Кара-Тоонун башына
Там көтөрөт экен го!

Баатыр Кошой абам, - деп,
Ай-ааламдын баарына
Кан көтөрөт экен го!
Катылышкан душманга
Азап кылат экен го,
Кырк капкалуу чоң Бээжин
Кара карга кууганың,
Кабылан Манас кырааның
Казат кылат экен го!
Кара карга качканы,
Кытайдын малын чачканы,
Кыргыздын жолун ачканы,
Кыраан Манас эр көк жал,
Арслан келе турганы.
Манас мында келгени,
Бизге кудай бергени.
Муз мурут бүркүт салганың,
Кыраан Манас эмеспи,
Каканчындын Чоң-Бээжин
Кандыгын тартып алганың!
Атаа, Кошой, кан абам,
Алтындан болуп тагыңыз,
Арслан эр колго бир тийсе
Ачылат экен багыңыз!
Аман-эсен биздерге
Арслан Манас табылып,
Ачылган абийир жабылып,
Үзүлгөнүң уланып,
Чачылганың жыйналып,
Өчкөн отуң тамат ко.
Өлгөн жаның тирилип,
Ушул түшүм чын болсо,
Арбактуу Манас келет ко!»
Кудайназар куу чокмор
Айтып оозун жыйгыча,
Угар кулак, көрөр көз -
Куу байталчан Кутунай
Ашып-шашып антаңдап,
Кошойго качып келди эми.
Түш жоруткан карыга
Кутунай айта берди эми:
«Оргуп чыккан чаң көрдүм,
Аба, Кошой, кебимди ук,
Орою суук жан көрдүм.
Чоңдугу тоонун өзүндөй,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай.
Кабагы чуңкур быткылдай,
Кагышканды жуткудай.

Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз,
Айбаты ашык жан көрдүм,
Ал кишиден күдөр үз!
Түрү суук уңкуюп,
Түпкө чогуу жеткидей,
Эгерде душман жоо болсо
Бизди түк койбой кырып кеткидей!
Мен Кутунай болгону,
Баатыр Кошой карыя,
Өзүңө кароол болгону,
Мындай эрди көрбөдүм,
Боконо сөөгүм болкулдап,
Боктуу ичегим солкулдап,
Өзүңө качып келгеним!
Оң далысы кең экен,
Орою суук бир адам
Ойротту бузар шер экен!
Ач арслан төштөнгөн,
Аба, Кошой, бат камдан,
Адамдан мындай көрбөдүм,
Алгыр бүркүт көздөнгөн.
Кудай бетин көрсөтпө,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаар булуттай,
Каар бетине айланган.
Кыйындык түрү көрүнөт,
Кылымга чуу баштаган,
Комокойлуу сыр найза,
Колойтуп өөдө аштаган,
Жер жарылган кол келсе
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулашкан адамды
Койдой жерге жанчтаган.
Ичсе канга тойбогон,
Беттешкенди койбогон,
Берендик жайы бар экен!
Каарына чыдабай,
Калайманды баштадым,
Куу байталдын үстүнөн
Кулап өлө таштадым!
Мен Кутунай болгону,
Кутунай атка конгону,
Мындай эрди көрбөдүм,
Көргөн жерде өлгөнүм,
Өлгөнүм эмей неткеним,
Жолобой качып келгеним!
Боконо сөөгүм болкулдайт,
Боктуу ичегим солкулдайт.

Чымындай жаным чырылдайт,
Аттай туйлап жүрөгүм
Керээли кечке былкылдайт.
Бир карасам бир киши,
Белестен караан көрүнөт,
Бир карасам миң киши,
Алып ийчү эмедей,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынат.
Чолок көк жал арслан
Бет алдында камынат.
Алп кара куш - зымырык
Алып кетчү эмедей,
Асмандан бутун салыптыр.
Кырк чилтен, Ныязы
Кыскасын айтып берейин,
Кыйкырык салып артынан
Сүрөөн болуп калыптыр.
Асты жактан Шай атам
Жолун ачып экөөлөп,
Аты Кызыр дубана
Оңкоңдотуп көк жалдын
Торучаарын жетелеп,
Кылыгын көрүп ал жандын
Кымбатым, Кошой абакем,
Сени карай качканым,
«Кытайбы», - деп шашканым.
Кыйын болсоң чыгып көр,
Кымбатым, Кошой, арсланым!
Эгерде душман жоо болсо,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Айкырык салып жетет ко,
Таш коргонуң талкалап,
Кум коргонуң кулатып,
Такыр кырып кетет ко,
Эгерде душман жоо болсо
Түпкө чогуу жетет ко,
Айкырып колду салат ко,
Кыргын кылып баарыңды
Кылычтап башты алат ко,
Жоболоңду салат ко,
Сыягы суук эр экен!»
Угар кулак, көрөр көз
Ашып-шашып антаңдап,
Айтып турду мындай кеп.
Бийик салган коргондо,
Кан Кошойдун ордодо,
Абам Кошой карыя

Ак сакалдуу олуя,
Катагандын кан Кошой,
Касиеттүү ал Кошой
Чеч-Төбөнү жердеген
Челишкен адам жеңбеген,
Эңкейтип адам албаган,
Беттешкен аман калбаган,
Эч ким азар салбаган,
Беттешип адам барбаган.
Батасы журтту байыткан,
Байкаганды жарыткан,
Ошо кезде эр Кошой
Сакчы күтүп, эр жыйып,
Балбандарын тең жыйып,
Ат-Башыда Чеч-Төбө
Чеч-Төбөнү жер кылып,
Кайран Кошой абакең
Картайган башын эр кылып,
Туура тарткан Кара-Тоо
Мындан кароол каратып,
Баатыр Кошой абакең
Эрендерди жыйнаптыр.
Колдун баарын жаратып,
Койгулашкан адамдын
Алган экен баарысын
Абаң Кошой каратып.
Кайран Кошой абакең
Жети-Өзөндү жер кылып,
Азган-тозгон адамды
Абаң Кошой баш кылып,
Эр Кошойдун көп аскер -
Ал аскердин ичинде
Ободон жылдыз болжошуп,
Кудайназар куу чокмор
Курган Кошой достошуп,
Кошой кандын көп жолдош
Кабарчыдан кеп угуп:
«Катуу жан келет», - деп угуп,
Улук Кошой карысы
Уйгу-туйгу түшүшүп,
Жыйылган колдун баарысы.
Ал колунун ичинде
Эмине бар, нелер жок!
Кары Кошой алпы бар,
Кылыччаны жыйылып,
Каарланып таптанып,
Кан абаң Кошой баш болуп,
Алптан бир миң атданып,
Жоо-жарагын алышып,

Берен Кошой абаң бар,
Белести тосуп калышып,
Белгилүү Кошой караса
Торучаар тулпар мингени,
Ок өтпөс торко кийгени,
Ок жетпес ат мингени,
Зордугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей.
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алган кези экен,
Жөлөгөнү бир тогуз,
Жөлөп алган кези экен.
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен,
Ичин карап отурса
Жер жүзүнөн кең экен.
«Оо, ботом, аты угулуп көп жүргөн,
Качан келер деп жүргөн,
Кудуреттин мендеси,
Курган Жакып жалгызы,
Кыргыз журттун коргону,
Кыйла журттун баатыры,
Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түз кирип айза сунуучу
Манас шердин өзү экен,
Өзү турмак Манастын
Караган кара көзү экен,
Тууган, караан, жээк издеп,
Адам, туйгундун келген кези экен!
Аңкыган Манас табылып,
Аңдыган жооң чабылып,
Алакандай кыргыз журт,
Абийириң мындан жабылып,
Көрүнгөн жериң жабылып,
Убара болуп издөөчү
Көк жалың Манас табылып,
Көрүнөө кудай бериптир,
Калкың эңсеп тилеген
Кабылан Манас келиптир.
Нойгуттардан Акбалтай
Кабарын кыраан айткан го,
Ат арытып, жол чалып,
Арслан бери тарткан го!»
Муну Кошой айтканда,
Эр Кошойдон бөлөгү
Аттан түшүп чуркурап,
Салам айтты буркурап.
Ордо күтүп, журт билген
Алп, дөөлөрдүн баарысы

Тизеси жерге бүгүлүп,
Уйгу-туйгу жүгүрүп,
Сүйүнүшүп бакырып,
Сүйүнгөндөн чыдабай,
«Манастап» ураан чакырып,
Өөдө-төмөн дүргүшүп,
Энтеңдешип далай алп
Этегине мүргүшүп.
Манастын жайын сурасаң,
Каарданып көз жайнап,
Корккон журтту көргөндө
Кан ичмеси чын кармап,
Кабылан жайы ушундай,
Казандай кара бөркү бар,
Капыр менен бусурман
Соруп ийчү эрки бар.
Орто бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Артык тууган көк жал эр.
Эр Манасты көргөндө
Бусурман журт муну айтат:
«Ары балбан, ары шер
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Ала-Тоо күтүп жер кылсак,
Бирдикти коюп бир жерге,
Кабылан Манас канкорду
Кан көтөрүп таштасак,
Кыр жагында кытайга,
Кыргын салчу уул экен.
Маңдай жакта бараң бар,
Басташар жоо далай бар.
Какыр жерге орнотсо,
Оо, ботом, там болучу эме экен!
Ай-ааламдын баарына,
Кан болучу эме экен!
Ары балбан, ары шер,
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Серпишкени сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Алакандай аз журттун
Ырысына туулган,
Кармалашкан душманга
Катуу салар чуулган.
Он эки мүчө тең экен,
Оржоктогон көк жалың
Бусурмандын чеби экен,
Алда Таала бир кудай
Арслан Манас көк жалды
Айдап келген кези экен» -

Деп, ошонтип, бусурман.
Баабединге бээ союп,
Алдуулары төө союп,
Баабединге жабылып:
«Баатыр Манас келди», - деп,
Той кылууга камынып,
Кудайназар карысы,
Кызык болуп чуу турду
Келген журттун баарысы.
Кубанып журт жүгүрүп,
Журт моминтип калган соң.
Кер кабылан ат минип,
Кең ок өтпөс тон кийип,
Опол-тоодой чалкайып,
Чоң муруту калкайып,
Чоң абаң Кошой чалкайып,
Ак сакалы жаркылдап,
Абаң Кошой ошондо
Келгин каздай каркылдап,
Келбети башка абаңдын
Бой-келбети жаркылдап,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кезиккенди жегидей,
Канкор Кошой кан абаң
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Жоо-жарагын шайланып,
Ач албарс кылыч байланып,
Жаратканга жалынып,
Алтын жаак айбалта
Билекке кынай чалынып,
Билимдүү Кошой абакең
Астынан чыкты Манастын
Көрүшүүгө камынып.
Абаң Кошой карыя,
Алдынан чыгып Манастын
Саламдашты олуя:
«Кабылан тууган кыраанын,
Кыраанын, сени көп издеп,
Убара болдум чунагым!
Алтайга барып туулган,
Кара калмак Бээжинге
Атагың уккан чуулаган.
Тоюңа тогуз жүз бээ союлган,
Атың Манас коюлган!
Он эки мүчөң тең кылган,
Алда Таалам шер кылган.
Көрбөсөм да, билбесем,
Бай Жакыптын жалгызы -

Балам, Манас, эсенби?!
Кашатка тиккен тал барбы,
Каргылуу шердин өзүсүң,
Калың журтуң издебей,
Калмакка жүрөр жөн барбы,
Эми, карангүн, көк жал, эл кайда?!
Бекзаада туулдуң Кытайда,
Безип жүрөр жөн барбы,
Мээнет күн, Манас, эл кайда?!
Канкор болдуң Каканга,
Кайрылбай жүрөр жөн барбы?!
Көчө чыгып Алтайдан,
Жериңе качан коносуң?!
Аз гана кыргыз элиңе
Качан караан болосуң?!
Ээн калган элиңди
Качан ээлеп аласың?!
Алтайда жүрүп кагышсаң,
Жал, куйругуң такыр жок
Бир балаага каласың!
Таап ал, Талас жериңди,
Күтүп алгын кулунум,
Күрдөлүү кыргыз элиңди!
Ай, кулунум, Манас кан!
Менин жайым сурасаң -
Медияндын чөлүндө,
Олуят өткөн жеринде,
Баабедин деген мазардын
Так ошондо туулдум.
Чоң атаң Каракан өлүптүр,
Ошол Каракан өлгөндө,
Ээрчиткени кырк жигит,
Эр абаң Кошой келгенде
Таш коргонун талкалап,
Өз билгенин кылыптыр,
Өңкөй элдин баарысын
Дөңгө, Жолой кырыптыр.
Каракандын сегиз уул
Кечээ кармап чогуу бөлгөндө,
Бирөөбүз кеттик эренге,
Бирөө кетти тереңге
Тукумду бөлдү кордуктап,
Туура кырды зордуктап,
Чоң Каракан өлгөндө,
Каракандын калың журт
Кара кытай, манжуулар
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Жанымда бар кырк жигит,
Жетик белим курчандым,

Жер жайнаган манжууга
Жеке кирип кол салдым.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Качып койбой урушуп,
Мыктап айза сайышып,
Мылгып кеткен айзаны
Тээп сууруп алышып,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Кайрат кылып кагышып,
Карсылдашып салышып,
Жекеде эчен эр өлүп,
Алптын уулу Жүгөрү
Ал алышта ал өлүп,
Айзакерден ыктуу өлүп,
Айбалта чабар мыктуу өлүп.
Мени менен жан-жоро,
Ээрчиткен кырк бир алп өлүп.
Жапаа салып тутулуп,
Салышканым кытайга
Элүү сегиз күн болуп,
Мекеге кеттим кутулуп.
Кыйырымдан чалдырдым,
Кыйындардын баарысын
Кытайга белек алдырдым.
Жетимиш күнү аралап,
Жаралуу болду эр Кошой.
Жетимиш жерден жара жеп,
Толкуган калмак, мен жалгыз,
Томугум жара ок тийип,
Кечээ толгоно албай калганда,
Элсиз ээн талаа бар,
Эрден жалгыз Кошойдун
Эчен жерде жара бар,
Селбип минер буудан жок,
Серпишип кирип кол салсам
Караан болор тууган жок,
Кармашып жүрүп кытайга
Канатым окко чалдырып,
Чалдырганым билгемин,
Коркоюп жалгыз калганда
Кокуй, Манас, кебимди ук,
Мекеге качып киргемин.
Чамам жок антип кайрылып,
Чалдырып салдым ошондо
Эрендерден айрылып,
Тукумдан бирөө чыгар, - деп,

Сени туу кылып жүргөмүн.
Туулса Манас болор, - деп,
Сени туулбастан мурун билгемин.
Мурадыма мен Кошой,
Жетпей кантип коёюн,
Кордук башка түшкөн соң
Кокуй болуп мен Кошой,
Кетпей кантип коёюн!
Кечээ, кара калмак, манжуу журт
Кечүүдөн чапты көчүмдү,
Кеңири башым барында,
Кежилдеген кытайдан
Алалбай келем өчүмдү.
Талаадан чапты көчүмдү,
Дардайган кара калмактан
Алалбай келем өчүмдү!
Кытай кыргын салганда,
Кыргын кылып кыргызды
Көз каратып алганда,
Кыйындарды кырганда,
Алсыз чабал адамды
Тирүү байлап алганда,
Атаң Жакып, Балтайды
Олжо кылып Алтайга
Айдап кетип калганда,
Көктөн көк айман жылдыз тутулуп,
Көк жал Кошой абакең
Көрүнөө качып кутулуп,
Бу жеримди калтырып,
Булчуң этим алдырып,
Казылуу калың ор көрүп,
Капырдан мынча зор көрүп,
Кордукту койдой көргөндө,
Айзакерден колбашчы
Манжуулардан өлгөндө,
Меке кирдим курган жан,
Безип, тентип ошондо
Жеке кирдим курган жан.
Өлбөй-житпей кайрылып,
Өлчөөсү кетип абакең
Эрендерден айрылып,
Мекеге барып конгомун,
Беш жыл анда болгомун.
Мекеден беш жыл окудум,
Калыйпадан кат алдым,
Канзаададан бата алдым,
Он эки бирге кол берип,
Зайыппуруш атандым.
Мекеден ары барганда

Мисир кирдим кайран жан,
Беделин көрүп чочудум,
Мисирден беш жыл окудум.
Кайра тартып кайрылып,
Багдат кирдим кайран жан.
Багдатка туруп кайран жан,
Кара кытай, манжуудан
Абыдан жаман чочудум,
Багдаттан беш жыл окудум.
Ээк алды басканда
Тиккен кирдим курган жан,
Тиккенден беш жыл окудум.
Баба кары алдынан
Басып кирип бата алдым,
Баабедин чалдын тоюнда
Кырк балбанын бир жыгып,
Балбан Кошой атандым.
Кызыр чалган курган жан
Кыйын экениң билгемин.
Кымбатым Манас кыраанымы,
Качан чыгар экен, - деп,
Кудайдан тилеп жүргөмүн.
Эчен жакка кеткемин,
Кордук менен мен Кошой
Ушинтип күндү өткөмүн!
Керкабылан баспаган
Жерде бүтүн калбаган,
Курган Кошой тийбеген
Элде бүтүн калбаган.
Куу ылаачын теппеген
Кууда бүтүн бар бекен?
Курган Кошой тийбеген
Элде бүтүн бар бекен?
Элкин-ээн жерди издеп,
Караан болор элди издеп,
Мекеден чыккан суп көйнөк
Ич этимден кийиштим,
Кайра тартып оолугуп,
Кызылбашка жолугуп,
Ошону менен тийиштим.
Кызыкты кыйла баштадым,
Ордодогу кандарын
Обу жок кырып таштадым.
Олжого тартуу узду алдым,
Он эки сулуу кызды алдым.
Кайра тартып оолугуп,
Адамзаттын тунугу,
Бусурмандын улугу
Эрдигимден оолуктум,

Чабышып менде жеңбеген,
Чамбыл-Белди жердеген
Жанаалы, Карач эки кан,
Өзү түркмөн бусурман
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жана чыкты алдымдан.
Каарды катуу баштадым,
Кармаша кетип ошондо
Калкын кырып таштадым.
Көктөн булут тутулуп,
Чамбыл-Белдин ары жагы
Чоң тоого чыгып кутулуп,
Абаң Кошой карынын
Айтса сөзү дагы бар,
Кылмышы жок журт кырдым,
Таңда макшар күнүндө
Көп адамдын каны бар.
Эчен жерге киргемин,
Эчен жылы, эчен күн
Атактуу Манас акжолтой,
Астыга салса сан колдой
Арслан эр качан келет, - деп,
Сени күтүп жүргөмүн!
Кары абаң Кошой кайгырып,
Кайран элден айрылып,
Ашып-шашып жакалап,
Кас буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Будурду тиктеп, белди издеп,
Бууданым, сендей шерди издеп,
Шер табалбай айла жок,
Чеч-Төбө күтүп жер кылдым,
Мен тентиген жыйып, эл кылдым!
Кулаалы таптап куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым!
Жарды жүрүп байыдым,
Жалгыз жүрүп көбөйдүм!
Жети-Өзөндөй кайран жер
Эби менен жер кылдым,
Жети-Өзөндүн кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылдым.
Эрешен жыйдым, эр жыйдым,
Эл уулунан эр сынап,
Эчен түрдүү шер жыйдым.
Берен, Манас, сен үчүн
Бекерге карап турбадым,
Уламадан уладым,
Бекер жатпай мен Кошой

Билгичтерден сурадым.
Келгендерден кеп уктум,
Алтайда Манас туулган,
Он экиге келгенде,
Ордо бузуп, олжо алып,
Кытайга салдың чуулган.
Адырмак тоонун бетинен,
Аркайган Алтай четинен,
Алптарын союп кытайдын
Белинен кармап бүктөпсүң,
Олжо кылып алтынын
Атандап төөгө жүктөпсүң,
Аныңды уктум, эр Манас!
Ажал жетсе өлүүгө,
Алданын жазган буйругун
Төбөгө келсе көрүүгө,
Мен да сени билгемин,
Кечикпей келер бекен, - деп,
Ошону күтүп жүргөмүн.
Ажал жетсе өлсөм, - деп,
Айла болсо мен Кошой
Жакыптын жалгыз уулу Манаска
Караан болуп берсем, - деп,
Оо, ботом, оюм жүрөт, кулунум!
Алтайда кара манжуудан,
Кара калмак, тыргооттон,
Шибээ менен солодон,
Каканчындын Бээжинден,
Кара кытай ал журттун
Кайнап жаткан жеринен
Кагышты катуу салсам, - деп,
Чынмачындан, Алтайдан,
Чын-Бээжин журт каңгайдан,
Чын жаратып бууданды
Бээжинге сапар барсам, - деп,
Тууган үчүн, журт үчүн
Кыйратып кыргын салсам, - деп,
Акбалтай, Жакып, эр Манас,
Дарегин таап алсам, - деп,
Ушуну ойлоп жүргөмүн.
Шер экени чын болсо,
Каралдым Манас кабылан
Арка кылып алууга,
Кара курттай кытайга
Кагышты катуу салууга,
Карыган абаң Кошойду
Арка кылып алууга,
Кара кытай, манжууга
Кагышты мыктап салууга,

Келериңди билгемин,
Кабылан тууса канкорум
Ушу сөзү чын болсо,
Келет ко деп жүргөмүн!
Келбесең издеп барууга,
Азган-тозгон кыргыздын
Эрлерин жыйнап алгамын.
Чеч-Төбө бойлой конгомун,
Дардайып эркин болгомун.
Ат семирип ык болуп,
Эр ээлигип бук болуп,
Эрендин баары жык толуп,
Эрендин баары оолугуп,
Өлүмдөн кайра тартпаган
Көйкашкалар чогулуп,
Чеч-Төбөнүн боюна
Чуркурап конуп турганбыз,
Үйүрмөнүн сазына
Үч күн жыйын кылганбыз.
«Куу, кач!» - ташып, куушуп,
Тапкычташып табышып,
Ыраң сазга сойлошуп,
Ырас акыл ойлошуп,
Бекерге карап турбадым,
Кырк уруу кыргыз бөрүнүн
Кыйынын жыйып алгамын.
Алтайдагы калмакка
Кыргынды кыйла салсам - деп,
Ажал жетсе өлсөм - деп,
Айлам болсо кырк үйдү
Ажыратып келсем - деп,
Аргындан тандап ыктуудан,
Акылга дыйкан мыктуудан,
Кыргыздан тандап албандан,
Кылымга моюн бербеген
Жоон көкүрөк балбандан,
«Айт!» - дегенде токтолбой
Ааламга бузук салгандан,
Өзү өлөрүн билбеген
Ала көөдөн дардаңдан,
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган эренден,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубаган беренден:
«Тобокел» - деп, бакырып,
Токтобой жоого чапкандан,
Топту бузган эренден,
Токтоп октон коркпогон
Топту бузчу беренден,

Кайраты бар ыктуудан,
Эрдиги мол мыктуудан,
Билеги жоон балбандан,
Билими ашык зардалдан,
Кылычка кыйын ыктуудан,
Кылчайбай жоого тийүүчү,
Кызыл моюн мыктуудан,
Түгөл жыйып алгамын,
Уулум, Манас, сен үчүн,
Кары Кошой абакең
Ушунчаны камдадым.
Келериң эчак билгемин,
Кезигише кетсем, - деп,
Ушуну сурап жүргөмүн.
Кудайдын берген чагыбы,
Кыйналып эчен түш көрдүм,
Кырааным келген табыбы?!
Келе, Манас, колуңду,
Кубандым бүгүн десемби,
Курдашым Жакып, Акбалтай
Кургурларым эсенби?
Айдалган элдин башчысы,
Алтайга келген кырк түтүн
Өөдө кылар жакшысы,
Өпкө чабар бакшысы,
Аз айлалуу эр эле,
Азган журттун бели эле,
Акбалтай, Жакып аманбы»
Кол кармашып секеңдеп,
Кан Манастын кеби ошол,
Кабылан абаң Кошойго
Жооп кайтарган жери ошол:
«Аба, Кошой карыям,
Айла тапкыч олуям,
Өөдө тартсам өбөгүм,
Ылдый тартсам жөлөгүм.
Астыга салсам ак жолум,
Аркамда жүрсө сан колум!
Абам Кошой карыям -
Сиз окшойсуз болжолум!
Эр абам Кошой чын болсоң,
Кагышка кием тонуң бер.
Бир туткан бириң болом, - деп,
Билимдүү Кошой колуң бер!
Маңдайга чыксам бараан бол,
Байгамбар чалыш экенсиз,
Бадыша абам караан бол!
Арсланым - деп, чын билип,
Алакан жайып дуба кыл,

Өткөн айдын жайынан,
Аба Кошой айыңдан,
Алтайдан каалап чыккамын,
Байгамбар чалыш карыям,
Бир тутуп турган олуям,
Акбалтай кандан уккамын.
Алакан жайып дубаң кыл,
Абам Кошой, батаң бер!
Чын батаңды берсеңиз
Кармашарым Каканчын,
Басташарым Бакбурчун.
Кара курттай капырдын
Көп арамын чын билдим,
Ошо кытай баатырдын.
Азабы болду сөзүндө,
Арамы болду көзүндө,
Ачууланып Эсенкан
Алмак болду өзүмдү.
Бөлөгү болду сөзүндө,
Бөтөнү болду көзүндө,
Бөлөк шумдук чыгарып,
Кызыталак Эсенкан
Бөлмөк болду өзүмдү!
Чалгайы турду сөзүндө,
Чалгырты турду көзүндө,
Чамасы келсе Эсенкан
Чалмак болду өзүмдү,
Казмак болду орумду,
Чамасы келсе Эсенкан
Салганы турат сонунду.
Буурусунду бурдурбай,
Бузук кылды ал чочко
Бул Алтайга тургузбай.
Кочкусу жетти кордуктап,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары чогулуп,
Атамды келди зордуктап.
Күрмөлөрүн күпчүйтүп,
Күчтүүсү каптап келгени:
«Бажы мал менен Манасты
Азыр бизге бергин», - деп,
Атамды кыстай бергени.
Өлүп-житип тырайбай,
Ажал жетип сырайбай
Сөзүнө кантип көнөйүн,
Күрдөлүү башым барында
Башымды кантип берейин!
Күчтүүсүнгөн ит менен
Күрпөңдөшө кеткеним,

Караан да жок, бел да жок,
Караан болуп берүүгө
Кабылан аба өзүңдөй
Белиме таңуу эр да жок.
Жетип кытай кордуктап,
Жергемди бузуп аларда
Жекене белге курчандым,
Жер жайнаган кытайга
Жеке кирип кол салдым.
Кыргынды кызык баштадым,
Эсенкандын элчисин,
Бажы алуучу ченчисин,
Айзакерден ыктуусун,
Айла табар мыктуусун
Каарды катуу баштадым,
Жеке өзүм кол салып,
Жетигин кырып таштадым.
Кочку, Дөңгө алп өлдү,
Койгулашкан жалпы өлдү.
Кыргынды кызык баштадым,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйынын кырып таштадым.
Тулундуусун тул кылдым,
Күрмө кийген күчтүүсүн
Отко жагып күл кылдым.
Кейишти кептеп баштадым,
Колума тийген кечилдин
Кекесин кесип таштадым.
Тозокту жаман бир салдым,
Тоодой алпын кыйратып,
Токсон төөнүн алтынын
Олжо кылып бир алдым,
Тозокту минтип бир салдым.
Турганым Алтай, жай кылдым,
Кырк үйлүүмдү бай кылдым.
Бадышадай мал союп,
Бай Жакып бай чыкты - деп,
Байлыгын угуп Эсенкан:
«Баласын байлап келгин» - деп,
Балбандын башы эр Жолой
Кабар алып канынан,
Каканчындын шаарынан
Каптап булар келгенде
Кытай илек, мен жалгыз,
Кылганым барбы кудайга
Ободон жылдыз болжошум,
Кутубий болду жолдошум.
Белге таңуу Кутубий
Белести карап турганда

Ачбуудан минген эр Жолой
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Аркасында карааны
Туман түшүп бөлүнүп,
Айдарлары бир бөлөк
Артынан алпы көрүнүп,
Ал алпынын мыктысы -
Кайчы кулак Каман алп,
Жору куйрук Жоон алп
Такыр каптап өтөрдө
Каарды катуу баштадым,
Качып Жолой кеткенде,
Ошо келген калың кол
Такыр кырып таштадым.
Айза кармап имерип,
Жолойду кууп жиберип,
Көктөн көк ала булут тутулуп,
Балбан Жолой ошондо
Көрүнөө качып кутулуп,
Туура кырып калмакты
Тулпарын тийип бир алдым,
Тутанган кара калмакка
Туйгун аба, кулак сал,
Мына ушундай чыр салдым.
Туурдугун май кылдым,
Алтайдагы кырк үйдү
Тутушканда бай кылдым.
Кылычты суурул кын кылдым,
Кырк уруу кытай Бээжинге
Айласыз кызык чыр кылдым.
Кан ичип жүрүп катыктым,
Кара калмак, манжууда
Канкор бурут атыктым.
Кытай түмөн, кыргыз аз,
Айылы кандай конуучу?
Кырылышсак кытайга
Качып кирер токой жок,
Кара кылар бир жан жок
Айла кандай болучу?!»
Угуп Кошой абакең,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Уугуп жаны чыдабай,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Кокуй, Манас, не дейсиң?!
Бу кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун!
Казба, Манас, орумду,
Ордолуу журтка катылып,

Кайнатпа менин шорумду.
Айтканым канча билип ал,
Арсланым Манас, тилимди ал!
Козголуп кетип Бээжин журт
Колун жыйнап калбасын,
Кордукту бизге салбасын!
Төрт түлүк малды чаппасын,
Төбөдөн кытай баспасын!
Билгенин кытай кылбасын,
Тукумду курут кырбасын!
Туш-туштан каптап аспасын,
Тутанып өлгөн капырлар
Дүмүрдүн баарын казбасын!
Кайра тартып сен кеткин,
Ашып-шашып Алтайга
Азырынча сен жеткин.
Айгырды бычып ат кылгын,
Кочкорду биттеп ирик кылгын,
Буканы бычып уй кылгын,
Алтайда кара калмакты
Алеңгир салып буй кылгын!
Бууранын бычып төө кылгын,
Бузуктуу кара калмакты
Түп көтөрө жөө кылгын!
Уккан менен билгенге,
Отор-отор оюнчук,
Кырк үйлүү кыргыз элиңди
Ойнотуп көчкүн бери жакка.
Кара калмак, манжууну
Четтеп көчүп алганда,
Оркондун тоосун таянып,
Оркоюп чыга калганда,
Кечикпей жолуң чалармын,
Кызырдуу Кошой өлбөсөм,
Кыяматты көрбөсөм
Алты айдан кийин барармын!
Ок өтпөс темир тонум бар,
Эл эсебин алганда,
Элди катка салганда,
Оёнум сени тосууга
Он эки миң колум бар!
Дин бусурман тулпарын
Чубатууга саламын,
Ок өтпөгөн тон камдап,
Ок жетпеген ат камдап,
Маанисин көрүп жерди алып,
Басма ылоолоп эрди алып,
Кызыр чалган жол болуп,
Кыйланын баары козголуп,

Кызыкты кыйла саламын,
Кызыр чалган кабылан,
Кымбатың Кошой абакең,
Кыжылдаган кытайдан
Ажыратып аламын.
Чөп көгөрүп, жер жайнап,
Бетеге ыраң толгондо,
Эл өөдөлөп ошондо,
Жайлоого жаңы конгондо,
Ат кара тил болгондо,
Жети асаба туу алып,
Жер майышкан кол алып,
Астыңдан тосо барармын,
Жайнаган кара кытайга
Чунагым, сенин өзүңө
Жолдош болуп калармын.
Кара калмак каптаса
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Кажылдаган калмакка
Кабылан Манас сен үчүн,
Качырып айза сунармын,
Канкорум, сенин айыңдан
Кара кытай, манжуурга
Жанымды курман кылармын.
Түйшүктү түздөп салармын,
Түз болуп Кошой калбасам,
Өзүм тосуп алармын!
Оркон, Алтай тоосуна
Өзүм тосо барармын.
Жолум үй тиге конормун,
Канкорум, сенин жолуңа
Өлбөсөм курман болормун!
Кой, Манас кан, көк жалым,
Жети-Өзөн турам жер жайлап,
Колума тийген калың кол
Курган канкор сен үчүн
Айдап барам кембайлап,
Кабылан Манас шеримсиң,
Белиме таңуу эримсиң.
Медер кылып отурган
Каргылуу тоодой белимсиң!
Туулбастан алты жыл,
Тууларың билгемин,
Азган-тозгон аз элге
Туу болот деп жүргөмүн.
Көз көрөлек бала элең,
Жылкыдан каалап берейин,

Кер кабылан малымды ал,
Келипсиң Кошой абаңа
Аздык кылса азыгың,
Көөкөргө куюп канымды ал!
Түнөрүшсө кытайга
Түз кирип айза сайып кел,
Түйшүк көргөн кырк үйлүү,
Шер экениң чын болсо,
Азат кылып алып кел!
Кайнап жаткан кытайга
Кагышып кыргын салып кел,
Кайран Балтай, Жакыпты
Эр экениң чын болсо,
Жергеңе эсен алып кел!
Казылуу жаткан ору бар,
Кырк үйлүү кыргыз элинин
Өзүң караан болбосоң,
Кайнай турган шору бар!
Кордук көргөн чени бар,
Койбой каптап келүүчү
Ал кытайдын эли бар.
Эр жерине конуучу,
Канкор - деп, кудай жаратса,
Эл үчүн курман болуучу.
Атаа, Манас, кулунум,
Абаң Кошой өлбөсө,
А дүйнө жүзүн көрбөсө
Кыргынды кызык салармын,
Кылча көрбөй куу жанды
Ажыратып алармын!
Көк жалым, сага кебим бар,
Көп сөз айтар чеким бар!
Жана айтса мунум бар,
Канкор шерим, угуп ал!
Айкожонун Билерик
Кытайга элчи барыптыр,
Кыстоону кытай салыптыр,
Миң балбан менен чоң Жолой
Манжуунун каны Эзкара
Баланы сынап калыптыр.
Билерикти жактырып,
Чоң күрөң оозун буруптур,
Чоң калдай бар жанында,
Айкожонун Билерик
Жапааны Эзкара чочко кылыптыр.
Адам, далай алптын султаны,
Кыйласынын кыйыны,
Баарысынын баатыры,
Эрге ылайык эр экен,

Айкожонун уулу экен,
Алданын сүйгөн кулу экен.
Он экиде кези экен,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Дин кулпусу эр экен,
Кармап алса бурутка
Кереги тийчү эр экен.
Айзакерден ыктуусу,
Жазы маңдай, жаргак көз
Бусурмандын мыктуусу.
Эңчегер бойлуу, өңү саз,
Маңдай чачы аз болот,
Тутанып өлгөн бул чочко
Каканчынга Бээжинге
Түбүндө бизге кас болот.
Үйүң күйгөн бурутту
Кол-аягын байлайлы,
Чынмачындын баашасы,
Чын Бээжинге айдайлы!
Карыкан бар, Эсенкан,
Тартуу кылып баралы,
Кырк аркан бою чоң зындан
Өлтүрбөстөн - житирбей,
Зындан-орго салалы
Жаңжалдашпай, урушпай,
Кызыталак буруттун -
Бурут деген журуттун
Билерикти бекитип,
Кандыгын сурап алалык,
Тил албаса жоёлук,
Эл баатыры Алөөкө
Эл четине апарып,
Ак үйлүү муну коёлук!
Алтындан салым көп алып,
Бажыга түмөн мал салып,
Бажыга малы жетпесе,
Беш көкүлдүү кызды алып,
Талаадан байлап дөөсүн,
Буйрукка бурут көнбөсө
Талкандай муштап мээсин,
Чыгаралы буруттун
Капкайдагы кээсин!
Кумдан кулан кубалап,
Кутуруп калган кези экен.
Өлчөөсүн алып кытайдын,
Далайын көрүп бул элдин.
Танабын тартып бул жердин,
Талкаланып бул бурут
Талаалап жүргөн кези экен», -

Деп, ошонтүп, Эзкара,
Талканды таамай салыптыр.
Доңуз мүнөз эр Жолой
Талкалашып урушуп,
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Кызыкты кыйла көрүшүп,
Булак аккан эмедей
Кызыл канды төгүшүп,
Уйгу-туйгу турушуп,
Бир билген чырын кылыптыр,
Алпы кирип зордуктап,
Манжуу, кытай кордуктап,
Билерик колун кырыптыр.
Айкожонун Билерик
Билерик кармап алууга
Билген чырын Эзкара
Сынап туруп кылыптыр.
Билген чырын баштаптыр,
Баатырларын барбайтып,
Маңдайга кырып таштаптыр.
Кыйындарын кыйратып,
Кыйын мүшкүл салыптыр.
Жалгыз калып Билерик
Кытай жетип имерип,
Айзаларын сунуптур,
Айгай кулак тундуруп,
Аскерлерин Билерик
Эзкарага кырдырып,
Кечээ, Билерик кордук көргөндө,
Кыйла колу өлгөндө,
Жапаа көрүп жалгыз эр
Мүшкүл тартып күн көрүп,
Жар-жоросу өлүптүр,
Жалгыздыкты көрүптүр!
Айза сунуп турушуп,
Бой бербептир Билерик
Он эки күнү урушуп.
Ал Билерик байкушту
Курчап кытай толуптур,
Кургур жалгыз болуптур.
Маңдайында бараан жок,
Мендесине бербесин,
Бастырып чыгар караан жок.
Бел байлаган бели жок,
Бекип жаткан жери жок,
Каз айланбас зоосу жок.
Каргылуу кара тоосу жок.
Эш тутарга эли жок,

Кара кылар калкы жок,
Ажыратып алуучу,
Аңгеме-кыргын салуучу,
Кошой, Манас алпы жок,
Кордукту артык көрүптүр.
Койгулашар чаркы жок,
Койгулашып Билерик
Кудай бетин көрсөтпө,
Мурундун баары бүлүнүп,
Кулактын баары кулжуюп,
Тарсылдактан жулунуп,
Туш-тушунан көргөндө
Менденин бою дүркүрөп,
Айза, кылыч, жаа огу
Туш-туштан тийип күркүрөп,
Кытай илек, ал жалгыз,
Кылганы барбы кудайга,
Чапчышышып турушуп,
Чамасы кетип ал бошоп,
Он беш күн тынбай урушуп,
Коюнуна кара кан толуп,
Караанга байкуш зар болуп,
Кайрат кылчу эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Дүйнөгө бергис кайран баш
Челектей кызыл кан болуп,
Билгендерден сурадым,
Билериктин жомогун
Азапты артык тартыптыр,
Мендеси мындай болобу?
Күрмө кийген баатыры,
Күчтүү Жолой капыры
Күчөп кирип келгенде
Дини ыслам адал дин,
Бусурмандын уулунан
Бир көргөнгө зар болуп,
Ал кытайдын огунан
Мендесине бербесин,
Кара макмал, ок өтпөс,
Үстүндөгү кийгени
Кат-катынан бөлүнүп,
Кыймылдаса Билерик
Жолум үйдөй жаа огу
Ар кайсы жерден төгүлүп,
Ошо согуш ичинде
Минген аты Кылжээрде,
Кылжээрде жүрбөй болкулдап,
Жүрбөй калган себеби -
Булчуңун булгай ок тийип,

Кылжээрде аксап жүгүрүп,
Кылча табар айла жок,
Билерик жандан түңүлүп,
Чама кетип, баш чайкап,
Чарчап булар турганда
Кытайлардын балбаны
Туш-тушунан кол салып,
Чабышты мыктап кылганда,
Чабышып чама жете албай,
Айкожонун Билерик
Чаркы кетип турганда,
Манжуулардын баатыры,
Жоо бөрүсү жонумдун
Жолу катуу капыры,
Эпсиз журттун эрени,
Эң акылман, чоң сынчы
Эзкарадай берени,
Калдайлардын капыры
Манжуулардын каны экен
Эр Эзкара баатыры.
Чоң күрөңгө камчы уруп,
Каарданып бакырып,
«Казыр байлап алгын», - деп,
Балбандарын чакырып!
Малакайчан ыктуусун,
Балбансынган мыктуусун,
Адамдын мойнун алуучу
Төө моюн кара оргогун,
Айдаган экен Эзкара
Дөөдүр кара соргогун.
Жаң-жуңун кууп токмоктоп,
Эзкара каарын төккөндө
Жалаң аскер көп колу
Жаны чыгып шокшоктоп,
Кызыкты кыйла баштаптыр,
Кыжылдаган кытайын
Чоң күрөңчөн Эзкара
Кырып ие таштаптыр.
Жер топосун сапырып,
Эзкара кайрат кылганда
Жер жарылган бакырык,
Айгай кулак тундуруп,
Калмактардын балбаны
Үйдөй чокмор колго алып,
Бир жактан чыгып булдурук.
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Айзанын башы кагышып,
Ат көрбөгөн жөө күлүк

Жөөлөрү аттай жарышып,
Каны каарын салган соң,
Каптабай кытай турабы,
Кыйыны буйрук кылган соң,
Кырат экен капырлар
Аянып кудай урабы?!
Кара жоолук түйгөн баш,
Аркасында болтоктоп,
Кол токмоктой өргөн чач,
Билерик каптап кеткенде
Калмактын калкы аралаш.
Маңдай жагы бакырык,
Кырк уруу кытай балбаны
Туш-туштан ураан чакырып,
Айла кетип турганда
Жаа тарткыч Дөөдүр жетиптир,
Билерик кармап алалбай,
Астындагы Кылжээрде
Сүбөөнүн бир жак бетине,
Көк боордун таамай четине,
Бармагынан май чыгып,
Күч менен тарткан доңуздун
Тырмагынан кан чыгып,
Тарткан жаасын карасаң
Боосу кылдай чоюлуп,
Каарданып турганы,
Кылжээрде кыйын тулпарды
Жаа менен урганы.
Жаанын огу дыркырап,
Кылжээрденин капталы
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп зыркырап,
Кан-жин менен аралаш
Капталынан чочконун
Кара кан агып дыркырап,
Сүрдүгүп жээрде жыгылып,
Атаа, кытай алган Кылжээрде
Аңгекке башы тыгылып,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Аласасы келгенде
Ушундай экен дүйнө шок!
Билерик айтып мындай кеп:
«Кожолорум корооюп,
Мурда кыйла эр элем,
Кыйындардан айрылып,
Өзүм калдым сороюп!
Саят кылып, аң уулап,
Угa кирген экемин,
Айыкпаган бир азап,

Чууга кирген экемин!
Кез болгон кайра тартпаган
Жолго кирген экемин,
Кесип адам өтө алгыс,
Шорго кирген экемин!
Жапаа, мүшкүл балааны
Көргөнү келген экемин,
Отура калып сийбеген,
Жеңи жерге тийбеген,
Дини кара капырдан
Өлгөнү келген экемин!
Кайнап жаткан капырдын,
Каарданган баатырдын
Колунда калган экемин!
Мөңкүсөм чыкпас капырдын
Торунда калган экемин!» -
Деп, ошонтүп, Билерик
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк бултайып,
Эки буту салактап,
Кубарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Билерик минтип туруптур,
Кордукту Жолой кылыптыр.
Темир аркан торчону
Тегеректеп тор салып,
Тегиз канжар колчону
Ач айкырык кол салып,
Буйрук кылып Эзкара
Өкүргөндөн бакырып,
Өлтүрүп ийбе окус», - деп,
Балбандарын чакырып,
Тегеректей калгын, - деп,
Башына коок салгын, - деп,
Чапчышарга чама жок,
Кол-аягын байла, - деп,
Качырга байлап мингизип,
Каканды көздөй айда, - деп!
Таң-тамаша оюнду
Жоону жеңдик, салгын! - деп,
Ай Жаң-Жуң кан, Күн Жаң-Жуң,
Чет-Бээжинде Эсенкан
Таш-Көпүрө шаарында
Жарым каным Азезил,
Бээжиндин каны Карыкан
Буларга айдап барыңар!
Ит болбосоң балбандар,
Кырк уруу кытай Бээжиндин

Кандыгын сурап калыңар!
Мындай адам кабылбайт,
Бу түрдүү адам табылбайт.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Колго түшкөн жан экен,
Каканчындын Бээжиндин
Ырысына табылган
Ырас мыкты жан экен.
Колго тийген коёнду,
Коё берген оңорбу?!
Касташып жүргөн буруттун,
Бурут деген журуттун
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Карышкырча жойлогон,
Бүлүк салып, мал тийген,
Эреже бузуп, эл сойгон,
Өзөнчө жерге өрт койгон,
Кара сууга кан куйган,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Эңишкен туура келбеген,
Эңкейтип менде жеңбеген,
Чабуул издеп, журт бузган,
Чабылган кыргыз тукуму -
Уйпалган кыргыз ал журттун
Улугунун өзү экен.
Караган кара көзү экен,
Орго алпарып салалык,
Тутанып өлгөн кыргыздын
Кыздарын тартып алалык!
Кырк аркан бою чоң зындан
Ошого барып салалык!
Кызыталак буруттун
Кыйласын тартууга алалык!
Ал сөзүңө көнбөсө,
Ал айтканды бербесе,
Колго түшкөн Билерик
Кылычтап башын алалы,
Кыйратып башын жаралы!
Күчтүү балбан экөөлөп,
Күрмөп байлап мойнунан
Өөдө-төмөн жетелеп,
Кыйратып башын алалы!» -
Эзкара мындай айтып кеп,
Зилинде бул иш керек, - деп,
Качырга байлап алды эми,

Шуру отогот, маржан таш,
Зуңтуңдун каны аралаш,
Улугу бар, каны бар,
Кыйындары, баары бар,
Манжуунун каны Эзкара,
Шибээликтен Ылама,
Калмактардын Жолою,
Таамай эрен жаныбар,
Билерик байлап алганда
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын баары бар.
Баланы кармап алыптыр,
Темир торго салыптыр,
Белинен кармап бүктөптүр,
Бээжинди көздөй жүктөптүр.
Каары толук бакырып,
Сүйүнгөндөн баарысы
«Какайлап» ураан чакырып,
Сурнай үнү бапылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Барабан кагып той кылып,
Баатыр экен Эзкара
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Байлап алган баатырын
Астына салып айдатып,
Айлалуу Жолой капырың
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн көп манжуу
Өлөңүн айтып чуркурап,
Балбаны бөлөк бөлүнүп,
Балбандардын сыягы
Баатырлык түрү көрүнүп.
Балбандын түрү бир башка,
Баатырларын чогултуп,
Алган экен Эсенкан
Ааламды бузган көйкашка,
Улугу бар, каны бар,
Ушунчаны жыйнаган
Билгич экен каркыбар.
«Билерик байлап келдик», - деп,
Астына кабар салдырып,
Алтымыш тейтей, кырк манжуу
Сүйүнчүсүн алдырып,
Эсенкандын эшикте
Таза кумдан төктүрүп,
Сейилдикке чыгуучу
Опсуз бийик мунара
Баашалыгы башкача,
Кызыталак сурагы

Кабар укту Эсенкан.
Мунарага жүгүрүп,
Толуп жаткан көп аскер
Кан Эсенкан алдына
Келиндерче тоңкоңдоп,
Таазим кылып жүгүнүп,
Каарданып Эсенкан,
Турган экен бакырып,
Көп ылашкер, сан тыргоот,
Бирөөн койбой чакырып:
«Ордо каптап, кол жүрдүң,
Аз гана эмес мол жүрдүң!
Улугуң, баштык каның кел,
Ушунча журтум, баарың кел,
Таш сайынган тазаң кел,
Күрмө кийген күчтүүң кел,
Айбалта чабар ыктууң кел,
Айзага камбыл мыктууң кел,
Айзасы артык учтууң кел,
Кылычы кыйын курчтууң кел!
Жети түмөн жоо келсе,
Жеке айза сунчуң кел,
Даарының калбай, баарың кел,
Чала моңол каның кел,
Миңден чыккан бириң кел,
Акылга дыйкан ыктууң кел,
Аябаган мыктууң кел!
Кымбатыңар, карыңар
Тополоң тийген эмедей,
Токтобой каптап келипсиң.
Тозмого койгон баарыңар!
Кароолго койгон ыктууңар,
Ашып-шашып антаңдап,
Калбай баарың келипсиң,
Калың аскер мыктууңар.
Бейлеп, ойлоп, көп жүрөм,
Чалыша кетсек окустан,
Он сегиз миң ааламды,
Жерге туулган адамды
Желдетим жумшап талкалап,
Жеке билем, - деп турам.
Ашып-шашып келгениң,
Далай балбан антаңдап,
Тагымды тепсей келгениң,
Эселек кол энтеңдеп,
Эминени көргөнүң?!»
Ачуусу келип Эсенкан,
Ачууланып үксөңдөп,
Төбө чачы сүксөңдөп,

Каарды катуу баштады,
Аскерлерди Эсенкан
Чалып ие таштады.
Эр Эсенкан улуктун
Бекем кылган беш сарай,
Бекемдиги бир далай.
Беттеп менде келбеген,
Бет алып адам жеңбеген,
Сакчылары сандан көп,
Кароолчусу андан көп.
Балбаны бар жабылган,
Улук экен Эсенкан
Баш күнүнөн камынган.
Ары жагында сакчысы,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Айта-буйта дегиче,
Буйрук кылса Эсенкан
Көп аскери жабылган.
Эсенкандын алтын так,
Айланасы чынар бак.
Ал тагынын эшикте,
Казылган даяр ору бар
Ары жагына караса,
Кынжы салып байлаган
Катылса соёр зору бар.
Караса мынча баркы бар,
Жан сактарга сан колу
Жыйылган экен каркыбар.
Манжуунун каны Эзкара,
Калмак каны чоң Жолой
Каарды катуу баштады,
Журт баштыгы Эсенкан
Жутуп ие таштады.
Кара калмак карысы,
Шибээ, манжуу баарысы
Кыргын тийген эмедей,
Эсенкан каарын төккөндө
Кыйрап түштү баарысы.
Өз билгенин сан колго
Кыла турган болуптур,
Токтобостон сан колду
Кыра турган болуптур.
Чогуусу менен баарына
Адам көрбөс дүмөктү
Кыла турган болуптур.
Манжуунун каны Эзкара
Сан колунан бөлүнүп,
Эсенкандын көзүнө

Эрдиги эпсиз көрүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Ушунчалык шаардын
Улугу экен Эзкара,
Дал алдына барганда
Келин болду жүгүнүп,
Эзкара айтты эми кеп,
Кан алдына мындай деп:
«Баатыр Эсен, улугум!
Ат бороюн сыдырып,
Жердин үстүн кыдырып,
Чалгын чалып, жер кайгып,
Эрдигим менин ким үчүн,
Эр Эсенкан, сен үчүн!
Ат бороюн сыдырсам,
Ааламдын баарысын
Безип жүрүп кыдырсам,
Чачкын кылсам малымды,
Курман кылсам жанымды,
Сүйүнчүлөп эр байлап,
Алдыңа келсем күүлөдүң,
Баш кесердей түрдөндүң!
Кыйла кызык баштадың,
Кылчайбай койсом өзүңө
Кырып ие таштадың!
Кан эле болсоң бекерсиң,
Кан экениң чын болсо,
Кайран башты кесерсиң!
Каным, буйрук сен кылдың,
Айтканыңа мен турдум.
Өзүң буйрук кылган соң,
Капчалды бузуп жол алдым,
Какандан жыйнап кол алдым.
Ат бороюн сыдырдым,
Ааламдын баарысын
Жортуп жүрүп кыдырдым.
Эзкара жортуп ашпаган
Адыр-күдүр бел калбай,
Мен көрбөгөн эл калбай,
Тулпар атым жоорутуп,
Көбүрөөк көңүл оорутуп,
Чай алган тоонун кентинен,
Алтын казчу Чай-Тоонун,
Түгөнгөн ары четинен,
Үзүлгөн тоонун урчуктан,
Узун түшкөн тумшуктан,
Курун селде чалынып,
Кудуретке жалынып,
Аркар айдап, кулан кууп,

Астымдан чыкты бир топ жан.
Чегимди бузуп келиптир,
Келгенин көзүм көрүптүр,
Уламадан уласам,
Учу-түбүн сурасам -
Көрсө, бурут өзү экен,
Бир шайтанды Бээжинге
Кызыталак ал бурут
Салганы жүргөн кези экен.
Кайгуул карап, жер чалып,
Кас болуп жүргөн кези экен.
Бир дүмөктү Бээжинге,
Салганы жүргөн кези экен.
Бажыдан жыйган түмөн мал,
Казыналык түмөн мал -
Кастык кылып бу бурут
Алганы жүргөн кези экен,
Бир шумдукту каканга
Салганы жүргөн кези экен!
Өзү ыслам дининде,
Өрттөнүп кеткен бул бурут
Бизге душман зилинде.
Кайгуулду тиктеп бул бурут,
Алганы жүргөн кези экен,
Калаймaнды каканга
Салганы жүргөн кези экен.
Томуктай жерде тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Чоң-Туңшанын четинен,
Кулан-Талаа бетинен
Кутуруп кеткен бурутка
Жекене белге курчандым,
Жеке аралап кол салдым.
Кутургурдун өзү экен,
Зордугу тоонун теңиндей,
Анча-мынча адамды
Айдап кырып жегидей.
Миздей сары талаада
Өйүз-бүйүз туруштум,
Мылтык атып, жаа тартып,
Кырк бир күн тынбай уруштум.
Ат салышып чыгышып,
Ач кыйкырык салышып,
Айза кыйрап кеткенде
Айбалта менен чабышып,
Эрдигин көзүм көргөнү,
Кырк бир күнгө бой бербей,
Таш сайынган кытайдан
Тазалары өлгөнү.

Ат салышып турушуп,
Айгайлашып урушуп,
Шибээнин Калдай каны өлүп,
Кагышка кирип барганда
Калмак Жондук дагы өлүп,
Кагыш, кыйын калайман
Каарды катуу баштадык,
Канжарколду каптатып,
Кайраты жок жаманын
Такыр кырып таштадык.
Белгилүүсүн жайладык,
«Канга керек болот», - деп,
Кадырлуусун кармадык.
Таамай уккун сөзүмдү,
Ачуулансаң мейлиңиз,
Тартуу кылдым өзүңө!
Кармап келген бул бурут,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Балбандыгы бир канча,
Баатырдыгы бир башка,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Айбаты артык, заары күч
Кармаша келген адамды
Кырып-союп кылат түз!
Ач арслан төштөнгөн,
Өрттөнүп кеткен бул бурут
Алгыр бүркүт көздөнгөн,
Жаның чыккан буруттун
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Ороодой чуңкур көзү бар,
Өлүмдөн кайта кайтпаган
Оргу-баргы сөзү бар.
Акыл ойлоп, журт билген,
Зардалдык сыны көрүнөт,
Сан колду жеке баштаган
Балбандык түрү көрүнөт.
Тексиз жүргөн уул эмес,
Тегин жүргөн кул эмес.
Өрттөнгүрдүн өзү окшойт,
Бээжинге бузук салуучу,
Бет алганын алуучу,
Бейпай кулдун өзү окшойт.
Айза кармап имерди,
Өңчөй балбан манжууну
Өрттөнүп кеткен бул бурут
Өткөрө кырып жиберди.
Кылычын кармап толгоду,

Кызыталак бурут оңбоду,
Кыргынды кызык баштады,
Катылгандын баарысын
Кылычтап кырып таштады.
Мен Эзкара болгону,
Эзкара аткаконгону,
Мындай эрди көрбөдүм,
Мындай эрди туйбадым.
Беттешкени - бештен, төрт,
Кызыталак буруттун
Бет алган жагы кызыл өрт,
Катылганды чалгандай,
Каман сыны бар экен,
Атышканды алгыдай,
Арслан сыны бар экен.
Кара жагал Бороончу
Бозуп чыгып уруштук,
Калмактардан чоң Жолой
Тозуп чыгып уруштук.
Чоң күрөңчөн Эзкара
Кошо чыгып уруштук,
Делпиң алп менен Дөөдүр алп,
Каршылашып туруштук.
Арага алып четтедик,
Өң дөөлөрдүн баарысы
Билерикти беттедик.
Күчкө салып баланы
Эптеп кармап албасак,
Бээжинди соо коёбу,
Катылган аман калабы,
Бул өңдөнгөн куу бурут
Элинде бекер жатабы?!
Кармап мүнтүп албасак,
Бээжинди аман коёбу?!
Үйүң күйгөн бу бурут
Адамдан артык туулган,
Мынча кармап албасак,
Сала турган чуулган.
Кыйындарын кыйратып,
Каарды сала киргенбиз,
Кармап алып бирөөнү,
Бет алдыңа береним,
Тартуу кылып келгенбиз!
Сынчыңызга сынатып,
Сынап туруп алыңыз,
Сыныңа толсо бурутту
Зынданыңа салыңыз!»
Эзкара мындай дегенде,
Эсенкандын доолбас,

Кан алдында белгиси
Өзү билдин териси,
Жезге чоюп каптаткан,
Алтын тактын түбүнө
Кароолун коюп сактаткан.
Көчүгү жоон үч кучак,
Үйдөй чокмор колго алып,
Камынып чабат балбаны,
Үнү угулбай дүңгүрөп,
Кулактын чыгат далдалы,
Жанындагы балбаны
Доолбас уруп калганы.
Доолбас бекем кагылып,
Сыйкырчысы, сынчысы
Доолбас үнүн укканда
Каптап жетти көп улук.
Эсенкандын кум майдан
Ашып-шашып басышып,
Балбаны минтип турганда,
Үрбөп-дүрбөп жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Сыйкырчысы, сынчысы,
Ажайыпчы, балчысы,
Атагын көргөн чочуган,
Алтымыш барак Бурканды
Артык-жетик окуган,
Сынчылары келгенде
Сынап бергин муну, - деп,
Калк жыйылып туруптур,
Катуу буйрук кылыптыр.
Билериктин моюнунан
Тээктеп бекем байлаптыр,
Жети дөөсү жетелеп,
Өөдө-төмөн айдаптыр.
Сынчылары көрүптүр,
Эр Эсенкан чоң канга
Кылыгын айта бериптир:
«Улук да экен, шер да экен,
Колго тийген бул бурут
Артык мыкты эр экен,
Кан ичме канкор бурутка
Жолдош болчу неме экен.
Орто бойлуу, кең далы,
Ойротту бузар эр экен,
Каканчындын Бээжинге
Ок атуучу эр экен.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсиген куу бурут
Кандай күнү болгон кез.

Кол-аягын бекитип,
Кордук кылып бакпасаң,
Топ казына мүлкүңдү
Чача турган уул экен,
Токтобостон Какандан
Кача турган уул экен.
Мурадына бир күнү
Жете турган уул экен,
Бузулса качып элине
Кете турган уул экен.
Көзү кызыл, өңү чок,
Көп жерде мындай бала жок,
Бекер калчу кул эмес,
Бээжинге токтоор уул эмес.
Туура жагың Каканчын,
Маңдай жагың Бакбурчун.
Улуңту, Кентун, Туңшаны,
Кездик эле мынчаны.
Малдан ачып баарды,
Сынап жүрүп кыдырып,
Көрдүк эчен шаарды.
Эрден мындай көрбөдүк,
Эзелден мындай билбедик.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Орто бойлуу, кең далы,
Оюлгур мыкты жан экен,
Түрүн көрүп байкасак,
Он экиде бала экен.
Кайыбынан кабылган,
Бээжин оңой жер эмес,
Бул бала кайсы күнү кабылган?»
Эсенкандын алдына
Сынчынын каны Чоң Аяр
Чоң Аяр туруп муну айтат,
Билген жанга шумду айтат:
«Колго тийген коёнду
Коё берген оңорбу?!
Эсенкан, улук сен элең,
Билгич аяр мен элем!
Колго тийген буруттун
Кол-аягын бекитип,
Орду көздөй айдаңыз,
Тилимди тиктеп алыңыз,
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып салыңыз,
Бек бекитип калыңыз!
«Билерик колго түштү», - деп,
Бурутка кабар кылыңыз!

Дегениңе көнбөйбү?
Өрттөнүп кеткен ал бурут
Каалаган жерди бербейби!
Башчыларын жыйбайбы:
«Баланы аман алам», - деп,
Мал-башын тартуу кылбайбы!
Ушул жаткан баласын,
Ажыратып алууга
Айтканыңа көнбөйбү,
Алты-Шаар, Маргалаң,
Ары жагы Самаркан,
Колтугу Кокон, Анжыян -
Ошондон берки калаасын
Тартуусуна бербейби!
Дегениңе көнбөйбү?!
Каарды катуу салабыз,
Кызыталак буруттун
Канча мүлкүн алабыз!
«Бербесең жайлап салам», - деп,
Кызыталак буруттун
Кандыгын сурап алалы.
Адегенде көнбөсө,
Ал айтканды бербесе,
Колго түшкөн баланын
Кол-аягын байлайлы,
Өөдө-төмөн токмоктоп,
Кордук кылып жайлайлы.
Эстеген жоонун четине,
Бусурмандын бетине,
Каардуусун соёлу,
Алымды мыктап алууга,
Азапты мыктап салууга,
Эр Алөөкө баатырды
Маргалаңдын шаарына
Кан көтөрүп коёлу.
Энеси талак бурутту
Эптеп жүрүп соёлу!
Кыстоону кыйын салалы,
Кыйыгын таап буруттун
Кыйла мүлкүн алалы!
Чоң Аяр айтып турган соң,
Аны укканда Эсенкан
Кубанып калкы чуркурап,
Кубанчылуу той кылып,
Калкынын баары жыйылып,
Дүнүйөнү чачтырып,
Балбандарын шаштырып,
Кырк кулактуу жез казан
Так алдына астырып:

«Тилегим кудай берди, - деп,
Тиктеп жүргөн душманым
Эзкара байлап келди», - деп,
Күйүттүн баары чачылып,
Күптүүнүн баары ачылып,
Адам тапкыс ой кылып,
Аалам журттун баарысын
Жыйып алып Эсенкан,
Жылма болгур, той кылып,
Кырк кулактуу жез казан
Жагып отту кайнатып,
Үйдөй болгон бурканды
Казандын өөдө жагына
Салбыратып астырып,
Өөдө карай байлатып,
Кырк өгүздү бир союп,
Муну бүтүн салдырды.
Кырк чочкону бир союп,
Кырк күчүктү бир союп,
Кырк мышыкты бир союп,
Баарын катар салдырды.
Адам тапкыс ой кылды,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кайнап жаткан көп улук,
Тыргооту тыйпыл жабылып,
Эсенкандан чочунуп,
Колодон кылган бурканды
Бизге кудай ушу, - деп,
Жабыла баары чокунуп,
Манжуунун баары жабылып,
Колодон кылган бурканды
«Кудай бу», - деп табынып,
Желигип манжуу, көп шибээ
Жети күнү той кылып,
Той-тамаша шайлашып,
Калдайды жыйып калыптыр.
Алөөкөдей баатырды
Маргалаңдын шаарына
Кан көтөрүп салыптыр,
Муну менен Алөөкө
Ак үйлүү болуп калыптыр.
Билериктей байкушту
Кырк аркан бою чоң зындан,
Алып барып салыптыр,
Өлтүрбөстөн - житирбей,
Каары толук Эсенкан
Ушуларды алпарып,
Казынага багыптыр.
Өлбөй-житпей Билерик,

Ушу бүгүн аман - дейт.
Өлүк эмес, тири эмес,
Айкожонун Билерик
Көргөн күнү жаман - дейт.
Ордо жатып зыркырап,
Күйүп жүрөт - деп угам,
Олуя Кошой абакем
Качан апы кылат, - деп,
Билип жүрөт, - деп угам.
Арслан Манас кулунум,
Айтып бердим жомокту.
Көөдөндө черим муңум бар,
Айттым муну, угуп ал!
Балам, Манас, кулунум,
Абаң Кошой кары бар,
Кошой абаң ичинде
Төө көтөргүс зары бар!
Кыргынды кытай баштады,
Кылчайып карап койгонду
Кыргын кылып таштады.
Канкор тууган кулунум,
Сөзүмө кулак салыңыз!
Доошунан жан чыгып,
Азыр Алөөкө болду каныбыз!
Шер экениң чын болсо,
Азып калган кыргызды
Ажыратып алыңыз!
Маргалаңды сураган
Алөөкө болду атагы,
Ал Алөөкө чочконун
Ааламга тийди чатагы!
Орногону былтыр күз,
Кыйланы кырып кылды түз!
Каарданып бакырса
Ал капырдан күдөр үз!
Каяшаяк бергенди
Эки көзүн кашайтып,
Оюп салды, - деп уктум.
Алым бербей койгонду
Арык койдой тыртайтып,
Союп салды, - деп уктум.
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Ал Алөөкө капырдын
Доошунан жан чыкты.
Алтымыш уулдуу капыр, - дейт,
Ааламга бой бербес,
Алөөкө бааша баатыр, - дейт.
Жылт-жулт эткен дүйнөнү
Оруп турат Алөөкө,

Алым алып алтындан,
Соруп турат Алөөкө.
Алөөкөнүн кайраты,
Мактанып менде жетпейт - дейт,
Кайыр берем деген жан
Бирөө тирүү кетпейт, - дейт.
Алөөкөнүн каары
Ар адамдан артат - дейт,
Аркан байлап бутуна
Каар кылган адамды
Асманды көздөй тартат - дейт.
Айтсам кызык мунум бар,
Алөөкөнүн чатагын
Арслан Манас, угуп ал!
Көлүктөн тандап төөнү алып
Кордук кылды, - деп уктум.
Койбой баарын сабатып,
Зордук кылды - деп уктум.
Алты-Шаар, Кокондон,
Айдап сабап сарттардан
Алым алды ошондон.
Каарды катуу кылды - дейт,
Каяшаяк бергенди
Кармап алып урду - дейт.
Алтымыш жамбы, миң кундуз,
Алым алып турду - дейт,
Алымына чыдабай,
Анжыян журту качты - дейт,
Кайран журттун уругун
Алөөкө кан чачты - дейт.
Быягында капырдын
Улуу Анжыян тушу бар,
Улуулугу эң кыйын
Үйүң күйгүр ушу бар.
Өңгөк-дөңгөк талааны
Оруп турат, - деп угам,
Каары тийген адамды
Соруп турат, - деп угам.
Каттаган адам барат - дейт,
Кармап алып бу чочко
Ажайыпка бактырган
Каманына салат - дейт.
Ажайыпка орноткон
Керик менен били - дейт,
Жолборсу он беш төлдөйт - дейт,
Жолу каткан чочкого
Жолоп менде келбейт - дейт,
Жер жүзүнүн алптары
Каптаган менен жеңбейт - дейт,

Каптап адам барбайт - дейт,
Кез болгон адам калбайт - дейт,
Кылчайгандын чекесин
Жөн эле кармап оёт - дейт,
Ажыдаардын алдына
Кармап сала коёт - дейт.
Чындап жини кармаса,
Самаркан менен Коконду
Талкан кылып чалат - дейт.
Өрттөнүп кеткен ал доңуз
Жана жини кармаса,
Алдына барган мендеси
Өлбөй тирүү тартпайт - дейт.
Каарына алган мендеси
Эсен кайра кайтпайт - дейт.
Өрттөнүп кеткен Алөөкө,
Жоругун уксам чоң бааша,
Жологондун баарысын
Кырып-союп салат - дейт,
Уксак мындай тамаша!
Ажайып торун орноткон,
Артык деп угам кыялын,
Өтүп кеткен Намурут
Артык дейт андан сыягын.
Тил үйрөткөн чочконун
Кериги бар, били бар.
Керишкен менен ал жетпейт,
Кел, көчүп кел, канкорум,
Азыр менин тилимди ал!
Ажайыпчы, сыйкырчы,
Билгичи бар - дейт жанында.
Ачуусу келсе кырат - дейт,
Алакандай бусурман
Бөйдөй-чайдай куурат - дейт.
Аскеринен чаң чыгып,
Үйүң күйгөн чочконун
Каарынан жан чыгып,
Алымына чыдабай,
Эчен адам шашты - дейт,
Алты-Шаар, Кокондун
Журту тамам качты - дейт.
Буласын булап алды - дейт,
Казыналык чоң тагын
Маргалаңга салды - дейт,
Ак үйлүү жүрүп ал чочко
Бадыша болуп калды - дейт.
Болот эшик дарбаза,
Болуп калды чоң бааша,
Колуна тийген мендеге

Салды дейт кыйла тамаша.
Каарына чыдабай
Канча менде шашты - дейт,
Алым салып бул капыр
Арбагы журтту басты - дейт,
Колуна тийген адамды
Кокуйлатып чачты - дейт.
Алымын таап бербесе
Өз билгенин кылды - дейт,
Астына барган мендени
Ырайым кылбай ал чочко
Кыйласын союп салды - дейт,
Жетим-жесир, мискинге
Тозокту тоодой кылды - дейт.
Коломтодон кор чыгып,
Ордолуу шайык, көк жөкөр
Орчун Кокон, Маргалаң
Ошолорду сураган
Алөөкө аттуу зор чыгып,
Бул Алөөкө баатырдын,
Кайраты толук капырдын
Чарпышып чама келе албай
Беттешип менде жеңе албай,
Бейпай салды - деп уктум!
Дегениме көнсүн, - деп,
Койгулашпай тынч эле
Кошой алым берсин, - деп,
Мага да кабар кылыптыр,
Үйүң күйгөн чочконун
Элчиси келип туруптур.
Карыпчысын калдайтып,
Каны кошо келиптир.
Күрмөлөрүн күлдүйтүп,
Күчтүүсү кошо келиптир.
Кан буйругу келди, - деп,
Каяша кылбай, бурутум,
Алымыңды бергин, - деп,
Ак асаба туу салып,
Айгайлаган чуу салып,
Ургаачыдан уз сурап,
Алымына Алөөкө
Өңчөй сулуу кыз сурап,
Дегенге бачым көнгүн, - деп,
Кыймылдаган малыңдан
Бажыны бачым бергин, - деп,
Алтын, дилде артууга,
Кызыл куйрук нар бер, - деп,
Кыстап түшүп турушту,
Тобокел - деп бел байлап,

Токтобой Кошой абакең
Элчиси менен урушту.
Кудайназар куу чокмор
Белиме таңуу кылгамын.
Угар кулак, көрөр кез
Куу тулпарчан Кутунай
Медер кылып тургамын.
Чоң себилге курчанып,
Алым алчу балбанга
Атыш кылып кол салып,
Железен айгыр минишип,
Жерден бакан алышып,
«Жаапырым!» - деп салышып,
Жаман уруш болгонбуз.
Ат салышкан жеке жок,
Айрылбаган чеке жок,
Камчы менен кагышып,
Айбалталап чабышып,
Айза менен сайышып,
Түз жер айкын талаада
Түгөнүшүп калышып,
Дегенине көнбөстөн,
Ал алымын бербестен,
Кылыч кыйрап жаркылдап,
Айбалта башка шакылдап,
Белгилүүсүн жайладым,
Келгендерин талкалап,
Маргалаң көздөй айдадым.
Кызыкты кыйла баштадым,
Арага келген балбанын
Аябай кырып таштадым.
Бузукту мындай салгамын,
Бул Алөөкө кан менен
Булкулдашып алгамын.
Арага келген элчиге
Абаң Кошой карыя
Айкырып айза сайгамын,
Апсиси бузук ит менен
Айгайлашып калгамын.
Күчтүүсүнгөн акмакка
Күркүрөп айза сунгамын.
Күрмөчөнүн, таштуусун,
Эченин өлүм кылгамын.
Кошой абаң бой бербей:
«Балам, Манас, кебимди ук,
Койгулашып турамын.
Жылгындуу Кең-Кол, Талас бар,
Мекен кылып конуп бер,
Шер болуп Манас, туулдуң,

Бизге караан болуп бер!
Бабаңдан калган жериң тап,
Атаң өткөн Каракан
Өлүмдөн калган элиң тап!
Канзааданын өз көзү,
Калмакка жүрөр жан барбы,
Караңгүн, Манас, эл кайда?!
Бекзааданын тукуму,
Бээжинге жүрөр жөн барбы?
Берен болуп жаралдың,
Берен Манас, эл кайда?!
Көчүп келип, сен Манас,
Мекен кылгын Таласты,
Кудайдан сурап жүргөнбүз,
Жакыптын уулу Манасты.
Улук болуп, бел болгун,
Уялуу коргон шер болгун!
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эптеп колго сен алгын,
Кытай эмес кылымга
Кыраан Манас, кол салгын!
Бел байлаган белимсиң,
Арка кылып абыдан
Алда Таала кудайдан
Сурап жүргөн шеримсиң!
Үзүлгөндү улап бер,
Чачылганды жыйнап бер!
Туягымсың, белимсиң,
Таалайга кудай чыгарган
Көк жал Манас шеримсиң!
Шер болоруң билгемин,
Көңүлдүн черин жазат, - деп,
Алда Таала кудайдан
Сени сурап жүргөмүн!
Күптүнү жазар дарымсың,
Күрдөлдү чечер барымсың!
Медер туткан белимсиң,
Бейпайга калган бул элди
Ажыратар шеримсиң!
Алдадан тилеп көп жүрдүм,
Арслан Манас кабылан
Качан келер, - деп жүрдүм!
Бүгүн Манас, кулунум,
Көп сүйүнүп турамын!
Кеткеним келип конду, - деп,
Кемиген жерим толду, - деп,
Абийирим келип жабылып,
Абаң Кошой карыга
Арслан Манас табылып,

Ачылган абийирим жабылып,
Айланайын Манасым,
Аркайып кары кетпеген
Кең Ала-Тоо жериң бар,
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса,
Кабыландай жойлогон
Калың кыргыз элиң бар!
Шер болсоң, Манас, элиң тап,
Алтайдан көчүп жериң тап!
Ал Алтай сага жер болбос,
Кан төгүшүп баш кескен
Кара калмак эл болбос!
Чоң атакең Каракан -
Каракандан тараган
Айтсам сөзүм зар эле.
Атаң Жакып баш болуп,
Каракандын колунда
Сегиз уулу бар эле.
Каракан атаң өлгөндө,
Калың кыргыз уругун
Кара калмак, манжуулар
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Каракандын сегиз уул
Боортоктоп баспай жаш калып,
Болбой баары мас калып,
Каарына кытай салыптыр,
Кол-аягын байлаптыр,
Туш-туш жакка айдаптыр.
Түпкө чогуу жетиптир,
Туш-тушка бөлүп кетиптир.
Бирөөн айдап Эренге,
Бирөөн айдап түшүрүп,
Кечип чыкпас тереңге.
Бирөөн айдап Алтайга,
Бирөөн айдап Доңдуктан ары Каңгайга.
Бирөөн айдап жиберип,
Желпиништин оюна,
Бирөөн айдап жиберип,
Жет-Кайт жердин боюна
Кабар да жок, сөз да жок,
Кулак угуп, көз көргүс
Кабарсыз жайга өттү, - деп,
Ушул кезде түңүлөм.
Кайра келбес чын жайга
Кайран балдар кетти, - деп,
Ат бороюн сыдырдым,
Туугандан кабар угууга

Турбай жерди кыдырдым,
Тууган таппай безиктим,
Туура ишим ак экен,
Туузганга, Манас, кезиктим!
Жетип көчсөң Алтайдан
Жергеңди бузбас көчүң бар,
Кырк кандын эли кытайда
Канча атаңдын өчү бар.
Кара калмак, кытайдан
Айылыңды бөлүп жат кылгын,
Акыры көчүп жетүүгө
Айгырды бычып ат кылгын!
Колума аман сен тийсең,
Кылымга кыргын салармын,
Кырк уруу болгон кытайдын
Кандыгын тартып алармын!
Түгөнбөгөн көп элге
Түз кирип айза сунармын,
Түгөнүшүп жоо чыкса,
Туу түбүндө былк этпей,
Тууңду кармап турармын,
Туура тийсең колума
Кылымга кызык кылармын!
Келип алып сен консоң,
Кошойго караан сен болсоң,
Кармашарым - Каканчым.
Канча өчүм бар манжуу
Ырдап берер ырым бар,
Анан айтар сырым бар,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төбөлөшөр чырым бар!
Алтайдан көчкөн көчүм бар,
Алышар жерде өчүм бар,
Ашкере айтар сырым бар,
Арсланым, тийсең колума
Ааламга салар чырым бар.
Кыр жагымда кытай бар,
Кыйрашар жоом далай бар.
Ой жагымда орус бар,
Олушар душман далай бар.
Маңдайымда бараң бар,
Басташар жоом далай бар.
Төптөп айтар сырым бар,
Төрөм, тийчи колума
Эчен бир салар чырым бар!
Көрүп турсаң көз жетпейт,
Жөө жомокту мен айтсам,
Абакеңе сөз жетпейт!
Кармашарым Каканчын,

Калайманды салууга
Айкожонун Билерик,
Ошо күндөн ушу күн
Самаркандын Жарманас,
Билерик экөө бир жерде.
Темир аркан кытайдын
Торунда турат, - деп угам,
Терең казган кытайдын
Орунда турат, - деп угам.
Кыяматтын кыстоосун
Көргөнү турат, - деп угам,
Кыйла жыл болду жатканы
Өлгөнү турат, - деп угам.
Ошолор эске түшкөндө
Туура жакка салган там
Туталанып ич күйүп,
Тутамга келбейт курган жан!
Кыйноодо балдар ал үчүн,
Кыстоодо жүргөн жан үчүн
Кылчайбай колум жыйсам, - деп,
Кыжылдаган кытайга
Кызык кыргын салсам, - деп,
Айзалаша топ бузсам,
Ажал жетсе окко учсам!
Бээжинге барып конушсам,
Байланып жаткан эр үчүн
Жапааны жаман көрүшсөм,
Жайы-кышы урушуп,
Канды суудай төгүшсөм,
Ажал жетсе өлүшсөм!
Айкожонун Билерик
Удан кармап алыптыр,
Самаркандан Жарманас
Сен - деп кармап алыптыр,
Сынчыларга сынатып,
Аны да орго салыптыр!
Аман чыкса Жарманас,
Дегениме көнө көр,
Кыяматка барганда
Кылчайбай жүрсүн ошол жан
Карындашың бере көр!
Карындашың берериң -
Айтсам сөзүм дагы бар,
Кокус өлсө Жарманас
Таңда магшар күнүндө
Султаным, сенде каны бар!
Ошо камалып жаткан жан үчүн
Кантип чыдап турамын.
Сакалымдын агында,

Сапарым чукул барында
Кытайга уруш кыламын!
Байлоодогу бакырды,
Ажыратып алармын!
Он эки миң колум бар,
Жерин кайкып ашамын,
Ордо жүргөн алардын
Төбөсүнөн басамын!
Азапты артык саламын,
Алда Таала жар берсе,
Кордукта жүргөн балдарды
Ажыратып алармын!
Эл өөдөгө тартарда
Ат кара тил мезгилде
Анан кызык саламын!
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Кытай менен сен өзүң
Кыргын болуп жатканда
Ажыратып аламын!
Күн мезгили бир алты ай
Күндү катка салып кет,
Күн эсебин алып кет!
Толкуган кара кытайга
Тополоңду саламын,
Кытай менен сен өзүң
Тойпоңдошуп жатканда
Так ошондо барамын!
Айтсам кызык мунум бар,
Айтылган сөздө жүйөө бар,
Сегизинин кенжеси,
Каракандын кулуну
Улак кан деген бирөө бар.
Кыргынды кыйла салганда,
Кытай камап калганда,
Кытайдын кылган кордугун
Билип кетти - деп уктум,
Ала качып Кайып чал
Көөнө-Турпан четинде,
Каргышка калган барбардын
Куюлган кутпа бетинде,
Томуктай болгон тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Лоп дарыя бетинде,
Ары жагы токой четинде,
Урааны кыргыз улуу журт,
Атагы Нойгут эл экен,
Ал Нойгутту сураган
Карача деген кан экен,

Карачанын калкына
Кас болгонун билиптир,
Кандан тукум калсын, - деп,
Ошого алып кириптир.
Аманат, - деп, - Кайып чал,
Карачага бериптир.
Нойгут каны Карача
Касиеттүү жан экен.
Кан Каракан туйгундан
Калып калган белек, - деп,
Ошол өңдүү туйгундун
Бир баласы керек, - деп,
Баланы барып бергенде
Тоюна токсон бээ союп,
Журт кубанып чуркурап,
Казына чачып той кылып,
Көп калайык чогулуп,
Абийирди артык салды - дейт,
Ал Улак кан байкушка
Улак кан деп ат коюп,
Ак үйлүү кылып алды - дейт.
Дегенине көндү - дейт.
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулуудан
Катын алып берди - дейт.
Ордо күтүп, кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Кымыз ичкен мастыгы,
Кыялы чата жаштыгы
Бүтүн бойдон жоголуп,
Карачанын шаарына
Султан болуп оңолуп,
Сан кара күтүп, бай болуп,
Жыргап жүрөт, - деп угам.
Туугандан кабар барбы, - деп,
Келген менен кеткенден
Сурап жүрөт, - деп угам.
Эрен да ошол, эр да ошол,
Эреним, сенин өзүңө
Жолдош болор шер ошол!
Казылган арык укуму,
Канзааданын тукуму!
Маңдайга чыксаң бел ошол,
Балам, сенин өзүңө
Жолдош болор эр ошол!
Тууганың Манас келди, - деп,
Алты күлүк ат берем,
Улак кандын өзүнө
Алакандай кат берем.

Кармап мингин баатырым,
Жылкыдан тандап бууданды,
Кыжылдаган кытайга
Кыйрашып согуш кылганда
Алып барам ээрчитип,
Улаккан сындуу тууганды.
Бел байлаган бел ошол,
Белгилеп барсаң, кулунум,
Берен тууган Улак кан
Белиңе таңуу эр ошол,
Арбагы оор жан ошол.
Сегиз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын мендеси
Жолдош болор эр ошол!
Эрдиги журтка сынаакы,
Ары тууган, ары эр
Арслан Манас өзүңө
Табылбай турган мураапы!
Этеги жайык, ичи кең,
Эрге ылайык кең далы,
Ары ырыстуу, акжолтой
Күйүп жүргөн кези ушул!
Маңдайдагы барааның,
Бадышанын Улак кан
Жакын сенин караанын!
Ары балбан, ары эр,
Улак кан жайы ушундай -
Акылга толук кеменгер!
Улак кан тийсе колуңа,
Кыя да ошол, бел да ошол!
Ит өлгөн кара кыямга
Жарап берер эр ошол!
Айтсам сонун мунум бар,
Арсланым Манас угуп ал!
Тилимди ал, кайра бара көр,
Кырк уруу кытай колунан
Кыргыздын каны Акбалтай
Ажыратып ала көр!
Сен быякка келгенде,
Кырк үйлүү болгон кыргыздын
Кара кытай, көп манжуу
Төбөсүнөн баспасын
Төрт түлүгүн чачпасын!
Өөдөгүсүн тийбесин,
Өрттөп, кырып ийбесин!
Кабылан көк жал өзүң жок,
Кайраттуулар өлбөсүн,
Калгандардын баарысын
Кара кытай, манжуулар

Камчыга ченеп бөлбөсүн!
Көптүгүнө салбасын,
Сен баргыча элиңдин
Көлүгүн тийип албасын!
Түбүнө чогуу жетпесин,
Кара калмак, манжуулар
Катын-кыздын баарысын
Олжо кылып кетпесин!
Кутман болчу өзүңө,
Кутубийди сойбосун,
Кудайдын атын жат билген,
Курандан тиктеп кат билген,
Мендеден сонун кеби бар,
Ошпурдун уулу Кутубий
Манаска мураа жолдошуң -
Сага көлөкө болор чени бар!» -
Деп, ошонтүп, кан Кошой,
Билбегенди билгизип,
Манасты жолго киргизип.
«Оомийин!» - деп, кол жайып,
Оң батасын көп берип,
Колун кармап кабыштап,
Акбалтай менен бай Жакып,
Кутубий баштап бир тобун
Манас канга табыштап,
Кумурскадай кытайга
Кулжуңдашсаң жаман ат,
Айдоого кеткен кырк үйлүү
Арсланым, сага аманат!
Ажал жетип, күн бүтсө,
Арслан Манас, көк жалым,
Арслан Кошой өлүчү.
Абаң Кошой өлбөсө,
Акыретти көрбөсө,
Ат кара тил болгондо
Кең Алтайдан көрүп ал!
Бекер кыргыз эл эмес,
Кыйла кыргын салышпай,
Жатар Кошой мен эмес!
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Убак жетип, күн бүтсө,
Кыямат жүзүн көрөрмүн,
Кызырлуу Кошой абакең
Жолдош болуп берермин.
Айгайлаган кытайга
Атышты арбын салармын,
Кара курттай капырдан
Канкор Манас, кулунум,
Ажыратып алармын.

Кысталган жерде көрөрмүн,
Кыйрашып жаткан жериңде
Кыраан Манас, кулунум,
Караан болуп берермин.
«Оомийин!» - деп, кол жайып,
Олуя Кошой абакең
Кан Манастай балага,
Токсон кара буканы
Кескилетип жиберип,
Берген экен садага.
Алтындаган чоң кисе
Моюнуна салышып,
Чоңдугу тоодой эр Кошой
Жаратканга жалынып,
Барбаңдай басып төтөлөп,
Меңсиз аппак боз бээни
Берениң Кошой жетелеп:
«Канкорду кудай үстүн кыл,
Кытайды кудай астын кыл!
Жараткан жалгап кала көр,
Кабылан тууган шер кылдың,
Манасты колдоп кала көр!
Белге таңуу бел кылдың,
Алты шердин кенжеси
Арсланды кудай колдочу!
Маңдайдагы бараанды,
Бадыша кудай себепкер
Маана кылып берипсиң
Манас кандай караанды!» -
Деп, ошонтүп, абакең
Бата берип калды эми.
Алачыктай ак бээни
Арслан Кошой абакең
Курмандыкка чалды эми,
Кыраан Манас көк жалды
Кысталыш жолго салды эми.
Каарданып аттанып,
Канкор Манас ошондо
Кан Кошойдон бата алып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Олуядан кеп угуп,
Кенже агасы Улак кан
Аман экен - деп угуп.
Кыйла кымбат жерин таап,
Кызырдуу Кошой эрин таап,
Кошойдон мыктап кеп угуп,
Кайран кыргыз тоо-тоого
Кайып болду деп угуп:

«Кыргыздын баары кырк үйлүү,
Атам Жакып баш кылып,
Бир көчүрүп алайын,
Кезиксе душман мытаамдын
Бирөөн койбой кырайын,
Кайып болгон кайран журт
Кайра көчүп бир келип,
Анан кийин жыяйын!» -
Деп, ошонтүп, Манас кан
Күп-күп этип күүлөнүп,
Күркүрөп көк жал сүйлөнүп,
Эки жакты каранып,
Эзелден көк жал арслан,
Эрди-мурдун жаланып,
Каарданып тутулуп,
Канкор туугаң кыраанын
Ач арсландай жутунуп,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып бөлүнүп,
Кызыр чалган кыраандын
Көк жалдык түрү көрүнүп.
Астындагы Торучаар
Куландай кулак жапырып,
Куюнча жерди сапырып,
Желгенине жел жетпей,
Жеке жүрдү Алтайга,
Басканына мал жетпей,
Бачым жүрдү Алтайга.
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Эрениң кайдан аянды,
Кара кырды Тал-Мазар
Тал-Мазарды таянды
Тал-Мазар жетип конду эле
Ал күнү абаң-шер
Мазарга конок болду эле.
Муну мындай таштайлы,
Ары жактан кабар баштайлы.
Бадышалык тагына
Барган экен Дөөдүр алп,
Эсенкандын алдына.
Бар экен каардуу кан аты,
Улугунун алдында
Ургаачыдай жүгүнгөн
Кытайлардын адаты.
Дөөдүр барды энтеңдеп,
Эр Манастан келтек жеп,
Өкүргөндөн бакырып,

Өрүктүн башын жапырып,
Бакырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Чакчелекей чаң болуп,
Башы-көздүн баарысы
Кызыл челек кан болуп,
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Ал тагынын алдында
Сейилге салган чоң килем,
Чылк жибектен токуган,
Баскан менде чочуган,
Алтын түстүү чоң килем,
Кырк жылы сууга чыласа,
Кыярып бети оңбогон.
Сексен жыл селге таштаса,
Серпилип чирип оңбогон.
Килем салган тагында,
Олтурган экен Эсенкан
Бадышалык тагында.
Эсенкандын алдында
Шуру отогот, маржан таш
Кутурган кытай ушундай
Зуңтуңдун каны аралаш.
Карыпчы кийген каны бар,
Карыпчысын калдайтып,
Калдайынын баары бар.
Кан алдына жүгүрүп,
Дөөдүр алп жетип барганы,
Бара сала ал Дөөдүр
Канына кабар салганы:
«Иш ушундай, угуп ал,
Кырдырып салдык канкорго
Кымбатым, каным, угуп ал!
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кызыталак канкорго
Согушкан өлө бергидей.
Алптын баарын аймады,
Эрендин баарын жайлады,
Алышкан аман калбады,
Катылышып баргандын
Бирөөн койбой жайлады.
Дөңгө менен Каман алп,
Кайчы кулак кошо бар,
Бир талайын кармады,
Каражолтой канкорго
Кабылган аман калбады.
Ишенген Дөңгө алпыңды,
Кырып ийди ал бурут

Бирөөн койбой калкыңды.
Кырды кыйла жаныңды,
Олжолоп алды оңбогур
Кырк төөдө алтын, малыңды
Кочкуларды коройтту,
Катылгандын баарысын
Кагып жерге соройтту.
Балбандарга чыр кылды,
Кызыталак ал канкор
Кыяматка баргыча
Унуткусуз сыр кылды.
Эчен үйдөй балбаның,
Алдына каршы барганың
Кулап аттан жыгылды.
Кызыталак ал бурут
Каарданып Балтай урса,
Малакай учту дыркырап,
Баргандардын баштары
Балта тийди быркырап,
Баргандардын баарысы
Жаны чыкты чыркырап!
Менде-менде жатабы,
Кызыталак буруттун
Бээжинге тийди чатагы.
Өрттөнүп кеткен ал бурут,
Баламдын аты - Жинди - деп,
Коюлган аты - Чоң Жинди,
Манастыгын ким билди?
Каарды катуу баштады,
Баргандарды тырайтып,
Такыр кырып таштады.
Таштууларды талкалап,
Таза кызык кылганы.
Күрмөчөнгө кол салып,
Күйүттү канкор кылганы,
Күпчүңдөтүп баарысын
Ай-талаага кырганы.
Белгилүүнү жалмады,
Бет алган аман калбады,
Берендерди мекчейтти,
Бет алыша барганды
Баарын союп чекчейтти.
Каарды катуу баштады,
Кан Эсенкан, сизге арыз -
Калкыңды кырып таштады!
Калдайыңды кармады,
Таш сайынган кытайдан
Такыр бирөө калбады.
Такаат берген бирөө жок,

Барган балбан шашканы,
Балааны артык баштады,
Баргандардын баарысын
Тыйпыл кырып таштады!
Кызыталак бурутуң
Кан агызып суу кылды,
Каканчынын журтуна
Калың кымбат чуу кылды.
Балбандарды чектеди,
Катылганды тим койбой,
Баарын бирдей өрттөдү.
Тыргоотуң тыйпыл жыйылды,
Кызыталак буруттан
Барган адам кырылды.
Айдарлуусу катылып,
Азапты артык баштады,
Кызыл чоктуу кыраанды
Кыргын кылып таштады!
Балбан Дөңгө дагы өлдү,
Кызыталак буруттан
Барган жандын баары өлдү.
Жору куйрук Жоон алп
Кайчы кулак Каман алп,
Катылып Кочку дагы өлдү.
Улук элең Эсенкан,
Уят болуп турамын,
Ушулардын баары өлдү.
Жалгыз кирип кол салып,
Жапааны жаман баштады,
Жардай, төөдөй балбанды,
Жаның чыккан ал бурут
Жалпы кырып таштады.
Келген балбан кан өлдү,
Ошо бурут канкордон
Кез болгондун баары өлдү!
Катылганды кармады,
Жолу каткан буруттан
Жоологон аман калбады.
Жолуккандын баарысын,
Жоксон кылып айдады!
Айдарлууңду тул кылды,
Ишенип жүргөн балбанды
Бир чапканда күл кылды!
Жети күн тынбай аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Баштын баарын жардырып,
Балбандын баарын алдырып,
Акылынан шашыптыр,
Ишенген Жолой балбаның,

Чыңыроон тартып жөлөнүп,
Чылгый канга бөлөнүп,
Ашып-шашып антаңдап,
Алдыра турган болуптур.
Жарадар болуп ал кетип,
Былкылдай турган шайман жок,
Денеден кара кан кетип,
Көп жигитин кырдырып,
Өз дүйнөсүн эр Жолой
Чачып келди - деп уктум,
Өлө турган болгондо,
Күндү жайлап жиберип,
Качып келди, - деп уктум!
Баатырларын кырдырып,
Жаман келди, - деп уктум!
Балбандарын кырдырып,
Араң келди, - деп уктум!
Өзүм көрдүм бурутту,
Чарпышарга чама жок
Алышарга амал жок!
Беттеп менде барабы?
Кызыталак бурутка
Беттешкен тирүү калабы?!
Артык балбан, артык шер,
Үйүң күйгөн куу бурут,
Адамдан чыкпайт мындай эр!
Орто бойлуу, кең далы,
Беттеп менде келе албайт,
Кызыталак бурутту
Бет алып менде жеңе албайт!
Каарданса жөн эле,
Каканга бүлүк салгыдай,
Кармашкандын баарысын
Такыр кырып салгыдай!
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ок жетпеген аты бар,
Оңой эмес буруттан
Жаралган экен каркыбар!
Сыягы бөлөк, заары күч,
Катылышсаң өлөсүң,
Кайран жандан күдөр үз!
Айбаты күчтүү, артык эр,
Алышсак кылат кара жер!
Койдой кордук баштады,
Койгулаша кеткендин
Кокосун сууруп таштады!
Беттеп уруш сала албай,
Балбан качты чунайып,
Темир аркан торчонуң,

Тегиз канжар колчонуң
Өлүп кетти тырайып,
Кармашкан баш үзүлүп,
Өлүп кетти сырайып,
Кызыталак бурутту,
Эңкейтип менде алгысыз,
Менде жеңип калгысыз!
Улук да экен, кан да экен
Уйпаланган бул бурут
Ушундай азап жан экен!
Кабагы бийик, заары күч,
Катылган болсоң бурутка,
Кара жандан күдөр үз!
Кирпик, кашын карасам,
Төө көтөргүс жүк болгон,
Эки беттен чыккан заар
Беш байпактык түк болгон!
Кызыталак бул бурут
Бул Алтайда туулган,
Эстебей калган экенбиз,
Энеси талак бурутуң
Эми салды чуулган.
Менде жеңип алгысыз,
Беттеп менде баргысыз.
Кармашып менде алгысыз,
Какан жеңип алгысыз.
Теңир урган бурутуң
Телегейи тең экен.
Ичин карап отурсак,
Жер жүзүнөн кең экен.
Кызыталак бурутка
Орногон темир чеп экен.
Алышкан жеңип алалбайт,
Бай-бай бурут эр экен.
Каттап менде баралбайт,
Катылган тирүү түк калбайт.
Мендеден түрү бир башка,
Бээжинди бузат көй кашка!»
Муну укканда Эсенкан,
Каарданып туралбай,
Каарды катуу баштады,
Катуу келип ачуусу
Калдай, шибээ, тыргоотун
Кырып ие таштады.
Калдайынан кеп угуп,
Кан Жакыптын Манасы
Катуу чыкты, - деп угуп,
Манжуусунан кеп угуп,
Балакет чыкты, - деп угуп,

Каарды катуу баштады,
Минген алтын тагынан
Улук экен Эсенкан
Учуп кете таштады.
Жаны калбай бакырып,
Жаң-жуңдарын чакырып,
Эси кетип бакырып,
Эр Эсенкан ошондо
Жоролорун чакырып,
Мунарга жарык жагылып,
Доолбас бекем кагылып,
Доолбас үнүн укканда,
Каптап кетти көп улук!
Так үстүндө Эсендин,
Дагы эмине болду - деп,
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң
Эсенкандын сырдашы.
Луйпу, Шуйпу - эки аяр
Эсенкандын курдашы.
Балбандарын бакырып,
Аяр, сырдаш-курдашын
Бачым кел, - деп чакырып,
Каарды катуу баштады,
Калдай билгич сыйкырга
Буйрук кебин таштады.
Анталаңдап чу коюп,
Эсенкан үнүн укканда
Манжуунун баары дыр коюп.
Доолбас үнү бакылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Так алдында көтөргөн
Тору ала желек туу болуп,
Толуп жаткан чуу болуп,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Кыйкырбай Эсен калбады,
Эсенкандын жанында
Кынжыдагы балбаны.
Балтанын сабы ийилип,
Балбандын баары жүгүрүп,
Асманга учуп топурак,
Кан белгисин кылганда,
Доолбасты урганда
Аскер кайнап топурап,
Албан түрдүү балбаны
Каны буйрук кылган соң,
Кумурскадай быжылдап,
Курчап жетип калганы.
Балбандары башкача,
Бакырыгы таш жарды.

Баягы Эсен көйкашка
Кабарга барган сынчыны,
Койбой жыйып алганы:
«Манасты таап келбейт», - деп,
Кан Эсенкан ошондо
Салып турган жаңжалы:
«Билип жүрдүм чыгарын,
Кызыталак буруттан,
Бурут деген журуттан,
Туулбастан алты жыл
Эчак мага билинген,
Кызыталак буруттан
Аты Манас чыгат, - деп,
Калаймандан салат, - деп,
Ушу турган Бээжиндин,
Кандыгын тартып алат, - деп,
Бичигиме чийилген.
Кебетеси-кешпири,
Кечикпей айттым, аярлар,
Сөлөкөтү-сөлбөтүн,
Туулуп-өскөн келбетин,
Билип айттым, аярлар!
Аты Манас ушу - деп,
Уулду байлап келипсиң,
Туура ишке жарагыс,
Бир кулду байлап келипсиң!
Айттым эле мен бая,
Уктуң эле сен бая!
Туулганда белгисин
Туура айтып бергемин!
Туура шайлап жиберсем,
Тумшуксуз аяр, билбедиң!
Туулганда ал Манас,
Кулагы учу тешилүү,
Сүннөтү кесилүү,
Чекеси жерге жетти эле,
Сексен күнү жамгыр жаап,
Зилзала жүрүп кетти эле.
Көрсө Манас өзү экен
Атаңдын көрү, аярлар,
Ашык көргөн кези экен.
Эл сынчысы Чоң Аяр,
Кечээ бурутту чаап алганда
Буласын булап кедейди,
Олжо кылып салганда,
Ошол аяр айтты эле,
Буруттан шумдук уул тубат,
Адамдан жетик уу тубат,
Каканчындын Бээжинге

Калайман салчу чуу тубат!
Ушу турган Бээжинди
Өрттөп кетер уул тубат!
Кыйшыгы жок кын экен,
Чоң Аярдын айтканы
Төгүн эмес, чын экен.
Өрттөнүп кеткен ал бурут,
Көрбөй көздөр кашайып,
Алтайда туулган кези экен!
Атаңдын көрү, куу бурут,
Аман болсо көрөрсүң,
Бээжинге салат чуу бурут!
Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Берен Манас канкорду
Беш-алты жылдын ичинде,
Бээжиниңден көрүп ал!
Буурсунду бурдурбайт,
Бузук салса ал бурут
Бул Бээжинге турдурбайт.
Кызыталак ал канкор,
Кылымды бузган ал анткор
Чалыяр баспас бул Бээжин
Чалкалап кирчү жан ошол.
Сулайман тийбес бул Бээжин
Сурак алчу кул ошол.
Оңой Манас уул эмес,
Чарпыша кетсе Каканды
Талкан кылбас ал эмес!
Аярлар сени жиберсем,
Кокуй болгон экенсиң!
Көрбөй көзүң кашайып,
Атаңдын көрү, манжуулар,
Сокур болгон экенсиң!
Алтай басып манжуулар,
Жүрбөй калган экенсиң,
Колуңдагы баланы
Билбей калган экенсиң!
Каарданып дүпүлдөп,
Каарды катуу баштады,
Сынап барган алтымыштай аярын
Бирөөн тирүү койбостон,
Такыр кырып таштады.
Калдайдан кабар кеп угуп:
«Кан Манас чыкты», - деп угуп,
Катуу буйрук баштады.
Көк күбөнү жамынды,
Көрөр болсоң Эсенкан
Көк жолборстой чамынды.
Каарды катуу баштады,

Калың тыргоот, манжууну
Кырып ие таштады.
Коңгуроо белги кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Каны өкүм кылганда,
Калк жыйылбай турабы?
Эсенкан каарын төккөндө,
Кумурскадай көп кытай
Жыйылбай карап турабы?
Алтын такта Эсенкан
Азапты катуу баштады.
Эсенкан каарын көргөндө,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Жандан кечип таштады!
Таштуулары жүгүрдү,
Байлоодогу балбандар:
«Өлдүк», - деп жандан түңүлдү.
Кан Эсенкан бакырып,
Көп аскерин чакырып:
«Күрмө кийген күчтүүң кел,
Таш сайынган тазаң кел,
Айзага камбыл ыктууң кел,
Аябаган мыктууң кел!
Жоо бөрүсү эриң кел,
Жолобой, жоого тийүүчү
Жоон көкүрөк бөрүң кел!
Коркогуң коюп, эриң кел,
Айза тийсе солк этпес,
Баатыр болуп барчуң кел!
Беттешип жоого барганда
Бет алышып сайышып,
Мээнетти мыктап салчуң кел!
Кара мылтык карс этсе,
Кайра тартпай кирүүчү,
Кажыбай жоого тийүүчү
Улуксуган жаның кел,
Мына ушундай баарың кел!
Кайраты артык эриң кел,
Ал канкорго айкырып,
Аянбай айза сунчуң кел!
Айгайлап журт кырылса,
Ашып-шашып кетпестен
Туу түбүнө турчуң кел!
Чын кайратман баарың кел,
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң мерген,
Камбылдарың баарың кел!»
Эсенкан каарын салганда,
Ак асаба туу болуп,

Айгайлаган чуу болуп,
Көк асаба туу болуп,
Көк жаңырган чуу болуп,
Он башчылар ороктоп,
Айзанын башы короктоп,
Жезнай үнү чыркырап,
Көк ала желек көрүнүп,
Көргөндүн баары бөлүнүп,
Түркүн-түркүн сөгүлүп,
Каны буйрук кылганда,
Аскери бөлөк бөлүнүп,
Тыңшабастар кырылып,
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Манжуу, кытай калкы бар,
Бары-жогун жыйнаптыр,
Каны буйрук кылганда
Жыйналбай адам калбаптыр.
«Манжуу каны - Эзкара,
Калмак каны - кан Жолой,
Калбай булар баргын, - деп,
Чоң аярым Каражой,
Канкор бурут көөдөккө
Калайманды сала көр,
Калбай сен да бара көр!
Мергендигиң ашынган,
Берендигиң бар эле,
Куурай көрсө жашынган.
Эрендигиң бар эле,
Беттешкенди мерт кылган,
Кыйындыгың бар эле.
Атаңдын көрү, Каражой,
Кол ичине катылса,
Күлүгүн атып жайлай көр.
Күйүп кеткен канкорду,
Кызыталак анткорду
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Аман байлап келе көр!
«Каным, сизге тартуу», - деп,
Дал өзүмө бере көр!
Байлап келсең Манасты
Дегениңе көнөрмүн,
Оой, Каражой, угуп тур,
Мактанган бойдон мен Эсен
Бакбурчун канын берермин!»
«Калмактардан, кан Жолой,
Кайдасың?» - деп, чакырып,
Кан чакырып турган соң
Жолой келди барбайып,
Жолум үйдөй дардайып.

Жанына Жолой келгенде,
Жолойду Эсен көргөндө
Баскан жерин тебелеп,
Коё берди Эсенкан
Эр Жолойду жемелеп:
«Атаңдын көрү, эр Жолой,
Ааламды буй кылган
Артык элең, сен Жолой.
Алдырып салган экенсиң,
Алкымыңдан арсланга
Чалдырып салган экенсиң!
Балбан кана, эр кана?
Баатыр Дөңгө, Каман алп
Булардай болгон эр кана?
Кыр жагыңдан чалдырып,
Кыраандардын баарысын
Бурутка белек алдырып,
Бул эмине кылганың?!
Нечүн өлбөй турганың?!
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган кул элең,
Жетимиш алп өлтүрүп,
Кан жыттанган кул элең!
Алты батман буудай жеп,
Дан жыттанган кул элең!
Алтымыш алп өлтүрүп,
Кан жыттанган кул элең!
Балбан кайда, алп кайда,
Баатырсынган чоң соргок,
Баштап барган калк кайда?
Ошо канкор буруттан
Кызык болуп салышып,
Ажал жетсе өлүп кел!
Алышып жүрүп буруттун,
Кызыталак канкордун,
Кыйланы кылган анткордун
Кашайта көзүн оюп кел,
Кармап алып, союп кел!
Тирүү койбой бурутту
Эр экенин көрүп кел!
Чамаң келбей баратса,
Тирүү калбай өлүп кел!
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын күлү учкуча
Мыктап алты ай салышып,
Кармашып канын төгүп кел!
Кабыргасын буруттун
Качыратып сөгүп кел!
Эпсиз болсо буруттун

Эрдик жайын көрүп кел!
Ашып-шашып жүргүчө,
Тирүү калбай буруттан
Кайра тартпай өлүп кел!
Чамаң келсе чабышкын,
Каарың келсе кармашкын!
Кызыталак канкорго,
Чабышып чамаң келе албай
Көчүп кетсе жерине,
Аман барса кутургур
Кадимки бурут элине,
Чапчышып чама келе албайт,
Чалышкан менен чамабыз
Бул бурутка жете албайт!
Канкор бурут өзү экен,
Өрттөнгүрдүн көзү экен!
Жанга жапаа бир келсе,
Кагышып жүрүп жайлап кел!
Чамаң жетип, күч келсе,
Бери тирүү байлап кел!
Бекем кармап калалык,
Казынага койдурган
Кыздарга айгыр салалык!
Качан тукум таштаса,
Анан башын алалык!
Тыптыйпыл кылып өлтүрүп,
Курмандыкка чалалык!
Кутургурдун өзүнөн
Ушунтүп өчтү алалык!
Алың жетпей Манаска,
Кырк үйлүү кыргыз бурутка
Чалдырып ийбе кокустан,
Колуңдагы журутка!
Кайра келсең оңшоюп,
Чалдырып ийип шоңшоюп,
Каарды менден көрөсүң,
Калбай чогуу өлөсүң!
Манасты аман кетирсең,
Билген чырым кыламын.
Каражой, Жолой балбаным,
Бириңди койбой кырамын!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Канкор аман кутулса
Даңгыттарга жарамын!
Айдалып келген кырк үйлүү
Тили бурут тилинде,
Өрттөнүп кеткен ошол журт,
Бизге душман зилинде!
Баргын дедим аярлар,

Мен жумшасам, ал барып,
Кокуй болгон турбайбы!
Кара көзү кашайып,
Кокуй болгон турбайбы?
Сындын жайын биле албай,
Кокуй болгон турбайбы?!
Сынды жакшы биле албай,
Дүмөктү түздөп баштаптыр.
Майына тоюп Жакыптын,
Кызыталак аярлар
Баласын көрбөй таштаптыр!
Кызыталак аярдын
Кылган иши чоң дүмөк,
Аман койду бул арман,
Туулуп бурут чоңойду
Ааламга салат чоң жаңжал!
Буруттан Манас чыгат, - деп,
Билдим эле шумдукту
Алты айлыктан өөдөкү,
Он алтыдан ылдыйкы,
Аты Манас коюлса,
Айдап кел - деп баарыңа
Кылдым эле буйрукту!
Көрбөмүш болуп өрттөдү,
Аярлар кылды шумдукту!
Түбү Меке, чоң Багдат,
Түбүнө чейин чалдым, - деп,
Түз болуп кеткен аярдын
Калп айтканы күйгүзөт.
Бул Алтайда туулган,
Сан кара күткөн Жакыптын
Баласын көрбөй калганы
Байкагыла мына муну,
Балаага бизди салганы!
Аты Манас ушу, - деп,
Самаркандан бирөөнү
Аярлар айдап келгени,
Анык душман ушу, - деп,
Чынмачындын канына
Айдап келип бергени.
Аркы бурут Жакыпты
Жандап келген турбайбы,
Буруттан Манас таптык, - деп,
Алдап келген турбайбы!
Чама келбес колунан
Коркогун айдап келиптир,
Чалыштын жөнүн билбеген,
Торпогун айдап келиптир!
Ичип аяк бошоткон

Урганын айдап келиптир!
Эч жок келбес колунан,
Бир курганын айдап келиптир.
Дорбого тыккан томпойтуп,
Саманын айдап келиптир!
Айбанга чалыш буту бар
Бир жаманын айдап келиптир!
Аярлардын кебине,
Чын ишенип бээлебей,
Көрбөй көзүм кашайып,
Капыя калган экемин!
Арактан ачуу аш ичип,
Акылымды кошо ичип
Капыя калган экемин!
Манас чыгып Бээжинден,
Сынчым көрбөй элимден,
Капа болуп жатамын!
Аярга артык ишенип,
Кызыталак Эсенкан
Менин кыркылган экен сакалым!
Буруттан Манас эр ошол,
Кытай эмес кылымды
Кыргын кылар шер ошол!
Чалышып чама жете албайт,
Кызыталак канкорго
Арсландын тиши өтө албайт!
Алтайда туулуп чоң болду,
Атышкан адам оң болбойт,
Кармашкан адам соо болбойт!
Берендиги билинген,
Суук боор келбес Бээжиндин
Сурагын тартып алат, - деп,
Туулбас мурун ал канкор,
Ушу турган Бээжиндин
Даңзасына чийилген!
Ак маралды уй кылат
Атышканды ал канкор
Айдап жүрүп буй кылат.
Ала-Тоо күтүп жер кылат,
Азган-тозгон кыргызды
Жыйып алып эл кылат!
Кырк чоро күтүп кан болот,
Аман кетсе ал бурут,
Кыйраган менде нан болот,
Кармаша кеткен жай болот!
Ушу турган Бээжинди
Тебелеп жүрүп жүн кылат.
Каарды катуу бек салат,
Кармашып кытай жеңе албай

Каканчындын Бээжиндин,
Кандыгын тартып бир алат!
Беттешип менде жеңе албайт,
Бээжинде кытай эл турмак,
Кызыталак канкорго
Кылымдын алы келе албайт!
Элине аман кутулса,
Айрыла бер малыңдан
Түңүлө бер жаныңдан!
Кыргынды кызык салуучу
Карап тургун бурутту,
Кандыгың тартып алуучу!
Эр Манас бүгүн кутулса,
Кайрылып тиет малыңды,
Бекер дебе мунумду
Суудай төгөт каныңды!
Жазаңды берип токмоктоп,
Татытат минтип тузуңду,
Олжо кылат карап тур,
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кызыңды!
Бейпай кылат Бээжинди,
Бегирээк кырат элиңди!
Кара жолду чаң кылат,
Капканын оозун кан кылат!
Катылгандын баарысын
Канын ичип нан кылат!
Айтканыма көнүп ал,
Аман кетсе ал бурут
Талак кылат бутуңду,
Талкан кылат журтуңду.
Бул Бээжинден көрүп ал!
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Мен канмын - деп кубанып,
Кокуй болгон экемин,
Белги келсе бээлебей,
Сокур болгон экемин!
Кычкыл кыял аш ичип,
Акылымды кошо ичип,
Кокуй болгон экемин!
Кызыталак буруттун
Туулганын билгемин,
Өөдөкү Какан-Чынмачын
Өрт салат - деп жүргөмүн!
Ажыдаар кирип түшүмө,
Аймап-саймап койду эле
Чынмачынды, Бакбурчун,
Чыны Какан-Каканчын
Илеп тартып сорду эле,

Куйругу менен токмоктоп,
Журтту кырып койду эле!
Ушу түштү көргөмүн,
Көп жанымак түңүлүп,
Көрүп алып өлгөмүн!
Түштү көрүп жатканда
Уйкудан чочуп ойгондум,
Оң жагыма толгондум!
Боконо сөөгүм болкулдап,
Ичеги-кардым токтолбой,
Калган экен солкулдап!
Кабыргам такыр кыйраптыр,
Денеден азыр өтчүдөй
Жүрөгүм аттай туйлаптыр!
Уйкудан ыргып жүгүрдүм.
Эшикке чыгып карасам,
Эл аманын кааласам,
Асмандан булут бузулуп,
Алты сай мөндүр куюлуп,
Тоо-тоодон шамал дүркүрөп,
Асман менен чачылып,
Кара жамгыр күркүрөп,
Күнү-түнү сексен күн
Жамгыр жаап өттү эле,
Каканчындын калкына
Зилзала жүрүп кетти эле.
Көрсө шумдук өзү экен,
Жер үстүнө туулуп,
Желмогуздай ал бурут
Келип жаткан кези экен.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Бээжинге жүргөн зилзала
Мээнеттүү Манас туулду, - деп,
Мага белги берген кези экен!
Эртең, эрте мезгилде,
Супа садык салганда,
Таң кашкайып калганда,
Болот эшик дарбаза
Өкүрүк салып тартылып,
Калдайдан бор атылып,
Жан-жаныбар кыбырап,
Уюгунан турганда,
Ыргып туруп карасам,
Ажайыпта чоң даңза
Алтымыш барак чоң бичик
Ала коюп карасам,
Туулганда билинген,
Туура Манас канкордун
Душмандыгы чийилген!

Кулак учу тешилүү,
Сүннөтү кесилүү.
Кутургур туулду Бээжинден,
Кыргын салат элиңе.
Аты Манас - арслан, шер,
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Чапчышып чама келе албайт,
Чалышып менде жеңе албайт.
Кармашары - Каканчын,
Кармаш кылбай турабы!
Каарды катуу баштадым,
Түп атасы Түгөл кан,
Түк койбой кырып таштадым.
Бурутка барып ок кылдым,
Жети атасын талкалап,
Тирүүсүн айдап жок кылдым.
Тентип келген буруттан
Аркы атасы жай болду,
Аштык айдап ошондо
Атасы Жакып ал бурут
Сан кара күтүп бай болду.
Малы арбын, бала жок,
Балам жок - деп, ардыгып,
Азапты мынча көрүптүр,
Так элүү беш жашында
Кан Манасты көрүптүр.
Сары саамай көк койдон
Сары кочкор ирик тууптур,
Кара көк жал кабылан
Канкор Манас дал өзүн
Аягы менен тик тууптур.
Бөлүнүп турган ал жалын
Он эки кемпир көрүптүр,
Көргөнүндө ал кетип,
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Кара калмак, манжуунун
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Желмогуз бала туулду, - деп,
Туш-туш жакка качыптыр.
Тууларда бакырып,
Бул дүйнөгө келиптир.
«Ысламдап» ураан чакырып,
Көргөндөрдүн баарысы
Болгон экен бушманы.
Ар мүчөсүн караса -
Байгамбар сындуу жышааны.
Оң колуна кара кан
Уучтап алып чачыптыр.

Жердин үстүн суу каптап,
Топон суу жүргөн эмедей,
Зилзала каптап басыптыр.
Малы арбын, бала жок,
Байкуш экен ал Жакып,
Дал элүү беш жашында
Бала көрүп жатыптыр.
Ошол Жакып, куу бурут
Күтүп жүргөн сан кара
Сарып кылып чачыптыр.
Он эки миң кысырдан
Жылкыдан кармап союптур,
Каңгырап жүргөн куу бурут
Кайгырганын коюптур.
Баргандардын баарына
Баашадай мал союптур.
Барган жандын баарысы
Бири калбай тоюптур.
Кууланган экен куу Жакып,
Кутурган экен бул Жакып.
Тоюна барган көп манжуу
Акыры тойбой калбаптыр,
Баламдын аты - Жинди, - деп,
Кытайдын журтун алдаптыр.
Баашалыктай мал сойду
Бадирек Жакып, бул бурут
Баласы аты - Чоң Жинди,
Үйүң күйгөн буруттун
Бул жаңжалын ким билди?
Баламдын кыркы болду, - деп,
Сегиз миң кысыр бээ союп,
Дүнүйөсүн талатып,
Көп дүйнөсүн ээн коюп,
Бээжиндиктей мал союп,
Бейили кара куу Жакып
Кемеге кенен ойдуруп,
Келгендердин баарысын
Аш менен уруп тойдуруп,
Байлыгын Жакып ашырып,
Тоюна тойгон көп манжуу
Койгон экен жашырып.
Баламдын аты - Жинди - деп,
Кеткени жүргөн кези экен,
Жерине барып ал бурут
Каканчындын түбүнө
Жеткени жүргөн кези экен.
Калайманды катуулап,
Салганы жүргөн кези экен.
Ар атасын жоготтук

Алы келсе чоң кегин
Алганы жүргөн кези экен.
Калдайдан кабар кеп уктум,
Каканчындын Бээжинге
Аман жүрсө ал Манас,
Катылбай койбос, - деп уктум!
Он экиге келгенде
Кан Манас болду атагы,
Эми эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Кайта тартып Бээжиндин
Кандыгын албай жатабы?!
Дөөдүр алптан кеп уктум,
Токсон нарда дилдемди
Ойронду опсуз салыптыр,
Олжо кылып ал бурут,
Бара замат алыптыр!
Көп дүнүйө казынам,
Балбандарды өлтүрүп,
Үйүң күйгөн ал бурут,
Олжо кылып алыптыр!
Оңой Манас уул эмес!
Оңдурууучу кул эмес,
Жолойго жорук салыптыр,
Жоголгондун баарысын
Кыртылдатып баштарын,
Баштарын жулуп салыптыр!
Ошпурдун уулу Чеге экен.
Чеге атын жоготуп,
Кутубий деп коюптур!
Манаска жолдош болуп ал,
Кутуруп өлгөн кызыталак,
Кара калмак, манжуунун
Бир кыйласын союптур.
Кутурган Манас жиндиге
Ошпурдун уулу Кутусу
Кутман болуп алыптыр,
Бажыга барган балбандын
Баарын кырып салыптыр!
Кутурган бурут жанында,
Кутубий болуп атагы
Кутуруп экөө баш кошту,
Бээжинге тиет чатагы,
Каалап жолдош кылыптыр
Калмактан мындай баланы,
Кара ниет канкорго
Эми катылган аман калабы?
Мыктанып Бээжин балбандар,
Мынчада кармап албасаң

Тамырын жулкуп талкалап,
Такыр кырып салбасаң
Чабышып чамаң жете албай,
Манас кетип кутулса
Ала-Тоону жер кылар,
Азган менен тозгонду
Такыр жыйып эл кылар!
Мекеден бери кол алар,
Колун жыйнап чогуу алар.
Алтымыш түрдүү калк жыйнап,
Атагы кыйын баатырдын,
Бээжинге жараар алп жыйнап,
Жерине кетсе ал бурут,
Жергеси өчтүү куу бурут
Жетик кылып кол жыйнайт!
Бейилиң кеткен ал бурут
Белеске жетип конуучу,
Кылыгы жандан бир башка,
Кылымды бузду көйкашка
Манаска жолдош болуучу.
Жерине жетсе куу бурут
Желикпей карап турабы,
Жатып калып ал жерге,
Бурутту кудай урабы?!
Көрөсөн айза кыйбайбы,
Көк жалдарды жыйбайбы?!
Кармашары Каканчын
Катылбай карап турабы,
Элкин койсо жерине
Кандыгы журттан ашпайбы,
Каруусун жыйнап алганда
Какандын журтун баспайбы?!
Секиге консо бул бурут
Семирип-сергип албайбы,
Каруусун жыйнап ал бурут
Каканга жаңжал салбайбы?!
Калың кыргыз элине
Калдайып жетип конучу,
Кандыгы толук болучу,
Каарданса ал бурут
Кармашканды соруучу!
Тулпарын багып дүң кылар,
Катылгандын баарысын
Койбой тытып жүн кылар!
Бууданды бакса ык болот,
Түбү бузук ал бурут
Жерине барса кырк болот.
Кан Манас болот атагы,
Камынып байлап албасаң,

Каражолтой буруттун
Каканга тиер чатагы.
Эр Эсенкан кеп айтып,
Каарын салып бакырып,
Каканчындын Бээжинди
Каптап кетчү эмедей,
Калың колун чакырып,
Калдайларын шаштырып,
Жөө күлүгүн, алптарын
Аркы-терки бастырып,
Так үстүндө Эсенкан
Буйрукту мурда баштады,
Какандын журту чуркурап,
Бузулуп кете таштады.
Коңгуроо, доол кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Уялуу шаар Бээжиндин
Улугу экен Эсенкан
Эсенкан буйрук кылганда
Каптап кетти көп улук.
Бээжиндин калкы оолугуп,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Күрмөчөнүн күлдүйтүп,
Күчтүүсүн сынап алганы.
Күн Жаң-Жуңду баш кылып,
Миң балбанды салганы,
Манасты байлап алууга
Эсенкандын жаңжалы.

## 10 Эсенкан буйрук менен Жолойду баш кылып, Манаска кол аткарганы

Эсенкандын ордодон
Алып чыкты бир буюм,
Баашалыгы чоң экен,
Атышка кийсе ок өтпөс
Кайран Эсенканыңдын
Камдап жүргөн тону экен.
Этеги жайык, көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө,
Аркасы чынжыр себилден,
Омуроонун баарысы
Ок өтпөгөн темирден,
Көрсөң тону ушундай,
Төш үстүнө тарттырган
Көөрдөн топчу муштумдай,
Казынадан тон кийип,

Каргадай учкан ат минип,
Көкүлүн кыркып, жалы жок
Жал-куйругун чарт түйүп,
Кызыктыгы мамынча -
Ай Жаң-Жуң жүрдү жол менен.
Каарды катуу баштады,
Кайраты жок жаманды
Колдон бөлүп таштады.
Айзага камбыл ыктуусун,
Айбалта чабар мыктысын.
Мындан кыйла кол берди,
Этеги тилик бир карыш
Ок өтпөстөн тон берди.
Кандыгын калың билгизди
Казына тонун кийгизди.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилден жыйнап кол алып,
Атка балбан, жөө күлүк
Атышка балбан чоң күлүк,
Желгенине жел жеткис,
Артык балбан Дөөдүр алп,
Кечилден мынча кол берип,
Дөөдүр алпты жиберди.
«Кырк үйлүү кыргыз бурутту,
Кылын эсен калтырбай,
Кырып кел, - деп, - ошону!»
Чоң Дөөдүрдү жиберди.
Чоң Дөөдүрдүн астына
Керишке минсе кебелбес
Кер качырды мингизди.
Кер качыр жайы ушундай -
Кырк күнчүлүк чөл басса,
Кыясы кымбат бел ашса,
Кылт этип суу ичпеген,
Чыдоосуна жүрүшкөн,
Көргөн адам таң калган
Таң калбай адам калбаган,
Какан кандын Бээжинди
Каптаган мүшкүл иш келсе
Кагышына минсин - деп,
Как ошого камдаган,
Кызыталак Эсенден
Кылайып акыл калбаган.
Баашалыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Бул дүйнөдө сөз ачык,
Тирүү жүрсө көзү ачык,
Артык билгич, чоң сынчы
Эсенкан мындай кан экен,

Эр Эсенкан көк жалда
Мынчалык акыл бар экен.
Ал колунун артынан,
Эшиги болот ордодон,
Сейилге чыгуучу багына,
Каттап адам барбаган,
Караган менде таң калган
Түркүгү алтын ордодон,
Асманга учуп топурак
Аскер кайнап топурап,
Кандыгы журтка дайын кан,
Тоту куштун куйругун
Тогуз түрдөп сайынган.
Күрмөчөнүн күлдүйтүп,
Кызыл күрмө тон кийип,
Кыйын мерген Каражой
Кыйын кыйла кол алып,
Жеткилең Манас канкорду
Жетип байлап алууга
Темир аркан тон алып,
Айныбай кармап алуучу
Чалмачанды мол алып,
Анын ары жагынан
Каражой чыга калганы.
Каражойдун артынан
Шуру отогот маржан таш
Зуңтуңдун каны аралаш.
Албан түрдүү көп колун
Абыдан көрүп алганда
Алек болду кайран баш
Кырк үйлүү кыргыз Манасты
Кыйратып чаап алууга
Калмактардын Жолоюн
Каалап чыкты ошол чак.
Алышканды койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон,
Баатырдыгы бир канча,
Кайран Жолой, балбаным,
Байлап келбей Манасты
Балбаным кырып салды - деп,
Кордугуң жанды күйгүздү.
Жолой баатыр алп элең,
Соргок да элең, эр да элең,
Согушкандын баарысын
Байлап келер дээр элем.
Кан Эсенкан мен өзүм,
Кырк уруу кытай Бээжинге
Улук болуп көп жүрөм,

Ушу Жолой бар болсо,
Урушкандын баарысын
Уйпалайм го - деп жүрөм.
Басташканды мен Эсен
Байлап алам дечү элем,
Кезиккенди соо койбой,
Жайлап салам дечү элем.
Бажы алууга жумшасам
Бардигерим чачыпсың,
Буруттан кордук көрдүм - деп,
Манастан кайра качыпсың.
Каарым катуу көрүп ал,
Жолой балбан атагың,
Буруттан качып келгиче
Туубай туна чөгүп ал!
Улуксуган каныңды,
Кайратың толук, заарың күч
Кайран Жолой балбаным,
Кармабай келсең Манасты
Өз жаныңдан күдөр үз!
Ок жетпес күлүк Ачбуудан,
Жылкыдан каалап мал берем,
Жекеге тынбай салышсам,
Жети жыл тынбай урушсам
Жыртылбаган тон берем,
Баатырдыгы башкача,
Кытайдан түмөн кол берем.
Кызыталак канкорду
Акыры кармап келбесең,
Аман Манас кутулса,
Ааламга кыргынды
Салуучу түрү бар экен,
Ааламды буй кылып,
Алуучу түрү бар экен.
Кызыталак бурутту
Чамаң келсе кармай көр,
Ал кутурган бурутту

Колуңа тийсе жайлай көр!
Кутулса Манас оң кылбайт,
Эгерде бизди соо кылбайт!
Себилдүүсү сексен төрт,
Үйүң күйгөн канкордун
Аман жүрүп чоңойсо,
Серп салган жагы кызыл өрт!
Улук да ошол, кан да ошол,
Куткарбай кармап албасак
Уйпап салчу жан да ошол!
Манасты кармап албасак,
Терең орго салбасак,

Чочуп турам канкордон
Кылгылыкты кылат - деп,
Коркуп турам ошондон.
Кайрылар болсо ал канкор
Өткүр да ошол, шер да ошол
Ушу турган Бээжинди
Өрттөп кетер эр да ошол!
Кара адырмак, бийик тоо,
Карабай чыкчу тоо эмес.
Кара ниет ал канкор
Кармашпай койчу жоо эмес!
Өкүм да ошол, шер да ошол,
Өрттөнүп кеткен ал бурут
Калк каалап, журт билбей
Бул Алтайда туулган
Аман болсо көрөрсүң
Бээжинге салат чуулган!
Атасы Жакып, Акбалтай
Алтайга келген айдалып,
Айласын таппай сандалып,
Көңүлү гүлдөп жай болгон,
Алтайга келип, ал Жакып
Сан кара күтүп бай болгон.
Калмакпы десе, бул Жакып
Катылган окшойт куу Жакып!
Өзү ыслам désininде,
Айдалып келген кырк үйлүү
Душман окшойт зилинде.
Балбандар, сени жибердим,
Манасты кармап албасаң,
Терең орго салбасаң,
Теги байлап качырбай
Тындым кылып салбасаң,
Өрт салуучу жер ошол,
Өрттөнүп кеткен эр ошол!
Балбандарың баарың бар,
Казыналык чоң мерген
Каражоюм калбай бар!
Эрени Жолой, чоң Дөңгө,
Ааламга жетер алың бар
Күн чыгыш менен күн батыш
Чуркап жетер малың бар!
Чуулганды ааламга
Сала турган алың бар!
Балбандасың, ыктуусуң
Ааламды буй кылып,
Ааламдын баарысын
Байлап алар мыктысың.
Күчөгөндөй Эсенкан:

«Каканга буйрук кыламын,
Бурут эмес, силерди
Он сегиз миң ааламды
Такыр байлап келет - деп,
Тилек кылып турамын
Акбалтай менен бай Жакып:
«Баланды н аты - Жинди» - деп,
Каткан экен куу Жакып.
Төбөсүнөн баса көр,
Төрт түлүгүн чача көр,
Кутургурдун үйүнө
Кумсарып басып киргиле,
Кармай калып куйкасын
Кере карыш тилгиле!
«Манасты бер» - деп айткыла,
Басымчалап кайткыла!
Күчкө салып балбанын
Күүлөнүп түшүп камагын.
«Кан буйругу, бергин!» - деп,
Күлүн чачып сабагын!
Күчтүүлөрүн байлап кел,
Жакып бай менен Акбалтай
Аларын да жайлап кел,
Кулжуңдаган кандарын
Курмандыкка чалып кел,
Башын кесип, байланып
Бизди көздөй алып кел!
Каарданган кандарын
Катылса жинин кагып кел,
Чамгарагын кыйратып,
Өз отуна жагып кел!
Тизгин толук берилсин,
Караласа малына
Жайната мушта мээсин,
Кутургурдун чыгаргын,
Капкайдагы кээсин!
Арам экен куу бурут,
Төбөсүнөн баскыла,
Чамаң келсе чапчышып,
Төрт түлүгүн чачкыла,
Кычык сөзүн алгыла,
Кычыкка тийсе ал бурут
Кыйратып кырып салгыла!
Кыйлаларын кыйратып
Кыргын кылып кыргыла
Эр Эсенкан каныңдын,
Айтканын туура кылгыла!
Кыйындарын кыргыла!»
Эсенкан айтып эпсиз эп:

«Эми балбан баргын!» -деп,
Жеринде Балтай, Жакыптын
Журт бийлеген куу окшойт,
Жүргөнүнүн баарысын
Тирүү койбой жайлап кел,
Акбалтай, Жакып карысын!
«Айтканым ушул, балбан» - деп,
Эсенкан буйрук кылганда
Кытайлардан - Тагылык,
Кыжылдады көп улук.
Таш сайынган кытайдын
Тазалары жыйылып,
Күчтүүлөрү оолугуп,
Далай балбан, далай дөө,
Арбыны атчан, көбү жөө,
Баарысы балбан, баары дөө,
Айзакерден ыктуусу,
Айласы толук мыктуусу,
Айбалтачан эрени,
Айзага камбыл берени,
Өлүмдөн кайра тартпасы,
Ажалдан кылча кайтпасы,
Каны буйрук кылганда
Аламан коюп жөнөдү.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Топурак учуп, жер чаңдап,
Элден бир тал көрүнбөй,
Эсенкан буйрук кылганда:
«Канкор Манас кабылан
Кетирбей байлап келгин!» - деп,
Улугу айтып турганда,
Чоюнбаш колдор кагышып
Кара жан менен алышып,
Күрмө кийген таштуусу,
Бири-бирине жанашып,
Аламан коюп, чуу жүрүп,
Бир биринен адашып,
Караса көзгө илинбей,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кайсы экени билинбей,
Ирээттүү кытай эл экен,
Топон суу толкуп каптабай,
Аман калган эл экен.
Жеткилең балбан комдонуп,
Жети зубун козгонуп,
Асманга учуп топурак,

Балбан жүрүп топурап,
Калмактардын кан Жолой
Кайраты бөлөк, заары күч,
Катылганды кылган түз,
Жолойду көрсөң жолобо,
Бу капырдан күдөр үз!
Көк күбөнү кийгизип,
Ачбууданды мингизип,
Туурасы жоон, бою пас
Тултугуй беттүү, кең далы
Алышканды койбогон,
Бир ноопастын этине
Бир жегенде тойбогон,
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Көк күбөнү жамынып,
Көрөр болсоң чоң Жолой
Көк камандай чамынып,
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Кутургур жайы ушундай,
Албан түрдүү балбаны
Аскерин толук алганы.
Манас турмак кутургур
Ааламга жетер баркы бар!
Чокмору тоонун теңиндей,
Жолойдун жайын сураба -
Ким көрүнсө жегидей.
Балбандардын тунугу,
Жолойдун жайын сурасаң,
Кара калмак улугу.
Күн батыш жакта туулган,
Артык балбан, чоң соргок
Катылганды жай кылып,
Адамга салган чуулган.
Боз туурдуктун тунугу,
Жолойдун жайы ушундай
Кара калмак улугу,
Кардуу тоонун дөбөсү,
Кара калмак төрөсү.
Жолой кирди жол менен,
Санаты бир миң кол менен,
Байлашары бай Жакып,
Чалышары Акбалтай,
Кармашары кан Манас.
Колуна тийсе буларды
Чамасы жетип, күч келсе
Кашайта көзүн оюуга,
Кырк үйлүү кыргыз Манасты

Кандарын ичип тоюуга.
Ал Жолойдун артынан
Кызыл-тазыл кийинген,
Кымбаттуусу Бээжинге
Даңкы угулуп билинген,
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Атагын көрсөң чочуган,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Ажайыптан окуган,
Бек зыйкырчы, чоң жайчы
Кан алдына келгени,
Бузулаарда чыгуучу
Андис кыраан мергени
Жаа тартуучу ыктуудан,
Чалма уруучу мыктуудан,
Эң эрдиги келгенден,
Эсеби жок мергенден,
Кайраты толук ыктуудан,
Кайра тартпас мыктуудан.
Сел каптаса шашпастан,
Адам эмес түгөнгүр
Өрттөн кайра тартпастан,
Туу түбүнө тургандан,
Жоо дегенде тап коюп,
Белди бекем буугандан,
Каражой чыкты жол менен
Манасты байлап алууга,
Балакетти салууга,
Бу да бир миң кол менен!
Анын арка жагынан
Күрмө кийген күчтүүсү,
Акылга дыйкан ыктуусу,
Айзакерден абыдан,
Жоого даңгыл мыктуусу.
Чабышка баатыр кыскасы,
Жоо айласын абыдан билген устасы,
Кара мүртөз капыры,
Жоонун айласын билген баатыры,
Кылычы кымбат миздүүсү,
Айзасы артык учтуусу,
Кара канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Кыйбат жерде жайлалуу,
Кылып ийчү эмедей
Кынжы менен байлалуу.
Кыйындан тандап кол алып,
Дөөдүр чыкты жол менен
Бу да бир миң кол менен.

Буйрук алып канынан
Каарды катуу кылууга,
Төрө Манас буруттун
Төбөсүнөн басууга,
Кырып-союп кыйратып,
Төрт түлүгүн чачууга.
Балбан багып, кол жыйнап,
Буйрук кылды Эсенкан
Баатыр Манас көк жалга
Балакетти мол жыйнап.
Уялуу коргон Бээжиндин
Улугу экен Эсенкан.
Каары мыкты кан экен:
«Канетсе Манас чоңойсо,
Калайманды салат» - деп,
Катуу кообу бар экен.
Өткүр билгич, өкүм шер,
Бээжиндин ээси Эсенкан
Мендеден аяр кыйын эр.
Баашалыгы башкача,
Билгичтиги бир канча.
Улук да экен, кан да экен
Бул Эсенкан көк жалдын
Көзү ачыгы бар экен.
Эрге сынчы, эң билгич,
Эсеби жок жан экен.
Ал Эсенкан улуктун
Катуу кайрат кылганда
Айткан сөзү чеки эмес,
Ошо күндөн, ушу күн
Эсенкандын буйругу
Айтып койсо эки эмес.
Баашалыгын мындан бил,
Кырк уруу кытай Бээжинди
Кармап чогуу жыйнаган,
Эсенкан буйрук кылганда
Дүмпүлдөк бекем кагылды,
Манжуунун мыкты каны экен
Эзкара колу жабылды.
Карыпчылуу каны бар,
Эренинин баары бар,
Күрмө кийген күчтүү бар,
Айзакерден даңгыл бар,
Жоонун айласын билген камбыл бар.
Чоңдугу тоодой дөөсү бар,
Ат көтөргүс алпы бар,
Арман болбойт мендеде
Албан түрдүү калкы бар.
Көбү жалган, көбү чын,

Көрүп келген бирөө жок,
Көрүнөө кудай билбесе,
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе,
Жанынан келген адам жок.
Күрөөкө тонду кийгизип,
Чоң күрөңдү мингизип,
Манжуудан бир миң кол берип,
Бири миңге жарачу
Балбандарын мол берип,
Эзкараны жиберди.
Коңгуроо калың кагылып,
Аскер кайнап жабылып,
Караса көзгө илинбейт,
Кудай бетин көрсөтпө
Кандайлыгы билинбейт.
Жээк тартып кылкылдап,
Жети миң балбан каптады.
Жер айрылды былкылдап,
Кылыч тийсе кыңкайбас,
Кыйындарын бир бөлдү.
Айбалта чапса, «баа!» дебес,
Баатырларын бир бөлдү.
Көсөп жоого ок аткан,
Мергендерин бир бөлдү.
Айзага камбыл айлакер,
Камбылдарын бир бөлдү.
Бөлөк-бөлөк бөлүнтүп,
Кармашары кырк үйлүү
Душмандык сырын көрүнтүп,
Узун кулак качырчан,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаар булуттай,
Каар бетине айланган
Камбылдарын бир бөлдү.
Билериктүү кулача
Сур мингенин бир бөлдү,
Чөйчөгү семиз, желе албас
Кур мингенин бир бөлдү.
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Ак чатырдай көрүнгөн
Боз мингенин бир бөлдү.
Дүркүн-дүркүн кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Жер айрылып козголуп,
Алп, дөөсүнүн баары бар.
Жети миңдей кол болуп,
Керней-сурнай тарттырып,
Керикке кошуп арттырып,

Карыпчысын калдайткан
Калдайлары бөлүнүп,
Теги кудай билбесе,
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу?
Жер жайнаган көп кытай
Сабаса тарпын коёбу?
Кээ бир балбан колунда
Адамга салчу темир тор,
Топурак учуп, тос күйүп,
Кайнаган экен эми шор!
Кечээ Нук пайгамбар тушунда,
Топон суу каптап ушунда,
Жерден жайнап ашканда,
Он сегиз миң ааламды
Карып кылып басканда,
Көңүлдө болот көп арман
Топондун суусу жете албай,
Сегиз жүз үйлүү эл калган.
Кечээ кийин, ак байгамбар Мустапа
Аршыга чыгып турганда,
Нур төгүлгөн Бээжинге
Бекитсе болбой эшиги
Кутпа жакка ачылган.
Ынсабы калың, ыйман жок
Он сегиз миң ааламды
Козголсо карап кылат -деп,
Ушу турган Бээжинге
Кудайдын токчулук нуру чачылган.
Эч ким каттап барбаган,
Эңкейтип сурак албаган,
Алтын тактын үстүндө,
Эсенкан буйрук кылыптыр.
Болот эшик дарбаза.
Баашалыгы башкача
Эсенкан экен байкаса.
Казылган калың ор болуп,
Какандын журту козголуп,
Кезиккен тири калбаган,
Керишкенди жайлаган.
Капырлардын кан Жолой,
Каруусу толук, өзү эр,
Жанказандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Туурасы жоон, бою бас,
Салмагы тоодой кара таш,
Салышкан аман болобу,
Жолойду көрсөң оолак кач!
Бети жалпак, кең далы,

Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Эр Эсенкан кийгизген
Ак күбөнү жамынды,
Арбак урган чоң Жолой
Ач жолборстой чамынды.
Минген аты Ачбуудан,
Аркасы бийик, ээри бас,
Алты ай минсе арыбас,
Колу кыска, буту узун,
Кутурган Жолой мингени
Жети миң аскер кол алып,
Желигип Жолой жүргөнү,
Күрпүлдөктүн чөлүнө
Колдун асты киргени.
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Дүмүрөйгөн тумшукка
Жетип Жолой жээлигип,
Ачбуудан оозун бурду эми,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айкырык салып турду эми.
Манжууларды бакырып,
Балбандарды чакырып,
Карыпчысын калдайтып,
Канынын баары келгени,
Чоңдугу тоодой эр Жолой
Аңгеме айта бергени.
Кабарыңда бар беле,
Каным, мында турасың,
Манжуунун каны Эзкара,
Дагы мында турасың!
Дөөдүр алп менен Каражой,
Сен да мында турасың!
Боз адырмак, кара кыр
Чалбай ашар тоо эмес,
Кабылан Манас, канкор шер
Оңой тууган уул эмес,
Оңдуруучу кул эмес!
Аруулап жолун чалалы,
Жерин өлчөп калалы.
Темир аркан торчонду,
Тегиз канжар колчонду,
Орой чокмор жөөлөрдү,
Ат көтөргүс дөөлөрдү.
Айза уруучу ыктууну
Айбалта чапса чоң камбыл
Аябаган мыктууну,
Жоо дегенде камбылды,
Өзү жоонун айласын билген

даңгылды,
Астыга айдап салалы.
Жамгыр кылып, жаа тарткан,
Мөндүр кылып ок аткан,
Камбылдардын баарысын
Жон-жонго айдап салалы.
Кызыталак канкорду,
Кылымды бузган анткорду
Каптап чогуу баралы,
Түрү суук кул менен
Түгөнүшүп алалы!
Каныңар айткан кеп эле,
Жакыптын уулу канкорду
Байлап келгин деди эле!
Кандын кылган буйругун
Катуулап ойго алалы,
Катуу согуш кыргынды
Кача көрбө балбандар,
Бу бурутка салалы!
Жакып менен Акбалтай
Тири койбой жалмайлы!
Эрдиги бар, эси жок,
Эчтеме менен иши жок
Бүлүктүү Манас канкорду
Тири кармап алалы,
Эсенкандын алдына
Тартуу кылып салалы!
Кырк уруу кытай бул журттун,
Корккон жооңуз мына -деп,
Көрүнөө кызык сыр кылып,
Кандыгын сурап алалы!
Алтайдагы кырк үйлүү,
Кызыталак бул бурут
Душман экен, кас экен,
Байып алып кутурду.
Бадиректи көрдүңбү,
Элчилиги аз экен,
Бул кырк үйлүү буруттун
Буласын булап алалы,
Бузукту мыктап салалы,
Кайраттуусун соёлу,
Катын менен баласын
Олжо кылып коёлу!
Тукумун туздай кууралы,
Кызыталак буруттун
Кыл эмесин таштабай
Түбү менен сууралы.
Сан карасын тиели,
Олжолоп малын кирели.

Кыйындарын кыралы,
Кыздарын олжо кылалы.
Кармайлык Манас дөөсүн,
Жайнаталы буруттун
Жакындаса мээсин!
Өтмөк болду зордугу,
Көтөрбөйлү Манастын
Ушундан ары кордугун!
Маңдай жолун байкайлы,
Канкор кайда болду экен,
Манастын дайнын билели,
Байкоосуз жатса ал канкор
Аламан коюп кирели!
Мылтык атып, жаа тартып,
Айза сунуп бакырып,
Аламанды салалы!
Өйүз-бүйүз турушуп,
Өпкө жарып, баш кесип,
Аябай кыргын салалык!
Алтай тоонун Чоң-Өзөн,
Чоң-Өзөн жолун таптайлы,
Аяна көрбө балбандар,
Чогуубуз менен каптайлы!
Бир эсебин табалы,
Кызыталак бурутту
Кыргын кылып чабалы!
Көп мүлкүнө кирели,
Куйкаларын тилели,
Капыр окшойт куу Жакып,
Аныгын айтпай канды алдап,
Анткор окшойт бул Жакып.
Түз качышып урушпай,
Түгөнгүрдүн өзү окшойт.
Балам баатыр чыкты - деп,
Мактанган экен бул Жакып.
Кырып салбай бурутту,
Не деп, айдап келди - экен,
Ушу Алтай боюна
Бурут деген журутту!
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Кызыталак буруттан
Кыйын уул Манас туулуп,
Кыргын кылар кези экен,
Беренсиген балбанын,
Бээжинден чыга калганын
Бейледиң бекен, жок бекен
Ал канкордун жаңжалын.
Кочкулардын баарысын
Коройтуп кырып салганын!

Баргандарды байлады,
Канкордун кылган жаңжалы!
Эңкейтип менде алгысыз,
Катылган аман калгысыз.
Орто бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Атанган Жолой мен элем,
Чиркин, ааламдан туубайт андай эр
Жалаяк ооз, жар кабак,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Качырганы каардуу,
Кармашка салат заарды.
Катылганды как жарат,
Каман сындуу көрүнөт,
Катылганды чайнаган
Арслан сыны көрүнөт.
Жеке белин курчанат.
Жер жайнаган сан колго
Жеке аралап кол салат!
Эрдиги мунун эң бөлөк,
Көк жалдык түрүн көргөндө
Анталаңдап шашпагын,
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап баарың качпагын!
Өйүз-бүйүз турушсак,
Айза сайып, Балтай уруп,
Карсылдашып урушсак
Ашып-шашып антаңдап,
Шашсаң бирди көрөрсүң,
Жалгыз кыраан буруттан
Качсаң бирди көрөрсүң!
Кеп кылдым уккун баарыңар,
Бул кебимди укпасаң,
Орой Жолой балбандан
Келтек жейсиң абыдан.
Кайра тартсаң өлөрсүң,
Качканың менден көрөрсүң! -
Жолой айта салды эми.
Качкан мындай болсун - деп,
Аламан койгон сан аскер
Убаданы кылды эми:
«Бузук салган канкордон
Бура тартып качкыча,
Кырылалык анткордон,
Айзачандар качырып,
Жалгыз туума бурутту
Жабылалы асылып,
Качып калган балбанды

Каарды салып кармайлы,
Ирээт бузуп жиберсе
Иттей жанчып жайлайлы».
Кандай бурут уул экен,
Катылбай бир жан калбайлы!
Күчтүүбүз каптап жетели,
Күчөгөн экен ал бурут
Күрпөңдөшө кетели!
«Балбан Жолой баатыр - деп,
Бул айтканың акыл» - деп,
Чогулушуп болушуп,
Колодон чаап жасаган,
Колдураган бурканды
Көкүрөккө урушуп:
«Ушу буркан урсун!» - деп,
Чоң буйрукту тыңдашып,
Чогулушуп турушуп.
Чоң Жолой кебин угушуп,
Макул ойлоп алышып,
Балбанды бөлүп алышып,
Кайраттуусун, мыктысын
Как алдына салышып,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Аламан салды калың кол
Опол-тоодой зоңкоюп,
Темингилер телпилдеп,
Кол токмоктой кара чач
Аркасында селпилдеп,
Чуу туруп кытай күүлөнүп,
Каптап кетчү эмедей
Какандын журту сүйлөнүп,
Каарданып күркүрөп,
Каарынан балбандын
Жер бузулуп дүркүрөп,
Балбандары бир башка,
Баатырлары бир канча,
Күчтүүсү бар, алпы бар,
Күчөгөн экен каркыбар.
Он башысы ороктоп,
Жети асаба туу болуп
Жер жайнаган чуу болуп,
Балтачаны бетинде,
Баатырлары четинде,
Кыйындары четинде,
Кылыччаны бетинде
Билеги жоон, мол кайрат,
Айгай кулак тундуруп,
Өкүрүгү таш жарат!
Жүргөндө чаң буркурап,

Эсенкандын көп аскер
Өлөң айтып чуркурап,
Албан түрдүү кол болуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Адам көргүс мол болуп,
Күчүнө келип күпүлдөп,
Кол алдында эр Жолой,
Кол артында Эзкара
Ортого алып дүпүлдөп,
Миңден аскер бөлүнүп,
Жайнап чыгып келатат,
Дөөдүр алп менен Каражой
Айдап чыгып келатат.
Айдаган колу ошондо
Курт экени билинбей
Жайнап чыгып келатат.
Камыштай айза көрүнүп,
Кайраттуусу, мыктысы
Алды менен бөлүнүп.
Камгак учкан эмедей,
Караса көзгө илинбей,
Кара туман чыккан чаң
Жайнап чыгып келатат.
«Бастыр, бачым, бол-бол!» - деп,
Колдун артын Эзкара
Айбалталап токмоктоп,
Айдап чыгып келатат.
Азар түмөн кол болуп,
Астында Жолой чоң болуп,
Алтай тоосун бакалап,
Боз адырмак чыбырдын
Этек жагын жакалап,
Бөтөнчө тоонун урчукка,
Бөлүнүп түшкөн тумшукка
Кең-Өзөндү кол каптап,
Аз гана эмес мол каптап,
Кыян-Кырды жакалап,
Тулпар, качыр, керигин
Алган экен баарысын
Шайдоот кылып такалап,
Айзанын учу жаркылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Күчтүүлөрү күпүлдөп,
Балбандары дүпүлдөп,
Ааламга кыргын салчудай,
Аскер жүрүп, кол жайнап,
Жеке Манас эр эмес,
Калың жаткан көп бурут
Калкын байлап алчудай.

Чоң качырчан чоң Дөөдүр,
Даригердин карысын,
Айдаган экен ошондо
Лыңты-шыңты баарысын.
Далбан-дулбаң кең көйнөк,
Кытайдын журту ошондо
Кыжылдашып бир бөлөк,
Кара калмак, манжуу бар,
Кыдыр алда колдосун,
Каптаган экен мынча жан!
Так кайтарган каны бар,
Кармаганды кайсачу
Кан ичменин баары бар,
Буйрук алып чамынып,
Баатыр Манас көк жалды
Такыр байлап алууга
Көгөргөн экен абыдан,
Жерге кылдат, жол билгич,
Жеткилең Жолой балбаны
Боз адырмак кыяны
Таптап алган кези экен,
Кантсе бурут мында - деп.
Камбыл тууган эр Жолой
Баштап алган кези экен!
Боз туурдук жаап үй күтүп,
Өңгөн Жолой эмеспи,
Чалгын чалып, жер кайгып,
Көңгөн Жолой эмеспи,
Эткээлдүү сорпо, майлуу эт,
Жеген Жолой эмеспи:
«Маа балакет кайда экен!» -
Деген Жолой эмеспи,
Көгала майдан шиберге
Өнгөн Жолой эмеспи,
Көчүп-конуп баштатан
Көнгөн Жолой эмеспи!
Жерге билгич, чоң жолчу
Бээжинге барып конуптур,
Жол билгенден бул чочко
Жолой атка конуптур.
Жолойду көрсөң жолобо,
Жосуну башка чоң соргок.
Сан бетеге, сексен чөп,
Саргарган жерден изин кууп,
Сан аскер жерди сапырып,
Бууп чыгып келатат,
Кырк үйлүү кыргыз, бай Жакып
Кеткен изин эр Жолой
Кууп чыгып келатат,

Арсак-терсек көрүнгөн,
Алтайдын берки четинде
Аңырайган капчыгай
Арманы ашык, иш мүшкүл
Кырк үйлүү көчкөн кыргыздар
Арманын айтат бир далай!
Кечээ, Жакып кандын жаш Манас
Кылгылыкты кылганда,
Дөңгө менен эр Кочку
Коройтуп чогуу сойгондо
Жоон алп менен Каман алп
Белеске кырып койгондо,
Калмакты Манас чапканда,
Акбалтай акыл тапканда,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип,
Алтай ашык жер болбой,
Кара калмак эл болбой,
Ойлогон экен Акбалтай,
Айгыр минип суу бойлоп,
Ашык акыл чоң ойлоп,
Сан караны чачууга,
Ойлогон экен Акбалтай
Кыргызды көздөй качууга!
Уулу Манас, уу чыгып,
Кең Алтайдан чуу чыгып,
Алтайда Манас туулган,
Ааламга салды чуулган.
«Каттаганды сойду» - деп,
Капырдын каны эмеспи
Кан Эсенге угулган.
Барган менен келгенден
Эрдигин мээлеп угуптур:
«Бээжинге жаңжал салар» - деп,
Эр Эсенкан ошондо
Эси чыгып туруптур.
«Жаң-Жуңга жапаа салат - деп,
Калдай каран калат» - деп,
Эсенкан аны билиптир.
«Кырк үйлүү кыргыз жан элек,
Кыйналып бөөдө калбай» - деп,
Кыйын аяр бай Жакып
Чоң кыйналып жүрүптүр.
Акбалтай акыл тапканда
Айгырды биттеп ат кылган,
Алтайдан көчүп кетүүгө
Бул акылды бат кылган.
Кочкорун биттеп ирик кылган,
Койлорун баарын түрк кылган.

Бууранын атан төө кылып,
Алтайда кара калмактын
Жылкысын тийип, жөө кылып,
Букасын бычып, уй кылып,
Аз үйлүү журтту буй кылып,
Жаккан отун өчүрүп.
Акылман экен бай Жакып
Аз үйлүү болгон кыргызын
Жалпы баарын көчүрүп.
Бокжоромол бокчонун
Болбой баарын чачыптыр,
Отор-отор оюнчук
Ойной көчүп качыптыр.
Көңүлдүн баарын оорутуп,
Көлүктүн баарын жоорутуп,
Малдын баарын чубатып,
Балдардын баарын ыйлатып,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай
Минтип көчүп алыптыр.
Эрендер кайдан аяныптыр,
Кылчайбастан көчүптүр
Кошойго Манас кетиптир,
Кеткени бир коом өтүптүр.
Жолой колду салууга,
Койбой талап алууга
Үч күндүк жолу калыптыр.
Кутмандуусу Кутубий
Кутубий койгон өзүнө,
Эл ынанган сөзүнө,
Курандан ачып кат билген,
Кудаанын атын жат билген,
Кырк баланын кыраны,
Кызыр чалган айкөлгө
Барабар келет сыягы.
Ак эдек белге курчанат,
Асман жарган чуу болсо
Аралап жеке кол салат.
Кайраты бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Кошойго Манас кетерде
Колун кармап кабыштап,
Акбалтай менен Жакыпты
Кеткен экен ал канкор
Кутубийге табыштап,
Ошо кезде Кутубий,
Чочуп амаз окунуп
Телкызылды токунуп,
Оролмо тоонун урчукка,

Салып кароол карады
Оңурайган тумшукка.

## 11 Кутубий кароол карап, кытайдын колун көргөнү

Кароол чыгып караса,
Калк аманын кааласа,
Боз мунарык, күйгөн чаң
Кумурскадай калың жан
Казылган калың ор болгон.
Жолой калмак баатыры
Кыргын тийген эмедей,
Кыжылдаган капырлар
Каптаган экен баарысы.
Күрмө кийген күчтүүсү
Күчөп каптап алыптыр,
Беттешип менде жеңбеген,
Эңкейтип эч ким албаган,
Кезиккен аман калбаган,
Атагы кымбат, аты оор,
Кытай бузуларда чыгуучу,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Жүргөнү чуулуу чоң бүлүк,
Казыналык Каражой
Катуулап бүлүк салыптыр,
Калдайдан бери куралып,
Каптап жүрүп калыптыр.
Камышты көр, селди көр,
Какандап ураан чакырып,
Каптаган кытай элди көр!
Жер жүзүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр,
Казып койгон орду көр,
Кайнатылуу шорду көр!
Ак асаба туу келет,
Айгайлаган чуу келет,
Караса жанга зор келет,
Асты жагын караса
Карыпчысын калдайтып,
Кайран Жолой чоң келет.
Бияк жагын караса,
Манжуулардын Эзкара
Баары каптап алыптыр.
Урушка кылган барабан
Барсылдап бекем кагылып,
Кара жагал тагынып,
Кайнап жаткан көп улук
Кең Алтайдан урчукта

Айдап чыгып келатат,
Курт экени билингис
Жайнап чыгып келатат,
Таш-Мойноктуу кыраңдан
Көбү чыгып келатат,
Адыр-күдүр тумшуктан
Теңи чыгып келатат.
Кара чоку, кара зоо
Кайнап чыгып келатат.
Кайсы экени билингис,
Кажылдаган капырлар
Жайнап чыгып келатат.
«Карыганда Акбалтай
Картайганда Жакып бай,
Каптап бул кол жетеби,
Берен Манас дагы жок,
Кызык кылып аз элди
Кыргын кылып кетеби?!
Бейлебей жаткан бул элдин
Төбөсүнөн басабы,
Төрт түлүгүн чачабы?
Эми көргөн, эми жок,
Ушундай экен дүйнө шок,
Белгилүү Манас дагы жок!
Көрүп кантип жатайын,
Кырк үйлүү кыргыз журтума
Кыйналчу кабар айтайын!
Кырк үйлүүдөн кырк бала,
Бараан кылып алайын,
Токтобой уруш салайын:
«Качып, үрк, - деп, - элиме
Кабар айтып барайын,
Кайра тартып урушуп,
Кайрылып колду салайын!» -
Деп ошондо Кутубий,
Алдындагы Телкызыл
Анык тулпар казанат,
Кайыбынан кабылган,
Кулан-Талаа, кум чөлдөн
Курган Манас кыраан бар,
Кутубий экөө бир туруп,
Кучакташып турганда
Телкызыл басып желди эле,
Асыйында жаныбар
Бурак ат болуп Кутуга
Бууданы минтип келди эле.
Астында тулпар Телкызыл
Кайыбынан кабылган,
Как талаадан табылган.

Кулан менен куушкан,
Не да болсо жаныбар
Тулпар менен туушкан
Туура тулпар Телкызыл.
Кутубий жоону көрүптүр,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Абасы Балтай карыга,
Акбалтай, Жакып баарына,
Кырк түтүндүн өзүнө,
Уккан адам өкүрдү
Кутубийдин сөзүнө.
«Атаңдын көрү, кырк үйлүү!
Кызырдуу Жакып карыңа,
Кабар айта мен келдим
Кырк үйлүү кыргыз баарыңа,
Жолугуппуз кутулбас
Бир кудайдын каарына!
Кара кылар токой жок,
Качып кирер кыргыз жок,
Ичим кайгы, тышым чок!
Тытышып уруш кылууга,
Арка кылып турууга
Кабылан тууган шер эле,
Чындап кудай жараткан
Жоо бөрүсү эр эле!
Каканчындын калкынан,
Каруусу толук капырдан,
Кайран Жолой баатырдан
Ажыратып алуучу,
Чапчышып согуш салуучу
Кабылан көк жал Манас жок,
Мындай кудай урарбы?!
Кайрылып Манас келгиче,
Кара кытай кубарбы?!
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Топурак учкан чаңды көр,
Толгон кытай жанды көр!
Көмүлгөн дүйнө оңбосун,
Көп каптаган болчу эмес,
Каптап манжуу кол салса,
Жабылса жанды койчу эмес!
Түшсө чыкпас терең ор,
Каптап кетти калың кол
Кумурскадай кыжылдап,
Курчамак болду быжылдап,
Колу колго бөлүндү,
Кордугу бөлөк көрүндү,

Койгулашып салышсак,
Суудай кандар төгүлдү!
Калмактардын кан Жолой
Каны каптап калыптыр,
Манжуулардын Эзкара
Дагы каптап калыптыр,
Казыналык Каражой
Кошо каптап калыптыр,
Төө көтөргөн чоң Дөөдүр
Ошо каптап калыптыр!
Асманга учкан топурак,
Аскер каптап топурап,
Айла кетип өлдүк ээ,
Атаңдын көрү, журт ыраак!
Белеске качып жашынсак
Кара токой-чер да жок,
Кармалашып урушсак
Караан кылып отурган
Кабылан Манас шер да жок!
Бир чуңкурга кырк үйлүү,
Жыйылууга көчүппүз,
Жылма болуп баарыбыз
Кырылууга көчүппүз!
Кудайдын салган чийинин
Көргөнү көчкөн экенбиз,
Кажылдаган калмактан
Арманда болуп баарыбыз
Өлгөнү көчкөн экенбиз -
Кутубий мындай деди эле,
Курган жандан түңүлүп,
Кайгылуу кептен баштады,
Мал менен баштан бай Жакып
Такыр кечип таштады.
«Оо, ботом, айтпадым беле мен бая,
Уктуң эле сен бая!
Чабышып чама келеби,
Чапчышып менде жеңеби?!
Топон суу жетпес чочкону
Ааламдын чаркы келеби?
Кокуй, Балтай, оңбойсуң,
Тим эле миңдеп кеп айттың,
Манасты сурап койбойсуң!
Кутурган Балтай карап тур,
Алтынды олжого алдыңбы,
Абайла, Балтай, кебимди
Азапка эми калдыңбы?!
Тозоку Балтай, оңбой кал,
Тогуз бөрү бир койду
Таласа тарпын койчубу?!

Толкуган кытай биздерди
Сабаса тарпты койчубу?!
Жети-Өзөн ээн жериң жок,
Жээлигесиң, куу Балтай,
Жети-Өзөндү жердеген
Жеткилең кыргыз элиң жок!
Көрбөдүңбү, сен Балтай,
Кытайдын кылган кызыгын,
Каракан атам өлгөндө
Калмактын салган бузугун!
Туура журтту талкалап,
Кылмышы жок, өчү жок
Кытай кырып салды эле,
Кыйла дилде, казына,
Олжо кылып алды эле!
Каракандын сегиз уул,
Айдап түпкө жетти эле.
Бирибиз кетип Эренге,
Бирибиз кеттик ошондо
Кайра чыкпас тереңге!
Бирөөбүз кеттик Каңгайга,
Биздер келдик Алтайга!
Алтай бизге жер эле,
Кара калмак, бул манжуу
Капыр да болсо эл эле!
Манасты сүрөп сен Балтай,
Көрдүңбү балаа шумдугун?!
Басып алган экенбиз,
Ажыдаардын куйругун!
Болот эшик, дарбаза,
Уругу улук кан экен
Бадышасын караса!
Каканчындын калкы бар,
Катылганды куткарбай
Канын ичмей салты бар!
Катылган аман калчубу?
Калкына аман барчубу?
Каңгырап кеткен Манаска
Кабарды кантип айтабыз,
Кырдырып салып кытайга
Уялбай кантип айтабыз?
Селсаяк кеткен Манаска
Серпилсек кантип жетебиз,
Сексейген кара калмактан
Кыргын болуп кетебиз!
Өзүнчө кеткен Манаска
Өкүрсөк кантип жетебиз,
Өкүм болуп кытайдан,
Өлүм болуп кетебиз!

Кечээ, кең Алтайда жатканда:
«Балам тентек чыкты» - деп,
Тилегениң күйгүзгөн!
Кымыз куйган күбүңө,
Кызыталак Акбалтай
Кызык жеттик түбүмө!
Түбү түптүү манжууга
Түгөнбө десе болбойсуң,
Түгөнгөн Балтай оңбойсуң!
Бурулуп кеттиң олжого,
Бузугуңду койбойсуң!
Булкунгандан силкинип,
Акбалтай чыкты күүлөнүп:
«Көп эле болсо өлөрмүн,
Кыжылдаган кытайдан
Кыяматты көрөрмүн!
Өлбөй жүргөн ааламда
Темир өзөк болобу,
Кокуй, Жакып, не дейсиң,
Өлүмдөн корккон оңобу?!
Алтайдан бери айдалдык,
Эмгекке колдор байландык!
Бел байлаган белиңден,
Ажырап келдик, ой Жакып,
Кең Ала-Тоо жериңден,
Айрылып келдик моминтип,
Кеңири кыргыз элиңден!
Кейибе, Жакып, кейибе!
Манас оңой бала эмес,
Бапылдаган калмакка
Бастырып салчу жан эмес.
Күркүрөп кытай каптаса
Күнүмдү кантип берейин,
Күчөгөн экен, Эсенкан
Күрпөңдөшүп көрөйүн!
Жаным аман барында,
Жалпы кытай каптасын
Жатып кантип берейин,
Жайнаган кытай капырга
Жалпылдашып көрөйүн!
Канкор Манас бар болсо,
Кармашарым Каканчын,
Байлашарым Бакбурчун!
Түгөл өзүм барында
Түгөнүшүп көрөмүн,
Түгөнүшпөй, өлүшпөй,
Дүйнөнү кантип көрөмүн!
Бел байлаган белимден,
Беките байлап колумду

Айдап келген элимден.
Луңта, Туңша, Бээжинде
Ушунча тийген көчүм бар,
Жеткилең көрсөм ич күйөт
Жети атамдын өчү бар!
Айбалта, кылыч, чокморун
Көрүшпөй кантип калайын,
Кайран баш жерге киргиче
Кара кытай, манжууга
Өлүшпөй кантип калайын!
Айзаңы кармап топ бузам,
Кабылан Манас көрүнсө
Карыганда Акбалтай
Тагдырым жетсе окко учам.
Өкүлдөгөн калмакка
Өкүмүм кантип берейин,
Өлбөй-житпей айланып,
Кантип жүзүн көрөйүн.
Чалкалаган капырга
Теңдигим кантип берейин,
Тегеректеп келген соң
Бир теминишип көрөйүн!
Ажалдуу менде өлбөйбү,
Алда башка салганын
Азаптуу менде көрбөйбү!
Алда буйрук кылган соң,
Аманатын бербейби!
Күнү бүткөн көчпөйбү,
Гүлү түшсө өчпөйбү!
Гүлүм да бар, чагым бар,
Күрсүлдөп манжуу каптасын
Кырылышар табым бар!
Калдайдын каны баатырга,
Каршылашып көрөмүн,
Кадыр Алда буюрса,
Каза болуп өлөйүн!
Карааны Манас көрүнсө,
Кара кылып көрөйүн,
Кадыр Алда буюрса
Кармалашып көрөйүн!
Казам жетсе өлөрмүн!
Кара курттай калкы бар,
Кырк үйлүү кыргыз кор журтту
Кызыталак кытайлар
Кыйратып кетер чаркы бар.
Улугу бар, каны бар,
Уйпалап талап кетүүгө
Убада кылган абыдан.
Төбөбүздөн басууга,

Кармап иттей жанчууга,
Калысы кетип канынын
Кара кытай, көп манжуу
Кабарган экен абыдан.
Кырк үйлүү кыргыз журт элек,
Азып келген биз элек,
Азган журтка катылып,
Оңбогонун көрдүңбү,
Тыргооту тыйпыл чогулуп:
«Баланды бер» - деп, доо кылып,
Болбогонун көрдүңбү?
Кадыр Алда жазуусу
Кабакка келди көрөлү,
Кайнап жаткан кытайга
Каралды Манас чунакты
Кантип кармап берели,
Күчөгөн экен көп манжуу
Күпүлдөшүп көрөлү!
Өйүз-бүйүз турушуп,
Өткөрө кыйын урушуп,
Өзөнгө өлүк толушуп,
Ойлосоң кыргын болушуп,
Бет алып жаа чоюшуп,
Кайран жанды аябай
Айза менен коюшуп,
Эсепти эпсиз табышып,
Күнү-түнү тынч албай
Аябастан чабышып,
Эстүү куу баш барында
Эрен Манас куу жалгыз
Эми кантип берели!?
Чуулдаган кытай журт менен
Жолугуша көрөлү!
Кедердин уулу капырга,
Кейпи суук Жолой баатырга,
Алым салар абыдан
Алымга кантип көнөбүз,
Талкалаша беребиз!
Таалайга бүткөн Манасты
Кыргын болуп, журт өлбөй,
Кадырга кантип беребиз?!
Коржоңдогон кытайдын
Кордугун кантип көрөлү,
Кордуктап келген калмакка,
Кокуй күн киши экенсиң
Койгулашып көрөлү!
Күчөгөн экен Каканчын
Биз да күчөнүшүп көрөлү,
Каардуу Жолой балбанга

Кармашып канды төгөлү,
Каралды кылган Манасты
Каны сурап келди - деп,
Калмакка кантип берели!
Маңдай-тескей турушуп,
Эрте өлгөндүн бири элек,
Тосо чыгып урушуп,
Тозокту кызык көрөлү,
Толгон журттан айрылып,
Толкуган кара калмакка
Тойпоңдошуп көрөлү!
Кытай милек, биз жалгыз,
Кырк үйлүү кыргыз өлгөнбүз,
Ушу кара калмактан
Кыстоону эчак көргөнбүз,
Кызык болуп айдалып,
Алтайга эчак келгенбиз,
Ошо кезде кырк үйлүү
Кыргын болуп өлгөнбүз!
Калдайып келген калмакка
Каршылаша көрөйүн,
Каралдым Манас көк жалды
Калмакка кантип берейин!
Кайран Балтай, бай Жакып,
Сан карам сарып бир кылып,
Кара кытай, манжуუга
Салмакташып көрөйүн!
Улугу Эсенканы бар
Ушунча колун жиберип,
Учу түбүн байкасак
Уйпамак экен абыдан.
Торгомок экен жолумду,
Торуна түшсөм бу капыр
Байламак экен колумду,
Көргөзмөк экен көзүмө
Киши көргүс сонунду,
Казмак болгон орумду,
Кайнатмак болгон шорумду,
Байламак болгон экен го,
Маңдайга бүткөн баргегим
Бала Манас сонунду.
Акбалтай аман барында
Манасым кантип берейин,
Күчөгөн экен бул доңуз
Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн».
Муну айтып Балтай туралбай:
«Өлсөм болот чоң арман
Өпкө жарып, баш кесип,
Салышайын чоң жаңжал!

Кызырдуу Манас шеримди,
Кытайга кармап бердим - деп,
Кыргызды кантип көрөйүн,
Кызыккан экен бул калмак
Кырылышып көрөйүн!
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул барында
Сандаган калмак эл менен
Салмакташып көрөйүн!
Таалайлуу Манас уул үчүн,
Такыр кыргын болгуча
Талкалаша берейин!
Оңой Манас уул эмес,
Оюнан бизди чыгарып,
Ойноп жүрөр кул эмес!
Бекер Манас уул эмес,
Бейилинен бизди чыгарып,
Бейлебей жүрчү кул эмес!
Мендеден артык туулган,
Бекер Манас бул эмес!
Ойрондун өзү барында
Ойлобой койчу уул эмес!
Ойрон Манас бар болсо,
Ордолуу башым кан кылат
Ороңдогон калмактын
Он эки миңин жай кылат!
Кержейген кытай, манжуунун
Кебине кантип көнөйүн,
Дардайган кытай, манжууга
Талкалашпай мен өзүм
Дардайып кантип берейин,
Дарманым, чаркым барында
Талкалашып өлөйүн!» -
Айза кармап, топ бузам,
Ажал жетсе окко учам!
Жасагандын жазганын
Көрбөй кантип кетейин,
Жайнаган кара калмактан
Өлбөй кантип кетейин!»
Муну айтып Акбалтай
Кутубийден кеп угуп,
Кара кытай, манжууну
Курчап кетер деп угуп,
Айза кылыч шайланып,
Чокморун кыя байланып,
Куп кытайдан чочунуп,
Кулагерин токунуп:
«Атасы Жакып акылсыз,
Кара ниет жан экен,

Бир жараткан макулук!
Малы арбын, акыл жок,
Сандап жаткан сан караң
Бир Манастан садага!» -
Деп, ошентип, Акбалтай
Каарданып күүлөнүп
Кан Жакыпка сүйлөнүп,
«Каракан атаң өлгөндө,
Азып келдиң Алтайга
Сан караң бала болобу?
Кыймылдаган кырк үйлүү
Бир Манаска садага!
Корксоң кара калмактан
Астына түшүп малың тарт,
Жалынсаң жаның таштаса,
Башыңды байлап, каның тарт!
Тирүү калбай өлөмүн,
Кайран башым барында
Кан Манасты бербеймин!»
Каарданып жайланып,
Жоо-жарагын байланып,
Акбалтай чыкты чамынып,
Кара калмак, манжууга
Кармашууга камынып,
«Өлбөй тирүү жүргөндө,
Кай мураска жетемин,
Ушу Манас балага
Курман болуп кетемин!» -
Ушуну айтып Акбалтай:
«Кайнаган кара калмакка
Калайман салып өлбөсөм!» -
Деп, ошентип, Акбалтай
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Акбалтай минтип турганда
Бери жагынан Кутубий
Телкызыл менен камынып,
Кудуретке жалынып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кутубий жайын сурасаң -
Атасы Ошпур ал эле,
Кабыланды тууганда
Атасынан айрылып,
Манаска жолдош дагы эле!
Кара динден ак болгон,
Калмактан кетип жат болгон!
Кубаты жеткен ааламга,

Кудайдын жөнүн куп билип,
Кырк чилтенден бата алган:
«Манаска кутман болсун!» - деп,
Олуяттан бата алган.
Муну менен кулуңуз
Кутубий болуп атанган.
Мураа да ошол, кан да ошол,
Манаска жолдош жан да ошол.
Айылы жакын ирегелеш,
Акылы жакын биргелеш.
Ордо чапса жыйгандаш,
Оболдон бери ыймандаш.
Ал Кутубий кургуруң,
Атагы кымбат, аты улук
Манаска тете чоң улук!
Айзакерден акылман,
Курган Кутубийиңдин
Ыктуулугу дагы бар,
Ажары бөлөк, заары күч
Акылга дыйкан, чоң чечен
Мыктылыгы дагы бар!
Жоого шайдоот, ишке шай,
Камбылдыгы дагы бар,
Баштаса жолдон жаңылгыс
Даңгылдыгы дагы бар!
«Камбылсыган кытайга
Кармалашып көрөм - деп,
Эртең көк жал келгенде,
Кырк үйлүүң кана дегенде,
Кырдырып ийсем кытайга
Эмне жооп берем - деп,
Каптаган кара калмакка
Качырып айза сунайын,
Кадыр Алда жол берсе
Капкараңгы тозоктон
Жанымды азат кылайын!
Ободон жылдыз болжошкон,
Он эки жолу достошкон
Оён Манас көк жалдын
Көңүлүн сыйлап турайын!»

## 12 Кутубийдин Кытай менен болгон биринчи урушу

Чамам келсе чапчышып,
Тоскоолдошо берейин,
Толкуган кара кытайдан
Ажалым жетсе өлөйүн!
Көк нөкөр белде сөгүлүп,

Көк найза колдо көрүнүп,
Айбалта жанда шаркылдап,
Кылыч кында жаркылдап,
Көпкөк темир кийинип,
Эр Кутубий ошондо
Кайынына барчу эмедей
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Ач арсландай бой таштап,
Ак жолборстой кыйгачтап,
Телкызыл санга бир салып,
Темирдүү айза колго алып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Белди бекем байланып,
Эрдин кесе чайналып,
Карсылдап күлүп, көз жайнап,
Кайран Куту канетсин
Кан ичмеси чын кармап,
Каары толук бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Беттешкени чоң Жолой,
Белгилүүсү Дөөдүр алп,
Жазбай аткан Каражой,
Жаман билгич Эзкара.
Беттеп жеке кол салып,
Каруусу толук капырга,
Кан Жолойдой баатырга
Качырып колду салды эле.
Маңдайлашып турушуп,
Айза менен урушуп,
Кылыч кыйрап чаң толуп,
Кажылдап кытай жан толуп,
Ошпурдун уулу Кутуну:
«Оой, журтум, байлап алгын!» - деп,
Оңдоп-солдоп эл каптап,
Ойрон мүшкүл, каран түн
Ойронуна жан келгис
Орой турган эр Жолой
Кутуга салды мүшкүл күн.
Маңдай-тескей туруштү,
Айза сайып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Кайран Куту жалгыздын
Карааны Манас келе элек,
Ким көргөн мындай жумушту!
Маңдайлашып турушту,
Кырк уруу кытай эл каптап,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,

Адамдан артык селди көр,
Айгайы кулак тундуруп,
Каптап кеткен элди көр!
Талаада күйгөн чокту көр,
Жылдыз болуп жылтылдап
Милтеден күйгөн окту көр!
Астыга жайган торду көр,
Ал тордун ары жак жагында
Түшүрүп кармап алуучу
Билинбеген орду көр!
Баарысынын мыктуусу,
Айзакерден ыктуусу,
Алышкан жоонун айласын
Ашкере билген мыктуусу
Ачбууданда дардайып,
Кайран Жолой эрди көр!
Кутмандуу жолдош Кутубий
Эңкейиште эр сайып,
Кез келгенин кыраанын
Экиден катар бир сайып,
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай
Теңдешип уруш салды эле,
Кутубийдин каптоого
Тору ала желек туу алып,
Каптады жөө күлүктөр
Бир жагынан караса
Мылтык атып, жаа тартып,
Чоң Дөөдүрдүн бүлүгү.
Кабары тоодой жан экен,
Кара калмак ичинде
Кайран Жолой бар экен,
Ачбууданга камчы уруп,
Эрениң Жолой жетти эле,
Кайсынысын айталы,
Каптап кетти көп улук.
Мөндүрдөй огу төгүлүп,
Чама кетип, ал кетип,
Каптачудай көрүнүп,
Жаанын огу шыркырап,
Тийген жерлер быркырап,
Чама жетип жутунуп,
Карыпчы, сооттун баарысы
Канжыга болуп тытылып,
Ураан тартып, чуу кылып,
Каптап кытай кетти эми.
Топурак учуп, чаң жүрүп,
Толуп жаткан кол каптап
Тозокту катуу салды эми.

Капталынан кан Жолой
Каарданып бакырып
Карыпчысын калдайткан
Калдайларын чакырып:
«Каңгып Манас кетиптир,
Түбүнө түптүз жете көр,
Түгөл каптап кете көр,
Кырк үйлүү кыргыз буруттун
Түбүнө чогуу жете көр!
Жакып канын жалмайлык,
Акбалтайын алалык!
Адам көргүс чоң кыргын,
Дөөдүр менен Каражой
Ыктууң карап турба - деп,
Эзкара менен чоң Жолой,
Мыктым карап турба -деп,
Темир аркан торчонум
Жоо дегенде ат коюп,
Тегеректеп келүүчү
Тегиз канжар колчонум!» -
Деп, ошентип, эр Жолой
Кутубийдин башына
Куп баштады бузукту,
Куп каптатып балбанын
Туура кылды кызыкты!
Качып чыгар бел да жок,
Кутубийдин жанында,
Кагыш кылып турганда,
Кан Жолой айза урганда
Адамдан артык туулган,
Душманга салар чуулган
Туйгуну Манас эри жок
Акбалтай, Жакып каны жок,
Өлүм орток, жан бирге,
Кырк үйлүү кыргыз дагы жок!
Шамалды көр, жааны көр,
Айзаны көр, зорду көр,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Каптап кеткен колду көр!
«Ажал жетсе өлөм - деп,
Амалым болсо Кутуга
Караан болуп берем» -деп,
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Чоң кисеси бир кучак,
Кайраты мыкты заары күч
Кулагерге камчы уруп,
Кан Балтай жетти болушуп,
Эсепти эпсиз табышып,

Кез келгенде кыраандар
Айбалтай менен чабышып,
Аралап жеке кол салып,
Кубат кетсе өлүүгө
Кубаты келсе Акбалтай,
Курган бала Кутуга
Караан болуп берүүгө,
Булар колду токтотсо,
Күндөп-түндөп турушса,
Кол токтотуп сайышып,
Кытай менен урушса
Сан кара малын чачыптыр,
Кырк үйлүүнү ээрчитип,
Караан болбой, бел болбой,
Зымпыя Жакып качыптыр,
Алтайдан Жакып качкан соң,
Ченсиз колго кабылып,
Кутубий менен Акбалтай
Челиш кылып жаткан соң,
Алтайдын ары жээгинде
Буурсун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок,
Айдай сары талаанын
Төмөнкү түшкөн бетинде,
Жекелеше турушуп,
Жети күн тынбай урушуп,
Карып көзү киртийип,
Карыган Балтай абаңа
Канча айза бир тийип,
Эки эле көзү киртийип,
Кайраттуу Кутубийиңе
Эки миң айза бир тийип,
Туулга темир быркырап,
Канжыгалап кара кан
Как жаак ылдый шыркырап,
Кайрат кылган эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдай албай дал болуп,
Чама чарчап, ал кетип,
Бүткөн бойдун баарынан
Мөлтүлдөп кара кан кетип,
Жети күн тынбай аралап,
Акбалтай менен Кутубий
Жети жерден жара жеп,
Топтуу күнү аралап,
Токсон жерден жара жеп,
Аябаган чоң чууга
Салмак болгон кези экен,

Алпы Дөөдүр, эр Жолой
Тегеректеп экөөнү
Алмак болгон кези экен.
Курчап кытай келгенде,
Кутургур каптай бергенде,
Кыжылдап кытай жүгүрдү,
Жөө күлүгүн көргөндө
Кутубий менен Акбалтай
Курган жандан түңүлдү.
Карыпчы кийген балбаны,
Каптап жатып калганы,
Аңдып кармап алганы,
Жөө күлүгү, жалмачу
Тегеректеп алганы.
Алтайдан Жакып көчкөндө,
Ашыгып үйдү чечкенде
Кытайдын салган жаңжалы,
Колуна тийип багынса
Жалынса укпай сөздөрүн,
Жарганы турат өздөрүн
Чукуган турат көздөрүн.
Кайнап кытай келгенде
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Үйүң күйгөн доңуздун
Добушунан жан чыкты.
Жонунан Жолой бакырып,
Үйүң күйгөн бул чочко
«Мөндүлөп» ураан чакырып,
Каарынан Жолойдун
Калың кол чыдап тура албай
Каптап кытай калды эле.
Анда туруп Кутубий
Акылга дыйкан, тил чечен,
Айла тапкыч артык эр
Акбалтайды жетелеп,
Айла тапкан ошо жер,
Курулган жылдыз болжошу
Курган Манас жалгыздын
Кутубий экен жолдошу.
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Арсланы Манас дагы жок,
Башына алтымыш мүшкүл бир келип,
Дүмөк келген себеби -
Жаңжу-манжуу балбаны,
Жайнап каптап калганы.
Мындай мүшкүл ким көргөн!
Жамгыр кылып, жаа тартты,
Мөндүр кылып, ок атты,
Камыштай айза кылкылдап,

Катуу дүмөк, мүшкүл иш
Каптады кытай былкылдап,
Артын кудай бербесе,
Азыр өлөт экенбиз
Арслан Манас келбесе.
Акбалтай турду аңгырап,
Керээзин айтып заңгырап,
«Айланайын Кутубий!
Карыган Балтай мен элем,
Караан кылган сен элең!
Каралдым Манас мында жок,
Арам өлгөн экенбиз,
Жүрбөгөн төөдөй жарылып,
Жаман өлгөн экенбиз,
Темир аркан капырдын
Торунда өлмөк экенбиз.
Тегиз канжар капырдын,
Колунда өлмөк экенбиз.
Самаганың Ала-Тоо
Кетпей өлмөк экенбиз,
Сандалган кыргыз ал элге
Жетпей өлмөк экенбиз!
Качып кетер белим жок,
Ажыратып алуучу
Арслан Манас шерим жок.
Ээ, кулунум, Кутубий,
Кантип өлөр экенбиз!?
Каңырыгы чын түтөп,
Карыганда Акбалтай
Кол ичине токтоду,
Коңгурап жандан түңүлүп,
Кан Манасты жоктоду.
Акбалтай антип турганда
Безге сайган эмедей
Ыргып түштү Кутубий:
«Аба, Акбалтай, беренсиң,
Баатыр сендей болобу,
Сени баатыр деген оңобу?!
Алтайда кара калмактын
Бээлерин тийип жечү элем.
Катылышсак калмакка
Балтай абам желек кармаса,
Каңгайды бузам дечү элем.
Урушса кара калмактын
Уйларын тийип жечү элем,
Абам Балтай, ал Манас,
Аларым карап турганда
Айдап кара калмакты
Каканга сүрөм дечү элем,

Кайгы төлөө болобу,
Калмактан корккон оңобу!
Кокуй, аба, не дейсиң,
Наалат, аба не дейсиң?
Бу кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун!
Кайгы менен мокоткон
Каран күн киши экенсиң,
Жобо менен жоготкон
Жолуң болгур экенсиң!
Кайгыңды калмак угабы,
Калдайы кармап албайбы
Каран түндү салбайбы!
Эшектей кардың эшпейби,
Эсеби жок көп манжуу
Эми эле талап кетпейби!
Эселек киши экенсиң,
Чечтирмек болдуң тонумду,
Көрсөтмөк болдуң сонунду.
Ат соорусун салалы,
Ит урушун кылалы!
Тирилей келген калмактын
Тиктөөсүнө көнбөймүн,
Көөдөндө алтын жанымды
Көп урушпай бербеймин!
Кокуй, аба, не дейсиң?» -
Деп, ошентип, Кутубий,
Астындагы Телкызыл
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Кайратты катуу салды эле,
Кан Балтайдын Кулагер
Опсолоң бугу чылбырын
Колунан жулуп алды эле.
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей
Тегиз жерде үйрөтүп,
Сүрөгөндө Балтайды
Тебетейдей сүйрөтүп,
Эңкейиште үйрөтүп,
Качкан жерде Балтайды
Эбелектей сүйрөтүп,
Астындагы Телкызыл
Тулпарлык туушу бир башка,
Кыл куйруктун күлүгү
Кылымдан артык бир башка.
Куйругу саяң, жалы аз,

Куланды көрсө куткарбас.
Чу койгондо закымдап,
Көздөн чыгып бөлүнгөн,
Акбалтай ала качканда
Тулпарлык сыны көрүнгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Будур-будур бел ашып,
Будурмак чыбыр жер басып,
Тоңурайган тоону өтүп,
Тоңкойгон чуңкур коо кечип,
Эрендер кайдан аянып,
Алтай тоонун тумшугу
Чоң өзөндү таянып,
Тогуз жолдун тоому
Бөрү-Койдун чаркына,
Ит-Өлбөстүн кырына
Эрендер жетип илинип,
Ээн калган эки тулпардын
Күлүктүгү билинип.
Аңгил-дөңгүл жер келсе,
Учуп кетчү эмедей
Учкан куш менен жарышып,
Малмага салган ак тизгин
Чирелеп колдо карышып,
Башын жерге салыптыр,
Башкача чуркап алыптыр.
Койдой эти бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Тайдай эти бөлүнүп,
Тайгандай жону түзөлүп,
Арандай оозу ачылып,
Бүрүшкөн болот туягы
Жолум үйдөй жазылып,
Мурунунан буу чыгып,
Колтуктан кашка суу чыгып,
Кара-Кыр жетип илинип,
Тулпарлыгы билинип,
Кошкон кара кыяга
Кырк үйлүү кыргыз кайран эл
Жетип көчүп илинип,
Эрендер кайдан аянды,
Кара-Кырдын Тал-Мазар
Кутубий, Жакып таянды.
Арт жагына кайрылып,
Тиктеп туруп караса
Кара калмак, манжуу журт
Караса көзгө илинбейт,
Душман чоңу чоң Жолой

Баштаганы калың кол,
Кайда экени билинбейт.
Акбалтай абаң сабылып,
Кутубийге жалынып:
«Айланайын Кутубий,
Өчкөн отум тамызган,
Өлгөн жаным тиргизген,
Үзүлгөнүм улаган,
Чачылганым жыйнаган,
Кутубий сендей балага
Кутмандыгың чын экен,
Куруп кеткен Акбалтай
Азыр болсун садага!
Уланымсың, белимсиң,
Ушу кудай жараткан
Манас экөөң шеримсиң!
Кайран жаным өлбөсө
Калкыма кабар салармын.
Кадимки нойгут элиме
Кутман кылып өзүңдү
Кан көтөрүп салармын!
Бул кезекте мен Балтай
Өлбөөчүдөй жутунам,
Таңда макшар күнүндө
Баана кылган Кутубий,
Акыңдан кантип кутулам!?
Беренимсиң, белимсиң,
Белгилеп турган эримсиң!» -
Деп, ошентип, Акбалтай,
Чыканактап тынч алып,
Чырм этип, уйку алып,
Жатып уйку кандырып.
Таң кашкайып калганда
Тулпарларды чалдырып,
Аз жетелеп олтуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп.
Супа садык салганда,
Таң сөгүлүп калганда
Камыштай айза кылкылдап,
Катуу каптап былкылдап,
Ачбууданды жулкунтуп,
Кутурган Жолой чоң калмак
Куу изине чөп салып,
Кутура кууп алыптыр,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калыптыр.
Туу кармаган Эзкара,
Жер жарылып, чуу туруп,
Жетик каптап алыптыр.

Акбалтай көрүп ал колду
Кутубийге жүгүрдү,
Курган жандан түңүлдү.
Курган Балтай бакырып,
Кутубийди чакырып:
«Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби,
Казылган калың ор келет,
Куткарбай курман кылуучу
Кайнатылуу шор келет,
Кайраты мыкты, заары күч,
Катылса кырып, кылат түз,
Калмактардын чоң Жолой
Ошо Жолой зор келет!
Кыстоо көрдүк кытайдан,
Кырылып калар бекенбиз,
Киши көрбөс кордукту
Бүгүн көрөт экенбиз,
Тирүү калбай кырылып,
Бүгүн өлөт экенбиз!»
Акбалтай айтып тургуча,
Ачып оозду жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Бозоргон тоонун урчукта,
Боз адырмак тумшукта,
Көк жал Манас кабылан
Көчкөн көчкө кез болду.
Көз алдына караса -
Жаккан отун өчүргөн,
Алтайдан айдап кырк үйдү
Жалпы баарын көчүргөн.
Көк жал Манас караса -
Көп аманын кааласа,
Кырк үйлүүнүн баары аман,
Атасы Жакып дагы аман,
Сан каралуу малы аман.
Алышпай бекер кетеби,
Жыйып алган кырк бала,
Кырк баланын мыктысы -
Кутубий менен Көкбөрү.
Атойнок менен Алымсок
Арслан эрдин жөкөрү.
Кырк баланы санаса,
Караса көзгө илинбейт,
Ал балдардын баары аман,
Кутубий көзгө билинбейт.
Карыларды байкаса,
Акбалтай көзгө көрүнбөйт.

Акбалтай, Куту ынагым,
Кайда кеткен буларым!
Карап Манас турду эле
Бозайбанын чайпалтып,
Канкоруңдун алдынан
Кан Жакып чыга калды эле.
Карчыгадай камынып,
Кабыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Ак сакалы жаркылдап,
Атасы Жакып баркылдап:
«Оо, ботом, өзөндүү дайра булагым,
Малым арбын, балам жок,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Оо, ботом, Алтай да бизге жер эле
Алтайда кара калмак, көп манжуу
Бизге катарлаш жаткан эл эле.
Алтайда балам туулган,
Аябай салдың чуулган,
Айза сунуп асылдың,
Кара калмак элиме,
Качпай тынчып жатарда
Калайман салдың элиме!
Өзөнгө малым толордо,
Алтайды бойлой конордо
Калмакка айза сундуң го!
Өрт өчкөндөй кылдың го!
Кармашарың Каканчын,
Канына тийдиң катылып,
Каранды башка не салдың,
Күйүткө мынча чатылып,
Айтсам-айтсам болбойсуң,
Айткан тилди албайсың!
Кара кытай, бул манжуу
Каарды катуу баштаган,
Кан атаң көк жал өлгөндө
Баарыңды кырып таштаган.
Кайраттууну камаган,
Кыйын чоң атаң өлгөндө
Кырылбай менде калбаган.
Башыбыз кеткен Бапаңга,
Балам Манас не дейсиң
Күйүп кетем капама!
Бирөөбүз кеттик Эренге,
Бирөөбүз түшүп кеткенбиз
Кайта чыкпас тереңге,
Алтайга тентип каңгыдык,
Күйөр менен Бышардан
Күбүлүп чогуу айрылдык.

Кол аркага байланып,
Кордук көрүп тентидик,
Алтайды көздөй айдалып,
Алтайды кутүп жер кылдык,
Кара калмак, манжууну
Кадырлаш тууган эл кылдык.
Жылкыдан бактым, кулунум,
Талыкпай турган бууданды,
Далай жерге кабарды
Берсем кабар табылбайт.
Биргелеш жакын тууганды.
Алтайга атаң конду, - деп,
Арман кылам кудайга,
Айдалып кеткен туугандар
Тукум курут болду - деп,
Кечээ, сен элиңе кеткенде,
Кудай бетин көрсөтпө,
Камышты көр, селди көр,
Каптап кеткен элди көр!
Казылган калың ор келди,
Мылтык атып, жаа тартып,
Эсенкан буйрук кылган соң
Каптаган түмөн кол келди.
Кудай билет өлүштү,
Кудай билет бул жерден
Өлбөй эсен тартышты!
Жети асаба туу келди,
Жер жарылган чуу келди!
Асманга учуп топурак
Кудай бетин көрсөтпө,
Аскер жүрдү топурап,
Калың колун көргөндө
Качып, көчүп бүлүндүк
Кайран жандан түңүлдүк!
Каарды кытай баштады,
Кытайдын түрүн көргөндө
Малдан эмес, кырк үйлүү
Жандан кечип таштады!
Кара курттай сел келди,
Катыла турган жоо эмес,
Каптап кеткен эл келди.
Түпкө чогуу жетет -деп,
Түгөнгөн жандан түңүлдүм.
Чабышып чама келеби,
Уй түгүндөй капырды
Басташып адам жеңеби?!
Урушкан жеңип алабы,
Кара курттай капырга
Катылган аман калабы?!

Аяш атаң Акбалтай,
Куп жолдошуң Кутубий
Алтайды манжуу ашты эле,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Темир аркан торчону
Тегеректеп кетти эле,
Тегиз канжар колчону.
Айза сайып, Балтай чаап,
Алышканын бир көрдүм,
Аралашып эки эрен,
Салышканын бир көрдүм!
Топурак жаап, тоз күйүп,
Толкуп кытай жүрдү эле,
Толгон балбан кирди эле.
Кымбат Балтай өлдү -деп,
Ушу кезде ой кылам,
Ал экөөнү кайсаса
Тез каптап бизге жетет -деп,
Теги жандан түңүлдүм,
Тегеректеп кетет -деп,
Кумурсканы көр, селди көр,
Кутубийге асылып,
Курчап кеткен элди көр!
Түбүнө чогуу жетти -деп,
Кутман эле Кутубий
Башын кесип кетти -деп,
Кутубийден түңүлдүм! -
Деп, ошентип Акбалтай,
Куту экөөнүн маанисин
Бай Жакыптан укту эле.
Бай Жакыптан укканда
Арсландай чамынып,
Алдасына жалынып:
«Белимди бекем бууймун,
Беттешер болсо бул калмак
Бээжинге чейин кууймун,
Таштууларын талкалап,
Албай кантип калайын.
Таш-талканын катырып,
Салбай кантип калайын,
Бир калайман Бээжинге!
Өлүп калсак окустан,
Дүйнөдөн кетсек кокустан,
Жаңжалды катуу салайын,
Кыйындарын кыйратып,
Экөөнүн канын алайын!
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,

Түрү суук кара калмакка
Түгөнүшүп өтөйүн!
Торучаарды минейин,
Катылган кара калмакты
Каканга чейин сүрөйүн!
Кызыккан экен кытайлар
Кыйрашпай кантип калайын,
Кызыккан окшойт бул чочко,
Кызыкканын бөлөйүн,
Кыжылдаган капырды
Каканга чейин түрөйүн!
Кара курттай Бээжинге
Өнгөн кытай турбайбы,
Калың кыргыз көп элди
Каптап чаап башынан
Көнгөн кытай турбайбы.
Өлбөй-житпей чочкого
Өнөгүм кантип берейин,
Жайнаган кара кытайга
Жаңжалдашып көрөйүн!
Каарыңа тиет калмагың
Каңгайга чечин сүрөйүн,
Кармаш сонун ал болсо,
Кармалашып көрөйүн!
Азапты арбын саламын,
Акбалтай менен Кутуну
Азыр жетсем мен өзүм
Ажыратып аламын!
Бейили кара кытайды
Бээжинге чейин сүрбөсөм,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Тирүү басып жүргүчө
Туулбай туна чөгөйүн!
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Айзалашып топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Жетиктеп белим курчанам,
Жети милек каптасын,
Жеке өзүм кол салам!
Тирүү Манас барында
Кыйратып кытай кыралбайт,
Кырк үйлүү кыргыз бул журтту
Кыйратып кытай алалбайт.
Бөлүүчү кытай ал эмес,
Бөлдүрчү Манас мен эмес!
Урушуп бүлүк саламын,
Кайнап жаткан манжуунун

Жылкысы эмес, мен Манас
Уйларын тийип аламын!
Каптаганын көрүшөм,
Качпай туруп урушуп,
Как ушу жерден өлүшөм!» -
Деп, ошентип, Манас кан
Көчүнөн чыкты бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Эш тутканы кырк балбан,
Кызырдуу Манас кабылан
Кытайга салат чоң жаңжал.
Канча жерден кат алган,
Кабылан ошол, шер да ошол
Зайыппуруш атанган,
Айлалуу султан, аты улук -
Адамдан чыкпайт бул өңдүү
Адамдан кайра тартпаган,
Ажалдан кайта кайтпаган.
Телегейи тең тууган,
Артыкча көк жал шер тууган.
Кырк чилтен жолдош колдогон,
Кызыр чалган кургурга
Кыяпат айтар болбогон,
Жыргал десе күйүнгөн,
Шер экенин мындан бил,
Ажал десе сүйүнгөн.
Ала көөдөн эрендин,
Ай-ааламды буй кылган
Кайсы бирин айталы,
Айкөл Манас берендин!
Айзакерден ыктуунун,
Кайсы бирин айталы,
Ай-ааламды буй кылган,
Шер жараткан мыктуунун!
Атасы Жакып байына
Угуп алып тардыкты,
Болжолу жок ардыкты:
«Кокуй ата не дейсиң!
Ажал жетсе өлөмүн,
Алдыңкы кара кытайга
Алыш кылып көрөмүн!
Кайран жан өлүп жок болбой,
Кырк үйлүү кыргыз элимдин
Кыйындарын кырдырып,
Алсызын олжо кылдырып,
Тирүү кантип тартамын!
Айзалашып топ бузам,
Кордукта жаткан журт үчүн
Тагдыр жетсе окко учам!

Өткөрө жаным барында,
Өлүп, өчүп кеткиче,
Чын ажалым жеткиче,
Көз жумулуп калгыча,
Күчөгөн кара калмактын
Сөзүнө кантип көнөйүн,
Колумдагы кырк түтүн
Ойрондошуп салышпай,
Олжого кантип берейин!
Улугуна, канына,
Кумурскадай кайнаган
Калың кытай баарына,
Кырк үйлүү кыргыз аз элди
Олжого кантип берейин!
Кокуй, ата, не дейсиң.
Бул сөзүңдү ким угат!
Айдалганда Алтайга
Жерсинип калган экенсиң,
Кара калмак, манжууну
Элсинип калган экенсиң.
Бул Алтайга турганда
Не мураска жетебиз?
Тирүүлөй моюн бургуча,
Кара калмак, манжуунун
Зордугун көрүп тургуча
Кыргын болуп өлөлү!
Кызыккан экен калмактар,
Кыйрашты кызык көрөйүн,
Чамам келсе чапчышып,
Чалкалап уруш салайын,
Чалдырып койсо Акбалтай,
Көбүнчө өлсө Кутубий,
Кургунду мыкты салайын,
Колго түшсө экөөнү
Бээжинге чейин урушуп,
Ажыратып алайын!
Каптаса кара манжууга
Бет алышып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Беттешип кыйла урушуп,
Мээнетти бекем салайын,
Бек заарын төккөн кытайга
Бет алыша барайын,
Урушарым Каканчын
Урушпай кантип калайын! -
Деп, ошентип, кабылан
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көп сөздү айтып Жакыпка:
«Кокуй ата, не дейсиң,

Акылың жок, кебиң жок,
Оңбой калган экенсиң.
Амызың качып, ар кетип,
Болбой калган экенсиң,
Кыргызды кытай алганда,
Ордоңду бузуп талкалап,
Олжо кылып калганда,
Кыз-катының талкалап,
Ойрон кылып салганда
Ошондо коркуп бай Жакып,
Болбой калган экенсиң.
Ала-Тоодон айдалып,
Ала-Тоодон көчүпсүң,
Тирүү калбай Акбалтай
Так ошондо өчүпсүң!
Айтканыңа күйүндүм,
Бай атам, сенден түңүлдүм.
Эр адам жоодон өлбөйбү.
Калгандар күнүн көрбөйбү!
Кара курттай капырга,
Каруусу толук баатырга
Качырып согуш саламын,
Качпай алты ай чыр баштап,
Кырк үйлүү шордуу элимди
Ажыратып аламын!
Катылганын соёмун,
Кадыр Алда колдосо
Тентип келген эл үчүн
Тегеле курман боломун.
Тазаларын кармаймын,
Талаада кызык сайышып,
Кыйындарын жалмаймын.
Кызыккан кытай бул журтка
Кыргынды кымбат салууга,
Азган-тозгон аз элди
Ажыратып алууга,
Жазайыл огу жаңылып,
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Чогулган кара манжууга
Согуш кыла берүүгө.
Ач арсландай көз жайнап,
Өөдө-төмөн карабай,
Өткүр экен эр Манас
Өлүмдөн жанын аябай,
Өөдө-төмөн ойлобой,
Балбан да экен, шер да экен
Бул дүйнөгө жаралган
Артык тууган эр экен.
Жакып кандан кеп угуп,

Акбалтай, Кутубийине
Аркы калмак чогулуп,
Алып койду деп угуп,
Астындагы Торучаар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ок жетпеген ат минип,
Айза өтпөгөн тон кийип,
Кадыр Алда буюрса
Кагышты катуу салууга,
Кара жанын аябай
Кан Балтай менен Кутубий
Ажыратып алууга
Оюна келди көк жалың.
Алман суута жетүүгө,
Курган эки жан үчүн
Курдашы Манас токтобойт,
Курман болуп кетүүгө.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү Манас шер ошол,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өткүр Манас эр ошол.
Аркада көк жал жалы бар,
Серпишип менде жеңе албайт,
Кан ичме тууган абыдан.
Кырк үйлүү кыргыз журтуна
Каарданып бакырып,
Канкор Манас чакырып:
«Кордукта бурут сен элең,
Кыжылдаган капырдан
Ажыратып алсын -деп,
Калайманды салсын -деп,
Жаралган Манас мен элем.
Кармашарым Каканчын,
Катуулап үркүп, шашпай көч,
Белестин суусун сүзбөй көч,
Беренди кудай сакта - деп,
Күдөрүң менден үзбөй көч!
Алтай көчүп, жүрүп кет,
Кара калмак, манжуудан
Өлүү-тирүү болобу,
Өкүлдөгөн султандын
Кабарын анык билип кет!
Өлүп калсам кокустан
Кайран элим, сен үчүн
Бек жерге конуп, токтоп кет,
Берен Манас өлдү - деп,
Кароолду катуу коюп сен
Кейип, ыйлап жоктоп кет,

Өлүп калсам кокустан
Сан кара малың чачып кет,
Кара курттай капырга
Кармашарга айлаң жок,
Кайран, калкым качып кет!
Кайран, журтум, сен үчүн
Адырга бойлой кономун,
Айныбай алты ай салышып,
Анан курман боломун!
Күчкө салган кытайга
Күрпүлдөшө барармын,
Күчөп кетсе чочкого
Өлбөй-житпей курган жан
Үч ай согуш салармын!
Күчөгөн кара калмактын
Күрдөлүү жаным барында
Бир айласын табармын!
Күчөп келсе калмакка
Күркүрөп айза сунушам,
Күндөп-түндөп тынч албай
Күнүгө тынбай урушам.
Эрдикти эпсиз кылбасам,
Эпсиз кара калмактын
Эңишине чыдап турбасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!»
Журтуна айтып мындай кеп,
Кабылан Манас, канкор шер,
Эки колдон күч чыкты,
Эки беттин ортосу
Беш байпактык түк чыкты.
Каарданып жайнады,
Кызыр чалган тынардын
Кан ичмеси кармады.
Кара жанды аябай
Кан ичмеси бек кармап,
Каарды катуу баштады.
«Буйрук алган калмакка
Кез келип өзүм барайын,
Кечилдин каны чочкого
Кезенип уруш салайын,
Өткөн-кеткен кегимди
Өргүлтүп мыкты алайын!» -
Деп, ошентип, канкор шер
Каарданып толгонуп,
Турбай эриң комдонуп,
Берендин жайы ушундай
Береленип белсенип,
Ойрондун жайы ушундай

Опол-тоодой теңселип,
Кармашканы Каканчын
Качырып кыргын салам -деп,
Кара кытай, манжууга
Бет алышып калам -деп,
Журт ишенип тилекке,
Омуроого тартканы
Ок өтпөс соот, күрөөкө.
Өлүмдөн кайта тартпаган,
Ажалдан кайта качпаган,
Арсландын өзү ошол,
Кагышкан кара кытайга
Кармашты кылган жер ошол.
Тобокелчи кайран шер
Токтобой белди курчанып,
Торучаар санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Ок өтпөгөн кынама
Омуроодо көрүнүп,
Балбандыгы башкача,
Баатырдын жайы ушундай
Баары жандан бир башка,
Качырган аман калбаган
Кан ичип жүргөн көйкашка.
Беттешип менде жетпеген,
Берендин жайы ушундай.
Бет алган тирүү кетпеген,
Берендиги белгилүү,
Катылган аман калбаган,
Он сегиз миң ааламда
Оён Манас канкорго
Укурук кайрар калбаган.
Бет алып кирип беттешип,
Менде азар салбаган.
Телегейи тең ошол,
Шай колдогон шер ошол.
Таалайы башка, заары күч,
Шер экенин мындан бил,
Серпишкенди кылат түз!
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Калың кытай көп жоого
Канкоруң чыкты бөлүнүп,
Эрениң кайдан аянып,
Ээрчиткени кырк бала
Эми жетти көк жалың
Алтайдын кара тоосун таянып,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Дүмүрөйгөн тумшукка

Таянып Манас жеткенде,
Маңдай жагы капчалча,
Капчалчадан бакырып,
Бая, кайран Балтай, Кутубий
Бакырыгы таш жарып,
«Манастап» ураан чакырып,
Айланса болот кудайга
Өлдүбү десе тирүү экен,
Өлбөгөн жандын бири экен.
Кечээ, арадан кез болгондо
Атасы Жакып кеп айткан:
«Акбалтай менен Кутубий
Дүйнөдөн кетти» - деп айткан.
Акбалтайдын кеби эле,
Темир аркан капырдын
Торуна түштү деди эле,
Кара кытай, манжуунун,
Оруна түштү деди эле,
Кара калмак Жолойдун
Колуна түштү деди эле.
Аман эле жүргөн табы экен,
Алдам берген чагы экен!
Манаска жакын келгенде
Кайран Балтай ошондо
Бадана кийип балкылдап,
Минген аты Кулагер
Ак сакалы жаркылдап,
Ак шумкардай баркылдап:
«Кара калмак, көп манжуу
Алыш кылдым жаманбы,
Он эки бирге кол берген,
Ой, шерим, Манас аманбы?!
Кабылан, Манас, кебимди ук!
Кыяматтын кыстоосун,
Көрбөй келдим көрдүңбү?
Кыжылдаган кытайга,
Кырк эки жолу сайышып
Өлбөй келдим көрдүңбү?
Казылган калың орду көр,
Кайнатылуу шорду көр,
Дүркүн-дүркүн эл келди,
Ээ, кулунум, эр Манас,
Каптап кеткен сел келди!
Экөөбүз эмес, кулунум,
Ааламга татыр эл келди!
Жайнап мерген келгени,
Жазбай атчу эрени,
Топурак учуп кылкылдап,
Толду кытай былкылдап,

Байлоодо жаткан дөө келди,
Баарысы катар жөө келди,
Балбандын түрү башкача,
Баарысы кыйын көйкашка
Балакет салды бу башка.
Калмактардын Жолою
Каптап балаа саларда,
Манжуулардын Эзкара
Эми байлап аларда,
Балбандары башкача,
Каптап чогуу жеткенде,
Кутман жолдош Кутубий
Кургурум, сенин жөкөрүң,
Кыйын белин курчанды.
Кытайды жарып, кол салып,
Ийлең, Шийлең балбанын
Экөөнү катар сайганы.
Өлгөн жаным тиргизип,
Жан жолдошум Кутубий
Ажыратып алганы.
Бул Кутубий болбосо,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Даңгытына сүйрөтүп,
Жармак болгон өзүмдү!
Мекчейтмек болгон белимди,
Байлап алып токмоктоп,
Көрсөтөт эле Бээжинди.
Айзасы тийип боорума
Айдарлуу кармап аларда,
Айлансам болот кудайга,
Кутубий калды сообума,
Манасым сендей балага,
Балтай кан абаң садага!
Карааным Куту болбосо,
Түгөтмөк болгон жообумду,
Түз кылмак эле өзүмдү!
Кылычтап чачып канымды,
Кызыталак кытайың
Кыймак эле жанымды!
Түрү суук кытай эл экен,
Түп каны угуп атагың
Бизди, түгөтө турган кези экен.
Ээ, кулунум, Манас кан,
Кытай түмөн, биз жалгыз,
Кыйраша турган айла жок,
Бел байлаган белиң жок,
Бекип жаткан жериң жок,
Бүгүн көргөн, эртең жок,

Чалкар көлдөй кытайга
Чалышкан менен айла жок.
Кытай милек, биз жалгыз
Кылган барбы кудайга,
Каптаса кытай чөп экен,
Кара кытай, манжуулар
Кумурскадан мол экен!
Кечилдерин керсейтип,
Керишке чыккан кези экен,
Чамасы келсе бул капыр
Чалганы жүргөн табы экен!
Акылдуу Жолой баатырга,
Алышып алың жетеби
Чалкар көлдөй капырга!
Аша берсе түгөнгүс,
Айры белес, белди көр,
Кырган сайын күчөгөн
Кымбатым, Манас, кебимди ук,
Кырк уруу кытай элди көр!
Бозоруп борчук көрүнгөн,
Боз адырмак Дыңшаны
Болжоп ашар тоо эмес,
Болжолсуз долу кытайды
Эр эңкейтер жоо эмес!
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн кайра күчөгөн
Түгөнгүс кытай эл экен,
Адам жеңип албаптыр,
Ошону үчүн кытайды
Каканчын кытай дээр экен!
Кармашып адам албаптыр,
Каран калган Какангa
Кармашкан аман калбаптыр.
Нур төгүлгөн Бээжинге
Уулум, Манас, угуп ал,
Урушпай эсен кетели,
Түгөнбөс элге катылып,
Кокуй, балам, кебим ук
Не мураска жетели!
Каканчындын калкына
Катылышып нетели!
Кармашып менде жеңеби,
Каран күн, уулум, кетели!
Уй түгүндөй капырга
Кумурскадай жайнаган
Каканчындын калкы бар,
Катылганды куткарбай
Канын ичмей салты бар.
Улугу буйрук кылганда

Байлап сени алууга
Балбаны келген каркыбар!
Өйүз-бүйүз турушсак,
Мылтык атып, жаа тартып
Карсылдашып урушсак!
Жаанын огу чыркырап,
Тийген жерлер быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Упат болуп окко учсак
Ушунуң сонун иш эмес,
Эч ким тийбес Бээжинге
Теңеле турган киши эмес.
Айтканым макул билип ал,
Ала көөдөн бала элең,
Арсланым, Манас, тилимди ал!
Аламан уруш кылганда
Айза сайып, жаа тартып,
Айгайлашып турганда
Күндө күчөп сайышсак,
Айбанат билбей, эр өлүп,
Айгайлашып турушсак
Өрдөн чыга бергенге
Ала-Тоодой жерим жок,
Айгайлашып сайышсак,
Түгөнүшүп калышсак
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк кылтайып,
Кагышты катуу салуучу,
Айла кетип баратса
Ажыратып алуучу,
Кийгени киштен кара бөрк,
Жоо бөрүсү кара көк,
Жалгыздыгың сында жок,
Жабыла жолдош болуучу
Кыргыздын журту мында жок!
Айтканым ушул билип ал,
Кырк түтүндүн бели элең,
Маңдайдагы сен элең.
Тилимди алсаң, Манас кан,
Алтайдын бери жак бетинде,
Сары-Талаанын четинде,
Кукулдаган кузгун жок,
Какылдап учкан карга жок,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип ууртар суусу жок,
Алты күн андан тозолук,
Кыйрашты кызык салалык!
Мылтык атып, жаа тартып,
Кысыкты тосуп турушуп,

Кыйла күн анда урушуп,
Муңдуу эл ары кеткен соң,
Кордук көргөн кырк үйлүү
Ары таман өткөн соң
Кутулуп бул эл кеткиче,
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз
Кырк үйлүү боо жеткиче,
Эл кутулуп кеткиче
Ит урушун салалы,
Балам, Манас, тилимди ал.
Аманат жанды багалы!
Ал Жылдыздан өткөн соң,
Түзү токой, тоосу кар,
Ала-Тоонун башы бар,
Жети атаңды тууган жер,
Энең киндик бууган жер,
Кутман болуп калган жер.
Бекине консок бел ошол,
Таянган жерге барганда
Талыкпайбыз уруштан,
Мураска калган ошондо
Азган-тозгон эл ошол!» -
Акбалтай мындай деген соң,
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкая чыга калды эми,
Канга тойбос кабылан
Каарды мыктап салды эми.
Бузукту Манас баштады,
Булкунганда көк жалың
Тоо солкулдай таштады:
«Он экиге келгиче
Азып-тентип кор болуп,
Алтайда көрдүм күнүмдү.
Эрешен тартып, эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум
Эми албайм, Балтай, тилиңди!
Алыш кылып урушуп,
Айза кармап топ бузам,
Алса кудай жан мына,
Ажал жетсе окко учам!
Тирүү жүрбөй өлөмүн,
Өлүп кетпей бул жерден
Уялбай качып дардактап,
Уккан менен көргөнгө,
Билген менен туйганга
Кытайдан Манас качты - деп,

Өрттөнүп кеткен ал бурут
Өз дүйнөсүн чачты -деп,
Өсөк кылса кылым эл,
Кантип жооп беремин?!
Качып кетсем окустан,
Кырк үйлүү кыргыз бул элди
Кытай басып артынан
Кырылып кетсе кокустан,
Иттигим чогуу билбейби,
Таңда макшар күнүндө,
Өлүп калган кайран журт
Кара эшек кылып минбейби!
Токонаалат чубалып,
Не мураска жетейин,
Бул журт кырк үйлүү эл үчүн
Мен курман болуп кетейин!
Кокуй, Балтай, не дейсиң?!
Далайыңды билчү элем,
Кырк үйлүүдөн, Балтай абам,
Даанышман деп жүрчү элем!
Бул Алтайга келгени,
Кара калмак, манжууга
Жылыга бажы бергени,
Суук бороонго кабылып,
Оңбой калган экенсиң,
Ойлогон ишиң түгөнүп,
Ой, абаке, кан Балтай
Болбой калган экенсиң!
Өлбөй-житпей кытайга
Өнөгүм кантип берейин,
Өзү тийген манжууга
Баш кесишип көрөйүн
Кокуй, Балтай, не дейсиң?
Ит урушун кылганда
Качты Манас дебейби,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп кытайлар
Маминтип жүрүп жебейби!
Коркконуңду билбейби,
Артыңдан түшсө ыймансыз
Мекеге чейин сүрбөйбү!
Туш-тушуңдан ашпайбы,
Сан караңды чачпайбы
Канкор бурут качты -деп,
Керикке бутун артпайбы,
Керинейин тартпайбы,
Буланды булап албайбы,
Бузукту кытай салбайбы!
Кокуй, Балтай, не дейсиң,

Наалат Балтай не дейсиң?
Бул кебиңди ит уксун,
Ашуусу бийик тоо уксун,
Агыны катуу суу уксун,
Казган кара көр уксун,
Андан бөлөк ким уксун!
Алда чийип койгонду
Көрбөй кантип кетемин,
Эрдигим эпсиз билгизбей,
Элимди ээн жүргүзбөй,
Энеси талак капырдан
Энтелеп кантип качайын,
Кадыр Алда колдосо
Кармалаша жатайын!
Кайран башым барында
Калдайдан кантип коркоюн,
Кызырдуу башым барында
Кытайдан кантип качайын,
Кызыккан экен Эсенкан
Кырылыша жатайын!
Калдайдын бирөө «чү» коюп,
Канына кабар бербейби,
Калп эле мактап коюпсуз,
Качып кетти дебейби.
Толгонуш тоонун кезеңин
Ашып кетти дебейби,
Толуп жаткан сан кара
Чачып кетти дебейби,
Толгонуп айза саялбай,
Тоодой болгон чоң бурут
Шашып кетти дебейби!
Ушак түшсө Бэжинге,
Каканчындын элине
Кытайдын күнү туубайбы,
Сапырылып бул чочко
Мекеге чейин куубайбы!
Акыйнегин айтпайбы,
Кажылдаган капырлар
Калгандардын баарысын
Чаап алып кайра тартпайбы!»
Ачуусу келип кабылан
Каарды катуу баштады,
Кармашкан кытай эл эмес,
Айтып турган Балтайды
Соруп ийе таштады.
Муну укканда Акбалтай
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти,
Кайран Балтай канетет,

Айтып коюп ал кепти,
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап.
Каары катуу кабылан
Күр-күр этип күйүндү,
Карап туруп Акбалтай
Аманат жандан түңүлдү.
Кадыр Алда кудурет,
Манасты аман койсун - деп.
Күүлөнүп көк жал кеп айтып:
«Манас, Манас болгонум,
Кызыталак кытайга
Каарды канча баштадым,
Каранкүн, аба, ойлочу,
Мындан мурун кытайдын
Канчасын кырып таштадым!
Аба, Балтай, не дейсиң,
Алчайып атка мингени,
Айкырып жоого тийгени
Кара кытай, манжууга
Он эки жашка келгиче
Кейишти канча баштадым,
Өкүмүн кытай кылганда,
Өткөрө зордук кылганда,
Кагышты каалап турганда
Бузукту мурун салгамын,
Кечилин кармап алгамын.
Кармап алып ошондо
Кекесин кесип салгамын,
Кана, менин өлгөнүм?
Кечээ, Балтай, сен барсың,
Ордо үстүндө чыр салдым,
Алтынын тартып бир алдым.
Кара жакка калдайтып,
Ат салышып туруштум,
Алтымыш күнү уруштум,
Кана, менин өлгөнүм,
Кана, маа ажал келгени?!
Кочкуларын коройтуп,
Элчилерин соройтуп,
Эчен кызык кылгамын,
Эчендерин кыргамын.
Кан ичип жүрүп катыктым
Кайнап жаткан кытайга
Канкор бурут атыктым.
Тагдыр жетсе өлөмүн
Тагдыр жетпей, күн бүтпөй
Зордукка кантип көнөйүн.
Кылымдын эри курган жан,

Кытай каптап келди -деп,
Акылдан кантип шашамын,
Аба, Балтай, кабылан,
Дардактап кантип качамын!
Каптап кетсе Каканга
Кармалаша көрөмүн!
Алчайып атка минемин,
Кайнап жаткан кытайга
Качырып жеке тиемин!
Жетик белим курчанам,
Жер жайнаган кытайга
Жеке аралап кол салам!
Кайнап жаткан кытайды,
Катылган калмак, манжууну
Катуу тийди жиниме
Каканга чейин сүрбөсөм,
Бек кызыккан кытайды
Бээжинге айдап сүрөмүн!
Өлбөгөндөн калышам,
Кайнап жаткан капырга
Качпай жеке салышам!
Акбалтай баатыр абаке,
Көчүңө шашпай кете бер,
Шашпай көчүп жүрүп ал,
Берен Манас уулуңдан
Беш айдан кийин кабар ал!
Бешинчи айдан мен калсам
Сан кара малың чачып кет
Сайыштан Манас өлдү - деп,
Асты-астыңдан качып кет,
Күзгүнүн шаарын сүзүп кет,
Бешинчи айдан мен калсам.
Берен Манас өлдү -деп,
Күдөрүң менден үзүп кет!
Ээр белдей белестен
Эңкейе көчүп токтоп кет,
Эш кылган Манас өлдү - деп,
Эңгиреп, ыйлап жоктоп кет!
Ажал жетсе өлөрмүн,
А дүйнө жүзүн көрөрмүн.
Ажал жетпей, күн бүтпөй,
Аман турса кайран баш
Кайнаган кытай капырга
Карчалышып көрөрмүн!
Күчөп келген калмакка
Күрөшпөй кантип коёмун!
Керишип жүрүп кек албай,
Кантип тирүү боломун!
Тозок түрдүү кытайдын

Тополоңун билбесем,
Толуп жаткан манжууга
Тополоң уруш салбасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Эңкейип аа бергиче,
Туулбай туна чөгөйүн!»
Таалайы артык жаралган
Шай колдогон шер Манас,
Карап чыдап туралбай
Кайнап жини кармады,
Эки жаагы шакылдап,
Эрдин кесе чайнады,
Калдайдын жолун бек бүтөп,
Канкоруң карап турганда
«Манас жалгыз, кытай миң,
Бала кандай болот?» - деп,
Капаланып Акбалтай
Каңырыгы бек түтөп.
Башынан баатыр Балтай атанып,
Кордукта жүргөн Акбалтай
Ителгидей кайран көз
Ирмебестен жаш алып,
Алып кетип, кеп сурап,
Айласы кетип Акбалтай,
Жашып турду коңгурап:
«Белгилүү эле, бел эле,
Мендеден артык туулган
Берен Манас кабылан
Мендеден башка шер эле.
Менде - деп, кудай жаратсаң
Манасты аман сактай көр!
Жан - деп, кудай жаратсаң,
Капырды үстүн кылбагын!
Аз кана кыргыз эл элек,
Айкөлдү бердиң чекеге,
Ажыратып кыргыздан
Арада өлүм кылбагын!
Журт көрүүчү заман кыл,
Жан - деп, кудай жаратсаң
Көк жалымды аман кыл!
Айдалып качып келгенде
Арслан, Манас, берекем,
Алтайга келип туулду.
Кордуктан бул журт күйөбүз,
Азган-тозгон бакыр эл
Каралды Манас көк жалды
Караан кылып жүрөбүз!
Жабыла кирген манжууга
Кулунум, Манас, жалгызым

Жапааны жалгыз баштадың.
Ажал жетип, күн бүтүп,
Өлүп калсаң калмактан
Азып келген кырк үйлүү
Айылыңды каран таштадың!
Аман болсо Манасым
Мураска биздер жетебиз,
Отор-отор оюнчук
Ойноп көчүп кетербиз!
Калмактын баарын тамам кыл,
Кадыр Алда жасаган,
Канкорду кудай аман кыл!
Берерим, Манас, көк жалым,
Бешке жашың келгенде
Береги журтка туу болдуң!
Сегизге жашың келгенде
Кырк бала жыйып топтодуң!
Тогуз жашка келгенде
Кара калмак, манжуунун
Балдарын жыйып оттодуң!
Онго жашың келгенде
Орчун бүлүк баштадың,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алдың,
Барбайып атка мингенде
Орчун журтка кол салдың!
Маңдайга туулуп чоңойгон
Манас кан сендей баатыр жок,
Кытай каптап калганда
Сага караан болуучу
Кыргыздын журту мында жок.
Белгилеп качар белиң жок,
Бет алышып кытайга
Өзүңө караан болорго
Өзүң теңгээл эриң жок!
Эңкейип минер ээриң жок,
Эңкейип кетсең кокустан
Эш кармаарга жээниң жок!
Көк жалдыгың сында жок,
Көп урушсаң кытайга
Көрүнөө караан болуучу
Кыргыздын журту мында жок!
Жалгыз ат баспас кыядан,
Жараткан өзүң колдочу,
Манасым жалгыз эле уядан.
Ай караңгы бүркөлсө
Түн эмне болучу?
Чалдырып салсаң кытайга
Аз гана кыргыз элиңдин

Күнү эмне болучу?
Чамасы кыйын кытайга
Чалдырып ийсең жаманат,
Чаманы кудай бере көр,
Жалгыз туума көк жалым
Бир кудайга аманат!»
Алакан жайып Акбалтай
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Кайнап жаткан капырга
Көк жалым жеке калды - деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Акбалтайдын башына
Алтымыш санаа бир келип!
«Оомийин!» - деп, кол жайып,
Тулпардын оозун буруштту,
Ажырашып кетчүдөй
Туу кармаган Манаска
Кол кармашып туруштту.
Колун кармап кабыштап,
Жаратканга табыштап,
Акбалтай кайра кайрылды,
Кеткен көчкө барышка,
Баатырың турду ал жерге
Кытайга кыргын салышка.
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,
Торучаар оозун бурду эми,
Кырк чилтен, Кутубийин
Кыраан Манас ошону
Кубат кылып турду эми.
Калың жоону көргөндө
Ээленип Манас булкунуп,
Эри өлгөндөй жулкунуп,
Эки жагын каранып,
Ээленип турган туйгунуң
Ач арсландай жаланып,
Каардантып булкунтуп,
Караан болгон Кутубий
Кармап турду ошондо
Кабыланды жулкунтуп,
Ээрчигени кырк бала,
Көк жалыңдын жолдошу,
Эң кыйыны Кутубий.
Берениң турса белесте,
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта
Жер айрылып, чаң чыгып,
Туу түбүндө көп колдун

Доошунан жан чыгып.
Калың колун жылдырып,
Сурнай кулак тундуруп,
Манжуулардын Эзкара
Каны чыгып келатат,
Калмактардын кан Жолой
Дагы чыгып келатат,
Кара жагал Бороончу
Ошо чыгып келатат.
Керик минген Дөөдүр алп
Колдун артын токмоктоп,
Айдап чыгып келатат.
Бурулуп учуп топурак,
Бурулбай сан кол топурап,
Чоң Алтайдын бөксөдө
Айдап чыгып келатат,
Жээк тартып кылкылдап,
Жергелешип былкылдап,
Жайнап чыгып келатат.
Кылычтан кайра тартпачу
Кыраандары бетинде
Кылдай окшош кийинген
Кыйындары четинде.
Айбалтай чабар ыктуусу,
Айзасы кыйын учтуусу,
Кылычы кыйын курчтуусу,
Айзакерден даңгылы,
Кылыч чапчу камбылы,
Жаа тартуучу ыктуусу,
Кынсыз кылыч байланган
Жоонун айласын билген мыктуусу,
Таш сайынган тазасы,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Кандыгы журтка дайын кан
Кан Эсенкан алдынан
Чыккан экен дайындап.
Атка оюнчу, жөө күлүк
Казыналык чоң мерген
Алтындан калкан арылдап,
Ала байрак дарылдап,
Жазбай аткан мергенден
Каражой чыгып келатат.
Каражой журтка дайын кан,
Кызылала кийинип,
Тоту куштун куйругун
Тогуз түрдөп сайынган,
Сурнай колун жылдырып,
Каптаган экен көп кытай
Добулбас кулак тундуруп,

Бээжинден тандап алп айдап,
Берендерин жалпы айдап,
Асман ачык, жер бүркөк
Топурак учкан чаң болуп,
Манжуулардан Эзкара
Эр сынаган ал болуп,
Жанында Жолой балбан бар.
Адыр-күдүр мойнокко
Азыр чыгып Эзкара
Чоңкүрөң оозун бурду эле,
Каардуу канкор көк жалды
Эзкара карап турду эле.
Капырлардан Эзкара
Артык сынчы, көзү ачык,
Эрге сынчы, эң билгич
Атагын уккан чочуган,
Ажайыптын дубасын
Адамдан бөлөк окуган,
Өрттөнгүр жайын сураба -
Өтө сынчы, сыйкырчы
Өткөрө эрдин өзү экен,
Эри өлгөндөй булкунган
Өкүм Манас канкордун
Элесин көргөн кези экен.
Элесин көрүп Эзкара
Эсинен тана баштады.
Чоңкүрөңдүн үстүнөн
Чоңсунуп турган Эзкара
Кулап кете таштады.
Өлүп кетчү эмедей
Өңгөчүн тартып алганы.
«Оо,ботом, Жолой бери келчи,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Тетиги туура тарткан чаар атчан,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланган,
Дидаары бөлөк, заары күч
Кармаша кетсең Жолоюм,
Кайран жандан күдөр үз!
Бээжинге аты угулган
Мээнет Манас өзү бейм,
Кармаш кылчу канкордун
Караган кара көзү бейм!
Эңкейтип жеңер эр эмес,
Боруму бөлөк эң башка
Менде жеңер шер эмес,
Берендиги белгилүү.
Беттеше койчу эр эмес!

Ботом, мен кечээ,
Калдайдан чыккан чоң улук
Каканды көрдүм тоорулуп,
Калдайдын сайган багында,
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Карыкандын тагында,
Оо, ботом,
Чынмачын талын кыйганда
Чын Бээжин журтун жыйганда,
Алп менен дөө, баатырын
Тегиз жыйып алганда,
Чубатууга салганда,
Карыкандын алдында
Чоңкүрөң оозун бургамын.
Кайнап жаткан кытайдын
Алптарын сынап тургамын.
Ажалым жетип өлбөдүм,
Кырк уруу кытай Бээжинден
Алптан мындай көрбөдүм.
Баатырдыгы башкача,
Акыры түбү көрөрсүң
Каканды бузат көйкашка.
Бекер Манас шер эмес,
Менде жеңер эр эмес.
Чарпышсак чама келеби,
Чабышса моюн береби,
Кызыр чалган Манасты
Кыйшайтып менде алабы,
Кан ичменин өзү экен,
Ээ, Жолой, катылган аман калабы?
Балбан да экен, шер да экен,
Кызыталак бул Манас
Кытай эмес байкасам,
Он сегиз миң ааламга
Даты келер эр экен.
Кечээ, абабыз Эсенканыбыз
Каарды катуу салды эле,
Манасты таап келбейт - деп,
Аярды кырып салды эле.
Кызыталак бул бурут
Кыргызга болгон чеп экен,
Ал кылыгын билгенде
Аярдын баарын чаптырган
Ал кылыгы эп экен.
Ала-Тоодой баатырга,
Айбаты суук капырга
Чыдап балбан барабы,
Чындашкан аман калабы,
Катылгандын чыккыдай

Талкан болуп далдалы,
Кызыталак канкордун
Карап турчу, Жолоюм,
Бээжинге тиер жаңжалы.
Капырай, телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен.
Ичин карап отурсам,
Жер жүзүнөн кең экен,
Бээжинге жаңжал салат -деп,
Сынчылар айткан эп экен,
Кызыталак бурутка
Кыраан Манас кабылан
Калаалуу коргон чеп экен.
Бир карасам бул бурут
Бир кишидей көрүнөт,
Бир карасам бул бурут
Миң кишидей көрүнөт.
Көп дөөнү сынап барганда
Ат бороюн сыдырдым,
Ары жагы Баңбаң-Сазаңшаң
Бары-жогун кыдырдым.
Казам жетип өлбөдүм,
Ушул өңдүү кыйынды
Жер жүзүнөн көрбөдүм.
Мен Эзкара болгону,
Сынчы - деп атка конгону,
Мындай жанды билбедим,
Мындай жанды туйбадым.
Бул Алтайдын бооруна
Сынчы менен мен келбей,
Кокуй болгон экемин.
Кара көзүм кашайып,
Сокур болгон экенмин.
Атасы башка бул бурут
Бул Алтайда туулган,
Аман болсоң көрөрсүң,
Бээжинге салат чуулган.
Эр мүчөсүн мен карап,
Боконом кетти болкулдап,
Жүрөгүм кетти солкулдап,
Билегимден сап кетти,
Жүрөгүмдөн кап кетти.
Көрсө курсак кайнаган,
Бушман мында турбайбы!
Бээжинге бейпай салуучу,
Душман мында турбайбы!
Капырай, сөлөкөтүн, сөөлөтүн
Оо, ботом, Жолой карачы,
Атка минген келбетин!

Оң далысы кең экен,
Ойронуң чыккан бул бурут
Ойротту бузар шер экен.
Каарданып Эсенкан
Капа болуп турду эле,
Кайран Эсенканымдын
Бул билими эп экен.
Сүрү суук бурутту
Сууга салса батабы,
Каканчындын Бээжинге
Кармашпай карап жатабы!
Жулкунуп кетсе сур жолборс,
Сөлөкөтүн көрдүңбү,
Жолоюм, мындай жан болбос!
Кара чаар кабылан
Капталында чамынат,
Чолок көк жал арслан
Оозун ачып камынат.
Катылар болсок бул канкор
Билген чырын кылбайбы,
Каарына алса бул канкор
Бизди Каканга чейин кырбайбы!
Булкунса бузук салат го,
Үйүң күйгөн бул бурут
Кайнап жыткан кытайдын
Кандыгын тартып алат го!
Кабагы бийик, өңү саз,
Каары башка, заары күч
Акылман айран таң болуп,
Калайман болду биздин баш!
Ушу бурут соо эмес,
Өрттөнбөй коёр эр эмес,
Кокуй, Жолой, көзүңдү ач!
Кыйынды кырып өтөт бейм,
Кыйратып кырып бул журтту
Түбүнө чогуу жетет бейм!
Журттан мындай туйбадым,
Элден мындай көрбөдүм,
Эми Жолой, көзүңдү ач!
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Эңишип адам алабы,
Эпсиз шердин өзү экен,
Эңкейтип адам алабы?
Бурутка бүткөн туу экен,
Каканчылуу Бээжинге
Башына түшкөн чуу экен!
Билеги жоон, таш жүрөк
Кайдан чыга калды экен,

Бил мүчөлүү бадирек!
Болоттон кылган чокморун
Коройтуп өөдө аштаган,
Койгулашса сан колго
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулаша кеткенди
Коёндой жерге жанчтаган.
Кабагы терең быткылдай,
Кызыталак бул канкор
Кармашканды жуткудай.
Мурунy буткул сеңирдей,
Кызыталак бул бурут
Булкушканды жегидей.
Биздин кытай Бээжинди,
Кыйырымды Кызыр чалсачы,
Кыйын экен бул Манас
Кытайда туулуп калсачы!
Биздин кытай Бээжинде
Тең келүүчү теңи жок
Теги, буркум, кантейин,
Ушул бурут шайтанга
Тең сайышар эри жок!
Теңелишсек бул бурут
Теңселтип айдап имерет,
Теги, Жолой, сак болчу,
Тобуңду чечип жиберет!
Белгилүү экен, шер экен,
Мендеден бөлөк көрүнөт.
Оң жагын душман түк чалбайт,
Ойронуң чыккан Манаска
Укурук кайырар түк калбайт.
Жолдошу чилтен сексен төрт,
Кызыталак канкордун
Серп салган жагы кызыл өрт.
Кармаш кылсак, бул канкор
Как төбөдөн түшпөсүн,
Катылганды талкалап,
Канды суудай ичпесин!
Берен да экен, шер да экен,
Бет алганды коёбу,
Арманда болуп өлбөйлү,
Алышса канга тоёбу?
Акыл ойлоп, иш иштеп,
Алышпай колду тыйсакчы,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Каканчындын Бээжиндин
Калың колун жыйсакчы!
Каптап уруш салсакчы,

Зыйкырчыны чакырып,
Анан байлап алсакчы,
Карап көрчү Манасты
Казандай кара бөркү бар,
Ааламдын баарысын
Буй кылуучу эрки бар!»
Анда Жолой муну айтат,
Адам билгис шумду айтат:
«Улугум Эсен жиберди,
Урушпай кантип кетебиз?
Урушпай кетсек окустан,
Манастан коркуп келдиң - деп,
Кан Эсенкан төрөбүз
Кырып салат кокустан.
Мындан башта Эсенкан
Эпсиз буйрук кылганда
Каман алп, Дөңгө балбан бар,
Үйүң күйгөн бурутка
Үтүрөңдөп көп жандар
Каптап кирип уруштук.
Бурутту байлап алууга,
Каарды катуу баштады,
Дөңгө, Каман алпыңды
Такыр кырып таштады.
Кейишти кенен баштады,
Кечилдерди кырдырып,
Өз билгенин кылыптыр,
Колго түшкөн кечилге
Каарды катуу баштаптыр,
Катуу кылып кордукту
Каясын кесип таштаптыр.
Үч калайман бир салды,
Жылкым эмес, бул бурут
Үкүрүм тийип бир алды.
Бул канкордун өзүнө
Катылып көрдүм азапты.
Өзүмө өзүм ээ болсом,
Катылбайт элем канкорго.
Кармашпайт элем мен өзүм,
Ал өңдөнгөн анткорго».
Эзкара сынап күйүнүп,
Каптап келген көп аскер
Кайран жандан түңүлүп,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Коржойтуп Манас көк жалды
Каптамак болду көп улук.
Керженңдеген капырлар
Эсенкан буйрук кылган соң,

Чынмачындан, Бээжинден
Келиптир эчен баатырлар
Керикке окту артышып,
Керней, сурнай тартышып,
Келгендер карап турабы,
Кериш баштап, чыр салбай
Кытайды кудай урабы!
Буйрук алган канынан,
Улук экен Эсенкан
Ант ичкен экен абыдан.
Кан ичүүчү балбаны
Калайман салып, чуу тартып,
Каптап жөнөп калганы,
Калкы Алтайдан көчөрдө
Канкордун кылган жаңжалы.
Ойлонду кытай жетүүгө,
Орой тууган канкорду
Ойрон кылып өтүүгө,
Чамасы келсе чапчышып,
Каканга байлап кетүүгө.
Ат көтөргүс жөөсү бар,
Алпы менен дөөсү бар,
Кутургандай жулкунуп,
Кынжыдагы балбаны
Кызыр чалган көк жалды
Кыжылдап каптап калганы.
Чоң мергенден Каражой
Чогултуп колун катуу айдап,
Жөө күлүгүн бат айдап,
Кашат менен камынды.
Кара жалдуу Бороончу,
Чоюнбаш чабар балбаны
Мыктыдан миң кол алганы,
Канкоруңду карата
Каптап жүрүп калганы.
Калмактардын Жолою
Айзага камбыл ыктуусу,
Айдаган экен жөн турбай
Адис сайгыч мыктуусу.
Керик минген чоң Дөөдүр
Уруш десе сүйүнгөн,
Уйпалгыр түрү мына бул -
Көпкөк темир кийинген,
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Суу ич десе, уу ичкен,
Адамдан коркуп тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган.
Берендери белгилүү
Бет алышып турушуп,

Беттешмек болду урушуп,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жабылмак болду Манаска
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Артыгы бар, алпы бар,
Артыкча каптап урушуп,
Кете турган салты бар,
Керик минип, бил минип,
Келген экен каркыбар.
Мылтык атып, жаа тартса
Мергендикке баркы бар,
Кара мылтык карс этсе -
Качпай турган эри бар,
Чогоол мылтык чорт этсе -
Чочуп кетпес эри бар.
Чоң канынын алдынан
Манасты байлап келүүгө,
Тартуу кылып берүүгө,
Камынган экен абыдан.
Ат көтөргүс дөөлөрдү,
Жумшаган экен Эсенкан
Аттан күлүк жөөлөрдү.
Бет алышчу кандарды,
Жиберген экен Эсенкан
Адамдын алы жетпеген
Ала-Тоодой балбанды.
Жайкы семиз букадай
Барбайганын жиберген,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Дардайганын жиберген.
Катуу кыргын кармашты
Салуучуларды жиберген,
Тиктегенин тим байлап,
Алуучуларды жиберген.
Манасты көздөй бет алып,
Баарысы айза көтөрүп,
Каарды катуу салды эми,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Каптап жүрүп калды эми!
Тору ала желек булгалап,
Таптап калган кези экен
Аламан коюп калың кол,
Каптап калган кези экен.
Чокморчондор бетинде
Чоң балбандар четинде,
Кылыччандар бетинде,
Кыжылдаган капырдын,
Кыйладан күчтүү баатырдын
Кыйындары четинде.

Зулпукор, соотун камдашып,
Калган экен капырлар
Бирөөнү бирөө айдашып,
Дүркүн-дүркүн бөлүнүп,
Түмөн кол жайнап көрүнүп,
Көктөн мунар бөлүнүп,
Жабылганда жаң-жуңу
Жан койбостой көрүнүп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Он башылар ороктоп,
Элүү башы, жүз башы
Туш-тушунан жүгүрүп,
Миң башынын баарысы
Кайран жандан түңүлүп,
Калайман түшө калганы,
Каптап кытай алганы.
Тим эле койсо бул кытай
Кара жанды аябай,
Каптап кытай калганы.
Каарын карап отурса
Манасты байлап алганы,
Кармап эле оруна
Тартып барар ою бар,
Эсенкандын колуна
Манасты байлап берүүгө,
Баары кытай жабылып,
Калган экен кайрыдин,
Жаа тарткны жаа тартып,
Жабылды Манас эрине.
Тирүү адам көрбөсүн,
Мындай зордук мүшкүлдү
Мендесине бербесин
Калдайы бар, каны бар
Кан Манасты калың кол
Каптаган экен абыдан
Каптаганын көргөн соң
Колдун артын Эзкара
Кордоп айдап берген соң
Улуктары, кандары
Кол баштаган жандары
Бирөөнү бирөө сүрөшүп,
Канкор Манас көк жалдын
Кармаарын чогуу тилешип,
Эзкара, Жолой муну айтып
Бадана кийген балбанын
Балбандарын, эрлерин:
«Баса каптап баргыла,

Кызыталак бурутту
Койбой байлап алгыла,
Кордукту койдой салгыла!
Бирөөң тийбей, миңиң тий,
Чабалың коюп, ыктууң тий,
Айзакерден акылман
Аябаган мыктууң тий!
Эрениң тий, каның тий,
Энеңдин көрү бурутка
Бириң калбай баарың тий!
Бет алып айза суна көр,
Жабыла кылыч чаба көр,
Көөдөк Манас бурутту
Көрүнөө байлап ала көр!
Кечээ, Орто-Бээжин оюнда,
Эсенкандын тоюнда,
Эсенкан кебин уктуңар,
Темир аркан торчондор,
Тегиз канжар колчондор,
Тыргоотуң тыйпыл чыктыңар,
Тамашасын, бузугун
Эсенкандын уктуңар!
Айзакерден мыктылар,
Атаңдын көрү, бурутка
Жабылып айза сайгыла,
Күрсүлүү, чокмор балбандар
Эселек балбан бурутка
Бет алып чокмор чапкыла,
Калкты кырган канкорду,
Кара нээт анткорду
Эсебин эптеп тапкыла,
Эсебин чогуу кылгыла,
Күрсү, чокмор, колчонуң,
Качпай каршы тургула!
Көөдөгүңөр өлгүлө,
Өлгөнүңдөн калганың
Көөдөк Манас бурутту
Кетирбей байлап бергиле!
Кокус Манас кутулса,
Билген чырым кыламын,
Атаңдын көрү, балбандар,
Бириңди койбой кырамын!
Кыйындарың соромун,
Кыйындарыңды талкалап,
Кыргын кылып коёмун.
Силер милек, ал жалгыз
Куткарып ийсең оңобу,
Коржоктогон кокуйду
Кетиргенде болобу?

Айда, айда, айда - деп,
Бурутту каптап жайла - деп,
Кырк баласын кыргын - деп,
Кызыкты мындай кылгын - деп,
Балааны башка салгын - деп,
Улугуң айткан Манасты,
Уруш кылчу канкорду
Каканчындын, Бээжиндин
Уясын бузчу анткорду,
Кордукту койдой салгыла,
Койбой байлап алгыла!
Эсенканың айткан кеп
Каар салып канкорго
Эсебин эми тапкыла,
Бир айласын кылгыла!
Каканчындан, Бээжинден
Балбан да экен, эр да экен.
Наамды мындан алабыз,
Кызыталак канкорго
Чама келбей чалдырып,
Балбандын баарын алдырып,
Каарды бүлүк кылдырып,
Катылганды кырдырып,
Кантип тирүү калабыз?
Кармабасак Манасты,
Кан Эсендин алдына
Кандай жооп айтып барабыз?
Каптап кирип канкорду
Чапчышып чаркың келбесе,
Кырылып чогуу өлөлү,
Өлбөй-житпей баарыбыз
Кан Эсенкан төрөгө
Кандайча жооп берели?!
Канга куру баргыча
Такыр калбай өлөлү
Аты угулган канкорду
Ал Эсенкан баашага
Кармап тирүү берели.
Айза сайып бакырып,
Туш-туштан сайып түртөлү,
Туура көк жал Манастын
Бир бокчосун тинтели.
Эрикпей айза саялы,
Керилип күрсү чабалы,
Керишке келген канкордун
Бир эсебин табалы.
Алтай тоосун бөксөлөп,
Желбегендей кылалык,
Арбып кайра ок атып,

Атаңдын көрү, бул бурут
Мындан кийин Каканга
Келбегендей кылалык.
Бир эсебин табалык,
Капкайда жинин кагалык.
Далбаадай сабап далдайтып,
Бузукту сүйгөн канкордун
Бир эсебин табалык.
Коржолоңдоп күч кылса,
Тирүү койбой жайлайлык,
Бул балбандын ичинде
Алпың далай, бөрүң бар,
Акылга дыйкан Эзкара
Айткан сөзүм билип ал!
Алакөөдөн Маңкуш эр,
Айтканым ушу билип ал!
Жаманың жок, ыктуусуң
Жалаң бирөөң миң колдук,
Жалаңкычтай мыктуусуң.
Бээжинде Эсенканыңдын
Бел байлаган белисиң,
Кылым кытай журтунун
Бек ишенген эрисиң.
Эр - деп, сынап жактырган
Бээлегиле, балбандар,
Бек Эсенкан улугуң
Казынага бактырган,
Алышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Кынжыңды чечип мойнуңдан
Кыйын жоого жумшады.
Жапайы канкор буруттан
Көрбөй кантип калалы,
Көп ишенип жиберди,
Көк жал экен Эсенкан
Бир бузукту буруттан
Көрбөй кантип калалы!
Тирүү болбой кырылып,
Өлбөй кантип баралы!
Алдырып салсак бурутка,
Чочусаң кайрат кылыңыз,
Куру барсак Эсенге
Уят болот мунубуз!»
Баарысын катар жүргүзүп,
Жолой менен Эзкара
Баатырлыгын билгизип,
Балбандар муну уккан соң,
Айбалта колго алганы,

Айтылуу Манас көк жалга
Абийириң кеткен көп кытай
Аламан коюп калганы.
Караса көзгө илинбейт,
Кудай бетин көрсөтпө,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбейт.
Жалаң көк жал ыктуусу,
Каптаган экен Манасты
Какандан келген мыктуусу.
Кайраты мол эрени,
Ар кимиси бир тоодой
Качпай турган берени,
Жонумдуусу бетинде,
Эзкара, Жолой четинде
Аламан коюп, айза уруп,
Түмөндөп каптап кеткени.
Айлансам болот кудайга,
Куп ыраазы сөзүнө,
Ошпурдун уулу Кутубий
Кутман экен карачы,
Курган Манас өзүнө.
Кутубий туруп муну айтат,
Курчаган жоону көргөндө:
«Каралды, Манас, жан достум,
Алтайда туулуп шор болдуң,
Биттейимде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Кенедейде кезиккен
Жаныңда достуң мен болдум.
Алтайда ойноп туулган,
Зордукчу кара кытайга
Бир салалы чуулган.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча
Мыктап алты ай салышып,
Айза имерип, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Маңдайлашып өлүшүп,
Бар жалгыздын жазганын
Төбөгө келсе көрүшүп,
Көп каптаган капырга
Көп уруша берели,
Өлүп калбай капырга
Көчтү кантип берели!
Күчөгөн экен бул манжуу
Астын тозо турушуп,
Алдырбайлык амызды
Алты айга тынбай урушуп,

Улугу заардуу канына
Урушуп айдап кирели,
Уйпалдырып кытайды
Эсенкандын алдына!
Азыраак ичте арманым -
Кыжылдаган кытайда
Кырк түтүн болуп калганым,
Бел байлаган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Өлүп калсам кытайдан
Жараткан жалгыз көөнүм ток».
Ошондо Манас кабылан
Кутубий кебин уккан соң:
«Кейибе, Кутум, кейибе!
Тулпар тандап минели,
Кумурскадай кытайды
Курутуп, айдап сүрөлү!
Бул Алтайдын бөксөсү
Кокуй, Кутум, не дейсиң,
Жүрбөй турган жер беле?»
Ошону айтып эр Манас
Оозунан жалын бөлүндү,
Кайра тартпай урушаар
Кан ичме түрү көрүндү.
Аркы кайкы белести
Ашты Манас адуулап,
Астындагы Торучаар
Ок өтпөс менен жабуулап,
Жоону көздөй бет алса
Жолдошу Кызыр экөөлөп,
Оңжоңдотуп чаар атын
Кырк чилтендер жетелеп,
Чилтендин бири сур жолборс
Асты жакта чамынып,
Айкөл кирди согушка
Айза сунуп камынып,
Берен да ошол, бел ошол
Бет алышып кытайга
Бейпайлаган жер ошол.
Кум-Кашаттын мойнокто
Кутубий бар жанында,
Кыраан Манас чыкканда,
Жер жайнаган мунарык
Туманбы десе чаң экен,
Айдай сары өзгөчө
Талаа десе эл экен,
Топтоп жаткан көп караан
Токойбу? - деп таң калса
Толкуган кытай эл экен.

Жылт-жулт этип көрүнгөн
Жылдызбы десе от экен,
Туура тарткан кара кыр
Кара кыр десе, бел экен,
Ал кара кыр үстүндө
Кайнаган кытай эл экен.
Мунарыктуу жерди көр,
Бурулбай колду салуучу
Баягы кытай элди көр!
Бээжиндин каны Эсенкан
Калдайын катуу жыйыптыр,
Канкорду байлап келгин - деп,
Катуу буйрук кылыптыр.
Желдет каптап жетиптир,
Кытай, калмак, манжууга
Жер көрүнбөй кетиптир.
Карыпчысын калдайтып,
Көптүгүнөн кытайдын
Күн көрүнбөй калыптыр.
Каканчындын калкы экен,
Канча түрдүү алп экен,
Каны буйрук кылганда
Ай-ааламды буй кылган
Ал капырдын салты экен.
Топурак учкан белди көр,
Ошондо жердин үстүндө
Толкуган кытай элди көр!
Улугу менен Эсенкан
Ушундай буйрук кылыптыр,
Кулак угуп, көз көргөн
Балбандын баарын жыйыптыр.
Чынмачындын шаарынан
Чын сынчысын алыптыр,
Малча айдап кутургур
Чубатууга салыптыр.
Балбанын жыйып алыптыр,
Барбаймын деген адамдын
Ошондо башын алыптыр.
Бир башы миңге татыган
Ыктууларды жиберген,
Арды көмө муштаган
Мыктыларды жиберген.
Касаба туусу калкылдап,
Күчтүүсү каптап калыптыр.
Ошо кезде Манастын
Боконо сөөгү болуптур,
Болжоп көрсө кабылан
Опол-тоодой толуптур.
Манас, Манас болуптур,

Тозбос тонду кийиптир,
Торучаарды миниптир,
Жеткен жери Каканчын,
Темир аркан торуна
Жетигиң эми кол салды,
Эсенкандын колуна.
Жекене белге курчанып,
Канкордун жайы ушундай,
Жер жайнаган кытайга
Жеке кирди кол салып,
Айза сайып, Балтай чаап,
Жаралаша кетти эми,
Жер жайнаган кытайга
Жеке төрөң кол салып,
Аралаша кетти эми.
Берендин жайы ушундай,
Арбагы күчтүү аты оор
Аралап кол салганы.
Астында манжуу түмөн кол.
Айбаты бийик, заары күч,
Аңтара сайып алптарын
Арсланың кылды эми түз.
Эңкейгенде эр сайып,
Канкордун жайы ушундай,
Эченин катар тең сайып,
Торучаар менен чуратып,
Тоодой-таштай балбанын
Тоңкойто сайып кулатып,
Торучаар тулпар туйлатып,
Толгондорун сулатып,
Торучаарын ойнотуп,
Толуп жаткан кытайдын
Тобун чечти сойлотуп,
Берен Жакып, Акбалтай
Белекке берген чарайна
Бекем башка орнотуп,
Бет алганын сойлотуп.
Айза жеткен жерлерин
Айза менен аңтарып,
Кызып жакын келгенин
Кылыч менен кыйратып,
Толгоп айза имерип,
Толкуп келген кытайдын
Тобун чечип жиберип.
Дүнүйөнү караса
Мунарык түшүп, чаң болуп,
Кокту менен аккан кан
Оргуп булак кан болуп,
Ары балбан, ары шер

Алтайдан журту көчкөндө
Кыраанын Манас барында
Кырылышкан ошо жер.
Дөөсү - бөтөн, алпы - шер
Көргөнгө кызык беттешип,
Кыраанын Манас барында
Кырылышкан ошо жер.
Кыйкырып айза сунушуп,
Кагыш мындай боло албайт.
Канчалык күнү урушуп.
Уруш кылган себеби
Зордукту кытай кылганда,
Аз түтүндү алууга,
Кармап алса Манасты
Курмандыкка чалууга,
Билген чырын кылууга,
Колго Манас түшкөн соң,
Алакандай бусурман
Айдап алып баарысын
Мекеге чейин кыруугa,
Кара кытай, манжуунун
Айтканына көнөбү?
Ажал жетсе окко учпай,
Кыргыз болгон кыргызды
Кыраан Манас береби?
Канкор канга тоёбу,
Кайнаган манжуу эл менен
Кармаш кылбай коёбу?
Канга тойбой эрдиги
Каканчынга белгилүү,
Кабыландын шердиги.
Эрдиги журтка билинген,
Алты жыл мурун Бээжиндин
Манас шер туулат эми - деп,
Даңзасына чийилген.
Билгич экен Карыкан:
«Буруттан Манас чыгат» - деп,
Калкына айтып жүрүптүр.
Кебетесин, келбетин
Каканчындын Бээжиндин
Чоң даңзага чийиптир.
Улуктары чогулуп,
Улук кептен баштаптыр,
Улук Манас туулганда
Каканчындын Бээжинге
Сексен күнү жамгыр жаап,
Катуу болуп зилзала
Бузулуп кете таштаптыр.
Телегейи кең экен,

Теги көк жал бул бурут
Бусурмандын шери экен.
Токтолбой айза имерип,
Толкуп келген кытайдын
Тобун чечип жиберип,
Жанында жолдош кырк бала
Айза сайып, кылыч чаап
Айкөл Манас, канкор шер
Чууга кирип кеткенде,
Адам көргүс бир үлкөн
Дууга кирип кеткенде,
Балбандарын сойройтуп,
Кыргынды кызык салыптыр,
Кызыр чалган көк жалды
Кырк бала көрбөй калыптыр,
Калмактардан кан Жолой,
Кара жалдуу Бороончу
Чоң Алтайдын бетинен
Кара суунун четинен,
Кезиккен экен кутургур
Кырк баланын өзүнө.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Кырк баланы каптаптыр.
Айзакерден Бороончу,
Артык балбан эр Жолой
Как ортого алыптыр,
Кыргындашып урушуп,
Кыргынды кызык салыптыр.
Кезигерге кезикпей,
Кез болбоско кезигип,
Кешиги такыр катыптыр.
Кызырдуу анын жолдошу,
Кара кылган кырк бала
Кыргын болуп жатыптыр.
Кырылбаска чаркы жок.
Бакырлыгы сында жок.
Арслан Манас кабылан,
Ажыратып алууга
Азыркысын алда жок.
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү Манас шери жок.
Балбан каптап толуптур,
Атаңдын көрү алакчы
Көк жалыңдын жөөкөрү
Кырк бала шейит болуптур.
Кырк баланын өлгөнүн
Кыраан Куту көрүптүр.
Көөдөнгө батпай көп санаа,

Кутмандуу баатыр Кутубий
Көзүнүн жашы он талаа,
Өлгөнүн булар көрүптүр.
Көрө салып Кутубий
Тегиз белин курчанып,
Жолой менен Бороончу
Балбандарга кол салып,
Телкүрөң оозун ийиптир,
Кыраанын Куту кириптир.
Тегерегин карабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Эңкейиште эр сайып,
Темирден айза имерип,
Кыргын салып жиберип,
Бияк жагын караса
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Катылганды жегидей,
Калдайына кол салып,
Согуш кылып барганы,
Боз качыр менен Бороончу
Кутубийдин алдынан
Катар чыга калганы.
Кутмандуусу куп бөлөк,
Кургуруң жолдош Манаска,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Кеби шекер, сөзү бал
Кериштен кайра тартпаган,
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча
Жетик баатыр Кутубий
Жебеден мурун жетти эле,
Кара жаалдуу калмакты
Кисенин бери жак чети - деп,
Өпкөнүн өлчөө бети - деп,
Муштап келип өттү эле.
Улуксунган эр экен,
Урулуу кытай Бээжин журт
Бороончу баатыр дээр экен.
Кутубий муштап өткөндө,
Ээринен эр тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Көзү кетип алактап,
Буту кетип салактап,
Курап кылган болоттон,
Куп кылдырган сыр найза
Болотун болжоп билүүчү,
Таш муштаса тайгылбас

Баткактан бетер кирүүчү,
Айза менен койгондо
Бороончуга жетиптир,
Өпкөнүн орто дал жерин
Жара коюп өтүптүр.
«Кымбаттуубуз өлдү - деп,
Кыямат жүзүн көрдү» - деп,
Көргөн жерде Эзкара
Ачуусу келип кетиптир.
Кан эмеспи Эзкара
Калдайларын бакырып,
Канчаларын чакырып,
Каарданып балбанга
Катуулап жини келиптир.
Төбө чачы сүксөйүп,
Кежиге чачы үксөйүп,
Тим тура албай күүлөндү,
Балбандарга сүйлөндү:
«Айтканым туура азыр бил,
Балбан болбой жерге кир!
Баатырдыгың бир канча,
Балбандыгың бир башка
Жаа-саадагын чалдырып,
Кыйын балбан Бороончу
Бул бурутка алдырып,
Улукту кантип көрөбүз,
Кыргын болуп, чогуу өлбөй
Кызыталак Эсенкан
Каары башка кан эле,
Ошо кандын алдына
Калк кырылып, журт дүрбөп,
Кырдырып салдык эрге -деп,
Кырылбастан тирүүлөй
Кайраты катуу зор кандын
Кантип жүзүн көрөбүз?
Бул өрттөнгөн бурутка
Кыйырдан кыйгач чалдырып,
Кыйындардын баарысын
Буруттарга алдырып,
Уялбай кантип кетебиз,
Улуктун бирөөн өлтүрүп,
Кырылышып өлүшпөй,
Не мураска жетебиз?
Андан көрө бурутту
Жер алдына таптайлы,
Бирөөн койбой бурутту
Жер чапчыган букадай
Жемирилте сүрөлү,
Тирүү койбой мунуңду

Чымындай жанын үзөлү!»
Эзкара кебин эп көрдү,
Балбандар тилин алганы,
Ошо Кутубийинди
Каптап эле жүрүп калганы.
Улугу бар, каны бар,
Эрендердин баары бар,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары кошо бар,
Кармашса жанды койбогон,
Урушса канга тойбогон,
Кайран Дөөдүр дагы бар.
Саадакчаны, жаачаны,
Айзачаны, балбаны
Ортосуна алганы,
Оён Манас шери жок,
Ортодо Куту калганы.
Айбалтачан балбаны,
Айзакерден ыктуусу,
Жоого мыкты даңгылы,
Карыпчы кийген кандары
Калайман кылып, чуу тартып,
Каптап жатып калганы.
Катуулады капырдын
Албан түрдүү балбаны.
Булуңгур жаап буркурап,
Туш-туш жагын карасаң
Жаанын огу чыркырап,
Эпсиз аскер жабылып,
Бозуп чыккан кези экен.
Шибээлерден Тагылык
Кайраттуу балбан көп улук
Тосуп чыккан кези экен.
Эр кайраты башкача
Озуп чыккан кези экен,
Жамгыры кылып жаа тартып,
Таптап келип өттү эле,
Калмактын Жолой балбаны
Каптап жатып калганы.
Манжуулардан Эзкара
Каптатып колун салды эле.
Кайраты калың ыктуусу,
Кайран Кутубийинди
Каптап жатып калды эле
Чоюнбаш алган балбаны
Чогуу эле каптап калганы.
Кайнап кытай жүгүрүп,
Күрсү, чокмор урганда,
Кайнап кетип калмактар

Акыр заман кылганда
Кайран жандан түңүлүп,
Кутман жолдош Кутубий
Куп жанынан түңүлүп,
Минтип турган себеби -
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Куртчалык кытай журтту көр!
Жер жайнады кыжырап,
Жетти кытай быжырап,
Жер жайнаган чаң жетти,
Жетип кытай кол салса,
Кутубийден ал кетти.
Төш таянар бели жок,
Төштүк, Манас шери жок,
Чапчышарга чама жок,
Жалгандыгы билинди
Ушундай экен дүйнө шок!
Эш кылган эчен каны жок,
Тозокту кытай салганда,
Ажыратып алууга
Тоодою Манас дагы жок.
Кара кылган бирөө жок,
Катуу мүшкүл иш келди.
Калайманды баштады,
Кан Жолой баштап жетик алп
Жетип айза сайганда
Телкызыл аттан теңселип,
Теги балбан көйкашка,
Кутман экен Кутубий,
Учуп кете таштады.
Жер жайнап кытай кетет - деп,
Уктаса болбос ушу түш,
Кытай милек, бул жалгыз
Кымбаты Манас мында жок,
Кылымда барбы ушул иш!?
Кармашканы Каканчын
Буйрук алып канынан
Катуу мүшкүл баштаптыр.
Кулачаар менен аргытып,
Кыраанын Манас шерине
Кыжылдап балбан кабылды,
Аз гана эмес, чоң жаңжал
Кырылыш мындан табылды.
Жолдош кылган кырк бала
Кыргын болуп окко учуп,
Кыраан Манас көк жалдын
Как алдынан табылды.

Кечээ, кара калмак, манжууга
Калайманды салды эле,
Кырк үйлүүдөн кырк бала
Кызыр салган кыраанын,
Жолдош кылып алды эле.
Каптап кытай жетиптир,
Кыраан Манас жогунда,
Кырк баланы кытайлар
Кыргын кылып кетиптир.
Чолойткон экен кебимди,
Чогуусу менен өлтүрүп,
Сындырган экен белимди.
Кызыкты кытай баштаптыр,
Караан кылган кырк бала
Кызыталак бул чочко,
Кыргын кылып таштаптыр.
Кашкайта көзүн ойду экен:
«Кутман жолдош Кутубий
Кургурду кайда койду экен,
Кызык кылып шордууну
Кайда сөөгүн койду экен?
Кудурет берген Кутубий
Куп уккан менин сөзүмө,
Кутман болгон өзүмө,
Куптап кытай чогулуп,
Тегеректеп алды бекен,
Кургурумду сойлотуп,
Кай жерге союп салды экен?!
Каза жетсе өлөйүн,
Зордукчу кара калмакка
Согуш кылып көрөйүн,
Атышты арбын салайын,
Алты айга тынбай кармашып,
Кутман эле Кутубий
Кургурум тирүү бар болсо,
Ажыратып алайын.
Кара кытай, манжууга
Кармашты катуу салайын,
Күчтүүсүнгөн кытайдын
Күнүгө жинин кагайын!
Күчкө салган калмактын
Бир эсебин табайын,
Бет алган кара калмакка
Бет алып кыргын салайын!
Кымбатым Кутубийимди,
Тирүү болсо кыраанды
Ажыратып алайын!» -
Деп, ошентип, Манас кан
Кашаттуу кылыч болжошу,

Кыйналып жаткан Кутубий
Кыраан Манас көк жалдын
Кыяматтык жолдошу.
Каардуу балбан, камбыл шер
Кутубий жок деп, кыраанын
Калмакка кирген ошо жер.
Астындагы Торучаар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оңураңдап, конжоңдоп,
Олоктоп карап барбактап,
Астында тулпар малы бар,
Ааламды Айкөл шер
Айдай турган алы бар.
Берен да ошол, шер да ошол,
Бет алган жерден кан ичкен,
Белгилүү Манас эр да ошол.
Колдогону - бир тогуз,
Колдоп калган чагы экен,
Кырк чилтен, кызыр Ниязы
Кызырдуу Манас көк жалга
Жолдош болгон табы экен.
Берен да ошол, бел да ошол,
Белгилүү көк жал шер да ошол.
Ээр белдей урчукту
Эңкейип Манас караса
Кыжылдап калмак жетиптир,
Кыраны Куту көк жалды
Кырк эки курчап кетиптир.
Анча Айкөл барбаса
Айзачаны короктоп,
Айбалтачан мыктысы
Каптаган экен сороктоп,
Жадаткан темир колчону
Жакындашып калыптыр,
Кутмандуу Кутубийиңе
Жетип байлап алууга
Желигип чукул калыптыр.
Мыктылары мыкчыйып,
Айзакерден ыкчыйып,
Мергендери бет алып,
Саадагын мыктап сунуптур.
Кутман Кутубийиңди
Куп азапка салыптыр,
Кутурган Жолой, Эзкара
Тегеректеп алыптыр
Курутардай Кутуну
Каптап жатып калыптыр.
Туш-туштан сан кол жүгүргөн,
Каары күчтүү балбаны

Кармай турган болуптур,
Каптап кирип ал кытай
Кайран Кутубийиңди
Байлай турган болуптур.
Кумурскадай кылкылдап,
Курчаган экен былкылдап,
Балбанынын тартканы
Алеңгир жаа, сыр жебе
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жебесин чоюп ок атып,
Жеткени кытай калыптыр.
Топурак учуп жөлөнүп,
Кытай каптап кеткен соң
Кысталган экен Кутубий
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Чуу салып кытай жүгүрүп,
Кадыр Алда кудурет.
Ыйман бере көргүн - деп,
Кайран жандан түңүлүп,
Кубаты келбей баатырга,
Курчаган кытай капырга
Көзү кеткен алактап,
Буту кеткен салактап,
Көп кордукту кытайдан
Көрмөк болгон кези экен,
Көк жалыңдын Кутубий
Көп ажаандай кытайдан
Өлмөк болгон кези экен!
Күптүү болгон эмедей
Жумулбай көзү киртейген,
Кытай каптап, кол салып,
Аз эле болсо Кутуга
Жетимиш айза бир тийген.
Кармоого кытай умтулган,
Канжыга болуп тытылып,
Кутунун сооту жыртылган,
Чамасы кеткен Кутуга
Сандаган кытай умтулган.
Кыргынды кызык салайын,
Кутубийди куткарып,
Жолдош кылып алайын,
Карааным жок, белим жок
Кантип жалгыз калайын!
Кытайды кырган шер кылдың,
Кыраандардан айрылсам,
Кудурет сага не кылдым?
Торучаар санга бир салып,
Тоо сыяктуу оңкоңдоп,
Толгоп айза колго алып,

Толкуп жаткан кытайга
Токтобой Манас кол салып,
Серпишип Манас жетти эле,
Жер жайнаган көп колго
Аралаша кетти эле.
Чалма урууччу жандарын,
Айбалта чабар балбанын,
Темир аркан торчонун,
Тегиз канжар колчонун
Теңизиң Манас жетти эле,
Жеткен жерде баарысын
Көмө коюп өттү эле.
Ат көтөргүс алптарын
Атынан сайды кулатып,
Кайраттуусун, эрлерин
Көмө сайды сырайтып,
Каарданып бакырып,
Кара курттай манжууну
Айдап чыкты сапырып,
Катылып менде жеңеби,
Канкор тууган беренге
Кармашкан тең келеби!
Желигип белин курчанып,
Жер жайнаган капырга
Желиккен Жолой, Эзкара
Бул сыяктуу баатырга
Жеке кирди кол салып,
Темир аркан торчонун,
Тегиз канжар колчонун
Манас кан кырып басканын,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Манастын түрүн көргөндө
Баатырлары шашканы.
«Үйүң күйгөн бул канкор,
Өлтүрүп түпкө жетет -деп,
Кыргын кылып баарыңды
Кыйратып кырып кетет» - деп,
Колдон чыга качканы.
Качып калган себеби -
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Көк жалыңдын бир башы
Көп адамдай көрүндү.
Бет алдынан караса
Берениңдин өзүндө
Беш арсландын сүрү бар,
Капталынан караса
Ажыдаардын түрү бар.
Айкырыгы таш жарып,
Айдап келген кези экен,

Кан агызып, жин төгүп
Кара калмак, манжууну
Жайлап келген кези экен.
Жетигиң жетип айза уруп,
Айланы артык мол кылып,
Айза жеткен балбаны
Аттан кулап тырайып,
Төөдөй-таштай балбаны
Кыргын болду сырайып,
Көргөндүн болбой арманы.
Кутубийдин айынан
Кытай менен беттешип,
Зайыппуруш Манастын
Калмакка салган жаңжалы.
Токтобой айза имерип,
Толгон кара манжууну
Тобун чечип жиберип,
Алышып жакын келгенин
Айбалталап токмоктоп,
Ат оюнчу балбандар
Алапайын табалбай,
Качып жүрөт шокшоктоп,
Жети жүзүн майдалап,
Алысыраак балбанын
Артынан кууду айзалап,
Торучаар тулпар чуратып,
Алп-дөөсүнүн баарысын
Айкөлүң кирди кулатып,
Кең Алтайдын урчугу -
Урчукка качып жөлөндү,
Өлбөй аман качканы
Кыпкызыл канга бөлөндү.
Көк мунарык күйгөн чаң,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кырылды кытай эчен жан.
Ааламга татуучу
Айкөлүң жаңжал салганы,
Кутман болсо Кутубий,
Курган Манас кыраанын
Ажыратып алганы.
Кара талдай капырды
Кайра сайып кубалап,
Каканды көздөй жапырды.
Орто жерин эр көк жал
Оюп келип берди эле,
Тегерегин Кутубий
Союп келип берди эле.
Калдай жагын кан Манас
Камап келип берди эле,

Как ортосун Кутубий
Сабап келип берди эле.
Орто жерин Кутубий
Оруп чыгып келатат,
Аркасынан калмакты
Арслан Манас кабылан
Бирөөн аман таштабай,
Соруп чыгып келатат.
Калдайлары калдактап,
Качып алган кези экен.
Качкан жоону куткарбай,
Арслан Манас, Кутубий
Басып алган кези экен.
Өз билгенин өткөрө
Кылып салган кези экен,
Кыжылдаган кытайды
Кыраан Манас ошондо
Кырып салган кени экен.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түштү,
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү боо түштү.
Түзөңдүн баары чаң болуп,
Кокту-чуңкур жерлери
Аккан кызыл кан болуп,
Алапайын таба албай,
Берен тууган шериңе
Бет алып айза сая албай,
Өкүмсүгөн манжуу журт
Өз дүйнөсүн чачты эле,
Чымындай жандан түңүлүп,
Алп-дөөсүнүн баарысы
Айласын таппай шашты эле.
Эчен күлүк тулпардын
Ээри түшүп бооруна,
Мойноп жүргөн мындан көп.
Жакынынан айрылып,
Канкордон кыргын болдук - деп,
Боздоп жүргөн андан көп.
Куюшканы үзүлүп,
Куп айласын таба албай,
Шашып жүргөн мындан көп.
Айзаларын жоготуп,
Аманат жандан чопчогуу
Түңүлгөнү мындан көп.
Кошу ооп колжоктоп,
Токтоп жүргөн мындан көп.
Ай-талаада адашып,
Алапайын таба албай,

Боздоп жүргөн мындан көп.
Кызыкты көрсөң мындан көр,
Кыраан Манас, Кутубий
Кырып-союп, сапырып,
Ай-талаада калганы
Алапайын таба албай:
«Мен калдым!» - деп бакырып,
Өөдө-төмөн карабай,
Өткөрө жанын аябай,
Өкүм тууган кабылан
Кууган экен сапырып.
Манжуу качып, дыр коюп,
Алтай тоосун жакалап,
Аркасынан эр Манас
Айдап кырып, бакалап,
Өкүмсүгөн манжуулар
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Өлгөнүнөн калганы
Өбөктөй минип атына,
Өкүрүп алып качыптыр.
Кара калмак, манжуулар
Катуу үркүп аяныл,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Ушинтип качып короктоп,
Өөдө-төмөн сороктоп,
Калдайларын кырдырып,
Аттарын олжо кылдырып,
Артынан кууп кырганга
Эригип Манас аянбай,
Өлгөнүнөн калганы
Кең Алтайдын туура кыр -
Кара-Тоону таянды.
Таянып качып барганда
Эр Манаска баш тартып,
Эзкара келди элчиге.

## 13 Эзкара Манастан үч күн уруш токтот деп, үч күн нөөмөт сураганы (дем алыш)

«Баатыр Манас, көк жал шер
Кармашкан кыйын дөөлөрдүн
Баарысын сойдуң артык эр!
Телегейиң теңдигиң,
Билинди бүгүн шердигиң.
Топон суу жетпес Бээжинге
Тозокту жаман баштадың,

Толуп жаткан балбанды
Томпойтуп кырып таштадың.
Алтайдан артык туулган
Оён Манас, кебимди ук!
Он экиде ок атып,
Бээжинге салдың чуулган.
Бел байлаган кыраңча,
Бел экениң билинди,
Мендеден артык туулган
Шер экениң билинди.
Карыпчылуу кан айдап,
Канкорум, сага жабылдык,
Калдайды чогуу кырдырып,
Канкорум, сага багындык.
Эрдикти кыйын салдыңыз,
Эчактагы кегиңди
Эми бизден алдыңыз.
Эсенкан буйрук кылган соң,
Эчен дөө сизге жабылдык,
Эрлерди союп жоготтуң,
Ээ, баатыр, сизге багындык!
Сулайман сурак албаган
Капкалуу Бээжин жер мына,
Кырбай-сойбой сурап ал,
Ордолуу кытай эл мына!
Баатыр, сенин алдыңа
Баарын тартып турабыз,
Багындык -деп, ат тартып,
Кара баш тартуу кылабыз!
Каарың катуу шер болсоң,
Опол-тоодой эр болсоң,
Бир убада кылыңыз,
Ачууланып баратсаң,
Алдыңа тартуу кылалык,
Алтай, Каңгай жериңди,
Чогуусу менен берелик,
Калмак, манжуу элиңди.
Баашалуу кытай эл мына,
Башымды кессең мен мына!
Деген сөзгө көнүңүз,
Шер экениң чын болсо,
Үч күнү нөөмөт бериңиз!
Калдайыбыз, каныбыз
Катуу кеңеш кылалык,
Убада кылып, былк этпей,
Ошо жерге туралык,
Дегениңе көнөлүк,
Манжуу, кытай кандыгын
Кеңешип сага берелик.

Ат баштаган алты миң
Астыңа тартуу кылалык,
Кырып-жоюп ийсең да
Кызырдуу Манас кабылан
Моюн тосуп туралык.
Бел байлаган кыраандай,
Бел экениң чын экен,
Белгилүү чыккан буруттан
Шер экениң чын экен.
Калкка кабар салабыз,
Чынмачындын шаарына
Чын Манас сенин өзүңдү
Кан көтөрүп алабыз.
Ачуу байда болчу эмес,
Ачууланбай көнүңүз,
Канкор Манас кабылан
Үчүнчү күндөн мен калсам,
Каарды катуу баштаңыз,
Андан кийин, кан Манас,
Калтырбай кырып таштаңыз!»
Эзкара мындай дегенде
Дегенине көндү - дейт,
Ала көөдөн артык шер
Эрдиги калың, эси жок,
Үч күнү бурсат берди - дейт.
Урушту тыйып, кол топтоп,
Эзкара колго барды эми,
Кабарды катуу салды эми.
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүлөрүн жыйнады,
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын жыйнады.
Карыпчылуу калмактын
Кандарын бүткүл чогултту.
Туура балаа Эзкара
Туралбай ичи өрт жанды,
Чылгый балаа чоң Жолой
Чыдай албай бул турду.
Таштуусу жандан түңүлүп,
Далай балбан күйүнүп,
Көк гүлдүү тон жамынып,
Көрөр болсоң Эзкара
Көк жолборстой чамынып,
Каарданып бакырып,
Калдайларын чакырып:
«Чылгый балаа канкорду
Үч күн нөөмөт бергин» - деп,
Алдап келдим анткорду.
Оңой Манас кул эмес,

Оюлгур жайы башкача -
Оң таптырар уул эмес!
Толгон айза имерди,
Кызыталак ал бурут
Топту чечип жиберди.
Каарды катуу баштады,
Каары катуу бул бурут
Калдайды кырып таштады!
Бул буруттун кордугу,
Башкача болду зордугу.
Кан Эсен буйрук кылганда
Кармашты катуу салчу элек,
Катылган жандын баарысын
Кармап байлап алчу элек.
Энеси талак бурутка
Эңдирип ийдик жолдо - деп,
Эми кантип барабыз,
Кан Эсендин алдына,
Кепти кантип табабыз?
Көрбөдүң беле балбандар,
Мыктыдан келдик, эр келдик,
Бири миңге жараган
Мыктылардан тең келдик!
Канкор алып койду - деп,
Кан Эсендин алдына
Кантип жооп айтабыз?!
Бул өңдөнгөн кордукту
Тирүү кантип көрөбүз!
Тимеле тирүү калгыча
Кыргын болуп өлөбүз!
Артык акыл салганым,
Абайла чогуу балбаным,
Үч күнү нөөмөт бергин - деп,
Ала көөдөн Манасты
Эптеп-септеп алдадым.
Аярым такыр кылбагын,
Ала көөдөн көөсөрдөн
Аяй көрбө жаңжалың!
Каканчындын канынан
Кайраты ашык бел элең,
Кара кылып, бел туткан,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Казыналык чоң мерген -
Ишенгеним сен элең!
Аяр болсоң, эр болсоң
Ааламды буй кылчу
Чоң мергеним сен болсоң,
Аты тулпар буруттун,
Атын болжоп байлай ат,

Алың келсе, Каражой,
Ала көөдөн канкорду
Теги, тирүү койбой, жайлай ат!
Саадагың мыктап кармай көр,
Каары бөлөк канкорду
Чекеге атып, жайлай көр!
Мен Эзкара болгону
Кан - деп, атка конгону
Мындай эрди көрбөдүм.
Муну жайлап сойбосоң,
Билген чырын кылуучу,
Минете берсе бул канкор
Бир жанды койбой кыруучу.
Мурда муну сойбосок,
Кызыталак канкорду
Тындым кылып койбосок.
Жыйылган колдун баарысын
Төбөбүздөн басуучу,
Каканга чейин кубалап,
Союп канды чачуучу!
Амалды артык кылгыла,
Айлалуу эрди жыйгыла,
Калмактардан кан Жолой,
Кытайлардын чоң Дөөдүр,
Каршы-терши турушкун,
Качпай-шашпай канкорго
Бет алышып урушкун!
Колго алаксып турганда
Камбыл мерген Каражой,
Камбыл мерген сен элең,
Капталынан сак болгун!
Жети миң балбан сан колдой
Туш-тушунан кол салып,
Өзүм карап жетейин!
Айкырып айза бир сайып,
Ала көөдөн канкорго
Аралаша кетейин!
Аябай айза сунайын,
Алаксытып кол байлап,
Алсыратып турайын!
Капталдан чыксын кан Жолой,
Кармалаша туралык,
Ушундай кызык кылалык.
Астындагы мингени -
Кабыргалуу казанат,
Кас тулпардын өзү экен,
Ок жетпестин бири экен.
Жаа жетпес тулпар аты бар,
Үйүң күйгөн буруттун

Ушундай экен каркыбар.
Салмагы кымбат, заары күч
Бул амалды кылбасак -
Сайышканды кылат түз!
Тулпарынан айырып,
Тууралап азап салбасак,
Канатынан айырып,
Каптап байлап албасак,
Оюнчук Манас эр эмес,
Оң таптырар шер эмес.
Белди бекем буугудай,
Беттешкенди жок кылып,
Бээжинге чейин куугудай.
Бейлей көргүн, Каражой!»
Бегирээк айтып Эзкара,
Өткүр чечен жан экен,
Өрттөнүп кеткен Эзкара
Акылга дыйкан, айлакер
Аябаган жан экен,
Кыйла сөз айтып, Эзкара
Чоңкүрөң оозун бурду эми,
Эзкара сөзүн укканда
Улуктары, эрлери,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Эзкара сөзүн эп көрүп,
Күүлөндү Жолой балбаны,
Кайрат кылып белсенбей,
Камынбай бирөө калбады.
Жай-жарагын шайланып,
Жайнап жаткан көп улук
Жоо-жарагын байланып,
Улук Луңтуң кандары
Баатырсыган жандары,
Айзага камбыл эрлери,
Акыл билгич кендери,
Эзкара кебин эп көрүп,
Айтса-айтпаса төгүнбү,
Кадырман каным Эсенкан
Каалап бизди жиберди.
Мылтык атып, жаа тартса
Чоёт - деп, бизди жиберген,
Кагыша кетсе канкорду
Соёт - деп, бизди жиберген.
Кайра тартпай тийгенин
Кармайт - деп, бизди жиберген,
Кагышканды соо кылбай,
Жайлайт - деп, бизди жиберген.
Кубалатып канкорго
Куру кантип барабыз,

Буруттан качып келдик - деп,
Тоодой Эсенканыңа
Айланы кантип табабыз?
Ала көөдөн бурутту
Чогуу каптап көрөлү,
Үркүп, качып жүргүчө
Тиктеп туруп урушуп,
Тим эле өлүм бололу?
Кайрат кылып какайып,
Камынбай аскер калбады,
Каарданып, күпүлдөп,
Каарын салып алганы!
Бурут келсе жейбиз - деп,
Каарданып айланып,
Жоо-жарагын байланып,
Кайнап жаткан көп балбан
Чокморун чогуу алышып,
Ардыккандан балбандар
Адыраңдап калышып,
Күрсүлөрүн байланып,
Кырса Манас кырсын - деп,
Кыйын амыз кылышып,
Тобокел - деп, токтобой
Толкуп аскер калганы.
Тозоку Жолой, Эзкара
Толуп жаткан балбаны,
Каар бетине айланып,
Алтындан саадак байланып,
Келишимдүү ат минип,
Кең куйругун чарт түйүп,
Кызыл-тазыл кийинип,
Кытайлардын Каражой
Жоо дегенде сүйүнүп,
Мергени жандан ашынган,
Айдай сары түз келсе,
Жарты куурай жашынган.
Жаман айтса таңылбас,
Жакшы сүрө бутадан,
Айзанын ашкере учунан,
Атканда чочко жаңылбас.
Жөө чуркаса чоң күлүк,
Катылганды буй кылып,
Ааламга салат чоң бүлүк.
Кызыл-тазыл кийинип,
Үйүң күйгөн бул капыр
Эликтей чуркап түйүлүп.
Каражой келди камынып,
Камынмак болду көп улук.
Камбылдары, кандары

Калайман түшүп, чуу туруп,
Беленденди жер өлчөп,
Мээнетти мындай салганы -
Көөдөк эрди жөөлөтүп,
Бээжинге байлап алганы.
Кыйын, оор кеп урду.
Убаданы бек урду.
Күрсүлөрүн шайлады,
Күтүнбөй бир жан калбады.
Коштоо келген колунан,
Ардан миңден союшуп,
Качкан мындай болсун - деп,
Колодон кылган бурканды
Төшүнө бекем коюшуп,
Эзкара, Жолой эки кан
Качсак кырып салгын - деп,
Убада кылып, эчен жан
Ташты омуруп, чеп кылып,
Кетирбей жолун бек кылып,
Улуктары, кандары
Амызданып кытайлар
Күтүнбөй бирөө калбады,
Кызыр чалган Манаска
Кытайдын кызык жаңжалы.
Ардан азык союшуп,
Манжуу менен калмактан
Кароолду катуу коюшуп,
Күн мезгили бүткүчө,
Толкуп келген сан кытай
Жатып калган коногун
Эми айтып берели,
Кырылып уруш болгуча,
Кытай кайнап толгуча
Эр Кошой абаң жомогун.

## 14 Кошой Билерик менен Манасты бошотуп алуу үчүн аскер камдап, Кытайга жөнөгөнү

Ак асаба туу камдап,
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Өң тулпардын ичине,
Казы байлап, май толуп,
Берен Кошой абакең
Артык балбан, артык шер,
Акылга дыйкан кеменгер.
Жолборс абаң кан Кошой

Шамал тийсе, сел тийбес,
Чатырлыгы дагы бар,
Жоо бөрүсү абаңдын
Баатырлыгы дагы бар.
Элге сынчы Кошойдун
Эшендиги дагы бар,
Акылга дыйкан чоң аяр
Абаң Кошой баатырдын
Чечендиги дагы бар.
Абаң Кошой карыда
Ар өнөрдүн баары бар.
Орчун журтка туу болгон,
Олуя Кошой абаңдын
Ордолугу дагы бар.
Опсуз Кошой абаңдын
Молдолугу дагы бар,
Айза кармап, топ бузган
Ыктуулугу дагы бар.
Тулпар минип, туу алган
Туйгун Кошой абаңдын
Мыктуулугу дагы бар.
Эрени бар, каны бар,
Эс билген жандын баары бар.
Анжыяндын Айкожо
Эшен сопу, кары бар,
Абаң Кошой жанында
Эчендердин баары бар.
Абаң Кошой карыя,
Арка кылган олуя
Калыйпа кирип кат алган,
Канзаададан бата алган.
Он эки бирге кол берип,
Кабылан Кошой абакең
Зайыппуруш атанган.
Желигип Кошой абакең
Жетик ой түшүп башына
Чеч-Төбөгө токтоптур,
Жакыптын уулу Манасты
Жарыктык Кошой жоктоптур,
Түш көргөндө кечинде
Айкожонун жалгызы
Билерик түшүп эсине.
«Заман акыр-такырды
Билгенге кытай салды эле.
Самаркандын шаарынан
Карадөң уулу Жарманас
Анык Манас ушу - деп,
Аны байлап алды эле.
Алтымыш капка Бээжинге

Айланып согуш салбасам,
Байланып жаткан баатырлар
Колдорун чечип албасам,
Кошой болбой өлөмбү,
Өлбөй тирүү жүргүчө
Кыяматты көрөмбү!
Чөөгүнү алтын, чай арзан
Чөөлүксө курсак тойгузган,
Бусурмандын шаарында
Самаркандай калаа жок,
Маңдайга бүткөн бир ырыс
Бусурмандын журтунда
Манасындай бала жок!
Жетимиш эшик Бээжинге
Жети айлана барбасам,
Жер түгүндөй кытайдан
Жети жылы урушуп,
Камоодогу балдарды
Ажыратып албасам,
Кошой болбой өлөйүн,
Кор болуп тирүү жүргүчө
Туулбай туна чөгөйүн!
Сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагында
Сандап жаткан кытайды
Сапырылтып көрөйүн!
Абайлагын, эл-журтум,
Жети-Өзөн бизге жер эле,
Жакыптын уулу жаш Манас
Кабылан тууган шер эле.
Күрдөлүү журтту кыйнабай
Күтүп алуучу эр эле,
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле!
Көргөзө турган заман кыл,
Жан деп кудай жаратсаң,
Манасты кудай аман кыл!
Өлчөсөм ушу мен Кошой
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетемин,
Алтымыш капка Бээжинге
Атышып согуш саламын!
Алтайда туулуп чоң болгон
Атагы башка зор болгон
Арслан Манас беренди
Салып алып алдыма
Кайнап жаткан кытайдан,
Камалып жаткан балдарды
Ажыратып аламын.

Кармашарым - Каканчын,
Касташарым - Бакбурчун,
Түнөрүңкү кытайга
Түз барып айза сунгула,
Түйшүктү көргөн эл үчүн
Жаныңды курман кылгыла!
Кара кытай, манжууга
Качырып айза сунгула,
Камалып жаткан эр үчүн
Жаныңды курман кылгыла,
Атышты арбын салгыла.
Айдалган Жакып, Акбалтай
Алтайда турат - деп угам,
Ажыратып алгыла!
Айласын таппай ал тууган
Зарланып жүрөт - деп угам.
Кечээ, Манас келгенде
Кызыр чалган көк жалдын
Астынан тосуп алууга,
Кытайга кыргын салууга,
Ак буудай унун чайнаштык,
Ак куранды кармаштык.
Курга түйгөн канты бар,
Кызырлуу Манас шер менен
Кудайлашкан антым бар.
Күндү катка салганбыз,
Күн эсебин алганбыз.
Быйыл Кошой абакең
Кошуун баштап, кол жыям,
Кол жыйганда мол жыям» -
Деп, ошондо абакең,
Токтоно албай камынып,
Арсландай чамынып,
Атагы улук Бээжинге
Кол баштоого камынып,
Колу жетип, тил алган,
Кошой - деп, анык биле алган,
Козголоң салып койбостон
Койбой жыйып алды - дейт.
Жыйган журттун ичинде
Эрендер бар, ыктуу бар,
Эл агасы мыктуу бар,
Даанышман бар, кары бар,
Каканга казат кылуучу
Кайраттуулар баары бар.
Эски-Чамбыл жердеген,
Эзелден мыкты эр деген,
Эңкейтип адам жеңбеген
Эр Буудайык ошо бар.

Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген
Казактардан Айдаркан
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өлөңүн айтып чуркурап,
Эр Айдаркан кошо бар.
Жети-Өзөндүн дөөлөрүн,
Жетик Кошой абакең
Жетик жыйнап алыптыр.
Чеч-Төбөнү жер жайлап,
Алп дөөлөрдүн баарысын
Абаң Кошой ошондо
Айдаган экен кембайлап,
Жер козголуп, кол толуп,
Эл эсебин алганда,
Элди катка салганда
Он эки миң кол болуп,
Букарлыктан чоң молдо
Анжияндан Айкожо
Курун селде чалынып,
Кудуретке жалынып,
Ажал жетсе өлөм - деп,
Ажал жетпей бир калса
Бул Кошойдун колуна
Ыймам болуп берем - деп,
Аты Айкожо ал болуп,
Күлүктөн тулпар ат алып,
Абаң Кошой ошондо
Олуя чалдан бата алып.
Жер айрылып кол толуп,
Күлазыкты мол алып,
Жер өзөндөн ошондо,
Жер майышкан кол алып,
Азык жүктөп төө алып,
Абаң Кошой ошондо,
Алыша турган дөө алып,
Күлүктөн тулпар ат алып,
Калыйпадан бата алып,
Касаба туусу калкылдап,
Кабылан Кошой абаңыз
Камынган экен аттанып,
Күн мезгилин албаптыр,
Күндө тынып калбаптыр,
Орто-Бээжин баткалда,
Эсенкандын көп колу
Манас менен ошондо
Ойрондошуп жатканда,
Эсенкандын элчиси,
Капка баккан сакчысы,

Болот эшик дарбаза
Ачып, тартып, жапчуусу,
Андан бирөө калбаптыр.
Жарманас менен Билерик
Ордо аткан жеринде
Оён Кошой эр абаң
Кайгуул карап, жер чалып,
Камбыл Кошой барыптыр,
Он эки кароол, кырк сакчы
Кызырлуу Кошой абаңыз
Кыйратып кырып салыптыр.
Зындандагы экөөнү
Камбыл Кошой абакең
Ордон сууруп алыптыр.
Он эки супа, төрт супту,
Кийгенден Кошой коркпоптур,
Ээр белдей кыраңды
Ашкандан Кошой коркпоптур.
Темир аркан торунан
Жарманас менен Билерик
Ажыратып алыптыр.
Эсенкандын колунан
Зыйнатыма минүүгө
Жоргом ушу болот - деп,
Ажыраттым балдарды
Олжом ушу болот - деп,
Байланып жаткан базардын,
Багын ачты эр Кошой,
Байланып жүргөн балдардын
Колун чечти, эр Кошой.
Эл баспаган бейиштин
Эшигин ачты, эр Кошой,
Эч ким көрбөс бейиштин
Төрүн көрдү, эр Кошой.
Укканга болду чоң белги
Салып чыкты, эр Кошой,
Алтынын бөлүп олжого,
Жүктөп чыкты, эр Кошой,
Аябаган дүмөктү
Салып чыкты, эр Кошой.
Ордо жаткан балдарын
Азат кылып дүйнөгө
Алып чыкты, эр Кошой
Аскер жыйнап, кол жүрүп,
Абаң Кошой ошондо
Керкабылан, Тайтору
Керишке эки ат минип,
Байгамбар чалыш карыя,
Бабаң Кошой олуя

Берендигин билгизип,
Билериктин алдына
Тартып алган кытайдан
Коёнбозду мингизип,
Теминип уруш салыптыр,
Эсенкандын Телжээрде
Сакчыларын сойгондо
Салмактуу Кошой абакең
Олжо кылып алыптыр.
Шер экенин билгизген,
Карадөңдүн Жарманас
Атты ага мингизген.
Эки жан колго тийгенде
Кабактын баарын ачыптыр.
Кайгынын баарын чачыптыр,
Ачкан курсак тоюптур,
Абаң Кошой ошондо
Кайгынын баарын жоюптур.
Бээжиндин бери бетине,
Чыккан экен эр Кошой
Чай алган тоонун четине.
Ээн талаага чыкканда
Эр экен Кошой абакең
Жан казанга өлчөтүп,
Кемегени ойдуруп,
Ай туякка ошондо
Эки жүз бээ сойдуруп,
Баабединин бат айтып,
Адам тапкыс ой кылып,
Ай-талаада абакең,
Ашык үлкөн той кылып,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Каарданып бакырып,
Эрендерди чакырып,
Билбегенди билгизип,
Билимдүү Кошой карыя
Туйбаганды туйгузуп,
Туйгун Кошой олуя:
«Ала чапан Айкожо,
Букарлыктын чоң молдо,
Сен да мында турасың,
Аскер жыйнап, кол жыйган
Эр да мында турасың,
Айзакерден кабылан,
Ыктууң мында турасың,
Жоо айласын куп билген
Мыктууң мында турасың!
Туура тарткан кара кыр

Менде ашуучу бел эмес,
Чалыяр тийбес Бээжинге
Чама келчү эл эмес.
Ойлосом Бээжин калаадан
Сулайман сурак албаган,
Каары катуу капырга
Катылган аман калбаган.
Канча миңден жери бар.
Канча уруудан эли бар.
Жапа салып каптаса
Жерди, жанды коёбу?
Жалгыз көз деген эли бар,
Бет алып менде жеңеби,
Бейпайлашкан капырдан,
Бери аман келеби?
Чапчышкан адам оңобу,
Эчен жылы урушса
Эңкейип кытай коёбу,
Айтсам эчен кебим бар,
Нур төгүлүп бул жерге
Доор-кыямат болгуча,
Эч ким жеңип албайт - деп,
Алда Таала Кудайдын
Өзүнүн айткан кеби бар.
Алты шердин акыры
Кабылса кудай бергени
Арслан Манас шериң бар.
Берен да ошол, шер да ошол,
Тапса ачылат таалайың
Манасты таап алабыз,
Берен Манас көк жалды
Белге таңуу кылабыз.
Улук Манас шер ошол,
Күрдөөңдү тапчу эр ошол.
Туурдугуң май кылат,
Тушукса Манас кабылан
Алакандай бусурман,
Туш-туш жакка кан кылат.
Керегеңди май кылат,
Кезиккенде өзүңдү
Келберсиген кан кылат.
Бийик аскар бел ошол,
Бизге кудай буюрган,
Алакандай бусурман
Күтүп алуучу эр ошол!
Душман болуучу элиң бар
Душманга кылың жедирбей,
Күтүүчү Манас эриң бар.
Билип журтум, кебимди ал

Кыя да ошол, бел да ошол,
Кылыгы жанды кубанткан
Кымбаттуу Манас шер ошол!
Алтайда кара калмактын
Арасында туулган,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Эрбейип атка мингенде
Калмакка салган чуулган,
Кара калмак арыз болуп,
Кан Эсенкан өзүнө
Каарды катуу салды - дейт,
Тагынан чочуп Эсенкан
Каарды катуу баштаптыр.
Канкордун жайын укканда
Кан Эсенкан ошондо
Алтын тактын үстүнөн
Учуп кете таштаптыр.
Кымбатты байлап алууга,
Ушинтип орго салууга
Камынган экен Эсенкан.
«Кетирбей байлап келгин» - деп,
Алп дөөсүн жыйып алды - дейт,
Берендерин жиберип,
Манаска дүмөк салды - дейт.
Кырк уруу кытай калың эл
Кыраан Манас султанды
Каптап жатып калды - дейт.
Бекер Манас уул эмес,
Белгилүү да эле, бел да эле,
Мендеден чыккан шер да эле,
Бек караан болуп берсин - деп,
Жабылалы бусурман
Жараткан бизге берди эле.
Атышты арбын салалы,
Алда Таала кош көрсө
Арслан Манас көк жалды
Ажыратып алалы.
Өлбөй аман жүргөндө
Не мураска жетели,
Кабылан Манас канкорго
Катуу бүлүк салышып,
Курман болуп кетели.
Кан Манас эсен табылса
Белди бекем бубалы,
Бек кызыкса кытайды
Бээжинге чейин кубалы.
Кандарын байлап алалы,
Кара кытай, манжууга

Кадыр Алда жар болсо,
Калайманды салалы.
Манастай баатыр кабылбайт
Байкагыла, ай, бусурман,
Манастай бала табылбайт!
Манас аман табылса,
Шер болбойбу Манасың,
Жер болбойбу Таласың!
Бузуп алат Ооганды,
Бул Манасың турганда
Бузук эл кайдан соо калды!
Кырып берер кытайды
Өткүр да ошол, курч да ошол,
Баабедин айтып тилесек
Табылбас Манас мүлк ошол.
Ташты бузуп, жол салар,
Далай жерге кол салар!
Кол айдап бери чыкканда
Кары Кошой абакең
Казыны чайнап жеп келдим,
Кабылан Манас табылса
Калдай эмес кандайдын
Кандыгын алам - деп, келдим.
Жалпы журт бери чыкканда
Жаяны кесип жеп келдим,
Жайдары Манас табылса
Жаң-жуңду бузам - деп келдим,
Жатсам-турсам тилегим,
Айкөл аман табылса,
Ааламга татыйт дүмөгүм!
Кара найза зулпукор
Көөлөшөрмүн - деп турам,
Кабылан тийсе колума
Кытай эмес, кылымга
Жөөлөшөрмүн - деп турам.
Манас кан тийсе колума
Кары Кошой жан болом,
Карап тургун бусурман,
Кара кытай, манжууга
Кайкалаган кан болом!
Тилимди алгын бусурман,
Тилге салып багынтам,
Тил билбес кара кытайды
Кыраан Манас барында
Кынжылап алып багынтам!
Атыша чыга жоо келсе
Астыга салып айдаймын,
Арслан эр тийсе колума
Кытай эмес ааламды

Азуума салып чайнаймын.
Ажалым жетсе өлөмүн,
Кырааным тийсе жолума
Кытайды көздөй кол тартса
Туусун кармап беремин,
Туу түбүндө турармын,
Туйгунга кызмат кылармын.
Чеч-Төбөдө заңкайып,
Турдум эле жай жайлап,
Ошо Манас айынан,
Алышарым Каканчын
Алакандай бусурман
Айдап келдим кембайлап,
Кечүүдөн алган көчүмдү,
Кесепет кара кытайдан
Кеңири башым барында
Алганы келдим өчүмдү.
Жарылган бир ууч эл үчүн
Зарып кылам малымды,
Таалайлуу Манас эр үчүн
Курман кылам жанымды.
Улугуң бар, каның бар,
Уруктардан баарың бар.
Кайнап кытай кол салса,
Караандуу адам жол чалса
Акылыңдан шашпагын,
Антаңдап, журтум, качпагын!
Бейпайды бекем салабыз,
Бейили бузук кытайга
Бет алышып урушуп,
Берен Манас көк жалды
Ажыратып алабыз.
Кайнап жаткан кытайдын
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар.
Канкор Манас кабылан
Каптап кирип, ал кытай
Каарын салган жери бар.
Каптап кирип Манасты
Кармашып байлап алууга,
Каарды катуу салууга,
Жапаны баштап жабылып,
Канкорду каптап киргендир,
Туш-тушунан кыжылдап,
Өкүмдү кытай салгандыр.
Эче күн тынбай салышып,
Кабылан Манас, канкор шер
Камоодо жатып калгандыр.
Кайгырып Манас күйүнүп,

Кайран жандан түңүлүп,
Жапаны көк жал көргөндүр.
Жарыктык абам эр Кошой
Жан абам качан келет -деп,
Көөнү келсе көк жал эр
Мага күйүп жүргөндүр.
Берениң бар, каныӊ бар,
Белгилүү Манас кан үчүн
Бет алып уруш салалы,
Бекип жаткан жер менен
Бейпайлашып калалы.
Уруш салар себебиӊ
Ушу келген бусурман
Карып болуп айдалган
Акбалтай, Жакып карып бар,
Ажыратып алуучу
Арслан Манас жарык бар,
Адамга каалап табылгыс
Ошолордон туулган
Айкөл Манас жарык бар.
Манастын жайын сураба
Берен да ошол, бел да ошол,
Белгилүү айкөл шер да ошол.
Суратпай кыргыз бурутка,
Бузулуп кеткен аз журтка
Берен да ошол, мээ ошол.
Мээнеттеги кыргызды
Бек кайтарчу ээ ошол.
Жалпы журтум кулак сал
Жайнаган кытай, манжуунун
Жапасына калалы,
Жанагы Манас жалгызды,
Жан аябай салышып,
Ажыратып алалы.
Жана кудай колдосо,
Арслан Манас шериӊди
Азганактай кыргызга
Кан көтөрүп калалы.
Каралды Манас бар болсо
Кара курттай капырга
Каары толук баатырга
Каптап кыргын салалы,
Улугуна, шерине,
Каканчындын элине
Кан Манастын айынан
Уруш кыла баралы.
Уруш кылсак бул кытай
Кайнап жаткан эл ошол,
Катылышсак капырга,

Каруусу толук баатырга
Улугу арбын кеби бар,
Колуна түшсөң жолу тар,
Жыланча чаккан заары бар.
Кытай эли кырк бөлөк,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кылымды бузган көйкашка
Алптары бар, каны бар,
Ар кандай түрдүү ал журттун
Алп дөөсүнүн баары бар.
Улукман бар, каны бар,
Уруп кеткен кытайда
Урушууга мыкты бар.
Ойлоп ичим болот чок,
Ал кытайдын элинде
Нелер бар да, нелер жок.
Адам тилин билбеген
Бөлөк айткан сөздүү бар,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Башында жалгыз көздүү бар.
Бээжин оңой жер эмес,
Бел байлаган бели бар,
Каран калган кытайдын
Кап-Тоодон бери эли бар.
Зыйкырчысы, жайчы бар,
Дубакери туурада
Тутанып өлгөн кытайдын
Улугу арбын жаны бар.
Уруштан кайта тартпаган
Ушундай тажаал абыдан
Жети-Өзөндө жатканда
Ээн калган жерибиз,
Эчен жол кытай чаап алып,
Тентиген кыргыз элибиз.
Уламадан уласак,
Укумчудан сурасак
Кыргынды кыйла салыптыр,
Кара кытай, манжуулар
Кыргыз уулу болгонду
Кырк жолу чаап алыптыр.
Ошону менен кайран журт
Кыйрап жатып калыптыр,
Баашалуу кытай күркүрөп,
Заарын салып кетиптир,
Ошону менен кыргызды
Кыйратып түпкө жетиптир.
Таш коргонун талкалап,
Такыр талап алыптыр.
Бирибиз кеттик Эренге,

Түшүп кеттик ошондо
Түбү жок чуңкур тереңге.
Жети-Өзөндү жер кылдык,
Жетикти кудай берсе - деп,
Кан Манасты дем кылдык.
Жарды жүрүп байыдык,
Жалгыз жүрүп көбөйдүк.
Үзүлүп жүрүп уландык,
Чачылып жүрүп жыйналдык,
Түгөнүп кетип түзөлдүк,
Кармаштык кара манжууга.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетели,
Кызырдуу Манас шер үчүн
Кыйрашып алты ай салышып,
Кыргын болуп кетели.
Кайрат кылып кан Кошой
Казыр турду камынып,
Акылман Кошой абаңдан
Кайыптан акыл табылып,
Бала каздай баркылдап,
Балбан Кошой абакең
Ак сакалы жаркылдап,
Эчен жерге ааламды
Салган Кошой эмеспи,
Эчен жерден эр жыгып,
Даанышмандан сөз угуп,
Калган Кошой эмеспи.
Аскер баштап кол жыйып
Көнгөн Кошой эмеспи,
Өлүмдөн тартпай урушуп,
Көнгөн Кошой эмеспи,
Арка болуп бакырга
Берген Кошой эмеспи!
Билгичтиги миңден көп,
Айтканы ачык жарыя,
Абаң Кошой даанышман
Кыйла журтка карыя,
Батасы журтту байыткан
Баарыдан билгич олуя.
Абаң Кошой элге айтып,
Белге тийчү жерди айтып,
Эрендин баары чамынып,
Көк жалдын баары камынып,
Идерлүү тулпар, күлүк ат
Эр абаң Кошой айтканын
Азамат туюп билди бат.
Билип көп журт жабылып,
Эрендер чыдап тура албай

Ат-атына камынып,
Тулпарды байлап чекчейтип,
Бууданды байлап кекчейтип,
Козголгон жок бурут журт
Колун сууга салышып,
Кол дааратын алышып,
Бутун сууга салышып,
Бут дааратын алышып,
Ат, тулпарды жыйганы,
Ашып-шашып дүркүрөп,
Айдоого болду ыймамы.
Шашып амаз окунуп,
Сапырылды калың кол
Сай бууданды токунуп.
Буудандардын баарысын
Куюшканын узартып,
Оодарышка кеткенде
Ооп түшүп калбаска
Төш олоңун кыскартып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кырылышка камынып,
Ататтарын оркойтуп,
Айзаларын коркойтуп,
Балталарын барбайтып,
Баштыктай мурдун дардайтып,
Көбү өлөрүн билишип,
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийишип,
Тобокел - деп токтобой,
Кайраттуулар камынып,
Карып узак жашаган
Кан Кошой абаң баш болуп,
Бир кудайга жалынып,
Орто-Бээжин бер жагы
Каспаң-Тоосун жакалап,
Кас буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Көп олуя жан болуп,
Көлдөгөн Бээжин барышка
Бусурмандын баарынын
Көсөмдөрү бар болуп,
Катагандын кан Кошой
Туу кармаган ал болуп,
Эрендин баары шайланып,
Капырга казат салууга,
Капырлардын колунан
Канкор Манас арсланды
Ажыратып алууга
Баатырдын баары камданып,

Ок өтпөс тонду кийинип,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Дүркүн-дүркүн кол болуп,
Дүнүйө толуп козголуп,
Кынсыз кылыч байланып,
Кабыландар баарысы
Каар бетине айланып,
Чыңыроон тартып жезнайдан,
Чымчык учпас кең сайдан
Жоо кутулбайт айзадан,
Жорторман коркпойт байдадан.
Айза кармап акшыктап,
Эрендердин баарысы
Чет-четинде таралып,
Акыл билбес жамандар
Айлабыз кандай болот - деп,
Ортосунда камалып,
Камчылуулар бетинде,
Кайраттуулар четинде,
Кылыччандар бетинде,
Кыйындары четинде.
Союлчандар четинде,
Жонумдуулар четинде,
Кайратуулар энтелеп,
Дайыны жок жоого катылып,
Бөөдө өлүм болот - деп,
Жакындары аларды
Алган экен жетелеп.
Кошой айдап алганда,
Козголтуп элдин баарысын
Оң жолуна салганда.
Түпөктүү айза колго алып,
Ыргаганы мындан көп,
Түгөнүшүп салышып,
Түп көтөрө калышып,
Бир кызыкты көрдүк - деп,
Жыргаганы мындан көп.
Жаман катын, жаш бала
Алышып кетип окустан,
Өлүп калсак кокустан,
Күнү кандай болот - деп,
Күйүнгөнү мындан көп.
Жаңжалдашып чыр салсак
Жана кызык болду - деп,
Сүйүнгөнү мындан көп.
Тулпар минип, ат алып
Кагышып өлсөк мейли - деп,
Кан Кошойдон бата алып,
Кара жаак Балтай колго алып,

Ыргаганы мындан көп.
Санаасы кетип сай-сайлап,
Катылсак өлүм болдук - деп,
Куураганы мындан көп.
Жүргөн колдун ичинде
Эрени бар, саны бар,
Не кыйындар дагы бар,
Эч бир айла билбеген
Эселектер дагы бар.
Ала чапан Айкожо
Анжияндын шаарынан,
Баласынын айынан,
Азганакай бусурман
Караан болуп ал экен.
Букарадан чоң молдо
Кагыш кирсем өлөм - деп,
Бусурмандан өлгөнүн
Өз көзүм менен көмөм - деп,
Өлгөнүнөн калганга
Ыймам болуп берем - деп,
Букарлыктан ал келген.
Кара сакал бир кучак,
Кармашып адам жеңбеген,
Эңкейтип адам албаган,
Кез болгон аман калбаган
Баштагы баатыр Буудайык
Бул колго кошо ал келген.
Казактардан Айдаркан,
Мингени тулпар кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Эрдиги эпсиз көйкашка,
Кабарын угуп канкорго
Караан болуп калууга,
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өлөңүн айтып чуркурап,
А да келген бул колго.
Өөдө да бар, каны бар
Өлүп элден айрылган,
Бу кытайга калганда
Өчмөндүүлөр баары бар.
Эрендер бар, алпы бар,
Эң кыйын дөөлөр жалпы бар,
Билбегенди билгизип,
Билип жолго салганы,
Билимдүү Кошой каркыбар.
Эрендердин көбү бар,
Курун селде чалынган,
Кудуретке жалынган,
Курган кожом дагы бар.

Сайышка камбыл балбан бар,
Бөөдө өлүм болуучу
Алакөөдөн дардаң бар,
Көк жалсынган каны бар,
Бирөө жаман, бирөө өөдө
Көп аңгеме баары бар,
Көк жал Кошой кары бар,
Кудайназар-Куучокмор
Курган балбан дагы бар.
Имерилген тоо менен,
Ийри-буйру суу менен
Абаң Кошой жол тартып,
Күндөп-түндөп түн катып,
Томпоюп турган тоону ашып,
Адыр-күдүр жер басып,
Ойрон Манас кеңитип,
Кароолоду алган жол менен
Кайран Кошой тосуптур,
Он эки миң кол менен.
Берен Кошой абаңыз
Белгилүүң кайдан аянды,
Бет алганы чоң Алтай
Кара-Кырга таянды.
Кара-Кырдын баткалга
Калың кол жетти таянып,
Кара күдүр баткалда
Калың кол конуп жатканда,
Кермеге атты байлатып,
Таш тулганы шайлатып,
Он-ондон болуп от болуп,
Жанказанды кайнатып,
Өң буудандын баарысын
Кермеге салып байлатып,
Камбыл Кошой абакең
Чоң Алтайдын туурасы,
Кең-Өзөн тоонун кысыгы,
Кең аккан суунун тунугу,
Кара-Кыя сонунга
Калк атасы, кан абаң
Ал күнү жатты конууга.
Конуп калган Кошойдун
Сан кол жаткан коногу,
Эми айтып берели -
Канкор шердин жомогун.

## 15 Манастын Кытай менен болгон экинчи урушу

Супа садык салганда,
Таң дүмпүйүп калганда,
Көрдүңбү кытай бузугун
Кытай кайнап толуптур,
Кытай кайнап кыжылдап,
Кумурскадай болуптур.
Кажылдаган капырдын,
Эзкара, Жолой баатырдын
Каптаар кези болуптур,
Улуктары, таштуусу
Жыйылган экен кытайдын
Улук, күчтүү, баштуусу.
Бет алып каптап өтүүгө,
Берен Манас, Кутубий
Түз каптап түпкө жетүүгө,
Калдайлары камынып,
Күн болжолу алты күн
Калың кытай жабылып,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жабылды кытай короктоп,
Уй түгүндөй балбандар
Тегеректеп жабылып,
Желигип балбан жетти эле,
Жетип турган кургурду
Жетик каптап кетти эле.
Каптаарында капырдын,
Каардуу Жолой баатырдын
Добулбас бекем кагылып,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Карыпчылуу кандары
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Кабылан Манас шериңди
Каптап жүрүп калганы,
Түбүнө түздөп жеткени,
Колуна тийсе канкорду
Каканга байлап кеткени.
Жер жайнаган чокту көр,
Жетип тийген окту көр!
Жайнап кытай кол салып,
Добулбас толук кагылып,
Каптады кытай көп улук.
Жайнап кытай калганда,
Жабылып колду салганда,
Канкор Манас кайран шер
Калайман салып ошо жер

Жекене белге курчанып,
Жер жайнаган капырга
Жеке аралап кол салып,
Алышып жакын келгенин
Айза менен кулатып
Андан жакын келгенин
Айбалта чаап уратып,
Бөйрөгүн бузуп, жол салып,
Бөлүп айдап, кол салып,
Уй түгүндөй манжууну
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Ушинтип Манас кырды эле.
Айдап кирип зыргытып,
Бет алдына келгенди
Далыдан чапчып ыргытып,
Жеткен жерин айзалап,
Желигип байлап алуучу
Жер болгон Жолой кайдалап,
Алты миңин майдалап,
Алдына кирген кытайды
Айдап ийрип айзалап,
Каканга байлап кетүүчү,
Кармап түпкө жетүүчү
Эзкара акмак кайдалап,
Каарданып бакырып,
Толкуп жаткан кытайдын
Тобун жазды сапырып;
Сапырылган кытайда
Улугу бар, каны бар,
Балбандары дагы бар.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айкөлүң салды чоң дүрбөөн.
Аркасынан Кутубий
Айкөлүңдүн карааны -
Болгон экен чоң сүрөөн.
Жаңжалды жаман баштаптыр,
Кыраан Манас, Кутубий
Кыйласын кырып таштаптыр.
Кытайды айдап барганда
Как Алтайдын өзөндө
Кыргын болду кыйла жан.
Алтайдын Кара-Суусу бар,
Абыдан саат ушу бар,
Тереңине ал суунун
Аркан салса бойлобойт,
Аргымак салса ошондо
Аркы өйүзгө бойлобойт,
Ал ичине түшкөндөр
Тирүүмүн деп ойлобойт.

Кара-Сууга барганда
Калдайды камап калыптыр,
Кара-Сууда калмакты
Кыраан Манас, Кутубий
Кыргын кылып салыптыр.
Кытайды кырып алганда,
Тозокту көк жал салганда,
Тополоңун чыгарып,
Тоздотуп кырып салганда
Камбыл Жолой, Эзкара,
Куу байталчан Каражой
Курганда үч миң кол менен
Кутулган экен ал суудан,
Орок-Кырдын урчукта
Эр Жолой көргөн Таш-Кечүү
Эр Жолойго маш кечүү
Баштап Жолой кечиптир.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү аман кутулуп,
Кечүүнү тозуп калыптыр,
Кериште мыктап салыптыр,
Келберсиген чоң мерген
Каражой тозуп алыптыр,
Каражойго кайратты
Эзкара, Жолой айтыптыр:
«Балбан да экен, шер да экен,
Ааламдан Манас эр да экен.
Каардуу мерген калбады,
Каражолтой бул бурут
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын жалмады.
Күрмө кийген күчтүү өлдү,
Таш сайынган таза өлдү
Улуктан эче кан өлдү,
Кызыталак канкорго
Жолуккандын баары өлдү,
Кармаш кылган калк өлдү,
Калганы жок эсен жан,
Кырдырып салдык кыйланы,
Кандай деп айтат Эсенкан
Темир аркан торчондор
Тегиз кыргын болуптур.
Тегиз канжар колчонум
Күрөшкөн менен күч жетпейт,
Күйүттүү Манас канкорго
Алышкан менен ал жетпейт.
Айбаты суук анткорго
Кыямды кызык чалдырып,
Ушунча колдун баарысын

Уялбай кантип барабыз
Бир бурутка алдырып!»
Айкырык салып эр Жолой
Ачбуудан оозун бурду эми,
Айдалыда айдар чач
Тытып баарын жулду эми.
Каарданып күпүлдөп,
Жолойду кудай урду эми!
Каарды катуу баштады,
Үтүрөйүп үксөңдөп,
Калган колдун баарысын,
Кырып ийе таштады.
Төбө чачы үксөктөп,
Каарын салып бакырып,
Калбай чогуу кырыл - деп,
Калдайларын чакырып,
Мурутун булкуп зыргытып,
Сакалын жулуп ыргытып,
Кудай бетин көрсөтпө,
Катынын кара баскансып,
Качкыны жакын качкансып,
Антаңдап сүйлөп, бек таштап,
Албан түрдүү кеп баштап:
«Каардуу Манас канкордун
Качпай турчу балбандар
Каардуу жинин көрөлү,
Тынбай алты ай урушуп,
Ушинтип канын төгөлү!
Качып, коркуп, урушуп,
Каары толук буруттан
Не мураска жетели.
Бурут жалгыз, биз түмөн
Буздуруп салдык ишти - деп,
Бээжиндин Эсенканына
Бурулуп кантип баралык,
Мындай кордук көргүчө
Мындан көрө балбандар,
Кыргын болуп калалык!»
Бакырык салып күпүлдөп,
Мас болгон билдей дүпүлдөп,
Каарды катуу баштады,
Калган колун эр Жолой
Кырып ийе таштады.
Кайратсызын кармады,
Эрдин көөнүн бузат - деп,
Качкандарын жайлады,
Күчтүүлөрүн камады.
Жолойдун түрүн көргөндө
Улуктары, кандары

Башкача мерген Каражой:
«Жолойдун кеби ырас» - деп,
Макулдашып алды эми.
Эрин тиштеп, көз кысып,
Эрдикти эпсиз салды эми,
Кызыл кийип кубулуп,
Кыйын мерген Каражой
Кыяны тозуп калды эми.
Өйүз-бүйүз турушту,
Айза менен жетишпей,
Берендер оюну ушундай,
Мылтык менен урушту,
Мендесине бербесин,
Бээжиндик салган сунушту
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Сооттун баары тытылып,
Согушту катуу салышып,
Айза менен жетишпей,
Өйүз-бүйүз калышып,
Жан аябай турушуп,
Жапа тартып урушуп,
Ачып-көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче,
Быяк жагын караса
Кынсыз кылыч байланып,
Каар бетине айланып,
Атасы дөө чоң улук,
Каруусу толук чоң балбан,
Какандан чыккан тоорулуп,
Дидаары суук, заары күч
Кап-Тоодон келген балбанды
Кармашып жүрүп кылат түз.
Катылган жоону койбогон,
Оргоктугу дагы бар,
Кармашкан аман кетпеген
Соргоктугу дагы бар,
Каарынан капырдын
Жер майышып калыптыр.
Учу болот, сабы жез
Айза кармап шайланып,
Кармашканды сойчудай
Каар бетине айланып,
Аты-жөнүн сурасаң
Орго балбан дээр экен,
Жолукканды соо койбой
Оруп жанчып жээр экен.
Каарданып кутуруп,

Качырына камчы уруп,
Кайраты ашык эпсиз эр
Какандан чыккан жутунуп,
Көпкөк темир кийинип,
Булгаласа сыр найза
Чыбык болуп ийилип,
Астындагы качыры
Баскан ташы быркырып,
Оозунан жалыны
Мурутун өрттөп шыркырап,
Эр Орго ошо келатат.
Оргосу опсуз эр экен,
Каканчындын Бээжинге
Орнотуп койгон чеп экен.
Кабагы бийик, өңү саз,
Кайратын көрсөң ыраак кач!
Мурутунун бир кылы
Баш бузган Балтай сабындай,
Мурунунун чоңдугу
Селебе кылыч кабындай,
Эки көздүн кычыгы
Төбөсү түшкөн көргө окшойт,
Ай маңдайын караса
Бөлүнүп чыккан төргө окшойт!
Балбанын манжуу билиптир,
Он эки батман чоюнбаш
Билегине илиптир.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Бөлөгү чабак турбайбы,
Келе жатат чоң Орго
Опол-тоодой көрүнүп.
Ок өтпөгөн чоң дүңгө
Берени белге курчанып,
Жер жарылып дуулдап,
Качырды санга бир салып.
Оргонун жайын сурасаң,
Кырк эшиктүү чоң Бээжин
Карыкандын балбаны,
Кабылса чыгып кетчү экен
Кармашкан жандын далдалы.
Алдындагы качыры
Учуп жетти дыркырап,
Жолой менен Эзкара,
Каражой баштап бул кандар
Таазим кылды чуркурап.
Таазымына карабай
Таза кудай эми урду.
Зың-зың этип кенебей,
Кара кытай, манжууну

Бучкагына теңебей.
Каалаганы кабылан
Кармашары Манас кан
Токтолбостон Кара-Суу
Тозоку экен мына бу.
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Кайкалаган качырды
Капталга тартып жиберди.
Карынга камчы тийгенде
Бурулбай моюн бурады
Чыдай албай Бозкачыр
Чымырканып чурады.
Балбан да экен, эр да экен,
Баатырың Орго турабы,
Манас канды көргөндө
Кан ичмеси бек кармап,
Кабагым, кашым деген жок.
Зыңгырады кенебей,
Айкөлүңдү карата
Айзаны сунду ченебей.
Балбандыгы башкача
Жутуучудай көзү кызарган.
Топчулугу бир тогуз
Топчулугун чыгарган.
Көк күбө кийип барбактап,
Этеги кетип далбактап,
Ала көөдөн эр экен,
Орго балбан дээр экен.
Кызыр чалган Манас шер
Кыйла күн тынбай салышып,
Кыргынды көргөн кайран эр
Он эки мүчө тең тууган,
Кырк чилтен жолдош шер тууган.
Торучаар санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Бек беттешип Оргого
Берениң Манас жетти эле,
Беренге жакын калганда
Учу болот, сабы жез
Уйпалгыр тоодой айзасын
Эр Манасты карата
Шилтеп келип өттү эле,
Торучаардан кабылан
Кыйшая берип кетти эми.
Таамай тийбей айзасы
Тайгылып тайып кетти эле,
Оңдоп кармап айзаны
Ойрон Манас кабылан

Артык балбан, ары шер
Айбаты күчтүү кайран эр
Болот кырдуу сыр найза
Болжоп кармап имерди,
Болжогон жерден жаңылбай
Болжолу жок Оргону
Муштап келип жиберди.
Жүрөгүнүн ортосун
Жара берип өттү эми,
Бел сөөгүнүн жүлүнүн
Жара берип өттү эми.
Мына ошондо чоң Орго
Боз качырдын үстүнөн
Ээринен эр тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Балбансынган баатырдын
Күркүрөп жүрөк түшүргөн
Заары күчтүү капырдын,
Айзасы учтуу ыктуунун,
Ааламдын баарысын
Айдап жүрүп кыруучу
Атактуу Орго мыктуунун,
Айза тийип кан кетти,
Чоң Оргодон жан кетти.
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап,
Болот учтуу сыр найза
Болжоп кармап имерип,
Кан ичме канкор, камбыл шер
Кабылганда Оргону
Качырынын үстүнөн
Көмө түртүп ийгени.
Көк туулга чарайна
Башынан учуп кеткени,
Аркасынан Кутубий
Манас, Манас жөкөрү
Жебеден мурун жеткени.
Атка оюнпоз, жөө күлүк
Ажыратып алгыча
Азыр болгон Кутубий
Башын кесип кеткени.
Орго аттан түшкөндө
Улугу көрүп Эзкара
Өкүрүк салды күйүнүп,
Кытайдан Орго кан өлдү,
Орго өлгөн жок ошондо
Бүтүн Бээжин баары өлдү.
Бел байлаган бел өлдү,
Белгилүү Орго шер өлдү.

Оргонун жайы мамындай:
Кийгени темир тон эле,
Алганы түмөн кол эле,
Ааламдын баарынан
Атактуу Орго зор эле,
Бул Оргонун чоңдугу
Каканды тозгон тор эле.
Оргону соргон бул канкор
Чалышып чама келеби,
Сайышып адам жеңеби,
Каарданды Эзкара,
Манасты каптап жетүүгө,
Каптаган экен кутургур
Курчап каптап кетүүгө.
Айдаган экен көп колун,
Жайган экен алдына
Темир аркан көк торун.
Каарданып күүлөнүп,
Каражойго сүйлөнүп:
«Артык мерген эр элең
Ачылган жерге байлай ат,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Тозоктуу бурут канкордун
Торучаарын жайлай ат!
Атынан жөө кылбасак,
Андан кийин кырбасак
Түп көтөрө жетүүчү,
Түпкө чейин кубалап,
Түгөл кырып кетүүчү.
Чабышса чама келбеген,
Күрөшүп менде жеңбеген,
Күйүп кеткен бурутту
Кайратты катуу сала көр» -
Деп, ошентип, Эзкара
Калдайдын баарын бакырып,
Канынын баарын чакырып,
Капталынан Эзкара
Калың кол менен айгайлап,
Качырып айза салды эле
Бөйрөгүнөн кан Жолой
Аламан коюп калды эле.
Кыр жагынан чоң Дөөдүр
Алп дөөсү менен каптады,
Кылыч алып кыйкырып,
Кыжылдап кытай баарысы
Кыр-кырынан каптады.
Кыйын мерген Каражой
Айкөлдү аңдып атканы.
Кара туман сел болуп,

Каптаган кытай эл болуп,
Манас жалгыз, кытай миң
Айкырып айза сунду эми,
Жалгыз Манас эриңди
Акыр-такыр кылды эми.
Камышты көр, селди көр,
Каптап кеткен элди көр!
Уйгу-туйгу селди көр,
Урушуп жаткан элди көр,
Мунарык туман чаңды көр!
Айзаларын арбайтып,
Айбалтасын дардайтып,
Каптап калган элди көр!
Мунарык учуп жүргөн чаң
Каптап кетти калың жан.
Мунарыкты, чокту көр,
Буй кылып тийген топту көр,
Топтон чыгып топулдап,
Мөндүрдөй жааган окту көр!
Уйгу-туйгу балбаны,
Орго баатыр өлдү - деп,
Ал Оргонун айынан
Кара жанын аябай
Каптап жатып калганы.
Жамгырдай саадак жапты - дейт.
Жан аябай урушуп,
Каптап кытай жатты эми.
Добулбас катуу кагылып,
Кайнап жаткан кытайлар
Каптап кирди жабылып,
Кабагым-кашым дебестен,
Ажалды кылча көрбөстөн,
Бет алган жерге жол салып,
Жер жайнаган кытайга
Жеке көк жал кол салып,
Торучаар менен ойнотуп,
Толкуган кытай, манжуунун
Тобун чечип сойлотуп,
Ошо күнү жаныбар
Айбандан тулпар Торучаар
Арсланга ылайык
Манас менен Торучаар
Экөө бир күн туулган,
Кыраанын Манас барында
Кытайга салган чуулган.
Канкоруңдун Торучаар
Керишке минсе кебелбес,
Оорукка минсе оорубас,
Чалгын минсе чарчабас,

Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин бууданы
Ошо согуш майданда
Моюнун жерге салыптыр,
Болжолсуз чуркап алыптыр.
Торучаар оозун бурушуп,
Толгон кытай, манжууга
Тополоң салып урушуп,
Кытайды кырып аралап,
Жеткен жерин айзалап,
Жеткилең жаңжал чоң болду,
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүлөрү кайдалап,
Калмактардан кан Жолой
Айзакерден ыктуу экен,
Кытайлардын Каражой
Өткөрө мерген абыдан
Жоонун айласын билген мыктуу экен.
Капталынан Эзкара
Качырып кол салды эле.
Ажал жетсе өлөм - деп,
Өлбөй аман мен болсом
Айкөл Манас шериме
Караан болуп берем - деп,
Эзкараны Кутубий
Тооруп калган кези экен,
Баатырдыгы Кутунун
Озуп калган кези экен.
Жекелешип турушуп,
Кутубий менен Эзкара
Жекеме-жеке урушуп,
Айза кармап калышып,
Кез келген жерге сайышып,
Эсепти эптеп табышып,
Айзалап жакын келгенди
Айбалталап чабышып,
Кекээрдешип турушуп,
Кезме-кезек урушуп,
Аябай кызык болушуп,
Өлчөөсүнө келишсе,
Айза менен коюшуп,
Аны мындай таштайлы,
Кыраан Манас шериңдин
Бул кылыгын баштайлы.
Карыпчысын калдайтып,
Калың балбан жанданды,
Калмактардын Жолою
Ала көөдөн Айкөлдү
Астынан чыгып алдады.

Ачбуудан оозун бурду эми,
Жоо-жарагын шайланып,
Айкөл шердин алдынан
Амалды кылып турду эми:
«Манас десе барбайдың,
Суугa салган чаначтай
Барбалаңдап дардайдың,
Каарды катуу баштадың,
Кан Эсендин элчисин
Эченин кырып таштадың.
Кочкуну союп коройттуң
Эр Дөңгөнү жалмадың.
Жорукуйрук, Жоон алп
Калтырбай баарын аймадың.
Ордо келсе ордуңбу,
Оңой эмес кылыгың
Катылганды сордуңбу?
Балбандарды алдым - деп,
Барбактап калган экенсиң.
Ааламга моюн бербейм - деп,
Дардактап калган экенсиң.
Менин жайым бээлеп бил,
Белгилүү Жолой зор болом,
Бабаң Каракан өлгөндө
Ушу турган бурутту
Так ушу колум оңдогон!
Каарым келди какайдым,
Кан Оргону өлтүрүп,
Казыр тийдиң жиниме!
Белди бекем буамын,
Карап тургун мен сени
Мекеге чейин кубамын!
Ала көөдөн, ой канкор
Берен Жолой мен атым,
Бери чыкчы көрөйүн!» -
Деп, ошентип, эр Жолой
Айза имерип турганы,
Муну Манас көргөндө
Каарды катуу баштады,
Алты шердин кенжеси
Арбагы артык кабылан
Жандан кечип таштады.
Канкорлук жөнү ушундай
Каарданып камынды,
Канкоруңдун өзүнө
Кайыптан акыл табылды:
«Беттешсем качып барбактап,
Капыр болгон экенсиң.
Кечилдин баарын кырдырып,

Эми келип керишкин
Жолой, сен, баатыр болгон экенсиң!
Кең Алтайдын тоорагы,
Тоорактуу жоргодо,
Он экиге толгондо
Тозокту чогуу бир салдым,
Кечилдин кесип кекесин
Миң төөдө чайың бир алдым.
Келжиреген куу калмак,
Анда сен кайда кеткенсиң,
Калың колуң кубалап,
Алтайдан айдап чачканда
Астыма түшүп калдактап,
Атаңдын көрү, соргок ит,
Эсенкан көздөй качканда
Каарды катуу баштадым,
Калкыңды кырып таштадым!»
Канкор көк жал кабылан,
Камбыл тууган зор Манас
Кагыштан кайра тартпаган,
Даңгыл тууган зор Манас
Опсуз болот айзаны
Оңдоп кармап алганы.
Жүрөктүн таамай бети - деп,
Өпкөнүн бияк чети - деп,
Колкосунун өзү -деп,
Кызыталак Оргонун
Коркурай турган кези -деп,
Көк жалдын жайы бир бөлөк
Кыраан тууган кургуруң
Бел артында мекчейип,
Кан ичер көзү ошондо
Чыгып кетчү эмедей
Ары жагында чекчейип,
Кабыргасы качырап,
Маңдайдагы кашка тиш
Таруудайдан бачырап,
Тегерегин карабай,
Теги эле жанын аябай:
«Опол-тоодой Оргого
Каарды катуу мен салдым,
Жылкың эмес уюңду
Жылас кылып бир алдым.
Анда кайда сен элең?
Алышарың чын болсо
Калмактардын чоң Жолой,
Алдыңкы жерден качпай тур», -
Деп, ошентип, эр Манас
Кан Жолойду бет алып,

Жолборстой көзү көрүнүп,
Ажыдаар каары билинип,
Ачкан көзүн жумбастан
Сунган айза тартпастан,
Каары келип билекке,
Кайраты келип жүрөккө
Торучаар санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Бакырайып көз жайнап,
Артык көк жал берендин
Кан ичмеси чын кармап,
Колдогону бир тогуз
Колдоп алган кези экен,
Жөлөгөнү бир тогуз
Жөлөп калган чагы экен.
Айза сунуп күркүрөп,
Ачып көздү жумгуча
Эр Жолойго жетерде,
Калмактардын кан Жолой
Ырас бала ал Жолой
Ысыгына баталбай,
Суугуна жеталбай
Ачбуудан оозун буралбай,
Арсландын жайын көргөндө
Чыдап Жолой туралбай,
Бугудай моюнун буратып,
Бута бою борчукка
Чыга берди чуратып.
Астындагы Торучаар
Канаты бар чын тулпар
Ээленип, жулкунуп
Ээн калган Торучаар
Эри өлгөндөй жулкунуп,
Оюрмалуу белестен
Оңдонуп кайра тарткыча,
Бура тартып бууданы
Жолойду көздөй кайткыча
Эр экен Манас ээлигип,
Ары жагында чоң мерген
Каражойго жолугуп,
Адамдан бөлөк иш кылып,
Албан түрдүү кубулган,
Кытай бузуларда чыгуучу
Казыналык чоң мерген
Катылса салат чуулган.
Ал Каражой капырдын
Артык жайчы, оюнпоз
Амалы артык озуптур,
Алачыктай кара таш

Кара таштан Манасты
Мерген чочко тозуптур.
Мергендикке тазасы,
Бет алып Манас барганда
Белен турган машасы.
«Чолок сүбөө бети - деп,
Олоң тартар биягы
Тердиктин төмөн чети» - деп,
Ал Каражой баатырың
Бет алганы кетпеген,
Огу сая өтпөгөн
Оңой эмес чоң мерген.
Бура тартып көк жалың
Жолойду көздөй дыр койду,
Кара жашыл тон кийип,
Кадимки мерген Каражой
Торучаарды бир койду.
Кайып күлүк Торучаар
Мүдүрүлүп тик түштү,
Кулжадай көзү кызарып,
Кутургур атып ийгенде
Ошо жерге бүк түштү.
Болкулдап басып аяныл,
Капыр каптап келгенде
Турган экен көк жал шер
Бозкелтени таянып,
Капа болду кайгырып,
Биттейинде бириккен,
Бармактайда баш кошкон.
Торучаардан айрылып,
Добулбас бекем кагылып,
Кайнап жаткан көп улук
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Түп көтөрө жабылып,
Бияк жагын караса
Эзкара, Жолой бакырат,
Шуру отогот, маржан таш
Турган канын чакырат:
«Күрмө кийген күчтүү кан
Күркүрөп чогуу каптай көр,
Таш сайынган тазалар,
Кызыталак бурутту
Такыр жерге таптай көр!
Башына коок кийгизип,
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Эр Эсендин алдына
Тирүү байлап баргыла!
Башы Какан, Бакбурчун

Кандыгын сурап калгыла,
Темир аркан торчондор
Теминип чалма салгыла,
Тегиз канжар колчондор
Бет-бетиңден баргыла!
Кызыталак канкорду,
Кыйраткыла таптакыр
Кылымды бузган анткорду.
Балааны башка салгыла,
Барбактатып көк жалды
Тирүү байлап алгыла!»
Бул буйрукту укканда
Балбаны каптап кыжылдап,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Жабылды балбан кыжылдап,
Күн кылкылдап бөлүнбөй,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Асман ачык, жер бүркөк
Ач кыйкырык чуулган
Каптап капыр кагышып,
Калайманды салды эле,
Дүнүйө жүзүн чаң каптап,
Жөө туман түшүп алды эле.
Очогор үнү бапылдап,
Бияк жагын карасаң
Калың колду токмоктоп,
Айдап Жолой таркылдап,
Бул кылыкты көргөндө
Баатырды байлап алууга
Жаанын огу кыркырап,
Саадактын огу шыркырап,
Аткандары кытайдын
Алеңгир жаа, сыр жебе
Алтайдан бери көчкөндө
Буйрук кылып Эсенкан
Кытайлар салган аңгеме.
Аттан Манас айрылып,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Капа болгон көрүнөт.
Торучаарга кайгырып,
Сырттандыгын мындан бил,
Зың-зың этип кенебей,
Кара кытай, манжууну
Турган экен арсланың
Бучкагына теңебей.
Күмүш кемер курчанып,
Күркүрөгөн эрендин
Күндөй бетин нур чалып,

Алтындан кемер курчанып,
Айкөлүңдүн ошондо
Айдай бетин нур чалып,
Манжуу, кытай саксактап,
Алысыраак жеткенде
Айза менен бир саят,
Андан жакын келгенин
Айбалта менен бир салат.
Колундагы боз келте
Оңго ооп, бир атып,

## 16 Кошойдун келип, Манаска кошулганы

Оргуган чаңды караса
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Абаң Кошой ал экен.
Керкабылан күлүгү,
Кериш кылып кошулган
Бул Кошойдун бүлүгү.
Абаң Кошой карыя,
Адамдан башка олуя
Көөдөнгө батпайт көп санаа,
Көкжал Манас султандын
Көзүнүн жашы он талаа.
«Каза жетсе өлөм - деп,
Канкор Манас шериме
Карыганда мен Кошой
Караан болуп берем» - деп,
Эң кайраттуу эр неме
Көк темирдей куралып,
Он эки миң кол алып,
Ойрондорун сулатып,
Солго ооп, бир атып,
Солтондорун сулатып,
Артын салса айкөлгө
Капыр жетет чуркурап,
Асты жагын караса
Таш сайынган кытайдын
Тазалары ошондо
Кача берет дыркырап,
Эрендери энтеңдеп,
Кыйкырып айза сунганда
Манжуулары барбактап,
Тегеректеп турганда
Ач кайкалаң накыстан,
Ат өткөлдүү жапыздан,
Бетегелүү кайкаңдан,

Белеси бийик тайпаңдан
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө
Кырк уруу кытай Эзкара
Бул экөөнөн жан чыгат.
Чачпай колун чогуу алып,
Бусурмандан алп алып,
Кайраттуудан жалпы алып:
«Алтай бойлоп коном - деп,
Айкөл Манас канкорго
Арка болуп берем - деп,
Каза жетсе өлөм - деп,
Канкор Манас көк жалга
Караан болуп берем» - деп,
Жер тумандап чаң болуп,
Желиккен ураан жан болуп,
Эрендери ээлигип,
Өлүмдөн кайра тартпаган
Көйкашканын баарысы
Алды менен желигип,
Асманга учуп топурак,
Калың кол: «Чү» - деп, топурап,
Сыр найза учу жаркылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Жер тумандап чаң болуп,
Катагандан кан Кошой
Туу кармаган ал болуп,
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай:
«Ажал жетсе өлөм -деп,
Алакандай бусурман
Өлгөнүнө ошондо
Ыймам болуп берем» - деп,
Ала чапан Айкожо
Анжыяндан ал келген,
Курун селде чалынган,
Кудуретке жалынган,
Букарлыктан чоң молдо
Мунун колу дагы арбын,
Жолдогусу дагы көп.
Жип куюшкан, жип олоң
Мингенинин баары айгыр,
Чомдогусу андан көп.
Казактардан Айдаркан
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өлөңүн айтып чуркурап,
Казак колу бир бөлөк,
Ак сакалы бир кучак
Кыйбанын каны Музбурчак.

Эч ким беттеп барбаган,
Эңкейтип менде албаган.
Бузулган-Чамбыл жердеген,
Эңкейтип менде жеңбеген,
Жоо дегенде шайланган,
Ар кимиси жанына
Кылычтай бычак байланган.
«Ажал жетсе өлөм - деп,
Асыл Манас балага
Караан болуп берем» - деп,
Кан Буудайык өзү бар.
Курган Кошой жолдошу,
Кудайназар -Куучокмор
Астыга салса алманы,
Аркага түшсө балбаны
Ач айкырык чуу баштап,
Абаң Кошой баш болуп,
Кара кытай, манжууга
Абаңдын салган жаңжалы
Мылтык атып, жаа тартып,
Камгак учкан эмедей
Аралашып калганы.
Караса көзгө илинбей,
Капыр менен бусурман
Карсылдашып калганда
Кайсы экени билинбей,
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Жаанын огу чыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлдү шыркырап,
Эрендери элтеңдеп,
Эрки менен болушуп,
Кемегедей бир жерди
Керте чаап жиберип,
Кийими менен коюшуп,
Кыжылдаган көп аскер
Бет алышып калышып,
Беттешкенде берендер
Берен жанды аябай,
Айза менен малышып,
Жакалашып кармашып,
Алы жогун алдуусу
Кармап алып жайлашып,
Айбалта менен чабышып,
Камчы менен кагышып,
Жакалашып кармашып,
Алдууларын алдуусу

Ач буурадай чайнашып.
Алышкан колдун ичинде
Нелер бар да, нелер жок!
Колу сынып кокуйлап,
Качкандары мындан көп.
Буту сынып ошондо
Жаткандары мындан көп.
Беттешкенде көп аскер
Кулагы түшүп култуюп,
Качып жүргөн мындан көп.
Мурду түшүп мултуюп,
Шашып жүргөн мындан көп.
Тополоңдоп урушуп,
Кара чокмор, айбалта
Көтөрүшүп калды эми,
Калмак, кыргыз беттешип,
Былчылдашты салды эми.
Былчылдашып урушкан,
Колду мындай таштайлы
Торучаар окко учуруп,
Тоодой болуп жөө турган
Тоодой Манас кабылан
Андан кабар баштайлы.
Калың кол каптап баргыча
Болкулдай басып аянып,
Боз айзаны таянып,
Капка таш басып токтоптур,
Кабыланың ошондо
Кан Кошойду жоктоптур:
«Кыргыздардан кан Кошой
Касиеттүү жан эле.
Алышкан кытай, манжууга
Арка болуп барам - деп,
Ажыратып алам - деп,
Абам Кошой көк жалдын
Убадасы бар эле.
Унутту бекен абакем,
Күн эсеби болду эле».
Айтып Манас тургуча,
Ачып оозду жыйгыча,
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай
Ничке жолду төтөлөп,
Ала чапан Айкожо
Асый чыкма Айбанбоз
Алган экен жетелеп,
Бет алдына Манастын
Беккожо барып турганы,
Берен калган Айбанбоз

Беренге тартуу кылганы.
«Ата, Манас, кабылан
Кабарың угуп Айкожо
Жердин үстүн чалдырдым
Тетиги кең Котондун нары жагы
Керме-Тоонун бери жагы
Медиян чөлдү чалдырдым,
Арга жүктөп, зер берип,
Так ошондон алдырдым,
Шер экениң билгемин,
Жалгыз туума чоң Манас
Минсе экен деп жүргөмүн!
Айбанбоз коштоп чыкканда
Алдага жүрдүм зар ыйлап,
Түшүмдө көрүп мен сени
Айбаттуу көк жал кабылан,
Атайы келдим арынап.
Канжыгамда суп чепкен,
Өзүң кийсең куп чепкен
Жакасында каты бар,
Казатка Манас киет -деп,
Каран кылган бул тондо
Жазылып жүргөн аты бар.
Белекке бердим кийиңиз!
Айбанбозду сен минип,
Бейпайды бекем салыңыз.
Бейжай кара кытайдан
Алакандай бусурман
Ажыратып калыңыз!»
Ала чапан Айкожо
Алты жол кармап колунан,
Болкулдап Манас ошондо
Боз чепкенди кийди эми,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кызыр чалган кабылан
Боз сеңир тоодой көрүнүп,
Кажылдаган калмактан
Кан ичме көк жал чочунуп
Айкожо берген Айбанбоз
Азыр эми токунуп,
Айкөлүңдүн Акканкы
Айбанбозго чак каңкы
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арка кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир
Эңишке минсе эңкейбейт.
Аркасы бийик, зээри бас
Урушка кирсе ылайык.
Айкөлүңдүн чоң боз ат

Көмөлдүрүк куюшкан
Көбүнчө боо жарашат,
Айбанбозду алпарып,
Айкожо тартып турганы,
Араң турган көк жалың
Ат көзүнөн учуптур
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады.
Жетиктеп белин курчанды,
Жети сан кара кытайга
Жеке аралап кол салды.
Арсландай көзү жайнады,
Алышпай Манас калбады.
Каарданып бакырып,
Канкор Манас ошондо
«Манастап» ураан чакырып:
«Манас! Манас! Манас!» - деп,
«Манастап» ураан салганда
Өлгөнүнөн калганы
Жалпы баары угуптур,
Бусурмандын балбаны.
Адырдан чыкты бакырып,
Ала чапан Айкожо
«Манастап» ураан чакырып,
Кашаттан чыкты бакырып,
Айчыгы алтын туу тартып,
Азиреттеп чуу тартып,
«Манастап» ураан чакырып,
Кыядан чыкты бакырык,
Тирүүсүн таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган,
Казактардын Айдаркан
«Манастап» ураан чакырып.
«Кыраңдан чыкты бакырык,
Кыйбанын каны Буудайык
«Манастап» ураан чакырып,
Ойдон чыгат бакырык,
Ойдун-тоонун баарысы,
«Манастап» ураан чакырып.
Тоодон чыкты бакырык,
Ою менен баарысы
«Манастап» ураан чакырып,
Бузулбай манжуу көп колго
Бурулуп кирип кол салып,
Кашаадай турган калмакка
Кайра сайып, жол салып,
Алкым жагын айкөлүң
Айдап тийип келди эле,
Кутпа жагын Кутубий

Куйкалап айдап сүрдү эле,
Алкым жагын Кошой кан
Айдап келип тийди эле.
Кара талдай капырды
Кайра сайып кубалап,
Канкор Манас жапырды.
Бусурман кууп алганда,
Кыргынды кызык салганда
Манас сайып өтүп жүр,
Кошой башын кесип жүр.
Кошой сайып өтүп жүр,
Манас башын кесип жүр.
Ээр белдей мойнокту
Ашып кетип баратат,
Өлгөнүнөн калганы
Качып кетип баратат.
Өз дүйнөсүн кытайлар
Чачып кетип баратат.
Адыр-күдүр жерлерде
Айза калып короюп,
Күрмө кийген күчтүүлөр,
Таш сайынган тазалар
Талаада өлдү сороюп.
Эчен мыкты тулпардын,
Чылбырлары чубалып,
Айза тийип алп дөөсү
Кырылган экен тырайып,
Уйгу-туйгу сороктоп,
Шашып жүргөн мындан көп,
Тоо-тоо бойлоп антаңдап,
Качып жүргөн мындан көп.
Алапайын таба албай,
Шашып жүргөн мындан көп,
Белгилүүдөн кан өлүп,
Бет алгандын баары өлүп,
Ал жолку барган калың кол
Колдун болуп арты жол,
Эрендери, кандары,
Өлгөнүнөн калганы
Кошой кандын адамы
Алгылыктуу эрендер,
Айзакерден берендер,
Алтымыштан ат алып,
Айзакерден даңгылдар
Жоонун айласын билген камбылдар
Жетимиштен ат алып,
Жеткилең коркок эң кокуй
Жетиден олжо ат алып,
Алсызын өлүм кылышып,

Күжүрмөндөр тунушуп,
Бейпайды бекем салышып,
Көк жал Манас төрөнү,
Кайнаган колдон калың шер
Кадимки Манас султанды
Ажыратып алышып,
Кара талдай капырды,
Кайра тартып сапырды.
Күчтүүсү өлүп, алпы өлүп,
Күрөшкөндөр жалпы өлүп,
Бели күчтүү жан өлүп,
Бет алгандар баары өлүп,
Кайраты мыкты топ бузуп,
Кайраты начар жамандар
Качып-шашып окко учуп,
Эрендери, эрлери
Беттешип согуш кыла албай,
Акылдуусу, шерлери
Кайрат кылып тура албай,
Кол бузулуп быркырап.
Бузулган экен кытайлар
Каканга качып чуркурап,
Score Торучаар окко учуруп,
Төөдөй болгон ойронуң
Айбанбоз минген чагы экен,
Айгайлатып кытайды
Айдап калган табы экен.
Каарды катуу баштаптыр,
Келген колун кержейтип,
Кан Манас кырып таштаптыр.
Кең Алтайдын ары жагы
Тогуз тоонун урунуш,
Токсон суунун куюлуш,
Толгон жолдун тоому экен,
Эрдин эри чыдаса
Эптеп жолун чалчу экен.
Эселектер жол салса
Киши өлүгү калчу экен.
Кароолго келген адамын
Ач арслан, бөрүсү
Алгырынын жолборсу,
Кылыч ооз каманы
Кыйратып чалып жээр экен.
Баары Кытай Каканчын
Барса-келбес дээр экен.
Куш учпастын кысык жол
Кубалап Манас жүрдү эле,
Өткөлүктөн өткөрүп,
Кечмеликтен кечирип,

Өлгөнүнөн калганын
Өткөрө сайып жүрдү эле.
Жалгыз атын чубоодон
Ашып-шашып кытайлар
Ары жакка өттү эле.
Тар кысыкка барганда
Ошондо Кошой абакең
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Абасы Кошой карысы
Кармаган экен Манасты
Алп дөөсүнүн баарысы.
Каардантып жулкунтуп,
Айбанбоздун чылбырдан
Кармап алды булкунтуп,
Булкунгандан жулкунуп,
Айкырып Манас муну айтып:
«Коё бер, Кошой колумду
Тоспо менин жолумду!
Байлаба менин багымды,
Каканчындын Бээжинди
Бүгүн кырар кезегим,
Билип ал менин табымды!
Уруусу кырк ушул эл
Урушар жерим ушу жер.
Көп кызыккан Бээжиндин
Көк жалын айдап көрөйүн,
Көп урушуп кытайга
Кармашып канын төгөйүн!
Зордукчу кара калмакка
Аба, Кошой, коё бер,
Согуш кылып көрөйүн!
Карап, Кошой, кебимди ук,
Кара кытай, манжуунун
Буласын булап албасам,
Бузук кылып атышып,
Бузукту мыктап салбасам!
Кызыккан калмак бул журттун
Аласын ала качпасам,
Ак теңге булун чачпасам,
Оорукта журтун албасам,
Опсуз тентек салбасам,
Көп аскерин жиберип,
Тилептир мындай кызыкты
Манжуунун баары чогулуп,
Баштаптыр мындай бузукту.
Каарын катуу салыптыр,
Аласын ала качкансып,
Карап кылып мүлктөрүн

Казынасын чачкандай
Дарты кармап алууда
Жалынса жанды койбостон,
Жабылып кара калмактар
Тындым кылып салууда,
Төрөсүнгөн калмакты
Төбөсүнөн басамын,
Төрөлөрүн өлтүрүп,
Канына чейин кубалап,
Аянып карап турбайын,
Карылуусун кармайын.
Канына чейин кубалап,
Калтырбастан жайлайын!
Кең ачайын жолумду,
Кежир кара калмакка
Көрсөтөйүн сонунду!» -
Айкырып Манас муну айтып,
Каарданып калмакты
Айдап алган кези экен,
Айгайлатып айзалап,
Жайлап алган кези экен!
Бул кайратын көргөндө.
Берен Манас көк жалды:
«Кууп отуруп кытайды
Түбүнө чогуу жетет - деп,
Сан колуна кабылып,
Жалгыз туума көк жалдын
Ажалы бөөдө жетет» -деп,
Кошой абаң муну ойлоп,
Кабылан атка камчы уруп,
Кан абаң Кошой карыя,
Эң акылман олуя
Качырып жетип Манасты
Ат суулуктан алыптыр,
Каардантып жулкунтуп,
Кан Манасты булкунтуп,
Кошой кан кармап алыптыр.
«Көкжал Манас, тилимди ал.
Айтканым ушу билип ал,
Кайнаган кытай кара журт,
Кан ичүүдөн кайтпаган,
Өлөрүн билбес өжөр журт.
Адыр-күдүр аска тоо
Аңдабай ашар бел эмес,
Жапа тартып кытайга
Жалгыз кирчү эл эмес.
Минтпе, Манас, жөнү жок
Өтүк чечип, бут сунуп,
Ала-Тоо артык жериң жок,

Бээжин менен кармашсаң
Белсенип кирип салышар
Белгилүү кыргыз элиң жок!
Койгун, Манас, кулунум,
Бейжай кытай калың эл
Жалгыз бейпай болосуң.
Бекитилүү чеби бар.
Ал чебинин ичинде
Албан түрдүү эли бар.
Балбаны бар, дөөсү бар,
Чуркаса атка жеткирбес,
Үйрөтүлгөн жөөсү бар.
Бээжин оңой жер эмес,
Бет алып жалгыз урушуп,
Бейпайлашчу эл эмес.
Суук боор адам кирбеген,
Болот эшик дарбаза
Доор-кыямат болгуча
Эч ким сурак албаган,
Болумдуу экен байкаса
Кан акылман, каардуу журт
Катылган аман калбаган,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Эшик оозун кайтарган
Канча балбан зору бар,
Ошо зорлор жанында
Чуңкур казган ору бар,
Кайнатылуу шору бар.
Кызыталак кытайдын
Кармаса байлап алуучу
Камдалган илек колу бар,
Кармашкан түшөт туткунга
Катылышкан менденин
Маңдайында шору бар.
Түрүн билем кытайдын
Көк жалым, Манас, билип ал!
Бөөдө дууга жүрбөйлү,
Качырдык иттин колун - деп,
Каканга чейин сүрбөйлү.
Башта барып кабылан
Жети-Өзөндөй жер алып,
Азып-качып тентиген
Аз кана кыргыз элди алып,
Өзөнгө бойлой конолу,
Канатты калың камдайлы,
Кармашсак жеңип алгыдай
Калың аскер шайлайлы.
Ат жетүүчү жерди алып,
Ааламга татыр эрди алып,

Бекерге карап турбайлы,
Кулак угуп, көз көргөн
Тил алган колду жыйнайлы!
Кабарды катуу салалы,
Кулак угуп, көз көргөн
Бусурманды жыялы,
Кайнап жаткан капырга
Жана казат кылалы!
Кечикпей кекти алалы,
Кең-кесири баралы,
Жыл, он эки ай болгуча
Семирип-сергип калалы.
Аңгыча, Манас, тилимди ал!
Кылыч, мылтык шайлайлы,
Кыйындап сан кол камдайлы,
Ок жетпеген ат алып,
Он эки бирден бата алып
Белди чечер жер камдап,
Белеске конор эл камдап,
Канатты калың камдайлы,
Андан кийин кытайга
Балам, Манас, тилимди ал!
Кармалашып калбайлы.
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Атадан калган жерди таап,
Азган-тозгон береки
Аз бусурман элди таап,
Жарды барып байыйлы
Жалгыз барып көбөйүп,
Букара журттун баарысын
Бузулбаска зекитип,
Чын убада байлоо сөз
Барган журт менен бекитип,
Көк белес бойлой конолук,
Көк жалым, алсаң тилимди
Көк кенедей тололук.
Ак найза калың кыялы.
Акка кылып тобокел
Ал айзаны кармоого
Бусурман алпын жыялы,
Толкуган кара кытайга
Тоорулуп бузук салалы.
Кан абам Кошой айтты - деп,
Канча кебим билип ал,
Кызыр чалган султаным,
Ушу жолу тилимди ал!
Чарпышаарга чама жок,
Алышарга айла жок.
Азган-тозгон арыкпыз,

Ордолуу журттан айрылган
Ой, кулунум, тилимди ал,
Эс таба элек карыппыз!
Этибиз болгон көк жашык,
Калмак талап алганда
Каныбыз калган бир кашык.
Эңкейип кеткен белибиз,
Кара кытай, манжуура
Кул болуп кеткен элибиз!
Бул кыялды таштайлы,
Башкадан кыял баштайлы.
Өзөнгө бойлой конолу
Семирип-сергип оңолу,
Жылкыдын тандап табалык,
Алтайга чыдаар бууданды
Чеп кармап, таштан кыялык,
Өзүңдөй болгон эрдиги
Кырк чоро камдап жыялык!
Ордо күтүп, кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Жүктөөргө күчтү билди алып,
Канга кайта тартпастан
Кагышса канга тойбостон
Өзүңдөй уулдан миңди алып,
Баатыр, кармашарың Каканчын
Кайрылып казат салалык.
Кара кытай, манжуура
Кабат болсун биздин күч
Кайра тартып турушуп,
Кара кытай манжуунун
Кандыгын тартып алалык!
Мындан ары биз барсак
Түшөр жериң Алты-Шаар
Каратып өтөр калкым бар,
Карасам, уулум, көп эмес
Бусурман журту жалпы бар.
Айтканым ушу билип ал,
Ачууланбай кан Манас
Азыркы жолу тилимди ал!
Алты-Шаардын ал жери
Көнө-Турпан, чоң Кашкар
Лоп дарыя, ал Котон
Алымың алуучу жер ошол,
Кабылан Манас тил алсаң
Карата кетчү журт ошол».
Катагандын кан Кошой -
Көбүрөөк журтка карыя,
Көптү көргөн олуя.
Абасы ошол ал сапар

Айткан экен бир сөздү,
Акылга салган көп сөздү.
Кызырдуу Кошой карыдан
Кыйын нуска сөз угуп,
Кыйыны кыргыз - деп угуп,
Жети-Өзөн анын жери - деп,
Азган-тозгон аз кыргыз
Арсланыңдын эли - деп,
Абасы Кошой карыя,
Ааламда билгич олуя
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго киргизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго киргизип
Тозуп барып кан Кошой
Тоодой болгон төрөңдү
Алтайдан тозуп алыптыр,
Белгилүү Кошой абакең
Өчкөн отун тамызып,
Берен Манас султандын
Өлгөн жанын тиргизип,
Үзүлгөнүн улаптыр,
Чачылганын жыйнаптыр
Катагандын кан Кошой
Бир туткан бири ал болду,
Ошондо Кошой карыя
Оён Манас, көк жалга
Олуязаада жан болду.
Кайра тартып Алтайдан
Кара-Кырчын, Тал-Мазар
Бойлоп көп кол конду эле,
Кабылан Манас ошондо
Мазарга конок болду эле.
Мазарга конок болгондо
Эл эсебин алышып,
Элди катка салышып,
Манас жакка келгенде
Кутубий, Манас эр аман.
Кошой жакка келгенде
Кудайназар-Куучокмор
Кезигерге кезикпей,
Кезикпеске кезигип,
Орой чоку кырына
Айбалта келип жетиптир.
Чоң Жолойго кезигип,
Кайра келбес чын жайга
Кайран киши кетиптир.
Угар кулак, көрөр көз
Курган Кошой абаңдын

Куп жолдошу Кутунай
Каражой кулга аттырып.
Кашатка шейит болуптур.
Жоорукер минген Жортуучу
Кыр жагынан чалдырып,
Эзкарага сайдырып,
Бу да өлүм болуптур,
Ата уулунан ал төртөө
А дүйнө жүзүн көрүптүр,
Ал кытайдын колунан
Алышып жүрүп өлүптүр,
Андан бөлөк жан аман.
Казактардан Айдаркан
Кыйба каны Буудайык
Кан Кошой жээни Жүгөрү,
Кагышкан эрдин баары аман.
Анжыяндын Айкожо
Букарлыктын чоң молдо
Айкожонун Билерик,
Карадөң уулу Жарманас
Кайратман аман, ыктуу аман
Камчы чабар мыктуу аман.
Айзакер аман, эр аман,
Төртөөнөн башка бусурман
Кылы сынбай тең аман.
Кытай жактан кабар ал
Жети күн тынбай аралап
Манжуулардан Эзкара
Жетимиш жерде жара бар
Алтымыш күнү аралап
Калмактардын чоң Жолой
Кабылан экен Манастан
Алтымыш жерден жара жеп,
Каражой, Дөөдүр балбаны
Канчаларын кырдырып,
Кытайдан төртөө калганы.
Бээжинди көздөй жол тартып,
Төртөөнүн кылган арманы:
«Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болгон экенбиз
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болгон экенбиз.
Кан Эсенден кол айдап,
Оңбой калган экенбиз.
Канкорго чогуу кырдырып,
Болбой калган экенбиз.
Катуу бүлүк, чоң кыргын,
Кызыталак буруттан
Көргөнү келген экенбиз.

Калбастан чогуу кырылып,
Өлгөнү келген экенбиз.
Эсенкандын алдынан
Чыктык эле чыдабай
Жер жайнаган калың кол,
Калбай такыр кырылып,
Каткан экен биздин шор.
Байбай Манас шер экен,
Балакет салчу эме экен.
Канныбыз буйрук кылганда
Каптап сан кол барчу элек,
Катылгандын баарысын
Кыргын кылып салчу элек.
Азапты артык тартабыз,
Кырдырып колду салдык - деп,
Эсенкандай улукка
Эми кантип айтабыз?»
Жолой кейип барбактап,
Ат аябай жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Кабарды катуу салыптыр,
Эсенкандын алдына
Ашып-шашып антаңдап,
Төртөө жетип барыптыр.
Эсенкандын дарбаза
Кароодо Калдай каны бар,
Сакчылардын баары бар,
Жолоп адам барбаган,
Жолуккан аман калбаган,
Кайраты катуу, заары күч,
Улук экен Эсенкан
Бул капырдан күдөр үз!
Төрт балбан кирип барганда
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Бадышалык тагынан
Айбаттанып толгонуп,
Көк күбө тонду жамынып,
Көрөр болсоң Эсенкан
Көк жолборстой чамынып,
Мунарга жарык жагылып,
Коңгуроо катуу кагылып,
Аскер үркүп, журт дүрбөп,
Калайман түшүп, топо учуп,
Сакчылары, балбаны
Жоо келгендей чуркурап,
Добулбас кулак тундуруп,
Айбалта тийип быркырап...

## 17 Жолой, Эзкаралар Манаска жеңдирип, Эсенкандын алдына барганы

Калдай жарым кандары,
Уйгу-туйгу сороктоп,
Кечилдери, дөөлөрү
Айласын таппай короктоп,
Таштуулары, кандары
Мунусу кандай болду - деп,
Аң-таң калып антаңдап,
Эсенкандын жандары
Көз жетпеген мунара
Көбүнчө бийик көрүнөт,
Көрө калган адамдын
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Кежиге чачы үксөйүп,
Төбө чачы түктөйүп,
Улук экен Эсенкан,
Мунарадан чамынды,
Айласы кетип бул төртөө
Айтып жөнүн камынды.
«Жер майышкан туу алып,
Бурутту кармап алууга
Бурулуп уруш салганбыз,
Кызыталак бурутка
Кылчайбай кырк күн урушуп,
Кыргын болуп калганбыз.
Каарды Манас баштады,
Качкандарды тырайтып,
Бөлөктөрү жайлады.
Кыямат жүзүн көрүүдө,
Жарадар болуп биз качтык,
Кан Манастан өлүүдө.
Алтын жаак айбалта,
Колунда бар сыр найза
Кармай калып имерди,
Бир сайганда Оргону
Эки бөлүп жиберди.
Кайра тарткан урушта
Мүшкүлдү чындап баштады,
Мүдүрүлдү Торучаар,
Ала көөдөн көк жалдын
Астындагы Торучаар
Каражой атып таштады.
Темир аркан торчонду
Тегиз жыйып аларда,
Азыр кармап калаарда,
Маңдайдан чыкты бакырык,
«Манастап» ураан чакырып,
Кыргынды кызык баштады,

Катагандын кан Кошой
Ал канкорго кошулуп,
Кыргын кылып таштады.
Бул буруттун Манасы
Ааламды алгыдай,
Кыргын эли каптасын,
Кыйын экен куу бурут
Кыргын кылып салгыдай.
Берендер беттеп барганда
Берен Манас төрөнүн
Бейжайлыгын бир көрдүм,
Каарды катуу баштады,
Беттеп барган балбанды
Белчеден бөлүп таштады.
Айбаты катуу, заары күч,
Кызыталак бурутуң
Кырып койду бизди түз.
Каарды катуу баштады,
Канча түмөн кол элек,
Баргандардын баарысын
Такыр кырып таштады.
Бул буруттун Манасы
Оңой-олтоң уул эмес,
Кырк кандын эли кытайды
Кыйратпай койчу кул эмес.
Белгилүү экен, шер экен,
Менде жеңип ала албайт,
Беттешкен адам аман-соо
Бери багып түк калбайт.
Алты күнү аралап,
Эзкара чыкты кан болуп,
Алтымыш жерден жара жеп,
Жолой кирди аралап,
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп.
Араң келдик өлгөнү,
Кыйын мүшкүл иш көрдүк
Кыямат жүзүн көргөнү.
Бет алдыңа биз келдик,
Мээнетти бурут баштады,
Таш сайынган тазаңды
Такыр кырып таштады.
Мүшкүл кылды ишиңди,
Бүлдүрдү кыйла кишиңди.
Көрсөттү кыйын сонунду
Таш-талкан кылды колуңду.
Койгулашып туруштук,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып уруштук.

Калдайыңды калдайтты,
Жиберген Орго балбанды
Бир сайганда далдайтты.
Ойронду опсуз баштады,
Кез болгонду кыйратып,
Такыр кырып таштады.
Кейишти кенен баштады,
Кечил тийсе колуна
Кежир экен куу бурут
Кержейтип кырып таштады.
Көңүлдө күйүт бушманды
Көрбөй калган экенбиз,
Алтайда туулган душманды.
Телегейи тең экен,
Теңир урган бул бурут
Ааламдан артык эр экен.
Кең-Алтайдын Кара-Суу
Адамдан чыкпайт мына бу,
Кырып-союп кыйратып,
Балбанга салды ызы-чуу.
Бейлеп-каным, ойлонгун,
Мендеден чыкпайт мына бу!
Жолуккан аман калбады,
Каары катуу канкорго
Жолоп балбан барбады.
Акыл-ийлеп, ой ойлоп,
Атын атып салууга,
Анан кармап алууга
Жөө күлүктү камдадык.
Камбыл экен Каражой
Каарды катуу баштады,
Торучаарын томпойтуп,
Анда атып таштады.
Барбайып жөө калганда
Сизге байлап келүүгө,
Тартуу кылып бурутту
Так өзүңө берүүгө,
Айкырып айза сунуштук,
Күн-түнү жети күн
Жөө турганда уруштук.
Октос берсе сур жолборс,
Ойлосок мындай жан болбос.
Кызыталак канкордун,
Кылымды бузган анткордун
Бейлесек көңүл бөлүнөт,
Мендеден башка көрүнөт.
Бир карасак бир киши,
Кызыталак канкоруң
Бир карасак миң киши.

Астын салып качырса -
Беттешкен чыдап туралбайт,
Ажыдаардын түрү бар.
Аркасынан караса -
Алты миң эрдин сүрү бар.
Ала албай келдик Манасты,
Кыраан да экен, шер да экен,
Кылыгы бөлөк, заары күч
Кылымды бузган эр экен.
Тегеретип барбактап,
Бурут жөө калды эле,
Акылга даңгыл карысын,
Айдап кирдик Манаска
Балбандардын баарысын.
Темир аркан торчонду
Тегиз айдап биз бардык,
Тегиз канжар колчоңду.
Аламанды койгондо,
Айкырыкты сунганда,
Алалык деп канкорду
Кайрат кылып турганда,
Айкырык сунсак айзанын
Белинен кыйрап корооюп,
Темир аркан торчондор,
Тегиз канжар колчондор
Өлүп калды тороюп.
Айза сайып, ок атып,
Кармашып ал жете албай,
Эзкара, Жолой экөөбүз
Өзүбүз калдык сороюп,
Алтайда туулган канкорду,
Балбанды кырып кысканы
Байкап турсам сыягы -
Каканчындын душманы.
Каарды катуу баштады,
Кан Эсенкан, сөздү ук,
Кара таандай аскерди
Калтырбай кырып таштады.
Улуксуган кан өлдү,
Кызыталак буруттан
Ушунча жандын баары өлдү.
Кез болгон өлбөй тартпады,
Бет болгон аман кайтпады.
Кечилден кыйла жан өлдү,
Кызыталак буруттан
Кез болгон жандын баары өлдү.
Алтайда кайдан туулган
Атаңдын көрү, бул бурут
Ааламга салган чуулган!

Эпсиз экен куу бурут,
Кулак угуп, көз көргөн
Эч жерден чыкпайт мындай ит!
Жан коюучу уул эмес,
Каканчынды, Бээжинди
Тынч коюучу кул эмес.
Кең Алтайдын түзүндө,
Киришти кылдык канкорго
Коңур салкын күзүндө.
Атышты арбын кылыштык,
Аламан коюп туруштук.
Мылтык атып, жаа тартып,
Катуу каптап уруштук.
Беренден эчен кан өлдү,
Жекене белге курчанды,
Жер жайнаган кол барса,
Жеке кирип кол салды.
Зың-зың этип кенебейт,
Улуктарды, дөөлөрдү,
Айзачанды, эрлерди
Бучкагына теңебейт.
Шашып кайгы жеген жок,
Жамгыр кылып, жаа тартсак,
Мөндүр кылып, ок атсак,
Кызыталак канкоруң,
Кылымды бузган анткоруң
Кабагым-кашым деген жок.
Сырдуу найза колго алып,
Берен экен бурутуң
Белинен кармап имерди,
Берен экен бурутуң,
Толкуп жаткан аскерди
Тополоңун тоз кылып,
Тобун чечип жиберди.
Эңкейгенде эр саят,
Эң эле жандан түңүлдүк.
Эчени катар бир саят,
Койгулашып жан өлдү,
Катуу каардуу буруттан
Бет алгандын баары өлдү.
Кочкуларды коройтту,
Кол салгандын баарысын
Кесип-жанчып торойтту.
Бизди бери кууганга
Кутуруп канкор жутунду.
Алтайдагы кырк түтүн
Чаап кел деген ал журтуң
Аман кетип кутулду.
Алым ал, - деп, жумшадың,

Алым, - деп барып алдырдык,
Ара жерде эрлерди
Арсланга чалдырдык.
Алым тургай, бок бербей,
Кырк түтүн кетти жерине,
Байдасы тийип Манастын
Баары бурут кутулуп,
Көчүп кетти элине.
Теликкуш кетти жерине,
Темтейип жүргөн букараң
Тентиген кетти элине.
Көзүбүз көрдү Манасты
Көк жал да экен, шер да экен,
Эңкейтип адам жеңгисиз
Таалайы артык эме экен.
Кыргынды биз да баштадык,
Биз да өлтүрүп таштадык.
Ала албай келдик буруттун
Акбалтай, Жакып карысын,
Куткарып ийдик ал жетпей,
Кырк түтүндүн баарысын.
Алымың жетип алалбай
Арада калдык торойюп,
Кыйын шерге кабылып,
Кыргын болдук соройюп,
Алп дөөнүн баары союлуп,
Алп дөөлөрдүн этине
Карга, кузгун тоюнуп,
Түзөңдүн баары чаң болду,
Колоттун баары кан болду.
Минте берсе ал канкор
Алышса ал жеткисиз,
Алам - деп, тиштеп кайсаса
Арсландын тиши өткүсүз.
Абайлабай калыппыз,
Алтайда туулган уул экен,
Абайласак кан Эсен
Бээжинге бүткөн чуу экен.
Каарданса ал канкор
Калайманды салгыдай,
Качырып кирсе кол салып,
Казынаң бузуп алгыдай.
Кайнап жаткан кытайдын
Канчалык калкын билгидей,
Кырк уруу кытай элиңди
Каргадай айдап сүргүдөй.
Таажыңды тартып кийгидей,
Тагыңды тартып мингидей,
Такыр айдап кытайды

Чоң-Бээжин көздөй сүргүдөй.
Бурканды мурда бузгудай,
Бул түрүн көрдүк буруттун
Бузукту мыкты салгыдай.
Кайра баштан күчөсөң,
Каарданып кол жыйсаң,
Кырк кандан түгөл мол жыйсаң,
Калайык өлөт, кан өлөт,
Каары катуу канкорго
Катылган жандын баары өлөт.
Эңкейтип менде жеңе албайт,
Эч ким беттеп бара албайт,
Аман болсоң көрөсүң,
Ал Манастын кызыгын,
Каканчындын Бээжинге
Катуу салган бузугун.
Кыргын салар себеби -
Кара көк жал шер экен,
Бээжин эмес, ааламды
Айдап билүүчү эр экен.
Чабышкан чаркы келгисиз,
Сайышып менде жеңгисиз.
Мендеден түрү бир башка,
Аман болсо Бээжинге
Бейпайды салат көйкашка.
Бурутка келген ал бир шер,
Ааламда болбойт мындай эр.
Буурсунду бурдурбайт,
Кызыталак бул бурут
Бул Бээжинге турдурбайт.
Жакалашып урушсак,
Жаңжалды катуу кылышсак,
Шамыянды шайлатпайт,
Кош өгүздү байлатпайт,
Жердин бетин ачтырбайт,
Кочуш тукум чачтырбайт.
Кыйын сөз айттым карап тур,
Кытайдан чыкпайт мындай уул.
Кан Манас туулган тушу бар,
Калың Какан журтуна
Кара саат ушу бар.
Баатыр да экен, шер да экен,
Башкача туулган эр экен.
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсак
Жер жүзүнөн кең экен!
Кан Эсенкан, кебимди ук,
Кайрылып кайта барбаймын,
Манаска согуш салбаймын!

Жолобойм андай канкорго,
Жолукпаймын анткорго,
Каарын көрүп күйүндүм,
Кара жандан түңүлдүм.
Айбаты катуу Манастын
Акылын эптеп табыңыз,
Ачууңуз келсе, Эсенкан,
Тирүү келген төрт кандын
Азыр башын чабыңыз!
Эсенкандын алдына
Эзкара, Жолой - эки кан
Билген менен туйганын,
Уккан менен көргөнүн
Айтып берди ушинтип,
Угуп алып Эсенкан
Капкасы бекем жабылды,
Кан эсинен жаңылды.
Калың бурут ал журттун
Калкын каптап кырганда,
Чоң атасы Каракан
Абыдан карап калганда,
Кыйла журтун кырганда,
Кызын олжо кылганда,
Бээжинден чыккан чоң аяр
Журтун сынап турганда
Чоң аяр айткан бир сөздү,
Көңүлгө салган кир сөздү.
Чоң аяр айткан кеп эле:
«Чоңдорун кармап ал, - деген,
Чоңдорунун баарысын
Чогуу кырып сал, - деген.
Аман койсоң бурутту
Бул ишиңде чала бар,
Ал буруттан туулчу
Каражолтой бала бар.
Эңкейтип адам ала албайт.
Эч ким беттеп бара албайт,
Ак марал айдап уй кылат,
Аалам журтту буй кылат.
Туулса Манас чыр салат,
Аты Манас эр болот,
Алышкан адам кем болот.
Түрүн айткан Манасты
Майлаган буудай жүздүү - деп,
Күүгүм туман көздүү - деп,
Жалаяк ооз, жар кабак
Түрү мындай болот» - деп,
Жаның чыккан Манастын
Атактуу жайын укканда

Боконо сөөгүм болк эткен,
Жүрөгүм туйлап солк эткен.
Тизем жерге бүгүлүп,
Алтымыш барак «илийди»
Алып келдим жүгүрүп.
Каардуу, заардуу жүргөнүн,
Каражолтой канкордун
Кан ичерин билгемин,
Кокус Манас туулса,
Чыр салат - деп жүргөмүн.
Дүмөгү эчак билинген,
Канкор Манас туулса
Каканга дүмөк салат - деп,
Алты жыл башта ошондо
«Бичигине» чийилген.
Зыйкырчым бар, билгич бар
Кабар алып өзүмдөн
Бирөө калбай аттанган,
Канкор бурут акыры
Каканчындын Бээжиндин
Кандыгын тартып алат - деп,
Калайманды салат - деп,
Ушу турган Бээжиндин
Даңзасына катталган.
Манасты таап келгин - деп,
Жыйдым чогуу калкымды,
Жибердим эчен алпымды,
Малдан чачтым баарды,
Кыдырттым кыйла шаарды.
Токтотпой жыйып алгамын,
Кытайдын сынчы карысын,
Кыдыртып жүрүп караттым,
Бусурмандын баарысын.
Шаарма-шаар сыдыртып,
Эчен жердин баарысын
Сынчылар менен кыдыртып,
Алтын менен дилдемди
Жиберип ийген желдеттер
Сатып-чачып тоюптур,
Муну менен бурутту
Караганын коюптур.
Калп эле Манас ушу - деп,
Дорбого тыккан күпүйтүп,
Саманын айдап келиптир.
Жок келбеген колунан
Жаманын айдап келиптир,
Түндө эшикке чыкпаган
Коркогун айдап келиптир,
Жетелесе баспаган

Торпогун айдап келиптир.
Аярларга ишенип,
Казылган экен биздин ор,
Талаада калып биздин сөз,
Кашайган экен биздин көз!
Бээжинди кантип оңолттук,
Кызыталак канкорду
Бул Алтайда чоңойттук.
Айдалып келген бул Жакып
Камбыл душман турбайбы,
Каңгыраган куу Жакып
Атасын кытай сойгон го,
Арам кыял бул окшойт,
Ичи душман куу окшойт!
Уулунун аты Чоң Жинди,
Кызыталак буруттун,
Бул амалын ким билди?
Кызыталак ал Жакып
Аштык айдап, кен казып,
Байкуш болуп тим жүрдү,
Имиш-имиш кеп чыккан
Башаалыктай мал союп,
Баары журтка той кылып,
Уулум эсен чоңойсо
Каканга кагыш салар - деп,
Тапкан экен чарасын,
Кызыталак ал Жакып
Каткан экен баласын.
Калдайлар кабар албаптыр,
Сынчылардан эч бирөө
Карап көзүн салбаптыр.
Эрешен тартып, эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп,
Калдайга кагыш баштады,
Баргандарды тырайтып,
Такыр кырып таштады.
Асмандан булут тутулду,
Кызыталак куу Жакып
Кыргызга кетип кутулду.
Оңой Манас уул эмес,
Оң таптырчу кул эмес,
Иши гүлдөй буруттун
Жөнөп жаткан кези экен.
Чоң-Бээжиндин коргондо,
Чагаан айы болгондо
Бир белгисин көргөмүн,
Көөнү келсе ошондо
Төрөп жаткан кези экен.
Шамал болуп, көл толкуп,

Асмандан булут сабалып,
Жерге курчап жетти эле,
Сексен күнү жамгыр жаап,
Каканчындуу Бээжинге
Зилзала жүрүп кетти эле.
Көрсө Манас өзү экен,
Көк жал, канкор ошондо
Туулуп жаткан кези экен!

## 18 Эсенкан сынчыларын чогултуп, бүтүн Кытайдан Коңурбайды жаратып, кароолго эл четине койгону

Оңой Манас уул эмес,
Кайра тартып кол салса,
Оңдурууучу кул эмес!
Каканчындын Бээжинге,
Карыкандын өзүнө
Алты күлүк ат бергин,
Алакандай кат бергин.
Карыканга кат учур,
Кат учурсаң бат учур,
Канкор Манас ал бурут,
Эрикпей көчүп жер табат,
Эптеп жүрүп эл табат.
Каканды тооруп жол чалат,
Камынбай койчу уул эмес,
Кагышпай койчу кул эмес,
Каканчындан Бээжинге
Кайра келип кол салат
Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Беш-алты жылдын ичинде
Бээжиниңден көрүп ал!
Кырк эшиктүү Бээжиндин,
Кыйласын жыйып бул элдин,
Күрмө кийген күчтүүдөн,
Күлдү баарын чогултуп,
Таш сайынган мыктыдан
Тазаларын жыйнайлы,
Карыпчы кийген кандардан
Калтырбай баарын жыйнайлы.
Жаш өспүрүм балдардан,
Калтырбай баарын жыялык
Зуу кудукта чоң аяр
Сынчылыгы бир далай,
Чоң аярды алалы.
Кырк кандын эли кытайга
Чогуу кабар салалы,

Улуктарын, чоңдорун,
Улууларын, жандарын,
Жаңы өспүрүм балдарын
Жалпы жыйып алалы,
Сынчылардын алдына
Чубатууга салалы.
Айзакерден ыктуудан,
Эр көкүрөк мыктуудан,
Караканга канышып,
Качпай туруп салышып,
Кайраттуу эрден табалык,
Кароолду коюп абыдан
Жанды жакшы багалы.
Кыйла жерде мүлкүм бар,
Чоң-Бээжиндин тагында,
Карыкандын чоң чынар
Сейилге чыкчуу багында,
Жердин үстүн чалдырган,
Кароолго анык маш кылган,
Кырк кулач кызыл түлкү бар.
Белеске кароол салалы,
Бекитип жанды багалы.
Боз баланын дардаңы -
Жалгыз көздүн чоң
Мамытбек балбаны,
Кароолго муну коёлу.
Кулжадан кароол салалык,
Курган жанды багалык.
Оңой Манас уул эмес,
Ойлонуп жан бакпасак
Оң таптырчу кул эмес.
Келгендерден кеп уктум,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Алөөкөнүн кенжесин
Алтымыш жайсаң баатыры
Коломтодон кор тууду,
Быйыл он экиге келгендир,
Коңурбай аттуу зор уулу.
Жетиге жашы келгенде
Калдайларды камаган,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындарын сабаган,
Тентегине чыдабай
Чоң-Бээжин журту жадаган.
Качырдан канча сойдурган,
Жактырганда Карыкан
Эр Коңурбай койдурган.
Керүүгө салган там кылган,

Келберсиген эрен - дейт,
Кез болгонду жай кылган,
Ишенгенден Карыкан
Кечилге мыкты кан кылган.
Эрдигин Какан билет - дейт.
Эңкейген жоонун бетине,
Кырылчу элдин четине,
Кыйшайбай элди багат - деп,
Ылайыктап жүрөт - дейт.
Арбагын артык жан кылып,
Чоң-Бээжинге кан кылып,
Эр Коңурбай калчаны
Ушу жерге алалык,
Каражолтой буруттун
Как жолуна салалык!
Кармашка даңгыл эр ошол,
Кан Манаска төп келчү
Бээжинден чыккан шер ошол.
Атагын уктум ар кимден,
Айзакерден ыктуу - дейт,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыктуу - дейт.
Каарына алганды
Кармашар болсо орот - дейт,
Ааламга татыр кол келсе,
Жер жарылып мол келсе
Жеке кирсе сорот - дейт,
Карыпчылуу кандарды
Чубатууга салды - дейт.
Алтымыш кытай, сан калдай
Жан жолдош кылып алды - дейт,
Каталдын уулу Карагул,
Кара саат мына бул.
Кайгуулга чыгар ал болуп,
Камыштан айза кыйды - дейт,
Бели катуу Бээжиндин
Берендерин жыйды - дейт.
Кароолду мыкты коёлук,
Калдайга кабар салалык,
Каканчындын четине
Каары күчтүү капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Кан көтөрүп салалык.
Бел байлаган бел да ошол,
Бекитип жатчу жер да ошол,
Күрдөлүү Бээжин, чоң Какан
Күтүп алуучу эр ошол!
Калдайга кабар салалык,
Алтымыш жайсаң инисин,

Алөөкөнүн кенжесин
Чоң-Табылгы жайлатып,
Кулжадан кароол салдырып,
Чынмачындын, Бээжиндин
Тоорутуп жолун чалдырып,
Ороккыр менен Музкиндик
Ошолорду алдырып,
Кароолду катуу чалдырып,
Кайран жанды бакпасак,
Жер кайгытып жатпасак,
Бекитип жайлуу кылбасак,
Бет алып келген адамын
Кармап алып сойбосок,
Кароолду мыктап койбосок,
Бул акылды кылбасак,
Ушинтип көп кол жыйбасак,
Оң таптырчу уул эмес,
Оңой Манас кул эмес!»
Түрдүү акыл айтып Эсенкан
Канына кабар салыптыр,
Айткан сөзүн таштабай,
Дүбүрөтүп Бээжинди
Түгөл жыйып алыптыр.
Добулбас бекем кагылып,
Кайнап жаткан көп улук
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Алтын түркүк чатырды,
Качырына жүктөтүп,
Алып кирип келиптир
Эр Коңурбай баатырды.
Качыр минген Каёбоз
Калың кытай улугу
Калдай тонун кийгизип,
Кароолго муну койду эми.
Жел учса кабар берүүчү,
Жез канаттуу куу өрдөк
Абаргер деген көлүнө,
Суук капчыгай төрүнө,
Муну кароол койду - дейт.
Кабылан төрө Манастын
Келе турган жерине,
Тогуз жолдун тоомуна,
Бөрү-Койдун чаркына,
Үзгүлтүк тоонун урчукка,
Үңүрөйгөн тумшукка,
Кара-Суунун четине,
Каспаң-Тоонун бетине,
Кулжаны кароол койду - дейт.

Карыкандын тагынан
Каалап алып келиптир,
Кан Эсендин багына
Адам тилин үйрөтүп,
Баккан экен жашында
Кырк кулач кызыл түлкү экен,
Айбандан болгон артык сак
Эсенканга мүлк экен.
Мүлктүгү ушу эмеспи,
Кароолго койгон куу түлкү
Бел байлаган бел экен,
Желгенине жел жетпес,
Басканына мал жетпес,
Балакеттин өзү экен.
Эзкара баштап көп канын
Эшигине жыйды - дейт,
Кең Алтайдын биягы,
Кең Кара-Тоо тыягы,
Алтын кендин ары жагы,
Сегиз суунун куюлуш,
Сексен тоонун урунуш,
Секи мойнок белеске,
Манастын келер жолуна
Түлкүдөн кароол койду - дейт.
Эр Эсенкан чамынып,
Так үстүндө камынып,
Быжылдап кайнап жан толуп,
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң
Жанындагы курдашы,
Кеп айтуучу сырдашы
Жакын турган ал болду,
Аскер жайнап кыжылдап,
Адам толуп быжылдап,
Алөөкөнүн Коңурбай
Эр Коңурбай чоң калча
Эрени кирип келгенде
Келгенин Эсен көрүптүр,
Келери менен калчага
Керүүгө салган там кылып,
Кечилге мыкты кан кылып,
Алтын түркүк чатырын,
Эр Коңурбай баатырын:
«Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Алөөкө уулу элең
Эми колго алыңыз,
Катуу душман эр чыкты,
Буруттан Манас шер чыкты,
Бул Бээжинге келтирбей,
Кайтарып элди багыңыз!

Каардуу болсоң, эр болсоң,
Кан Коңурбай сен болсоң,
Караан кыла жүрөбүз,
Качкы жалтаң уул болсоң,
Кара эшек кыла минербиз!
Элди эсиңе алыңыз,
Кароолго көзүң салыңыз,
Катуу мүшкүл, күн түштү
Ошондон бизди багыңыз,
Чынмачынга, Бээжинге
Чын ата болуп калыңыз!
Медеримсиң, белимсиң,
Бек такоол берип бурутка
Беттеше турган шеримсиң,
Ай, кулунум, Коңурбай,
Калдайдан тандап алпын ал,
Калың элди кырдырбай
Бул Бээжинге көзүң сал!
Эр Коңурбай зор калча
Дегениңе көнөйүн,
Кырк уруу кытай бул журттун
Бир кандыгын берейин.
Дегенди угуп калыңыз,
Керишке мыкты журт эле
Кечилдин канын алыңыз!»
Кан Эсенкан муну айтып,
Кадырын журтка билгизип,
Карыпчысын калдайткан
Эр Коңурдун башына
Кечилдин ташын кийгизип,
Кечилдик ташы жарашып,
Керүүгө салган там кылды.
Чынмачындын, Какандын
Ээ, кулунум, Коңурбай,
Чын тооруп жолун чалгын - деп,
Каары катуу канкордон
Алтайдан кеткен анткордон
Айлаң келсе Коңурбай
Ажыратып алгын - деп,
Ок өтпөс тонун кийгизип,
Улук экен Эсенкан
Манастын жөнүн билгизип,
Акылды артык оздурду,
Манас келчү шектүү жол
Коңурбайга тоздурду.
Алты миң кытай, сан калдай
Аксакалы Коңурбай,
Анын бери жагынан
Маңгубада туулган,

Ааламдын баарына
Артык салган чуулган.
Адам билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар.
Кармашкан жанды койбогон.
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Мурунуна караса
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Мурунунун таноосу -
Ачылып калган ороодой,
Көзү үстүндө кара каш -
Мал тепсеген шородой.
Кез келгенди жээр экен,
Каканчындын балбаны
Маамытбек сокур дээр экен.
Каарды катуу салчу экен.
Катылыша кеткендин
Башын жулуп алчу экен.
Кароолдо турган болжошу,
Кызыталак чочконун
Маамытбек болду жолдошу.
Маамытбектин балбаны
Беттеп балбан чогулса,
Чыга түшөт далдалы.
Балбандыгы башкача
Каарданып булкунса
Капчалдуу тоону нуратат,
Бет алышып кол салса,
Чынарларды сулатат,
Атагын уккан чочуган!
Эсебин эптеп таба көр,
Канкор бурут кез болсо
Айбалта менен чаба көр,
Тартынбастан канкордун
Бир эсебин таба көр!
Бээжинге бүткөн белимсиң,
Бек ишенген эримсиң,
Алыша келсе бурутка
Кайрат берер шеримсиң!
Боз гүлдүү тон кийгизди,
Боз качырды мингизди.
Ок өтпөгөн тон берди,
Айзакерден, камбылдан
Акыл тапчу даңгылдан
Кечилден так кырк кол берди.
Билбегенди билгизди,
Билдирип жолго киргизди,
Камбылдарын шайлады,

Кан Манастын жолуна
Камынбай кытай калбады.
Баатырларын зекитти
Кароолун таштай бекитти,
Кароолчунун мыктысы
Кечилдин каны Коңурбай
Кечилдерин зекитти.
Жалгыз көздүү Мамытбек,
Көчүгү кучак Канышай -
Кароолду чындап бекитти.
Кармашып менде келген жок,
Каттап бирөө көргөн жок.
Боз адырмак кыраң түз
Болжоп чыгар тоо болду,
Алөокөнүн Коңурбай
Өлгөн менен арман жок,
Каарына жан туруп,
Каяша берер калган жок.
Астындагы Кара аты
Кара атынын бар болчу,
Капталында канаты.
Кулак угуп, көз көргөн
Жаралган адам уулуна
Алөокөнүн Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Кайран калча көк жалдын
Добушунан жан чыкты.
Салылуу коргон там курду.
Эсенкандан анча өөдө,
Күн Жаң-Жуңдан күчү өөдө
Ай Жаң-Жуңдан аты улук,
Береленип белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Бээжинден чыкты макулук.
Каарды катуу баштады,
Каяша берген кытайды
Такыр кырып таштады.
Добушунан чаң чыкты,
Заарынан жан чыкты.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эми колго алыптыр,
Чынмачынга, Бээжинге
Чын Какангa, Туңшаңга
Алөокөнүн Коңурбай
Улук болду мынчага.
Сурагын алып калдайдын
Каны болду кечилдин,
Өлгөн менен арман жок.

Алөөкөнүн Коңурбай
Азыркы кытай элинде
Буга каяша айтар калган жок,
Артык баба айлакер
Кырк кандын эли кытайда
Калчадай болгон зардал жок.
Айткан сөзү эп болду,
Алөөкөнүн Коңурбай
Атагы оор Бээжинге
Темир коргон чеп болду
Күрмөчөнү улугу
Тизеси жерге бүгүлдү,
Таксыр кандай кылдык - деп,
Коңурбайдын алдына
Таазим кылып жүгүндү.
Чет-Бээжин ага карады,
Каарына тийгенди
Карсылдатып сабады,
Түп-Бээжин эли чогулса
Ошо кезде калчага
Кайыр айтар калбады.
Чет-Бээжин жолун бекитип,
Жатып калган кайкайып,
Бул калчанын коногу
Эми кайта баштайлы
Кабылан Манас жомогу.

## 19 Манастын Таласка көчүп келип конгону

Ошондо Манас кайран шер
Кара калмак, манжууга
Катуу кыргын салды эми.
Кырк түтүндүн баарысын,
Акбалтай, Жакып карысын
Ажыратып алды эми.
Ак марал айдап, уй кылып.
Кара калмак, манжууну,
Айдап кырып, буй кылып,
Көк марал атып, уй кылып,
Көздөгөн жоону буй кылып,
Кан ичип жүрүп катыгып,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Канкор бурут атыгып.
Каарданып чамынса
Арсландай толгонуп,
Атагын угуп Манастын
Бээжиндин кыйын чоң каны

Бээжиндин Карыканы ойгонуп.
Ак болотко айзаны
Аштай чыгып дөө болуп,
Кырк үйлүү кыргыз аз элге
Кабылан Манас ээ болуп,
Кырк уруу кытай, манжууга
Кыр жагынан чалдырбай,
Кыжылдаган кытайга
Кыл эмесин алдырбай.
Алым тургай, аш бербей,
Кырк уруу кытай көп элге
Кыраан Манас ошондо
Көчтү буга баш бербей.
Кордуктагы кыргыздын
Ошо кыргыз айынан,
Кыжылдаган кытайга
Кыргынды кыйла салыптыр,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, ок атып,
Ордолуу журтка баш бербей,
Алакандай кыргызды
Ажыратып алыптыр.
Кырк үйлүү кыргыз көчкөндө
Жебилгеси жер чийип,
Жетик байып алыптыр.
Аркалуу чыгып, эр Манас
Кыргыз үйлүүнү ошондо
Санаасы менен болтурган,
Сандыгынын баарысын
Сары алтынга толтурган.
Көңүлү менен болтурган,
Көмүркөйдүн баарысын
Көп алтынга толтурган.
Туурдугун май кылган
Тушукканда кыргызды
Тура алгысыз бай кылган.
Кырк үйлүү кыргыз дардайып,
Оңуп калган кези экен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп калган кези экен.
Ээн көчүп жайлашып,
Кысыр эмди тай союп.
Багалак ойноп, даң салып,
Чатыраш ойноп, чаң салып,
Бүтүн кундуз терисин
Жарты бөлүп алышып,
Кырсыкты кудай чечти - деп,
Багалекке салышып,
Кыраан Манас барында

Кыжылдаган кытайдан
Кызыл куйрук ар алып,
Кыргыз эмес, ошондо
Кымбаты Манас барында
Кылымга жетчү мал алып,
Айдап жүрсө жылкысы
Адырда жылкы Алабаш,
Ал жылкынын ичинде
Аргымак, буудан аралаш.
Айкөл Манас барында
Армандын баары чачылып,
Болгон экен малга мас.
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап көчкөн кези экен,
Кегин алып калмактан
Жыргап көчкөн кези экен.
Жакыпта бар сан кара,
Акбалтайда түмөн мал,
Капанын баары чечилип,
Кырсыктын баары кесилип,
Улук чыкты кан Манас.
Капанын баары чечилди,
Кайгынын баары кесилди.
Күйүттүн баары чачылды,
Күптүнүн баары ачылды.
Жаккан отун өчүрүп,
Кырк үйлүүнүн баарысын
Жайбаракат көчүрүп,
Катагандын кан Кошой
Караан болгон Манаска
Дегенине көндү эми,
Сандап-миңдеп Кошойго
Тийиштүүсүн берди эми.
Торучаар окко учканда,
Сандап-миңдеп көп кытай
Тегеректеп турганда,
Беттеп Кошой барганда,
Берен Манас канкорго
Жолдош болуп калганда,
Каза жеткен өлгөндө,
Кабылан, жолборс Манаска
Кары Кошой абакең
Караан болуп бергенде,
Кагыш кылган жандары
Өлгөнүнөн калганы
Артык кыйын мыктысы
Ою менен болуптур,
Кытайды ойрон кылганда
Чылбырга колу толуптур.

Кыргынды Манас салганда,
Кытайды кайра сайганда,
Айзакерден ыктуулар,
Абыдан кыйын мыктуулар,
Алты миңден ат алган,
Алалбаган бел боштор,
Алтымыштан ат алган.
Жеткилеңдүү эрендер,
Жекеге чыккан берендер
Жети миңден ат алган.
Жете албаган топорлор
Жети жүздөн ат алган.
Бир бирине олжосун
Мактаныч кылып көрүшүп,
Көп алганы азына
Соогатты калың беришип.
Митайым ойлоп алышып,
Момундардын залими,
Уурдап алып аттарын
Өз тамгасын салышып.
Ороңдошо калышып,
Калысына барышып,
Кызыр чалган эр барда
Кыйла мүлктү табышып,
Бөөт-бөөт бел менен
Көчүп жүргөн кези экен,
Бөлүнүп чыккан төр менен.
Агала желек, кызыл туу
Ыргап көчүп келатат,
Башчы болуп, кан Манас
Баары чери жазылып,
Жыргап көчүп келатат!
Каалаганы Ала-Тоо
Көйнөгүн чечип жууган жер,
Ата-баба кеткен жер,
Малы жайнап өскөн жер,
Чыңырып эне тууган жер,
Киндик канды бууган жер,
Жерин көрүп шалпылдап,
Жетик көчүп алыптыр.
Кымыздан тарткан аракты
Көөкөргө куюп жайнатып,
Багылан козу, татты аш
Баары көчүп токтобой,
Жанказанга кайнатып,
Эренче тонун кийишип,
Желбеген жорго минишип,
Тынбай көчүп өтүшүп,
Мурасына жетишип,

Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз
Катар ашып көчтү - дейт.
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу
Катар ашып келди эми,
Иленин башы Үч-Арал
Өрүүн боло берди эми,
Үч-Жыргалаң, Көңүздү
Бойлой көчүп алды эми.
Көк-Тал бойлоп сыдырып,
Чоң Илени кыдырып,
Айлампалуу урчуктан
Кечип чыккан кези экен,
Таш-Кечүү деген тумшуктан.
Ат боройлоп сыдырып,
Тегиз көчүп ыдырып,
Ылдый карай бет алса
Каркылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Сары-Өзөн ата дээр экен,
Кең Иленин жээги экен.
Аккан суунун оюна,
Чоң өзөндүн боюна
Чогула журт конду - дейт,
Эки журтун айрылыш,
Эр адамдын кайгырыш
Жеткилең өрүүн болушуп,
Жети күн анда конушуп,
Жээги Ак-Чийдин чаты экен,
Сары-Өзөндүн башы экен.
Талаада мунар чаңы бар,
Жаныбарым Сары-Өзөн
Түзүндө кулан дагы бар.
Ат баспаган жер болгон,
Ошондой жер ээн болгон.
Алмасы бышып көң болгон,
Жаңгагы кулап сай толгон,
Ээсиз ээн жер болгон.
Талынын башы ийилген,
Кумунун үстү чийилген.
Курган жердин белгиси -
Берекелүү көрүнгөн,
Көргөн жандын көңүлү
Албан түрдүү бөлүнгөн.
Жылтыркaны, шыбагы,
Жаныбарым Сары-Өзөн
Жылып аккан булагы.
Өзөндөн муздак жел толгон
Өлчөсөң бейиш жер болгон.
Жайы-кышы тең турган

Тоосунда кары бар.
Жер бейиши көрүнөт,
Токою толгон чары бар.
Жерди көрүп кубанып,
Жетигиң Манас ошондо
Жети күн конок болду - дейт,
Үйрүлмөнүн сазына
Үч күнү жыйын кылды - дейт.
Чогулманын сазына
Чогулушуп турду - дейт.
Тапкычташып табышып,
Куугачташып куушуп,
Кепти ортого салышып,
Кеңеш кылып калышып,
Шумкар куштай баркылдап,
Абаң Кошой таркылдап:
«Айзакерден ыктуулар
Туруп турсун бул жерде
Адам ээси мыктылар.
Көчө чыктык Алтайдан
Айыл кайда конуучу
Алышар душман далай бар,
Айла кандай болуучу?
Кыр жагыңда кытай бар
Кыйрашаар душман далай бар.
Кайда конор конуш бар?
Маңдайыңда бараң бар,
Басташар жооң далай бар.
Ары жагы Талас, Ат-Башы
Айланайын, кулунум,
Катарлаша жаталы,
Жоону бирге жоолайлы,
Доону бирге доолайлы,
Милтени бирге чоктойлу,
Бараңды бирге октойлу,
Катардаш бирге конолу
Катуу багыт иш келсе
Манаска курман бололу!
Катылып жоо тийбеске
Кароолду катуу салалык,
Азган-тозгон аз элге
Арка кылып Манасты
Кан көтөрүп алалык.
Карагай айза боолайлык
Каралды кылып Манасты,
Катылышкан душманды,
Кан жөткүртүп жоолайлык.
Балам, Манас, кулунум,
Кара жаак айбалта

Кайкалатпай аштап ал!
Калың кара кыргызды
Каран кылбай баштап ал!
Кара-Тоодой кан болгун
Кырк уруу кыргыз элине
Касиеттүү жан болгун!
Эки тизгин, бир чылбыр
Ээ, кулунум, эр Манас,
Эми колго алыңыз,
Эр абаңды ошондо
Эңишер жерге салыңыз!
Мураадыма жетемин,
Кабылан, Манас сен үчүн
Курман болуп кетемин!
Колуңа алсак, мубарек
Айчыгы алтын кызыл туу,
Алыша кетип кытайга
Абыдан салсаң ызы-чуу,
Кабылан оозун бурармын,
Ажалым жетип өлгүчө
Туу түбүнө турармын!
Ыраазы болуп өзүмө,
Иле жүргүн көзүңө.
Азган-тозгон ал элге
Анда-санда бара жүр,
Аба Кошой, бергин - деп,
Алымыңды ала жүр!
Башчы болдуң бул элге,
Дегениңе көнөбүз,
Кан абаң жерге киргиче
Кабылан, Манас, кулунум,
Кандыкты сизге беребиз,
Ордолуу шаар тамымсың,
Олуя чалыш жанымсың,
Чыгарың эчак билгемин,
Кабылан качан келет - деп,
Сени күтүп жүргөмүн.
Ордолуу шайык көк жөкөр
Орчун Кокон, Маргалаң,
Аягы кептеш, Самаркан,
Күн чыгыш жагы Алты-Шаар
Сени күтүп келет - деп,
Күткөн мынча журтуң бар.
Казына камдап, кол жыйна,
Кайратты мыкты, мол жыйна,
Бекине турган жерди тап,
Бели катуу эрди тап,
Жеткилең камдап, кол жыйна,
Журт тукурап кетпеске

Казынаны мол жыйна!
Кыйбадан ары байкасаң
Кызылбаштын каны бар,
Кырылар душман дагы бар,
Кылчайбай канды агызар
Кызыталактын баары бар!
Кытайдан чыккан Молто кан,
Ортосунда турасың
Ой, Манасым, угуп ал,
Семирип-сергип оңгондо,
Секиге чыга конгондо,
Өзөндүү сууга конгондо,
Эл башкарып, журт билип,
Өз алдынча болгондо
Кызык айтар сөзү бар,
Кыстоо түшсө бул башка
Акыл таап берүүчү
Абаң Кошой өзү бар.
Жана айтылган эки кан
Төрө Манас өзүңө
Төгө турган зары бар,
Чалгайы болор сөзүндө,
Чалгырты болор көзүндө
Чамасы келсе ошолор
Чабышмак болор өзүңө!
Кыңырты болор сөзүндө,
Кыйшыгы болор көзүндө,
Кыябын тапса ошолор
Кыйрашмак болор өзүңө.
Суроодон угар дайыныңды,
Күтүнбөстөн сен жатсаң
Бир күнү чабар айылыңды!
Ошого моюн бербеске
Ок өтпөгөн тон камда,
Ок жетпеген ат камда,
Кызыр чалган, Манасым,
Кыйындын баары жолугар,
Кызыр чалган өзүңө
Кыраандын баары кез келер!
Ат семиртип, ык кылгын,
Жан жолдошту кырк кылгын,
Жеңдирип текке калбагын,
Жан жолдошуң шайлагын!
Азыр, Манас, кебимди ук!
Тилге келген адамды
Тилиң менен багындыр,
Динге кирген адамды
Диниң менен багындыр!
Ушундан ары көчкөндө

Сары-Өзөндүн аягы,
Атактуу Талас, чоң Кең-Кол
Жердей көр ушу жериңди,
Күтө көр кыргыз элиңди.
Таласты күтүп, чеп кылгын!
Төрө абаң Кошой кеби ошол,
Күтүп алсаң Таласты
Дүнүйөгө чеп ошол!
Белестен бейкабар адам желбеген,
Беттеп душман жеңбеген,
Өндүрүн адам чалбаган,
Өрдөп адам барбаган,
Конуш кылгын Таласты,
Кан көтөрүп биз алдык
Жакыптын уулу Манасты.
Бет алсак жоого чыгарбыз,
Берендигин угарбыз
Берениm, Манас, аман бол
Белиме таңуу кылармын.
Белим, Манас, сен мында
Бээжинден чатак чыр чыкса,
Каканга чейин кубармын,
Картайган Кошой абакең
Кабылан Манас өзүңдү
Караан кылып турармын.
Улугумсуң, белимсиң,
Таалайлуу Манас, аман бол,
Уядан учкан көк тынар
Артык тууган шеримсиң.
Медер кылып дем байлап,
Аркалуу Талас жериңди,
Баана кылам башыма
Кызырлуу сендей эримди.
Кечээ, зордукту кытай кылганда,
Тобумду чечип кырганда,
Тополоңду салганда,
Тобумду талап алганда,
Жер жайнаган кытайга
Жетик бузук баштадым.
Бел байлаган белим жок,
Берениm, сендей эрим жок,
Калың журтту кырдырып,
Анан кийин качкамын.
Арык жүрүп семирдим,
Ачка жүрүп тоюндум,
Жардылыктан байыдым,
Жалгыздыктан көбөйдүм.
Жети-Өзөндөй кайран жер,
Эрдикке салып жер кылдым,

Жети-Өзөндүн кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылдым.
Айлансам болот Алдага,
Кагылсам болот кудайга,
Алтайдан Манас табылып,
Абийирим минтип жабылып,
Өлсө Кошой абаңды
Кең казып көрүн оёрсуң,
Кабылан атын соёрсуң,
Колуң менен тепкилеп,
Абаңды өзүң коёрсуң!»
Алагар көзү чолпондой
Ай кулагы калкандай,
Абаң Кошой карыя
Эми кепти таштады.
Аргасын таппай айдалган,
Аркага колу байланган,
Кайгыланып кайгырган,
Алапайын таба албай,
Нойгут журттан айрылган
Акбалтай кепти баштады:
«Бадыша, Манас, кабылан!
Ажайып жакшы түш көрсөм
Дүнүйөгө келгеним,
Алда Таала кудурет
Ашкере берген берениm,
Капа болуп кырылып,
Калың журт чогуу чабылган
Кырк үйлүү Жакып, Балтайдын
Эл жалгызы эр Манас
Таалайына табылган
Маңдайда баргек тынарым,
Бар күйүт кетип ичимден
Балам, Манас, ойлочу
Журтумду ойлоп турамын!
Аман болсун - деп тилейм,
Арслан Манас чунагым!
Эшикке чыгып карасам,
Эл аманын каалагам
Өрттөнүп күйүп кайгырдык,
Топту чечип, көп кытай
Ордолуу журттун баарынан
Ойрон болуп айрылдык.
Алтайды күтүп жер кылдык,
Кара калмак, манжууну
Капыр да болсо эл кылдык.
Тогузга жашың келгенде
Кабылан Манас, кулунум
Бир өзүңдү дем кылдык.

Онго жашың чыккыча
Кара калмак, манжууга
Чоң Жинди - деп ат койдук,
Онго жашың келгенде
Каарды катуу баштадың,
Ойноп жүргөн балдардын
Сексенин кырып таштадың.
Он бир жашка келгенде
Кочкуларды коройттуң,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Кан ичип жүрүп катыктың
Кара калмак, манжууга
Канкор Манас атыктың.
Он үчкө жашың келгенде
Ордо бузуп, ок аттың.
Канга тоюп катыктың,
Кайнап жаткан кытайга
Канкор бурут атыктың.
Теңселип турсаң жекеге
Теңелип адам келген жок,
Кызыкты чогуу кылдырдың,
Кырк эки күнү урушуп,
Кыжылдаган кытайга
Кырк баланды кырдырдың.
Топон суу жетпес Чоң-Бээжин
Толкуп көп кол каптады,
Адалга бурдуң бейилиңди,
Кара калмак, манжуунун
Сандаган колун кыйратып
Ажыраттың элиңди.
Үзүлгөндү уладың,
Чачылганды жыйнадың,
Балам, Манас, өзүңдөн
Бир буюм сурап турамын.
Сагынам Сары-Кол жеримди,
Көп эстейм нойгут элимди,
Куп тиленем, зор Манас,
Мурадыма барайын,
Куп белек кылып, сен берсең
Кутубийди алайын!
Куп аман барсам элиме,
Кутмандуу бийдин кулунун
Курган нойгут элиме
Кан көтөрүп салайын!
Манаска тете уулум - деп,
Баана кылып алайын.
Адырдуу Сары-Кол жерим бар,
Абийирдүү нойгут элим бар!

Биздин нойгут ал журтта
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Босого жыйган мүлкү көп.
Келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу нойгут журт,
Кырмызы көйнөк, найча бел
Кыздары сулуу нойгут журт.
Аркар аяк, жез билек,
Ат күлүгү нойгутта,
Кызыл көйнөк, найча бел
Кыз сулуусу нойгутта.
Биздин нойгут журтунда
Казандай кара бөркү бар
Ал нойгуттун эрлери.
Капыр менен бусурман
Не кылам десе эрки бар.
Кара малдан төөсү көп,
Жөн адамдан дөөсү көп,
Таштуу бийик зоосу көп,
Менин көзүм өткөндө,
Ушул нойгут журтумду
Камай турган жоосу көп.
Мени кытай кармап алганда
Кыйындап торго салганда
Жергелүү журтум көп нойгут
Жетимдик тартып бош калган,
Элсиз калган жерим бар,
Эс таба албай тентиреп,
Эси кеткен элим бар.
Элимди жыйып эл кылсам,
Жеримди ээлеп жер кылсам,
Жергелүү журтту жыйнасам,
Кабылан канкор өзүңө
Канат болуп турбасам!
Белгилүү жерден белди таап,
Бек караан болчу элди таап,
Кең нойгутта турганда
Акбалтай аттуу дайным бар,
Каралуу калган Сары-Колдо
Малым арбын, балам жок,
Так алтымыш зайыбым бар!» -
Акбалтай айтып ар кыл сөз
Уруксат сурап токтоду,
Кара ээт Жакыптын
Ичи күйүп, чок болду!
«Кетмек болдуң жериңе,
Ой, Акбалтай, жан достум,

Каракан атам өлгөндө,
Каракандын сан дүйнө
Кара калмак, көп манжуу
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Буланы булап алганда,
Бузукту калмак салганда
Каракандын сегиз уул
Теңибиз жалкы, эгиз уул
Азапка чогуу салганда
Баарысын бөлүп алганда
Кабакка конгон айыл жок,
Кайда кеткен дайын жок,
Алтайга барып кайрылдык,
Азаптуу мүшкүл иш болуп
Ага-иниден айрылдык.
Бапанга кетти башыбыз
Тентиреп-тентип ал кетип,
Кысталып кытай колунан
Кыргын болдук баарыбыз,
Кызырдуу журттан айрылып,
Кудайга жеткен зарыбыз!
Кытайың кыргын баштаган,
Алтымыш катын тул жеңең
Айылымды каран таштаган.
Алтайга келдик айдалып,
Айланы таппай сандалып.
Арка болуп, мен калдым,
Ата болуп, сен бардың.
Жетилип алып Алтайдан
Көчүп бери кайрылдык,
Көп журтуң түшүп эсиңе
Көк жалым, Балтай, эсен бол,
Көрүнөө сенден айрылдык.
Телик куш учту тегине,
Тентиген кетти жерине.
Кулаалы учту тегине,
Курама элең башында
Эми Акбалтай кетти жерине.
Айылыңа жетсең Акбалтай,
Аңгеме дүкөн курай жүр,
Арслан Манас көк жалдын
Ал-абал жайын сурай жүр!
Өөдө чыкса өбөк бол,
Өлүм орток Акбалтай,
Ылдыйга түшсө жөлөк бол,
Каканга барсак караан бол,
Бээжинге көздөп жол тартсак
Берен Балтай, бараан бол!»
Акбалтай менен бай Жакып

Айкалышып көрүшүп,
Болкулдашып ыйлашып,
Моюн эттен өбүшүп,
Белекке алып Кутубий
Акбалтай кетти элине,
Кошой кан кетти жерине.
Кудай дешип кеп кылып,
Адам өлөр шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Кең өзөнгө келгенде
Үч кандын журту бөлүнүп,
Калган кыргыз кырк үйлүү
Бет ала көчтү Таласты,
Медер кылып ошондо
Жакыптын жалгыз уулу Манасты.
Сары-Өзөн бойлой көчүшүп,
Кардуу тоону жакалап,
Келберсийт көк жал эр Манас
Ат бороюн сыдырып,
Сары-Өзөн ылдый кыдырып.
Салмактуу жерин Манас кан
Карыга чейин чукуса
Ошондо алтын бар экен,
Бул өзөндүн бойлору
Анда жердеп тургандар
Кагыштан чыкпас эл экен.
Бет алышкан жоо чыкса,
Белсенишкен доо чыкса
Бейлебей бул журт кырылып,
Мээнетти тартар жер экен.
Кароолго чыкчу бели жок,
Кагыш болсо кокустан
Сыйлыгышчу жери жок,
Муну Манас жактырбай,
Бойлоп көчүп калды эми.
Караса көзгө илинбейт,
Бай Жакыптын сан кара
Кайсы экени билинбейт.
Тиктесе көзгө илинбейт,
Кырк үйлүүнүн олжо мал
Телингени билинбейт.
Кечээ, Манас, Манас болгондо,
Манас атка конгондо
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Кең Алтайда турганда

Кара калмак, манжуугa
Кыргынды кыйла салыптыр,
Узун аяк көп малын
Такыр тийип алыптыр,
Муну менен кырк үйлүү
Жылбай бай болуп калыптыр.
Туура жагы көп малдын
Ала-Тоонун бетинде,
Ылдый жагы көп малдын
Ит-Өлбөс чөлдүн четинде,
Орто жери оюлуп,
Оюн салып кээ бирөө
Мүдүрүлүп союлуп,
Өлгөн малдын этине
Бөрү, түлкү тоюнуп,
Эрендер жыргап кылкылдап,
Эсен көчүп былкылдап,
Бирдигин берип Манаска
Өлгөндөрдөн калгандар
Аман жетти Таласка.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жаткан экен жайкалып,
Жердеген адам тунбайбы,
Жер соорусу турбайбы!
Өлкө түзүн караса -
Токою бар, талы бар
Ал токойдун ичинде
Жан бүткөндүн баары бар.
Балтырканы билектей,
Маралдары ошондо
Мала кашка инектей!
Кескелдирик, жыландай,
Оюн салган куланы
Толмоч семиз кунандай.
Жыландары аркандай,
Алда Таала жасаган
Жер жараткан ар кандай.
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай,
Чымчыгына карасаң,
Алтайдагы улардай.
Чырпыгы бар чынардай,
Чынарлары мунардай,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жери сонун ар кандай!
Өзөнчөдөн бөлүнүп,
Ай, жаныбар, кең Талас
Бейиштен артык сыягы!
Тегерегин караса

Айланган тоо чеп экен,
Кулак угуп, көз көргөн
Көргөн жерден бек экен,
Көк жал Кошой абамдын
Бул айтканы эп экен!
Быяк жагын караса,
Бөөт, бөөт бел экен,
Адыр-күдүр жер экен.
Адырынан, төрүнөн
Аркар оттоп куюлат,
Куюлган жерин караса
Адырдын чөбү суюлат.
Будур-будур тоосунан
Бугусу: «Чү» - деп куюлат,
Будурмакты караса
Будурдун чөбү суюлат.
Быяк жагын караса
Үч-Кошойдун бөксөсү,
Муну жердеп тургандын
Болор бекен өктөсү.
Туура жагын караса
Кара-Буура, Чаткалы
Ай, жаныбар, кең Талас,
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы!
Калың журттар ой тартып,
Конбогудай жер бекен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болбогудай жер бекен!
Кулан минип, куш ойноп,
Бойлобочу жер бекен!
Багалак салып, ордо атып,
Ойнобоочу жер бекен!
Таң жарылган кызыкка
Батпагыдай жан бекен,
Эр азамат жамбаштап,
Жатпагыдай жер бекен!
Эриксе элик атышса
Эрикпесе Таласта
Эркин ойноп жатышса,
Бетеге менен шыбагы
Бек табылбайт булары.
Оромпой тээп кызыкка
Батпай турган жер бекен,
Ордо күтүп, эл жыйып,
Жатпай турган жер бекен!
Көйкашканы көп жыйып,
Албай турган жер бекен!
Жон-жонуна кароолду

Салбай турган жер бекен!
Челишкенге кызыкты
Салбай турган жер бекен!
Ордо күтүп, кан болуп,
Калбай турган жер бекен!
Таалайына табылып,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Кырк үйлүүнүн башчысы
Кызыр чалган зор Манас.
Кыйын султан кан болуп,
Алтайдан көчүп келгенде
Кең Талас буга жай болуп,
Мына ошондо Манастын,
Төрт түлүгү шай болуп,
Таң-тамаша оюнга
Батып калган кези экен,
Кырктан таман ордону
Сары журтка салышып,
Атып калган кези экен!
Ордо салып калышып,
Кысыр эмди тайлардан
Эки жүздөп сайышып,
Кызыкты көрсөң мындан көр,
Утканы союп алышып,
Көк сүлөөсүн суусар бөрк
Ыргай берди зор Манас,
Көргөн элге кол артып,
Жыргай берди зор Манас
Оюнду ойноп, тамаша
Күлгөндү сүйдү зор Манас,
Аскер жыйып, кол баштап,
Жүргөндү сүйдү зор Манас!
Кең Талас конуш жер болду,
Келберсиген эр болду.
Кармашып адам барбады,
Укурук кайырар калбады.
Кызыр чалган кыраанын
Ордо күтүп чоюлуп,
Канкоруңдун ордодон
Жетим-мискин тоюнуп,
Кан Жакыптын сан кара
Аз болгондо үйүнө
Алтымыш бээден союлуп,
Таалайлуу Манас султандын
Даңкы кетти далайга,
Аты угулду Алайга.
Мажилис баштап той кылып,
Манас кандын ордого
Баары кыргыз чогулуп,

Капталдагы кара арак,
Кан Манастын үйүндө
Калмакча көөкөр менен бир арак.
Жанаякка куюшуп,
Жалпы-жайык сунушуп,
Арак ичип алкынып,
Арслан Манас баш болуп,
Ак шумкардай талпынып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Чекеден терин сызышып,
Дүмпүлдөк оюн салышып,
Шылдың менен кай бирөөн
Калп эле сабап алышып,
Кайнардын кара көзүндө
Как чынардын өзүндө
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө болгон жаңыдан
Манас кандын тагында
Жакып кан салат аңгеме,
Жакыптын жайын сурасаң -
Туткундан туура кутулуп,
Таласка келип конуптур,
Бай Жакып аты жоголуп,
Кан Жакып атка конуптур.
Бакылдык кылып көп малга,
Кара нээт Жакыбың
Жаманатты болуптур.
Малга күндүү карысын,
Жыйган экен ал Жакып
Кырк үйлүүнүн баарысын.

## 20 Манастын Аккуланы эгин эгип Аккуланы сатып алганы[1]

Багалак ойноп, даң салып,
Ойноп жаткан Манаска
Жакып кан кирди чаң салып:
«Уулум Манас, өлсөңчү!
Өрттөй уулум өлдү, - деп,
Өмөлтө кырып малымды
Ушу жерге көмсөмчү!
Кетирдиң далай алымды,
Ичкиликке жоготтуң
Сан карадай малымды.
Укпай койдуң сөзүмдү,
Көп малымды түгөтүп,

[1] Түп нускада мындай тема жок

Көммөк болдуң өзүмдү.
Адырмактын куланын
Куубас болгон экемин,
Балалуу болдум, - деп, жүрсөм
Куу баш болгон экемин.
Арак ичпей, таш ичкин, Манас!
Азар түмөн, көп дүйнөм
Ай-талаага сен чачып,
Аз келсе атаңдын канын
Кошуп ич, Манас!
Замандашка чык кылдың, Манас,
Сан караны миң кырдың, Манас!
Жайнаган түмөн мал кайда,
Өндүрдүү Алтай жер кайда?
Кабыргалаш турчу элек
Кара калмак эл кайда, Манас!
Кармап сойдуң бээмди,
Чыгардың капкайдагы кээмди.
Кетирдиң жаман алымды,
Алтайда күткөн сан кара
Байгелеп сайдың малымды,
Кетирдиң менин алымды!
Курбуга малым толордо
Кубалап сойдуң бээмди,
Чыгарып ийдиң капкайдагы кээмди!
Зордук кылып малымды,
Чоң кетирдиң алымды!
Бакырга кармап соёсуң,
Кирди кол менен кармагыс
Ыймандуу жакшы малымды.
Баласы жоктун жаны тынч,
Бул Манастын зордугун
Көргөнү келген экемин,
Калың малдан айрылып,
Өлгөнү келген экемин.
Түгөттүн, түптүз күлкүмдү,
Сарып кылып жоготтуң
Сан казына мүлкүмдү!
Муну укканда Манас кан
Ак жолборстой чамынып,
Кара нээт Жакыпка
Күдөрү үзүп таарынып,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Кежири чогуу кармады,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Мал күндүү Жакып атама
Бажаңдашып нетейин,

Малын берип колуна
Башка жакка кетейин!
Дүнүйө күндүү Жакыпка
Түр салышып нетейин,
Дүнүйө, малын жеп койсом
Башка жакка кетейин!
Кара нээт атама
Кажылдашып нетейин,
Канчалык мүлкүн түгөтсөм
Калк кыдырып кетейин!
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлантып чалбасам,
Медийнанын беш бурчун
Беш айланта барбасам,
Манас болбой өлөйүн.
Саксаңдашып урушуп,
Салмакташып тургуча
Туубай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй дүйнөдөн
Бар кайратым чачайын,
Он сегиз миң ааламды
Кыдырып жүрүп басайын!
Желпиниш, Жет-Кайт жер түбү
Жети айланта кыдырып,
Бел байлаган бел карап,
Белгилүү мыкты шер карап,
Өзүм менен тең болчу
Карааны тоодой эр карап,
Тегереги тегизди,
Алам алсыз болгон соң
Издеп таап алайын
Өзүмө теңтуш эгизди.
Бир кишиге билинбей,
Бир адамга көрүнбөй,
Колун сууга малынып,
Кол дааратын алынып:
Бутун суута малынып,
Бут дааратын алынып:
«Бет алган жактан жол бер!» - деп,
Жаратканга жалынып,
Каарданды кабылан.
Он эки мүчөм тең кылдың,
Оо, кудурет, кантейин
Капырды кырар шер кылдың.
«Малымды чачып койдуң», - деп,
Атама мынча кем кылдың!
Мал күндүү атам Жакыптын,
Малга тойбос баатырдын
Дегенине көнөйүн,

Кулак угуп, көз көргөн
Кармашкан эрдин баарынын
Айдап келип малдарын
Атама баарын берейин!
Чоң ачайын эшигин,
Толтурайын Жакыптын
Капкайдагы тешигин!
Аз гана малым чачты, - деп,
Адамдан бөлөк иш кылды,
Айбандан бөлөк күч кылды.
Кара нээт атамдын
Мунусуна көнөйүн,
Сан казына, көп дилде,
Тилегени мал болсо,
Атама жыйып берейин.
Кара нээт атамдын
Капасын угуп үч убак
Кантип карап турайын.
Тулпар жыйнап тиздейин,
Атам менен уялаш
Сегизинин дайыны жок,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин жүзүн издейин!
Алты ай минсе арыбас,
Айбандан таап минейин.
Талыкпаган бууданды,
Өлүм орток, жан бирге
Табайын жакшы тууганды!» -
Деп, ошонтүп, Манас кан
Каарданды күүлөнүп,
Кара нээт Жакыпка
Чоң таарынып сүйлөнүп:
«Колдогонум Кожосан,
Колдойм-колдойм дечү элең
Колтугумдан азыр ал!
Аты Кызыр дубанам,
Жолдош болом дечү элең,
Чылбырдан алып жолум чал,
Кырк чилтен баштык Шай атам,
Өз атам мага жоо болду,
Өзүң мени коштоп ал!»
Коңгураган көк жалың
Кара-Буура, Чаткалда,
Журт оор уйкуда жатканда
Каарданып таптанып,
Таалайлуу тууган артык шер
Таластан чыкты аттанып.
Беш-Таш башы Бек-Жайлоо,
Бек-Жайлоону ашты эле,

Ары жагы - Анжыян,
Анжыянды басты эле.
Анжыяндын боз талаа,
Боз талаага барганда
Бет алдынан жолукту
Бир ак сакалчан дубана.
Дубана туруп муну айтат:
«Беренимсиң, эримсиң,
Мендеден артык туулган
Берен көк жал шеримсиң!
Атыңдын оозун бура тур,
Алдыңкы жайга тура тур!
Алтайдан бери көчтү, - деп,
Келериңди билгемин,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси.
Артыгынча мен карып
Талаадан күйүп жүргөмүн!
Султанымсың, белимсиң,
Жараткан чийген буйругу
Ааламды бузар шеримсиң.
Түп атакең Түгөл кан,
Түбүңдөн Кызыр даарыган.
Түнөп өткөн жериңе
Түптүү мазар орногон,
Түп атаңды олуя
Жолдош болуп колдогон.
Аркы атаңыз Түмөн кан,
Түмөн кандан Санчы кан,
Санчы кандан Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Огой кан.
Огой кайдан оңойдур,
Сары чийкил баспаган
Жерде бүтүн калбаган,
Сайып Огой албаган
Элде бүтүн калбаган.
Лоптун суусун бойлогон,
Берен Огой атаңа
Бет алган душман сойлогон.
Кылымга жеткен атагы,
Кытайдын четин четтеген,
Кызыгышкан душманды
Кыйратып атаң өрттөгөн,
Балбансыган дөөлөрдүн
Баарын Огой жеп койгон,
Кыймылдаган кыргызды
Муну менен калайык
Огой уулу - деп койгон.

Атаң Огой барында
Ала-Тоону жайлаткан.
Эренсиген мыктыга,
Айзакерден ыктууга,
Эшигинин алдына
Жүздөн тулпар байлаткан,
Бет алыша келгенде
Душмандын шорун кайнаткан.
Маңдайдан карап жатпаган,
Баатыр Огой барында
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Ушу кыргыз журтуңан
Ата болуп сактаган,
Огой кандан Бала кан,
Бала кандан Каракан,
Каракан атаң өлгөндө
Калбастан ал журт тараган.
Каракандан сегиз уул
Кара кытай, манжуу журт
Калтырбай бөлүп талаган.
Бай Жакып барып Алтайга
Жасаган буйруп туулдуң,
Кармап минер бууданың
Балам, карачы кудай кылганын!
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Атаң менен уялаш
Жок экен сегиз тууганың.
Кара нээт Жакыптан
Калган Манас шер болдуң.
Серпишсең жолдош сексен төрт,
Серп салган жагың кызыл өрт.
Алтайда энең тууганда
Киндигиң каны төгүлдү,
Азыр менин өзүмө
Шердик түрүң көрүндү.
Тилиңди алган мендени
Тилге салып айдайсың,
Тил албаса душманды
Тигинен салып жайлайсың.
Токсон тоонун урчукка
Бел экенсиң кулунум,
Аты оор Огой көк жалдын
Артында тукум калат, - деп,
Аңдап билип жүрчү элек,
Сен экенсиң кулунум!
Сенде калк жайлаган тоо да көп,
өпкө жарып өт алчу

Аңдыша турган жоо да көп,
Бел байлаган белиң көп,
Каратып алчу эриң көп.
Ааламга чалыш чалышсаң
Бек азаптуу душманга
Бет алышып барышсаң,
Жер өлчөөсүн алышсаң,
Жекеге чыга сайышсаң,
Айкырып айза сунганда,
Бет алышып турганда,
О, ботом, астыңдагы боз атың
Бейбилчеги бир тутам,
Бечелдик сыны бар экен,
Согончогу бир тутам,
Топорлук сыны бар экен,
Көкүл ыргытып, баш чайкап,
Шашкы сыны бар экен,
Бакандашып сайышса
Качкы сыны бар экен.
Жол жорголуу кылтылдак,
Алты ай сапар жол жүрсөң
Бул атың жүрбөйт былкылдап.
Жет-Кайт минип жол тартсаң,
Жетимиш күнү түн катсаң,
Желбес түрү бар экен.
Ак асаба туу болсо,
Айгайлаган чуу болсо,
Качкы сыны бар экен.
Кайраттуу куйрук, жал эмес,
Кармашсаң капа кылбасын.
Кагышка минер мал эмес,
Аманат жанга күч келип,
Аңдыган душман бүт келип,
Калың кол чыкса жаркылдап,
Айкырып айза сунганда,
Айгай кулак тундуруп,
Бет алышып турганда,
Ээр белдей белести
Ашпай калчу мал экен.
Эсил жанга күч келсе,
Ээн калган боз атың
Баспай калчу мал экен.
Кулагы узун, өзү бош,
Бош жаралган мал экен.
Чычары тар чочконун
Чабалдык түрү бар экен.
Алыска сапар жол жүрсө,
Аптыгып баспай калучу
Жамандык түрү бар экен.

Жол жорголуу былкылдак,
Жолу болсун кызыкпа,
Жолуккан жоого барганда,
Колтук, башы былкылдап,
Болбой берчү мал экен.
Үстүндөгү өзүңдү
Армандуу кылып таптакыр
Кордой берчү мал экен.
Дегениңе көнөмүн,
Айтып турган ушу чал
Аман болсоң, көк жалым,
Ата болуп беремин!
Айтканым жакшы билип ал,
Арсландыгың чын болсо
Арсланым уулум, тилимди ал!
Мындан ары бастырсак
Баабедин деген мазар бар,
Билгич айтат, эр да айтат
Баабедин атам бели, - деп,
Адам ата, Обо эне
Кошулушуп ушунда
Оюн салган жери, - деп,
Таң-тамаша, кызык сөз,
Акылга артык баталы.
Барып көрсөң Боз-Талаа,
Күн мезгили алты айга
Балам, Манас, тилимди ал,
Кош курашып жаталы!
Ат семирип ык болсун,
Алты айга мезгил толгуча
Эр семирип нык болсун!
Ак-Талаа бетин жайлайлы,
Аштыкты мыктап айдайлы!
Толуктап азык алалы,
Кетмендеп жерин ачалык,
Кочуштап тукум чачалык!
Эрен келет, шер келет
Эми, Манас, кебимди ук,
Тилегениң тең келет.
Тилимди ал, кулунум,
Амыз кылба, ар кылба
Боз-Талааны жайлайлык,
Кара кылды как жарып,
Кабылан, Манас, кебимди ук,
Орток аштык айдайлык!
Аштык бышаар алты айда,
Ошол аштык бышкыча
Боз-Талааны жайлайлык!»
Абышка айткан ал кепке,

Арслан Манас кубанды:
«Кетмендеп жерди оёюн,
Кең-кесири тоёюн!
Айза имерип, топ буздум,
Көңүлүн күлдөй шай кылдым.
Кара нээт атама
Кара калмак, манжууну
Чаап берип таптакыр
Сан карасын көбөйтүп,
Түрүлгөн кыйын бай кылдым,
Кана, атам Жакып көргөнү!
Дүнүйө жыйып, мал күтүп,
Не мураска жетейин,
Андан көрө мен эми,
Аштыкчы болуп кетейин.
Карыя тилин алайын,
Ушу турган Боз-Талаа
Орток эгин салайын».
Ошо көргөн чал менен,
Кайыптан чыккан жан менен,
Убаданы бек кылып,
Кудай деген кеп кылып,
Чын убада бек кылып,
Боз-Талааны жайлады,
Көк жалың аштык айдады.
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Көз жетпеген талаадан,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Ичке жолун төтөлөп,
Алып келди ошо чал
Эки өгүздү жетелеп.
Шамыяны шайлалуу,
Жолугуп турган ошо чал
Кош жетелеп калганы.
Манас кан буурсун кармады.
Жердин бетин ачты эле,
Кочуштап тукум чачты эле.
Ортоктошуп дан айдап,
Көңүлдү көк жал басты эле.
Чалдын тилин бала алып,
Кабылан Манас канкоруң
Балалыкты таштады,
Ичине акыл толгону,
Айдап келген эки өгүз
Көздөн кайым болгону.
Ай-талаада атасы,
Абышка болду коргону.
Чыканактап уйку алып,

Чырым этип тынч алып,
Жамбаштап жанды тындырса,
Жатып уйку кандырса,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Карыяны караса
Кызарып буудай толуптур,
Берен калган ак буудай
Чоңдугу тоодой болуптур.
Аты олуя жарыктык,
Манас уктап тургуча
Белен кылып коюптур.
Аң-таң калды зор Манас,
Таң калып, мойнун бурду эле.
«Тамаша ушу болду», - деп,
Таалайлуу тууган көк жалың
Аң-таң калып турду эле.
Абышка айтат бир сөздү,
Акылга салат кир сөздү:
«Оой, балам, Манас кебимди ук,
Шер экениң билгемин,
Алтайдан бери көчкөндө
Кезиксем - деп жүргөмүн.
Кыйшык ишиң оңдодум,
Кызыр чалган кырааным,
Өзүңө жолдош болгомун.
Орток аштык салыштык,
Алты ай, жети ай болгуча
Жолдош болуп калыштык.
Мындан ары Манасым,
Кабылан болгун, шер болгун,
Казына мүлкүң тең болсун,
Касташкан жооң кем болсун,
Он эки мүчөң тең болсун!
Беренимсиң, белимсиң,
Медер кылган шеримсиң!
Чын бусурман дин ыслам,
Чын сыйынган эримсиң.
Кабарың билип жүргөмүн,
Кайран көк жал келсе, - деп,
Сени күйүп жүргөмүн!
Жолугушуп боз болдук,
Кызыр чалган кырааным,
Кыяматтык дос болдук.
Ак буудай унун чайнаштык,
Арслан - деп ат койду,
Сен экөөбүз биригип,
Орток эгин айдаштык.
Жаттык жакын иргелеш,

Жаныбыз болду биргелеш.
Буудайдан дан албаймын,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай болот дүйнө шок!
Бул алакчы дүйнөгө
Өлсөм көзүм салбаймын!
Калайыкка дарымын,
Билеги жоон баатырмын,
Азган-тозгон байкушка
Артыкчасын жакынмын.
Баабедин ата көзүмүн,
Бар жандарды тойгузган
Баабединдин өзүмүн.
Шердигиң каалап билгемин,
Бар зайыр акы чеке тер
Таалайлуу атын тапсын, - деп,
Балам, Манас, кебимди ук,
Казаткер атын тапсын, - деп,
Ай-талаага конгомун.
Бул талааны жайладым,
Буудан кан атын тапсын, - деп,
Балам, Манас, кебимди ук,
Сени менен дос болуп,
Орток аштык айдадым.
Дыйканчынын сөзүмүн,
Абышка болуп кубулган
Бабадыйкан өзүмүн.
Кайып чалдан кеп угуп,
Катуу жоодон кутулуп,
Канкорум келет, - деп угуп,
Мурунку чалдан кеп угуп,
Бузук калмак душмандан
Буудан Манас, кабылан
Кутулуп келет - деп угуп,
Атайылап жүргөмүн,
Айда, Манас, кулунум,
Атсызыңды билгемин!
Каканчын журту катылса,
Манас кантип жүрөт, - деп,
Капа болуп жүргөмүн.
Береним сага дос болуп.
Азгырып аштык айдадым,
Бул азгырган себебим -
Астымдагы тулпарды
Адалга сатып минсин, - деп,
Ушу жагын камдадым.
Бабадыйкан мен болом.
Буудайыңды өзүң ал,
Тоголок буудай албаймын,

Балам, мурадыңа жетип кал.
Баары жанды тойгузган
Бабадыйкан атаңмын,
Ай-талаада кезигип,
Дос болгону жатамын.
Келериң эчак билгемин,
Келберсиген эр Манас,
Бир тушоосун чечсем, - деп,
Ошону сурап жүргөмүн.
Жер толгон ушу буудайга,
Шер экениң дагы чын
Манасым, айлана берсең кудайга.
Бекер Манас эмессиң,
«Шер» - деп, Алдам ат коюп,
Ааламга атың тараткан.
Кагышка минсең Аккула -
Анык тулпар мал ошол,
Алда Таала бир кудай
Ылайыктап жараткан.
Каканчындын Бээжинге
Туулбастан алты жыл
Шер атагың чийилген.
Алты шердин кенжеси,
Атын Бабадыйкан табат, - деп,
Бул атагың баатыр ай,
Канча жыл мурун билинген.
Билерим менен кулунум,
Ушу турган Ак-Талаа
Алты жыл тозуп жүргөмүн.
Кызылдаган буудайдан
Кыл бербей жеке алыңыз,
Бабадыйкан карыяң
Байкап айтат бир сөздү
Кулагыңа салыңыз.
Көөнө-Турпан бетинде,
Каргыш кеткен Барбардын
Күн батыш жакы четинде,
Лоб дарыя боюнда,
Көз жетпеген суусуз чөл,
Салынган төмөн боюнда,
Куркулдаган кузгун жок,
Сайылган чөлдүн учунда,
Кайыбынан кабылган,
Нойгуттун каны Карача,
Эркеги жок, кызы арбын,
Кудай сүйүп буюруп,
Так ошого табылган.
Кулан кууп токтоткон,
Кайыптан келген куу байтал

Иши күлдөй жөнөптүр,
Карачанын сан жылкы,
Сан жылкынын ичинде
Таңга жуук төрөптүр.
Чаранасы кете элек,
Тууганда жерге жатпаптыр.
Энесинин үстүнөн
Карап турса Карача,
Так миң катар аттаптыр.
Атка сынчы, көзү ачык,
Билгичтин баары сынаптыр.
Бул куланын ээси жок,
Ээси чыкса мээси жок.
Деген сөзгө көнүңүз,
Мунун ээсин таап бериңиз.
Ээсин таап бербесең,
Ушу турган кула тай
Сараңдыгың билбесин,
Таңда макшар күнүндө
Кара эшек кыла жүрбөсүн.
Бул жаныбар кула тай
Тулпардыгы бир далай,
Жал-куйругу чок экен,
Тегерек туяк жылкыда,
Кыл куйруктуу тулпарда
Кыйыны мындай жок экен.
Алты ай минип жол жүрсө,
Арыбас сыны бар экен.
Алтымыш асый болгуча,
Карыбас сыны бар экен.
Чу десе жанга жеткирбес,
Куюндук сыны көрүнөт.
Көкүрөгү жоон, ийини ичке,
Кыйындык сыны көрүнөт.
Туш-тушунан карадык,
Тулпарлык сыны көрүндү.
Жан-жанынан карасак,
Кара байыр казанат.
Таалайлууга табылчу,
Даты келген адамга.
Муну минген азамат
Кубанычыңды болтурат,
Муну жакшы баксаңыз,
Акыры бир күн Карача
Курсагыңды толтурат.
Кыл куйругун чарт түйүп,
Ушу турган кула тай
Кыргынга минер мал экен.
Карыпчыдан жабуу жаап,

Казатка минер мал экен.
Айгай укса шашпаган,
Айдын караңгысында
Бир изин ката баспаган.
Чуу укканда бөлүнгөн,
Тулпарлык сыны көрүнгөн.
Аман болсо кула тай,
Аркалуу тулпар ат болор,
Аман жүрсө ушуну
Сураган киши жат болор.
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин бууданы,
Керишке минер мал экен.
Бербеймин, - деп, чыр кылып,
Бейжайга салып өтпөңүз.
Бекер бербейм, - дей берип,
Берен экен кула тай,
Көп өмүрүн кеспеңиз.
Башына окто катыңыз,
Багын билген адамга
Багын ачып сатыңыз.
Башка жылкы турбайбы,
Казатка минер ээси жок,
Кыл-куйругун чубалтып,
Жүрүчү жылкы турбайбы.
Кызыл кандуу кыргынга
Минүүчү жылкы турбайбы.
Жер жарылып көрүнбөс,
Чаңга минер жылкы экен.
Жер майышкан чоң согуш,
Канга минер жылкы экен.
Коржоктотуп жабуулап,
Өрткө минер мал экен.
Балбандар туруп салышып,
Баш кесилип, кан кетчү,
Четке минер мал экен.
Кызыл айза, кылычка
Кынап минер мал экен,
Айлап-жылдап согушка,
Сынап минер мал экен.
Бул жаныбар Кула тай
Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу,
Кыл куйруктун кымбаты,
Кыйла жылкы тулпары.
Туяктары көп сонун,
Эт чыгарган чарадай,
Соорусу бөлөк бөлүнүп,
Эркин жаткан талаадай.

Кашка тишин карасаң,
Сомдоп, чаап, таптаган
Усталардын болоттой,
Чаткаягы кең экен,
Табылгылуу колоттой.
Тулпар экен оолугат,
Кырк аркан бою зынданга
Азыр салып салсаң да
Таалайлуу эрге жолугат».
Карачага ошондо
Канча сынчы муну айткан:
«Жылкыга кошуп койбоңуз,
Ээсин таап бербестен,
Бөөдөсүнөн сойбоңуз.
Бактуу эрге жолугат,
Багын байлап койбоңуз.
Башына окто катыңыз,
Баркын билген көк жалга
Колуңуз менен тартыңыз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Ээсин таап бериңиз.
Асыйга жашы толгондо
Абайлап капа тартыңыз,
Ошондо кайып болот атыңыз!
Тилегине жетүүчү,
Жылкыңды талак бир кылып,
Ээсин издеп кетүүчү.
Тилимди алсаң, Карача,
Кула тайдын башына
Окто катыңыз,
Издеп барып ээсин,
Алдына тартуу тартыңыз.
Бейле, ушу сөзүмдү,
Бекер куйрук, жал эмес,
Мойнуна чылбыр салыңыз,
Ат арытып, жол чалып,
Ит агытып, куш салып,
Болжолдуу ээсин табыңыз,
Тартуусуна далай мүлк
Тайманбастан алыңыз.
Куп тыңда менин сөзүмдү,
Куп тартуу кылсаң кула тай,
Кутман болот өзүңө.
Санааң менен болтурат,
Аман болсо кула тай
Сандыгыңдын баарысын
Сары алтынга толтурат,
Көөнүң менен болтурат,
Аман болсо кула тай

Көмүркөйүң баарысын
Көп алтынга толтурат.
Туура тулпар кула тай
Куюндугу бар экен.
Түк адамга токтобос,
Кыйындыгы бар экен.
Мурадына кула тай
Жетчү сыны бар экен.
Ээсин таап түбүндө
Келчү сыны бар экен.
Бу кула тай карандын
Ээси кошо туулган,
Ээсин тапса кула тай
Ааламга салат чуулган.
Бул кула тай союлгур -
Бел байлаган белдики,
Мендеден артык туулган,
Медер болчу шердики.
Деген сөзгө көнүңүз,
Капа болбой тулпардын
Ээсин таап бериңиз.
Багып жүргөн кокустан,
Кула тай сизге мүлк эмес,
Белгилүү тулпар каранды
Менде минер жылкы эмес.
Кагышка минер дөөсү бар,
Каран калган кула тай
Күтүп жүргөн ээси бар».
Карача канга муну айтып,
Сынчы айылына кетиптир.
Жыл он эки ай толгондо
Карачанын калкына
Каатчылык жетиптир.
Карачанын көп нойгут
Дан табалбай зарланып,
Төрт түлүк малын чачыптыр,
Чама чарчап, ал кетип,
Кайран нойгут ошондо
Туш-туш жакка качыптыр.
Журт буркурап калганы -
Жерин чегиртке талап басыптыр.
Адамдын баары жыйылып,
Ошондой балаа келгенде
Малынын баары кырылып,
Калың журту дан таппай,
Жаман шашты, - деп уктум
Тилегенди кудурет,
Берет экен - деп уктум.
Асый чыкма кула тай

Жашы асыйга толду, - дейт.
Нойгуттун каны Карача
Тартар кези болду, - дейт.
Сөзүмө кулак салыңыз,
Баарын берип буудайдын
Кула тайды алыңыз.
Куланы алсаң колуңа
Кыялың өсүп чечилет,
Кырсыктын баары кесилет.
Кызыр чалып бак берет,
Чын кудай сага ат берет.
Алты айга минсең арыбайт,
Алтымыш асый болгуча
Азуу сөйкөп карыбайт.
Чалгынга минсең чарчабайт,
Оорукка минсең оорубайт,
Атышка минсең арыбайт,
Артык тулпар мал ошол.
Кудай Таала кудурет
Куп көк жал, Манас кан
Куптап таап минсин, - деп,
Жазып койгон мал ошол.
Кайыбынан түшкөн мал,
Казатка чындап арынап,
Таалайыңа бүткөн ал.
Ошондой тулпар жаныбар,
Күн чыгыш менен күн батыш
Талыбай чуркаар алы бар.
Таап минсең ат ошол,
Басып өтсө кара таш
Таруудайдан быркырайт,
Оозун жайса тим эле,
Булуттай учуп дыркырайт.
Олуяттан бата алат,
«Аккула» болуп аталат.
Күлүгүнөн оолугат,
Кызыр чалган кырааным,
Кыйындын баары жолугат.
Берен да сен, эр да сен
Мендеден артык шердирсиң,
Зайыппуруш атагың,
Жараткан адам уулуна
Жаралып келген шердирсиң.
Таалайың ачык, багың бар,
Он сегиз миң ааламга
Чамаң келер алың бар,
Чапчышса жетер баркың бар.
Шердигиң каалап билгемин,
Асыл шердин Аккула

Алты ай сени токтолуп,
Таап берсем, - деп жүргөмүн.
Бабадыйкан келипмин,
Балам, Манас, биле жүр,
Дыйкандар менен шерикмин.
Шердигиң каалап билемин,
Арыган атты семиртип,
Ачкан курсак тоюнтуп,
Жер үстүндө береке
Алда Таала кудайдын
Милдетин алып жүрөмүн.
Бек олуя көзүмүн,
Береним, бейлей жүрөрсүң,
Берекенин өзүмүн,
Кадимки Бабадыйкандын
Караган кара көзүмүн,
Көзү турмак, мен өзүм
Караган кара өзүмүн.
Ай-талаада кезигип,
Балам, Манас, угуп тур,
Бабадыйкан бата алдың,
Жер үстүндө адамга
Зайыппуруш аталдың.
Оой, Манасым, оомийин!
Бет алып менде барбасын,
Береним, сенин өзүңө
Беттешкен аман калбасын!
Ок өтпөгөн тондуу бол,
Ок жетпеген аттуу бол!
Кызыкканга кыргын сал,
Белсенишкен жоо болсо,
Белин бүктөп өчүң ал!
Жолдошуң кыраан сексен төрт,
Бет алганың мерт болуп,
Болуп кетсин кызыл өрт!
Кармашкан адам оңбосун,
Катылган аман болбосун!
Жолуң шыдыр жер болсун,
Жолдошуң Кызыр эр болсун!
Аккула семиз ык болсун,
Жалгыз башың көк жалым,
Өзүңө тете кырк болсун!» -
Деп, ошонтүп, Манаска
Бабадыйкан кезигип,
Батасын берип койгону.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Жанындагы ак сакал
Көздөн кайым болгону.

Турду Манас сандалып:
«Көздөн кайым болду», - деп,
Сүт кымыран таң калып.
Ошондо Манас кайран шер
Колун алып аркага,
Коржоктогон кайран эр
Астында күлүк Айбанбоз,
Ээрин алып жайдактап,
Айдай сары талаага
Коё берди баймактап.
Акканкыны жазданып,
Булгаары тердик, көк токум
Жамбашына салынып,
Ойноо бала чагында,
Алтайдагы ок өтпөс
Айкырынан жамынып,
Ач болотту салынып,
Жумган көзү ачылбай,
Сунган буту тартылбай,
Адамдан бөлөк арслан эр
Алп уйкуну салды эле,
Адамдын шери кургуруң
Корулдап уктап калды эле.
Таң сөгүлүп киргенде,
Жерге жарык тийгенде,
Ичке жолду төтөлөп,
Карып болуп дан издеп,
Келе жатат Карача,
Токсон арын жетелеп.
Карып болуп, ал таппай,
Токсон төөсүн жетелеп,
Карайлап издеп, дан таппай,
Түсү качып, түн катып,
Эли карып, эң ачка
Акылынан куп шашып,
Ат бороюн сыдырып,
Ааламдын баарысын
Аштык издеп кыдырып,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Таңдын муздак жели дирилдеп,
Суук шамал жел болуп,
Баабединдин мазардын
Салынган берки маңдайда
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Тоодой кызыл ак буудай
Ай-талаада көрүнөт.
Көргөнүндө Карача
Көп азык болот бизге, - деп,
Көөнү кетти бөлүнүп.

Бээ баштаган беш тогуз
Баабединге чалды эле,
Эл чуркурап, чуу туруп,
Буудайга жакын барды эле.
Ал буудайдын ээси бар,
Жалаңкычтай жар кабак
Жанында Манас дөөсү бар.
Адамдан бөлөк жан экен,
Арт жагына караса,
Арсландай жалы бар экен.
Сыягы бөтөн, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Бул баатыр өөдө ойгонсо,
Буудай эмес Карача
Кайран жандан күдөр үз!
Келгендерден кеп уккан,
Анжыяндын калктары
Артык дыйкан, - деп уккан.
«Эл бекен, булар жоо бекен,
Каарданса тойгон кул
Кашайта көздү оёбу,
Калк, төөлөр, мындай тура тур!
Жакындасак кокустан,
Койбой союп коёбу?
Арларды олжо кылбасын,
Ачууланса кокустан
Адамдын баарын кырбасын.
Зорлугу тоонун теңиндей.
Оонап кетсе кокустан,
Көрүнгөндү жегидей.
Адамдан бөлөк түрү бар,
Кайгуулда жүргөн шер белем?!
Азыгын камдап абыдан
Буурugуп жаткан эр белем?!
Берен да экен, бел да экен,
Белгилүү кыйын эр да экен.
Обурагы артык жан экен,
Оң жагында жолдошу
Арылдап жанын жаланган,
Ач арсланы бар экен.
Арслан тийсе оң кылбас,
Айкырып турса бул адам
Баарыбызды соо кылбас.
Кымбат да экен, шер да экен,
Кылымга татыр эр да экен.
Оң далысы кең да экен,
Ойротту бузчу шер да экен.
Жалаңкычтын көзү экен.
Кайып шердин өзү экен.

Ачкалыктын жапаасын
Көргөнү келген экенбиз,
Ачка болуп дан издеп
Өлгөнү келген экенбиз.
Оолугуп бизге кол салса,
Оң таптырар кул эмес,
Оңой-олтоң бул эрге
Менде чыдаар уул эмес.
Аштык издеп, дан карап,
Арам өлөт экенбиз,
Кыйын душман жоо болсо,
Бейили жаман эр болсо,
Жаман өлөт экенбиз!
Бузулган экен биздин түш,
Кыргын болсок талаада
Кылымда болбойт мындай иш.
Ырайымдуу жан бекен?
Ырас жини кармаса,
Кырып салар ал бекен?
Уйкудан өөдө тургуча,
Бизге моюн бургуча,
Жабдыгын алып тургуча:
«Жан соога, баатыр, мына», - деп,
Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу,
Асый чыкма Аккула
Бул арслан алдына
Тартуу кыла салалы,
Бекер карап турбастан,
Бек акылды кылалы.
Жан соогалап алалы,
Минтпей койсок, жигиттер,
Канткенде аман калалы!?»
Нойгуттардын Карача
Албан түрдүү сөз айтып,
Баатыр Болот карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап түштү баарысы.
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Төөнү айлана жүгүрүп,
Саксалаңдап карысы,
Айласы кетип антаңдап,
Карача баштык баарысы:
«Бул айтканың акыл, - деп,
Аккуланы тартууга
Аскердин баары макул, - деп,
Ата-энеси бир жылкы,
Арслан шердин алдына

Тартуу кыла салалы,
Аман-эсен куу жанды
Ажыратып алалы!
Сынчылар айткан кеп эле.
«Тартуу кылсаң Аккула
Далай мүлк болот», - деди эле.
Ал айтканы чын болсо,
Анык тулпар бул болсо,
Өчкөн отту тамызар,
Өлгөн жанды тиргизер.
Бекем кылыч байланып,
Бээжинди көздөй айланып,
Берендер минер мал эле,
Болот айза колго алып,
«Ысылам», - деп, үн салып,
Бусурман минер мал эле,
Кадыр түнгө жолуксак
Бош кылуучу мал эле.
Ээсин таап биз берсек,
Эренди бизге жаныбар
Дос кылуучу мал эле.
Эр Болот баштап жүз киши
Уйгу-туйгу жүгүрүп:
«Кырып иер бекен», - деп,
Кызыталак жандан түңүлүп.
Элчилик түрдөн башташып,
Жоо-жарактын баарысын
Чогуу үйүп ташташып,
Эстүүнүн баары күйүнүп,
Эселектер ошондо:
«Кырса кыргын болдук», - деп,
Төөнү айлана жүгүрүп,
Корккондон көзү алактап,
Акылдан танып кээ бирөө
Жаткан экен шалактап,
Берендин баары жүгүрүп,
Эселектин баарысы:
«Өлдүк!» - деп, жандан түңүлүп,
Кара чаар кабылан
Калк коркуп эми турганда
Капталынан чамынып,
Чолок көк чаар жолборсу
Илип кетчү эмедей,
Оозун ачып камынып.
Калк үркүп эми дыркырап,
Кайран жандан түңүлүп,
Калайык качып дыркырап,
Калк минтип турганда,
Нойгуттун каны Карача

Карчыгадай камынып,
Кайраттуу жандын бири экен,
Кайыптан акыл табылып;
«Атаңдын көрү, жаман журт,
Ажал жетсе өлбөйбү?
Алда башка салганын
Чиркин менде көрбөйбү?
Тердеп ата куубайбы,
Ыйлап эне туубайбы!
Туулган менде өлбөйбү,
Туура жазган буйрукка
Мендеси чиркин көнбөйбү!
Аманатын кааласа,
Жараткан өзү албайбы!» -
Деп, ошонтүп, Карача
Алтындаган жанкалта
Жанкалтанын үстүнөн
Ак кисе чечип алды эми.
Кылча жанын тутамдап,
Аккула тартып камынып,
Асый чыкма Аккула
Буулумдан жабуу жаптырган,
Билгич экен Карача
Бирөө кастык кылат, - деп,
Буйгат жерге бактырган.
Дилделеген октону
Азем менен каттырган,
Окоро түйгөн ак чылбыр
Үч кулач узун тактырган,
Менин атым болсо, - деп,
Идерлүү адам жактырган.
Окоро түйгөн ак чылбыр
Мойнуна бүктөп артты эми,
Көк жалды көздөй Карача
Аккуланы тартты эми.
Аккуланы жетелеп,
Канкорго тартуу кылууга
Карача басты бүгүлүп,
Карап турган көп жандар:
«Кана, эмине болот?» - деп,
Карабай жандан түңүлүп,
Карача жакын калганда
Бир бирден басып тарашып,
Баарысы жерди карашып,
Бузулуп өңү кубулуп,
Кудайга үнү угулуп,
Баш-баштарын карасаң
Көтөрбөй жерге тыгылып,
Өөдө болбой кылкылдап,

Жер чукушуп былкылдап,
Күбүрөшө калышып,
Эстүүсү эпсиз күйүнүп,
Эселектер ошондо
Корголоп төөгө жүгүрүп.
Акырын басып төтөлөп,
Тартып барды Карача
Онжоңдотуп Куланы
Ойронуңа жетелеп,
Акка мойнун бурганы,
Онжоңдотуп Куланы
Карача тартып турганы.
Кийген тону Манастын
Алтын жака күрөөкө,
Кызыр чалган берениң
Кылычты илип билекке,
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Каарданып чамынып,
Бир кудайга жалынып,
Ыйманы бар бетинде.
Көк жалдын жайын сураба,
Чын бусурман, чынар шер
Бул кыргыздын коргону,
Күтүп алчу кайран эр.
Оңкоюп Манас караса
Тартууга келген Аккула,
Куйругу узун, жалы бар,
Ушундай сулуу жаныбар.
Караса көңүл бөлүнөт,
Как ошондо Аккула
Атадан жакын көрүнөт.
Бекем белди курчанып:
«Дин ыслам!» - деп, үн салып,
Бээжинге тийип кол салып,
Бейпайга минер мал экен,
Катуу чыдап, кырк артуу
Кагышка минер мал экен,
Капыр менен бусурман
Ортосунда онжоңдоп,
Салышка минчү мал экен.
Айза кармап, топ бузуп,
Дууга минер мал экен.
Айгай кулак тундуруп,
Чууга минер мал экен.
Кызыл түпөк айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кыргынга минер мал экен.
Кара түпөк айза алып,

Кара болот кылыч байланып,
Кагышка минер мал экен.
Капыр менен бусурман
Чек арасын бөлүшүп,
Чабышка минер мал экен.
Токсон илек кол алып,
Тоорулга минер мал экен.
Сексен илек кол алып,
Серпишке минер мал экен.
Түпөктүү айза колго алып,
Солоктоп желип калышып,
Жекеге чыгып сайышын,
Кабак ачар ал экен,
Кайгуулга минер мал экен.
Бабадыйкан олуя
Айткан ушу кеп экен.
Алда Таалам Аккула
Алып келген ал экен.
Сүйүндү Манас дардайып,
Чаначтай мурду барбайып,
Көк арсландай чамынып,
Жаратканга жалынып,
Опол-тоодой канкоруң
Ордунан турду камынып.
Манас өөдө турганда
Көңүлү атка бөлүндү,
Жетелеген чоң кула
Бурак аттай көрүндү.
«Кечээ, Бабадыйкан карынын
Айтканы анык тушу экен,
Айтып кеткен Кула аты
Анык өзү ушу экен.
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Кетмен туяк, кең соору,
Аркар аяк, капкан бел,
Алыска чыдаар мал экен.
Атасы тоонун кайыбы,
Энеси чөлдүн бууданы,
Куп келтирип, куп жасап,
Кудайдын буйруп турганы.
Сексен төөгө дилде артып,
Жердин жүзүн кыдырса,
Алтын чачып сарыптап,
Азелде мындай кабылбайт,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана издесе
Төрөгө мындай табылбайт.
Кайыбынан кабылган,
Жасаган экен жараткан,

Жаныбарым Аккула
Кайманадан табылган.
Кыска көкүл, жал экен,
Ай, жаныбар Аккула
Кырсыкты чечер мал экен!
Бекер куйрук - жал эмес,
Бекер алчу мал эмес!
Ат коштогон бул чалдын,
Касиеттүү зор кандын,
Кадимки нойгут кыргызга
Ата болгон кези экен.
Айланайын бусурман:
«Айкөл Манас минсин», - деп,
Алып келген кези экен!
Дегенине көнөйүн,
Кызыл буудай, кыйла мүлк
Кулага тартуу берейин.
Буудайга ыраазы болбосо,
Дегенине көнөйүн,
Бай Жакыптын сан кара
Баарысын тартуу берейин.
Сарып кылып дүйнөмдү,
Деген сөзүн алайын,
Кыймылдаган жанымды,
Колумдагы барымды,
Бир атка тартуу кылайын.
Бир туягы сан кара,
Бербейин деген кулуна
Сатса келбейт булуна,
Белен кылат жолуна,
Берейин деген кулуна.
Куланды кууса куткарбас,
Куюндугу бар экен.
Чалгын минсе чарчабас,
Жаныбарым Аккула
Дулдулдугу бар экен.
Кыл куйругу бир кучак
Жасаган жалгап кабылды,
Онжоңдогон Аккула
Таалайыма табылды!»
Айтып оозун жыйгыча -
Айкөлүң өөдө турду эми
Ак селдеси казандай,
Нойгуттун каны Карача
Айкырса үнү азандай,
Жетелеген чоң Кула ат
Тартуу кылып дардайып,
Эки колу боорунда,
Акка моюн буруптур,

Ак буудайдын четинде
Жылкыда күлүк Аккула
Жылмаңдатып каранды
Тартуу кылып туруптур.
Карача туруп муну айтат:
«Оо, балам, башка көрүнөт,
Байкасам көөнүм бөлүнөт.
Колдогонуң бир тогуз
Мыкты сының бар экен,
Айзакерден абыдан
Ыктуу сының бар экен,
Ээ болуучу калыкка
Мыктуу сының бар экен,
Калк каратып колуңа
Алуучу сының бар экен,
Катылганга калайман
Салуучу сының бар экен.
Кең көкүрөк, кеменгер,
(Кулак угуп, көз көргөн
Канча жерди кыдырдым).
Көрбөдүм сендей кыйын шер!
Баш териң башка көрүнөт,
Балам, мындай болсо, - деп,
Байкасам көөнүм бөлүнөт.
Жаныңда тоодой буудайың,
Жаратканга сыйынып,
Жөнүңдү сурап турамын.
Жер жүзүнө жаралган
Жетимиш бурку адам бар,
Ачык айтчы, кулунум,
Ата уругуң кайсы жан?
Ураанын ким, элиң ким?
Уругуң ким, жөнүң ким?
Ата-баба, айылың ким?
Айтып берчи, кулунум,
Ары түбү - дайының ким?
Айып этип койбосоң,
Айыл конгон жериң ким?
Ата-баба ураны -
Жайыңды сурайм, элиң ким?
Ачууланып койбоңуз,
Аздап келдим өзүңө
Ажалдан мурун сойбоңуз!
Аңгемени курадым,
Ак сакалдуу чал элем,
Ата-жөнүң сурадым,
Жөнүңдү угуп калууга
Кумар болуп турамын!
Кыр-кырыңдан карасам,

Кызырдуу түрүң көрүнөт,
Маңдайыңдан карасам,
Баашалык түрүң көрүнөт.
Менделиги курусун,
Бет заарыңдан чыдабай
Коркуп турган жерим бар.
Оң жагыңдан карасам,
Кара чаар кабылан
Капталыңдан чамынат,
Бет алдыңдан карасам,
Кара кулак шериң бар,
Беттешип менде ала албайт,
Шер аталган жериң бар.
Ата-жөнүң билүүгө,
Балам, сенде кебим бар.
Бет алдыңа келиппиз,
Лоб дайра боюн жердеген,
Карача баштык каныбыз,
Келгендер кыйла жан элек,
Сенин каарыңа чыдабай,
Кыйрап түштүк баарыбыз.
Курсак ачкан карыппыз,
Кудай билсин, өзүң бил,
Куп алдыңа кезигип,
Буудай издеп калыппыз.
Кудайдын нуру чачылбай,
Катаалдап кетти жерибиз,
Тулпар коштоп, дан издеп,
Карып болду элибиз.
Ыймандуу балам экенсиң,
Оолугуп кетсең кокустан
Кырып салар бекенсиң!»
Анда Манас муну айтат:
«Ак сакалдуу карыям,
Атама тете олуям,
Салоодон-салоом алеким!.
Ак сакалдуу карыям,
Сени кырып нетейин,
Не мураска жетейин,
Ары түбү дайынымды
Азыр айтып кетейин.
Башынан кары кетпеген
Ала-Тоо биздин жерибиз,
Жайы-кышы эт жеген
Кызырдуу кыргыз элибиз.
Сурап ичип тойбойбуз,
Сугалакты койбойбуз,
Кармашка чыккан жоо болсо,
Кабыланча жойлойбуз.

Чоң атабыз Каракан,
Ал Каракан өлүптүр,
Кан өлгөндө кыргызды
Кара кытай, көп манжуу
Каптап кирип бөлүптүр.
Кыйратып элди кырыптыр,
Кыйласын олжо кылыптыр.
Тирүүсүн бөлүп алыптыр,
Каяшаяк кылганды
Тим эле кырып салыптыр.
Кайраттуусун кармаптыр,
Канчаларын жайлаптыр.
Кан атамдын сегиз уул
Боортоктоп жаш калып,
Болбой баары мас калып.
Бабабыз кан өлүптүр.
Бабадан калган сан дүйнө
Кара кытай, көп манжуу
Камчыга ченеп бөлүптүр.
Каракандын сегизин,
Кээси жалгыз, эгизин
Бирөөн айдап Эренге,
Бирөөн айдап жиберип,
Түшүрүптүр тереңге.
Бирөөн айдап казакка,
Бирөөн салып ошондо
Киши көрбөс азапка.
Ала-Тоонун боюнда
Сегиз экен бир тууган -
Серпилип конгон айылы жок,
Өлүү-тирүү билинбейт,
Ошо туугандардын дайыны жок.
Айтсам далай кебим бар,
Кара кытай, манжууда
Курсактан чыкпас кегим бар.
Атам экен, Жакыптын
Кол-аягын байлаптыр.
Кордук кылып ошондо
Алтайды көздөй айдаптыр.
Алтайга атам барганда
Айдалып барып төрөптүр,
Жетиге чейин бут баспай,
Бечел болуп турупмун.
Сегизге жашым чыкканда
Чатактын жөнүн баштадым,
Тогузга чыга келгенде
Калмактын тогуз баласын
Такыр кырып таштадым.
Онго чыгып келгенде

Ордо бузуп, олжо алдым.
Он экиге келгенде
Орчун журтка кол салдым.
Он үчкө жашым толгондо
Кочкуларын коройттум,
Дөңгө, Орго балбандын
Баарына кыргын салгамын.
Кырк түтүн кыргыз элимди
Кара кытай, манжуудан
Айлансам болот андайга,
Ажыратып алгамын.
Кабылан көк жал Манастын
Караган кара көзүмүн,
Бээжиндин канын ойготкон
Кан Манастын өзүмүн.
Көчүп келип, мен кондум
Ала-Тоо, Талас жериме,
Жыйнайын - деп турамын,
Кытайдан, кыргындан калган элимди!
Азыраак таптым тууганды
Каканчын менен кармашып,
Катуу салдым чуулганды.
(Кызырды көрдүм талаадан).
Ай-талаага конгомун,
Кырк чилтен келип дос болуп,
Чын бусурман болгомун.
Алтайда чачтым жыйганды,
Анык болуп бусурман
Кааладым жалгыз ыйманды.
Кудай жалгыз, куран чын,
Ай-талаадан билгемин,
Кара динден ак болуп,
Ушинтип динге киргемин.
Акка бурдум бейилимди,
Кара калмак, манжуу журт -
Тынбай алты ай салышып,
Чийдим эчен сызыкты,
Каканчындын элине
Баштадым артык бузукту.
Кочкуларын кармадым,
Катылышкан калдайын
Узунунан салгамын.
Кыжылдаган кытайга
Кыр жагымдан чалдырдым,
Биттейимде бириккен,
Бармактайда баш кошкон,
Өткөрө тулпар Торучаар
Ошондо окко алдырдым,
Улуктарын, дөөлөрүн

Кармай албай келгемин,
Эзкара, Жолой - эки кан
Жайлай албай келгемин.
Түп-Бээжиндин Каканчын
Барыша албай чыккамын.
Атаңдын көрү, жалгыздык
Тоорулга минер тулпар жок,
Көзүм жайнап, ичим чок,
Өксүтөт экен ар кандай,
Атаңдын көрү, дүйнө шок!
Көктөн жылдыз тутулуп,
Алтайга азып кеткен кырк түтүн
Аман келди кутулуп.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Алышып келген манжууну
Сойлотуп жерге таптадым,
Кырк түтүн кыргыз элимди
Кытайдан мүнтүп сактадым.
Өрдөп кондум Таласты,
Алтайдан көчүп чаалыгып,
Жери бек, Талас жер таптым,
Азган-тозгон эл таптым.
Бабадыйкан чал менен
Ортоктоп буудай айдадык,
Алты ай буудай бышкыча
Боз-Талааны жайладык.
Эмгек кылып, аш таптык,
Эр өлтүрүп, журт кырган,
Мытаамдыктан баш тарттык.
Чын бусурман менденин
Баш терисин көрөмүн,
Опол-тоодой буудайды
Бакыр менен мискинге
Баарын бөлүп беремин.
Кабылан көк жал туулган
Канкор Манас өзүмүн,
Кан агызып катыктым,
Кайнап жаткан кытайга
Канкор бурут атыктым.
Чыны Какан Бээжинди
Чын урушуп кыргамын.
Калың Бээжин капсаңдап,
Катылган үчүн кыргамын,
Кериште кенен кылгамын.
Колума тийген кечилди
Такыр биттеп салгамын.
Кабыланмын, бөрүмүн,
Жакып байдын жалгызы -

Кабылан Манас өзүмүн!
Как буудайдын кашында
Карап жаткан кыраанмын.
Кагыша чыга жоо келсе
Калтырбастан кырамын.
Каарданса кан ичер
Кара кашка тынармын.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Ай-талаада турамын.
Кыргыз журттун эгинин... »
Көк жал Манас муну айтып,
Кан Манас айтып бир сөздү,
Карачадай канынын
Көөнүнө салды кир сөздү.
Муну укканда Карача
Манасты беттеп төтөлөп,
Онжоңдотуп Кула атты
Ойронуңдун алдына
Тартуу кылды жетелеп.
«Балам, Манас, сен болсоң -
Берген экен кудайым!
Кабылан тууган, канкор шер,
Аман жүргүн ылайым!
Кезиктирип талаадан
Көрүштүрдү кудайым!
Мен да кыргыз өзү элем,
Кырк уруу кыргыз журтуңдун
Бир уруусу мен элем.
Атагым нойгут ушу журт -
Кара көктүн бири элем,
Канзааданын өзү элем.
Байкап жүзүң көрөйүн,
Айбандан артык Аккула
Тартуу кылып берейин.
Аккула тартуу, мен сатуу,
Тартып турган Аккула
Туура тулпар ал эле.
Алты шердин кенжеси
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Айкөл Манас өзүңө
Ылайыктуу мал эле».
Жакасы, алтын жеңи жез,
Жарыктык эле Карача
Аккуланы жетелеп,
Бир өзүңө келди кез.
«Аккула жайын айтайын,
Бекер куйрук, жал эмес,
Быйыл асый чыкма Аккула

Бекер туулган мал эмес.
Айгай укса шашпаган,
Айдын караңгысында
Бир изинката баспаган.
Баш тундурган дуу келсе,
Кулак тунган чуу келсе,
Желигип чылбыр чойбогон.
Жеткилең буудан ойлосоң,
Жаш байталдын кулуну,
Кара жылкы дулдулу.
Кыл куйруктун кыйыны,
Өзү Желкайыптын кулуну.
Жет-Кайт минсең арыбайт,
Жетимиш асый болгуча
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Кайыбынан кабылган,
Ээн талаадан табылган.
Энеси кайып жаныбар
Кулан менен куушкан,
Чөлгө тууп, ташка өскөн,
Айбандан бөлөк башка өскөн.
Лоб дайранын баткалда
Он түмөн жылкым жатканда,
Ат кара тил болгондо,
Жаз ыраңы толгондо,
Тоо таяна эл көчө,
Таң кашкая сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Салып жетип карасам,
Жылкы аманын кааласам,
Жылкы ичинде буркурап,
Куюн ойноп жатыптыр,
Жылкыларды карасам,
Жоо тийгендей чуркурап,
Кыйын ойноп жатыптыр.
Салып барып карасам
Тууду деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок.
«Туура кайып экен», - деп,
Өзүм таап алгамын.
Тапканымда Куланы
Жети кулун сойгомун,
Жети бээнин эмчегин
Жеке эмдирип койгомун.
Абайдан жабуу жаптырдым,
Айбандан бөлөк бактырдым.
«Аккула» - деп, ат коюп,
Артыкча мыктап баккамын.
Журт курсагы катуу ачып,

Жетелеп келдим сатууга,
Бет алдыңа токтодум,
Береним, сага сатууга.
Көзүңдү, көк жал, салыңыз,
Табылбаган тулпарды
Тартуу кылдым өзүңө,
Көзүңдү бекем салыңыз.
Берен да экен, жан да экен,
Бейлеп минсең Аккула
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдырса,
Чыдап берчү мал экен.
Кынсыз кылыч байланып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кыдырып айланып,
Төрө минер мал экен.
Туу куйругу бир кучак,
Туягы болот өзгөчө,
Тулпарлыгы бир башка,
Туура, балам, Манас, бил!
Кылымдан мындай табылбайт,
Кылайып мындай кабылбайт,
Кайыбынан кабылды,
Каражолтой күлүк мал
Кымбат жерден табылды.
Куюн-шамал мал экен,
Куп буюруп өзүңө
Кез болгон ушу чагы экен,
Кең соорусу бир кучак,
Керишке минер мал экен,
Тоонун башын сыдырсаң
Тозбос жайы бар экен,
Адырга салса ноюбас
Артык сыны бар экен,
Арсланым, сенин өзүңө
Ылайыктуу мал экен.
Бекер куйрук, жал эмес,
Бул жаныбар Аккула
Тегин жүрөр мал эмес.
Кагышка минсе камсыкпас,
Бул жаныбар Аккула
Камбылдык түрү көрүнөт,
Кармашка минсе жоорубас
Даңгылдык түрү көрүнөт.
Бекер куйрук, жал эмес,
Бекер туулган мал эмес.
Берендиги белгилүү,
Бээжинге жортсо чыдачу,
Бепбелгилүү көйкашка

Тулпарлыгы бар экен,
Ырас, Манас, көк жал эр,
Ылайыктуу мал экен.
Кара аркескен байланып,
Кара-Тоону айланып,
Кайгуулга минер мал экен,
Түпөктүү айза колго алып,
Күндүр-түндүр жол чалып,
Түйшүккө минер мал экен.
Кайгуул карап, эл багып,
Менде көрбөс жер көрүп,
Кулак уккус эл көрүп,
Кыба жазар мал экен.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Айчыгы алтын ок өтпөс,
Адам кийсе, - деп жүрдүм.
Байтал бээнин кулунун,
Кара жылкы дулдулун,
Кагышка минсе камыкпас,
Каран калган Аккула
Ээси минсе, - деп жүрдүм.
Кечээ, Лоб дарыя боюнан,
Адам барбас Барбардын
Куюлган ары оюнан,
Кулан талаа, чий кокту
Курудумдун чөлүнөн
Кайыбынан кабылган,
Каран калган Аккула
Ээсиз, күнсүз талаада
Ээн жерден табылган.
Куу учканда кулагы,
Кулан жүрсө туягы
Күйүп кеткен жер эле.
Жандуу басып жүрбөгөн,
Кайып качып билбеген,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этим жерде суусу жок,
Сапарга адам барбаган,
Кез болгон адам ал жайда
Өлбөй тирүү калбаган.
Бука кийик, төө кийик
Бурч-бурчунан чаң салса,
Көргөн адам таң калган.
Тирүү жандар жол жүрсө,
Ошо чөлдүн өзүндө
Ошондой жандар табылган.
Жазгы турум кезекте,
Ала-телек кар кетип,

Туура чөпкө жан жетип,
Бээлер тууган мезгилде
Белек болуп колума,
Бул Аккула табылган.
Акыры берен минер, - деп,
Эркелетип бактырдым,
Мойнуна тумар тактырдым.
Бирөө душман кылат, - деп,
Жер чукутуп бекитип,
Чуңкур сайга бактырдым.
Бышты болуп келгенде
Башына окто каттырып,
Колдон чыгып кетпеске,
Ал октонун өзүнө
Он эки чылбыр тактырып,
Абайы менен жаптырып,
Коштогондо каранды
Он эки балбан бош коштоп,
Кезиксе майып кылат, - деп,
Жолун ачып бош-боштоп,
Жоругу мынча бар эле,
Каным Манас, угуп тур,
Жумур баштуу мендеге,
Жолукпай турган мал эле.
Кыбачыга кындатып,
Көз ачыкка сындатып,
Былтыр бышты, быйыл асый,
Таалайыңа табылды,
Ай-талаадан Аккула,
Айкөлүм, сага бурак ат
Берение, сага кабылды.
Бул Аккула чочконун
Бар байлап минер ээси жок,
Ээ табылса Кулага
Эң эле тулпар мээси жок.
Канаттуу күлүк Аккула
Кабылан сизге кабылды,
Кызыр чалган кырааным,
Кымбаттуу тулпар Аккула
Кыябы менен табылды.
Багып жүргөн Аккулам
Кайып күлүк мал экен,
Касиеттүү ал экен,
Кагылсам болот кудайга,
Минер ээси бар экен.
Береним, сенин өзүңө
Ай-талаада кез болуп,
Бере турган убагым,
Үймөлөгөн буудайды,

Калың элим эң ачка,
Каалап сизден сурадым.
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Керишке минер Аккула
Берениm, сенин өзүңө
Тартуу кылып турамын.
Аккуланы алыңыз,
Үймөлөгөн буудайды
Бизге кыйып салыңыз!»
Анда Манас муну айтат:
«Айбандан артык Аккула
Карача тартса, мен алдым!
Дегениңе көнөйүн,
Кызылдаган ак буудай -
Бул Аккула тулпардын
Тартуусуна берейин.
Онжоңдогон Аккула
Бизге кыя салыңыз,
Аккуланын тартууга
Ак буудайдын баарысын
Бирөөнү койбой алыңыз!»
Баатыр мындай деген соң,
Карача турду бакырып,
Калың колун чакырып,
Токсон экен кызыл нар,
Кызыл нарды чөгөрүп,
Токсон нарга буудайды
Топтолтура жүктөшүп,
Токсон нардан калганын
Кочуштап уучтап алышып,
Куржунуна салышып.
«Кочуш буудай бир тай», - деп,
Аң-таң калып калышып,
Аккула алып Манас кан
Көңүлү турду жай болуп,
Буудай алып Карача
Калган экен бай болуп.
Мына ошондо Карача,
Аккула берип Манаска
Кыбыланы бет алып:
«Оомийин!» - деп, кол жайып,
Кулунум Манас, өлбөсөң,
Катылганды кан чыгар,
Кармалаша кеткендин
Аман калбай жан чыгар.
Улугумсуң, шеримсиң,
Азганакай журтумду
Күтүп алчу өзүңсүң.
Алышка колуң курай жүр,

Абайлагын, Манасым:
«Ал-абалың кандай?» - деп,
Картайганда Карача
Ал-абалымды сурай жүр!
Эрендирсиң, шердирсиң,
Эси кетсе аз журтту
Күтүп алчу сендирсиң!
Жерди байкап чала жүр,
Менин жерим Лоб дайра
Ошондон кабар ала жүр!
Телегейиң тең болсун,
Теминишкен душманың
Теги, кырылып кем болсун!
Улугумсуң, шеримсиң,
Береним азыр табылды,
Медер кылган белимсиң.
(Берендигиң белгилүү.)
Карaанга колум жыярмын,
Амандыгың, эрдигиң
Кербендерден сурармын», -
Деп, ошонтүп Карача,
Меңсиз ак боз бээ алды, - дейт,
Ай туякка чалды, - дейт.
Токсон төөгө жүк артып,
Карача кетти бир жайга,
Аккула минип зоңкоюп,
Айкөлүң тартты бир жайга.
Көз жетпеген урчукка,
Көмкөрүлгөн тумшукка,
Күдүрлүү тоонун четине,
Оркойгон кырдын бетине,
Мелтиреген чөлүнө,
Касиеттүү мазардын
Ашып барчу жерине
Аккула менен оржоктоп,
Ашып барган жеринде
Кудай кылды убара,
Ачып көздү-жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Бет алдынан жолукту
Аксакалчан дубана.
Дубана туруп муну айтат:
«Беренимсиң, белимсиң,
Бек жараткан жакшылап,
Арбагың бийик, атың оор
Ардактаган шеримсиң!
Кыйынымсың, канымсың,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,

Айкөл Манас, жанымсың!
Телегейи теңимсиң,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,
Табылбай турган эримсиң.
Мындан мурун нечен жыл
Келериң бейлеп билгемин,
Кара көк жал кабылан
Келет ко, - деп жүргөмүн.
Жолуңду тозуп көрүүгө,
Алда Таала жараткан
Сенин аманатың берүүгө,
Кабар алып Алдадан
Аты Манас арслан, - деп, -
Канча жерден күйгөмүн.
Шер акыры келди, - деп, -
Сени күйүп жүргөмүн,
Ааламды чалгамын,
Арслан сенин айыңдан,
Кыйла жерге баргамын.
Сүйлөп берер иш кыйын
Кудай буйруп кут кылса,
Аманат берем бир буюм.
Кол кармашып, көз көрүп,
Оолукканы турамын,
Алдам кымбат жараткан
Кымбатым, сенин өзүңө
Жолукканы турамын.
Кумар болуп жүзүңдү
Көрөйүн, - деп келгемин,
Кудай сүйгөн алты курч
Асмандан түштү атайын,
Арслан, сенин өзүңө
Берейин, - деп келгемин.
Муну билген адам кеп айтар,
Кынга салсаң алты курч -
Жаныңа жакын жолдошуң,
Кындан суурсаң алты курч -
Чапканды жарчу жолборсуң.
Өлчөп кындан суурганда
Беттешип жандар барабы,
Каарданып шилтесең,
Бөлүнбөй душман калабы?
Казатка кирсе болжошуң,
Кармашка кирсең алты курч -
Сан колдон кыйын жолдошуң.
Бет алып суурсаң кылычты
Беттеп адам барабы,
Чымырканып шилтесең,

Бөлүнбөй адам калабы?
Алда берди алты курч,
Баары болот тегиз курч,
Курчтугу кымбат сынаакы,
Беттешип жоого кол салсаң,
Бек токой жерге жол салсаң
Алты курч артык мураапы.
Кайыптан мындай кабылбайт,
Кулак угуп, көз көргөн
Жумуру баштуу мендеге
Асмандан түшүп жолугуп,
Азелде мындай табылбайт.
Бекер дебе сөзүмдү,
Бээлеп тур, балам, сөзүмдү.
Каалаганга жолуккан
Кайып чалдын өзүмүн,
Этегим тийген оңолгон,
Кызырыңдын көзүмүн.
Казат кылып кагышсаң,
Керек жолдош курч ушул,
Жумуру баштуу мендеге
Балам, Манас, бейлечи
Табылбай турган мүлк ушул.
Какайыңкы кайран бел
Бүктөлгөндө чыгаргын,
Бир чымындай куу жанга
Күч келгенде чыгаргын.
Оңго, солго шилтесең -
Булактай агат кара кан.
Кыйкырып кындан чыгарсаң,
Канга мыктап тойбосо
Катса кынга түк кирбейт,
Кызыгып кындан чыгарсаң
Кан сорбой куру түк жүрбөйт.
Асмандан түшкөн алты курч,
Кайыптан кылыч табылган,
Калкта болбойт мындай иш.
Алты курчтун ичинде
Кылычтын кындуу ыктуусу,
Алты курчтун мыктуусу,
Баарысынан өткүрү,
Артык кудай буюрган
Арсланым, өзүң алууга
Ат коюлган Зулпукор -
Оң жакы быяк бетинде,
Миздин өөдө четинде
Чийилип калган каты бар,
Ал катынын ичинде:
«Канкор Манас алат», - деп,

Кудуреттин өзүнөн
Чийилип келген каты бар.
Кара, Манас, кулунум,
(Кара диндүү көп калык)
Жөн адамга кабылбайт,
Шер атагын албаса,
Зайыппуруш болбосо,
Мындан бөлөк мендеге
Мындай кылыч табылбайт.
Аманат бердим алты курч,
Мубарбек кылып алыңыз,
Өзү тийген күчтүүгө
Кызылдай кыргын салыңыз!
Каканчынга, Бээжинге,
Зордукчу кытай элине
Ылайык кылган алты курч,
Өзүң алгын Зулпукор.
Дегениме көнүңүз,
Көз жумулуп, жан чыксын,
Колуңдагы белекти
Андан кийин бериңиз,
Кебиме кулак салыңыз,
Күлдөй жаның аябай
Кыраандан миңди табыңыз.
Кызыр чалган башыңа
Кыйыным, уккун кебимди,
Кыраандын баары туш болот,
Кайып чалган башыңа
Канчанын баары кезигет,
Баабедин чалган башыңа
Баатырдын баары тушугат.
Эрен келет, шер келет,
Эрикпей күтүп, жолдош жый,
Өзүңө тете эр келет,
Кырк жерден келет кырк чоро,
Кырк чоро эмес, ошолор
Кырааным, сенин өзүңө
Кылымды бузар кырк жоро.
Кыялын тапсаң кырк кашка,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Оорутпай күтсөң аларды
Кылымды бузар көйкашка.
Дегеним ушул көнүңүз,
Казынаңа салыңыз,
Бек бекитип алыңыз,
Айткан сөзгө көнүңүз,
Акыры түбү буларды
Ээсин таап бериңиз.
Калкыңа кайра барыңыз,

Алтайдан келдиң чаалыгып,
Семирип, сергип алыңыз!»
Асмандан түшкөн алты курч
Айкөлдүн берди колуна:
«Ай, Манас, кебим уккун», - деп,
Аты Кызыр дубана
Кайта салды жолуна.
Кара-Буура бийик бел
Кадуулай Манас басты эми.
Тууганын тапкан эмедей,
Туралбай Манас сүйүнүп,
Таласка кайта ашты эми.
Кайран Манас шер болуп,
Оолугуп келип калды эми.
Азган-тозгон кайран эл
Чогулушуп алды эми.
Кара-Буура, Чаткалга,
Кең Таластын боюна
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп калган кези экен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп калган кези экен.
Медер кылып Манасты,
Мекен кылды Таласты,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе кыргыздар
Эркин ойноп жатышып,
Кырк таман чийип ордону
Сары түзгө салышып,
Багылан козу, кысыр тай
Бор кайнатып алышып,
Коштон кийип суусар бөрк
Ыргап жатып калды - дейт,
Кошоктошуп кайран журт
Жыргап жатып калды - дейт...

## 21 Манастын Таластан чыгып Бакай, Ажыбайга жолукканы[2]

Чоң Таласка токтоду,
Оржоңдотуп Кула атты,
Ойрон Манас ошондо
Туугандарын жоктоду.
«Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана чалбасам,
Дөөсүнгөн элди чаппасам,
Тууганымды таппасам,

[2]Түп нускада мындай тема жок

Манас болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламдын баарысын
Арытып жүрүп кыдырып,
Минейин Аккуладай бууданды,
Табайын, айдалып барып жок болгон
Аталаш жакын тууганды.
Жылкым түмөн, мал арбын,
Жылма болгон малымда
Кармап минер буудан жок,
Издеп тапсам тууганды
Кенедей менде арман жок!
Короолоп кеткен айылы жок,
Кордолуп кеткен тугандын
Кайда кеткен дайыны жок.
Тоорулга минер Аккула
Токтобостон минбесем,
Ошо, тоздоп кеткен тууганды̆н
Өлүү менен тирисин
Токтобостон билбесем.
Кайрылып тууган таппасам,
Канкор журтту чаппасам,
Манас болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!
Канкор журт менен кармашып,
Калкына согуш салайын,
Ошо, каңгырып кеткен тууганды
Өлбөсөм бирин табайын!
Медерим таап алалбай,
Бейпайда кантип турамын,
Кудай берген куу жанды
Канткенде жалгыз кыламын!
Кайып күлүк Аккула
Түз кирип оозун бурбасам,
Түгөнгөн тууган ал үчүн
Кылымды кыргын кылбасам!
Кез болгон менен чатышып,
Кезиккен менен атышып,
Түйшүгү кымбат тулпардын
Түз тартып оозун бурбасам,
Түгөнүп кеткен тууганды̆н
Сегиз экен байкасам,
Кайран баш өлүм болгуча
Түгөнүп кунун куубасам,
Ардаксыган көп элге
Атышып согуш салбасам,
Амалсыз тууган байкушту
Издеп таап албасам!

Алтайда жүрүп туулдум,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болдум,
Эстесем ичим чок болот,
Туугандан чогуу кем болдум.
Чоңдугум тоонун теңиндей:
«Туугансыз калды бул Манас,
Туубай туна чөксүн!» - дедирбей,
Бербердигер жараткан
Чийген экен маңдайга -
Баарыбызды тараткан,
Айдалган тууган ал үчүн
Акка мойнум бурбасам,
Азып кеткен журтумдун
Бирин койбой жыйбасам,
Журтума кордук кылганды
Бирин койбой кырбасам,
Манас болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!»
Оолугуп көк жал токтобой,
Өрттөй көзү жайнады,
Коржоңдогон кокуйдун
Кан ичмеси кармады.
Белгиленсе күч чыгып,
Бетин көрсөң баатырдын
Беш байпактык түк чыгып,
Капаланып, кайран шер
Каарданып турду эми,
Катуулап кайрат кылды эми:
«Кадыр Алда, жол бер!» - деп,
Ошону сурап турду эми.
Арсландай чамынып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрсөң шондо көк жалды
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Карчыгадай камынып,
Артык канкор кабылан
Кайыптан акыл табылып,
Каарын салып, ич күйүп,
Кыраан көк жал камынып:
«Каршы чыккан адамдын
Качырып элин чаппасам,
Бөлүнүп кеткен туугандын
Тирүүсүн издеп таппасам,
Өлүмгө мойнум бурбасам,
Тереңге кеткен туугандын
Түк койбой баарын куубасам.
Каракан атам өлгөндө
Кан талоонун кылыптыр,

Канчаларын талкалап,
Эрендерин кырыптыр.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрөлүү журттар олжолоп,
Тууганым туура бөлүптүр,
Туткунда жүрүп кыйласы
Кыямат жүзүн көрүптүр,
Кайта келбес чын жайды
Калкымдын көбү көрүптүр.
Баатырсыган тууганды
Баса кирип байлаптыр,
Баатырсыган эренин
Бөөдөй кууруп жайлаптыр.
Карап кылып элимди,
Олжого алган турбайбы,
Ойлоп турсам жеримди.
Тырмак тийип, көз көргөн,
Барган жерди чаппасам!
Олжо кылып сандалтып,
Алган элди чаппасам.
Бошотпосом жеримди,
Ажыратып албасам
Айдоодо жүргөн элимди!
Ажал жетсе өлбөсөм,
Туткундагы журтумду
Туура таап көрбөсөм,
Айзалаша топ бузуп,
Каза таап окко учуп,
Ордолуу журтту бөлүшүп,
Ошо тууган журт үчүн
Он эки ай тынбай өлүшүп,
Кулак угуп, көз көргөн,
Журттун баарын кыдырып,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Жердин түбү - Желпиниш
Жети айлана кыдырып,
Кыйла жайга барбасам,
Өлүк менен тиригин
Айыра билип албасам,
Туугандардын айынан
Кылымга кыргын салбасам,
Манас болуп көлпөктөп,
Барбайганым курусун,
Бул Таласка ээ болуп,
Дардайганым курусун!
Малдан ачып баарды,
Кыдырып кыйла шаарды
Жетимдерди таппасам,
Жеткен жердин баарысын

Мукурата чаппасам,
Күн батышка жол жүрүп,
Кызылбаш журтун кырбасам.
Ат тулпарын сыдырып,
Ааламдын баарысын
Жаңжал менен кыдырып,
Эрдигим элге таратып,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жеткен журтту каратып,
Тилимди алган адамды
Тилге салып каратып,
Чалышты мыктап салбасам,
Тил билбеген адамды
Күч менен басып албасам.
Көргөзбөсөм шердикти,
Кыйла жерге кылбасам
Адамдан башка эрдикти.
Атым жалгыз дегендин
Атын союп той кылып,
Жетпес элге жедирип,
Тил албаган душманды:
«Жеп салды Манас!» - дедирип,
Кызыкты кыйла кылбасам!
Оңураңдап күчөсө,
Эрендерин ойбосом,
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп тойбосом!
Түпкү Бээжин, чоң Меке
Түгөл чардап баспасам,
Айкырып айза сунушуп,
Олжолоп кеткен элимди,
Ойлонуп издеп таппасам,
Баатырлыгым каякта?!
Өткөрө душман жоо чыкса,
Өзүн кармап сойбосом,
Азган-тозгон бул элге
Артыкча коргон болбосом,
Манас болуп күрсүлдөп,
Барбайганым курусун,
Баштык болуп бул элге
Дардайганым курусун!
Жердин түбү - Желпиниш,
Жеткилеңи Чоң-Бээжин
Жети айлана чалбасам,
Канат талып, бут жетер
Жерге чейин барбасам,
Калдайган шаар Кара-Кыр
Кап-Тоосун кошуп ашпасам,
Кан ичерден, көк жалдан

Эрен издеп таппасам -
Каза болуп өлөйүн,
Кадыр Алда жазганын
Моюнга келсе көрөйүн!»
Токтобой көк жал муну айтып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнарына таш таппай,
Үзөрүнө баш таппай,
Каарданып чамынып,
Канкордун жайы мына бу.
Орто бойлуу, кең далы,
Опсуз балбан, кан ичме,
Балбандыгы башкача,
Кыйыгына тийгенде
Кытайды бузган көйкашка.
Жетигинен жер тапкан,
Кара калмак, көп манжуу
Кагышып жүрүп эл тапкан.
Каарданып какайса,
Калкы жандан түңүлүп,
«Каражолтой канкорун,
Кантип иер экен», - деп,
Калайык дүрбөп күйүнүп,
Берен көк жал төрөнүн
Бейили кандай болот, - деп,
Түзөлө элек бул журтту
Түздөп жини кармаса,
Түгөл жыйып алат, - деп,
Түйшүгү кымбат чоң жоого
Түгөл айдап бул канкор
Бизди кырып салат, - деп,
Кара нээт Жакыптан,
Каарданса кокустан
Кара көк жал баатырдан
Кандай жан аман калат, - деп,
Каарданса кабылан
Ушу турган кыргызды
Такыр жыйып алат, - деп,
Акылдан артык шашышып,
Уйгу-туйгу дүрбөшүп,
Өңгүл-дөңгүл сүйлөшүп,
Журту дүрбөп чыркырап,
Калайыктан эс кетип,
Катуу шашып, журт турду,
Канкор Манас кабылан
Шашпай журтка кеп кылды:
«Быйыл, журтум, кебимди ук!
Чабылган журтту колго айдап,

Не мураска жетейин,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта чабууга,
Өзүм жалгыз кетейин.
Жетик желек сыр найза
Желпип колго алайын,
Жер жайнаган душманга
Жеке кыргын салайын.
Жекене белге курчанып,
Жер жайнаган жоо болсун,
Жер майышкан доо болсун,
Жеке аралап кол салып,
Учмактуу калаа, улуу журт
Учуна чейин чалайын,
Убара кылбай бул журтту
Өзүм жеке барайын.
Өлүм орток, жан бирге
Жан - деп, кудай жаратса,
Жан-жөкөрдү табайын,
Чамам келсе чапчышып,
Чабышка жеке барайын,
Алым келсе атышып,
Атышты арбын салайын.
Кээ бирөөсүн ыйлатып,
Кээ бирөөсүн сыктатып,
Кейитип элди нетейин,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын кыдырып,
Жеке өзүм кетейин», -
Деп, ошонтүп, кабылан,
Кызыр чалган кыраанын
Кыргындашпай журт менен
Кыраанын Манас турабы,
Тууганым жок - деп токтобой,
Каарданып желигип,
Канкор Манас ээлигип,
Шашып амаз окунуп,
Аккуланы токунуп,
Каарданып жайланып,
Канкор шерди карасаң
Канга тойбос Зулпукор
Сол жагына байланып,
Кызык кырдуу айза алып,
Калкы дүрбөп күйүнүп,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке илинип,
Таласка сайган чынар бак,
Төрөңүздүн мингени -
Төөдөй болгон алтын так,

Төрөлүү журт чуркурап,
Калайык турду кайгырып.
Аккула менен заңкайып,
Арслан төрө ошондо
Калың журттан айрылып,
Бастырганда көп элдин
Көңүлү калды бөлүнүп,
Карап турса төрөнү
Опол-тоодой көрүнүп.
Ойрондун жайын сураба,
Оң далысы кең экен,
Он эки мүчө тең экен,
Опсуз башка бул канкор
Ойротту бузар шер экен.
Опол-тоодой дөө чыкса,
Кайра тартып көз жумбай,
Качырар сыны көрүнөт,
Токсон тоону жол кылып,
Ашар сыны көрүнөт.
Ааламды буй кылып,
Басар сыны көрүнөт,
Темир калкан болоттон
Кийишер сыны көрүнөт,
Он сегиз миң ааламга
Тийишер сыны көрүнөт.
Таластан чыгып бөлүнүп,
Кудай сүйгөн кабылан
Канкорлук түрү көрүнүп,
Султан да ошол, бел да ошол,
Мээнет тарткан аз гана эл,
Медер кылар шер да ошол,
Айласы кыйын, заары күч
Аз гана кыргыз бул элдин
Арка кылган бели ошол,
Таластан айкөл бөлүнүп,
Мингени Кула бууданы,
Көк жал төрөң ошондо
Издегени тууганы.
Өзү баатыр болгон соң,
Тууганды таппай турабы?
«Аман-эсен тууган таап,
Кайрылар бекен канкор, - деп,
Канкор кайта келгиче
Каптап кетер бекен, ээ
Кайнаган кытай анткор, - деп,
Боз адырмак тоо да көп,
Тоодой канкор болбосо
Тополоң кылар жоо да көп.
Кайрылып Манас келгиче,

Аман журтту көргүчө,
Айгайлаган жоо чыкса,
Аябай мүшкүл доо чыкса,
Айкөл Манас мында жок
Күн эмине болот?» - деп,
Кемпир ыйлап, чал кейип:
«Айланабыз кара тоо
Талас бизге жер экен,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Канкор Манас бул элди
Күтүп алар эр экен,
Ушу Манас келбесе,
Бизди кандай душман жээр экен?!»
Журту кейип муну ойлоп:
«Туйгун тууган кабылан
Караан да эле, бел да эле,
Кара калмак, манжуудан
Көчүрүп алып, аман-соо
Алып келген эр эле.
Кайра айланып келгиче,
Калкынын жүзүн көргүчө,
Эсен болуп Манасым,
Эркин жатсын Таласым!
Жараткан жан - деп жаратсаң
Жер кылсын Кең-Кол, Таласты,
Аман кыл айкөл Манасты!
Манас аман бар болсо,
Бир жакшылык көрөрбүз,
Манастын көзү жумулса,
Баарыбыз чогуу өлөрбүз!
Оомийин!» - деп, кол жайып,
Журту ойлойт мындай - деп.
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Калган журттун баарысы
Башына алтымыш санаа бир келип,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алган
Мындай баатыр болобу?
Маңдайга бүткөн баатырдын
Басып, жеке журтуна
Кайгырбаган болобу?
Берен да эле, бел да эле,
Атаа, Манас көк жал шер -
Таалайга бүткөн эр да эле.
Кызыр чалган көк жалың
Кымбат жайга баратат.
Кайра келбей жок болсо,
Кыйшайып кетет биздин түш,

Кылымда болбойт мындай иш!
Ажырашып кетчүдөй,
Арман кылып буркурап,
Көрүшпөйбүз эми, - деп,
Көөсөр журттар чуркурап,
Суу ич десе, уу ичкен,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү Манас шер ошол,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өткүр Манас эр ошол.
Короо айлана бергиче,
Конуп бүткөн жерине
Короодой кызыл тал бүткөн,
Кожосандуу төрөгө
Кожо Кызыр жар бүткөн.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү чынар орногон,
Түр салышкан душманы
Түгөл кыйрап баарысы
Бирөө тирүү болбогон.
Кызыр чалган кыраандын
Кылыгы жандан бир башка,
Кыйыктанып чамынса,
Кылымды бузган көйкашка.
Каарданып кабылан,
Кыраан Манас токтобой,
Арсландай таптанып,
Таалайлуу тууган кайран эр
Таластан чыкты аттанып.
Минген аты Аккула
Кынсыз кылыч байланып,
Тууганын издеп кайран эр
Кайра жаар булуттай,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Каары бетине айланып,
Төрт айлана кароого,
Төрө Манас токтобой,
Тууганын таап алууга
Жоргонун-Белин ашты эми,
Сары кыраң будурмак
Көк жалың Манас басты эми
Ар жагынан эңкейсе
Сары адырмак көрүнөт,
Коктулардан шыркырап,
Миңдеп булак төгүлөт,
Байкап турса ушу жер
Жер соорусу көрүнөт.

Өзөнүнөн бул жердин
Бет имерген жел болгон.
Ай, жаныбар, ушу жер
Менде күсөөр жер болгон.
Түзөң жагын караса -
Куйругун сыртка салышып,
Кулан ойноп жарышкан.
Адырында бул жердин
Арсаңдап аюу алышкан.
Колотторун карасаң
Булактар агып ташыган,
Буйгат-буйгат жерлерден
Булбулдар сайрап таңшыган,
Булбулдун үнүн укканда
Муңу бар менде жашыган.
Бөөт-бөөт бел ашып,
Жерди көрүп таң калып,
Желигип Манас кубанып,
Адырдагы кийиктер
Арыштап ойноп, чаң салып,
Түз жеринде чубактап,
Түлкүлөр куйрук чубалтып,
Бөксөсүндө шөлкүлдөп,
Бөрүлөр көзүн кызартып,
Адыр жагы бул жердин
Боз коён менен түлкү экен,
Ушу турган Сары Өзөн
Баары жердин мүлкү экен.
Жер соорусу дээр экен,
Машайыктын баары бар,
Олуя жүрчү жер экен,
Ошон үчүн бул жерди
Олуя-Ата дээр экен,
Чын олуя, машайык,
Ийини тозуп, карды ачкан
Мекен кылчу жер экен,
Кайгы-капа, кордук иш
Жоголуучу жер экен,
Карып-кашар адамдар
Оңолуучу жер экен.
Ылдыйы ысык чөл экен,
Бөксөсү алтын жер экен,
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген менде тунбайбы!
Мекен кылып күткөнгө
Жай болучу жер экен,
Бек жердеген адамы
Карыш казы май алып,
Бай болучу жер экен.

Жерин көрүп кубанып,
Желигип көк жал кабылан,
Ары көк жал, артык эр
Сары адырмак будурга,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Адыр-күдүр мойнокко
Айкөл төрө барды эми.
Айдай сары талаадан
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Зордугу тоонун теңиндей,
Кез болгонду жегидей,
Караганы жолборстой,
Катылган аман болбостой,
Суук туман түрдөнгөн,
Чын жалаңкыч көздөнгөн,
Бука моюн, буура сан
Булкушканды кууратkan,
Кулагы күрмө калкандай,
Мурутуна караса,
Өтөккө чыккан чалкандай,
Белестен чыкты бир адам.
Мурду тоонун сеңирдей,
Эринди кесе чайнаган,
Эки көзү чуңкуюп,
Ар жагында кайнаган.
Көк тулпар сындуу ат минген,
Көк темирден тон кийген,
Баатырдыгы башкача
Көк жалдыгы көп канча.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Бетине каары айланган,
Он эки батман чоюн баш
Оң жагында байланган,
Ат арытып, жер чалган,
Ит агытып, куш салган,
Кынсыз кылыч байланган,
Арсландын түрүндөй,
Өңүнө каары айланган.
Самсаалаган кирпиги
Майлуу балта сабындай,
Эрдигин көрүп Бакайга
Эриң Манас таң калды.
Манас, Манас болгону,
Манас атка конгону,
Атакем Жакып кууганы,
Энем Чыйырды бейбак тууганы -
Алтайда туулуп зор болдум.

Кан агызып катыктым,
Айза сунуп, топ бузуп,
Кайнап жаткан кытайга
Канкор бурут атыктым.
Алпын көрдүм, шер көрдүм,
Ар кайсы дөөнү тең көрдүм,
Баатырдан мындай көрбөдүм.
Калдайды буздум кордуктап,
Күрмө кийген күчтүүсүн
Эченин сайдым зордуктап,
Каза таап өлбөдүм,
Мындай жанды көрбөдүм.
Жеке жортуп, жер чалган,
Жеткенди чаап, олжо алган
Желмогуздун бириби?
Айкырышып айзаны
Сунуша турган эр экен,
Ааламга кыргынды
Кыла турган эр экен.
Зордугу тоонун теңиндей,
Кез болсо жанды жегидей,
Болот тырмак, таш жүрөк
Кайдан келген бадирек?
Кандай жайда туулган,
Ааламга салат чуулган.
Кыраан да экен, ыктуу экен,
Кылымды бузар мыктуу экен.
Аалам журтка татыган
Албандык түрү көрүнөт,
Ааламга кол салар
Балбандык түрү көрүнөт.
Айза имерип муштаса,
Ыктуу сыны бар экен,
Ай-ааламга чаң салган,
Мыктылык сыны бар экен.
Эл башкарып, калк билген,
Ыктуу эрдин бири бейм,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Мыктуу эрендин бири бейм.
Астыга салса акжолтой,
Көк жалдыгы көрүнөт,
Көрүп туруп, мен эми
Көңүлүм жаман бөлүнөт.
Берен да экен, шер да экен,
Мендеден мыкты эр да экен.
Коюбуз болсо короолош,
Ашты ичсек жороолош,
Белгилүү жерге бир консок,
Берендин бири көрүнөт.

Бет алышып дос болсок,
Казына күтсөк жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш,
Баатыр болсок билектеш,
Кыргынга кирсек тилектеш,
Өзөн конуш, кең чалкак
Конбой турган жер бекен?
Ыйман бирге ортоктош,
Болбой турган эр бекен!
Бакайды көрүп, таң калып,
Көк жал турду муну ойлоп:
«Мунун урааны ким, дайыны ким?»
Тукуму ким, айылы ким?
Каканчында туулган,
Калмактан келген шум белем?
Дини ыйман, дин ыслам,
Бусурмандын бириби?
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Белгилүү экен, бел да экен,
Мендеден артык шер да экен,
Зордугу тоодой кан да экен,
Бет алганды жок кылар,
Камбылдык сыны бар экен.
Астымдан чыкты кандай бул,
Ааламдан чыкпайт мындай уул.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Астында тулпар малы бар,
Айзакер экен каркыбар.
Өткүр да экен, шер да экен,
Өткөрө баатыр, эр да экен,
Тулпар каалап астына
Минген эрдин бири бейм,
Ат бороюн сыдырып,
Ааламдын баарын кыдырып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Жүргөн эрдин бири бейм.
Алты ай сапар жол тарткан,
Арып койбос алдынан
Бууданым болуп калсачы,
Астыма келген ушу жан
Айкөл Манас төрөгө
Акыреттик дос болуп,
Тууганым болуп калсачы!
Тууган болуп жаныма
Туура жакын турабы,
Душман болсо кокустан,

Кыйкырып айза сунабы?
Ара жерде сайышып,
Абыдан кудай урабы?
Тууган болсо бул жанга
Кызырдуу сөздөн кылайын,
Душман болсо кокустан
Аянбай айза сунайын.
Жекеме-жеке сайышып,
Кайраттанып көрөйүн,
Качпай айза сунушуп,
Бир беттешип өлөйүн!
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кайра жол айланган,
Кыйын эрдин бири экен,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайраты мол, заары күч,
Камбыл сыны бар экен,
Караан болуп берүүчү,
Даңгыл сыны бар экен.
Жекеме-жеке турушуп,
Жети күн тынбай урушуп,
Жеткилең кызык кылайын.
Айзакерден эр болсо,
Каза таап өлөйүн,
Анык өзү дос болсо,
Жакындашып көрөйүн.
Аң-таң карап Бакайга
Арслан Манас таңданды,
Сен кимсиң? - деп, тил албай,
Жоо, элдигин биле албай,
Олуя-Ата жонунан,
Боз адырдын боюнан
Талаадан тоодой жан көрдү,
Касиеттүү кан көрдү.
Анда Манас канкор шер
Бакайды көрүп жарданды,
«Элби, жообу ушу?» - деп,
Сүт кымыран таң калды.
Улук да экен, шер да экен,
Мендесине табылбас,
Кайдан келген эр да экен.
Кандуу канга канышып,
Душман болсо кокустан
Качпай туруп салышып,
Жасагандын буйругу
Моюнга түшсө көрөйүн,
Түп этектен алышып,
Дүпүлдөшүп салышып,
Түгөнүшүп көрөйүн,

Белдүү жакшы эр болсо,
Бет алышып көрөйүн.
Бакайды көрдү Манасың,
Же эл экенин биле албай,
Же жоо экенин биле албай,
Сүт кымыран таңданып,
Онжоңдогон Аккула
Тартып оозун бурду эле,
Аң-таң калып Манас кан
Ээр белдей мойнокко
Эми карап турду эле.
Көк тулпар сындуу ат менен,
Көк ырапыс тон менен,
Бука сийдик жол менен
Бурулбастан эч жакка
Зың-зың этип кенебей,
Жолдогу канкор Манасты
Бучкагына теңебей,
Карчыгадай камынып,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке салынып,
Боз кандагай кийинип,
Боз жолборстой түрдөнүп,
Боз кандагай шымына
Милтелеп алтын жайлаткан,
Бүтүн кундуз терисин
Багалакка карматкан.
Оң колунда Бакайдын
Алтын жаак айбалта,
Сол жагында көк жалдын
Алтындаган жан калта.
Айбаттуу да экен, шер да экен,
Арслан да экен, эр да экен.
Уктаса көрбөйт мындай түш,
Укмушта болбойт ушул иш.
Баатырдыгы башкача -
Манас турду муну айтып, -
Кайдан чыккан көйкашка?»
Манас турду чамынып,
Кол салчудай түрдөнүп,
Сыр найза сунуп камынып,
Ошондо Бакай кабылан
Жоо айласын чын билген,
Жолборс Бакай төрөнүн
Камбылдыгы дагы бар.
Акылга толук илекер
Даңгылдыгы дагы бар.
Айза сайып сунууга
Ыктуулугу дагы бар,

Таалайы артык айлалуу,
Мыктуулугу дагы бар.
Абаң Бакай акжолтой
Астыга салса сан колдой,
Билгичтиги дагы бар,
Кожо менен кошо өсүп,
Кожолору колдо өсүп,
Эшендиги дагы бар,
Кеби ширин, сөзү бал,
Чечендиги дагы бар.
Берен да ошол, бел да ошол,
Берениң Манас жолдошу,
Берен Бакай абаңдын
Бет алышкан жери ошол.
Улук да ошол, кан да ошол,
Абасы Бакай карыя
Даанышмандын өзү ошол,
Ат арытып, жер чалып,
Ааламды кыдырып,
Айкөл Манас төрөнү
Издеп келген кези ошол.
Бар кылыгын сурасаң
Белгилүү жерде туулган,
Бет алгандын баарына
Сала келген чуулган.
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен озун чайкаган
Башын такка жөлөгөн,
Аягын сары алтынга бөлөгөн.
Ажалдан кайра тартпаган,
Атышкан жоодон кайтпаган
Айбаты күчтүү сан колдой,
Арка кылса акжолтой,
Билгич Бакай шер экен.
Алыстан угуп кабарын,
Кечикпестен кеп угуп,
Кыргын болуп Алтайдан
Көчүп чыкты, - деп угуп,
Козголуп Бакай карыя -
Ачууланып бөлүнүп,
Абаң Бакай ошондо
Арслан сыны көрүнүп,
Көңүлү калып көп жерден,
Көчмөк болуп Таласка
Барып чоро болууга,
Издеген экен ошондо
Жакыптын уулу Манаска.
Аркалап айыл конууга,
Алты шердин кенжеси

Манаска чоро болууга,
Атагын угуп, ал Бакай
Канкор Манас шериңди
Жолдош кылып алууга.
Төрөсүн жолдош кылган соң,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Издеп жүрүп чалууга,
Абасы Бакай олуя
Ээр белдей белеске
Көк тулпарын жулкунтуп,
Көк жалың чыга келди эле.
Тоодой Аккула ат минген
Көңүлү кетет бөлүнүп,
Бет алдынан көрүнүп,
Бет алдынан көрүнсө,
Кабылан Бакай абаңдын
Айтсам Алдага сөзүм зар эле.
Алты айчылык азапты,
Кирешени, чыгымды,
Ажал менен азапты,
Аныгын айтып берүүчү,
Оң ийнинде сүйлөшөр
Жылаңач бала бар эле.
Билбегенди билдирген,
Билгич Бакай карыя,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Бакай олуя
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламда мазарды
Барын-жогун кыдырып,
Айбан көргөн, чөл көргөн,
Издеп жүрүп Манасты
Албан түрдүү эл көргөн,
Жердин түбү - Желпиниш
Жетигиң Бакай айланган.
«Атагын угуп Манаска
Кумар болуп жүрөмүн.
Ат бороюн сыдырдым,
Ай-ааламдын баарысын
Он эки жылы кыдырдым,
Кайманадан кабылдым,
Душмансыңбы, элсиңби,
Бет алдымдан табылдың!?
Оо, ботом, урааның ким, дайының ким?
Уругуң ким, айылың ким?
Билегиң жоон, таш жүрөк,
Астыңда тулпар малың бар,
Он сегиз миң ааламды
Колотуп билчү алың бар.

Аты Кызыр дубана
Ал ooздуктан жетелеп,
Кырк жагыңдан кырк чилтен
Кыйын жолдош болуптур.
(Мен көрбөгөн элим жок,
Мен тийбеген жерим жок).
Баш териң башка көрүнөт,
Бар мүчөңдү байкасам,
Балбан сының көрүнөт,
Басташканга бир кыргын
Салган түрүң көрүнөт.
Жеке жортуп, жер издеп,
Калган түрүң көрүнөт.
Беренимсиң, белимсиң,
Ураанын айт элиңдин,
Оо, ботом, кайдан келген эримсиң?»
Бакай мындай дегенде,
Манас туруп муну айтат:
«Берен таппай, эл таппай,
Жаныма жолдош кылууга
Өзүмө катар шер таппай!
Кабыландын өзүмүн,
Ичип канга тойбогон,
Канкор Манас көк жалдын
Караган кара көзүмүн.
Таштадым Алтай жеримди,
Талкалап чыктым Алтайдан
Манжуу, кытай элимди.
Менин жайым сурасаң,
Он экиге келгенде
Орчун журтка кол салган,
Кан ичердин өзүмүн.
Кара нээт Жакыптан
Канкор тууган мен Манас,
Караган кара көзүмүн,
Кабарыңда бар бекен
Кан төккүч Манас өзүмүн.
Жайы-кышы кар кетпес -
Ала-Тоо биздин жерибиз,
Таң калтырып аш берген -
Кыргыз биздин элибиз!
Жолдош болсоң, сен баатыр,
Жосунуңду билебиз,
Жоголгон экен көп тууган
Ошону издеп жүрөбүз!
Кудай башка салганда
Көтөрүп калдык кылганды,
Артыкча издеп мен жүрдүм,
Азган-тозгон тууганды.

Кабылан Манас өзүмүн,
Элдешер көөнүң бар болсо,
Антташалык абыдан!
Эрди издеп жүрөмүн,
Баатырдыгы башкача
Шерди издеп жүрөмүн!
Өзүм менен бир өлчү
Теңди издеп жүрөмүн,
Чолпон менен Үркөрдөй,
Болжош издеп жүрөмүн!
Айза кармап топ бузчу,
Тагдыр жетсе окко уччу,
Жазайыл тийип өлүүчү,
Жараткандын чийгенин
Моюнга салса көрүүчү
Жаза тайым окко учса,
Сөөктү ачык таштабай
Жерди казып көмүүчү
Жолдош издеп жүрөмүн,
Бирөө миңге жараган
Жолборс издеп жүрөмүн!
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Катылышкан жоону көргөндө
Арсландай чамынган,
Кайыптан акыл табылган,
Эрен издеп жүрөмүн,
Жетик белин курчанган,
Жети түмөн кол келсе,
Жеке аралап кол салган
Берен издеп жүрөмүн,
Качырганын койбогон,
Ичип канга тойбогон
Канкор издеп жүрөмүн,
Өзүн өзү эрмин, - деп,
Билчүнү издеп жүрөмүн!
Куранынды шайлагын,
Жоолошор көөнүң бар болсо,
Кылычың мындай камдап кой,
Качырса кайта тартпаган,
Кара кытай, манжуунун
Бир балбаны кайтпаган,
Берен да - мен, шер да - мен,
Эр болушсаң өзүңө -
Күптүңдү жазар эр да - мен!
Алтайдан көчүп алыштым,
Кайнап жаткан эл менен
Тынбай алты ай салыштым.
Кайратым мыкты, заарым күч,

Өзүмдү өлчөп билемин.
Өлүм орток, жан бирге,
Өзүмдөн артык эр болсо,
Абыдан жолдош кылууга
Ошону сурап жүрөмүн.
Менде кара адырмак тоо да көп,
Өпкө жарып, баш кескен,
Өчөгүшкөн жоо да көп.
Кутпа жакы белинде
Кызылбаш бар, кыйба бар,
Кыйрашар жоом кыйла бар.
Күн чыгышта Бээжин журт,
Маңдайымда бараң бар,
Байкап көрсөм, мен өзүм -
Басташар жоом далай бар,
Эрдин жайын билемин,
Айзаны бирге сайышчу,
Чалгынды бирге чалышчу,
Жоону бирге жоолашчу,
Калың түмөн жоо чыкса,
Кайгыланган доо чыкса,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Астын-үстүн салдырып,
Сүрчүнү издеп жүрөмүн.
Менин жайым сурасаң -
Атам барып айдалып,
Айласын таппай сандалып,
Кара калмак, манжуунун
Колунда калган экемин,
Кулап, менде чыккысыз,
Кубаты кыйын кытайдын
Орунда калган экемин,
Эл каттагыс, журт көргүс,
Талаада калган экемин,
Энчилеген калмактын
Балаага калган экемин.
Биз Алтайда турганда
Бурутсуң, - деп булкунуп,
Балдарынан ыр чыкты,
Жашым он экиге келгенде
Бажысынан чыр чыкты.
Менин берениим жок, белим жок,
Бейпай тартып тургамын.
Өзүмө теңгелерим жок,
Мүйүзүм жок башымда
Токол болгон экемин,
Издеп жолдош табалбай,
Жалгыздыктан ошондо

Сопол болгон экемин.
Белгилүү болсо, бел болсо,
Белиме таңуу эр болсо,
Жазат элем канатты,
Кармаша чыккан жоо болсо,
Кылат элем санатты.
Берен таппай, бел таппай,
Берен Манас өзүмүн,
Ишенгеним ыйманым,
Кабылан Манас канкордун
Караган кара көзүмүн!»
Манас мындай деген соң,
Абасы Бакай көк жалдын
Муруту кетти суюлуп,
Сүйүнгөндөн чыдабай,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Баабединин бат айтып,
Алда Таала кудайга
Ар тилегин бат айтып,
Жетелеген ак боз бээ -
Жетип Бакай кабылан,
Желкеден кармай калды эми,
Кыймылдатпай ошондо
Коркуратып боз бээни
Курмандыкка чалды эми,
Жыкпай туруп ал бээнин
Башын кесип алды эми.
Ак боз бээни көргөндө,
Арслан Бакай чалган соң,
Уруша турган канкоруң,
Ала көөдөн анткоруң
Аң-таң калып калды эми.
Көрсө Бакай өзү экен,
Көк жалдын кара көзү экен,
Көк жал Манас туйгунду
Издеп жүргөн кези экен.
Анда Бакай муну айтат,
Жумуру баштуу билбеген
Өткөрө кызык шумду айтат:
«Манас, сенин айыңдан
Кетирдим өңдөн аарды,
Кыдырттым кыйла шаарды.
Көк тулпарды тиздедим,
Адам угуп, журт көргүс
Жерди чардап издедим.
Жетигим, сени билгемин,
Жетип таап алсам, - деп,
Тилек кылып жүргөмүн.

Кырааным, сени самадым,
Кызыр чалган мен Бакай
Кыйла жерден карадым.
Менин жайым сурасаң,
Байдын уулу Бакай кан -
Бал менен оозун чайкаган,
Жердин түбү - Желпиниш,
Желпиниште туулдум,
Кайыптан эне кабылган,
Калтырбай айтып берейин,
Касиеттүү Бакайга
Канчалык кымбат табылган.
Кызыл айза, Жойболот
Көөлөгөн Бакай мен элем,
Кыйла жерди кыргындап,
Жөөлөгөн Бакай мен элем,
Бел байлаган берендин
Бели Бакай мен элем.
Менде уулунан билгичил
Шери Бакай мен болом.
Аң-таң калба, Манасым,
Байгамбар ак, диним ак,
Талаалаган жыйганым,
Каалаганым - ыйманым.
Сарып кылып жанымды,
Такыр таштап малымды,
Манасты издеп тургамын.
Мен Желпиниш турганда
Жатканым чынар бак эле,
Жыргалга Бакай туулду эле,
Кызыкты кыйла кылчу эле,
Сүт көлдөгү май чабак
Май болуп ыргып турчу эле.
Тотум талда күйлөнгөн,
Булбулум сайрап сүйлөнгөн.
Ошолорго ээ болгон
Улук да элем, кан элем,
Касиетим ошого
Ала-Тоодой бар элем.
Жашым он экиге келгенде
Астымдагы көк тулпар
Кайыбынан кабылды,
Желпиништин жетим чөл
Жетим чөлдөн табылды.
Кудай айдап куш кылды,
Кудай буйруп тулпарды
Бакайыңа туш кылды.
Көк тулпарды карасам,
Мал аманын кааласам,

Кең соорусу бир кулач,
Керишке минер тобурчак,
Кызыл айза колго алып,
Кыргынга минер мал экен,
Чалгынга минсе чарчабас,
Тулпарлык сыны бар экен.
Абийирим мындан жабылып,
Кайыптан тулпар табылып,
Желпиниш жерде жүрө албай,
Жети кылым көп журттун
Кай кеткенин биле албай,
Карагай айза боолаштым,
Канча жер менен жоолаштым.
Беренди бузуп белди алдым,
Мелтиреп жаткан жерди алдым.
Кырдалыма кол салып,
Кызылбаш журтун кыйраттым.
Кыйыным, сендей шер таппай,
Кызыталак жанды кыйналттым.
Тийгенге бузук баштадым,
Жердин түбү - Желпиниш,
Желпиниш жерди таштадым.
Урунарга тоо таппай.
Урушарга жоо таппай,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кыдырып айланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Медияндын чөлүнөн
Алты каз аңдып аткамын,
Аты Кызыр дубана
Биргелешип жаткамын.
Түн ортосу мезгилде
Олуязаада жан келди,
Касиеттүү чал келди
Айтар Бакай сөзү экен
Байкап карап отурсам,
Олуя чалдын өзү экен,
Ата болуп ал мени
Даарый турган кези экен.
Өзүмдүн атам Бай болгон,
Капырлардын колунда
Айдалып жүрүп жай болгон.
Айтсам сөзүм дагы бар,
Атагы Бай - деп айтылып,
Атакемдин шаары бар.
Бабабыз экен Каракан,
Каракан баатыр өлүптүр,
Кытайдан чыгып Молто кан
Каракандын сегиз уул

Камчыга ченеп бөлүптүр.
Туулганым алты ай болгондо
Тумшуксуз энем өлүптүр,
Бирге жашым толгондо
Атам каза болуптур.
Өлбөй жүрсө бул бала
Бусурманга буйла, - деп,
Мурадына жетиптир,
Бай атам өлүп калганда
Олуя чал жарыктык
Жердин түбү - Желпиниш,
Желпиниш алып кетиптир.
Мен Желпиниш барганда
Эрешен тартып эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум,
Кичине жүрүп чоңойдум.
Он жетиге келгенде,
Уктап жаткан түшүмдө
Жараткан кылды убара,
Жаныма чуркап жетиптир,
Ак сакалчан дубана.
Дубана айтат бир сөздү,
Көөдөнгө салат кир сөздү:
«Оой, Бакай эр, кулак сал,
Берениң, жакын белиң бар,
Өзүңө жолдош болучу
Берен Манас шериң бар.
Берен да ошол, бел да ошол,
Мендеден артык туулган
Берен Манас шер да ошол.
Акыры тапсаң Манасты
Каалап уккун, Бакайым,
Көк тулпарың жоорутпайт,
Көңүлүң асты оорутпайт.
Күндө кароол кароого
Аркасы бийик бел ошол,
Айыл консоң Манаска
Телегейи тең ошол.
Алты шердин кенжеси
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Ичин карап отурсаң -
Жер жүзүнөн кең ошол.
Манаска барсаң марыйсың,
Багалак ойноп жарыйсың.
Эриксең элик атасың,
Айыл консоң Манаска
Элкин ойноп жатасың.
Күрдөөңдү чечер шер ошол,
Күптүңдү ачар эр ошол.

Өөдө чыкса өбөгүң,
Ылдый тартсаң бул Манас -
Бакайым, сенин жөлөгүң.
Жетик да ошол, шер да ошол,
Жердин үстүн каратып,
Жеке билчү эр да ошол.
Аты Манас, артык шер
Ишенер болсоң сөзүмө,
Таап алсаң Манасты
Мураа болот өзүңө.
Оң жагыңда душманды
Ойрон кылар кул ошол,
Кыр жагыңда кытайды
Кыргын салар уул ошол.
Айтып турган бу сөзүм.
Айкөл Манас шериңе
Жолдош болгун сен өзүң.
Кадыр түн да ошол, шер да ошол,
Кабагың жарык ачуучу,
Казына жыйчу эр да ошол.
Манас тийсе марыйсың,
Атактуу Бакай эр болуп,
Ааламды билип жарыйсың.
Күрдөөндү тапчу эр да ошол,
Күтүп алар бөрү ошол.
Сен колуна тийгенде,
Маңдайдагы булактан
Бастырып атын сугарар,
Бакай кан коюп атыңды,
Ааламга атың чыгарар.
Жакасы алтын, ок өтпөс
Үч убак силкип кийишер,
Сен колуна тийгенде
Ай-аалам менен тийишер.
Манасты тапсаң марыйсың,
Баатырды тапсаң жарыйсың.
Кыялы өсөр бери ошол,
Кырсыгың чечер эр ошол,
Кымбатым, Бакай, сен өзүң
Манасты тапкын сен ошол.
Манастын жайын сурасаң -
Кара көк жал кабылан,
Карды салык, чоң курсак
Телегейи тең да ошол.
Теңиз, Бакай, издеп тап,
Көңүлүң ачар шер да ошол,
Ичин көрсөң Манастын
Жер жүзүнөн кең да ошол.
Алты шердин кенжеси,

Алданын сүйгөн мендеси,
Айкөл Манас шер да ошол.
Жолдош кылсаң зор Бакай,
Жосунуң билер шер да ошол.
Беттеп менде баралбайт,
Берен Манас көк жалды
Менде эңкейтип алалбайт.
Сен Манаска барганда
Кош бадана, торгой көз
Ок өтпөс тонду кийишет,
Кытай турмак кылымга,
Кырааның тийсе колуңа
Аалам менен тийишет.
Жердегин Кең-Кол, Таласты,
Караан кылгын жаныңа
Жакыптын жалгыз уулу Манасты.
Уялуу коргон бел ошол,
Карап, таап ал Манасты,
Капаңды жазар эр ошол.
Чалгынга жүрсөң болжошуң,
Таап алсаң Манасты
Кыяматтык жолдошуң.
Азыр барып Алтайга,
Аз гана кыргыз журтуңдан
Анда Манас туулган,
Тоюна топтогон жылкы союлуп,
Аты ошондо Манастын
Эң Чоң Жинди коюлуп,
Он эки жашка келгенде
Оён Манас канкорго
Катылган менде союлуп,
Он экиге келгенде
Каарды катуу баштаптыр,
Кабарын угуп Манастын
Какандын каны Эсенкан
Бузулуп кете таштаптыр.
Кочкуларын коройтуп,
Элчилерин соройтуп,
Опсолоң чыр баштаптыр,
Дөө, алпынын баарысын,
Арадагы ченчисин,
Алтайга келген элчисин
Такыр кырып таштаптыр.
Эр экени Манастын
Көрүнүштү, - деп уктум
Эр өлүшүп, журт бүлүп,
Эрен Манас кабылан
Алтайдагы калмактан
Бөлүнүштү, - деп уктум.

Алам, - деп, келип Манасты
Өз дүйнөсүн чачты - дейт.
Кечилин такыр кырдырып,
Калмактын Жолой баатыры
Каканга кире качты, - дейт.
Кабары кыйын, заары күч,
Берен да ошол, бел да ошол,
Издеп тапсаң Манасты
Белиңе таңуу шер да ошол,
Барып тапсаң Манасты
Ай-ааламдын баарына
Тутка болор эр да ошол.
Каалап тапсаң сырдашың,
Таап алсаң Манасты
Жаныңа жакын курдашың.
Эрдиги журтка сынаакы,
Таап алсаң Манасты
Бакай сенин өзүңө
Түгөнбөй турган мураапы.
Биринчи билет сөзүңдү,
Бирим - деп кармайт өзүңдү,
Байкап угат сөзүңдү.
Бакайым, тапсаң Манасты
Байгамбар көрөт өзүңдү,
Оңдонуп угат сөзүңдү,
Таап алсаң Манасты
Олуя көрөт өзүңдү.
Манасың Манас эмес, кадыр түн
Байкап Бакай, сөзүм бил.
Көңүлүң шакдан жай кылат,
Таап алсаң Манасты
Ай-ааламга кан кылат.
Эптеп тапсаң Манасты
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго илерсиң,
Аалам журттун баарына
«Бакай кан» болуп жүрөрсүң.
Оймолуу жагдан, он килем,
Ойронум, тапсаң жан жолдош
Манастын жайын мен билем.
Кыймалуу жагдан, кырк килем,
Кыйналба Бакай, кабылан
Кыраандын жайын мен билем.
Душман басып ашалгыс,
Кыясы кымбат бел ошол.
Күтүп алсаң Манасты
Күлкүңдү жазар шер ошол.
Ал Алтайда төрөлгөн.
Алтын жатын энеси -

Арсланга талгак болуптур,
Манастын тууган энеси.
Арслан оңой болобу,
Арслан Манас көк жалды
Издебеген оңобу?
Тунук Бакай, кебимди ук,
Тургандыгың болобу?
Арслан Манас туулганда
Ал чекир койдон ирик тууптур,
Аягы менен тик тууптур.
Туулганда көк жалдын
Буту жерге жетиптир,
Жанында сексен бир кемпир
Тырп жыгылып, бечара
Дүнүйөдөн кетиптир.
Кара көк жал, катуу жал
Аркасынан бөлүнүп,
Туулганда Манастын
Арсландык түрү көрүнүп,
Ошондой болгон Манасты
Таппай койгон болобу?
Таппай койсоң Манасты
Балам, Бакай, кебимди ук
Ишиң эки болобу?
Манастын жайын айтайын
Сөлөкөтү - сөлбөтү,
Атка минген келбети -
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Орто бойлуу, кең далы,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Артык балбан, ары шер,
Таап алсаң жан жолдош.
Тапкын Бакай, сен өзүң,
Кайыбынан көрүнүп,
Айтып турган мен сөзүм,
Олуят болом мен өзүм.
Белгилүү да ошол, бел да ошол,
Таап алсаң Манасты
Медер болор шер да ошол.
Көрүнгөндө ал канкор
Көңүлүң бекер бөлүнөр,
Караганда Манасты
Атаңдан жакын көрүнөр.
Манастын жайы ушундай
Доол келсе жел тийбес,
Булуң токой-чер ошол.
Жоого өнөгүн алдырбас,
Кабылан көк жал эр ошол.

Тоо башына токтобос,
Карала барчын куш ошол.
Кастарың коюп Манасты,
Таап алсаң Манасты
Кайгыңды жазар эр ошол.
Олуя чалыш Бакайым,
Таап алгын, сен ошол», -
Деп, ошондо дубана
Көздөн кайып болгондо
Уктап жаткан түш экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Уктаганым ошондо
Жуманын кадыр түнү экен,
Жөнүн айткан Манасты
Олуят чалдын өзү экен.
Дал ушуну укканда
Кумар болдум сөзүнө,
Кутманым Манас кайда? - деп,
Куп издедим өзүңдү.
Издегеним табылып,
Ушу бүгүн Бакайдын
Абийири минтип жабылып,
Бозоңдон тоодак куткарбас,
Боз ала жүндүү шуңкарым,
Алыска минсе чарчабас,
Эр казанат тулпарым,
Оо, бүгүн өчкөн отум тамган бейм,
Өлгөн жаным тирилип,
Тилегим кудай берген бейм,
Тиктегеним келген бейм!»
Бала куштай баркылдап,
Бадана кийип жаркылдап,
Баатыр Бакай ошондо
Арслан Манас алдына
Жетип келди шаркылдап:
«Оо, ботом, Алтай келди, - деп уктум,
Алтай журтун талкалап,
Каңгай кирди, - деп уктум.
Каңгай канын өлтүрүп,
Казат кылды, - деп уктум.
Кара кытай, манжууга
Кабылан Манас эр чыгып,
Калып калган кырк үйлүү
Азат кылды, - деп уктум.
Оо, ботом, Желпиниш келдим десемби,
Көрбөсөм да билбесем,
Көк жалым баатыр, эсенби?
Манас - Манас болоруң,
Баш күнүнөн билгемин,

Көк жалым качан чыгат? - деп,
Көбүнчө Кудай Тааладан
Ошону сурап жүргөмүн.
Туулбастан жети жыл
Кабарың билип алгамын,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жүргөн менен тургандан,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Издетип кабар салгамын.
Жердин түбү - Желпиниш,
Жетик атың укканда
Жети жыл мындан карадым,
Медияндын беш бурчун
Беш айланта чалгамын.
Убара болуп алгамын,
Мысыр менен Багдаттан
Үч жылы мындан карадым.
Көк тулпарды жоорутуп,
Көк жалым, сенин айыңдан
Көңүлүм жаман оорутуп,
Кургагы жок көл көрдүм,
Бир тамчы суу табылбас,
Кырк күнчүлүк чөл көрдүм.
Ат бороюн сыдырдым,
Ааламдын баарысын
Издеп жүрүп кыдырдым.
Жетигим, сени табалбай,
Жердин үстүн чалгамын,
Каканчындын Чоң-Бээжин
Жети сапар баргамын.
Ай-ааламды кыдырып,
Артыгым, сени табалбай
Чоң убара болгомун.
Бел байлаган белим жок,
Берeним, сендей шерим жок,
Астымдагы көк тулпар
Канча жерден табалбай,
Каны калды бир кашык,
Эти калды көк жашык.
Шерим, сени таба албай,
Атым болду ыргайдай,
Битим болду торгойдой.
Туягым кетти кетилип,
Туйгунум, сени таап алып,
Эми тумшугум калды жетилип!
Караанымсың, белимсиң,
Кабагым ачар шеримсиң.
Жанымды алып калуучу
Табылгылуу колотсуң,

Бет алып душман курчаса,
Кыйкырып кындан суурчу
Кынап койгон болотсуң!»
Кыраан Бакай муну айтып:
«Бурулгун айткан сөзүмө,
Мураа болом өзүңө.
Билбегенди билгизип,
Билип жолго саламын,
Туйбаганды туйгузуп,
Туюндуруп аламын.
Ээрчитип жүрүп эр кылам,
Эр уулу менен тең кылам,
Жууруп жүрүп там кылам,
Тигип жүрүп бак кылам.
Менин жайым сурасаң -
Өөдөсү бийик белдирмин,
Өткөрө көк жал шердирмин,
Дөөлөттүүгө табылчу
Төрө абаң Бакай мендирмин.
Билегиме Ачболот,
Илген Бакай мен болом.
Ааламды чымчыктай,
Сүргөн Бакай мен болом.
Атым - Бакай, мен улук,
Алыстан келдим тоорулуп,
Тилимди алсаң, Манасым,
Чиериме сызык бар,
Баштасам эчен бузук бар», -
Деп, ошонтуп, зор Бакай
Кулагы алтын жан казан
Арслан шердин жанына
Алып Бакай асты эле.
Ак боз бээни союшуп,
Аппак майга тоюшуп,
Ат башындай ак куран
Алып чыгып ошондо
Көкүрөккө коюшуп,
Бул дүйнөдө жыйгандаш
Толуп турган кези экен,
Акыреттик ыймандаш
Болуп турган кези экен.
Ат башындай ак куран
Арага коё салды - дейт,
Айкөл Манас, Бакайың
Кучакташа калды - дейт.
Анда Манас муну айтат:
«Кайыбынан кабылган,
Кан абам, сендей эр болбойт,
Кабак ачып ойноорго

Кең Таластай жер болбойт.
О дүйнөгө кеткиче,
Уйпаланып кайран жан
Топуракка жеткиче,
Тулпардын оозун буруп бер,
Туйгун аба, эр Бакай,
Ата болуп өзүмө
Тутка болуп туруп бер.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эл бийлигин алыңыз,
Эдене тайтаң өзүмдү
Эптеп жолго салыңыз.
Туйгун Бакай, кан аба,
Туура караан маа болуп,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай аштаңыз,
Казак менен кыргыздын
Жолун өзүң баштаңыз,
Бирдикти колго алыңыз,
Билген жолго салыңыз.
Таласка келип конуңуз,
Таалайлуу Бакай абаке,
Талкалашам кытайга
Таамай жолдош болуңуз!
Астыма салсам акжолтой,
Шерим Бакай экенсиң.
Артыма салсам акжолтой,
Эрим Бакай экенсиң.
Жер экен - деп, Таласты
Өрдөп барып конуңуз,
Кырк кашканын кырааны
Кызырдуу Бакай болуңуз.
Батасы журтту байыткан,
Байгамбар чалыш болуңуз!
Бакайымсың, шеримсиң,
Баана болуп табылган
Байгамбар чалыш эримсиң».
Манас муну айтканда
Бакай кан абаң макул, - деп,
Ак буудай нанын чайнашып,
Келеме шарип кармашып,
Кою болду короолош,
Ашы болду жороолош,
Бул дүйнөдө жыйгандаш,
Акыретте ыймандаш.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калышты,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калышты.

Кызыр чалган Манаска
Кырааны Бакай табылып
Чилтен чалган Манаска
Өзүндөй эрен кабылып,
Кучакташып дос болуп,
Ай-талаага жатышып,
Жолборс Бакай абаңдын
Жомогу жанды жобонтуп
Жоругу жанды кубантып,
Кеби ширин муңайым,
Кезигип чыкпайт мындай жан.
Кайран Бакай абакең
Капыядан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Жаман сөзгө сабылбайт,
Караңгыда карсактын
Изине түшсө жаңылбайт.
Бөтөнчө жүрсө жаныбар,
Бөрү Бакай кабылан -
Туйгун да ошол, бел да ошол,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Бакай эр да ошол.
Кабылан Манас султандын
Шер экенин билгемин,
Кудай Таала жалгыздан:
«Манасты бере көргүн!» - деп,
Ушуну сурап жүргөмүн!
Түнөтмөк болдуң конокту,
Айттырмак болдуң жомокту,
Чийдирмек болдуң сызыкты,
Айкөлүм жолдон табылып,
Укмак болдуң кызыкты.
Чыгармак болдуң ичимден
Чирик дарттуу бузукту.
Ырдайын уккун ырымды,
Ыймандай айтам сырымды.
Достум, менин кебимди ук,
Айтканым анык билип ал,
Арсланым Манас, тилимди ал.
Түбү кылым кырымы,
Түбү менен кундагы,
Козу боор курчтан уютуп,
Табылбайт эле сыягы.
Артык темир Алмабаш
Ыраак-жакын ылгабас,
Алтымыш күнгө бузулбас
Кайнатып согуп келгенде,
Алты сай салып бураган,
Адамга мындай табылбайт,

Айкашкан жоолор сулаган.
Асынганда жаныбар -
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда -
Аманат жандын эрмеги.
Канкорум, сенин туулуп,
Чыгарыңды билгемин.
Асыл көк жал алса, - деп,
Ааламга кыргын салса, - деп,
Айкөлүм, сенин өзүңө
Ылайыктап жүргөмүн.
Кундагын куюп машаган,
Дөөтү досу Кара уста
Ошо байкуш жасаган.
Кундагын курчтан кердирип,
Акысына карандын
Так миң байтал бердирип,
Болоттон ичке тарттырып,
Бутаны жара аттырып,
Кылдаттарга кынатып,
Кыйындарга сынатып,
Каран калган Аккелте
Кароолун көөр салдырып,
Караса кыба кандырып,
Алтын, күмүш аралаш
Бооруна чаптырып,
Буулум менен оротуп,
Эл көрбөс жайга бактырып,
Таап алсак мүлк ошол,
Таалайлуу эрге жолугат
Табылбай турган курч ошол.
Жандуу мылтык жаныбар,
Жайнаган жоону көргөндө
Кулагынан кан агып,
Өзүнөн өзү тарсылдайт,
Жоого жакын калганда
Бөлүнүп огу жаркырайт,
Ботодой үнү баркырайт.
Туура тийген огуна
Душман чыдап тура албайт,
Тийгени жалын, күйгөн от
Тиктеп адам туралбайт,
Тигинен тийсе аткан ок
Тутамдай сөөгү табылбайт.
Артык мылтык Аккелте
Жандуулугун билгемин,
Көк жалым Манас алса, - деп,
Сага арнап жүргөмүн!
Арабча сөз жазып,

Ортосуна кат койдум:
«Аккелте» - деп, ат койдум.
Береним тийсе колума,
Бейжайым Манас алсын, - деп,
Беттеше келген душманга
Бейпайлап мүшкүл салсын, - деп,
Чалыяр тийбес Бээжиндин
Чамасы келип көк жалым,
Кандыгын тартып алсын, - деп,
Ылайыктап жүргөмүн.
Жибек менен оротуп,
Булгаарыга чаптатып,
Кечээ, көк тулпарды мингенде,
Көк жалым, сени табалбай
Көп капа болуп жүргөндө,
Кечээ, көк тулпар оозун бурганда,
Чылгый ичим от жанып,
Чыдай албай турганда,
Киндик кесип, кир жууган,
Кан төгүлгөн жерим жок,
Кабарым билип отурган
Кадырман кыргыз элим жок,
Уктап жатып түшүмдө
Каймана көрдүм Манасты,
Кайдан таап алам, - деп,
Кападар болуп жүргөмүн.
Туурага салган коргон там
Туйгунум эске түшкөндө
Ошондо тутамча келбей курган жан.
Эптеп таап Манасты,
Мурадыма жетүүгө,
Табалбасам Манасты,
Бул жалганчы дүйнөдөн
Курман болуп өлүүгө,
Курган жанды аябай
Ат бороюн сыдырып,
Кулак уккан, көз көргөн
Жердин баарын кыдырып,
Аңына азап салгамын,
Алты ай, жети ай мен өзүм
Салбырын кетип калгамын.
Куланды кууп кутуруп,
Адыр-күдүр бел ашып,
Албан түрдүү жер басып,
Томуктай булут бөлүнбөй,
Тоонун чети көрүнбөй,
Караса көзгө илинбей,
Каркайып жаткан кардуу тоо
Кай кеткени билинбей,

Токумдай болгон коо таппай,
Томуктай болгон тоо таппай,
Кулан кууп жанашып,
Жүрдүм алты ай адашып,
Түзгө чыккан карагай
Кулундуу бээден сойгомун,
Как эткенден карга жок,
Кук эткенден кузгун жок,
Ээн экен жери, - деп,
Касиеттүү Аккелте
Салыкка салып койгомун.
Жыл экиге толгондо,
Ай эсебин алганда,
Жыйырма төрт ай болгондо,
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Кызгалдак чөп кызарып,
Жердин гүлү толгондо,
Ала буурул май чачып,
Оонап кулан оңгондо,
Адам, айбан кутуруп,
Ат кара тил болгондо,
Сары суу оргуп ашканда,
Жердин үстүн көгөртүп,
Нур килеми басканда,
Агын суу жүрүп, гүл толуп,
Аманатын көрүүгө
Бакайың ойлоор күн болуп,
Кулан кууп кутуруп,
Куу талааны чалгамын,
Оюма түшүп ошондо,
Аманат койгон асылды
Көрөйүн - деп баргамын.
Аянбай үч ай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Казынамды көрүүгө
Карагайга мен келсем,
Алтымыш адам жер ченчи
Алыстан чыгып келиптир,
Карагайдын ичинен
Ал салыкты көрүптүр,
Белгимди чачып өтүптүр,
Түбүмө эчак жетиптир.
Белгимдин баарын ачыптыр,
Салыгымды чачыптыр.
Бейпайды эми салыптыр,
Табылгыс мүлк экен - деп,
Казынага салыптыр, -
Артык мылтык Аккелте

Бек бекитип салыптыр.
Артынан изин куугамын,
Көк тулпар оозун жайгамын,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алгамын,
Күндөп-түндөп из чалып,
Шаарына кирип баргамын,
Дегениме көнгүн, - деп,
Аккелтени бергин, - деп,
Кабар салып тургамын.
Жалгыздыгы курусун,
Бел байлаган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Бет алышып урушуп,
Аккелте тартып алууга
Береним, сендей эрим жок.
Каз айлангыс зоом жок,
Кара кылар тоом жок.
Серпилип алты ай урушсам,
Сергитип минер буудан жок.
Жаныма караан болууга
Өзүңдөй белдүү прим туган жок.
Кол салсам - деп ой кылсам,
Туурасы тозгон кара там,
Тутамга келбей курган жан.
Серпилип сурап кудайдан
Сени таап алууга,
Аккелтенин айынан
Оюм жүрөт ошондо.
Кымбат баа кырымы,
Аккелтени санаса,
Бакайдын келбейт тургусу.
Өтүп кеткен жайынан,
Аккелтенин айынан
Алты ай оору бир болдум.
Аккелте тартып албасам,
Күйүгүм качан басылат.
Жандуу мылтык Аккелте
Аңга салсаң сүйүнтөт,
Жоого салсаң бүлүнтөт.
Ичим кара, боорум чок,
Бакайыңда арман жок.
Келтенин мураа экенин
Кейип Бакай билемин.
Келип калса Манасым
Келтени тартып алсам, - деп,
Ошону сурап жүргөмүн.
Тилимди алсаң, көк жалым,
Айылына жакын баралы,

Азыр кыргын болсок да
Аккелте тартып алалы.
Элине элчи салалы,
Айылын камай баралы.
Деген сөзгө көнбөсө,
Аккелтени бербесе,
Бир эсебин табалы.
Күндүзүн тийбей, түн кирип,
Ордосун бир түн басалы,
Орчун малын чачалы:
«Аккелте бер», - деп айталы,
Аккелтени бербесе,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Олжолоп алып кайталы.
Мындан кийин талаага
Жүрбөгүдөй кылалы,
Кабылган бөлөк салыкка
Тийбегидей кылалы.
Мында карап турбайлы,
Аккелте албай тынбайлы.
Айдап алып артынан,
Аккелтенин дартынан,
Төрт түлүгүн чачалы.
Тийип алып бээсин,
Жакын келсе ээсин,
Жайната муштап мээсин,
Чыгаралы кээсин,
Такыр байлап алалы,
Узун чачтуу дөөсүн.
Келжиресе кокустан
Бир эсебин табалы,
Кежилдесе кокустан
Керчөөсүн жара чабалы,
Одураңдап коркутуп,
Аккелтени алалы,
Берип салса Келтени
Жамандашпай калалы.
Бербей койсо Келтени
Жапааны кыйын баштайлы,
Жандан кечип таштайлы,
Аккелтени бербесе,
Жаңжалды жаман баштайлы.
Кош бадана, торгой көз
Оодарышып кийишип,
Атышты арбын салалы.
Алты ай тынбай тийишип,
Кыраны Бакай көп айтып,
Кыргын болор сөздү айтып,
Күн кылкылдап батканда,

Элдин асты жатканда,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Алп уйкуну салышып,
Айныбай уктап калышып,
Кызыр чалган Манаска
Кыраан Бакай табылып,
Баабедин чалган Манаска
Баатыры Бакай кабылып,
Көңүлү ташып бөлүнүп,
Байдын уулу эр Бакай
Баатыр Манас көзүнө
Миң сан колдой көрүнүп,
Таң саргарып калганда,
Супа садык чалганда,
Кабылан Бакай канзаада
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп:
«Баабедин!» - деп бакырып,
Жана Бакай ошондо
Манас шерди чакырып:
«Оо, ботом, канкор Манас, кабылан!
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен туйганды туйдуңбу?
Чогоолдоп уккун сөзүмө,
Чоро келди өзүңө.
Эми угар болсоң сөзүмө,
Эрен келди өзүңө.
Күн бүркөлүп, жаз болуп,
Аргын кандын Ажыбай
Артык туулган эр эле,
Атасы менен кас болуп,
Кара буулум тон кийип,
Карткүрөңдөй ат минип,
Эңчегер бойлуу, кең далы,
Эр мүчөлүү, жайык төш
Капыр менен бусурман
Арага жүрөр тууганың,
Араңды жакын кылганың,
Абайласаң Ажыбай
Адамдан артык бууданың,
Актап кызмат кылуучу
Атаңа жакын тууганың.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Арага жүрсө бат жүргөн,
Жетимиш бурку тил билген,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,

Жүгүрүк чечен жүйөкор
Бүгүн чоң күлүк тиет колуңа.
Күтүп алсаң эр ошол,
Жобогон жалгыз башыңа
Жолдош болчу эме ошол.
Аргын кандын Ажыбай
Жигиттен эптүү уул ошол,
Ит жүрбөс кара кыяга
Байдасы тиер уул ошол.
Кубаттуу болор сөзүңө,
Күтүп алсаң Ажыбай -
Кутман болор өзүңө.
Аалым менен бир жүрүп,
Артык чечен Ажыбай -
Аалымдыгы дагы бар.
Топко салсаң тайгылбас,
Чечендиги дагы бар.
Динге балбан өзүнүн
Эшендиги дагы бар.
Өңгүл-дөңгүл кишиге
Келер болсо Ажыбай
Молдолугу дагы бар.
Капыя сөзгө кылдаттык
Жорголугу дагы бар.
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону,
Болбос иши дагы бар.
Даңгылдыгы дагы бар.
Айзакерден абыдан
Камбылдыгы дагы бар.
Берен ошол, бел ошол,
Мертиңди түзөөр эр ошол.
Кудай айдап, туз буйруп,
Куп билгин, арслан өзүңө
Жолдош болор кези ошол.
Кара тоого токтобос,
Каным, Манас, угуп тур,
Карала барчын ал болсун,
Кан Ажыбай көк жалдын
Кармаган ээси сен болгун.
Боздон тоодак куткарбас,
Боз ала шуңкар ал болсун,
Далбаа салып айдаган,
Күткөн ээси сен болгун.
Кыраан да ошол, бел да ошол,
Күтүп алсаң Ажыбай -
Кылыгың чечер эр да ошол.
Кечээ, ай караңгы жаздашып,
Атасы Аргын кан менен касташып,

Азып келер эр да ошол,
Кудайдын сүйгөн кулу ошол,
Күтүп алсаң Ажыбай -
Кумарың чечер уул ошол.
Аргын кандын ал уулун
Сыягын көргөн чочуган,
Ажайыптан окуган.
Жыйырма беш жашка чыккыча
Окуусун окуп тим жүргөн,
Ажыбай жайы ушундай,
Жетимиш бурку тил билген.
Жашы жыйырма алтыга келгенде
Ордолуу журтка чыр салган,
Төмөнкү кызылбаш журтун он алган.
Эпсиз кыйын Ажыбай,
Эрдиги жандан башкача,
Күтүп алсаң Ажыбай -
Ааламга татыр көйкашка.
Астында күрөң күлүгү,
Аалам журтка белгилүү
Ажыбайдын бүлүгү.
Астындагы күрөңү
Айгыр карап, бээ тууган,
Камбар ата жаныбар
Телегейин тең тууган.
Айгыр коюп, ат бычкан,
Оозун коюп, чу - десе
Булуттан ылдам ал учкан.
Тулпардыгы туура анык,
Айгай укса шашпаган,
Азар түмөн жылкынын
Астына түшсө баштаган.
Айбанча мойнун бурбаган,
Бир кишинеп алганда
Чөлдөгү кулан чубаган,
Карткүрөң үнүн укканда
Кыл куйрук чыдап турбаган.
Сан жылкынын ичинен
Салып жетип кабылган.
Чамбыл-Белдин оюнан,
Кайып-Булак боюнан
Кудай буйруп кабылган,
Ажыбайга табылган,
Карткүрөң таап алганда
Кандын уулу Ажыбай
Абийири мунтип жабылган.
Кандагай шымды кийгенде,
Кандын уулу Ажыбай
Карткүрөңдү мингенде

Кыйбаны камап дилде алган,
Кара көздөн бирди алган,
Калың чаң көрүп катыккан,
Ажыбай болуп атыккан.
Ажыбайдын билинген,
Кыялынын чаташы,
Касташкан экен ошондо
Ажыбайдын атасы.
Бул Ажыбай чыкканы
Сан карамдын баарысын
Арам ишке чачты, - деп,
Бул Ажыбай баланы
Уруучу кудай урду», - деп,
Атасы каарын салганда
«Малыңды өзүң алгын», - деп,
Малын таштап кетиптир,
Муну менен Аргын кан
Балалыктан кечиптир.
Ажыбай жалгыз, түркмөн көп,
Өлбөгөн жерде калышып,
Атасы менен ал чиркин
Тынбастан алты ай салышып,
Каарды катуу баштаптыр,
Сан дүнүйө, түмөн мал
Атасына таарынып,
Ардыккан бойдон Ажыбай
Талак кылып таштаптыр.
Бурулбастан Ажыбай
Мурадына жетиптир,
Бурулган бойдон жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Багдатка кирип кетиптир.
Он эки бирге кол берип,
Он эшенден дуба окуп,
Калыйпа барып кат алып,
Чоң эшенден бата алып,
Зыярат кылып чоң жерге
Атагын угам, Ажыбай
Зайыппуруш атанып,
Арсланым Манас, кабылан,
Айтканым жакшы угуңуз,
Ажыбай чоро кылыңыз!
Ажыбай күтүп алсаңыз,
Чалгынга салса жерчиңиз,
Арага жүрсө элчиңиз.
Кыялын тапсаң Ажыбай -
Маңдайга бүткөн базарың,
Кыйкырган жоого агытсаң -
Ашкере кумар жазарың.

Күрөң ат менен күүлөнүп,
Атасына сүйлөнүп,
Ач арсландай чамынып
Атасына таарынып,
Казына толгон сары алтын
Чачып чыкты, - деп уктум,
Атасына таарынып,
Өзүңдөй мыкты шер издеп,
Качып чыкты, - деп уктум,
Өндүрлүү кайкаң жер таппай,
Өпкөлөп чыкты, - деп уктум.
Өзүңдөй болгон эр таппай,
Кароолдуу кайкаң кыр таппай,
Кармалашып жүрүүгө
Как өзүңдөй чың таппай.
Күтүп алсаң Ажыбай -
Сөзү ширин, сөзү бал,
Адамдан чыкпайт андай жан.
Өлүмдөн кайта кайтпаган,
Өткүр туулган эр ошол,
Ажалдан кайта тартпаган,
Артык туулган шер ошол,
Туурдугуң май кылат,
Тушугар болсоң Ажыбай
Туш-туш жакка кан кылат.
(Боз баланын теңизи,
Абаң Бакай эгизи.)
Балам, мен жердин түбү Желпиниш,
Шамалдуу жайга конгомун,
Артыкча Манас, Ажыбай
Экөөңө кумар болгомун.
Каттоочудан кеп уктум,
Аргын кандын Ажыбай
Ат бороюн сыдырып,
Жердин жүзүн кыдырып,
Эр издеди, - деп уктум,
Артыкча кумар жазычу
Шер издеди, - деп уктум.
Мындан ары бастырсак
Сары адырмак бел ошол,
Зардал туулган Ажыбай
Күтүп алчу эр ошол.
Күтсөң Ажы эренди
Арбагы артык жан болор,
Кырк чорого кан болор.
Жомогу жанды жобонтор,
Жоругу жанды кубантар.
Күлкүсү күндү чыгарар,
Муну күткөн менде кубанар.

Өткүр да ошол, бел да ошол,
Колуңа тийсе Ажыбай
Козголтпой күтөр эр ошол.
Жолукса жосун чечүүчү,
Жосундуу башың өткүчө
Жолдоштошуп кетүүчү,
Караан да ошол, бел да ошол,
Каралашар эл да ошол.
Аргын кандын артыгы,
Атын койгон Ажыбай.
Аргын кандын Ажыбай
Адамзатка кабылбайт,
Кызыр чалган берендим,
Кызырдуу сенден башкага
Ал Ажыбай табылбайт.
Ажал орток, жан бирге,
Ажыбай жайы ушундай.
Берен да ошол, бел да ошол,
Белиңе таңуу эр да ошол.
Жоого кирсе - бүлдүргүч,
Өрүүдө жатса - күлдүргүч.
Тынччылыкта жыйгандаш,
Аргын кандын Ажыбай
Өлүп калсаң ыймандаш.
Жосуну бөлөк Ажыңдын
Кайсы дартын айтайын,
Жоого кирсе - айзалаш,
Жортуулга чыкса - байдалаш.
Акылы толук Ажыбай -
Айзага камбыл ыктуу кул,
Алмадай башка күн түшсө
Алып чыгар мыктуу кул.
Өбөк да ошол, бел да ошол,
Жамгырдай жаап ок чыкса,
Жаңжал болуп шок чыкса,
Туу түбүнө былк этпей
Туруп берчү эр ошол.
Мындан ары жол жүрүп,
Аркы-терки чалалы,
Аргын кандын Ажыбай
Алда Таала буюрса,
Ажыбайды табалы,
Эр Ажыбай көк жалды
Элчи кылып салалы.
Берип, бербей коёрун
Ажыбайдан угалы.
Деген сөзгө көнбөсө,
Аккелтени бербесе,
Атышар жерге чыгалы.

Аккелтени бербесе,
Атышты арбын салалы.
Аттын оозун буралы,
Алты күн уруш кылалы.
Атышты арбын салалы,
Аккелте тартып алалы», -
Деп, ошонтүп, Эр Бакай
Туруп амаз окунуп,
Тулпарларды токунуп,
Катуулашып канкорлор
Каарданып жайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Жай-жарак алып камынып,
Кабылан Бакай абаңа
Кайыптан акыл табылып.
Омуроодо ок өтпөс,
Кары бою күрөөккө,
Оолугуп жүрдү көк жалың,
Аккелте алчу дүмөккө.
Абаң Бакай курдашы,
Канкор Манас көк жалдын
А дүйнөлүк сырдашы.
Көк тулпардай ат минип,
Көк жал Бакай олуя
Билимди билген алыстан,
Абаң Бакай даанышман.
Айкөл Манас бул экөө
Тозоңун чаңга буратып,
Тоодой эки тулпарды
Токтондурбай чуратып,
Адыр-адыр белди ашып,
Будур ала чыбырды
Таштап кетип баратат.
Арслан эрдин алдында
Арслан Бакай көк жалың
Албан түрдүү көп жолду
Баштап кетип баратат.
Астындагы тулпарлар
Колтугунан суу чыгып,
Мурунунан буу чыгып,
Баскан жери быркырап,
Мурундан чыккан тыноосу
Кол ыштыктай буркурап,
Маңкаңдатып бастырып,
Дөңкөңдөтө желдирип,
Томуктай жерде тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Ээн кара талаага
Эми кирип барды эле.

Башкача күлүк тулпарлар
Баскан жери оюлуп,
Окоро түйгөн ак тизгин
Алаканда чоюлуп.
Ээлендирип жулкунтуп,
Эри өлгөндөй булкунтуп.
Учкан куш менен жарышып,
Билектей болгон ак чылбыр
Колдорунда карышып,
Талыкпаган тулпарлар
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Баскан жери быркырап,
Этек-жеңдин баарысы
Арт жагында дыркырап,
Күдүр мойнок белди ашып,
Күдүрөйгөн жер басып,
Асылдар кайдан аянды,
Ак-Талааны таянды.
Түгөнгөн чөл урчукка,
Дүмүрөйгөн тумшукка
Жаңы келип жетти эле.
Имерилген чөл басып,
Ийри-буйру суу кечип,
Баданалар жаркылдап,
Колтугунан аккан тер
Үзөңгүдө шалпылдап,
Аз гана эмес жол жүрдү,
Ат аябай мол жүрдү.
Таң жарылып дүмпөйүп,
Таң кашкайып килтейип,
Өдөлөп таң бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Камыштын башы дыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Жерден мунар бөлүнүп,
Дүйнө жүзү ошондо
Айнектей жарык көрүнүп.
Көрүнгөнүн карасаң
Карткүрөң сындуу ат минген,
Кара ок өтпөс тон кийген.
Онжоңдотуп Күрөңдүн
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Бетеге менен жылтыркан,
Ат борбуюн сыдырган,
Ааламдын баарысын
Убара болуп кыдырган.
Ача сакал, кызыл жүз,

Эңчегер бойлуу, кең далы,
Туурасы кең, бото көз,
Тунук мүчө, татты сөз,
Эрге ылайык кең далы
Аргын кандын Ажыбай
Ажыбайдын өзү экен,
Өзү тургай Ажыңдын
Караган кара көзү экен.
Чалгын чалып, жер көрүп,
Уга чыккан кези экен,
Чөлдөн кулан кубалап,
Түгөнбөгөн бир үлкөн
Чууга кирген кези экен.
Бузулган Чамбыл ашыптыр,
Бурулбастан Букардын
Күн чыгыш жагын басыптыр,
Чөнөрдөн бөкөн кубалап,
Чөөлүккөн жерге жыгыптыр.
Чөлдөн кулан кубалап
Үйүрү менен кармаптыр,
Аркар аңдып, кулан кууп,
Аңга кирип алыптыр,
Өлгөнчө кумар кандырган,
Чаңга кирип алыптыр.
Адам уулу каттабас
Жерге барып калыптыр,
Канаттуу куш учкусуз
Чөлгө барып калыптыр.
Кабарыңда бар болот
Ажыбайдын Күрөңү
Куйругу саяң, жалы аз,
Куланды кууса куткарбас,
Куланды кууп союптур.
Аргын кандын Ажыбай
Кырк чамалуу куланды
Талаага жыйып коюптур,
Нардай болгон Күрөңдү
Чоң чынарга байлатып,
Куландын казы, картасын
Жан казанга кайнатып,
Артык тулпар Күрөңдүн
Ээрин алып жайдактап,
Онжоңдогон каранды
Чидер уруп баймактап,
Аргын кандын Ажыбай
Кыбыланы баштанып,
Көк тердикти жазданып,
Алп уйкуну салыптыр,
Коңуругу таш жарып,

Козголбой уктап калыптыр.
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Сундуюп уктап калыптыр.
Ажыбайдын өзү экен
Караган кара көзү экен
Алдам буйруп Ажыны
Арслан Манас, Бакайга
Кезиктирер кези экен.
Ат арытып, эр карап,
Өзүнө теңгел эр карап,
Оолугуп ошондо
Чөлгө келген кези экен.
Кудай Таала буюрган
Жерге келген кези экен.
Уйкуда жанды көргөндө
Кылычты колго алганы,
Ызырканды канкор шер
Башын кесип салганы.
Арсландай көз жайнап,
Анык душман экен, - деп,
Кан ичмеси чын кармап,
Камынып Манас калганы,
Же эл экенин биле албай,
Же жоо экенин биле албай,
Аң-таң калып турганда
Арслан Бакай бакырат:
«Атыңдын оозун бура тур,
Айкөл Манас кабылан,
Алдыңкы жайга тура тур.
Айтпадым беле мен бая,
Укпадың беле сен бая,
Байлоодогу күрөң ат
Карткүрөңдөй мал экен,
Уктап жаткан ушу жан
Ажыбай өңдүү жан экен.
Атыңдын оозун буруңуз,
Сабыр кылып туруңуз!
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырдуу киши өсүүчү,
Сабырсыз киши тозуучу.
Эптеп уккун сөзүмө,
Эчен шер келет өзүңө.
Алдыңдагы уктаган
Ажыбайдын өзү экен,
Алдам буйруп бул жерге
Айдап келген кези экен.
Абийириң артык жабылат,
Кызыр чалган кырааным,

Кыйынның Ажың табылат».
Абаң Бакай муну айтып,
Көк тулпарды бир салып,
Ажыбайлап үн салып
Көк тулпар оозун бурду эле,
Көк жал Бакай абакең
Ажыбайлап кыйкырып,
Маңдайында турду эле.
Аргын кандын Ажыбай
Уйкудан турду ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Арслaндай болуп түйүлүп,
Кол куушуруп Бакайга
Коңгурап салам айтты эми.
Тулпар оозун бурганы,
Туйгун Бакай абакең
Алигин алып турганы.
Эр Ажыбай муну айтат
Адам билбес шумду айтат:
«Бусурман болсоң, эки шер,
Салоодон салам алеким!
Жолдош кылып алып кет.
Капыр болсоң, эки шер,
Курмандыкка чалып кет.
Астымдагы Карткүрөң
Олжо кылып алып кет.
Капысынан чыгарып,
Капа болуп турамын.
Кагыша турган чаркым жок,
Кандай арга кыламын.
Атка минип, айза алсам,
Жаныма кылыч байлансам,
Мен да сиздей эр элем,
Балакет кайда дээр элем,
Кезиккенди жээр элем.
Мен жеримде жатканда
Жакыптын уулу Манаска
Чоро болсом дээр элем.
Чамбылды жердеп көп жүрдүм,
Байдын уулу Бакайга
Баш күнүнөн тилегим -
Дос болушсам, - деп жүрдүм,
Ал экөөнү табалбай,
Баатырлыгым башкача
Озгон эрдин биримин.
Кумар болуп эки эрди,
Талак кылып элимди,
Тозгон эрдин биримин.

Куу талаадан кулан kууп,
Кеткен эрдин биримин.
Жалаң кылыч байланып,
Жердин жүзүн айланып,
Кулак угуп, көз көрбөйт.
Качан жетем Таласка,
Акыреттик дос болуп,
Качан жетем Манаска?
Баштагандын биримин,
Бакай кан кирип түшүмө,
Өз элимди талаага
Таштагандын биримин.
Эгизим жок, каным жок,
Эрендердин баары жок,
Кулак угуп, көз көргөн
Канча жерди кыдырдым,
Ушундай экен дүйнө шок!
Бакай, Манас - деп жүрүп,
Темир аркан кыпкызыл
Торго түшүп отурам,
Атым арык, өзүм жөө,
Колго түшүп отурам.
Көөнүң тирүү коюңуз,
Күрөң атка кызыксаң,
Ушу жерде союңуз.
Менин айламды таап берүүчү,
Айгайды арбын салуучу,
Ажыратып алуучу,
Айкөл Манас дагы жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Кайран жанга күч келсе,
Ушундай экен дүйнө шок.
Канат чарчап, из чалып,
Жарап келген эр элем,
Айкөл Бакай, Манасты
Карап келген эр элем.
Белеси бийик белди издеп,
Мендеден кыйын эрди издеп,
Кумар болуп кутуруп,
Куу талаада жолуктум
Баатырлар, сизге тутулуп.
Мен жеримде турганда
Ажыбай артык оёнмун,
Эрен карап тутулган,
Бүгүнкү күндө мен өзүм
Колго түшкөн коёнмун.
Бүгүн курдаштарга жете албай,
Куруп турган чагыммын.
Жер дүйнөнү басыпмын,

Манас менен Бакайга
Быйыл жыл абдан ашыкмын.
Тулпар элем жал кетип,
Арык болгон кезегим,
Туйгундарды табалбай
Карып болгон кезегим.
Мен Чамбылда жатканда
Жаяны кесип жечү элем,
Кабылан Манас, зор Бакай
Экөөнө барып кошулсам -
Каңгайды бузам дечү элем.
Кызыл айза Зулпукор
Көөлөшөрмүн дечү элем,
Кыраандарга жолуксам
Кылым менен мен өзүм,
Жөөлөшөрмүн дечү элем.
Карааным жок, белим жок,
Өзүмө катар теңим жок,
Издеген эки эрим жок».
Арманын айтып ошондо
Ажыбай кепти салганы,
Ажыбай кебин укканда,
Эки кан аттан ошондо
Дардайып түшүп калганы,
Эр Ажыбай жүгүрүп,
Экөөнүн атын алганы.
Чылбырдан алып, ат байлап,
Шамдагайы башкача
Шапа-шупа бат байлап,
Кайра тартып жүгүрүп,
Кан Манаска барганы.
Бадана тону жаркылдап,
Бала куштай баркылдап,
Баатыр Бакай ошондо
Башкача кептен салганы:
«Оо, ботом, ат бороюн сыдырган,
Жер жүзүнүн баарысын
Убара болуп кыдырган,
Көрбөсөм да, билбесем,
Аргын кандын баласы
Ажыбай төрө эсенби?
Ботом, жоктогон жогуң табылган,
Жолоочуң жолдон кабылган.
Биз да сени таба албай,
Убара болдук каркыбар.
Кабыландын болжошу,
Канкор шердин жолдошу.
Ажыбай, Бакай - эки кан
Экөөбүздүн атыбыз,

Минерге алтын тагыбыз,
Ачылган экен багыбыз.
Таң аткыча сүйлөшсөк
Түгөнбөйт экен кебибиз,
Алтайда жүрүп туулган,
Он экиге келгенде
Ордолуу журтка кол салган,
Ордосун бузуп олжо алган,
Тигине Манас шериңиз! -
Аты Манас, арслан шер
Кайыбынан кат алган,
Канкор бурут атанып,
Кайнап жаткан Бээжиндин
Даңзасына катталган».
Аргын кандын Ажыбай
Арслан Манас канкорду
Акылман Бакай абаңдан
Абыдан угуп алганы.
Ортосунда экөөнүн
Данакер болуп калганы.
Бакайдын кебин укканда
Асмандагы жылдыздай
Козголушту үч ойрон,
А дүйнөлүк ошондо
Дос болушту үч ойрон.
Кол кармашып көрүшүп,
Кучакташып, өбүшүп,
Он эки мүчө, кырк тамыр
Бирөө калбай козголуп,
Кыяматтык эрендер
Кучакташып дос болуп,
Адырдагы тумандай
Боз болушуп калды эле.
Ай-талаадан кезигип,
Дос болушуп калды эле.
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп турушту.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп турушту.
Кучакташып дос болуп,
Адырдагы булактай
Жошулушуп калды эми.
Кысыр калган кулан дан
Төрттөн, бештен союшуп,
Жан казандан артканын
Шишкебек сая коюшуп,
Алптык жайы ушундай
Чала тоют болушуп,
Кол кармаша калышып,

Барбалаңдап көк жалдар
Убада кыла салышып,
Кол кармашып, кеп айтып,
Убаданы бек айтып:
«Капырга казат баштасак,
Бирибизди бирибиз
Караан болбой таштасак -
Кудайлашкан ант урсун,
Курга түйгөн кат урсун,
Аккелтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Акылдан кайта тартканды,
Убададан кайтканды
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Алда салса буйрукту
Төбөгө келсе көрөлү,
Бирөөбүз кокус окко учсак
Баарыбыз катар өлөлү!
Айзаны бирге боолайлы,
Атышты бирге жоолайлы,
Чалгынды бирге чалалы,
Чатакты бирге салалы.
Коюбуз болсун короолош,
Ашыбыз болсун жороолош,
Тапкандар болсун жыйгандаш,
Өлгөн жан болсун ыймандаш.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жер соорусун жайлайлы,
Кагыштан кайра тартпаган
Кабылан, шерден камдайлы.
Ат семирип ык болсун,
Жыйылган көк жал кырк болсун.
Жердейли чалкар өзөндү,
Жыялык канга тойгус көсөмдү.
Алалык айзакерден ыктууну,
Жыялык ааламды бузар мыктууну.
Ошо күтүп эр жыйсак,
Көй кашканы тең жыйсак,
Кылыч сууруп кындатып,
Жүрөктүүсүн эрлерин,
Олуязаада эр эле
Бакай канга сындатып,
Кырк кыраандын ичинде
«Жоо» - десе көөнү айныган,
Коркоктору болбосун.
Атты кармап мине албай,
Антаңдап шашып чураган
Чоркоктору болбосун.

Бейпайлуу жаман жоо чыкса,
Кача баштап калайман
Баштачудан болбосун.
Калың элди кокустан
Качып алып ошондо
Таштачудан болбосун.
Качырса жоону койбосун,
Кырк кыраандын ичинде
Журтту бузгуч, эң жаман
Дүмпөкү адам болбосун!»
Ак буудай нанын чайнашып,
Ай-талаада эрендер
Келеме шарып кармашып,
Бычакты кындан алышып,
Чыбык кырка салышып:
«Убада ушу болсун!» - деп,
Колдорун канга малышып,
Ай-талаада кеп салган
Арслан Манас көрдүңбү!
Арслан Манас жакшысы,
Байдын уулу Бакай кан,
Аргын кандын Ажыбай,
Жаңы көзгө көрүнгөн
Кырк чоронун башчысы
Оозунан алтын сөзү шартылдап,
Оёнуң Бакай кеп баштап,
Акырын айтып, бек таштап,
Бир ооз кеби - миң дилде,
Билимдүү Бакай шер ошол,
Ажыбайга карата
Айкөл абаң Бакайдын
Айтып турган кеби ошол:
«Кечээги өткөн жайында
Ажыбай балам, угуп тур,
Кулан карап, бөкөн кууп,
Салбырын кылып кеткемин.
Канкор эрге ылайык,
Жандуу мылтык Аккелте
Карагайдын ичине
Салыкка таштап өткөмүн.
Кайра айланып келгиче
Түбүмө чогуу жетиптир,
Ошону уурдап кетиптир.
Ордолуу калаа, - деп угам.
Эсил кандын Аккелте
Эптеп сурап алалык.
Берип салса келтени
Ыракматты айталы,
Жамандашпай кайталы.

Деген сөзгө көнбөсө,
Аккелтени бербесе,
Алдай-соолай баралы,
Берип салса келтени
Жамандашпай калалы!»
Манас менен Ажыбай:
«Баатыр аба, макул, - деп,
Жөн өзүңө бербестин
Жети атасы капыр», - деп,
Астыга баштап жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Үзгүлтүк талаа урчукка,
Карагайлуу тумшукка
Жетип барып турду эле,
Жетигиң Бакай кабылан
Жетик кептен кылды эле:
«Жатагым бирге түндөшүм,
Атагың журтка угулган
Ай, Ажыбай, тилмечим!
Олуя чалыш карыя,
Ойрон Бакай мен элем.
Сундурган айза сулуусу,
Отуз беште жашым бар
Бөлөгүңдөн улуусу.
Карткүрөң, тандап атты ал,
Канкор Манас, Бакайдан
Алакандай катты ал.
Ордолуу журттун айылына
Аккелте сурап барып кел!
Кудай үчүн, биз үчүн
Ажал жетсе өлүп кел!
Ширин кептен салып кел,
Таалайга бүткөн курч эле,
Аккелтени алып кел!
Эчен эшик, дарбаза
Абайлап баарын билип кел,
Аккелте бер, - деп, сөз салып,
Арбындап кебиң чайкап кел,
Ачык менен тешигин
Абыдан билип, байкап кел!
Аскери канча колун айт,
Аккелтени бербесе,
Азыр жетип, жообун айт!
Саламат барып, сак келгин».
Элчиге өлүм жок болот,
Сагындырбай бат келгин.
Жетимиш бурку тил билген,
Жетигим, сени каалардык,
Тартынбагын бул иштен.

Бел байлаган кара кыр
Бел экен, - деп жибердик,
Ичип канга тойбогон
Шер экен, - деп жибердик.
Кадырлап уктук сөзүңдү,
Кан Ажыбай, эгизим,
Каалап калдык өзүңдү.
Кымбат экен Аккелте,
Кыйындап сурап алып кел.
Айтканыңа көнбөсө,
Аккелтени бербесе,
Алданын жазган буйругун
Төбөгө салса көрүп кел,
Кордук кылса кокустан,
Тирүү калбай өлүп кел!
Карагай, токой-чер болор,
Жалгыз жолду сүзүп бар,
Акыры өлүм болдум, - деп,
Жаныңдан үмүт үзүп бар.
Күн белгиси - эки күн,
Эки күндөн сен калсаң,
Ажыбай өлгөн экен, - деп,
Түз кирип айза сунабыз,
Түйшүктү түздөп кылабыз.
Дүпүлдөшүп урушуп,
Кырылышып кайтабыз,
Ажыбай, сенин артыңдан
Арслан Бакай, кан Манас
Өлүм болуп тартабыз!
Айкырып айза сунушуп,
Жекеге чыгып урушуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып, урушуп,
Оозу түктүү эл менен
Орой согуш салабыз,
Ажыбайым, сен үчүн
Түгөнүшүп калабыз!
Салыкка калган атагы,
Оңой эмес бул жумуш
Аккелтенин чатагы.
Аккелтени албасак,
Кулжуңдашып калбасак
Туубай-туна чөгөлү,
Аккелтенин айынан
Алышып жатып өлөлү,
Кутуруп турган эл окшойт,
Кулжуңдашып көрөлү!
Сыягы башка, заары күч,

Салыкка койгон жеримден
Уурдап алды быйыл күз.
Аккелтени бербесе
Өлдүк - деп, жандан күдөр үз!
Жандуу мылтык Аккелте
Албай кантип тынабыз?
Өткөн иштин жайынан,
Аккелтенин айынан,
Аябаган кыргынды
Салбай кантип тынабыз?
Аккелте жайы ушундай,
Курама болот курч эле,
Кутурган жоого сундурса
Бузуп берер мүлк эле.
Ашкере болот Алмабаш
Ыраакы, жуук ылгабас,
Алтымыш күнгө бузулбас,
Асынып жүрсө курч эле,
Табылбай турган мүлк эле.
Кымбат баа мунум бар,
Айтып берсем Аккелте
Кылымдуу малдын куну бар.
Береним, Ажым, угуп ал!
Айдадык жанды артынан,
Азыр кыргын бололу,
Аккелтенин дартынан.
Милтеси жибек, боосу алтын
Миң жыл болсок убара
Аккелтедей кабылбайт,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси
Айкөл Манас төрөгө
Азелде мындай табылбайт.
Алып жүрсөң мүлк эле,
Арслан Манас көк жалга
Ылайыктуу курч эле.
Аккелте санап келгенде
Ичим күйүп, боорум чок,
Арага барган Ажыбай,
Арсландыгың билгизсең,
Аккелте колго тийгизсең,
Абаң Бакай карынын
Азыр өлсө арман жок!
Берип салса окустан,
Кармата салса кокустан!
Аккелте жайын айтайын,
Азгырып сенин өзүңдү
Бөлөк мылтык бербесин!
Мылтыгыңа мылтык, - деп,

Алдап коюп кокустан
Тамга бутун артпасын,
Керней күүсүн тартпасын.
Аккелтенин белгиси -
Олоңдун бир жак четинде
Аныктап жазган каты бар,
Катын окуп карасаң,
Кабылан Манас аты бар.
Бейлеп көрсөң Аккелте
Бээжинге татыр мүлк ошол,
Каканчындын Бээжинди,
Кайнап жаткан кытайга
Калайман салчу курч ошол.
Ала албасаң жаман ат,
Ар белгиси ушундай
Асыл, Ажы, көк жалым,
Аккелте сага аманат!
Кеп өлчөөсүн билерсиң,
Кежилдеше жүрөрсүң,
Сүйлөп берсе сөзү көп.
Баатырлыгың маңдайга
Баатыр Ажым, жыйнап бар,
Жакшылыктуу сөз айтып,
Аккелтени сурап бар.
Ордосуна кирип кел,
Орчун кымбат Аккелте
Кайда экен, жайын билип кел.
Чатакташпай, чырдашпай,
Айткан сөздү уксун де,
Аккелтени бербесе
Атышар жерге чыксын де,
Каалап барган элчинин
Кадырдуу сөзүн уксун де,
Кадыр сөздү укпаса,
Кармашар жерге чыксын де!
Катылса кудай коёбу,
Өлүмдөн корккон оңобу,
Былкылдабай бек сүйлө:
«Аккелте бергин, - деп, сүйлө,
Аккелтени бербесең,
Атыша турган жериңе
Азыр чыккын», - деп, сүйлө!
Коркуп кетсең жаман ат,
Берен элең, Ажыбай,
Жаздыгыңды ала жат!»
Бакай мунтип турганда,
Таалайы артык, көк жал шер
Айкөл Манас кабылан
Колун кармап аркага,

Козголбой турган курган эр
Опол-тоодой барбайып,
Онжоңдогон кула атка
Басып барды дардайып.
Аккула аттын артынан,
Ээринин соңунан,
Көпчүгүнүн жонунан
Кайра байлап капшырган,
Канжыгага тапшырган
Чечип чыкты көк куржун,
Түрү алтын саймалуу
Түгөнгүрдүн бек куржун,
Куржунду алса көп кыйын,
Жибек менен чырмалткан,
Акыйнек менен курдаткан,
Була менен каптаткан,
Булгаары менен чаптаткан,
Ээсин таап берүүгө
Эсил төрөң сактаткан,
Алып чыкса беш буюм,
Берен төрөң суурганда
Көргөн адам таң калган.
Асмандан түшкөн алты курч,
Алдам берген артык курч -
Кылычтын кылды мыктысы,
Манас алган Зулпукор,
Бакайга берди Ойкума,
Кайра байлап капшырды,
Кан Ажыбай беренге
Ач албарсты тапшырды.
Берен Бакай, Ажыбай
Аманат кылып алсын, - деп,
Айкашкан жоого киргенде
Кызылдай кыргын салсын, - деп,
Ажыбай, Бакай экөөңдү
Келсе аманат берем, - деп,
Силерди күтүп жүргөмүн.
Айтканыңа көнөйүн,
Ажыбай, Бакай - эки кан,
Аманатың берейин.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кырк кишинин сүрү бар.
Кызырканып шилтесе,
Шилтегенде кан чыгат.
Карап турган душмандын
Тиктеп туруп жан чыгат.
Канга тоюп албаса,
Катса кынга түк кирбейт,
Кыйкырып кындан чыгарса,

Кан ичпей куру түк жүрбөйт.
Ажыбай, Бакай - эки кан,
Арнап бердим кылычты,
Жолдош кылып алыңыз,
Кыйрашкан жоого эң керек,
Жаныңдай кылып алыңыз.
Кыя тартып шилтесең,
Кубанчысын көрөрсүз,
Айкырып тартсаң кынынан
Аманат жандын жолдошу.
Курчтугу жанга билилүү,
Башчысы Манас, Бакай, - деп,
Бул кылычтын бетинде
Алтоонун аты чийилүү.
Шайман бошоп, ал кетип,
Күч келгенде чыгаргын,
Кайманадан жоготсоң
Кан Ажыбай, жаман ат,
Асмандан түшкөн алты курч
Бирөөн бердим аманат!
Кайратты катуу салыңыз,
Канкорум каалап берди, - деп,
Аманат кылып алыңыз.
Кармашкан жоого жолукса,
Кайратты кыйын салыңыз.
Кабылан Манас берди, - деп,
Колуңдагы Ачалбарс
Мубарек кылып алыңыз.
Аккелте бер - деп айтыңыз,
Асыл Ажы, көк жалым,
Аман-эсен кайтыңыз!»
Карагайлуу тумшукта
Кан Бакай, Манас калды эми,
Эр Ажыбай умтулуп,
Элчиге кетип калды эми.
Жылкыдан тулпар Карткүрөң,
Карткүрөң менен чуратып,
Тозоңун тоодой буратып,
Түз талаада такылдап,
Оозун жайса жөн эле
Булуттай болуп закымдап,
Кара туман шаарына,
Барып жетти Ажыбай
Кан Керкенин шаарына,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Барып жетти Ажыбай
Баашалуу коргон тагына.
Ал Керкенин жанында

Балбандары башкача,
Үйдөй, тоодой күрсү алган
Баатырлары бир канча.
Эшигинде сакчысы,
Кан алдында бакчысы,
Улуктары, эрени -
Ушундай экен берени.
Балбандыгы башкача,
Баатырлардан бир канча.
Кан атагы бекери -
Жанында сексен жөкөрү.
Бактысы менен таалайы
Жөнөп турган кези экен,
Оң жагында кырк жөкөр,
Сол жагында кырк жөкөр,
Ооруп жаткан эмедей,
Оолжутуп Керкени
Жөлөп турган кези экен.
Балтачандар башкача,
Кылыччандар бир канча.
Акырын айтып, бек таштап,
Ал Керкенин алдына
Кан Ажыбай кеп баштап:
«Алдыңа келген элчибиз,
Атак, жайды сурасаң -
Ааламды чалган жерчибиз.
Ат бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Урунарга тоо таппай,
Кезген эрдин бирибиз.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Жерди жетик сыдырып,
Ааламдын баарын кыдырып,
Сүйлөп берсем сонун бар,
Калдайган шаарың талоого,
Даярдап койгон артымда
Сегиз сан кара колум бар.
Кол башчысы зор Манас
Алтайда азып туулган,
Каканчындын Чынмачын
Чындап салган чуулган.
Беттешкенди койбогон,
Ичип канга тойбогон,
Кан Манас, Бакай өзү бар,
Элчиге келген Ажыбай
Сизге айтуучу сөзү бар.
Жер кыдырган элчиден,

Карагай, талаа, керүүдөн,
Баатыр, салыкка койгон жеринен
Далай бүлүк салыпсыз,
Аккелте уурдап алыпсыз,
Арбын чырга калыпсыз!
Жер кыдырган балбаның -
Бакай кан көрүп калыптыр,
Балбаның ачып алганын.
Жаңжалдашпай, чырдашпай
Аккелтени бериңиз.
Дегениме көнбөсөң,
Аккелтени бербесең,
Элчиге мени жиберген
Канкор Манас атагы,
Ааламга татыйт ко
Аккелтенин чатагы!
Арага келген элчи элем,
Ырдап берем ырымды,
Жашырбай айтып берейин
Сага салар чырымды.
Деген сөз ушу - көнүңүз,
Кан экениң чын болсо -
Аккелтени бериңиз.
Айткан тилди алыңыз,
Аккелте бере салыңыз.
Жаңжалдашпай, чырдашпай
Аккелте бере салыңыз.
Жоголуп кеткен келтенин
Жоон билектей бурдурган
Алтындан таккан боосу бар,
Жоголуп кетсе ал келте
Угуп тургун, сен Керке,
Арылбас дүмөк доосу бар.
Аккелтенин артынан
Айдап Манас кол алды,
Азыркы күндө ал Манас
Азыр сени соруугa
Артыкча балбан мол алды.
Деген сөзгө көнбөсөң,
Аккелтени бербесең,
Кол жүрүүчү жол даяр.
Бири миңге татыган
Сени байлап алчу чоң даяр.
Өйүз-бүйүз турушат,
Аккелтенин айынан
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушат.
Өлбөгөндөн калышат,
Аккелтени бербесең,

Айткан сөзгө көнбөсөң,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча
Мыктап алты ай салышат.
Балбандары башкача,
Оңой Манас эр эмес,
Баатырлары бир канча,
Адам билбес сөздүү бар,
Ал Манастын колунда
Маңдайда жалгыз көздүү бар,
Кериги бар, били бар,
Керишсең кырат таптакыр,
Бул сөзүмдү билип ал,
Чылгый балаа - Манас кан,
Чыдашып адам урушпайт!
Түбүңө чогуу жетпесин,
Дегенине көнбөсөң,
Аккелтесин бербесең,
Түз кылып кырып кетпесин!
Манастын жайы ушундай,
Суу ич десе, уу ичкен,
Бөрк ал десе, баш кескен
Аңкоолугу дагы бар,
Чыр салганды өрттөгөн
Чалпоолугу дагы бар.
Жалынса жанды койбогон
Капырлыгы дагы бар,
Ичип канга тойбогон
Баатырлыгы дагы бар,
Айзакерден абыдан
Анткорлугу дагы бар,
Ичип канга тойбогон
Канкорлугу дагы бар.
Чабышсаң бүктөйт белиңди,
Кырып кетет элиңди,
Талкан кылат жериңди,
Ушу сөзгө көнүңүз,
Аккелтени бериңиз!
Кечиктирсең окустан,
Сыягы бөлөк, заары күч
Сырттан Манас кабылан
Жаңжал кылат кокустан!
Төрө Манас айкырса
Төбөңүздөн баспасын,
Төрт түлүгүң чачпасын.
Казынаң бузуп кирбесин,
Кайда менин келтем, - деп,
Куйкаңды кармап тилбесин!
Айткан сөзгө көнбөсөң,

Аккелтени бербесең,
Бербейм, - деп ачык кебиңди айт,
Бет алышар жериңди айт!
Алышар алың жок болсо,
Айткан сөзгө көнүңүз,
Чатакташпай тим эле
Аккелтени бериңиз!»
Бул кабарды укканда
Шыбырашып сүйлөшүп,
Тегеренди телпеги,
Бирин бири чакырса
Учуп-күйгөн элпеги.
Шыбыраша калышып,
Адам бээлеп билгисиз,
Сырга кирип алыптыр.
Он желдетин ээрчитип,
Уйгу-туйгу короктоп,
Урушчудай сороктоп,
Жай-жарагын шайлашып,
Жалы узун, буту жоон
Балбан атын камдашып,
Айласын таппай алдырап,
Аскерине балдырап.
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Өз мылтыгын берчүдөй,
Аккелтеге бой-бойлоп,
Аң-таң калып алактап,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Ажыбайдын алдына
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Ажыбайга муну айтып,
Адам билбес шумду айтып:
«Айткан ачык сөзүңө
Ажыбайым, көнөлү,
Артык мылтык Аккелте
Азыр сизге берели!
Бул айтканың баары чын,
Деген сөзүм дагы чын.
Алтымыш төрө, жер ченчи
Баргандыгы чын экен,
Салыктан таап Аккелте
Алгандыгы чын экен,
Айыкпаган чоң доого
Калгандыгы чын экен.
Атууга ыктуу, чапса курч
Артык экен Аккелте,
Айтканыма көнүңүз,
Аккелтени берелик,

Бирок алты ай сүрүк бериңиз.
Айткан сөздү алыңыз,
Артык балбан, ары шер
Убада байлоо болду, - деп,
Манаска айта салыңыз.
Күн убада, так алты ай,
Алты айдан кийин кайрылып,
Аккелтени алыңыз,
Ал алты айдан кечиксе,
Оён Манас эр болуп,
Олоңдоп кирип чабыңыз,
Ойрон кылып салыңыз.
Убакыт болжол, бир алты ай,
Алты айдан кийин болуңуз,
Алты айдан кийин бербесек,
Убадага көнбөсөк,
Анан кийин соруңуз.
Дегениңе көнүүгө,
Бирөөнүн мүлкү Аккелте
Азыр сизге берүүгө,
Күн мезгили өтүптүр,
Жер кыдырып, эл издеп,
Жортормон алып кетиптир.
Алты айлык азык мол алып,
Түбүмө чогуу жетиптир,
Жер ченчи алып кетиптир.
Алты ай экен келери,
Айтканына көнөлү,
Аккелтени берели.
Убада кылдык туруңуз,
Арага келген элчисиз,
Манаска кабар кылыңыз.
Алты айдан кийин сиз келип,
Аккелтени алыңыз,
Алтынчы айдан кечиксе,
Барабан кагып, кол жыйып,
Манасты баштап жетиңиз,
Ааламды буй кылып,
Анан кырып кетиңиз.
Урушсак уят мунубуз,
Алты ай күтүп туруңуз,
Убада ушул, кеп ушул!»
Керке кандын шаарынан
Ажыбай чыкты аттанып,
Астындагы күрөңү,
Керке бербей келтени,
Кемиген экен бул жолу,
Ажыбайдын тилеги.
Артык тулпар Карткүрөң

Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Баскан жери быркырайт.
Учуучудай дыркырайт.
Тайгылбаган бийиктен,
Канаты бар жаныбар
Чуркашы күлүк кийиктен.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Желиккен бойдон Ажыбай
Манас, Бакай канына
Желген бойдон келди эми.
Көргөн менен укканын,
Туйган менен билгенин,
Элчиликке киргенин,
Ажыбай айтып берди эле,
Ажыбайдын айтышын,
Керкеге барып кайтышын
Бакай сындап көрдү эле.
«Келтени бербей колуңа,
Кеп кылсаң укпай сөзүңдү,
Келжиретип өзүңдү,
Салган экен жолуңа.
Оңкогор мурун, чуңкур көз
Оңбогурдун өзү экен.
Алдап-соолоп Ажыны
Жолго салган кези экен.
Аккелтени бербеске
Чырга айлантып этегин,
Чылбыр чайноо кылыптыр.
Кермелетип кеп айтып,
Кеп эмизип ал чочко
Алты айда келгин, - деп айтып,
Доо эскирчү кеп кылып,
Бербей турган эп кылып,
Алыс болжоп, күн байлап,
Керкени кудай уруптур.
Кутурган экен ал чочко
Кутулар жайын кылыптыр.
Күн мезгили алты ай, - деп,
Кутулар кептен салыптыр,
Алты айга толук камынып,
Кутуруп жатып калыптыр,
Бергиси келбей келтени
Мээнеттүү чырга салыптыр.
Канкор Манас, Ажыбай,
Камдангыла, балалар!
Айза кармап, топ бузуп,
Атышты арбын салалы,

Каптап жатып калалы!
Карама-каршы турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Төрөсүн союп, топ бузуп,
Бир беттешип, окко учуп,
Бербегенин көрөлү,
Бет алышып өлөлү.
Кыргынды кызык салалы,
Кызыталак чочкодон
Аккелте тартып алалы.
Мындан кийин кулагы
Укпагандай кылалы,
Жер кыдырып, суу өлчөп,
Чыкпагыдай кылалы.
Жерине тулпар ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Төрөлөрүн камайлы,
Төрүнө камап сабайлы!»
Бакай тилин укканда
Ажыбай, Бакай шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Тилин угуп Бакайдын
Эки эрен чуркап түйүлүп,
Энтелеңдеп эки эрен
Ок өтпөстү кийинип,
Керектүү Бакай карыя
«Таң кашкайып сүрсүн, - деп,
Жерге жарык тийсин», - деп,
Эр Манаска муну айтып,
Баатыр Бакай турду эле.
Карагайлуу талаанын
Куюлган ары бетинде,
Томуктай болгон тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок,
Айдай сары талаанын
Ары жагы четинде
Дүмпүйгөн караан көрүнөт,
Ал караанды көргөндө
Арслан Бакай абаңдын
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Ээр белдей белеске
Эрен Бакай абаңыз
Салып чыгып барды эле.
Эки жакты караса,
Эл аманын кааласа,
Ажыбай элчи барганда

Чындап белин курчанып,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чын балакет ал чочко
Чын акылын тааптыр.
«Ботом, канкор Манас шер келсе,
Айтылуу Бакай дөө келсе,
Башында жалгыз көзү бар
Алп, дөөлөрү тең келсе,
Казынам бузуп өтөбү?
Чабыша кетсек кокустан
Түпкө чогуу жетеби?» -
Деп, ошонтүп, Керке кан
Каарданып бакырып,
Жер ченчисин чакырып,
Зордуктап алып кетерин,
Түбүнө чогуу жетерин
Көз ачыктай билиптир.
Амалы кыйын, заары күч
Балааны Бакай саларын
Башында эле билиптир.
Адегенде көнүптүр,
Алтымыш ченчи, кырк төрө
Алты ай алып кеткин, - деп,
Мурадыңа жеткин, - деп,
Аккелтени бериптир.
Буйрук алып канынан,
Аны укканда кырк төрө
Чыккан экен шаарынан.
Борумун байкап отурса -
Кулундуу бээсин минишип,
Сары тонун салынып,
Салмакташып баарысы
Тегиз жайдак жүрүшүп,
Айбанатын токмоктоп,
Жок эмеге үйрөтүп,
Аттарынын мойнуна
Арабасын сүйрөтүп,
Караанын көрүп алардын,
Кабылан Бакай кыраанын
Арабча тил окуп,
Күндүн көзүн байлаптыр,
(Өзү жайчы, өткүр шер,
Өлчөсөң Бакай мындай эр).
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузултуп,
Карагайдын үстүнө
Кара булут тундуруп,
Жер ченчинин үстүнө
Алты сай мөндүр куйдуруп,

Колоттон туман табылып,
Асмандан булут жабылып,
Кара булут асмандан
Казыр чыкты дүрүлдөп,
Төбөсүнөн жети сай мөндүр күрүлдөп,
Чөп айрылып кыбырлап,
Туш-туштан ала канчык шыбыргак.
Колот чуңкур аң болуп,
Алтымыш ченчи, кырк төрө
Бир карарга зар болуп,
Булуттун баары быркырап,
Туш-туштан муздак шамал зыркырап,
Жерден кара буу чыгып буркурап,
Жети күнгө толгондо
Асмандан булут чачылып,
Кудайдын күнү жарык ачылып,
Чогулушуп турганда
Көк тулпар санга бир салып,
Көк айзаны колго алып,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча
Кыргынды кызык баштады,
Кылайтып бирин соо койбой,
Кылычтап кырып таштады.
Керектүү Бакай олуя
Дегенине көндү эми.
Ойногондо Очогор,
Чындаганда Койчагыр -
Ашагандан-машаган,
Айкөл Манас өзүнө
Ылайыктап жасаган.
Кыраандарын кыйратып,
Кыраан Бакай көк жалың
Ченчиден тартып келди эми,
Канкор шерге Аккелте
Тартуу кылып берди эми.

«Кызыр чалган башыңа,
Кыйындын баары табылат.
Баатырдырсың, шердирсиң,
Таалайың артык жаралган
Бактың артык эрдирсиң.
Жана айтам, жана сөз,
Жана сенин багыңа,
Жана кыраан келет кез!
Кечээ, атышты арбын салганда,
Аккелте тартып алганда,
Кайраттуу тийди, эр тийди,
Берениm, сенин багыңа
Эки кыраан тең тийди.

Сурасаң таап билерсиң,
Камдады Бакай эрди, - деп,
Касиеттүү көк жалым,
Ыраазы болуп жүрөрсүң.
Артык шайыр эки жан,
Артыкча өзү бусурман,
Өзү ыслам довинде,
Өзүңө мураа зилинде.
Бирөөнүн жайын айтайын,
Ырдап турчу ырчы экен,
Бир өзүңө кут экен.
Күтсөң жоро тең экен,
Сыягы бөлөк, заары күч,
Өзүңө тете эр экен.
Эрендерди, шерлерди
Алда Таала кудурет
Өзүңө берер кези экен.
Куптап уксаң сөзүмдү,
Келгендердин баарысы
Мураа болор өзүңө.
Атышкандан чабышып,
Алтайга кызык кылдырдың,
Жыйып алган кырк курбуң,
Эсенкандын балбаны
Чоң Жолойго кырдырдың.
Өткөрө жалгыз болдум, - деп,
Капа болуп сабылдың,
Өзүң теңгел эрендер,
Ааламды буй кылган,
Аябаган берендер
Кызыр чалган башыңа
Жолдош болуп табылды.
Алтайда жалгыз туулуп,
Бир Алданын кылганы,
Жалгызмын, - деп өкүнбө,
Сексен төрт болот тууганың,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Чапчышсаң каран кыласың.
Алышканды соросуң,
Артык башың барында
Ааламдын каны болосуң».
Кан Бакай сөзүн кылгыча,
Айтып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча
Аргын кандын Ажыбай
Алып келди эки жан.
Орто бойлуу, кең далы,
Ойротту бузар эр экен,

Чоролукка Ажыбай
Эки жанды тең коштоп,
Алып келген кези экен.
Аргын кандын Ажыбай
Тизеси жерге бүгүлүп,
Карткүрөңдүн үстүнөн
Учуп түштү жүгүрүп,
Кан Манастын алдына
Салам айтып бүгүлүп:
«Манастырсың, шердирсиң,
Кызыр чалган кыраанып,
Баарыга ата сендирсиң.
Кайыбынан кабылды,
Каймана сары талаадан
Сизге жороо болууга,
Эки берен табылды.
Айзакерден ыктуудан,
Кыйкырган жоого кол салсаң
Өзүң менен бир өлчү
Аябаган мыктуудан.
Абийириң күлдөй жабылды,
Арсланым, сенин багыңа
Эки арслан табылды.
Эки бала мен таптым,
Белек да экен, шер да экен,
Берениm, сенин багыңа
Бек жолдош болор эр да экен.
Чолпон менен үркөрдөй,
Болжоштук жайы көрүнөт,
Өлүм орток жан бирге
Жолдоштук жайы көрүнөт.
Ордо күтүп, үй күтүп,
Коно турган эр экен,
Арсланым, сага чын жолдош
Боло турган эр экен.
Балбандыгы башкача -
Эки азамат мен таптым,
Ааламды бузар көйкашка.
Чоро деген чогоол сөз,
Жоро кылып алыңыз,
Жолукканды кыйратып,
Эми кырып салыңыз.
Эрмек да экен, шер да экен,
Эң кумарың жазуучу
Табылбай турган шер да экен.
Таалайы артык башыңа
Кайыбынан кабылат,
Жок жерден эрен табылат,
Жолдош да ошол, бел да ошол,

Жоругуң табар эр да ошол.
Кызматы кыба кандырат,
Күтүп алсаң экөөнү
Жоругу жанды жоотот.
Адал бейил, ак кызмат
Кыла турган эр экен,
Калайман салган чоң чатак
Кан төгүлгөн чоң кыргын,
Катуу болуп кыйраса -
Туу түбүнө былк этпей
Тура турган эр экен,
Туйгун көк жал, өзүңө
Жолдош болчу эме экен.
Артыгы анык сынаакы,
Экөөнү чоро кылсаңыз
Өзүнө тете мураапы».
Ажыбай айтып мындай кеп,
Оозун жыйып алгыча
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жал шердин өзүнө
Эки арслан көрүнүп,
Бирөө - үзүктөй калпак эр Шууту,
Адамзаттын туйгуну,
Ата жайын сурасаң,
Англия кан уулу:
«Түшүмдө көрүп Манасты
Кумар болдум өзүңө,
Ыраазы болуп сөзүңө,
Кумарыма чыдабай,
Оруска кирдим оолугуп,
Ойронум, сенин өзүңө,
Бүгүн келдим жолугуп,
Айылымдан бездим адашып,
Арслан, шер - деп, көп угуп,
Атайы келдим жанашып.
Ара буйткал талаада
Алты жыл анда жүргөмүн,
Түшүмдө көрүп мен сени
Кумар болуп билгемин» -
Эр Шууту айтып мындай кеп,
Көк жалдын тийди колуна.
Бирөө - Ырамандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк муундуу,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул.
Өзү жаштоо жашында,
Кыйын мүшкүл иш түшсө
Кыраан Манас кашында,
Ырдап берет башында.

Боз баланын баттуусу,
Ырамандын Ырчы уулу
Кыйласынын мыктуусу.
Кыйшык-кыя сөз болсо
Кылт дедирбей билчүсү,
Башка мүшкүл иш түшсө,
Өлгөн адам болбосо,
Тири адам күлчүсү.
Болор иштин дайыны,
Боз баланын шайыры,
Күйүттүү иштн бүлдүрөт,
Азаматты күлдүрөт.
Болжолдуу жайдын укуму,
Ата жайы мунуку
Орус элдин тукуму.
Топ жаруучу ырчысы,
Кабылан Манас канкордун
Туу түбүнө турчуусу.
Кайыбынан кабылган,
Кудай айдап, туз буюруп,
Кан Манаска табылган.
Астыга салса ак жолу,
Ашкере жолдош бул төртөө
Аркада жүрсө сан колу.
Үзүлгөнүн улашчу,
Чачылганын жыйнашчу
Эр Манастын эрени,
Ажыбай, Бакай, эр Шууту,
Ырамандын Ырчы уулу -
Канкоруңдун берени.
Кыйын эрдин баарысы
Көк жал эрдин жөкөрү,
Акылга дыйкан билгичтер
Арсланга келип кезикти.
Айзакерден илгичтер,
Санга жеке чыкчуулар,
Канкор шерге кабылды
Жеке жортор мыктуулар.
Шууту, Ырчы кез болуп,
Ачылбай абийир жабылып,
Кызыр чалган Манаска
Кыраандын баары табылып,
Жалгыз жаны беш болуп,
Көк жалың кайра тартты эми,
Олжолоп алып орустан,
Аккелте алып кайтты эми,
Тартып алып талаадан,
Таалайы артык кыраанын
Талаадан кайра тартты эми.

Ала-Тоо болжоп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Тилеген ою кеч болуп,
Жалгыз жаны беш болуп,
Төрөсү бар, каны бар,
Билбегенди билгизген,
Жеке башы сан колдой,
Билимдүү Бакай кары бар,
Билгичтерден баары бар.
Кең Таласты жер жайлап,
Төрө Манас султанды
Кан көтөрүп дем байлап,
Үзүлгөнү уланып,
Баатыр Бакай эрен бар.
Көк жал Манас төрөнү
Кан көтөрүп кубанып,
Ат семирип ык болуп,
Эр жыйналып кырк болуп,
Көк жалдын баары кабылып,
Эрен угуп кабарын
Мекен кылып Таласты
Алып келген кези экен,
Беттешкенди каратып,
Берен Манас көк жалың
Чалып салган кези экен,
Кыдыр даарып кыйланы
Алып турган кези экен,
Аңгемени кыйлага
Салып турган кези экен.
Эрени бар, каны бар,
Он эки бирге кол берген
Ойрон Бакай дагы бар.
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе жатышып,
Аргын, кыргыз ой тартып,
Кадимкидей Таласка
Конуп калган кези экен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп калган кези экен.
Шай колдогон шер болуп,
Он эки мүчө тең болуп,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Берендиги көрүнүп,
Доошунан жан чыгып,
Ак марал айдап уй кылып,
Алышканды буй кылып,
Көк марал кууп уй кылып,
Көздөгөн жоону буй кылып,
Өлөңдүү жерге өрт коюп,

Туландуу жерди тутантып,
Кум чогултуп таш кылып,
Кыраан Манас, эр көк жал
Кулдарды жыйып баш кылып,
Таласты ээлеп жер кылып,
Азган-тозгон аз элди
Кайра жыйнап эл кылып,
Кызыр чалган кыраанын
Кыйын башын шер кылып,
Беттеп душман барбады,
Ошо күндө беренге
Укурук кайырар калбады.
Жомогу кыйла кеп болду,
Кордукта элин чогултуп,
Аргын менен кыргызга
Салып койгон чеп болду.
Тилин билген адамды
Тилге салып багынтып,
Тиктеше келген душманды
Тим эле жүрүп жөөлөдү,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жерди Манас ээледи.
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр, - деген,
Кереге-уугу агачтан,
Түп атасы Алачтан,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Кайсы менде жанашкан!
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган,
Өзөндөн чаңы бураган,
Өлөңүн айтып чуулаган.
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Ач айкырык, куу айза
Канкор Манас барында
Казакты камап бир тартты,
Бет каратып, бир кайтты.
Алты-Шаар, Лоб дайра
Алым алып тургany,
Аккула тулпар бууданы,
Өчкөн оту тамылып,
Өлгөн жаны тирилип,
Көчүп келди көрдүңбү,
Улак кан аттуу тууганы.
Канаты карыш жетилип,
Кайран Бакай абакең
Карчыгадай камынып,
Кан Бакайдын өзүнө
Кайыптан акыл табылып,

Билбегенди билгизип,
Билимдүү Бакай карыя
Туйбаганды туйгузуп,
Туйгун Бакай олуя.
Кабак ачып, жүз көргөн,
Кайманадан кабылган,
Көк жалга башта кезигип,
Көк жал Бакай абакең
Мураа болуп табылган.
Кайран жандын кереги,
Жалгыз жандын белеги.
Ободон жылдыз болжошу,
Артык Бакай, асыл эр
Арслан эрдин жолдошу,
Ажыбай, Бакай эгиз кан -
Канкоруңдун жөкөрү.
Келген чоро эгизден
Шууту менен Ырчысы,
Бет алышкан жоо болсо,
Туу түбүнө турчусу.
Күлдүр, Камбар, Чалыбай
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Келген чоро улугу,
Кеби тентек, чорт кыял
Кырк чоронун бузугу.
Бузукчулук ойлогон,
Буттайын бузуп ийсе да
Буудан Манас кабылан
Бузду экен, - деп койбогон.
Серпишке кирчү Сереги,
Бу да кандын уулу экен,
Кан Манастын кереги
Келип конду Таласка,
Чоро болду Манаска.
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Төрт тарап менен жоолашса,
Төрө Манас баатырга
Төлгө тартып берери,
Адык кандын Акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Келип конду Таласка,
Чоро болду Манаска.
Алышкан жоодон кайтпаган,
Ажалдан кайра тартпаган,
Баабединдин Байчоро
Көпкөк темир кийинген,

Тынччылык десе күйүнгөн,
Жаңжал десе сүйүнгөн,
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Артык кандын Акжайнак
Эр адамдын ыктуусу,
Капыядан сөз баштап,
Кабак ачар мыктуусу,
Даанышмандын булбулу,
Боз баланын туйгуну,
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Кой казына козулуу
Кошо жолдош болду эми,
Манас кандын Боз уулу,
А да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Кандан кабар кеп угуп,
Кабылан Манас келди, - деп угуп,
Букарай Шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы,
Ошо Чамбылды жатып жердеген,
Чалышып адам жеңбеген,
Аксакалы бир кучак
Буудайык кандын Музбурчак
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Улак кан көчүп келгенде
Иши күлдөй жөнөдү,
Катыны эркек төрөдү.
Тоюна токсон союлуп,
Атын Сыргак койдуруп,
Мына ошондо Улак кан
Этегине салганы,
Ымыркай бала чагында,
Канкоруңдун алдына
Тартуу кылып барганы.
Өлтүрбөй багып, тирүү кыл,
Аман жүрүп чоңойсо,
Кырк чоронун бири кыл.
Багып алсаң мураапың,
Баарысынан кыраанын,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган,
Курчтун болот кыргагың,
Багып алсаң жакшылап,
Ааламды бузар Сыргагың

Кызык сөздүн бирөөсү,
Багып алсаң өзүңө
Кырк чоронун бирөөсү.
(Мойнуна тумар тактырып,
Казы чайнап, май берип,
Чыйырдыга бактырып,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Колуна алып салмактап,
Ымыркай болгон баланы
Эптеп туруп көрчүдөй,
Энчи бөлүп берчүдөй.)
Анын бери жагында -
Төө көтөргөн Акаяр.
Чындап жини келгенде
Калайманды баштаган,
Төөнү жаза муштаган,
Келип жетти Таласка,
Чоро болду Манаска.
Ат семирип ык болду,
Ааламды бузган көйкашка
Чогулушуп кырк болду.
Тонсуз келди бир чоро,
Тонсуз келген чорого
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото кең жака,
Керишке кийсе ок өтпөс
Тон кийгизди зор Манас.
Атсыз келди бир чоро,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Ат мингизди зор Манас.
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш
Бөлүп берди зор Манас.
Элсиз келген чорого
Аргын менен кыргызды
Бөлүп берди зор Манас.
Катынсыз келди бир чоро,
Катынсыз келген чорого
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган сулуудан,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулуудан
Алып берди зор Манас.
Оромпой салып, ордо атып,
Чатыраш ойноп, даң салып,

Көк сүлөөсүн бөрктөрүн
Ыргап жатып калышты,
Көңүлдөрү катуу өсүп,
Жыргап жатып калышты.

## 22 Манастын Алөөкөнү жеңип кан көтөрүлгөнү[3]

Кабылан Манас кан чыгып,
Каарынан жан чыгып,
Ээлеп турган кезинде
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң
Ак үйлүү аким эр келип,
Азабына жан түтпөй
Кара жер кошо тербелип,
Доошунан жан чыгып,
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Айбаты катуу, заары күч,
Ал Алөөкө кыйын кан
Катылганды кылат түз.
Атышты арбын салыңыз,
Айбаты башка Алөөкө,
Алакандай бусурман
Арсландыгың чын болсо,
Ажыратып алыңыз.
Маргаланда так минип,
Тунуп турган кезеги,
Каяшаяк бергенди
Койдой кырып Алөөкө
Кырып турган кезеги,
Өз билгенин Алөөкө
Кылып турган кезеги,
Каяшаяк бергенди
Ташын талкан чыгарып,
Кырып турган кезеги.
Алты-Шаар, Маргалаң
Темир аркан торунда,
Кутула албай турабыз
Алөөкөнүн колунда.
Алөөкөнүн алымы,
Ажыратып албасаң
Артып барат залими.
Коконго кордук салыптыр,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Ай сайын алым алыптыр,
Алымына чыдабай

[3] Түп нускада мындай тема жок

Кайран эл чуулап калыптыр.
Ургаачыдан узду алды,
Зордук кылып талкалап
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кызды алды.
Бажы кылып малды алды,
Алөөкөнүн каарынан
Баары журт качып сандалды.
Кожолорду коройтту,
Айыл башы адамдын
Баарын бирдей соройтту.
Өгүзүн тартып, малды алды,
Өзүң жардам кылбасаң
Өлүп журтуң сандалды.
Алөөкө артык кан чыкты,
Айбатынан жан чыкты,
Түпкө түптүз жетет, - деп,
Түңүлүп жандан турабыз,
Түгөл кырып кетет, - деп,
Ак үйлүү келген Алөөкө
Аңгемеси мына бул.
Алөөкөнүн жанына
Каттап адам барбады.
Кежир экен ал чочко
Кез болгон өлбөй калбады.
Кожону союп коройтту,
Алты-Шаар, Кокондон
Эшендерди кармады,
Алөөкөнүн колунан
Кармалган аман калбады,
Күчөп барат күн сайын
Алөөкөнүн жаңжалы.
Ак үйлүүдө Алөөкө
Журтка угулду атагы,
Арбып барат күнүгө
Алөөкөнүн чатагы.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Айбаты башка, заары күч,
Алымды бат бербесе,
Кырып-союп кылды түз.
Маргалаңдын калаада
Ордосу бар, тагы бар,
Ойлосок жандан түңүлдүк
Чоң чатагы дагы бар.
Эшигинин алдында
Каарданса салуучу
Казып койгон ору бар,
Ары жак жагын карасаң
Катылса кайра куткарбас,

Камдаган балбан зору бар.
«Айт!» дегенде каптачу
Албан түрдүү зору бар,
Калдайы бар, каны бар,
Кан Алөөкө алдында
Кан ичердин баары бар.
Шуру отогот, маржан таш
Алөөкөнүн колунда
Эрени балбан аралаш.
Каары күчтүү балбанга
Каттап адам барган жок,
Каарданган чочкодон
Каттаган аман калган жок.
Алөөкөнүн ажайып -
Аңгемесин сураба,
Бел байлаган бели бар,
Берен экен Алөөкө,
Бек бекиген жери бар,
Айтып турсак түгөнгүс,
Ааламга татыр кеби бар,
Ок өтпөгөн тону бар,
Ойронуң чыккан капырдын
Опсуз калың колу бар,
Бадана кийген баатыр бар,
Барганды кайсап салуучу
Балакеттүү капырлар.
Алөөкөнүн ажайып,
Ажайыпты сураба,
Жосуну бөлөк Алөөкө
Жолборсу он үч төлдөптүр.
Доошунан жан чыгып,
Ал Алөөкө баатырга
Жолоп адам келбептир.
Андан ары барганда,
Адамды чаап өлтүргөн
Кылыч тумшук били бар,
Алөөкө оңой кан эмес,
Кымбатым Манас, билип ал.
Кериктен баккан жүзү бар,
Бу дүйнөдө жырткычты
Такыр жыйган каркыбар.
Андан ары тартканда,
Каттаганды соруучу
Он эки жылан кара мар.
Андан ары басканда,
Караганды кайсачу
Тайбастан баккан үчү бар,
Бир тайбастын өзүндө
Тогуз жолборс күчү бар.

Ажайыпка бактырган
Аюусу бар, бөрү бар,
Барган жан аман келбеген
Балакеттин көбү бар.
Алөокөдөн коркомун:
«Жолоп адам барбайт, - деп,
Жолу каткан капырга
Жологон аман калбайт», - деп.
Кокон кандын Козубек,
Маргалаңдын Малабек
Жерин чалып көрүптүр,
Барып көргөн балбандар
Жүрөгү чыгып өлүптүр.
Бейкабар жерге келдиң, - деп,
Кармап алып Алөокө
Кайратты катуу салыптыр.
Өлчөп жерин чалам, - деп,
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Баргандын баары кырылып,
Азыраак киши качыптыр.
Кан Алөокө баатырдын
Кабарын ар ким билиптир,
Бара калган адамдар
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап чогуу өлүптүр.
Түпкө түптүз жеткидей,
Түгөтүп кырып кеткидей.
Алөокөнүн аскери
Жүрүп кетсе чаң чыгат,
Алөокө каар салат, - деп,
Ойлогон жандан жан чыгат.
Анжыянды жердеген
Айкожо ата мен элем,
Келгенден бээлеп кеп уктум,
Журтун жыйнап, жер ээлеп,
Канкор Манас кабылан
Таласка келди, - деп уктум.
Атышаарың - Алөокө,
Арбын кыргын салыңыз.
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң -
Эр экениң чын болсо,
Алөокөнүн колунан
Ажыратып алыңыз.
Салышарың - Алөокө,
Аз бусурман журтуңдун
Айласын эми табыңыз!»
Ала чапан Айкожо
Айтып турду мындай кеп.

Манас кандын кырк чоро
Кымбаты Бакай баш болуп,
Ары-бери дүбүрөп,
Кармашары - Алөөкө,
Калың журт дүрбөп калды эми.
Алты ай минсе арыбас,
Айкөлүңдүн Аккула -
Күлдүр, Боз уул эптүү уулга
Онжоңдотуп каранды
Чоң Кула атты токутуп,
Каарданып кабылан,
Калайыкты чочутуп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Сырттандын жайы ушундай -
Сыягы башка, заары күч,
Баатырдыгы башкача,
Таалайы артык көй кашка
Чабышканды кылат түз.
Баатыр минтип турганда,
Көк жал Бакай абасы
Көк тулпар минип камынып,
Көк жал Бакай абаңдан
Көп кеңештер табылып:
«Ак үйлүүдө Алөөкө
Кыйла жанды камаптыр,
Кыйла мүлкүн алыптыр,
Кыйшаңдаган адамды
Кыргын кылып салыптыр.
Кызыккан экен Алөөкө,
Кызыталакка баралы,
Кыргындашып калалы,
Ал Алөөкө баатырга
Амал жетип, күч келсе,
Алты-Шаар, Маргалаң,
Аягы Кокон, Самаркан
Кутуруп жаткан душмандан
Ажыратып алалы!
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын күлү учкуча,
Ал чочкого баралы.
Айзалашып турушуп,
Айкайлашып урушуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаңжалды кыйын салалы,
Жаның күйгөн доңуздан
Жанып жаткан аз элди
Ажыратып алалы!
Күйүттү күчтүү салалы,

Күчөгөн экен Алөөкө
Күрпөңдөшүп калалы,
Артык заар Алөөкө
Айгайлаша баралы,
Кызыктуу кыргын салалы.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыргын тийген эмедей,
Кызыталак чочкого
Кыйрашып жатып калалы!
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кырк чоро эмес, кырк жоро,
Бул Таласка келгени
Курсагың ачып баратса,
Жаяны кесип жей бердиң,
Жанымда Манас бар болсо,
Жалпы баарың чуркурап,
Жаң-жуңду бузам - дей бердиң.
Кардың ачып баратса,
Каары толук, кырк чоро,
Казыны кесип жей бердиң,
Кашымда Манас бар болсо,
Калдайды бузам - дей бердиң.
Кудай сүйүп, бак айдап,
Алдыңа дөөлөт, бак келди,
Кыргыл, Бакай карыңа
Кырыла турган чак келди.
Ат семирип ык болду,
Эр семирип бук болду,
Билсең Манас төрөгө
Ала-Тоодой бак конду,
Идерлүү жигит, күлүк ат
Байдасы тиер чак болду.
Төрөсүнгөн Алөөкө
Кытайдын мыкты каны - дейт.
Алты-Шаар, Маргалаң,
Аяк жагы Самаркан,
Экөөнүн орто жерине
Ак үйлүү болуп калыптыр,
Арбын дүйнө, көп малын
Зордук менен алыптыр.
Катылганды буй кылган,
Атагы кыйын кан, - деген,
Алөөкөнүн өзүндө
Так өзүнөн туулган
Алтымыш уулу бар, - деген.
Айбаты кыйын, заары күч
Алөөкөнүн кабары,
Жакындаша баралы,

Жаалы катуу ит менен
Жаман уруш салалы.
Кабарын укту кан, - деди,
Алөөкөнүн колунда
Камдалган балбан бар, - деди.
Өкүмсүгөн капырга
Өйүз-бүйүз туралы,
Кармалашып ал итти
Каканга чейин кубалы.
Кармалашып, чабышып,
Күчөгөн экен Алөөкө -
Капкайда жинин кагалы,
Күтүп тур - дейт ажайып,
Ажайыпка камайлы,
Алуучу болсоң мүлк ошол
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Алтындарын талайлы.
Алты ай тынбай издесең
Алышар мындай табылбайт,
Канкор баштап, кырк чоро
Дал өзүбүз баралы,
Айыкпаган үлкөн чуу
Алөөкөгө салалы.
Чалгынга минген тулпарын
Желбегидей кылалы,
Кызыталак чочкону
Какандан кайта быякка
Келбегидей кылалы!
Басып келип баарыбыз,
Баатыр Манас барында
Бакбаяктан байлайлы,
Баштыктарын жайлайлы!
Ак үйлүү турган ал кандын
Алганын талап алалы,
Аким болгон Алөөкө
Алышып кыргын салалы,
Ажайыбын түз кылып,
Чынарын кыркып кулатып,
Салып койгон коргонун
Туш-тушка жыгып кулатып,
Эсил Манас барында
Эрдикти эпсиз салалы,
Суу ич десе, уу ичип,
Кырылып жатып калалы!
Балтырлашып чабышып,
Бардигер жинди кагышып,
Баатырдын аман чагында
Барып жаңжал салышып,
Жер чал десе, суу бөгөп,

Желмогуздун бирисиң,
Бөрк ал десе, баш кескен
Кымбатың артык эренсиң,
Кыркың кырк жерден келген беренсиң» -
Бакай айтып мындай кеп.
Ажыбай, Бакай эки кан
Алөөкө көздөй дүргүшүп,
Доолбасты жайланып,
Кыраандардын баарысы
Кынсыз кылыч байланып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жалдардын баарысы
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өөдө асташып,
Койгулашкан душманды
Коёндой жерге жанчташып,
Кан Манастын кырк чоро,
Ажыбай, Бакай эгизи,
Ааламды бузар теңизи
Алөөкөгө бет алып,
Арслан Бакай абакең
Алтын туусун көтөрүп,
Тиктегени - Алөөкө,
Ордодон чыгып оңкоңдоп,
Айкөл Манас артынан
Ар кимиси кырк чоро
Ала-Тоодой зоңкоңдоп.
Булдургөлүү чоюнбаш
Билекке ороп шашышып,
Айкөл шердин артынан
Кырк жайсаңдын баарысы
Дөңкөң-дөңкөң басышып,
Жар-жоро болуп жүрүшүп,
Азаматтар баарысы
Жалаң тулпар минишип,
Алда берген бул бир бак,
Өрүүн боло калганда
Төрөсү минчү төөдөй так
Аземдетип бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Кырк чоро менен кан Манас
Асманга учту топурак,
Арслан төрө ошондо
Алөөкөнү карата
Аттанып чыкты топурап.
Калкан, соотун кийишип,
Камынып жүрдү ошондо
Алөөкө көздөй жүрүшүп,

Манас каптап баргыча
Аны мындай таштайлы.
Алөөкөнүн чатагы
Андан кабар баштайлы.
Ажайыпчы, сыйкырчы,
Амалы жетик жан экен,
Алты жылдык болорду
Азыр айтып берүүчү
Алөөкөнүн алдында
Сексен аяр бар экен,
Бичигин тиктеп калышып,
Сексен аяр балбаны
Өөдө-төмөн жүгүрүп,
Даңсаларын көтөрүп,
Жаны калбай күйүнүп,
Кан алдында аярлар
Аркы-терки басышып,
Антаңдашып шашышып,
Аярды кудай уруптур,
Алөөкөдөй чоң канга
Кабар салып туруптур.
Тизелери бүгүлүп,
Жаны калбай жүгүнүп,
Басканынан чаң чыгып,
Алакандан кан чыгып,
Качан болсо кан аты
Канын көрсө балбандар
Жүгүнө турган адаты.
Кан алдына барганда
Айтып турду албан кеп:
«Аярлар келдик алдыңа,
Биз билгенди билдиңби,
Биз туйганды туйдуңбу?
Казылган калың ор келет,
Кабарыңда бар бекен,
Кадимки Манас зор келет,
Манас келсе оң кылбайт,
Кайран жанга зор келет.
Буурсунду бурдурбайт,
Буруттан Манас эр чыкты,
Бул Анжыянга турдурбайт.
Чабышып чама келе албайт,
Кызыталак бурутка
Чалышып адам жеңе албайт.
Алтайдан Манас туулган,
Эсенкандын элине
Салып келди чуулган.
Кылымдын иши адаша,
Кытайга салды тамаша.

Кара саат Манас кан -
Кай кылыгын айталы,
Кыйлага кызык кылды - дейт,
Бет алышып урушуп,
Бээжиндин журтун кырды - дейт.
Буласын булап алыптыр,
Эсенкандын элине
Бузукту мыктап салыптыр.
Ар чатагын бат кылды,
Колуна тийген кечилди
Такыр биттеп ат кылды.
Каарды катуу баштаптыр,
Манастын каарын көргөндө
Кан Эсенкан ошондо
Чет-Бээжиндин ары жакка
Качып кете таштаптыр.
Кочкулардан койбоптур,
Балбандардын, дөөлөрдүн
Баарын кырып оңдоптур.
Куткарып элин чыгыптыр,
Орго, Дөңгө балбандын
Баарысын жерге тыгыптыр,
Канды суудай агызып,
Каракандын тукуму
Канкор бурут чыгыптыр.
Өрдөй конуп Таласты,
Качкан-бозгон кыргыздар
Кайта баштан чогулуп,
Кан көтөрүп салды - дейт,
Кабылан төрө Манасты.
Чоро күтүп, кол жыйнап,
Чоң эрдикти кылды - дейт,
Кез болгон кытай-манжууну
Койдой мууздап кырды - дейт.
Буруттан Манас эр чыкты,
Жүзү бузук түрүндө,
Өрттөнүп кеткен ал бурут
Бизге душман зилинде.
Оңой Манас уул эмес,
Оңдурууучу кул эмес.
Кайыбынан кабылып,
Кан ичердин баарысы
Ар сайдан келди табылып,
Бээлебей туруш болобу,
Ааламды бузган ал канкор
Беттешсе аман коёбу?
Кез болгонду соо кылбайт,
Ошо Манас канкоруң,
Бизди билип, анткоруң

Тилчи качып барды - дейт,
Тилегиң кабыл болбогур,
Тим эле кабар салды - дейт.
Муну менен эр Манас
Азыр сизге келүүгө,
Капканын оозун ачууга,
Жыйган алтын казына
Жылас кылып чачууга,
Тулпар жыйнап, кол жыйнап,
Ар азапты мол жыйнап,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Жабылып бурут кетпесин,
Төрө, ойлонуп муну бил!
Төбөбүздөн баспасын,
Төрт түлүктү чачпасын,
Калдайды карап кылбасын,
Калтырбай такыр кырбасын.
Манастын кырар себеби -
Дарты күчтүү кеби бар,
Түгөнбөс сизде кеги бар.
Чапчышпай Манас калабы,
Кызыталак ал бурут
Кек албай туруп калабы?
Ак үйлүү турдук канча жыл
Кечигип туруп нетели,
Алдырып салды кытайың
Жүр, Алөөкө, кетели!
Азыр кетсек жаңжал жок,
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак
Ушу Манас канкорго
Укурук кайырар калган жок.
Аты угулса Манастын,
Аярдын башы Чоң Билер -
Боконо сөөгүм болкулдайт,
Бокту ичегим солкулдайт.
Маргалаң бизге жер эмес,
Манас бизге эл эмес,
Мында туруп нетели,
Жүр, Алөөкө, кетели!
Тоо аркалап салалы,
Токтобой качып, биз эми
Каканга кирип баралы!
Жыйып алган бул алтын
Жылма болсун таштайлы,
Кечигип туруп нетели,
Качырга баалап жүк артып,
Качар жакты камдайлы,

Мында туруп албайлы!
Турсак Манас оң кылбайт,
Баарыбызды соо кылбайт.
Аярың айтты билип ал,
Ай, Алөөкө, тилимди ал!
Эртели-кечти урушса,
Энеси талак Манастын
Эли мында турбайбы,
Эптеп бузук салууга
Жери мында турбайбы!
Оңой Манас уул эмес,
Одураңдап бажы алар
Маргалаң эли бул эмес.
Ак үйлүү болуп бул жерге
Эрдигиң ашты Күлкана.
Алты-Шаар, Маргалаң
Анык айтып берели.
Кытайдан калган букараң
Алтынын жыйып бажы алдың,
Артык чатак чыр салдың.
Бу жерге жатып нетели,
Жүр, Алөөкө, кетели!
Кырк чоронун билгичи,
Айзакерден илгичи,
Ажыбай, Бакай - эки кан
Кызыталак канкорго
Барып жолдош болду - дейт.
Ай-ааламдын баарысын
Айкөл Манас сорду - дейт.
Жеке башы миң болуп,
Жергелүү эли кылымга
Канат жайып дүң болуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Оордугу тоодой жан болуп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эрмеп колго алды - дейт,
Аргын менен кыргызга
Султан болуп калды» - дейт.
Аяр муну айтканы,
Аярынан кеп угуп,
Артык капа баштады,
Аң-таң калып Алөөкө
Минген алтын тагынан
Кулап кете таштады.
Мына ошондо Алөөкө,
Аярынан кеп угуп,
Атактуу Манас чоң канкор
Канетсе келет, - деп угуп,
Болот эшик капкасы,

Ал эшиктин оозунда
Алөөкөнү кайтарып,
Багып турган бакмачы,
Албан түрдүү жандары,
Өлүм орток, жан бирге
Өзүнө жакын жандары,
Акылы терең улугу,
Албан түрдүү тунугу.
Алөөкө жайы мамындай -
Кароолго чыкчу мунара,
Мунара жайын сураба,
Мунарга жарык жагылып,
Доолбас бекем кагылып,
Доолбас билдин териси,
Балбандар чокмор урганда
Көчүп кетет ошондо
Маргалаңдын кериси.
Доолбас үнүн укканда
Эмине шумдук болду,- деп,
Ашып-шашып антаңдап,
Чокморчону, балбаны
Кандан кабар келди,- деп,
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Жыйылып келип калганы.
Отоготтуу жандары,
Капка баккан балбаны
Жоо келгендей дыркырап,
Канына чуркап калганы.
Кылыччаны, ыктуусу
Кыргын тийген эмедей,
Кыжылдады мыктуусу.
Калк жыйылып келгенде
Өлчөсө каның муну айтып:
«Атаңдын көрү, балбаным,
Калбасын менде арманың,
Балбандарым, ат камда,
Ат камдасаң бат камда!
Эр башына тулпардан
Экиден күлүк ат алгын,
Керек болор буюмду
Кечикпестен бат алгын!
Казына оозун балталап,
Кечиктирбей ачкыла,
Сан казына, көп дүйнө,
Кызыл алтын, ак күмүш
Кыйратып баарын чачкыла!
Сарпайыны бүктөгүн,
Сары алтындын баарысын
Качырларга жүктөгүн!

Чалгын чалып, катуу жүр,
Бул тилимди албасаң,
Мээнетти бекем көрдүңөр,
Берен Манас бир келсе,
Бирөөң калбай өлдүңөр!»
Сарайдагы тулпарга
Сакчылардын баарысы
Окто колго алышып,
Оңой эмес бул бүлүк -
Чуркап жүрүп калышып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Камгак учкан эмедей
Казына оозу ачылып,
Толуп жаткан алтындар
Талаага кетти чачылып,
Чачылып кеткен олжону
Бакырлар таап алышып,
Баары ушундай болсун,- деп,
Кубанышып бакырлар
Коюнга ката салышып,
Эл көңүлү жай болуп,
Бакырдын баары бай болуп,
Чачылып кеткен дүйнөдөн
Балдар таап алышып,
Коюнуна салышып,
Жаңгак сатчу жерине
Чуркап кирип барышып,
Ак теңге булдун баарысын
Ал жаңгакка сатышып,
Чыга калып боз балдар
Жаңгактан чүкө атышып.
Киши билбес ой болуп,
Алөөкө кан качарда
Ат капталдан той болуп,
Бакыр-мискин сандалып,
Кытайга не болду? - деп,
Калайык айран-таң калып.
Кыйын Алөөкө карысы,
Карап турса кытайлар
Кыжылдады баарысы,
Капкачысы, сакчысы,
Кароолчусу, сынчысы,
Калбай баары чогулду.
Тулпарга жүгүн артышып,
Дарбып-дүрбөп шашышып,
Кылыччандар кылкылдап,
Жаачылар, эрлери
Билге алтынын артышып,
Эр Алөөкө баатырга,

Кан белгиси ушундай,
Алөөкө жайын сурасаң,
Көөрдөн топчу муштумдай,
Көк күбөнү жамынып,
Көрөр болсоң Алөөкө
Бээжинге качты камынып.
Эр Алөөкө кашында,
Жети миң кытай, сан калдай
Созолошуп дүрбөшүп,
Ашып-шашып антаңдап,
Качыр менен төөлөргө
Алтын жүктөп калтаңдап,
Желдеттери, калдайы
Шапа-шупа ат жүктөп,
Шамдагайы болжолсуз
Шапа-шупа бат жүктөп,
Эр Алөөкө баатырга
Тулпар токуп, ат камдап,
Улук экен Алөөкө,
Ушунчаны бат камдап.
Желбеген жорго мингизип,
Желбегей торко кийгизип,
Берен экен Алөөкө,
Беренжини салынып,
Бээлеп билип Манасты
Бээжинге качты камынып,
Карыпчыны байланып,
Качмак болду Алөөкө
Каканды көздөй айланып.
Кымбат торко, буулумду
Кыйгачынан бүктөтүп,
Кудайым,- деп сыйынган
Колодон кылган бурканды
Кызыл билге жүктөтүп,
Күтүп алган казына,
Ажайыптын баарысын
Талак кылып чачыптыр,
Кабарын угуп Манастын,
Кайрылбастан Алөөкө
Каканды көздөй качыптыр.
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Эки өркөчүн көрүнтүп,
Чуудаларын бөлүнтүп,
Төө күчтүүсүн алыптыр,
Төбөңдөн тийген Алөөкө
Алтын жүктөп калыптыр.
Айгыр жалдуу, бээ курсак,

Карабайыр казанат -
Ат мыктысын алыптыр,
Арбак урган Алөөкө
Аянбай качып калыптыр.
Курган эри бир бирден
Куржундап алтын артыптыр,
Көп казына, сансыз мүлк
Сарып кылып чачыптыр.
Бейлеп билип Манасты,
Бет алып эми Алөөкө
Бээжинди көздөй качыптыр.
Арбын малын чачыптыр,
Аярдын билген сөзүнө
Акыл ойлоп Алөөкө
Анжыны көздөй качыптыр.
Аярдан артык кеп угуп,
Айкөл Манас, кабылан
Биздин келип ордону
Басат экен, - деп угуп,
Жетик дилде, көөр таш,
Жакут, маржан аралаш
Шири идишке салдырып,
Анжыянды басыптыр,
Эркеч-Тамды ашыптыр,
Кашкар каны Алабек -
Төбөсүнөн басыптыр.
Көк Кашкардын өзүнө
Калайманды салыптыр,
Катуу мүшкүл иш кылып,
Качыр, төөсүн калтырбай,
Алөөкө тартып алыптыр.
Күн чыгыш бойлоп жакалап,
Таштуу жерди бакалап,
Ат, качырдын баарысын
Абыдан мыктап такалап,
Алөөкөнүн качышы
Көңүлдү жаман оорутуп,
Көлүктүн баарын жоорутуп,
Жүз кишиге бир жакшы
Башчы коюп айдатып,
Калың аскер, калың төө
Кыстап көзүн жайнатып,
Элүүсүнө бир башчы
Коё салып айдатып.
Көлүк чайлап талпылдап,
Кызыталак Алөөкө
Көргөн экен бирди,- деп,
Көп аскер тилдеп шалпылдап,
Качып-үркүп антаңдап.

Аскерлери шыбырап,
Бири-бирине кыбырап,
Качып жүрүп маминтип,
Кантип өлөр экенбиз?
Каканчынга жеткиче
Алты айчылык жол эле,
Бээжин ысык жер эле,
Кытай ыраак эл эле,
Кээ бир жери Бээжиндин
Кырк күнчүлүк чөл эле.
Жандуулар чыдап барбаган,
Кезиккен аман калбаган,
Кумга койгон кумганы
Куркурап чыгып кайнаган.
Эси жок жаман айдады,
Эс-акыл бизде калбады.
Чама кетип, ал бүтүп,
Белде калар бекенбиз?
Таңдай кургап, көз жайнап,
Чөлдө калар бекенбиз?
Жаш күчүктей кыңылдап,
Арам өлөр бекенбиз?
Кутурган экен Алөөкө
Чөлдө кашык суу таппай,
Жаман өлөр бекенбиз!?
Ээн талаа, чөлгө кабылып,
Арам өлөр бекенбиз!
Бээжинге жетпей бери жакта
Жаман өлөр бекенбиз!
Алты-Шаар, Кокон кан,
Аяк жагы Самаркан,
Алым салып абыдан
Бажыга малын жечү эле,
Казына күтүп, мал жыйып,
Кутуруп жаткан кезинде
Катуу мүшкүл доо келсе,
Чалдырбаймын дечү эле,
Кулак угуп, көз көргөн
Алп-дөөлөргө дечү эле.
Көп дүйнөнү чачканы,
Кызыталак Алөөкө
Көлүктүн баарын жоорутуп,
Көңүлдүн баарын оорутуп,
Бээжинди көздөй качканы -
Эмине шумдук, кандай иш?»
Аскерлери муну ойлоп,
Оюна көнбөйт Алөөкө.
Жалпы Какшаал сыдырып,
Жаман сууну кыдырып,

Кара талаа басыптыр,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Күндөп-түндөп качыптыр.
Жылгын-Талаа, Таш-Кечүү,
Эр Алөөкө баатырдын
Өзү көргөн маш кечүү,
Кум-Арыктан кечиптир.
Куюлган Ак-Жар тыягы,
Кутулдук кулдан эми,- деп,
Кулан, Ак-Чий кең талаа
Жүк түшүрүп калды - дейт,
Мал өргүтүп алды - дейт.
Качып кетти Алөөкө,
Аны мындай таштайлы,
Баатыр Манас канкор шер,
Ээрчиткени Ажыбай,
Ошондон кабар баштайлы.
Ажыбай, Бакай каны бар,
Оттон кайра тартпаган
Кырк кыраандын баары бар.
Алөөкөгө кол салчу
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Айчыгы алтын туу алган,
Асманга чаңы чубалган,
Кырк чоронун кийгени
Кош бадана торгой көз.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Каар бетине айланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кырк чоронун мингени
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек.
Келиштирип ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Айза колдо былкылдап,
Баары катар жүрүшүп.
Кетмен соору, таш туяк,
Кенен жердин тулпарын
Баары тандап минишип,
Көк темирден туулга
Көмкөрүп башка кийишип,
Керней-сурнай тарттырып,
Кырктай кызыл нарларга
Ок-дарыны арттырып,
Ашпай-шашпай жылдырып,
Доолбас катуу урдуруп,

Доошу кулак тундуруп,
Эң алдында кан Бакай
Көк ырапыс тон кийип,
Көк чолок тулпар ат минип,
Айчык алтын туу алып,
Астында Бакай бош-боштоп,
Онжоңдотуп Кула атын
Он эки чоро бош коштоп,
Айзакерден ыктуудан
Ону бөлөк бөлүнүп,
Кайраты мыкты, заары күч,
Кан ичме түрү көрүнүп.
Кылыч чабар ыктуудан
Ону бөлөк бөлүнүп,
(Беттешсе мээнетти салчу түрү көрүнүп,)
Бет алгандын баарысын
Алуучу түрү көрүнүп.
Айбалтачан ыктуудан
Ону бөлөк бөлүнгөн,
Алөөкө эмес, ааламды
Алчудай түрү көрүнгөн.
Жаа тартуучу ыктуудан
Мындан ону бөлүнгөн,
Жазбай аткан мергенден
Андан ону бөлүнгөн.
Канкор эрдин өзүнө
Кайрат берип бакырып,
«Жолу каткан Алөөкө
Жоо кайдалап?» - чакырып,
Белгилүү Манас каны бар,
Айкөл Манас барында,
Ушу турган кырк чоро
Он сегиз миң ааламды
Карап кылар чагы бар.
Кутурган экен кырк чоро
«Жоо кайдалап?» - ээлигип,
Жортуул каалап, жоо издеп,
Чыккан экен желигип.
Кырк чоронун ичинде
Ала көөдөн дагы бар,
Акылмандын баары бар.
Ала көөдөн булкунуп,
«Жоо кайдалап?» - жулкунуп,
Кээ бирөөсү энтелеп,
Жөн эле чаап көрөт,- деп,
Ыгы жок кокус катылып,
Ажалдан мурун өлөт,- деп,
Кээ бирөөсүн кээ бирөө
Ээликтирип булкунтуп,

Эри өлгөндөй жулкунтуп
Алган экен жетелеп,
Кырк жайсаңдын баарысы
Катар жүрүп бакырып,
Каптап барат ошондо
«Манастап» ураан чакырып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кырк чоронун ар бири
Миң кишидей көрүнүп,
Кырк чоронун мингени
Эңчей тулпар кулача,
Маңдайында тумарча,
Баары күлүк көйкашка.
Жанындагы кырк чоро,
Бакай баатыр карысы
Тегиз тулпар малы бар,
Теңиз Манас барында
Алөөкө турмак ааламды.
Ала турган алы бар.
Кырк чоронун колунда
Асабалар калкылдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Ар бирөөсү ошондо
Бир сан колчо көрүнүп,
Бурамалуу жез айза
Букта кармап имерип,
Анжыянды чалгын,- деп,
Алөөкөдөй баатырдын
Ал-жайын билип, сен өзүң
Абыдан кабар алгын,- деп,
Ажыбайды жиберди.
Чайдоосу алтын, чай арзан
Чаалыккан жанды тойдурган,
Самаркандай калаа жок,
Кыйындар кумар кандырган,
Кыйшык ишти түзөгөн
Кырк чородой балаа жок.
Азган-тозгон кырк чоро
Айкөл эрдин жолдошу.
Айкайлашкан жоо болсо,
Айныбай кирип кол салчу,
Жарып берчү жолборсу.
Кан Манастын кырк чоро
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Жоон өпкө, күрсүлдөк.
Айзакерден сыягы,
Айбаты катуу жоолорду
Алып берер кыягы.
Жоодон кайта тартпаган,

Манас кандын кырк чоро
Өлүмдөн кайра качпаган.
Табылбай жолдош булары,
Артык кыргын чатакта
Ашпай-шашпай кырк кыраан
Туу түбүнө турары.
Кан Манастын кырк чоро
Чөп кеч десе, өрт кечет,
Суу ич десе, уу ичет,
Бөрк ал десе, баш кесет,
Күлдүр десе, ыйлатат.
Барабан кагып, чуу тартып,
Алып ийчү эмедей,
Айзасын белен сундуруп,
«Манас!» деген урааны
Баарыны кулак тундуруп,
Анжыянды чалууга
Ажыбайды жиберип,
Самарканды чабууга,
Мындан кабар алууга
Күлдүр менен Чалыбай
Экөө катар жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Самаркандын быягы
Ак-Талаага барганда
Аксакал байдын баласы
Аралбай чыкты алдынан.
Аралбай туруп муну айтат,
Айран калчу шумду айтат:
«Кан Манастын жөкөрү
Күлдүр менен Чалыбай,
Атыңдын оозун бура тур,
Антаңдабай тура тур!
Келгендерден кеп уктум,
Сыйкырчыдан көп уктум.
«Кара көк жал кабылан
Кырк жайсаңы кашында,
Манас келет, - деп угуп,
Кызыл алтын, ак күмүш
Кызык кылып чачты - дейт.
Кыргын тийген эмедей,
Кызыталак Алөөкө
Кытайды көздөй качты - дейт.
Кечилдери, дөөлөрү
Сан дүйнөсүн чачыптыр,
Жылан соргон эмедей,
Тыргооту кошо качыптыр.
Корккон окшойт чамасы -
Ит улуп калды, - деп уктум,

Маргалаңдын калаасы.
Мурадына жетиптир,
Кызыталак Алөөкө
Кыргын тийген эмедей,
Кызылдай качып кетиптир».
Аралбайдан кеп угуп,
Экөө чү! - деп жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Оозу менен алышып,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Баатыр Бакай карыга,
Манас баштап баарына:
«Асынганың кырк чоро,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Алөөкөдөн кеп уктум,
Азыр айтам аңгеме!
Кабарын уккан Алөөкө
Катынга чалыш эл экен,
Аныгын уксам ал чочко
Эр эмес, кара жер экен.
Баатыр болсо Алөөкө
Башташпайт беле кызыкты,
Кызыл жаян кан кылып,
Кылышпайт беле кызыкты.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Ачпайт беле кумарды,
Артык болсо Алөөкө
Албайт беле буларды.
Атаңдын көрү кырк чоро,
Таалайың кемип жетиптир,
Талкандашып урушар
Душманың качып кетиптир.
Таластан чыгып айланып,
Талкандашып турушпай,
Такыр жолуң байланып,
Жортсоң жолуң болбоптур,
Жоо кыйыны Алөөкө
Качып, жолуң болбоптур.
Эми кантип басабыз
Эркин жаткан талаасын,
Не бет менен чабабыз
Ээн жаткан калаасын?»
Күлдүр менен Чалыбай
Күйүттүү сөздөн салганы,
Көк тулпар менен ээлигип,
Көк жал Бакай кабылан

Астыга чыга барганы.
Кырк чоронун кыйыны,
Алтымыштын артыгы,
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан ойногон.
Капыяда сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Жаман айтса таңылбас,
Айдын караңгысында
Карсактын изине салса жаңылбас,
Баатыр Бакай баркылдап,
Кырк чоронун баарына
Кызык кеп айтып бек таштап:
«Айзакерден ыктууң чык,
Айбалта чабар мыктууң чык,
Күндөп-түндөп жол жүрсөк,
Ат аябай мол жүрсөк
Чыканактап тынч алба,
Чырым этип уйку алба!
Төбөгө келген жамандык
Төп көтөрөр мыктың чык,
Ак үйлүү жаткан капырга,
Ал Алөөкө баатырга
Сары изине чөп салып,
Саргара kууп калалы,
Куу изине чөп салып,
Кубара kууп алалы.
Төрөсү экен кытайдын,
Дөөкүрсүгөн Алөөкө
Төбөсүнөн басалы,
Жердин үстүн чалалы,
Жетик тулпар ат менен
Астын тозуп калалы,
Каканчынга жеткирбей,
Кара нээт чочкого
Каарды катуу салалы.
Төрөсү экен кытайдын,
Төбөңдөн тийген Алөөкө
Артынан жетип алышып,
Артык болсо Алөөкө
Айгайлашып салышып,
Көп көңүлүн басалы,
Олжолоп алган олжосун
Баарын журтка чачалы.
Азапты арбын салалы,
Атыш кылып чабышып,
Алтынын талап алалы,

Алда берсе акмакты
Узунунан салалы.
Онжоңдотуп ал канды,
Жолборстун аман чагында
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы.
Кырк чоро кыраан, катар жүр!
Айтканым ушу билип ал,
Алөөкөнү аңтарсак -
Баарың бирдей кырк кыраан
Байге алып чаң болдук.
Алөөкөгө алдырсак -
Чылбыр сүйрөп кан болдук.
Атышарың Алөөкө -
Азыр алчу душманың,
Беттешүүчү белиң бар,
Бээжинге чейин кубалык!
Мендеден бөлөк эриң бар,
Жетсек болбойт эч арман,
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кыраан Манас барында
Кылымга салгын чоң жаңжал».
Кырк чоронун кыраны
Кыйын Бакай эр ошол,
Тулпар кыйрап, эр чарчап.
Алөөкө кууган жер ошол.
Ач айкырык чуу болуп,
Айгайы катуу дуу болуп,
Бакайдын жайын сураба
Акылы артык, чоң билгич.
Билбегенди билгизген,
Туйбаганды туйгузган,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Айбаты кыйын, заары күч
Бакайды көрсөң, чоролор,
Жаныңдан эми күдөр үз!
Беренсинип, белсенип,
Берен Манас ошондо
Астыга түштү теңселип.
Бөтөнчө эрдин баары бар,
Жан аябай жол баштап,
Бөрү Бакай кабылан
Көк айза сунуп бойлогон,
Бакайдын жайы ушундай -
Көгала калкан ойногон.
Көк жал Бакай абакең
Көк айзасын ыргаган,
Берендиги белгилүү

Бет алса жоону койбогон,
Артык камбыл, ары шер
Акылы терең кеменгер.
Шумдукту билет алыстан,
Кан Манастын жөкөрү.
Кабылан Манас даанышман
Анжыяндын ары жагы,
Адыр-күдүр бери жагы
Ээн талаага салыптыр.
Муну менен байкасаң,
Жер союлуп калыптыр.
Басып өткөн жерлери
Кемер болуп оюлган,
Жер союлуп, чаң болгон,
Кеткени кыйла жан болгон.
Кеткен экен кытай,- деп,
Изге салды зор Бакай.
Астындагы көк тулпар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Колундагы сыр найза
Оңго-солго булгалап,
Ойрондук жайын билгизип,
Манас кандын кырк жайсаң
Изине салган кези экен.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алышты,
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алды эми.
Жоо дегенде сүйүнгөн
Манас кандын кырк бөрү
Баары кыраан тегиз эр,
Баары катар эгиз эр.
Түнөрүп жаткан дүмөккө
Түз кирип айза сунушат,
Түгөл кыргын болсо да
Бирөө калса урушат,
Качырышкан жоо болсо,
Качпай айза сунушат,
Катуу мүшкүл иш түшсө,
Өлгөнүнөн калганы
Катуу кайрат кылышат.
Өрттөн кайта качпаган,
Кан Манастын кырк жайсаң
Ажалдан кайта тартпаган,
Тулпар оозун жайышып,
Эрендин баары сүйүнүп,
Төрөсүнгөн Алөөкө
Бээжинине жеткирбей,

Төбөсүнөн бассак,- деп,
Бажыдан алган сары алтын
Олжо кылып омбутуп,
Орто жерге чапсак,- деп,
Кыйлаларын кыйратып,
Капталынан түшсөк,- деп,
Кагыш кылып өлтүрүп,
Кызыталак чочконун
Канын суудай ичсек,- деп,
Арадан кармап калсак,- деп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Ара жолдо салсак,- деп,
Баатырларын барбайтып,
Балакетке салсак,- деп,
Бажы алуучу мыктысын
Тазалап көзүн салсак,- деп,
Тыйпыл кырып аскерин
Өзүн байлап алсак,- деп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы
Тулпар оозун жайышып,
Турбай кууп карышып,
Адыр-күдүр жер басып,
Алда нече бел басып,
Айдай сары талаанын
Этек жагын басты эми.
Анжыян, Кашкар арасын,
Зоңкойгон тоону ашты эми.
Ары жагын караса,
Көз жетпеген мунарык -
Ары жагына түштү эми.
Караса көзгө илинбейт,
Мунарыктап бурчтанып,
Булуңгур болуп учтанып,
Кайсы экени билинбейт.
Кеткен жактан жаңылбай,
Абасы Бакай акжолтой
Астыга салса сан колдой,
Баскан изден жаңылбай
Ашып-шашып антаңдап,
Абыдан кууп алды эми.
Олжолуу малын чачууга,
Кармашары - Алөөкө,
Кырк чоро жолун ачууга
Жери Какшаал топурак,
Кырк чоро жүрүп кеткенде
Топурактын баарысы
Асманга учту топурап,
Жаман-Сууну жөлөндү,

Тулпар, буудан аралаш
Капкара чаңга бөлөндү.
Араандай оозу ачылып,
Эти кызып калышып,
Башын жерге салышып,
Өң тулпардын баарысы
Эти кызып калышып,
Кырк жайсаңдын кырк тулпар
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Көкүлдү көккө ыргытып,
Учуп кетчү эмедей,
Катар баары зыргытып,
Чыңыроон тарткан кең жайдан,
Чымчык учпас кең сайдан
Тозоңун тоодой буралтып,
Тоодой болгон кырк бөрү
Токтолбостон чуратып,
Белди бекем буунган,
Берен Манас көк жалдын
Таалайына туулган,
Беттешип чыга жоо келсе,
Сала жүргөн чуулган.
Жээк тартып кылкылдап,
Жергелешип былкылдап,
Кээ бир жерге келгенде
Айзанын башы кагышып,
Артык күлүк тулпардын
Оозу менен алышып,
Касаба колдо калкылдап,
Сай тулпардан аккан тер
Үзөңгүдө шалпылдап,
Ээр белдей белести
Эңкейип кирип барганда,
Бөтөнчүнүн сазына
Жаңы кирип барганда,
Бөрү Бакай алдында
Жан аябай кыраандар
Эрте сөзү кеч болуп,
Эр Алөөкө баатырга
Жетип айза салууга,
Түгөнүшүп калууга
Эки көзү төрт болуп.
Аккула менен Манас шер
Каарданып камданып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп.
Кең өзөндүн боюна,

Барып жетти эрендер
Кум-Дарыя оюна.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алышып,
Байкаганда Кум-Арык,
Атагы экен Лоб дайра,
Камалып жатып калышып,
Ай караңгы, күн бүркөк
Караса көзгө илинбейт,
Түнөрүп агып мамындай
Кайсы экени билинбейт.
Таң дүмпүйүп калганда,
Супа садык салганда.
Жер шоокумдап көрүнүп,
Жетик Бакай кан абаң
Кеткен жерден жаңылбай,
Кара кырчын, көп жылгын
Кум-Арыктын бою экен.
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Бойлоп эрлер жол жүрүп,
Ары тамам барганда
Сайроолоп суу бөлүнүп,
Кыр кечүүсү көрүнүп,
Шыта-Кечүү, Таш-Кечүү,
Алоокө кечер маш кечүү,
Изи менен суу кечип,
Кум-Арыктан өттү эми.
Көргөнгө болбойт эч арман,
Көк жал Манас барында
Кытайга салган чоң жаңжал.
Түгөнгөн тоонун тумшукка
Салып Бакай барганы,
Кайгуулдун жолун чалганы,
Берен Бакай абакең
Кароолго чыгып калганы.
Кароолду чындап караса,
Бөйрөк, Ак-Чий боюнда,
Акчык деген ары тоо
Куюлуп түшкөн оюнда,
Чоң Ак-Чийдин боюнда
Тигилген экен доңуздун
Алтын боолуу чатыры,
Конуп өргүн болуптур
Кан Алоокө баатыры.
Оргуп түтүн бөлүнөт,
Алоокөнүн сан аскер
Конуп жаткан көрүнөт.
Чыканактап уйку алып,

Чыңыроон тартып тынч алып,
Кулуну бар качырдын
Кулунун союп бой кылып,
Канкор Манас эренден
Кутулдук, - деп, ой кылып,
Тыргоот, манжуу дөөлөрү
Кыйшалактап кылт этпей,
Кууп душман келет, - деп,
Камырабай, былк этпей,
Жаткан экен Алөөкө,
Сандаган алтын, күмүштү
Олжо кылып буруттан
Арткан экен Алөөкө.
Түбү анык жылкы эмес,
Баккан малы куралы,
Кутургурдун баарынын
Куйган темир туягы,
Бар шайманы тептегиз,
Кутургуруң Алөөкө
Он сегиз миң ааламга
Алдырбай турган сыягы.
Кубаласа мал жеткис,
Булуттай учкан малы бар,
Жолунан илек жоо чыкса,
Алдырбай турган алы бар.
Алдырбай турган себеби -
Кыйын оор жүк жүктөсө
Кайышпай эч бир коюучу
Кызыл куйрук ары бар.
Кырк жылдан бери журт сурап,
Кытайлардын Алөөкө
Кутурган экен абыдан.
Чалыяр каптап кетсе да
Чабыша турган алы бар,
Эрикпей жүгүн артууга
Кериги бар, били бар,
Келип адам кол салгыс,
Алөөкөнүн дүмү бар.
Үйдөй чокмор колго алып,
Ар жабдыгы шайлалуу,
Алөөкөнүн жанында
Кырып ийчү эмедей,
Жаткан экен балбандар
Кынжылалып байлалуу.
Кынжыдан балбан бошонсо,
Кырып-союп өткүдөй.
Кудайдан жардам болбосо,
Кызыталак Алөөкө
Кыргын кылып кеткидей.

Кашалайдын жонуна
Кароолду мыктап коюптур,
Терең суунун боюнда
Балбандын теңи болуптур.
Аскер арбын, кол жыйнап,
Бул дүйнөгө Алөөкө
Алдырбай турган болуптур.
Алөөкөгө бакмачы
Сакчысы бар, дөөсү бар,
Балбаны бар, каны бар,
Алөөкөнүн жанында
Балакеттин баары бар.
Эрени бар, эри бар,
Эсепсиз кыйын шери бар.
Алтын боолуу чатырда,
Эр Алөөкө баатыр да
Алты катын алыптыр,
Алтымыш уулдуу болуптур.
Тутанып өлгөн бул чочко
Бул дүйнөлүк байданын
Бирөөн койбой жыйыптыр.
Аскер арбын, кол жыйнап,
Алган экен Алөөкө
Эрендерин мол жыйнап.
Оргуп түтүн бөлүнүп,
Топон суу толкуп кетсе да
Кызыталак Алөөкө
Алдырбастай көрүнүп,
Кылыч чабар ыктуу бар,
Жоо айласын куп билген
Жоон билек мыктуу бар.
Балта чабар баатыр бар,
Алөөкөнүн жанында
Айтса кепти укпаган,
Кыйкырса тили чыкпаган,
Айбандан жаман капыр бар.
Мүчөсү бөлөк, заары күч,
Кармалаша кеткенде
Кайран жандан күдөр үз!
Алөөкөнүн балбаны,
Бөтөн тоодой ар жаны
Беттешип менде барабы,
Берен Манас болбосо,
Беттеп адам алабы?
Опол-тоодой көрүнөт
Алөөкөнүн арааны.
Чатырынын алдына
Керик, качыр, тулпарды
Кержектетип байлатып,

Момо токоч, ылаңман
Жан казанга кайнатып,
Жаткан экен Алөөкө.
Алөөкөнү көргөндө
Бакайдын көөнү бөлүнөт,
Он сегиз миң ааламдын
Балбандары каптаса,
Баатыр Манас болбосо -
Алалгыс түрү көрүнөт.
Таш сайынган кытайдын
Далайлары мында экен,
Кармашканды кайсачу
Балбандары мында экен.
Маңдайында жүнү жок,
Кашкалары мында экен,
Жаралган адам уулунан
Башкалары мында экен.
Кан Алөөкө капырың,
Кайраты толук баатырың,
Ак үйлүүгө келерде
Кырк кандын эли кытайды
Бүткүл жыйып алыптыр,
Чубатууга салыптыр.
Каары толук башкача
Балбандан тандап алыптыр.
Көктөн чалбар кийишкен,
Каяшаяк бергендин
Как куйкасын тилишкен.
Кан ичмеден алыптыр,
Жаткан иттей кашы бар,
Жанказандай башы бар,
Жалаңкычтан алыптыр.
Качырганды ушулар,
Карышкырдай тийгидей,
Каардуу Манас болбосо,
Кармалашкан адамды
Тытып-тытып ийгидей.
Казанбактай калай ат,
Ар бирөөнүн кулагы
Көп жерди көргөн Бакай кан
Мендеден башка көрүнөт,
Бу кытайдын сыягы.
Көк жал Манас болбосо
Четине адам барабы,
Ченебеген журт экен,
Челишкен аман калабы!
Эр Алөөкө баатырың
Чатырга жатып калыптыр,
Чоюн баш алган балбандар

Тегеректеп алыптыр.
Качыр, керик мингени
Айбалта алып колуна
Ары-бери жүрүп жүр,
Чоң өгүздөй даңгыттар
Чагарактап үрүп жүр.
Ар борумун байкаса,
Балакетти салгыдай,
Катылышкан душманды
Каран салып башына
Балбандар байлап алгыдай.
Эңкейтип адам алгысыз,
Жолу каткан капырга
Жолоп менде баргысыз,
Бу дүйнөгө жаралып,
Албан түрдүү келген бар,
Айдын караңгысында
Алыс турган жандарды
Жазбай атар мерген бар.
«Кайда душман?» - дечү бар,
Кармап алса биздерди
Кой ордунда кайнатып,
Казанга салып жечү бар.
Беттеп менде баргысыз,
Беттешкен жеңип алгысыз.
Ашкан экен абыдан
Алөөкөнүн салтанат.
Аң-таң калып эр Бакай:
«Катылышсак кокустан,
Түмөндөп колу аттанат,
Кутулбас жаман ооруга
Эми куу жан капталат!»
Көрүп туруп Бакайдын
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Чарпышканга Алөөкө
Жалаңкыч сыны көрүнүп,
Алөөкөнү көргөндө
Абаң Бакай олуя
Капа болуп сабылып,
Жаратканга жалынып,
Алөөкөнү көргөндө
Бакай турду күйүнүп:
«Атаңдын көрү, Алөөкө
Кайраты ашык жан экен.
Калың кытай Бээжинге
Жаратылган чеп экен,
Ак үйлүүгө турганы,
Буркандыгы эп экен,
Калың журтту кыйратып,

Кылгандыгы эп экен.
Катуу бүлүк кыргызга
Кылгандыгы эп экен.
Ай караңгы бүркөлсө,
Түн эмине болор,- деп,
Кабылан тууган эр эле,
Манасты кудай сактай көр,
Катылышса капырга
Күн эмине болор?» - деп,
Сүт кымыран таң калып,
Болот учтуу сыр найза
Көк жал Бакай таянып,
Көк тулпар оозун бурду эле,
Алөөкөдөй чоң кандын
Ар борумун көргөндө
Аң-таң калып турду эле.
Берен да экен, жан да экен,
Беренди кудай сактай көр,
Биз эле эмес, Алөөкө
Ааламдык алы бар экен.
Эрдиги кара көк экен,
Тыргоот, кытай, манжуусу
Балбандары көп экен.
Аң-таң калып Бакай кан:
«Алда кандай болот?» - деп,
Ыңгыр-дыңгыр болду эми.
Айтып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Канкор Манас алдында,
Айчык алтын туу алып,
Ээрчиткени кырк чоро,
Манас чыкты чунайып.
Акыл айран бөлүнүп,
Айкөл тууган канкоруң
Абакеси Бакайга
Келе жатат көрүнүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштап карысы.
Бура тартып караса,
Буудан Манас арсландын
Мурда түрүн көрө элек,
Кара чаар кабылан
Качырчудай октолуп,
Алдына түшүп алыптыр,
Чолок көк жал арслан,
Канкоруңдун жолдошу
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Азыр алып салчудай,

Арслан эрдин жөкөрү
Артынан сүрөөн салыптыр.
Чилтендин бирөө сур жолборс,
Канкор эрдин жөкөрү
Катуу коштоп калыптыр.
Алп кара куш-зымырык
Азыр алып кетчүдөй,
Асмандан бутун салыптыр.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Кырк миң колдой көрүнүп,
Кылкылдатып айзасын,
Кырып ийчү эмедей,
Кыр-кырынан сунуптур,
Жылаңач Кызыр олуя
Жылоо салып туруптур.
Колдогону бир тогуз
Колдоп алган кези экен,
Үй айлана бергиче
Үйдөй кызыл тал бүтүп,
Үстүртөн кудай жар бүтүп,
Шай ата, Кызыр экөөлөп,
Онжоңдотуп Кула атын
Он эки чоро жетелеп,
Төөдөй болгон алтын так
Айбанбозго жүктөтүп,
Кызыр чалган кыраанын
Алөөкө турмак, ааламды
Аңтара турган алы бар.
Кыр-кырынан караса,
Кымбат Манас кыраандын
Кыйындык түрү көрүнөт,
Эрен да экен, шер да экен
Кыраан көк жал барында
Алөөкө турмак, ааламды
Ала турган чагы бар.
Кызырдуу мындай ким жүргөн,
Алөөкө турмак, ааламга
Арслан Манас көк жалың
Сала турган чоң дүрбөөн.
Астындагы Аккула
Алда берген мал экен,
Үстүндөгү Манас кан
Ушунчалык ааламды
Күтүп алчу жан экен.
Белгиси ачык көрүнүп,
«Берендей болуп ким» жүргөн,
Бекер эле коркуп жатыпмын,
Беттешкенге бул Манас
Салат экен чоң дүрбөөн.

Кайнап жаткан кытайга
Качырышып көрөйүн,
Канкоруңдун өзүнө
Караан болуп берейин.
Эптеп эбин табайын,
Эби менен урушуп,
Эсилим Манасты сактап калайын.
Шерим Манас турганда,
Кытай эмес кылымдын
Кандыгын тартып алайын,
Кайырдин окшойт Алөөкө
Кармалашып калайын, -
Деп, ошонтүп, зор Бакай
Манасты көрүп кубанып,
Баатыр шерге муну айтып:
«Жортсоң жолуң болуптур,
Жогуң жолго коnуптур,
Кызыр чалган кырааным,
Кырылышар чак келди,
Өткөрө турган туйгунум,
Өлүшө турган тап келди.
Жогуң жолго коnуптур,
Жортсоң жолуң болуптур.
Келберсиген канкорум,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Тим жаралбас туйгунум,
Тилегиң кудай бериптир,
Тиктеген жооң Алөөкө
Бет алдыңа келиптир.
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен туйганды туйдуңбу?
Бээжинге чейин куучу,
Түркүгү алтын чатырың
Бет алдыңдан кезикти,
Эр Алөөкө баатырың.
Кечээ, Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Талас эмес, далайды
Талкандай чалып көп жерге
Коруп алам дечү элең.
Алөөкөгө кезиксем
Андай-мындай дедирбей,
Соруп салам дечү элең.
Калыңга кирсең чаң мына,
Кырышсаң кытай ал мына!
Алтайдан бери көчкөндө
Айкөл болду атагың,
Алөөкөгө кол салып,

Арбыды баатыр чатагың.
Алөөкө кан эр экен,
Жыйып алган аскери
Кумурскадан көп экен».
Бакай айтып турганда
Кыргыл баштык карысы,
Кыйкырып колду салууга,
Кылчылдады ошондо
Кырк чоронун баарысы,
Манаска айтып тургуча,
Акылды арбын кылгыча,
Кашалайдын жонунан
Кароолу качып келиптир,
Кан Алөөкө баатырга,
Кайраты толук капырга
Кабарды катуу бериптир.
Ашып-шашып антаңдап,
Сакчыларын тебелеп,
Балбандардын баарысын
«Камынгын!» - деп жемелеп,
Алтын түркүк чатырга,
Кабар берди кароолдор
Алөөкөдөй баатырга.
«Эр Алөөкө, баатыр кан,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди, билдиңби?
Уктаса, уйку канбайбы,
Жатканда жамбаш талбайбы!
Чоң-Бээжинге кат учур,
Кат учурсаң бат учур.
Калың казган ор келди,
Кайнатылуу шор келди.
Күндүн батар жагынан
Оргуп-оргуп чаң чыкты,
Чаңга чыдап тура албай,
Ойлонсоң, менден жан чыкты.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк тулпар сындуу ат минген
Кайгуулга чыгып калыптыр,
Сырың менен чыныңды
Сынап көрүп алыптыр.
Анысы көрүп турганда,
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ок жетпеген ат минген
Белестен чыкты кырк бир жан,
Кыялын карап отурсам,
Кызыталак канкор өзү экен,
Сары изиңе чөп салып,
Саргара кууган кези экен.

Оң жагыңа качсаңыз
Эр кырылар чөл келет,
Сол жагына качсаңыз
Кайып качар жолу жок,
Камалып өлөр бел келет.
Алөөкө кан, ат камда,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Көч үстүнөн көрөбүз,
Аскериңди бат камда!»
Кабарчы мындай деген соң
Кан Алөөкө баатыры
Жанында Кутка канына,
Кабар кылды Алөөкө
Балбандардын баарына.
Миң аскерди чакырган
Алөөкөнүн белгиси -
Бил териси доолбас,
Жоондугу төрт кулач,
Үнүң уксаң ыраак кач.
Шашканда чабат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Жөн эле чыгат далдалы.
Доолбас бекем кагылды,
Көлүк коштоп, жүк арткан
Төө-төөсүнө жабылды.
Эр Алөөкө баатырга
Шашкалаң катуу көрүндү,
Кайнап жаткан жанказан
Коломтого төгүлдү,
Калдайлар атка камынды,
Тыргоот, манжуу чуу түшүп,
Ат-атына жабылды.
Алөөкөнүн жанында
Башчы улугу Тагылык,
Каражолтой капырдан
Кайнап жаткан көп улук.
Керней-сурнай тартылып,
Керикке алтын артылып,
Саксаңдашып балбандар
Ашып-шашып жүгүрүп,
Уйгу-туйгу дүрбөшүп,
Созолошуп жүр дешип,
Ашып-шашып антаңдап,
Жамандардын баарысы
Минген атын таба албай
Бөлөк атка жабышып,
Жаңжалы жаман артышып:
«Өз атың, таап мингин»,- деп,
Бирөөнүн атын мингенди

Тоголото тартышып,
Айза колдо короктоп,
Арбып-дарбып сороктоп,
Артына албай алтынын
Кээ бирөөсүн экөөлөп.
Кээ бирөөсү келжиреп:
«Алтын калып калды»,- деп,
Бойдок атын жетелеп,
Айласын таппай шашышып,
Аркы-терки качышып,
Киреринe көр таппай,
Качарына жер таппай,
Катуу бүлүк, чоң жаңжал
Болуп эми кетти эми.
Маңдайдан чыкты бакырык,
Кыядан чыкты кырк бир жан:
«Манастап!» - ураан чакырып.
Айгай кулак тундуруп,
Ак асаба туу болуп,
Алөөкөнүн казаты
Айгайлаган чуу болуп,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Көк тулпар менен зыргытып,
Көгала желек туу алып,
Көк жал Бакай абакең
Так алдында көрүнүп.
Арт жагынан бакырык,
Тоодой Кула ат минип,
Толгонуп көк жал Манас кан:
«Манастап!» - ураан чакырып,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Асмандан түшкөн Боз кисе
Боз кисени курчанып,
Алтын түркүк чатырга,
Алөөкөдөй баатырга
Манас кирди кол салып.
Алкым жактан Ажыбай
Айкырып айза сунду эле,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Абакең Бакай акжолтой
Кисени мыктап курчанып,
Жер жайнаган манжууга
Жеткен экен кол салып,
Манастан Бакай кем эмес,
Кемите коёр эр эмес.
Топурак учуп, тоз кайнап,
Эрен өлүп, көз жайнап,
Маңдай-тескей турушуп,

Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып урушуп,
Кудай сүйгөн канкор шер
Калайман салган ошо жер.
Эңкейиште эр сайып,
Эченди катар тең сайып,
Онжондотуп Кула атын
Оң-тетири чуратып,
Жеткен жерин майдалап,
Жетигиң Манас сулатып.
Алышпай эрлер жатабы,
Алдырып салдык жоого,- деп,
Ошо күндөн ушу күн,
Аксы болду атагы.
Туура жагын карасаң -
Ач айкырык, куу сүрөөн
Манас кандын кырк бөрү
Кытайга салды чоң дүрбөөн.
Кырк чоронун ичинде
Кыргыл баштык карысы,
Кырылып, жанды аябай
Кырылышты баарысы.
Жер өлчөөлөп турушуп,
Баатырдын жөнү ушундай,
Жекеме-жеке урушуп,
Берендериң барында
Беттешкени ушундай.
Белги кылып талааны
Бек майданга чыгышып,
Беттешкенин бир бири
Айза менен жыгышып,
Жекесине чыдабай,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Аламанды салды эми.
Кан Манас, Бакай, Ажыбай
Алөөкөнүн көп колу
Каптап жатып калды эми.
Кудай бетин көрсөтпө,
Капчыгай көчкөн эмедей,
Айза төштө такылдап,
Айбалта башта шакылдап,
Касаба колдо калкылдап,
Кылыч башта жаркылдап,
Аламанга киргенде,
Ашкере согуш болгондо,
Айза тийген эрендер
Четке тартып жадашып,
Качпаганы качканын,
Айза менен кадашып,

Караса көзгө илинбей,
Кум-Арыктын кең талаа
Кайсы экени билинбей,
Топурак учуп, чаң каптап,
Тулпарлардын баарысы
Чаңга оролуп жөлөнүп,
Согуштун жайы мамындай,
Тулпарлардын баштары
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Арбын болду атагы,
Алөөкөнү алганда Арслан
Манас төрөнүн
Катуу болду чатагы.
Адам өлүп, сай толуп,
Абаң Бакай карыя
Турган экен былк этпей,
Туу кармаган ал болуп,
Аргын кандын Ажыбай
Алкымды тозуп сайышып,
Ырамандын Ырчы уулу,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Колу күчтүү Байчоро:
«Качар жагы кайсы?» - деп,
Каңгай жагын тозуптур,
Андан бөлөк чоролор
Кыйкырып айза салыптыр,
Кырылышып калыптыр.
Кабылан Манас көк жал шер,
Кайратты кылып курган эр,
Берендер алган беш белги,
Беш-алты жерге орнотуп,
Берен Манас эр көк жал
Бет алган жагын сойлотуп,
Асылдар берген ар белги,
Ар кайсы жерге орнотуп,
Айдап жүрөт арсландар
Алөөкө колун сойлотуп,
Каарданып чамынып,
Канкордун жүзүн көргөндө
Алөөкөнүн калың кол
Качып жүрөт жабылып.
Капталдан чыкты Ажыбай
Качырса кайта тартпаган,
Канкоруңдун кырк чоро
Камбылдыгы бир далай.
Олуя чалыш Бакай кан,
Ар машайык белгисин
Уккан Бакай эмеспи,
Чатак каалап, чыр издеп

Чыккан Бакай эмеспи.
Күчөп келген душманды
Кум талкан кылып ушалап,
Кырк аркан бою зынданга
Тыккан Бакай эмеспи.
Бакай жайын сурасаң -
Эрендердин даңгылы,
Канкор Манас шериңдин
Караан кылган камбылы.
Бакайдын жайын сурасаң,
Ич этинен ок өтпөс
Кийген Бакай эмеспи,
Төрө, шерин табалбай,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Жүргөн Бакай эмеспи.
Кечээ Бакай абасы
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кара дөөнү камаган.
Көк жал Бакай абасы
Көк дөөнү кошо жайлаган.
Жердин көбүн талкалап,
Чоюн алп деген алп чыккан,
Бу түгөнбөс дүйнөдөн
Албан түрдүү калк чыккан.
«Жер үстүн жеке ээлейм», - деп,
Кара тажаал Чоюн алп
Катуу каар кылганда,
Адам менен айбанды,
Жер үстүндө жандарды
Койбой кырып турганда,
«Кылмыш кимде?» - дебестен,
Кез болгонду Чоюн алп,
Койбой кырып салыптыр.
Аты угулуп ааламга,
Арбагы чыгып баарыга,
Өз билгенин ал капыр
Кыла турган болгондо,
Жолуккан жандын баарысын
Кыра турган болгондо,
Баатырынан, эринен
Бакай кандын шеринен,
Уламадан угулуп,
Билгичтерден билинип,
Болоттон айза кылынып,
Кулак угуп, көз көргөн
Алптардын баары жыйылып,
Жер алдынан сексен алп,

Жер үстүнөн токсон алп,
Экөө ортого алганда,
Чоюн алпка чоң уруш
Калк жыйылып салганда,
Мендеден бөлөк Чоюн алп
Калайман мүшкүл катуулап,
Сала турган болгондо,
Катылган алпты талкалап,
Ала турган болгондо
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көгала калкан ойногон,
Баатыр Бакай барыптыр,
Анда барган себеби -
Манасты издеп калыптыр.
Жердин түбү - Желпиниш,
Желпиништин бери жагы
Шамал чыгар керүүдө
Токсон алп менен сексен алп -
Беттешкени Чоюн алп,
Кызыл канга бөлөнүп,
Кыргын болгон жеринде,
Арслан Бакай ошондо
Чоюн алптай капырга
Атышты арбын салыптыр,
Сексен алп менен токсон алп -
Чоюн алптын колунан
Ажыратып алыптыр.
Ажыратып алаарда
Ал Чоюн алп капырдан
Ат салышкан жеке жок,
Айрылбаган чеке жок,
Бет алышып келгенде
Мээнет экен Чоюн алп,
Айза сынып быркырап,
Чаап өткөн жеринен
Кан төгүлүп шыркырап,
Жети күн тынбай урушуп,
Калган Бакай эмеспи,
Чоюн алптын Кер атын
Былчыратып талкалап,
Сайган Бакай эмеспи.
Каруусу толук капырды,
Кан Чоюн алп баатырды
Кырк аркан бою зынданга
Салган Бакай эмеспи.
Алптарды, дөөлөрдү,
Ар кимиси ар башка,

Ар кайсы жерге ээлерди
Ажыратып Чоюндан
Алган Бакай эмеспи.
Байдасы тийип Бакай эр,
Жер үстүндө сексен алп,
Жер астында токсон алп,
Булардан тегиз бата алып,
Баатыр Бакай атанып,
Келген Бакай эмеспи.
Айза имерип сунганда
Камбыл Бакай эмеспи,
Баатыр Манас сырдашы
Даңгыл Бакай эмеспи,
Карап кылып Чоюнду
Келген Бакай эмеспи,
Кудай айдап Манаска
Келген Бакай эмеспи.
Бакайдын жайы ушундай -
Айзакерден абыдан
Ыктуулугу дагы бар,
Айла тапкыч акылман,
Мыктуулугу дагы бар.
Ары билгич, ары эр,
Эр Алөөкө баатырга
Эми Бакай абакең
Кол салышкан ошо жер.
Түнөргөн чаңда кайран баш,
Ушу чатак ичинде
Ажыбай, Бакай, шер Манас -
Ушул үчөө аралаш.
Козголтуп айза сунушуп,
Кезектешип урушуп,
Манас сайып өттү эле,
Ажыбай башын кести эле,
Бакай сайып өтүп жүр,
Манас башын кесип жүр.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча
Кыргынды кызык баштады,
Алөөкөнүн көп колун
Арслан Манас, Ажыбай,
Бөрү жолдуу кырк баатыр
Такыр кырып таштады.
Калдайларын кармаптыр,
Күрмө кийген күчтүүсүн,
Таш сайынган тазасын
Такыр койбой талкалап,
Такыр кырып таштаптыр.
Каарды катуу баштаптыр.

Калтырбастан көп колун
Баарын кырып таштаптыр.
Калтырбаган себеби -
Жаңжалды жаман кылышкан,
Жан аябай урушкан.
Олжого алган алтынын
Арслан Манас ошондо
Олжо кылып чачыптыр.
Эр Алөөкө баатырдын
Төбөсүнөн баскан жер,
Аты турат азыр да,
Төрт түлүгүн чачкан жер.
Кашалай терең оюнда,
Кум-Арык дайра боюнда,
Кызыкты кымбат кылдырып,
Жетик экен Алөөкө
Желбегей торко кийиптир,
Желбеген жорго миниптир.
(Алтымыш манжуу, кырк төрө
Алган экен жанына.)
Олжолоп алган алтынды
Ай-талаага чачыптыр.
Сыйкырчысы күн жайлап,
Жетик экен Алөөкө
Бээжинди көздөй качыптыр.
Канкор Манас кол салган
Чоң жаңжалды карачы.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Акылман Бакай абасы
Ар кызматын карачы.
Алөөкөгө кирерде,
Айгайлатып тиерде:
«Ишибиз болот окус, - деп,
Тутанып өлгөн Алөөкө
Качып кетет кокус», - деп,
Манас кандын кырк бөрү
Жоого тие элегинде
Чогуу жыйып алыптыр,
Чубатууга салыптыр.
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган эренден
Алган экен эр Бакай,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубаган беренден
Тапкан экен зор Бакай.
Акыл ойлоп имерген,
Качып кетер жолуна,
Дыңшаң-Талаа боюна

Он эки чоро жиберген.
Он эки чоро ошондо
Буйрук алып тозуптур,
Арслан Бакай абаңдын
Акылы артык озуптур.
Ошо тозгон жолунда,
Ошо күндөн ушу күн
Он эки чоро аты бар,
Он экиси баарысы
Ойротту бузар каркыбар.
Ал чоронун аттары
Күлдүр менен Чалыбай,
Серек, Шууту бул экөө,
Төлгөчү менен Ырчы уулу,
Байчоро менен Боз уулу,
Көрөгөчү Даңгылы,
Айзакерден мааниси -
Он эки чоро озуптур.
Эр Алөөкө баатырдын
Астынан чыгып ошондо
Он эки чоро тозуптур.
Чакчелекей жөө туман
Чаңды көрдү он эки.
Жанталашып токтобой,
Катуу качкан бир түркүм,
Жанды көрдү он эки.
Күлдүр менен Чалыбай
Кароолго карап туруптур,
Берки калган он бөрү
Кыйкырып айза сунуптур.
Ону жолдон чыкканда
Ойрон экен Алөөкө
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Карама-каршы турушуп,
Камбылдык жайы ушундай
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Мылтык тийген топ түшүп,
Ажал жеткен окко учуп,
Айза учуна чыдабай
Олпок тондор булунду,
Казанбактай булалар
Айза учуна жулунду.
Он эки чоро көйкашка
Эрдиги жандан бир башка,
Айтылбайт сөздүн бекери,
Ааламды бузар бөрүлөр
Арслан Манас жөкөрү,

Атышты арбын салыптыр,
Алөөкөнү качырбай,
Так алты күн болгуча
Жолун тозуп калыптыр.
Кыраан Манас кабылан
Кыргынды кызык баштаптыр,
Алөөкөнүн алтын арткан сан колун
Такыр кырып таштаптыр.
Эрендерин союптур,
Ал алтындын жанына
Ала качып кетчүдөй
Кырк чорону коюптур.
Ажыбай, Бакай эки эр
Жолдош кылып алыптыр,
Арслан төрө ошондо,
Кан Алөөкө баатырдын
Качкан изге салыптыр.
Ажыбайдын Карткүрөң,
Кан Манастын Аккула,
Бакай кандын Көк тулпар
Үч тулпар менен жарышып,
Оозу менен алышып,
Ээлендирип булкунтуп,
Энтиктирип жулкунтуп,
Кыраандардын кылыгы,
Кытайга салган бузугу,
Энтеңдеп үчөө жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Эңкейишке киргенде
Көк тулпар озот мойнунча,
Адыр-күдүр жер келсе
Аккула озот боюнча,
Ай-талаага келгенде
Карткүрөң озот оюнча.
Эрен Бакай, кан Манас
Эсеби жок ээликти,
Эркин сары талаага
Эми көк жал кезикти.
Талаанын жайы ушундай
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этим жерде суусу жок.
Жер көрүнбөй байланган,
Жердин бети көрүнбөй
Жөө туман түшүп айланган.
Караса көзгө илинбей,
Жердин бети жөө туман
Кайсы экени билинбей,
Жерден мунар бөлүнбөйт,
Тоо башы топудай болуп көрүнбөйт,

Адыр-күдүр ары жагы,
Ак-Өзөн талаа бери жагы,
Ошого кирип барганда
Ары жагы бакырык,
Бакырыкты байкаса,
«Манастап!» - ураан чакырып,
Бери жагында бакырык,
Угуп байкап караса,
«Какандап!» - ураан чакырып,
Он эки кеткен ойрондор
Баатырдыгы башкача
Озуп калган кези экен.
Эки жакка кетирбей,
Эр Алөөкө баатырды
Он эки кыраан, эр Шууту
Тозуп калган кези экен.
Каканчындын Бээжинге,
Болот эшик дарбаза
Кытайлардын Алөөкө
Кыйын эр экен байкаса,
Аламан коюп, чуу туруп,
Он экисин кыйратып,
Баса турган болуптур.
Тутанып өлгөн Алөөкө
Туш-тушка тарап кутулуп,
Кача турган болуптур.
Так ошонтүп турганда
Аккула санга бир салып,
Арслан төрө ошондо
«Манастап!» ураан бир салып,
Канкор Манас жеткенде
Каптал жагы бакырык,
Жана жетти эр Бакай,
«Манастап!» - ураан чакырып.
Кыя жагы бакырык,
Кыраан Ажы көк жалыӊ
Карткүрөӊ менен ойнотуп,
Кез келгенин сойлотуп,
«Манастап!» - ураан чакырып,
Асты жактан чоролор
«Манастап!» салды сүрөөндү.
Канча баатыр болсо да
Карап туруп Алөөкө
Айласы эми түгөндү,
Койбой кыргын салды эми,
Эки ортого алды эми.
Калдайы менен Алөөкө
Атынан түшүп калды эми.
Тизелери бүгүлүп,

Алдырганда кытайдын
Адаты ушу турбайбы,
Кан Манастын алдына
Келин болуп жүгүнүп.
Алөөкө колго түшкөн соң,
Жанагы Манас баатырың
Жапааны жаман баштады.
Жанындагы манжуусун,
Жайсаңдарын, төрөсүн,
Эл бийлеген эмесин
Такыр чаап таштады.
Кара тилин кайрады,
Кан, өлтүрбө мени, - деп,
Камбыл экен Алөөкө
Мамындай айтып сайрады:
«Бали, Манас, эр көк жал,
Шер экениң чын экен,
Артык баатыр кан ичме
Эр экениң чын экен.
Туура Манас көк жалым,
Кең Алтайда туулуп,
Шер экениң билинген.
Атагыңды укканда
Каканчындын кандары
Бүткүл бойдон күйүнгөн.
Сени туулду дегенде
Боконо сөөгүм болк эткен,
Бокту ичегим солк эткен.
Эр Эсенкан чочконун
Эселегин көрдүңбү,
Туулуптур Манас, көк жалды
Эбак кармап алдым, - деп,
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып салдым,- деп,
Каражолтой манжуунун
Калп айтканын кантейин,
Канкорум Манас келипсиң,
Колуңа түшкөн коёнмун.
Кыргын сала берипсиң,
Кабар билип, кеп укпай,
Кан Манас келет, - деп укпай,
Атагың билбей көп жүрдүм.
Мен ак үйлүү турганда,
Алым салып бурутту
Аябай алып, жеп жүрдүм.
Ургаачыдан алдым узуңду,
Алым кылып, мен алдым,
Аппак сулуу кызыңды.
Уккун, Манас мунумду,

Бүткөргөмүн мен эчак
Бу дүйнөлүк кунумду.
Баатырыңды мээледим,
Жылан менен урушуп,
Такыр баарын жоготуп,
Маргалаң шаарын ээледим.
Бурут, менин жериңде
Ак үйлүү турган кан элем,
Күч-кубатым ошондо
Сулайманча бар элем.
Бээжинден чыккан бел элем,
Калың кытай элине
Калаалуу коргон чеп элем.
Керек элем кытайга
Кейитпей байлап алыңыз,
Темир торго салыңыз.
Кырк эшиктүү Бээжинде
Өзү бааша, кудаа эмес,
Кылган иши баарысы
Кудайыңдан жудаа эмес,
Бээжин каны Карыкан
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Буга кабар салыңыз,
Карыкандын алдына
Жетик айтып барыңыз.
Дегениңе көнүүчү,
Ушу менин айымдан
Бээжиндеги чынар бак,
Ичиндеги алтын так,
Анык сизге көнүүчү,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Такыр сизге берүүчү.
Бул жиниңди тыйыңыз,
Бизди тирүү кылыңыз.
Бизди тирүү кылбасаң,
Чымындай жанды кыйнасаң,
Өлтүрсөң менде айла жок,
Арслан Манас кабылан
Чымындай сизге байда жок.
Белгилүү элем, кан элем,
Кайнаган кытай элине
Ала-Тоодой бар элем.
Чынмачынга Бээжинге
Жүк көтөрөр эр элем.
Калың элдин четине,
Кайнаган душман белине
Ак үйлүү жүргөн жан элем.
Айтканым ушул билип ал,

Арслан Манас, тилимди ал.
Кайгуулга чыккан кезиңиз,
Канкор Манас чыкканда
Кандардын баарын соёт,- деп,
Кабардарбыз өзүбүз.
Сынчыларды жиберип,
Сени издетип калганбыз,
Сынчылар издеп табалбай,
Өзүбүздү өзүбүз -
Балакетке салганбыз.
Кыйланы айтам, угуп ал,
Кызыр чалган Манасым,
Кыйналып айтам тилимди ал.
Ак үйлүүдө турганда
Ааламды соргон баатырбыз,
Эми сенин колуңда.
Колго түшкөн бакырбыз.
Алтын казган казына -
Кенимди кошо берейин,
Чай алуучу Кара-Кыр -
Жеримди кошо берейин.
Таш-Көпүрө шаарым бар,
Таш-Көпүрө жеринде
Түмөндөгөн айылым бар,
Муну кошо берейин.
Анын быяк четинде,
Агала чап, Кызыл-Кум,
Аңчы барса жыргаган,
Ойнобой менде турбаган,
Кымбат баа жерим бар -
Муну кошо берейин.
Өлтүргөн менен айла жок,
Мени өлтүрүп таштасаң,
Теңизим, сага байда жок.
Өзүм өлсөм сөз калат,
Түгөнбөй турган кунум бар,
Алөөкө менден туулган
Так алтымыш уулум бар,
Айтсам кызык мунум бар,
Айкөл Манас угуп ал.
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Байлоодогу Алөөкө кандын эркеси -
Ажайыптан окуган,
Атагын уккан чочуган.
Тетиги жалгыз көздүн элинен,
Аберген деген көлүнөн,
Суук-Төр деген жеринен,
Алтымыш баштуу ажыдаар,
Ажыдаардын алдынан

Быйыл алты жыл болду окуду,
Атагын уккан чочуду.
Алты сан бала бир барып,
Алты саны кырылып,
Алты бала бир келди.
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Кырк эшигин ачты - дейт,
Сынчылар жыйып алыптыр
Бээжиндин каны Карыкан
Чубатууга салыптыр.
Канчалык сынчы көрдү - дейт,
Көргөн жандын кыйласы
Жүрөгү чыгып өлдү - дейт.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Дообушунан жан чыгып
Коломтодон кор чыгып,
Коңурбай аттуу зор чыгып,
Каарды катуу баштаптыр,
Кармаша кеткен калдайды
Калтырбай кырып таштаптыр.
Абыдан каарын көрүптүр,
Калдайлардын кыйласы
Жүрөгү чыгып өлүптүр.
Эрдигин көрүп алган соң
Керүүгө салган там кылып,
Жалпы кытай чогулуп,
Коңурбайдай баатырды
Кечилге мыкты кан кылып,
Эрдигин эпсиз оздуруп,
Ушу күндө кытайлар
Эр Коңурбай баатырга
Элдин четин тоздуруп,
Дегениңе көнөйүн,
Калаага кабар салайын,
Коңурбайды чакырып,
Жолдош кылып берейин.
Калдайга кабар салайын,
Канчалык кабар чалайын,
Көргөзгөн бүгүн күнүңө
Мен кошулуп берейин
Бусурмандын динине.
Калаага кабар салайын,
Коңурбай экөөң баш кошсоң
Кароолуң душман чалабы,
Катылган аман калабы,
Кармашкан аман болобу,
Катылган адам оңобу.
Эми өлтүрбөй койсоңуз,
Калчага кабар салайын.

Жолборсум Манас, өзүңө
Жолдош кыла салайын».
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Жаман экен Алөөкө.
Кара жанын аябай
Кайрап турду Манаска,
Канча түрдүү сөз айтып,
Сайрап турду Манаска.
Ичсе канга тойбогон,
Беттешкенди койбогон
Берен Манас канкоруң
Катылса канга тоёбу?
Колго тийген коёнду
Баласын тартуу кылса да,
Манас аман коёбу?
«Маанисиз кара кытайым,
Балаңды алып нетейин,
Байкуш жан өлүп кеткиче,
Баш кесишип өтөйүн.
Жебиреген кытайга
Жеткилең кордук салайын,
Жети атамдын өчү бар,
Кылычтап башын алайын!» -
Деп, ошонтүп, зор Манас
Каарданып, кубарып,
Каның Манас токтоду,
Ойлонуп байкап отуруп,
Кабылан төрө ошондо
Качанкы жинди жоктоду.
«Бул Алөөкө болбосо
Жүрбөйт беле тууганым
Толопоюн тоз кылып,
Туш-туш жакка кууганын,
Өндүрлөп конгон айылы жок,
Өрт өчкөндөй болуптур.
Кайда экени дайыны жок.
Балдырган манжуунун
Байкасам кудай урганын,
Айласы кетип турганда,
Аңылдаган бул чочко
Баласын тартуу кылганын.
Колго түшкөн бул иттин
Баласын алып нетейин.
Алтайдан келсем жаңыдан
Жандаган турган кези экен,
Жанталашып бул акмак
Алдаган турган кези зкен.
Тууган көрсөм Алөөкө -

Сырты кара бул чочко
Сырымды билип албайбы,
Өзүнө кылган балааны
Так башыма салбайбы.
Суу каптатып үйүмө.
Сырымды алып бул кытай
Жетпейби чогуу түбүмө.
Тийбей койсом окустан,
Катылбай койсом кокустан,
Эсирип кытай албайбы,
Элине кабар салбайбы.
Алдатып коюп окустан,
Айыл консом кокустан,
Аш берип айыл конобу,
Азели душман бул капыр
Агарып тууган болобу?!
Алдап турган капырга,
Эр Алөөкө баатырга,
Сыртымдан сырым билбейби,
Кабасына бир келсе
Казынам бузуп кирбейби.
Айыл консо бул капыр
Ашыма тоюп албайбы,
Айылыма кыргын салбайбы,
Азган-тозгон элимди
Кайра баштан чачпайбы.
Каканчындын калкы бар,
Канчадан бери жоо болуп,
Кан төгүшкөн салты бар.
Карап турсам Алөөкө
Каймана сөздөн кеп айтып,
Алдап жатат каркыбар.
Азыр тилин мен алып,
Айыл консом ушуга
Ырдаша берет ырымды,
Ырастап билет сырымды.
Сырымды билип алган соң,
Кызык кабар бербейби,
Кыжылдаган көп кытай
Бир күнү каптап келбейби,
Төбөмдөн айза сунбайбы,
Төрөлөрдү кырбайбы,
Акыйнакты айтпайбы,
Абыдан талап кайтпайбы.
Баатырга балаа салбайбы,
Бардигер кыргыз элимди
Олжого байлап албайбы.
Жоо аяган оңобу,
Аба Бакай, кабылан,

Абайлачы өзүңүз,
Алөөкөдөй баатырды
Өлтүрбөй коюш болобу?»
Асмандан түшкөн Зулпукор
Айкөл Манас курчу ошол,
Катылышкан душмандын
Канын төгөр мүлк ошол.
Кыйкырып кындан чыгарса
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Мыктап канга тойбосо
Катса кынга кирбеген.
Кындан сууруп алганда
Көк жалын болуп кызарган,
Кыябын таап шилтесе
Кырк кулач бою узарган.
Кошулма болот, куйма курч
Аманат жандын болжошу,
Алдаңыз берген Зулпукор
Айкөл кан Манас жолдошу.
Эки жүздүү Зулпукор
Кармай калып сабынан,
Сууруп чыкты кабынан.
Өрттөй көзү нык жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алды эми.
Канга Манас тоёбу,
Каарданган Манас кан
Колундагы Зулпукор,
Алөөкөдөй баатырды
Шилтеп туруп калды эми.
Бул кылычты көргөндө
Эр Алөөкө ошондо
Көзү кетти жалдырап,
Жолум үйдөй кайран баш
Учуп кетти балдырап,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды эми,
Кабыландын Зулпукор
Канга тоюп калды эми.
Берендери кырк чоро
Беш жүздөн олжо ат алып,
Бейили кеткен чабалдар
Бештен коштоо ат алып,
Каарды катуу баштады,
Кан Алөөкө баатырды
Каарданып кан Манас
Калтырбай кырып таштады.

Зайыппуруш атанып,
Алөөкөнү сойду - дейт,
Күрөшүп алган жер үчүн
Күрөш шаары болду - дейт,
Бара-бара ошо жер
Күчөр атка конду - дейт.
Алөөкөнү алганда
Алтын тоодой үйүлүп,
Айкөл Манас төрөнүн
Атагы журтка билинип,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге кабар берди эми,
Алы начар, чын бакыр
Элге кабар берди эми.
Эптүү чоро Тазбаймат
Элтир сарттын уулу экен,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип:
«Анжыянды сураган
Айры сакал Сынчыбек
Азыр мында келсин,- деп,
Айкөл Манас төрөнүн
Кан экенин билсин, - деп,
Ашып-шашып баарысы
Дүрбөп журту калсын, - деп.
Алөөкөнүн алган олжону
Абыдан бөлүп алсын, - деп.
Ага кабар салды - дейт.
Кең Кашкарды сураган
Алты-Шаардын Алабек
Кордуктагы жан эле,
Кордукту койдой салчу экен.
Алабектин өзүнөн
Ай сайын болбой токмоктоп,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Айдатып алым алчу экен.
Ок өтпөстү кийгизип,
Кулансурду мингизип,
Ал Алабек байкушка
Баабедин байдын баласы
Байчорону жиберди.
Букарай-Шарып бери жагы,
Бузулган Чамбыл ары жагы
Айтса сөзү дагы бар,
Эр Буудайык каны бар.
Калбай ошо келсин,- деп,
Бул Манастын кызыгын
Көзүн ачып көрсүн - де.
Андан бери тартканда

Самарканда Санчыбек,
Кокон канда Козубек,
Басыра тартып кул болгон,
Алөөкөдөй капырдын
Каарына чыдабай
Катындары тул болгон.
Баарына кабар салып кел,
Маргаландын Малабек
Байкуш болуп жүрдү эле,
Так ошону алып кел.
Ишенбесе сөзүңө
Айтып келгин өзүмө.
Кан Алөөкө баатырдан
Канча көргөн кордукту,
Ишенбесе сөзүңө
Менден көрөт зордукту,
Дегениме көнсүн де,
Ыкчамыраак келсин де,
Кубанчыга кансын де,
Олжологон сары алтын
Көрүп бөлүп алсын де!
Келбей адам калбасын,
Олжодон куру салбасмын.
Берендиги ушундай
Бейлеген менде чочуган.
Берен Бакай абасы
Мекеден беш жыл окуган.
Арабча тил менен
Шапа-шупа бат жазып,
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдата бат жазып,
Күлдүр менен Чалыбай
Айткандарды айда, - деп,
Күн мезгили жети күн,
Жети күндөн калтырбай
Айткандарды айда, - деп,
Кабар айтар тилчилер,
Калайыктын баарына
Жар чакырып жүрчүлөр
Карысын коюп, жашына айт,
Калк бийлеген башына айт,
Ишенип сөзгө көнчүгө айт,
Ашып-шашып чу коюп,
Адырандап келчүгө айт!
Бөлөрү алтын буюм де,
Алтынды тегиз бөлүүчү
Ажыбай, Бакай кыйын де.
Айткан сөзүм ушу, - деп,
Ар тарапка жиберди.

Аргын кандын Ажыбай
Акылманы бир далай,
Чеч-Төбөнү жердеген,
Ченебеген эр деген.
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Батакерден дубакөй,
Бек билимдүү жан эле,
Батасы журтту байыткан
Байгамбар чалыш кан эле,
Бир туткан бирим ал эле.
Алтын жүктөп алууга
Көлүктөрүн камдасын,
Куржунга алтын түк батпай,
Курган Кожой абакем
Арманда болуп калбасын,
Кан абам Кошой келсин де,
Бул кызыкты көрсүн де!
Кабылан канкор Манастын
Тырмак асты олжосун,
Азган менен тозгонго
Үлөштүрүп Кошой дөө,
Колу менен бөлсүн - де.
Катагандын карыя,
Калың журтка олуя,
Эпсиз эрдин камбылы,
Эр адамдын даңгылы,
Мендеңиздин тынары,
Белсенишкен жоо болсо
Берен Манас көк жалдын
Туу түбүнө турары,
Жетик Кошой карыя
Жети бирге кол берген.
Жетик Кошой олуя
Жети-Өзөндөй кайран жер,
Эби менен жер кылган,
Жети-Өзөндүн кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылган
Кызырлуу Кошой бабама айт
Кылчаңдабай келсин де,
Калыс да эле, кан да эле,
Касиеттүү жан да эле,
Колу менен кан абам
Алөөкөнүн олжосун
Журтка бөлүп берсин де,
Калбай Кошой келсин де!»
Калама торко кийгизип,
Кан Ажыбай султанды
Карткүрөңгө мингизип,

Карткүрөң жайы ушундай
Айгыр коюп, ат бычкан,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө чын тулпар.
Айгай укса шашпаган,
Артыкчасы мамындай,
Чуу укканда желикпейт,
Очогор үнүн укса да
Жылкыдай болуп ээликпейт.
Кыл куйруктуу жылкыда
Бул сыяктуу бири жок.
Айбандан эстүү жаныбар
Айтайын десе тили жок,
Туура тулпар мээси жок.
Камбар ата жаныбар
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Бекер куйрук, жал эмес,
Касиети канчалык
Карткүрөң бекер мал эмес.
Оозун жайса Карткүрөң
Булуттай учат закымдап,
Жол жорголуу жанга тынч
Жоруктуу мындай мал болбойт,
Бакай, Манас төрөдөн
Буйрукту катуу чың алып,
Кеткен экен Ажыбай,
Астындагы Күрөңдүн
Тозоңун тоодой нуратып,
Кан Кошойго барарда
Кайран Ажың жол тартып,
Күндүз эмес, түн жүрүп,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечип,
Чеч-Төбөнүн боюна,
Кара-Тоонун оюна,
Кан Кошойдун коргонго,
Казыналык ордого,
Супа садык чалганда,
Кан Кошойдун ордого
Азан айтып калганда,
Колун сууга салыптыр,
Кол даарatын алыптыр.
Бутун сууга салыптыр,
Бут даарatын алыптыр.
Төрт ирекет багымдат,
Эртеңки эрте намазды
Эңкейип окуп алыптыр.
Жайнамазын жыйганда,

Жаңы бата кылганда
Кан Кошойдун кароолу
Ажыбайды көрүптүр.
Ажыбайды көргөндө
Качкан экен жүгүрүп,
Кадыр Алда, колдо, - деп,
Кайран жандан түңүлүп,
Ашып-шашып дардаңдап,
Чаначтай мурду барбаңдап,
Үркүн салып бакырып,
Балбандардын баарысын
Камдангын! - деп чакырып,
Шашкан бойдон кароолчу
Кан Кошойду тебелеп,
Кабарчы менен сакчыны
«Бат камдан!» - деп жемелеп.
Эшикке келди бир адам
«Жарагы башка эң жаман,
Көөдөнү чоң, арты ичке
Тайгандай күрөң ат минген.
Кайра жаар булуттай,
Үстүндөгү адамы -
Каар бетине айланган,
Кынсыз кылыч байланган,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Алгыр бүркүт көздөнгөн,
Түн жалаңкыч түстөнгөн,
Айры сакал бир кучак
Астындагы күрөңү
Айбандан башка тобурчак.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети -
Биздин жердин эли эмес,
Артык душман, - деп турам,
Бул жүрүшү жөн эмес», -
Муну айтып кароолчу
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти.
Абаң Кошой карыга,
Турган элдин баарына
Айтып коюп кайткыча
Кан Ажыбай, турабы,
Дарбазалуу коргонго,
Кан Кошойдун ордого
Эликтей ыргып түйүлүп,
Карткүрөңдөн түштү эми.
Курбусу алтын жез мамы
Шапа-шупа ат байлап,

Шамдагайы болжолсуз -
Шапылдата бат байлап,
Кара болот айбалта
Билегине чалулуу,
Алдасына жалынып,
Ач албарс кылыч салынып,
Күлүмсүрөп, тастайып,
Күлүп сүйлөп кашкайып,
Кылыч белде кыңгырап,
Кыялы башка Ажыбай
Кызыр чалган Кошойго
Салам айтып зыңгырап.
Оң колунда Ажынын
Алтын жаак айбалта,
Сол жагында Ажынын
Алтын жапкан жан калта,
Жан калтанын ичинен
Алып чыкты бир буюм,
Ак жаргакка жазган кат
Алып берди Кошойго,
Арапча жазган кат экен,
Катты окуп караса,
Кабылан Манас аты экен.
Ажыбай, Бакай, эр Манас
Үчөө туруп кат жазган,
Ак үйлүү кан Алөөкө
Алып салдык, - деп жазган,
Түп коргонун түз кылып,
Түйшүгү башка кытайды
Чалып салдык, - деп жазган,
Билген чатак, чоң чырды
Кылып салдык - деп жазган,
Кыл эмесин калтырбай
Кырып салдык, - деп жазган,
Аябаган дүмөктү
Салып салдык, - деп жазган,
Артып качкан дүйнөнүн
Калтырбастан баарысын
Алып калдык, - деп жазган.
Бусурмандын дүйнөсүн
Кыл кетирбей кытайга
Талап алып баарысын,
Аябаган олжого
Канып калдык, - деп жазган.
Күн мезгили мынчалык,
Күн мезгилин өткөрбөй
Абам Кошой келсин, - деп,
Кытайдан түшкөн сан дүйнө
Бусурмандын журтуна,

Өз колу менен абакем
Калыс бөлүп берсин, - деп.
Манастын кыйын экенин
Байкап эми, билди эми,
Сөз айтпастан абакең
Мыйыгында күлдү эми:
«Канкор аман чагында
Кеңитсин Кең-Кол, Таласты,
Бусурмандын уулуна
Кудай, боосун бек кылгын,
Кара көк жал Манасты!
Кабылан көк жал, канкор шер
Бусурмандын уулунан
Асили чыкпайт мындай эр.
Жан деп, кудай жаратсаң,
Манасты кудай сактай көр!
Эр Алөөкө баатырга,
Каары катуу капырга
Калайманды салыптыр.
Кара нээт капырды
Карап кылып бир жолу
Курмандыкка чалыптыр.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр.
Кайнап жаткан кытайга
Канкор аман барында
Чатакташып калыптыр.
Эл четине отурган
Алөөкө аттуу кан эле,
Алөөкөдөн туулган
Алтымыш уулу бар эле.
Алөөкө болуп атагы,
Артык башка болду эле
Бусурманга чатагы.
Алөөкөнү алды, - деп,
Кеби калган экен го,
Алөөкөнү шер Манас
Жеңип алган экен го.
Кан Манаска түгөнгүс,
Кара нээт кытайдын
Акыр заман болгуча
Кеги калган экен го.
Канкор Манас кааласа
Улуу тоюн көрөйүн,
Тырмак алды олжосун
Бусурмандын журтуна
Үлөштүрүп берейин».
Сексен арын чиркетип,
Алтын жүктөп алууга

Кабылан Кошой абакең
Кызматкерин жиберди.
Катагандын кан Кошой
Напил амаз окунуп,
Кер кабылан тулпарды
Кеңири жайлап токунуп,
Жай-жарагын шайланып,
Абаң Кошой камданып,
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Сөөлөтүн жандан арттырып,
Алтымыштай балбанга
Керней-сурнай тарттырып,
Ашып-шашып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Алөөкөгө кыргынды
Салган жерге барды эми,
Акыр заман-кыямат
Салган жерге барды эми,
Олжо кылып дүйнөнү
Алган жерге барды эми.
Калк атасы карыя,
Кайран Кошой олуя.
Кошойго тикти бир чатыр,
Ал чатырдын кеңдиги,
Бакай, Кошой алпы бар,
Бул сыяктуу алптардын
Саны батып жаткыдай,
Бир бурчуна кырк чоро
Кенен ордо аткыдай,
Каары толук капырдан
Олжого түшкөн чоң чатыр
Кан Алөөкө баатырдан.
Чатакташкан жерлери
Кум-Арыктын боюнда,
Олжо бөлдү калыкка
Кан Манастын тоюнда.
Арслан Манас кайран эр
Арсландыгын билгизип,
Ата уулудан жүздөн жан
Ал чатырга киргизип,
Келген жандын баарына.
Ак сакал Кошой карыга,
Сары майдан опуруп,
Кантты кардай топуруп,
Дүнүйөнү толтуруп,
Кызыкты кыйын баштаган,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып таштаган.

Кабар берген кандары
Калбай келген экен го,
Бусурмандын жандары.
Кары Кошой каны бар,
Бусурмандын баары бар.
Кандардын санын айталы:
Кокон кандын Козубек,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,
Маргалаңда Малабек,
Алты-Шаардын Алабек,
Келген жандын баары бар,
Буудайык кан дагы бар,
Ал келгендин ичинде
Текечи кан, Шыгай кан,
Эштектердин Жамгырчы,
Эс билгендин баары бар.
Кеп берди Кошой карыга,
Кеп айтып турду зор Кошой
Келген жандын баарына:
«Душманга каршы туулуп,
Дурус келди көрдүңбү,
Бусурман сенин багыңа
Ырыс келди көрдүңбү?!
Көтөргүн Манас шериңди,
Таштагыла, бусурман,
Кыжың-кужуң кебиңди.
Олжосун бөлүп алалы,
Ай-талаада Манасты
Ак таалага жалынып,
Кан көтөрүп салалы.
Кан көтөргөн себебим -
Ичиңде далай бушман көп,
Теги ойлонгун жаман журт,
Тебелеп кетер душман көп.
Кыр жагыңда кытай бар,
Кыйрашар душман далай бар.
Оолатып алар конуш бар.
Маңдайыңда бараң бар,
Басташар жооң далай бар.
Дегенине көнөлүк,
Эки тизгин, бир чылбыр
Канкор шердин колуна
Ушу бүгүн берелик.
Дегенине көнүүгө,
Эки тизгин, бир чылбыр
Тартынбай колго берүүгө
Ак буудай унун чайнап бер,
Ак куранды кармап бер!
Башчы кылсаң Манасты,

Бирдикти койсоң бир жерге,
Катылып душман келеби,
Кармашып адам жеңеби,
Бармактуу адам батабы,
Тырмактуу жан тиеби!
Баштык кылсаң Манасты
Күн тийген зоңкок бел ошол.
Карагыла калайык,
Күрдөңдү тапчу эр ушул,
Күтүп алар шер ушул.
Туурдугуңду май кылат,
Туура билгин, калайык,
Туш-туш жерге кан кылат,
Керегеңди май кылат,
Келберсиген кан кылат,
Астын салса канкордун
Ажыдаардын түрү бар,
Артын салса канкордун
Ак жолборстун сүрү бар.
Ай, калайык, карачы
Бусурмандын журтунда
Манастан артык кимиң бар?
Ушу турган зор Манас
Чыйырдыдан шер туулган,
Кара нээт Жакыптан
Кара көк жал эр туулган.
Кызыгып кытай кол салса,
Кыйратып берчү кул ошол.
Басташып бараң кол салса,
Басып берчү уул ошол.
Ойлогула, калың журт,
Көк жал Манас кабылан
Ырысың үчүн туулган,
Жашы он экиге келгенде
Алтайга салган чуулган.
Бул чатагы дейсиңби,
Чатакты кызык баштаган,
Алтайдан бери көчкөндө
Кара кытай, манжуунун
Таш сайынган чоңдорун
Далайын кырып таштаган.
Кең Талас таап жер кылды,
Аргын менен кыргыздын
Башын кошуп эл кылды.
Айтып берсем мен жайын,
Манастын жайы ушундай,
Ай, калайык, ойлоп тур,
Олжодон алган алтының
Албаганың аласың,

Жок дегенде муштумдай».
Кошой мындай дегенде
Кандын баары буркурап,
Миңи бир ооз сөз айтып,
Калың журт турду чуркурап.
Көөкөрдөгү кара арак
Жанаякка куюшуп,
Бир бирине сунушуп,
Арак ичип алкынып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктөрү ысышып,
Чекеден терин сызышып:
«Аба, Кошой карыя,
Айткан сөзгө көндүк, - деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Манаска бердик, - деп.
Жакшы күтсө калыкты
Ыракмат айта жүрөрбүз.
Жаман күтсө журутту,
Таңда магшар күнүндө
Кара эшек кыла жүрөрбүз.
Аба, Кошой карыя,
Бул айтканың макул, - деп,
Сиздин тилди албаган
Жети атасы капыр, - деп,
Жер жутуп кетсин аны, - деп,
Айтканыңа көндүк, - деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Манаска бердик, - деп,
Канкор Манас төрөнүн
Айтканына көнө албай,
Моюнду бурсак өзүбүз
Кашайып кетсин көзүбүз!
Төрө Манас көк жалдын
Төп айткан тилин албасак,
Айдаган жакка барбасак,
Баш билбеген жаманды,
Тил албаган арамды,
Арамдыкты ким кылса,
Төшү түктүү жер урсун.
Төбөсү ачык көк урсун!
Ак келтенин огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун!» -
Деп, ошондо бусурман
Катар турду буркурап,
Каргыш кылды чуркурап.
Тил албай койгон баатырга
Тим эле өлүп кетсин, - деп,
Ак буудай унун чайнашты,

Ак куранды кармашты.
«Көндүк, көндүк, көндүк! - деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Манаска бердик», - деп,
Бычакты колго алышып,
Чыбыкты кыйып салышып
Ак боз бээни жарышып,
Ар кайсы кандар баарысы
Карысынан колдорун
Канга колун малышып,
Кеп ушундай болду, - деп,
Кеп ордуна конду, - деп,
Абасы Кошой карысы,
Канааттанды ошондо
Бусурмандын баарысы.
Чогулушуп калды эми.
Алтын гүлдүү килемге
Айкөл Манас төрөнү
Алып келип салды эми.
Килемге Манас отурса
Кыргыл баштык карысы,
Кыргын тийген эмедей,
Кырк чоронун баарысы
Тизелери бүгүлүп,
Айкөл эрди ошондо
Абакеси Кошойго
Алып келди жүгүрүп.
Кырк чорону көрдүңбү,
Кабылан Манас төрөнү
Калыкка атын билгизип,
Төөдөй болгон алтын так -
Алып келип Манасты
Отургузду мингизип.
Килемге салып кырк чоро
Канкорду алып келди эми,
Алып келген баатырды
Абаң Кошой көрдү эми:
«Көрдүк, көрдүк, көрдүк! - деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми сизге бердик», - деп,
Ал килемдин этегин
Кошой кармап барбактап,
Абаң Кошой карысы
Ал килемди кармады,
Сегиз кандын баарысы.
Дегенине көнчүдөй,
Энчи бөлүп берчүдөй,
Туура келген килемди
Сегиз кандын баарысы

Туш-тушунан алды эми.
Айкөл эрди ошондо
Ай-талаада калайык
Кан көтөрүп салды эми.
Дегенине көндү эми,
Алөөкөнүн сан дүйнө
Келген жандын баарына
Камчыга ченеп бөлдү эми.
Эби бардын баарысы
Эчен бөлөк дилде алып,
Олжого тийген дилдени
Куржунуна салышып,
Атанына артышып,
Ай Манас кан ушул, - деп,
Жыргата турган тушу, - деп,
Баргандар жалпы кайтышып,
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси
Айкөл шер аман болсун, - деп,
Чоң ыракмат айтышып,
Туурдугун май кылды,
Тушукканда кандарды
Тура алгысыз бай кылды.
Керегесин май кылды,
Кезиккенде кандарды
Кемибеген бай кылды.
Айкөл Манас султанды
Ала-Тоодой көрүштү,
Манастын тапкан дүйнөсүн
Барган жандын баарысы
Батыралбай келишти.

## 23 Манас баатыр Шооруk канды жеңип, Акылайды тартууга алганы[4]

Ээрчиткени кырк чоро
Келгендерден кеп угуп:
«Күн жүрөр талаа оюнда,
Чоң-Котондун боюнда,
Жети талаа Жеркендин
Жеткен жерин жердеген,
Эңишип менде жеңбеген,
Жери ысык, кыйын чел,
Жээлигип адам келбеген,
Эңкейтип эрлер албаган,
Эч ким кадам салбаган.
Атактуу Шооруk кан болгон.

[4]Түп нускада мындай тема жок

Аша чыгып атагы
Алалбай адам дал болгон.
Телегейи тең болгон,
Барган адам кем болгон.
Жери ысык чөл - деген,
Кандай менде жердеген,
Кагыш кылган адамдар
Кайра тартып келбеген.
Барып кез болгон адамдар
Ысыгы өрттөп жайлайт - дейт.
Кумга койгон кумганы
Куркурап чыгып кайнайт - дейт.
Аш бышымга токтолсо,
Кашык суусу калбайт - дейт.
Казгалдак учуп барбаган
Кызыл мунар чөлү - дейт.
Өзү кытай индиси -
Беттеп адам барбайт - дейт,
Белгилүү - дейт, Шоорукту
Беттеп барып бетине,
Менде согуш салбайт - дейт.
Чабышып алсак Шоорукту
Каалаганда муну - дейт,
Каары катуу ал элдин
Катын-кызы сулуу - дейт.
Катыны кыйын, эркеги ит,
Суусунда болгон кара саат,
Ургаачысы эң сулуу
Мөлтүрөп көзү жайнайт, - дейт,
Көрүп турган адамдын
Кылайган жаны калбайт - дейт.
Шоорук кан эпсиз эр чыгып.
Аскери алты сан болду,
Барган менде жай болду.
Ошо жерден кутуруп,
Кагышты катуу салды - дейт.
Кең Кашкардын шаарын
Катын-кызын чуулатып,
Алты жол чаап алды - дейт.
Ташты бузуп жол салган,
Ал Шооруктун атагы
Кыйла жерге кол салган.
Арбын дүйнө тапты - дейт,
Кең Алайдан нойгутту
Катын-кызын олжолоп,
Келиштире чапты - дейт,
Аскери төөдөн минет - дейт,
Жоо дегенде аттанып,
Баары катар жүрөт - дейт.

Төө минип жүрүп айза алган,
Төбөңдөн урган кандай жан.
Ошо Шоорук канына
Казат ачып баралы.
Ошо кандын шаарына
Кагышты катуу салалы,
Төө минген аскерин
Бирөөн койбой алалы.
Баатырларын байлайлы,
Балбандарын жайлайлы.
Билге жүктөп дилде алып,
Ордолуу кыздан миңди алып,
Челишти ченсиз салалы,
Элинин ченин алалы,
Эсебин эпсиз табалы.
Кутурган экен Шоорук кан,
Ордолуусун кыралы,
Беренин байлап кайталы,
Бет каратып тарталы.
Аккула аман чагында,
Айкөл Манас барында
Тулпар тепсеп өтпөгөн
Жерде бүтүн калбасын,
Баатыр айза сайбаган
Элде бүтүн калбасын.
Тилге келген адамды
Тил билгизип кармайлы,
Тил укпаган адамды
Күчкө салып жайлайлы.
Кыр-кырынан жол кылып,
Кытай экен Шоорук кан
Кыялап жолун билели,
Ач айкырык чуу тартып,
Аламан коюп кирели.
Кыйратып кыйырын бузалы,
Арбын малын алалы,
Кыз-катынын Шооруктун
Олжо кылып салалы.
Чарпышарга жоо жок,
Түз кирип, жинин какты - дейт.
Дүңгүрөтүп нойгутту
Түп көтөрө чапты - дейт.
Арбынын айдап кетиптир,
Арбын малын нойгуттун
Атаңдын көрү, ал Шоорук
Олжо кылып кетиптир.
Тагдырга болбойт даба, - деп,
Далай айтар кебим бар,
Арсланым Манас, сага, - деп.

Ажал жетсе өлөлүк,
Айла болсо Шоорукка
Алыш кылып көрөлү.
Тобуна тозок салалы,
Толгон кызын Шооруктун
Олжо кылып алалы.
Кызыл көйнөк айча бел,
Кылтылдаган сулуунун
Кызыгына каналы.
Чын дүйнөлүк кет кудай
Чындаган жардан табалык».
Асыл Бакай абасы,
Манас эрдин сырдашы,
Өлүм орток, жан бирге
Канкор Манас курдашы
Кан абаң Бакай муну айтып,
Кайыптан напси кабылып,
Кабылан Бакай абаңа
Билбестен бул кеп табылып,
Төрө Бакай кожосан,
Манаска курдаш олуяң
Чалгын чалар курдашы,
Ойрон Манас берендин
Өлүм орток сырдашы.
Кайманадан кабылган,
Таалайы артык канкорго
Мураа болуп табылган.
Көк жал Бакай абасы
Кайыптан акыл козгогон
Көсөмдүгүн карачы!
Султан Манас кургурду
Ээрчитип жүрүп эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Таласка коргон там кылды,
Алөөкөнү аңтарып,
Айкөл Манас төрөнү
Сегиз канга кан кылды.
Жоону беттеп алганда
Арслан Манас кабылан
Арсландай сойлогон,
Абасы Бакай айтканын
Арслан төрө кабылан,
Эки экен, - деп койбогон.
Макул, аба, макул, - деп,
Айчык алтын туу алып,
Атышууга Шоорукка
Билге жүктөп ок алып,
Манас кандын кырк бөрү
Баарын бирдей чогуу алып,

Адыр-күдүр кара тоо
Кара тоону жакалап,
Сай буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Сапар тартып, жоо издеп,
Ат арытып жер чалып,
Кыраан Манас көк жал бар,
Кыраандардын баары бар,
Кырк чоронун кыйыны
Кымбат Бакай кары бар.
Адыр-күдүр белди ашып,
Какыраган сай басып,
Кең Какшаалды басыптыр,
Кум-Талааны ашыптыр.
Ары жагын караса
Көз жетпеген мунарык,
Көк жал Манас кабылан
Жер көрө албай кылайып,
Мелтиреген талаада
Анталаңдап шашышып,
Сай буудандын баарынын
Жарышып көзүн ачышып,
Чаалыкпастан, чарчабай,
Берендериң жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Касаба колдо калкылдап,
Кара баткак чыккан тер,
Теминөөрдө шалпылдап,
Катуу жүрсө тулпарлар
Кашка тер чыгып суюлуп,
Тердигинен аккан тер
Омуроо ылдый куюлуп,
Кайыпчынын белине,
Каңкуң мазар дээр экен,
Котондун бери жээгине,
Тооромтууда чынарга
Кабылан жетип конду эми.
Кара мунар сонунга
Кайрылды төрө конууга.
Короздой болгон кайран шер,
Конор жери ошо жер,
Колун алып аркага,
Камбыл тууган кырк кашка
Дүнүйөнү жайнатып,
Жанказанды кайнатып,
Кызыл кишмиш, сонун аш
Ай-талаага конуптур,
Кыраандын баары аралаш.
Канкор төрө, Бакай кан,

Аргын кандын Ажыбай,
Кырктын башы Кыргыл чал
Кыраандардан бул төртөө
Түркүгү алтын чатырды
Сейилдикке тигишип,
Коло токмок, жез казык,
Орното жерге кагышып,
Төрөлөрдүн баарысын,
Билимдүү Бакай карысын,
Жел тийгизбей кырк чоро
Ал чатырга багышып.
Жая кесип, жал берип,
Кабыландын баарына
Казы кертип, май берип,
Өңкөй тулпар буудандын
Ээрин алып жайдактап,
Айбандыкты кылар - деп
Чидер салып баймактап.
Окоро түйгөн чылбыры,
Эки жарым кулачтан,
Кырк чоронун кырк тулпар,
Кырк тулпарга сакчылар
Үйдөй болгон чынарга
Үч жолу курчап алышып,
Артык тулпар бууданды
Аса байлап салышып.
Айтса сөзү дагы бар,
Түнөп өткөн жерине
Түптүү мазар орногон,
Белгилердин баары бар.
Кырк кыраандын баарысы
Зың-зың этип кенебейт,
Өрттөнүп кеткен чоролор
Өлүм менен азапты
Бучкагына теңебейт.
Ээрди башка жазданып,
Кутпа жакты баштанып,
Көк жалдардын баарысы
Алп уйкусун салды эле.
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Коңуруктар басылбай,
Алп уйкусун салыптыр.
Кырк тулпардын баарысы
Тайган иттей кылтылдап,
Таңдын сары желине
Таңашып баары туруптур,
Таңдын муздак жели уруптур,
Кырк чоронун кырк тулпар

Окуранып окшоңдоп,
Ооздук чайнап шокшоңдоп,
Кулактарын жапырып,
Кара жердин кыртышын
Кырк чорого сапырып,
Топурак ыргып чачылып,
Кара жердин кыртышы
Дүпө-дүпө казылып,
Кырк чорого чачылып,
Кыргыл баштык карысы,
Кырк чоронун баарысы
Кыян каптап кеткенсип,
Ыргып турду баарысы.
Кыраандардын баарысы
Уйкудан турду ойгонуп,
Тегиз тура калганда,
Жоо бөрүсү эрендер
Ар кимиси жүгүрүп,
Ат атына жабылып,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдөн алышып,
Кажаңдатып бууданды
Отко коё салышып,
Түлкү мурут, жоңкучка,
Түп-түп болгон бетеге
Орой-орой чалдырып,
Аз жетелеп отуруп,
Алкымын чөпкө толтуруп,
Көп жетелеп отуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп,
Так жетелеп отуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп.
Миң уруу чөптөн чалдырып,
Оргуп жаткан булактан
Суусунун аттын кандырып,
Этине келген тулпарлар
Түпкүч болуп ийилип,
Куланча ыргып түйүлүп.
Манас кандын кырк жайсаң -
Жоо дегенде дүрбөгөн
Кырк чоронун адаты,
Кыраан Манас көк жалдын
Он эки чалгын, кырк куйрук,
Учуп жүрөр канаты.
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кызыккан жоого киргенде
Кызыл кыргын түшүрүп,
Кылымды бузган көйкашка.
Колун сууга малынып,

Кол дааратын алынып,
Шашып амаз окунуп,
Сай тулпардын баарысын
Шамдагайы башкача,
Шапа-шупа токунуп.
Таң саргарып көрүнүп,
Төбөдөн жетиген жылдыз бөлүнүп,
Таң атарда белги берчү боз салкын
Кыбыла көздөй бөлүнүп,
Жердин бети ошондо,
Ачык жарык көрүнүп,
Кан Бакай турган кутпа жак,
Доолбас катуу кагылып,
Үрбөп-дүрбөп кыраандар
Тулпарга минди жабылып,
Касаба айза бөлүнүп,
Кырк чоронун бир башы
Миң кишидей көрүнүп,
Айбалта белде балкылдап,
Ар жабдыктар жаркылдап,
Атышса азап салучу,
Кыялы кымбат бекери,
Кагышып жоого кол салса,
Каары катуу чоролор
Кабылан Манас шериңдин
Жанында жакын жөкөрү.
Кырк чоронун баарысы
Узун бойлуу, кең далы.
Ары балбан, ары шер,
Көрсө кумар кандырган
Баары мырза көйкашка.
Бүтүн кундуз терисин
Кесир болот дебестен,
Жарты бөлүп жиберип,
Багалакка салышкан.
Жоо дегенде дүрбөгөн,
Жоо беттеген ыктуу бар,
Жетигиң Манас барында
Жети сан кара кол чыкса,
Желбегей кирип кол салчу
Жетик кыйын мыктуу бар.
Эрени бар, аны бар,
Өрттөн кайра тартпаган,
Алгырлыгы абыдан
Ааламды бузар эри бар.
Кабылан Бакай кан турду,
Жоого кирчү эмедей,
Доолбасты бек урду.
Ашып-шашып жемелеп,

Антаңдады кырк чоро
Бирөөн бирөө тебелеп,
Ченебеген эрени
Чети менен дыргытып,
Каар бетине айланып,
Качырып айза сайчудай
Калган экен камданып,
Арбаң-сарбаң бөлүнүп,
Абайласа кырк чоро,
Арсландык түрү көрүнүп,
Ар кимиси жоо беттеп,
Айзалары короктоп,
Көрүп турган менденин
Көңүлү ооп бөлүнүп,
Кан Манастын кырк жайсаң
Кан ичер түрү көрүнүп,
Алтын жаак айбалта
Бүлдүргөсү эң сонун
Билегинде балкылдап,
Чын болоттон учтаткан
Колдорунда чоронун
Айзанын башы жылтылдап,
Сөлөкөтү сөгүлүп,
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Сыяктары булардын
Арслан түрү көрүнүп,
Дыр коюшуп калышып,
Жалаң тулпар кырк бедөө,
Айбаты катуу кырк чоро
Оозу менен алышып,
Ээлендирип булкунтуп,
Энтиктирип жулкунтуп,
Катар басса кырк тулпар
Караган менде таң калат.
Баскан жери быркырайт,
Казанбактай даңканы
Кырк чоронун башына
Чакмак болуп чыркырайт.
Оозун тартып алганда
Түпкүчтөй мойну ийилет,
Оозун жайса кырк тулпар
Булуттай учуп шүйүлөт.
Узатпай чуркап, бир бирин
Келе жатат такымдап,
Оозун жайса, кырк тулпар
Булуттай учат закымдап.
Кырк тулпардын баарысы -
Карабайыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,

Көкүлдөрү эң окшош
Көзүнө ченеп түйгөндөй:
«Менин атым болсо», - деп,
Көргөн адам таң калып,
Кырк тулпарды сүйгүдөй.
Кырк чоронун баарысы
Каар бетине айланып,
Астыңкы кол канжыга,
Кары бою күрөөкө
Баары тегиз байланып,
Чыккан экен кыраандар
Жаңжал жакка камданып.
Жылгындуу Кең-Кол, Таласка
Ордо күтүп жер жайлап,
Көтөрмө менен Чаткалды
Мал жайылтып, жер кылып,
Жакыптын уулу Манасты
Өң баатырлар чогулуп,
Алган экен шер кылып.
Көбү катар жүрүшүп,
Көк темирден туулга
Көмкөрүп башка кийишип,
Айза сайса айза өтпөс,
Кабырганын себили,
Беттеп сайса айза өтпөс,
Берендерге белгилүү
Калкан деген темири.
Кең Таласты чеп кылып,
Конуп калган кези экен,
Көк кенедей кырк чоро
Толуп калган кези экен.
Кайрат кылса Манасы
Каптап чогуу кеткидей,
Кабылан Манас шерине
Каары толук кырк баатыр
Курман болуп кеткидей.
Сыр найзада бедер жок,
Кырк чоронун ичинде
Нелер бар да, нелер жок!
Кырк чоронун ичинде
Эр өлтүрүп, кан төккөн,
Канкор чоро дагы бар.
Ай-ааламды буй кылган,
Анткор чоро дагы бар.
Беттегенди кыйраткан,
Камбыл чоро дагы бар.
«Тобокел», - деп токтобой,
Токсон миңге кол салган,
Даңгыл чоро дагы бар.

Айзакерден абыдан,
Ыктуу чоро дагы бар.
Жоо айласын көп билген,
Мыктуу чоро дагы бар.
Жүгүрүк чечен жүйөөкор,
Аалим чоро дагы бар.
Алып ичкен аракты,
Залим чоро дагы бар.
Айза кармап, топ бузган
Баатыр чоро дагы бар,
Кара нээт абыдан,
Айтса тилди албаган,
Айдаса жоого баспаган,
Айгай көрсө шашпаган,
Өз билгенин бербестен,
Кара нээт абыдан
Капыр чоро дагы бар.
Болбой ичип бозону,
Боздотуп урган кожону,
Болбос чоро дагы бар.
Эч убалдан коркпогон,
Оңбос чоро дагы бар.
Өлүмдөн кайра кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Аңкоо чоро дагы бар.
Жоо көргөндө шашучу,
Ат соорусун бир салып,
Абыдан кайра качучу
Жалкоо чоро дагы бар.
Кыркы кырк жерден келген
кырк жинди,
Кыялдарын ким билди?!
Алты айчылык азапты
Азыр ойлоп билүүчү,
Улук чоро дагы бар.
Оозу чайпоо, тили шок,
Араны бузуп ийүүчү
Бузук чоро дагы бар.
Туу түбүндө туруучу,
Эрдикти эпсиз кылуучу,
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Артык эрен даанышман
Мыкты чоро дагы бар.
Бөрк ал десе, баш кескен
Касап чоро дагы бар.
Суу ич десе, уу ичкен,
Өз өлөрүн билбеген,
Азап чоро дагы бар.

Манас кандын кырк кашка,
Кыркынын жөнү кырк башка.
Доошунан чаң чыгат,
Катылса жоодон жан чыгат,
Каптап өткөн жеринен
Булактай агып кан чыгат.
Ичинде Манас каны бар,
Астында тулпар малы бар.
Кулак угуп, көз көргөн,
Ай-ааламдын баарысын,
Арслан Манас барында
Багынта турган алы бар.
Тегиз катар, бир окшош
Кырк чоронун кийгени,
Казандай кара бөркү бар,
Беттешкенди мерт кылып,
Ала турган эрки бар,
Бир калайман ааламга
Сала турган эрки бар.
Олоңдотуп кырк чоро,
Оң жагына ошондо,
Окчонтойдун ичине
Арыптап окту сологон.
Арслан эр аман чагында,
«Алышам» деген душмандар
Айласын таппай кологон.
Кызыр чалган кыраандын
Кабары кыйын, заары күч,
Кармалашкан душманды
Каптап кетсе кылат түз.
Олоңдогон эр канкор
Орто Кең-Кол жайлады,
Баатырлыгы башкача,
Баатыр Манас эренге
Багынбай менде калбады.
Ачуусуна тийгенде,
Алөөкөнү айдады.
Айдап жүрүп көк жалың
Азууга салып чайнады.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кылдай окшош кызыталак -
Кыйындардын ар кими.
Ажыбай, Бакай эки кан -
Айкөл Манас коргону,
Кырк жерден келип кошулган
Кырк чоронун болгону.
Кызыр чалган кырааның
Өлгөн менен арман жок,

Жер жүзүндө Манаска, -
Ошо кезек заманда
Укурук кайрар калган жок.
Берен көк жал барында
Чиймек болду сызыкты,
Кармалашкан душманга
Кылмак болду кызыкты.
Канкор Манас шер чыгып,
Телегейи тең чыгып,
Жаймак болду канатты,
Бет алышкан душманга
Салмак болду санатты.
Ээрчиткени кырк чоро,
Эми чыкты кабылан
Ээн талаа белине,
Кылмак болду ошондо
Инди, кытай элине.
Уламадан уласа,
Билгичтерден сураса,
Кечээ, нойгутту чаап алты алган,
Шооруk каны бар экен.
«Кайратынан нойгуттар
Жадап турат, - деп угуп,
Бир жылында үч жолу
Талап турат», - деп угуп,
«Атагы Шооруk кан чыгып,
Доошунан жан чыгып,
Нойгутка ойрон салыптыр.
Тагынын баарын сулатып,
Тамынын баарын кулатып,
Таш коргонун кулатып,
Такыр чаап алыптыр.
Төбөсүнөн басыптыр,
Төрт түлүгүн чачыптыр.
Буласын булап алыптыр,
Бузукту мыктап салыптыр.
Ороодон эгин ачыптыр,
Айласын таппай нойгут журт,
Ар тарапка качыптыр.
Төө минген колун жыйды - дейт,
Төрөлүү журт нойгутту
Төбөдөн басып кырды - дейт.
Жайыңкысын болгондо
Жалдуу байтал мингизбей,
Күзүңкүсүн болгондо
Куйруктуу токту жедирбей,
Шамыянды шайлатпай,
Эгин-тегин айдатпай,
Жердин бетин ачтырбай,

Кочуш тукум чачтырбай,
Сасык камал кылды - дейт.
«Алайда журтум кырдырып,
Ал Шооруктай чочкону
Аңдабай кантип каламын,
Төрөлүү журтум кырдырып,
Шоорукка кантип берейин,
Кутурган экен бул чочко
Кулжуңдашып көрөйүн!
Керишти кенен салабыз,
Алдырсак да, алсак да
Атаңдын көрү, Шоорук кан
Ашып кетти кордугу,
Арбыган экен зордугу.
Кол салышып көрөйүн,
Ажал жетсе өлөйүн!
Амалым келсе Шоорукка,
Арсландыгым билгизип,
Нойгутка салган кордукту
Так өзүнө кийгизип,
Качырып айза сунайын,
Камбыл деп угам ошону,
Кадыр Алда жол берсе
Карсылдашып урушуп,
Кара элечек кылайын.
Бузукташса Шооруктy,
Бурулуп калдык баралы,
Ордолуусун бузалы,
Ойронун тири байлайлы,
Олоңдосо чочкону,
Тири койбой жайлайлы.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Өлбөсөк кызык урушуп,
Өчмөнтөй өчтү алалы,
Ордолуу кан Шоорукка
Өткөрө кордук салалы.
Ал Шооруктан кеп уксам,
Айбандан күчтүү били бар
Билин олжо кылалы,
Эрендерин кыралы.
Кызы сулуу, - деп угам,
Олжолоп алып кыздарын
Ургаачыга туналы.
Ойлогула кырк чоро,
Бу кадырым билип ал,
Арсланың салат сүрөөндү,
Өлүмдөн коркпой, жаңжал сал!
Кыяматтын кыстоосун

Атаңдын көрү, кырк чоро,
Көргөн жандын бирибиз.
Ажыбай, Бакай атагы,
Арслан Манас барында
Унуткусуз иш болсун,
Айкөлдүн салган чатагы!
Олжо орток - жыйгандаш,
Өлсөк бирге - ыймандаш,
Кармашарың Шоорук кан,
Ала болуп кетпеске,
Артыктарым, кол кармаш!
Багынып калсак Шоорукка,
Ажыбай, Бакай экөөнү
Арачыга салалы,
Кара динден ак болуп,
Капырдан бөлүп жат кылып,
Эрдикти эпсиз билгизип,
Ыслам динге киргизип,
Бусурман кылып алалы.
Бу сөзүмө көнбөсө,
Бусурман динге кирбесе
Кыргынды кызык салалы.
Кызыталак Шooруктун
Бүлүндүрүп далайын,
Алышты арбын салалы,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жаның чыккан Шоорукка
Суук түрдү салалы,
Карсылдашып согушуп,
Камап жатып калалы!
Арбын малын айдайлы,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Каалаганды бербесе,
Мыктысынган Шooруктун
Каптап түшүп, жаа тартып
Төбөсүнөн басалы.
«Жаке, кулдук!» - дедиртип,
Төрт түлүгүн чачалы!
Каптап туура барышып,
Кармашып чатак салышып,
Чатакташа кайталы,
Каарданса кагалы
Капкайда кеткен шайтанын.
Эпке келсе окустан,
Жүйөөгө келсе кокустан:
«Кепке теги көн! - дейли,
Каалаганды, билгенди
Кагышпастан, кан Шоорук,
Камдап бизге бер!» - дейли.

Ал айтканга көнбөсө,
Кайрат кылып кержейсе,
Капкасын катуу бекитип:
«Мен канмын», - деп, дердейсе,
Капкасынын оозуна
Тулпар буруп ойнотуп,
Кежирлиги кармаса,
Койбой баарын сойлотуп,
Акыйнакты айталы,
Арбынын алып олжолоп,
Кордукту койдой салалы,
Арбын дүйнө, көп малын
Олжо кылып кайталы!
Керженңдесе керишип,
Түгөтүп кагып кетели,
Дардаңдаган Шооруктун
Капкайдагы шайтанын.
Жүйөөсүн жүлгүп табалы,
Жүйөөгө көнбөй ал койсо,
Жүргүлө, кырк кыраан,
Шооруктун журтун чабалы.
«Кериш мындай болот», - деп,
Керженңдесе Шоорукка
Керней-сурнай тарталы,
Айза сайып, ок атып,
Чаң салыша кайталы.
Алты ай тынбай жол жүрсө,
Чыдайт ко тулпар санатым.
Кызырлуу Бакай, Ажыбай,
Кырк чоро баштык ушулар -
Айланып учар канатым,
Атаңдын көрү, кырк чоро -
Кыркың менин канатым.
Кырк чоро эмес, кырк жоро,
Эрди сайса сен сайсаң,
Аты калсын Манаска!
Кыркың сенин өзүңдү
Медер кылар тууганым,
Жалгыз жаным кырк болуп,
Бир жараткан кудайдан
Ушуну сурап турамын.
Жашы жашташ эгиздер,
Кыйыгына тийгенде
Кылымды бузар теңиздер.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Арслан кайрат, таш жүрөк,
Айланайын, кырк чоро,
Доошуңан жан чыккан.
Кырк чоро сенин барыңда

Жакасы алтын ок өтпөс,
Кийишемин, - деп жүрөм,
Чама келсе мен өзүм,
Чарпышам деген душманга
Тийишемин, - деп жүрөм.
Кара болот айза алып,
Канчасын жыйбай беш-бештен,
Боолашармын, - деп жүрөм.
Кыраандар жанда турганда
Кулак угуп, көз көрүп,
Бой бербеген жер менен
Жоолашармын, - деп жүрөм,
Жалпы кыраан жолдошум,
Жаяны кесип жеп турам,
Кулак угуп, көз көргөн,
Кыйынсынган жоолорду
Бет каратам, - деп турам.
Ойлонуп турсам мен өзүм,
Кызыл капчал мунардын
Бели болом, - деп жүрөм.
Кыраандар турса көп болуп,
Кытай турмак, кылымдын
Ээси болом, - деп жүрөм.
Эрендерим, шерлерим,
Өлүм орток, жан бирге
Өзүмө катар эрлерим,
Кыйкырган кымбат жоо чыкса,
Кырк чоро, сени жабылтсам,
Тилге кирген бусурман
Тилге салып багынтсам,
Дин билбеген капырды
Күчкө салып багынтсам!
Жатсам, турсам кырк чоро,
Арка кылып көп жүрөм,
Сулайман колу тийбеген,
Ээн жаткан мендеден
Эңишип эсин кетирип,
Кыраандар, сенин барыңда
Сурак алам, - деп жүрөм.
Атаңдын көрү, кырк кыраан,
Кайыбынан кабылган,
Кызыр чалган бул башка
Кыяматтык дос болуп,
Кырк жерден келип табылган,
Кыргыздан жалгыз канкордун
Абийири мындан жабылган.
Кырк чором сенин барыңда,
Алтайдан көчүп сабуулап,
Таласка кондум жер жайлап,

Кыйкырып турса кырк чором,
Кырымды аздайм кембайлап.
Кең-Колду күтсөм жер жайлап,
Кайнап жаткан кытайдын
Кандыгын алам кембайлап.
Бу башым упат болгуча
Чапчышканга чара жок,
Канкор аман чагында
Карагыла, кырк чоро,
Бөлүнүп кетер амал жок!
Ажыбай, Бакай, эр Кыргыл,
Кырк чоронун ичинде,
Көп көйнөк жырткан эреним,
Кыргыл, Бакай карыңды,
Дүйнөдөн ал өлбөсө,
Кан көтөрүп салармын
Жер жүзүнө баарыңды,
Ач арслан шерлерим,
Артык жинди көйкашка
Ааламды бузар эрлерим,
Кызыккан душман жоо чыкса,
Айткан тилди албаса,
Сөзүңө кулак салбаса
Бура тартпай урушуп,
Каардашып өтөлү,
Кыпындай неме калбастан
Кыргын болуп кетели!
Ташты бузуп жол салып,
Чалкалаган душманга
Чамалаша баралы,
Кылча калбай врибиз,
Кырылышып калалы.
Ажалдан кайта тартпайлы,
Өлүмдөн кайра кайтпайлы!
Атаңдын көрү, кырк кыраан,
Кыйының Манас кашыңда,
Кыргыл, Бакай башыңда,
Ажал менен азаптан
Чочуган адам болобу?
Туулмак ак, өлмөк ак,
Өлбөгөн жандар болобу,
Өлчөгүлө кырк чоро,
Жети күндүн бири өлүм,
Өлүмдөн корккон болобу?
Атагы Шоорук, үлкөн кан,
Кайраты бийик, заары күч,
Кармашканы барабыз.
Аты кеткен ааламга,
Арбагы оор, кыйын кан

Болот эшик дарбаза
Болбойт ко, - деп, мен турам.
Бет карашып Шоорукту,
Барып сурак албаса,
Тилге келсе ал канга
Угуучу кептен айталы,
Бусурман кылып баарысын
Жөнгө салып кайталы.
Кара динден ак кылып,
Капыр динден жат кылып,
Беш көкүлдүү кызына
Куда болуп, мал айдап,
Кол куушуруп, май чайнап,
Бет көрүшүп тарталы,
Бет алышып урушса,
Түп коргонун түзөтүп,
Түгөл кырып тарталы.
Бузук кылса окустан,
Чабыша кетсе кокустан
Буласын бузуп калалы,
Бузукту мындай салалы.
Кычык, орой сөз айтып,
Капкасынын ичине
Айза сүйрөп кирели,
Кызыталак Шооруктун
Кызыкканын билели.
Кыйшыгы болсо Шоорук кан,
Кылт - деп койсо кокустан,
Кыйкырык салам, кырк чоро,
Түздөп айза чын кармап,
Кызык каптап өткүлө,
Кылайган бириң калбастан,
Кыргын болуп кеткиле!
Кара мылтык карс этсе,
Калың чатак иш болсо,
Качсаң бирди көрдүңөр!
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетип кокустан,
Шашсаң бирди көрдүңөр!
Кыйын жоого барабыз,
Ордону камап калабыз,
Канды камап барганда
Кылт этип койсоң кокустан,
Кыйшайып койсоң окустан,
Кылыгың жаман көрүнсө
Кыйын мүшкүл саламын,
Кырк чоро сенин баарыңдын,
Кыргыл баштык карыңдын
Кылычтап башың аламын!

Ак кызматың көрүнсө,
Кырым менен кытайга
Кан көтөрүп саламын.
Ак сакалдуу карың ук,
Кырк чоро, жалпы баарың ук!
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Туура Манас өзүмүн,
Кара суугa кан куйган,
Канкордун кара көзүмүн!
Туура аккан суудa бөлүм жок,
Туйгун Манас барында,
Кырк кыраан, сага өлүм жок!
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Каардуу бол, эрен бол,
Жаңы жолдош болуштук,
Ичип канга тойбогон,
Так өзүмдөй берен бол!»
Манас мындай дегенде,
Ай-талаадан суу чыккан
Кайып-Булак жер экен,
Жан-жаныбар, макулук,
Жанын багып калучу,
Чын олуя машайык
Колдоп жүргөн жер экен.
Ал булакты көргөндө
Кызырлуу Бакай карысы,
Кыйрап түштү атынан
Кырк чоронун баарысы.
Катар туруп кырк чоро,
Арбып-дарбып баарысы
Колун суугa салышып,
Кол даарaтын алышып,
Бутун суугa салышып,
Бут даарaтын алышып,
Кайыптан түшкөн боз кисе
Моюнуна салынып,
Катар туруп баарысы,
Жаратканга жалынып.
Билеги жоон билек бар,
Миң кишилик жүрөк бар,
Шерим кылба сөздү - деп,
Шерменде кылба бизди - деп,
Арбып-дарбып кырк чоро,
Эр Манасты караса,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алыптыр,
Кан ичмеси чын кармап,
Кудай уруп салыптыр.

Олуят Бакай карысы,
Кырк чоронун баарысы:
«Каалаганым кабылан,
Кагылайын олуям,
Капырды бузган шер чыктың,
Телегейиң тең чыктың.
Он экиге келгенде,
Ордо бузуп, олжо алдың,
Ордолуу журтка кол салдың.
Канга тоюп катыктың,
Канкор Манас атыктың.
Ааламды буй кылып,
Телегейиң тең болдуң,
Душманды кырган шер болдуң.
Кыркыбыз кырк кан уулу элек,
Издеп келип өзүңө,
Чоро болуп, эр болдук.
Ак байгамбар дини ак
Көк жалым, сенин өзүңө
Чоро болдук ушул чак!
Таалайы артык кабылан,
Кылт этип койсо кырк чоро
Кылычтап башын алыңыз,
Шоорук эмес, кабылан,
Кырк чоронун барында
Кытайга кыргын салыңыз!
Кара мылтык карс этсе,
Качып берген адамдын
Башын кесип, кан төксүн.
Капа болгон оңбосун,
«Бекер өлүм» - ойлогон
Ошого кайгырып эле койгон чоролор,
Дин бусурман болбосун.
Ушу турган кырк чоро
Айза берип жоого сал,
Айкөл, сенин алдыңда
Ала албай койсо душманды,
Андан кийин көзүн ал.
Айгайлаган жоо келсин,
Айкөлүм, сениң барыңда,
Астыңдан каршы чыгабыз,
Кармалашкан душманды,
Жерге жанчып тыгабыз.
Кокустан төрө-кабылан,
Кырк чородон кыр тапсаң,
Беттеп жоого киргенде,
Берен деген чородон
Кыялы жаман сыр тапсаң,
Кыргынды кызык салыңыз,

Кыдырата тургузуп,
Кызыталак иттердин
Кылычтап башын алыңыз!
Ушул айткан кебиңди,
Шу жерге таштай салыңыз!»
Берен Манас көк жалдын
Кан ичмесин билишти,
Кырк чоронун баарысын,
Кыргыл баштык карысын
Бекитип жатат канкор - деп,
Берекелүү анткор, - деп,
Бет алган жоого киргенде
Чоролор мыкты турсун, - деп,
Өзүмө катар болсо, - деп,
Өзөнгө бойлой консо, - деп,
Тилегенин көрдүңбү?
Качсаң кырып салам, - деп,
Каражолтой канкордун
Сүрөгөнүн көрдүңбү?
Кытайды бузган канкордун,
Кылымды билген анткордун
Эрендиктин эби жок,
Тилегенин көрдүңбү!
Качырып жоого киргенде,
Бири айнып калбаска,
Бүлөгөнүн көрдүңбү!
Эби жок баатыр болсун, - деп,
Сүрөгөнүн көрдүңбү!
Ары-бери которуп,
Бүлөгөнүн көрдүңбү!
Муну укканда кырк чоро,
Кудай деген шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Жоодон кайта качпаска,
Өлүмдөн коркуп тартпаска,
Ак буудай унун чайнашып,
Катар турду кырк баатыр,
Ак куранды кармашып.
Манастын Манас экенин
Баары чоро билишип,
Билип алып баарысы
Мыйыгында күлүшүп.
Манас кандын кырк жайсаң
Берен кандан чочунуп,
Алты ай минсе арыбас,
Сай тулпардын баарысын
Кайта баштан токунуп,
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын кыскартып,

Ыкчырылтып түйүлтүп,
Ар кимиси айзалар алып бөлүнүп,
Айбаты катуу ошондо,
Ажыдаар түрү көрүнүп.
Катар жүрсө кырк чоро,
Оң далысы кең болуп,
Айбаты башка булардын
Ааламды бузар шер болуп,
Сыягын көрсөң эрлердин,
Өзүнө катар теңдердин,
Аргын кандын Ажыбай,
Астыга түшсө акжолтой,
Байдын уулу Бакай кан,
Маанисин карап отурса,
Артына түшсө сан колдой.
Кырк чоронун ошондо,
Сөлөкөтү-сөөлөтү,
Арсландык түрү көрүнөт,
Атка минген келбети.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Кан ичер түрү көрүнөт.
Кырк чорону ошондо,
Кыраан Манас султаның
Байкап карап билди эми,
Биле коюп ошондо
Мыйыгынан күлдү эми.
Ачык айтпай эр Манас:
«Балбандыгы башкача,
Жараткан жалгыз башыма
Баарысы жолдош көйкашка!»
Бастыра түшүп турганы,
Баатыр Манас ошондо,
Кырк чоронун өзүнө,
Жана да кызык сөздөн урганы.
Арсландай толгонуп,
Көрөр болсоң ошондо,
Сур жолборстой комдонуп,
Каарданып бакырып,
Кырк чорону чакырып:
«Алдыңда ашар тоо кандай,
Душман кандай, жоо кандай?
Төлгөчү Кара Төлөгүм,
Төлгөңдү тартчы көрөмүн.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ырдап тургун кашыма,
Аркалуу чором Акжолтой,
Азыр келгин жаныма,
Олуят чалдын эр Бакай,
Өзүң билип жол башта!»

Төлгөчү Кара Төлөгү
Төлгөсүн салып калды эми.
Төлөгү туруп муну айтат:
«Күйүтү кымбат Шоорукка
Күрөштү мыктап салыпсыз,
Бели кындай, бети айдай,
Белгилүү сулуу бир кызын
Колукту кылып алыпсыз.
Көлөкөң жандар каптаган,
Байтерек болуп калыпсыз!»
Төлгөчү мындай дегенде,
Ырамандын Ырчы уулу
Ырдап турду кашында,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү,
Даанышман Бакай башында.
«Жери ысык, артык чөл,
Ааламда болбойт мындай жер.
Шаарын камап калалы,
Баатырын байлап алалы,
Түп көтөрө чу коюп,
Шаарын каптап калалы.
Билгендерден кеп угам,
Ушу турган Шоорук кан
Дини капыр», - деп угам.
Касаба колдо калкылдап,
Кан абаң Бакай жол баштап,
Айзакерден Бакайдын
Ыктуулугу дагы чын,
Жоо айласын нык билген,
Берен Бакай абаңдын
Мыктуулугу дагы чын.
Чердүү жерден жол тапкан,
Ченебеген Бакайдын
Даңгылдыгы дагы чын,
Жок жерден тапкан айланы,
Камбылдыгы дагы чын.
Жалаң тулпар көйкашка,
Баскан жери быркырап,
Жөө тумандай ошондо
Артынан чаңы буркурап,
Ат аябай жол жүрүп,
Жан аябай мол жүрүп,
Эрениң кайдан аянып,
Мунарык түшкөн сары талаа,
Сары талааны таянып,
Тулпар оозун бурду эле,
Туура карап турду эле.
Маңдай жагын караса -

Мунарык болуп бурчтанган,
Көз жетпеген тунарык
Булуңданып учтанган.
Быяк жагын караса, -
Жапалак учпас керүү экен,
Менде мекен кылбастан,
Кайып жүргөн жер экен.
Бөөт-бөөт жеринде
Бөтөн чыккан багы бар,
Аралап кирип барганда
Бөрсө деген дагы бар.
Карсак баштап талаада
Айбанаттын баары бар.
Эркин жаткан жер экен,
Ал талаанын атагы
Адам-Барбас дээр экен.
Кескелдирик, жыланы,
Ары-бери жүрүп жүр,
Күчүк иттей борсулдап,
Кескелдирик үрүп жүр.
Кутуруп кулан жарышса,
Жер тумандап чаң болот,
Көрсө сонун ушундай,
Адамдын башы маң болот.
Жан көрбөгөн жандууда,
Эң кызыктын баары анда,
Канаты жок, буту бар,
Караса төөдөй кушу бар.
Элсиз эркин талаага,
Жан бүткөндүн баарысы
Бүткөн экен каркыбар.
Жаңгагы кулап сай толгон,
Алмасы чирип көң болгон.
Кыйын курчтан сыр найза
Ыргап кетип баратат,
Кылымды бузар кырк чоро
Таң калышып талаага,
Жыргап кетип баратат.
Бука кийик, төө кийик,
Адырмагын караса -
Адамча качат жөө кийик.
Ырамандын Ырчы уулу
Арслан Манас жанында
Ырдап кетип баратат,
Кызырлуу шердин барында
Кыйла кызык көрдүк, - деп,
Манас кандын кырк чоро
Жыргап кетип баратат.
Ай-талаада жол тартса,

Ат кабагы ачылып,
Ээн талаада ошондо
Эр кумары жазылып,
Бөөт-бөөт бел ашып,
Бөтөн талаа жер басып,
Туяк тийген жеринде,
Ээн жердин баарысы
Ороодой болуп оюлуп,
Туяк тийген талаалар
Жойкун болуп союлуп,
Күн кечкирип кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Эрендер кайдан аянып,
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумчалык коосу жок,
Айдай сары талаага
Эми жетти таянып,
Бетегелүү тайпаңга,
Белеси бийик кайкаңга,
Таш карарып жер күйгөн,
Чыдап менде ким жүргөн,
Эрендер жетти оолугуп,
Ээн талаага жолугуп,
Ал талаанын ары жагы,
Үзгүлтүктүн бери жагы,
Адыр-күдүр көрүнүп,
Ал күдүрдү көргөндө,
Асыл Бакай ошондо
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Аябай тиктеп кеп салып:
«Ай, Манасым», - деп салып,
Билбегенди билгизет,
Билгич башы барында,
Билимдүү Бакай карыя
Туйбаганды туйгузат,
Туйгун Бакай олуя.
Төрөсү Манас көк жалды
Ээчитип жүрүп эр кылган,
Эгиз Бакай шер ошол,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган
Санжыргалуу эр ошол,
Ээрчиткени кырк чоро,
Эш кылганы эр Манас,
Шооруk кандын шаарына
Жакын барган жери ошол.
Такыядай дөбөгө
Көк тулпар оозун бурду эле,
Токтоп карап турду эле.

Каарданып бакырып,
Манас менен кырк чоро,
Ошолорду чакырып:
«Кыраан Манас, кырк чоро,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?»
Кырк чоронун баарысы,
Бакай канга муну айтат:
«Түгөнгүрдүн көзүнө
Түк эчтеме көрүнбөйт,
Түндө сууну көп ичип,
Көзгө чыгып кеткен бейм,
Караргырдын көзүнө
Как эчтеме көрүнбөйт,
Караңгыда суу ичип,
Башка чыгып кеткен бейм».
Айтып турган кырк чоро
Ай-талаада жол жүрүп,
Көбүнчөсүн түн жүрүп,
Аңкоо болуп калган бейм.
«Аба Бакай, чыныңды айт,
Эминени билдиңиз,
Эминени туйдуңуз?
Кыялыңды айт, сырыңды айт,
Кызырлуу Бакай, чыныңды айт.
Казып койгон ор барбы,
Кайнатылуу шор барбы?
Капталдан чыгып өмөлүп,
Каптап келген кол барбы?
Боз адырмак тоо барбы,
Болжолсуз калың жоо барбы?
Аба Бакай, эр султан,
Ысыгы кымбат жер экен,
Адам көргүс эл экен,
Кыл куйруктуу жылкылар
Чыдап тургус жер экен.
Кармаша чыга жоо болсо,
Катуу кайрат салыңыз,
Катуу мүшкүл иш болсо,
Кан аба, Бакай токтобой,
Кабарды бизге салыңыз!
Кагышка каршы чыгалы,
Кандай душман болсо да
Кан аба, Бакай угалы,
Каары толук баатырлар
Кайрат кылып туралы», -
Деп, ошонтүп, кырк чоро,
Кыргыл баштык карысы
Дууга салып ийди эми,

Кыжылдашып баарысы
Чууга салып ийди эми.
Абаң Бакай кабылан
Карааңды камсыз көрүчү,
Мендеден туйгун олуяң,
Кабылан Бакай абакең
Касиеттүү жан ошол,
Алты күндүк азапты
Азыр билип айтучу
Олуязаада жан ошол.
Карчыгадай камынып,
Кайран Бакай абаңа
Кайыптан акыл табылып,
Бала куштай баркылдап,
Баатыр Бакай сөз баштап:
«Атаңдын көрү, кырк чоро,
Арак ичип алганда
Айкырыкты салчу элең.
Жоо кайдалап тиштенип,
Тура-тура калчу элең.
Чаң чыкты десе чаң салып,
Бириңди бириң булкунтуп,
Коштоп жатып калчу элең.
Мен көргөндү көрбөсөң,
Мен билгенди билбесең
Жооң жолго конуптур,
Жорткон жолуң болуптур.
Этеги эндей, бели бош,
Салмакташар душманың
Зайыпка чалыш эл экен,
Кийиз чокой, шири ыштан,
Бери четин карасам,
Айбанга чалыш эл экен.
Качыры бар, төөсү бар,
Кайнап жаткан жөөсү бар.
Астыңда тулпар малың бар,
Кыйкырып айза сунсаңар,
Миңге жетет алыңар,
Былкылдабай, чочубай,
Аламан коюп калыңар.
Абайласаң кызык жоо,
Ушундай эле көргөн түш,
Кылымда барбы мындай иш.
Төөгө минип, айза алган,
Төбөңдөн тийгир, кандай жан!
Төбөсүнөн басалык,
Төрт түлүгүн чачалык!
Баатырын байлап салалык,
Жети күн такка минсе да

Кабылан Манас султанды
Кан көтөрө салалык.
Кайрат күч бизде барында
Кан атагын алалык,
Беттеп айза суналык.
Баатырын байлап алалык,
Кадимки Шоорук канына
Элчини мыктап салалык.
Тилегенди, сүйгөндү,
Кырк чоро,
Тим турбай алып калалык
Кыраандарын, шерлерин
Жортсоң жолуң болуптур,
Жооң жолго конуптур,
Бактыны кудай ачыптыр.
Алармандуу эренге
Абыдан олжоң табылды,
Айкөл Манас кабылып,
Абайлачы, кырк чоро,
Абийириң минтип жабылды.
Жолугар жооңдун түрлөрү
Жорго качыр, кызыл кын,
Узун чокой, жаргак шым,
Бели бош журттун өзү экен,
Алсыз элге бир кудай,
Айкөл Манас шериңди
Айдап келген кези экен.
Эрдигиңди алыстан
Көрчү журттун өзү экен.
Бирөөң кирип кол салып,
Атыраңдап кол салсаң,
Бек алдыңдан кайратты
Кыла турган эл эмес.
Айзаны көрсө алыстан
Тура турган эл эмес» -
Деп, ошонтүп Бакай кан
Билсең кызык муну айтып,
Абаң Бакай акжолтой
Көк сүлөөсүн бөрк кийип.
Көгала калкан колго алып
Көк айзаны булгалап,
Кара жаак чоң камчы
Кабылан Бакай абакең
Кармай калып имерип,
Каң дедире Көк тулпар,
Такымга тартып жиберип,
Каарданып бакырып,
Караан калган султаны
«Манастап!» - ураан чакырып,

Бакай чабуул койду эми,
Арт жагынан кырк чоро
Катар айза сунду эми.
Каарданып экөөлөп,
Ойрон болгон кула атын
Онжоңдотуп бош коштоп,
Он эки чоро жетелеп,
Ак асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Ач айкырык чуу болуп,
Арбынырaак дуу болуп,
Касаба желек калкылдап,
Ташты бузуп жол салып,
Төө минген миңче аскерге
Төрө Бакай кол салып,
Аркасынан кырк чоро
Катар каптап жетти эле,
Атактуу көк жал кабылан
Аккула менен барбактап,
Ойрон төрөң дардактап,
Ойноп-ойноп кетти эле.
Ойногондо ону өлдү,
Кырк чоро каптап кеткенде
Кыйрысын урган эмедей,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кыргын болуп көп өлдү,
Өлгөнүнөн калганы
Жалаңкыч жарып киргендей,
Жанынан чогуу түңүлүп,
Шоорук кандын көп аскер
Төөдөн түшө калышып,
Колун боорго алышып,
Келин болуп соксоктоп,
Таазым кылып калышып,
Тизелери бүгүлүп,
Канкор шердин алдына
Канча балбан, көп аскер
Кытайларча жүгүнүп:
«Багындык», - деп бакырып,
Ар бирөөсүн ар бирөө
«Төөдөн түш» - деп чакырып,
Кызык Манас салышып,
Шоорук канды алаарда
Кыжылдашып көп аскер
Аттан түшүп калышып,
Тизелери бүгүлүп,
Аң-таң калып кырк чоро,
Эр Манасты көргөндө
Чылгый жандан түңүлүп,

Ары жагы колунун
Айласын таппай шашыптыр,
Атактуу Шоорук канынын
Тагына кире качыптыр.
Айтарына кеби жок,
Ишенип жүргөн балбаны
Артык жаман шашыптыр,
Ал Шоорук кан баатырдын
Тагын тепсей качыптыр.
Эси кетип, Шоорук кан,
Балбандарын көргөндө
Капырай, шумдук! - деп,
Акылы жаман шашыптыр.
Балбандары шокшоктоп,
Кире берди жүгүрүп,
Ал балбанды көргөндө
Шоорук каны ошондо
Кара жандан түңүлүп,
Капкачынын мыктуусу,
Айзакердин ыктуусу,
Чокмор чабар балбаны,
Шоорук кандын алдына
Атактуусу Жөөжелдет,
Айтайын десе тили жок,
Жана качып барганы.
Жөөжелдетти караса,
Калк аманын кааласа,
Адамсыз көрдү балбанды.
Кудай бетин көрсөтпө,
Чакчелекей чаң болгон,
Кызыл челек кан болгон,
Көзү кеткен алактап,
Буту кеткен салактап,
Билегинен сап кеткен,
Жүрөгүнөн кап кеткен,
Адамсыз көрдү балбанды
Алдына качып барганын,
Каруусу толук капырга,
Кайран Шоорук баатырга
Кабар айта салганын:
«Атаңдын көрү, эр Шоорук,
Кайратың ашык жан элең,
Кулак угуп, көз көргөн,
Билген жандын баарына
Шоорук кан атың бар элең.
Кайраты ашык жан көрдүм,
Сыягы бөлөк, заары күч,
Кабагын көрүп отуруп,
Кайран жандан күдөр үз!

Жалпы баары мингени,
Булуттай учкан малы бар,
Айзасын канга чыктаган,
Баарысы канкор абыдан.
Оронна карасам -
Жүрүшүнөн чаң чыгат,
Доошунан жан чыгат.
Баарысына карасам -
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Тоодой, таштай бөлүнөт,
Тойпоңдошкон жерине
Тозок салат көрүнөт.
Себилдүүсү сексен төрт,
Жолоп адам баргысыз,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Бет алган жагы мерт болду,
Катылганды кандады,
Кайрат берер калбады.
Кароолчудан кан өлдү,
Кармашкан жандын баары өлдү.
Чабыша келген балбандын
Чачы калды булайып,
Капка баккан жайсаңдар
Такыр өлдү тырайып,
Кайраттууну кармады,
Кара такаат кылганды
Калтырбай баарын жайлады.
Келиштирип ат минген,
Керилтип бышык тон кийген,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Ааламдан бөлөк көрүнөт,
Атка минген келбети.
Эңчерирээк эр экен,
Телегейи тең экен,
Урушуп менде жеңгисиз
Каарынан жан чыгат,
Кара саат эме экен.
Акыл айран бөлүндү,
Акылына көнбөсөк,
Сураганын бербесек,
Биз эле эмес, ааламды
Алуучу сыны көрүндү,
Аябаган дүмөктү
Салар сыны көрүндү.
Белестен чыкты кырк бир жан,
Эрдигине таң калам,
Кылымда болбойт мындай жан.
Канга тойбос салты бар,

Катуу мүшкүл салат го
Кайдан келген каркыбар?
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Аалам жерди кыдырып,
Кыркы кымбат шер окшойт,
Атайы каалап, биздерди
Басып келген эр окшойт.
Кызыгышып тийишсек,
Кыргын кылар чени окшойт.
Өкүм экен башчысы,
Өлчөп карап отурсам,
Өз билгенин кылгыдай,
Кайрат берип кагышсак,
Качпай туруп чабышсак,
Калтырбай журтту кыргыдай.
Боконо сөөгүм болкулдайт,
Жүрөгүм туйлап солкулдайт.
Кара таппай, бел таппай,
Караандуу кан эле,- деп,
Качып келдик өзүңө.
Кабарыңда бар бекен,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Дүбүртү түптүз жер жарган,
Кайраты башка, заары күч,
Канкор Манас өзү экен,
Калкыңды кырып кетүүгө
Камдана чыккан кези экен.
Кечээ, биз нойгутту алганда,
Талкан кылып далайын
Такыр кырып салганда,
Буласын булап алганда,
Бузукту кыйын салганда,
Берендикти билгизип,
Олжо түшкөн кыз-катын
Тайлак-төөгө мингизип,
Олжолоп кайра кайтканда,
Ал бадирек нойгуттун
Калкы качып барган бейм,
Ал-абалын бек айтып,
Чунак канкор Манаска
Сырын айта салган бейм.
Муну менен кан ичме
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай айза алып,
Ала-Тоону ашкан бейм.
«Кааласаң кыргын мындай», - деп,
Камындырбай биздерди,

Төбөбүздөн баскан бейм.
Төөгө жүктөп була арткан,
Айлап-жылдап жол баскан,
Ардын бутун сындырган,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырган,
Кербендерден кеп уктум,
Кең Алтайда салышып,
Эсенкандын балбанын
Такыр кырды, - деп уктум.
Каарды катуу баштаптыр,
Кармалашкан дөө, алпты
Такыр кырып таштаптыр.
Беттеп адам барбаптыр,
Берен Манас канкорго
Кайнап жаткан кытайдан
Укурук кайырар калбаптыр.
Калайманды салды - дейт,
Кара калмак, манжуунун
Башына тулга салды - дейт.
Жаң-жуңдун баарын жалмаптыр,
Каражолтой Манаска
Кармашар кытай калбаптыр.
Ошол канкор өзү экен,
Ажыдаар уусун чачууга
Атайы келген кези экен.
Каңгай канын өлтүрүп,
Алтай түштү, - деп уктум,
Алтай канын өлтүрүп,
Ала-Тоо келди, - деп уктум,
Кокондогу кожого
Колу жетти, - деп уктум,
Катылгандын баарысын
Оңдоп салды, - деп уктум.
Ак үйлүү турган Алөөкө
Ал кытайдын коргону,
Кеп угулуп, кабары -
Ал эмине болгону...
Кан Шооругум, кебимди ук,
Калың казган ор келди,
Кайнатылуу шор келди,
Кантип тирүү калабыз,
Кара жанга зор келди.
Тил албасаң тим эле
Тиктеген жанды союптур,
Тууган окшойт Манаска,
Нойгутту чаап коюпсуң,
Чатакты өзүң баштапсың,
Жаңжал менен көп чырды

Чоң арбытып таштапсың.
Күрдөлүү журтун алыпсың,
Күнөөкөр болуп калыпсың.
Өч албай коёр эр эмес,
Бизди өксүтпөй коёр жер эмес.
Кечүүдөн бузат көчүңдү,
Керишсең алат өчүңдү.
Олжолоп кетет төөңдү,
Олоңдосоң кокустан
Жайната муштайт мээңди.
Шер аталган көк жалга
Чабышып чама келеби,
Айтканым ушул билип ал,
Ай, Шоорук кан, тилимди ал!»
Бу сөздү айтып, Жөөжелдет
Айтып оозун жыйгыча,
Ачып көздү-жумгуча,
Кыраан Бакай, кан Манас -
Кызырлуу Бакай абасы,
Кыйла акылды тааптыр.
Аргын кандын Ажыбай
Молдо менен бир жүргөн
Эшендиги дагы бар,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбастан сүйлөгөн,
Чечендиги дагы бар.
Жетимиш бурку тил билген,
Кайыбынан кабылган,
Канкор Манас төрөгө
Кудай айдап табылган.
Жүгүрүк чечен, жүйөөкор
Кара тилин кайраган,
Ажыбайдын адаты
Кан алдында сайраган.
Кан Ажыбай чечендин
Оозунан сөзү чачылган,
Чечендигин көргөндө
Орустун каны чоң Керке,
Сүйлөбөй жаагы басылган.
Илгич-билгич Ажыбай,
Кеп жагынан алжыбайт.
Кебетеси-келбети,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Узун сакал, жоон мурут,
Өңү кызыл, көзү чоң,
Эр адамдын урдуусу,
Ажыбай жайын сурасаң
Кырк чоронун сулуусу:

Кабагы ачык жайдары,
Кан Манастын балбаны,
Катуу мүшкүл иш келсе,
Кайран жанга күч келсе,
Качан болсо Ажыбай
Кан алдына барганы.
Айла табар Бакай шер,
Баштаган экен шумдукту,
Эр Ажыбай кыраанга
Кылган экен буйрукту:
«Аргын кандын Ажыбай,
Ордолуу кан Шоорукка
Кайра тартпай барып кел,
Аңгемелүү кебиңден
Аябай эми салып кел!
Кан эшиги кыямат,
Эптеп кирер эр керек,
Эр эшиги сом темир,
Эритүүгө эр керек,
Кан алдына элчиге
Кан Ажыбай, сен керек!
Баатырдыгың бир канча,
Чечендигиң башкача,
Кылыч сүйрөп кесе айткын,
Ойрон элең Ажыбай,
Онтолобой тез айткын!
Атышамын мен - десе,
Мергендерин шайласын,
Атышары зор Манас,
Алышары эр Бакай,
Аламан кылар кырк чоро
Арманда болуп калбасын.
Ишенсин ушу кебиңе,
Чабышам десе Шоорук кан
Чыга келсин азыр де,
Майдандашар жерине.
Манастын канкор экенин
Кан Шоорук эми билсин де,
Кармашар көөнү болбосо
Келме айтып тилине,
Ыйман кирип дилине
Бусурман динге кирсин де.
Катык жандуу канкордун
Дегенине көнсүн де,
Оймок ооз, бото көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кызын тартуу берсин де!
Ал айтканга көнбөсө,
Кызын тартуу бербесе -

Бактарына суу буруп,
Бакчалатып салабыз.
Тамынын баарын уратып,
Талынын баарын сулатып,
Там коргонун талкалап,
Кум коргонун кулатып,
Такыр кыргын кылабыз!
Ачууланса Шоорук кан,
Тулпар минип, топ бузуп,
Айзалашып ойнойбуз,
Чымырканса Шооруктун
Чымындай жанын койбойбуз.
Ичип канга тойбогон,
Аты - Манас, эр көк жал
Шериң келди, - деп баргын,
Ак марал айдап, уй кылган,
Атышкан жоону буй кылган,
Ажыбай, Бакай эки кан
Каның келди, - деп баргын.
Суу ич десе, уу ичкен,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Манас кандын кырк кыраан
Баары келди, - деп баргын.
Жаңжалдашпай, чырдашпай
Деген сөзгө көнсүн де,
Деген сөзгө көнбөсө -
Түгү калбай кырылып,
Түп көтөрө өлдүң де!
Көк тулпар санга бир салып,
Көк ала айза колго алып,
«Манастап» ураан саламын.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Атаңдын көрү, Шооруктун
Бардигер жинин кагамын,
Кайраттуусун кырамын,
Билгенимди кыламын.
Сураса бербес кыздарын
Суук укурук саламын,
Адам баспас шаарын
Аралап басып барамын.
Ардактаган кыздарын
Ордодон тартып аламын! -
Ушу кепти уксун де,
Кармашар көөнү бар болсо,
Каршылаша чыксын де.
Маңдай-теский турушсун,
Баатыр болсо, Шоорук кан
Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып урушсун.

Сумсаңдашса Шоорукка
Суна турган айза бар.
Бу тилиңди албаса,
Кебиңе кулак салбаса
Элчилик кебиң айтып кел,
Эртелеп, Ажым, кайтып кел!
Билгич Бакай атагым,
Болсун менин чатагым».
Олуят Бакай кеп айтып,
Көк тулпар оозун бурду - дейт.
Касаба колдо калкылдап,
Алтын жаак айбалта
Ач билекте жаркылдап,
Көк калканды жамынып,
Көрөр болсоң Бакай кан
Көк жолборстой чамынып,
Көк жал Бакай абасы
Көргөн жанга сан колдой.
Кутпа жаккы бетинде
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Бек чакчайып, көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Астындагы Кула аты
Ооздукту каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Каардантып булкунтуп,
Он эки чоро Кула атты
Кармап турат жулкунтуп.
Анын бир жак жагынан
Манас кандын кырк чоро
Кырк бир жерге бөлүнүп,
Кырып иер эмедей,
Кыраандык жайы көрүнүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кылча жанын аябай,
Кырып ийчү эмедей,
Кызык камап калыптыр,
Шоорук кандай чоң канга
Кыяматты салыптыр.
Буйрук кылса эр Манас,
Бурулбай чоро жеткидей,
Бурулбастан тим эле
Талкан кылып өткүдөй.
Кырк чоро, кымбат өзү эр

Кылымды бузган булар шер
Шоорук кандын башына
Теги балаа салыптыр,
Тепсеп кетер эмедей,
Тегеректеп калыптыр.
Айза сунуп элеңдеп,
Кырк чоро жайын сураба -
Окчонтойдо дарынын
Оозун чечип белендеп,
Тулпар оозун бурушуп,
Колундагы очогор
Аңырайта сунушуп,
Уу дегенде чуу койгон,
Манас кандын кырк чоро
Кабар берсе Ажыбай
Каптап чогуу жеткидей,
Кылча койбой бирөөнү
Кыргын кылып кеткидей.
Шоорук кандын көп эли
Эси ооп шашышып,
Энтелеңдеп качышып,
Өөдө-төмөн дүргүшүп,
Алапайын табалбай,
Кырк чорону көргөндө
Качып алып ошондо
Чокоюна мүргүшүп:
«Көрүнбө», - деп, бир бирин
Жетелешип жекишип,
Болот эшик дарбаза
Оозун мыктап бекитип,
Калк жыйылып чуркурап,
Капка баккан жайсаңдар
Такыр качып дыркырап,
Аргын кандын Ажыбай
Кан Бакайдан кат алып,
Карткүрөң менен аттанып,
Болот эшик дарбаза -
Шоорук кандын кандыгы
Кыйын экен байкаса.
Дарбазадан кирди эле
Ары таман жүрдү эле.
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так.
Жана Ажыбай барыптыр
Курбусу алтын тагына,
Сейилдикке отурган
Шоорук кандын багына.
Кырка сайган багы бар,
Бак ичинде тагы бар,

Ал багынын түбүндө
Тамашасы дагы бар.
Так алдына салдырган,
Алтын түрдүү зор килем,
Кырк жылы суугa чыласа,
Кыярып чирип оңгусуз.
Сексен жыл жатса сел каптап,
Серпилип бети оңгусуз.
Шоорук кандын жанында
Чокмор алган балбаны
Туш-тушунан короюп,
Төөгө минген аскери
Тегеректеп сороюп,
Эр Ажыбай таң калып,
Жылкысы жок, төөсү бар,
Жылас болгон кандай жан?
Кылыч алган балбаны
Кызык кылып Шоорукту
Тегеректеп калганы.
Ажыбайды көргөндө,
Кан алдында сакчысы
Как жарылып дыркырап,
Жалаңкыч көргөн эмедей,
Жайыла качты чуркурап.
Балбандары сандалып,
Ажыбайга таң калып,
Адамда мындай болбойт, - деп,
Алышкан адам оңбойт, - деп,
Алты сан аскер каптаса
Аман бирөө болбойт, - деп,
Көзү көлдүн ордундай,
Жаңжалдашкан адамдын
Жалпы баарын соргудай.
Арслан белем, адамбы,
Арсландыгы көрүнөт,
Ала турган кези экен,
Артык дүмөк бул башка
Сала турган кези экен.
Көрүп, көп кол жарданып,
Көргөндөрү таң калып,
Ал Шоорук кан баатырга
Аргын кандын Ажыбай
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Аңгеме айтып, кеп баштап:
«Арага келген элчибиз,
Зордукчуну, чоңдорду
Көрүшкөнү жүрөбүз,
Калың аскер жоо чыкса
Өлүшкөнү жүрөбүз.

Деген сөзгө көнүңүз,
Канкор Манас шер келди,
Тилегенин бериңиз.
Тилегенин бербесең,
Айтканына көнбөсөң -
Көк маралың уй кылат,
Көсөп кирип буй кылат,
Ак маралың уй кылат,
Айдап жүрүп буй кылат!
Айтсам далай кебим бар,
Канкордун сенде кеги бар,
Кеги болгон себеби
Кең Алайды жердеген,
Андагы нойгут эл деген.
Он эки түмөн кол алып,
Нойгутка ойрон салыпсың,
Бүлүндүрүп аларды
Баатыр болуп калыпсың.
Алайдагы ал нойгут
Алаңды ала качтыбы,
Ак теңге булуң чачтыбы?
Куланды кууй качпаса,
Куржунда булуң чачпаса
Кылмышсыз элге катылдың,
Чатакка башың чатылдың.
Ой, Шооруk кан, сен эми
Оң айткан сөздү билерсиң,
Оңурайып чырдашсаң
Нойгуттун тонун киерсиң,
Талкандай, таштай чалыпсың.
Тим эле сен нойгутка
Кордукту мыктап салыпсың.
Кереге-уугун кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Кериш оңой болобу,
Керишти кызык салыпсың,
Кылмышсыз элди кыйратып,
Кыйындыгың билинди,
Муну менен моюнуңа
Токонаалат илинди.
Калтырбай калкың кырууга,
Өз билгенин кылууга
Камданып турат булкунуп,
Кабылан Манас шерим бар,
Кан экениң чын болсо,
Мага кара, сен Шооруk,
Айта турган кебим бар.
Менин айткан сөзүмдү
Билесиңби, сен Шооруk,

Бусурмандын динине
Киресиңби сен, Шоорук!?
Кара динден ак болгун,
Капырдан качып жат болгун.
Чачып ий, такыр жыйганды,
Каалагын жалгыз ыйманды.
Ыймандуу адам баатырдыр,
Кыямат жолу такылдыр,
Дүйнөңдөн диниң жакындыр.
Менин сөзүм акылдыр,
Акыретке барганда
Ыймансыз адам бакылдыр.
Таштагын капа-убайды,
Каалап бил, жалгыз кудайды,
Менден үйрөн ыйманды.
Азыр айткан тилимди
Билсең кантет, Шоорук кан,
«Бысмылда» - деп, сөз айтып,
Бусурмандын дилине
Кирсең кантет, Шоорук кан?
Талаалап кетсин жыйганың,
Кабыл болсун ыйманың,
Билгенче айтып берейин,
Калбасын менде убалың.
Азарың динге салбасаң,
Айткан тилди албасаң,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө!
Качырса талкан кылучу,
Канкор Манас каны бар,
Капыядан сөз тапкан,
Кабылан Бакай дагы бар.
Кырк чоронун кыраааны,
Кыйыны Манас кыйкырса
Кыпындай эмең таштабай,
Кыйратып кырып кетүчү
Кырк чоросу дагы бар,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы.
Айза сунуп, жоодо өскөн
Ыктуу чоро дагы бар,
Жеке башы сан колдук,
Мыктуу чоро дагы бар.
Көк жолборстой чамынып,
Чалчу чоро дагы бар,
Көсөгөндү соо койбой,
Тополоңду башыңа
Салчу чоро дагы бар.
Кырк чоронун мингени -

Тегиз тулпар канаты,
Ай-ааламды кырк чоро
Ала жүргөн адаты.
Кырк чоро кирип кол салса,
Кайдан душман оңолот,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Журтуңдун баары жоголот.
Бусурман кылып башыңды,
Астын тозуп сатуу кыл,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кызыңдан
Кан Манаска тартуу кыл!
Атышаар көөнүң бар болсо -
Бел байлаган белиңди айт,
Бекип жаткан жериңди айт.
Кармашар болсоң, колуңду айт,
Онтолобой жообуңду айт!
Күрөшөөр көөнүң бар болсо,
Күлүгүңдү шайлап чык,
Басташаар көөнүң бар болсо,
Баатырларың камдап чык!»
Ар белгисин Манастын
Ажыбай айта салганы,
Ажыбайдын кебине
Ал Шоорук кан таң калды.
Темирден салган мунара,
Бийиктигин сураба!
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тагынан түшүп жүгүрүп,
Мунарага чыкты эми,
Мунарадан караса,
Калк аманын кааласа,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Аккуладай ат минген,
Айбаты катуу, заары күч,
Айбаттуу адам көрүнөт.
Колдогону Кожосан,
Кол бергени кырк чилтен,
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен.
Башында казандай кара бөркү бар,
Ай-ааламдын баарысын
Не кылам десе эрки бар,
Жетик экен абыдан.
Жумуру баштуу мендеде
Болот экен мындай жан.
Шоорук кан көрүп таң калып,

Кандай жайда туулган,
Каражолтой бул Манас -
Катылса салат чуулган.
Кызыр чалган шер экен,
Жанындагы кырк жайсаң -
Кыркы кылдай тең экен.
Манас көк жал, баарысы,
Баатыр Бакай карысы,
Катар турат баары тең,
Кырк чоронун баарысы.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Тиштенгенде кайран тиш
Таруудай болуп быркырап,
Оозунан чыккан көк жалын
Оргуп турат жөн эле,
Айза бою шыркырап.
Кабар берсе Ажыбай
Каптап барып жеткидей,
Кылча бирди соо койбой,
Кыргын кылып кеткидей.
Күмүш кемер курчанып,
Күркүрөгөн султандын
Күндөй бетин нур чалып,
Балбан да экен, шер да экен,
Ааламдын баарысын
Ала турган эр экен,
Дегенине көнөйүн,
Кыргын болбой бөпбөөдө
Бөрү жолдуу канкордун
Каалаганын берейин!
Манастын каарын көргөндө
Эси оой баштады,
Мунарадан Шооруk кан
Кулап кете таштады.
Канкор эрди көргөндө
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти.
Мындай тартып караса -
Коштогон экен канкорду
Кожой, Кыдыр экөөлөп,
Онжоңдотуп Кула атын
Он эки чоро жетелеп.
Карап туруп, ошондо
Кан Шооруктай эрениң
Манасты көрүп алганы,
А дээрине алы жок,
Э дээрине эси жок
Тагынан түшүп калганы.

Эр Ажыбай баатырга:
«Көндүм, Ажым, көндүм!» - деп,
Келмени айтты Шоорук кан:
«Бусурман болуп бердим» - деп.
Камап барып көк жалың
Кан Шооруктун калаасын,
Конуп калган кези экен,
Чын бусурман ал Шоорук
Болуп калган кези экен,
Кара динден ак болуп,
Капырдан качып жат болуп,
Көөдөнүнө ыйманы
Толуп калган кези экен.
Ойрон Манас султандын
Шердиги минтип билинип,
Ордолуу шаар Шооруктун
Канын динге киргизип,
Калайыгын калтырбай
Баарын динге киргизип,
Багындык - деп чуркурап,
Баары кепти башташты,
Ажыбайдын алдына
Кылыч, мылтык, бар жарак
Баарын жыйып ташташты.
Карап жаны калбады,
Чочуп кетип Шоорук кан
Ажыбайга сайрады:
«Оой, Ажыбай, султаным,
Башаа болуп так минсең
Ордолуу калаа эл мына,
Ойрон кылып жиберсең
Ойрон Шоорук мен мына!
Баашалуу калаа жер мына,
Башымды алсаң мен мына!
Ургаачымды, узумду,
Кымбат сулуу кызымды,
Түп көтөрө калтырбай,
Түгөл сизге берейин.
Калың казба орумду:
«Багынды», - деп бара көр,
Каптатып ийбе колуңду!
Тартуу кылар узум бар,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз
Акылайым баш болуп,
Сексен сулуу кызым бар.
Дегениңе көнөйүн,
Кыздарым тартуу берейин.
Калың калча, көп журтум

Калкым менен берейин,
Каалагандын баарысын
Астыңа салып берейин.
Калкыма кабар салайын,
Кааласаңар, калкыма
Кабыланың Манасты
Кан көтөрүп алайын.
Тарттым алтын тагымды,
Таштабай баарын берейин,
Керек деген баарыңды,
Кыйба баатыр жанымды.
Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Өкүнөөр болсоң Ажыбай,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Баламды таштап, зайыбымды ал!
Айтканым ушул билип ал,
Арсланым Ажым, тилимди ал,
Курсагың ачып, жол тартсаң -
Көөкөргө куюп, канымды ал!
Ыраа көрбөй кааласаң,
Көкүрөктө жанымды ал!
Сыйындым Манас бириңе,
Бүгүн кирдим дининңе.
Жаңыдан каалап эр таптым,
Жаңы жерден жер таптым.
Куранды ачып, кат билдим,
Кудайдын атын жат билдим.
Кыялы оор узум бар,
Кымбат Манас шериңе
Ылайыктуу кызым бар.
Бели кындай, бети айдай,
Көргөн адам таң калган,
Маралдай басып торолгон,
Белине чачы оролгон,
Бугудай болуп торолгон,
Бутуна чачы оролгон,
Сүлөөсүндөй чоюлган,
Аты Акылай коюлган.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай!
Жибекти көр, чачын көр,
Алманы көр, башын көр,
Тийбегин журтка кылайып,
Өзүмдүн кызым Акылай -
Манасыңа ылайык!»
Келме айтып, журту буркурап,
Динге кирди чуркурап.
Ордосуна жүгүрүп,
Ургаачысын, уздарын,

Такыр жыйды калтырбай,
Кара көз сулуу кыздарын.
Көрсө кумар кандырган,
Аптап күнү тиет, - деп,
Ак сарайдан салдырган,
Салтанаттуу ак сарай,
Салкындыгы бир далай.
Шоорук кан журтка дайын кан,
Шоорук кан кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Тоту куштун куйругун
Токсон түрдөп сайынган,
Төбөсүнө кийгени -
Алтындан кылган такыя,
Көргөн адам таң калат,
Шооруктун кызы шуркуя!
Сулуулугу, сымбаты -
Адамдан артык көрүнөт,
Акылайдын урматы.
Үкүнүн жүнү жүндөнгөн,
Булбулдун үнү үндөнгөн,
Агарып тиши кашкайган,
Күлүмсүрөп тастайган,
Оймок ооз, бото көз,
Өңчөй баары кара көз.
Бедерине бейбактын
Менде чыдап тургусуз,
Канкор Манас өзүнө
Акылайды баш кылып,
Айымын тартуу кылды - дейт,
Билге жүктөп дилде алып,
Кайра тартпай узду алып,
Акылайды баш кылып,
Кан Шооруктун элинен
Сексен сулуу кызды алып,
Калчаны чаап бүлдүрүп,
Айкөл Манас кабылан
Шердигин журтка билдирип,
Күн убада - кырк бир күн,
Мейман болуп кайтууга,
Кумары канып далайга,
Алып кирди көк жалды
Короосу бекем сарайга.
Тоюна токсон мал союп,
Толгон оюн-тамаша,
Дүнүйөнү тең коюп,
Ичкени арак, мысалдаш
Акылайдын тоюнда
Ындыстан журту аралаш,

Кымбатың Манас барында
Кырк чоронун баарысы
Кызыкты көрдү кайран баш.
Аркардай таңын кылайтып,
Кыз сулуусу ошондо.
Ак эмчегин булайтып,
Адам, Шооруктун кызы Акылай
Беризаттай көрүнөт.
Көргөн сайын көк жалдын
Көңүлү жаман бөлүнөт,
Шооруктун кызы Акылай
Канкор шердин көзүнө
Беризаттай көрүнөт.
Таң-тамаша, дуу оюн,
Такыр эрлер кылды эми,
Олуят Бакай эр абаң,
Ал Акылай сулууну
Манаска ике кыйды эми,
Бойдоктору чоронун
Болбогон сулуу кыз алып,
Билге жүктөп, дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Алтын, була дүйнө алып,
Жүктөй албай кырк чоро
Олжосуна кыз алып,
Омбутуп кирип шаар алып,
Атагы Шоорук кан экен,
Жаштар менен карысын,
Бусурман кылып баарысын,
Беренин беттеп билгизип,
Белгилүү калча Шоорук кан
Бет алып динге киргизип,
Бет каратып, бир тартты.
Баатырларын, балбанын
Жер үстүнө таратып,
Шериң Манас, эр көк жал
Жеткен жерин каратып,
Телегейи тең болуп,
Атагы журтка угулуп,
Шай колдогон шер болуп,
Ат семиртип ык кылып,
Жалгыз башын кырк кылып,
Кабылан тууган канкордун
Качырган жоосу бүлүнүп,
Канкордун жайы ушундай -
Каармандыгы билинип,
Катын алып, үй күтүп,
Кайра тартты ошондо.
Манастын алган зайыбы -

Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай.
Айкөл Манас жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Маймундун чөлүн жакалап,
Сай тулпардын баарысын
Кайра баштан такалап,
Дүнүйө толкуйт караса,
Жүргөн жери көк жалдын
Оюн менен тамаша.
Конгон жерде эрендер,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе ошондо,
Багалак ойноп жатышып,
Оолукканда кырк чоро
Оромпой оюн салышып,
Камарабай, былк этпей,
Ойноп жатып калышып,
Ээр белдей белести
Эңкейип ашып келди эле,
Туйгун Бакай карыя -
Көп жерди көргөн олуя
Кыраандарды бакырып,
Кыраандарды чакырып:
«Манас баштык, кырк кыраан,
Калбай чогуу баарың кел!
Жердин түбү - Желпиниш,
Желпиниште турганда
Манас кирип түшүмө
Ат бороюн сыдырдым,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырдым.
Көк тулпарым баспаган,
Көк жалды издеп табалбай,
Жерде бүтүн түк калбай,
Бакай абаң көрбөгөн
Элде бүтүн түк калбай
Жердин жүзүн чалганда,
Эрдигимден оолуктум,
Урааны - жоомарт тукуму,
Текелерге жолуктум.
Жанаалы, Карач бир тууган,
Ал түркмөндүн каны эле,
Карачтын кызы Көрпөян,
Арслан Бакай абаңа
Ашык болгон жан эле.
Буттап алтын зер менен
Арга жүктөп алгамын,
Бусурмандын шарыят,

Кызыңды бизге бергин, - деп,
Сөйкө сала баргамын.
Алтынымды алган жок,
Азарын мага салган жок,
Айтканыма көнгөн жок,
Кызын мага берген жок.
Теке жоомарт ат минип,
Көк темирден тон кийип,
Куу Чамбылдын белинен,
Кутура чыгып урушту,
Жанаалы, Карач эки дөө
Күнү-түнү он төрт күн,
Абаң Бакай эр менен
Айзалашып турушту.
Көзүнө мени илген жок,
Кызыр чалган абаңды
Ал акмактар билген жок.
Жалгыздыгы курусун,
Жапаалашып өткөмүн,
Көрпөянды алалбай,
Көк жал Манас табылса,
Сага кызык кылам, - деп,
Арманда болуп кеткемин.
Көрпөянды алалбай,
Тилегиме баралбай,
Ай-талаага түшкөмүн,
Ай, жалгыздык, сени - деп,
Бармагымды тиштедим.
Басып ойлоп, көп жүрдүм,
Манас келсе, - деп жүрдүм.
Тиктегеним Жанаалы,
Тилектеш жарым Көрпөян,
Куда болом Карачка,
Куу жанымды аябайм,
Карач мага жарашса.
Көөдөнгө толук ыйманым,
Аты Кызыр дубана,
Ал Көрпөян байкушту
Түшүмдө ике кыйганым.
Карагыла, оой, балдар,
Кайыр ике кет кудай,
Көрпөянга жете албай,
Капа болом бир далай.
Ай түгөнүп, жыл өткөн,
Арада мынча күн өткөн,
Кызыталак куу жалган,
Бакайга кызыгын көрчү минеткен.
Көрпөяндын айынан
Жекеге чыга барышып,

Жети күн тынбай сайышып,
Арык кылдым ыргалтып,
Астымда тулпар малымды,
Алалбай калдым ушунтип,
Акыреттик жарымды.
Тилегенге жете албай,
Тигинен кирип баралбай,
Ат артына салалбай,
Олжо кылып алалбай,
Уругу жети эл экен,
Жоо жагына бөрү экен.
Алар арбын, мен жалгыз
Алтымыш күнү уруштум,
Алтымыш күнү аралап,
Араң чыктым ошондо,
Алты жерден жара жеп,
Жоо жагына камынган,
Жолуң каткан эл экен,
Баласы канжар тагынган,
Кызыр чалган абаңа
Кыйкырык салып жабылган.
Алар түмөн, мен жалгыз,
Айлам барбы кудайга,
Араң чыга бергенде
Ал Көрпөян байкуштун
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кеткен.
Мурдунун суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арталбай,
Өөдө-төмөн чыңырып,
Туйлап калган эмеспи!
Кабылан, аман болгун! - деп,
Ыйлап калган эмеспи!
Казына болор аты улук,
Ургаачынын мыктысы,
Касиеттүү жан эле,
Жети жыл мени күтүүгө
Убадасы бар эле.
Ай мезгилин алганда,
Айды катка салганда
Ай жаңырган, күн өлүп,
Армандуу жарды алалбай,
Жүрөбүзбү минетип!
Ашыкты таштап, Манас, - деп,
Ар жылга кеткен мен кандай?
Асылым Бакай келет, - деп,
Арман менен күн санап,
Боздоп жүргөн ал кандай?
Алда Таала мендесин

Жаратат экен ар кандай,
Кызарбастан бозоруп,
Капага ичи толгондур,
Кайрылбай Бакай кетти, - деп,
Кудөрүн үзүп койгондур.
Кечиккен Бакай абаңды:
«Келбейт ко», - деп билгендир,
Ушу күндө Көрпөян
Кудөрүн үзүп жүргөндүр.
Атасынын өзүнө
Жуучу түшүп жан келип,
Аламын, - деп бейбакты,
Туш-туш жактан кан келип,
Жашылала суп көйнөк
Кийбей койду, - деп уктум,
Башымды кессең мейлиң, - деп,
Тийбей койду, - деп уктум.
Бакай кан, - деп зарланып,
Күйүп жүргөн ал кандай?
Күнүм келип жете албай,
Күүлөнгөн Бакай мен кандай?
Кудай Таала мендесин
Тушайт экен ар кандай,
Санап, күйүп отуруп,
Сай медиреп Бакайың,
Күйүп кетет ар кандай.
Алты ай сапар жол жүрсө
Көк тулпардай буудан жок,
Эр кенжеси зор Манас,
Өзүңдөн башка тууган жок,
Эш кармаган эрим жок,
Эрмегим Манас, эр көк жал
Өлүмдөн башка шегим жок.
Карагайдай мен жалгыз
Өзүңдөн башка эрим жок.
Жолдошум Манас табылды,
Башкадан эми көөнүм ток,
Тиктегеним Көрпөян,
Ошондон башка дартым жок».
Айтып Бакай абаңыз,
Кашатка түшүп токтоду,
Ашыгы түшүп оюна,
Капкайда дартын козгоду.
Бетинен кызыл калбады,
Бет алганы Чамбыл-Бел
Берен Бакай абаңдын
Кан ичмеси кармады.
Кыраан Манас султаны
Кыйкырыкты салды эми,

Жоо келгенсип дүркүрөп,
Доолбас катуу кагылды,
Жоо көрүнсө каптамак,
Кырк чоронун адаты.
Кан Бакайдын алдына,
Катар барып жабылды.
Арслан Бакай алдына
Арсландай чамынып,
Барып жетип Манас кан,
Кайыптан акыл табылып:
«Асыл Бакай, абаке,
Бүгүн айттың чыныңды,
Казыр айттың жан аба,
Көөдөндөгү сырыңды.
Жанаалы, Карач - эки кан
Деген сөзгө көнбөсө,
Көрпөянды бербесе,
Буласын булап аламын,
Бузукту чогуу саламын.
Аккула тулпар, Айбанбоз
Алмак-салмак минемин,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Көрпөянды бербесе,
Айдап, кырып баарысын,
Мекеге чейин сүрөмүн!»
Деп, ошонтүп, Манас кан
Кан Бакайга муну айтып:
«Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Ээрчитип жанды эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Эгизим, Бакай, кырааным,
Тиктеп, аба, сөз айтсаң,
Тим эле тилиң аламын!
Тиктеп туруп өрткө сал,
Муну кечип барбасам,
Арслан аба, башымды ал!
Сураса бербес аяшка,
Суук укурук салабыз.
Кармаш кылып какайса,
Качырып тартып алабыз!» -
Деп, ошонтүп, Манас кан,
Ай-талааны сыдырып,
Адам батпас кара кум,
Аралады мына бул.
Кумдун кайып булакка,
Ат сугарып калышып,
Жалгыз аяк жалтак чеп,
Ат чалдырып салышып,

Кулан кууп алышып,
Көп кызыкка батышып,
Эми Манас, кан Бакай,
Эрендер кайдан аянды,
Өткөн иштин жайынан,
Көрпөяндын айынан,
Бери жагын караса,
Белендинин бели экен,
Ары жагын караса,
Көз жетпеген тунарык,
Чамбылдын бели дээр экен,
Белендинин белине,
Чоң Чамбылдын жээгине,
Берендер кирип барды эми.
Кызыгына жан тойбос,
Бул өңдөнгөн жер болбос,
Аңгеме көрсөң мындан көр:
Адырында аркар бар,
Тектиринде теке бар,
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Түзөңүндө түлкү бар,
Адам көөнүн ачуучу,
Ар жандардын мүлкү бар.
Сары адырмак керүү экен,
Садагасы кетейин,
Салбырын жүрчү жер экен.
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы!
Түзөңүнө барганда
Түлкү качып чубалып,
Ал түлкүнү көргөндө,
Кызыккандан кырк кыраан
Каткырык салып кубанып,
Адыр-күдүр чоң тайпак,
Беленди бели дээр экен,
Жанаалы менен Карачтын
Ит жүгүртүп аң издеп,
Кезинде келчү жер экен,
Кулан кууп кутуруп,
Жанаалы, Карач эки кан
Аңгеме кылчу жер экен,
Муну менен ал жерди,
Белендин бели дээр экен.
Айырмачтай кайкаңга
Асылдар чыга келди эле,
Калк аманын кааласа,
Карк эткенден карга жок,
Курк эткенден кузгун жок,

Ээн талаасын караса
Адырдан аркар кубалап,
Жанында бар беш жүз жан,
Аӊга келген кези экен,
Айыкпаган бир кыйын,
Чаӊга келген кези экен.
Жанаалы, Карач экенин
Камбыл Бакай билди эми,
Кулду кудай берди, - деп,
Ээн талаага келди, - деп,
Мыйыгында күлдү эми.
Абаӊ Бакай, артык шер
«Манас! Манас!» - бакырып,
Кыраандарды чакырып:
«Жоготкон жок табылды,
Абийир эми жабылды.
Мен көргөндү көрдүӊбү,
Мен туйганды туйдуӊбу?
Берейин деген кулуна,
Белен кылат жолуна.
Жорткон жолуӊ болуптур,
Жанаалы, Карач - эки кан,
Жолуӊа байда болуптур.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Жалгызында Бакайды
Жапааны жаман салды эле:
«Кыйырыӊды!» - деп, бул чочко,
Каптап жатып калды эле.
Жапааны жалгыз салалбай,
Көрпөянды алалбай,
Жанаалы кылган кордукту,
Көрсөтөлү көзүнө
Өзү кылган зордукту.
Тозокту толук салалы,
Топойто чаап жиберип,
Көрпөян тартып калалы.
Томуктуу жилик эт бербей,
Тору ала жетим тай бербей,
Көрпөян тартып алалы,
Ат артына салалы,
Тартып алып Көрпөян,
Аяган кызыӊ мына, - деп,
Олжо катын кылалы,
Кандайсыӊ - деп кайталы,
Икеси жок калдык, - деп,
Так ушуну айталы.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жаныӊ чыккан Жанаалы

Жабылганда күйгүзгөн.
Мөндүр кылып ок атып,
Бөлүнүп каптап келгенде
Бакайыңдан ал кеткен,
Тулку бойдон ошондо
Бурчактап кара кан кеткен.
Карандан камбыл кан өлгөн,
Айгайлашып турганда,
Айзакердин баары өлгөн,
Өткөн иштин жайынан,
Көрпөяндын айынан
Керишти кенен салгамын,
Жалгыздыгы курусун,
Биле албай кеттим дайынымды,
Алалбай кеттим ошондо,
Көрпөян асыл зайыбымды».
Абаң Бакай карыя,
Ар кылыктын баарысын
Айтып берди олуя.
Ошо кезде чоролор
Кыркка толгон санаты,
Кагышкан жоону көргөндө,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Талкандай чалмай адаты.
Касаба колдо калкылдап,
Жоо-жарактын баарысы
Жандарында жаркылдап,
Ортосунда зор Манас,
Опол-тоодой көрүнүп,
Кырк чоронун кырааны,
Айзакердин ыктуусу,
Алтымыштын мыктуусу,
Ажыбай, Бакай эгиз кан,
Ырчы, Шууту тегиз эр,
Чалыбай, Күлдүр эгиздер,
Боз уул, Байчоролору,
Кырк чородон булары,
Кызыл өрткө кабылса,
Кыйкырып айза сунары,
Кыйкырыкты укканда,
Манас кандын кырк жинди
Кыргын болбой турабы!
Кырк жакка кыркы бөлүнүп,
Каарына караса,
Калтырбай кырып салчудай,
Кан ичер түрү көрүнүп,
Жыйып алган Манастын
Кан ичмеден чогулткан

Кырк чоро деген калкы бар,
Кармашып менде жеңе албайт,
Катылгандын баарысын
Канын ичмей салты бар.
Айза сунуп айкырып,
Көрбөс чоро дейсиңби?
Бет алган жоону туш-тушка
Бөлбөс чоро дейсиңби?
Жоого киргин дегени -
Жолборс Бакай кабылан,
Бил териси доолбас,
Каңка-каңка урду эми,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыргын тийген эмедей,
Кыйкырып айза сунду эми.
Желигип калган кырк чоро
Жанаалы, Карач - эки кан,
Эки канга жетишти,
Беш жүз экен адамы,
Манас кандын кырк кыраан
Аралашып калганы.
Аралашып кетишти,
Камбылдыгы болжолсуз,
Кагышканда ар бирөө
Жанаалы, Карач адамын
Алтыдан сайып өтүштү,
Тулпар менен ойнотуп,
Шамдагайы болжолсуз,
Жанаалынын беш жүз кол
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Жанаалынын беш жүз кол
Такыр кырып сойлотуп,
Опол-тоодой оркоюп,
Ойрон Манас барганы.
Ал ойронду көргөндө,
Жанаалы, Карач - эки кан
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Көөдөнү кетип кирилдеп,
Сакалы кетип бириндеп,
Тизелери бүгүлүп,
Аттан түштү жүгүрүп.
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Моюнуна артышып,
Теке жоомарт тулпарын
Тегиз баарын тартышып,
Бооруна колун алышып,

Канкор Манас алдына
Кулдук ура салышып:
«Капыр болсоң, канкорум,
Калтырбай союп саларсың,
Бусурман болсоң, баатырым,
Бизди сактап аларсың.
Биз да ыслам дининде,
Тууган элек зилинде.
Биздин тилди алыңыз,
Биз эле сизге багындык,
Алымыңды салыңыз,
Бузбай-чачпай, баатырым,
Эр экениң чын болсо,
Букара кылып алыңыз.
Бусурмандын шерисиң,
Айтканыңа көндүк, - деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми сизге бердик, - деп,
Жыл - он эки ай болгондо,
Алымыңды салыңыз,
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Шер экениң чын болсо,
Букара кылып алыңыз!
Баатыр элең, шер элең,
Дегениңе көнөлү!
Алтымыш кундуз, миң жамбы,
Жылында муну берели!
Кан казына күтүүгө
Кабың толгон ал керек.
Кайрыдин менен кагышсаң,
Капыр менен чабышсаң,
Биз өңдөнгөн букара,
Жаман да болсо эл керек.
Кечээ, олуят Бакай карың бар,
Эреңдердин баары бар,
Өлбөгөн жерде калыштык,
Кыз талашып Бакайга
Кызык болуп салыштык.
Кызырлуу өзүң келген соң,
Дегениңе көнөлүк,
Кыз жакшысы Көрпөян,
Тартууга аны берелик.
Кандын ичи - көл-дайра,
Капалыкты кечиңиз.
Канкор Манас, кабылан,
Караан керек эмеспи,
Жанаалы менен Карачты
Өлтүрбөй таштап кетиңиз.
Айбаттанып айкырсаң,

Көп эле болсок өлөрбүз,
Сиз арслан, биз чычкан,
Чапчысаң нени көрөрбүз.
Көөндөп тил алыңыз,
Көөнүң келбей баратса,
Көмкөрө кырып салыңыз».
Жанаалы, Карач көп колу
Аттан түшүп жабылды,
Айкөл шердин өзүнө
Абыдан карап багынды.
Өлгөн менен арман жок,
Кабылан төрө Манаска
Укурук кайрар калган жок!
Жанаалы, Карач канды алып,
Айкөлдүн ушу кызыгы,
Аман болсо көк жалдын
Кылымга тиер бузугу.
Ташты чаап, жол кылды,
Далай жерди кор кылды.
Кылычка кымбат кын кылып,
Кыйла жерге чыр кылып,
Чоң тебетей, узун тон,
Эрдикти эпсиз таратып,
Чамбылдын журтун каратып,
Узун чокой, шири ыштан
Калчаны чаап, кыз алып,
Чыккан экен канкоруң
Жер жүзүнө узанып.
Аккула буту тийбеген,
Жерде бүтүн калабы?
Айкырыгын укпаган,
Эрде бүтүн калабы?
Куу ылаачын теппеген
Кууда бүтүн калабы?
Курган Манас тийбеген
Журтта бүтүн калабы?
Ал аңгыча болгон жок,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Бакай айткан Көрпөян
Ургаачынын узу экен,
Карач кандын кызы экен,
Адими торко кийгизип,
Атышка минер тулпар, - деп,
Арторуга мингизип,
Көк жал Бакай абакең
Көрпөян алды тартууга.
Ошолор айың кылды - дейт,
Ушак кылып турду - дейт.

Олжого булар тунду, - деп,
Олжо катын кылды, - деп,
Чоң күчүнө салды, - деп,
Ике кыйбай, той кылбай,
Икесиз катын алды, - деп,
Айтса кызык кеби бар,
Айкөл, Бакай экөөндө
Жанаалы, Карач кеги бар.
Жанаалынын Наркызыл,
Туура тулпар мээси жок,
Жол жорголуу, жанга тынч,
Жоон көкүрөк чоң тулпар,
Айзага камбыл түрсаяк,
Алыска минер үкү аяк,
Мындай жылкы табылбайт,
Жер жүзүндө эренге
Мындай күлүк кабылбайт.
Абаң Бакай муну ойлоп,
Кырк чоронун мыктысы,
Кыйласынан чыйрагы,
Ачык кабак, жайык төш,
Болумдуусу Боз уулга
Абаң Бакай кабылан
Эрин тиштеп, көз кысып,
Кырк чорого көргөзбөй,
Жаңдоо кылып турду эле.
Көз кысса билер кырааны,
Ыраагын жакын кылары,
Манас менен кабыргалаш тууганы,
Кан Бакайды карата,
Эликтей ыргып турганы.
Кан Бакайга барганда
Бакай жайы ушундай,
Эрге билгич жарыя,
Ал Боз уулга муну айтып:
«Чамбыл-Бел бизге жер эмес,
Жанаалы, Карач - эки дөө
Түбүндө бизге эл эмес,
Жанаалы, Карач экөөнүн
Буйгаты турат сөзүндө,
Бузугу турат көзүндө.
Семирип-сергип алганда,
Чылбыр чайноо кылышат,
Мындайраак болсок өзүбүз,
Чырдашканы турушат.
Биз бу жерден кеткенде,
Кермеге бутун артуучу,
Кеби суук Жанаалы
Керней күүн тартуучу.

Бул жерине кайткыча
Сураса бербес Наркызыл,
Суук укурук салып кел,
Көрүнөө бербес Наркызыл,
Көргөзбөй сурап алып кел.
Олжо кылар жан экен,
Манастын зайыбы Акылай,
Ылайыктуу мал экен».
Бакай мындай дегенде,
Жаадай учуп Боз уул
Жанаалы, Карач экөөнө
Жана жетип барды эми,
Астындагы Наркызыл
Туу куйругу бир кучак,
Тулпарлык сыны бар экен,
Тегин куйрук, жал эмес,
Тегиндер минер мал эмес,
Каалап келдим Кызылды,
Бул Кызылды көргөндө
Кайтадан көөнүм бузулду.
Кандуу айза колго алып,
Каршы-терши ыргалып,
Канкор минер мал экен,
Бугудай мойнун буратып,
Бузук жерге чуратып,
Буудандар минер мал экен.
Кынсыз кылыч байланып,
Какандан бери айланып,
Кармашка минер мал экен.
Аркасы бийик, зээри бас,
Адырга салса оюбас,
Тулпарлык сыны бар экен,
Кабылан көк жал Манаска
Ылайыгы бар экен.
Деген сөзгө көнүңүз,
Каалаган тулпар Наркызыл,
Каалап келдим бериңиз!
Наркызыл берсең кебим бар:
«Наркызылды бербесең,
Акыры сенде кегим бар».
Бадананы кийинип,
Баатырлар минер мал экен!
Боз уулду кудай урганы,
Оң-тетири кеп айтып,
Наркызыл сурап турганы.
Берен экен, Боз уулга:
«Бербеймин», - деп айталбай,
Бек ыңкылдап турду эми.
Башын жерге салышып,

Баарыдан мүшкүл ушу, - деп,
Жерди чукуп калышып,
Чама чарчап, ал кетип,
Бербей турган чама жок!
Сураса бербес Наркызыл,
Болумдуу тууган Боз уул,
Суук укурук салды эми,
Ойносо бербес Наркызыл,
Омбутуп тартып алды эми,
Канкор шердин алдына
Калжаңдатып каранды,
Тартуу кыла салды эми.
Кан Манастын кырк чоро
Катар жүрүп калды эми,
Ажыбай, Бакай эгиз кан
Айкөл шердин алдына
Онжоңдотуп каранды
Алып жетип барды эми.
Бакайдын жайын сураба,
Тирүү жүрсө сөзү ачык,
Атка сынчы, эр билгич,
Арслан Бакай көзү ачык.
Айкашкан жоого бет алса,
Арслан Бакай абаңдын
Ыктуулугу дагы бар,
Акыл тапкыч эң кыйын,
Мыктуулугу дагы бар,
Манас шердин алдына
Наркызылды жетелеп,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Наркызылдын маанисин,
Айкөл Бакай кеп баштап:
«Чалгын минсе чарчабайт,
Ойрон болгон Наркызыл
Оорукка минсе оорукпас,
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуусун сөйкөп карыбас,
Айгай укса шашпаган
Артык сыны көрүнөт.
Айдын караңгысында,
Бир изин ката баспаган,
Туяк тийген жерлери
Туш-тушунан бөлүнгөн.
Кыр-кырынан караса,
Кызык экен Нарбуудан,
Тулпарлык сыны көрүнгөн.
Алты ай минип жол тартса,
Чамасы кетип чалдырбайт,

Чылбыры тутам калбаса,
Чындаган жоого алдырбайт.
Үстүнө артса жүгү жок,
Адамдан эстүү мал экен,
Айтайын десе тили жок,
Сураса бербес каранга
Сугум түшүп чыр кылдым,
Жанаалы бизге эл эмес,
Кызыталакка сын кылдым.
Аттуу кылып Карачты,
Не мураска жетели,
Азыр колго түшкөндө
Темселетип кетели.
Айтсам кызык кебим бар,
Өпкө жарып, баш кесер,
Өт жарышып, кан төгөр,
Өлчөсөң далай душман бар,
Маңдайыңда бараң бар,
Басташар элиң далай бар,
Кыр жагыңда кытай бар,
Абаң Бакай кеби бар,
Алыша кетсек кокустан,
Алөөкө уулу Коңурбай,
Так ошонун кеги бар.
Азапты арбын баштадың,
Кан Алөөкө баатырды
Кармап союп таштадың».
Айкөл Бакай муну айтып,
Билбегенди билгизип,
Кызыр чалган көк жалды
Мунтип жолго киргизип,
Кызыр чалган Манасты
Ээрчитип Бакай эр кылып,
Ак марал айдап уй кылып,
Алышкандын баарысын
Алсыратып буй кылып,
Ташты бузуп, жол салып,
Беттешкенди мент кылып.
Катылганды кайсады,
Өлөңдүү жерге өрт койду,
Туландуу жерди тутантты,
Кара суугa кан куйду,
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Доошунан жан чыкты,
Ордо бузуп олжо алды,
Кыраанындын барында
Кыйла жерге кол салды.
Кезиккенди кем кылды,
Кагышканды кайсады,

Ачуусуна тийгенди
Астыга салып айдады,
Кыйыгына тийгенди
Кыраанындын барында
Азууга салып чайнады.
Кулак угуп, көз көргөн,
Укурук кайрар калбады.
Телегейи тең чыгып,
Кара нээт Жакыптан
Кабылан Манас шер чыгып,
Ордо бузуп, дилде алып,
Олжосуна баатырлар
Кара көздөн миңди алып,
Канкор Манас султандын
Шер экенин билгизип,
Карач кандын колунан
Каалап алган Наркызыл,
Акылайга мингизип,
Бет алган жоону кырышып,
Алтын дилде, көөр таш
Олжо кылып тунушуп,
Эрдикти эпсиз таратып,
Жанаалы, Карач - эки дөө
Чамбыл-Бел журтун каратып,
Манас, Манас болду - дейт,
Барбайып атка минди - дейт,
Калк башкарып, журт билип,
Кабылан атка конду - дейт,
Кырк жерден келип кырк кыраан
Телегейи тең болду,
Ичин карап олтурсаң
Жер жүзүнөн кең болду.
Кайра келип Таласка
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп калган кези ошол.
Көк кенедей канкор шер -
Толуп калган кези ошол.
Кадырын калкка билгизип,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Калкка кабар салды - дейт,
Аргын, кыргыз чогулуп,
Канкор Манас төрөнү
Кан көтөрүп салды - дейт.
Ээлик болду Таласка,
Бирдикти берди Манаска.
Кеңдеме, Кең-Кол, Таласты.
Кемитпе көк жал Манасты.
Алты-Шаар, Кокондон,

Айкөл Манас ошондо,
Алым алды ошондон.
Каяша айтар жоо калбай,
Кайыр айтар доо калбай,
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап жатып калды - дейт,
Ордо күтүп, кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Кийгендер түлкү, киш болуп,
Кудайга иши түз болуп,
Айтканы журтка эп болуп,
Аргын менен кыргызга
Темир коргон чеп болуп,
Жылгындуу Кең-Кол, Таласты
Эби менен жер кылып,
Камбылдыгы билинип,
Алөөкөнү алды, - деп,
Кара кытай, манжууну
Такыр кырып салды, - деп,
Каканчындын чоң каны,
Карыканга билинип,
Атын угуп Манастын,
Кайгырган экен Карыкан.
Каарды катуу баштаптыр,
Алтын тактын үстүнөн
Кулап кете таштаптыр.
Калдайдан кабар угуптур,
Атамдын өчүн алсам, - деп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Бээжиндин Карыканынан
Буйрук сурап туруптур.
Алөөкөнүн Коңурбай
Кан алдына барыптыр,
Каарды катуу салыптыр:
«Келгендерден кеп уктум,
Кесирдүү бурут эр чыгып,
Менин атам Алөөкө
Алып койду - деп уктум,
Атамды кармап алыптыр,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр,
Алөөкөнүн түмөн кол
Төбөсүнөн басыптыр,
Там коргонун талкалап,
Кум коргонун кулатып,
Бүтүн баарын чачыптыр.
Калдайын эки бөлүптүр,
Калган алтын, сан дилде,
Калыгынын баарына

Үлөштүрүп бериптир.
Кан атамдын сакчысы
Каңгүрү качып келиптир.
Как ушундай болду - деп,
Мага кабар бериптир.
Кан атамдан айрылып,
Кантип тирүү турайын!
Атаңдын көрү, бурутка
Бурут деген журутка
Атамдын өчүн албасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Кутурган экен ал бурут,
Мен бир кулжуңдашып көрөйүн!
Күн сайын арбып кетти - дейт,
Ал Манастын кадамы,
Алты-Шаар өөдө кубалап,
Абыдан кырып салды - дейт,
Атам Алөөкөнүн адамын.
Тили бурут тилинде,
Кызыталак, ал канкор,
Бизге душман зилинде.
Катылбай койчу уул эмес,
Кармашпай койчу кул эмес.
Ак үйлүүн союп жалмаптыр,
Алда-канча мүлкүңдөн
Кыпындай эме калбаптыр.
Дегеним ушу - көнүңүз,
Кырк кандын эли кытайдын
Балбандарын калтырбай,
Такыр жыйып бериңиз.
Сынчыны жанга алыңыз,
Ошо балбан баарысын
Чубатууга салыңыз.
Эрендерди эпсиз бөлүңүз,
Кутуруп жаткан бурутка
Кулжуңдашып көрөйүн,
Мени жумшап көрүңүз
Коңурбай мындай дегенде,
Безге сайган эмедей,
Ыргып кетти Карыкан.
Карыкан жайы ушундай:
Эң олуя жан экен,
Алты айчылык азапты
Азыр тиктеп билүүчү -
Билгичтиги бар экен.
Артык башаа, кудаа эмес,
Кудурөттөн жудаа эмес,
Капыр, - деп айтса сөз жетпейт,
Карыкандын кимдиги

Ушу убакка көз жетпейт.
Минген тагы - алтын так,
Алтын тактын үстүндө
Коңурбайга сүйлөнүп,
Карыкан турду таркылдап:
«Манаска барсаң өлөсүң,
Кырк кандын эли кытайды
Кайрылып кантип көрөсүң?
Бекер Манас эр эмес,
Менде тийчү шер эмес.
Кызыксаң кырып салгыдай,
Кытайдын журту ал эмес.
Манастын жөнүн сураба -
Эчен жыл мурун билинген,
Эрдиги менде катталуу
Чоң даңзага чийилген.
Кайыбынан жазылган,
Чоң бичикте Манастын
Кадимкидей аты бар,
Манастын аты көрүнөө,
Бээжинди Манас билет - деп,
Бээжиндеги алтын так
Канча экенин билбеймин,
Кан болуп Манас минет - деп,
Кызыр чалган кыркышкан аман калабы,
Кырк чилтендүү Манаска
Беттеп менде барабы?
Бекер Манас эр эмес,
Менде чыдаар шер эмес,
Айтканым ушу билип ал,
Оой, Коңурбай тилимди ал!
Тил уккан киши кан болор,
Тил албаган мал болор,
Малча басам дегендер,
Акыры түбү нан болор.
Балтыр этиң толо элек,
Кара көк жал Манаска
Кармашар чагың боло элек,
Күн мезгили - алты жыл,
Алты жылга толгондо
Бедөөнүн жалын өрүп ал.
Беттешер болсоң Манаска
Бул Бээжинден көрүп ал.
Чатак иш далай кабылар,
Чапчышсаң Манас табылар
Калчаны тыйып Карыкан,
Тыргоотун тыйпыл жыйыптыр.
Атасы өлгөн жетим,- деп,
Коңурбайдай калчаны

Кечилдин каны кылыптыр.
«Керүүгө салган там болгун,
Кейибе өлгөн атаңа
Кечилге мыкты кан болгун!
Жылы алты жыл күйүп ал!» -
Карыкан туруп муну айтып,
Коңурбайды токтотуп,
Калдайга кабар салды - дейт,
Кабарын айтып Манастын,
Тыргоотун тыйпыл тыйды - дейт.
Коңурбай жайы мындайча,
Манастын жөнү андайча.
Муну мындай таштайлы,
Алтайдан келип дөө болгон,
Нойгут журтка ээ болгон,
Касиеттүү кан Акбалтай
Ошондон кабар баштайлы.

## 24 Чубак баатыр баяны[5]

Калкына калыс кан болуп,
Кайран Балтай ошондо
Касиеттүү жан болуп,
Акбалтайдын сырдашы,
Акыреттик курдашы,
Эр Кутубий ал болуп,
Алайды ээлеп жер кылып,
Нойгутту күтүп эл кылып,
Топозу токсон миң болуп,
Байлыгы журтка дүң болуп,
Жылкысы жети сан болуп,
Жеткилең кыйын кан болуп,
Малы түмөн, бала жок,
Байкуш болуп Акбалтай,
Бала күтөр чара жок.
Бир бала үнүн угууга,
Бир мураска чыгууга,
Сандаган малдын баарысын
Сарып кылып үрөдү,
Кудайдан бала тиледи,
Мында да бала көргөн жок.
Күнү менен түн өттү,
Арадан эчен жыл өттү.
Бала көрбөй Акбалтай,
Байкуш болуп калыптыр.
Бир баланын айынан,

[5] Түп нускада мындай тема жок.

Кудайдан тилеп, Акбалтай
Алтымыш катын алыптыр.
Алтымышы тең туубай,
Туяксыз болуп калыптыр.
Кудуреттүн жазуусун
Курган Балтай көрүптүр,
«Башы жок мал экен го,
Күтүп жүрүп нетем» - деп,
Малынын теңин бөлүптүр,
«Ээси жок малды нетем»,- деп,
Бала үчүн азап көрүптүр,
Малынын теңин Акбалтай
Жетим менен жесирге
Үлөштүрүп бериптир.
Арбын малын үрөсө,
Мазарлуу жерге түнөсө,
Кудайдан бала тилесе,
Дагы бала көрбөптүр.
Арбын малын чачыптыр,
Армандуу болуп калыптыр.
Кутубийин чакырып,
Куруган экен Акбалтай,
Минтип куруп жүргүчө
Мекеге тентип кетем,- деп,
Турган экен Акбалтай.
Алтымыш нөкөр, Кутубий
Алтымыш адыр чалууга
Жүргөн экен ошондо
Салбырынга баруута.
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Жонокко чыга келгенде
Жолдошу кыйла жан болуп,
Жобогон экен Акбалтай:
«Туяк бала», - деп жүрүп,
Көзү кеткен ириңдеп,
Көкүрөгү кирилдеп:
«Бала», - деп, жүрүп Акбалтай
Сакалы калган ак болуп,
Өлө турган чак болуп,
«Куу баш болуп калам, - деп,
Курган куу баш бир өлсө -
Кургакка чыккан буудайдай,
Туяксыз болуп калам», - деп,
Кылча көрбөй куу жанды
Кыйналып Балтай куруптур,
Кызыталак бала үчүн
Кайран Балтай куруптур.
Мунарык болуп бурчтанган,

Булунгур болуп учтанган,
Чоң талаанын бетинен,
Медийендин чөлүнүн
Бери жакка четинен
Куржунга салып бүктөлүү,
Куу каймалга жүктөлүү,
Ак кийизге жайлалуу,
Төөнүн өркөчүндө байлалуу,
Кудай Таала куп кылып,
Жайлап кеткен кези экен,
Ойсул ата, куу инген
Өркөчүнө каймалдын
Байлап кеткен кези экен.
Акбалтайдын алдынан
Ойсул ата, куу каймал -
Акбалтайдын төл малы
Каршы чыга калганы.
Каршы инген келгенде
Өркөчүнүн өзүнөн
Бар-бар-бар-бар ыйлап,
Баркырап бала бек ыйлап,
Баркырап бала ыйласа,
Кулак, мурун жеп ыйлап,
Баланын үнүн укканда
Байкуш Балтай канетет.
Көкүрөк чери ачылып,
Көзүнүн жашы чачылып,
Кайыптан бала табылып,
Капа болгон Балтайдын
Абийири минтип жабылып,
Куржундагы баланы
Курган Балтай алды эми.
Жылаңач дене этине,
Ал баланы салыптыр.
Маңдайдан чыгат бакырык,
Баякы Балтай ошондо
Кутубийди чакырып:
«Оой, Кутубий, курдашым,
Өлүм орток сырдашым!
Абийирим эми жабылып,
Издегеним табылып,
Үзүлгөнүм улады,
Чачылганым жыйналды,
Өчкөн отум тамылды.
Өлгөн жаным тирилди.
Айланайын Кутубий,
Балалуу болдум, муну бил,
Кутубийим, сүйүнчү!» -
Деп, ошонтүп, Акбалтай,

Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа,
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Кан Балтайды көргөндө
Карап Куту дагы ыйлап,
Карып чалды көргөндө
Караган жандын баары ыйлап
Мына ошондо Акбалтай
Барган жандын баарына:
«Курдаштарым, досторум,
Чекемде жалгыз көздөрүм,
Айтып турган сөздөрүм!
Бала таап алды - деп,
Бир адамга билгизбе,
Бир кишиге туйгузба!
Айтканымды куп билип,
Ак буудай унун чайнап бер,
Айтпаска өзүң ант кылып,
Ак куранды кармап бер!
Марттыгым башка көрүп ал,
Сандап жаткан көп малды
Калтырбай баарын бөлүп ал!» -
Деп, ошонтүп, Акбалтай,
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин алды ным жата,
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге көрүнбөй,
Кең Алтайда элине
Салып жетип келди эле,
Ич этине катып баланы
Алып жетип келди эле.
Байбичеси Маркатай
Ургаачынын узу экен,
Ата жайын сурасаң -
Кайып кандын кызы экен.
Жез оймоктуунун ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Алтымыш катын улуусу,
Узун чачтын сулуусу,
Жез оймоктон оолуккан,
Баатыр Балтай көк жалга
Он төртүндө жолуккан.
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошуп,
Биттейинде бириккен.
Ак икелүү курбалдаш:
«Бет алдыңа келдим,- деп,

Кыркка чыга келгенде,
Кызык дүйнө ушундай,
Куу баштыктан кутулдук,
Кудайыңдын бергени!
Мойнуна тумар тага көр,
Алдейлеп жакшы бага көр! -
Деп, ошонтүп, Акбалтай:
«Байбичем эркек тууду»,- деп,
Оо, дөбөдөй эт кылып,
Ноот көлдөй чык кылып,
Тоюна токсон сойдурду,
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы эрдин шалкайтып,
Ардан союп бир миңди,
Ат чаптырып той кылып,
Ааламдын калкын чогултуп,
Санжыргалуу дүң кылып,
Санатын калкка билгизип,
Балалуу болуп, Балтайың
Тунуп калган кези экен,
Сандаган малдын баарысын
Кырып салган кези экен,
Чоң тамаша, жыргалды
Кылып салган кези экен.
Журт чогулуп, той кылып,
Адам тапкыс ой кылып:
«Бешик бооң бек!» - дегенге
Бээ баштаган беш тогуз -
Бегиликке бериптир.
Төө баштаган төрт тогуз -
Сүйүнчүгө бериптир.
Калктын баары тоюнуп,
Калың малдар союлуп,
Калайыктап бакырып,
Калың журтту чакырып,
Картайганда Акбалтай,
Сексен төрткө келгенде
Акка моюн буруптур,
Байбичем эркек тууду - деп,
Жар чакырып туруптур:
«Өзөндөн чыккан бир булак,
Өлгөндө көргөн бир чунак.
Айланайын калайык,
Баласыз болуп башында,
Бала көрүп калыпмын
Так сексен төрт жашымда.
Өлгөндө көргөн балама,
Айланайын калайык,
Атын коё салыңар,

Ат баштаган алтымыш
Ат койгонуң, алыңар,
Байып жатып калыңар!»
Кабар кылса оолугуп,
Калайыктын баарысы
Калган экен чогулуп,
Аксакалдуу карганы,
Кыйлага жашы барганы,
Кара сакал, кер мурут,
Чогулушту бар жаны.
Баланын атын коё албай,
Жыйылышкан көпчүлүк
Ат коюуга боло албай,
Ак сакалы акшыйып,
Кара сакалды карады,
Кара сакал баарысы,
Боз баланы карады,
Боз балдары ошондо
Чогуу качып тарады.
Ат коюуга жан чыкпай,
Алек болуп турганда,
Элдин бияк бетинде,
Купта жакы четинде
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Өзү токсон жашында,
Аса таяк колунда,
Дааараты бар көтүндө,
Ыйманы бар бетинде
Жетип келди үлкөн жан,
Аты Кызыр өзү экен,
Ат коюуга балага
Жетип келген кези экен.
Көңүлү кызык бөлүнөт,
Акбалтайдын көзүнө
Ат коюучу абышка
Алда эмне көрүнөт!
Кыбыланы бет алып,
Маркатайдын колунан
Баланы алды көтөрүп,
Бала турат барбактап,
Энчи бөлүп берчүдөй.
Аты Кызыр дубана
Ал баланы алыптыр,
Эки колдоп салмактап:
«Оой, Акбалтай, карачы,
Адал экен санааңыз,
Өлчөөн карап отурсам,
Өлгөндө көргөн балаңыз.
Капанын баарын жоёлук,

Баланын атын коёлук,
Акбалтайдын арсланы -
Аты Чубак эр болсун,
Сайганы токсон миң болсун,
Санаты калкка дүң болсун!
Отко салса күйбөсүн,
Суугa салса батпасын,
Менде азар салбасын,
Беттешкен аман калбасын!
Адамдын алы жетпесин,
Арсландын тиши өтпөсүн!
Бул балага беттеген,
Кагышкан кара жер болсун,
Чуулганы басылбайт,
Аты Чубак эр болсун! -
Атын койдум баланын.
Болбойт сөздүн бекери,
Он эки жашка келгенде
Аты Чубак бул уулуң,
Арслан Манас жөкөрү.
Кармашары Каканчын,
Касташары Бакбурчун.
Беттеп менде барбасын,
Бет алган аман калбасын.
Эрен да ошол, шер да ошол,
Ай-ааламды буй кылган
Арслан Чубак эр ошол.
Жашы он экиге келгенде
Барып консун Таласка,
Чоро болсун Манаска!» -
Деп, ошонтүп, дубана
Маңдайынан үч сылап,
Калк эми кайнап толгону,
Баланы берип Балтайга,
Атты койгон дубана
Көздөн кайып болгону.
Бала көрүп Акбалтай,
Бардыгын чачып катыкты,
Акбалтайдын Чубак,- деп,
Ааламды бузган чунак,- деп,
Атагы кыйын атыкты.
Ат коюлган Чубактын
Мойнуна тумар такты эми,
Алтымыш өгөй энеси
Алдейлеп күтүп бакты эми.
Жашы алтыга келгенде -
Күйүп турган чок чыкты,
Бул Чубактын тентеги
Нойгут журтта жок чыкты.

Урушса бала өлтүрүп,
Убара кылды Балтайды:
«Чубагым чылгый чуу чыкты,
Бирөөнүн көзү тиет»,- деп,
Ар күнү наалыш кылганда,
Эртең менен турганда
Ырымды ырас кылчу экен,
Алты кара буканы
Кескилетип ийчү экен.
Чубак үчүн Балтайдын
Сандаган малы күйү экен,
Сандаган малы күйсө да,
Жалгызды аман койгун, - деп,
Атакеси Акбалтай
Кудайдан тилеп жүрчү экен.
Аалам журтту буй кылган,
Түбү жайы ушундай
Акбалтай уулу Чубактын.
Арзан Чубак ал эмес,
Ааламды бузган чунактын
Тентегин Балтай көрүптүр,
Алты жашка келгенде,
Атакеси Акбалтай
Төмөнкү Меке шаарына
Молдого кармап бериптир.
Атагын көргөн чочуптур,
Акбалтайдын Чубагы
Аалымдардын алдынан
Алты жылы окуптур.
Жашы он экиге келгенде
Калыйпадан кат алды,
Он эки бирге кол берип,
Зайыппуруш атанды.
Ал Мекеде турганда
Кылыгы кымбат иш көрдү,
Уктап жатып түшүндө
Дуугa кирип алыптыр.
Айыкпаган бир үлкөн,
Чууга кирип алыптыр.
Чуу ичине көз салса,
Кудай кылат убара,
Бет алдынан жолугат
Ак сакалчан дубана.
Дубана туруп муну айтат:
«Алда Таала жаратып,
Атын, Чубак коюлуп,
Капырды кырар шер кылган.
Таалайы артык жаралган,
Таластагы эр Манас

Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси
Ошого жолдош тең кылган.
Ошол экөөң биригип,
Капырдын малын чачасың,
Дин ыслам жолун ачасың.
Душмандын көөнүн басасың,
Туугандын черин жазасың.
Таап ал, Манас эр ошол,
Таалайга бүткөн шер ошол.
Сен колуна тийгенде
Ат бороюн сыдырар,
Ай-ааламдын баарысын
Арлап баарын кыдырар.
Салмакташпай шер калбайт,
Сайышпаган эр калбайт.
Каалап барар шер ошол,
Кабагың ачар эр ошол».
Манасты айтып дубана
Көздөн кайып болгону.
Уйкудан чочуп ойгонсо -
Айтканы Кызыр киши экен,
Кудайдын кылган иши экен,
Көрүп жаткан түш экен.
Манасты Чубак биле элек,
Жолдош болуп жүрө элек,
Айкырып жоого кире элек,
Чубакты калктар биле элек.
Каарданып ал Чубак
Калайманды баштаптыр,
Белсенип эми Эр Чубак
Мекенин шаарын таштаптыр.
Мекеден бери жол жүрүп,
Атасы Балтай кыраанга
Арслан Чубак келиптир.
«Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Эрмегим Чубак келди, - деп,
Эми кудай берди», - деп,
Атакеси ашык тойду бериптир.
Каары келсе какайган
Кан Балтайдын Чубагы,
Калайыкка чаң салчу
Зайыппуруш кырааны.
Кайыптан Чубак бекерби,
Канкор Манас жөкөрү,
Кан Балтайга келгенде
Ашкере зөөкүр Чубагы
Акбалтайдын дүйнөсүн

Чачып ийди бу дагы.
Акбалтайдын санкара
Такыр бойдон чачса да
Кабагым кашым деген жок,
Карааны жалгыз Чубакты
Кан Балтай жаман көргөн жок.
Жаман көрбөс себеби -
Өзөндөн аккан булагы,
Кайран Балтай чалыңдын
Өлгөндө көргөн чунагы.
Алыскы элдер муну айтат:
«Акбалтай уулу Чубак,- деп,
Кыйналып тапты Акбалтай,
Аман болсо бул бала
Кылымды бузар чунак», - деп,
Бир күнү жатып эр Чубак,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Он жагына толгонуп,
Кан Балтайдын ордого
Колун алып аркага,
Койкоктогон кайран эр,
Козголбой басып кирди эми,
Кан Балтайдын ордого.
Ак селдечен кожо бар,
Дарс окуган молдо бар,
Уламалуу дагы бар,
Билгичтердин баары бар.
Басып келип ошондо
Кан атасы Балтайга
Кабылан Чубак сөз баштап:
«Ата, уруна турган тоо кайда?
Уруша турган жоо кайда?
Казып койгон ор барбы,
Кайнатып койгон шор барбы?
Мен кийичү тон барбы?
Мен тийичү жоо барбы?
Кан Балтай ата, ойлочу,
Эрешен тартып, эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум.
Кечериме чок таппай,
Көздөп атаар ок таппай,
Кебимди уксаң, ой ата,
Кейиш болуп турамын.
Түшүмдө көрдүм кызык иш,
Кылымда болбойт мындай иш,
Ырдап бер, ата, ырыңды,
Ыймандай айткын сырыңды.
Жылгындуу Кең-Кол жер кайда,
Ал Таласты жердеген

Кыраан Манас эр кайда?
Дин ысламдын элинен
Каалап алган кат барбы,
Тоодогу жылкың тогуз сан,
Ай, атаке, Акбалтай,
Казатка минер ат барбы?
Кан Балтай ата, кебим ук,
Казатка минер бууданды,
Карап таппай турбаймын,
Арслан төрө Манаска
Акыры жетпей тынбаймын!»
Ошону айтып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Баатыр экен Акбалтай
Баданадай балкылдап,
Бардигерин таштабай
Кеп баштады жаркылдап:
«Карыганда көргөн Чубагым,
Карагыла ой, журтум,
Калдайды бузар чунагым!
Тилегим кабыл тушу эле,
Алда Таала кудайдан
Тилегеним ушу эле.
Кармашарга жоо тапсаң
Караан болуп чыгалык,
Кадырлуу кептен чын айттың,
Кабыл кылып угалык.
Акырын айтып баштадың,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,
Айкөл төрө Манасты
Азыр айтып таштадың.
Эркек бала шок болсун,
Шок болбосо жок болсун:
Атаң Балтай быйыл өлбөсө,
Ал дүйнө жүзүн көрбөсө
Асмандан жылдыз боз кылам,
Арслан төрө Манаска
А дүйнөлүк дос кылам.
Ар куйругун өрбөсөм,
Жан жолдошуң мына,- деп,
Жалгыз туума канкорго
Жолдош кылып бербесем,
Андан кийин мен Балтай
Кыямат жүзүн көрбөсөм.
Жеткирди кудай санаама,
Алда Таала аябай,
Берген экен өзүмө
Берен Чубак баланы.

Бул айтканың дагы чын,
Айтканыңдын баары чын,
Айланайын, кулунум,
Жалгыз түптүү чынарым,
Бассам-турсам мен эми,
Өмүрүң тилеп турамын.
Акбалтай чаап алганы
Аңдып жүргөн кыскан көп,
Капталымда көп кытай
Кайнап жаткан душман көп.
Балам, тоодогу жылкы тогуз сан
Тобурчак, буудан аралаш
Топтоп жыйып алайын.
Тобу менен чогултуп,
Чубатууга салайын,
Кагышка минер тулпарын.
Кабылан Чубак, кулунум,
Куп келтирип табайын!»
Буйрук берип нойгутка
Акбалтай сөздү баштады:
«Тоодогу түмөн жылкыны
Токтотпой айдап келгин», - деп,
Кабар айтып таштады.
Тоодогу жылкы тогуз сан,
Токтотпой жыйып алды эми,
Тополоң кылып баарысын
Чубатууга салды эми.
Кылдаттарга кынатты,
Сынчыларга сынатты,
Кызыталак жылкыны
Кырк жети күнү чубатты,
Чубатса да ат таппай,
Таарынган экен эр Чубак.
Каарданды, күүлөндү,
Кан атасы Акбалтай,
Ага карап сүйлөндү:
«Казатка минер малың жок,
Бул жылкыңдын алы жок,
Жал-куйругу такыр жок,
Жылкы - деп, бир кара эшек,
Сополду баккан экенсиң,
Жарым туяк, жар моюн,
Топорду баккан экенсиң!
Багалчагы бир тутам,
Бардигери бир тайлык,
Баканы баккан экенсиң!
Согончогу бир эли,
Согушка минер алы жок,
Чочкону баккан экенсиң,

Бул жөнүңдөн, атаке,
Болбой калган экенсиң!
Астыңда тулпар болбосо
Чалгын чалар чамаң жок,
Толуп жаткан жылкыңда
Тоорулга минер малың жок.
Куландар жүрөт талаада
Бул жылкыдан айла жок,
Байдасы жок мал күткөн,
Сизден бөлөк сараң жок.
Тулпардан тандап ат таппай,
Туйгун Манас канкорго
Кантип барып жетемин?
Мындан көрө, атаке,
Мекеге кирип кетемин!
Байдасы жок мал жыйган,
Баатыр сиздей болобу?
Бары малың, атаке,
Бир жылкыча болобу,
Байдасы жок куу малды
Күткөн адам оңобу?
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрө атам, сага ишенбей
Жөө кыдырып чалайын,
Кадыр алда буюрса,
Кагышка минер тулпарды
Каалап издеп табайын.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кыдыра чалайын!»
Атасына таарынып,
Акбалтайдын Чубагы
Ай-ааламды буй кылар,
Алаңказар чунагы
Ат издебей калбады,
Кайнап жини кармады.
Өзөлөнүп келгенде
Өрттөн кайта тартпаган,
Акбалтайдын Чубагы
Өкүмдүгү дагы бар.
Айгайлаган чуу келсе
Ажалдан кайра кайтпасы,
Акыры өлүп калам,- деп,
Өлүмдөн кайра тартпасы.
Сары сурдун ыктуусу,
Чубактын жайы ушундай
Акбалтайдын мыктуусу.
Жоон көкүрөк, кең далы
Бет алса жоодон тартпасы,
Ташка салса тайгылбас,

Чоктон кайра тартпасы.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Кара көңүл, таш кайрат
Акбалтайдын кырааны.
Атасына абыдан
Таарынган окшойт сыягы.
Жүгөн алып жөө басып,
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Кан Балтайдын сан кара
Кабылан тууган кыраандын
Көзүнө жаман көрүнүп,
Тулпар издеп, мал карап,
Туйгун Чубак арсланың
Турбай кетти нойгутка,
Кагышка минер ат карап,
Карабай кетти нойгутка.
Кыялы жинди чоң жинин
Чогоолуң Чубак баштады,
Чоң таарынып Балтайга
Ойгут журтту таштады.
Ай караңгы түн болду,
Ойлосо дүмөк күн болду,
Тулпар издеп эр Чубак
Күндө тынып калган жок,
Күн эсебин алган жок,
Айда тынып калган жок,
Ай эсебин алган жок.
Сан дүйнөсүн көп чачып,
Сары талаага жөө басып.
Күнү-түнү эчен күн
Акыл толуп, эс болду,
Акбалтайдын Чубагы
Ай-талаага кез болду,
Баабединдин мазарга,
Кайнар булак көзүнө,
Как чынардын өзүнө.
Эли жок элкин жер экен,
Абайлап бир караса -
Медийен чөлү дээр экен.
Мазар кайып булакка
Баатыр Чубак конду эми.
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Жумган көзү ачылбай,
Акбалтайдын Чубактын
Сунган буту тартылбай,
Бөз жүгөндү жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Акбалтайдын эр Чубак

Алп уйкуну салды - дейт.
Уктаганда эр Чубак
Зың-зың этип кенебей,
Жамандык бирөө кылат,- деп,
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен шердикти
Алда Таала Чубакка
Берген экен ченебей!
Берен Чубак көк жалдын
Бел экенин көрдүңбү?
Мендеден артык туулган
Шер экенин көрдүңбү?
Арслан Чубак ошондо
Уйку жакка бет бүтөп,
Оюна түшүп, ар жумуш
Ойрон болгон Чубактын
Каңырыгы эң түтөп:
«Белеске келбес мен Чубак
Медийен чөлгө кезиктим,
Же сары адырмак бел да жок,
Жаныма жолдош болууга
Өзүмө катар эр да жок,
Карагай жалгыз, мен жалгыз
Кайрыларым дагы жок.
Кайгуулга чыгып, сыр айтар
Кайрыларым бирөө жок,
Бүгүн көргөн, эртең жок,
Үзгүлтүк кылып адамды
Кейитет экен дүйнө шок!» -
Деп, ошонтүп, эр Чубак
Катуу уйкуну салганы,
Уйкуга Чубак кеткенде,
Ничке жолду төтөлөп,
Алып келди бир атты
Кайып адам жетелеп.
Алып келип ошо жан
Аттын оозун бурганы,
Акбалтайдын Чубакка
Айкырык салып турганы.
«Мойнуңду бизге бур, балам,
Уйкудан өөдө тур, балам!
Кайыптын кара көзүмүн,
Олуят чалдын өзүмүн.
Тур, балам, көзүң көрөйүн,
Алданын берген аманат -
Аманатын берейин.
Үзүрлүү кебим айтайын,
Табылбай турган көк тулпар
Алып келдим алдыңа

Табыш кылып кайтайын.
Коштогонум Көгала,
Тулпардын жайын сураба.
Артык тулпар өзү бул
Алда Таала саа буйруп,
Берип турган кези ушул.
Азыр жашы жаңы асый,
Коштогонум Көгала
Туура тулпар ал экен,
Туйгун Чубак өзүңө
Ылайыктуу мал экен.
Себепкер чалдын көзү элем,
Олуят чалдын өзү элем.
Берен Чубак чыгат,- деп,
Бейлеп эчак билгемин,
Убагында берүүгө
Көгала багып жүргөмүн.
Кезигишип турганым,
Медийен чөлдүн талаасы,
Коштоп келген Көгала
Желкайыптын баласы.
Кулан менен куушкан,
Он эки тулпар кенжеси
Желкайып менен туушкан,
Кумга телчип, ташка өскөн,
Адам көрбөй, жан көрбөй,
Асый чыкма болгуча
Ээн талаада башка өскөн.
Куйругу саяң, жалы аз,
Куланды кууса куткарбас.
Аркасы бийик, зээри бас,
Адырга чапса моюбас.
Кубанып уккун сөзүмү,
Алып келген Көгала
Кутман болор өзүңө.
Темир туяк, жез билек,
Атасы тулпар - куралы,
Аздап менде табалбайт,
Айткан кебим ук, балам,
Куйган чоюн туягы.
Чын этине келген соң
Капталында канаты,
Кагышка минсең камсыкпай,
Уча жүргөн адаты.
Тулпарлыктын белгиси -
Туягында тура жок,
Акбалтай уулу Чубагым,
Абайла менин кебимди,
Ушундан бөлөк мураа жок.

Кармашка минсең камсыкпайт,
Кырк күнчүлүк чөлгө мин,
Кыйшаң этип талдырбайт,
Кылайтып сыр алдырбайт.
Туулганда чочконун
Капталында каты бар,
Катты окуп караса:
«Кабылан Чубак минет»,- деп,
Как өзүңдүн атың бар.
Чубакты кайдан табам,- деп,
Көп издедим каркыбар.
Кечээ, кунанга жашы жеткенде
Тулпарлыгын билиптир,
Тоодой чокмор байланып,
Тозоку тоону айланып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Көгала издеп жүрүптүр.
Сары келсе кокустан
Заман акыр салат - деп,
Чокморлоп жатып Сарыбай
Көгала тартып алат,- деп,
Олуят атаң билиптир.
Тулпар ичин ачырып,
Көгаланы качырып,
Чубак, сенин айыңдан,
Өткөн иштин жайынан,
Мен кечпеген суу калбай,
Мен баспаган тоо калбай,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Көгаланы баккамын,
Сарыбай иттин кордугун
Эчен жылы тарткамын.
Аңдытып ийип кокустан,
Алдырып салсам окустан,
Буйругуна көнбөсөм,
Чубакты таап бербесем
Иттигимди билер,- деп,
Таңда маашар күнүндө
Акбалтайдын Чубагы
Кара эшек кылып минер, - деп,
Акбалтай уулдуу болду, - деп,
Атын Чубак койду, - деп,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Алты жашка келгенде,
Меке кетти, - деп уктум,
Жолдош албай жанына
Жеке кетти, - деп уктум.

Он эки бирге кол берген,
Он олуя жол берген,
Калыйпадан кат алган,
Канкор Чубак аталган,
Он эки бирге кол берип,
Зайыппуруш аталган.
Көрбөсөк да билебиз,
Акбалтайдын жалгызы
Арслан Чубак, аманбы?
Уйкудан туруп ойгонуп.
Көзүңдү бизге салыңыз,
Аманатың Көгала
Азыр берем алыңыз.
Ата - Меке, эне - нур,
Атка минип, Чубагым,
Атаң Акбалтайга барыңыз.
Акбалтайга барганда
Табарсың белес-белиңди,
Өзүң таап аларсың
Өзүңө теңгээл шериңди».
Ушуну айтып кайып чал
Көгала бере койду эле,
Батасын берип жиберип,
Ат коштогон ал адам
Көздөн кайым болду эле,
Көгала алып, эр Чубак
Көп жалынып кудайга,
Оргуп жаткан булактан
Суусунун кандырып,
Көгаланы минерде,
Жаңы Чубак жүрөрдө
Белестен чыкты беш киши,
Ак селдеси казандай,
А десе үнү азандай,
Чоң Мекенин далили,
Чоң ыймамдын өзү экен,
Жер кыдырып, суу көрүп,
Сейилге келген кези экен.
Аркасында үбүнөн
Алып чыкты бир буюм,
Мекедеги чоң ыймам
Чоң куржундун түбүнөн.
«Мекеден бери чыкканда
Кезигериң билгемин,
Зайыппуруш көк жалга
Берейин, - деп жүргөмүн.
Балам, жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой кез
Ушу берчү тонумдун

Толук аты ок өтпөс.
Чоң ыймамым берди,- деп,
Ок өтпөстү кийиңиз.
Тонду берген себебим -
Зайыппуруш эрсиң сен.
Боз адырмак тоо да көп,
Болжошо турган жоо да көп,
Ат чаалыкчу жол да көп,
Айгайлашып атышар,
Аңдып жүргөн кол да көп.
Аманат берген бул тонду
Азыр кийип туруңуз,
Атыша чыга жоо келсе
Айныбай бойду уруңуз.
Өлчөөсүн көрчү дүйнөнүн -
Ок жетпеген атың - бул,
Ок өтпөгөн тонуң - бул!»
Акбалтайдын Чубагы
Чоң ыймамды билди эле,
Ала коюп арсланың
Ок өтпөстү кийди эле.
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бүлк этип ок тийгисиз,
Топчулугу бир тогуз,
Топ этип ок тешкисиз.
Ок өтпөстү кийди эми,
Ок жетпести минди эми!
Катар турган беш адам:
«Оомийин!» - деп, кол жайып:
«Оомийин!» - деп, «Оомийин!»
Сапарга чыксаң жол берсин,
Кырк чилтен, кызыр Ниязың
Кыдырата кол берсин!
Менде азар салбасын,
Беттешкен аман калбасын!
Акбалтайдын арсланы,
Акыры кылың сынбасын!
Бетиңден кирип качырып,
Менде азар салбасын!
Беттеше келген душманың
Бирөө аман калбасын!
Оомийин! Чубак, кошкун!» - деп,
Олуяттар ошондо
Батасын берип калды эми.
Олуят Чубак кыраанын
Ок өтпөстү кийди эми,
Көгаланы минди эми.
Бура тартып дыр коюп,
Атасын көздөй чу коюп,

Көгала берген кайып чал
Олуяттын өзү экен,
Ыйык жалын кармаса,
Бул жаныбар Көгала
Кыл этинде кези экен.
Эми Чубак жол жүрүп,
Атагы Алай жерин таап,
Алайда нойгут элин таап,
Кайыптан акыл табылып,
Кайыбынан Чубакка
Ок өтпөс тон, ок жетпес -
Ошондой мүлктөр кабылып,
Акбалтайдын Чубактын
Абийири минтип жабылып.
Тегин Чубак уул эмес,
Теминишкен душманга
Теңдешпей койчу кул эмес.
Эрен да ошол, шер да ошол,
Эпсизиң Чубак эр да ошол.
Алайдагы нойгутка
Чубак атка конду эми,
Аалам журтту буй кылган
Чунак атка конду эми.
Чубак Көгаланы мингенде,
Ок өтпөстү кийгенде
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Айгайды арбын салыптыр.
Орчун журтка кол салды,
Ооганды чаап он алды.
Аалам журтка чыр салды,
Тиктегенин каратып,
Акбалтайдын арсланы
Ордосун бузуп, олжо алып,
Орчун журтту басканы.
Билген адам кеп айтты:
Акбалтай уулу Чубак, - деп,
Ачуусуна тийгенди
Айдап жүрүп кыйраткан
Абыдан кыйын чунак, - деп.
Берен Чубак көйкашка
Мендеден түрү бир башка
Анжыянды чаап таратты,
Ары жагында Коконду
Бет каратып бир кайтты.
Акбалтайдын Чубактын
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Доошунан жан чыкты.
Алышып адамдын алы жетпеди,

Арсландын тиши өтпөдү.
Беттешкен жоолор бүлүндү,
Берендиги билинди.
Калың элге чыр салды,
Көгаланы мингенде,
Ок өтпөстү кийгенде
Кашкарды камап алты алды.
Берен Чубак өзү экен,
Бейжайдын кара көзү экен.
Календерди камады,
Кожолорду эр Чубак
Кокуйлатып сабады.
Сабашына чыдабай,
Журт саргарып турду - дейт,
Колу жеткен жерлерди
Кордук кылып эр Чубак
Өз билгенин кылды - дейт.
Буласын булап алды - дейт,
Алты-Шаар, Коконго
Бузукту мыктап салды - дейт.
Кагышканды каратып,
Ала берди эр Чубак,
Камандай кылып кыйратып,
Кармашкандын баарысын
Чала берди эр Чубак.
Кабылан Чубак атагы,
Канчага жетти чатагы,
Ажалдан кайра түк кайтпайт,
Кармаш кылбай жатабы?
Өз билгенин кылды, - дейт,
Анжыяндын аркагы жоон сарала -
Акбалтайдын Чубагы
Алым алып турду, - дейт.
Алымына чыдабай,
Ар кайсыдан кеп угуп,
Бири «Букардагы Темиркан
Каары катуу жан деген,
Кабагы бийик заары күч,
Катылышкан, күдөр үз!
Ошо турган Букарга
Бурулуп менде барбайт, - дейт,
Мындан мурун Букардан
Эч ким сурак албайт», - дейт.
«Менде барбас Букарды
Бет каратып алам, - деп,
Кутурган экен Темиркан
Букара кылып салам, - деп,
Кыз-катынын Темирдин
Тартууга тартып алам, - деп,

Аты угулган Букарга
Алааматты салам, - деп,
Ал күчүмө көнбөсө
Калдайган шаар Букардын
Кандыгын Темир бербесе,
Каптап кирип Букарга
Калайманды салам»,- деп,
Карааргандан түнөрүп,
Аттанып чыкты Алайдан.
Асыл Чубак, эр көк жал
Ат аябай жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Астындагы Көгала
Баскан жери быркырап,
Учкан куштай зыркырап,
Калдайган шаар Букарды
Камап Чубак барыптыр.
Дарбазада сакчылар,
Сакчыларды кырыптыр.
Билген чырын кылыптыр,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жаман балаа эр Чубак,
Эр Чубактын эрдиги
Мендеден чыкпайт эч убак,
Кызыл кылыч Зулпукор
Көөлөп турган кези экен,
Катылганды түк койбой,
Жөөлөп турган кези экен.
Жердин үстүн түк койбой,
Жеке өзүм билем,- деп,
Ээлеп турган кези экен.
Чубактын жайы ушундай:
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети -
Зордугу тоонун теңиндей,
Ааламды союп жегидей.
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Айзага даңгыл ыктуу кул,
Абыдан баатыр мыктуу кул.
Көк жалдыгын билгизип,
Көгала оозун бурду эми.
Букардын каны Темиркан
Кан Балтайдын эр Чубак
Камап барып турду эми.
«Айтканыма көнгүн, - деп,
Чатакташпай, чырдашпай,
Астындагы алтын так

Мага түшүп бергин,- деп,
Багынар көөнүң бар болсо,
Кыздарың тартуу кылгын,- деп,
Сайышар көөнүң бар болсо,
Майданга азыр чыккын,- деп,
Кабарлап эми билип ал,
Кан Балтай уулу Чубактын,
Каарына келгенде
Ааламды бузчу чунактын,
Бу сөзүнө көнгүн,- деп,
Капкалуу Букар шаарынын
Кандыгын мага бергин»,- деп,
Камап барып турду эми,
Капка баккан карысы,
Караканга качты эми.
Сакчылардын баарысы,
Кожолору короктоп,
Молдолордун баарысы
Алапайын табалбай,
Качып калды сороктоп,
Кан алдына жүгүрүп,
Калайык айтып турду эми:
«Катуу мүшкүл иш көрдүк,
Бир адамдан күч көрдүк!
Жолборс кайрат, жоон жүрөк,
Жологонго салгыдай
Арылбаган чоң дүмөк.
Эңкейтип менде алгысыз,
Эч ким чыдап баргысыз,
Көк темирден тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Көгала тулпар малы бар.
Көп кан ичме абыдан,
Каар бетине айланган,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Бир жагына байланган.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Айтканына көнбөсөк -
Азыр салат аңгеме!
Эрен да экен, шер да экен
Аттан түшпөй Букарды
Эңип алар эр экен.
Оңураңдап кол салса,
Орто белден оргудай.
Он эки капка Букарды
Ойлоп турсам ушул эр
Түк чыгарбай соргудай.
Аскерди артык жыйбасаң,

Айланы мыктап кылбасаң,
Көзү кызыл, өзү зор
Көрүүгө мындай аалам жок».
Журт чуркурап, эл дүрбөп,
Каарды Чубак баштады,
Бул кабарды укканда
Баатырлар коркуп, журт шашып,
Жалпы Букар ошондо
Кырылып кете таштады.
Журт чуркурап турганда,
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Карасурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы,
Беризаада бейбактын
Берендиги белгилүү,
Ургаачы башын эр кылып,
Кайгуулга чыккан канаты,
Кыз кезинде бейтаалай
Кылым чайкап, журт бузган
Каныкейдин адаты.
Он эки кыздын кенжеси
Төбө чачын өргөнү
Төрт миң катар уулдан да
Муну жакшы көргөнү.
Айтып турган адамга
Сүйлөсө сөзү зар эле,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү,
Оң ийнинде ал кыздын
Жыланач бала бар эле.
Темиркан кызы Каныкей
Теги эсиңде бар бекен,
Бала кезден Каныкей
Балбан бейбак болучу.
Барган жерге калайман,
Салган бейбак болучу.
Эр Чубакты көргөндө
Эликтей болуп түйүлүп,
Темиркандын алдына
Азыр жетти жүгүрүп,
Кан ордосу сарайга,
Атасынын алдына
Ал Каныкей муну айтат:
«Эшикке келди эпсиз жан,

Ажалым жетсе өлөйүн,
Амалым жетсе ошого,
Кагыш кылып көрөйүн.
Жеңдирип салсам ал жанга,
Кордукту койдой көрөсүң,
Калбай баарың өлөсүң.
Алып салсам аны мен
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Тирүү кармап алармын,
Алты ай тынбай салышып,
Тикесинен салармын.
Кайра тартып Букарга
Келбегидей кылайын,
Кызыгып Букар калааны,
Мындан кийин ал жанды
Көрбөгүдөй кылайын!» -
Деп, ошонтүп, Каныкей:
«А да жалгыз, мен жалгыз,
Ай-талаада сайышып,
Аябай кызык салайын.
Чапчылашып алышып,
Чапканы жүргөн эменин
Чамасын сынап калайын.
Күчтүүсүн күүлөп билейин,
Күчүм келсе ушуну
Жерине чейин сүрөйүн!
Капырдан келген жоо болсо,
Кылычтап башын алайын.
Ыстамдан келген эр болсо,
Бир кекетип салайын.
Тирүү кармап алдыңа
Тартуу кыла салайын!» -
Деп, ошонтүп, Каныкей
Кең көйнөгүн шымданып,
Келишимдүү бейтаалай
Кериш кийимин тыңданып,
Казынада бедер жок,
Карабеттин өзүндө
Нелер бар да, нелер жок.
Жоо дегенде сүйүнүп,
Эр мүчөлүү бейтаалай,
Эркектин кийимин кийинип,
Ашып-шашып кенебей,
Алып иет экен,- деп,
Ушу турган Чубакты
Бучкагына теңебей,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйдү эми,
Ок өтпөгөн туулга,

Көпкөк темир курч болот,
Көмкөрө башка кийди эми.
Кабырганын себилди,
Киндиктин өөдө жагына
Кийинген экен бул бейбак
Ок өтпөгөн темирди.
Толо боюн топчулап,
Толукшуган кайран бет -
Бек бекитип үпчүлөп,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп чапчудай,
Азырланып белендеп,
Артык шайлап билди эми.
Кагышка салчу ак тинте
Ач билекке илди эми,
Алтын жаак болот жаа
Айдалыга илди эми.
Комокойлуу сыр найза
Учун болот улаткан,
Темирге сайса өтсүн,- деп,
Токтобой кирип кетсин,- деп,
Бөрү тил кылып болотту
Бөтөн-бөтөн улаткан.
Тийгени тим эле,
Бат кабылдап кетсин,- деп,
Адамдын көз жашы менен сугарткан,
Ургаачы болуп жоо сайган,
Ушундай жан болобу,
Букардын журтун кубанткан!
Ошо кезде Каныкей
Жашы он экиге жете элек,
Өзү бала секелек,
Өрүмдөн чачы өтө элек,
Ургаачы болбой, эр болсо,
Алуучунун бири экен,
Ааламга кыргынды
Салуучунун бири экен.
Жоо ылайык билгич эр,
Кан Балтайдын Чубакка
Калайман салчу ошо шер.
Шамдагайы болжолсуз,
Басып чыкса бейбакка
Баары Букар таң калып,
Кожо-молдо аралаш:
Кокуй, долу бейбактын
Күнү эмине болот,- деп,
Карап турду жарданып.
Кыз-ургаачы аты бар,
Кантер экен каркыбар!

Эркек эмес, кыз болуп,
Эңдирип иер бекен, - деп,
Эпсиз баатыр эмеге
Жеңдирип иер бекен,- деп,
Журт таң калып турганда
Каныкейдин ак сарай,
Кыз да болсо бейбактын
Сөөлөтү артык бир далай.
Ал сарайдын ичинде
Азем менен жайлалуу,
Кагыш болсо минүүгө
Алтымыш тулпар байлалуу.
Ал тулпардын күлүгү,
Чубак менен беттешкен,
Кең Букардын шаарына
Каныкейдин бүлүгү.
Ал тулпардын ичинде
Кара кашка аргымак -
Сом туягы чарадай,
Арт жагында соорусу
Эркин жаткан талаадай.
Ал Каныкей капырдан
Акыл качып кутулбайт,
Акылы артык бакырдан.
Кара кашка аргымак
Кагышка камбыл жан экен.
Канча мүшкүл иш түшсө
Каныкей ала кетсин,- деп,
Арнаган мал экен.
Келген жоодон чочунуп,
Ашып-шашып Каныкей
Аргымакты токунуп,
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,
Жоого урчу доолбас
Үнүн уксаң ыраак кач.
Кайра байлап капшырып,
Кайран долу Каныкей
Канжыгага тапшырып.
Көк найзасы койкоюп,
Көк жеке бутта чойкоюп,
Калың Букар таңданып,
Каныкейге жарданып,
Кандай жан алып жүрөт,- деп,
Кандай эрге тиет,- деп,
Караган менде жарданып,
Жекеге чыгып жоо беттеп,
Ургаачы мындай болобу?
Бул Каныкей бейбакты

Ургаачы деген оңобу?
Алганы менен чырдашса
Анысы аман болобу?
Калың Букар жарданып,
Карап турду таңданып.
Кайгырган жок чочунуп,
Аргымакты токунуп,
Каар бетине айланып,
Кара болот кылычты
Жалаң жанга байланып,
Жоо дегенде камынып,
Жолборс бейбак жүрдү эми.
Казыналык сарайдан
Аң-таң калды далай жан,
Көрүп турду көп балбан,
Көргөн адам таң калган.
«Бул Каракан баатырдын
Кызы эмне болот»,- деп,
Кейип-кепчип калк турду.
Калк көзүнө түшпөстөн,
Капканы көздөй жүрдү эми.
Кара кашка аргымак
Кайрылбай ыргып минди эми.
Көк найза алып камынып,
Көрөр болсоң ошондо,
Көк жал экен Каныкей
Көк жолборстой чамынып,
Каракандын шаарында,
Чоң Букардын айылында
Казыналык мунара
Мунара жайын сураба!
Бул Каныкей капырың,
Акылга дыйкан баатырың
Мунаранын түбүнө
Сайышка майдан кылдырган.
Жыгылса жумшак болот,- деп,
Буттап алтын зер берип,
Кара кумдан тундурган.
Дорболоп кум төктүргөн,
Балбандарга тептирген.
Мамыга алтын орогон,
Сайыш менен күрөшкө
Мээнет баскан бейтаалай
Ылайыктап жорогон,
Каракандын казына
Ал майданды кылганда
Арбынырак корогон.
Сайыш кылчу майданга
Көк найза алып булгалап,

Көрсө көңүл бөлүнүп,
Оозунан заары төгүлүп,
Желигип долу бакырып:
«Жекеге бери келгин!» - деп,
Эр Чубакты чакырып,
Өйүз-бүйүз турушуп,
Өлөр антын кылышып,
Карама-каршы турушуп,
Качпай антын кылышып,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Каныкей бейбак кеп баштап:
«Көк ырапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Жердин жүзүн калтырбай,
Чалган сының көрүнөт,
Кез болгонду талкалап,
Алган сының көрүнөт.
Чоң Букарга кызыгып,
Калган сының көрүнөт.
Ала койчу сен эмес,
Алдыра койчу мен эмес.
Астыңдан каршы чыгалык,
Арман-дартың айта кой,
Ургаачы болсок угалык!
Көгала атчан, эреним,
Көп жерди көргөн, береним.
Убадага туруп бер,
Өлөр антты кылып бер!
Эркек болсоң, уул болсоң,
Кудайга сүйгөн кул болсоң,
Берен болсоң, шер болсоң
Көгала оозун буруңуз,
Көп кепти айтам угуңуз!
Жекеме-жеке сайышып,
Баатыр болсоң, эр болсоң
Чаманы чактап көрөлү.
Чамалууга чагы жок,
Чалкадан түшүп сайдырсак
Дегениңе көнөлү,
Тилегениң берели.
Эркек болсоң, шер болсоң,
Дегениңе көнөйүн,
Капкалуу шаардын -
Букардын Кандыгын сага берейин.
Мени сайып сен алсаң,
Сайдым Букар шаарымды,
Саа билгизип коёюн
Кыймылдаган барымды.
Калкыма кабар салайын,

Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Дүңгүрөгөн Букардын
Түк эмесин таштабай,
Ушу сага билгизип,
Он эки капка Букарга
Аким кылып алайын.
Эрен болсоң, эр болсоң,
Ааламды бузган шер болсоң,
Убаданы кылыңыз,
Адам болсоң сен өзүң
Айткан жерге туруңуз!
Сайдым Букар шаарымды,
Калтырбастан мен сайдым,
Кыбыраган барымды.
Сени сайып мен алсам
Саясыңбы каныңды?!
Эрдикти эпсиз салайын
Эби менен саяйын,
Эңкейтип аттан түшүрсөм
Башыңды кесип алайын.
Мен сайдым алтын тагымды,
Сен саясыңбы, жаныңды?»
Каныкей мындай дегенде,
Каардуу Чубак кеп баштап:
«Эр мүчөлүү кеп айткан
Бул айтышың баатыр,- деп,
Так ошону кылбастын
Жети атасы капыр, - деп,
Убаданы бек кылып,
Өлө турган шерт кылып,
Дегениңе көнөйүн,
Эңкейтип сайып мени алсаң,
Ушу турган жанымды
Сага курман берейин.
Оо, ботом, сөлөкөтүң-сөөлөтүң,
Атка минген келбетиң,
Баатырга чалыш көрүнөт,
Кабарың айта калыңыз,
Кайсы жердин канысың?
Жөнүн айта салыңыз,
Жөн сурашып алалык,
Анан кийин беттешип,
Качырып айза саялык!»
Анда долу муну айтат:
«Эркек жактан майыпмын,
Түгөтсөм сөзүм зайыпмын.
Ургаачынын узумун,
Он эки кыздын кенжеси,

Кудайдын сүйгөн мендеси,
Карасурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Атамдын жайын сурасаң -
Темиркандын кызымын.
Эриш бузуп, эр сайган
Эмгектүү күңдүн биримин,
Калайманды канчага
Салган бейбак өзүмүн.
Атам Караканга кызыгып,
Калайманды салам,- деп,
Кыздарынын баарысын
Олжого тартып алам - деп,
Ата уулудан алпы бар
Көргөн жерден жалпы бар.
Кан жээни - Жүгөрү,
Кагышта салган дүмөгү,
Алп дөөлөрдүн баары бар.
Казактардан Айдаркан
Ошо баатыр дагы бар.
Урумкан уулу Көкбөрү,
Айзакерден ошо бар.
Алтын таажы Буудайык,
Кыйбанын каны кошо бар.
Укма билген кары бар,
Ушунча алптын баары бар.
Карагайдан ноо кылып,
Алптардын баары чогулуп,
Кан атама доо кылып,
Айткан сөзгө көнгүн, - деп,
Кызыңды бизге бергин, - деп,
Билге алтын арткын, - деп,
Он кызыңдын баарысын
Он эки канга тарткын, - деп,
Ушу тилди алгын, - деп,
Дин ыслам журт элек
Тилди ала салгын, - деп,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Тулпар оозун бурушуп,
Он эки кандын баарысы
Аламан айза сунушуп.
Алп дөөлөрдү көргөндө,
Букардын эли курусун,
Акылынан шашканда,
Ордону көздөй качканда,
Ала чапан, жайдак төш
Жолдогусу дагы бар,
Качкандардын ээри жок,

Чомдогусу дагы бар.
Журт боштугун көргөндө
Тутанып өлгөн ушу журт,
Түбүнө чогуу жетет, - деп,
Кыз-катынын олжолоп,
Кыйратып чаап кетет,- деп,
Күйгөн бойдон мен долу,
Ургаачы башым эр кылып,
Кыз башымды шер кылып,
Сербеңдеген куу чачты
Төбөгө кынап түйгөмүн,
Кан ичер кийим кийгемин.
Кара канга боёлгон
Кара көк найза колго алып,
Зордук кылган душманга
Жекеге өзүм киргемин.
Кындырдай белим буугамын,
Кызык кылып талкалап,
Он эки канды куугамын.
Толгоп белим буугамын,
Тополоң салган кандарды
Тополоңун тоз кылып,
Тоз-тоз кылып куугамын.
Кол салышып чыр кылдым,
Коройтуп аттан түшүрүп,
Кордук кылып кандарга,
Тулпарларын мен анда
Такыр олжо бир кылдым,
Суутуп демин баскамын,
Алгалы келген кандардын
Өз дүйнөсүн чачкамын.
Бура тартып Букарга
Желбегидей кылгамын.
Кайра баштан бул жерге
Келбегидей кылгамын.
Кадырым билген кишиге
Каныштын кара көзүмүн,
Камчылашкан адамга
Качырса канга тойбогон
Канчык жолборс өзүмүн.
Баатырсынып, эрсинип,
Маңдай менен желипсиз.
Көпкөнүңдөн сен өзүң
Ушу турган Букарды
Аламын, - деп келипсиз.
Көпкөндөрдү көргөмүн,
Көөп келип катылып,
Көп өлгөнүн көргөмүн.
Кыздан баатыр экен,- деп,

Элиңизге айтыңыз,
Чатакташпай, чырдашпай,
Аман-эсен кайтыңыз.
Алтымыш дөөң бир келгин,
Чалышып чамаң келе албайт.
Чамаң келбес себеби -
Ургаачынын шеримин,
Ушу турган Букардын
Кайтарсын деген эримин.
Жаактууга жай бербес,
Жайдак атка бой бербес,
Чалгынчыга мал бербес,
Айзачанга кан бербес
Каныкейдин өзүмүн.
Эл оозунан байкасам,
Элдир-селдир кеп угам,
Кара нээт Жакыптан
Кабылан туулуп Алтайдан,
Ордо бузуп, олжо алып,
Бузук кылды, - деп уктум.
Кара кытай, манжууга,
Кан Алөөкө баатырга,
Кызык кылды - деп уктум,
Азган менен тозгонун
Алып келди, - деп уктум,
Калайманды Алтайга
Салып келди, - деп уктум,
Таласты күтүп, жер кылып,
Аргын менен кыргызды
Башын кошуп эл кылып,
Ордо күтүп кан болуп,
Таласты бойлой конду - дейт.
Кан Алөөкө баатырды
Каканды көздөй качканда
Кармап алып сойду - дейт.
Дин бусурман балдары
Алөөкөнүн сан дүйнө
Талап алып тойду - дейт.
Кара көк жал кабылан,
Канкор Манас болбосо,
Чабышып чамаң келе албайт,
Алышып алың жете албайт!»
Каныкей мындай дегенде
Чубакты кудай эми урду,
Каарданып чамынып,
Чунакты кудай эми урду.
Ошо кезде эр Чубак
Таласка барып коно элек,
Манаска чоро боло элек.

«Таластан Алай кем бекен,
Чубактан Манас эр бекен?
Мактаныш болот мунуңуз,
Ишенгениң Манаспы,
Ошо жерге туруңуз!
Кыз экенин билбестен,
Кылымга кызык салдым», - деп,
Кызырканып токтобой
Кудай урду Чубакты,
Кылым журтту буй кылган
Кызыталак Чубакты,
Каардуу жинди, чоң тентек,
Тил албаган чунакты.
Көгала санга бир салып,
Көк найзаны колго алып,
Айзаны сунуп камдады,
Чубактын түрүн көргөндө,
Бу капыр бирди кылат, - деп,
Букардын калың көп эли,
Кенедей акыл калбады.
Мына ошондо Каныкей
Кыймылдабай, кенебей,
Кыраан Чубак баатырды
Бучкагына теңебей:
«Аянба, Чубак, аянба!
Керилип айза сала көр,
Кегиңди менден ала көр!» -
Деп, ошонтүп, Каныкей
Кара кашка аргымак
Тартып оозун бурду эле!
«Кезегиңди алгын!» - деп,
Керилип карап турду эле.
Журт күйүнсө Каныкей
Күлүп жүрөт кашкайып,
Күндөй бети тастайып,
Күрөктөй тиши кашкайып,
Кезегин берди Чубактын,
Керилип сайчу чунактын.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Акбалтайдын Чубагы -
Ай-ааламды буй кылган
Артыгыраак чунагы,
Он эки бирге кол берген
Шердин бири бу дагы.
Айза сунду долуга
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай.
Кыйкырык салды ошондо
Кыдырата карабай,

Кылча жанын аябай.
Көгала оозун бурганда,
Кыйкырып айза сунганда,
Бели кетти мекчейип,
Көзү кетти чекчейип,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден эр Чубак
Эмчектин асты ушу,- деп,
Өпкөнүн анык тушу,- деп,
Муштап келип өттү эле,
Ары ичине айза өтпөй,
Акбалтайдын Чубагы.
Эр Чубактын айзасы
Такыр кыйрап быркырап,
Ат башындай ак була
Далбактап учуп дыркырап,
Капырды кудай урду,- деп,
Карап турган Букар журт
Айкырык салды чуркурап.
Мына ошондо Каныкей,
Баатырдыгы башкача,
Кыз экенде Каныкей
Кылымды чайкап, журт бузган,
Кыздан чыккан көйкашка -
Өлүмдөн кайгы жеген жок,
Эр Чубактын айзасын
«Кабагым-кашым» деген жок.
Акбалтайдын Чубагы
Көгала оозун бурду эле:
«Келгин эми, сайгын»,- деп,
Каныкейдей долуга
Кезегин берип турду эле.
Кара кашка аргымак
Ал Каныкей камбыл күң,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Кыргагы темир сыр найза,
Кыя тартып сунду эми.
Акканкы ээрдин кашы,- деп,
Жүрөгүнүн башы,- деп,
Өлөр жери ушу,- деп,
Кыйкырып айза сунду эми.
Жебеден мурун Каныкей
Жетиктиги ушундай,
Акбалтайдын Чубакка
Жетип айза урду эми,
Жетип айза урганда

Көгала тулпар туйлады,
Муштаганда айзасы
Сексен бөлөк кыйрады.
Каражолтой Каныкей
Каарды катуу баштады,
Кан Балтайдын Чубагы
Көгаланын үстүнөн
Кулап кете таштады.
Чубак-Чубак болголу,
Чубак атка конгону,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Кыйкырып айза суна элек,
Акбалтайдын Чубакка
Астынан каршы чыга элек,
Астынан каршы айза алып,
Адам уулу желе элек.
Акбалтайдын Чубагы
Бул өңдөнгөн ордукту
Өмүрүнчө көрө элек.
Сокмогу дүмөк баштады,
Соолгон кыздын айзасы
Арслан Чубак баатырды
Көгаланын үстүнөн
Аңтарып кете таштады.
Эпсиз бейбак сайганда
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Чай кайнатым эр Чубак
Чаркы кетип турду эле,
Аш кайнатым эр Чубак
Чаркы кетип турду эле.
Мына ошондо Каныкей
Кабырга сөөгү бүктөлүп,
Таш муштаган эмедей,
Эр Чубакты сайганда
Обу жок күңгө күч келип,
Кара кашка аргымак
Кармап оозун бурду эле,
Аң-таң калып Чубакка
Абайлап карап турду эле.
Мына ошондо эр Чубак
Каарданып, сабылып,
Жаратканга жалынып,
«Ата, капырды кырган шер кылдың,
Он эки мүчө тең кылдың,
Ургаачыга ал келгис
Мынчалык несин кем кылдың!» -
Деп, ошонтүп, эр Чубак
Көөдөнгө батпай көп санаа,

Көзүнүн жашы он талаа,
Көп арман кылды кудайга.
Кызы мындай болгондо,
Кызыталак Букардын
Кыйыны келсе оң кылбайт,
Катыны мындай болгон соң,
Каражолтой Букардын
Камбылы келсе соо кылбайт.
Кан Балтай уулу Чубакка,
Кайгуулга чыккан чунакка
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип:
«Кайра сайса оң кылбайт,
Кара бет талпак соо кылбайт.
Кан Балтайга барайын,
Алайда нойгут элимден
Сандаган колун алайын,
Чубатууга салайын.
Айзакерден ыктуудан,
Айбалта чабар мыктуудан
Санды түмөн кол жыйып,
Кайта келип Букарды
Анан кийин чабайын.
Колду жыйып алайын,
Анан кийин канчыктан
Капкайда кегим алайын!»
Ошону ойлоп эр Чубак
Мындай айза көрө элек,
Эр уулунан эч убак.
Ошондо Чубак кабылан
Көгала оозун жайды эми.
Көгала тулпар ошондо
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Оозун жайса Көгала
Булуттай учуп зыркырайт.
Чуу чыкса күчөп бөлүнөт,
Ирмегенде кара жер
Кыртышынан бөлүнөт,
Эр Чубактын Көгала
Тулпарлык сыны көрүнөт.
Качып Чубак калганда,
Кайраттанып Каныкей
«Эркексиңби, кызсыңбы,
Акыйнакты айтайын,
Жерине чейин кубалап,
Олжолоп алып кайтайын.
Колго кирген коёнду

Коё берген оңорбу,
Камбыл да экен, шер да экен
Катындан качып болобу?
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кубалап,
Төрөлүү жерин басайын.
Төбөңдөн тийген Чубактын,
Төрөсүнгөн чунактын
Төбөсүнөн басайын.
Кайгуулга чыгып, жол жүрүп,
Желбегидей кылайын,
Кайра баштан кол алып,
Кандуу Букар шаарына
Келбегидей кылайын.
Көрүнөйүн көзүнө,
Көөсөр Чубак баатырдын
Билинейин өзүнө!» -
Деп, ошонтүп, Каныкей
Эр мүчөлүү бейтаалай,
Астында кара кашка аргымак -
Каныкейдин канаты,
Качан да болсо ал долу
Кагышка минер адаты.
Көк найзаны колго алып,
Аргымакты бир салып,
«Темиркан!» - деп үн салып,
Каарданып бакырып,
«Эркек болсоң качпа», - деп,
Эр Чубакты чакырып.
«Желкелеп чачым буубасам,
Адам болбой калайын,
Акбалтайдын көөдөгүн
Жерине чейин куубасам.
Калааны чаап алууга
Камбыл окшойт эр Чубак
Төбөңдөн чечип баспасам,
Төрт түлүк малың чачпасам.
Туубай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Атыңдын оозун бура тур,
Кайта сайыш кылалы,
Азамат болсоң, сен Чубак,
Алдыңкы жайга тура тур!»
Айтканга Чубак болобу,
Туруп берсе оңобу!
Эңкейишке киргенде,
Кара кашка аргымак
Кирип барат такымдап,
Өр таяна бергенде,

Чубактын аты Көгала
Узап кетет закымдап.
Будур-будур жер келсе,
Эр Чубактын Көгала
Букадай моюну бултулдайт,
Адырмак жерге келгенде
Кара кашка аргымак
Айкашкасы жылтылдайт.
Эркекче сунуп айза алган,
Эзелде болбойт мындай жан.
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумчалык коосу жок,
Айдаган экен Чубакты
Антаңдатып ошондо,
Айласын жаман кетирип,
Акбалтай уулу Чубакты.
Алдындагы Көгала
Аябай оозун жайыптыр,
Айласы кетип, эр Чубак
Аябай качып калыптыр.
Ээн талаага келгенде
Жер айрылып закымдап,
Каныкейдин кара кашка аргымак
Кан Балтайдын Чубакка
Жетмек болду жакындап,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Түшмөк болду эр Чубак
Дүмүрөйгөн тумшукка.
Андан ары өткөндө
Так алдында бар экен
Аңырайган капчыгай,
Акбалтайдын Чубагы
Арманын айтат бир далай.
Алы калбай Чубак эр
Кыз, күйөө болуп алышып,
Кыйын куушуп калышып,
Качып жүрөт эр Чубак,
Кууп жүрөт Каныкей.
Муну мындай таштайлы,
Канкор Манас кабылан
Карыя Бакай, Ажыбай,
Эстүү Бакай карысы,
Эрендердин баарысы
Эригип элде жаталбай,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Жолборс карап, аң уулап,
Жолборсуң Манас ичинде
Кабылан кармап тирилей.

Кан Чубак кирген түшүнө,
Уктап жаткан кезинде.
Манас да арслан, ал да арслан -
Баш кошушуп бир түнү,
Эриксе элик атышып,
Бир түнү бирге жатышкан.
Дүнүйөнү четтеген,
Адам көрүп, журт баргыс,
Жердин баарын өрттөгөн.
Манас да арслан, ал да арслан -
Жолукканды койбогон,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Медийендин беш бурчун
Беш айлана жойлогон.
Каяша айтып аларга
Катылган жандар болбогон.
Уйкудан Манас ойгонуп,
Бээ баштаган беш тогуз
Белеске кырып той кылып,
Билимдүү Бакай карысын,
Чакырган экен түшүнө
Билгичтердин баарысын.
«Журтум,
Кызыкка кыйын батыпмын,
Эки бирдей жан болуп,
Жерди чалып жатыпмын,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Каркайган кара тоо чыкты,
Тоону бузуп жол кылдым,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Кабылан-шер мен болуп,
Аркамдан арслан ээрчитип,
Ааламды чалыпмын,
Каттап адам барбаган,
Каттаган адам калбаган,
Калың кара токойду
Такыр өрттөп жок кылдым,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Кутпа жаккы бетимден
Түшүмдө тийген күн көрдүм,
Ал дагы күн, мен да күн,
Ай-талаага конуштук,
Кол кармашып көрүшпөй,
Төрө тогоол болуштук.
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!»

Кечээ, Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап огой жатканда,
Канкоруң айткан сөзү экен.
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү
Олуя чалыш жан экен,
Түш жоруду жаркылдап,
Абаң Бакай ошондо
Айтып турду баркылдап:
«Түш касиет - керемет,
Түз айтып жоруп берейин,
Ачылган экен багыңыз,
Куттуу болсун тагыңыз!
Ач арслан келгени -
Алданын анык бергени.
Кабарыңда бар бекен,
Кең Алайда туулган,
Он экиге келгенде
Кашкарга салган чуулган,
Акбалтайдын арсланы
Чубак келе турганы!
Ач кыйкырык, күү сүрөөн,
Арслан эрдин жөкөрү,
Чунак келе турганы!
Чубак тийсе колуңа
Бармактуу адам батабы?
Тырмактуу адам тиеби?
Чубак тийсе колуңа
Кара тоо бузуп жол салсаң
Жетип чабат экенсиң
Жети калаа Ооганды
Жетигиң Чубак келгенде
Жеркен кайдан соо калды.
Кара токой четтесең,
Барса-келбес токойдун
Бары-жогун өрттөсөң,
Билгич келип, шер келип,
Өзүңө тете эр келип,
Кан ичмең кармап оолугуп,
Кайыптан кыраан жолугуп,
Кара токой өрттөсөң,
Каканчынга, Бээжинге
Кагыш кылат экенсиң.
Кара дайра, теңизди
Камчы менен сабасаң,
Сабасаң колуң талбаса,
Тамчы суусу калбаса,

Сулайман тийбес Бээжинден
Өзүңө тете эр келип,
Сурак алат экенсиң!
Укурук кайрар жан калбай,
Улук болот экенсиң!
Ат арытып, жер чалып,
Ай-талаага конгонуң,
Кутпа жактан күн чыгып,
Төрө тогоол болгонуң.
Келгендерден кеп уктум,
Он эки кан чогулуп,
Бадышасын Букардын
Камап барды, - деп уктум.
Эң кызыкты аларга
Кылып салды, - деп уктум,
Айбалталап, токмоктоп,
Он эки кандын эркесин
Кырып салды, - деп уктум!
Өз дүйнөсүн чачты - дейт,
Алам деп барып Букарды
Он эки кан баарысы
Ар тарапка качты - дейт.
Ошо Букар шаарына
Бузук болуп турганда,
Анжыянды жердеген
Ала чапан Айкожо -
Чын даанышман олуя,
Букардагы эшиктен,
Уруш кылып турганда,
Көргөн экен ошондо
Дарбазанын тешиктен.
Баланын кийимин кийиптир,
Калк чуу түшүп, чуулаптыр.
Эр өлтүрүп, журт бузган
Эр Каныкей бейбакты
Айкожо эми сынаптыр.
Сыртынан карап олтуруп,
Сынына мыктап толтуруп,
Ургаачынын шери экен,
Он эки мүчө тең экен,
Эгерде эркек бул болсо
Он сегиз миң ааламга
Тутка болчу эме экен.
Чаткаяк сөөгү куушураак,
Ушу жактан кеми бар.
Атаганат, бейбактын
Туубас болор жери бар,
Андан башка жагында
Кай жеринде кеми бар?

Касиеттүү жан экен,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү,
Оң ийининде долунун
Жылаңач бала бар экен.
Айтып туруп иш көрсө
Алдага иши зар экен,
Атаганат, долуда
Чын касиет бар экен!
Катын эмес Каныкей
Жолуккан адам уулуна
Тоодой кадыр түн экен.
Колуңа тийсе, ал бейбак
Берекенин бири экен.
Кырсык чечип, көөн ачкан
Кымбат жандын өзү - дейт.
Кыл он төрттүн өзүнө
Чыгып келген кези - дейт,
Бой-келбетин караса,
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу.
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси.
Кыялы жакшы, - деп угам,
Кымбат баа кырмызы,
Китептерде айтылган
Бейиштеги нур кызы.
Бир айыбы бейбактын
Маңдай сөөгү кайкы - дейт,
Баатырдын көзү өткөн соң,
Күн көрөрү тайкы - дейт.
Кежиге чачы чөп - деди,
Асылдын көзү жумулса
Ал бейбактын көп - деди.
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү
Анык билгич деди эле,
Айкожо айткан кеп эле.
Айкөлүм, сенин өзүңө
Ылайыктуу деди эле!
Ай-талаага конобуз,
Аман болсо султаным,
Ал Каныкей бейбакка
Төрө тогоол болобуз!
Адам кандай бээлеп бил,
Айкөл Манас, тил алсаң
Каныкейди жар кылып,
Ошону менен бирге жүр!
Каныкей сага тушукса,

Кеткениңди келтирет,
Кеп кылба андай долуну,
Кемтигиңди толтурат.
Каксаң билет кашыңды,
Капа кылып Каныкей
Оорутпайт сенин башыңды!
Кан абаң Бакай айтканын
Карап Манас, өзүң бил.
Каныкей алсаң кокустан,
Каныкей эмес - кадыр түн.
Каныкей алсаң көк жалым,
Кумардын баары кесилет,
Кырсыктын баары чечилет!
Ал Каныкей бейбагың
Айныбай угар сөзүңдү,
Аман буйруп, сен алсаң,
Бадыша кылар өзүңдү!
Каныкейди сен алсаң,
Ок өтпөс түшөр жонуңа,
Ар бир элдин кыйыны
Кыраандар келер колуңа!
Байдасы болор каныңа,
Караан болор Каныкей
Атадан жалгыз жаныңа!
Душманыңды бир кылар,
Жолугар болсоң Каныкей,
Тууганыңды миң кылар!
Бул Каныкей капырың,
Жолугар болсоң акылың.
Отко салса күл болбойт,
Жоого түшсө күң болбойт.
Кадырлаш ошол, жар ошол,
Катын башын эр кылат,
Кара башын туу кылат.
Алып турган зайыбың,
Шооруктун кызы Акылай -
Шоодураган капырай.
Айтса тилди албаган
Дардештиги бар экен.
Орой кыял, суук сөз,
Обу жок жаман жан экен!
Эрге кароо, эң долу!
Чабылып кеткен долунун
Чатагы мынча бар экен!
Баатыр, керилет экен катының,
Кесиреттүү капырың!
Акылай менен сен жүрсөң,
Айттым, өзүң билип ал,
Кан экениң чын болсо,

Айкөлүм Манас, тилимди ал!
Акылай менен сен жүрсөң
Бир кийим түшпөс жонуңдан,
Суук сөзүн ийгизсе,
Кыраандар кетер колуңдан!
Эрге жакын, оозу шок,
Эч акыл таап бере албайт,
Акылайдай балаа жок!
Акылай менен жүрсөңүз,
Айтканым ушу билсеңиз!
Эзели ишиң жөнөбөйт,
Эгерим бала төрөбөйт,
Акылай менен жүрсөңүз,
Конокко келбес кишиңиз,
Келгениң кетип талаалап,
Бузулуп кетер ишиңиз!
Каныкейди сен алсаң,
Касиеттүү жан ошол,
Берекенин көзү ошол,
Алуучу болсоң Каныкей
Кадыр түндүн өзү ошол!
Быйыл Манас, тил алсаң,
Кайгуулду мыкты чалалы,
Быйылкы жыл өткөндө,
Келерки жыл жеткенде,
Букардын каны Темиркан:
«Каныкейди бергин» - деп,
Куда болуп баралы!
Кулдук уруп мал айдап,
Кудалашып май чайнап,
Сан казына, мал берсек,
Канчалык түмөн мал берсек,
Кутман болот мунуңуз,
Бул сөздү куп угуңуз!
Айткан тилди албасаң,
Чыкпай кетет дайныңыз.
Түк мүдөөңө чыгарбайт,
Акылай сойку зайыбыңыз!»
Бакай мындай дегенде
Бадыша төрөң тил алып,
Албан түрдүү жанды алып,
Ажыбай, Бакай канды алып,
Ат арыта жер чалып,
Ит агыта куш салып,
Ашпай-шашпай көк жалдар,
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламдын баарысын
Салбырындап кыдырып,
Эриксе элик атышып,

Эрикпесе талаага,
Эркин ойноп жатышып,
Кулан карап, аң издеп,
Жээк-Мойнок ылдый сыдырып,
Самаркандын бери жагы
Айдай талаанын бою менен кыдырып,
Айдай сары талаага
Чалгын кылып барганда
Төрө Манас каны бар,
Ажыбай, Бакай дагы бар,
Билбегенди билгизген
Билимдүү Бакай абыдан.
Ошо Бакай абакең
Ээр белдей белеске
Салып чыгып барды эле,
Тулпар оозун бурду эле,
Туйгун Бакай абакең
Тууранында карап турду эле.
Бепбелгилүү карыя,
Берен Манас жан досту
Берен Бакай олуя.
Дөбөгө чыгып бакырып,
Ажыбай менен Манасты:
«Бери кел!» - деп чакырып,
Баатырлар баары жарышты,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Эр Бакайдын жанына
Баары жетип барышты.
«О, ботом, алты шердин кенжеси,
Шерим мында турасың,
Аргын кан уулу Ажыбай,
Эрим мында турасың.
Ботом, Таласка салган тамың жок,
Талтайып жатар чагың жок!
Кең-Колго сайган багың жок,
Керилип жатар чагың жок!
Бүтүн кундуз терисин
Жара тилип алышып,
Багалакка салышып,
Чатыраш ойноп, даң салган
Таластагы чагың жок.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Мен көргөндү көрбөсөң,
Каалап жүргөн адамың,
Ай-талаадан табылар,
Жортсоң жолуң болот го.
Жолборсуң колго тиет бейм,

Кудай өзү берет бейм!
Кан Балтайдын Чубагы,
Акбалтайдын чунагы
Өзүңө теңгээл эр эле,
Баатыр Чубак келет бейм!
Тетиги көз жетпеген мунарык,
Мунарыктын бери жагы
Айдай сары талаада
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды карасам,
Астындагы мингени
Артык тулпар мал экен,
Үстүндөгү адамы
Зордугу тоонун теңиндей,
Билеги жоон таш жүрөк,
Алы калбай тамтаңдап,
Шашып калган кези экен.
Алапайын таба албай
Качып калган кези экен.
Анын ары жагынан
Жер айрылып закымдайт,
Жетүүчүдөй бир караан
Арт жагынан жакындайт.
Качып алган аңтаңдап,
Кан Чубактын өзү бейм,
Аркасынан кууганы
Каракан кызы Каныкей
Эр мүчөлүү, эпсиз күң,
Антаңдатып Чубакты
Кууп алган кези бейм!
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Акбалтайдын Чубагы
Кең Алайда туулган.
Жаш он экиге келгенде,
Капталган жердин баарына
Салган экен чуулган.
Коконго кордук салды - дейт,
Маргаланды майдандап,
Капкалуу Букар шаарына
Кагыш кыла барды - дейт,
Каракан кызы Каныкей
Эрдиги башка эпсиз - дейт.
Акбалтай уулу эр Чубак
Эпсиз жаман шашкан го,
Калың Букар жабылып,
Каныкей чыгып сайышып,
Эми кармап алаарда
Эси чыгып качкан го!

Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алган го,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алган го!»
Арслан Бакай олуя
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Көгала талаа Таш-Мойнок
Ашып чыгып келатат.
Коё берип этекти,
Көгалага камчы уруп,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Качып чыгып келатат.
Астындагы Көгала
Жейренче ыргып түйүлүп,
Жетиктиги билинип,
Аркардай ыргып түйүлүп,
Артыктыгы билинип,
Мойнун жерге салыптыр,
Эр Чубактын Көгала
Болбой арыш алыптыр.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот оздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Алган экен Көгала.
Басып өткөн таштары
Көмүрдөй кыйрап быркырап,
Калган экен Көгала.
Камбыл Бакай ошондо,
Көгаланы көргөндө:
«Желгенине жел жетпей,
Жеткирбей кетер бекен, - деп,
Басканына мал жетпей,
Балакеттүү Көгала
Жүрүп кетер бекен, - деп,
Акбалтайдын Чубагы
Жерине кирип кетер бекен», - деп,
Төрө Бакай ошондо
Көк тулпар санга бир салып,
Оңурайган белести
Көк тулпар менен ошондо
Ойрон Бакай ошондо
Он айланып алды эле.
Бакай кандын Көк тулпар
Кара жерди ирмесе,
Аркардай туяк илинип,
Артык кыйын жаныбар
Тулпарлыгы билинип,

Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Ошондо Бакай абакең
Омбул-домбул түйүлтүп,
Омуроо бою күрөөкө
Аркасында шүйүлтүп.
Антаңдап качкан Чубакка,
Айласы кеткен чунакка,
Арслан Бакай абакең
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Чубакты
Жетип кармап өттү эле:
«О, ботом, кең Алайда туулган,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жерге салган чуулган,
Урунарга тоо таппай,
Уруша турган жоо таппай,
Кагышка кирсе камсыкпас
Кайран Чубак, аманбы?
Тоюна токсон сойдурган,
Атын Чубак койдурган
Арслан Чубак, эсенби?
Ааламдын баарысын
Баскан Чубак, эсенби?
Кашкарды камап алты алып,
Коконго кордук чын салган,
Алтымыштын артыгы,
Кырк кыраандын кыйыны,
Баары дөөнүн балбаны
Баатыр Чубак, эсенби?
Урунарга тоо таппай,
Бурарды камап барыпсыз.
Урушарга жоо таппай,
Айласы кетип талаада
Шашкан Чубак, эсенби?
Темиркандын кызынан
Качкан Чубак, эсенби?
Түбү-жайың кеп сурап,
Билгичтерден уккамын,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Атайы карап чыккамын.
Айтканым ушул көнүңүз,
Атадан жалгыз туулган,
Кара калмак, манжууга
Катуу салган чуулган,
Айкөл Манас төрөгө
Караан болуп бериңиз.

Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Барып конгун Таласка,
Караан-бута болуп бер
Жакыптын жалгыз уулу Манаска.
Капталбаган бел калбайт,
Каралбаган эл калбайт.
Телегейи теңиңе
Жолдош бол, Манас шериңе!
Айкожодон кеп угуп,
Акбалтайдын Чубагы
Арслан чыкты, - деп угуп,
Алда Таала жараткан
Арман жок - дейм го өзүмө,
Кан Балтайдын Чубагы
Арслан тууган эреним,
Көрүндүң го көзүмө!
Менин жайым сурасаң -
Олуят чалдын өзүмүн,
Кан Манастын сырдашы
Кабылан Бакай көзүмүн,
Кабарыңда бар бекен
Канзааданын өзүмүн.
Жолдош болсоң жер мына,
Жолуксаң Манас шер мына,
Билимиң билип берүүчү
Билимдүү Бакай мен мына,
Жетимиш уруу тил билген
Жетигиң Ажың да мына,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Консоңуз кыргыз журт мына!
Акбалтайдын Чубакка
Түшүндө көрүп, чоң кумар
Жолуксаң Манас шер мына!
Күрдөңдү таап берүүчү
Күлкүлүү Бакай мен мына!
Арсланымсың, шеримсиң,
Ат арытып, жер чалып,
Атайы тозгон эримсиң».
Айтып оозун жыйганы,
Быяк жагын караса -
Чоң Кула менен барбайып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жалдык түрү көрүнүп,
Бир жагынан Манастын
Өзү чыкты көрүнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Зордугу тоонун теңиндей,

Ким көрүнсө жегидей,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Манасты көрө салганда
Тизеси жерге бүгүлүп,
Көгаланын үстүнөн
Учуп түштү жүгүрүп,
Көк жал Чубак ошондо
Көгала оозун бурду эми,
Көк жал эрдин алдына
Салам айтып турду эми.
Армандын баары арылды,
Арага жүрүп эр Бакай
Арслан Манас шериңе
Акбалтайдын Чубагы
Ай-талаадан табылды.
Бээ баштаган беш тогуз
Баабединге чалышып,
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Манас менен эр Чубак
Дос болушуп калышып,
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп турушту,
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп турушту.
Төбөдөн төрт уруу жылдыз козголуп,
Төрөсү менен чоросу
Талаага түшүп дос болуп.
Чалгынды бирге чалууга,
Чампаңдан жылкы алууга,
Жазайыл тийсе көрүүгө,
Ажал жетсе өлүүгө,
Оболун иштин санашып,
Асмандан түшкөн алты курч,
Манас алган Зулпукор,
Зулпукор мизин жалашып,
Андай дешип кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Азапты бирге көрүүгө,
Ажал жетсе өлүүгө,
Шарт-убада кылышып,
Дегенине көндү - дейт,
Кырк чоронун бирдигин
Чубак канга берди - дейт.
«Балам, Чубак, кабылан
Капталыңда каңгай бар,
Кармашар жооң далай бар,

Чалгынды чалсаң өзүң чал,
Кырк чоронун милдетин
Эми Чубак өзүң ал!
Чалгынды каалап чала көр,
Кырк жерден келген кыраандын
Убалы-сообу болобу,
Милдетин өзүң ала көр.
Камынып көзүн кыскан бар,
Капталдан кысар душман бар.
Кара адырмак тоо да көп,
Кагыш кылар жоо да көп,
Каратып алар эл да көп,
Кагышка чыгар менде көп.
Кармаша чыккан жоо болсо,
Кыйкырып кыргын салыңыз,
Убалы-сообу, баарысын
Ушу турган кырк чоро
Милдетин Чубак алыңыз!
Акбалтай уулу сен элең,
Жакыптын уулу мен элем,
Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Экөөмдү таштап, бирөөмдү ал!
Жылкыдан каалап малымды ал,
Көөкөргө куюп канымды ал!
Айлансам болот Алдага
Эми чыкты убайым,
Акбалтайдын беренин
Азыр бердиң колума,
Айланайын, кудайым!
Талаадан Чубак табылды,
Таалайым артык жанмын го!
Ыраазы болуп кудайга,
Арслан Манас төрөнүн
Жалгыз башы беш болуп,
Чубагым кыйын экенин
Эбак эле билгемин,
Качан келет Чубак? - деп,
Жолуңду тозуп жүргөмүн!»
Манас мындай дегенде
Берен Чубак турду эми,
Төрөсүнө чоросу
Эми кызмат кылды эми.
Канжыгада кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир арак,
Ыргып туруп эр Чубак,
Кан Бакайдын жанынан
Кармап чечип алды эми,
Уйбаш кара жанаяк -
Мелтирете куюшуп,

Алып келип төрөлөр
Апкаарыта куюшуп,
Алып келип ошондо
Күпүлдөтө сунушуп,
Арак ичип кызышып,
Ай-талаада арсландар
Чекеден терин сызышып,
Кабактын баары ачылып,
Кайгынын баары чачылып,
Ошондо Манас барбактап,
Чоң сүйүнүп дардактап:
«Канкорум Бакай, Ажыбай,
Кайраным Чубак турганда
Кызыл айза, Зулпукор
Кыйкырып кындан алармын,
Кытай эмес, мен өзүм
Кылымга кыргын салармын!
Жалгыз жаным миң болду,
Жараткандын бергени,
Жалынайын кудайга,
Жан биргем Чубак келгени!
Алты ай минсем Аккула,
Арыбай турган бууданым.
Айлансам болот кудайга,
Акбалтайдын тууганы,
Ардыгым жазар тууганым.
Кайраным Чубак турганда,
Калмакка кыргын салармын,
Кайран башым барында,
Каканды бузуп алармын!
Тилимди алса бусурман,
Тилге салып багынтам,
Дин билбес кара капырды
Күчкө салып багынтам!» -
Деп, ошонтүп, эр Манас,
Чубактын Чубак экенин
Кыйынын Манас билди эми,
Кыл муруту солк этип,
Мыйыгынан күлдү эми.
Ыраазы болуп, эр Чубак
Азыркы сөздү таштады,
Арсланы Манас өзүнө
Көргөн сөздөн баштады.
«Жашым он экиге келгиче
Мекеде окуп тургамын,
Мен Мекеде турганда
Түшүмө кирдиң, тууганым!
Жараткан жалгыз кудайдан
Ушуну сурап тургамын.

Атам Акбалтай жүзүн көргөндө,
Мекеден кайта келгенде
Көгала оозун бургамын,
Атакемдин алдында
Азганакай тургамын.
Ал журтун, ал нойгуттун,
Жосуну жанды жоотпойт,
Жоругу жанды кубантпайт.
Же, доолашып алар доосу жок,
Жаткан экен нойгуттар
Аткылашар жоосу жок,
Айбаны калың, малы топ,
Ошондон башка камы жок,
Жаткан экен нойгут журт.
Алайы адыр жер экен,
Алайдагы нойгуттар
Айбанга чалыш эл экен.
Бел байлаган белим жок,
Медер кылар өзүңдөй,
Белиме таңуу эрим жок.
Мен Мекеде турганда,
Кашкардын каны Алабек
Калбаны катуу салыптыр,
Кан атамдын жылкысын
Такыр тийип алыптыр.
Кашкарлык чыгып зордуктап,
Аргындан алым салыптыр,
Калтырбастан аргындын,
Баарын жыйып алыптыр,
Асыл атам Акбалтай
Жаздыкка башын салыптыр,
Турбай жатып калыптыр.
Алайдагы көп нойгут
Карыясы анткенде
Казанынан аш кетип,
Капырлардан баш кетип,
Биринин тилин бири албай,
Бирин бири көрө албай,
Ала каргадай чуркурап,
Аттанып атка миниптир,
Айылга жакшы болуптур.
Нойгутта ойноп тура албай,
Ыкшай курчап курчандым,
Толкуп жаткан Кашкарга
Тогуз сапар кол салдым,
Ооганды бузуп он алдым,
Орчун журтка кол салдым,
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң,

Самаркан барып үч алдым,
Жетиктеп белим курчандым,
Жердин жүзүн бир чалдым,
Он эки капка чоң Букар,
Ошону камап мен бардым.
Көгала оозун бурганда,
Букарды камап турганда,
Өзү бала секелек,
Өрүмгө чачы жетелек,
Он төрттөн жашы өтө элек,
Он эки кыздын кенжеси,
Ойрон болгон Каныкей
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Букарда кыздан шер көрдүм,
Буюрбасын, кабылан,
Кылымга татыр эр көрдүм.
Кең Букардын майданда,
Тулпар оозун бурганда,
Кең Букардын майданда
Жекеге чыгып турганда,
Жетип айза сунганда,
Каныкей турду мен сайдым.
Зың-зың этип кенебейт,
Сырттан экен Каныкей
Бучкагына теңебейт.
Нур мүчөлүү бала экен,
Арслан төрө өзүңө
Ылайыктуу жан экен!
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы.
Бул өңдөнгөн жан болбойт,
Каныкейди албасаң,
Эгерде ишиң оң болбойт!
Байбиче кылсаң долуну
Кеби ширин, сөзү бал,
Кейисе чыкпайт мындай жан.
Өзү айзакерден ыктуу экен,
Жоонун айласын билген мыктуу экен.
Ордолуу кыздын каны экен,
Эгерде эркек уул болсо,
Ойротту бузар жан экен.
Оң жагына карасам
Алты айчылык болорду
Азыр айтып берүүчү
Жыланач бала бар экен.

Касиеттин бири экен,
Карасам кадыр түн экен,
Кабары башка, заары күч,
Канкорум сенин өзүңө
Ылайыктуу күң экен.
Каалап алсак Каныкей,
Казына жыяр мүлк болор,
Кагыш кылып кутулган,
Кан Чубактын сөзү бул!
Калап алсаң Каныкей!
Кара көздүн өзү бул!
Сөзүмө кулак салыңыз,
Каракан кызы Каныкей
Колукту кылып алыңыз!
Каныкей алсаң баатырым,
Арбыйт экен дөөлөтүң,
Түгөнөт экен мээнетиң.
Ачылат экен багыңыз,
Алтындан болот тагыңыз.
Дүнүйө чачып, мал берип,
Айтканым ушу билип ал!
Айкөл төрө, тилимди ал!
Жекеге турдум, ал сайды,
Айзасы сынды быркырап,
Опол-тоодой Чубактын
Айласы кетти чыркырап.
Ээримден арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Ээрден арт кылтайып,
Куруп калган Чубактан,
Акыл кетип, эс тайып,
Эки өңүрүм далбактап,
Сакта кудай, сакта,- деп,
Куюшкан кармап күйүнүп,
Ичим-тышым чок кылып,
Көктөн көк найман жылдыз тутулуп,
Астымдагы Көгала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Кең Букардын шаарынан
Көрүнөө качып кутулуп,
Каарды катуу баштады,
Көк гүлдүү тон жамынып,
Көрөр болсом Каныкей
Көк жолборстой чамынып,
Каарды катуу баштады,
Аркасында сан колу
Каптап кете таштады.
Көк найза тийип соорума,

Көмө сайып коёрдо
Көгала калды сообума.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйгөндө,
Артымдан кууп сүргөндө,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Аркамдан кууп сүргөндө,
Астымдан силер чыкпасаң
Чийбейт беле сызыкты,
Алайга чейин кубалап,
Кылбайт беле кызыкты,
Чыгарбайт беле дайнымды,
Талкалайт эле айылымды.
Алсаң долу катынды,
Мен Букардан көрдүм го,
Айбаты кыйын капырды.
Чубагыңдын башына
Салды го заман акырды». -
Билбегенди билгизип,
Билимдүү Чубак муну айтат.
Чубак мындай дегенде,
Өзүң көргөн зор Бакай
Акырын айтып, бек таштап,
Каардуу Бакай, камкор эр,
Канчаны билген үлкөн шер,
Мына, Бакай карыяң
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
«Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрө Чубак, эр Манас,
Төрт айлана чалалы,
Казаттын малын табалы!
Соңку жылы келгенде,
Сексен арга дилде артып,
Кан Букардын шаарына,
Темиркандын алдына
Куда боло баралы,
Жетик тууган долуга
Барып сөйкө салалы.
Кара төгүп, мал берип,
Канчалык дүйнө, ар берип,
Чатакташпай, чырдашпай,
Каада менен алалык.
Ургаачыдан эң кымбат,
Уз экени дагы чын,
Касиеттүү, эң артык
Кыз экени дагы чын.
Кара чачып, мал берип,
Темирканга баралы,

Оомийин! - деп кол жайып,
Каныкейди алалы», -
Деп, ошонтүп, зор Бакай,
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго киргизип,
Жана жүрдү аттанып,
Астыга салса ак жолу,
Айдап жүрсө сан колу,
Абасы Бакай карыя,
Адамдан билгич олуя.
Караңгыдан көз табат,
Капыядан сөз табат.
Айкөл Бакай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күүгүм кирип, күн батты,
Элдин баары ным жатты.
Эрендер жортуп оолугуп,
Медийен чөлгө жолугуп,
Медийен чөлү дээр экен:
Чымчып жээр чөп да жок,
Чык этим жерде суусу жок.
Ажыбай, Чубак арсландар
Тамашага каныіп жүр,
Кескелдириги жаркылдап,
Ар жеринде салып жүр.
Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Кутпа жагын караса
Белестен чыкты беш киши.
Беделине көз салып,
Берен Бакай караса,
Белгилүүсү олуя
Шай атамдын өзү экен,
Караган кара көзү экен.
Берениме берем, - деп,
Белгилүү төө - Желмаян
Алып келген кези экен.
Ал Желмаян жарыктык
Асыйы кыркка толуптур,
Алда Таала Манаска
Бурак кылып коюптур.
Иш белгисин аныктап,
Оңдогону жүрүптүр.
Шай атам Манас баатырды
Колдогону жүрүптүр.
Манастын көк жал экенин
Ал Шай атам билиптир.
Жалпак өркөч кара нар
Ал Манастын өзүнө

Тартуу кылып келиптир.
Шай атаны көргөндө
Аттан түштү ошондо
Ажыбай, Бакай карысы
Кол куушуруп турду эми,
Манас, Чубак баарысы.
Сандыргалуу Шай ата
Колун сунуп барбайып,
Кабылан трууган канкордун
Колун кармап дардайып:
«Оо, балам, алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси,
Каарың келип какайсаң,
Кан агызып жиберген
Кабылан шердин өзүсүң.
Туулбастан жети жыл,
Мурун сени билгемин.
Жетип көзүн көрсөм,- деп,
Кудайдан сурап жүргөмүн!
Келе, балам, колуңду,
Кудайым ачсын жолуңду!
Ажалдан кайра кайтпагын,
Өлүмдөн кайта тартпагын!
Бек кысталган чуу келсе,
Бейпайлашкан дуу келсе,
Атышты арбын салармын,
Айгайлаган душмандан
Өзүм колдоп алармын!
Кабылан Манас, канкор шер,
Жаратылдың жалгыз сен,
Колуң кармап, ак жүзүң
Көрөйүн, - деп жүргөмүн,
Аманатың Желмаян
Берейин, - деп жүргөмүн.
Ушу турган Желмаян
Жалпак өркөч кара нар -
Касиети бир далай,
Кайыбынан кабылар,
Сен өңдөнгөн арслан,
Сүйгөн кулга табылар!
Ушу жалпак өркөч кара нар,
Белгилүү күлүк Желмаян,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Булуттай учуп сыдырат,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт күн койбой кыдырат.
Куржунга салып кум арткын,
Эрикпейт да, терикпейт,

Билсең мыкты чамасы
Желмаян жайы ушундай -
Желкайыптын баласы.
Айбандардан канаттуу
Үстүнө болот ок артсаң,
Жеңил дебей, оор дебей,
Көтөрө билген адаты,
Сизге ылайык Желмаян,
Айры өркөч төөнүн күлүгү,
Арап менен атыштым,
Ашып кетти, кулунум,
Желмаяндын күлүгү.
Башында алтын окто бара,
Өнөрү мынча чунайып,
Өткөрө шерим, өзүңө
Бул Желмаян ылайык!
Ок жүктөсөң бир далай,
Аманат жандын эрмеги.
Көзүңдү бизге салыңыз,
Шайы атам белек берди - деп,
Желмаянды алыңыз!
Күлүктүгү, жүрдөгү
Күлдү журтка мураапы.
Ушу турган Желмаян
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Медийендин беш бурчу,
Баарына бул сынаакы.
Өркөчү тукул, мойну жоон,
Бул Желмаян жарыктык,
Көлүктүгү дагы бар,
Каканчын менен кармашсаң,
Каптап болот ок артсаң,
Тулпар менен тең жүрөт,
Күлүктүгү дагы бар,
Айт-кайтка болжоп ат берсең,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төрт айланта кат берсең,
Азыр барып берүүчү
Күлүктүгү дагы бар.
Ары күлүк, ары лөк
Арсланым, сени билгемин,
Арслан Манас, көк жалым,
Мураа кылып алсын - деп,
Кудайдан сурап жүргөмүн.
«Чү!» - дегенде Желмаян
Айбанча мойнун бурбаган,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминсе
Бакырып төөчө турбаган.

Кайың, тал башын чайнаган,
Карарып көзү жайнаган,
Кадырлуу күлүк Желмаян,
Калың дүмөк доо чыкса,
Атышы арбын жоо чыкса,
Керек болот Желмаян.
Түнөрүп жаткан Чоң-Бээжин
Түз кирип айза сунсаңыз,
Кара тажаал Бээжинге
Кармалашып турсаңыз,
Карааны тиет Желмаян.
Кара желек айза алса,
Какандын сыртын айланса,
Байдасы тиет Желмаян.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Ит кыяндуу бел болсо,
Чаалыгып суусап койбогон,
Күн чыгышка чуркатсаң
Башы үзүлүп кетпесе,
Жолдо тынып койбогон,
Башын коё бергенде
Бу Желмаян жарыктык
Булуттай учуп ойногон.
Айлап, жылдап жол жүрсө,
Айбанча тынып койбогон.
Күлүктүгү күчтүүрөөк,
Күндө тыным койбогон.
Күлүктүгү мамындай,
Бул Желмаян жаныбар
Кайыбынан кабылды,
Кызыр чалган көк жалым,
Таалайыңа табылды!
Желмаян жайын айтайын:
Медийендин белинен
Береним Манас, сен үчүн
Аң уулап барган жеримден,
Какыраган чөлдөрдө,
Ошо чөлдө ээн өскөн,
Өзү кайып элдерден,
Такалашып барышып,
Далай күн тынбай салышып,
Алдага далай зар ыйлап,
Алып келдим өзүңө.
Айкөл Манас, береним,
Бир өзүңө арнап,
Береним, бээлеп билгемин,
Жүз көрүшсөм көк жалга
Беремин, - деп жүргөмүн.
Албай койсоң жаман ат,

Арслан трууган кабылан,
Каалап бердим аманат.
Айбан төөнүн каны экен,
Алты шердин кенжеси,
Айкөлүм, сенин өзүңө
Ылайыктуу мал экен.
Кумга көлбөп, чөлдө өскөн,
Мураа болот Желмаян.
Казатка минсең камсыкпайт.
Кагыш кылар жерде өскөн,
Кайрыдин менен кагышсаң,
Душман менен чабышсаң,
Буттап болот ок артсан,
Күлазыкты чоң артсаң,
Моюнун булгап койбогон,
Калың мүшкүл иш түшсө,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү Желмаян.
«Чу!» дегенде жаныбар,
Учуп кетчү эмедей,
Куюндай өнөр баштаган.
Арбаң-тарбаң бут чойсо,
Аалам жолдун баарысын
Көз ачкыча таштаган.
Бул жаныбар Желмаян
Ары балбан, ары лөк,
Ушу турган кара нар,
Байдасы Манас сага көп.
Береним, сенин шердигиң
Бээлеп, каалап билгемин,
Колум менен Желмаян
Аманат кылып айкөлгө
Берейин - деп жүргөмүн.
Тескери ишиң оңдодум,
Желмаян берип колуңа,
Жетигим, сени колдодум.
Адам айтып, көздө жок,
Шай атаңдын өзүмүн,
Колдой турган бириңдин
Караган кара көзүмүн!
Ар кыраан жыйдың керекке!
Жалпак өркөч кара нар
Кан Манастын Желмаян,
Колум менен тапшырып,
Бүгүн бердим белекке!
Айбандан мураа Желмаян,
Мураа кылып алыңыз,
Беттешкендин баарына
Өлүмдөн коркуп турбастан,

Айкырып согуш салыңыз.
Желмаян алсаң колуңа,
Түйүндүн баары чечилет,
Кызыр чалган көк жалым,
Кырсыктын баары кесилет.
Туубастан мурун жети жыл -
Бээлегемин диниңди,
Көрөйүн, - деп мен жүрдүм,
Көк жалым Манас түрүңдү!
Таалайың артык жаралып,
Шер экениң чын экен,
Алты шердин акыры,
Эр экениң чын экен!
Канкор, сенин эрдигиң
Каалап эчак билгемин,
Колунан кармап өзүңдү
Кол берип колдоп жүрсөм, - деп,
Ушуну сурап жүргөмүн.
Аңкоодурсуң, шердирсиң,
Ала көөдөн эрдирсиң,
Арбагың артык жаралган,
Аябаган шердирсиң.
Айбалта чаап, айза уруп,
Айгайлашып урушсаң,
Каарданып, душманга
Бет алышып турушсаң,
Жаман жолго жолотпой,
Өзүм жолго салармын,
Каарданып бакырсаң:
«Шай ата!» - деп чакырсаң,
Асмандай боз ат мен минип,
Ач айкырык салармын,
Аманат жанга күч келсе,
Арсланым, сенин өзүңө
Жолдош болуп калармын.
Капырга казат сала жүр,
Оюңа мени ала жүр!
Кыстоо түшсө башыңа
Сүрөөңдү өзүм салармын,
Булуктүү катуу чуу болсо,
Жолдош болуп калармын!» -
Деп, ошонтуп, Шай ата
Кайыпбоз оозун бурду эми,
Ажыбай, Бакай, Чубакка,
Айкөл Манас төртөөнө
Кайра-кайра Шай ата
Кол алышып турду эми.
Кол алышкан беш кожо
Шай атанын өзү экен,

Караса көзгө илинбейт,
Кай кеткени билинбейт,
Көздөн кайым болду эми.
Айкөл Манас төрөнүн
Желмаяны табылып,
Абийири мындан жабылып,
Ичке жолду төтөлөп,
Ажыбай, Бакай жетелеп,
Шай атам келип, кол берип,
Талаадан кызыр чалды эми,
Муну менен эр Манас
«Шер» атагын алды эми!
Түнөп өткөн жерине
Бүрлүү чынар тал бүттү,
Кабылан Манас канкордун
Түбүнөн кудай жар бүттү.
Конуп кеткен жерине
Кароолоп чынар орноду,
Кызыр чалган кыраанды
Кожой кызыр колдоду.
Түп атасы түгөл кан,
Түбүнөн Кызыр даарыган,
Башкы атасы баары кан,
Башынан Кызыр даарыган.
Каарданып катылса,
Душман чыдап турбаган,
Туйгун шердин өзү ошол,
Катылган аман кетпеген,
Кабыландын көзү ошол.
Желмаян, Чубак табылып,
Жети олуя кол берип,
Арслан Манас ошондо
Даарып калган чени ошол.
Акыл айран бөлүнүп,
Айкөл төрө ошондо
Ала-Тоодой көрүнүп,
Бир караса - миң киши,
Бир караса - бир киши,
Таалайы артык көк жалдын
Далайга салар сыры бар.
Берен Манас барында
Беттеп менде келеби?
Бет алып душман жеңеби?
Калк азарын салабы?
Кагышкан аман калабы?
Тилин алган мендени
Тили менен багынтты,
Тил албаган макоону
Жинге салып багынтты.

Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Үч-Кошойду жайлады,
Ачуусуна тийгенди
Азууга салып чайнады.
Колу жеткен жеринде
Кожосан чалган төрөнү
Сурабай менде калбады.
Ээрчиткени эр Бакай,
Эсил Манас төрөнүн
Не кылыгын айтасың,
Жол баштаган зор Бакай,
Аргын кандын Ажыбай,
Акбалтайдын Чубагы
Салбырын издеп, аң карап,
Аркар уулап, кулан кууп,
Аң кароодон эринбейт.
Айдай сары талаада
Алтыдан болгон куланды
Атып алып бүктөтүп,
Желмаянга жүктөтүп,
Медийен чөлүн басты эле,
Кайып-Мазар, Кара-Кыр,
Кайыпчынын мазарын
Жаңыдан Манас ашты эле.
Жаңгактуунун керүүдөн,
Жана Манас баш болуп,
Баатыр Бакай ошондо
Даарат алган жеринен,
Колду суугa салышып,
Кол даарaтын алышып,
Бутту суугa салышыш,
Бут даарaтты алышып,
Айкөл Бакай ошондо,
Аңгырап азан салышып,
Амаз окуп турганда,
Жаңы бата кылганда,
Кум-Булактын белинен,
Даарат алган жеринен
Кайыбынан кабылды,
Кол башындай сур күчүк
Көзү ачылбас чагында,
Жаңыдан тууган табында
Манас канга табылды.
Кызыр чалган Манаска
Кыраандын баары кабылып,
Баабедин чалган Манаска,
Кечээ, Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда,
Аңга чыгып оолугуп,

Кызыр чалган кыраанга
Кымбаттын баары жолугуп,
Бактысы башка ачылып,
Багы ашык кыраанга
Кудайдын береке нуру чачылып,
Шай ата берген Желмаян,
Көк жал Манас өзүнө
Жүк артууга мураапы,
Каймана келген Чубагы,
Астыга салса ак жолу,
Айдап жүрсө сан колу.
Кол башындай сур күчүк -
Таап алган мураапы.
Аюудан кайра тартпаган,
Жолборстон кайра качпаган,
Арслан Манас көк жалың
Кумайык таап бакырып,
Абакеси Бакайды:
«Бачым кел!» - деп чакырып,
Шашып Бакай барганда,
Көз ачалек сур күчүк
Турган экен Манастын
Оң жак алаканында.
Кумайыкты көргөндө:
«Баабедин!» - деп бакырып,
Бакай абаң ошондо
Ажыбайды чакырып,
Анда Ажыбай муну айтат:
«Арслан Манас, көк жалым,
Кутмаарек болсун күчүгүң!
Кызыр чалган кырааным,
Кыйланын баары кабылды,
Чын Кумайык табылды.
Чын Кумайык өзү экен.
Көк жору тууп таштаган,
Кымбаттуу кыраан башыңа
Алда Таала кудайың
Куп келтирген кези экен.
Ушу турган Кумайык
Адам колу өткөндө
Айып болот дечү эле.
Эркек бакса ушуну
Алты күнгө толгондо
Кайып болот дечү эле.
Коштоп жүргөн ак боз бээ
Кокуй, Чубак, бери тарт!
Ак боз бээни соёлу,
Этине биздер тоёлу,
Алакан жайып баарыбыз,

Бата кылып коёлу,
Атын чын Кумайык коёлу!»
Муну укканда Манас кан
Абакеси Бакайга
Кумайыкты берди эми,
Жети жылы туу калган,
Жеткилең семиз ак боз бээ,
Канкор Манас кабылан
Кулагы менен көкүлүн,
Кошо кармап алды эми,
Асмандан түшкөн Бозкисе,
Моюнуна салынып,
Алтымыш тай, жүз тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алды эми,
Былкылдатпай зор бээни
Мыктылыгын мындан бил,
Кыбыланы каратып,
Башын кесип алды эми.
Ичин Чубак жарганы,
Карыш казы бар экен,
Айкөл барып, эр Бакай
Алып барып Кумайык
Тумшугун майга малганы.
Кир көйнөккө ороду,
Чын Кумайык экен,- деп,
«Кумайык» атка жороду.
Ак боз бээни бат сойду,
Айкөл Бакай ошондо:
«Кумайык»,- деп, ат койду.
Карчыгадай камынып,
Каардуу Бакай абаңа,
Кайыптан акыл табылып,
Акырын айтып, бек таштап,
Абаң Бакай сөз баштап,
Көк жал Манас кабылан.
Сур күчүк эмес, кадыр түн
Ушу сөзүм угуп бил,
Чын жүзүнө чөп чыккан
Жерде мындай табылбайт.
Кулак угуп, көз көргөн,
Элде мындай табылбайт?
Ай-талаада сур күчүк
Кулак угуп, көз көргөн,
Түк адамга кабылбайт.
Кумайык эмес, кадыр түн -
Курбум Манас, муну бил!
Жүнү айбан дебесең,
Адамдан артык ит ошол,

Алда Таала жасаган
Маңдайыңа Манасың,
Жазып койгон мүлк ошол!
Бул Кумайык чоңойсо,
Жолдош болор өзүңө,
Өлгүчө канбайт кумары,
Бир көрүнөр көзүңө.
Аюуга салып: «Айт!» - десең,
Агытса жанды күлдүрөр,
Тиштегенин Кумайык
Тим эле бөөдө бүлдүрөр.
Жолуккан ырыс Кумайык
Жолборстон кайра тартабы!
Бул Кумайык чоңойсо,
Ар демеден кайтабы!
Арсландыгы абыдан,
Бул Кумайык жаныбар -
Өз билгенин кылбайбы,
Үйүрү менен бөрүнү
Көз алдыңда кырбайбы!
Муну баккан кишиге
Бушман түшөт дечү эле,
Азуулуудан артыкча
Душман түшөт дечү эле.
Асыл болот Кумайык,
Үч күн жатса талаада
Кайып багат дечү эле.
Эркек адам жолобой,
Ургаачынын тазасы,
Зайып багат дечү эле.
Ал зайыптын ичинен,
Айзакерден жаа тарткыч
Ыктуу багат дечү эле.
Жоонун айласын билген абыдан,
Мыкты багат дечү эле.
Кумайык баккан ургаачы
Баатырлыгын сындачы,
Күндүзүндө тынч албайт,
Кумайыкты баккан жан
Түн ичинде уйку албайт.
Дал алты ай толгунча
Кыяматтын кыстоосун
Кыйын көрөт дечү эле.
Кереметтүү кең көйнөк,
Ыктуу багат дечү эле,
Алты айчылык болорду
Ачык билген абыдан,
Мыкты багат дечү эле.
Бул Кумайык жарыктык,

Антип багып албаса,
Мураадына бир күнү
Жетип калат дечү эле.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Эркек бакса бир күнү
Кетип калат дечү эле.
Каныкей алсаң кан Манас,
Кадыр түнгө кирер - дейт.
Кумайыктын багуусун
Каракан кызы Каныкей
Ошол бейбак билер - дейт.

## 25 Манас баатырдын Каныкейди алганы

О, ботом, Манас, кебимди ук,
Төшөккө жакын, эрге тынч,
Алган зайыбың Акылай
Адеби жок шылкылдак,
Алжаңдаган капыр ай,
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капыр ай.
Эң эселек, чорт кыял,
Үтүрөң тентек капыр ай.
Аяш катын Акылай
Адеби жок капыр ай,
Багып берчү жан эмес,
Бул Акылай катының
Буластаган капырың,
Ушак арбып, ич күйүп,
Канкорум, түшпө балаага,
Өлбөсөң Манас, көрөрсүң,
Бакайың түшөр арага.
Акылың менен сен турсаң,
Тапканың кетер талаага.
Акылай менен жүрсөңүз,
Айтканым азыр билсеңиз,
Ордоңуздан качат ко
Дарс окуган молдоңуз,
Колуңдан качат жороңуз.
Манас кандын Акылай
Үтүрөң тентек экен,- деп,
Тилдеп коёр бекен,- деп,
Үйүңдөн качат кишиңиз,
Оңолбойт бир да ишиңиз.
Каада билбес катының,
Кайдан келген капырың!
Катыным бар, - деп ойлопсуң,

Канкорум Манас, бойдоксуң!
Акылайдын маанисин
Айтайын Манас, билип ал,
Арслан Манас, тилимди ал.
Чаркылдак орой кеби бар,
Туубас болор жери бар.
Кырк жерден келген кырк жоро
Кызык кымбат сөз айтса,
Оройлугун билгизет.
Ойлочу Манас, сен өзүң,
Кырк кыраанды Акылай
Кимисин үйгө киргизет.
Бул Акылай турганда
Бул Талас сага жер болбойт,
Кырк чоро сага эл болбойт.
Башыңыз түшөт санаага,
Акылайдын барында
Кырк чоро кетер талаага.
Бул Акылай катының
Оолукма жинди капырың,
Үзүлгөнүң улабайт,
Чачылганың жыйнабайт.
Бул Акылай турганда
Бир башың эки болобу,
Кыя тартып өзүңө
Кырк чоро айыл конобу?
Жыртылып кеткен чоронун
Чопкутун оңдоп жамайбы!
Кыябын таап таарынып,
Катының бузук экен,- деп,
Кырк чороң бузук салбайбы!
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Букардын каны Каракан
Касиеттүү жан - деди.
Эркеги жалгыз, кызы арбын,
Он эки кызы бар - деди.
Он эки кызы ал кандын
Он эки канга жар - деди.
Жез оймоктун ыктуусу,
Канчасынын мыктуусу,
Кыз төлбашы улуусу,
Кыздарынын сулуусу,
Эр Көкчө алган Акеркеч
А да ошонун кызы - дейт.
Кызынын баары кадыр түн,
Ойлонуп, Манас, муну бил.
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,

Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Узун чачтын тазасы,
Ургаачынын баашасы,
Айтканы мунун алтындай,
Алдага сөзү зар - деди,
Алты айчылык береки
Ажал менен азапты,
Кириш менен чыгышты
Кидирбей айтып берүүчү,
Адамдан бөлөк бейбактын
Касиети бар - деди.
Каныкей алсаң оңосуң,
Калкка бааша болосуң.
Каныкей келсе Таласка,
Кадыр түн келет жолуңа,
Аман жүрсөң көрөрсүң,
Ал Каныкей турганда
Качканың келет колуңа.
Санааңды сансыз болтурат,
Сан казына мүлкүңдү
Келер замат толтурат.
Сөзүмө кулак салыңыз,
Каракан кызы Каныкей
Колукту кылып алыңыз.
Ал Каныкей капыры
Адамдан бөлөк акылы.
Салмактуу тоодой жаныңды,
Сайып жүрүп бак кылар,
Салып жүрүп там кылар,
Сандыргалуу башыңды
Жер жүзүнө кан кылар.
Каныкей алсаң кабылан,
Түрс аяк жаман атыңды
Багып тулпар ат кылар,
Кызматыңды бат кылар!
Ургаачы жолборс баатырың,
Беризаада капырың,
Каныкей алсаң Манасым,
Кандыгың журтка дүң болот,
Жалгыз башың миң болот!
Арышын керет ааламга
Аккуладай бууданың,
Айыл конот чуркурап,
Адашкан башка тууганың!
Каныкейди сен алсаң,
Каныш болор өзүңө,
Кабылан Бакай тапты,- деп,
Ыраазы болгун өзүмө!

Казына мүлкүн жашырат,
Кандыгыңды ашырат,
Каныкей жайы ушундай.
Ургаачыдан акылман,
Андай болуп жаралбайт,
Ак жоолуктуу катындан!
Алганда ишиң оңучу,
Ар жерден сына долуну,
Ак үйлүү көчүп конучу.
Башын байлап, куда бол,
Жагынып катын болучу?
Келинден сонун Каныкей,
Кем кылбайт, жыят үбүңдү,
Келишимдүү бейтаалай,
Аман болсо көрөрсүң,
Көтөрүп берер жүгүңдү!
Көк жалым аман болсо,- деп,
Кайран бейбак Каныкей
Башы үзүлсө ойлогон,
Ар канча түйшүк түшсө да
Бир күйүгүп койбогон.
Ургаачынын төрөсү,
Алып калсаң Каныкей
Кырк чоронун энеси,
Ургаачынын ыктуусу,
Ак жоолуктун мыктуусу.
Айтканым ушул билип ал,
Арсланым Манас, тилимди ал!
Манаска зайып болорун
Биле келет эмеспи.
Ич этинен ок өтпөс
Кие келет эмеспи.
Катылганга чоң жаңжал
Сала келет эмеспи.
Төө көтөргөн Чоң Аяр
Ала келет эмеспи.
Каардана келгенде
Катуу жинин баштаган,
Катуу жини келгенде
Төөнү жаза муштаган.
Мурунтан айткан сөзүңө,
Мураа кылып Аярды
Чоро кылар өзүңө.
Куда болуп, мал айдап,
Кулдук уруп, май чайнап,
Кулдук ура барбасак,
Айтканына көнбөсөк,
Кумайыкты колуна
Аманат кылып бербесек.

Ал Каныкей жайдары
Мойнуна тумар тагуучу,
Кумайыкты багуучу.
Айтканына көнүүчү,
Ал Кумайык күчүктү
Жакшылап багып берүүчү.
Сөзүмө азар салбасаң,
Бул тилимди албасаң,
Эзелки Букар шаарына,
Ал Каныкей турганда
Эч ким чыдап бара албайт.
Беттеп менде көрөбү,
Ал Каныкей бейбакты
Беттешип адам жеңеби?
Кагыштан кайта тартабы,
Кырылбай адам кайтабы?
Айзакерден ыктуу - дейт,
Акылы бөлөк даанышман,
Аябаган мыктуу - дейт.
Кабарын угуп долунун
Казак камап барды - дейт.
Аламын, - деп долуну
Алп-дөөлөрдүн баарысы
Такыр камап барды - дейт,
Алалбастан долуну
Акылынан шашты - дейт,
Алам деп барган алп-дөөлөр
Ар тарапка качты - дейт.
Теңдик менен албасак,
Зордукка көнөр жан эмес,
Олжо болуп бизге эле,
Оңой менен Каныкей
Колго тийчү ал эмес.
Амыз кылып барышсак,
Өлбөгөн жерден калышсак,
Тирүү калбайт кишибиз,
Ургаачы менен кармашсак,
Кыйшайып кетер ишибиз.
Аргын кандын Ажыбай -
Астындагы Карткүрөң
Ажыбайдын канаты,
Качан болсо Ажыбай -
Кабар берген адаты.
Ката кетпейт батаңыз,
Сан каранын ээси,
Кан Жакып сиздин атаңыз.
Атаңызга кат бергин,
Кат берсең да бат бергин,
Миң карача төө берсин,

Миң кара кашка бээ берсин.
Ал малдын баарысын
Кыргыл чалды баш кылып,
Кырк чорого айдатсын.
Алтайдан бери көчкөндө
Мал башчысы Кула бээ
Куп тилегиң эмеспи,
Кула бээнин башына
Ат башындай ак була
Ак тилегиң ушу,- деп,
Кула бээге байласын.
Сандап жаткан түмөн мал,
Сарып кылып Манастын
Тилеги үчүн айдасын.
Кечээ, Маймунду чаап алганда,
Калчага кыргын салганда,
Орчун элин жыйганда
Олжого тийген токсон ар,
Токсон ардын үстүнө
Толтура дилде жүктөсүн.
Кара нээт кан Жакып
Айткан сөзгө көнсүн де
Ушул айткан көп малдын
Бирин койбой берсин де!»
Бакай таап шумдукту,
Манас кылды буйрукту!
Анжыяндын ары жагы,
Амангендин быягы,
Кокон кандын колтугу,
Айдай сары талаадан
Ажыбайды жиберди.
Аргын кандын Ажыбай,
Аттанбай Ажың турабы,
Бакай акыл тапкан соң -
Баатыр тууган Ажыбай,
Аянып кудай урабы!
Аргын кандын Ажыбай
Астындагы Карткүрөң
Оозун коё бергенде,
Учуучудай зыркырап,
Желкайыптай дыркырап,
Басып өтсө, кара таш
Кум талкан болуп быркырап,
Төрт аяктан от чыгып,
Чакмак таштай чабышып,
Учуп кетет белем,- деп,
Аргын кандын Ажыбай
Артык күлүк Күрөңдүн
Оозу менен алышып,

Ачып көздү-жумгуча
Жоргонун белин ашты эле,
Чоң Таласты басты эле.
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Эми жетти Ажыбай
Төрө Манас багына.
Канкоруңдун кырк кашка,
Кыркынын жөнү кырк башка.
Өрдөп конуп Таласты,
Конуп калган кези экен.
Алышканды арсландай,
Соруп калган кези экен.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы -
Ээликкенден желигип,
Кыраганы Манас келгиче
Кырк чоронун баарысы
Кутургандай ээлигип,
Зыңгырашып кенебей,
Күйүп каптап от келсе
Бучкагына теңебей.
Султаны Манас кан болуп,
Бейорун жүргөн адамдын
Бир канчасы жай болуп,
Беттеп менде баралбай,
Белин душман чалалбай,
Берен калган бул Талас
Бекип калган кези экен.
Көк түпөктүү айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайгуул карап, из чалып,
Калган экен кырк чоро,
Таласты курчап айланып.
Күүгүм кире, күн бата,
Ажыбайдын караанын
Алыстан чоро көрүптүр,
Уу дегенде чуу деген
Такыр баатыр кырк чоро,
Айза кармап жүгүрүп,
Эрдиктери эң эпсиз,
Эликтей ыргып түйүлүп,
Токуп койгон кырк тулпар
Кыркы чурап минишип,
Кайта тартпай өлүмдөн,
Жабыла баары жүрүшүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кароолго чыгып караса,
Калк аманын кааласа,

Канкор Манас сырдашы,
Кабыландын курдашы
Кан Ажыбай өзү экен,
Канкор шердин алдынан
Кабарга келген кези экен.
Катар туруп кырк чоро
Каарданып бакырып,
Ажыбайды чакырып:
«Басып чыгар тоо барбы?
Энтелеңдеп калыпсың,
Ээ, Ажыбай, жоо барбы?»
«Атаңдын көрү, кырк чоро,
Сары адырмак тоо да жок,
Салышып чыккан жоо да жок,
Элкин оттоп, жайын жеп,
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Жоон билегиң толуптур,
Кара суударда кеме жок,
Канкор аман барында
Каш кайтарар эме жок.
Эриге чыгып жол тартсак,
Ээн талаага конобуз.
Сексен төөгө дилде артып,
Арслан Манас төрөгө
Күйөө жолдош болобуз.
Букардын каны Темиркан,
Темиркан көздөй жол жүрүп,
Айкөл канга бергин,- деп,
Кызына сөйкө салабыз.
Миң карача төө айдап,
Миң кара кашка бээ айдап,
Букардын каны Темирге
Куда болуп барабыз!
Токсон кара ар айдап,
Толуп жаткан мал айдап,
Ал Каныкей бейбакка
Барып сөйкө салабыз!
Касиеттүү Каныкей,
Каадалуу сөзүн, чоро, бил,
Кабарын уксаң долунун
Каныкей эмес кадыр түн.
Каракан кызы Каныкей,
Кан Манастын өзүнө
Каныш болуп келбейби?
Карагыла кырк чоро,
Эч болбосо, силерге
Элик сүтүн бербейби?
Айкөлдүн зайыбы Акылай -
Акылы жок капыр ай,

Сүйлөсө кеби далай бар,
Үтүрөң тентек, орой жан.
Кесири мыкты, заары күч,
Акылай менен турсаңар
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген кырк жоро,
Аманат жандан күдөр үз!
Акылай турса ордого
Айлаңды таппай шашасың,
Туйгунга тургуң келбестен,
Туш-тушту көздөй качасың!
Каныкей келсе Манаска,
Алты айчылык болорду
Азыр билип берүүчү,
Олуя - дейт, билгич - дейт.
Конуп алсаң Каныкей,
Күрдөлдүү конуш бел ошол,
Чоро болсоң Манаска,
Күрдөңдү жазар неме ошол.
Жакшы, - деп угам долуну,
Жакшысы журтка сынаакы,
Келип калса бул жерге,
Кетпеген ырыс, мураапы.
Келер болсо Каныкей,
Капанын баары чачылат,
Кабагың минтип ачылат.
Төрөң болсо кан Манас,
Жеңең болсо Каныкей,
Эриксең элик атасың,
Эрикпесең Таласта
Эркин ойноп жатасың!
Жоону көздөй бет алсаң,
Жолу болгон кырк чоро,
Жок буюмуң табылар,
Касиеттүү Каныкей
Ордо күтсө Таластан,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштын карысы
Кадыр түнгө кабылар.
Кырк жерден келген кырк бөрү,
Кыяптуу жолуң болуптур,
Кыйынын Манас кеби ушул!»
Ажыбай айткан бул сөздү
Уккан чоро турабы.
«Айт!» - дегенде, кыйт койгон,
Артык кыраан кырк чоро
«Уу!» - дегенде чү койгон,
Эрен да ошол, шер да ошол,
Эбегейсиз кыйындар

Кыркка толгон санаты,
Кыраан Манас көк жалдын
Кымтып учар канаты.
«Айт!» - деп койсо ушулар,
Ааламды бузган адаты.
Ажыбайдан кеп угуп,
«Каныкейди эр Манас,
Алат экен», - деп угуп,
Кыргыл баштык карысы,
Кызык болуп дүрбөштү
Кырк чоронун баарысы.
Кырк чорону караса,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети
Түн жалаңкыч көздөнүп,
Түгөл баатыр көйкашка,
Беттеп менде келгисиз,
Түрлөрү жандан бир башка.
Кырк чоронун ичинде
Нелер бар да, нелер жок,
Төөнү жеке көтөргөн,
Балбан чоро дагы бар,
Ааламга кыргынды
Салган чоро дагы бар.
Туу түбүндө былк этпей,
Туура мүшкүл иштерде
Турган чоро дагы бар,
Туура өлүмдөн коркпостон,
Ач айкырык сүрөөндү
Салган чоро дагы бар.
Кезиккенди бөрүдөй,
Жарчу чоро дагы бар,
Буйрук кылса кызматты,
Кылган чоро дагы бар.
Убадага былк этпей,
Турчу чоро дагы бар,
Ары балбан, ары шер,
Артык чоро дагы бар.
Түмөн колго кол салган,
Илгич чоро дагы бар,
Султан Манас көк жалдын
Түйүнүн туура чечүүчү
Билгич чоро дагы бар,
Кара кылды как жарган,
Калыстыгы башкача,
Аалым чоро дагы бар.
Убалдан коркпой кан төккөн,
Зулум чоро дагы бар.
Шамдагайы башкача,

Кырк чоронун баарысы
Токсон ардын ичинен
Сексен арды айдатып,
Казынага чөгөрүп,
Сексен ардын баарысын
Ком, арканын шайлатып,
Кырмызыны бүктөтүп,
Кызыл дилде, сары алтын,
Сексен арга жүктөтүп,
Алтынды ашык арттырып,
Сексен ардын баарына
Калы килем жаптырып,
Өркөчтөрүн койкойтуп,
Өң окшош кылып баарына
Калайдан жүгөн каттырып,
Көрүп турган адамдын
Көңүлүн кыйын бөлүнтүп,
Ат башындай ак була
Ар башында көрүптүр,
Букарды көздөй бет алып,
Манас кандын кырк чоро
Кээ бир жерде жарышып,
Кээ бир жерде кырк чоро
Оодарышып калышып,
Токтогондо кырк чоро
Аябаган дуу кылып,
Бирин бири ошондо,
Шылдыңдашып чуу кылып,
Аркар атып, кулан кууп,
Кырк кыраандын баарысы,
Ойноп турган күнү тууп,
Кырк чоро кирди жол менен
Муну мындай таштайлы,
Кара нээт кан Жакып,
Ошондон кабар баштайлы.
Аргын кандын Ажыбай,
Кепке чечен, чоң жүйрүк,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Бай Жакыптын ордого
Барып турду Ажыбай:
«Аяш атам, ой Жакып,
Астыңа келип кеп айтам.
Бакай айткан кеп эле,
Бай Жакыптын алдына
Салам кылгын деди эле.
Айткан сөзгө көнүңүз,
Мойнуңузда карызы,
Арслан Манас балаңа

Зайып алып бериңиз!
Ушу турган Манасың
Канкор туухан кабылан,
Кеп уккун Жакып олуям.
Ушу турган Манасың -
Өзөндүү дайра булагың,
Өлгөндө көргөн чырагың.
Зайып алып бербес чараң жок,
Деген сөз ушу көнүңүз,
Миң карача төө бергин,
Миң кара кашка бээ бергин!
Бул тилимди алып бер, Жакып,
Куда болуп барып бер, Жакып,
Манаска зайып алып бер, Жакып,
Манас өңдүү балаңа, Жакып,
Балаңа малың садага, Жакып!»
Ошондо Жакып чамынып,
Кайыптан ачуу табылып:
«Кулаалы багып куш кылган,
Уулум дебейм Манасты!
Кутурган жыйып журт кылган,
Телик куш багып куш кылган,
Тукумум дебейм Манасты,
Тентиген жыйып журт кылган!
Кулаалы учат жерине,
Кутурган кетет тейине.
Телик куш учат жерине,
Тентиген кетет тейине!
Абийирим жаман бир ачкан,
Алтайда малым бир чачкан.
Кетирген менин алымды,
Кемитип койду малымды.
Алтайым артык жер эле,
Кара калмак, тыргооттор
Кадырлашкан эл эле.
Дегениңе көнбөймүн,
Катын эмес, Манаска
Канчык алып бербеймин.
Ушу Манас болгону,
Манас атка конгону
Далай чачты мүлкүмдү,
Бөлүп берди бу капыр
Тентип келген капкайдан
Бөлүп берди ал Манас
Кырк чорого жылкымды.
Адам кирбес ордомо
Тентиген журтту киргизди,
Кыйналып тапкан сан карам
Бакай кулга билгизди.

Айткан тилди албаган,
Айдаган жакка баспаган,
Айтып турган ал Манас
Ашкере зөөкүр уул болду.
Кетирип ийди алымды,
Кемитип ийди малымды.
Башы жок болуп Манасты
Байкасам кудай урганы,
Ак алтын, ак күмүш
Баарысын зарып кылганы.
Алтайдан бери көчкөндө
Малсыз болуп кеткемин,
Балакеттүү Манастан
Балалыктан кечкемин.
Багып алар муунум бар,
Байкасам алты уулум бар.
Дегениңе көнбөймүн.
Кара кашка бээ эмес,
Кара тайым бербеймин! -
Оңбогон Жакып оңбоду,
Кырк баатырдын баарысын
Кырк кулу, - деп кордоду.
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кырк жерден келген ит элең,
Ит эмей кайсы киши элең!
Орой кептен саласың,
Оңолбогон Манасты
Олуя кылып аласың!
Жок ишке бүлөп Манасты
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Мени балакетке саласың!
Дегенине көнбөймүн,
Каарым келди Манаска,
Котур тайлак бербеймин.
Орто жолдо кайта бар,
Опсолоң Манас жиндиге
Жалгыз тайын бербейт, - деп,
Бачымыраак айта бар!»
Жакып мындай дегенде,
Аргын кандын Ажыбай
Жаны кылча көрүндү.
Өлөйүн, - деп, өлө албай,
Өпкө жарган жоо эмес,
Же өлтүрүп ие албай:
«Атаңдын көрү, кан Жакып,
Акыры бакыр экенсиң,
Айдап жүргөн сан караң,
Уулуң Манас куттуку,
Ыгына келсе жуттуку,

Кайын албан тоонуку,
Каркыттаган көп малың
Кара кытай жоонуку.
Уулуң Манас чыккалы
Казы кылды ашыңды,
Алтайдагы калмактан
Азат кылды башыңды.
Азган-тозгон жаман эл,
Бул Таласты жайладың,
Айкөл Манас бар үчүн
Желеңердин баарын
Миңден кысыр байладың.
Өрт каптаар акыр үйүңө,
Өлөрман адам экенсиң,
Алты уулуң жетер түбүңө.
Ай, Жакып бай, ойлочу,
Сени ата деген оңобу,
Ата сендей болобу?
Душман төксүн каныңды, как баш!
Жоо талкалап кыйратсын,
Аяп турган малыңды, как баш!
Айкөл Манас болбосо,
Агызар элем каныңды,
Такыр айдап кыйратып,
Жок кылар элем малыңды!»
Жакыпты көздөй умтулуп,
Арслан туулган Ажыбай
Кан бузулуп, ич күйүп,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш мүшкүл бир келип,
«Ардактаган айкөлдүн
Атасын чапсак болбос, - деп,
Өз баласын жоо көргөн
Акыры Жакып оңбос, - деп,
Урумда болбойт мындай иш,
Бул Жакып эки болбос», - деп,
Кан Жакыпка таарынып,
Арслан төрө Ажыбай
Кабыландай чамынып:
«Абийирдүү канкор барында
Айылына тийип нетейин,
Атасын чаап Манастын
Не мураска жетейин!
Кара нээт капырга
Теңелишип нетейин,
Атакең тилиң албайт, - деп,
Айкөлгө айта кетейин!»
Кылыч кында кыңгырап,
Кыя тартып Ажыбай

Карткүрөңгө барды эми,
Артык тулпар Карткүрөң,
Койчо чурап минди эми,
Кадырлашы Манаска
Кан Ажыбай жүрдү эми.
Арслан Ажың жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Адыр-күдүр бел ашып,
Айдай сары талаага
Ал Ажыбай жетти эле.
Көктөн тиккен чатырга
Кырк чоро кенен баткыдай,
Кырк чоронун баарысы
Ордолорун атышып,
Кең-кесири жаткыдай,
Аргын кандын Ажыбай
Антаңдап кирип барганы.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан колго алып,
Көк жал Бакай баркылдап:
«Оо, ботом,
Аргын кандын Ажыбай,
Кыйырдан Жакып жоголбойт,
Жакыптын көзү турганда
Манастын иши оңолбойт.
Каары күчтүү каркыбар
Кармап союп салууга,
Кара баскан Жакыптын
Ата деген аты бар.
«Атам акмак болду», - деп,
Атага тийген болобу?!»
Бадана тону жаркылдап,
Бадыша Бакай баркылдап:
«Күн мезгили - алты күн,
Көк тулпарга камчы уруп,
Мен Букарга жүрөйүн.
Букардын Темирканына
Жуучу түшүп көрөйүн.
Сексен кызыл ар айдап,
Ар куйругун өрөйүн,
Эрке кызың бергин, - деп,
Эбин таап сурап көрөйүн.
Тилимди алса Темиркан
Сексен төөнүн алтынын
Былкылдатпай берейин.
Тилге келсе Каракан
Куда болуп мал айдап:
«Кулдук!» - ташып май чайнап,
Көңүлдүн көбүн бөлүнтүп,

Көп казына, сан дилде
Темиркандай зор кандын
Чамгарактан төгүлтүп,
Эрдикти эпсиз салалы,
Эзилишип Темирге
Каныкейди алалы.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Каныкейди бербесе,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Кырылышып калалы!» -
Деп, ошонтүп, Бакай эр
Көк тулпарды токунуп,
Каарданып жайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Ай-ааламды кыдырып,
Жүргөн Бакай эмеспи,
Артык акыл баарысын.
Билген Бакай эмеспи.
Көк тулпар буту тийбеген,
Жерде бүтүн калбаган,
Көк жал Бакай дешпеген,
Эрде бүтүн калбаган.
Даанышман Бакай олуя,
Далайды билген карыя,
Абасы Бакай акжолтой,
Салмагы бийик сан колдой,
Салды Букар шаарына.
Төрөдөй Бакай бөлүнүп,
Шердиги көзгө көрүнүп,
Кырк чоро жөнөп артынан
Кабылан төрө камынды,
Каныкейдин дартынан.
Баатыр Бакай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Бадана тону балкылдап,
Бакай аткан Акчыбык
Ай далыда жаркылдап,
Букарга тоодой көрүнүп,
Бакайдын түрүн көргөндө
Букардын журту бүлүнүп,
Дарбазалуу Букарга
Бакай кан кирип барды эле,
Букардын калың адамы
Аң-таң калып калды эле.
Букарга Бакай кирбеген,
Бакайдын Бакай экенин
Букардын калкы билбеген.

Ал Букардын ичинде
Ак селдечен кожо бар,
Дарс окуган молдо бар,
Эчендн көргөн кары бар,
Аалымдардын баары бар.
Букарга жакын барганда
Бакайдын түрү ушундай:
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Чолок көк жал арслан
Жарып жутуп ийчүдөй,
Жандап чуркап камынып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Оң жагында миң киши,
Сол жагында миң киши
Капкалуу Букар калааны
Каптачудай көрүнүп,
Алп кара куш-зымырык
Азыр эңип кетчүдөй
Арбайтып бутун салыптыр,
Кырааны кырк миң жан болуп,
Кырка курчап калыптыр.
Бакайды көрүп калайык
Баары турду жарданып,
Олуят Бакай абаңдын
Шердигине таң калып,
Букардагы калың эл
Как жарылып дыркырап,
Эки колу боорунда,
Салам айтып чуркурап,
Бакайды көрүп таң калып,
Кайдан келген жан экен,
Беттешип менде келеби?
Бекем бейили бузулса,
Менде жыгып жеңеби?
Күткөнү адал дин экен,
Сөлөкөтүн карасак
Ысламдын бири экен.
Айтканын кылсак бул адам,
Айкырып айза сунбас, - деп,
Букарга бузук кылбас, - деп,
Уламадан уладык,
Билгичтерден сурадык,
Кайдан келген мындай жан,
Эпсиз да экен, шер да экен,
Ааламды буй кылган,
Аябаган шер экен.
Алагар көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай.

Сыягы башка, заары күч,
Сыйрыша кеткен адамды
Кырып-жоюп кылат түз.
Белгилүү да экен, шер да экен,
Бели катуу эр да экен.
Качырып адам барабы?
Катылган аман калабы?
Берен да экен, ыктуу экен,
Мендеден бөлөк мыктуу экен,
Ай-ааламды буй кылып,
Жалгыз кыргын салгыдай,
Күчөп кетсе Букарга
Бузукту жеке салгыдай.
Өзү жоон, эң эңчер,
Аябаган эр экен.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Ушу келген азамат
Келип калган эр экен.
Букар турмак кылымды,
Буурукма жини кармаса,
Бузуп кетер эр экен.
Казына күтүп, мал жыйган,
Камкорлугу көрүнөт!
Кармашса кыргын салучу,
Канкорлугу көрүнөт.
Кай уруктан болду экен?
Кай тукумдан болду экен?
Ураны ким, дайны ким?
Уругу ким, айылы ким?
Кан көтөрүп муну алсак,
Ок өтпөгөн темир тон
Кийчү түрү бар экен.
Беттешкенди талкалап,
Сүрчү түрү бар экен.
Маңдайлашкан жоо келсе,
Балакетти душманга,
Салучу түрү бар экен.
Алакандай бусурман,
Аман сактап капырдан,
Алучу түрү бар экен.
Букарга келген жан кандай,
Жумуру баштуу мендесин
Алда Таала кудурет,
Жаратат экен ар кандай!
Капкага келген бул адам,
Калык кармап, эр жыйган,
Балбан сыры бар экен,
Кагышканга кыргынды

Салган сыны бар экен,
Канча жерди каратып,
Алган сыны бар экен.
Карагайдай айза алып,
Айбалта жанда байланып,
Кайдан келген айланып,
Кабагы чуңкур, мурду чоң
Ачкан ороо көздөнгөн,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Мурууну тоонун сеңирдей,
Кармаша кетсе Букарды
Көпкөрүнөө жегидей.
Бакай канды көргөндө
Бүтүн Букар дүргүшүп,
Алапайын табалбай,
Балбандары мүргүшүп,
Букардын журту таң калып,
Бакайды көрүп жарданып,
Жол бошотуп дыркырап,
Бакайды көрүп баарысы,
Салам айтты чуркурап,
Калк таң калып жарданып,
Карап турду ошондо,
Кан Бакайга таң калып.
Эрен да экен, алп экен,
Эч ким көрбөйт мындайды,
Биз көрбөгөн калк экен!
Кара болот Зулпукор
Аштачу сыны бар экен.
Кан көтөрсөк ушу эрди,
Калың Букар бул калкты
Баштачу сыны бар экен.
Атышка салчу Аркескен,
Аштачу сыны бар экен.
Алакандай Букарды
Баштачу сыны бар экен.
Кызыл айза Зулпукор,
Алуучу сыны бар экен.
Он эки мүчө тең экен,
Кан көтөрсөк Букарга
Темир коргон, чеп экен.
Бакайды таанып биле албай,
Баары Букар таң калып,
Ак селдечен кожосу,
Дарс окуган молдосу
Тизелери бүгүлүп,

Жаны калбай жүгүрүп.
Улуу аталган карысы,
Букарлыктын баарысы,
Өөдө кылчу жакшысы,
Өпкө чапчу бакшысы,
Мыктылары келди эми,
Берендери, эрлери
Тизелери бүгүлүп,
Каракандын алдына
Катуу кирди жүгүрүп.
Караканга кабарды
Катуу айтып салышты:
«Эр Каракан баатырым,
Касиеттүү жан элең,
Букарга мыкты кан элең!
Биз көргөндү көрдүңбү?
Биз туйганды туйдуңбу?
Биз туйганды туйбасаң,
Кызыл болот айза алган,
Кынсыз кылыч байланган,
Жүрүшүнөн чаң чыккан.
Доошунан жан чыккан,
Кайраты башка, заары күч,
Катуу мыкты эр көрдүк,
Кылымдан башка шер көрдүк,
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Акыл айран бөлүнөт,
Сөлөкөтү-сөөлөтү
Бусурман түрү көрүнөт.
Ашып-шашып жүгүрдүк,
Аманат жандан түңүлдүк.
Түңүлө турган себеби,
Капкага жакын келгенде
Бир карасак бир киши,
Бир карасак миң киши.
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынат,
Качырып кыргын салчудай,
Толгонуп айза шилтесе,
Тоо туруштук бере алгыс,
Беделине, бетине
Менде чыдап келе алгыс.
Асты жагын карасак,
Ажыдаардын түрү бар,
Аркасынан карасак,
Ак жолборстун сүрү бар,
Ааламдан чыкпайт мындай жан.
Кабар берип биз келдик,

Темиркан сендей канымдан,
Каарын көрсөң тим эле,
Түңүлөсүң жаныңдан.
Колдогону - Кожосан,
Колтугунда чамынат.
Чын жолдошу - кырк чилтен,
Кырк жагынан камынат.
Каарына чыдабай,
Карабай көздү жумамын,
Менде экен, - деп ишенбей,
Бериби? - деп турамын.
Кайраты кыйын жан келди,
Каным, чыгып, көрүңүз,
Калкыңды карап кылбасын,
Өзүңүз жооп бериңиз.
Катылбайлык бул эрге,
Айтканын азыр бериңиз!»
Калың журттан ал кеткен,
Билегинен сап кеткен,
Жүрөгүнөн кап кеткен,
Журттун коркуп калганын
Каны Темир билди эми,
Биле коюп ошондо
Мыйыгында күлдү эми.
«Атаңдын көрү, жаман эл,
Куудай сакал карыңды,
Кудай алсын баарыңды!
Алты айдан мурун түш көрдүм,
Ажайып жакшы иш көрдүм,
Денемден жакшы ай чыгып,
Жошулушуп жатыпмын,
Тийип турган чоң күнгө
Кошулушуп жатыпмын.
Күндүзүндө күн чыккан,
Күнүм Манас эмеспи,
Кошулушуп жатканым
Каныкей балам эмеспи.
Айткан сөзүм апанык,
Кабарчысын көрдүңөр,
Көрүп алып жаман журт,
Антаңдап качып келдиңер,
Болбойт сөздүн бекери,
Силер качкан ал адам -
Кабылан Манас жөкөрү.
Кабарга келген экен го,
Кан Манастын сырдашы,
Кабылан Бакай курдашы
Качан болсо кабарга
Келе жүргөн адаты.

Кан Бакайдын өзү го,
Өзү эмес анык көзү го!
Тилекти кудай берген го,
Жуучуга Бакай келген го!
Уламадан уладым,
Кербенчиден сурадым.
Кан агызып ал Манас,
Кара калмак, манжууга
Калайманды салды - дейт,
Кара кытай, манжуудан
Каңгып кеткен аз журтун
Ажыратып алды - дейт.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы журтун көчүрүп,
Каяшаяк бергенди
Талканды далай салды - дейт,
Талашып алган ал жерди
Талас коюп салды - дейт.
Таласты жерден кут кылып,
Ордо күтүп кан болуп,
Конуп калды, - деп уктум.
Ак үйлүү турган Алөөкө,
Түп коргонун түз кылып,
Соруп салды, - деп уктум!
Анжыянды сураган,
Ал келип кытайдан
Алөөкө деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Кабарыңар бар чыгар,
Алөөкө кан турганда,
Катуу буйрук кылганда
Бажыга жыйып малды алган,
Башты чаап, жанды алган.
Күчкө салып узду алган,
Олжо кылып кызды алган.
Ал Алөөкө турганда,
Ушу турган Букардан
Алты миң жамбы, миң кундуз
Ай сайын алым алчу эле,
Алымына чыдабай,
Журт саргарып калчу эле,
Алтындан салык күндө алып,
Отуз ардан бирди алып,
Каарын журтка тийгизип,
Кайратын калкка билгизип,
Кылмышы жок адамды
Кыстап жатып күйгүзүп,
Каарына чыдабай,
Кан Кокон качкан бир жакка,

Алапайын табалбай,
Анжыян качкан ар жакка.
Зордук менен чоң күчүн,
Салып турду, - деп уктум,
Самарканды талкалап,
Анан дагы алымды
Алып турду, - деп уктум!
Каарданып биздерге,
Калайман салган кезинде
Ырыска Манас туулуп,
Алтайдан Манас келди, - деп,
Алөөкөгө угулуп,
Угулганда кабары,
Алөөкөдөй капырың
Дүнүйөнү чачыптыр,
Сапырылып Алөөкө
Бээжинди көздөй качыптыр.
Калдайдан кабар кеп угуп,
Канкор келди, - деп угуп,
Алапайын табалбай,
Бээжинге кача баштаптыр,
Арбын дүйнө көп малды
Талак кылып таштаптыр.
Жыйган мүлкүн чачыптыр,
Кылча көрбөй баарысын
Кымпыйып алып Алөөкө,
Кытайды көздөй качыптыр.
Качканына койбостон,
Төбөсүнөн басыптыр,
Төрт түлүк малын чачыптыр.
Арслан Манас баатырдын
Кылганына Алөөкө
Көнүп берди, - деп уктум,
Алөөкөнүн сан дүйнө,
Бакыр менен мискинге
Бөлүп берди деп уктум.
Арга жүктөп дилде алып,
Манастын баатыр экенин,
Барган жандын баарысы
Көрүп калды, - деп уктум.
Жалпы кандар чогулуп,
Арслан Манас баатырга
Эки тизгин, бир чылбыр
Берип салды, - деп уктум.
Уламадан уккан го,
Билгичтерден билген го,
Арслан Манас баатырдан
Жуучу түшүп биз жакка,
Сөзү келген экен го.

Байдын уулу Бакай кан
Байгамбардай эрендин
Өзү келген экен го.
Көрсө Бакай өзү экен,
Жуучу болуп ошондо
Келип калган кези экен», -
Деп, ошонтүп, Темиркан
Чоң Букардын коргондон,
Кан отурчу ордодон,
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Алтымыш кожо жанында
Букардын каны Темиркан
Абаң Бакай эренди
Тозуп барган кези экен.
Бакай канды көргөндө
Кетенчиктеп чегинип,
Кержектешип бастырбай,
Кожону кудай урганы.
Букар каны Темиркан
Астыга чыгып бөлүнүп,
Кан Бакайга көрүнүп,
Астындагы ак тулпар
Тартып оозун бурганы,
Арслан Бакай төрөгө
Эми салам кылганы.
«Салоодон салоом алеким,
Сандыргалуу Бакай шер!
Карадан чыккан ускачы,
Чын олуя кыскасы.
Байгамбар чалыш олуя,
Мендеден билгич карыя.
Ободон жылдыз козгошкон,
Ойрон Манас шер менен
О дүйнөлүк достошкон,
Төрөң кайда десемби?
Төрт олуя кол берген,
Төрө Бакай эсенби?
Олуяттын өзүнөн
Желпиниште туулган,
Беттешкенди мерт кылып,
Сала жүргөн чуулган.
Ай асмандын болжошу,
Арысландын жолдошу,
Сапарга чыкса акжолтой,
Салышкан жоого сан колдой,
Жолборс Бакай, эсенби?
Алты айчылык азапты
Азыр билип берүүчү,

Билгич десем, шер деген,
Он эки мүчө тең деген,
Оён төрө жолдошу
Кабылан Бакай, эсенби?» -
Деп, ошонтүп, Темиркан
Ак тулпар оозун бурду эле,
Арслан Бакай эр менен
Айкалышып турду эле.
Анда Бакай кабылан,
Алты айчылык мүшкүлдү,
Азап менен жыргалды
Азыр билчү олуяң:
«Он эки капка шаарыңыз,
Аман-эсен жатабы,
Бүтүн Букар баарыңыз?
Туура сөздүн кыскасы,
Азыр көрдүм, Темиркан!
Жуучу келдим десемби,
Каалап келдим өзүңдү,
Кан Темирим, эсенби?
Сексен арга дилде артып,
Жуучу болгон жерим бар,
Айтып берсем түгөнбөс
Ааламга жетер кебим бар,
Сизге күйөө болучу
Арслан Манас шерим бар.
Сексен төөгө дилде артып,
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси
Олуят балаң Каныкей
Сөйкө салар жерим бар.
Сага күйөө болучу,
Кабарыңда бар бекен?
Мендесине табылбас,
Кабылан Манас шерим бар.
Манастын жайын сурасаң,
Телегейи тең эле,
Ичин карап отурсаң,
Жер жүзүнөн кең эле!
Арслан Манас төрөдөй
Алда Таала жасаган
Жан жаратып мендеге,
Жакында бербейт тегеле.
Менде азар салбаган,
Берен Манас көк жалга
Укурук кайрар калбаган.
Күйөө кылсаң ал Манас,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн мендеси.

Кара көк жал кабылан,
Күйөө кылсаң Манасты,
Кадырың билер олуяң!
Күйөө кылсаң Манасты,
Күрдөөңдү тапчу уул ошол,
Күтүп алар кул ошол.
Ой, Темиркан баатырым,
Сөзүмө кулак салыңыз,
Атадан жалгыз арсланды
Күйөө кылып алыңыз,
Сексен кызыл ар айдап,
Бил куйругун өргөлү,
Келип калдык Темиркан
Каныкейдей кызыңды
Жуучу түшүп көргөнү!»
Букар каны Темиркан
Касиеттүү кан экен,
Канкор Манас көк жалдан
Кабары толук бар экен.
«Көнөйүн, Бакай, көнөйүн,
Канкор шерге Каныкей
Каалаcаңыз берейин.
Ордолуу шайык Букарга
Ордо күтүп кан болдум,
Кара кылды как жарган
Олуязаада жан болдум.
Катын алып, үй күтүп,
Казына жыя келгемин,
Эркегим жок мен өзүм
Он эки кызды көргөмүн,
Ал кыздардын он бирин
Он бир канга бергемин.
Каалаган балам Каныкей
Баарысынын баасы,
Кыйла кыздын кыйыны,
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу.
Жаш кыздардын эрени,
Ушу турган Темиркан
Таалайга бүткөн берени.
Менин балам Каныкей
Жашы алтыга келгенде
Алдейлеп чачын өргөмүн,
Алты миң уул бир болсо,
Баарынан жакшы көргөмүн,
Ушу балам Каныкей
Касиеттүү бала эле,
Кабылан Манас султанга
Ылайыктуу жан эле,

Алты айчылык болорду,
Азыр айтып берүчү,
Оң ийнинде баламдын
Жылаңач Кыдыр бар эле.
Он эки кыздын кенжеси,
Темиркандын эркеси,
Теңирдин сүйгөн мендеси,
Жаралган менден нурлуусу,
Он эки кыздын сулуусу,
Айзакерден Каныкей
Ыктуулугу дагы бар,
Акыл айла табууга
Мыктуулугу дагы бар.
Ушу балам Каныкей
Эркек кийимин белсенип,
Кийген жери дагы бар.
Кандар баары жыйылып,
Калайман салып келгенде
Кара таандай аралап,
Тийген жери дагы бар.
Эр мүчөлүү эпсиз көк,
Менин балам Каныкей
Сайышып келген эли көп.
Берендиги белгилүү,
Берен балам Каныкей
Кечээ, мен Букарда турганда,
Кандын баары чогулуп:
«Каныкейди бергин» - деп,
Кайран башка доо кылып,
Жекеге чыгып Каныкей,
Жеке өзү сайышып,
Калайманды бир салды,
Ушу турган Букарды
Камап келген душмандан
Ажыратып төрт алды.
Баламдын баатыр экенин
Байкап эчак билгемин,
Өзүндөй жерге берсем - деп,
Алда Таала кудайдан
Манасты сурап жүргөмүн.
Амандашып жүз көрдүм,
Айтканыңа көнөйүн,
Каалаганың Каныкей
Манасыңа берейин.
Каныкей келсең, Бакайым,
Каныкейдей баламды ал.
Чын убада сөзүмдү ал,
Керек болсо, Бакайым,
Керженӊдетип өзүмдү ал!

Тамашага баталы,
Талыкпай кеп салышып,
Тамашалап жаталы.
Султан Бакай кабылан,
Биздикине конуңуз.
Куда башы сиз болуп,
Бизге мейман болуңуз!
Санаам менен болтургун,
Сандыгымдын баарысын
Сары алтынга толтургун!
Көңүлүм менен болтургун,
Көмүркөйүм баарысын
Көп алтынга толтургун!
Туурдугум май кылгын,
Туура топор Букарды
Тура алгысыз бай кылгын,
Айтканыма көнүңүз,
Айкалышып сөөк бололу,
Айтканымды бериңиз.
Дегенине көнгөн соң,
Каалагам балам Каныкей
Канкоруңа берген соң,
Миң карача төө бергин,
Миң кара кашка бээ бергин!
Каныкей тууса шер тубат,
Кара көк жал эр тубат,
Көп калың салдым тилимди ал,
Көк жалым Бакай, билип ал!
Арадан нечен өттү эле,
Ал Каныкей кулунум
Сексен нөкөр кыз алып,
Сейилге чыгып кетти эле.
Ал сейилден келген соң,
Ырымдап чачын өрүңүз,
Күн белгиси - он күн
Каныкейди көрүңүз!
Сан казына, көп дүйнө
Көрүмдүккө бериңиз!»
Темиркан мындай дегенде,
Мейманкана беш сарай
Бекемдиги бир далай,
Каалга темир сом калай,
Кыз да болсо Каныкей
Кызматы артык ушундай.
Букардагы кырк кожо
Ал сарайдын ичинде,
Баары дүрбөп жүгүрүп,
Көк тулпарды алды эми,
Мейманкана сарайга

Берен Бакай ошондо
Атынан түшүп калды эми.
Дүнүйөнү жайнатып,
Кызыл кишмиш, кысыр тай
Абаң Бакай төрөгө
Балбыратып кайнатып,
Мейманга Бакай киргенде
Кабылан Манас, кырк чоро
Сексен арга дилде артып,
Күндүз жүрбөй, түн катып,
Ал Букардын сарайга
Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалкайтып,
Үстүндө жүгүн доңкойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп.
Күүгүм кире, күн бата,
Калктын алды ным жата,
Букардагы сарайга
Бурулуп көк жал кирди эле,
Ырамандын Ырчы уулу
Ычкыры түпөк кырк муундуу,
Айкөл шердин алдында
Ырдап ырын айтты эле.
Ал капкадан киреpде,
Кыраандар бөлөк бөлүнүп,
Кызыр чалган эр Манас
Опол-тоодой көрүнүп,
Букардагы чынар бак,
Кудайы жалгыз, дини ак
Күйөө болуп Букарга
Көк жал эр келди ошол чак.
Желмаянга жүктөтүп,
Ала келген эмеспи
Төрөсү минчү төөдөй так.
Кырк чоролор экөөлөп,
Онжоңдотуп Кула атын
Опурулган каранды
Он эки чоро жетелеп,
Кан Букарга калбайып,
Кан Манас кирип барганы,
Сексен сулуу кыз алып,
Сейилге кеткен Каныкей
Кошо келип калганы.
Каныкейдин сексен кыз,
Сексен кыз эмес, сексен уз,
Оймок ооз, бото көз,
Өңкөй окшош кара көз,
Кырмызы бешмант, жалжал көз,
Кылпылдаган сулуудан

Кыйындап жыйып алыптыр,
Кызыр чалган канкорду
Сыртынан сынап калыптыр.
Ал Каныкей капырың,
Акылга дыйкан бакырың
Сыртынан сынап көк жалды,
Жыпар күңкүп, жез бурап,
Аркардай таңын кылайтып,
Ак тамагын булайтып,
Акырын сүйлөп муну айтып,
Үкүнүн жүнү жүндөнүп,
Булбулдун үнү үндөнүп,
Айтылбайт сөздүн бекери,
Түгөл окшош сексен кыз
Каныкейдин жөкөрү.
Сырдашына кеп айтып:
«Адам, сырттан келди Букарга
Көрдүңөрбү? - деп айтып,
Кабылан экен, шер экен,
Көз келтирип бир кудай
Кара беттин таалайга,
Жазып койгон эр экен.
Уктаса келбейт ойго түш,
Урматтуу Манас күйөөлөп,
Укумда болбойт ушул иш.
Көк жалдын көк жал экенин
Эчак каалап билгемин.
«Канетсе канкор келет?» - деп,
Кудайдан сурап жүргөмүн.
Биттейимде биригип,
Бармактайда баш кошор
Баатырдын анык өзү экен.
Бар келтирип кудурөт
Айдап келген кези экен!
Кечээ, Көгала атчан Чубакка
Көрүнөө айза сунганда,
Акыр заман мен салып,
Алайды көздөй кууганда,
Акбалтай уулу ал Чубак
Айласын таппай шашканда,
Анталаңдап ошондо,
Алам деп келген ал Чубак
Алайды көздөй качканда
Белестен чыкты беш киши -
Белгилүү шердин өзү экен,
Өзү турмак Манастын
Караган кара көзү экен!
Акбалтайдын эр Чубак,
Абыдан жайды айткан го,

Кабарын угуп Чубактан,
Камына канкор чыккан го.
Дегенине көнбөсө,
Керектүүсүн бербесе,
Кыргынды кызык салат ко,
Кычыгына бир тийсе,
Ушу турган Букарды
Кылычтап башын алат ко.
Түрү суук, заары күч,
Катылганды кылган түз.
Шимирсе канга тойбогон,
Тийишкен аман болбогон,
Берен да экен, шер да экен,
Белгилүү көк жал эр да экен,
Жер үстүндө орногон,
Темир коргон чеп экен.
Алөөкөнү алганы,
Кыжылдаган кытайдын
Кылычтап башын алганы,
Кыйындыгы эп экен.
Алпын айдап артынан,
Белсенген экен бул берен
Мен байкуштун дартынан.
Күйөө кылсам төрөнү
Күптүүнү жазар шер экен.
Үзүлгөнүн уласам,
Чачылганын жыйнасам,
Он сегиз миң ааламга
Чаркы жетер эр экен,
Күрдөөнү жазар шер экен,
Кызматын кылсак төрөнүн,
Кытай эмес кылымга
Татып берер эр экен.
Куда болуп мал берди,
Көк жалдын түрүн көрөйүн,
Жаралган жалгыз төрөмө
Калдайган башым туу кылып,
Катын башым эр кылып,
Караан болуп берейин.
Канкордун канкор экенин,
Мен кара бет Каныкей
Эбак эле билгемин,
Кан экени чын болсо,
Каныкей издеп келер - деп,
Алда Таала жалгыздан
Ушуну сурап жүргөмүн».
Мына ошонтүп, Каныкей
Өзү бала секелек,
Өрүмгө чачы жетелек.

Баабединин бат айтып,
Коросонго кой айтып,
Сыртынан карап отуруп,
Сынына бүтүн толтуруп,
Мына ошондо канкордун
Канкордугун билди эми,
Жогун тапкан эмедей,
Жолу болгон Каныкей
Жоодурап анда күлдү эми.
Билбегенди билгизчү
Билимдүү Бакай карыя
Сексен төөгө дилде артып,
Темиркандын ордого
Теңизиң Бакай барды эми.
Куда болуп мал айдап:
«Кулдук!» - ташып май чайнап,
Айкалып жатып калды эми.
Бул Букардын ордодо,
Каныкейдин убагы
Он жети жашка толгондо,
Азыр кайра баргын - деп,
Анан кызым алгын - деп,
Душман айтса көнбөскө,
Бөлөк канга бербеске
Ак буудай унун чайнашып,
Кылычтын мизин жалашып,
Чын убада кылышып,
Кармап алып чыбыкты
Ортосунан кыйышып,
Он эки капка Букарга
Ойрондор барып конушуп,
Беризаада бейбакка
Бекем куда болушуп,
Капкадагы сексен кыз,
Кадырманы Каныкей
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылпылдаган сулуунун
Кыл эмесин таштабай,
Кыйынын жыйып алыптыр.
Журт жыйылып, эл толуп,
Калк капкада турганда,
Күмүштөй көздүү, күн жүздүү,
Күркүрөгөн кабылан
Карчыгадай камынып,
Кабыландын өзүнө
Кайыптан акыл табылып,
Бадана кийип балкылдап,
Темиркан кызы Каныкей
Айдай бети жаркылдап,

Каныкейди көргөндө
Калк жарданып, таң калып,
Калктар карап турду эле,
Айкөл шердин жанында
Ажыбай, Бакай каны бар,
Кырк чоросу дагы бар,
Кечээ, Кум-Булактын белинен
Таап алган сур күчүк,
Кумайыгы дагы бар.
Жаш табылган Кумайык
Көзү ачылбас чагында,
Жаман бакса Кумайык
Өлүп кетер табында,
Ажыбай, Бакай көтөрүп,
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу
Каныкейге бет алып:
Кум-Булактын белинен,
Даарат алган жеринен
Таап алган Кумайык:
«Мойнуна каргы тагып бер,
Бек жакшылап багып бер.
Өлтүрүп салсаң жаман ат,
Кумайык сага аманат!
Кайыбынан кабылган,
Кудай сүйүп өзүңө
Кыраандын бирөө табылган,
Көк жору буйруп күчүк тууп,
Бир өзүңө туш кылган.
Эркек бакса токтобойт,
Кайып болот, - деп угам,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы
Зайып багып бербесе,
Майып болот, - деп угам,
Түбү кайып Кумайык
Казына зайып бакбаса
Мураадына бир күнү
Жетип калат, - деп угам,
Баккан менен токтобой
Акыры качып Кумайык
Кетип калат, - деп угам.
Айтканым ушу билип ал,
Арслан бейбак, тилимди ал!
Жалгыз жерин кирдетип,
Жарты кылын сындырба!
Олуязаада, - деп угам,
Касиетиң билгизсең,
Күн мезгили бир алты ай,

Алты айдан кийин Кумайык
Аман колго тийгизсең,
Артылтып камчы чаппасмын,
Артыңдан күнү албасмын.
Жакшы багып күчүктү
Арсландыгың билгизсең,
Аман колго тийгизсең,
Сизге таазым кылбасам,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Көпкөлөң болуп окустан,
Көмүлтүп койбо кокустан.
Кумайыктын мойнунда
Алтындан каргы боосу бар,
Жоголуп кетсе кокустан,
Букар эмес тегеле
Кылымдын малы түтө албас,
Кыйынырaак доосу бар.
Өлтүрүп койсоң жаман ат,
Кумайык сизге аманат!
Жакшы баксаң Кумайык,
Жылкыдан түмөн мал соём,
Атыңды «Айым» ат коём.
Кадырлаш болгон түнүмдөй,
Чекеме бүткөн күнүмдөй,
Кумайык көзү жоголсо,
Тескери берем батамды,
Тегеле кырам атаңды.
Кетмендеп жерди ачтырбайм,
Кумайыгым жоголсо,
Кочуш тукум чачтырбайм.
Кызык айтсам мунум бар,
Ааламдын шаасы жеткисиз
Кумайыктын куну бар».
Алтымыш келин, сексен кыз
Ал Каныкей баш болуп,
Айтканына көндү эми,
Кол башындай сур күчүк.
Шер аталган көк жалың
Аманат кылып берди эми.
Колуна алып караса,
Кол башындай сур күчүк
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Өз колуна алды эми.
Көз ача элек чагы экен,
Көбүрөөк тиктеп бакпаса,
Көмүлгүрдүн Кумайык
Өлүп калар табы экен.

Сур күчүк алып Каныкей,
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип:
«Өлүп калса Кумайык
Түпкө чогуу жетеби,
Алакандай Букарды
Такыр чаап кетеби?
Кумайыкты шылтоолоп,
Жазаны башка салабы?
Букардын каны атама
Кызыкты чогуу салабы.
Кыргын кылып Букарды,
Кыз-катынын олжолоп,
Калкына алып барабы?» -
Деп, ошонтүп, Каныкей
Байтал бээни сойдуруп,
Бир кишиге көргөзбөй,
Байтал бээнин казысын
Тили менен сордуруп,
Оозу менен сүт берип,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Минтип бакты тайганды,
Мойнуна болоттон каргы тактырды,
Жонуна жолборстон үртүк жаптырды,
Кырк аркан бою ор казып,
Түбүнө байлап бактырды.
Ай караңгы жаз чыгып,
Азуулуулар кас чыгып,
Жырткычтар уурдап кетет - деп,
Түбүнө чогуу жетет - деп,
Айлыгына ат берип,
Акы аябай бат берип,
Кароолду камдап калтырып,
Сакчыны мыкты салдырып,
Азапты артык тарттырып,
Аңдыган азуулуулардын
Бир канчасын аттырып,
Алты ай мезгил толгондо
Асыл күчүк Кумайык
Жойлоор чагы болгондо,
Күйүп турган чок чыгып,
Төрт аяктуу жырткычта
Мындай кыйын жок чыгып,
Мойнунда болот каргыны
Жара чайнап салганы,
Сексен келин, сексен кыз
Сейилдикте жатканда,
Көп кыздардын ичине

Кырып ийчү эмедей,
Жойлоп кирип барганы.
Айкырып үндү салгыча,
Каргыдан кармай калгыча,
Сөксөөлдүн чогуна
Куйругун чаап алганы.
Куйругу чокко тийгени,
Үч эли жери күйгөнү.
Жапааны жаман салар - деп,
Кумайыктын айынан
Жаңжалдашып калар - деп,
Май менен майлап жаткыча,
Күйгөн жерин жоготуп,
Тазалап жүнүн арткыча,
Өткөн иштин жайынан,
Кумайыктын айынан,
Башкача кудай урганы,
Чоңдугу тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Кумайыктын айынан
Күйөөлөп түшүп калганы,
Куйругу күйүп Кумайык
Каары катуу төрөнүн
Астына жойлоп барганы.
Күчүктү көрүп Манастын
Кан ичме жини кармады.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
«Уручу кудай урду - деп,
Баккын деген күчүктү
Күйпүл күчүк кылды - деп,
Көңүлүн чындап салбастан,
Бейбакты кудай урду - деп,
Мендесине табылгыс
Берeним карып кылды - деп,
Өзү бала секелек,
Көпкөлөң болгон тейтелек,
Байкасам кудай урду - деп,
Багып бер - деген күчүктү
Күйпүл күчүк кылды» - деп,
Колдон кармап имерди,
Колтукка тээп жиберди.
Кызыгына бата элек,
Коюнуна жата элек,
Аалымдарды жыя элек,
Сол колдон кармап имерип,
Колтукка тээп жиберип,
Эки кара кабырга

Эрдин буту тийгенде,
Эпсиз кыйрап кеткени,
Он эки түгөй кабырга
Ычкына жазып өткөнү.
Мына ошондо Каныкей
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Каяшаны айтпастан
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Өз убалым өзүмө,
Өз кылганым жетти - деп,
Каяшаяк берген жок,
Кабагым-кашым деген жок.
Кылмыштуу иштин айынан,
Жаза салып мойнуна,
Жатпай кетти койнуна.

## 26 Жети кандын бузугу. Колдун Бээжин аттанганы

Кокон кандын Козубек,
Маргалаңдын Малабек,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,
Үкөк сакал өзүбек,
Муну менен төрт кандын эли сарт болуп,
Белге таңуу ал эмес,
Бел ооруу тийген дарт болуп,
Ал аз болуп калгансып,
Ара жерден чаң келип,
Төмөнкү Ындыстандан да келип.
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эл деген,
Керегеси жыгачтан,
Түп атасы Алачтан,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Ошо тойго бул келип.
Эштектердин Жамгырчы,
Мында Текече кандын Ормонбек,
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Күздүк күрүч айдаган,
Күрмөгүн берип байлаган,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Курама жыйып, журт кылган,
Эйбит кандын эр үрбү
Ошол тойго да келип.
Төмөнкү Урум элинен
Буудайкан уулу Музбурчак
Бу да келип тоюна.

Алагай көзү чолпондой
Ай кулагы калкандай,
Батасы журтту байыткан,
Байкаганда жарыткан,
Катагандын кан Кошой
Калыс айтар ал болуп,
Он эки кан бусурман
Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлүп жыйын кылганы,
Чогулманын сазына
Чогулуп жыйын кылганы.
Кепти ортого салышып,
Чогулушуп алышып,
Тапкычташып табышып,
Он эки кан бусурман
Жыйбайт деген эмине?!
Ошондо жаткан Манаска
Кылбайт деген эмине?
Төбөсүнөн Манасты
Баспайт деген эмине?
Төрт түлүгүн кедейдин
Чачпайт деген эмине?
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы.
Тийип алып бээсин,
Чыгаралы кээсин,
Жакын келсе Манастын
Жайната муштап мээсин,
Чыгаралы кээсин!
Байкадыңбы, Манастын
Барбайганын көрдүңбү,
Суугa салган чаначтай,
Дардайганын көрдүңбү?
Ак маралды кубалап,
Уу кылганын көрдүңбү?
Ашкере элдин баарына
Чуу кылганын көрдүңбү?
Кара токой капчыгай
Жоо кылганын көрдүңбү?
Качып барган кедейди
Зор кылганын көрдүңбү?
Жердеп турган Таласты
Жер кылганын көрдүңбү?
Каңгайдан келген чорону
Кан кылганын көрдүңбү?
Качып келген бузукту
Тең кылганын көрдүңбү?
Алмамбет менен Чубакты
Шер кылганын көрдүңбү?

Он эки кылым, салбады
Муну менен Манаска,
Укурук кайрар калбады.
Бу Манасты чаппасак,
Эсебин чындап таппасак,
Буланы булап алат ко,
Бузукту Манас салат ко!
Ушу кезде Манастын
Казандай кара бөркү бар,
Оюна койсок кедейдин,
Калайыктын баарысын,
Билемин деген эрки бар.
Мундай кылып оттошуп,
Он эки кан бусурман
Масилетин токтотуп,
Ошондо Кошой муну айтат:
«Телегейи тең эле,
Шай колдогон эр эле,
Ушу турган бусурман
Багып алчу эр эле.
Ушу кезден Манастын
Кайраты кыйын эме эле,
Алакандай бусурман
Эсебин чогуу таппасын,
Эстетип коюп Манаска
Эзелки жиниң какпасын.
Ушу турган калайык
Чогуу жыйып албасын,
Каканчындын Бээжинди
Чогуу кырып салбасын.
Таласта турат жер жайлап,
Эсине салсаң Бээжинди,
Алакандай бусурман
Сени айдап кирет кембайлап.
Бээжиндин жайын мен билем,
Нук байгамбар тушунда
Топон суу жүргөн ушунда.
Топон суу толкуп акканда,
Жер дүйнөнү басканда,
Ошондон кийин жер болгон,
Уялуу кытай эл болгон.
Ак байгамбар Мукамбет
Каршыга чыгып турганда
Нур төгүлгөн Бээжинге,
Азирети Аалы-Шер,
Арадан келген Чоң-Бээжин.
Козгоп коюп Манасты,
Салык кылып жыйбасын,
Айдап жүрүп Бээжинге

Анык кырып салбасын.
Насыят айтса Кошойдун
Насыятын билген жок,
Он эки кандын бусурман
Асты тилге кирген жок,
Айтып турса Кошойдун
Бирөө тилин алган жок,
Муну менен бусурман
Тим аянып калган жок.
Айза сайчу мыктууну
Айдап чыкты көрдүңбү?!
Айбалта чабар ыктууну
Шайлап чыкты көрдүңбү?!
Жазы жаак, жалпак тил
Чечендерин бир бөлдү,
Жазбай атып салучу
Мергендерин бир бөлдү.
Кылыч чабар ыктуусун,
Жоонун ыгын билер мыктуусун,
Булардын баарын чогултуп,
Айдап чыкты көрдүңбү?!
Айчыгы алтын кызыл туу
Астына салып көтөрүп,
Он эки миң мергендер
Таласты көздөп бет алып,
Ат салышып турушуп,
Өлөр антын кылышып,
Ак буудай унун чайнашып:
«Качкан катын болсун!» - деп,
Келеме шарып кармашып,
Кең Таласты чек алып,
Убаданы бек кылып,
Айзакердин ыктуусу,
Баарысынан мыктуусу,
Көк кепичин көбөйтүп,
Аргымагын кекейтип,
Кокон каны Козубек,
Каны кирди көрдүңбү?
Арт жагынан былкылдап,
Баары кирди көрдүңбү?
Кээ бирөөнүн мингени -
Кара байыр казанат,
Кээ бирөөнүн мингени -
Калбыр өпкө, жез билек.
Он эки кан бусурман
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Кылычтары кылкылдап,
Айзалары былкылдап,

Аттанып түштү Таласка,
Катылмак болду Манаска.
Манас кандын кырк чоро
Кырк чоронун мыктысы,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан ойногон,
Башын бар алтынга көлөгөн,
Аягын миң күмүшкө жөлөгөн,
Караңгыда көз тапкан,
Капилетте сөз тапкан,
Астына басса акжолтой,
Алыска жүрсө сан колдой,
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган,
Бадышасы чоронун,
Адамдан тууган олуя,
Бакай баатыр көк жалдын
Акылы кенен дарыя,
Акылман Бакай олуя
Он эки кандын бул кылыгын көргөндө
Чоролордун баарысын
Жыйып турду көрдүңбү?
Улак кандын Сыргагын
Тыйып турду көрдүңбү?
Масилет кылып бакырып,
Бакай баатыр ошондо
Аргындын уулу Ажыбай,
Акылманын чакырып,
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кыркыбыз кырк жерден келген эр элек,
Баарыбыз тегиз шер элек!
Атсыз келди кээ бирөө,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек,
Ат күлүгүн мингизди.
Тонсуз келген чорого
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого
Оймок ооз, бото көз,
Келеңкер чачпак, кең соору
Зайыптуу кылды зор Манас.
Динсиз келген чорого
Ала чапан Айкожо
Молдо берди зор Манас.
Үйсүз келген чорого
Кадимкидей кылчайбай,

Ордо берди зор Манас.
Аргын кан уулу Ажыбай
Алтымыш түрдүү тил билет,
Кытайдан келген жоо болсо -
Кыйындык түшүп калбасын,
Мындан кабар алып бер.
Дини ыслам эл болсо,
Белгилеп кабар салып бер.
Ушу турган Таласка
Белгилеп менде желбеген,
Бейдаарат адам келбеген.
Ойлоп карап олтурсак
Казып койгон ор келет,
Кайран жанга чоң келет».
Бурамалуу кең найдар
Бурчунан кармап имерди,
Бу кабарды билишке
Аргын кандын Ажыбай,
Адейилеп жиберди.
Ажыбай кетти кабарга
Ырамандын Ырчы уулу
Ычкыры түпөк кырк мууну
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Кара болот кең далы,
Кабарыңда бар бекен,
Кан Балтайдын Чубагы
Алтын айдар чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Баабедин кандын Байчоро,
Ат семиртип ык болгон,
Муну менен Манас кан
Аралашып кырк болгон.
Арслан тууган кырк чоро
Сунгандан айза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Жекене белге курчанган,
Жети миңдей жоо келсе,
Жеке бири кол салган.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Манас кандын кырк чоро,
Жылкыда тулпар ала баш,
Алмамбет, Чубак аралаш,
Таласка келген кишиге
Баарысы бирдей таң калып,
Колундагы болотту
Билекке ороп карманып,
Жоо бөрүсү эрендер

Айбалта белге байланып,
Жоо-жарактын баарысын
Камдап турду шайланып.
Байгамбар султан дини ак,
Бээжинде калган алтын так,
Азизкандын Алмамбет
Сарала оозун бурду эми,
Сандыргалуу Чубакка
Кеңешин айтып турду эми:
«Мекеден келген жоо болсо,
Мекени көздөп сен тийгин,
Бээжинден келген жоо болсо,
Сарала атты минейин,
Бээжинди көздөй тиейин.
Айза кармап, топ бузуп,
Быйыл ажал келсе окко учуп,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Тынбай алты ай урушуп,
Ажал жетсе өлөйүн,
Амалым болсо бу жоонун
Арасын канга боёюн».
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмамбет,
Сарала оозун бурду эми.
Атышып көнгөн Алмамбет
Алиги келген көп жоого
Беленденип турду эми.
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Акбалтайдын Чубагы,
Ай-ааламды буй кылган,
Көк калдагай тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Кара мүртөз чунагы,
Кан Балтайдын Чубагы
Көрүнөө келген көп жоого
Беленденип турду эми.
Аргын кандын Ажыбай
Алтымыш бурку тил билген,
Ал утурлап барды эми,
Асталап кепти салды эми:
«Алакандай бусурман
Айдап келип калыпсың,
Айзакерден ыктууну
Астына айдап салыпсың!
Ашалбай калган тоо барбы?
Сени менен бусурман,

Атыша чыккан жоо барбы?
Казып койгон ор барбы,
Камынышып калыпсың,
Кайратташкан жөө барбы?
Бек жыйылып калыпсың,
Беленденип алыпсың,
Бейкабар жаткан тоо барбы,
Бээжинден келген жоо барбы?»
Анда алар муну айтат:
«Ала көөдөн Манасты,
Алыбыз келсе бу жолдо
Алганы келдик Манасты.
Тиебиз - деп, биз келдик
Кең-Колдогу бээсин,
Чыгарабыз Манастын
Капкайдагы кээсин.
Тозбогун менин жолумду,
Коё бергин колумду,
Көргөзгөнү биз келдик,
Капкайдагы сонунду!»
Аргындын уулу Ажыбай
Кайта тартып бакырып,
Кан Балтайдын Чубагын:
«Кайдасың?» - деп чакырып,
Барабанды койгулап,
Кабар берди чорого
Доолбасты койгулап.
Азизкандын Алмамбет
Астындагы Сарала
Оңдоп-солдоп камчылап,
Оң-тетири теминип,
Улак кандын Сыргагы
Көк Чебичтей ат менен,
Көк күлдүркөн тон менен
Алкымга түшүп айкырып:
«Алда!» - деп ураан чакырып,
Аттанып кирди эр Сыргак.
Көгала менен кыйгаштап,
Көргөн жерден чыр баштап,
Сыр найза колдо күркүрөп,
Караанынан Чубактын
Жер айланып дүркүрөп,
Аркасынан кырк чоро
Кошо жүрдү дүркүрөп.
Кырк кабылан жетет - деп,
Кыялы келсе кырк чоро
Ушул келген элимди
Кыргын кылып өтөт - деп.
«Айланайын, кырк чоро,

Булардын кандары акмак эмеспи,
Калың журтта не жазык?
Кокустан, катылып кирип өлтүрсөң,
Акыры бир күн өлөбүз,
Таңда магшар күнүндө,
Байгамбар казы болгондо
Кандай жооп беребиз?
Айзакерден ыктуусун,
Кабылан Манас алдына
Кармап алып баралык
Башчы болгон мыктуусун.
Кырк чоро, кыраандыгың сында жок,
Кыйратып кырып коёрго
Кытайдын журту мында жок!»
Бакайдын тилин алды эми,
Азизкандын Алмамбет,
Акбалтайдын Чубагы
Аламан койгон чорону
Араң тыйып алганы,
Өзү келген бусурман
Аңдабай келип катылып,
Азапка түшүп калды эми.
Азизкандын Алмамбет
Айдап алды бир миңди,
Акбалтайдын Чубагы
Кембайлады бир миңди.
Калгандардын баарысы
Аттан түштү буркурап,
Айбалтасын таштатшып,
Чийип турду сызыкты,
Өзү келген бусурман
Манас кандын чородон
Көрмөк болду кызыкты,
Манас кандын чоролор
Салмак болду бузукту.
Сараладай ат минип,
Сары жаргак шым кийип,
Түпөгү жок айза алган,
Жалаң кылыч байланган,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы
Аралап келип кирди эле,
Акбалтай кандын Чубагы
Айдап алды көрдүңбү?
Он эки кандын аскерин
Бүткүл аттан түшүрүп,
Кан Манастын кырк чоро
Эр Манастын алдына
Байлап барды көрдүңбү?

Ошондо Байдын уулу Бакай кан,
Ордонун алды чаң болуп,
Он эки миңче жан болуп,
Баарысы барды жайланып,
Малдай болуп айдалып!
Кан Манаска барганда
Күндөн калды көрдүңбү?
Баары бирдей жалдырап,
Тилден калды көрдүңбү?
Ошол кезде кан Манас
Каарданып дүпүлдөп,
Толкуган көлдөй күпүлдөп,
Ач болотко шайланып,
Алмаз кылыч байланып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Араң турган Манас кан
Каарланып төгүлүп,
Жалаңкычтай көрүнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Жөө туман көздөнүп,
Ошол чакта Манаска
Он эки кылым салбаган,
Кайыр айтчу калбаган.
Жаяны кесип жеп турат,
Бусурман эмес талкалап,
Кытайды бузам, - деп турат.
Кабарын карап олтурса,
Канга Манас тоёбу?
Ошол келген эл түгүл
Кылымды Манас коёрбу?
Аңдыгыча болгон жок,
Арслан тууган кырк чоро
Алтын көчөт килемге
Азыз тууган Манасты
Алып келип салды эми,
Байлоодо жаткан көп элге
Көтөрүп алып барды эми.
Кан Манасты көргөндө
Тил сүйлөбөй былкылдап,
Ошол элдин баарысы
Тилден калды күңкүлдөп,
Айласын таппай жети кан
Бирине бири бүлкүлдөп.
Ошол чакта кан Манас
Каарданып күпүлдөп:
«Он эки кан бусурман,
Куржунда булуң чачтымбы?
Мени мындай кылгандай,

Куланың куба качтымбы?
Сандыкта булуң чачтымбы?
Атаңдын көрү, жети кан,
Сааныңды тие качтымбы?
Айры белес, кайкаңды
Ашканымды билесиң,
Ай-ааламда бусурман
Бакканымды билесиң.
Манас, Манас болгону
Баатыр атка конгону,
Озгонумду билбейсиң,
Душман-жоонун бетинен
Туу болуп туруп четиңе,
Тозгонумду билбейсиң.
Курама темир курч эмес,
Куралган кандар журт эмес.
Бадыраң темир курч эмес,
Башка өскөн кандар журт эмес.
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе бу кандар
Чалганы турат өзүмдү.
Кыйшыгы турат сөзүндө,
Кыйыгы келсе жети кан
Кылганы жүрөт өзүмө.
Атаңдын көрү, кырк чоро,
Жети канды байлачы,
Бери карай айдачы!»
Ошол чакта жети кан
Бири тилге келген жок,
Каарынан Манастын
Коркуп жооп берген жок.
Манастын сөзүн бурабы:
«Айда!» - деп, буйрук кылган соң,
Айдабай чоро турабы!
Аргын кандын Ажыбай,
Акбалтайдын Чубагы:
«Баарын айдап келгин» - деп,
Кабар берип турганда
Күлүк аттай кыйгачтап,
Эштектердин Жамгырчы
Кол куушуруп ийилип,
Манаска келди сөз баштап,
Акырын айтып, бек таштап:
«Баашалуу огой эл мына,
Карартып казган ор мына,
Кайнатып койчу шор мына,
Байлоочу болсоң кол мына,
Айдоочу болсоң жол мына,
Кырууучу болсоң биз мына!

Ашуусу аскар белдерден
Аркар атып жеп келдик,
Арслан Манас барында,
Атактуу Бээжин жер менен
Атышалы, - деп келдик.
Кызыл чоктуу кытайды
Кырып берер, - деп келдик,
Чалыяр жетпес Бээжинди
Чактап берер, - деп келдик.
Азирет тийбес Бээжинди
Айласы келсе эр Манас,
Алып берер, - деп келдик.
Кендир белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Узунунан калчаны
Салып берер, - деп келдик.
Каныкей кылган ок өтпөс
Кийишели, - деп келдик,
Каңгайда жаткан калмакка
Кан Манастын барында
Тийишели, - деп келдик.
Күн чыгышта калың журт
Чатышалы, - деп келдик,
Кыраан Манас барында
Кылкылдап жаткан кытайды
Атышалы, - деп келдик.
Алыска кийсе баатырга
Тон бололу, - деп келдик,
Алыска сапар жол тартса,
Кол бололу, - деп келдик».
Ошондо Манас: «Макул! - деп,
Жамгырчынын айтканы
Баарыбызга акыл» - деп,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип:
«Абакем Кошой келсин - деп,
Каканчындын Бээжиндин
Чоң бузугун көрсүн - деп,
Айтылып жүргөн эмеспи,
Он эки кан бусурман
Баарын айдап келсин - деп,
Кабылан оозун бурсун - деп,
Касиеттүү абакем
Бусурмандын кызыл туу
Калың кытай бетине
Кармап берип турсун де.
Абакем Кошой артынан,
Анжыяндын Айкожо
Бу сөзүмө көнсүн - деп,

Ушул турган калыкка
Ыймам болуп берсин де.
Көктөн көгала булут боз элек,
Элемандын эр Төштүк -
А дүйнөлүк дос элек,
Жаздым кабар салбасын,
Элемандын эр Төштүк
Ошо жолдон калбасын.
Бейдаарат жолду ашканды
Белинен бүктөп жанчып кел!
Каяша сөз айтканды
Кан агызып кырамын,
Төрт түлүгүн жыямын.
Албай койсо тилимди
Ажалдан мурун соёмун.
Каяшаяк бергенди
Жонунан кармап аламын,
Жол үстүндө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жардырып.
Мындай болсо бусурман,
Бул айтканым акыл кеп,
Ушу турган Бээжинден
Аянып калган капыр - деп,
Адырмак жолун ачпасын,
Муну уккан бусурман
Жер-жерине качпасын.
Арслан тууган кырк чоро,
Таласта турдуң жер жайлап,
Бээжинден кайткан кандарды
Айдап келдиң кембайлап,
Адырдын жолун чалбасын,
Ажалы жетип бусурман
Тил албай, өлүп калбасын!»
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен
Бурамалуу жез найза
Бурчунан кармап имерди,
Желмаянга мингизип,
Үзүктөй калпак башында
Шууту эрди жиберди.
Кабарчы айтып барганы,
Кан Кошойдун алдына
Катты таштап салганы.
Кошойго катты берген соң,
Ошондо Кошой кат окуп,
Кылчайбастан бат окуп,
Катты окуп, бакырып:
«Он эки кан бусурман,
Баарың кел!» - деп чакырып.

Муну угуп бусурман
Баары келди жээлигип,
Барабыз, - деп, Бээжинге
Баары бирдей ээлигип.
Бээжинге сапар барам - деп,
Берен Манас барында
Бели кындай, бети айдай,
Бээжинден катын алам - деп,
Жыргаганы андан көп.
Азирет тийбес Бээжинге
Айдап жүрүп кырат - деп,
Алыска сапар жүргүзүп,
Байлап, сүрүп, кырат - деп,
Куураганы мындан көп.
Ай-ааламда чоң болуп,
Анжыяндын Айкожо
Ыймандыкка бу келип.
Кошой менен Эр Төштүк,
Каны кошо келгени.
Артта калган бусурман
Баары кошо келди эми.
Баарынын санын көргөн жер,
Кырк чоро конок бөлгөн жер,
Чоронун баары шайланып,
Конок үчүн камданып,
Кырк чорону көргөндө
Келген киши таң калып.
Айбатына чыдабай,
Акылынан сандалып,
Кырк чорону карасаң
Алтындан кылыч байланып,
Кылкандай болгон берендер
Мелтиретип айза алып,
Жылкыда тулпар ала баш,
Алмамбет, Чубак ат уйкаш,
Арада Бакай эр болуп,
Баары бирге шер болуп,
Эл эсебин алганда,
Кокондон келген бусурман
Элди катка салганда,
Он эки сан кол болуп,
Азизкандын Алмамбет
А да тиккен бир миң үй,
Акбалтайдын Чубагы
А да тиккен бир миң үй,
Ажыбай, Бакай - эки кан
Булар тикти бир миң үй
Казан аттуу кабылан
Каны тиккен бир миң үй,

Баш-башына кырк чоро
Баары тикти бир миң үй.
Элди катка салган соң,
Жол эсебин алган соң
Алмамбет, Чубак баш болуп,
Элди бөлүп алды эми.
Конок кылып бээ союп,
Жетишкени төө союп,
Кантты кардай кемирип,
Кара чайын шимирип,
Суусунга арак кошо ичип,
Он эки кан бусурман
Таласка келген жабылып,
Бээжинге барар калың кол
Сексен күнү багылып,
Адырдын башы көк жайык,
Көк жайыкты чалыптыр,
Ырамандын Ырчы уулу,
Баабединдин Байчоро
Буларга конок жетпей калыптыр.
Ырамандын Ырчы уулу,
Баабединдин Байчоро,
Конок жетпей калган соң,
Тирүү жүрбөй дүйнөгө
Өлөлү - деп, ой кылды,
Теңдик болсо конокту
Алалы - деп, ой кылды,
Тендиги жок күн болсо,
Ушу турган Таласка
Аябастан кызыкты
Салалы - деп, ой кылды.
Капилетте сөз тапкан,
Караңгыда жол тапкан,
Кабылан Бакай даанышман
Булардын түрүн көрдү алыстан,
Ар бир коштон жүз конок
Салык салып бөлгөнү,
Өрөпкүгөн экөөнө
Өкмөтү чоң кан Бакай
Конок таап берди эми.
Күн мезгили толгон кез,
Каканчында Бээжинге
Жүрөр чагы болгон кез.
Кайран жеңең Каныкей
Ар жабдыктын баарысын
Шайлап жүргөн эмеспи,
Атышка кийсе ок өтпөс,
Ар кийимдин баарысын
Камдап жүргөн эмеспи.

Кабар салды элине:
«Алакандай бусурман,
Ок жаңылып кетпесин.
«Карарып күйгөн чок деген,
Бээжинде калың ок деген,
Казып койгон ор деген,
Капырдын жери Чоң-Бээжин
Катуу багыт жол» деген.
Бээжинге барар бусурман,
Белекке берем тон алгын,
Береним айкөл кандан кол алгын!
Айза саяр эренге
Айза өтпөс тон берем,
Атышка кирер мергенге
Баш экенин билгизем,
Бараңдын огу батпаган
Бадана чепкен кийгизем.
Алкымдан башын чалбасын,
«Зордук менен кеттим» - деп,
Арманың бизде калбасын.
Ара жерде чуркурап,
Алакандай бусурман
Ачкадан өлүп калбасын».
Каныкейдин ар шайманы белгилүү,
Ар немеси билилүү,
Атышка киер зооттор
Каныкейдин ак ордодо илилүү.
Казатка барар бусурман
Алмамбетте чийилүү.
Кече Азизкандын Алмамбет
Салуулу коргон там болуп,
Сандыргалуу Бээжинге
Жыйырма бир жыл кан болуп,
Бээжиндеги алтын так
Алмамбет минип келген эмеспи.
Ич этинен суп көйнөк
Кийип келген эмеспи.
Ар өнөрүн кытайдын
Билип келген эмеспи.
Алакең, кол эсебин алган кез,
Миң кишиге бир жанды
Башчы кылып салган кез.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын арсланын
Кан көтөрүп алган кез.
Ушул кезде бусурман
Тизгинин берип көп колдун
Алмамбеттин өзүнө,
Бирдигин берип калган кез.

Каныкейдин үйүнө
Тон кийүүчү эрлерди
Алмамбет баарын айдап барган кез,
Каныкейдин колунан
Жыйылып барган бусурман
Текши шайман алган кез.
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак буудан аралаш,
Керекке жарар эренге,
Жоого тиер беренге
Аталган күлүк ат берди,
Айбалта чабар мыктууга,
Айза саяр ыктууга
Ар жабдыктын баарысын
Аябастан бүт берди.
«Карды ачып калат - деп,
Кантип Бээжин барат» - деп,
Кан катыны Каныкей
Мисир менен Багдатты
Баарын кошо чалдырган.
Калган шаар баарынан
Күлазыкты алдырган.
«Катындыгы болбосо
Кан Манастай экен» - деп,
Он эки кандын баарысы
Карап турду айыңдап,
Кылган тон менен күлазык,
Каныкей менен Алмамбет
Калың жаткан сан колго
Баарын берди дайындап.
Ажыбай, Бакай кан болуп,
Арада канча жан болуп,
Айкөл канга барганы,
Алтын көчөт килемге
Манасты алып барып салганы.
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп салды эми.
Кытайдын малын чачууга,
Ыслам динин ачууга,
Он эки кан бусурман
Бирдигин берип турганы.
Ошондо Манас кеп айтат:
«Ой, он эки кан, - деп айтат,
Баштыгың болуп кан Кошой,
Карың мында турасың,
Он эки кандын аскери
Баарың мында турасың.
Элди багып коргогон

Эриң мында турасың,
Эл ичинде акылман
Бегиң мында турасың.
Бээжинге казат кыларың
Айзакерден мыктууң бар,
Айбалта чабар ыктууң бар,
Кайра тартпас эриң бар,
Канды суудай агызган
Кара кулак шериң бар,
Оору эмес тазаң бар,
Оён тууган көзөл бар.
Адырдын жолун чалып бар,
Он эки кандын калың кол
Таласта жаткан жылкымдан
Эр башына эки бээ
Азыгыңа алып бар.
Каканчындын Бээжинге
Карың эмес, жашың бар,
Жылкыдан тандап берейин,
Бекем күлүк малымды ал.
Капырдын малын чачабыз,
Бээжинге казат ачабыз.
«Атым арык, дегениң
Азыр кайткын үйүңө,
Өзүм жалгыз, дегениң
Эми кеткин үйүңө,
Алым начар, дегениң
Азыр кайткын жериңе.
Барарсың Бээжин бузукка:
«Азырынча олжо» - деп,
Ат менен тонго кызыкпа.
Казатта жүрсөк кылкылдап:
«Атым жалгыз эле» - деп,
Өзүм жалгыз элем - деп,
Ара жолго барганда
Былжыраба былкылдап.
Алыскы жолго чыкканда:
«Атым жалгыз дегендин
Атын союп жеп кетем,
Өзүм жалгыз дегендин
Көзүн оюп кетемин.
Ушу баштан уккула,
Түбүңө минтип жетемин!»
Муну угуп бусурман
Аттан түштү чуркурап:
«Айтканыңа кулдук!» - деп,
Жалпы айтты чуркурап.
Бул буйрукту укканда,
Жыйылып турган калың кол

Жабыла атка миништи,
Жайылып жаткан жылкыга
Жалпы баары келишти,
Эр башына эки бээ
Эли бүткүл алганы,
Ошондо да көп жылкы
Чети оюлбай калганы.
Манастын угуп буйругун,
Баары угуп дүркүрөп,
Бээжинди көздөп бет алып,
Кан Манастын айчыгы алтын кызыл туу
Астына салып жүрүп кетти дүркүрөп.
Колдун алдын баштаган
Эл атасы кан Кошой,
Кошой шондо бакырып,
Батадан бүткөн баланы:
«Алып кел» - деп чакырып.
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Кашкайган жеңең Каныкей
Кызгалдактай кылактап,
Кырым кызыл көйнөгү
Этеги чыгып булактап:
«Адырдан аккан булак - деп,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын астында,
Батадан бүткөн чунак» - деп,
Алып келди баланы
Адамдан бөлүп санааны.
Баланы алып кан Кошой
Басып турду балпактап:
«Бадышадан жалгыз» - деп,
Алакандап салмактап,
Баланы кармап турушуп,
Баары көрүп жабылып,
Кошоматын кылышып,
Жаш төрөлгөн баланын
Беделин жакшы көрчүдөй,
Кошоматын карачы -
Балага энчи бөлүп берчүдөй.
Ордолуу шайык, көк жөкөр
Кошоматты көп кылган,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Он эки кандын баарысы
Күбүрөшүп кеңешет:
«Бу баланы тууганда
Орус тоюн жеп кеткен,
«Ойротту бузат» - деп кеткен.
Кытай тоюн жеп кеткен:

«Аман жүрсө бу бала
Кырымды бузат» - деп кеткен.
Өлбөй эсен чоңойсо,
Атасындай болот - деп,
Кыйыгына тийгенди
Кырып таштап коёт» - деп.
Казкалдак деген кайран куш
Кайрылып учат талаа үчүн,
Кимдер оюн бөлбөгөн
Карындан чыккан бала үчүн.
Ошол кезде Манастын
Бөлүнүп турду санаасы,
Калып жатса Таласта
Чырымтал жүндүү баласы.
Ошондо кан катыны Каныкей
Кан Кошойго жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Бата сурап балага,
Жалдырап турду ийилип.
«Абаке, эсиңе бизди ала кет,
Муңканган үнүм уга кет,
Көк жалдан калган жалгызга
Жайылып батаң бере кет!
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Атышка кийсе ок өтпөс,
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Арнап кылган башынан
Суп чепкенди кие кет».
Суп чепкенди кийген соң,
Каныкей көзүн көргөн соң,
Катагандын кан Кошой
Астайдилден кан Кошой
Батасын берип турду эми,
Алакан жайып кан Кошой
Батасын берди ушундай:
«Колдоп жүрсүн Кожосан,
Колтугунан жөлөсүн
Кожо, Кыдыр, Шаймерден!
Кара чаар кабылан
Капталынан көздөсүн,
Атаңын шери ак жолборс
Арт жагыңдан калбасын,
Алп кара куш согушта
Айланып учуп жандасын!»
Кер кабылан ат минип,
Кең багелек, көлбөр шым,
Кеңири күрмө тон кийип,

Билге жүктөп ок алып,
Санаты бир сан кол алып,
Азык-түлүк мол алып,
Кан Кошой жүрдү алдына.
Касиеттүү жан болуп,
Кол баштаган алдында
Кары Кошой кан болуп,
Аскери жүрүп кылкылдап,
Ай-ааламга даң болуп,
Аскерин көргөн адамдар
Акылдан азып дал болуп,
Эштектердин Жамгырчы
Артынан жүрдү жол менен,
Бу дагы бир сан кол менен.
Буудайкандын Музбурчак
Бу да жүрдү жол менен,
Эсеби бир сан кол менен,
Баарысынын мингени
Өңчөй окшош кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баарысы тулпар куланча,
Айбанаттан бир башка.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү
А да жүрдү жол менен.
Арсландай бели ийилген,
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Баласы кылыч байланган,
Башынан жоого шайланган,
Текечинин Ормонбек
Чамбыл-Белди жердеген,
Баарынан кыйын эр деген,
Бу да жүрдү жол менен,
Санаты санча кол менен.
Аргымагын кекейткен,
Көк кепичин тепейткен,
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек
Бу да жүрдү кол менен.
Кокондун каны Козубек
Качырга жүгүн арттырган,
Капасын калың элге тарттырган,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Бу да жүрдү кол менен.
Маргалаңдан Малабек
Маргалаңды жайлаган,
Белине кетмендей токоч байлаган,
Оозун ачып асманга
Керели-кечке кайлаган.

Өңкөй кызыл ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Бу да бир сан кол менен,
Жүрүп кетти жол менен.
Эки-Кемин жердеген,
Кенебеген эр деген,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Жарды жүрүп байыган,
Эгиз кара ат байлаган,
Кара тилин кайраган,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Калың токой мал эткен,
Кыргыздардан эр Үрбү
Бу да жүрдү жол менен,
Санатылуу кол менен.
Кебез-Тоону жердеген,
Келберсиген эр деген,
Чалкуйругун байлаган,
Чабышка колун шайлаган,
Эр сырттаны эр Төштүк
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын мендеси
Бу да жүрдү кол менен.
Чоң-Алайды жердеген,
Чочубаган эр деген,
Кулаалы таптап куш кылган,
Курама жыйып журт кылган,
Теликуш багып куш кылган,
Тентигенди журт кылган,
Алтайда жаткан Шыгай кан
А да жүрдү жол менен,
Санаты санча кол менен.
Төрт кандын эли сарт келди,
Белге таңуу эл эмес,
Бел оору тийген дарт келди,
Асмандаган чаң келди.
Алыс жерден аттанып,
Ындыстандан да келди.
Олуя чапкан жол болуп,
Он эки сан кол болуп,
Оң менен сол бүт болуп,
Бээжинге карап жөнөдү.
Нече уруу жан келип,
Эл баштаган кан келип.
«Айчыгы алтын кызыл туу
Алдына кармап жүрөм, - деп,
Өлгөнү болсо казаттан
Ыймандыкка турам, - деп,
Анжыяндан Айкожо

А да бирге жүрдү эми.
Көк тулпарын коштотуп,
Нече атка кош тартып,
Ок өтпөгөн тон алып,
Төрөлүгү бир топ сан,
Төптүгү артык Бакай кан:
«Кайра тартып барба - деп,
Кан каарына калба - деп,
Бирин койбой айда» - деп,
Бакай жүрдү артынан.
Ошол чакта Манас кан
Ок өтпөгөн Аколпок,
Ошол өңдүү тондордон,
Он экисин бүктөтүп,
Желмаянга жүктөтүп,
Жалпак өркөч кара нар
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Алыска сапар барганда,
Жоого дүмөк салганда,
Ок жүктөгөн Желмаян.
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Манас кандын ордодон,
Бадышалык коргондон,
Маңдайдагы багынан,
Бадыша Манас тагынан
Бастырып чыкты салкайып.
Жоо-жарактын баарысын
Каныкейден кан Манас,
Сурап турду заңкайып.
Катын - деп айткан оңбосун,
Муну катын дегендер
Эгерим эки болбосун!
Жай-жарактын баарысын
Жайлап жүргөн эмеспи.
Атышка киер кийимди
Камдап жүргөн эмеспи.
Кан Манастын Аколпок
Тиштеп жатып Каныкей
Кашка тиши жоюлган,
Тиктеп жатып Аколпок
Кара көзү оюлган.
Кокон менен Ташкенге
Колу жетип турганда,
Алты-Шаар, Самаркан
Алы жетип турганда,
Анжыянды чалдырган,
Ак була жибек алдырган,

Курч темирден өгөндү
Устадан жыйып алдырган,
Арасына салдырган.
Чындап жасап, көп койгон:
«Алтымыш кытай, миң калдай
Атыша чыгып келгенде
Ок өтпөсүн», - деп койгон.
Он эки бөлүп толгогон,
Аколпокту Каныкей
Он эки жылда оңдогон.
Манас кийсе кең болгон,
Он эки мүчө тең болгон».
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн кызыл чал,
Атасы жакшы тунук чал,
Аадандыгы болбосо,
Кырк чородон улук чал,
Эртели-кеч жамандык
Ойлогону бузук чал.
«Кең-Колдун суусун бойлош - деп,
Каныкей менен Чубакты,
Абыдан ысык ойнош» - деп,
Адыл кепти бурганда,
Арам сактап турганда,
Жатпай коюп кан Манас
Алты ай салбар кылганда
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Бейилин салып жасаган,
Азабынан ушактын
Көзүнүн жашы көл болгон,
Аколпокту тиккенде
Манаска кайра тең болгон.
Каныкей тиккен Аколпок:
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө.
Мелтирей басып муңайып,
Айдай бети жаркылдап,
Алтындан кылган чоң сөйкө
Омуроодо шаркылдап.
Жети бөлөк тээктеп,
Толгоп жүргөн эмеспи,
Жети айчылык Бээжинге
Жетип согуш салганда:
«Ок жаңылып кетет - деп,
Ажалы кокус жетет» - деп,
Оңдоп кылган Аколпок
Жакасы алтын кылайып,

Ар порумун карасаң
Султаның Манас канга ылайык.
Белекке бердим ала бар,
Бээжинге казат аттандың,
Алтындаган Бозкисе
Белиңе курчап чала бар!»
Кечеки өткөн күзүндө,
Алайдын аркы түзүндө,
Алтымыш орус жер ченеп,
Чыгып келген кезинде
Тартып алган Аккелте,
Ойногондо Очогор,
Чындаганда Аккелте
Аманат жандын эрмеги,
Асынганда Аккелте
Ай далынын айнеги,
Алып берди Каныкей.
Ошол чакта кан Манас
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Каалгадай кашка тиш
Оозунда жаркырап,
Кылайып көзү бөлүнүп,
Бетинен заары төгүлүп,
Бейлеп турса Манасты
Жан алгычтай көрүнүп,
Асмандан булут бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип:
«Бээжинге барып мен өлсөм,
Түнү кандай болот - деп,
Береки, жесир калса Каныкей,
Артымда калган балам жаш
Күнү кандай болот?» - деп,
Адырда жылкы ала баш,
Артымда эркек балам жаш,
Өлүп кетсем кокустан
Алты арам турат өзү баш,
Менин көзүм өткөндө
Буланы булап алабы,
Бузукту булар салабы?
Түбүмө чочко жетеби?
Казынам бузуп кетеби?
Карап турсам Каныштын
Маңдай сөөгү кайкыраак
Менин көзүм өткөн соң
Күн көрөрү тайкыраак».
Манастын сөзүн уккан соң,
Ыйлап турат чыркырап,
Көзүнүн жашы сел болуп,

Ботодой боздоп буркурап.
Кандын сөзүн укканда
Карагаттай кайран көз
Кан аралаш жаш кетти
Ботодой болгон көзүнөн
Бөлөк-белөк жаш кетти:
«Бээжинге барсаң өлөсүң,
Бейбакты качан көрөсүң?
Алты айчылык Бээжинден
Айланып качан келесиң?
Асыл төрө бадышам,
Балаңды качан көрөсүң?
Алты айчылык Бээжинди
Алты күндүк жол - дедиң,
Ааламда өзүң зор - дедиң,
Бээжиндин журтун көр - дедиң.
Кыймалуу жактан чалдырба,
Кыйнап жүрүп бадышам,
Кыраандардын баарысын
Кытайга белек алдырба.
Бээжиндин жолун чала кет,
Бейилиңе мени ала кет.
Бет алганың Чоң-Бээжин
Беш айчылык жол - деген,
Мендеден эли мол - деген,
Барган кайра тартпаган,
Тирүү киши кайтпаган,
Барса-келбес жер - деген,
Уюктуу кытай эл - деген.
Кош, аман бол, кабылан,
Бир кылымга бусурман
Толбой кетип барасың,
Балаасы күчтүү Бээжинге
Болбой кетип барасың.
Бээжиндин жолун чалып кел, төрөм,
Эсенкан кызы Бурулча
Белекке сурап алып кел, төрөм!»
Бадыша Манас көк жалың
Каныкей сөзүн уккан соң,
Мээнеттүү жандан күч чыгып,
Бетинен тике түк чыгып,
Арсландай көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады,
Жүрмөк болду Бээжинге,
Калың кытай элине.
Муну көрүп кырк чоро
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Конуп жаткан эмеспи.
Койкоё кийип суусар бөрк

Ыргап жаткан чоролор,
Шатыра-шатман тамаша,
Жыргап жаткан чоролор.
Кыркы бирдей камынып,
Кан Манастын алдына
Кирип келди жабылып.
Кудай билет Таласка
Кайта келип түшөрдү,
Мындан кийин колуман
Кайрылып тамак ичерди.
Айткан кебин жомоктоп,
Алып келди ордого
Кан Манасты баш кылып.
Кырк чорону коноктоп,
Жибектен соккон дасторкон
Келтирип жеңең жайды эми.
Каныкейдин оюнда
Конок кылар дарты бар.
Алтын, күмүш табакка
Алты бээни сойдурган,
Казы-карта, жал, куйрук,
Туурап койгон эти бар,
Ошол чакта кырк чоро
Каракандын Каныкей
Асылдыгын көрдү эми,
Арак-шарап, кымызды
Аралата койду эми.
Кыраан Манас, кырк чоро
Арак ичип алкынып,
Кымыз ичип кылгырып,
Тамак ичип болгон соң
Дасторконду жыйдырып,
Дүргүп бата кылды эми.
Аттанмакка атына
Дүркүрөшүп турду эми.
Аттанып чыкты кан Манас,
Кырк чоросу кашында:
«Бээжинге казат кылам» - деп,
Элүү эки жашында.
Түп атасы Түмөн кан,
Түмөн кандан Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Каракан,
Каракандан Жакып кан.
Жакып кандан жаш Манас
Он биринде ок аткан,
Он экиге чыкканда
Ордо бузуп, эл чапкан,
Он беш жашка келгенде

Ордолуу журтка баш болгон.
Он алтыга келгенде
Он эки кылым салбаган,
Ошол чакта Манаска
Каш кайтарар калбаган.
«Бекип жаткан Бээжинге
Беттеп айза сунам - деп,
Мелтиреген тозоктон
Жанымды азат кылам - деп,
Түнөрүп жаткан кытайга
Түздөп айза саям - деп,
Түйшүгү кымбат тозоктон
Жанымды азат кылам - деп,
Алданын салган буйругун
Моюнга түшсө көрөм - деп,
Ажалым жетсе Бээжинде
Атышып жүрүп өлөм - деп,
Бекип жаткан Бээжинге
Бейилим түштү барам - деп,
Бээжиндин каны Коңурбай
Беттешип уруш салам - деп.
Айлам келсе Бээжинге
Алмамбет менен Чубакты,
Арслан тууган чунакты,
Аким кылып келем - деп,
Кайнап жаткан кытайдын
Калың малын чачам - деп,
Казынасын ачам», - деп.
Ажыбай, Бакай, эр Чубак,
Арслан тууган шер Сыргак,
Айзанын учу кылкылдап,
Артынан жүрдү кырк бөрү.
Кылычтары кыңгырап,
Ала байрак, сыр айза
Аалам жеңбес көй кашка,
Сундуруп айза тартпаган
Сүрдөп жоодон качпаган,
Кемерин кесе курчаган,
Кезенишкен жоо болсо,
Ар бири миңге кол салган.
Ооган менен Ындыстан
Оболдон Манас чаң салган,
Оң менен сол калың журт
Манастын айбатына таң калган.
Айбалта белде жаркылдап,
Арслан тууган кырк чоро
Жүрүп кетти шартылдап,
Асылзаада кан Манас
Астында барат заңгырап.

Ак туйгундай баркылдап,
Аккелтеси жарк этип,
Арслан төрө кан Манас
Ак шумкардай барк этип,
Астындагы Аккула
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек.
Алты ай минсе арыбайт,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Жер жүзүндө ай туяк
Аккулага теңелбейт.
Аккуласы астында,
Кырк чоросу кашында,
Алтайдын тоосун айланган,
Алыста журтту кыйратып,
Ар жабдыган шайланган.
Оролдун тоосун оролгон,
Арбагына оёндун,
Ашкере күлүк Аккула,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган.
Тулпардыгын уккан соң,
Буудандыгын билген соң,
Буттап алтын, зер берип,
Букардын каны сураган.
Бермек түгүл Кулага
Бейдаарат киши минбеген,
Таманы жерде тарсылдап,
Алтындан соккон ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Түпкүчтөй бели ийилип,
Түн ичинде түгөнгүр
Текедей чурап түйүлүп,
Оздукту каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылап,
Итере басып жулкунуп,
Ителгидей булкунуп,
Төрт аягы колоттой,
Кобулданып кашка тиш,
Согуп койгон болоттой.
Жапырып кулак чунайып,
Жанына менде жолотпой,
Кыя карап кылчактап,
Кылыгы аттан башкача,
Басыгы башка алчактап,
Желгенине жел жетпей,

Чапканына ок жетпей,
Чаңызгыган чу десе,
Иле сала үн жетпей.
Кабылан Манас баш болуп,
Бээжинди көздөп бет алып,
Айчыгы алтын кызыл туу
Астына салып көтөрүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кан Манастын артынан
Жүрүп кетти шаңданып.
Баарысынын кийгени
Темирден соккон текши бөрк,
Бүткөн бойдо жылчык жок,
Баары текши кара көк.
Кырк чоронун баарысы
Кишиге бейилин салбаган,
Жер үстүндө мендеде
Каш кайтарар калбаган.
Окчонтой огун сологон,
Оң менен сол жоо болсо,
Кабарын угуп кологон.
Кең-Колду жердеп жайлаган,
Келиштирип тулпарын
Жоого арнап байлаган.
Араздашкан жоо болсо,
Атышпай шору кайнаган.
Тулаңдуу жерди тутантып,
Кара сууга кан куйган.
Кан ичип жүрүп катыгып,
Кабылан чоро атыгып,
Тулпарын таптап ойноткон,
Тушуккан жоону сойлоткон.
Сумсайып бетин бурбаган,
Сүрөөн тартып кол келсе,
Бири миңден кырк чоро
Сүрдөп карап турбаган.
Жоону сайса ким саят,
Өңчөй чоро шер саят,
Аты калган Манаска.
Манас, Манас болгондо,
Манаска кырк чоро айыл конгондо,
Бүткүл чоро келгенде
Туурдугун май кылган,
Душманын кырып Манастын
Туш-туш жагын кан кылган.
Керегесин май кылган,
Каарын угуп Манастын
Телегейи тегиз даң кылган.
Теминишкен жоо болсо,

Кырып-жоюп кырк чоро
Асман-жерди чаң кылган.
Кезенген душман кезиксе,
Кара жер менен тең кылган.
Кырк чоросу кашында,
Кызырдуу Манас көк жалың
Жете барды сан колго.
Касиеттүү жан болгон,
Алтын айдар, чок бел боо
Азизкандын жалгызы
Колду иретке салууга,
Кол эсебин алууга,
Алмамбет кыраан кан болгон.
Кандын уулу Алмамбет
Кан белгисин таштабайт,
Иретсиз колду баштабайт.
Кара кытай Бээжиндин
Колун көргөн Алмамбет,
Казып койгон четинде
Орун көргөн Алмамбет.
Капырлардын Коңурбай
Шерин көргөн, Алмамбет.
Эсебин менде билбеген
Элин көргөн Алмамбет,
Эсенкандын тептегиз
Эрин көргөн Алмамбет.
Салуулуу коргон там болгон,
Салтанаттуу Бээжинге
Азизкандын Алмамбет
Жыйырма бир жыл кан болуп
Ар өнөрүн кытайдын
Билип келген эмеспи,
Түптүү Бээжин калааны
Таштап келген эмеспи.
Дүмөк салып Бээжинге
Баштап келген эмеспи.
Энесин шейит кечирип,
Берип келген эмеспи.
Тажаалдыгын кытайдын
Көрүп келген эмеспи.
«Бээжинге сапар кылганда,
Кол эсебин албаса,
Бейпайлыкка салат - деп,
Минтип Бээжин барбасак
Кезиккенде көп кытай
Такыр кырып салат» - деп.
Айласы жок арсландын
Бөлүп көзүн жайнатып,
Бусурмандын кызыл туу

Калк карысы Кошойго
Алып келип карматып,
Мунун баатырлыгы кем эмес,
Карыса да Кошойду
Калк кемитер эр эмес.
Канзаада болуп башынан
«Кан Кошой», - деп аталган,
Кең Алайды жердеген,
Кең Кашкарды бойлогон,
Кезинде душман келгенде
Чакмак таштай ойногон.
Көк темирдей тон кийген,
Чалкуйруктай ат минген,
Түптүү тоонун бучмагы,
Бу дагы, бусурмандын султаны
Ара жерге чаң толуп,
Кылыч алып кыйратып,
Элемандын эр Төштүк
Кол бошоткон кан болуп,
Алмамбетке кубанып,
Мурутунда күлгөнү.
Кайран Манас канкоруң
Аккула оозун бурду эми,
Сапарга чыккан сан колго
Кайра буйрук кылды эми.
Ала чапан Айкожо
Ыйман болгон бу келип,
Ошол чакта Алмамбет
Айзаны колго илүүчү,
Аянбай жоого кирүүчү
Арсландарды бир бөлүп:
«Катын-бала калды», - деп,
Капа болуп кайгырар,
Качкандарды бир бөлүп,
Калканы бар колунда
Кайраттууну бир бөлүп,
Кан агызган майданда
Айбаттууну бир бөлүп,
Тобокел - деп иштеген.
Берендерин бир бөлүп,
Тоодой кылган өлүктү,
Кыраандарын бир бөлүп,
Бөлүп алып ыктуусун,
Бөрүдөй көк жал мыктуусун,
Байкаганды кубантып,
Он эки кандын калың кол
Сап-сап кылып чубатып,
Алып жүрдү Алмамбет.
Асман-жерди чаңдатып,

Ар топко желек карматып,
Колунун баарын бекитип:
«Кайта качып кеткениң
Ажалдан мурун өлдүң» - деп,
Алмамбет берен кекетип.
Кайта тартып качкандын
Буласын булап аламын,
Башына бузук саламын.
Ушу келген калың эл,
Он эки сан түгөл кол
Арада жоктоп аламын.
Кимден киши кемисе
Канына казап кыламын,
Моюн буруп, тил албас,
Тентектерин көрсөткүн,
Калың журттун астында
Башын кесип аламын.
Жол үстүндө өлтүрүп,
Итке азык кыламын!»
Бул буйрукту укканда,
Түңүлүп жандан чуркурап,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көбү турат буркурап.
Бээжинден тирүү келбесин
Билип жүргөн мындан көп.
«Мейли барып өлсөк да,
Бешенеде не болсо
Ушу сапар көрсөк» - деп,
Күлүп жүргөн мындан көп.
«Кызыгып жоого тиерде
Кылыч алып кирем» - деп,
Кыйкырганы андан көп.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Чаңдаган чабуул көргөндө,
Арслан Манас көк жалың:
«Ушу келген калың кол,
Атышка киер тонуңду ал,
Он эки кан он бөлөк,
Санаттагы колуңду ал.
Билге жүктөп огуңду ал!
Ушу келген бусурман
Тулпардын башын бурбай жүр,
Ат сергитип, турбай жүр!»
Муну айтып турганда,
Калың колдун баарысы
Будуң-чаң болуп дүркүрөп,
Кайраттуунун баарысы
Камандай болуп күркүрөп,
Калың колдун баарысы

Азирет барбас Бээжинге
Аттанып калды кылкылдап.
Айзанын башы былкылдап,
Адамдын баары кылкылдап,
Адамдын башы кагышып,
Көптүгүнөн калың кол
Айзанын учу чабышып,
Топурак учуп бөлүнбөй,
Жерден чолоо көрүнбөй
Жайнап чыгып баратат.
«Кайта качып кетет» - деп,
Кабылан Бакай артынан.
Айдап кетип баратат.
Сараладай ат минип,
Сары жаргак шым кийип,
Түпөгү жок айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Уй куймулчак Сарала
Баса түшүп кыйгачтап.
Байкап калган Бээжинге
Арслан трууган Алмамбет
Жаңылбастан жол баштап,
Түгөнбөс тоонун урчугун,
Түздөп жүрдү Алмамбет
Дүмпүйгөн тоонун урчугун.
Айткан сөздөн танылбайт,
Караңгыда жол басса
Карсактын изинен көк жал жаңылбайт.
Буурсун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Айдай кумдак талаанын
Алкымын саптап кол жүрүп,
Аз гана эмес калың кол
Ат аябай мол жүрүп,
Түндө тынып жатпастан
Түн уйкусун албастан,
Күндүз өргүп жатпастан,
Күнүн тыным албастан,
Күндөп-түндөп жүрүштү.
Таластан колу чыкканда,
Күндү катка салганда,
Жол эсебин алганда,
Түнү болгон жыйырма.
Күнү болгон жыйырма.
Эрикпестен жол жүрүп,
Эрикпестен мол жүрүп,
Далай аттар чаалыгып,
Далай мыкты дегендин
Чаңга көзү карыгып,

Санаасы жаман кээ бирөө
Сандалып барат талыгып,
Уйкудан жүдөп кээ бирөө
Чырым этип алсам - деп,
Баштыгына жалынып,
Кара баскан катындай,
Кетип барат үргүлөп.
Артындагы калганын:
«Артта калып калдың - деп,
Алдындагы жүр-жүр - деп,
Баскан изин тамандап,
Атаңдын көрү, кытай кул
Айдап барып кырат» - деп,
Алмамбетти жамандап.
Аттын баары чаалыгып,
Артынан барат калың кол
Алмамбетке таарынып.
Жатпадык - деп жайылып,
Он эки кандын калың кол
Жүрүп барат жабылып.
Качан өрүү болот - деп,
Алмамбетке камыгып,
Күнү-түнү кырк күнү
Күүлөнүп Алмаң жол жүрдү,
Алмамбет кайдан аянды.
Будур-будур куюлган
Буралган чөбү суюлган,
Адырдын чөбү суюлган,
Аркар, кулжа куюлган,
Бугусу түздөп жайылган,
Куюгуп жүргөн топтошуп,
Кулландын буту сайылган,
Кең Алтайдын кең өзөн,
Телегейи тең өзөн -
Алтайдын тоосун таянды.
Тоосунда кары бар,
Токою калың, чери бар,
Нече жерде көлү бар,
Он эки сан калың кол
Ошого жатар эби бар.
Каркырадай кан Бакай
Алмамбетке буркурап,
Айтып турган кеби бар:
«Ушу келген калың кол
Чыканактап албадык,
Бир өргүтүп албасак,
Кантип Бээжин барабыз, Алмам?!
Токтобой жүрсөк Бээжинге
Сапар жүргөн сан колдун

Баарын кырып алабыз.
Ушунетип биз жүрсөк,
Ушу келген калың кол
Убалына калабыз!»
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Азизкандын ойрону,
Ошол колдун коргону
Бакайдын кебин укканда:
«Андай болсо, абаке,
Жайылып жаткан кең өзөн
Жатып уйку кандырсын,
Тулпарын отко чалдырсын.
Камдап берген Каныкей
Катып жүргөн күлазык,
Суусундарын кандырсын».
Арслан тууган Алмамбет
Жатсын - деп, буйрук кылганда
Жайнап аттан түшкөнү,
Жан-жабыла калың кол
Жабылып аттан түштү эми.
Баары бирдей жүгүрүп,
Жан казанга камынып,
Алыска жүрөр тулпарды
Аркы-терки байлатып,
Аш-тамагын кайнатып,
Кош башына бээ союп,
Союлган бээнин эттерин
Кишиге ченеп бөлүшүп,
Уйкуга кирип калың кол
Жатып калган жери ошол.
Аттардын баары жайылып,
Аны баккан жигиттер
Жатып калды жанына
Буту-колу чоюлуп,
Айбалтасын жазданып,
Кыбыланы баштанып.
Уйкусу канып кырк чоро
Ордо салды ортого,
Кырк таман жерди чийишип,
Кызыгып баары киришип,
Томпоюн таштан камдашып,
Ордо бузар шайлашып,
Мөрөйгө салды бир тогуз
Тизип койду байлашып.
Ураа айтышып чаңдатып,
Чертмегин чертип оңдошуп,
Жатып калды кырк чоро.
Эригип калган эрендер

Баары жапырт ойношуп,
Кошой баатыр, кан Бакай,
Ортосунда олтурган
Оён Манас зор болуп.
Бакай турду кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек таштап:
«Ит-Өлбөстүн какыр чөл
Желген чоро бар бекен?
Жапалактын жалгыз кыр
Көргөн чоро бар бекен?
Искендер барбас Чоң-Бээжин
Барган чоро бар бекен?
Буурул түндүн Тешик-Таш
Өткөн чоро бар бекен?
Күрпүлдөгөн Сары-Суу
Кечкен чоро бар бекен?
Кыр-Кайыңдын өзөндү
Көргөн чоро бар бекен?
Анык көрүп Бээжинди
Келген чоро бар бекен?
Карысына сыр найза
Илген чоро бар бекен?
Каканчындын Бээжинди
Билген чоро бар бекен?
Кырк кандын эли кытайды
Көргөн чоро бар бекен?
Калың кытай, манжууну
Көргөн чоро бар бекен?»
Ошондо Азизкандын Алмамбет,
Кылыч колдо кыңгырап,
Күлүмсүрөп сурданып,
Тура калды зыңгырап:
«Кайнаган кытай эл болот,
Айтканыңдын баарысын
Көргөн киши Алмамбет.
«Чалгын чал» - десең чаламын,
Кытайлардын Түп-Бээжин
Чарчабастан барамын.
Алым келсе аянбай,
Жоого кыргын саламын.
Кылкылдаган кытайдын
Кыяматтай башына
Акыр заман саламын!
Ажалым жетсе өлөмүн,
Чалгын чалып Бээжинге
Чарчабай барып келемин!
Каканчындын Бээжинде
Кокуйлаган кытайды
Бытыратып бөлөмүн,

Айза кармап, топ бузам,
Быйыл ажалым жетсе, окко учам!
Бешенеме жазганды
Кайда болсо көрөмүн,
Калкым үчүн Бээжинге
Камыкпай барып келемин.
Барыш-келиш эки ай,
Эки айда келермин,
Экинчи айдан мен калсам,
Тагдыр жетип өлгөнүм!»
Ошондо Манас заңкайып,
Шуңкар куштай бой салып,
Байкап турду жалдырап,
Алмамбеттин кебине
Ыраазы болуп ичинен:
«Кызыл найза желегим,
Кыраан койгон Алмамбет,
Кытайдан келген белегим.
Кара байрак желегим,
Каканчындын Бээжинден
Качып келген береним.
Кытайдын малын чачып бер.
Чылбырдай жалы барында
Чындаган жоого алдырбайт,
Чын теңири урбаса
Үстүнөн эрди алдырбайт.
Чалгынга минсе чарчабайт,
Он күн тынбай согушсаң
Чуркагандан тажабайт.
Асыйын санап келгенде
Бир канчага толду эле,
Карткүрөңдү минип бар,
От жаңылып өтпөсүн,
Кадек тонду кийип бар.
Жылкыдан тандап беремин,
Карткүрөңдөй малымды ал,
Начар болсо азыгың
Көөкөргө куюп канымды ал.
Таңда турар болжош ал,
Он эки кан бусурман,
Оён тууган кырк чоро
Чубатууга салайын,
Тандап берен жолдош ал!»
Ушул сөздү укканда,
Айза тийген кишидей,
Ыргып кетти Алмамбет.
Кадек тонду кийгенде
Не муратка жетемин,
Бээжинди тиктеп барышка,

Ак тинтем кийип кетемин.
Карткүрөңдү мингенде
Кай муратка жетемин?!
«Баргын!» - деп, мени буюрсаң,
Сарала менен кетемин!
Бээжинди чапсам - тилегим,
Мен Сараладан айрылбайм,
Айрылбаган себебим -
Биттейимде бириккен,
Айбан да болсо бир өскөн,
Бармактай күндө баш кошкон,
Башынан тулпар Сарала ат
Тулпар аттан жалгашкан.
Күлүктүгүн айтайын
«Чу!» - дегенде Сарала
Куштай учуп кубулган,
Айбан да болсо жан жолдош,
Алданын жазган буйругу,
Мени менен бир күн туулган.
Сараланы мен минип,
Далай манжуу, кытайдын
Башына салдым чуулган.
Калдайга барып байыр албайм,
Кан агызар күн болор,
Ишенимдүү жолдошум
Сараладан айрылбайм.
Ит-Өлбөстүн талаасын
Таптап берген эмеспи,
Алты миң кытай, манжууну
Арслан тууган Алмамбет
Аттап келген эмеспи.
Кызыл айза болотту
Кынап келген эмеспи.
Кылт этип суу жутпастан,
Чыдап берген Сарала -
Кашымдагы желегим,
Каканчындын Бээжинден
Айбан да болсо жолдош - деп,
Кармай келген белегим.
Бу сапар чалгын чалганда,
Айза жумшап, топ бузсам,
Сараланын үстүндө
Ажалым жетсе окко учам.
Ойлонуп Манас дос калса,
Ээр токум үстүндө
Сарала тулпар бош калса,
Кең Бээжин эске түшкөндө
Кейигенден күйөмүн,
Сараладай буудандан

«Айрылбасам экен» - деп,
Күнү-түнү чын тилеп,
Алдадан сурап жүрөмүн.
Он эки кол бусурман
Чубатууга салганда,
Тандап жолдош алганда
Не муратка жетемин?
Жаныма берсең, жан жолдош
Сыргакты берсең кетейин.
Чайдоосу алтын, чай арзан
Самаркан өңдүү калаа жок,
Салышып жоого киргенде
Сандан кайра тартпаган,
Чыканактап калбаган,
Чырым уйку албаган,
Сунганын кайта тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Сыргак өңдүү бала жок.
«Туу үчүн желек» - деп,
Түп-Бээжинге жолдоштук
Тууганың Сыргакты берчи, белекке!
Чалгынды чындап чалайын,
Түп-Бээжинге барайын,
Ажыбайдын Карткүрөң
Арслан төрөм, канкорум,
Коштоого берчи алайын!»
Көкчебичин бул минип,
Көгөргөн темир тон кийип,
Белиндеги кемерди
Кармай тура түйүлүп,
Кайнына барар кишидей,
Кашкайып күлүп сүйүнүп,
Боз кисесин тагынып,
Туура тартып Алмамбет
Туйгунду: «Батаң бергин!» - деп,
Мойнуна курун салынып,
Батасын сурап Манастын
Карап турду жалынып.
Башында Кошой кан болуп,
Бадыша Бакай да болуп,
Башкалары андан көп,
Баякы калың кол болуп,
Алакан жайып көтөрүп,
Арслан Манас күңгүрөп,
Кыбыланы беттенип:
«Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Алтын коштум желекке,
Азирет баспас Бээжинге

Сыргакты бердим белекке.
Барганда, кытайдын жолу тар болсун,
Кыйкырып согуш салганда,
Жаныңда, Азиретаалы бар болсун!
Кыядан, кырк чилтен жолдош жабылсын,
Дулдулду минип кыйкырып,
Азирет шер бар болсун.
Акыр кудай оңдосун,
Калың кытай түптүү журт
Арбагың угуп колдосун,
Кабылан эки көк жалым,
Какайлаган кытайда
Кайыр кылар болбосун!
Алмамбет, Сыргак - эгиз эр,
Арслан тууган эки шер,
Алыска сапар жол тарттың,
Кабылан, жолборс берендер.
Алмамбет, Сыргак болгонуң
Аман келгин, бөрүлөр.
Бусурмандын коргону -
Жеке чыгып, жоо сайып,
Жер майышкан кол келсе,
Жалтанбастан кол саяр!»
Бата берип чуркурап,
Баары туруп кол жайды.
«Кабары катуу Бээжинден
Кайта эсен келгин» - деп,
Көзүнөн жашы буркурап,
Бата алып, эки шер
Жолго салды зыркырап.
Өзү көргөн жер менен,
Өзөндө булак чөл менен,
Жапалак учпас кыр менен,
Күпүлдөп аккан суу менен
Күндөп-түндөп жол жүрдү.
Адырдын баарын сыдырып,
Ак-Өзөн боюн кыдырып,
Зоңкоктун бою Тал-Мазар,
Тал-Мазар жетип конду эми.
Алмамбет чалгын чалган жер,
Чалгынга чыгып барган жер.

## 27 Алмамбет менен Чубактын чыры

Кең зоңкоктун Тал-Мазар
Алмамбет, Сыргак эки эр
Жатып уйку кандырып,
Тулпарын отко чалдырып,

Тыным алган жер ушул.
Колдо калган Кыргыл чал
Айтып турган кеби ушул:
«Ой, Акбалтай кандын Чубагы,
Адамдыктан сен кеттиң,
Акылы жок, чунагым!
Чубак болбой, жерге кир,
Казылбастан көргө кир!
Туубай туура чөгүп кал,
Тирүү жүрбөй өлүп кал!
Арак ичпей, таш ичкин,
Аздык кылса арагың,
Атаңдын канын кошо ичкин!
Алмамбет чалгын чаларбы?
Кеңеште жок, кепте жок,
Келберсиген эр Чубак,
Кошко жатып калабы?
Кытайдан тийип келген жылкыдан
Соогат сурап алабы?
Чалгынды Алмаң чалабы?
Кан Балтайдын Чубагы
Оорукта жатып калабы?
Кечээ, Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда
Жаяны кесип жечү элең,
Аракка тоюп алганда
Ала көөдөн акмагым,
Ааламды бузам дечү элең!»
Муну Чубак укканда
От чагылды көзүнөн,
Жалын чыгып оозунан,
Арсландай көзү жайнады,
Күрөктөй болгон кашка тиш
Жара-жара чайнады.
Ачуусун көрүп Чубактын
Жолдоштору дүрбөдү:
«Сабыр кыл» - деп калың кол
Айтканга Чубак бербеди.
Алтын жаак айбалта,
Арслан көк жал Чубагы
Билегине чалды эми.
Арнап соккон алмасты
Кынай белге байланып,
Жабдыктарын шайланып,
Астындагы мингени -
Ашкере тулпар Көгала ат,
Акбалтайдын Чубагы,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,

Таластан Кең-Кол кең эмес,
Баатырлыгын сурасаң
Манастан Чубак кем эмес.
Кара колот, кыр далы,
Шыңга келген, кең далы,
Эңчегер бойлуу, ийни кең,
Боору, сырты бирдей тең.
Ок жыландай октолгон,
Адамдан артык жумуру
Качырган жоосу жок болгон.
Берген болсо Бээжинди
Беш капкасын сураймын,
Бербей койсо чалгынды
Беренсиген Алмамбет,
Белеске канын төгөмүн!
Бербей койсо чалгынды,
Кабыргасын сөгөмүн!
Кайрылып колго келбестен,
Качырып Бээжин киремин,
Каңгайга жете сүрөмүн.
Алмамбетти баш кылып,
Кытайды кырып келемин!»
Көгала оозун бурбастан,
Көп токтолуп турбастан,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууду Алмаңды.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көтөрүп калкан ойнотуп,
Бадыша тууган Бакай кан,
Бал менен оозун чайкаган,
Караңгыда жол тапкан,
Капилеттен сөз тапкан,
Ободон жылдыз козголуп,
Манас менен эр Бакай
О дүйнөлүк дос болуп,
Аттанып кеткен Чубактын
Аргасын Бакай табалбай,
Алтын чатыр ичинде
Аким кыраан Манаска
Басып кирди эр Бакай:
«Чубакты кандай кылам?» - деп,
Шашып кирди эр Бакай.
«Он эки кандын калың кол
Туу салганын көрдүңбү, Манас?
Кан Балтайдын Чубагы,
Кабылан көк жал чунактын
Чуу салганын көрдүңбү, Манас?
Көл чайкалса кенебейт,
Алмамбет, Чубак - эки шер,

Манас сенден башканы
Туягына теңебейт.
Артынан барып аларга
Акыл сөзүң айтып кел,
Жараштырып кайтып кел.
Бирөөнө-бирөө жетпесин,
Бөөдөсүнөн эки арслан
Ээн талаада, эл жокто,
Арка түшөр сел жокто
Кокустан өлүп кетпесин!
Ак жылкыдан боз кылып,
Арслан көк жал эки эрди
Акыреттик дос кылып,
Кылычтын мизин жалатып,
Кыбылага каратып,
Өлө турган ант кылып,
Өзүң барып кайтып кел!»
Муну Мунас уккан соң,
Күн жайылып чыккан соң,
Айбанбозду токутуп,
Арслан тууган Манасың
Эки шердин артынан
Жүрүп калды жулкунтуп.
Уктап калган Алмамбет,
Уйкудан чочуп ойгонду,
Ок жыландай толгонду,
Ок-шайманын салынып,
Саралага камынып,
Ай көкүлүн түйчүдөй,
Алыста жаткан Бээжинге
Качырып жалгыз кирчидей,
Атына минип зыңкыйып,
Ак шуңкардай шыңкыйып:
«Арслан Сыргак, тургун!» - деп,
Атчан турду кыйкырып,
Сыргак турду элеңдеп,
Атышып чыгаар жоого окшоп,
Ар жабдыгын белендеп,
Каарданып бакырып,
Шашып турат Алмамбет:
«Бачым аттан, Сыргак!» - деп,
Кайта-кайта чакырып.
Атка Сыргак минген соң,
Бастырып шерге келген соң,
Аны Алмаң көргөн соң,
Алмамбет арслан кабылан
Сыргакка турду кеп баштап:
«Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?

Мен көргөндү көрбөсөң,
Мен билгенди билбесең,
Ай караңгы, түн бүркөк
Түндү кудай уруптур,
Тутамча жок байкасам,
Күндү кудай уруптур,
Ала бүркөө шыбыргак,
Бозду кудай уруптур.
Абал баштан бирге өскөн
Акбалтайдын эр Чубак,
Досту кудай уруптур.
Артымдан азап салыптыр,
Айбанбоз менен заңкайып,
Арслан тууган эр Манас
Арттан түшүп калыптыр, Сыргак!
Катынын кара баскандай,
Кан Балтайдын Чубагы
Куугуну жаңы качкандай,
Каарданып алыптыр.
Кытайды кырчу болотту
Кындан сууруп, чың кармап,
Кара мүртөз Чубагың
Калп айтпасам, динден чыгып алыптыр.
Кайбат сөзүм болбосун,
Кабылан көк жал эр Чубак
Кайратына келиптир,
Калп болбосом, Чубак кул
Жебегенди жеп келет.
«Менсиз жеке жер чалган
Желиккен кытай», - деп келет.
Оолугуп кытай дей берсе,
Назданып бокту жей берсе,
Мен болбостон, Бээжин чаламын,
Ошөнтүп келген Чубактан
Мен канткенде тирүү каламын, Сыргак!?
Ажалы жетсе ал өлөт, Сыргак!
Ал келбесе мен өлөм, Сыргак!
Өлүп калсам Чубактан
Өлөрман чочко чунактан,
Таянганым темирден:
«Ээлигип чалгын чалам» - деп,
Дардаңдаган кытай кул
Талаада өлдү дедирбей,
Кокус өлсөм Чубактан,
Карагаттай кайран көз
Каркылдап кажыр ойбосун,
Күрөктөй болгон кашка тиш
Сагызган чычып койбосун,
Алакең кажырдын богу болбосун.

Өлүп калсам Чубактан
Талаага сөөгүм таштабай,
Белимден кармап бүктөп кет,
Саралага жүктөп кет.
Адырдын чөлүн ашып кет,
Кырканын түзүн басып кет.
Мазарлууга барганда
Сараланы союп кет,
Колуң менен жакшылап
Белгилүү жерге коюп кет!
Атымды оңдоп токуп кет:
«Белгилүү берен өлдү» - деп,
Керээзге куран окуп кет,
Бээжинге барбай кайтып кет.
«Берен Алмам өлдү» - деп,
Аяшың Аруукеге айтып кет!
Тоодогу жылкы тогуз миң -
Тобурчак, буудан аралаш.
Тобурчак, буудан мында топ,
Тозоктуу жалган дүйнөдө
Артымда эркек бала жок,
Кудайдын кылган ишине, Сыргак
Көтөрбөскө чарам жок!
Опосуз чиркин дүнүйө
Ажал жетсе амал жок,
Атакелеп калаарга
Артымда эркек бала жок!
Адырда жылкы алабаш
Баарысы тулпар мээси жок,
Күтүп алар ээси жок.
Кара динден ак болуп,
Бусурманга келгени
Жүктөгөнүм бил болду,
Келгенге нече жыл болду,
Агынай кызы Арууке
Алганга канча жыл болду,
Солкулдап чачын тарабайт,
Соолгон жалган дүйнөдө
Согончогу канабайт,
Ушундай арман күн болду!
Тоодогу жылкым жыйып кой,
Өлүп калсам Чубактан
Өзүм менен бир келген,
Арманда калган Арууке
Мажикке нике кыйып кой!»
Айза менен сайгандай,
Ыргып кетти эр Сыргак.
Чокмор менен чапкандай,
Чочуп кетти эр Сыргак.

Таласка башка тең бекен?
Чубак сизден эр бекен?
Алаке, бул кебиңди ким уксун,
Калың казган ор уксун,
Капкараңгы түн уксун,
Мындан бөлөк ким уксун!
Абаке, Чубак үчүн оолукпа,
Чубак үчүн тарыкпа,
Чубактын жайын мен билем,
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Алай деген жер экен,
Анда нойгут эли экен,
Ал нойгуттун ичинде,
Салуулуу коргон там экен,
Нойгуттарды бийлеген
Акбалтай каны бар экен,
Касиеттүү жан экен,
Сексен жашта бар экен.
Өзү кырк катын ике кылыптыр,
Туубас болуп кырк катын
Акбалтай бала көрбөй калыптыр.
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Алтымыш айман чал экен,
Курумшуга оронгон,
Төө өркөчкө байланган,
Күүгүм кирип, күн бата
Таап алган бала экен.
Мойнуна алтын тактырып,
Зарып кылып көп малын
Кырк катынга бактырып,
Тоюна токсон сойдуруп,
Толгон элди жыйдырып,
Элди тойго тойгузуп,
Атын Чубак койгузуп,
Таап алган бала экен,
Буйрук менен бул Чубак
Табылып калган бала экен.
Таң, билбеймин чын болсо,
Кээ кишилер кеп айтат,
Чубакты: «Олуя чалдын уулу - деп,
Муну кудайдын сүйгөн кулу - деп,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Акбалтай кандын Чубак - деп,
Ачуусу чындап келгенде
Ааламды буй кылган
Ашкере сырттан чунак» - деп.

Кээ кишилер муну айтат:
«Кыздан туулган кыңыр - деп,
Качан болсо Чубагың
Кыйшык ишти талашкан,
Кызыталактын бири» - деп.
Артып жолду чаларбыз,
Бээжинге сапар барабыз.
Бээжинге сапар барганда,
Эч байдасын тийгизбей,
Жолдоштугун билгизбей,
Айкөл менен биригип,
Оорукка жатып калучу
Чубак үчүн урунба,
Чунак үчүн таарынба».
Ал аңгыча болгон жок,
Эр Сыргак оозун жыйып алганча,
Жоого ыктуу тон кийип,
Жорголото бастырып,
Көгала сындуу ат минип,
Этек-жеңи жайылып,
Эңкейишке келгенде
Ээлигип басып ээлигип,
Туягы кумга сайылып,
Өөдө чыга бергенде
Өкүм күлүк Көгала,
Жал-куйругу жайылып,
Алыстан чапкан Көгала
Аюу төштү жөлөнүп,
Алмадай болгон алма баш
Чалмалап чаңга бөлөнүп,
Машадай мойну ийилип,
Өөдө-ылдыйын билбестен,
Учкан куштай жүгүрүп,
Баскан ташы быркырап,
Казандай болуп даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Тулпар күлүк Көгала
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты мадап мылгытып,
Туяктан учкан таштарды
Асман бою ыргытып.
Башын жерге салыптыр:
«Барар жерим Бээжин» - деп,
Айбан да болсо билиптир,
Аткан октой зымырап,
Эти кызып алыптыр.

Каарына жан турбай,
Кайраты зор Чубактын
Жер жарылып дүркүрөп,
Арсландай болуп айкырып,
Күндөй болуп күркүрөп,
Айдары алтын, чок белбоо
Азизкандын көк жалы
Эр Чубакты көргөндө
Бура тартып турду эми.
Күүлөнүп Чубак келгенде
Арслан көк жал Алмамбет
Кашкайып салам айтканы,
Аликти Чубак алган жок.
Анда көк жал сүйлөдү:
«Баатыр Чубак, берениим,
Алда канча күнөөнү,
Артышып тартар шериң ким?
Каарданып калыпсың,
Кылычың сууруп алыпсың,
Темирден жайган тор барбы?
Теңдешип жаткан жол барбы?
Бекип жаткан жол барбы?
Бекем шашып калыпсың,
Мекеден келген кол барбы?
Белин бекем курчанып,
Бөйрөктөн чыгып көп кытай
Аянбастан кол алып,
Капилет келип калдыбы?
Кароолсуз жаткан сан колго.
Сапырып уруш салдыбы?
Беттеп келип калыпсың,
Бээжинден келген кол барбы?
Бээжинден келген кол болсо -
Сараланы минейин,
Сандап келген кытайга
Жалгыз өзүм тиейин.
Байгамбар барбас Бээжинге
Балакетти салайын,
Калың кара кытайга
Кабылан көк жал Чубагым,
Сени кан көтөрүп алайын.
Мекеден келген жоо болсо,
Көгала берчи минейин,
Көп болмоктон сан болсун,
Ылаачын тийген таандай,
Иргилтип жеке тиейин.
Жагалмай тийген таандай,
Жанын койбой кырайын,
Жаандын колу болсо да

Кызыл канды агызып,
Кыйынсыган душманга
Кыраан көк жал Чубагым,
Сени кан көтөрүп салайын!»
Муну айтып Алмамбет
Мурутунда күлгөнсүп,
Бура карап турду эми.
Чыйралып келген Чубагың
Чындап ачуу кылганы,
Көгала минип күркүрөп,
Айткан сөздү укпастан,
Жел сокkондой жээлигип,
Жети баштуу эмедей:
«Кечээ, кең Таластын оюнда,
Жылгындуу өзөн боюнда,
Калың аргын, көп огой
Конуп жаткан кезинде
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кезинде,
Кош-коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап турган кезинде,
Кошо билип кыргызды
Жыргап жаткан кезинде,
Ошондо жазган кат кана?
Кудайлашкан ант кана?
Сенден сурап сабылдым,
«Бээжинге жолдош кылгын» - деп,
Нече сапар жалындым.
Коконго кордук салганда,
Маргалаң менен Букарды
Кошо чаап алганда,
Барып алдык Ооганды,
Башка журт кайдан соо калды.
Ташты бузуп жол салдык,
Ындыстанга кол салдык.
Олжолоп малдан бирди алдык,
Билге жүктөп дилде алдык.
Орошон сулуу кара көз,
Ойдологон колоң чач
Ошондон тандап миңди алдык.
Кечээ, кызылбашты чапканда,
Кырым менен Урумга
Кырк чоро сапар аттанды,
Олжосуна берендер
Сандаган тулпар атты алды.
Бекип жаткан душмандын
Белин бузуп турганда,
Бектеп салган калалуу
Чебин бузуп алганда,

Санатына сан жетпес,
Элин бузуп алганда,
Моюнума курум салынып,
Бээжинге сапар кылганда,
Мени жолдош кылгын» - деп,
Бейили кара кытай кул,
Безеленип жалындым.
Бейили катуу Бээжиндин
Бет алып жолун баштадың,
Мени ойлоп койбостон,
Оорукка неге таштадың?
Атыңдын оозун бура тур,
Ала көөдөн кытай кул,
Алдыңкы жерге тура тур,
Он эки түркүн кол баштап,
Чалгын чалар сенсиңби?!
Кеңеште жок, кепте жок,
Бээжинге чалгын барбастан
Оорукта калар менминби!?
Сулайман барбас Бээжинге
Сумсайып чабар сенсиңби?!
Чалгынга барбай, оорукка
Жатып калар менминби?!
Сарала сандан күлүк ит,
Олтуруп жерге ийбеген,
Этеги жерге тийбеген,
Атаңдын көрү, бүрүк ит,
Сандаган кытай Бээжинден
Сарала менен желген ит,
Сан жетпеген калкынан
Ушундай бузугунан келген ит!
Үч таш тулга, көк очок,
Жеңи жерге тийбеген,
Жети атасы кытайдын
Бысмылданы билбеген,
Менин айткан сөзүмө
Киресиңби, кытай кул!
Бээжиндин жолу беш бөлөк,
Мен да бирге барайын,
Көнөсүңбү, кытай кул?!
Көнбөс болсоң сөзүмө,
Азыр менин колумдан
Өлөсүңбү, кытай кул?!»
Анда Алмамбет муну айтат:
«Кырк урук кытай калың эл»
Барсам капыр болоюн,
Бээжиндин жолу беш бөлөк
Чалсам капыр болоюн!
Бээжиндин жолу беш анжы

Берейин Чубак ала гой,
Безилдеп кытай дей бербе,
Бердим жаным, ала гой,
Баатыр Чубак бара гой!
Бээжиндин жолун чалып кел,
Эсенкан кызы Бурулча,
Жаң-жуңдун кызы Аймыскал,
Бээжинден белек алып кел!
Кетире бербе шайыңды,
Кек кылып кытай дей берип,
Кейитпечи жанымды,
Бузбачы менин канымды!
Кырк кандын эли кытайдын
Кабарын алган мен эмес,
Көрүп жүргөн сен эмес.
Калдайып жаткан Бээжиндин
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар,
Бекип жаткан бели бар,
Бекемдеген чеги бар,
Чымчым чөбү чыкпаган,
Чык кылар суусу болбогон,
Кырк күнчүлүк чөлү бар,
Айланасы канча жол,
Айдың чалкар көлү бар.
Аралап киши кетпеген,
Чычкандын мурду өтпөгөн,
Калың токой-чери бар.
Черди тозуп олтурган
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Жоонун айласын билген доңуз ай,
Айзакерден ыктуу кул,
Кытайлыгы болбосо,
Адамзатта мыктуу кул.
Белеске койгон берен бар,
Белгилүү Калча кыраан бар,
Бердим Чубак, чала кой,
Мен калдым мында, өзүң бар.
Калдайып туман сөгүлгөн,
Тетиги, дүмүрөйүп көрүнгөн,
Жалгыз көздүн эли бар,
Каарына алганда
Каршылашар чеби бар.
Ошол чептин ичинде
Алышса адамдын алы жетпеген,
Жалгыз көз Малгун шери бар.
Орноткон калаа жөөсү ошол,
Ойло, Чубак кырааным,

Ошондо жаткан жол тозуп,
Жалгыз көздүү дөөсү ошол.
Эми мен калдым, Чубак, сен баргын,
Бердим жолду ала гой!» -
Деп, ошонтуп, турган соң,
Кайра баштан эр Чубак
Кайраттанып оолукту:
«Бээжин сенин белиңби?
Бегирээк мактап олтурган
Калча сенин шериңби?
Кызыталак, кытай кул,
Бузайынбы чебиңди,
Жарайынбы, кытай кул,
Ичиңдеги чериңди?
Атаңдын көрү, кытай кул,
Бээжинде кытай элинен
Бөлүнүп окту жеп жүргөн,
Колу менен жараткан
Колосун кудай, - деп жүргөн.
Сарала аты, күлүк ит,
Дени кара бүрүк ит,
Талак кылып кытайды
Ушундай бузугунан келген ит!
Аябаган дүмөктү
Баштайын деген экенсиң,
Калп эле: «Чалгын чалам» - деп,
Ордолуу журт, калың түрк
Таштайын деген экенсиң.
Кызыгын көрүп журтуңдун
Кылчайбастан жол чалып,
Кызыталак, ит кытай,
Кетейин деген экенсиң.
Талкалайын Бээжинди,
Сындырайын белиңди.
Калдыр этек кытай кул,
Суутайын демиңди?!» -
Деп, жулкунуп Чубак турганда,
Чубакты кудай урганда
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Азизкандын жалгызы
Асмандан булут бүркөлүп,
Алтымыш санаа бир келип,
Кабыргасы сөгүлүп,
Оозунан жалын төгүлүп,
Арсландай көрүнүп,
Жойболотту таянбай,
Жолборс көк жал Алмамбет
Чубактан жанды аябай,

Түсү кетип түктөйүп,
Түгү чыгып үрпөйүп,
Каарданып дүпүлдөп,
Чымын жанын ойлобой,
Чындап арслан күпүлдөп,
Сарала тулпар кыйгачтап,
Саат баскан Чубакка
Алакең, жиберди чындап сөз баштап:
«Ойлосоң боло, сен Чубак,
Олоңдогон кызыталак,
Мен Бээжинди чалам ким үчүн,
Азирети дин үчүн,
Арттагы калың эл үчүн!
Байгамбар барбас Бээжинден
Балакет көрүп калат - деп,
Байкагын, Чубак, сен үчүн!
Тосмосу катуу кытайдын,
Топурак учуп күйөт - деп,
Дозогу сага тиет - деп,
Тозгон жолум ким үчүн,
Дозоктуу, Чубак, сен үчүн!?
Мен Бээжинде турганда
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын уулу элем,
Атаганат, талымсыган Чубагым,
Мен кай жерде нойгут кулу элем?
Кызыл күрмө кытайдын
Кыраанынын уулу элем,
Энчилеп берген башында
Элеңдеп жолду бер дейсиң,
Мен кай жерде Акбалтай кандын кулу элем!?
Белин бек бууган кытайдын
Беренинин уулу элем,
Жоого тийсем өрт элем,
Сен өңдөнүп, атасын таштап алыска,
Көчүп келген Таласка,
Чоро болуп Манаска,
Амызы жок, ары жок,
Аадан чалыш, ит Чубак,
Алактаган кызыталак,
Акмак киши мен эмес!
Атаңды таштап алыска,
Көчүп келип Таласка,
Чоро болгон Манаска,
Ары жок Чубак, сен кандай?!
Талак кылып бутумду,
Таштап кытай журтумду
Кара динден ак болуп,
Калың кытай эл менен

Дин талашып жат болуп,
Минтип жүргөн мен кандай?!
Байкасаң боло, сен Чубак,
Бакылдаган кызыталак!
Кечке койсом жайыңа,
Кекетип кытай дей бердиң,
Билгениңди жей бердиң.
Кызырдуу кыйын шер болсоң,
Кыраан тууган эр болсоң -
Кыйырыңдан тентип не келдиң?!
Акыреттин жайынан,
Азаптуу дозок барынан,
Калкымдан качып мен келдим,
Мен кыйырымы буздум капыр - деп,
Кытайдан диним жакын - деп, -
Баатыр, мен чачып ийдим жыйганды,
Тиктедим азиз ыйманды.
Сарала менен желгемин
Кытайдын каны болгончо,
Бусурман ити болом - деп,
Элимден азып келгемин.
Кудайдын кылган иши экен,
Мен Бээжинде турганда,
Аалы така, кең өтүк
Алөөкөнүн Коңурбай
Алда кайда киши экен?!
Бээжинден чыктым бир башка,
Бээжинди билип турганда,
Бейэсеп калың кытайдын
Берени элем көйкашка.
А дүйнөнүн айынан,
Акыреттин жайынан,
Сары талдан сайдырган
Талым калды Бээжинде,
Таза алтындан жасаткан
Тагым калды Бээжинде.
Капкалуу калаа, калың журт,
Урум калды Бээжинде,
Асыл кытай тукуму -
Алтымыш кыз, кырк шуркут,
Зайыбым калды Бээжинде.
Кең Бээжин эске түшкөндө
Туура орноткон калың там,
Түптүү кытай калың жан,
Ошол эске түшкөндө
Тутамга келбейт кайран жан.
Сарала буудан токтугу,
Сандаган калың кытайда
Дин ысламдын жоктугу.

Ыслам дини бар болсо,
Бул жерде жеме жедирип,
Качкан кытай дедирип,
Күйүтүн тартып элимдин,
Сага кытай дедирип,
Элимден неге келемин?
Бул сөзүңдү укканча,
Бул жерде сенден өлөйүн!
Кылымды чалсам чаламын,
Качан болсо, ит Чубак,
Менин кытай атым калабы?!
Каалап келдим диниңди,
Калыйпа султан бириңди?!
Аңылдаган Чубак кул,
Кан кыл, - деп айттым кимиңди?!
Каның экөөң бирикчи,
Каңылдаган, ит Чубак,
Кагайынбы бу жерде,
Капкайда кеткен жиниңди?!
Кайтадан капыр мен болуп,
Чын эле, бузайынбы динимди?!
Бейледим эле диниңди,
Мекеде султан бириңди,
Безилдеген Чубак кул,
Бек кыл, - деп айттым кимиңди?!
Берен Манас болбосо,
Кагар элем, ит Чубак,
Капкайда кеткен жиниңди?!
Кайрылып кытай элди таап,
Түгөтөйүн кебиңди.
Суутсам кантет, ит Чубак,
Кайрат кылган демиңди!
Чыгарайын бул жерде
Чымырканган желиңди.
Мен Таласка конгону
Жаманыңа жанаштым,
Күндүзүндө былкылдап,
Түнүчүндө кыңкылдап,
Кимиңден бектик талаштым?!
Таласты бөлүп чек кылып,
Талымсыган, ит Чубак,
Дардаңдайсың күрсүлдөп,
Кимиңе бардым бек кыл - деп?
Айылымды буздум сен түгүл,
Аңылдаган Чубак кул,
Атамды сойдум сен түгүл!
Алтын тагын кан кылдым,
Атаганат, Чубак кул,
Сен түгүл, Азизканды жай кылдым!

Күмүш такты май кылдым,
Күрсүлдөгөн Чубак кул,
Сен түгүл, атамды союп жай кылдым!» -
Деп, ошондо Алмамбет
Казык моюн Сарала,
Кайкалатып кайран шер,
Эки миздүү көк болот
Сууруп алып кынынан,
Качырып калды Чубакты:
«Алмадай башын алайын,
Жол үстүнө өлтүрүп,
Итке азык кылайын!»
Жер жарылып дүркүрөп,
Азизкандын Алмамбет
Айбаттанып күркүрөп,
Көрүнөө чапты Алакең.
Көгала менен зыргытып,
Токтолбостон эр Чубак
Оң жеңин чечип ыргытып,
Калканды кармап жонго алып.
Ач болотту колго алып,
Аянбай кирди Чубагың.
Алда канча жабдыгын
Көтөрүшүп турду эми.
Тизгинди кармап жыялбай,
Асылкеч өскөн эки эр
Бирин бири кыялбай,
Кыйкырып кылыч чабалбай,
Кезенишип турду эле.
Ээр белдей көк кырды
Ашып келет көрдүңбү?
Айбанбоз менен зыргытып,
Арслан, жолборс, кабылан
Шашып келет көрдүңбү?
Айбанбоз аты дардаңдап,
Алмамбет менен Чубагы,
Жөөлөшүп турат жалмаңдап.
Айбанбозго камчы уруп,
Басып чыгып келатат:
«Алмамбет, Чубак түгөйүм
Кокустан өлүп кетет», - деп,
Күңгүрөнүп эр Манас
Шашып чыгып келатат.
Жетип келип эки эрге,
Айтып турган кеби бул:
«Астыга салсам ак жолум,
Атышка кирсе сан колум,
Алмамбет, Чубак эгизим,
Ааламды бузган теңизим,

Албарс болот айбалтам,
Эки шер, айчылык жүрсө чоң аркам!
Кылычты сууруп кыйкырып,
Катар турба жанаша,
Кайран жанды күйдүрүп,
Эгиз, түгөй эки шер
Кыла бербе тамаша!
Ара жолдо урушуп,
Камчылашпа жанаша!» -
Бул сөздү айтып көк жалың,
Арага түштү арсланың.
«Бирине бири жетет - деп,
Беттешип калган эки шер,
Кокустан өлүп кетет» - деп,
Кыйкырып Манас барганы,
Сараладай күлүктү
Оң кол менен кан Манас
Ооздуктан алды эми,
Көгаланы тизгиндеп,
Сол кол менен алды эми.
Арслан айкөл канкоруң
Арага түшүп калды эми,
Эки жакка айырып,
Арачалап алды эми.
Манас кармап турганда
Каарданып булкунуп,
Кайраттанып эр Чубак:
«Каңгайдан келген кытай», - деп,
Күүлөнүп турат булкунуп.
Ошондо Азизкандын Алмамбет:
«Арамдын канын чачайын,
Ачылбас көзүн ачайын,
Коё бергин колду» - деп,
Оңунда, Алмамбет турат күркүрөп.
Канкор көк жал кан Манас
Кармап турду жекитип:
«Калдайды чабар эки шер
Кокус өлүп кетет» - деп,
Каңырыгы бек түтөп:
«Жалгыз киши жөө болот,
Жалгызды кудай жан кылып,
Жасабай койсо не болот?!
Буйругун көрчү кудайдын
Кууну кушка жегизип,
Курсакташ тууган бала эмес,
Алмамбет, Чубак экөөнү
Ара тууган дегизип.
Акылы жок эки арам
Боз ала болуп чабышып,

Болбогонун көрдүңбү?!
Болбос сөздү күчөтүп,
Оңбогонун көрдүңбү?!
Ала көөдөн жанымды
Абалдан байкап билипсиң,
Чыр чыгарып арадан,
Көңүл бузуп эки арам
Кайтып Талас жериңе
Кетейин, - деп жүрүпсүң.
Калп эле жолдон жөөлөшүп
Өтөйүн - деген экенсиң,
Болбогон сөздү шылтоолоп,
Эси жок, эсер эки арам,
Кетейин деген экенсиң!
Куралып келген колумду
Чачайын деген экенсиң,
Кубалашып шылтоолоп,
Куруп калган, эки шер,
Качайын деген экенсиң!
Кайра тартып Таласка,
Аттын башын эки шер,
Бурайын деген экенсиң,
Ушу канкор Манаска
Кылайын деген экенсиң!
Казынада дилдемди
Чачайын деген экенсиң!
Кайра тартып Таласка,
Кара нээт эки арам,
Качайын деген экенсиң!
Бээжинге чабуул кылмакка
Жүрөктө жүргөн дит эле,
Кыраан бөрү кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген ит элең.
Азып-тозуп алыстан,
Атсыз келдиң кээ бирөөң,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Аттан тулпар мингиздим.
Тозуп келип алыстан
Топтон келди бир чоро,
Тозуп келген чорого
Тон мыктысын кийгиздим,
Аргын, огой, кыргызды
Аягыңа билгиздим,
Арада жолду талашып,
Артыкча Алмамбет, Чубак күйгүздүң!
Кече, кең Таластын боюнда
Жаяны кесип жечү элем,
Жанымда болсо Алмамбет -

Жаанды бузам дечү элем.
Каргыттанып сыр найза
Күрөшөөрмүн дечү элем,
Калдай менен Коңурбай
Жөөлөшөрмүн дечү элем.
Ок өтпөгөн олпокту
Кийишермин дечү элем,
Оён Алмам барында,
Он сегиз миң ааламга
Тийишермин дечү элем.
Алмамбет, Чубак айыңдан,
Эки арам, сенин барыңдан
Кең-Колго турдум жер жайлап,
Эки арам, сенин барыңдан
Он эки кан, көп журтту
Айдап келдим кембайлап.
Байгамбар барбас Бээжиндин
Байкап жолун ашмакка,
Алмамбет, Чубак - эки эр,
Эзелки дартың жазмакка
Айдап келсем алыстан,
Ара жерде кармашкан
Акылы жок, эки арам,
Адамда сендей болобу?
Кетирдиң эми эбимди,
Кесир кылып элиме,
Калың жаткан бусурман
Кайрылып кабар салбасам,
Өкүм кылып журтума,
Экөөңсүз Бээжин барбасам.
Ат тизгинин жыйбасам,
Чалыяр барбас Бээжинге
Былкылдак куурай бышкыча
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Бээжинге чабуул кылбасам.
Ушу турган Бээжинге
Өзүм жеке кетейин,
Ойлонбогон эки арам
Түбүңө чындап жетейин.
Ажалым жетсе кытайдан
Жеке барып өлөйүн,
Аңылдаган эки кул,
Өлүшүп кетчи көрөйүн!»
Оң жагында Алмаңды
Оңго силкип жиберди,
Сол жагында Чубакты
Солго силкип жиберип,
Түгү чыгып бетинен,

Түп-Бээжинде кытайга
Туйгун Манас көк жалың
Жеке кирип тийчүдөй,
Калың жаткан кытайды
Какайлатып сүрчүдөй,
Баягы Манас канкоруң,
Жалгыз барып кирчүдөй,
Жаанда көп кытайды
Жайнатып айдап келчүдөй.
Азаптан кайра тартпаган,
Он биринде ок аткан,
Он экиге келгенде
Оён Манас атанган,
Он үч жашка келгенде
Ордолуу журт, эл чапкан,
Он беш жашка келгенде
Жел тийгизбей журт баккан,
Каарын катуу толтурду,
Капа болуп буларга,
Кара белес кыраңга
Кабылан Манас көк жалың
Жеке барып олтурду.
Акбалтайдын Чубагы
Мойнуна күнөө түшкөнсүп,
Ыктагансып калыптыр,
Шайтаны кетип бейилинен
Жумшаргансып калыптыр.
Акбалтайдын Чубагы
Сыныгып бетин бурду эми,
Улук кыраан Алмаңа
Уят болуп турду эми.
Уялган эмей эмине,
Мундай кепти кылды эми:
«Бадыша Алмам беренди
Бакырып кытай дегемин,
Артынан чаап келгемин,
Байкасам мунум зор уят!
Чалгынды чалсаң жол мына,
Байлап кетсең кол мына,
Салайын десең ор мына,
Кайнатып кетер шор мына!
Башымды кессең мен мына,
Канымды төксөң жер мына!
Алаке, карыдайда кармашкан,
Кайгылуу күндө колдошкон,
Бирге туруп, бирге өскөн,
Беттешкен жоодо кездешкен,
Өлтүрөр болсоң кул мына!
Өттү, күнөөм тоодон чоң,

Оёнум Алмам, кечип кой!
Кара көзүм сатуу - деп,
Көгала түгүл, Алаке,
Сага, кара башым тартуу!» - деп,
Бура тартып сабылып,
Бугу тери чылбырды
Мойнуна турду салынып.
Аттан түшүп эр Чубак
Алмаңды көздөй жүгүрүп:
«Кечкин, берен, күнөөм - деп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Эки колу боорунда,
Эр жабдыгы жанында,
Көгаланы жетелеп,
Күнөөмдү кеч», - деп тиленип,
Алмамбетке келди эми.
Ыраазы болду Алмамбет,
Ичинде калбай эч бир кек.
Оён көк жал Алакең
Ошондо айтты мындай кеп:
«Кандын уулу эр Чубак,
Касиеттүү жан эле.
Каканчындын Бээжинге
Караан кылып баргын - деп,
Айткан кеби бар эле.
Чалгынга жеке кеткеним,
Чубакты, кылып кабарсыз
Ойлосом уят минткеним».
Сараланы жетелеп,
Чубакты көздөй жүгүрүп,
Камчысын салып мойнуна:
«Күнөөмдү кечир!» - деп,
Чубакка Алмамбет турду жүгүнүп.
«Өрттөн кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра качпаган,
Эселек тууган эки арам
Өлүшүп жатат бекен? - деп,
Алышып калып эки арам
Арман кылды бекен? - деп,
Айбаты менен салышып,
Башын канга боёлтуп,
Дал-дал кылды бекен? - деп,
Баатыр Манас бадышаң
Тик карабай даңкайып,
Көздүн кыйыгын салып заңкайып.
Асмандагы жылдыздай
Козголушуп калыптыр,
Алмамбет, Чубак - эки эр
Акыреттик аянбас,

Дос болушуп калыптыр.
Ак бөкөндун кылындай
Суурулушуп калыптыр,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калыптыр,
Адырдагы булактай
Жошулушуп калыптыр,
Ат тартышып, эки шер
Аянышпай элдешип,
Кошулушуп калыптыр.
Алмамбет, Чубак кеңешип,
Кейип турду эки эр:
«Карап турган канкорго
Кайыр айткан оңбойт ко,
Каарланган кишиси
Эгерим эки болбойт ко,
Жер жүзүндө калың журт -
Баарын жыйып келсек да
Бир Манастай болбойт ко,
Кече, кыядан кырк кабылан желгенде,
Кырк чоро кырк жерден тентип келгенде,
Таласты берип жер кылды,
Кыйкырган жоого такшалтып,
Кызыл канга боёлтуп,
Баарыбызды эр кылды.
Туш-тушта жаткан душманга
Туйгун Манас көк жалың
Баарыбызды тең кылды.
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Итаяк болду чылк күмүш,
Эриксек элик атышып,
Эрикпесек эрте-кеч
Таласта ойноп жатыштык.
Кайсыдан бизди кем кылды,
Жоо-жаракты шайлатып,
Жоого күлүк байлатып,
Телегейди тең кылды.
Кан Манаска келгени
Эрешен тартып, эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Саадакты сая байландык,
Сайыша чыккан сан колду
Бирин койбой кыйраттык,
Ооган менен кызылбаш
Ордого тулпар туйлаттык,
Орус менен чүрчүттүн
Олжолоп кызын ыйлаттык.
Чамбыл-Белди жердеген
Жаналы, Карач эки эр,

Чамасы кыйын эр деген
Тигилген туусун кулаттык,
Тиктешкенди сулаттык,
Капкалуу калың коргондон,
Бадыша Бакай көк жалга
Көрпаян артык сулуу кыз
Тартып бердик ордодон.
Канкор көк жал кабылан
Каарын бизге салган жок,
Канча мүлкүн чачсак да
Капа болуп калган жок,
Манас канга келгени
Кырк чородо арман жок.
Киериңе эр Манас
Ак була жибек, уз берди,
Кырмызы көйнөк, кымча бел
Оймок ооз, бото көз,
Ойноктогон колоң чач,
Ордону бузуп кыз берди.
Ойротту бузуп эр кылды,
Ойлоп турсак, эр Манас
Ордолуу журтка кан кылды.
Атты тартып барбасак,
Айкөлдөн бата албасак,
Капыр болуп кетебиз».
Канкор Манас кабылан
Он эки кылым калың жан,
Оён Манас көк жалга
Каш кайтарар калбаган.
Ичкелей басып төтөлөп,
Айкөл Манас каныңа
Сарала менен Көгала,
Алмамбет, Чубак - эки эр
Алып барды жетелеп.
Арсланга мойнун бурду эми,
Айкөл Манас шерине
Арсаңдап күлүп эки эр,
Тартуу кылып эки атын:
«Күнөөбүз кеч!» - деп турду эми.
«Алмамбет, Чубак эреним,
Эки түгөй береним,
Табылгылуу өзөнүм,
Талкандашкан жоо болсо,
Талыкпаган көзөлүм!
Алмамбет, Чубак эгизим,
Айдың чалкар деңизим,
Атыша келген жоо болсо,
Ааламды бузар тегизим!
Жеткилең Бээжин калаага

Жетип чалгын чаларда,
Жете келип урушкан
Жетесиз Чубак, сизге уят!
Жетип келип кармасам,
Жеткире айттың бир сөздү,
Ошол сөзүң бизге уят, Алмам!
«Караңгы эмес, түн бол, - деп,
Каның экөөң бир бол» - деп,
Кат чийгендей жибердиң,
Карачы сөзүң сизге уят, Алмам,
Капалуу сөзүң бизге уят, Алмам!
Жылгындуу Талас оюнда
Качан чачтым жыйганды,
Эки кылып кебимди,
Кетиңкиреп эбимди,
Качан жедим ыйманды.
«Караңгы түгүл, түн бол - деп,
Каның экөөң бир бол» - деп,
Ошол сөзгө жол болсун, Алмам!»
Муну угуп Алмамбет
Каны качып бетинен,
Каарданып кыйгачтап,
Кабылан Манас көк жалга
Карап турду сөз баштап:
«Кытай да болсо чоң экен,
Кыйырлуу Чубак зор экен,
Кыйырынан азган мен байкуш
Байкасам кургур кор экен.
Тирүү жүрбөй жигиттин,
Мындай кордук көргөнчө
Өлгөндүгү оң экен!
Капыр да болсо зор экен,
Калыктуу Чубак чоң экен,
Калкынан азган мен чунак
Караан болбой дүйнөгө
Өлгөндүгү оң экен!
Элдүү киши зор экен,
Элинен азган кор экен,
Эстесе кытай дей берген
Бу да болсо Алмамбеттин шору экен!
Мен кылымды чалсам чаламын,
Келгеним канча жыл болду,
Менин кытай атым калабы?!
Мен Бээжинде турганда
Талак кылдым бутумду,
Талкаладым журтумду.
Мен Бээжинде турганда
Каз айланбас зоо элем,
Кабарыңда, кан Манас,

Каргылуу кара тоо элем.
Мен Бээжинде турганда
Каардансам түн элем,
Калың кара кытайдын
Каканынын уулу элем.
Ара жол менен желгидей,
Артыман кууп келгидей,
Акмак кытай дегидей,
Буласын булап алгыдай,
Бузукту келип салгандай,
Ойлосоң боло, ой Манас,
Нойгуттун качан кулу элем?»
Берениң Манас канкоруң
Карап турду унчукпай.
Ойлоп турду баш чайкап,
Аш бышырым тил чыкпай.
Ошондо Манас ойлоду,
Ойлогону бу болду.
Ойлогонун оёндун
Эки берен билбеди.
«Азазил шайтан жазгырса,
Кокустан мени азгырса,
Каранын жолун баштасам,
Калың элим ысылам
Калдайтып каран таштасам,
Качып барып Бээжинге
Айыл конуп мен турсам,
Каканчындын Бээжинге
Аянбай кызмат бир кылсам»...
Тал-Чоку бийик тоо экен,
Айланасы аска таш
Көз жетпеген зоо экен.
Агып жаткан түбүнөн
Агыны катуу суу экен,
Суу боюна тизилген
Алда нече дөбө экен.
Аскар бийик Тал-Чоку
Ашуусу бийик бел экен,
Бээжин менен Мекенин,
Эки башка көп элдин
Ортосунда чеп экен.
Алп кара куш, азуулуу
Мекен кылган жер экен,
Муну басып жүрбөсө,
Тегеренип жүрөргө
Кырк күнчүлүк жол экен.
Мендеден муну ашпаган
Жолу бийик жар экен,
Кыясы кыйын тар экен.

Кыянын үстү жагында
Үйдөй кара ташы бар,
Таштын үстүн карасаң
Жон жору уя салыптыр,
Тегеренип ышкырып,
Ажыдаар курчап калыптыр.
Ажыдаарды көргөндө,
Алмамбет, Чубак - эки эр
Топ этип түшүп атынан,
Эсинен талып калыптыр.
Кабылан Манас кайран шер
Ажыдаар жаткан чоң ташка
Адейи басып барды эми.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чуркап чыгып жүгүрүп,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күн батышка бет алып,
Манас басты зыңгырап,
Ажыдаар качты зымырап,
Алмамбет менен Чубагы
Тура келди кыбырап.
Умачтай көзү ачылып,
Уюп калган эки шер
Манаска карап баш уруп,
Чоролордун тиреги,
Манас эрдин жөлөгү,
Сапар алыс жол болсо,
Сандаган түмөн кол болсо,
Эр Манас элдин өбөгү.
Телегейи тең болчу,
Деңиз Манас кабылан
Ичи көлдөн кең болчу,
Арслан тууган эр болчу.
Теңдешкен жоого уу болгон
Далайды жеңген эр болчу.
Ошондо, Алмамбет, Чубак - эки шер:
«Тал-Чокуну ким ашкан?
Бээжинге бейпай салам - деп,
Кайнаган калың кытайды
Каратып жеңип алам - деп,
Үрүстөм Дастан эр ашкан.
Андан кийин ким ашат,
Арслан Манас шер ашат!»
Кара ташта каты бар,
Катын окуп караса,
Эки адамдын аты бар.
Төгөрөгү зоо экен,
Эки адамдан башкасы
Бул чийүүдө жок экен.

Кабылан тууган эр Манас
Айбалтасын таянып,
Асты жагын каранып,
Айбанбоз минип астына
Тал-Чокуну бет алды.
Тал-Чокунун үстүнөн
Мунарыгы чачылып,
Булуту кетти ачылып,
Кечке жете жол жүрүп,
Тыным албай мол жүрүп,
Кечинде чоку таянды.
Тал-Чокуга таянса,
Тоосунда кары бар,
Этек жагы өтөктө
Бийик чыккан талы бар.
Үстү тайпак бурчтанат,
Тал-Чокуга барганда
Жыты жыпар жыттанат.
Таралган булак суусу бар,
Меке менен Бээжиндин
Арасында чеп экен,
Тегереги бек экен,
Ойлоп турса Тал-Чоку
Ооруккa калар жер экен.
Ушу жерди көргөн соң,
Чындыгын сынап билген соң,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Көгала менен Сарала,
Көкчебич, Күрөң, Айбанбоз
Ээрин алып жайдактап,
Аса байлап баймактап,
Ач болотту салынып,
Ак каңкыны жазданып,
Күн батышты баштанып,
Алыстан келген төрт берен
Алп уйкуга кирди эми.
Катуу уйкуга кирген соң,
Кара чаар кабылан
Капталынан камынып,
Кара кулак арслан шер
Манаска кирди чамынып.
Ушу түштү көргөндө
Уйкудан Манас ойгонду,
Оң жагына толгонду.
Карарып асман бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип:
«Ай чыкпаса бүркөлуп,
Түн эмине болот - деп,
Көзүм өтсө Бээжинде

Аркада калган калың түрк,
Күнү эмине болот?! - деп,
Менин көзүм өткөндө
Таласта калган калың журт,
Айласы кандай болот?! - деп
Адырда жылкы ала баш,
Аркамда эркек бала жаш,
Абыке, Көбөш арам кас.
Мен Таласта турганда
Чалгырты болгон көзүндө,
Чамасы келсе кезек кул
Чалганы жүргөн өзүмдү.
Кыйшыгы жүрчү сөзүндө,
Кыябы келсе кезек кул
Кыйганы жүрчү өзүмдү.
Бадыраң темир курч болбойт,
Башка өскөн киши журт болбойт.
Ыгы келсе кезек ит -
Жамандык кылар чамасы,
Мени менен аталаш
Күнү катын баласы.
Менин көзүм өткөндө,
Маңдай сөөгү кайкы эле,
Бейбак катын Каныкей
Ырыскысы тайкы эле,
Маңдай чачы чөп эле,
Менин көзүм өткөндө,
Азап тартар жүзүндө
Балакети көп эле.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерди айтып бир кейип,
Жыргалдуу кыргыз, көп огой
Элди санап бир кейип:
«Кокустан өлүп кетсем Бээжинде,
Бирөөнүн тилин бири албай,
Башаламан кокуй эл -
Бирөөн бирөө көрө албай,
Ала болуп кете бейм.
Аңдып жүргөн көп душман
Алакандай элимдин
Түбүнө түгөт жете бейм»...
Муну айтып, кан Манас
Боосун албай мойнунан,
Болк дедирип дүрбүнү
Суурул алды койнунан.
Өткөн жылы жайында
Бузулган дүрбү айынан,
Жердин бетин чалдырган,
Кыйыр-кылым элинен

Кыйын уста Бөлөкбай
Адейи аны алдырган.
Кырымдан келген Бөлөкбай
Көөрүк басса козголгон,
Дөөтү менен дос болгон.
Жеткилең уста Бөлөкбай,
Жаш чагынан Бөлөкбай
Усталык менен жашаган.
Күнү-түнү телмирип,
Кынабына келтирип,
Чоң дүрбүнү жасаган.
Жакут ташты жардырган,
Айнегине салдырган.
Абыдан жатып оңдогон,
Алты айлык жолго болжогон.
Сабына көөхар кердирген:
«Акың менде калат» - деп,
Айдап жылкы бердирген.
Келип конгон Таласка,
Усталыктан Бөлөкбай
Чоро болгон Манаска.
Кадырлуу артык жан кылган
Чоң дүрбүнү колго алып,
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзүн жиберип,
Бурамасын имерип,
Буруп көзгө жиберип,
Кармап карап калганы.
Таласка көзүн салды эми,
Таластагы аңгеме -
Такыр көрүп алды эми.
«Коломтодон кор чыгып,
Мен Бээжинде жүргөндө,
Таластагы көп элге
Абыке, Көбөш чоң чыгып,
Дөбөгө чыгып дардактап:
«Эми Манас өлдү - деп,
Барса-келбес Бээжинден
Манас кайдан келсин» - деп,
Дөбөгө чыгып барбактап,
Элди көздөп бакырып,
Абыке, Көбөш - эки арам
«Көбөштөп!» - ураан чакырып,
Кутуруп булар калыптыр,
Таластагы аргын менен кыргызга
Аябай алым салыптыр.
«Жетимиш төөгө чай бер - деп,
Жети миң кысыр тай бер» - деп.
Алымына чыдабай,

Аргын көчкөн бир жакка.
«Кокуй, канкор барында
Чыныга куюп чай бербей,
Бороон күптү тай бербей,
Жатучу белек чайкалып,
Кең Таласта көйкөлүп,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Шабиет ойноп алышып,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып салышып,
Жатчу белек Таласта.
Манас баатыр өлгөн соң
Ай караңгы, жыл чалыш,
Түн ошондой болот - деп,
Бийлик тийсе арамга
Күн ушундай болот» - деп,
Кыргыз, огой биригип,
Бу да качты бир жакка.
Бузукту булар салыптыр,
Буланы булап алыптыр.
Казына бузуп чалкалап,
Карып, мискин, төкөргө
Кайрылбастан талкалап,
Жанат кундуз алыптыр,
Жара бөлүп ортодон,
Кесир болот дебестен,
Багалекке салыптыр,
Байы өлгөн кулдай балпактап,
Султан болуп калыптыр.
Ошондо кайран долу Каныкей
Чылбырдай чачын бурабай,
Чыңырып ыйлап туралбай,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кара көз
Камчы бою жаш кетип,
Иш кыйчалыш болгондо
Түн ушундай болот - деп,
Иттерге кезек келгенде
Күн ушундай болот - деп,
Колоңдой болгон кара чач
Төбөгө кынап түйүптүр,
Оорукка калган эски бөрк
Башына баса кийиптир,
Кара кашка аргымак
Шашканынан Каныкей
Жайдак ыргып миниптир,
Укурукту колго алып,
Алты арамга кириптир.

Кара кашка аргымак
Минип алып ойнотуп,
Жамандардын баарысын
Жыга чаап сойлотуп,
Аттын оозун ийиптир,
Жамандардын баарысын
Таласка айдап кириптир.
Кең-Колдон төмөн жүрүптүр,
Булап кеткен буланы
Такыр жыйып алыптыр,
Талап кеткен алтынды
Дагы жыйып Каныкей
Өз ордуна салыптыр.
Токулуу турган тулпардын
Токчулугун билгизбей,
Тоодой болгон Манастын
Жокчулугун билгизбей,
Калдайтып башын туу кылып,
Катын башын эр кылып,
Мен Таластан кеткенде
Абыке бузук салыптыр,
Катын да болсо Каныкей
Ушу турган Таласка
Ээлик болуп калыптыр».
Муну көрүп алган соң
Каарланып күпүлдөйт,
Кабылан Манас канкоруң
Карап турду күңгүрөп:
«Аргымак жалдуу тайкышым,
Менин көзүм өткөн соң
Жыйганыңды чачарсың,
Төркүнүң Караканга качарсың.
Жылас болгон байкушум.
Менин көзүм жумулса,
Медерсиз калып Каныкей
Бейпайлыкты тартарсың,
Беттеп Букар качарсың.
Маңдайың бас кайкыраак,
Күн көрөрүң тайкыраак,
Жоргонун белин ашалбай,
Жөөлөп кургур ашалбай
Мойнуңа жүгүң артарсың,
Боздоп азап тартарсың.
Кайран долу Каныкей,
Орозду кандын он уулу
Ала болуп кызыталак,
Олжомо зордук кылганда,
Жар көчүрүп чапканда,
Өлтүрмөк болуп жатканда,

Эмгекти катуу тарттырып,
Эмчегин жара аттырып,
Кайран катын Каныкей
Өчкөн отум тамызып,
Ошондо өлгөн жаным тиргизди,
Эрдигин долу билгизди.
Үзүлгөнүм улады,
Чачкынымды жыйнады,
Алганым асыл Каныкей
Качан да болсо мен үчүн
Кара жанын кыйнады.
Көкчөкөз менен Көзкаман
Бээжинден тентип келгенде,
Тууган болом дегенде,
Энчисин бөлүп бергенде,
Тел кулунум жегенде,
Теминишип, теңдешип,
Тең тууган болом дегенде,
Кырк ай бозо ачыткан
Кыярак уудан бергенде,
Башымды кесип алаарда,
Жаны жетип чочколор
Курмандыкка чалаарда,
Аккула минип ойнотуп,
Көкчөкөз менен Көзкаман -
Көлпөктөгөн эки арам,
Кайран долу Каныкей
Жыга чаап сойлотту.
Ошөнтүп жаным тиргизип,
Оору тийбей шал болдум,
Кырк жеримден тешилип,
Араң жүрүп жан болдум.
Менин көзүм өткөн соң
Калайык түгүл, кан өлсүн,
Мейли Абыке, Көбөш ит өлсүн!»
Муну менен эр Манас
Күн чыгыш жакка толгонуп,
Түздөп бурап дүрбүсүн
Карап калды ондонуп,
Кабылан, жолборс, арсландай
Кара таштын үстүнөн
Тиктеп турду комдонуп.
Мунарыктап бөлүнгөн
Бурчун көрдү Бээжиндин,
Бураналуу чеп кылган
Курчун көрдү Бээжиндин,
Кумурскадай кайнаган
Журтун көрдү Бээжиндин.
Мунарыктан узата,

Алтын эшик дарбаза
Ордо көрдү Бээжинден,
Алтындан така кактырган,
Көөрдөн жагоо тактырган,
Жибектен жабуу жаптырган
Жорго көрдү Бээжинден.
Бийиги кырк кез жар болгон,
Чуңкуру кырк кез аң болгон
Орун көрдү Бээжиндин.
Көлкүлдөтө тиктирген
Орунун көрдү Бээжиндин,
Көл-дайрадай кайнаган
Тобун көрдү Бээжиндин.
Канча менде көрбөгөн
Сонун көрдү Бээжинден,
Туура тарткан кара кыр
Белин көрдү Бээжинден.
Туш-тушка кумдай кайнаган
Элин көрдү Бээжиндин.
Агала чап, кызыл кум
Жолун көрдү Бээжиндин,
Карпайып кажыр айланган
Жору көрдү Бээжинден.
Калың кытай сыйбаган
Жерин көрдү Бээжиндин,
Топон суу толкуп жетпеген
Калаасын көрдү Бээжиндин,
Айнектей сулуу көрүнгөн
Талаасын көрдү Бээжиндин.
Дүмпүйүп түтүн кетпеген
Шаарын көрдү Бээжиндин,
Капкалуу калаа көз жеткис
Баарын көрдү Бээжиндин.
Салты-ичке, тейтең бут
Зайыбын көрдү Бээжиндин.
Текши жибек кийинген
Узун көрдү Бээжиндин,
Тептегиз окшош бото көз
Кызын көрдү Бээжиндин.
Кыздарын көрүп кызыкты,
Кыйкырып чоро турганда
Салмак болду бузукту.

## 28 Алмамбеттин жомогу

«Алмамбет, Чубак, Сыргагым,
Жаткандан жамбаш талбайбы,
Чырым этсе уйку канбайбы!

Кең-Колго тиккен бак барбы,
Керилип уктап жатуучу
Кең-Колдогу чак барбы?
Талаага тиккен бак барбы,
Дардайып уктап жаткандай,
Таластагы чак барбы?
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Азыр келгин жаныма!
Бекитилген бел көрдүм,
Мендеден бөлөк эл көрдүм,
Адамдан башка жан көрдүм,
Качыры жок, аты жок,
Кайнаган калың жоо көрдүм,
Кыясы кымбат жол көрдүм,
Кумурскадай жайнаган
Кыйла кыйын кол көрдүм.
Кылтылдабай сырыңды айт,
Кызыкты көрдүм Алмамбет,
Кыя тартпай, чыныңды айт!»
Азизкандын Алмамбет
Айбалта колдо кыңгырап,
Кыя карап Манаска
Басып келди зыңгырап.
Туруп калды буластап,
Туйгунуң Алмаң көк жалың
Коё берди сөз баштап:
«Эр Манас,
Мен кантип Бээжин көрбөйүн,
Бээжиндин жайын билбейин!
Көрүнүп турган Түп-Бээжин -
Көйнөгүм чечип жууган жер,
Энекем мени тууган жер,
Киндигим кесип бууган жер.
Кичине жүрүп чоңоюп,
Күндөн-күн ишим оңолуп,
Көргөн жерим - Чоң-Бээжин.
Тетиги, мунарык болуп бурчтанган,
Булуңча болуп учтанган,
Чет-Бээжин деген жер ошол,
Чериги түмөн эл ошол.
Чек арасын бузганда,
Ченебеген курган жан
Ченебей элин кырганда,
Алтыны сайып желекке,
Ошол кыргын ичинде
Шейит болгон энекем,
Коюп келген жер ошол,
Дүмөктүү кытай эл ошол.

Каарына алганда,
Каптап кетчү сел ошол,
Каарданып кан төгүп
Качып келген жер ошол.
Тетиги, туура жаткан кара кыр,
Чай алуучу кен ошол,
Шайтандуу кытай эл ошол.
Сараланы жоорутуп,
Көңүлүмдү оорутуп,
Көрүп келген мен ушул.
Ошо жаткан Чоң-Бээжин
Казып койгон ору бар,
Камдалуу калың колу бар,
Кайнатылган шору бар,
Барган кайта кайтпаган,
Тирүү жан кайта тартпаган,
Түптүү кытай эли бар.
Ошол турган Бээжинден
Сулайман сурак албаган,
Экөөбүз эмес, Бээжинге
Искендер изин салбаган.
Канчалык согуш болсо да
Касиети кетпеген,
Экөөбүз түгүл Бээжинге
Азирет Аалы жетпеген.
Чалыяр чаркы келбеген,
Чамаң келбейт Бээжинге, -
Деп, жүргөмүн, кан Манас!
Азирет тийбес Бээжинге
Айдап журтту жыят - деп,
Алып барып кырат - деп,
Ал үчүн Бээжин айтпадым,
Оңой Бээжин жер эмес,
Ойлонбой барчу эл эмес, Манас!
Тетиги, дүмүрөйүп көрүнгөн,
Атам Азизкандын багы ошол,
Көөхардан согуп жасаткан,
Атам Азизкандын тагы ошол,
Бадана тонду кулпунтуп,
Сараланы жулкунтуп,
Ойноп турган чак ошол.
Ойноо бала чагымда
Түбүн таштан кыйдырып,
Үстүн кумдан куйдуруп,
Атагы калган Бээжинге,
Алмамбет шордуу калаасы,
Айнектей болгон ак калаа
Таш-Көпүрө жер ошол.
Тетиги, агала кум, кызыл чап -

Атакем Азизкандын керүүсү.
Калкылдап учкан кара куш,
Мен Бээжинди бийлеп турганда,
Коюп келген адейи
Алмамбет кулдун бериси, Манас.
Тетиги, заңкайып бийик көрүнгөн,
Миң тулпардын байлоосу,
Андан аркы көрүнгөн,
Атакемдин Кан-Жайлак деген жайлоосу.
Менин казбачы калың орумду,
Кара күчкө жол сурап,
Кайната бербе шорумду,
Эми айтып берейин
Капкайдагы сонунду,
Угуп тургун, кан Манас,
Менин айткан жообумду.
Тетиги, алтын эшик дарбаза -
Чет-Бээжинде Эсенкан,
Эсенкандын ордосу.
Алтындан соккон төрт така,
Эсенкандын Бурулча
Энчилеп минген жоргосу.
Тетиги, түнөрүңкү көрүнгөн,
Түк эле ыштан кийбеген,
Катын алып жүрбөгөн,
Кытайлардын кечил деген молдосу.
Тетиги, самсаалап мунар төгүлгөн,
Анда-мында заңкайып,
Бүлбүлдөп кара тоо башы көрүнгөн,
Чоң-Бээжиндин өзү ошол, Манас!
Белгилүү Бээжин жер ошол,
Бейжайлыгы кармаса,
Бээжиндеги көп кытай
Кан Манас, каптап кетер сел ошол,
Кеңири кытай эл ошол.
Манас кан, Сараланын токтугу,
Сандаган түмөн кытайда
Санаалаштын жоктугу -
Менин таалайымдын жоктугу.
Талак кылып бутумду,
Таштап кытай журтумду
Сарала менен желгемин,
Сандап жаткан кытайды,
Касташса да тууганды
Кай бетим менен мен таштап,
Сага тентип келгемин, Манас!
Кытайдын кызыл токтугу,
Алмамбеттин шоктугу,
Кырк кандын эли кырк уруу,

Кылымга сыйбас тукуму,
Кыйырын айтып берейин,
Кырк бөлөк кылып жер-жерин,
Элин айтып берейин.
Тетиги, кыярып аска көрүнгөн,
Алтын казчу кен ошол,
Кабарыңда бар чыгаар,
Манжуу, кытай эл ошол.
Тетиги, дүмүрөйүп түздө көрүнгөн,
Кош-Салаа деген жер ошол,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Бекитип жаткан бел ошол, Манас.
Бүткүл кытай биригип,
Булардын чын ишенген бели ошол.
Бозоруп жаткан зоңкокту
Болжобой ашчу тоо эмес,
Жалгыз көздүү дөө Малгун,
Бейлебей барар жоо эмес.
Тетиги, кылкылдап кызыл көрүнгөн,
Кыр-Кайыңдын өзү ошол, Манас.
Ошону жердеп отурган,
Тыргоот, кытай эл ошол.
Ат көтөрбөс жөөсү бар,
Көчүгү кучак чоң катын,
Канышай деген дөөсү бар.
Тетиги, бурулуп мунар көрүнгөн,
Барса-келбес жол ошол,
Шаңкай деген кытайда
Канжаркол деген кан ошол,
Баарын айтып кантейин,
Не мураска жетейин,
Эсепсиз кытай эл ошол».
Ошондо Манас муңайып,
Алмамбет берен көк жалга
Чын таарынды кубарып,
Таарынчы кылар себеби -
Коконго кордук салганда,
Кызылбашты кыйратып,
Кыз-келинин ыйлатып,
Элин чаап алганда,
Канча Манас сураса
Айтпай жүргөн эмеспи.
«Ошол чакта Алмамбет,
Эрдигиңди билгемин,
Шер экен, - деп жүргөмүн.
Аңгеме сөздү курадым,
Билерсиң Бээжин жайын - деп,
Ошондо бир жол сурадым.

«Ич этимден суп көйнөк,
Кийсем доңуз болоюн,
Ит өлгүрдүн Чоң-Бээжин
Билсем доңуз болоюн!» -
Деп эле каргыш бир кылдың.
Эми көрсөм өзүңдү:
«Жалгыз көздүн шаары - деп,
Ичигинин саары - деп,
Бичигинин шаары - деп,
Болжолу жок сайрайсың.
Анык болсоң азамат,
Не деп мени алдайсың?
Ойлосоңчу, Алмамбет,
Кечээ, Ооганды чаап дилде алдык,
Кара көздөн миңди алдык,
Ошондо сенден сурадым,
Түп-Бээжиндин маанисин,
Ошондо неге айтпадың?
Ошондо айтсаң Бээжинди
Чийбейт белем сызыкты,
Тынбай алты ай салышып,
Кылбайт белем кызыкты.
Албайт белем талкалап,
Тетиги Бээжин калааны,
Салбайт белем башына
Акыр заман балааны.
Айтып берсең чыныңды
Татытат белем туздарын,
Талатпайт белем кыргызга,
Таптаза сулуу кыздарын.
Бузбайт белем чептерин,
Ушуну менен беш барып,
Сойлотпойт белем бектерин.
Кырбайт белем кытайдын
Кыйынсыган чоңдорун.
Өрттөбөйт белем чатырын,
Өлтүрбөйт белем баатырын.
Койчу, Алмамбет, оңбой кал!
Эгерим эки болбой кал!
Муну айткан себебим -
Мурункудан келейин:
«Алтынын талап алам - деп,
Карача кандын кыз Сайкал
Олжого тартып алам» - деп,
Аккула оозун жыйганда,
Кан Бакайдай кары бар,
Кырк чоронун баары бар,
Бикиртикти ашканда,
Кең Какшаалды басканда,

Өзөн суунун боюнан,
Уруша чыкты кан Сайкал
Улуу-Тоонун оюнан.
Кайгуулга Чубак барганда,
Каранды Сайкал салганда
Жеке Чубак эр эмес,
Карап калар мен эмес,
Качырып кирди кырк бөрү.
Ошондо да чочубай,
Камырабай, камсыкпай,
Карап турду кыз Сайкал.
Чубакка чууну салганда,
Кайран берен кан Бакай
Аттан түшүп калганда,
Чын ажалы чоронун
Жете турган болгондо,
Кырк чоронун кырк тулпар
Айдап алып астына,
Адамдан сырттан кыз Сайкал
Кете турган болгондо,
Жайдын күнүн кыш кылып,
Кыздан сулуу Сайкалды
Жайдын күнү үшүтүп,
Кийимдерин муз кылдың.
Ошондо ажыраттың Чубакты,
Эңип келдиң бөктөрүп,
Жөөлөп калган Сыргакты.
Ошо жолдо кырк чоро
Үзүлгөнүн уладың,
Чачылганын жыйнадың.
Күйбөгөн отун тамыздың,
Өлгөн жанын тиргиздиң.
Ошондо Карачанын Сайкалы
Алдымдан чыкты чуратып,
Арслан бөрү кырк чоро,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Үзүктөй калпак Шууту бар,
Үчөөн катар сайды кулатып,
Кайрат кылган чоронун
Баарысын сайды кыйратып.
Ошондо, кызыл айза, курч болот
Кынап бердиң Алмамбет,
Алтымыш күнү атышка
Жалгыз мага кошулуп,
Чыдап бердиң Алмамбет.
Ошо күндө жүргөндө,
Ич этинен ок өтпөс
Кийген го, - деп жүргөмүн,
Ушу турган Чоң-Бээжин

Билген го, - деп жүргөмүн.
Бул эрдигиң көргөндө
Аңгеме сөз курадым,
Билдиңби, - деп Бээжинди,
Мында сенден сурадым.
«Ич этимден ок өтпөс,
Кийсем эле оңбоюн.
Кытайлардын Чоң-Бээжин
Билсем эле оңбоюн», -
Деп, канчалык зарладың.
Койчу, Алмамбет эреним,
Кетирмек болдуң эбимди,
Ара жерге чогултуп,
Кырмак болдуң элимди,
Сындырмак болдуң, Алмамбет,
Сыздатып эми белимди.
Айтпай коюп Бээжинди,
Суутмак болдуң денимди,
Аяп жүргөн экенсиң
Кырк уруу кытай элиңди.
Ушу жерде Бээжинди
Аяганың көрүндү,
Аяганың билгенде,
Арслан көк жал Алмамбет,
Көңүлүм жаман бөлүндү.
Баатыр ай, баштатан Бээжин сен айтсаң,
Сунбайт белем кыйкырып,
Түп-Бээжинге айзаны.
Кан агызып кытайдын
Канча-канча талаасын,
Кырбайт белем кытайдын
Кызыл чоктуу төрөсүн,
Бузбайт белем кытайдын
Чеп салдырган калаасын.
Сөздү самап сүйрөлтүп,
Сүйлөгөнүң билинди,
Калың кытай, Түп-Бээжин
Аяганың билинди.
Канча-канча кызык куу
Таппай жүргөн экенсиң,
Калкым калың кытай - деп,
Айтпай жүргөн экенсиң.
Манаска айтып сырымды
Нетейин деген экенсиң.
Эптеп жүрүп Бээжинге,
Караан кылып калкымды
Кетейин деген экенсиң».
Муну айтып кан Манас
Таарыныч кылып турган соң,

Алмамбет айтты ошондо:
«Манас кан,
Баякы Бээжин жер мына,
Баятан бери таарындың
Башымды кес, мен мына!
Мен кантип Бээжин билбейин,
Кантип Бээжин көрбөйүн?
Букаралык курусун,
Түнөтмөк болдуң конокту,
Ара жерде камсыгып,
Айттырмак болдуң жомокту.
Таарынып салдың тозокту,
Тал-Чокуда түнөрүп,
Салдың калың азапты.
Чалдырмак болдуң, кан Манас,
Калдайган Бээжин калааны,
Салмак болдуң башыма
Капкайдагы балааны.
Аңтардың менин сырымды,
Айттырмак болдуң бу жерде
Анык менин чынымды.
Калың кытай, кызыл чок
Көрбөй келди дейсиңби?
Калдайып жаткан Бээжинди
Билбей келди дейсиңби?
Кайкалаган Кара-Кыр
Баспай келди дейсиңби?
Бээжиндеги сары алтын
Чачпай келди дейсиңби?
Кара кытай, манжуудан
Кебез белбоо кур менен
Буулганым айтайын,
Кешиги жок, мен чунак
Ушу турган Бээжинде
Туулганым айтайын.
Арсландай белим ийилген,
Алты жыл мурун илгери,
Туубас мурун мендейди:
«Алмамбет аттуу туулса,
Түпкө ошол жетет - деп,
Түптүү-Бээжин кытайды
Түгөл кырып кетет» - деп,
Эсенкандай какандын
Даңзасына чийилген.
Бул чийинди көргөндө,
Чочуп кетип Чоң-Бээжин
Салган экен доорукту,
Каканчындын Бээжинге
Көргөзүптүр кордукту.

«Туулуп калса Алмамбет
Кең Бээжинди койбойт - деп,
Келиштирип оңдойт» - деп,
Калкка кылган буйрукта,
Көргөзүптүр эл-журтка
Угулбаган шумдукту.
Капкалуу шаар калаанын
Калың калкын жыйнаган,
Катын бала тууганда:
«Баласын бизге көрсөт» - деп,
Бүткүл элин кыйнаган,
Каарына чыдабай,
Калкы тынчып турбаган.
Ушундай болгон Бээжинге
Кан Манас, менин дүмөгүм,
Ушул үчүн Бээжиндин
Жайын айтпай жүргөмүн.
Ак буудай чайнап, ант кылып,
Жебегеним дагы чын,
Бу себептен Бээжинди
Дебегеним дагы чын.
Айтып койсом кокустан,
Айдап жүрүп аскерин
Ааламды Манас кырат - деп,
Айтпаганым дагы чын.
Кокустан айтсам Бээжинди
Кытай жайын билет - деп,
Кырылып кетсе кыргыз эл
Токонаалат калат - деп,
Бейпайды Манас салат - деп,
Бечара калың эл-журттун
Убалына калат - деп,
Ошол үчүн Бээжинди
Оболдон Манас, айтпадым.
Ушул турган Бээжинден
Алөөкө деген кан чыккан,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Атагын угуп адамзат,
Добушунан жан чыккан,
Коломтодон кор чыгып,
Тогузга жашы келгенде
Бузукту Калча баштаптыр,
Жашы он бирге келгенде
Каарына чыдабай,
Каканчындын калың журт
Бузулуп кете таштаптыр.
Он үчкө жашы келгенде
Бүлүктү элге салыптыр,
Кечилдин канын алыптыр,

Мындан кийин Бээжинге
Султан болуп калыптыр.
Ошол чакта Коңурбай
Атакемдин Кан-Жайлак,
Зордук кылып бербестен
Такыр тартып алыптыр.
Эсенкан уулу Бөрүкөз
Бээжинге бу да зор болуп,
Баласы жок шордуу атам,
Баарыдан жаман кор болуп,
Бээжинден бейбак экөө чоң болуп,
Менин атам Азизкан,
Эркек бала айынан
Алтымыш катын алыптыр.
Жетимишке келгенче
Алтымыш катын туубастан,
Атакем кайран Азизкан
Туяксыз болуп калыптыр.
Буркурап ыйлап ардыгып,
Бала үчүн тардыгып:
«Алөөкөнүн Коңурбай
Ааламдын баарын сорду - деп,
Эсенкандын Бөрүкөз
Бээжиндин каны болду - деп,
Менден туулган туяк жок,
Кандай шумдук болду» - деп.
Бээжиндин каны Карыкан
Алөөкө кан, Азизкан,
Эсенкан төртөө бир тууган,
Баарысы бир Какандын уулу экен,
Кырк дарбаза Бээжинди
Кытайлардын Карыкан
Касиеттүү жан экен,
Кырк кандын эли кытайды
Билип турган ал экен.
Менин атам Азизкан
Ардыккан бойдон курган жан,
Алты күлүк ат берген,
Бээжиндеги Карыкан,
Картайганда атакем
Ыйлап туруп кат берген.
Кат барганда Карыкан
Колго алып караган,
Каттын жөнүн караса
Кытай сөзү чийилип,
Ылдый карай жазылган,
Дубай салам кат экен,
Катты тиктеп олтурса,
Аягына жазылган

Азизкандын аты экен.
«Алтымыш катын алдым - деп,
Туяк көрбөй калдым - деп,
Алөөкөдөн Коңурбай
Ай-ааламды сорду - деп,
Менден тууган бала жок,
Кандай шумдук болду - деп,
Бээжиндин каны Карыкан
Уялашка салам - деп,
Бул сөзүмө көнсүн - деп,
Коңурбайдан чоң туучу,
Кол токмоктой зор туучу,
Уялуу журт кытайдан,
Кыз чубатып Бээжинден,
Тандап туруп элимден
Катын алып берсин - деп,
Эгер, катын алып бербесе,
Бул сөзүмө көнбөсө,
Буурсунду бурбаймын,
Кан болдум, - деп кубанып,
Бул Бээжинге барбаймын.
Талак кылам бутумду,
Бул кебиме кирбесе,
Катын алып бербесе,
Таштаймын кытай журтумду.
Бул жерде туруп нетейин,
Бир баланын айынан
Төмөнкү бурутка кирип кетемин.
Алөөкөнүн Коңурбай
Андан көрдүм кордукту,
Баласыздык дартынан
Баарыдан көрдүм чоңдукту».
Балам жок - деп, Азизкан
Катын берип турганда,
Бадышалык Карыкан:
«Чын эмеспи бул сөзү?
Эл четинде ал эле,
Касиеттүү жан эле,
Алтымыш катын алды - деп,
Туяксыз болуп калды - деп,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Кол токмоктон чоң туучу,
Коңурбайдан зор туучу
Калың элим кытайдан,
Тандап жетип далайдан
Катын алып берейин».
Муну сүйлөп Карыкан
Дүңкүлдөгүн урдуруп,
Барабанын бакыртып,

Баары журтун чакыртып,
Көк менен жер чаң болуп:
«Эмне болуп кетти?» - деп,
Сестейип эл дал болуп,
Ушунетип Карыкан
Элге салган шумдукту,
Энемди тандап алаарда
Эл-журтуна жар салып,
Кылган экен буйрукту.
Кырк дарбаза Бээжиндин
Кыркын бирдей ачтырып,
Адам жесе түгөнбөс
Күлазыгын чачтырып,
Миңдеген өгүз сойдуруп,
Бээжинде сынчы кырк аяр:
«Кыз тандап алып бергин» - деп,
Кыркын кырк эшикке койдуруп,
Тоодой отун жыйдырып,
Казанга этин кайнаткан.
«Калкты жыя келсин» - деп,
Чоң Ылама балбанын,
Чоң Жолой деген калмагын
Туш-тушуна жиберип,
Кыздын жыйып баарысын
Чоң-Бээжинге жыйнаткан.
Отуз үчтөн төмөнкү
Катын калбай үйүнө,
Он беш жаштан илгери
Кыз калбаган үйүнө,
Кытайдан чыккан тандамал
Уз калбаган үйүнө.
Бу кабарды укканда
Кырк кан эли кытайдын
Кызы бүткүл жыйылган,
Кайгы түшүп Бээжинге
Энемди атам алаарда
Канча сулуу катын, кыз
Көпчүлүктөн кырылган,
Азабы журтка артылган,
Чоң-Бээжинде атылган.
Бээжиндеги коргонго
Алтымыш күн бүт чубап,
Кыз табылбас болгондо,
Кырк кандын эли кытайда
Соорондүк деген кан экен,
Ошол кандын колунда
Он эки кызы бар экен.
Он эки кыздын кенжеси,
Соорондүктүн эркеси,

Ургаачыдан уз экен,
Ак байбиче энекем
Алтынай аттуу кыз экен.
Энекем, алтындан торко кийчү экен:
«Балалуу болуп өлсөм» - деп,
Ошону тилеп жүрчү экен,
Бала десе, буркурап,
От жалындай күйчү экен.
Ботодой боздоп жүргөндө,
Ошондо кирген түшүнө,
Ак сакал чал, дубана
Чыбыктай чырпык балдардан
Кыдырата жыйыптыр:
«Нурдун кызы ушул - деп,
Ошол келген дубана,
Нурдун уулу ушул» - деп,
Түнүндө ике кыйыптыр.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Төшөктөн энем турганда,
Кусул суусу кылганда,
Койнундагы жаш бала
Көздөн кайып болуптур.
Кайып болгон баланы
Кайра дагы көрсөм - деп,
Качан болсо оюнда,
Талгак болуп калыптыр,
Үч айлык бала боюнда.
Энеме кубат минтип таралган,
Куру кытай дей берип,
Күйгүзбөгүн, эр Манас,
Менин уругум актан жаралган!
Ошөнтүп бүлүк салыптыр,
Он жетиде кезинде,
Ак байбиче энемди
Кулагы темир Кутан алп
Астына айдап алыптыр.
Айдап барып Кутан алп
Чубатууга салыптыр.
Кырк аярдын баштыгы
Шуйту деген бир аяр
Энемди көрүп калыптыр.
Сындап сынга толтуруп,
Сынай карап олтуруп,
Кытайдан чыккан кырк аяр
Билгичтигин көрдүңбү
Энемди кармап алыптыр.
Кытайлардын колуна
Кагылайын энекем

Кармалып түшүп калыптыр.
Ошондо энем Алтынай
Ары-бери туйлаптыр,
Өксөп жатып ыйлаптыр:
«Таталаган кытайга
Кантип, кокуй, тием?» - деп,
Өкүрүп боздоп кууптыр,
Мындан көрө өлөм - деп,
Аманат жанын кыйнаптыр,
Сөздү кантип айтам - деп,
Аксакалдуу эмеге
Койнуна кантип жатам, - деп,
Белимди кантип буудурам?
Ичимдеги асылды
Буларга кантип жуудурам!»
Моюн бербей балбанга
Азапты жаман салыптыр,
Жанындагы албарсты
Энекем сууруп алыптыр,
Камалап турган балбандан
Кагылайын энекем
Канчанын башын чааптыр.
Бээжинден алты балбан өлгөн соң,
Энемдин эрдигин кытай көргөн соң,
Чоң Ылама деген балбаны
Капталдан кирген камынып,
Кулагы темир Кутан алп,
Маңдайы темир Маңкүш алп,
Карматпаган энеме
Темирден соккон тор тутуп,
Тегеректеп калыптыр,
Темир торго салыптыр.
Тегерете сүйрөтүп,
Карыкандын алдына:
«Катын таап келдик» - деп,
Энемди алып барыптыр.
Азапты энем тартыптыр,
Аңдып турган кырк аяр
Карыканга баарысы
Ушундай деп айтыптыр:
«Ушул катын зор тубат,
Коңурбайдай чоң тубат,
Ушул турган Бээжинге
Калалуу коргон чеп тубат.
Калайыкты кыйраткан
Кабылан жолборс кек тубат,
Көңүлдөнсө Бээжинден
Четтеп кетер эр тубат.
Чегиндирсең көңүлүн,

Чебин бузуп талкалап,
Калдайган калың Бээжинди
Өрттөп кетер шер тубат.
Жаман тууп таштаса,
Кара башты чапкын - деп,
Коңурбайча болбосо
Бута салып аткын - деп,
Жаза көрүп таштасак,
Көздү буркан урсун! - деп,
Жалган айтып жиберсек,
Сөздү буркан урсун! - деп,
Билбей кокус биз айтсак,
Бизди буркан урсун!» - деп.
Булардын айткан кебине,
Болбой турду Карыкан:
«Бир белгисин билгиз - деп,
Уул тубары чын болсо,
Ушу жерде көргөз» - деп,
Айтып турду Карыкан.
Кандын кебин уккан соң,
Калың кытай, кырк аяр
Энемди алты күн кармап ордого,
Күндүн бетин көргөзбөй,
Алты күнү өткөндө
Жарык күндү көргөздү,
Алып барып энемди
Анан кийин сийгизген.
Сийген жерин караса -
Эки сөөм, бир эли
Сийдик жерге кириптир.
Муну көрүп кытайлар
Энемдин эр тандаарын билиптир.
Жумуру баштан табылса,
Шер тубарын билиптир.
Кытай эми ошондо
Ыламасын жыйыптыр,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча кыжылдап,
Алтынайдай энемди
Азыр ике кыйыптыр.
Энемди атам алыптыр,
Мына минтип кытайдын
Колуна түшүп калыптыр.
Алтын менен баралап,
Ар түрүндө кытайдын
Энемди алар кийинтип,
Алып барып койнуна
Атакемдин салыптыр.
Чоң-Бээжинден чыкканда

Алты ай атам жол жүрүп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Таш-Көпүрө шаарына
Энемди алып келиптир,
Энемди алып келген соң
Алөөкөнүн Коңурбай
Чай алган кентке барыптыр,
Сараланын энеси,
Желиндеген тору бээ
Токойдон кармап алыптыр,
Бөксө менен желиптир,
Азизканга келиптир:
«Жакшы ат таап берет - деп,
Жакшы багып алгын» - деп,
Тартуу кылып бериптир.
Тору бээнин мойнуна
Алтындан жагоо тагылган,
Энекем менен тору бээ
Кан Манас, экөө бирдей багылган
Тогуз айга толуптур,
Убакты жетип энекем
Тубар чагы болуптур.
Өөдө болсо бели ооруп,
Бүткөн бойдун баары ооруп,
Эки кара саны ооруп,
Толгонуп жатып толготуп,
Чыдабастан боздоптур,
Төрөй албай алты күн,
Омуртка, белин сыздатып,
Толгоосунан түйүлүп,
Төрөй албай алты күн
Чымындай жандан түңүлүп:
«Ажал жетсе өлөм - деп,
Башка келсе көрөм» - деп,
Талаага чыккан жүгүрүп,
Баштадым сөздүн тазасын,
Бирге келген Мажигим
Ошондо бир кытайга бадачы,
Мажиктин жайын айтайын,
Алтымыш кожо соодагер
Бээжинди көздөп келиптир,
Белестен Калча көрүптүр,
Соодагердин баарысы
Коңурбайдан өлүптүр,
Алты жашта Мажигим
Ошондо олжого түшүп келиптир.
Алөөкөнүн Коңурбай
Атакем Азизканга бериптир.
Уй кайтарган Мажигим

Ошондо он жетиге келиптир.
Ошол чакта келгенде,
Береним Мажик кырааным
Бусурман динин унутпайт.
Чыркырап энем бакырып,
Караан кылып Мажикти
Бери кел, - деп чакырып:
«Чачып кетсек жыйгандаш,
Өлүп кетсек ыймандаш,
Атыңдын оозун бура кет!
Ой, уул, муңканган үндү уксаңчы,
Көк булуң өйдө чыксаңчы.
Көгала менен желсеңчи,
Касиеттүү мазардан
Таяк алып келсеңчи,
Токтобостон бул жерге
Тезинен мага берсеңчи».
Мындай сөздү укканда
Мажик чындап желиптир,
Көк булуңдун токойдон
Көздү ачып-жумганча,
Касиеттүү мазардан
Энекемдин колуна
Таяк алып бериптир.
Таякты колго алыптыр,
Кыйкырып үндү салыптыр,
Иши оңолуп жөнөптүр,
Түн ичинде жашынып,
Эч кишиге билдирбей,
Мен шордууну төрөптүр.
Кудай Алмам кылганда,
Куруган энем тууганда
Кулагым учу тешилүү,
Түшүптүрмүн курсактан
Сүннөттөлүп кесилүү.
Карарып жылан бөлүнүп,
Мени жерден алганда,
Менин эки колумдан
Кара кан кеткен төгүлүп,
Курсактан мен түшкөндө
Чекем жерге жетиптир.
Каканчындын Бээжинге
Жетимиш күнү күн жаап,
Жер титиреп кетиптир.
«Албан бала кайсы - деп,
Ааламга бир бүлүктү
Салган бала кайсы» - деп,
Каканчындын Бээжинге
Калаба түшүп калыптыр.

Бала издетип Бээжинден
Балаа түшүп калыптыр.
«Кара мүртөз кытайлар
Көрүп койсо баламды,
Бир балакет салат» - деп,
Мойнума тумар тактырып,
Бир адамга билгизбей
Таятам Соорондүкка бактырып.
Таятамдын бакканы
Үч айга жаңы толгондо,
Менин энем Алтынай
Бээжинге кабар салыптыр,
Буттап алтын зер берип,
Таятамдан алыптыр.
Карачы энем айласын,
Акылынын даанасын:
«Эркек бала туудум» - деп,
Тогуз айга толгондо
Азизкандын алдына
Алып жетип барыптыр.
Аяр ойлоп Азизкан,
Менин асыл энеме
Арам сактап калыптыр:
«Бул ургаачыдан уз болсо,
Бойго жеткен кыз болсо,
Караңгыда көп жүргөн
Калдайдан тууган экен - деп
Керилте кийген көк көйнөк
Кечилден тууган экен» - деп,
Анык болсо чын уулум,
Атпай аалам кытайга
Анык кабар салайын,
Элди жыйып алайын.
Анык болсо өз уулум
Артыкча жакшы багайын,
Арам сийдик бу болсо,
Башын чаап салайын.
Ошондо сынчыларын акырып,
Даңзачысын чакырып,
Күн эсебин эсептеп,
Ай эсебин эсептеп,
Бу катынды алганым:
«Тогуз айга толду - деп,
Бүгүнкү тууган баласы
Чын өзүмдөн болду - деп,
Мындан мурун мен өзүм
Алтымыш катын алдым - деп,
Бала көрбөй калдым - деп,
Өзөндөн аккан булак» - деп,

Азизкан ойлоп, ой кылган,
Ошондо Бээжин чогулган.
Алтын, күмүш чачтырып,
Казына оозун ачтырып,
Каканчындын Бээжинге
Калың кытай той кылган.
Жер жүзүнө той кылып,
Далай кытай тоюнуп,
Түп- Бээжиндин элине
Далай буюм чачылган,
Жерден топо басылып,
Асмандан күн ачылып,
Мага тойду кылганда
Жердин бети оюлган,
Жетимиш жылдык аш кылып,
Жетпеген кытай тоюнган.
Жибектей белим ийилген.
«Азизкан бала көрдү» - деп,
Бүткүл Бээжиндин каны сүйүнгөн.
Менин атам Азизкан
«Өзөндөн аккан булак - деп,
Жетимишке келгенде,
Өлгөндө көргөн чунак - деп,
Менин атам Азизкан
Энеме кошуп өзүмдү
Мапысына салыптыр.
«Ат койдуруп алам» - деп,
Бээжиндеги Карыкан,
Атам ошого алып барыптыр.
Каканчындын Бээжинге
Кырк кандын эли чогулуп,
Кырк күнү кыйын той кылган.
Этегине салганда:
«Атын коюп бергин!» - деп,
Карыкандын алдына,
Менин атам Азизкан
Көтөрүп карап турганда,
Бээжиндин каны Карыкан
Колуна мени алыптыр:
«Оңор бала болбойт» - деп,
Арам сактап калыптыр,
Түптүз кара кудукка
Мени алпарып салыптыр.
Кайран кара кудугун
Калың кытай элинин,
Калайыкка айтайын,
Кудугунун кызыгын.
Кудукка жанды салганда
Каканчындын Бээжинге

Эл болчуну койчу экен,
Эл болбосту салганда,
Такыр өрттөп койчу экен,
Кемелине жеткизбей,
Жаштайында баланын
Далайын кудук сорчу экен.
Кудукка мени салганда
Берилште нурун чачыптыр,
Кудукка мени жеткирбей,
Кудуктун оозун бекитип,
Үзүктөй кара булут басыптыр.
Өлбөй аман калганда:
«Биздин киши болду» - деп,
Кабар берип Каканга,
Кайра тартып алыптыр.
Ошондо туруп Карыкан,
Мен шордууну жактырып,
Өлүп кетер ой кылып,
Зарып кылып дүйнөсүн,
Бээжиндин журту кытайга
Жетимиш күнү той кылып,
Көп ойлонуп калың журт,
«Ойбо» - деп, атым коё албай:
Же: «Шойбо» - деп, атым коё албай,
Кара кытай, калың журт
Болгон экен убара.
Ошол кезде жүгүрүп,
Келген экен көп элге
Ак сакалчан дубана.
«Баланы бере турчу» - деп,
Энекемдин колунан
Алган экен колуна.
Маңдайдан сылап алыптыр,
Атымды «Алмамбет» коюп салыптыр,
«Алмамбет» атым укканда,
Калың жаткан кытайдан
Жөө күлүк кайнап толуптур.
«Кандай ырымдуу жан болду» - деп,
Кармап алып ошондо
Дубананы соёрдо,
Ак сакалчан дубана
Көздөн кайып болуптур.
Алакең, арслан чалдан бата алып,
Атым «Алмамбет» болуп атанып,
Кайра тартып элине,
Келиптир атам жерине.
«Бөлүнгөн канча санаам - деп,
Өлөөрдө көргөн балам» - деп,
Ардактап менин мойнума

Алтындан бутка тагыптыр,
Алтымыш өгөй энекем
Алдейлеп мени багыптыр.
Ошол кезде тору бээ
Сараланы тууптур.
Кунан кезде куушкан,
Курдашым тулпар Сарала
Мени менен бир күнү
Бу да бирге туушкан.
Сарала күлүк тулпарга
Бармактайда баш кошуп,
Биттейимде бириктим.
Ошөнтүп мен, кан Манас,
Кичинемден чоңоюп,
Алты жашка келгенде,
Алдымдагы Сарала
Асый болгон кезинде,
Сараланы токундум,
Бурутка келер ойдо жок,
Кытайча бичик окудум.
Жебегенди жеп жүрдүм,
Кытайлардын Азизкан
Чын атакем, - деп жүрдүм.
Бир кезекте атакем
Каарданып калыптыр,
Каарданып бакырат,
Алты жашка келгенде
Капаланып чакырат:
«Көтөрбөскө чара жок,
Коңкү кытай Бээжинде
Көп жылы жүрдүм баласыз.
Баласыздын артынан,
Көп күйүккөн Бээжинге
Коңурбай иттин дартынан.
Көп көргөнмүн кордукту,
Коңурбай ит Калчадан
Далай тарттым зордукту.
Аман-эсен чоңойсоң
Алган жерим бөлүп бер,
Алың итке келбесе,
Тирүү жүрбөй өлүп кел,
Өлбөй аман сен болсоң
Далай кызык көрүп кел!
Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,
Суук-Төр деген төрүндө,
Аверден деген көлүндө
Алтымыш баштуу ажыдаар -
Анын сырын окуп кел.
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,

Бурганактап шыбыргак,
Кубултуп күндү бузуучу
Жайдын жайын окутат,
Атышка кирсең алдырбас,
Октун жайын окутат.
Алтындан соккон күрмө тон -
Ич этиңден кийип бер,
Айлаң келсе Бээжиндин
Алтын тагын минип бер,
Каканчындын Бээжинди
Кыймылдатпай билип бер!
Каршы келсе Коңурбай,
Ары таман сүрүп бер!
Ажыдаардын алдына
Барган адам көп болгон,
Келген киши жок болгон.
Каканчындын Бээжинден
Калың бала жыйылган,
Окуйбуз - деп барганда
Далай бала кырылган.
Сарала буудан токуп кел,
Ажыдаардын алдынан
Чындап дуба окуп кел.
Жаман болсоң, кулунум,
Эрте барып сен өлгүн,
Жакшы болсоң, кулунум,
Калың жаткан кытайга
Каран салып башына,
Кайта тартып сен келгин!»
Саймалуу тонду кийгизди,
Алты жашка келгенде
Атам Сараланы мингизди.
«Ажыдаарга баргын» - деп,
Алмаңды ага жүргүздү,
Алтындан соккон айдарын
Алдына салып имерип,
Адегенде Бээжинге
Мени кошуп баш кылып,
Алты миң бала ошондо
Ажыдаарга барганда,
Бир жакы башын көтөрсө -
Жамгырдай жайнап от чыгат,
Бир жакы башын көтөрсө -
Каптап жалын чок чыгат.
Алты миң бала чыңырып,
Айласы кетти корккондон.
Өңгөсү калды кырылып,
Ошо балдар ичинен
Ажал жетип өлбөстөн,

Алты бала биз калдык.
Экинчи жылы болгондо
Жети миң бала бир бардык,
Калганы баары кырылып,
Жети бала, мен калдым.
Үчүнчү жылы болгондо
Сегиз миң бала барганбыз,
Сегиз миң бала ичинен
Ажал жетип өлбөстөн,
Сегиз бала калганбыз.
Төртүнчү жылы болгондо
Тогуз миң бала барганбыз,
Тогуз миң бала кырылып,
Тогуз бала калганбыз.
Он миң бала бир барып,
Он миңи бирдей кырылып,
Он бала тирүү биз калдык.
Жер жүзүнөн жүрүштү -
Окуп-билип мен алдым,
Асман менен учаарды -
Каражой уулу Кожожаш
Абыдан билип ал алды,
Өнөрүн чындап токуду,
Менден үч айча артык окуду.
Каражой уулу Кожожаш
Атагы зор Бээжинге
Атанып калар себеби -
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Кытай бузуларда чыгуучу
Казыналык чоң мерген.
Келгендерден кеп угам,
Өлбөй-житпей чочко кул
Сегиз жылга толду - дейт,
Кесик оору, - деп угам.
Кесигинен бул өлсө,
Бизге анык бергени,
Кесигинен айыкса,
Бизге кокуй болгону.
Кесигинен айыкса,
Кезиккен канча кан өлөт,
Келген жандын баары өлөт.
Кожожаштан башкага
Алышкан менен алдырбайм,
Алакандай элимдин
Канатын өрткө чалдырбайм.
Айтканым кесир болбосун,
Жайдын күнүн кыш кылам,
Кийими жука кытайды
Кыңкылдатып кыз кылам.

Кыз кыларлык себебим -
Ич этимден суп көйнөк
Кийип келген болчумун,
Ар арыбын мен окуп,
Билип келген болчумун.
Койчу, бөлөгүн айтып нетейин,
Бу жагын айтып кетейин.
Бээжинде мен болгондо,
Жашым он экиге толгондо,
Казып койгон ор таппай,
Кайнатып койгон шор таппай,
Эч болбосо Бээжинге
Тийише келер кол таппай,
Урунарга тоо таппай,
Урушууга жоо таппай,
Жеткилең болуп элиме,
Желмогуз болдум Бээжинге.
Угуп тур, Манас, кебимди,
Бу жерде мага таарынып,
Кетирмек болдуң эбимди.
Салмак болдуң бузукту,
Кылмак болдуң кызыкты,
Угуп тургун кан Манас,
Бээжинге салган тозокту.
Мен Бээжинде турганда
Акылым төмөн, бала кез
Алтын кылыч, айбалта,
Адейи чыңап кылдырган
Билегимде чалылуу,
Таштан кайра тартпаган,
Темирди соксо качырган,
Ирмегенде кан чыккан,
Катылгандан жан чыккан,
Атакемдин Акболот,
Кынап кында салуулуу.
Бил терисин каптаган,
Билимдүү уста саптаган,
Башына түпөк тактырган,
Казына кылып тийгизбей,
Кайран атам билгизбей,
Бапеселеп бактырган,
Сыртына курч жаптырган:
«Темир кесип кетет» - деп,
Ар шайманын арттырган.
Чымын тийсе чың эткен,
Чертип ийсе зың эткен.
«Корт этме болуп сынат» - деп,
Сары желим ичирген.
Атакем Азизкандын Акболот

Оң колума алгамын.
«Алөөкөнүн Коңурбай
Алым келсе алам - деп,
Ал келбесе өлөм» - деп,
Он экиге келгенде
Сурамакка баргамын.
«Теңдик кылса Коңурбай,
Айткан сөзгө көнөр - деп,
Атакемдин Кан-Жайлак
Кайта мага берер» - деп,
Он экиге келгенде
Сарала оозун жыйгамын,
Коңуруңдун алдына
Кан-Жайлак сурап баргамын.
Азабы өткөн ошондо
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай.
Абайласам абыдан,
Алачыктай чоң Калча
Мыкты болуп кытайга
Болуп калган кези экен,
Алачыктай зоңкоюп,
Арбагы чыгып туш-тушка
Толуп калган кези экен.
Короздой мойну койкоюп,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Акыл кетип бөлүнүп,
Абайласа адамзат,
Жалаңкычтай көрүнүп,
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайын караса,
Элкин жаткан төргө окшоп,
Алайган көзүн караса,
Күүгүм тарткан жерге окшоп,
Алтындан чылбыр жулкунтуп,
Алгара минип булкунтуп,
Алты миң кытай, миң калдай,
Аксакалы Коңурбай,
Кыр-Кайыңдын оюнда
Коңурбайга кол салдым.
Белим кетип мекчейип,
Кайран көзүм чекчейип,
Жебеден мурун жеткемин,
Коңурбай кул - Калчаны:
«Оң далынын бети - деп,
Өпкөнүн төмөн чети» - деп,
Айза менен Калчаны
Жетип муштап өткөмүн.

Ошол кезде Калчага
Ойлонбой кебин салбаган,
Укурук кайрар калбаган.
Октой тийген Сарала,
Алгара экөө сандалып:
«Он эки жашка келгенде
Коңурбайга катылган,
Ойрон бала экен» - деп,
Калың кытай таң калып,
Жер тумандап чаң болуп,
Жердин бети кан болуп,
Өлбөгөн жерде калгамын,
Бир жолу эмес, Калчаны
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Алты жол көмө сайгамын,
Чет-Бээжиндин Эсенкан,
Эсенкандын ордого
Айдап кирип баргамын.
Акыл таппай алактап,
Шашып кирген Коңурбай,
Ажалдан мурун өлөм - деп,
Качып кирген Коңурбай.
Капканын оозун тамандап,
Барган экен ошондо
Эсенкандын алдына,
Мен кургурду жамандап:
«Биздин кылган ишти жүргүзбөйт.
Азизкандын арам сийдик немеси,
Бизди бу Бээжинге тургузбайт!»
Алтынды булап алат ко,
Азапка бизди салат ко,
Бул чочкону тыйбасаң,
Алмадай башын кыйбасаң,
Сан алтынды чачат ко,
Көөнү келсе журт болбой,
Бурутту көздөп качат ко!
Тоодой болгон өзүмдү
Алты кур аттан түшүрүп,
Ажалдан мурун өлтүрүп,
Чукуп коё жаздады
Айнектей эки көзүмдү.
Теги, ушул турсун Бээжинге,
Алгара башын бурбаймын,
Каны болуп кечилдин
Эл четинде турбаймын!
Азизкандын бул уулу
Он бешке келсе ой бербейт.
Качырга жүктү артабыз,
Карап тургун, Эсенкан,

Арам сийдик чочконун
Калабасын тартабыз!
Айдоого кошту коштурбайт,
Кош ууч эгин чачтырбайт.
Каарына бул алса,
Калың кытай көп элди
Корголотуп Бээжинге,
Карыш жерге бастырбайт.
Мунун бастырбастык себеби -
Астындагы Сарала
Токуп келди, - деп уктум,
Ажыдаардын ар тилин
Окуп келди, - деп уктум».
Муну айтып Конурбай,
Айтканына жетиптир,
Эсенкандын астынан
Калча качып кетиптир.
Ал иттигин билбестен,
Айтканына кирбестен,
Мойнумду канга бургамын,
Эсенканга арыз кылып:
«Кырк кандын эли кытайдын
Бир кандыгын бергин» - деп,
Ошондо сурап тургамын.
«Шибээнин канын бер» - десем,
Ороккырга бердим - деп,
Минтип көөнүм калтырды.
Манжуунун канын сурасам,
Эзкарага бердим - деп,
Дагы көөнүм калтырды.
Солоондун канын бер - десем,
Бөрүкөзгө бердим - дейт.
Тыргоот канын сурасам,
Канышайга бердим - дейт.
Калмактын канын сурасам,
Кан Жолойго бердим - дейт.
Калдайдын канын сурасам,
Ыламага бердим - дейт.
Кечилдин канын сурасам,
Коңурбайга бердим - дейт.
Жалгыз көз канын сурасам,
Чоң Малгунга бердим - дейт.
Куйкасы турду курушуп,
Төбөңдөн тийген Эсенкан,
Мени менен урушуп.
«Балам, сенин жашың ушул жыл -
Он экиге келе элек,
Оюңа акыл толо элек.
Балапан жүнүң жете элек,

Балалыгың кете элек.
Кан болор кезиң боло элек,
Башыңа мээ толо элек.
Акылы жок чаласың,
Азырынча баласың.
Астыма келип калыпсың,
Кан экеним билгин - деп,
Шумбулдун ташын кийгин» - деп.
Жарым кан уулу мен болсом,
Айтканын кантип билемин,
Шумбулдун ташын ташсынып,
Кай бетим менен киемин.
Кырк кандын эли кытайдын
Бир канына тең болбой,
Ойлончу, Манас, ушуну
Мен канткенде тирүү жүрөмүн?
Кылычым колго алгамын,
Каканчындын Бээжинге
Ошондо мен Алмамбет
Шумдукту чындап салгамын.
Сарала мойнун бургамын,
Эсенкандай зор канды
Эшикке чыкса соймокко
Сегиз күн аңдып тургамын.
Армандуу дүйнө кантейин,
Сараланын токтугу,
Бээжиндин каны Эсенкан
Ажалынын жоктугу.
Колго тийсе Эсенкан,
Сынабайт белем ошондо
Сарала тулпар күлүктү,
Кезигип калса Эсенкан
Кесип алып бир башын,
Салбайт белем Бээжинге
Адам укпас дүмөктү.
Ордодогу Эсенкан,
Ошону аңдып турганда,
Ургаачыдан уз көрдүм,
Өзү бала секелек,
Он экиге жетелек,
Оймок ооз, бото көз
Ошондой сулуу кыз көрдүм,
Ошол кызды көргөндө
Өрттөнүп кетти жүрөгүм.
Артыкча - деп, Бээжинде
Бурулча - деп жүргөмүн.
Мындай сулуу көргөндө
Жерге кирсин кандыгы,
Кан болгондо Бээжинге

Кай муратка жетейин,
Эсенкан кызы Бурулча
Тилимди алса, ушуну
Колукту кыла кетейин!
Сарала санга бир салдым,
Эсенкан кызы Бурулча
Эмчегине кол салдым.
Айтканыма көнгөн жок,
Эмчегин мага Бурулча
Карматышка көнгөн жок.
Колукту кылам десем да,
Көңүлүн мага берген жок.
Ошондо Бурулча кыз муну айтат,
«Бурулуш жерден жер тапкын,
Адал болсоң Алмамбет,
Бусурмандан эл тапкын.
Чын бусурман болгондо
Анан сага тиейин.
Кара динден ак болчу,
Капырдан качып жат болчу,
Кайра тартып келгенче,
Ак жүзүңдү көргөнчө
Кара чачым түйөйүн,
Ыслам кеткен Алмамбет
Качан аман келет - деп,
Сени күтүп жүрөйүн.
Буйрук болуп кошулсак,
Мойнуңа колум артайын.
Бусурман жаман дин болсо,
Таңда магшар күнүндө
Кара эшек болуп, ошондо
Азабыңды тартайын.
Нурдун уулу сен элең,
Нурдун кызы мен элем.
Ошол чактан, ушул чак
Олтура калып ийбейсиң,
Бусурман динин билбейсиң.
Алмамбет, ат байлаган такырсың,
Колу менен жаратып,
Колону кудай деп айткан,
Дин билбеген капырсың.
Бусурман болуп мени алсаң,
Эмгегим эмес, өзүңө
Кара башым садага.
Капырдын канча каны чогулуп,
Эмгегим эмес, Алмамбет,
Этегимден садага!»
Муну айтып Бурулча,
Катырды менин шорумду.

Жулкуп, силкип ыргытты,
Эмчектеги колумду.
Бурулча айтып бир сөздү,
Көөдөнгө салды кир сөздү.
Бурулча кебин уккан соң,
Баралбастан сандалдым,
Бусурман болоор ойдо жок,
Секелек кыз балакет,
Эминени айтат - деп,
Өзүмдөн өзүм таң калдым.
Кызы да душман болду - деп,
Ичим күйүп чок болду,
Азабынан бу кыздын
Бурулча антип токтолду.
Эки миздүү курч болот,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алдым кабынан.
Кылычты колго алганда,
Эсенкандын Бурулча
Кыйла бүлүк салганда,
Башын чаап иймекке,
Умтулуп жетип баргамын.
Бурулча качты чыркырап,
Башынан дөөлөт кетпеген,
Кырк баатыры жетпеген,
Эсенкандын ошондо
Темирден кылган дарбаза,
Кылыч менен чапканда
Быт-быт болду быркырап,
Каарымды катуу көргөндө,
Эсенкандын ордого
Качып кирди чыркырап.
Койчу, Манас кабылан,
Он экиге келгенде
Сарала ичин ачырдым,
Эсенкан менен Коңурбай,
Экөөн сүрүп ошондо
Чет-Бээжинден качырдым.
Калышканда туткунда,
Качып кетип Эсенкан,
Карыканга барыптыр.
«Чет-Бээжин элин кырды» - деп,
Карыканга жамандап,
Мени ушак кылыптыр.
Мунун айткан кебине
Бээжиндеги Карыкан
Ишенип, кокуй болуптур.
Кудай бетин көрсөтпө,
Каканчындын Бээжинге

Чоң буйрукту бериптир.
Канчалык дөө, алптардын
Бирин койбой жыйыптыр,
Алптын атын айтайын:
Кулагы темир Кутан алп,
Маңдайы темир Маңкүш алп,
Чоң Ылама калмагы,
Чоң Жолойдой балбаны,
Ошонетип Бээжинге
Мен шордуунун айынан,
Дүмөк түшүп калганы.
Жөө күлүктөн миң киши
Алкым менен жетиптир,
Канжарколдон миң киши
Тегеретип келиптир.
Өңкөй алптын баарысы:
«Кан буйругун көргүн - деп,
Он экиде balaңды
Эми бизге бергин» - деп,
Тегеректей бериптир.
Канга кытай чогулуп,
Тойбой турган болгон соң:
«Кан буйругу ушул - деп,
Камап келген көп кытай
Кан атама мендейин
Койбой турган болгон соң,
Өзөндөн аккан булак - деп,
Оёнум, ойрон Алмамбет
Өлгөндө көргөн чунак» - деп,
Атакем байкуш Азизкан
Ыйлап турган буркурап,
Алтымыш катын, шордуу энем,
Алар да боздоп чыркырап.
Келип калган балбандар
Ызы-чуу болгон элимдин
Аккан жашын көргөн жок.
Таш-Көпүрө калаасын
Мекен кылдык жер жайлап,
Он экиге келгенде,
Кандан келген көп киши
Атам менен энемдин
Айтканына көнбөстөн,
Айдап кетти кембайлап.
Мени айдап жүргөндө,
Кырк капкалуу Чоң-Бээжин
Кыйла-кыйла жол экен,
Калдайган кара Бээжинди
Ээлеген кытай зор экен.
Кээ бир жерин карасам

Айлана жаткан көл экен,
Кээ бир жери суусу жок,
Кырк күнчүлүк жол экен.
Ошол чөлгө барганда
Артымдан ушак кеп уктум:
«Алтымыш катын шордуу энем,
Алмамбет - деп, күйүттөн
Кырылып кетти», - деп уктум.
Алтымыш энем өлгөн соң,
Ичим күйүп чок болдум.
Ал кабарды уккан соң,
Өлө жаздап кайгыдан
Алмамбет араң токтолгон.
Жүргөнүм түз жер, шамал жок,
Кытай менен кырылышып кетерге,
Ойдо турат, амал жок
Уй куймулчак Сарала
Ушундан бөлөк буудан жок.
Уясын бузуп өтөргө,
Түбүнө мунун жетерге
Ошол чакта кан Манас,
Жалгыздыгы курусун,
Өзүңдөй менде тууган жок.
Өзүңдөй тууган бар болсо,
Кытайга кыргын салбаса
Алмамбетке убал жок.
Эр жалгызы курусун,
Жапааны көрдүм кытайдан.
Айдабай дөөлөр коёбу,
Көөнү келсе мендейди
Айдап барып соёбу.
Санаадан ичим бүгүлүп,
Айдалып кеттим Бээжинге
Жалгыз жандан түңүлүп,
Барып кирдим эшиктен,
Балакет баскан тешиктен.
Кызыгын укчу, кан Манас,
Кырк эшиктүү Бээжиндин.
Бир эшигин карасам,
Күн батыш беттеп ачылган.
Мукамбеттин үмөтү
Баракети тиет» - деп,
Нур төгүлүп, асмандан
Теңирдин нуру чачылган
Бээжиндин каны Карыкан,
Казына кылып бактырып,
Мен Алмамбет шордуунун
Көңүлүнө жактырып.
«Ой, Алмамбет, кулунум,

Сенин тилегениң кан болсо,
Мен Бээжинде туруп нетейин,
Башымда алтын таажымды,
Алдымда алтын тагымды
Сага берип кетейин,
Сакалымдын агында
Канча жылы кан болдум,
Сага бербей тагымды,
Мен кай муратка жетейин!»
Башында алтын таажыны
Амал менен кийгизди,
Алдындагы алтын так,
Мени өлтүрүшкө мингизди.
Айла кылып Карыкан
Калкын мага билгизди.
Жаныма болду бул баана,
Түшүмө кирди ошондо
Жалаң аяк дубана.
«Алтын таажы кийбегин,
Алдап турат Карыкан,
Алдына такты минбегин.
Алтын тактын түбүндө
Алтындан көчөт зор килем,
Кырк жыл сууга чыласа
Кылт этип жүзү оңбогон,
Бул Бээжиндин алтын так,
Өңгөгө асип болбогон.
Тараза жылдыз батарда,
Таң сөгүлүп атарда,
Ишенбесең ачып көр,
Алтын көчөт килемди,
Казып койгон алдында
Кырк кулачтай ору бар.
Кан ошондой болорбу,
Алтын таажы, асыл так,
Минген киши оңорбу.
Каптал жагын карасаң,
Канаттуу учуп каттагыс,
Кулан чуркап аттагыс,
Алмас болот темирден
Согуп койгон тору бар,
Андан ары карасаң,
Алышканын койбогон,
Жеке жесе чочкону
Бир сапарда тойбогон,
Мадыкандай зору бар.
Бээжинге салган тамы бар,
Адейи сени соймокко,
Камдап койгон кытайдын

Мадыкан деген заңги бар.
Ошонун баарын көрөсүң,
Каканчындын Бээжинге
Жыйырма күнү кан болсоң
Амалсыз Алмаң өлөсүң!» -
Деп ошөнтүп айтканда
Уйкудан чочуп ойгондум,
Көргөн түшүм ойлондум.
Казып койгон терең ор,
Коо болору чын экен,
Акыл таап Карыкан
Калың кытай чогултуп,
Жоо болору чын экен.
Жоо болмокко себеби
Балбандарын шайлаган,
Темирден кармап тор тартып,
Былкылдашып кеңешип,
Бүткүл кытай кол тартып,
Чоң-Бээжин четин чеп кылып,
Койгон экен кытайың
Чыгар жолду бек кылып.
Өлтүрмөккө Алмаңды,
Алда канча көп кытай
Бичигин коюп шерт кылып,
Калың эли дүңгүрөп,
Кол менен соккон бутуна
Табынышып балдырап,
Ошол кезде Бээжинге
Кытай кайнап толуптур,
Барганыма Бээжинге
Он тогуз күнү болуптур.
Ошол чакта кытайдын
Чагаан айы толуптур.
Чагаан айы болгондо
Кырк кулактуу жез казан
Көчөгө асып коюптур.
Ал казандын ичине
Кырк качыр менен кырк чочко,
Кырк мышык менен кырк итти
Союп келип салыптыр.
Ар айбандан кырк-кырктан,
Алып келип туруптур.
Алачыктай жез буркан
Аса байлап койчу экен,
Буркандын айланасына
Кайнап кытай толчу экен.
Колу менен жаратып,
Колосун теңир дей берип,
Колоң чачтуу көп кытай

Убара минтип болчу экен.
Бээжиндеги коргонго
Чагаан күнү болгондо,
Айткан сөзүм зар эле,
Энекемдин алдында
Аш кайнатып берерге,
Кызматчы кытай бар эле.
Жетип келди жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тооп кылды кытайча
Бир канчалык жүгүнүп,
Колума жазуу кат берди,
Ылдамдатып бат берди.
Кытайча жазган кат экен,
Катын окуп карасам,
Энекем, Алтынай деген ат экен.
Энекем, ыйлап-зарлап кат жазган,
Кат ичине кеп жазган.
Кебин окуп карасам,
Кагылайын энекем,
Мына ушундай деп жазган:
«Беш аркар жылдыз батканча
Беш толгонуп эмизген,
Берениm Алмам, жалгызым,
Алты аркар жылдыз батканча
Алты айланып эмизген,
Тар курсагым кең кылып.
Таш эмчегим бошоткон,
Өзөндө аккан булагым,
Өлөрдө көргөн чырагым,
Бээжинге туруп нетесиң,
Кемелиңе келбестен,
Кечикпей өлүп кетесиң.
Ыйлап-боздоп кат жазган
Энекең эми өлдү - дейт,
Кызматыма келгин - дейт.
Мендей кара бейбакты
Колуң менен көмгүн» - дейт.
Бул кабарды укканда
Абадан булут бүркөлүп, Манас,
Башыма алтымыш санаа бир келип,
Бул кабарды укканда
Бурулуп кайнайт кызыл кан,
Кембайланып мен турсам
Тутамга келбейт кайран жан.
Алтымыш энем анда өлсө,
Өзүмдүн энем Алтынай
Күйүтүнөн эми өлсө,
Бээжинге келип конупмун,

Каканчылуу кытайдан
Канча атасын сойсом да,
Өрт өчкөндөй болупмун.
Бу кабарды мен угуп,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Таш сайынган кытайдын
Талкалап канын төгөйүн,
Бүгүндөн калбай, мен шордуу
Энемди жетип көрөйүн.
Кытайдан келген кордукту
Башыма келсе көрөм - деп,
Бээжиндин каны Карыкан,
Колума тийсе капырды
Суудай канын төгөм - деп,
Бура тартып кайран жан,
Буладай белим ийилип,
Карыкандын алтын так,
Аны көздөп түйүлүп.
Карыкандын алтын так,
Айланта тиккен чынар бак,
Достум, Манас, туйгунум,
Каарыма чыдабай,
Кыйрап кетти чынар бак.
Чынар бактын түбүндө
Так кайтарып олтурган,
Карыкандын кырк сакчы,
Кырк сакчыны сойгомун.
Бирин тирүү калтырбай,
Баарын кырып койгомун.
Алмамбеттин шоктугу,
Арманым калды, кантейин,
Карыкандын жоктугу.
Алты канын өлтүрүп,
Салып чыктым дүмөктү.
Карыкандын сыр бараң,
Алып чыктым бөлөк - деп.
Карыкандын жай ташын,
Ала чыктым ошондо
Кайран жанга керек - деп,
Тизем жерге бүгүлүп,
Эшикке чыктым жүгүрүп,
Каршы алдымда Сарала
Турган экен токулуп.
Ыргып миндим түйүлүп,
Үстүмдө жарак ийилип.
Дарбазасын уратып,
Талак кылып бутумду,
Таштап кытай журтумду
Сарала менен чуратып.

Ошол кезде түш өтүп,
Күн батышка кыйшайып,
Асмандагы жарык күн
Ооп калган кези экен,
Күрпүлдөгөн шор экен,
Таш-Көпүрө, Бээжин арасы
Кырк күнчүлүк жол экен.
Мен Бээжинди кыйратып,
Түш ооганда кеткемин.
Күн уяга батаарда,
Энекеме жеткемин.
Себеп болуп теңирден
Кудай нурун чачты - деп, -
Кырк күнчүлүк Таш-Көпүрө,
Ушул кезде ойлоном,
Жебирейил берiште,
Жер танабын тартты - деп.
Кырк күнчүлүк кыйын жол,
Кыйын күлүк Сарала,
Жарым күндө басты - деп.
Булаарып атым өлөт - деп,
Жал-куйруктан ажырап,
Көрбөгөндү көрөт - деп,
Ыйык жалын кармасам,
Чылбырдай болгон жалы бар,
Сарала күлүк жаныбар,
Өзүн өзү байлаган.
Ошо күнү Сарала,
Уча турган кези экен.
Күн батаарда кылкылдап,
Энекеме баргамын,
Азизкандын чоң түркүк
Айланта чылбыр чалгамын.
Өлдү десем, тирүү экен,
Тирүүлүгү курусун,
Кайгы тартып кападан
Өлгөн жандын бири экен.
Энекемди көргөндө
Мойнумду созуп бурбадым.
Бусурман болор ойдо жок,
Мурунтан кытай шордуу жан,
Тизе бүгүп ийилип,
Кытайча таазим кылгамын.
Алтынай кайран энекем,
Ак жүзүмдү көргөн жок.
Бура тартып булкунуп,
Тескери карап жулкунуп,
Эсендикке келген жок.
Аяк куюп, аш бербей,

Аш эмес кара таш бербей.
Таш-Көпүрө коргондо,
Эл жатар кезек болгондо
Ак мамыкты жаздады,
Кыбылага баштады.
Энекем төшөк салды, мен жаттым,
Уйкуга көзүм илинсе
Күнгө келип жатыпмын,
Жатып алып түшүмдө
Кара динден ак болуп,
Динге кирип жатыпмын.
Аса таяк колумда,
Ак селдем бар башымда,
Жыңайлак чуркап аяндым,
Мендесине бербесин,
Балакет жолго таяндым.
Басайын десем чыркырап,
Кайран буттун баарысы
Тиземе чейин суурулду,
Баспайын десем чыркырап,
Чымындай жаным куурулду,
Оң жагымды карасам,
Ыймандуу жигит өлбөсүн.
Менин көргөн жапаамды
Адамзатка бербесин,
Сол жагымды карасам,
Жети эшик көрүнөт,
Жети эшикти көргөндө
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Бара көрөм дегендер,
Балбансыган берендер,
Адам акын жегендер
Аадан жаткан жайы экен,
Абайласам ошондо,
Азаптуу дозок ал экен.
Алда кылды убара,
Ал аңгыча кезикти
Баягы аксакал - чал, дубана.
Өөдө-төмөн туйладым,
Маанисин чечип бергин - деп,
Дубанадан сурадым.
Дубана туруп муну айтат,
Авал ыйман айт, уулум,
Ушунчаңда Алмамбет,
Ыслам динге кайт, уулум.
Бүгүн көргөн, эртең жок,
Алаксытып ушинтип,
Алдап жүрөт дүйнө шок!
Ой, балам, оң жагыңды карачы,

Салган сарай, салкын үй,
Кошоктошкон кош алма,
Колтукташкан сулуу кыз,
Мунун жайын айтайын,
Салган сарай, салкын үй
Ыймандуу кулга буйрулган,
Бусурман жатар жай ошол.
Кошоктошкон көп алма
Жесе суусун кандырган,
Бусурман жээр даам ошол.
Колтукташкан сулуу кыз,
Ыймандуулга буюрган,
Күндө жатса күндө кыз,
Таңда магшар күнүндө
Бусурман алар зайып ошол.
Мейлиң, капыр бойдон өт, балам,
Сол жакы сайга кетесиң,
Бусурман болуп сен өлсөң».
Ушуну айтып дубана,
Көздөн кайып болгону,
Уйкудан чочуп ойгондум,
Оң жагыма толгондум.
Уйкуда көргөн түш экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Таң кашкайып сүрүптүр,
Жерге жарык кириптир.
Менин энем Алтынай
Жайнамазды жазданып,
Кыбылага баштанып,
Көп кызыкка батыптыр.
Бусурманча энекем
Амаз окуп жатыптыр.
Көңүлүм жаман бөлүнүп,
Башында кытай курган жан,
«Көчүк-башын тоңкойтуп,
Кандай амаз окуйт» - деп,
Көзүмө жаман көрүндү.
Окуп амаз турганда,
Жайнамазын жыйганда,
Айтып бердим ишимди,
Сүйлөп бердим энеме
Түндөгү көргөн түшүмдү.
Ошондо энекем туруп муну айтат:
«Ой, балам, нурдун зайыбы мен элем,
Орою актан жаралган,
Нурдун уулу сен элең.
Кечигип туруп кытайга
Не муратка жетесиң,
Чачымдан кармап каран түн,

Мени тиги дозокко
Кошо сүйрөп кетесиң.
Ой, айт уулум, айт уулум,
Атыңдын оозун тарт, уулум,
Ак сарайга бар, уулум,
Боюңду сууга сал, уулум,
Андан кийин келгин - деп,
Энеңдин жүзүн көргүн» - деп,
Аптамага толтура
Сууну берди колума.
Болоттон кылган устара:
«Алды-кийниң тазалап,
Андан кийин келгин» - деп,
Аны да берди колума.
Ошондо энекем кууду, мен чыктым.
Ак сарайга баргамын,
Боюм сууга салгамын.
Болоттон кылган устара
Алды-кийним тазалап,
Анан кийин энеме
Кайта басып келгемин.
Аппак жүзүн энемдин
Анан кийин көргөмүн.
Достум, Манас, кабылан,
Алдыңда турган мен Алмаң
Минтип динге киргемин.
Кыяматтын барынан,
Кыл көпүрө айынан,
Кылчайбай келдим элиме.
Кан Манас, талак кылдым бутумду,
Таштадым кытай журтумду.
Чачып келдим жыйганды,
Издеп келдим ыйманды.
Калкымдан качтым капыр - деп,
Кааладым динди жакын - деп.
Көңүлүм жаман калтырдың
Көзүмө мени капыр - деп.
Муну мындай таштайын,
Кырк кандын эли көп кытай
Кыйрашкан жерим баштайын.
Будурмактан жер таппай,
Бурулушар эл таппай,
Каңгайга бардым курган жан.
Каңгайдын канын үндөдүм,
Бусурман бол, -деп сүйлөдүм.
Каңгай болбой койгондо
Каңгайдын канын өлтүрүп,
Кайта тартып келгемин.
Койчу, Манас, кабылан

Асмандан күнүм бүркөлөт,
Кең Бээжин эске түшкөндө
Башыма алтымыш санаа бир келет.
Бээжинде кытай токтугу,
Берен Алмаң султанга
Медерлеш тууган жоктугу.
Айтканым сизге зар болсо,
Ушу турган кытайды
Миңге бөлүп жиберип,
Бирөөндө эле алардын
Мени ээрчир бар болсо,
Күчөтпөйт белем кебимди,
Бөлбөйт белем чегимди.
Талак кылып бутумду,
Кантип таштап кетейин
Калың кытай журтумду.
Мен шордуунун шогунан,
Бээжинден безип келгемин,
Медерлеш жолдош жогунан.
Бусурман диним мен издеп,
Нечен канын сулаттым,
Каканчындын Бээжинден
Бусурман динин табалбай,
Канча сулуу катын, кыз
Чыркыратып ыйлаттым.
Канча-канча кытайдын
Зубундарын сулаттым,
Беттешип келген кытайдын
Нечен эрин кулаттым.
Сарала менен желгемин,
Энекем Алтынайга келгемин.
Ошондо энекем мага муну айтат:
«Жалгызым,
Бээжинге согуш баштаба,
Жолдош кылып ала көр,
Мажигиңди таштаба!
Кытайдын тонун айла жок
Кийип жүрөт Мажигиң.
«Алакем качан келет» - деп,
Күйүп жүрөт Мажигиң.
Таштап кетсең Мажигиң.
Наадандыгын билбейсиң
Айтылмыш чын болсо:
«Ит экен го» - дебейби,
Акыретке барганда,
Сени, кара эшек кылып минбесин.
Бээжинге согуш баштаба,
Бээжин менен согушсаң,
Мажикти асты таштаба.

Кең көчөнүн боюнда
Уй кайтарган Мажик бар,
Тилимди алсаң барып кел,
Адал диндүү Мажикти
Жолдош кылып алып кел.
Уй кайтарган Мажигин,
Кембайлаган кытайга
Кешиги жок эр ошол,
Кек кылышсаң Бээжинге,
Жолдош кылар шер ошол,
Орою актан жаралган,
Ыслам журттун эли ошол.
Бу Мажиктин маанисин
Энемден угуп алгамын,
Чыдай албай ич күйүп,
Кең көчө ылдый салгамын,
Кең көчөдөн өткөндө
Уйдун баары сайгактап,
Кире качып суу-суугa
Ыктап калган кези экен,
Көк ала атын жоорутуп,
Кайран Мажик кырааным
Уй кайтарып кытайда
Көңүлүм жаман оорутуп,
Калмак ээрин жазданып,
Уктап калган кези экен.
Көрсөм Мажик өзү экен,
Майлуу кара тону бар,
Баржактаган Мажигиң
Кадимки калмак өзү экен.
Эр Мажикти көргөндө
Бусурман мындай болобу,
Ушуну бусурман деген оңобу,
Кашайтып көзүн оёюн,
Кажырларга той кылып,
Кара калмак Мажикти
Ушу жерде соёюн.
Эки миздүү кылычты,
Кынынан сууруп алгамын.
Башын чаап иймекке,
Мажикке жакын баргамын
Уйкудан Мажик ойгонуп,
Туйлап турду толгонуп,
Салам берди буркурап.
Мажиктен салам укканда
Эриди сөөгүм быркырап.
Салам берип сабылып,
Мажик турду ошондо,
Мен шордуугa жалынып:

«Уялуу журттан айрылып,
Уй кайтарган мен кандай?
Ороюң актан жаралып,
Мен бакытсыз Мажикти,
Ойлобой жүргөн сен кандай?
Караңгы кандай, түн кандай,
Бусурман жетер күн барбы ай!
Бусурманга барганда,
Өлө турган күн барбы,
Өбөктөшүп өкүрүп,
Өңкөй бүткүл бусурман,
Көмө турган күн барбы?»
Баатыр, көк жал Манас кан,
Мажиктин кебин укканда,
Заманым жаман кысылган.
Уй кайтарган бададан
Жеке Мажик эр эмес,
Кырк чоро жыйдым кабылан.
Эр Мажикке кошулуп,
Кырк арслан мага табылган.
Кырк чоро жыйып алганда,
Баарын таптап бой кылдым,
Коңурбайга кылмакка
Чындап, достум, ой кылдым.
«Кокустан, кытай менен кагышсам,
Коңурбай менен чабышсам,
Караа кылган кырк чоро
Минип жүрөр аты жок,
Урушка киер тону жок,
Кырк чоромду кытай кармап алабы,
Киерине тону жок,
Кыргын болуп калабы?» -
Мен ошондо муну ойлоп,
Сарала санга салгамын,
Кытайдын мыкты каны эле,
Ай Жаң-Жуңга баргамын,
Кырк чоронун артынан
Ай Жаң-Жуңду буздум кыйратып,
Ит-Өлбөстүн белинен
Эки миң эрин сулатып,
Кытайга салдым бүлүктү,
Айдап чыктым ошондо,
Кырк чоро минер күлүктү.
Кээ бирине мингиздим,
Карабайыр казанат,
Кээ бирине мингиздим,
Калбыр өпкө, жез канат.
Кээ бирине мингиздим,
Кулжа моюн, тоо элик

Кээ бирине мингиздим,
Аркар моюн, жез билек.
Кээ бирине мингиздим,
Капкан соору, үкү аяк,
Кээ бирине мингиздим,
Буура көкүл, орок баш.
Кээ бирине мингиздим,
Кулан аяк, бото көз.
Кызыл найза, курч болот,
Кыначудан мингиздим,
Кырк күн бирдей согушка
Кылт эттирип суу ичпей,
Чыдачудан мингиздим.
Кош бадана, торгой көз,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Тон жакшысын кийгиздим,
Ирмегенде тартпаган,
Чапкандан кайра кайтпаган,
Ач болот бердим колуна,
Атышса кумар жазучу
Айдыңынан баталбай,
Нече миң душман качучу
Мылтыгын илдим жонуна.
Учун ууга сугарган
Айзаны бердим колуна,
Өлөйүн, - деп ойлодум,
Кырк чоромдун жолуна.
Катылайын, - деп жүрдүм,
Какайлаган кытайдын,
Калың сансыз колуна.
Сарала оозун бургамын,
Карыкандын жай ташты,
Бир чөйчөктө кара суу,
Суф дедирип ургамын.
Жердин башын каккылап,
Үзөңгүнү чапкылап,
Үч кыйкырып, үч үйлөп,
Үч ышкырып турганда,
Кабагым бүркөп калганда
Асмандан булут сабоолоп,
Жердин бетин камоолоп,
Асмандан булут тумчулап,
Алек болуп жаанга,
Учуп кетти асманга,
Канча кытай чыркырап.
Карагай кулап, тоо учуп,
Катуу бороон жүргөндө
Аскар бийик зоо учуп,
Үйүн көздөп көп кытай,

Үйүр менен жарышып,
Өлө берди көп кытай,
Үйлөрүнө жете албай,
Дарбазага жабышып,
Жады окуп кытайдын,
Жайы күндү кыш кылдым.
Кийими жука кытайды
Кылчылдатып суукка,
Кыңшылатып кыз кылдым.
Айла менен жай жайлап,
Күнүн, түнү - отуз күн,
Ойрон болгон кытайды
Ошөнтүп мен кыргамын,
Кызыталак кытайга
Кызык кыргын салгамын,
Маңдайыма ээрчитип,
Кырк чорону телчитип,
Энекеме баргамын.
Энекем турду чыркырап,
Эки көздөн аккан жаш
Кан аралаш шыркырап:
«Бээжинге согуш баштаба,
Бээжин менен урушсаң
Энеңди тирүү таштаба.
Көрүмдү кенен оюп кет,
Эмчегимден бир жыттап,
Энекелеп өкүрүп,
Өз колуң менен коюп кет.
Бурутка качып сен кетсең,
Бейпайга түшүп мен калсам,
Кытайлардын капырлар,
Чогулушуп албайбы,
Өз动 динниче көп кытай,
Сандыгына салбайбы.
Кемерче кылып ойбойбу,
Кечили окуп балдырап,
Тигимден көмүп койбойбу.
Акыры бир күн өлөмүн,
Сандыктан туруп сандалып,
Суракчылар келгенде,
Мен ошондо каран түн
Эмине жооп беремин?» -
Энекем мындай дегенде,
Сарала оозун жайгамын,
Көк булуңдун токойдон
Сараланын энеси
Тору бээ кармап алгамын.
Сараладай күлүктүн
Чап олоңун бек тартып,

Куюшканын кыскартып,
Ок өтпөстөн кийгиздим,
Тору бээге мингиздим.
Жыйнап алган зар алтын
Чачайын - деп, ой кылдым,
Талак кылып Бээжинди
Качайын - деп, ой кылдым.
Качам десем, болбоду,
Энекем мени торгоду:
«Атаң Азизканга баргын - деп,
Тилиңди алса атаңды
Бусурман динге салгын - деп,
Бусурман болсо атаңа
Кожолордон жыйып кет,
Колуң менен кулунум,
Мени атаңа ике кыйып кет.
Азырынча кулунум,
«Качам» сөздү баштаба.
Качар болсоң кулунум,
Азизди тирүү таштаба.
Тилиңди алса Азизкан,
Ата кылып алып кел,
Тил албаса атакең,
Так үстүнө жарып кел.
Өлтүрсөң кокус атаңды,
Башын кесип байланып,
Мени көздөй жанып кел».
Ушул кепти укканда
Ээлигип турган курган жан,
Эки көзүм жайнатып,
Астымдагы Сарала
Эр Мажикке карматып,
Саринжини жамындым,
Айбалтамды таяна,
Чуркап кирдим ордого,
Тегиз тиккен багына,
Темитип чуркап киргемин
Атакемдин тагына.
Менин атам Азизкан
Кытайдын мыкты каны экен,
Атакемди курчаган
Миң желдети бар экен.
Ошол чакта Азизкан
Карып калган чагы экен.
Баланын иши кыйын дарт,
Канетсин кары атакем,
Мени бир көрүшкө зар экен.
Тагына кирип барганда
Тагын таштап дардайып:

«Алмамбет, балам ботом» - деп,
Жалынып турду арбайып.
Тырмак менен чачымдан,
Сылап маңдай кашымдан,
Жалынып турду атакем,
Сыйпап менин башымдан.
Атакем антип турганда,
Келем шариф куранды
Сууруп алдым койнумдан,
Кармап туруп, - деп айттым:
«Куран деген, кат таптым,
Кудай - деп, жалгыз ат таптым.
Менин айткан сөзүмдү
Билесиңби, атаке!?
«Бысмылда» - деп, - ак динге
Киресиңби, атаке!?
Бүгүн көргөн эртең жок,
Опсуз жалган бу чиркин,
Алдап жүрөт дүйнө шок.
Адал болгон ак динди
Баштайлыбы, атаке!
Кара динде кытайды
Таштайлыбы, атаке?
Бусурмандын ак динин
Коштойлубу, атаке?
Жүргүн, ата, тилендим,
Бу жерге туруп нетели,
Күн батышта бурут бар,
Ошого кирип кетели».
Муну угуп ошондо,
Безге сайган эмедей,
Ыргып кетти кан атам.
Оңбос атам оңгон жок,
Оңураңдап болгон жок.
«Балам, бу кытайды таштаба,
Башка жолду баштаба.
Бизге, белгилүү Бээжин жер жакшы,
Бурутуң менен куруп кал,
Буруттан кытай эл жакшы.
Тескери жолду баштайсың,
Казынаң толгон карк алтын
Каран кимге таштайсың?
Ой, балам, бурут болгон оңобу,
Бурут келип элинен
Бизге кытай болобу?
Кырчоону кылдан эштирип,
Жашы үчкө келгенде
Бүтүн жерин кестирип,
Ошондой адам болобу,

Бурут болгон оңобу?
Алмамбет, өлөрдө көргөн чунагым,
Сары талдан сайдырган,
Талыңды кимге таштайсың?
Сары алтындан жасаткан,
Тамыңды кимге таштайсың?
Адырда жылкың алты сан,
Малыңды кимге таштайсың?!
Бекер жакка ашпагын,
Жаман жолго баспагын!»
Муну айтып атакем
Дүпө-дүпө жөтөлүп,
Кол менен кылган колосун
Барбалактап атакем
Алып келди көтөрүп,
Кирбей менин сөзүмө
Атам шору кайнады.
Кыйкырыкты салгамын,
Сол кол менен бир чапчып,
Колодон соккон бурканын
Колунан тартып алгамын.
Жулуп алып кудайын,
Мундай сөздү салгамын:
«Колуң менен жасаган
Колоң кудай болобу,
Ушуга карап ишенип,
Жашаган адам оңобу?!
Макул ата,
Кудайың болсо болсун - деп,
Анык кудай бу болсо,
Мени эшиктен чыгарбай,
Астыңдан мени сорсун» - деп,
Колумдагы бурканды
Казандай болгон кара таш
Алып уруп чапкамын,
Сол бутум менен тебелеп,
Жерге жанчып баскамын.
Басайын десем жол барбайт,
Чабайын десем атамды,
Ата деген аты бар,
Өлтүрүүгө кол барбайт.
Тизем жерге бүгүлүп,
Атама колум баралбай,
Эшикке чыктым жүгүрүп.
Ошондо уй куймулчак тору бээ
Энекем минип турган кези экен,
Билегине алмас курч
Илип турган кези экен,
Чурап чыга калганда

Энем деди мындай кеп:
«Алмамбет, нурдун уулу сен элең,
Кулунум, нурдун зайыбы мен элем.
Олтура калып сийбеген,
Жеңи жерге тийбеген
Капыр ата болобу?
Кайырдинде капырды
Ата деген оңобу?
Дини кара чирикти,
Кестирбеген бүрүктү
Ата деген оңобу?
Кайра барып кулунум,
Тулку боюм тунугум,
Тунжурдан артык туйгунум,
Эки көзүн оюп чык,
Так үстүнөн атаңды
Дал-дал кылып талкалап,
Ордосуна союп чык,
Бул айтканды кылбасаң,
Менин тилим албасаң,
Эмчегим сүтүн ак кылам,
Эки жаан дүйнөдө
Эгемден сени жат кылам,
Таңда магшар күнүндө
Тамандап басып талкалайм.
Жетиген жылдыз батканча,
Жетилип таң атканча,
Жети айланып эмизген,
Ак сүтүмдү бергин - деп,
Шерменде кылып калыкка,
Жибербей сени саксактайм».
Кагылайын энекем,
Кара алакан камчысын
Кармап алып имерди:
«Казыр союп чыккын - деп,
Канга башын тыккын» - деп,
Камчыга алып жиберди.
Азизкандын айынан,
Энекем салды сонунду,
Айра чапты мойнумду,
Айрык жерден кан чыгып,
Толтурду канга койнумду.
Кайра кирдим сабылып,
Кетели - деп, бурутка
Атакеме жалынып,
Жалынганга болбоду,
Болбогон соң оңбоду.
Жана айтса жана кеп,
Жана айтып беремин, Манас,

Жана кытай деди - деп,
Атакем турду арбайып,
Алиги коло бурканын
Кайта дагы түгөнгүр,
Көтөрүп келди дардайып.
«Атаке, өз убалың өзүңө,
Өлсөң кирбей койдуң го,
Менин айткан сөзүмө!
Айтканыма болбодуң», -
Деп, ошондо колунан,
Колодон соккон кудайын
Дагы жулкуп алгамын.
Басайын десем жол бербейт,
Канетсе да ата - деп,
Тик чабышка кол барбай,
Жанымда болот алмасты
Кармай калдым сабынан,
Сууруп алдым кабынан,
Кыя тартып имердим,
Кынай кармап атамды
Алтын тактын үстүнөн
Тескери шилтеп жибердим.
Жылдыздай көзү жалтырап,
Чарадай болгон кайран баш,
Алтын тактын үстүнөн
Кулап кетти калдырап,
Мүдүрүктөп айтканы
Билинбеди балдырап.
Алтын тагын кан кылдым.
Айткан тилим албайт - деп,
Бусурман болбой койду - деп,
Капыр да болсо атамдын
Башын кесип жай кылдым,
Кызып калган кайран жан,
Угуп тур, Манас, кабылан!
Атакемдин миң балбан,
Бирин тирүү жибербей,
Ошол ордо ичинде
Баарынын башын кыйгамын,
Атамдын башын көтөрүп,
Энекемдин алдына
Түйүлүп чуркап баргамын,
Атамдын башын көргөн соң,
Эмчектин сүтүн миң кечип,
Ошондо энем муну айтты:
«Кайтадан Бээжин кайрылба,
Кабылан арслан туйгунум,
Чымын жандан айрылба!
Баргандан эсен тартпайсың,

Бээжинден аман кайтпайсың.
Көйнөгүң чечип жууган жер,
Энекең бейбак тууган жер,
Киндиктин каны тамган жер.
Арслан сени колдогон,
Айкырып түшкөн жериңе
Алачыктай байтерек
Чынар бүтүп орногон.
Чынар орноп тереги -
Чын-Бээжин менен урушсаң,
Тирүү койбой Алмамды
Алып калам» дегени.
Минтип энем турганда,
Жалгыздыгы курусун,
Кайнаган калың кытайда,
Каканчындын Бээжинден
Эсеп кылсам энемди,
Өлүп-талып кырк үч жан,
Кеңешип кепти койбодук,
Ары-бери көп санап,
Кырк үч киши чогулуп,
Чоң-Бээжиндин жеринен
Кетели, - деп ойлодук.
Ошөнтүп кеңеш кылганда,
Кетели, - деп турганда,
Айткан сөзүм зарбы - дейм,
Бээжиндин каны Карыкан
Ушу кезде таң калам,
Билими анын барбы - дейм,
Бичигинен билиптир,
Далы жагы көрүптүр.
Билип алып Карыкан
Так үстүндө бакырган,
Балбандарын чакырган.
Өзөгүмдөн өрт күйүп,
Өз ичимен жоо чыгат,
Ким, - деп жүрсөм бул экен,
Туулбас - десем, туулу экен,
Жоону ким - деп, мен жүрсөм,
Азизкандын Алмамбет
Арам сийдик уулу экен.
Баарыңа айтам балбандар,
Алтайдын белин ашырба,
Таластагы чоң дүмөк
Кан Манаска качырба.
Эгер Манаска аны качырсаң,
Айткан сөзүм угуп ал,
Беш-алты жылдын ортосу,
Бейпай салып келгенин,

Бээжинден Манас баатырдын
Согушканын көрүп ал.
Манас келсе Бээжинге,
Эмитеден көп кытай,
Эртелеп өзүң өлүп ал!
Алмамбетти ар жакка
Кармабастан бер жактан,
Кокус кытай кетирсең,
Жолобогун өзүмө,
Коңурбай, калдай баш болуп,
Көрүнбөгүн көзүмө.
Алмамбет тийсе колуңа
Эки колун байлап кел,
Өлтүрбөстөн чочкону
Бээжинге тирүү айдап кел.
Байлап-матап, кишендеп,
Жол үстүнөн кыйнап кел,
Алмамбет байлап келгенди,
Салтанаттуу жан кылам,
Ушул турган Бээжинге
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кырк кандын эли кытайды
Кылт эттирбей билгизип,
Каканчынга кан кылам!»
Муну сүйлөп, Калчаны
Камдап жарак-шайманын,
Калың кытай биригип,
Алгарага мингизип,
Коңурбайды жиберген.
Андан кийин Карыкан
Эрикпей согуш кылгын - деп,
Эзкараны жиберген.
Андан кийин жабдыктап,
Жибериптир Карыкан
Ыламадай калмагын,
Чоң Жолой деген балбанын.
Бөйрөгүнөн Бөрүкөз
Бу да келип калыптыр,
Капталынан Канжаркол
Кыйкырып ураан салыптыр,
Мен бер жакка качарда,
Калың жаткан көп кытай,
Он эки каны козголуп,
Эр Коңурбай баш болуп,
Аңдоосуздан камынтпай,
Тегеректеп калыптыр.
Колуна тийсем кокустан,
Казгалы турат орумду,

Жегели турат боорумду,
Байламак болгон колумду.
«Башаадан буйрук келди» - деп,
Кылгалы турат сонунду.
Төкмөк болгон канымды,
Кыймакчы болгон жанымды,
Оймок болгон көзүмдү,
Кырк кандын бүтүн кытайы
Кармап алып ошондо
Өлтүрмөк болгон өзүмдү,
Укмак эмес, кызыталак,
Жалынсам да сөзүмдү.
Калың кытай көп элдин
Душмандыгын көргөндө:
«Кыйноосунда жүргөнчө,
Кара нээт кытайдын
Камоосунда жүргөнчө,
Олжо болуп Бээжиндин
Талоосунда жүргөнчө»...
Муну ойлодук ошондо.
Маңдайыма келгенди
Башка салса көрөйүн,
Тирүү колго түшкөнчө
Кармашып жатып өлөйүн!
Ээрчиткеним кырк чоро,
Энем бирге ошондо,
Бура тартып булакка,
Бутту суга салгамын,
Бут дааратты алгамын,
Колду суга салгамын,
Кол дааратты алгамын.
Тулпарды оңдоп токуштук,
Өлгөнгө ыйман берсин - деп,
Тирүүлөй куран окуштук.
Кайраттанып чыдабай,
Боюмдан дүрбү алгамын,
Кумурскадай кытайды
Болжоп карап тургамын.
Карап турсам кытайды,
Камышты көр, селди көр,
Калың кытай козголуп,
Каптап келген элди көр.
Толкуну тоону ураткан,
Толкундаган көлүктөр.
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөптөй кытай көптү көр,
Кумурсканы көр, куртту көр,
Кумурскадай кайнаган,
Кумдай кытай журтту көр!

Карап турсам кытайды
Айзанын башы кагышат,
Адамдын башы кылкылдайт,
Айбалтасы чабышат,
Кылычтын учу былкылдайт.
Карап турсам, кан Манас,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин үстү чаң болуп,
Бир эли жер көрүнбөйт.
Манас кан, баякы дөөлөр дейсиңби?
Качыр минген Бозкертик,
Каны келип калыптыр,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Дагы келип калыптыр.
Он эки кан, көп кытай
Зубун-зубун бөлүнүп,
Ирээттеп мени алыптыр,
Тегереги бек болуп,
Темирден бетер көк болуп,
Көптүгүнөн кытайдын
Куш учалбай чет болуп,
Курчап кытай турганда
Бел байлаган белим жок,
Жалгыздыгы курусун,
Кан агызар кытайга
Береним, сендей шерим жок.
Качырып кытай калганда,
Каз айланбас зоом жок,
Кайрат берип турганга
Кан Манас, сендей тоом жок.
Бөлөгүн айтып нетейин,
Не муратка жетейин,
Ошол кытай ичинде
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген Коңурбай
Болжолун айтып кетейин,
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Алтындан тизгин жулкунтуп,
Алгара менен булкунтуп,
Астында жүрөт Коңурбай.
Ошончо калың кытайдын
Качырчанын бир бөлүп,
Качпай айза саюучу
Балбандарын бир бөлүп,
Баштап жүрөт Коңурбай.
Жаңылбастан саюучу
Эрендерин бир бөлүп,
Чечекейди жара атар

Мергендерин бир бөлүп,
Коңурбайы баш болуп,
Жайнаган кытай калың кол,
Курчап калган темир тор,
Ажал менен азаптан
Куткаруучу кайрат зор.
Каптап кытай келгенде
Кырк кишимин, азмын - деп,
Сарала болсо астымда,
Качырып тийбей кытайга
Кантип карап турамын.
Жекени белге курчандым,
Жети сан калың кытайга
Жеке кирип кол салдым.
Сараланы жулкунтуп,
Өңгө сөз келбей оозума,
«Алмамбет!» ураан чакырдым.
Качырып жоого киргемин,
Кебез белбоо, кең өтүк
Коңурбайга тийгемин.
Жебеден мурун жеткемин,
Жеткен жерден бир шилтеп,
Коңурбайдай калчаны
Дарбазанын оозунан
Бөйрөктөн муштап өткөндө,
Аттан ыргып кетерде,
Ажалы менден жетерде,
Кытайдын Күлүк деген аяры
Өлө сала жеткени,
Жетип атка мингизип,
Коңурбайдай калчаны
Атка кайра мингизип,
Жөлөп, таяп кеткени.
Коңурбай эсен кеткенде,
Калың кытай каптады,
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Кылкылдап кытай жабылды,
Кыялында көп кытай
Кармаймын, - деп камынды.
Жабылганда көп кытай,
Аябадым жанымды.
«Чу!» - дегенде Сарала
Чаң созулуп жөнөдү,
Карыкандын болотту
Качырып колго алганда
Калың манжуу, кытайды
Кызыл канга бөлөдүм.
Кайратыма чыдабай

Качып кытай жөнөлдү.
Кылыч жеткен кытайды
Кыя чаап сойлоттум,
Айза жеткен жерине
Айза менен кыйраттым,
Өлбөгөн жерде калыштым,
Түрүү жүрбөй Бээжинге
Манас өлөйүн, - деп салыштым.
Кылчайып артка карабай,
Кызык уруш салгамын,
Чымын жанды аябай,
Тегерете карабай,
Сүрүп чыктым кытайды,
Теңиз жанды аябай.
Каканчындын Бээжинде
Какайлатып кытайды,
Камап, сүрдүм кан Манас,
Далаага салып сапырып,
Алмамбет - деп бакырып,
Кумурскадай кытайды
Астыма салып иргилтип,
Айдап жүрдүм кан Манас,
Орто жерин кытайдын
Оюп-кырып өткөндө,
Тегерегин дыргытып,
Деңиз кайран энекем
Союп айдап берди эле,
Айланасын кырк чоро
Айдап жүрүп сойду эле.
Жапалак кырды ашырып,
Ит-Өлбөс чөлүн бастырып,
Кууп кирдик кытайды.
Ит-Өлбөскө барганда,
Чындап согуш кылганда,
Жабдыктын учу кагышып,
Жалпы кытай, биз жалгыз,
Жан аябай салышып,
Күн мезгилин албастан,
Күнүн тынып койбостон,
Күндөп-түндөп согуштук.
Ошол согуш майданда
Талааны көр, чаңды көр,
Чаңга аралаш дарыя
Агып кеткен канды көр!
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү боо болгон,
Муруттарын калкайтып,
Эр өлүгү тоо болгон.
Түп-Бээжинде кытайга

Ошондон баштап жоо болдум.
Кырылып кытай калган соң,
Кыйыны калча көргөн соң,
Алгараны алкынтып,
Мойноп жүрөт Коңурбай:
«Кытай болбой жерге кир,
Бир кишиден качат» - деп,
Элдин алдын токтотуп,
Токтоталбай өкүрүп,
Ыйлап жүрөт Коңурбай.
Айланасын чогултуп,
Түрүп ийди Коңурбай.
Алты сан кара кытайды
Бизди көздөй сапырып,
Сүрүп кирди Коңурбай.
Туш-туштан кытай ок атты,
Балбандардын баарысын,
Бөлүп алып Коңурбай
Мени көздөй каптатты.
Качыр минген калдайы
Капталдан кирди камынып,
Бөрүкөз менен Канжаркол
Бетимден кирди жабылып,
Эзкара менен Кутан алп
Көп кытайды көлдөтүп,
Арттан кирди жыйылып,
Асмандан Алда кудурет,
Анык нурун чачты бейм.
Жебирейил берииште
Сараланын үстүнөн
Ушу кезде ойлоном,
Этегимден басты - деп,
Ошол үчүн Алмамбет
Ажалдан аман калды - деп.
Кытай кыстап келгенде
Арсландай көзүм өрттөнүп,
Алышып жүргөн чагымда
Алты жүз айза бир тийип,
Жарадан боюм дал болгон,
Айбалта, айза көп тийип,
Башым кызыл челек кан болгон.
Жалгыз мага кайрылган
Ошол согуш күнүндө,
Жалгыз Сарала тууган мал болгон.
Айлансам болот Сарала,
Уй күрөң тартып жөнөлүп,
Эчкидей болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Астымда тулпар Сарала

Башын жерге салыптыр,
Алып учуп акыртып,
Төрт аяктан учкан таш,
Так төбөмдө зыркырап,
Эти кызып калыптыр,
Аркардай арыш алыптыр.
Кытайдын каны Эзкара,
Калмактын каны эр Жолой,
Жети балбан биригип,
Астымдан чыгып калыптыр.
Булар менен мен шордуу
Жеке өзүм салышып,
Кайра тартып калганда
Узатпастан жеткемин,
Жети жерге жетөөнү
Ат үстүнөн далдайтып,
Көмө коюп өткөмүн.
Жетөөн кабат сайганда,
Ажырап аттан калганда,
Белинен айзам бүктөлгөн,
Аманат жанга күч келген.
Эпсиз жети балбанды
Жеке жалгыз сайганда,
Ээримден арт кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти.
Айбалтамды алалбай,
Алтын таман үзөңгү
Кайра бутту салалбай,
Амал кетип турганда
Жер айрылып дүркүрөп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Мени көздөй зыркырап,
Учкан куштай көрүнүп,
Келе жатат күркүрөп,
Астындагы Алгара
Аркардай болуп түйүлүп,
Калың кытай, мен жалгыз,
Караан кылар киши жок,
Кытай союп кетет - деп,
Кеттим жандан түңүлүп,
Ошондо ак байбиче энекем
Тору бээни миниптир,
Түймөктөлгөн кара чач
Төбөсүнө түйүптүр.
Ажал жетсе өлөм - деп,
Асылым жалгыз Алмама
Караан болуп берем - деп,
Өлбөй түрүү турганда
Кай муратка жетем - деп,

Асылым берен жалгызга
Медер болуп берем - деп,
Белсенип жоого кириптир.
Кыбалап курчтан соктурган,
Кызыл түпөк сыр найза
Энекем колго алыптыр,
Мен шордууга жеткирбей,
Алөөкөнүн Калчасын
Бөйрөктөн тозуп калыптыр.
Чаңга аралаш энекем
Коңурбайдын Кара атын,
Жоого минсе канатын
«Өпкө, боор бети - деп,
Жүрөктүн төмөн чети - деп,
Атын сайсам жедим - деп,
Анан өлсөм мейлим» - деп,
Кыска кармап айзасын
Көздөп энем калыптыр,
Күп дедиртип Кара атты
Муштап туруп калыптыр.
Энекемдин эрдиги -
Канча эрдик кылса да,
Боконунун кемдиги,
Алгараны саярда
Көзүн жуумуп калыптыр,
Кере карыш сыр найза,
Ылдый тийип калыптыр.
Кар жиликтин булчуң эт,
Була сайып салыптыр,
Аяктай кылып булчуңун
Жула сайып салыптыр.
Атынын түсүн караса,
Үч бут менен жүгүрүп:
«Эсил жаным өлдү» - деп,
Эси кетип чоң Калча
Кайран жандан түңүлүп,
Ээрче бел, кыраңды
Ашып калган кези экен,
Акылынан ажырап,
Шашып калган кези экен,
Кайра тартып алактап,
Бээжинди карап бет алып,
Качып калган кези экен.
Ичим күйүп өрт болду,
Коңурбайга жетсем - деп,
Эки көзүм төрт болду.
Ушул итке жетсем - деп,
Жетип башын кессем - деп,
Канжыгама байланып,

Күн батыштын канына
Белек кылып кетсем - деп,
Кызыл кумду буратып,
Кылчайбастан башкага,
Тунук күлүк Сарала,
Санга камчы бир салып,
Коңурбайдын соңунан
Ошондо кеттим чуратып.
Бээжиндин берки четинен,
Безелентип жеткемин,
Алтындан соккон чарайна,
Анык ушу чети - деп,
Ай далынын бети - деп,
Өпкө, боор тушу - деп,
Как жүрөктүн учу - деп,
Болоттон учтуу сыр найза
Чындап муштап өткөмүн.
Муштаганда Калчага
Эрдигимди билгиздим,
Тоодой болгон доңузду
Ыйык жалга мингиздим.
Жүрөктөгү дарт болуп,
Эки көзүм өрт болуп,
Түп этектен алсам - деп,
Түртүп барып Калчаны,
Алгаранын үстүнөн
Эңип таштап салсам - деп,
Бар тилегим ошондо.
Көралбай мени көп санап,
Көгала менен самсытып,
Көзүнүн жашы он талаа,
Кайран Мажик туйгунум
Каршы алдымдан бакалап,
Тозуп жүргөн кези экен,
Ошол чакта Мажигим
Жетип мени кармады,
Ээликтирип жулкунтуп,
Коштоп чыкты жибербей,
Мен шордууну булкунтуп.
Ошондо Мажик кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Коңурбайдын Кара аты,
Кара атынын бар болчу
Капталында канаты,
Качан болсо кууганга
Жеткирбеген адаты.
Айбандан чыккан чын тулпар,
Айтсам көп анын санаты.
Алгара чындап чуркаса

Закым түгүл чаң жетпейт,
Бу капырдын атына
Төрт аяктуу мал жетпейт,
Канаттуу куш болбосо,
Мундан башка жан жетпейт.
Үстүндөгү Калчаны
Душман - деп, мен кордобойм,
Алышкан менен ал жетпейт,
Алөөкөнүн Калчасы
Көрүнөө алдап алыптыр,
Капкага кирип кетиштин
Амалында калыптыр.
Качып кирип Бээжинге
Капканын оозун жаппайбы,
Балбандары жабылып,
Башыңды жара чаппайбы».
Муну айтып, Мажигим
Өчкөн отум тамызган,
Өлгөн жаным тиргизген,
Коңурбайдын айласын
Айтып мага билгизген.
Кызыккандан Калчаны
Кыйын кууп салыпмын,
Дарбазага киришке
Бир чакырым калыпмын.
Бура тартып бууругуп,
Кайра кирдим согушка,
Майданга кирип мен барсам,
Кырылган кытай чөп экен,
Энекемдин кырганы
Алда канча көп экен.
Төмөн карап, баш салган,
Үстүндө жок энекем,
Жалгыз карап бир жерде
Тору бээси бош калган.
Коштоп алып бээсин,
Алым калбай бакырдым,
Алтынай асыл энем - деп,
Алда канча чакырдым.
Карасам көзгө илинбейт,
Кагылайын энекем,
Калың кытай ичинде
Кайда экени билинбейт.
Бир убакта байкасам,
Калың кытай чогулуп,
Барабанын кагыптыр.
Сүйүнбөгөн кытай жок,
Энекемдин сөөгүн
Бир качырга мингизип,

Бээжинди көздөй салыптыр.
Жетип калың кытайдын
Тополоңун тоз кылдым,
Жүрөгүнө муз болдум,
Такыр кырып кытайды
Кыяматка туш кылдым.
Баарын кырып талкалап,
Тартып алдым энемди,
Койнуна каны толуптур,
Кезикпеске кезигип,
Каражойго тушугуп,
Акбараң огу сайылып,
Энекем шейит болуптур.
Энекем өлүп кеткен соң,
Эч амалым табалбай,
Эсим ооп эңгиреп,
Энекелеп бакырдым.
Энем өлүп калган соң,
Амалымды табалбай
Сыр найзаны жерге уруп,
Көзүмдөн жашым төгүлүп,
Кырк кабыргам сөгүлүп:
«Энекемди коюп, мени ал!» - деп,
Өбөктөп жаттым өкүрүп,
Өлгөнгө эч айла жок,
Өлгөндү кайра тиргизер
Адамзатта дарман жок,
Энекем келсе бул жерге,
Эч бир менде арман жок.
Кырк дарбаза Бээжинден
Чалышып жатып кайрылдым,
Чамам келбей, согушта
Өлгөн жерде энекем
Эң кур десе мен болбой,
Кытайлар менен кыйрашпай,
Кызылала кан болуп,
Кыя тартып согушпай,
Арманда болуп айрылдым.
Ошонетип турганда
Туманды көр, селди көр,
Туш-тушумдан каптаган
Калың кытай элди көр.
Кайра тартып кокустан,
Кытай менен согушсам,
Кайран асыл энемдин
Эмчегин жеп ак кажыр
Этине жору тоёт, - деп,
Эки көзүн оёт - деп,
Күрөктөй болгон кашка тиш

Карганын богу болот - деп,
Кайран асыл энекем
Көмүүсүз чөлдө калат - деп,
Белинен эңип бүктөдүм,
Тору бээге жүктөдүм.
Согуш болгон жерине
Солоон, кытай толуптур,
Солкулдаган кырк чоро
Кыркына ок жаңылып,
Кырк жерге шейит болуптур.
Кыйындык түшүп башыма,
Энекемдин кашына
Кырк чоро кошо жүктөдүм,
Жеңилди деген, жаман ат,
Көк булуңдун токойго
Кырк чоро менен энемди
Токойго койдум аманат.
Алым келсе буруттун
Баарын жыйып алам - деп,
Кырк дарбаза Бээжинге
Өлбөсөм кыргын салам - деп,
Аманат койгон жеримден
Чоро менен энемди
Кайта жүктөп алам - деп,
Тору бээни сойгуча,
Кырк бир көрдү кеңейтип,
Баарын казып койгончо,
Кабар алып көп кытай
Түп-Бээжинден түрүлүп,
Каптап мага келиптир.
Бээжиндин каны Карыкан
Буйрук кылып элине,
Эр башына кош кирпич
Алгыла! - деп бериптир.
Бир жагын Бээжин бет кылып,
Бир жагында бекитип,
Таш-Көпүрөнү чеп кылып,
Бышырып койгон кирпичти
Экиден катар салыптыр,
Этектеп келип топурак,
Чуңкуруна малыптыр.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Кетейин, - деп ойлосом,
Калың казган орумду,
Көптүгүнөн көп кытай
Кайнаткан экен шорумду,
Түн боюнча камынып,
Тозгон экен жолумду.

Кетейин, - деп умтулсам,
Чуңкуру кырк кез там болгон.
Өлмөк болдум күйүнүп,
Өткөрө жандан түңүлүп,
Кайраттанып бакырдым,
Караа кылып кашыма
Эр Мажикти чакырдым.
«Башка келген жамандык
Ушу жерден көрдүкпү?
Ажалдан мурун экөөбүз
Бу токойдо өлдүкпү?
Кара кытай, манжуунун
Камоосунда жүргөнчө,
Тил билбеген кытайдын
Айдоосунда жүргөнчө,
Келе, Мажик, чылбырды!
Чылбырды колго алгамын,
Боорума салгамын,
Бек болгун, Мажик, өзүңө
Жумгун эки көзүңдү,
Кел, бу жерден жүрөлүк,
Тетиги бийик дубалга
Беттеп барып тиелик!»
Мен ошондо муну айтып,
Сарала санга салгамын,
Дубалды карап бет алып,
Сүйрөткөнүм эр Мажик
Сүйрөп жүрүп калгамын.
Дубалга жакын барганда
Бу дүйнөдө мал татты,
Көөдөндөгү жан татты,
Жалгыз жандан түңүлүп,
Жумдум эки көзүмдү.
Сарала кайран күлүгүм
Алыс кетти түйүлүп,
Дубалдан өтүп алган соң,
Анығымды айтайын,
Кабылан Манас, көк жалым,
Чындап кеттим сүйүнүп,
Жапыз болду бийик там,
Ушу кезде таң калам,
Колдоду - деп, бериште.
Чындап мен ойлоном,
Жыгылат десем Сарала
Төрт аяктап тик түштү,
Дубалдан ыргып түшкөндө
Эми ажалым жетти - деп,
Астымдагы Сарала
Буту кыйрап кетти - деп,

Кагып койсом оозун,
Ыргыштап жүрөт алдымда.
Сарала тулпар мал аман,
Кыймылдасам теңселип,
Үстүндөгү мен аман,
Күч менен тамга урунуп,
Көгала качан келет - деп,
Оозу-мойну суурулуп,
Калдыбы - деп, кокустан
Бир мүчөсү үзүлүп,
Кайрылып кайта карасам,
Көгала, Мажик дагы аман!
Баатырлар тийбес Бээжинге
Чамам келбей качкамын.
Ээр белдей муздакты
Жөлөнө качып кутулдум,
Жанымдагы Мажикти
Ала качып кутулдум.
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузултуп,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Жакага шыбыргак шамал салдырып,
Түзөң жердин баарысын
Жөө, туманга алдырып,
Жайлап жатып кутулдум.
Кытайдан кантип аяндым,
Он эки күнү жол жүрүп,
Ушул турган Тал-Чоку
Ошондо араң таяндым.
Качып жүргөн жеринен,
Жердик болгон куу байтал
Кармап алып сойгомун,
Казы менен картага
Ач бөрүдөй тойгомун.
Атакемдин жарым кандык чен тонун
Көк ыргайдын түбүнө
Аманат, - деп койгомун.
Аманат жаным бар болсо,
Кайтып Бээжин келгенде
Кытай кийимин кием - деп,
Таш сайынып кытайча
Бээжинге мен да тием - деп.
Топурагын чачып көр,
Кагылайын Сыргагым,
Айтып калба чырагым,
Тетиги, томпойгон жерди ачып көр!»
Азизкандын Алмамбет
Ушу кепти кылды эле,
Түпөгү кызыл сыр найза

Дүп дедиртип бир жерди,
Муштап карап турду эле.
Ошондо Сыргак муну ойлойт:
«Бир канчалык күн болсо,
Бээжинден Алмаң кеткенге
Бир канчалык жыл болсо,
Күндүз эмес түн болсо,
Каражолтой качкындын
Калп айтканын карачы», -
Деп, айза менен ачкылап,
Топурагын чачкылап,
Көздү ачып-жумганча
Ачып алып караса,
Жаңылбастан көмүктү
Үстүнөн сайып туруптур.
Түрмөктөлүп чапталган,
Булгаарыга капталган,
Кан атасы Азизкан
Андан калган алтын тон.
Чечип алып караса,
Алтын менен жакутту
Аркы-терки салдырган,
Көргөндүн көзүн уялтып,
Көңүлүңдү кандырган.
Бул белгини көргөндө
Көк жал Манас кубанып:
«Тондун жайы ушундай,
Муну мындай таштайын!
Өзүңө барган бир жомок,
Мен ошону баштайын,
Буулугуп жүрүп жер таппай,
Бурутум, сендей эр таппай,
Элди издеп тим жатпай,
Жердин бетин сыдырдым,
Төмөн жакта чоң дайра
Мунун баарын кыдырдым.
Төмөнкү жайык талаага
Жакын кирип барганда,
Ошондон көрдүм тогуз жан,
Айрысы жүрөт колунда,
Тырмоосу жүрөт жонунда,
Кулундуу тору бээси бар,
Сары тонун салынып,
Далпая минип алыптыр,
Тору бээсин үйрөтүп,
Томпойгон чөбүн сүйрөтүп,
Карасам көзгө илалбай,
Ким экенин билалбай,
Жетип салам бергемин.

Салам берсем алик жок,
Өңү сары, көзү көк,
Балдыраган сөзү көп,
Мен сүйлөсөм бирдеме,
Карап калат жалдырап,
Ал сүйлөсө балдырап,
Айткан сөзүн билалбай,
Мен каламын жалдырап,
Дал болуп кебин билалбай,
Тиктеп турдум заңгырап,
Сексен жаштай бир чалы,
Кооп туруп дардайып,
Күн батыш карап калдайып,
Айткан сөздү билбейт - деп,
Ошондой калык, - деп кеттим,
Тогуз жерге тогузун
Торойто чаап мен өзүм,
Тартып алып, мен союп
Тору бээсин жеп кеттим.
Андан ары дыр коюп,
Түзөңгө салып чу коюп,
Ээрчиткеним эр Мажик,
Сапардан кантип аяндым,
Сары-Арканы таяндым.
Көлдөтүп жылкы айдаган,
Көгала күлүк байлаган,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Түп атасы Алачтан,
Керегеси жыгачтан
Айдаркандын эр Көкчө
Жол жорголуу шалкылдак,
Жорго чалыш киши экен,
Шарияттан кеп айткан,
Молдо чалыш киши экен,
Моюнумду бургамын,
Айдаркан уулу Көкчөнү
Адейи сынап тургамын.
Дос болор болсоң эр Көкчө,
Айтар антын камдап тур,
Атышаар көөнүң бар болсо,
Мергендериң шайлап тур.
Муну угуп, эр Көкчө:
«Узундуу-кыска тонуңду,
Кийишсем ит болоюн,
Кармалашып уучташып,
Тийишсем ит болоюн!»
Көкчөнүн кебин укканда
Делебем кетти козголуп,

Дене боюм чечилип,
Айдаркандын Көкчөгө
Бир жолото дос болуп,
Актыкка мойнум сунгамын,
Жан аябай Көкчөгө
Алты жыл кызмат кылгамын!
Анда турган мезгилде
Туурдугун май кылдым,
Тушуккандан Көкчөнү
Туш-тушунан кан кылдым.
Мен Көкчөгө келгенде
Керегесин май кылдым,
Кезиккенден Көкчөнү
Керилтип журтка кан кылдым.
Сары-Аркалык Көкчөнү
Санаасы менен болтурдум,
Сандыгы менен куржунун
Сары алтынга толтурдум.
Мен Көкчөгө келгенде
Дөөлөтү артык көбөйдү,
Алып бердим жоосун,
Алышкан канча далайды.
Сары-Арканын боюна
Салулуу коргон там кылып,
Сандыргалуу сан кылып,
Сары-Аркага кан кылдым.
Кан болгону курусун,
Кылбады иштин дурусун.
Алты жылы турсам да
Кызматымды билген жок,
«Кантип келдиң?» - деген жок.
Ошол Көкчө досумдун
Жоругу санды жоотпойт,
Же жосуну жанды кубантпайт.
Качан болсо үйүнө
Көлтөйүп жатып алучу,
Эриккенден зеригип,
Эр Мажикти ээрчитип,
Алмамбет чалгын чалучу.
Алтымыш өзөн чалчумун,
Алты ай, жети ай келбестен,
Алыска кетип калчумун.
Мен жортуулда жүрдүм жайланып,
Алтымыш аюу, кырк жолборс
Атып алып экөөбүз
Айдаркандын Көкчөгө
Тартууга бердик байланып.
Мен чалгында жүргөндө
Сырбараңым мойнумда,

Кытай эмес кылымга
Кан кылам - деп, Көкчөнү
Качан болсо оюмда.
Ошондо жүрөм дагы ойлоп,
Чет-Бээжин менен Түп-Бээжин
Жетип согуш салам - деп,
Эң кур десе Көкчөнү
Чет-Бээжинге чоң кылып,
Кан көтөрүп койсом - деп.
Ушак сөзгө кириптир,
Катыным менен тамыр - деп,
Арам санап жүрүптүр.
Мен чалгындан келгенде,
Эр Көкчөнүн айылында
Казандаган эл турат,
Калдайган калың кол турат.
Калың колду көргөндө
Бастыралбай сандалдым,
Кандай заман болду - деп,
Акылым жетпей таң калдым.
Бура тартып Мажикке,
Маңкайып туруп муну айттым:
«Баштатан чындап жолдошум,
Бизди урууччу кудай урган го
Бээжинден кара доо чыгып,
Төбөсүнөн баскан го,
Төрт түлүгүн чачкан го.
Биз чалгынга кеткенде
Кара кылар киши жок,
Талап алып Көкчөнү
Сары-Аркадан чапкан го.
Кол жыйылып калганы,
Биз салбырын кеткенде
Кордукту душман салган го.
Биз салбырын кеткенде,
Кыйнап жатып казактын
Кызы менен катынын
Кыстап тартып алган го!
Мекеден келген жоо болсо,
Балакетти салалык,
Бээжинден келген жоо болсо,
Беттеп согуш кылалык,
Берен Көкчө досумду
Мээнетинен куткарып,
Ажыратып алалык.
Эмнеси болсо да,
Жүрчү Мажик, кырааным,
Калың колго баралык!»
Муну айтып Мажикке,

Айдаркандын Көкчөнүн
Айылына бардым жакындап,
Айылына жакын барганда,
Аяш катын Акеркеч
Оромол жоолук колго алып,
Оолжуп басып буралып,
Алдымдан чыкты буркурап,
Кериле басып кол ирмеп:
«Аяш уул, токто! - деп,
Мен шордууну чакырып,
Атыңдын башын бура тур,
Алдыңкы жерге тура тур,
Бууданыңды бура тур,
Бурулуп бир аз тура тур!
Улуу сөздө уят жок,
Сен салбырынга кеткенде
Санаасы бир ойлош - деп,
Сен салбырын кеткенде,
Айдаркандын Көкчөсү
Экөөбүздү ойнош - деп,
Арасы жакын камыр - деп,
Экөөбүздү тамыр - деп,
Элин бүткүл чогултуп,
Салып жатат чоң дүмөк,
Көрсөттү далай сонунду,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Урду мени жазыксыз,
Байлап жатып колумду.
Сен салбырын кеткенде,
Көйнөктү канга кынатты.
Үстүмдөн койду чубатты.
Сен салбырын кеткенде,
Караңгыга каматты,
Канча кабат сабатты.
Чогулуп казак кек кылды,
Убаданы бек кылды,
Өлтүрүшкө шерт кылды.
Мурун сени кармоого,
Кармап алып жайлоого,
Анан кийин өзүмдү,
Чукуп бир жак көзүмдү
Тал-тал чачым керүүгө,
Талак катын берүүгө,
Таманым тилип, туз салып,
Көкүрөккө муз салып,
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Атам Каракандын шаарына
Камчылап айдап ийишке

Убаданы бек кылды.
Ой, уул, теңелбей кетчи казакка,
Капталбай кеткин азапка!
Ойлонуп уул, кебим ук!
Ордосуна түшпөй кет,
Бейили кара казактын
Мээнетиңди алайын,
Бергенинен ичпей кет!
Кан Көкчөнүн үйүнө
Түшүп калсаң, ой, уул,
Күпчөккө салган бозо бар,
Ал бозонун ичинде
Күйдүргөн уу кошо бар.
Эр Көкчөнүн үйүндө
Чапчакка салган бозо бар,
Сени эптеп кармашка
Чачама дары кошо бар.
Бозосун ичип арыкпа,
Көп ооруга жолукпа!
Көкчө кандын төрүндө
Аюу талпак, ак көрпө,
Алардын, уул, үстүнө
Асили, уул, олтурба,
Түбүндө казган ору бар,
Теңелбей кеткин Көкчөгө
Казактан калың кулу бар,
Кан Көкчөгө кез болгон
Мен бейбактын шору бар,
Жеңеңдин далай жообу бар.
Алты жылы айланган,
Анык көз деп ойлонгон,
Өзүңдү ант урду го,
Кол кармашып дос болгон,
Досуңду ант урду го.
Сарала мойнун бурбагын,
Санаасы бузук Көкчөгө
Көп каралап турбагын.
Мундан ары жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Түгөнгөн тоодон кайрылып,
Сол жагыңа бурулсаң,
Жеткилең артык жер ошол,
Жетилген өтө эл ошол.
Ошол элди ээлеген,
Эзелден бери бийлеген,
Жеткилең Кошой эр ошол.
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Катагандын кан Кошой,

Тилегин эми берген кез,
Жашы жетмишке келген кез,
Жаздыкка башын салган кез,
Карылык каршы келген соң,
Жатып алган ушу кез.
Кошой жатып алган соң,
Кабагынан каш кеткен,
Калың журттан баш кеткен.
Артындагы калган журт
Бирин бири көралбай,
Биринин тилин бири албай,
Таандай болуп чуркурап,
Такыр баары биригип,
Атына текши минген кез,
Башаламан болушуп,
Ар ким айылын билген кез.
Карысы андай болгон соң,
Калкы мындай болгон соң,
Каралаба ал журтка,
Сени күтүп алчу ал эмес,
Күлкүңдү ачар жер эмес.
Андан өтүп барганда
Алты-Шаар, Маргалаң,
Аягы Букар, Самаркан,
Ортосунда өзөндө
Кокон менен Анжыян,
Ошолордун жери болучу,
Ошонун сырын айтайын:
Белине кетмендей токоч байлаган,
Оозун ачып асманга
Жиндиге окшоп кайлаган,
Туруп калба бул элге,
Сен туручу жер эмес,
Күтүп алар эл эмес.
Оң жагыңа толгонуп,
Оролмо-Тоону сен басып,
Далай белин сен ашып,
Кең Таласка жетесиң,
Таластын жайын айтайын:
Буткул-буткул сазы бар,
Жүнүн жешип көптүктөн,
Бурулуп учкан казы бар.
Күн чыгышта, күн батыш,
Жер-суусунда жаныбар,
Адырда аркар маараган,
Ак талда булбул сайраган,
Будурда бугу буксаган,
Буйгаттап марал жуушаган,
Доңузу жүрөт түйрүйүп,

Жыланы жүрөт ийрилип,
Курту жүрөт тыбырап,
Кумурскасы жыбырап,
Каракунас какайып,
Суу бүркүтү акыйып,
Карап турсаң ошондо,
Илек-илек кекейип,
Жерден артык кең Талас,
Кең Таласты жердеген
Кабылан канкор эр Манас.
Манастын жайын айтайын:
Телегейи тең ошол,
Кайраты башка эр ошол,
Шай колдогон шер ошол
Ичи көлдөн кең ошол,
Айыл консоң Манаска
Акылың табар эр ошол.
Тилимди алсаң, ой, уул,
Барып конгун Таласка,
Чоро болгун Манаска!
Барып калсаң эр Манас
Жоругу жанды жоотот,
Жосуну жанды жыргатат.
Күптүүңдү жазар эр ошол,
Күлкүңдү ачар эл ошол.
Эриксең элик атасың
Эрикпесең Таласта
Ордо атышып жатасың.
Ой, уул, ошол Манас көк жалга
Катынсыз келген бир чоро,
Катынсыз келген чорого
Кырмызы көйнөк, кыпча бел,
Кыз сулуусу айча бел,
Эл-журтунан сынатып,
Эрикпестен тандатып,
Алып берген эр Манас.
Тонсуз барган чорого
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө,
Ок өтпөс тон кийгизген.
Аркар аяк, жез билек,
Атсыз барган чорого
Ат тулпарды мингизген,
Азып барган чорого
Аргын, кыпчак, огойду
Бөлүп берип билгизген.
Санап санаа жоорунтпа,
Эр Манаска барам - деп,

Көңүлүңдү оорутпа.
Кыркалай чыккан талдардан,
Манаска чоро болом - деп,
Кыраань келген кандардын
Алардын жайын айтайын:
Байдын уулу Бакай кан
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Аргын кан уулу Ажыбай
Ителгидей жутунуп,
Атасына таарынып,
Качып келген Манаска,
Карткүрөң менен кутулуп,
Узун бойлуу, кең далы,
Кара жандын ынагы,
А да келген Таласка.
Кан Балтайдын Чубагы,
Башынан мыкты Байчоро
Бу да келген Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Кырк жигиттин чолпону
Куту келген Таласка,
Үзүктөй калпак башында
Шууту келген Таласка.
Айчык кандын Акжолой,
Алыска жүрсө сан колдой,
А да келген Таласка.
Салганы туйгун куш болгон,
Кабарын угуп Манастын,
Кыраан көк жал, кырк берен
Ар кимиси ар жерден
Манаска келип туш болгон.
Букарды сурап бийлеген,
Каракан зор кан эле,
Каракандан туулган,
Он эки кызы бар элек.
Тасма белдин сулуусу,
Арманда Эркеч мен эле.
Ормонбек алган Оюмкан,
Мени менен бир тууган,
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурдуусу,
Кан Манас алган Каныкей,
Мени менен бир тууган.
Айтылган сөзүм зар эле,
Менин сиңдим Каныкей
Алыс менен жуукту,
Жакшы менен жаманды
Ажырата айтуучу

Билими башка жан эле.
Умай эне колдогон,
Оң ийнинде жылаңач
Жүргөн бала бар эле,
Башкабыздан Каныкей
Акылы бөлөк жан эле.
Аргымак эмес ат берген
Үзүктөй калпак Шуутудан
Бир жолу эмес Каныкей,
Мен Акеркеч шордуурга
Алты сапар кат берген:
«Эжекем туугандыкка санаса,
Айтканыма көнсүн - деп,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын көк жалын
Мага эжем берсин - деп,
Артык тууган шериме,
Жолдош болуп берсин - деп,
Эгер эжем бербесе,
Абийириңди кетирет,
Алмамбет экөө тамыр - деп,
Айдаркандын Көкчөсү
Ажалыңды жеткирет.
Аркырап элге дайындап,
Ажарыңды өчүрөт.
Арам санап Көкчө кул
Чукуп алат көзүңдү,
Каргансаң да жалынып,
Укпас айткан сөзүңдү.
Бул кабарды укканда,
Азизкандын жалгызы,
Асты көрбөй өзүңдү».
Муну айтып Акеркеч,
Колумдан кармап кеп айтып:
«Кош, аман бол!» - деп айтып.
Мундай сөздү укканда
Козголбой түштүм жолума,
Ачуум келип тиштенип,
Айбалта алдым колума.
Атып жесе бал татыйт,
Аркардын эти өктөдөн.
Артыкча көөнүм чын калды,
Айдаркандын Көкчөдөн.
Арманда чиркин, дүнүйө
Аттын оозун бургамын,
Жанымдагы Мажикке
Кеңеш салып тургамын.
Барып калсак бир жерге,
Кезигишип калышсак,

Өзүбүздөй бир эрге,
Аңгемеден кураса,
Чоң-Бээжинде атышкан
Качанкы кекти сураса,
Бээжинге салган кызыкты,
Калтырбастан айтабыз:
«Катыны менен тамыр» - деп,
Капа кылган Көкчөгө
Кезикпестен келдик - деп,
Кай бет менен айтабыз!
Аңкылдаган казакка,
Жүрчү Мажик, береним,
Учурашып коштошуп,
Анан кийин кайтабыз.
Иттик кылса казакты
Төрүнөн кармап алалык,
Жел көкүрөк казакты
Курмандыкка чалалык.
Жинибизге чын тийсе,
Аяш катын Акеркеч
Көрүнөө алып көзүнчө,
Катындыкка алалык.
Жакшы айтса эр Көкчө
Жай кептерди айталык!»
Өрттөй көзүм жайнатып,
Өкүм тулпар Сарала
Эр Мажикке карматып,
Ач болотту салынып,
Сарынжыны жамынып,
Чуркап үйгө киргемин,
Ала көөдөн адамдын
Ит экенин билгемин.
Үйгө жаңы киргенде,
Биригишип көп казак
Жаткан экен шалпылдап,
Кыз, катынын боктошуп,
Өз алдынан далпылдап:
«Кирип келсе кытай кул,
Умтулуп баарың карма - деп,
Кармап алып кытайды,
Түрүү койбой жайла - деп,
Алмадай башын чапкын - деп,
Сууруп алып өпкөсүн
Эр Көкчөгө каккын - деп,
Муну кылгын акыр - деп,
Бу кытайдан аянган
Доңуз болсун такыр» - деп.
Мени өлтүрүп ийишке
Өлө турган ант кылып,

Жаткан экен көп казак
Чогулушуп шерт кылып.
Менин түрүм көргөндө,
Кармайм деген, казакка,
Казак калды азапка.
Үйгө кирип барганда,
Карма - деген казактар
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти.
Менин түрүм көргөндө
Үйдөн качып дыркырап,
Туш-туш жакка быркырап,
Казак качып кетиптир,
Ортосунда очоюп,
Жалгыз Көкчө калыптыр.
Көкчөгө сөздү салгамын,
Төрдө отурган төрөгө
Жакын басып баргамын.
Оң тизесин ошондо
Баса барып олтурдум,
Бөлөк сөздү таштадым,
Мундай сөздөн баштадым:
«Көкчө дос, колду жыйып алыпсың,
Атышып жаткан эл барбы?
Алышып жоону алалбай,
Көңүлүң калган жер барбы?
Алалбаган урушуп,
Бээжинден келген жоо барбы!?
Алалбаган жоо болсо
Айтып берчи, эр Көкчө.
Мекеден келген жоо болсо,
Көгала бергин минейин,
Көл-дарыя жоо чыкса,
Мекеге жете сүрөйүн.
Бээжинден келген жоо болсо,
Анык сырың айтып бер,
Сараланы минейин,
Сандаган душман болсо да
Түбүнөн бери түрөйүн.
Ылаачындай иргилтип,
Бээжинге жете сүрөйүн.
Кара жаным аябай,
Катуу согуш салайын,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Алым келсе эр Көкчө,
Чоң-Бээжинге мен сени
Кан көтөрүп коёюн!»
Муну айтсам болгон жок,

Айдаркандын Көкчөсү
Арамдыгын койгон жок.
Андан бетер барбайып,
Тескери карап дардайып,
Ак жүзүмдү түк көрбөйт,
Амандыкка бир келбейт.
Сураса бербес Көгала,
Суук укурук салгансып,
Аяш катын Акеркеч
Колунан тартып алгансып,
Баштатан кылган бата урду,
Баякы кылган ант урду!
Айтканга көнбөй оңбоду,
Акыры сөзгө болбоду!
Амалым кетип ошондо,
Ак буудай унун чайнадым,
Ишенер бекен мага - деп,
Ант чыбыкты кармадым.
Анда да Көкчө болбоду,
Канча айтып торгодум:
«Ишенсең боло, кан Көкчө,
Төшөгүң бассам оңомбу?
Төбөмдөн тийсе кобомбу?
Жаздыгың бассам мага шерт,
Жамандыкты ойлосоң,
Кан Көкчө сага болсун шерт!
Дос болдук, - деп кылган ант,
Ойлочу антты эр Көкчө,
Тузуңа тийсем оңомбу?
Туз урган ала жигиттер,
Жыгылгандан кобобу!
Антынан тайган оңобу,
Анттан кайткан эр жигит,
Адал жигит болобу!
Курга түйгөн катың ал,
Кол кармаган антыңды ал!
Мен берейин Көкчө кул,
Аксак сары атыңды ал,
Кыйла казак жатыпсың,
Кылалбасаң энеңди ал!»
Өзүн чаап ийишке,
Досум деген анты бар,
Өзүн кыйып чабалбай,
Алты жылдык туздаш - деп,
Көкчөгө колум баралбай,
Алтын жебе айбалта,
Алдым колго имерип,
Асый эти асылуу,
Кайнатылган чоң казан,

Жара чаап жибердим.
Ушундай жорук баштадым,
Кайнап турган казанын
Алтымыш бөлүп таштадым.
Кызарышып урушуп,
Не муратка жетейин,
Мундан көрө сыр билги,
Өңү жылуу бир кыраан,
Эрди издеп кетейин - деп,
Эшикке чыктым жүгүрүп,
Уй куймулчак Сарала
Ыргып миндим түйүлүп,
Сараланы минген соң,
Ээрчиткеним эр Мажик,
Көп казакты мен таштап,
Бура тартып жүргөн соң,
Саралага сүйөнүп,
Жетип келдим ошондо
Сары-Арканы таянып,
Сары-Аркага келгенде
Артымдан калың бакырык,
Ат жалына мине чаап,
Айгайлашып көп казак:
«Көкчөлөп!» - ураан чакырып,
Ичим күйүп, өрт болуп,
Иттигин мунун көргөндө,
Кантип турам токтолуп,
Куба келген казактын
Аласын ала качпасам,
Анча кууп калгандай
Ак теңге булун чачпасам,
Башыма салган ар ишти
Көрөйүн - деп, ой кылдым,
Кайра каптап казакты,
Ажал жетсе Көкчөдөн
Өлөйүн - деп, ой кылдым!
Ошондо Сырбараңды алгамын,
Түбүнөн кармап салгамын,
Казакты көздөй сунгамын,
Аткан огум тиерде,
Атышып жоого кирерде,
Тизгинден кармап камынып,
Атышпагын, Алма - деп,
Коё бербей, эр Мажик
Жана мылтыктан кармап жалынып
Ошондо Мажик муну айтты,
Кагылайын сабылып:
«Айланайын Алмамбет,
Кара журтта не жазык,

Каны акмак эмеспи,
Акылы жок бул казак,
Токто, Алма, атпагын,
Акыр биз да өлөбүз!»
Кайра тартып мылтыкты,
Ай далыма илгемин,
Мажиктин айткан бул сөзүн
Чын экенин билгемин.
«Кырып кетсем казакты
Не муратка жетейин,
Андан көрө казакты
Камчылап сабап кетейин!»
Долоно кармап ийгемин,
Толуп жаткан казакка,
Сары-Аркада көп калкка
Камчы менен киргемин.
Айзакердин баарысын
Айгайлатып сүргөмүн,
Мергендерин жапырып,
Быт-чыт кылып тийгемин,
Каптап келген казакты
Жакетай, - деп жалынтып,
Айылына айдап киргемин.
Айылына кирип барганда,
Өкүрүп-өксөп, көп казак
Баары бирдей буркурап,
Түшө качты атынан,
Туш-тушка качып чуркурап.
Карап турсам ошондо,
Айдаркандын эр Көкчө
Качып барат алдымда,
Көгала минип дыркырап.
Сарала менен чуратып,
Жебеден мурун жеткемин,
Жеткен жерден Көкчөнү
Төбөгө салып өткөмүн.
Бир чапкандан чыгарбай,
Кайран досум Көкчөнү
Жыга чаап кеткемин.
Башы айрылып барбайып,
Көгаладан айрылып,
Ортосуна короонун
Олтуруп калды дардайып.
Сураса бербес Көгала
Суук укурук салгамын,
Жалынса бербес Көгала
Жайдак коштоп алгамын,
Бура тартып чу коюп,
Жолду көздөй салгамын!

Көөдөнгө батпайт көп санаа,
Жолумдан чыгып буркурап,
Аяш катын Акеркеч
Көзүнүн жашы он талаа,
Мурдунун суусун тарталбайт,
Көзүнүн жашын арталбайт!
Буудай өңдүү, кара көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кара көз
Кайран жеңем Акеркеч,
Кан аралаш жаш кетип,
Астымдан чыга калган соң,
Көкчөнүн атын алганда
Не муратка жетемин,
Аяш жеңе Акеркеч,
Олжо кылып, соогатка
Өзүңө берип кетейин!
Окоро түйгөн чылбырды
«Алыңыз - деп, бул атты»,
Эркечти көздөй ыргытып,
Эркечке атты берген соң,
Айдаркандын Көкчөсүн
Айбандыгын билген соң,
Ээрчиткеним эр Мажик,
Эрикпестен жүргөмүн.
Каракан кызы Каныкей,
Байбичеси Манастын
Качарымды билиптир,
Көкчө менен тим турбай,
Кетет го, - деп жүрүптүр.
Сымбатын журттан оздурган,
Жекенди тонду кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Үзүктөй калпак эр Шууту
Адейи мени тоздурган,
Тоздуруп койгон Шуутусу
Жалпак кыя, жар ташка
Жатып уйку кандырып,
Жантак менен сыр жыгач,
Желмаянын чалдырып,
Болжолунан эки күн
Өтүп калган кези экен,
Менден мурун Таласка
Кайта тартып карабай,
Кетип калган кези экен.
Жолукпай көөнүм бошогон,
Жол байланып кантейин,
Каршы өтүштүк ошондо.
Токтобой жүрүп кеткемин,

Сары-Аркадан чыкканда
Букарга барып жеткемин,
Конок болуп Букарга
Токтобой өтүп кеткемин,
Чоң дайрага жеткемин.
Чоң дайрадан сал көрдүм,
Бусурманча түрү бар,
Заңкайыңкы жан көрдүм.
Салам берип сабылдым,
Сооп болсун, акетай,
Сараланы салгын - деп,
Шайыктарга жалындым.
Сараланы салгын - деп,
Кызыл алтын зер бердим,
Оңбогон шайык оңбоду,
«Сараланы салбайм» - деп,
Оңураңдап болбоду.
Алтынды берсем алган жок,
Жалынсам да канчалык,
Сараланы салган жок,
Сарала барса Мекеге
Алмамбетте арман жок.
Сараладан айрылып,
Кай муратка жетем - деп,
Биттейимде бириккен,
Сарала тулпар жолдошту
Кайда таштап кетем - деп,
Аң-таң болуп турганда,
Сарала менен Көгала
Бизге аманат бергин - деп,
Байда болду дубана.
Алданын салган буйругун,
Ушундай экен көргөмүн,
Көгала менен Сарала
Аманат кылып ошондо
Дубанага бергемин.
Салына түшүп алгамын,
Эр Мажикти ээрчитип,
Мен Мекеге баргамын.
Беш эшенден буда угуп,
Беш күн турдум Мекеде.
Мекеде туруп сабылдым,
Көбүнчө кетпей көңүлдөн
Сараланы сагындым.
Уктап жатсам түшүмдө
Уй куймулчак Сарала
Кулжадай мойнун буруптур,
Бет алдымда тулпарым
Ыйлагансып баш салып,

Мени карап туруптур.
Сарала мага муну айтты,
Айтып мени муңайтты:
«Буудан жаным, кайран жан,
Куруттуңбу, Алаке!
Чының менен ойлобой,
Унуттуңбу, Алаке!
Күнү-түнү оюмдан
Сарала кетпей бир мүнөт
Кайра тарттым Мекеден,
Айбан да болсо жолдошум,
Анык күлүк тулпарым
Сараланын айынан
Кайра тартып келгенде,
Атты койгон жеримде
Атым түгүл, карга жок
Карап турдум жалдырап,
Атты табар айла жок.
Жерге жарык тийгенде,
Таң кашкайып сүргөндө
Ичкенин боюн төтөлөп,
Баякы калган дубана
Сарала менен Көгала
Алып келди жетелеп.
Эки ат колго тийгенде,
Ошол кезде Сарала
Кыл этинде кези экен,
Ойлоп турсам ошол чак
Түнбү десем күн экен,
Атымды койгон дубана
Кайып эрен, кырк чилтен,
Олуянын бири экен.
Сараланы мингенде
Абыдан чындап жол жүрдүм,
Андан жүрүп нече күн,
Букарга жетип келгемин,
Салам айтып кашкайып,
Астымдан чыкты бир киши.
Астында көк аты бар,
Сыягын карап мен турсам,
Үстүндөгү кишинин
Миң кишилик алы бар.
Бети аппак чүчтөдөй,
Кара сакал мистедей,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргундай,
Айдыңын көрсөң акжолтой,
Алышка кирсе сан колдой.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,

Көк темир калкан ойногон,
Оён мыкты Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган.
Айбалтасы шайлануу
Ар жабдыктын баарысы
Бүткөн бойдо камдалуу,
Аркамдан жетип барбактап,
Колун сунуп дардактап,
Мага сунуп калыптыр:
«Сары талдан сайдырган
Багын таштап Бээжинге,
Сап алтындан жасаткан
Тамын таштап Бээжинге,
Кара динден ак болгон,
Капырдан качып жат болгон,
Кагылайын кулунум,
Кабарыңды укканда,
Качып Бээжин чыкканда
Каңгай кирди, - деп уктум,
Каңгай канын талкалап,
Алтай түштү, - деп уктум.
Алтайдын журтун ыйлатып,
Кыз-катынын чуулатып,
Андан өтүп, кулунум,
Көкчө келди, - деп уктум,
Казактардын Көкчөнү
Камап кетти, - деп уктум,
Карсылдатып талаада
Сабап кетти, - деп уктум.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Көрбөсөк да, билбесек,
Аман-эсен болдуңбу,
Келе бери, колуңду!»
Муну айтып, кан Бакай
Кол алышып турганы:
«Бүгүн бизге конгун - деп,
Бизге конок болгун - деп,
Таң кашкайып атканча,
Тараза жылдыз батканча
Аңгемеге баталык,
Тамашалап жаталык», -
Деп, ошондо кан Бакай,
Жүрөр жолун төтөлөп,
Ооздуктан бек кармап,
Сараланы жетелеп,
Алып кирди сарайга.
Каалга темир сом калай,
Кыз чагында Каныкей

Кымбаттык менен салдырган,
Кыйланы таң калтырган,
Букардагы зор сарай,
Ол сарайга киргенде,
Мамылары кагылуу,
Сарайга кирип барганда
Баары кийген кара бөрк,
Эрдиги артык көрүнөт.
Баары оён, кара көк,
Отуз жигит ортодон
Чуркап жетип калганы,
Сараланын үстүнөн
Так көтөрүп алганы.
Ал, темирден соккон кермеге
Сараладай күлүктү
Аса байлап салганы,
Ар жагында бир үйгө
Касиеттүү Бакай кан
Алып кирип барганы.
Дасторкону салылуу,
Эчен түрлүү аш-тамак
Баары турат жайылуу.
Ошондо Бакай көк жалың
Аңгеме сөздөн баштаган,
Багылан козу, тай этин
Бал кайнатып таштаган.
Дасторконду жыйгыча,
Тамакты жеп тойгунча,
Касиетин көрдүңбү,
Кайран Бакай канзаада,
Менден сөздү сурабайт,
Дасторконду жыйганда,
Жана бата кылганда,
Ургаачыдан уз көрдүм,
Кырктай сулуу кыз көрдүм.
Кара сурдун сулуусу,
Кыз алдынан карасам,
Ургаачынын урдуусу,
Жүзү кызыл кынадай,
Кан Манастын Каныкей,
Он тогузга жаш келген
Орою сулуу келинчек,
Кысыр эмди тай тайлак
Башын эми чалдырып,
Кызык татты аш-тамак,
Букардан жыйып алдырып,
Алтындан кылган чарага
Ар даамдын баарысын
Салып чүмкөп алдырып,

Букардагы Агынай кызы Арууке,
Өзүнүн жакын сиңдисин
Эт көтөртүп алдырып,
Моймолжуган кара көз,
Тартуу кылып келиптир.
«Түбөлүк жарың ушу» - деп,
Он жетиде Арууке
Ала келип алдыма,
Асыл тууган Каныкей
Тартуу кылып келиптир:
«Азизкан уулу Алмамбет,
Арсланым, уккун менин кебим - деп,
Колтукташа кеткидей,
Коштолушуп жүрөөргө,
Өмүрлүк сенин теңиң - деп,
Ой, уул, көңүлүңдү бөлбөчү,
Көрүнгөнгө кыз тарткан,
Кандай сонун калык - деп,
Бизди жаман көрбөчү».
Ушу сөздү айткан соң,
Агынай кызы Арууке
Башындагы кийгени
Алтындан кылган такыя,
Баштатан ашык маа болуп,
Жете албай жүргөн байкуш аа.
Көңүлүнө толтуруп,
Ойноктогон тасма бел,
Оң тиземдин үстүнө
Баса келип олтурду.
Акка ишин салыптыр,
Жанымдагы Мажикке
Көлөйдүн кызы Көөнөкан
Тартуу кылып келиптир.
Ал аңгыча болгон жок,
Асыл султан Бакай кан
Алты кожо, төрт эшен
Даяр кылып калыптыр.
Кожону Бакай жыйганы,
Курандан аят окутуп,
Чак түштө ике кыйганы.
Оң жагымда Каныкей,
Сол жагымда кан Бакай
Отургузуп ортого,
Сурады менден жоопту.
Баятадан берки дүмөктү,
Айтып бердим ошондо,
Арслан Манас, көк жалым,
Ушу өзүңө айткан жомокту.
Жомокту угуп алганда,

Аяш долу Каныкей
Боздоп турду буркурап:
«Манаска айта көрбө» - деп,
Ыйлап турду чыркырап,
Кулактары мистеген,
Балбандары сандан көп,
Каканчындын Бээжинге
Арсландар чаркы жетпеген.
Арслан көк жал кабылан
Он эки канды жыйбасын,
Чоң казаты болбосун,
Бүткүл кыргыз элинен,
Такыр кырып салбасын,
Айтып койсоң сырыңды,
Алакандай кайран эл
Бекер кыргын болбосун.
Эл эсебин айтайын,
Илгеркисин санасам,
Нече кандын эли бар,
Ушу бүгүн санасаң,
Он эки кандын журту бар.
Он эки кандын аз журтун
Оён көк жал кан Манас,
Жыйып айдап, албасын,
Айдап барып Бээжинге
Такыр кырып салбасын».
Бадышазаада Бакайга
Ант кылдым, кармап чыбыкты,
Бээжиндин жайын айтпаска.
Бу дүнүйө жалганда
Кан Манас, ал айтканың дагы чын,
Кечээ, Коконго кордук салганда,
Маргалаң менен Самаркан
Баарын чаап алганда,
Билге жүктөп дилде алдык,
Кара көздөн миңди алдык:
«Бээжиндин жайын, айткын» - деп,
Мени кыстап сен турдуң:
«Билбеймин» - деп, Бээжинди
Мунда дагы ант кылдым.
Көрбөдүм - деп, Бээжинди
Айткандыгым дагы чын,
Көрмөк түгүл Бээжинди
Туулуп, өсүп чоңоюп,
Келгендигим мындан чын.
Сарала менен самсытып,
Желгендигим дагы чын,
Акыреттин жайынан,
Азаптуу тозок барынан

Жеримден тентип, элимден
Жүргөндүгүм дагы чын.
Эми Манас, кебимди ук,
Айры белес, бек жолду
Ашкандан Алмаң коркпогон,
Түнөрүп жаткан Бээжинди,
Түмөндөгөн кечилди
Чапкандан Алмаң коркпогон,
Чек араны чет кылып,
Бөлүштөн Алмаң корпогон.
Чет-Бээжин эмес, Түп-Бээжин
Таш-талканын чыгарып,
Өлүштөн Алмаң коркпогон.
Алым келсе топ бузам,
Ажал жетсе кантейин,
Кайра тартып кетпеймин,
Түп-Бээжинде окко учам.
Окко учар себебим -
Көйнөгүм чечип жууган жер,
Киндигимди бууган жер,
Алмаң эмес, а түгүл,
Алтымыш атам тууган жер.
Кокустан өлүп мен кетсем,
Тоодогу жылкым тогуз миң,
Жылкымды Манас, жыйып кой,
Алган жарым Арууке,
Ажал жетип мен өлсөм,
Мажикке ике кыйып кой.
Адырда жылкым ала баш,
Аргымак буудан аралаш,
Сай тулпар күлүк баары ток,
Опосу жок жалганда
Аркамда эркек балам жок.
Ашкере тулпар мээси жок,
Менин көзүм өткөн соң,
Артымда калган бир туяк,
Жыйып алар ээси жок,
Арманы зор дүнүйө
Көтөрбөскө чара жок.
Маңдайым эмес, артымда
Берзент деген кара жок,
Жыйылган дүйнөм, алтын-таш,
Бээжинге кирип мен өлсөм,
Кайда калбайт курган баш!
Бээжинден кайтпай мен өлсөм,
Белимден бекем бүктөп кет,
Бээжинге сөөгүм калтырбай,
Бери карай жүктөп кет!
Белгилүү жерге келгенде

Көрүмдү терең оюп кет,
Жакшылап мени коюп кет!
Жана Манас кабылан,
Айтар сизге кеп калды,
Аман Талас көрсөңүз,
Агынай кызы Арууке
Калп болбосом, ичинде
Үч ай болжол шек калды.
Эркек эмес кыз болсо,
Күдөрүң менден үзүп кой,
Эркек болсо эгерде,
Тоюна токсон соё көр,
Атын Күлчоро берен коё көр.
Эркек болсо эр болот,
Өзүмдөн өтө илгери,
Айза салым шер болот.
Кызарып жанган чок болот,
Кыйкырып жоого тийгенде
Сандаган душман топтолот.
Керээз айткан кебим бул,
Айткан сөзүм түйүп ал,
Барса-келбес Бээжиндин,
Кайгуулуна баратам,
Үчүнчү айда күтүп ал!
Үчүнчү айдан мен калсам,
Адырдан аркар атып жеп кеткин,
Адамзаттын арсланы
Алмамбет өлдү, - деп кеткин.
Күн болжолдон мен калсам,
Бээжинге барбай кайтып кет,
Берениm Алмам өлдү - деп,
Арттагы он эки канга айтып кет!
Керээз айткан себебим,
Бир жолу бар Бээжиндин,
Барган кайра кайтпаган,
Бир жолу бар Бээжиндин,
Кезиккен кайра тартпаган,
Бир жолу бар Бээжиндин,
Казып койгон ору бар,
Бир жолу бар Бээжиндин
Курап койгон колу бар,
Колуна тийсе кытайдын
Кайнатып койгон шору бар,
Кош, көк жалым, кан Манас!»
Муну айтып турганда,
Манас кан ыраазы болду кебине,
Кара жанды аябайт,
Алмамбеттей шерине.
«Алакем, кызыл айза желегим,

Кылчайбай келген журтунан
Кытайдан келген белегим.
Алакем, ажалы жеткен өлбөйбү,
Моюнга келген азапты
Жигити чиркин көрбөйбү?
Искендер баспас Бээжинге
Имерип айза сунуп бер.
Эч ким барбас Бээжинге
Жетип кызык салып бер,
Кытайдын малын чачып бер,
Тилимди алып, кырааным,
Кыргыздын жолун ачып бер.
Бээжинден чалгын чалууга,
Чалып кабар алууга
Жылкыдан тандап берейин,
Карткүрөңдөй малымды ал,
Аздык кылса азыгың
Көөкөргө куюп канымды ал.
Ат бекитер өрөөндү ал,
Амыз кылбай Бээжинге
Жанындагы төрөңдү ал.
Он эки урук кыргыздан
Тегиз жыйып алайын,
Чубатууга салайын,
Айзалаш тандап, болжоп ал,
Каканчындын Бээжиндин
Кабары катуу жер экен
Кашыңа тандап жолдош ал.
Ошондо чочуп кетти Алакең:
«Артыгым айкөл, не дейсиң,
Он эки кан журтуңду
Тегиз жыйып алганда
Не муратка жетейин,
Жаныма берчи тең жолдош -
Сыргак менен кетейин.
Самоору алтын, чайы арзан
Самаркандай калаа жок.
Сайышкан жоого киргенде,
Салгылашып турарга
Сыргак өңдүү бала жок.
Кабылан Сыргак балага
Кыргыздын журту биригип,
Жана менин кара башым садага!
Сыргакты берчи аламын,
Анан чалгын чаламын!
Эр Сыргак чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган.
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жоого сак,

Ай-ааламды буй кылат.
Айланайын, эр Сыргак
Сундурган айза тартпаган,
Сумсайып коодон качпаган,
Душманга азар салбаган,
Туш-туштан камап жоо чыкса
Суурулуп кайра кайтпаган.
Бээжинге барбай кайрылбайм,
Безилдетпе көп мени,
Беренim эр Сыргактан айрылбайм.
Сыргактын ааламга жетет чамасы,
Өзүң менен аталаш
Ага-ининин баласы.
Кара калпак кыргагым,
Аман болсун, өлбөсүн,
Качан болсо Сыргагым.
Улак кан менен Жакып кан
Ушул экөө бир тууган.
Өлбөсөм Бээжин чаламын,
Улак кандын Сыргагын
Өзүңдөй көрүп турамын.
Кызыгы кыйын Бээжинге
Кыйкырып айза сунамын,
Кыйрашкан кытай душманга
Сыргакты медет кыламын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Арсландар барбас кытайдын
Быйыл күчүн көрөмүн».
Муну Алмаң айткан соң,
Муну айтты Манас кан:
«Кош, эмесе кабылан,
Шаймандын баары бүктөлүү,
Алтымыш асый кези эле,
Карткүрөңгө жүктөлүү».
Манас, Чубак эки шер
Оорукка экөө калган жер.

## 29 Алмамбет менен Сыргактын чалгыны

Жылкыда күлүк ала баш,
Алмамбет, Сыргак аты уйкаш
Аттанып чалгын чалган жер.
Дубалуу сөзүн аянбай,
Туйгун Манас, эр Чубак
Эки колун көтөрүп,
Көздөн жашын имерип,
Кожурап бата берген жер.
Алмамбет, Сыргак эки шер

Кидирбей атка минген соң,
Кайрылбай жолго кирген соң,
Карап туруп кан Манас
Каңырыгы бек түтөп,
Алмамбет, Сыргак эки шер
Түп-Бээжинди бет алып,
Кытайдын жерин чалган жер,
Кан Манас, Чубак биригип,
Тал-Чокуда калган жер.
Азизкандын Алмамбет
Жанында Сыргак кара көк,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Ашуусу бийик тоо менен,
Аскар жаткан зоо менен,
Ирмеп алар чөбү жок,
Чык этерге суусу жок,
Үстүнөн ысык кетпеген,
Төбөсүнөн айланып,
Канаттуу учуп өтпөгөн
Кыйыр-кыйыр жер менен
Кылчайбай, турбай жол жүрдү,
Ат аябай мол жүрдү.
Көп ойлонуп нез болду,
Жаңырыктын Жар-Кыя
Ажыдаар жүрбөс чубама,
Тешик-Таштын оюна,
Агарган талаа боюна
Жакын кирип барганда
Артындагы эр Сыргак
Айланасын караса,
Мергени турат бир жерде
Мээлеп тиктеп аткалы,
Ажыдаар турат бир жерде
Арбап, соруп тарткалы.
Бир жагын Сыргак караса
Илбирси турат илгели,
Жолборсу турат комдонуп,
Качырып шериң киргели.
Мунун баарын көргөндө
Бала Сыргак муну ойлойт:
«Чолпондой болгон кайран көз
Ойдургалы келген го?!
Ажыдаар, жыланга
Алдап чалгын чалдырып,
Көөнү келсе Алмамбет
Сордургалы келген го?!
Качан болсо өлгөмүн,
Алмаңды ээрчип келгемин.

Ажыдаар оп тартса,
Аянбастан соёюн,
Жолборсу келип кол салса,
Өлүм кылып коёюн.
Бекитип койгон чептерин
Мен талкалап өтөйүн,
Астымдагы Алмамбет
Артынан кууп жетейин,
Канын чачып бу жерден
Кайра тартып кетейин!»
Жабдыгын алып шайланып,
Жалаңдаган эр Сыргак,
Жанына болот байланып,
Энтеңдетип шаштырып,
Алдындагы Сарала
Согончоктой бастырып,
Сыргактын түрүн көргөндө
Сырттан тууган Алмамбет:
«Кокустан көрсө кароолчу
Кытай капыр эми көрөт - деп,
Минтип жүрсө Сыргагым
Түбүмө түгөл жетет - деп,
Аңдып жаткан кытайга
Шек билдирип кетет» - деп,
Муну ойлоп Алмамбет
Сарала оозун бурду эле,
Күпсөр менен бир дары
Күркүрөп Алмаң суурду эле,
Алакан толгон дарыны
Таңдайына урду эле.
Ээрдин башын каккылап,
Камчы менен кайталап,
Үзөңгүнү чапкылап,
Калмактай сүйлөп калдырап,
Кытайча сүйлөп балдырап,
Амал окуп кытайдын
Айласын билген Алмамбет
Зыйкыр окуп турду эми.
Алмамбет зыйкыр окуса,
Ажыдаар качты ышкырып,
Мергени качты үшкүрүп,
Жолборсу качты тоо менен,
Илбирси качты зоо менен.
Каманы качты токойго,
Быт-чыт болуп зыйкырлар
Житип-житип жоголду.
Бул амалды көргөндө
Сарала оозун бурду ошол.
«Алаке, чының айткын» - деп,

Сыргак камап турду ошол.
«Уктаса көргүс түш кылдың,
Ажыдаар бизди сороордо
Адамдан башка иш кылдың, Алмам!
Ырас-чының айтып бер,
Анык сырың айтпасаң
Сенин тилиң албаймын,
Өлсөм Бээжин барбаймын!»
«Берeним Сыргак, угуп тур,
Чолок этек көйнөгүн
Кийип турган кезимде,
Алакандан чыгарбай,
Кырк кандын эли кытайды
Билип турган кезимде,
Кыргыз болор ойдо жок,
Калың манжуу, кытайдын
Калың согуп, чеп жасап,
Тамы болуп турганда,
Каканчындын Бээжинде
Төбөмө асыл таш сайып,
Каны болуп турганда
Арсландай белим ийилген:
«Бээжинди чаап кетет - деп,
Түбүмө бурут жетет» - деп,
Даңзасына кытайдын
Манас көк жал чийилген.
Муну көрүп алганда,
Таш сайынган кытайлар
Тамак ичпей коркушуп,
Чуркурашып күйүнгөн.
Кыргыз болор ойдо жок,
Жин-берини чалдырдым,
Жин-беринин шаарынан
Алтымыш аяр, зыйкырчы
Атайы буйруп алдырдым.
Айлыгына буттап алтын-зер берип,
Минтсем Бээжин келбейт - деп,
Бээжинди Манас көрбөйт - деп,
Ажыдаар, жолборс канча аң,
Зыйкыр менен мен Алмаң
Жол кайтартып койдурдум.
Алдап туруп аярдын
Амалын бүткүл үйрөнүп,
Баарынын башын алдырдым.
Бекитип койгон зыйкырды
Чечип ийдим, көрдүңбү?
Эми сырым айтайын,
Алтындан ордо там кандай,
Такты минген жан кандай?!

Кудай өзү мендесин
Жаратат экен ар кандай!
Эсенкан кызы Бурулча:
«Алакем качан келет?» - деп,
Боздоп жүрсө ал кандай?!
Боздогон жарга жете албай,
Мелтиреген куу чөлдө
Бозоруп жүргөн мен кандай?!
Эсенкандын Бурулча
Быйыл дүрүйө көйнөк чойгондур,
Көөнү келсе түңүлүп,
Мени келбейт экен - деп,
Күдөрүн үзүп койгондур!
Эсенкан кызы Бурулча
Урдун кызы ал эле,
Урдун уулу мен элем.
Бирибизди бирибиз
Көрүшмөккө зар элек,
Мен Бээжинден кетерде
Келемин деп ишенткен
Көп убада бар эле,
Камоодо калган ал кандай?
Кайрылып кайта жете албай,
Качып келген мен кандай?
Ошо күндөн ушу күн
Коргол менен күн санап,
Күйүп жүргөн жан кандай?
Курусун курган ашыктык,
Астыбызда жайнаган
Калың кытай канча сан?
Бурулча эске түшкөндө
Тутамча келбейт чымын жан.
Мен Бээжинден чыгарда
Далай кытай урушуп,
Кыйрап калган эмеспи,
Эсенкандын Бурулча
Чылбырыма чырмалып:
«Эсен болуп, тез кел!» - деп,
Сараланы жибербей,
Эки колдоп тизгиндеп,
Ыйлап калган эмеспи.
Келгендерден кеп угам,
Алты кан элин чогултуп:
«Бурулчаны бергин» - деп,
Алөөкөнин Коңурбай
Эсенканга ушул жыл
Жуучу түштү, - деп угам.
Этеги тилик көйнөгүн
Кийбей койду, - деп угам.

Болбой койду, - деп угам.
Арага түшкөн алты кан
Алөөкөнүн Коңурбай,
Кытайдын каны Эсенкан
Бурулчанын дартынан,
Журт болушуп келишпей,
Жоо болушту», - деп угам.
Кара кезек, ак калпак
Каарданды эр Сыргак.
Бурулча жайын укканда
Toктоно албай ойдолоп,
Оён көк жал, шер Сыргак:
«Алаке, ушул кебиң чын болсо,
Ичимден кием тонуң бер,
Аныктап азыр жообуң бер.
Көк чебичим минейин,
Каканчындын Бээжинде
Какайлатып кытайды
Бээжинден айдап сүрөйүн.
Топон суу жетпес Бээжинге
Тозокту чындап салайын,
Эсенкан кызы Бурулча
Кытайдан тартып алайын.
Ач билектен имерип,
Учкаштырып артыма
Ат сооруна салайын!»
Ушу сөздү укканда
Азизкандын Алмамбет
Безге сайган кишидей
Ыргып кетти кара көк.
«Түгөнгөн Сыргак, не дейсиң,
Дүмүрөйгөн чоң зоңкок
Түз деп, ашар бел эмес,
Түрү суук кытайга
Түз эле кирер эл эмес.
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар.
Түлкүсү жатат белинде,
Өрдөгү жатат көлүндө,
Кулжасы жатат каңкайып,
Коймого койгон жеринде.
Анын ары жагында,
Кырк кечили жанында
Таштан койгон тагы бар,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Чоң Малгун деген дагы бар.
Түп-Бээжинде санатсыз
Сапырылган журту бар,
Алты айчылык Бээжинге

Алты күндүк кабарды
Жетип жеке берүүчү
Кыпкызыл калтар түлкү бар.
Он күндүк жерден жыт билген,
Алты күндүк узак жол
Алыстан анык көз көргөн,
Түлкүсүн кармап биз алсак,
Кытайдын малын чачабыз,
Түлкүсү бизден кутулса,
Дүмөктүү болуп кайтабыз.
Арнап алган желегим,
Ачууланбай тим жүргүн,
Айланайын белегим!
Тетиги, дүмүрөйүп көрүнгөн,
Түз болгон тоонун урчугу,
Бетеге чыккан чоң талаа
Чай алчу тоонун тумшугу.
Билген жанга ал тумшук
Кан-Жайлактын бели ошол,
Кароолго койчу түлкүнүн
Качып кетер жери ошол.
Ошол жерге барганда
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Ошол жерге барганда
Кезигип калсаң түлкүгө,
Тегерегиң караба,
Тегеле жаның аяба,
Өөдө-ылдый караба,
Өлөмүн, - деп санаба.
Астыңдагы Көкчебич
Буудандын жайын айтайын,
Кара байыр, казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Чалгынга минсең чарчабайт,
Оорукка минсең оорубайт,
Катыра түлүк жол жүрсөң
Шейшеби токтоп тутулбайт,
Жүгүргөндө жаныбар
Канаттуу качып кутулбайт.
Бөлөк жакка кайрылба,
Айткан жерден айрылба,
Ордунда болсо түлкүнү
Астыма салып кубалап,
Айкырып анда бакырам:
«Сыргак, кел!» - деп, чакырам.
Чыканактап дем албай,
Чырым этип, уйку сен албай,
Кармап алсак түлкүнү

Калың кытай элинин
Казына, малын чачабыз».
Муну айтып Алмамбет,
Колунан кармап Сыргактын,
Кайта-кайта бек уучтап:
«Ушу жерден жылба», - деп,
Улам-улам табыштап,
Бура тартып дыр койду,
Сарала менен чу койду.
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Күндү түнгө айлантып,
Сасык туман түшүрүп,
Жайдын күнүн кыш кылып,
Кароолдогу калмакты
Кар-бороонго туш кылып,
Түлкү жаткан өзөнгө
Түнөртүп мөндүр жаадырып,
Кароолчусун камады.
Корголотуп чыгарбай,
Түлкү жатты ийинде
Жаандан коркуп тура албай.
Жайлаган жай зыйкырды
Окуп келген Алмамбет,
Сандаган сан кытайды
Кырып келген Алмамбет.
Кытайдын сырын калтырбай,
Билип келген Алмамбет,
Кытайдын жолу - кыйын жол,
Көрүп келген Алмамбет.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Белгилүү берен султаның
Сырбараңды колго алып,
Бастырып чыкты кайкыга,
Караган шак элине,
Качан болсо түлкүнүн
Кароолго чыгар жерине.
Түлкүнү карап элеңдеп,
Арта салып бир ташка
Бараңды турду белендеп.
Ошол чакта куу түлкү
Башын жерге салды эми:
«Мезгилсиз кандай жаады? - деп,
Кандай күндө болду? - деп,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Алмамбет жайы көрүнөт,
Кароолго барып, мен карап,
Кайра тартып келейин,
Кашат бойлоп желейин,

Кароолдогу кырк кечил
Барып кабар берейин.
Бээжиндеги Карыкан
Белгилеген сөзү эле,
Берен көк жал Алмамбет
Бээжинге сапар кылмакка
Быйыл келер кези эле».
Муну ойлоп куу түлкү
Жаны калбай түйүлүп,
Зымырылып жүгүрүп,
Кароолго келди жулунуп,
Тумшугун өөдө көтөрүп,
Жыттап турду айланта.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Калтырбастан төтөлөп,
Бодур кыраң, боз талаа
Дагы чыгып калыптыр.
Сараласын самсытып,
Желген экен Алмамбет,
Жер жайнаган кол алып,
Келген экен Алмамбет.
Жайылган кыраң, тик тумшук
Үч тулпардын изи бар,
Не де болсо чалгынга
Чалып кабар аларга
Келип калган киши бар,
Быйылкы жыл чоң катар
Каканчындын Бээжинге
Дүмөк салар кези бар».
Муну ойлоп түлкүңүз
Секирип таштан дыр койду,
Аңдып турган Алмамбет
Окчо кармап бараңды,
Качып калган түлкүнү
Капталдата бир койду,
Мээлеген жерге тийбестен,
Бир жаккы колун сый койду.
Кара жандан түңүлүп,
Канаттуудай түйүлүп,
Качып барат түгөнгүр
Үч буту менен жүгүрүп.
Агала кыя капталдан
Алмамбет келет бакырып,
Бакырыгы тоо жарып:
«Эр Сыргак!» - деп чакырып.
Колундагы Карткүрөң
Кабак жакка ыргытып:
«Чү!» - деп калды учкандай.
Эликтей кылып түйүлтүп,

Астындагы Көкчебич
Оңду-солду камчылап,
Оң-тетири теминип,
Карыдагы сырнайза
Кармай салып оң колго
Түлкүнү көрүп сүйүнүп,
Тиктеген көзүн ирмебей,
Жаңылбастан баратат!
Каптал жолго таянып,
Караандаша кеткени,
Түлкүдөн чыккан чаңдакка
Аралаша кетти эми.
Белестеги кайкаңда,
Бетегелүү тайпаңда,
Безилдетип тулпарын
Түлкүгө жаңы жетерде,
Канаты бар Көкчебич
Жандай салып өтөрдө:
«Кудай, кууну бергин!» - деп,
Сырнайзаны көтөрдү.
Түлкү демеп дыр койду,
Караган, бадал, калың чер,
Качып түлкү кирерде,
Кабылан берен Сыргагың
Капталдата бир койду.
Каптал жүнү бурады,
Бели үзүлүп быркырап,
Сүйүнгөндүн белгиси
Берен туулган Алмамбет
Артынан келди кубанып.
«Айланайын, Сыргак!» - деп,
Көзүнүн жашы он талаа,
Түлкүнү сойдук талаага
Айланайын, Сыргагым,
Малым түгүл, казына,
Сендей кыраан балага
Кара башым садага!» -
Аттан түшүп түйүлүп,
Азизкандын Алмамбет
Түлкүгө келди жүгүрүп,
Кара болот Наркескен,
Кындан алып сууруп,
Алты бөлүп таштады,
Түлкүнү канга жууруп.
Караган шак, калың таш,
Ошол таштын ичинен
Жаткан төөдөй шири кап,
Азизкандын Алмамбет
Эр Сыргактын алдына

Алып келди көтөрүп,
Ичин жарып караса,
Коңурбайдай калчанын
Камдап койгон тону экен,
Кароолго келгенде
Кие турган тону экен.
Коросонго кой айтып,
Баабединге бата айтып,
Ай туяктан ат айтып,
Алмамбет турду сүйүнүп,
Жаткан төөдөй шири кап
Жара чаап жиберип,
Коңурбайдын кеп тонун
Алмамбет алып кийинди.
Тонду кийип алган соң,
Алмамбет турду шаңданып,
Көрүп турду эр Сыргак
Алмамбетке таң калып.
Көз-көз алтын балкылдайт,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдайт.
Сырт жагынан караса
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кебетесин карасаң -
Кечилдин каны Коңурбай,
Алакең өзү болуп калды эми.
Колундагы чылымы
Алтын айлуу, сыр канжа
Алдынан чыгып караса -
Алачыктай зор калча.
Ошондо, береки кең Таластан келерде,
Өөдө-төмөн чыркырап,
Туйлап берген эмеспи,
Белек кылып бир куржун
Берен жеңең Каныкей
Ыйлап берген эмеспи:
«Ой, аяш, Бээжинге барсаң чала бар,
Беренім жеңем берди, - деп,
Белек кылып ала бар.
Каканчындын Бээжинге
Барсаң кытай чөп деген,
Балакети көп деген»...
«Бээжинге бейпай салганда
Белекке алып барсын» - деп,
Иштүүлүктөн Каныкей
Нашап салган эмеспи.
Коңурбайдын Алгара
Кулагына кулагын,
Туягына туягын,

Так ошондой кылдырып,
Жасап салган эмеспи.
Ички жагын жабуунун
Була менен байлаткан,
Түк келүүчү сырт жагын
Кара кыл менен карматкан.
Куржунга салып кабыштап,
Аманат берген табыштап,
Курган катын Каныкей:
«Бээжинге барсаң ала бар,
Оорсунбай аяшым,
Канжыгаңа чала бар,
Ушул турган кеп тонду
Белекке бердим ала бар».
Берен катын Каныкей
Белекке берген кеп тонду,
Берен Алмаң кабылан
Астындагы Сарала
Ээрин алып жайдактап,
Берендигин билгизди,
Каныкей берген кеп тонду
Саралага кийгизди.
Жана кеп тонду кийип алганда
Кептүү күлүк Сарала,
Сараласы жоголду,
Коңурбайдын Алгара
Алгара болуп оңолду.
Көкүлдү көккө ыргытат,
Туякты жерге мылгытат,
Оозду гун каккылайт,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылайт,
Астыга минсе Сарала
Алгарача булкунат,
Кээ бир жерде Сарала
Атырылып жулкунат.
Алмамбет, короздой мойну койкоюп,
Кылычы жанда кыңгырап,
Кыя тартып жөнөсө
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйыны болуп зыңгырап,
Туура сага өлүм жок
Таш сайынган кытайдын
Тазасы болуп кубулуп,
Ээр белдей белестен
Чаңдап чыкты көрдүңбү?
Ээк алдында куу кулжа
Коңурбай болуп кубулуп,
Алакең, алдап чыкты көрдүңбү.

«Ажыдаар жатат белинде,
Куу түлкүң жатат көрдүңбү?
Кароолго койгон жеримде,
Менин балбаным жатат чебимде,
Өрдөгүм жатат көлүмдө,
Атаңдын көрү, Ак кулжа,
Кара сууда кеме жок,
Кайран башым барында
Каш кайтарар эме жок,
Туура сууда бөлүм жок,
Туйгун башым барында
Тура бергин, куу кулжа,
Карап көрчү, куу кулжа,
Кароолго турган арсланым,
Канча жылы болгончо,
Кароолчу болуп өзүмө
Жол кайтарып калганың,
Аркарга сени кошпогон
Өзүмдө болот арманым.
Карыкандын алдынан
Алты аркар тандап аламын,
Мына минтип өзүңдөн
Жана тукум аламын», -
Мына муну укканда,
Таштап чуркап, дыр коюп,
Алакеңдин алдына:
«Коңурбайым экен», - деп,
Жетип келди чу коюп.
Туура тартып турганда,
Кулжага Алакең амал кылганы,
Кара калпак кыргагы,
Кабарыңда бар бекен,
Кан Манастын Сыргагы
Колундагы чорт келте
Окчун кармап бир койду,
Кулжаны минтип кулатты,
Бала Сыргак көйкашка
Аткан жерде сулатты.
Куу кулжа атып сойду эми,
Этине экөө тойду эми.
Аяныч жок жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Томуктай жерде тоосу жок,
Токум батар коосу жок,
Ит өтпөгөн чөл менен,
Ийри-буйру жол менен
Аттын оозун бурду эле,
Азганакай Алакең
Капа болуп турду эле,

Жанындагы Сыргакка
Бу сөздү айтып турду эле:
«Маңдай жаккы кашатта
Жалгыз аттын жолу бар,
Өрдөгү көлдөн кетиптир,
Эки күн мурун келбеген
Алмамбеттин шору бар.
Алты күндүк алдында
Чоң Малгун деген зору бар.
Алачыктай чочмору
Алышарга колу бар.
Алдында турган кырк кечил
Кароолдогу чоңу бар,
Чоң Малгундун алдында
Кытайча бичик каты бар,
Капыр Малгун минерге.
Боз качырга мингизсе,
Айбандан күлүк чоң эшек -
Чуркашына мал жетпейт,
Үстүндөгү Малгунга
Алышкан менен ал жетпейт.
Малгундун жайын сурасаң
Адамдан башка сөзү бар,
Маңдайынан карасаң
Көнөктөй жалгыз көзү бар.
Чет-Бээжиндин тамы ошол,
Ченебеген чоң Малгун
Жалгыз көздүү каны ошол.
Кандай заман, кандай түн,
Кабылан Сыргак, кырааным,
Экөөбүздө бу жолдо
Болор экен кандай күн?
Чочуп турган кообум
Ошол капыр Чоң Малгун
Алышканды түк койбойт,
Бир чочконун этине
Бир жегенде түк тойбойт.
Бейлеп сөздү байкачы,
Алакеңдин кеби ошол,
Каканчындын Бээжинди
Жалгыз көздүү Чоң Малгун
Кайтарып турган жери ошол.
Тетиги, бозала мойнок, кыраң таш
Казаны жатат кайналуу,
Тетиги капталда чынар теректе
Качыры жатат байлануу.
Алмамбет ураан чакырсам,
Качырына жете көр,
Жетчү болсоң Сыргагым,

Качырдын башын кесе көр.
Угуп ал жакшы сөзүмдү:
«Алакең кандай болду?» - деп,
Сала көргүн көзүңдү.
Качып кетсең кытайдан
Балалыгың билермин,
Айтылмыш кеп чын болсо,
Таңда магшар күнүндө
Сени, кара эшек кылып минермин.
Сага айтпай, кимге айтам,
Айзага таккан желегим,
Азгынакай кыргыздан,
Атайы сурап Манастан
Алып келген белегим.
Аянып Сыргак, калбагын,
Чоң Малгун менен салышам,
Чочуп чыга бербегин,
Чоңдугун көрүп жалтанып,
Кол салалбай жүрбөгүн,
Чочубастан, Сыргагым,
Жебеден мурун жете көр».
Муну угуп алган соң,
Кара жандын ынагы,
Кабылан бала Сыргагы
Айбалта алып камынып,
Кайратына жалынып,
Бастыра түштү элеңдеп,
Бала жолборс Сыргагың
Айбалтасын белендеп,
Ач бөрүдөй жаланып,
Айрыбай көзүн Малгундан
Тикирее каранып,
Көзү кызыл өрт болду,
Айкырган үнү Алмаңдын
Бузуп кетер өңдөнүп,
Качырды көздөп түйүлүп,
Эки көзү төрт болду.
Атышка кирсе акжолтой,
Алышканда сан колдой,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы
Барааны тоодой көрүнөт,
Бара түшүп бөлүнөт,
Байкап турса турпатын
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Чоң Калчадай көрүнөт.
Күдөрү чылбыр булкунтуп,
Күлүгү менен жулкунтуп,

Чоң өтүгү чойкоюп,
Коюла түшүп зыңгырап,
Короздой мойну койкоюп,
Кылычы белде кыңгырап,
Кытайдын каны болгондой,
Бастырып калат зыңгырап,
Кечилге жакын калганда
Кебетеси Алмаңдын
Коңурбайдай көрүнөт.
Очогу оттой чоң канжа
Белинен жулуп алды эле,
Дүңгүрчөктө тамеки
Беш чеңгелдеп салды эле,
Берениңдин канжасы
Беш эли толбой калды эле,
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип, чок койду.
Коңурбайдын сыр канжа
Тартканында коркурайт,
Коё берсе түтүнү
Жеңдей болуп буралып,
Төбөсүндө буркурайт.
Муну көрүп алган соң
Коңурбай калча экен, - деп,
Кароолдогу кырк кечил
Карап турду чуркурап,
Жакын кирип барганда
Сыр найзаны колго алды,
Коңурбайдай калчанын
Өзү болуп зыңгырап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Оозунан жалын төгүлөт.
Карап турган кечилдин
Көрүп көөнү бөлүнөт.
Кылым кытай элине
Коңурбай деген кан чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Каарданып бакырды,
Кырк кечилди чакырды:
«Билимсиздик жайыңдан,
Кырк кечил сенин айыңдан,
Ат боройду сыдырдым,
Алыстагы буруттун
Чалып жолун кыдырдым.
Карап келдим кырк кечил,
Кара сууда кеме жок,
Силерге каш кайтарар эме жок.
Бекемдеп жатып салдырган

Бээжинден башка калаа жок,
Берен башым турганда
Кырк кечил сага балаа жок!
Бээжинден зор калаа жок,
Туура өлүм келбесе
Кырк кечил сага амал жок,
Ойлогула, кырк кечил,
Бекип жаткан белим бар,
Бел байлаган жерим бар.
Абайлачы, кырк кечил,
Түлкүм жатат белинде,
Куу кулжа жатат көрдүңбү?
Кароолдогу жеринде!
Өрдөгүм жатат көлүндө
Бек бекинип чеп кылып,
Бери келгин, кырк кечил,
Мен силерге кеп кылам,
Кайран башым өлбөсө,
Ар кимиңди ар жерге
Тактан түшпөс бек кылам.
Арылбаган арманың
Чек араны сен тозуп,
Катын албай калганың.
Бээжинге кабар салбасам,
Бээжиндеги Карыкан
Кырк кыз сурап албасам,
Ыламаны жыйбасам,
Силерге ике кыйбасам.
Айтканыма көнбөсө,
Сураганым бербесе,
Ажалым жетсе өлбөсөм,
Кырк кечил, сенин дартыңдан
Алты кан элин бөлбөсөм!
Теңдик менен бербесе,
Зордук менен талкалап,
Кыздарын тартып албасам,
Кырк кечил, сенин айыңдан
Чындап кызык салбасам».
Муну укканда кырк кечил
Айбалтасын ыргытып,
Баары басты буркурап,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кытайча чокунуп, жүгүнүп,
Алмамбеттин алдына
Таазым кылды чуркурап.
Кырк кечил каны Чоң Малгун
Баспай турду сандалып,
Алмамбетке таң калып,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,

Жолум үйдөй чоң Балтай
Жонго салып көтөрүп,
Чоң Малгун деген чоң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Жаткан жерин бекемдеп,
Көк темирден тор кылган,
Дөө, беринин шаарынан
Алып келип окутуп,
Адам тилин билгизип,
Түп кароолго дайындап,
Кароолчуга зор кылган.
Ок өтпөгөн темир тон
Кийип турду Чоң Малгун.
«Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн сыйкы бузулду.
Ала кардап шыбыргак
Алмамбеттин жайы окшойт.
Кырк кандын эли чогулуп,
Кызык оюн той кылып,
Калкка кабар салды эле,
Кабар тийип Бээжинге
Коңурбай кетип калды эле.
Азык артып алганы -
Бир канчалык бил болгон,
Бээжинге Калча кеткени -
Так он эки күн болгон».
Муну айтып турганы
Анык ырас сөз эмес,
Түп-Бээжинден кайрылып,
Коңурбай келер кез эмес.
Оңтойлонду Чоң Малгун,
Малгунду Алмаң көргөн соң,
Колуна болот курч алып,
Урушка кирди ошондо
Кырк кечилге кол салып,
Ары-бери Алмамбет
Ойноп-ойноп алды эле
Ойногондо ону өлдү,
Жана кирип калды эле
Кирген жерде жарымы өлдү.
Ок жыландай октолду,
Октолгондо Алмамбет
Кырк кечил бүткүл жок болду.
«Кыркын кырып койдум», - деп,
Кыраанын кайдан токтолсун,
Сырнайза сунуп кычырап,
Кылычын сууруп көтөрүп,
Малгунду көздөй бет алды.
Амалкеч туугaн Чоң Малгун

Шашып чуркап барбактап,
Жетмек болду жалгыз көз
Чоң качырга дардактап,
Качырына жеткизбей,
Кара болот кыргагы
Алакең үнүн укканда,
Качырып калды мелтиреп,
Кайран бала Сыргагы.
Куу сокурду мингизбей,
Качырына жетейин,
Тегерете карабай,
Жетип калды эр Сыргак
Теңиз жанын аябай.
Астындагы Көкчебич
Канаты бар тулпарың
Жебеден мурун жетти эле,
Колундагы Наркескен
Жетип Сыргак берениң
Моюнга чаап өттү эле.
Ит Малгундун боз качыр
Башы үзүлдү быркырап,
Тоо ураган эмедей,
Кулап кетти дыркырап,
Канатынан кайрылды,
Жалгыз көздүү Чоң Малгун
Боз качырдан айрылды.
Каарданып Чоң Малгун
Бир айкырып алды эле,
Кыйкырыктан дүңгүрөп,
Тоо жаңырып калды эле.
Каарданып жөтөлүп,
Жолум үйдөй айбалта
Ийинине салып көтөрүп,
Чоң Малгун дөө муну айтат:
«Мойнун толгоп бурайын,
Бирин койбой кырайын.
Кезигип калса Алмамбет
Аны кармап алайын,
Качып кеткен качкындын
Башын кесип алайын,
Бээжиндеги Карыкан
Карыкандын алдына:
«Алмамбет башы мына», - деп,
Тартуу кылып барайын!
Берип салса Чет-Бээжин
Мен кандыгын алайын».
Муну ойлойт Чоң Малгун,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Мурду тоонун сеңирдей,

Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай
Мурутунун бир талы
Айбалтанын сабындай,
Оозунан чыккан дем
Күйүп турган жалындай,
Грече-грече калың кол
Кармашкандан коркпогон,
Күнү-түнү дем албай,
Санатылуу алты ай
Салышкандан коркпогон,
Алмамбет кыраан көк жалың
Бир кишиден коркпогон,
Сокурду көздөп бет алып:
«Алмамбет!» - деп бакырып,
Айзаны көздөп сундурду.
Мелтиретип оңдонуп,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Тиштегенде Алмамбет
Кашка тиши быркырап,
Жебеден мурун жетти эми:
«Оң далынын бети, - деп,
Өпкө, жүрөк чети», - деп,
Жетип, муштап өткөндө
Таш муштаган сыяктуу
Сырнайза кетти бычырап.
Оңбогон сокур оңбоду,
Соктугуп аты тийгенде
Тизеден жерге орноду.
Эсин жыйып алганча,
Кайран күлүк Сарала
Өөдө тура калганча,
Кабагы карыш тутулду,
Кайраты зор Малгундан
Кандай киши кутулду?
Кылмак болду кызыкты,
Алмамбеттин башына
Салмак болду бузукту.
Айкырыкты салганы,
Сараланын куйругу,
Алмамбеттин этеги
Куу сокурдун колуна
Кабат тийип калганы.
Алмамбет кандай шер эле,
Саралага кошоктоп,
Экөөнү бирдей сүйрөдү.
Жолум үйдөй айбалта
Оңтойлонуп колуна
Алмак болду Чоң Малгун,

Алмамбет антип турганда,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Кайран Сыргак балбандын
Көзүнүн жашы он талаа:
«Бу сокурга туш кылдың,
Башка түшкөн заманбы?
Кабылан тууган эр эле,
Алмамды кудай аман кыл.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алмамбеттей арсланга
Курман болуп берейин».
Алдындагы Көкчебич
Оңдоп-солдоп камчылап,
Олбуй-солбуй теминип,
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден сокурду
Алмамбеттин үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Муну менен Алмамбет,
Ыргып минип атына
Бир оңолуп кетти эми.
Бура тартып эр Сыргак
Ылаачындай качырып,
Кайра жетип келди эми,
Болоттон соккон айбалта
Бекем кармап эр Сыргак,
Дөбөдөй болгон Малгунду
Төбөсүнө эки кур
Салып-салып өттү эми.
Чапканга Малгун кенебейт,
Сыргактын чапкан зардабын
Бучкагына теңебейт.
Бура тартып өткөнчө,
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң балбан
Көздү ачып-жумганча,
Бала Сыргак баатырдын
Башын жара чабаарда,
Эр Сыргакты чаптырбай,
Көкжал кайран Алмамбет
Куюндан мурун жетти эми,
Жеткен жерде Малгунду
Көөдөнгө муштап өттү эми,
Туткундагы жаш Сыргак
Бошоп калып кетти эми.
Малгун менен Алмамбет
Чапкылашып калышты,
Калкандын бети кагышты.
Сооттору жыртылып,

Качпай туруп эки эр
Чындап жатып салышты.
Көкчебич менен түйүлүп,
Жандап жүрөт эр Сыргак:
«Жаралбасам нетет», - деп,
Жаратканга жалынып,
Ыйлап жүрөт эр Сыргак.
«Мен, Алмамбет артыкча
Адамзаттан шер болдум.
Бир Малгунга тең кылбай,
Мунча неге кем болдум.
Не да болсо көрөйүн.
Каршылашып турганда,
Капыр Малгун сокурду
Жалгыз көздөн жаңылбай,
Айза менен аныктап,
Көзгө муштап өтөйүн», -
Деп, ушинтип, эр Сыргак
Турумтайдай жетти эле,
«Малгундун жалгыз көзү», - деп,
Чечекейге эр Сыргак
Муштап эми өттү эле.
Муштаганда чечекей
Жалгыз көзгө сайдырып,
Чечекейден айрылды.
Амалы кетип Чоң Малгун
Тоого качты шок-шоктоп,
Алмамбет, Сыргак эки шер
Тоого койбойт токмоктоп,
Бээжинде Малгундай башка эл болбойт,
Сайган менен айза өтпөйт,
Шилтесе кылыч түк кеспейт,
Чындап качып чуркаса
Эки күлүк ат жетпейт,
Сабаса Балтай дагы өтпөйт.
Капырдан кайдан аянды,
Ортого алып Малгунду
Алты күнү сабады,
Өлтүрө албай Малгунду
Эки кыраан жадады.
Ажалдын жеткен убагы
Жана жетип түйүлүп,
Кашында бала Сыргагы,
Жеткен жерден эр Сыргак
Башындагы туулга
Ыргыта коюп өттү эми,
Атайы соккон асыл курч
Азизкандын жалгызы
Чындап колго алды эми,

Кыйгай тартып Малгунду
Башка шилтеп калды эми,
Карышынча кан кылды,
Бир чапканда Алмамбет,
Чоң Малгунду сойгон соң,
Алмамбеттей шер болбойт.
Ээрдинен тешип Малгунду
Артып берсе атына,
Малгундун жалгыз башына
Кайран Сыргак тең болбойт.
Качыры болсо капырдын
Тең келишер дүнүйө
Адамзатта эр болбойт.
Азизкандын жалгызы
Бел байлаган Бээжинди
Беттеген жерде сойгон шер,
Чоң Малгунду баш кылып,
Кырк кечилди сойгон жер.
Ушул кезде чоң Бээжин
Эштеме менен иши жок,
Мындан ары Бээжиндин
Кароолунда киши жок.
Асылым менин Сыргагым,
Кытайдын көп жылкысын чачабыз,
Эми эки күн жол жүрсөк
Ит-Өлбөс белин ашабыз,
Эңкейген жерде чоң катын
Канышай элин басабыз.
Эбин тапсак катынды
Эптеп жүрүп соёбуз,
Эптебей шекти билгизсек,
Катынга туткун болобуз.
Кирген чакта оозунда
Алтындан курган чатыр бар,
Ошол чатыр ичинде
Бозкертик менен Музкиндик
Эки түгөй баатыр бар.
Чытырмандуу токойдо
Жалгыз аттын жолу бар,
Кандай заман, кандай күн
Кагылайын Сыргагым,
Канжаркол деген зору бар.
Шек билдирбей булардын
Баарын текши кыйратсак,
Кытайдын жолун чачабыз.
Кыргыздын жолун ачабыз.
Бээжиндеги Эсенкан
Анын кызы Бурулча,
Учурашып кайтабыз

(Аман болсо Сыргагым).
Шек алдырсак, Сыргагым,
Канжарколдон бир миңи
Кармайын, - деп камынат,
Бээжиндин бу да кароолу,
Шек билдирсек, Сыргагым,
Чоң катыны баш болуп,
Экөөбүзгө жабылат.
Канча айтам мен муну
Бекип жаткан бели ушул,
Бек ишенип Карыкан
Бел байлаган жери ушул.
Алты айчылык берерге
Желдет кытай эли ушул,
Кадырын билип кытайдын
Канчасын көргөн мен ушул.
Бастырып чаап алуучу
Маргалаң, Букар шаары ошол,
Кылчайбай кырып ийүүчү
Кызылбаштын эли ошол.
Кызырканып, кытай, - деп,
Кылчайбай жоолай бергендей,
Кызыталак Алмаң мен эмес,
Кымбаттуу Бээжин кытайдан
Эсен кайтчу эл эмес».
Муну айтып Алмамбет
Күңгүрөнүп күүлөндү,
Карап турсаң турпаты
Канча-канча түрлөндү.
Кыяга кирип барганда
Карап турса абыдан,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынды,
Кабылан берен Алмаңдын
Колдогону бул экен,
Ийри-буйру жол менен
Имерилип барганда,
Бир караса Алмаңды
Камчы куйрук арслан,
Каарданып чамынып,
Бу да келип калыптыр.
Бир караса Алмаңды
Кырк айзачан, кырк бир жан
Тегеректеп алыптыр.
Жаңырыктын Жар-Кыя
Жаңы кирип барганда,
Алты кулач ажыдаар
Оозунан өрт чыгып,
Арт жагында алжаңдап,

Кошо жүрүп калыптыр.
Жана дагы караса
Алп кара куш алжаңдап,
Бутун салып арбайтып,
Алмамбетти илчүдөй,
Бу жакындап калыптыр.
(Көбү төгүн, көбү чын,
Көрүп келген адам жок,
Бири төгүн, бири чын,
Билип келген адам жок,
Илгеркиден биздерге
Келе жаткан ушу кеп,
Оодарылган алардан
Опсуз чиркин дүйнө шок.)
Бет алып Бээжин жол жүрдү,
Жолго салып мол жүрдү.
Астындагы Сарала
Айтайын десе тили жок,
Эчен кайкы-белести
Ашкан жерин көргөндө
Кулунунан ойноктоп
Баскан жерин көргөндө,
Көкүлдү көккө ыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап,
Оонап ийчү эмедей,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылап,
Адырдын башы ак кайкы
Көрүп барат Сарала,
Окуранып жер чапчып,
Өтүп барат Сарала.
Ылдам жүрүп кеткенде,
Жетик тулпар Сарала
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Чу койгондо Алмамбет
Этек-жеңи дыркырап,
Атып ийген ок жетпейт.
Кең Бээжинди көргөндө,
Айбан да болсо Сарала
Артыкча жаны сүйүнөт.
Улутунуп, сумсайып,
Үйрүн ойлоп күйүнөт.
Баскан жери быркырайт,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө зыркырайт,
Жүрө түшүп кылтылдайт,

Күмүш така, алтын мык,
Аягында жылтылдайт.
Араандай оозу ачылат,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачырайт.
Таманы жерге тарсылдайт,
Салынган тили бир карыш
Тизесинде салпылдайт.
Сарала буудан жол тартат,
Алдындагы эр Сыргак
Коштогону Карткүрөң,
Санааны катуу мол тартат.
«Кудайдын жалгыз буйругун
Башка келсе көрсөк, - деп,
Айза менен челишип,
Ажал жетсе өлсөк, - деп,
Калың уруш бир болуп,
Какайлатып кытайдын
Калаасын эчен бөлсөк», - деп,
Өлүп барат Сыргак жан.
«Түнөрүп токой көрүнгөн,
Түтүнү көккө бөлүнгөн,
Калдайып караан көрүнгөн,
Карааны көздөн бөлүнгөн,
Канышай турган чек ушул,
Көрүнүп калсак көзүнө
Челише турган эл ушул,
Акыл менен албасак
Азапка салчу эр ушул.
Ат көтөрбөс жөөсү бар,
Башкасын айтып нетейин,
Ушул элдин ичинде
Музкиндик деген дөөсү бар.
Жеке катын ал эмес,
Жалгыз турчу жан эмес,
Колунда бир миң колу бар».
Муну айтып Алмамбет
Өрттөй көзүн жайнатып,
Алдындагы Сарала
Эр Сыргакка карматып,
Кынсыз кылыч байланып,
Айбалта белге чалынып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Койнуна куран салынып:
«Колдой көр!» - деп жалынып,
Баса түшүп токтолуп,
Ок жыландай октолуп,
Арсландай чамынып:
«Абайлап Сыргак, көзүңү ач!

Алыс жерде жан жолдош».
Шыпылдай басып каранып,
Койго тиер бөрүдөй
Оозу-мурдун жаланып,
Ылдамдай басып токойго
Кирип кетти Алмамбет.
Ортосунда токойдун
Үйдөй болгон көк чынар,
Бу чынарды көрмөккө
Кимдер болсо чын кумар.
Жалгыз чынар түбүндө
Агып жаткан кара суу.
Таш сайынган кытайдын
Тазасы ичкен ушу суу,
Атайлатып Бээжинден
Алты кан журтун чалдырган,
Эсенкандын алдынан
Эшек кулак балбанды
Суусун ташып беришке
Арнап аны алдырган.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Суу алам деп чынарга
Алты бука терисин
Алып келет көтөрүп,
Булакка жакын келгенде,
Муну Алмам билгенде,
Сууну балбан толтуруп,
Үйдөй болуп олтуруп,
Кайра ийнине саларда,
Канышайдай катынга
Көтөрүп балбан бararда,
Басканына койбоду,
Берен көк жал Алмамбет
Жетип барып кармады.
Жеткен жерден Алмамбет
Башын кесип туйлатып,
Кара суугa салды эми,
Кийиминин үстүнө
Бар кийимин балбандын
Баса кийип алды эми.
Кол токмоктой айдар чач
Аркасына жайды эми,
Алты күн сууну көтөрүп,
Калың балбан, чоң катын
Канышайдай капырдын
Ордосуна барды эми,
Кайгайлаган кытайдын
Ортосуна барды эми.
Ошол чакта ордого

Кытай кайнап толуптур,
Чагаан айы болуптур,
Алмамбет кез болуптур,
Кандай айла табарга
Акыл санап ошондо,
Ойлоп кирди Алмамбет,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы болуп көнгөн кул
Баса түшүп ийилип,
Кытай болуп жүгүнүп,
Башка сүйлөп балдырап,
Калмагынча калдырап,
Оюн салып, кеп таштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Кырк бөлөк кылым оюнун,
Баарын айтып тең таштап,
Эче түркүн сөз айтты.
Көргөн кытай корголоп,
Чоң катындын алдына
Азизкандын Алмамбет
Кирип барды жорголоп.
Ок жыландай октолгон,
Чекири жок, кой көздүү,
Сепкили жок, ак жүздүү,
Азизкандын Алмамбет
Укуруктай моюндан
Ак тамагын кылайтып,
Бийлеп турду муңайып.
Алакең оюн салганда
Байкап кытай билген жок,
Чын Алмамбет экенин
Ылжыган кытай туйган жок.
Алтындан кылган тактанын
Үстүндөгү чоң катын
Алакең бийлеп турганда
Эрип бою эңгиреп:
«Бир кучактап жатсам», - деп,
Ашык болуп Алмаңа
Эси кетти зеңгиреп.
Күйүп-күйүп чок болбой,
Кызыккандан Канышай
Сабыр кылып токтолду.
«Кырк уруу кытай элине,
Кыйла жаткан жерине
Ар бириңер кырк балбан
Бергин, - деп, салык салсам, - деп,
Ошол калың балбан көпчүлүк
Башчы кылып алсам, - деп,
Жакындашып дос болуп,

Бир төшөктө жатсам, - деп,
Чаганга келген көп элге
Арак-шарак көп берип,
Баарын бирдей мас кылып,
Ырдап турган суучуну
Боорума бассам», - деп,
Ойлоп турду чоң катын.
Андан бетер Алмамбет
Кызыктырып кытайдын
Кызы эмес, эркегин,
Бүткөн боюн эритип,
Канча кызык обонго
Салып жатат Алмамбет,
Арак куйган кумура
Анда-санда Алмамбет
Камдай барган ууларды
Бийлемиш болуп билгизбей
Көп кытайга көргөзбөй,
Көнөк менен көөкөргө
Куюп жүрөт Алмамбет.
Канжаркол менен Музкиндик
Кайрат кылар кара жок
Алып келип аракты
Сунуп жүрөт Алмамбет.
Жөө күлүктүн мыктуусу,
Жоо бетинде ыктуусу,
Музкиндикке келди эле,
Билбей басып жүгүнүп,
Бели кетип ийилип,
Буга да арак берди эле.
Сунуп жүргөн аракты
Ичкен жерде бүк түшүп,
Өлүп жаткан мындан көп.
Оозунан көбүк чубуруп,
Басалбастан тыбырап,
Арaң жаны кыбырап,
Сулап жаткан андан көп.
Кусуктары басылбай,
Мастыгынан басалбай,
Кулап жаткан андан көп.
Эки көзү кылайып,
Өлө турган эмедей,
Акырайып алайып,
Ары-бери темтейип,
Туйлап жаткан андан көп.
Не дегенин билбестен
Эч адамды көрбөстөн,
Оозуна келсе аны айтып,
Ырдап жаткан андан көп.

Сөзү угулбай дүңгүрөп,
Өз ичинен күбүрөп,
Көздүн жашы он талаа,
Ыйлап жаткан андан көп.
Мындай ишти көргөндө,
Көрүп баарын билгенде:
«Бул эмине болду, - деп,
Муну ойлойт чоң катын.
Жара келген бул калкты,
Келген жерден мындайча
Салып ийген дүмөктү,
Кырчоосун кылдан эштирген,
Бүтүн жерин кем кылып,
Бурутка барып кестирген,
Азизкандын кан ичер,
Алмамбет келген экен го,
Аябаган чатакты
Салып келген экен го.
Жолдогу бүткүл кароолду
Баарын бирдей өлтүрүп,
Кырып келген экен го.
Кулжа менен түлкүнү,
Жалгыз көзчөн чоң дөөнү,
Кырк кечил менен кыйратып,
Союп келген экен го.
Баарың бирдей камын, - деп,
Балбандардын баарысы
Алмамбетке жабыл» - деп,
Айкырып катын турганда,
Жөө күлүк баары камынды.
Калың балбан биригип,
Канжаркол менен Музкиндик
Алмамбетке жабылды.
Жекени белге курчанды
Жетик кыраан Алмамбет
Бир миң эмес, жети миң
Жайнап жаткан көп колго
Жеке кирип кол салды.
Өлүм десе сүйүнөт,
Өсөт десе күйүнөт,
Кабылан көк жал кайран шер
Кан ичип жүрүп чоңойгон,
Канкор, берен, кабылан эр
Токутпай качыр бурагын,
Топтоп кытай киргенде,
Ыргыта тепти чырагын.
Жагылган отун өчүрдү,
Жабылган кытай баары мас,
Кылыч менен кыймалап,

Кырып таштап баарысын
Капчыгайдай көчүрдү.
Урушарга кытайда
Эч бир кайрат, дарман жок,
Канжаркол менен Музкиндик,
Канча балбан, Бозкертик,
Бири тирүү калган жок.
Ок жыландай октолуп,
Оюп жүрөт Алмамбет.
Ошол жаткан кытайдын
Бирин эсен койбостон,
Союп жүрөт Алмамбет.
Ошол кезде чоң катын
Каарданып бакырды,
Үстүндөгү ордону
Бир кол менен уратып,
Тышка карай ашыгып,
Чуркап чыкты чоң катын.
Ар жабдыгы шайлануу,
Астында күлүк тулпары
Ак сарайда байлалуу,
Ага жетип чоң катын
Ыргып атка минди эми,
Атка камчы бир басып
Бээжинди көздөй жүрдү эми.
Барган сайын кайраты
Ташып турду Алмамбет:
«Бээжинге катын жетет - деп,
Жеткирбестен кетет», - деп,
Шашып турат Алмамбет.
Шашканынан бакырды:
«Жете көр!» - деп чакырды.
Алмамбет үнүн укканда
Асыл Сыргак турабы?
Сараланы жетелеп,
Ай тийгендей өңдөнүп,
Зымыратып чурады,
Көздү ачып-жумганча,
Алып келди чунагы.
Сараланы минди эми,
Изине салып жаңылбай,
Катынды кууп жүрдү эми.
Көкчебич менен Сарала
Коштоодогу Карткүрөң
Оздук менен алышат,
Алмамбет, Сыргак эрендер
Учкан куш менен жарышат.
Кара тоонун белинде
Качып кеткен катынга

Кидирбестен жетти эми,
Жеткен жерде катынды
Ылаачындай эр Сыргак
Көмө коюп өттү эми,
Азизкандын Алмамбет
Оңолуп катын турганда
Башын кесип кетти эми.
Сыргакка Алмаң кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Көңүлдө эми арман жок,
Топон суу тийбес Бээжиндин,
Тозоту эми калган жок, Сыргак!
Туулуп-өскөн жер ушул, Сыргак!
Алты жашар кезимде
Көйнөгүм чечип жүгүрүп,
Көпөлөктү кубалап,
Чоңоюп жүргөн жер ушул, Сыргак!
(Туулган жерди көргөндө
Көңүлү жаман бөлүндү,
Көзүнүн жашы он талаа
Көлдөй болуп төгүлдү.
Киндик кесип, тууган жер,
Кирин кабат жууган жер
Мекесиндей көрүндү.)
Ойноо бала чагымда,
Турганда алтын тагымда,
Береки кашат көрүнгөн,
Андан аркы заңкайган,
Көгала борчук бийик тоо
Атамдын Кан-Жайлак деген жери эле.
Береки жаткан Бээжинден
Миң балбанын алдырып,
Күлүк байлаар жерине
Күмүштөн керме тарттырып,
Өгүзгө казан арттырып.
Кырк кулактуу казанга
Азыктарын кайнатып,
Чыгам деген кытайдын
Чыгарбай шорун кайнатып,
Тозуп турган мен элем.
Анык күлүк Сарала
Оттоп көнгөн жер эле.
Асманда күнүм бүркөлөт, Сыргак!
Бээжин эске түшкөндө,
Томуктай болгон башыма
Акыр заман, кыямат,
Алтымыш санаа бир келет, Сыргак!
Алмамбеттин Бээжинге
Азап салган шоктугу,

Ушу турган Бээжинде
Койчу, кокуй, Сыргагым,
Бусурман диндин жоктугу!
Калдайып жаткан Бээжинде
Алмамбет улук кан болсо,
Миңге бөлүп кытайды
Эч болбосо биринде
Мага жолдош бар болсо,
Калың кытай Бээжинге
Кайгыны кантип баштайын, Сыргак!
Бусурман дини бар болсо,
Кантип журтум таштайын, Сыргак!
Таштап журтум кеткенде
Не муратка жетемин, Сыргак!
Туулуп-өскөн, туңгуч жер,
Түгөл айтып кетейин, Сыргак!
Береки туура жаткан кара кыр,
Чай алуучу кен ошол,
Черикти кытай эл ошол.
Кырк кандын эли кытайга
Алтын берсе, чай берип,
Бу Бээжинди сурап турган мен ошол.
«Алмамбеттин чай чыгуучу кенти», - деп,
Алигиче Бээжинге
Атагы калган мен ошол, Сыргак!
Тетиги агала мойнок көрүнгөн,
Алтын казар жер ошол,
Ар шайманы тептегиз,
Айланта билген мен жалгыз,
Айтып турган мен ушул, Сыргак!
Тетиги, агала кум, кызыл чап,
Шордуу атам:
«Алмамбет ойноп жүрөт», - деп,
Казыналык кылдырган,
Атакемдин керүүсү -
Түбүндө калмак эр ошол.
Он эки күндө бир чыгып,
Ошол жаткан көк кумга
Оюн кылган жер ошол.
Ойлосом ичим чок болот,
Санаамды кантип жоёмун, Сыргак!
Эрмегим калган кайран жер,
Эстебей кантип коёмун, Сыргак!
Алдыбызда мелтиреп,
Айнектей болгон ак талаа,
Алмамбеттин талаасы,
Койчу, Сыргак, кабылан
Айта берсем өткөндү
Бөлүнөт эрдин санаасы, Сыргак!

Ак талаа жайын айтайын,
Кунанында Сарала
Кутуруп ойноп минген жер,
Жаш кезимден жүргөн жер,
Айнектей болгон ак калаа
Атамдын Таш-Көпүрө калаасы,
Таш-Көпүрө шаарында
Алмамбет жорук билген жер,
Атакемдин ордуна
Алты күнү кан болуп,
Алтын тагын минген жер.
Алтын так жайын айтайын:
Асыл темир дарбаза
Кандын турган эшиги.
Ошол эшик ичинде
Тегерете чынар бак,
Ичинде болот алтын так,
Адам басар жолу жок.
Бу туш менен тиги туш,
Жакут таштан жабылуу,
Ич жагында не түрдүү,
Ар белгиси салынуу,
Кырк жылы суугa чыласа,
Кылт этип кыры оңбогон.
Топурак тозоң-чаң көрсө,
Кылайып өңү оңбогон,
Алтын көчөт чоң килем,
Чылк жибектен токуган.
Астына аны жайдырган
Алтын такты орнотуп,
Үстүнө анын салдырган.
Кумар болуп калың эл
Көрсөм - деп, көзү кызарган,
Бир көргөнү: «Кайтадан
Дагы келип көрсөм», - деп,
Алтын такка кубанган.
Жакут менен көөрдөн
Босогого салдырган,
Тоту куштун куйругун
Токсон түрдүү кулпунтуп,
Ар бурчуна сайдырган,
Көргөндүн мээрин кандырган.
Көркү артык, алтын так,
Талак кылып дүйнөмдү
Таштап кеткен ошо чак.
Кыяматтын айынан,
Кыйын тозок барынан,
Кыйналып азап мен тарттым,
Кылча көрбөй мүлкүмдү

Кылчайбастан мен качтым.
Кырка тиккен сары тал
Алмамбет сайган бак ошол,
Карарып турган кара там
Алтымыш кечил жетелеп,
Алдымдагы Сарала,
Сараланы байлаган
Ат акыры жер ошол.
Куурап калган арбайып,
Ортодо турган чоң чынар
Азыз энем Алтынай
Мени тууган жер ошол.
Мен туулган чынарым
Бүткүл чирип тамыры,
Такыр куурап алыптыр,
Төбөсүндө чачырап,
Бүчүрдүн учу калыптыр,
Таласка эсен тартпаймын,
Бээжинден бекер кайтпаймын.
Шордуу энем айткан кеп эле:
«Кокус Бээжин сен келсең,
Менден тукум бар болсо,
Чынарымдын түбүнө
Чырпык чыгат», - деди эле, Сыргак!
Түбүнөн чыккан чырпыгы
Чынарга жакын болуптур,
Бузулуп кетет санаа бар,
Артымда калар бала бар.
Көп дүнүйөм жатат көрдүңбү?
Боз ордом кулап калыптыр, Сыргак!
Артыкча жыйган алтыным,
Мен Бээжинден кеткенде
Кытай талап алыптыр,
Жаңгагым жарым болуптур,
Чынарым суудан калыптыр,
Сараланын акырын
Кыжылдаган көп кытай
Камчыга ченеп бөлүптүр,
Кайран жаным өлүптүр.
Бозоруңку көрүнгөн
Аштыгым айдаар жер ошол,
Баштатан аккан суу жок,
Баарын текши бастырып,
Күрпүлдөктүн суусунан
Алыш алган мен ушул, Сыргак!
Алты кан эли той кылып,
Алыш алып турганда,
Кызмат кылып ошондо
Атын койгон «Кең-Алыш».

Ошол алган алыштын
Түбүн кырк кез ойдуруп,
Үстүнөн аша жайпатып,
Кытайды ашка тойдурдум.
Мен турганда Бээжинге
Алмамбет эрке жан эле
Чолпондой көзүм жаркырап,
Алтымыш энем багуучу
Алмамбет эрке бала эле, Сыргак!
Ойноп жүргөн чагымда
Чыкса дагы, чыкпаса,
Оюн кылып тамаша
Сайган талым бар эле, Сыргак!
Чырпыгы үйдөй тал болгон,
Өсүп өтө дөөлөтүм,
Бээжинге Алмаӊ кан болгон.
Сайган менин талымдын
Калыӊ кытай ошондо
Касиетин билүүчү:
«Өзүнчө чыккан экен» - деп,
Калыӊ кытай ошондо,
Мазар кылып жүгүнчү,
Тооп кылып жүрүүчү,
Талдын жайы ушундай, Сыргак!
Кечеги өткөн заманда
Жапалак чөлүн басканда,
Калыӊ кытай эл менен
Жалгыз жүрүп кармашып,
Жапааны мен чоӊ тартып,
Силерди көздөп качканда,
Кытай кырк миӊ, мен жалгыз
Жекелеп кытай алганда,
Алдыӊдагы боз дөӊдөн
Кытайлардын Калча кул
Коӊурбай кууп жетти эле, Сыргак!
Айза менен бир муштап,
Коӊурбай кууп өткөндө
Оозумдагы сыр канжа
Оозумдан ыргып кетти эле, Сыргак!
Кылчайбастан артыма
Туура жолду баштадым,
Ала албастан канжаны,
Кайта Бээжин кайрылсам
Алармын - деп, аманат кылып таштадым.
Заманым кетти муӊ болгон,
Күнүм кара түн болгон.
Топурагын чачып көр,
Ишенбесеӊ өзүмө
Муштаган жерим ачып көр, Сыргак!»

Узун кармап айзасын
Күн батарда күүгүмдөп,
Муштап калды Алмамбет.
Көрсөткөн боз дөбөсүн,
Алмамбет сайып турганда
Ошондо Сыргак муну ойлойт:
«Күндүз эмес, түн болсо,
Кеткенине Алмамбет
Алда канча жыл болсо,
«Коңурбай жетип сайды, - деп,
Алтын канжам калды, - деп,
Калп айтканын карачы»,
Муну менен эр Сыргак
Аттан ыргып түштү эми.
Айза учунда топурак
Айбалталап бузду эле,
Топурагын чачкылап,
Учун чукуп ачкылап,
Ачып алып караса,
Баякы айткан канжасы
Жаткан экен учунда.
Сууруп алып кармаса,
Алтын болуп Бээжинди
Билип турган кезинде,
Жакутту жара жардырган,
Упчусуна канжанын
Көмкөрө кылып көөрдү
Көз-көз кылып салдырган,
Эскиргендей түрү бар,
Соро турган жеринде
Дат баскандай кири бар.
«Кырк кандын эли ушул» - деп,
Элин айтты Сыргакка.
«Өзүмдүн турган жайым» - деп,
Жерин айтты Сыргакка.
«Калган жерге кайгырып,
Кай муратка жетебиз?
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуң тартып учтанган,
Эсенкан кызы Бурулча
Эригип жатат ошондо,
Мени күтүп кургуруң
Зеригип жатат ошондо,
Учураша кетебиз, Сыргак!
Ошол жерге жетпесек,
Учурашып кетпесек,
Наадан деп бизди билбейби?
Канча жылы күйсөм - деп,
Кайгы тартып жүрсөм - деп,

Акыретке барганда
Кара эшек кылып минбейби,
Кылышкан антты бузбайбы,
Учурашпай кетти - деп,
Убайым тарткан Бурулча
Анык күдөр үзбөйбү, Сыргак!» -
Деп, ошондо Алмамбет,
Күңгүрөнүп ойноктоп,
Астындагы Сарала
Ок жыландай сойлоктоп,
Миздей сары талаага
Жетип келсе заматта,
Томуктай болгон тоосу жок,
Томуктай болгон коосу жок,
Буурсун жүргөн чийин жок,
Кашкулак, суур, чычкандын
Казып койгон ийини жок.
Талаага кирип келгенде
Казык моюн Сарала
Канаттуудай бездирип,
Уй куймулчак Сарала
Учкан куштай түйүлүп,
Уюлгутту Алмамбет.
Карткүрөңдү жетелеп,
Желгенине жел жетпей,
Чү дегенде, ок жетпей,
Артынан кошо арылтып,
Келе жатат артында
Арслан Сыргак кана бек,
Нече күн жүрүп оолукту,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу
Дайрага булар жолукту.
Сары-Суу боюн карасаң
Будур-будур бурулат,
Будурдун чөбү суюлат,
Адырдын жазык салаадан
Куланы суугa куюлат.
Сары-Суунун бою өзөн,
Бул өзөндү карасаң
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай,
Кымыздыгы билектей,
Үркүп чыкса маралы
Сайгактаган инектей.
Тоосунда алыс кары бар,
Токоюнда чары бар,
Карап турсаң өзөндө
Жан бүткөндүн баары бар.
Будурунда бугу бар,

Кумдак сууда кундуз бар,
Кыймылдаган жаныбар,
Кыйыр-кыйыр чабы бар,
Чычкандын мурду өтпөгөн
Чытырман токой дагы бар.
Ошол токой ичинде
Үйдөй-үйдөй үйүлгөн
Кызыл кумдан мунар бар.
Мунардын түбүн бойлогон
Мунарадай чынар бар.
Бир көргөн жан чынарды
Да көрүшкө кумар бар.
Алмасы түшүм көң болгон,
Аюу менен карсактын
Азыгына жем болгон.
Жаңгагы бышып сай толгон,
Өрүгү бышып май толгон,
Мистеси бышып бал болгон,
Телегейи тегиз жер
Көргөн киши дал болгон.
Чынарда булбул сайраса,
Ичинен адам чыккысыз,
Таңшыганда таң калып,
Муңдуу киши уккусуз.
Туралбай Алмаң оолугуп,
Айткан сөзүн Алмаңдын
Сыргак турду дагы угуп.
«Алдыбызда көрүнгөн
Күрпүлдөктүн дайрасы,
Канаттуу учуп өтпөсө,
Чыдап муну кече албайт,
Адамзаттын баласы.
Аты мунун Күрпүлдөк,
Агыны катуу дарыя,
Алыска шары угулат,
Тоо жаңырып дүңкүлдөп.
Кырк кандын эли кытайга
Кыстоо салып жыйдырдым,
Темир залдуу көпүрө
Жалгыз аттын жолу бар,
Танабын тарта качпаган
Алмамбеттин шору бар.
Эми сырым айтайын,
Асылым менин Сыргагым,
Бул сууну канча кечкемин.
Ошол үчүн жаңылбайт,
Астымдагы Сарала
Өзү кечкен кечүүдөн.
Канча-канча кечкен жер,

Кытай менен кармашып,
Бул дайрадан өткөн жер.
Кечкен жерде Сарала
Башка жакка кайрылба
Кандай кечсе шондой кеч.
Сараланын соңунан
Сыргагым, асты айрылба.
Суунун мындай жолу бар,
Куржунумда Сыргагым,
Менин атам Азизкан
Сейилдикке кийүүчү
Жарым кандын тону бар.
Тонду кийип аламын,
Карарып жаткан кытайга
Карап тургун, Сыргагым,
Калың кызык саламын!
Канжыгада ак куржун,
Кабыланга чак куржун.
Куржунду алып караса
Жаркылдаган алтындан.
Жоо болорун Бээжиндин
Биле кеткен эмеспи:
«Жортуулга кытай кайрылсам
Байдасы тиер тондун», - деп,
Азизкандын Алмамбет
Абалдан ойлоп ушуну
Кие кеткен эмеспи.
Ушинетип Алмамбет
Атасынын чен тонун
Кийип турса керилип,
Жакут ташты жардырган,
Көкүрөккө тонунун
Асыл таштан салдырган,
Кытайча жазып кол койгон
Чоң-Бээжинде Карыкан:
«Бээжиндин жарым канына
Бердим», - деп, колун чын койгон.
Керек болор буюмду
Уйпалатпай бактырган.
Эки каптал бөйрөккө
Корголдой болгон бермет таш
Катарынан тактырган.
Карап турган эр Сыргак:
«Кадимки кытай экен», - деп,
Алмамбетти жактырган.
Ушул тонду кийгенде
Карай албай жүзүнө
Сыргактын көзү уялып,
Жактырып турду Алмаңды.

«Аман болсун көк жал», - деп,
Өз ичинен кубанып.
Алмамбет бизге келгени
Бадыша султан дини экен,
Ушу жерде Алмамбет
Кырк кан эли кытайдын
Ордолуу журту Бээжиндин
Оёнунун бири экен.
Алмамбет деген сөз экен.
Бысмылдабыз болбосо,
Береки Бээжин шаарында
Жүрөр кытай өзү экен.
Ушу турган кытайга
Кичине эмес, дөө экен,
Кырк кандын эли кытайды
Кызыл канга боёлтуп,
Кыйратып билер эр экен,
Ушу турган Бээжиндин
Ойлоп турсам Алмамбет
Орнотулуу чеп экен.
Алмамбет качып кеткенде
Калың кытай дүңгүрөп,
Ыйлаганы эп экен.
Бул өңдөнгөн арсланды
Келгенден «кытай» дей берип,
Кудай урган кеп экен.
Ошонун баарын көтөргөн,
Алмамбет анык эр экен,
Кабакты чытып койбогон
Алмамбет кара көк экен.
Алакең көзү бар болсо,
Орнотулуу Манаска
Терең казган ор экен,
Адам кесип өткүсүз
Болоттон кылган тор экен,
Аныгында Алмамбет
Бусурман дини болбосо
Бизге келген кор экен».
Муну айтып турганда
Арсланың берен Алмамбет
Көк жалдыгын билгизди,
Жанындагы сумбул тон
Эр Сыргакка кийгизди.
Кан башы менен Алмамбет
Кынай курчап Сыргакты,
Жыйырмада чунакты.
Жигиттен артык сымбаты,
Сумбул тонду кийгенде
Жарым кандын артынан

Жүрө турган сакчысы,
Жигити болуп калды эми.
Бура тартып Күрпүлдөк
Чоң дайрага кирди эми.
Кирген жерден чоң дайра
Тердикке чыкпайт шаркырап,
Анык тулпар Сарала
Кобулданган кашка тиш
Оозунда жаркырап,
Өрдөктөй сүзүп дайраны
Кетип барат аркырап,
Артынан түштү эр Сыргак
Карткүрөңдү чың коштоп,
Сылай-сылай камчылап,
Астындагы үч тулпар
Үстүндө оор жүгү жок,
Сүйлөйүн десе тили жок,
Айбандан эстүү жаныбар,
Уй куймулчак Сарала
Булт койгондо булт коёт,
Кылт өткөндө кылт коёт,
Ээрчиткени эр Сыргак,
Азизкандын көк жалы
Аман кечип өттү эми.
Күрпүлдөктөн өткөн соң,
Ар жагында чаңдаган
Боз жалпакка жеткен соң,
Маңдай жагы жаңырык
Жалгыз аттын жолу экен,
Кайнап жаткан калың журт
Кабарын билген киши жок,
Ичинде Жолой чоң экен,
Манжуунун каны эмеспи
Эзкаранын колу экен.
Ошол колго барганда
Дүрбөдү кытай дыркырап,
Он башы менен миң башы
Бээжиндин жарым каны экен,
Алмамбетти көргөндө
Бүткүл кытай чогулуп,
Таазым кылды чуркурап,
Ошол колду бек кылып,
Азизкандын Алмамбет
Курап кеткен эмеспи,
Жарым кандын алтын так
Минип кеткен эмеспи.
Калың кытай, манжууну
Билип кеткен эмеспи.
Дүрбөп кытай чогулуп:

«Бээжиндин каны келди», - деп,
Чогулган журт ой кылат.
Ошол чакта Алмамбет
Бура тартып сумсайып,
Доолбасты урду эле,
Калың кытай, манжуунун
Балбандарын чакырып,
Буйрук кылып турду эле:
«Кароолдогу сак түлкү
Сак түлкүдөн кеп уктум,
Суук-Төрдүн төрүнөн,
Жалгыз көздүн элинен,
Казылуу жаткан орунан,
Зыйкырчынын колунан,
Нечендеген алтын мүлк
Чачып келет - деп уктум,
Бурут деген калк чыккан,
Манас деген кан чыккан,
Ошол Манас түгөттүн
Кабарынан жан чыккан.
Кебетеси белгилүү,
Даңзабызда чийилүү,
Манастын жайын сурасаң:
«Майлаган буудай жүздүү, - дейт,
Күүгүм туман көздүү, - дейт,
Ааламга сереп салбайт, - дейт,
Ошол Манас келгенде
Ушул жаткан Бээжинден
Укурук кайрар калбайт», - дейт.
Жол тоздурган балбандар,
Жатасыңбы бейкабар,
Аны менен ишиң жок?
Суук-Төр ашып ал келсе,
Каяша кылган кан өлөт,
Капталгандын баары өлөт.
Өлөт деген себебим,
Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан эмеспи
Өрттөнгөн Алмаң жат жаман.
Жараксыз жаткан эл жаман,
Жалгыз кеткен бурутка
Алмамбеттей кул жаман.
Каканчындын Бээжинге
Жетип кабар саламын,
Кырк кандын эли кытайдын
Балбанын жыйып аламын».
Бу кабарды билген соң
Жарым кандан кеп угуп,
Жалпы кытай турабы?

Топурак учуп, чаң толуп,
Токтоно албай күркүрөп,
Эзкара, Жолой кан болуп,
Тозуп жаткан көп калмак
Кумурскадай жан болуп,
Качырдан күлүк минишип,
Көк темирден кийишип,
Боз алалуу туу болуп,
Бороондогон чуу болуп,
Кытайдын баарын жайнатып,
Калың кытай артынан
Эзкарага айдатып,
Желегин кармап имерип,
Алмамбет турат айкырып,
Барса-келбес жол эле,
Суук-Төргө жиберип,
Былкылдаган калың кол
Суук-Төргө кеткен соң,
Айла менен Алмамбет
Тилегине жеткен соң,
Алтын эшик дарбаза
Эсенкандын ордосу
Ошону көздөп бет алды.
«Айланайын, Сыргагым,
Адамдан башка сырттаным,
Башыңдагы кыр калпак,
Үстүңдөгү сумбул тон,
Башкага сыр билгизбе!
Жыйырмада сен элең,
Кызы сулуу кытайдын,
Керме моюн, кең көйнөк,
Келберсиген бото көз,
Келини сулуу кытайдын,
Оймок ооз, сулуу кыз
Ошону жаш жан көргөндө
Сүйлөбөй кантип токтолот,
Көрүп ичиң чок болот.
Сүйлөп ийип кокустан
Буруттугуң билгизбе,
Билдирген соң, Сыргагым,
Не муратка жетебиз?
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча,
Учураша кетебиз» -
Деп, ошонтүп, Алмамбет
Сараланы самсытып,
Санаа тартпай жол жүрдү.
Эсенкан кызы Бурулча
Кайнаган кытай ичинде,

Ошол өткөн бир түндө
Алмамбет көргөн түшүндө.
Көргөн түшүн караса
Көп кызыкка батыптыр,
Көйнөгү жок жылаңач,
Алмамбет менен жатыптыр.
Ойгонсо Алмаң жанда жок,
Күйүп, азап тартыптыр.
Кайнап жаткан кытайга
Бир кишиге билгизбей,
Жанындагы Бирмыскал
Сыбызгы менен айтыптыр:
«Мыскал жан,
мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Күндүзү бүркөк, түнү ачык
Күйүттүү Алмаң жайы экен,
Түндө жатып түш көрдүм,
Койнумда Алмам бар экен,
Алмаңа куу жан зар экен».
Ошондо Ай Жаң-Жуң кызы
Бирмыскал,
А да зардап муну айтат:
«Кайрылып келер Бээжинге,
Кадыр түн болор түн кайда?
Алмамбет, Чубак аты уйкаш
Келе турган күн кайда?
Асмандагы жылдыздай
Батышарга күн кайда?
Эркелешип койнуна
Эжеке, жатыша турган күн кайда?
Айза кармап Алмамбет,
Аты уйкаш эр Чубак,
Экөө келип Бээжинге
Кыргын салар күн кайда?
Атышып жатып кытайдан
Экөөбүздү олжого
Ала турган күн кайда?!
Ушуну айтып эки кыз
Көңүлдөрү бөлүнөт,
Ошо кезде эки кыз
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Эсенкан кызы Бурулча
Ойлонуп туруп шумдукту,
Ошондо элине кылды буйрукту.
Айтып турган буйругу:
«Корголоп турган капкачы,
Бүгүн капканын оозун жаппачы!
Кайтарып турган тыңчылар,

Сакчың менен биригип,
Жаныма бирөөң жатпачы,
Сурнайчы, жөө күлүк,
Кабарыңды тартпачы!» -
Деп, ошону айткан соң,
Кабарчынын баарысы
Качып кетти чуркурап,
Ээн калды эшиги,
Жабылган жок кытайдын
Ордодогу тешиги.
Ошо күнү кытайдын
Кырк кандын кызы чогулуп,
Жылаажын оюн, той кылган
Тойго аралаш берендер
Жалгыз жол менен желиптир,
Бөлөк-салак кез эмес,
Чагаан айда келиптир,
Ойноп жаткан көп кыздар
Алмамбетти көрүптүр,
Кызылала чечекей
Кызыктуу кийим кийиптир,
Кызыгын көрчү дүйнөнүн
Алмамбетти таанıбай,
Тойго келген жарым кан,
Жарым кан - деп жүрүптүр.
Бээжиндин жарым каны, - деп,
Кыздардын кызык саны, - деп,
Астындагы тулпары
Эрендин минер канаты,
Ошондой канды көргөндө
Кытайлардын кыз-келин
Көңүлүн кандын көтөрүп,
Оюн салып, тамаша
Кыла келген адаты.
Жабылып кыздар келгенде,
Кызыгып Сыргак турганы.
Сыргак баатыр болгону,
Сыргак атка конгону,
Мурунтан кытай келе элек,
Мундай сулуу кыз-келин
Эч бир жактан көрө элек.
Алдындагы Алмамбет
Кыз-келин менен табышып,
Моюн алышып өбүшүп,
Айтса тилин жан билбейт,
Өлөң айтып калды эми.
Жанындагы Сыргагы:
«Жана кудай урду!» - деп,
Арам сактап калды эми.

Ошондо Сыргак муну ойлойт:
«Кароолчусун өлтүрүп,
Өтөйүн деген экен го,
Кайтадан кытай бу болуп,
Кетейин деген экен го!
Арамдыгы билинсе,
Артынан аңдып жетейин,
Башыңды кесип алайын,
Айкөл Манас алдына
Кайтадан алып барайын!»
Ушинетип эр Сыргак
Артынан кетип баратса,
Жаң-жуң кызы бир бөлөк,
Зубун-зубун сулуу бар,
Жаңы барган Сыргакка
Баары каптап жабылды,
Жанына бирөөн жолотпой,
Баатыр Сыргак жаш бала
Айбалтага камынды.
Сыргактын түрүн көргөн соң,
Моймолжуган сулуулар
Кайра тартты каалгып,
Бала Сыргак көйкашка,
Өзү жандан бир башка,
Кызды көрүп элебейт,
Бучкагына теңебейт.
Кайра тартып калың кыз
Жамандашып Сыргакты
Кытайынча тилдешип,
Кыңылдашып сүйлөшүп,
Кордоп турду ошондо.
Сыргак турат жалаңдап,
«Жарым кандын артынан
Ээрчип келген жинди», - деп,
Шылдың кылып күлүшүп,
Кыздар турат жамандап.
Эсенкандын дарбаза
Ээн калган эшиги,
Сакчылардан бири жок,
Кармап турган бир киши.
Бурулчага жетүүгө,
Учурашып кетүүгө,
Эки көзү төрт болду,
Ичи толуп өрт болду,
Күкүк менен Зейнептей,
Жетише албай дарт болду.
Ушинетип турганда
Бийик соккон чоң себил,
Чоң себилде ордодон

Эсенкандын Бурулча
Алмамбетти көргөндө
Эси кетти элдиреп,
Эрип кетип тулку бой,
Карап калды жалдырап,
Эки көздөн жаш агып,
Баса албастан алсырап,
Сыйдалыгы Бурулча
Сыйра бүткөн талындай,
Чынардай бою теңселип,
Эсенкандын багындай.
Кара жерге кар жааса,
Карды көрүп, этин көр.
Кар бетине кан тамса,
Канды көр да, бетин көр.
Бурулчаны көргөндө
Бууругуп Алмаң туралбай,
Астындагы Сарала
Эр Сыргакка карматып,
Азизкандын жалгызы
Чолпондой көзүн жайнатып,
Боюнда жабдык кыңгырап,
Бир бөйрөгүн таянып,
Кылычына сүйөнүп,
Короздой мойну койкоюп,
Басып кирди ордого.
Эр Алмамбет зыңгырап,
Эсенкан кызы Бурулча
Колунан кармап көрүшүп,
Айкалыша кучактап,
Мойнунан жыттап турду ошол.
«Бусурман эсен бардыңбы?
Эсиңе мени алдыңбы?
Эче жылы дарек жок,
Мээнетке мени салдың го!
Мундан мурун кайрылып,
Бээжинден чалгын чалдыңбы?
Манаска кеңеш салдыңбы?
Кеңеш кылбай Манаска,
Кеп салбаган сен кандай?
«Өмүрлүккө достум, - деп,
Алмамбет качан келет?» - деп,
Калың кытай журтуна
Кеп бербей жүргөн мен кандай?
Урдун уулу сен элең,
Убайым, кайгы көп тартып,
Бээжинден башка көз артып:
«Алмамбет качан келет? - деп,
Күйүп жүргөн мен элем».

Ошондо Алмаӊ мындай дейт:
«Бейпайды журтка салганда,
Сени тартып алгандай,
Бел байлаган белим жок,
Медер кылар артымда
Мен бу жерден качканда,
Артымда Манас шерим жок,
Кыймалуу чыгдан чалдырдым,
Кылчайбай сизге кеткеним,
Энекемди ошондо -
Кытайга жолдон алдырдым.
«Аман жетсем бурутка
Сөөгүн таап алам, - деп,
Оролушуп шер менен,
Ордолуу журтка эл менен
Кайта келип Бээжинге
Катуу кыргын салам, - деп,
Кудай берсе Бурулча
Ошондо сени алам, - деп,
Мен бурутка барганда
Көргөнүм жарык түн экен,
Он эки кан, көп кыргыз,
Ортосунда Манас кан
Ошол колду баштаган,
Азизкандын мен Алмаӊ,
Бу келишим, Бүкөш жан,
Сен үчүн эмей, ким экен?
Бекитилүү Бээжинге
Беттеп кыргын салам, - деп,
Бейилим кетти, Бүкөшүм!
Мелтиреген бото көз
Төрүӊдөн тартып алам, - деп,
Мен Манаска барганда
Эркин жаткан буруттун
Тагын кантип минейин,
Кысталаӊ кыстап келгенде,
Чыркырап ыйлап турганыӊ
Эстебей кантип жүрөйүн, Бүкөш!»
Муну айтып Алмамбет
Тамашага баткан жок.
«Жолго кесир болот», - деп,
Белин чечип жаткан жок.
Асыл жанын айланып,
Анда-санда үргүлөп,
Алтын жаак айбалта
Чекесине таянып,
Кара калпак кыргагы,
Ат кармаган Сыргагы
Курчтап соккон айбалта

Карыштыра ирмеди,
Алмамбет жаткан капшытты
Жара чаап жиберди.
«Алмамбет!» - деп кыйкырып,
Чаңырып Сыргак жиберди:
«Айланайын, Алмамбет,
Таласка тиккен бак барбы?
Күлүп-ойноп жатуучу,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Таластагы чак барбы?
Жылгындылуу өзөндө,
Чоң Кең-Колдун боюнда
Кеп калбай минер так барбы?!
Жатканда жамбаш талбайбы?
Кызыл көйнөк, тасма бел
Кыздан сулуу Бурулча,
Ойноп-күлүп жатканда
Капкайдагы кароолчу,
Кайтарып турган сакчылар
Дарбазаны жаппайбы?!
Капшыра чайнапээрдин
Кытайлардын колунда
Алмамбет, Сыргак калбайбы?!
«Беренжисин салынып,
Бээжин минер күлүк, - деп,
Каңдагайын салынып,
Калдай минер күлүк, - деп,
Минип келген үч тулпар
Кытайлар олжо кылбайбы?!»
Муну Алмаң укканда
Адамдан бөлөк артык шер,
Атышып Бээжин көп көрүп,
Адис болгон кайран эр.
Айбалтасын бек кармап,
Ала турду түйүлүп,
Эсенкандын Бурулча
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал:
«Арслан Манас баатырга
Белек ала баргын», - деп,
Ыргып турду чыркырап.
«Жылкыны тийип ала бар,
Кейип калды ашык, - деп,
Көңүлгө бизди бекитип,
Белекке бердим бир буюм,
Жан кисеңе сала бар.
Кан Манаска бербесең.
Көздүн жашын көрбөсөң,
Кайрылып Бээжин келбесең,
Ак боз атым такалайм,

Антыңды өзүң көтөр, - деп,
Ошондо сени жакалайм.
Алып калсаң оңолдум, Алмам,
Алалбай Бээжин сен кетсең,
Эрге тийбей так өтүп,
Сен - деп, жүрүп, мен өлөм, Алмам!»
Кол алышып коштошуп,
Козголуп Алмаң түйүлүп,
Кылыч кында кыңгырап,
Кыр-Кайыңды бет алып,
Алмамбет, Сыргак эки эр
Жүрүп кетти зыңгырап.
Арслан Сыргак артында:
«Жылкыны качан көрөм», - деп,
Сыргактын ушу дартында.
Ийри-буйру суу менен,
Ит жойлобос жол менен,
Атагы калган Бээжинге
Кыр-Кайың деген төр менен,
Ошол төргө барганда
Караса көзгө илинбейт,
Кумурскадай жыбырап,
Кайсы экени билинбейт.
Камап коёр тамы бар,
Капырдын малы дебесе,
Белгилүү жылкы жаныбар.
Жылкычынын ичинде
Тору айгырчан Шээрдей,
Айгыр минген Жаңыбай,
Жылкычы башы Карагул
Эки бирдей каны бар.
Айдап алсак жылкыны
Күрүлдөтүп калың шор,
Эсиңе алгын Сыргагым,
Жылкычыдан экөө соң
Карткүрөң баштаар ушул жол.
Чылбырдан кармап кабыштап.
Айбан да болсо Карткүрөң
Айтайын десе тили жок,
Ашкере жолду табыштап,
Ажыбайдын Карткүрөң
Асыйын санап келгенде
Алтымышка толгон кез.
Желгенине жел жетпейт,
Жетик күлүк Карткүрөң
Басканына мал жетпейт,
Малдан күлүк Карткүрөң,
Чыңдашкан жоого кез келсе,
Чылбырын тартып талдырбайт,

Чындап кудай урбаса,
Мингенин жоого алдырбайт.
Бетеге чалып кайрылбайт,
Белгиленген кишидей
Бир көргөн жолдон айрылбайт.
Окоро түйгөн чылбырды
Моюнга ороп кабыштап,
Болумдуу көк жал Алмамбет
Кеңири күрмөп мойнуна
Карткүрөңгө табыштап:
«Айта жүрөр санат, - деп,
Айбан да болсо жаныбар,
Айкөл Манас алдынан
Алып келген канат, - деп,
Бөйрөк-бөйрөк туура жол
Бөлүнгөн жолду ташта, - деп,
Бөлөк жакка бурулбай
Кагылайын Карткүрөң,
Бусурман көздөй башта» - деп,
Суулуктан кармап имерип,
Султан берген Карткүрөң
Ошо жерде агытып,
Жылкыны көздөй жиберип,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Улаккандын Сыргагы,
Ушундай жерге келгенде
Уялуу коргон чынары,
Адырды көздөй дыр коюп,
Адырда калың жылкынын
Артына чыгып берениң,
Мылтык менен бир коюп,
Удаа-удаа үч атып,
Барабанды койгулап,
Доолбасты чапкылап,
Алмамбет, Сыргак аралаш
Айкырып тийди жылкыны.
Чатыратып сан жылкы
Тумандатып тийген жер,
Ортодон чыккан жылкыны
Оён тууган Алмамбет
Оюп тийип келатат,
Четке чыккан жылкыны
Ченебеген эр Сыргак
Бирин кайра жибербей,
Кошо тийип келатат.
Сандаган түмөн көп жылкы
Жер айрылып чуркурап,
Баспай семиз бээлери

Өз жерине жөлөнүп,
Кара экени билинбейт,
Же тору экени билинбейт.
Тийип алган көп жылкы
Капкара чаңга бөлөнүп,
Жээрде айгыр минген Жаңыбай
Айзакерден ыктуу экен,
Бала чактан жатышып,
Алмамбетти мурунтан
Биле жүргөн мыктуу экен.
«Өзүм көргөн качкынга
Кайрылып согуш салам, - деп,
Сан жылкыдан айрылып,
Кантип тирүү калам, - деп,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алым келсе жылкыны
Мен кайтара тиейин,
Эң кур десе, жартысын
Чатыратып бөлөйүн».
Муну ойлоп Жаңыбай
Артынан: «Чу! - деп, камынып,
Аркасынан жылкычы,
Баары мунун кырк киши,
Жылкы тийген Алмаңа
Жамгырдай кылып жаа атты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Жетип келди жабылып,
Кырк бир киши чуратып,
Жылкычы башы Жаңыбай
Олдой-солдой теминип,
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Колундагы сыр найза
Ийиле түшүп былкылдап,
Чымын жанын аябай,
Алмамбетке бет алып,
Качырып калды Жаңыбай,
Өлөмүн, - деп санабай,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Бура тартып зыргытып,
Карабастан жылкыны
Таштап ийди ыргытып,
Айдай бетин нур чалып,
Азизкандын Алмамбет
Арттан келген кытайга
Айкырып кирди кол салып,
Ары-бери шыпырып,
Аралашып өттү эле.
Жеткен жерден кытайды

Жеткилең кыраан Алмамбет
Жээрде айгыр үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Кырк жылкычы аңгыча
Оңолтуп атка мингизип,
Кайра коштоп алганча,
Улак кандын Сыргагы
Ушундай жоону көргөндө
Токтобогон кыраны,
Желдей болуп жетти эми,
Жаңыбайдын мойнунан
Кыя чаап өттү эми.
Алмамбет, Сыргак биригип,
Арсландай болуп жаланып,
Ажалы жеткен жылкычы,
Баары мыкты кырк киши
Бүткүл кырды ошондо.
Тору айгыр минген Карагул
«Чү!» - деп, кетсе чаң чыгып,
Үстүндөгү Карагул
Каарынан жан чыгып:
«Эки бирдей бурутту
Кабат сайып өтөм, - деп,
Кырк бир киши өлтүртүп,
Кантип тирүү кетем, - деп,
Бул экөөнү өлтүрүп,
Жылкымды айдап кетем», - деп,
Камыштуунун чөлүнө
Жеке келди Карагул.
Жылкы алдында Алмамбет,
Артында Сыргак кара көк
Айбалтасын шайланып,
Кылычын кынай байланып,
Каарданып дардактап,
Кара жанды аябай,
Сыргакка келди барбактап,
Атка жеңил, тайга чак,
Кабылан көк жал эр Сыргак
Түгөнгөн камыш урчуктан,
Карагулдай калмакка
Кезигишти эр Сыргак
Узата жаткан тумшуктан.
Эр Сыргакты көргөндө
Каарына чыдабай,
Тору айгыр оозун буралбай,
Токтолуп калмак тура албай,
Имерилип кылт коюп,
Качууга калмак булт койду.
Көздү ирмеп алганча,

Көк жал Сыргак жетти эми:
«Калмак ээр кашы, - деп,
Как жүрөктүн башы», - деп,
Айза имерип алды эми,
Жеткен жерден берениң
Муштап туруп калды эми.
Астындагы Көкчебич
Башын жерге салыптыр,
Тумшугу менен жер чулгуп,
Араандай оозун ачыптыр,
Оозунан көбүк чачыптыр,
Ала качып Көкчебич,
Артында калмак калыптыр.
Карагул калмак камынып,
Өлбөс жагын ойлонуп,
Арам сактап калыптыр.
Төбөсүндө айдарын
Түйө өргөн эмеспи,
Алмамбет менен бир окуп,
Адис болуп зыйкырга
Бирге келген эмеспи.
Мурун жоону көп көрүп,
Көнгөн калмак эмеспи,
Ошол чакта Карагул
Чалыштап аты токтолду,
Ит-Кечпестин Кара-Суу
Ит балдак уруп жоголду.
Карагул качып кеткен соң,
Мурадына эки эр
Тиктегенге жеткен соң,
Күндө айдады жылкыны,
Күндө өзү болбостон,
Бир жерге жатып конбостон,
Түн да айдады жылкыны.
Тулпарын бир дем чалдырбай,
Жатып уйку кандырбай,
Чырым уйку албастан,
Ат үстүнөн ашын жеп,
Үргүлөй түшүп ойгонуп,
Кытай кууп келерин
Билип булар келатат,
Алдына салып жылкыны
Асманга жакын тийгизип,
Сүрүп тийип келатат,
Семиздеп калган жылкыны
Айза менен койгулап,
Айдап кууп келатат,
Кулун-тайы жеталбай,
Жолдо калып келатат.

Өлүп көбү тирүүлөй
Жолдо калып келатат,
Ар күлүгүн ар башка
Тынбай кууп келатат,
Кыйык калпак, кыргый көз,
Кыраан көк жал эр Сыргак
Чуркуратып жылкыны
Ал учуна бир чыгып,
Бул учуна бир чыгып,
Үстү-үстүнө койгулап,
Муштап коюп келатат.
Жылкы айдап оолугуп,
Арага канча жол жүрүп,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу
Ошого келип жолукту.
Ошол чакта Карткүрөң
Башын жерге салыптыр,
Будур-будур муунак жол
Муундан Күрөң жаңылбай,
Адыр-адыр айры жол
Андан дагы жаңылбай,
Алдыңкы өткөн жол менен
Айбандан эстүү Карткүрөң,
Бурулбастан келиптир,
Алмамбет кескен кысык жол,
Аны Күрөң көрүптүр,
Адашып жолдон кылт койбой,
Так кечүүгө келиптир.
Кечүүгө Күрөң келгенде
Маралдай башын көтөрүп,
Жылкыга карап кайрылып,
Бир кишинеп алды эми,
Бурулбастан токтолуп,
Чурап суука кирди эми,
Камбар ата кара айгыр
Кайрылбастан токтолбой,
Карткүрөңдүн артынан
Удаа суука кирди эми,
Мунун арты жагынан
Билериктүү сары айгыр
Бурулбай кирди дайрага.
Тыбыраган жаш кулун
Суука кетти чуркурап,
Чуулдатып бээлерин
Кулунсуз айдап алды эми,
Алсыздардын баарысы
Агып кетти дайрага,
Көйкашканын баарысы
Кечип чыкты дайрадан.

Айдоого дагы кирди эми,
Сай күлүктүн баарысын
Алмамбет, Сыргак - эки эр
Астына салып ийди эми.
Суудан чыгып алганда
Жер союлуп көп жылкы
Жайнап чыгып баратат,
Жердин бетин бербестен,
Кайнап кетип баратат.
Барган сайын күчөгөн,
Баракелде күлүгү,
Чыйрыгып эти калганга
Куландай болуп тиштешип,
Ойноп кетип баратат.
Чаңдан күнү түн болду,
Жылкыны адеп тийгенде,
Дайрадан өтүп келгенде,
Так он эки күн болду.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын оёну
Абал баштан Калчаны
Айтып жүргөн кеби бар,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артыман жетип кубалап,
Атышат деген шеги бар.
Кытай кэзде Алмамбет
Кырмызылап айдарын
Өрүп келген эмеспи,
Кырк кандын эки кытайга
Кыргын салып башында,
Шейит болуп энеси,
Өлүп келген эмеспи.
Кытайдын эли кырк кан эл,
Кырылышып кыйрашып,
Кызыл канга боёлуп,
Кызык согуш кыргынды
Кыраан көк жал Алмамбет
Көрүп келген эмеспи.
Бура тартып Алмамбет,
Анык арслан кара көк:
«Арт жагымды карайын», - деп,
Бирдей белес кыраңга
Бастырып чыгып келди эми,
Көзүн салып Бээжинге,
Көптүгү көлдөй кечилге
Көз чаптырып турду эми.
Карап турса Алмамбет,
Жаралуу болгон Карагул
Качып Бээжин барыптыр,

Какандын жаткан шаарына
Кабарды жетип салыптыр:
«Алмамбет, Сыргак экөөлөп
Алып кетти жылкыны,
Кырк жылкычы, Жаңыбай
Баарын кырып сойлотуп,
Баарыбызды кыйратып,
Ачып кетти уйкуну,
Союп кетти буруттар
Кароолдогу шериңди,
Сындырып кетти түгөнгүр,
Дем кылар сенин демиңди.
«Түп кароолду чалдым, - деп,
Түмөндөгөн буруттун
Түбүнө жете бардым», - деп,
Түгөт калча Коңурбай,
Калп айтканын карачы!»
Бу кабарды укканда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Каарданып жулкунуп,
Дүмөктү Калча баштаптыр,
Каарына чыдабай,
Кырк кандын эли кытайы
Бузулуп кете жаздаптыр.
Атка минген ыктуусун,
Айзакерден мыктуусун,
Жыямын, - деп, Карыкан
Жин тийгендей бакырган.
Коңурбайды баш кылып,
Өң балбанын чакырган.
«Өзү тийген бурутту
Айдап жүрүп курут, - деп,
Артынан айдап түргүн, - деп,
Алакандай бурутту
Өз убалы өзүнө,
Өзү тийген эмени
Бирин койбой жерине,
Мекени көздөй сүргүн», - деп,
Муну айтып Карыкан,
Коңурбайдай калчага
Көк темирди кийгизди,
Алгараны мингизди.
Кечилден түмөн кол берип,
Миңдеген балбан да берип,
Куугунтукка жүргүздү.
Мунун арты жагынан
Ок өтпөстү кийгизип,
Чоң күрөңдү мингизип,
Манжуунун каны Эзкара,

Эзкараны жиберген.
«Каптап уруш салгын, - деп,
Кызы түгүл буруттун
Катынын талап алгын», - деп
Чоң Ылама балбаны,
Чоң Жолойдой калмагы,
Муну кошо жиберген.
«Бөйрөктөн кыргын салгын, - деп,
Колуңдан келсе качкынды
Тирүү кармап алгын», - деп,
Эсенкан уулу Бөрүкөз
Муну кошо жиберген.
Жөө күлүктөн кол берип,
Күлүгүнүн колуна
Үзүлбөстөй тор берип,
Топурак учуп тоз болду:
«Бизди кармап алууга
Ой, Сыргагым, угуп тур,
Он эки Бээжин козголду.
Жылкың менен жылас бол,
Жыргалым, Сыргак, тура тур,
Кандай заман, кандай күн,
Кагылайын, Сыргагым,
Болор экен кандай түн?
Түрү бузук капырлар
Каарданып алат бейм,
Калың кытай көптөшүп,
Тирүү кармап алат бейм!
Камышты көр, селди көр,
Каптаган кытай элди көр,
Арт жагыңдан жайнаган
Кумдай кытай журтту көр.
Адамдын башы кагышат,
Айзанын учу чабышат,
Жер айланып кылкылдайт,
Ошол кытай ичинде
Кырааны Калча чоң келет,
Угуп тургун, Сыргагым,
Кысталып жанга зор келет,
Экөөбүз эмес, Сыргагым,
Кылымды бузар кол келет.
Баатырлык бизде сында жок,
Бакырып жоого кирүүчү
Баягы Чубак мында жок,
Кагылайын Сыргагым,
Кас айланбас коо жок,
Капталдан кирип калуучу,
Ажыратып алуучу,
Кабылан Манас зоо жок!

Муну менен урушсак
Ажыбай, Бакай каны жок,
Музбурчак, Көкчө дагы жок,
Бел байлаган белиң жок,
Бизди айрып алуучу
Белгилүү Кошой, эр Төштүк,
Эки бирдей шериң жок!
Кызыкты кытай салат бейм,
Жылкы түгүл, Сыргагым,
Экөөбүздү айланып,
Тегеретип алат бейм.
Башка коок кийгизип,
Аяк-бутту бек байлап,
Карыкандын алдына
Тирүүлөй байлап барат бейм,
Кордукту бизге салат бейм!
Билгин, Сыргак, кабылан
Колду сууга салалы,
Кол дааратты алалы,
Бутту сууга салалы,
Бут дааратты алалы.
Айза кармап, топ бузсак,
Ажал жетип окко учсак,
Акыреттин жайына
Адал бойдон баралы».
Алмамбет айтып турганда,
Анда Сыргак муну айтат:
«Ажалы жеткен өлбөйбү?
Башка келген балаага
Мендеси кургур көнбөйбү?
Тирүү жүргөн көп адам,
Өлбөймүн, - деп, жутунат,
Берииште беш кол сунганда
Өлүмдөн кимдер кутулат?
Киргизбейби казган көр,
Ушунчалык ааламды
Жутуп турган кара жер.
Кайгырба Алмам, султан сен,
Күн тийбестен биздерге
Караңгы болор түн кайда?
Калың манжуу, көп кытай
Кагышарга күн кайда?»
Колуктусун көргөндөй,
Кабагым-кашым дебестен,
Кашкайып турду сүйүнүп,
Алмамбет, Сыргак - эки эр
Муну айтып турганда,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү Карткүрөң

Бура тартып кишенейт.
Салып келди ошондо,
Атышка кийсе ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме жака, кең күрмө,
Каныкей кылган суп чепкен,
Алмамбет менен Сыргакка
Арнап тиккен куп чепкен
Кең коюп, темир кадаткан,
Келтенин огун жадаткан.
Бараңдын огу батпаган,
Жебенин огу жетпеген,
Тиштеп жатып бул тонду
Кашка тиши талыккан,
Тиктеп жатып, чың жасап,
Кайран көздү карыткан.
Бир кабатын жибектен,
Жибек салып талдырган,
Кумга аралаш буланы
Анын ары жагына
Карыш алып салдырган.
«Алышып Бээжин барганда
Аралап жоого кирет, - деп,
Капырдын огу тиет, - деп,
Ок жаңылып кетет, - деп,
Кокус ажал жетет, - деп,
Экөө алмаз болот, - деп,
Алмамбет, Сыргак - эки эр,
Айкөлүм төрөм айрылса,
Өрт өчкөндөй болот», - деп,
Акылдуу катын Каныкей
Белекке берген суп чепкен.
Эки көк жал ошондо
Карткүрөңдүн үстүнөн
Чечип алып кийинип,
Кабыргада темирди
Айдалыга кийинди,
Ок өтпөгөн себилди,
Ачык жерин койбостон,
Эки эмчектин алдына,
Как жүрөктүн башына,
Өпкө-боор тушуна,
Эки жагы бөйрөккө
Ар шайманын бекитип,
Көк темирге бөлөндү.
Бура тартып Карткүрөң,
Баштап калың жылкыны
Алдына түшүп жаныбар,

Жолго салды Карткүрөң,
Нече-нече адырдан
Өтүп чыгып баратат,
Баскан изден жаңылбай,
Кетип Күрөң баратат.
Карткүрөң баштап алыптыр,
Капырдын шери Коңурбай
Кубалап жетип калыптыр.
Калча келип калган соң,
Каарданып бакырып:
«Бачым бери келгин!» - деп,
Эр Сыргакты чакырып.
«Артынан жетип жылкыны
Аянбастан айдай бер,
Адырмакта токтой кет,
Алты күндө барбасам,
Артыңдан жетпей мен калсам:
«Алмамбетим өлдү», - деп,
Айтып журтка жоктой кет!
Адырмактан кезиксе,
Аркар атып жеп кеткин.
«Асылым Алмам көйкашка
Дүйнөдөн өттү», - деп, кеткин!
Күпүлдөтүп жылкыны
Күндүз, түндө кубалап,
Ат куйругун түйүп кет,
Ары четин айтайын,
Жети күнү күйүп кет.
Жети күндөн мен калсам,
Айдаган жылкың чачып кет:
«Арсланым Алмам өлдү», - деп,
Арт жагына кайрылбай,
Айкөлүң көздөй качып кет.
Аман жетсең Таласка айт:
«Жалгызым Алмам өлдү», - деп,
Досум, арсланым Манаска айт.
Бозоруп жаткан чалкарды,
Болжобой ашар тоо эмес,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кемитпестен айтайын,
Капырдыгы болбосо,
Кемитүүчү жоо эмес».
Муну айтып Алмамбет
Сараланы бурду эми.
Бура тартып кашкайып,
Жекеге жеке турду эми,
Жаны калбай бакырып,
Карткүрөңдүн артынан

Кайнаган калың жылкыны
Кабылан көк жал эр Сыргак
Кууп барат жапырып,
Тийип барат жылкыны
Ысламды көздөй сапырып,
Бу дүйнөдө мал ачуу,
Алөөкөнүн Коңурбай
Изине салып жылкынын
Келе жатат чоң Калча:
«Жеке!» - деп ураан чакырып.
Минип келген астында
Алгарадай кара атты
Кара атынын бар эле
Капталында канаты.
Качан болсо ааламды
Алөөкөнүн Калчасы
Талкандай чалган адаты.
Айзакерден ыктуу кул,
Канча калың жоо болсо,
Айласын билген мыктуу кул.
Алгарасын булкунтуп,
Каарына чыдабай,
Жер солкулдайт дүңгүрөп,
Үнүн уккан туралбай,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Астындагы Алгара
Башын жерге салыптыр,
Катынын кара баскансып,
Жоосу жакын качкансып,
Каарданып кытайын,
Кудай уруп салыптыр.
Бөксөгө түшө бакырып:
«Мөндү!» - деп, ураан чакырып:
«Жетимиш жаны болсо да,
Колунан кармап алам, - деп,
Кезиккенде буруттун
Башын кесип алам, - деп,
Өзү тийген бурутту
Төбөсүнөн басам, - деп,
Ушул жолдо келгенин
Кармап канын чачам, - деп,
Бурутка кыргын салам, - деп,
Мурун жетип жылкымды,
Ажыратып алам», - деп,
Коңурбай келет артынан
Күндөй болуп күркүрөп,
Көрүп турду Алмамбет
Бүткөн бою дүркүрөп,
«Теңелбестен калдайга

Жүрө берсем кантет? - деп,
Жүрө берип капырдан
Не муратка жетейин,
Ажал жетсе кокустан,
Капырдан өлүп кетейин!
Тирүү болсом кубат бер,
Өлүп калсам ыйман бер!»
Сарала санга бир салып:
«Манас! Манас!» - деп, бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Үнү кулак тундурат.
Сыр найзаны бек кармап,
Мелтирете сундуруп,
Көзүнөн өртү зыркырап,
Тиштенип тиши быркырап,
Кабыргасы качырап,
Жер айрылып дүркүрөп,
Коңурбайды бет алып,
Азизкандын жалгызы,
Келе жатат күркүрөп,
Аянбастан сайышып,
Ары-бери чабышып,
Айкырышып эки шер
Кез келген жерин жулкушуп,
Ат үстүнөн булкушуп,
Алдырбасын Алмаңдын
Коңурбай калча билгенде
Айласына салды эми,
Ээр белдей белестен
Эңкее тартып дыр коюп,
Алмамбеттин алдынан
Качымыш болуп чу койду.
Коңурбайдын Алгара:
«Чү!» дегенде дыркырап,
Эңкейишке келгенде
Чоң Калчанын Алгара
Эликтей колу сайылып,
Өргө тарта бергенде
Алмамбеттин Сарала
Жал-куйругу жайылып,
Ылдый тарта бергенде
Капырыңдын Алгара
Узап кетет закымдап,
Өр таяна бергенде
Алакеңдин Сарала
Жетип калат такымдап.
Жол кашатка барганда
Азизкандын Алмамбет
Жебеден мурун жетти эми

Кабырганын бетинен,
Далынын айдай четинен
Жеткен жерден Алакең,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн, - деп санабай,
Жетип муштап өттү эми.
Жетип муштап алганда,
Башына дүмөк салганда,
Ээринен эр кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти.
Сайганын мыктап киргизди,
Тоодой болгон Калчаны
Тоңкойтуп өөдө көтөрүп,
Азизкандын жалгызы
Ыйык жалга мингизди.
Кабак-бети тырышып:
«Кудай урду атым», - деп,
Астындагы Алгара
Аны менен урушуп,
Качып барат: «Белим, - деп,
Каран калган айзасын
Бир имерсе жеди», - деп,
Акылдан Калча шашты эми,
Белден болгон кызыл кум
Муну көздөй качты эми.
Кызыл кумга барганда,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Кең Таластан чыкканы
Бетеге башын чалбаган,
Күнү-түнү жаныбар,
Өргүп-тынып албаган.
Амал кылып Коңурбай
Оңдогонун көрдүңбү?
Кумга сала качканда,
Алмамбеттин Сарала
Болбой калды көрдүңбү?
Кумга салып дыр коюп,
Катуулап Калча чу коюп,
Сарала чарчап калганын
Коңурбай калча билди эми.
«Качкынды кудай берет», - деп,
Мыкыйында күлдү эми.
Алөөкөнүн алп Калча
Доолбасты койгулап,
Алгарадай тулпардын
Көк этинин үстүнө
Камчы менен аябай
Кайта-кайта койгулап,

Аты тулпар Коңурбай
«Чү!» - дегенде жоголуп,
Бура тартып Алмаңдын
Артына түштү оңолуп.
Чет-Бээжиндин чөлүндө
Тоодой Калча жетти эми:
«Омуртка сөөк өзү, - деп,
Өпкө-боор тушу», - деп,
Алгараны күүлөнтүп,
Айзакерден Коңурбай
Айза менен бир коюп,
Алмамбеттей көк жалдын
Жанын көзгө көргөзүп,
Эңкейте сайды Коңурбай
Ыйык жалга мингизип,
Ээринен эр кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти,
Чиренип кайта тырмалап,
Жанталашып Алмамбет
Чалкалай түшүп чакчайып,
Куюшкандан кармалап,
Сарала келет жүгүрүп,
Азизкандын Алмамбет
Жалгыз жандан түңүлүп,
Ыргып сайып чоң Калча
Сулатканы бaратат,
Астындагы кара зоо
Алып барып капталтып,
Кулатканы баратат.
«Ой, жасаган, кубат бер!
Күндүзүм кара түн экен,
Коңурбайдай калчадан
Ажалым жетер күн экен,
Шумдукту качан салат, - деп,
Кара болот кыргагым,
Кагылайын Сыргагым,
Качан жетип абасын
Ажыратып алат, - деп,
Ажыратып албаса
Аадандыгын билермин.
Таңдагы күн чын болсо,
Эшек кылып минермин».
Муну ойлоп Алмамбет
Кайран жандан түңүлдү,
Жылкыдан калып эр Сыргак
Алмамбетти бакалап,
Аңдып жүргөн турбайбы,
«Кандай болот, Алмам», - деп,
Күйүп жүргөн турбайбы!

Алмамбетти көргөн соң,
Артынан Калча сайганын
Абайлап Сыргак көргөн соң,
Көкчебичти зыргытып,
Тегерегин карабай,
Деңиз жанын аябай:
«Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муратка жетейин,
Алмамбетти өлтүрүп,
Калча менен салышпай,
Кантип кайта кетейин!»
Кара калпак кыргагы,
Кайдан жетти белгисиз
Кан Манастын Сыргагы.
Капталынан качырып,
Жебеден мурун жетти эми.
«Өпкө-боор өзү, - деп,
Как жүрөктүн тушу», - деп,
Калдайган чоң Калчаны
Катыра муштап өттү эле.
Жандай тийип сыр найза
Эки түгөй кабырга
Кыйрап сынып кетти эми.
Сыргак сайып өткөндө
Тоодой болгон Калчанын
Үзөңгүдөн бут кетти,
Ээринен эр кетти,
Кыймылдарга ал кетти,
О, дегенде оозунан
Өжөк-өжөк кан кетти.
Калча оолжуп турганда,
Калча ооп калганын
Көрүп барат Сыргагың:
«Түп этектен алсам, - деп,
Башын кесип салсам», - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Кыпкызыл күйгөн өрт болуп,
Өлүп барат Сыргагың.
Каалгып Калча турганда,
Бетти урган шамал жок,
Кайра тартса Калчага,
Алдындагы Алмамбет
Жогорку айткан жар-зоого
Кулаганы баратат.
Ошондо Сыргак жетти эле,
Чоң Калчага карабай,
Жеткен жерден Сыргагың
Сараладай буудандын
Ооздуктан бек кармап,

Кара зоонун башынан
Бура тартып кетти эми.
Арсландыгын билгизди,
Алачыктай Алмаңды
Далысынан бек кармап,
Ак каңкыга мингизди.
Өчкөн отун тамызды,
Ошенетип эр Сыргак
Өлгөн жанын Алмаңдын
Эрдик менен тиргизди.
Өлөр-өлбөс жан менен
Туйлап жатты Коңурбай,
Өз башын өзү койгулап,
Ыйлап жатты Коңурбай:
«Кара зоонун башынан
Аңтара таштап саярда,
Сарала менен качкындын
Башын кесип аларда,
Мени кудай урчу экен.
Астындагы Көкчебич
Жүгүргөн менен мал жетпейт,
Үстүндөгү Сыргакка
Алышкан менен ал жетпейт.
Сыргактын телегейи тең экен,
Арбактуу Манас дебесе
Манасынын эр Сыргак
Айза сайым эр экен.
Бөлөкчө экен айласы,
Сай-сөөктөн өттү го,
Бөйрөктөн салган айзасы.
Ушунда Сыргак болбосо,
Жарбайт белем жүрөктү,
Салбайт белем башына
Киши көрбөс дүмөктү.
Бузбайт белем зордугун,
Алмамбетти өлтүрсөм,
Албайт белем чоң кандан
Сураган сурак кандыгын», -
Деп, ошондо муну айтып,
Жаралуу болуп Коңурбай,
Каарланып калды ошол,
Кайнап жаткан калкына
Кайта тартып барды ошол.
Коңурбай барып калганда
Жалпы кытай жабылып,
Белгилүү эрдин баарысы
Кара жанын аябай
Каптамак болду камынып.
Балбандардын баарысы

Ирээт-ирээт кол болуп,
Топурак учуп, чаң болуп,
Тозоң басып, боз болуп,
Жер былкылдап жайнатып,
Бээжиндин айчыгы кара, алтын туу
Ыламага карматып,
Кайра кытай качпаска
Колдун артын карасаң
Ат оюнчу, жөө күлүк
Маңкуш алпка айдатып,
Беттеп согуш кыларын
Билип баары келатат.
Артынан кулагы темир Кутан алп
Түрүп чыгып келатат.
Текши кытай камынып,
Бир жакты көздөп бет алып,
Алмамбетке жабылып,
Дини кара кытайга
Козголоң түшүп калыптыр.
Кайрылып Калча кайран эр,
Кабылан баатыр түгөнгүр
Калың капыр алдына
Жекеге чыгып алыптыр.
Аны байкап Алмамбет,
Аттын оозун бурду эми,
Акыл салып Сыргакка
Кеңеш кылып турду эми.
«Сыргагым,
Тоодогу жылкым тогуз миң,
Тобурчак, тулпар аралаш.
Тобурчак, тулпар ичи ток,
Дозокудан мен өлсөм,
Алакелеп калаарга
Аркамда туяк бала жок,
Кудайдын салган ишине
Көтөрбөскө чара жок!
Сарала тулпар канатташ,
Ушу жерде мен өлсөм,
Кайда калбай бир куу баш!
Кабыланым, Сыргагым,
Мен бусурман келгени
Жүктөгөнүм бир болду,
Агынай кызы Арууке
Алганым нече жыл болду.
Жайылтып чачын тарабайт,
Согончогу канабайт,
Берзентсиз кара күн болду.
Кокустан өлсөм кытайдан
Жолдошуң Алмаң барындай

Жоого согуш баштаба.
Аманат кылып айтканым -
Кытайга сөөгүм таштаба!
Белимден ийип бүктөп кет,
Айбан да болсо жан жолдош
Саралага жүктөп кет.
Мазарлуу жерге тушуксаң
Көрүмдү кенен оюп кет,
Куран окуп маа атап,
Сараланы союп кет,
Терең казып коюп кет!
Сан жылкыңды айдай бер,
Мен ажал жетсе өлөйүн,
Баатырсынган кытайдын
Астынан тозуп бул жерде
Мыктылыгын көрөйүн».
Айза менен сайгандай,
Ыргып кетти эр Сыргак:
«Жылкың менен жылас бол,
Жыргалым, Алмам, айдабайм!
Айдап барып жылкыны
Не муратка жетейин,
Асылым Алмам шеримди
Кытайга жалгыз калтырып,
Кантип таштап кетемин,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Арманда калдым дүнүйө ай,
Бир беттешип көрөмүн!
Мени таштап Алаке,
Жылкыңды өзүң көздөп ал,
Мен иниңиз Сыргакты
Жети күндө күтүп ал!»
Кол алышып коштошуп,
Козголушпай эки шер
Колдон кармап алышты,
Ардемени көп айтпай
Аманат, - деп табыштап,
Эр Алмамбет туйгунуң
Эсепсиз түмөн жылкынын
Артынан жүрдү кургуруң.
Айдап барат жылкыны
Доолбасты карс коюп,
Сырбараң менен тарс коюп,
Дыгдырылтып дургуштап,
Камап алды Алакең,
Калың түмөн жылкыны
Астына салып иргилтип,
Сабап алды Алакең.

Жылкы айдаган Алмамбет
Бара турсун жолуна,
Аны мындай таштайлык,
Артта калган жекеге
Эр Сыргактан баштайлык.
«Жекеге чыккан Коңурбай
Четтешип жатып өлсөм, - деп,
Эч болбосо кезиксе
Беттешип жүрүп өлсөм, - деп,
Аныктап тиктеп Калчаны
Айза менен сайсам, - деп,
Жакын келсе кытайды
Айдарынан алсам, - деп,
Ушу жолдо Калчага
Артыкча күйүт салсам», - деп,
Көкчебич оозун бурду эле,
Көк жалың кыраан Сыргак жан:
«Коңурбай качан келет?» - деп,
Кыраңга чыгып кылтыйып,
Кылчайып карап турду эле.
Бээжиндеги кытайдан
Алөөкө деген кан чыгып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айкырганда уккандын
Добушунан жан чыгып:
«Кайда бурут, кайда? - деп,
Кармап колун байла!» - деп,
Каарданып алыптыр,
Карап турса Калчаны
Анык алптын дөөсү экен,
Кырк кан эли кытайдын
Чыны менен ээси экен.
Сыягын карап олтурса
Опол-тоодой көрүнүп,
Артындагы түмөн кол
Алда нече бөлүнүп,
Капырлыгы болбосо,
Жылдызы жазык оң экен,
Капырлардын Коңурбай
Адамдан канча чоң экен.
Мурутунун бир талы
Айбалтанын сабындай,
Мурду тоонун сеңирдей,
Булкушканды жегидей.
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткундай.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайдын кеңдиги

Жайлоодогу төргө окшоп,
Тегерете санабай,
Тегеле жанын аябай,
Кылчайып кайра карабайт,
Кыраандыгын карачы,
Кылча жанын аябайт,
Кылдаткан айза курч болот
Кыйкырып сунуп калыптыр,
Бээжинге дүмөк ач албарс
Ач билекке салыптыр.
Атышарга очогор
Аны дагы белендеп,
Алган экен Коңурбай.
Кара калпак кыргагы,
Кабагым-кашым дебестен,
Карап турат жаланып,
Кан Манастын Сыргагы,
Бу дүйнөдө сөзү ачык.
Адамзатта көзү ачык,
Алөөкөнүн Коңурбай
Көргөн жерден Сыргакты
Сынап Калча келейтат:
«Астындагы Көкчебич
Чу коюшта мал жетпес,
Үстүндөгү Сыргакка
Алышкан менен ал жетпес,
Умаштай ачат уйкумду,
Упуратат журтумду,
Какайлатып кубалап,
Кан дарыя агызып,
Кырып кетет элимди,
Сындырып кетет белимди,
Таш-талканын чыгарып,
Талап кетет жеримди.
Теги Сыргак эр экен,
Телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен,
Буруттугу болбосо,
Бул жалганда шер экен,
Ташты чаап чыгарган
Кыялашым болсочу,
Алөөкөнүн кенжеси,
Өзүм менен бир тууган
Уялашым болсочу!
Теги Сыргак көйкашка,
Мендеден Сыргак бир башка,
Тегиз бою тең экен,
Жыйырмага илинип,
Быйыл келген кези экен,

Көөп калган чагы экен,
Анык кыраан шуңкардын
Ташка тиер табы экен.
Алда, бурку, кантейин!
Амалды жетик салсам, ээ,
Жөө күлүк колун каптатып,
Сыргакты тирүү кармап алсам, ээ!
Бээжиндеги сулуу кыз
Аларга кошуп салсам ээ,
Сыргактан эркек туулса
Алтын таажым кийгизип,
Алтын тагым мингизип,
Чет-Бээжинге түбөлүк
Кароол кан кылып койсом, ээ!
Бура тартпай өлүшүп,
Сыргак менен бир беттешип көрсөм» - деп,
Кайратынан кайткан жок,
Сундурганын тарткан жок,
Айла курат, көп ойлоп,
Амал менен Сыргакты
Ала турган жерди ойлоп,
Күрсө-күрсө жөтөлүп:
«Эр Сыргакты атам» - деп,
Милтесине от коюп,
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип чок коюп:
«Атамын», - деп, камынып,
Мылтыкты жайып көтөрүп,
Астындагы Алгара
Түйүлө түшүп дыр койду,
Окчо кармап Сыргакты
Очогор менен бир койду.
Баскан жерден Очогор,
Түтүн бурк деп, тарс этип,
Зыңгырап Сыргак кенебейт,
Калча кулдун атканын
Бучкагына теңебейт.
Өлөмүн, - деп ойлобойт,
Тоодой болгон Калчанын
Кебетесин, сымбатын
Көрүп турат Сыргагың.
«Бетегелүү чаң чыкпас,
Ошо жерде кезигип,
Бир беттешип калсам, - деп,
Өлүп турат Сыргагың.
«Тетиги, алыс жаткан Таласта
Жебеден мурун жетсем, - деп,
Жеткен жерден кул менен
Талкалаша кетсем, - деп,

Ажалым жетсе кокустан
Айза кармап, окко учуп,
Шейит болуп өлсөм, - деп,
Өлбөй тирүү бар болсом
Коңурбай менен жулкушуп,
Бир жеңишип көрсөм, - деп,
Ичи кайнап өрт болуп,
Улак кандын Сыргагы
Бир сайышып кетсем, - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Чындап кылган сыр найза
Кармап колго кабыштап,
Кармап алып айзаны
Өлчөлүү жерге табыштап,
Сундурганын тартпастан,
Сумсайганын жазбастан,
Жалтанып коркуп калбастан,
Кисени белге курчанып:
«Ысылам!» - деп үн салып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Ураанды Калча укканда,
Ал дагы калды качырып,
Сундурганын тартпастан,
Бу да келет качпастан,
Сыргак менен Коңурбай
Качырышып келейтат,
Чымын жанын аябай,
Алөөкөнүн Коңурбай
А да айза көтөрүп,
Толгой тартып келейтат.
Өлөр жерин бу көздөп,
Оңтойлонуп келейтат.
«Кемпиринин чети, - деп,
Өпкө-боор бети», - деп,
Өлчөлүү жерди башынан
Жаш чагынан билген кул,
Сыргак менен мурунтан
Эчен жоого кирген кул.
Ошол чакта эр Сыргак
Астындагы Көкчебич
Баскан ташы быркырап,
Көздү ачып-жумганча
Жетип барды эр Сыргак
Чоң Калчага дыркырап.
Күркүрөгөн Калчага
Жакын Сыргак барганда:
«Ээрдин үстү кашы», - деп,
«Табарсыктын башы», - деп,
Сыргак муштап калды эми.

Ошол чактан Коңурбай
Көздөгөндөн айрылбай,
Көк жалың муштап калды эми.
Аянышпай эки эр
Айза менен коюшту,
Экөөнүн орто жеринен
Була учту буркурап,
Сайган эки айзасы,
Кыйрап кетти чыркырап,
Коңурбай калча эр экен,
Сыргагың артык шер экен,
Качышпастан кыйрашкан
Эки бирдей зор экен.
Качырып Сыргак сайганда
Тизелери бүгүлдү,
Эки тулпар жыгылды,
Сайышкандан күч кетип:
«Көкчебич ылдый турса - деп,
Камынтпастан Калчаны
Түп этектен алсам - деп,
Башы тийсе колума
Туура кесип салсам - деп,
Алмамбеттин артынан
Сүйүнчүлөп барсам» - деп,
Өлүп турат Сыргагың.
Иргилтип сайды кыйратып,
Турумтай тийген чымчыктай,
Туш келгенин кыйратып,
Бөрү тийген эмедей,
Бөлүп барат Сыргагың:
«Бөрүсү Калча кайда?» - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Өлүп барат Сыргагың.
«Манас!» - деп, Сыргак бакырат,
Көп кытайды дыгдырып,
Күрпүлдөктүн четине,
Айдап барат сапырып,
Намыстанып Коңурбай
Токтолбостон кытайды
Кайра айдап токмоктоп,
Кырып ийди Коңурбай.
Жалгыз Сыргак балбандан
Кытай болбой жерге кир,
Жабыла качып аласың.
Калдайып жаткан калың чер,
Токой десе эл экен,
Жыбыраган көп кытай
Жылдыз десе от экен.
Калың колдун ар жагы

Казып койгон ор экен.
Көпчүлүгү кытайдын
Сан жетпеген кол экен,
Каптап кетер сел экен,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин бети көрүнбөйт.
Караса көзгө илинбейт,
Топурак жаап, тоз учуп,
Кайсы экени билинбейт.
Кумурскадай жыбырап,
Камгак учкан эмедей,
Айзанын башы чабышат,
Адамдын башы кагышат,
Калың колго киргенде
Кабыланың эр Сыргак
Аркескен кылыч колго алып,
Өлөмүн, - деп санабайт.
Кайнап жаткан сан колго,
Ак шуңкардай кол салды.
Кылыч жеткен жер болсо
Кылыч менен уратып,
Айза жеткен жоо болсо
Аны менен кулатып,
Айбалта тийген жоо болсо
Аны менен сулатып,
Ылаачын тийген таандай
Көкчебич турбай калганда
Коңурбай калча муну ойлойт:
«Тура калса Алгара
Салар белем дозокту,
Көрсөтөр белем кызыкты,
Алпарып Бээжин калаага,
Бу буруттун башына
Салар белем балааны».
Андыгыча болбостон
Ыргып турду Алгара,
Тура калды Көкчебич.
Муну көрүп чоң Калча
Айла кылды ошондо:
«Жыйырмадагы бала экен,
Качымыш болуп калайын,
Артымдагы калың кол
Аласкалап, айлалап,
Аларга алып барайын,
Туш-тушунан топтошуп,
Көп кытайды каптатып,
Ортого алып бурутту
Тирүү кармап алайын».
Ушунетип Коңурбай,

Качып калды карабай,
Жоосу качып калганда
Кууду Сыргак аянбай.
Ошол чакта Калча кул,
Кум-Белести ашты эми,
Аты күлүк капырың
Ар жагында сан колду
Аралай чаап качты эми.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айкырып кайрып тозгондо,
Бүткүл балбан баарысы
Сыргакка кирди жабылып,
Кармамакка камынып,
Капталынан качырды
Качыр минген балбаны.
Бөйрөктөн кирди Бөрүкөз,
Бетинен келди Ороккыр,
Тушунан кирди Ылама,
Качырып кирди кан Жолой,
Манжуунун каны Эзкара.
Айза саяр ыктуусу,
Аянбай кирди Сыргакка
Айлага чоң мыктуусу.
Коңурбай кирди бакырып,
Тирүү кармап алгын, - деп,
Балбандарын чакырып,
Дагы келди айкырып,
Кутан алп деген тоо балбан
Качырып кирди бир жактан,
Маңдайы темир Маңкуш алп,
Баары каптап калганда
Баатыр Сыргак балага
Жетимиш айза бир тийди,
Жекелеп кытай келгенде
Жеке өзү алышып,
Кытай кыстап көптөшүп,
Баары курчап кетиптир.
Жамгырды көр, чокту көр,
Жайнап тийген окту көр,
Кызыл айза, кылычты
Кынап турат эр Сыргак,
Кытай кысып келгенде
Кыпкызыл болуп зыркырап,
Кылча жанын аябай
Чыдап жүрөт эр Сыргак.
Бүткүл кытай киргенде
Улугу кирди сында жок,
Уйпалган дүйнө болбой кал,
Убада кылып жүрдү эле,

Кыйрашкан согуш күнүндө
Кырк чоро берен мында жок.
Ушул согуш ичинде
Жалгыз калдым кантейин,
Мен Сыргактын багы жок!
Айдап жылкы кетти эле,
Алмамбет арслан дагы жок.
Каарданып кан Сыргак
Ыламага жетти эми,
Ыламадай балбанды
Бозкертиктин үстүнөн
Ыргыта коюп өттү эми.
Жетип башын кескиче
Жанындагы кырк төрө
Жабылып атка мингизип,
Аман алып кетти эми.
Көп кытайды көргөндө
Кабылан тууган эр Сыргак
Жалгыз жандан түңүлдү.
«Тирүү жүрүп нетемин,
Артымдагы калың кол
Курбан болуп кетейин,
Тирүү жүрүп нетейин
Кара башым салышып,
Капыр менен алышып,
Түбүнө эми жетейин!»
Муну айтып эр Сыргак
Колго кирди аралап,
Аралап Сыргак киргенде,
Каарданып тийгенде,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду,
Муруттары бурулуп,
Эр өлүгү боо болду.
Жан аябай согушуп,
Карчалышып турганда,
Азизкандын жалгызы
Санап жүргөн эмеспи,
Калың кытай сан колго
Кайрылып Сыргак кеткенде:
«Не болду?» - деп дүрбү алып,
Чыга калып белеске
Карап жүргөн эмеспи.
«Кабылан көк жал Сыргагым
Анык көк жал өзү эле,
Ушул быйыл Сыргагым
Жыйырмада кези эле,
Алышарга табы эле,
Көөп калган чагы эле,

Жоодон кайра тартпаган
Кабыландын табы эле,
Алөөкөнүн Коңурбай
Быйыл кайраттанган чагы эле», -
Ушинтип алып Алмамбет
Сыргакты карап турду эле,
Коңурбайы баш болуп,
Кордукту кытай салыптыр,
Байлачудай камынып,
Баары кытай жабылып,
Сыргакты тегеректеп алыптыр.
Жылкың менен жылас бол,
Жылкы кууп отуруп,
Не муратка жетейин,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Ажал жетпей баратса,
Кайра тартып качырып,
Капырдын канын төгөйүн,
Ушу турган Сыргакка
Караан болуп берейин».
Ошөнтүп алып Алмамбет,
Уй куймулчак Сарала
Жердин жүзүн уратып,
Сарала менен Алмамбет
Келе жатыр чуратып,
Шашкан бойдон Алмамбет
Оңдоп-соңдоп камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Астындагы Сарала
Капкара болуп жулунуп,
Эликтей болгон кайран баш
Капкара чаңга бөлөнүп,
Алакең келет бакырып:
«Сыргак жан!» - деп, чакырып,
Камап турган капырды
Сарала менен ойнотуп,
Кумурскадай капырды
Алакең жүрөт сойлотуп,
Орто жерин Алакең
Оюп келип берди эле,
Тегерегин Сыргак жан
Союп келип берди эле.
Алмамбет, Сыргак кошулуп,
Аябай согуш кылганда
Мунарык учкан чаңды көр!
Эчен бир өлгөн жанды көр,
Ошо жандын ичинде
Кесерден кара канды көр!
Бирөө өлгөндө капырдын

Кайра миңи жабылып,
Каптап жаткан жанды көр.
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр,
Кумурсканы көр, куртту көр,
Куртчалык кытай көптү көр
Калың казган орду көр,
Кайнатып койгон шорду көр,
Кабар алып Бээжинден
Кайра баштан жаңылап,
Каптаган кытай чоңду көр!
Кандуу канга калышып,
Кабылан тууган көк жалдар
Качпай кирип салышып,
Түндө тыным алган жок,
Күндө карап жаткан жок,
Күндөп-түндөп салышып,
Күчтөп уруш кылышып,
Жердин бетин жайпалтып,
Жер жайнаган көп кытай
Желпилдеген туу менен,
Жер жайнаган кол менен
Жердин бети толду эми.
Белгилүү Манас мында жок,
Берендерди көп кытай
Куткарбастай болду эми.
Кутулбасты билгенде,
Кумдай болгон көп кытай
Улам каптап киргенде,
Согушка минер Сарала
Таптап кирген эмеспи,
Алты миң бала бир барып,
Алты миң бала барганда
Алты бала бир барып,
Айла менен акылды
Окуп келген эмеспи,
Кытайдын мындай кыларын
Билип келген эмеспи.
Карыкандын күрмө тон,
Эсенкандын күн жайлачу
жай ташын
Белек кылып Бээжинден
Берен тууган Алмамбет
Абал баштан чыгынып,
Ала келген эмеспи.
Эсенкандын күрмө тон
Жакадан силкип алды эле,
Карыкандын жай ташты
Алып барып Алмамбет

Кара сууга салды эле.
Кара сууга салганда,
Алмамбет жайлап турганда,
Асмандан булут сабалап,
Жерге булут камалап,
Күн көрүнбөй күүгүмдөп,
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Тоо-тоонун башын кар алып,
Токойго кийик камалып,
Куурайдын баарын жай алып,
Чөптүн баары шуудурап,
Шыбыргактап муз болуп,
Жайдын күнү кыш болуп,
Кийими жука көп кытай,
Чыдай албай суукка
Кыңкылдаган кыз болуп,
Эчкидей болуп бүрүшүп,
Бети-башы тырышып,
Кылчылдап кытай турганда
Алмамбет, Сыргак аты уйкаш
Аянбай салды согушту.
Жанын таштап эки шер
Жан аябай согушуп,
Кызыл канды агызып,
Кырып кетти кытайды.
Бөйрөктөн Сыргак бакырып,
Орто жерин Алмамбет
Айдап кирди жапырып
Айза менен бишкектеп,
Жоюп кирди кытайды,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу
Ошол суунун жээгинде,
Кууп кирди кытайды.
Суугa баары капталып,
Кытай кирип келгенде
Азуулары аркайган
Ат өлүгү тоо болуп,
Муруттарын буралтып,
Эр өлүгү боо болуп,
Бу кыргынды көргөндө
Түбүнөн бери түрүлүп,
Түмөндөп кытай козголду.
Кабар тийип калыптыр,
Карыкандай канына.
Кабарды мыктап салыптыр,
Каканчындын баарына.
Жалпы кытай Бээжинден,

Жалгыз көздүн элинен,
Жана келип калыптыр.
Адам түгүл айбандар,
Канаттууну куткарбас
Дагы келип калыптыр.
Бири өлсө капырдын
Миңи келип ордуна,
Кайратына келиптир,
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Кытай козголгондо чыгуучу
Жөө мергенин чубатып,
Каражой келип калыптыр.
Зубун-зубун кытайлар,
Зубунун бузбай келиптир.
Иреттешип калың кол
Ирээти менен келиптир,
Айзакерден мыктыдан
Балбандардын бир бөлүп,
Кара байыр санатта
Калгандарын бир бөлүп,
Ит-Өлбөс чөлгө салыптыр.
Өң мергенин бир бөлүп,
Баштык болуп Каражой
Каарына алыптыр,
Жаа тартары жабылып,
Саадагына камынып,
Басканынан кытайдын
Жерден кыпын чаң калбай,
Ыйман сурап Алмамбет,
Эр Сыргакта жан калбай,
«Мөндү, мөнду, мөндүлөп!»
Мөндүлөп ураан чакырып
Бөксөдөн келет көп кытай
Көлдөй каптап жабылып.
«Жабуу-жабуу-жабуу!» - деп,
Жабуулап ураан чакырып,
Кан Жолою баш болуп,
Калың калмак капталдан
Качырып кирди жабылып,
Качырып кытай киргенде
Он эки кан кытай журт
Кан Коңурбай баш болуп,
Мындай болуп келгенде,
Айласы кетип эки шер
Эки жакка бөлүнүп,
Алек болуп эр Сыргак
Караса көзгө илинбейт,
Кайсы экени билинбейт,
Алмамбеттен бөлүндү,

Алек болуп жан менен,
Капталган кара чаң менен,
Алышмак болду Алмамбет
Айтылуу жети кан менен.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын туйгуну
Авалдан нече согушкан,
Адис болгон кытайга
Алмамбет берен кургуру.
Астындагы Сарала
Башын жерге салыптыр,
Алты миң кытай, миң калдай
Аксакалы Коңурбай
Аралаш согуш салыптыр.
Туш-туштан балбан камынып,
Туйгунга кирди жабылып,
Ошол күнү Сарала
Желгенине жел жетпейт,
Аркардай арыш алыптыр.
Эңкейишке келгенде
Топуракты көр, чаңды көр,
Толкуган кытай жанды көр,
Манжуунун каны Эзкара
Калмактын каны кан Жолой,
Кадиктүү мерген Каражой,
Бөрүкөз менен Орокбаш,
Жети дөөнү көргөндө
Арслан көк жал Алмамбет
Жеткилең жанды аябай,
Жети дөөгө жетти эле,
Жеткен жерден жетөөнү
Көмө коюп өттү эми.
Аттан түшкөн жети дөө,
Жети дөө кандай эр экен,
Жетөөнү бирдей кулаткан
Алмамбет кандай шер экен?
Жети дөөнү сайганда,
Алмамбеттей баатырдын
Эси кетип элейип,
Акыл кетип алсырап,
Ээринен эр кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти.
Жибек жалдуу Сарала
Алтын ээр Акканкы
Көчүк менен басалбай,
Окоро түйгөн чылбырды
Бекем кармап алалбай,
Алтын таман үзөңгү
Оңдоп бутка салалбай,

Каалгып көк жал турганда
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Жоонун айласын билген Коңурбай,
Айзакерден ыктуу кул
Сыр найза менен чыңданып,
Айбалта жарак-жабдыктын
Баарын бирдей тыңданып,
Оолугуп Алмаң турганда
Оңой эмес Коңурбай
Качырып келет күркүрөп.
Капталынан качырып,
Калчаң эми жетти эле,
Сараланын үстүнөн
Алмамбеттей баатырды
Көмө коюп өттү эле.
Айбалтаны таянып,
Асыл Алмаң көк жалың
Коңурбай келип сайганда
Канатынан кайрылды.
Сараладан айрылды
Өткөрө буудан Сарала
Башын жерге салыптыр,
Айбандан эстүү жаныбар
Окоро түйгөн чылбырды
Кара жерге сүйрөтпөй,
Оозуна тиштеп алыптыр.
Аралатып сан колду
Алгазардай Коңурбай
Артынан кууп калыптыр.
Кууганында түз качпай,
Токтоп жүрөт, Сарала,
Кулуну калган бээдей
Алмамбетти кылчактап,
Жоктоп жүрөт, Сарала.
Өөдө-төмөн качканда
Туйлап жүрөт, Сарала,
Коңурбайдын Алгара,
Жеткизбестен түйүлүп,
Кыйнап жүрөт, Сарала.
Нечен-анче кыраңды
Ашып жүрөт, Сарала,
Жеткирбестен Калчага
Качып жүрөт, Сарала.
Биттейинде бирге өскөн
Карындайда кармашкан:
«Кайда калды Алмамбет?» - деп,
Артын карап кишенеп,
Ойлоп жүрөт, Сарала.

Аттан түшүп калганда
Азапты кытай салды эми,
Жетип кытай жабылып,
Он эки курчап алды эми.
Мына ошондо Алмамбет
Чымын жанды аябай,
Сырбараңды колго алып,
Туш-туш жагын аткылап,
Башынан түтүн арылтпай,
Каптап келген кытайлар
Кайта качып чапкылап,
Жанына жакын келгенде
Сырбараң менен бир коёт,
Кайта качып көп кытай
Бура тартып дыр коёт,
Кайрат кылып баталбай,
Карап турган кытайды
Камап кирди Коңурбай.
«Барып байлап алгын», - деп,
Балбандарды чакырып,
Айдап кирди Коңурбай.
Топурак учту токтонбой,
Алмамбеттин жанынан
Камоодогу арсланга
Калың кытай, көп калмак
Жамгырдай кылып жаа атты,
Мөндүрдөй кылып ок төктү,
Канжаркол балбан туурадан:
«Кармаймын», - деп, камынды,
Кумурскадай жыбырап,
Курчап кытай жабылды.
Азизкандын көк жалы
Башына чалма чалдырбай,
Жер жайнаган кытайдын
Бирөөнө Алмаң алдырбай,
Жакын келген кытайды
Ачболот менен имерип,
Катуу кыстап келгенин
Айбалталап жиберип,
Алек болуп кысылып,
Ээн калсын дүнүйө,
Заманы жаман бузулуп.
«Ушундай согуш болгондо
Аккула оозун бурсачы,
Кабылан тууган канкорум
Эр Манас карап турсачы?!
Манас карап турганда
Анан кийин көп кытай
Ушинетип жабылып,

Аманат жанды кыйсачы!
Арманым толук сында жок,
Кытай кыстап турганда,
Акжолтой, Чубак мында жок!» -
Деп, ошондо Алмамбет
Кайран жанды аябай,
Кайра карап турганда,
Баштагы азап дейсиңби,
Кудай уруп салыптыр,
Темир курчтан тор алып,
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп,
Атты чыңдап токуткан,
Жин-беринин шаарынан
Алты жылы окуткан,
Алышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон.
Балбан, алпты көрдү эми:
«Алмамбеттин башына
Өзүм дозок салам, - деп,
Өзүм байлап алам, - деп,
Эки көзүн тең чукуп,
Бээжиндеги Карыкандын алдына
Тартуу кылып барам, - деп,
Колго тийсе качкындан
Капкайдагы кегимди
Ошонетип алам!» - деп,
Экөө бирдей камынып,
Көчкү жүргөн эмедей,
Келе жатат күркүрөп,
Камакта Алмаң эр эмес,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Ушунетип турганда
Көөдөнгө батпайт көп санаа:
«Асылым, кайда Алмам?» - деп,
Сыргактын көзүнүн жашы он талаа.
Алмамбетти көргөндө
Чыдай албай убайга,
Сыргактын үнү угулду кудайга.
«Алакем - эгиз козум түгөйүм,
Эгизимден айрылып,
Өлбөй кантип жүрөйүн!
Кыймалуу жагдан чалдырып,
Кыйыным Алмам көк жалды
Кытайга белек алдырып,
Не муратка жетейин,
Бу көрөкчө, кыйыным,
Асыл Алмам султанга

Курбан болуп кетейин!»
Муну айтып эр Сыргак,
Каарданып бакырып,
«Кан Манастап!» - чакырып,
Алмамбеттин айынан
Жеткилең белди курчанды,
Уй түгүндөй капырга
Жеке кирип кол салды.
Чалма таштап каларда
Күркүрөгөн Кутан алп
Алмаңды байлап аларда,
Кутан алптай балбанга
Улак кандын Сыргагы
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден Кутанды
Көмө коюп өттү эми.
Сыргагың канды-канга малышып,
Жеке Кутан алп эмес,
Жалпы кытай капырга,
Жалгыз кирди салышып,
Камап жаткан капырды
Алмамбеттин үстүнөн
Айдап чыгып сапырды.
Алмамбеттин үстүнөн
Ажырап капыр кетти эми,
Атасын көргөн эмедей
Алакелеп бакырып,
Кабылан Сыргак жетти эми.
«Алмамбет кыраан, кайран шер,
Алакем сенден айрылсак,
Такыр сынат биздин бел!
Калың кытай, манжууга,
Кайдан түшүп калгансың?
Кагылайын Алаке,
Мени кандай шорго малгансың?»
Жакын барды эр Сыргак:
«Алмамбет!» - деп чакырып,
Муну айтып ошондо
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден эр Сыргак
Айдалыдан бек кармап,
Жем баштыктай бөктөрүп,
Арсландыгын билгизди,
Оң тизеге мингизди.
«Башыңды жерге салгын, - деп,
Айбан да болсо канатым,
Аркардай арыш салгын», - деп,
Астындагы Көкчебич
Эликтей болуп түйүлүп,

Эти кызып жаныбар
Жанын таштап жүгүрүп,
Ошентип, Сыргак көк жалың
Көздү ачып-жумганча,
Астындагы Көкчебич
Капкандай бели ийилип,
Канча белес, чыбырды
Кабаты менен түйүлүп,
Ошол кезде баякы
Качып жүргөн Сарала
Талаада жалгыз элирип,
Оттоп жүргөн кези экен,
Айбан да болсо ээсин
Жоктоп жүргөн кези экен.
Алмамбетти көргөндө
Кишинеп тезден келгени,
Улутунуп тууралап,
Капталын тозуп берди эми,
Кытай жетип келгенче
Ыргып атка мингени.
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Улак кандын Сыргагы
Азизкандын көк жалды
Кайта жоого киргизди.
Сараланы ойнотуп,
Ичи күйгөн Алмамбет
Каптаган калың кытайга,
Кайтадан кирди кытайга
Кан агызып кыйратып,
Адам кайнап толду эми,
Күнү-түнү дебестен
Тынбай уруш болду эми.
Калың кытай амалдап,
Казып койгон ор келди,
Кайнатылуу шор келди.
Каптаганда сансыз кол
Алмамбет, Сыргак эки эр
Жандарына зор келди.
Ошондо да тайманып,
Өлөмүн деген санаа жок,
Чыканактап калбаган,
Чырым уйку албаган,
Эр Сыргактай бала жок.
Алды-артына карабай,
Чымын жанын аябай,
Кайта кирди согушка.
Согушка Сыргак киргенде,
Бээжиндеги кытайдын

Берени келип калыптыр.
Берендерди көргөндө
Жалтанбастан Алмамбет
Чымырканып чыйралып,
Жаңы уруш кылгандай,
Жалгыз жанын аябай,
Согушка дагы кирди эми.
Буурутуп калган Алмамбет
Белди бекем буунуп,
Билекти кайта түрүнүп,
Жапырып кирди согушка.
Саралага камчы уруп,
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден көп колду
Такыр сүрүп өттү эми.
Айгайды катуу салганы,
Ал дагы кыйын эр экен,
Алмамбеттин бетине
Кытайлардын Ороккыр
Качырып чыгып калды эми.
Камындырбай Алмамбет
Карагердин үстүнөн
Көмө сайып өттү эми,
Көмжү деген чоң балбан
Көтөрүп атка салганча,
Кара болот кыргагы,
Качырып келип эр Сыргак
Жеткен жерден Орокту
Башын кесип өттү эми.
Ошол кезде Алмамбет
Тегерете карабай,
Чымын жанын аябай,
Беттеп калган Каражой,
Манжуунун каны Эзкара,
Экөөнө кабат жетти эле,
Жеткен жерден Алмамбет
Көмө коюп өттү эми.
Экөө аттан түшкөндө,
Ээрчедей белестен
Ашып келет жаш Сыргак:
«Башын кесип алсам», - деп,
Шашып келер эр Сыргак.
Жетип келип баштарын
Кылыч менен чабарда,
Ушул кезде буларды
Аңдып турган кырк төрө,
Төрөлөрдүн ичинен
Жолой деген эмеси
Эр Сыргакка жеткирбей,

Бул да мурун жетти эми,
Буларды атка мингизип,
Алып жүрүп кетти эми.
Ары жагын карасаң,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Тийгенинен кан чыгып,
Азизкандын Алмамбет,
Чындап салды согушту.
Сараладай ат минип,
Сарала жаргак шым кийип,
Түпөгү жок айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Эки колдон күч чыгып,
Бетинен кара түк чыгып,
Сараланын мурдунан
Ыштыктай болгон буу чыгып,
Аралап кирсе Алмамбет
Бетиндеги кытайдан
Какайлаган чуу чыгып,
Каптап келген кытайдын
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбейт.
Билинбеген чаң менен
Беттешмек болду Алмамбет,
Берен Жолой кан менен.
Мен сайганда сен сай, - деп,
Ирет кылып көп кытай
Ар жагына Жолойдун
Ыламаны коюптур,
Ыламанын ар жагы
Темир кийим кийгизип,
Бээжинден чыккан көк тулпар
Керкүрөңдү мингизип,
Бөрүкөздү коюптур,
Бул үчөөнү көргөндө
Кайра тартып кача албай,
Сунган айза тарталбай,
Үчөөнө кабат жетти эми,
Жеткен жерден Алмамбет,
Баарын аттан түшүрө
Көмө коюп өттү эми.
Үчөө аттан түшкөндө
Канаты бар Кара аты
Алөөкөнин Коңурбай,
Качан болсо ааламды
Талкандай чалган адаты,
Айзакерден мыктуусу,
Жоонун айласын билген ыктуусу,

Бел кылуучу бел ошол
Бээжиндеги кытайдын
Медер кылар шери ошол.
Белгилүү Калча кырааның,
Дагы дүмөк салууга
Келе жатат качырып,
Алмамбеттей көк жалдын
Бөйрөк - деп, айза салууга.
Закымдай болгон Алгара
Жаңы эле жетерде,
Алмамбетти атынан
Көмө коюп өтөрдө,
Кара болот кыргагы
Ылаачындай кылчактап,
Жүргөн экен Сыргагы,
Алгаранын үстүнөн
Алаптаган Калчаны
Көмө коюп өттү эми.
Астындагы Көкчебич
Оозу катуу мал эле,
Калча аттан түшкөндө
Ала качып өттү эми,
Айласы кетип бакырып:
«Алаке, жете көргүн! - деп,
Алмамбетти чакырып,
Жебеден мурун жете көр,
Томурайган Калчанын
Жетип башын кесе көр!»
Муну угуп Алмамбет
Алдындагы Сарала
Олбуй-солбуй камчылап
Аянбай келет мелтиреп,
Алмамбетти көргөндө,
Калың кытай, көп манжуу:
«Эр Коңурбай өлдү», - деп,
Баары жандан түңүлүп,
Алакең жетип соёрдо
Ат оюнчу, жөө күлүк
Кутан алп мурун жетти эми,
Жеткен жерден Калчаны
Алгарага мингизип,
Сүйөп жүрүп кетти эми,
Ушул сапар Коңурбай
Сайышынан Сыргактын
Жаралуу болду доңуздай.
Ошол чакта көп кытай
Дүңкүлдөк уруп алды эми,
Урушпаска жети күн
Мөөнөт сурап турду эми,

Мөөнөтүнө көндү эми,
Урушпаска жети күн
Убадасын берди эми.
Алмамбет, Сыргак - эки шер
Жалпак кыя, жалгыз жол,
Үстүндө үйдөй кара тал,
Жатып уйку кандырып,
Көкчебич менен Сарала,
Бетеге чөптөн чалды эми.
Аз кеңешип олтуруп,
Ардактуу тууган эки шер,
Эки бирдей тулпардын
Ичин чөпкө толтуруп,
Тыныктырып жуушатып,
Тынч алдырып уктатып,
Эс алышып алган соң,
Эсил катын Каныкей
Жердин жүзүн чалдырып,
Мээр чөп менен күлазык
Табылган жерден алдырган.
Алмамбетим алгын, - деп,
Белекке бердим буларды
Жайын билген жандарга
Касиеттүү буюмум,
Сапарга ала жүргүн, - деп,
Ич этинен суп көйнөк
Кий деп берген эмеспи,
Бээжинге бейпай салганда
Берен жанга күч келсе,
Белекке берген азыкты
Бил - деп, берген эмеспи.
Күлазыкты алышып,
Чүкөдөй кылып томкоруп,
Жан аякка салды эле,
Алты аяктан, жети аяк
Жутуп-жутуп алды эле,
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Кайратына келишип,
Жаңыдан тууган баладай,
Сак-саламат болду эми.
Сүйлөп сөзүн кандырып,
Эки бирдей тулпарды
Мээр чөптөн чалдырып,
Мээр чөптү чалганда
Ат ээлигип ык болуп,
Таластан жаңы келгенсип,
Этине келип элестеп,
Эки жакты каранып,

Ок жыландай октолуп,
Чымын учса ойноктоп,
Коё берсе оттобой,
Байлап койсо токтобой,
Алмамбет, Сыргак биригип,
Күн эсебин кылышып,
Эсептерин алышып,
Биз Таластан чыкканда
Жалпылдаган жаз эле,
Ушу кезде карасак
Былкылдак куурай бышыптыр,
Мыйзамдын гүлү учуптур,
Бетеге куурап калыптыр,
Чынардан чыккан бүр түшүп,
Союл бутак болуптур.
Күн эсеби жети күн
Убадасы өткөн соң,
Жыйырма кан эли козголуп,
Жылас болуп калыптыр,
Булардын баарын кургуштап,
Коңурбай калча кытайды
Кудай уруп салыптыр.
Асаба алып кандары,
Арасында жаркылдап,
Кайраты катуу балбаны.
Четтеп жүрөт камданып,
Айзакерден эрени.
Алдында жүрөт шайланып,
Ошонетип Коңурбай
Айкырыгы тоо жарып,
Камап чыгып келатат,
Жетип оруп алчудай,
Кармап орго салчудай,
Качырып кытай күркүрөп,
Каптаган жоодон кайтпастан,
Өлүмдөн кайта тартпастан
Ортого кирбей четтешип,
Жер жайнаган кытайга
Алмамбет, Сыргак - эки шер
Кайра кирди беттешип,
Кан агызып канышып,
Кайра кирди салышып,
Алты ай тынбай алышкан
Алмамбет менен Сыргакты
Азырынча таштайлык,
Эр Манастан баштайлык.

# 30 Манас, Чубак Алмамбет, Сыргактын кытайга согуш салганы[6]

Тал-Чокунун үстүнөн
Уйкудан чочуп ойгонду.
Оң жагына толгонуп,
Алмамбеттен чочунуп,
Айбанбозду токунуп,
Каарданып бакырып,
Уктап жаткан Чубакты
Ойгонгун! - деп, чакырып:
«Акбалтайдын Чубагы,
Кечээ, кең Таластын боюнда,
Жылгындуу, Кең-Кол оюнда,
Калың кыргыз, көп огой
Конуп жаткан кезинде,
Күнү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кезинде,
Кумдан кулан куушуп,
Сойлоп жаткан кезинде,
Кырк байтал сайып мөрөйгө
Ойноп жаткан кезинде,
Эриксек элик атканда,
Эрикпесек Таласта
Эрмек кылып жатканда,
Эртең менен турганда,
Жаяны кесип жечү элең:
«Капалуу катуу күн келсе
Жаң-жуңду бузам» - дечү элең.
Акбалтайдын Чубагы
Жатчу белең күпүлдөп,
Өз алдыңча дүпүлдөп,
Кыр жагыңда кытайды
Кырып берем дечү элең
Айза алып аттанып,
Кызык кылып согушту
Кылып берем дечү элең.
Кыра турган чак келди,
Кырылышар тап келди
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Алмамбет, Сыргак курдашың
Калың кытай капырдын
Жылкысын тийип алыптыр,
Көп жылкынын артынан
Куугун келип калыптыр.
Кырк кандын эли козголуп,
Кызык уруш салыптыр,

[6] Түп нускада мындай тема жок

Алмамбет менен Сыргакты
Тегеректеп алыптыр.
Жаңыдан кармап алууга,
Баштарына экөөнүн
Катуу азап салууга,
Калың кытай жабылып,
Камынышып калыптыр.
Башкасын айтып нетейин,
Адамдан бөлөк түрү бар,
Тегеректеп аларды
Жалгыз көз каптап алыптыр.
Камап жаткан жалгыз көз
Капталынан качырып,
Капырга айза салбасак,
Алмамбет менен Сыргакты
Ажыратып албасак,
Иттикти булар билбейби,
Айтылымыш чын болсо,
Таңда магшар күнүндө,
Сыргак менен Алмамбет
Экөөбүздү ошондо
Кара эшек кылып минбейби.
Түнөрүңкү Бээжинге
Түздөп айза суналык,
Түмөндөгөн кытайдан
Алмамбет менен Сыргакты
Ажыратып алалык,
Кези келген кытайды
Курмандыкка чалалык.
Түнөрүп жаткан капырга
Түздөп мылтык суналык,
Алмамбет, Сыргак эр үчүн
Түгөнгөн жанды кыялык,
Тутуп жүргөн эки шер,
Көрүп туруп, Чубагым,
Кантип тирүү туралык!
Теңирдин салган буйругун
Башка келсе көрөлүк,
Айза кармап, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Аянышпай өлөлүк,
Айгайлаган кытайдын
Аябай канын төгөлүк!
Тезинен жүр, Чубагым,
Алмамбет менен Сыргакка
Караан болуп берелик,
Караан болуп бербесек,
Тезинен биз барбасак,
Алмамбет менен Сыргакты

Тегеле кармап албайбы,
Кектешкени Алмамбет
Колуна тийсе капырлар
Ичин тилип, жарбайбы,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга салбайбы!
«Алмамбет өлүп калды», - деп,
Бээжинге кабар салбайбы.
Бейжайды кудай урбайбы,
Чалыяр тийбес Бээжиндин
Чындап колун жыйбайбы,
Алакең көзү өткөндө,
Алакандай бусурман
Айдап жүрүп көп кытай
Мекеге жете кырбайбы,
Кайры диндүү капырың
Кыргынды минтип кылбайбы!
Жүргүн, Чубак, жетелик,
Экөөнөн мурун биз өлүп,
Алмамбет менен Сыргакка
Курман болуп кетелик», -
Деп, ошондо эр Манас
Каарданып күркүрөп,
Каарман шер, кайран эр,
Карап турган Чубактын
Бүткөн бою дүркүрөп,
Жанындагы боз кисе
Айкырып белге чалганда,
Ак Эшен жолдош бир болгон.
Колдогону Кожосан,
Кол бергени Ак Эшен,
Баатыр Манас көк жалдын
Салтанаты сында жок.
Ушул жол кыргын саларга
Аккелте мылтык, Аккула
Аколпогу дагы жок,
Алдырбастан шаштырган,
Эр Чубактын багы жок.
Өлүм десе кайтпаган,
Ажалдан коркуп тартпаган,
Казылуу жаткан ор болсо
Түшөм деп кайра качпаган.
Жоону көрсө сүйүнгөн,
Атышкан жерди өрт кылган,
Алышканды мерт кылган.
Туулгандан шер болгон,
Атагы чыгып далайга
Кабылан көк жал эр болгон.
Тулаңдуу жерди тутанткан,

Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Он эки кылым салбаган,
Укурук кайрар калбаган.
Бусурман шери кайран эр,
Опол-тоодой көрүнүп,
Аттанып кирди чокудан,
Оозунан жалын төгүлүп,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып:
«Кайран досум минткен соң
Кантип жанды аяйм», - деп,
Кан Балтайдын Чубагы
Көгала минип камынып,
Кең-Колдон Талас кем эмес,
Келберсиген эр Чубак
Эр Манастан кем эмес.
Акбалтайдын Чубагы
Арбагы Манас дебесе,
Кемип калар шер эмес.
Ошондо Чубак зыңгырап,
Көк ырапыс тон кийип,
Көгаладай ат минип,
Согушууга бел байлап:
«Тобокел!» - деп, дем байлап,
«Толкуп жаткан капырдын
Тобун чечип алайын,
Тозокту чындап салайын,
Акыреттик Алмамды
Алым келсе кытайдан,
Ажыратып алайын,
Ажыратып албасам,
Кудайдын салган буйругу
Эмине болсо көрөйүн,
Алмамбет менен Сыргакка
Караан болуп берейин, -
Деп, ошондо эр Чубак -
Кандан кайра тартпаган,
Кадимки көк жал чунагы.
Каарданып дыр коюп,
Көгала менен чу коюп,
Узай түшүп элеңдеп
Жойкумасын белендеп,
Жолдош болуп Манаска,
Жолукмак болду азапка,
Катылмак болду эр Чубак
Кабары катуу казатка.
Бу казатка киререрде
Бел байлаган берени,
Алдында кетип бaратат

Берен Манас көзөлү.
Манастын түрүн айтайын:
Алды жагын караса
Алтымыш эрдин сүрү бар,
Артындагы Чубакта
Ажыдаардын түрү бар.
Байкап турса ошондо
Бет алдында күңгөйдө
Жылкынын баары кылкылдап,
Жайнап калган кези экен,
Адамча кууп жылкыны
Ажыбайдын Карткүрөң
Айдап калган кези экен.
Машаадай кылып моюнду
Ийип калган кези экен,
Айбан да болсо Карткүрөң
Адамча кууп жылкыны
Тийип калган кези экен.
Кан Манасты көргөндө
Айдабастан жылкыны
Таштай салып зыргытып,
Чоң казандай даңканды
Көктү көздөй ыргытып,
Бир кишенеп заңылдап,
Кан Манастын алдына
Туура тартты Карткүрөң,
Салып келди заңылдап.
«Чылбырын колго илер, - деп,
Чыныгы султан эр болсо,
Алдындагы Бээжинге
Мени жетекке ала жүрөр, - деп,
Карчалышкан капырың,
Каптап кирип келгенде
Мени Манас минер, - деп,
Кабылан тууган эр Манас
Мени минип көп жоого
Карчыгадай тиер, - деп,
Касиеттүү кабылан
Кадырымды билер, - деп,
Баатыр минсе үстүмө
Аркардай арыш керейин,
Коңурбайдын Алгара
Үч жеткизип берейин.
Казатты мен да баштайын,
Үстүмө минсе көк жалың
Кара жанды таштайын.
Айзалашса кынайым,
Айкырык салып эр Манас,
Айгайлатып кытайды

Айдап кирсе Бээжинге
Канчалык минсе оорсунбай,
Ысык чыгып жоорубай,
Суу жутуп, чөп жебей,
Султанга чыдап берейин.
Калкан тонун киер, - деп,
Канкор Манас султаным
Мени эми минер, - деп,
Карап турду Карткүрөң.
«Ажыкем кийген ок өтпөс
Аны кантип кием - деп,
Ажыкем минген Карткүрөң
Сени кантип минем, - деп,
Көп жылкыны башта, - деп,
Кагып ийип как жаакка,
Карткүрөңдөй бууданды
Түртүп ийди ар жакка.
Айбан да болсо Карткүрөң
Айтайын десе тили жок,
Артыкча жаман таарынды.
Баштабастан жылкыны
Чачып кетти Карткүрөң
Ажыбайды бет алып,
Качып кетти Карткүрөң.
Желгенине жел жетпей,
Шашып кетти Карткүрөң.
«Бир өлмөктөн миң өл», - деп,
Каргап кетти Карткүрөң.
Карткүрөңдү качырып,
Каарданып барбактап,
Касиеттүү кайран шер,
Толкуп жаткан капырдын
Тобуна тийди кайран эр.
Бөйрөгүнөн Чубагы,
Дагы берен Сыргагы
Ободон жылдыз жошулуп,
Башта барган экөөнө
Булар барды кошулуп,
Толкуп жаткан капырга
Токтобой кирди көк жалың
Каптап калган капырга
Көп экенин көзгө илбей,
Качпай кирген көк жалың,
Айбанбоз менен ойнотуп,
Айдамак болду кыйратып.
Акбалтайдын Чубагы
Алышкан жоону көргөндө
Өйдө-ылдыйын карабай
Өлөмүн, - деп санабай,

Өкүрүп кирди согушка.
Мурун Чубак оолугуп,
Манжуунун каны Эзкара
Ага калды жолугуп,
Эзкаранын түмөн кол
Ары-бери сүрүшүп,
Ар кимиси берендер
Жан аябай урушуп,
Чубакка Эзкара беттеп кирген соң,
Ошол чакта Манасты
Кечилдин каны Коңурбай
Беттегенден Манасты
Беркилерден бөлдү эми,
Белгилүү Манас баатырдын
Берендигин билди эми.
Берен Манас баатырың
Бээжинден келген кытайды
Кайта кырып, сүрдү эми,
Арбактуусу Коңурбай
Кармаша албай тең болуп,
Кайта качып жүрдү эми.
Анык көк жал, артык шер
Коңурбай качып калган соң,
Арт жагынан кытайды
Үркүтүп айдап сүрдү эми.
Орто жерин жеке өзү
Ойрон Манас султаның
Оюп-кырып кетти эле,
Айланасын үч берен
Айдап, кууп кетти эми.
Каканчындын Бээжинге
Какайлатып кытайды:
«Ысылам!» - деп бакырып,
Ызы-чуу кылды төрт берен.
Камгак учкан эмедей,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Жердин бетин каптаган
Асмандаган чаңды көр,
Агып жаткан дайрадай,
Кыпкызыл болгон канды көр.
Ошол кандын ичинде
Тоголонгон башты көр,
Башка аралаш кан болгон
Чубалып жаткан чачты көр.
Кыпкызыл кан жерди көр,
Кырылган кытай элди көр.
Буту сынып далай ат
Туйлап жаткан мундан көп,

Каршы-терши далай эл
Кыйрап жаткан андан көп.
Кара көздөн айрылып,
Сокур болгон мундан көп,
Кол-бутунан ажыран,
Кокуйлаган мундан көп.
Мындай кыргын болгон соң,
Кытайлардын Калчасы
Бээжиндеги чоң канга:
«Калың аскер берсин» - деп,
Каарданып күрсүлдөп,
Боз ат менен чаптырып,
Кайталап кабар жиберди.
«Манас келип калды, - деп,
Жыйырма кандык кытайга
Кыргынды кыйын салды, - деп,
Тең боло албай Коңурбай,
Кайра качып көп кытай
Чет-Бээжинди алаарга,
Жакын кирип калды», - деп,
Бу кабарды укканда
Бээжиндин эли буркурап,
Баары бирдей чуркурап,
Кабар түшөт канына,
Бүлүк болду козголуп,
Каканчындын шаарына.
Бөйкү деген төлгөсүн
Бээжиндеги Карыкан
Тартып жүргөн эмеспи,
Манастан чочуп, бадырек
Төгөрөктүн төрт бурчун
Арытып жүргөн эмеспи.
«Заманды Манас куурат, - деп,
Журтумду бурут кырат, - деп,
Кыргын салып кызыкты
Алмамбет качкын кылат», - деп,
Бээжиндин каны мурунтан,
Муну ойлоп ичинен
Күйүп жүргөн эмеспи,
Ушундай доорук болорун
Билип жүргөн эмеспи.
Бээжиндин каны Карыкан
Уктап жаткан кезинде
Түшүнөн чочуп түйүлгөн,
Эртең менен караса:
«Манас деген бир киши
Түбүнө элдин жетет, - деп,
Кытайды кырып кетет», - деп,
Бээжиндин даңзасына чийилген.

Бу чийинди көргөндө:
«Кытайдын эри аттанган,
Ичтен ала жоо чыгып,
Түпкө ошол жетет, - деп,
Манаска качып кетет», - деп,
Алмамбет аты катталган.
Кытай муну көргөндө
Баары бирдей күйүнгөн,
Ушундай деп капырдын
Бичигине чийилген.
Бу кабарды укканда,
Каарданып Карыкан
Буйругун айтып турганда,
Топурак учуп, тоз болду,
Түптүү кытай, калың журт
Түбүнөн бери козголду.
Карыкан буйрук кылганда,
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Бир эшигин ачты эми,
Эшикти эли ачкан соң,
Кабарды каны чачкан соң.
«Кара мурут жигиттер
Калбай келсин мында», - деп,
Эки өгүздүн терисин
Дарбазанын түбүнө
Талпак кылып жайдырды,
«Ушул талпак үстүнөн
Басып, чубай чыккын, - деп,
Чылгый эки териден
Алакандай калбаса
Сен кылымга толосуң,
Анан кийин тең болуп,
Аздап кеткен бурутка
Урушарлык болосуң», -
Деп, ошонтуп, Карыкан
Катуу буйрук салды эми,
Калың кытай жыйылган
Талпакты басып үстүнөн
Такыр чубап калды эми.
Кум экени билинбей,
Курт экени билинбей,
Кайнап чыкты көп кытай,
Кумурскадай быжырап,
Жайнап чыкты көп кытай.
Толкуп кытай жүргөндө
Топурак учуп, тоз болуп,
Асман жүзү көрүнбөйт,
Көптүгүнөн кытайдын
Жердин бети көрүнбөйт.

Карап турса чаңынан
Күн экени билинбейт,
Күндүн бети тунарып,
Чайкап кеткен дайрадай
Көл экени билинбейт.
Айтылуу Бээжин дээр экен,
Азирети Аалы шер
Арадан кайткан эл экен.
Кырылса кытай арман жок,
Чылгый эки териден
Тепсенди болуп, жок болуп,
Оймоктой жери калган жок.
«Эми кытай токто», - деп,
Бээжиндеги Карыкан
Дарбазаны жапты эми.
Кылымга кытай толду, - деп,
Урушар чагы болду, - деп,
Кез болгондун баарысын
Таманга салып тапта, - деп,
Өзү тийген бурутту
Ташын талкан чыгарып,
Мекеге жете капта, - деп,
Мундай жардык укканда
Тополоң-тозоң, чаң салып,
Урушка баштык канды алып,
Былкылдап кытай жүргөндө
Жердин бетин чаң алып,
Эр этеги жыртылды,
Бир бирине камалып.
Адам батпай былкылдап,
Айза батпай кылкылдап,
Жердин жүзү жошулуп,
Желмогуз Манас кайда? - деп,
Жете келди калың кол
Мурунку колго кошулуп,
Тарап-тарап сөгүлдү,
Каптап кытай киргенде
Баш кошуп жүргөн төрт берен
Бет-бетинен согушуп,
Төрт жакка кетип бөлүндү.
Манжууну кырып аянбай,
Салышып жүрөт эр Чубак,
Кара калмак шибээге,
Кан Жолой менен Ылама,
Буларды жеке бет алып,
Согушуп жүрөт Алмамбет.
Жалгыз көздүн элине,
Четке койгон чебине,
Маңкуш менен Казан алп,

Буларга Сыргак беттешип,
Бетинен кетти бир башка.
Минген аты Айбанбоз,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Калчага кирди кан Манас.
Колдогону Кожосан
Колдоп жүрөт Манасты,
Кол бергени Ак Эшен
Жөлөп жүрөт Манасты.
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Айланадан кырк арслан
Манасты курчап алыптыр,
Колдогону көрүнөт,
Ысыгына чыдабай,
Качып кытай бөлүнүп,
Мекеден келген жетик туу
Жетип жерге орнотуп,
Жеке өзү эр Манас
Жеткен жерин сойлотуп,
Күнү-түнү дебестен,
Токтобой уруш салды эми.
Ит-Өлбөстүн Кызыл-Кум
Кырк күнчүлүк чөл эле,
Үстүнөн закым кетпеген,
Туурасынан бу чөлдүн
Кара куш учуп өтпөгөн,
Томуктай болгон тоосу жок
Токумдай жерде коосу жок
Кулан чыдап жүрбөгөн,
Кийик оттоп кирбеген,
Куу учса кулагы,
Күйүп кеткен чөл эле,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чым этерге суусу жок!
Атка каршы жер эле.
Ошол чөлгө барганда,
Кытайды айдап кыйкырып,
Кыраан Манас жүрдү эле.
Ортосуна бу чөлдүн
Сүрүп Манас барганда,
Аты жүрбөй каларын
Адис Калча билди эми.
Алгаранын оозун
Жыйнап жүрөт Коңурбай,
Алыстан көрүп Манасты
Сынап жүрөт Коңурбай:
«Анык Манас эр экен,
Шай колдогон шер экен.

Алакандай бурутка
Коргон болуп туулган
Калкан болуп жаралган
Мекенин анык чеби экен.
Бай-бай, Манас кантейин,
Ченебеген көк экен!
Ар ким азар салбаган,
Укурук кайрар калбаган,
Аскар бийик тоо экен,
Арслан Манас эр кулга
Катылбай турган жоо экен.
Агыны катуу шар экен,
Берен Манас кабылан,
Беш мертем колу сынса да
Бээжиндик күчү бар экен.
Телегейи тең экен,
Ичи жер жүзүнөн кең экен,
Азганакай Манастын
Алакөөдөн жери бар,
Акыл жактан кем экен,
Астындагы Айбанбоз
Жүрбөй калар кези экен.
Эми алты күн сайышса,
Узун кулак шалпылдап,
Астындагы боз качыр
Жүрбөй калар талпылдап.
Аты жүрбөй калганда
Аябай согуш салайын,
Чаначтай мурдун дардайтып,
Тирүү кармап алайын.
Чоң-Бээжиндин шаарында
Казыналык кырк шуркут
Алпарып айгыр салайын.
Мундан эркек туулса,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Карыкандын ордуна,
Каканчындын Бээжинге
Кан көтөрүп салайын.
Не да болсо Манастан
Бала тукум алайын.
Көңүлгө баткыс санаа бар,
Көк жалыңдын белинде
Өзүнөн мыкты бала бар.
Айтканында сөзү ачык,
Көргөнүндө көзү ачык,
Бел байласа бел болот,
Манастан артык шер болот.
Согушту чындап салайын,

Тигилери келгенче
Тирүү кармап алайын!»
Ит-Өлбөстүн чөлүндө,
Акыл ойлоп, кек сактап,
Колундагы сыр найза
Оңдойлонуп бек кармап,
Алгара менен алкынтып,
Алдынан чыкты Манастын,
Алдынан чыгып Коңурбай:
(Айласы кыйын доңуз ай!)
«Манас, Манас дегенге
Барбактап калат экенсиң,
Сууга салган чаначтай
Дардактап калат экенсиң!
Сындырайын белиңди,
Мыкты болсоң, эр Манас,
Кырайын сенин элиңди!» -
Деп, ошонтүп, Коңурбай,
Алгара оозун бурду эмп,
Ачууланып кайран эр,
Кабылан Манас көк жалдын
Маңдайында турду эми.
Кайраттанып Калча кул
Каршы алдында турганда,
Кайраттанып кан Манас:
«Качпа, Калча, качпа! - деп,
Атыңдын оозун бургун, - деп,
Анык мыкты сен болсоң,
Алдыңкы жерге тургун» - деп,
Кайраттанып көгөрүп,
Оозунан жалын төгүлүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Ошондо Манас баатырың
Көз ирмебей мелтиреп,
Кайратын көрүп Манастын
Ысыгына чыдабай,
Суугуна бата албай,
Бура тартып дыр коюп,
Ордун сала берди эми.
Ордуна түшүп Айбанбоз,
Кумга колу тыгылды,
Үстүндөгү эр Манас
Кошо жерге жыгылды.
Айбанбозду тургузбай
Кытай каптап каларда,
Арслан тууган Манасың
Көкүл менен ыйык жал,
Чапчып кармап тигинен

Айбанбозду тургузду.
Олбуй-солбуй теминсе,
Кулактары шалпылдап,
Алты күн суу ичпестен,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Жүрбөй калды далпылдап,
Ушундай катуу согушта
Кара терге чөмүлүп,
Жүрбөй калды балпылдап.
Айбанбоз жүрбөй турган соң,
Аяныл Калча турабы,
Карап туруп ушунда,
Калчаны кудай урабы!
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Балбандарын токтотуп,
Манаска кирди бакырып,
Мөндүлөп ураан чакырып,
Ушинетип Коңурбай,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кылчайбастан артына,
Кыраан Калча келди эми,
Айбанбоз баспай калганын
Анык Калча билди эми.
Бөлөк балбан жолобойт,
Бөлүнүп Калча кирди эми.
Жеткилең султан Манаска
Жетип айза салды эми.
Кабылан тууган анык эр,
Колундагы Ач болот
Оңдойлонуп калды эми.
Коңурбайдын айзасын
Денесине жолотпой,
Ортосунан тепетең
Кыя чаап салды эми.
Коңурбайдын Алгара,
Жаза чаап бир санын
Манас туруп калды эми.
Бул кайратын Манастын
Эр Коңурбай көргөндө,
Малча айдап балбанды,
Камап кирди Коңурбай,
Тегерегин дыргытып,
Сабап кирди Коңурбай.
Манасты каптап балбандар,
Баары кирди чуркурап,
Оозунан жалын буркурап,
Аты жүрбөй калганда,

Арслан Манас ошондо
Аманат жандан түңүлдү.
Аккула түшүп эсине:
«Атышка минер Аккула,
Мине жүрбөй не болдум!
Алыска киер Аколпок,
Кие жүрбой не болдум!» -
Деп, ошондо эр Манас,
Эч амалын таба албай,
Тегеренип турганда
Жабыла балбан жетти эми,
Жөө күлүктүн баарысы,
Кечили менен төрөсү
Жетип баары келди эми.
Жанталашып эр Манас,
Жанына киши жолотпой,
Кезиккенин сулатып,
Бет алдына келгенин
Айбалта менен кулатып,
Ошондо да болбостон,
Курчап кытай жеткени,
Азапты кытай салды эми,
Арага алып Манасты
Он эки курчап калды эми,
Аркадан келип Манасты
Далы ортого сайды эми.
Коңурбай чындап сайганда,
Кыңайып Манас кылт этпейт,
Айбанбоздун үстүнө
Кадап койгон эмедей,
Кайран Манас былк этпейт.
Мендеде мындай болорбу,
Берен Манас баатырдын
Колдогону чоң экен,
Болбосо, кытай коёбу!
Мына ошондо зор Манас:
«Ыйман бер» - деп, жалынып,
Жан соогалап калууга,
Ийининдеги боз келте
Мылтыгына камынып,
Боз келтени колго алып,
Күңгүрөтө бир коёт,
Төмөнкү жаткан көп кытай,
Баары качып дыр коёт.
Алты-жети удаалап,
Арслан атып ийгенде
Үнү чыкпайт тапылдап,
Атып ийген октору
Кытайга жетпей арага

Түшүп калат топулдап.
Боз келте болбой калганын
Байкап, Калча билди эми,
Атыш андай эмес, - деп,
Аянбастан Коңурбай,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй төгүп ок атып,
Эр Манаска кирди эми.
Такоол болуп артынан,
Каражой кошо кирди эми,
Капыр байлап аларын,
Каранды башка саларын
Канкор Манас билди эми.
Манас байкап караса,
Акылай кылган боз чепкен
Айза, окко тытылып,
Быт-чыт болуп кетиптир,
Кан Ылама баш болуп,
Калың кытай колунан
Дагы каптап жетиптир.
Ошонетип турганда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кабар кылды баарына:
«Тирүү кармап алгыла,
Карыкандын алдына
Тартуу кылып баргыла,
Бир айласы табылар!»
Калчанын кебин укканда
Кабылан Манас, кайран эр
Кара жандан түңүлдү,
Качан мага жетет, - деп,
Калың кытай колунан
Ажыратып кетет, - деп,
Эки көзү төрт болду.
Кыргынды качан салат, - деп,
Кысталып жаткан кезимде,
Качан жетип эр Чубак
Ажыратып алат, - деп,
Манас эмес, Чубагың
Айласын таппай өз жанын,
Ороккыр менен Бөрүкөз,
Экөө согуш салыптыр,
Кызыл канга бөлөнүп,
Кылчая албай калыптыр.
Аны көрүп Манасың
Акбалтайдын Чубакка
Чоң таарынып калыптыр.
Кыргын салып кытайга,
Кыраан тууган Алмамбет

Жарап жүргөн эмеспи.
Кызыталак боз качыр,
Качан жүрбөй калат, - деп,
Акшуңкардай кылчактап,
Ара-сара ыраактан,
Көзүн салып алыстан
Карап жүргөн эмеспи!
Алмамбет байкап көз салса,
Коңурбай калча баш болуп,
Кабылан тууган Манасты
Он эки курчап калыптыр.
Жалгыздатып Манасты,
Тирүү кармап алмакка
Башына азап салыптыр.
Муну Алмаң көргөндө,
Чыдап Алмаң туралбай:
«Кысталып жаткан Манаска
Кылчайбастан жетейин,
Кыргын кылып кытайды,
Кыяматтык Манасты
Ажыратып кетейин!»
Сан колду таштап Алмамбет,
Казык моюн Сарала
Зымырылтып чу коюп,
Аралап кирип кытайды,
Арасынан Калчаны
Капталдата аябай,
Айза менен бир койду.
Алмамбет айза сайганда
Айласы кетти Коңурбай,
Алгараны моюндап,
Туйлап кетти Коңурбай,
Өз башын өзү койгулап,
Өткөрө тилдеп Алмаңды,
Ыйлап кетти Коңурбай.
«Кудай билбес куу качкын,
Кырчоосун кылдан эштирген,
Бүтүн жерин бурутка барып тештирген.
Ушу качкын болбосо,
Чоң-Бээжиндин дарбаза
Чийбейт белем сызыкты,
Байлап алып Манасты,
Кылбайт белем кызыкты.
Бүткүл бурут бусурман,
Салбайт белем азапты,
Өрттөбөйт белем чатырын,
Өлтүрбөйт белем баатырын.
Кара көзүң кашайгыр,
Кайдан муну көрдү экен!

Колго тийген коёнду
Куткарган киши оңорбу» -
Муну айтып Коңурбай,
Какылдап ал турган.
Дагы Алмамбет жетерде,
Какшап турган Калчаны,
Делдиреп турган кезинде
Көмө коюп өтөрдө,
Аркардай мойнун ийилтип,
Аты күлүк Калчаңыз,
Чыга берди түйүлтүп.
Коңурбай чыга берген соң,
Башкасын Алмаң көргөн соң,
Кез келгенин сойлотуп,
Жайлап чыкты Алмамбет,
Калың кытай, манжууну
Кан Манастын үстүнөн
Сүрүп барып канчалык,
Айдап чыкты Алмамбет.
Ошол чакта Алмамбет
Жете келди Манаска:
«Баатыр ай, казмак болдуң орумду,
Качан болсо тил албай,
Кайнатмак болдуң шорумду!
Айтпадым беле мен бая,
Укпадың беле сен дагы,
Бел байлаган бел ошол,
Мендеден көп бул кытай,
Каптап кетер сел ошол,
Мурун айтса тил албай,
Мээнет кылган сен ушул.
Кудай билет бул жерден
Тирүү кайра тартышты,
Ушу турган Бээжинден
Кайра эсен кайтышты.
Абайласаң болбойбу,
Асыл Манас, көк кашка!
Ушу турган Чоң-Бээжин,
Аскары бийик жер ушул,
Ачуусуна келгенде,
Азоолок журт биз түгүл,
Ай-ааламдын баарысын
Азапка салар эл ошол.
Ит менен кандык талашып,
Алмамбет качкын аталып,
Сизге барган мен ушул,
Абайлабай Бээжинди,
Оюн көргөн сен ушул,
Ойлонуп акыл башта айтсам,

Ушу жолу тил албай,
Азапка салган сен ушул,
Көк жалым, албай тилимди,
Отто калган мен ушул!
Ушу жолу көп кытай
Тегеректеп алганда
Атың жүрбөй калбаса,
Чалбайт белем кайтадан
Каканчындын калааны,
Салбайт белем башынан
Көп кытайга балааны.
Байгамбар барбас Бээжинге
Балакетти саларда,
Кырк кандын эли кытайды
Кырар кезим келгенде,
Байладың эки колумду,
Ачпадың, досум, жолумду», -
Деп, ушинтип, Алмамбет,
Оозун жыйып алганча,
Кара калпак кыргагы,
Кайдан келди билбеймин,
Кабыландын Сыргагы.
Сыргак жандын артынан,
Кызыл канга боёлуп,
Көгала менен чу коюп,
Чубак келди ошондо,
Кызыл айза желеги,
Коргон болду Манаска,
Эр Алмамбет берени.
Кан Манасты көргөндө,
Айкырып кытай киргенде,
Азапты Алмаң билгенде
Окоро түйгөн чылбырды
Манастан жулуп алды эми,
Үзөңгүнүн боолукка
Бекем басып алды эми.
Араандай оозун ачты эми,
Тал-Чоку көздөй сүйрөтүп,
Далдактатып Манасты,
Алмамбет ала качты эми.
Оң жагынан Манасты
Жандап Сыргак алды эми,
Арт жагынан эр Чубак,
Каптап жеткен кытайды
Улам кайта жапырып,
Манас, Сыргак, Алмамбет
Алдына түшүп калды эми.
Айбанбоз жүрбөй калса да,
Кытай кыстап келгенде

Эки көздөн от чыгып,
Болбой Манас барбактап,
Кайра тартып тизгинин:
«Урушам» - деп, дардактап.
Түрүн көрүп капырдын,
Алек болду Алмамбет,
Ала көөдөн Манаска.
Кезек-кезек урушуп,
Акбалтайдын Эр Чубак,
Жана ага кошулуп,
Токтоно албай салышты
Улак кандын эр Сыргак.
Кытай күчөп келгенде,
Жердин жүзү чаң болду,
Кайта-кайта согушуп,
Кабылан Сыргак, эр Чубак,
Кызылала кан болду,
Бүткөн бою дал болду.
Эрендер кайдан аянды,
Эче катар согушуп,
Өлдүм, өлдүм дегенде
Тал-Чокуну таянды.
Тал-Чокуга жетерде,
Ээр белдей кыраңды,
Ашпай койду Айбанбоз,
Эси кетип Манастын,
Сүйрөсө да болбостон,
Кара терге чумулуп,
Баспай койду Айбанбоз.
Айбанбоз баспай калганда
Каптап кытай жүгүрдү,
Аны көрүп эр Манас
Кайран жандан түңүлдү.
Качан болсо тил албай,
Эр Манас азап тартты эми.
Акканкы менен жүгөндү
Бекем байлап кабылан
Аркасына тартты эми.
Болкулдап басып, өр тартып,
Боз келтени таянып,
Чымын жандан түңүлүп,
Чындап жанга күч келди,
Тал-Чоку көздөп басты эми,
Баса түшүп кылчайып,
Алмамбет менен Чубакка,
Улак кандын Сыргакка
Керээзин Манас айтты эми:
«Алмамбет, Чубак, Сыргагым,
Ааламды бузган кыраанным!

Эл ичинде чынарым,
Жоо бетинде эзелтен
Кара кашка тынарым,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Алаксытып алакчы,
Алдайт экен дүйнө шок!
Калың кытай жабылып,
Баары бирдей чогулуп,
Манасыңды тирүүлөй
Азыр кармап алат бейм?
Динсизди теңир урат бейм,
Кармап алып Манасты,
Кылбаганды кылат бейм?
Колго түшүп, кор болуп,
Колуна кетип байланып,
Кокуй, Манас турат бейм?
Алмамбет, Чубак, асылым,
Жана Сыргак кыраанысым,
Адырда жылкы ала баш,
Алакчы дүйнө, кантейин,
Аркамда эркек бала жаш,
Агайындын баары кас!
Абыке, Көбөш арамдын
Чалгырты жүрөт көзүндө,
Чамасы келсе, алты арам
Чалганы жүрөт өзүмдү.
Кыңырты бар сөзүндө,
Карааны жоо арамдар
Кылганы жүрчү өзүмө,
Ай караңгы, түн бүркөк,
Күн эмине болучу?!
Алганым кандын кызы Каныкей,
Бул эмине болучу?
Алмамбет, Чубак эгизим,
Асыл Сыргак теңизим,
Долоно саптуу айбалта
Толгонтпостон ким аштайт?
Толкуган огой, көп аргын,
Толуп жаткан кайран журт,
Тоздурбастан ким баштайт?
Кара жаак болотту
Кайкайтпастан ким аштайт?
Касиеттүү кайран журт,
Качырбастан ким баштайт? » -
Деп, ошондо эр Манас,
Эрдин кесе тиштенип,
Эки көздөн от чыгып,
Ажыдаардай түктөнүп,
Тал-Чокуну бет алды,

Үстүнө ээрин жүктөнүп.
Баатыр Манас болгону,
Бала чактан шаша элек.
Башына мындай күн түшүп,
Минген аттан ажырап,
Минтип жөө баса элек.
Туулгандан эр Манас,
Артын салып душманга,
Айбыгып жоодон кача элек.
Баса түшүп коңгурап,
Ойлоп туруп токтоду,
Аккуланы жоктоду.
Ээн калсын көөдөк жан,
Тил албаган адатым,
Оорукка калган Аккула
Качан болсо канатым.
Кеп кылбай кытай келгенде,
Кыстоо кылып турганда,
Аккула болсо астымда,
Аколпок болсо үстүмдө,
Аккелте болсо ийнимде
Бербейт белем кезегин,
Белгилүү Калча бүрүктүн
Таппайт белем эсебин!» -
Деп, ошондо эр Манас,
Дагы басты өйдөлөп.
Манас жөөлөп калганда,
Каптап кытай жетти эми,
Ортого алып төрт эрди,
Он эки курчап кетти эми.
Капыр каран салганда,
Капырлардын ичинен,
Жөө күлүктүн балбаны,
Мады деген алп кытай
Манасты көздөп: «Чу» - деди.
Ошол чакта Коңурбай:
«Этектен кармап алгын, - деп,
Бери карай Манасты,
Ылактырып жибер», - деп,
Кыйкырып турат доңуз ай.
Коңурбай сөзүн укканда
Мады жетти жүгүрүп,
Башка түшкөн каран түн,
Бадышасы Манастан,
Мады жакын калганда,
Алмамбет, Сыргак эки шер
Ошол кезде Манастан
Анык чындап түңүлдү.
Көөдөнгө батпайт көп санаа,

Көрүп турган Чубактын
Көзүнүн жашы он талаа.
Азизкандын Алмамбет
Алапайын таба албайт,
Балбан чуркап калганда,
Улак кандын Сыргагы
Уялашы Манаска
Эч бир айла кылалбайт.
Мады жетип барарда,
Түп этектен аларда,
Ылдый карай Манасты
Жаңы ыргытып саларда,
Телегейи тең экен,
Теги Манас кайран шер,
Кара кулак шер экен.
(Укканга жомок зар экен.)
Жебеси болот айбалта
Оң колунда бар экен.
Айбалтаны оңтойлоп,
Имере кармап алды эми,
Аянбастан эр Манас,
Эмгек тартып калды эми.
Айбалта менен чапканда
Алпсынып барган Мадынын,
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап,
Ылдый карай чоң Мады
Кулап келет дыркырап.
Кулап келген Мадыга
Бала Сыргак жетти эми,
Жеткен жерде эр Сыргак
Эшиктей болгон карынын
Эшип-эшип өттү эми.
Мады өлүп калган соң,
Жалпы кытай баарысы,
Жашы менен карысы
Жабыла согуш кылды эми,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Дагы жанын аябай,
Катуу уруш кылды эми.
«Дини катуу кытайдын
Күчүнө кантип көнөбүз.
Көрүп туруп көк жалды
Кантип тирүү беребиз.
Манастан мурун биз өлүп,
Курман болуп кетебиз!» -
Ушунетип үч берен
Айзаны кармап имерди,
Атышкын - деп аянбай,

Кан Чубакты жиберди.
(Акбалтайдын Чубагы ай!
Ай ааламды буй кылган,
Асыл көк жал чунагы ай!)
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Айбыгып коркуп сан колдон,
Артка качып кетпеген.
Адамдан башка өрт деген,
Астына салса сан колдой,
Алыска жүрсө акжолтой,
Эңчер келген кең далы,
Кабарында бар чыгар,
Кан Балтайдын Чубагы.
Көк жал кыраан Чубагы,
Эми кирди согушка.
Алты миң балбан, миң калдай,
Атактуусу Коңурбай,
Чуркурап каптап кетти эми,
Миң балбан менен Бөрүкөз,
Бир жагынан жетти эми,
Калың кытай каканчын,
Каптап баары кетти эми.
Жети күнү урушуп,
Жетимиш жерден жара жеп,
Чубак чыкты кан болуп,
Бүткөн бою былк этпей,
Сал сыяктуу дал болуп.
Ошол кезде баягы,
Капырдан качып жат болгон,
Кара динден ак болгон,
Чачып келген жыйганын,
Издеген азил ыйманын:
«Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түпөктүү айза сунайын,
Дүмөктүү чиркин тозоктон,
Жанымды азат кылайын.
Жайнаган калың кытайга,
Жайылтып айза сунайын.
Кан Чубак минтип келгенде,
Кантип тирүү турамын.
Өлүп калсам, ыйман бер,
Бир кудай өзүң колдой көр!»
Ушинетип Алмамбет,
Чындап кирди согушка.
Алакең согуш салганда,
Кумурсканы көр, куртту көр.
Кумдай калың журтту көр
Асман ачык, жер бүркөк,

Күн экени билинбей,
Же түн экени билинбей,
Мунарык түшүп, чаң учат,
Бу кытайдын үстүнөн
Өтө албастан ар жакка
Канаттуу куш кайра учат.
Манас жөөлөп жатканын,
Кытайлардын Коңурбай
Түп-Бээжиндин канына
Кабар берип салыптыр.
Бу кабарды укканда,
Кырк кандын эли көп кытай,
Сапырылып жан калбай,
Жалпы аттанып калыптыр.
Ай-ааламга бой бербес,
Дөөсү келип калыптыр,
Ат мингизбей көндүргөн,
Жөөсү келип калыптыр,
Кырк кандын эли көп кытай,
Бүтүн келип калыптыр,
Дин бусурман журту жок,
Төрт берендин башына
Капыр азап салыптыр.
Ат оюнчу бир бөлөк,
Келе жатат түйүлтүп,
Аны көрүп Алмамбет,
Кетти жандан түңүлүп.
Түңүлө турган себеби,
Аз буруттун тереги,
Эр Манастын өзелден,
Эл четинде, жоо бети,
Медер кылган тиреги.
Манас жөөлөн жатканда,
Айгайлаган кытайдын
Ала турган кезеги.
Толкуган кара сел болун,
Тозоң учкан эл болуп.
Тал-Чокунун бийик кыр,
Самандай кылып таптады,
Алмамбетти бет алып,
Кумурскадай көп кытай
Сел жүргөндөй каптады.
Кытай каптап калганда,
Кыраан көк жал Алмамбет
Күмүш кисе курчанып,
Күлүмсүрөп арсланып,
Көп кытайды сезбестен,
Күндөй бетин нур чалып.
Алтындан кисе курчанып

Азизкандын Алмамбет
Сан кол каптап келгенде,
Кайратынан жазбастан,
Кайра чочуп качпастан,
Айдай бетин нур чалып,
Анык кыраан, кайран эр,
Кылкылдап келген кытайга
Кылчайбай кирди көк жал шер.
Кара динден ак болуп,
Келиштен Алмаң коркпогон,
Капыр каптап чыкканда,
Кара жанын аянып,
Өлүштөн Алмаң коркподу.
Кабарыңда бар бекен?!
Алтын тагын май кылган,
Атасын Алмаң өлтүрүп,
Азизканды жай кылган.
Каршы келген кандарды
Кайсап өттү Алмамбет,
Туш келгенин кыйратып,
Мойсоп жүрдү Алмамбет.
Бет алдына келгенди
Кырып жүрөт Алмамбет,
Өз билгенин майдандап,
Кылып жүрөт Алмамбет.
Качырган жерин эшилтип,
Жерди өлүккө төшөлтүп,
Жоюп жүрөт Алмамбет.
Алмамбеттин согушун,
Көрдү Жолой карысы,
Каптап кетти аянбай,
Айзакердин баарысы.
Белден болгон шагыл кум,
Кумга аралаш чуу салып,
Согуш салды көп кытай.
Түрдүү-түрдүү кытайдын
Түбүнөн бери козголуп,
Чаң-тополоң болуптур.
Буйрук кылып канынан,
Кадимки мерген Каражой
Бу да келип калыптыр.
Өзү Алмамбет окушкан,
Айланып бирге токушкан,
Анык мерген жан эле,
Каражой кирди аянбай,
Алмамбетти аткылап,
Жамгырдай кылып жаа тартып
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Тогуз күнү аралап,

Токсон жерден жара жеп,
Алмамбет келди дал болуп,
Бүткөн бою кан болуп.
Алмакең минтип келгенде
Согушууга эр Сыргак,
Каптап жаткан капырга,
Качырып кирди эр Сыргак.
Астындагы Көкчебич,
Аралап кирди ойнотуп.
Кирген жерден эр Сыргак:
«Ысылам!» - деп, бакырып,
«Манас!» - деп, ураан чакырып
Коңурбайды баш кылып,
Күрпүлдөктүн чөлүнө
Калың колун кытайдын
Айдап кирди сапырып.
Сыргак келип тийгенде,
Кан Коңурбай баш болуп,
Кайра качып көп кытай,
Сыргакка кайрат кыла албай,
Эч амалын таба албай,
Туруштукту бере албай,
Каканчындын Бээжинден
Каптап келген кытайды
Кайра айдап баратат.
Тегерегин чогултуп,
Заманасын куурултуп,
Ийрип айдап баратат.
Ылаачын тийген таандай,
Ар жагына бир чыгып,
Бу жагына бир чыгып,
Сүрүп кетип баратат.
Койго тийген бөрүдөй
Сан кол көзгө көрүнбөй,
Кырып кетип баратат.
Турумтай тийген торгойдой.
Айза менен кытайды
Илип кетип баратат.
Ителги тийген каргадай,
Өз билгенин эр Сыргак,
Кылып кетип баратат.
Ач арсландай айкырып,
Ак шумкардай умтулуп,
Көзүнө киши көрүнбөй,
Көөнү менен кытайды
Жиреп кетип баратат.
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Сары-Суунун боюна,
Ажыратып кытайды,

Тал-Чокуда Манастан,
Он күнчүлүк жолуна
Күрпүлдөккө келгенде,
Улак кандын эр Сыргак,
Жаңы тийген эмедей,
Күүлөнүп уруш салды эми.
Күркүрөтүп кытайды,
Күрпүлдөктүн боюна
Кууп айдап барды эми.
Камалышып кытайдын,
Жыйылганын көргөндө,
Калың аскер колунан,
Жалгыз бала Сыргактан
Кырылганын көргөн соң,
Каарданды Коңурбай,
Сыргакка айла кыларын
Таба албады Коңурбай,
Сары-Суунун боюнда
Туйлап жүрөт Коңурбай,
Алапайын таба албай:
«Амалды Сыргак кетирди,
Кытайды кырып бүтүрдү», -
Деп, ыйлап жүрөт Коңурбай.
Коңурбайдын өкүрүп,
Ыйлаганын көргөндө,
Ошондо Сыргак муну ойлойт:
«Жапырып айдап кубалап,
Жаманын кырдым кытайдын.
Жаманын кырып олтуруп,
Не мураска жетейин,
Бээжиндин зору Коңурбай,
Бир беттешип кетейин.
Ич кийимден ок өтпөс,
Үстүмдөн баса киейин
Коңурбайды өлтүрсөм,
Калган калың кытайды
Бээжинге жете сүрөйүн,
Ушу берен Калчанын
Мыктылыгын билейин».
Муну айтып эр Сыргак
Бил терисин каптаткан,
Төкөр уста Бөлөкбай
Эбин таап кындаган,
Сыртын жезден чырмаган,
Учуна болот улаткан,
Тийген жери тим калбай,
Кабылдап жүрүп өлсүн, - деп,
Ажыдаардын уусуна
Алты кайта сугарткан,

Эр Сыргактын сыр найза,
Тү! - деп, колго түкүрүп,
Түп учунан бек кармап:
«Кечилдин каны Коңурбай,
Кел бери! - деп, эр болсоң,
Кача бербе! - деп, кармап,
Качып берсең, Коңурбай,
Аянбастан тим калбай,
Көкчебич тулпар мингемин,
Артыңдан калбай кубалап,
Бээжинге чейин сүрөмүн!
Четки-Бээжин курусун,
Аянбастан кубалап,
Түп-Бээжинге киремин!»
Ошол чакта Коңурбай,
Сыргактын каарын көргөндө
Боконосу болкулдап,
Эт жүрөгү солкулдап,
Ысыгына бата албай,
Сүрүн көрүп тура албай,
Салышарга аянбай,
Сыргак менен айла жок,
Качкан менен Калчага
Тырмакчалык байда жок.
Муну ойлоп Коңурбай,
Кайратына келди эми,
Камандай болуп күркүрөп,
Кайра тартып тиштенип,
Сыргакты карап турду эми.
Ошол кезде эр Сыргак
Коңурбайга кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Арманда болуп калба, - деп,
Кезегиң алгын», - деп, айтат.
Муну угуп Коңурбай,
Макул болот, Сыргак, - деп,
Баатыр Калча качырды,
Коңурбайдын эпкини
Шамал болду күркүрөп.
Көздү ачып-жумганча,
Көзөл Калча жетти эми,
Жеткен жерден Сыргакты,
Камыштан кылган айзасы,
Кыйын экен айласы.
Сыргакты келип сайганда
Айза кетти быркырап,
Кырк бөлөк болуп чыркырап.
Качырып калды эр Сыргак,
Калчаны көздөп умтулуп,

Карап турду Коңурбай,
Капталын салып даңкайып.
Качырган Сыргак жетерде,
Айза менен Калчаны,
Бөйрөккө муштап өтөрдө,
Кынындагы ар кескен,
Кынай кармап имерип,
Эр Сыргактын сыр найза,
Кыя чаап жиберди.
Айзасыз калып бул экөө,
Түп этектен алышып,
Жулкулдатып тартышып,
Булкушуп айла кылалбай,
Тамандашып турушуп,
Күрпүлдөктүн боюнда
Талкандашып урушуп,
Кара канга канышты,
Качпай туруп салышты.
Тулпарларын туйлатты,
Туйгун экен эки шер,
Турушту жанды аябай,
Үстүндөгү калканды,
Башындагы туулга
Жүндөй кылып тытышып,
Быт-чыт кылып кыйратты.
Айласы кетип Коңурбай,
Амалын мунун табалбай,
Жулунуп чачы таз болуп,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны капыр ай,
Келберсиген баатыр ай,
Алдамак болду Сыргакты,
Салмак болду азапка
Ала көөдөн чунакты.
Айбалтаны имерип,
Камдап турду Коңурбай,
Сыргак эрге мындай деп,
Алдап турду Коңурбай:
«Шер экенсиң, эр Сыргак,
Шерлер сенден айлансын!
Эр экенсиң, эр Сыргак,
Эрлер сенден айлансын!
Ара жолдо алышып,
Алгараны туйлаттың,
Кырк кандын эли көп кытай,
Кырып таштап аябай,
Эл-журтумду кыйраттың.
Кабыргамды сөгүлттүң,
Калың элим куруду,

Кан дайраны төгүлттүң,
Өткөрө эрдик көрсөтүп,
Көңүлдү жаман бүлүнттүң.
Аз сөз айтсам көнсөңчү,
Жети күн бурсат берсеңчи?
Мындан ары барайын,
Бээжиндин каны Карыкан,
Мергендерин алайын,
Анан кийин өзүңө
Аябай уруш салайын.
Сен Манасыңа барсаңчы,
Манастан бата алсаңчы!
Ок өтпөгөн тон кийип,
Оңдоп башка ат минип,
Анан кийин келсеңчи.
Башка жанды кошпостон
Жекеме-жеке салышып,
Мени сайып сен алсаң,
Таласка барып коноюн,
Алып айткан тилиңди,
Дин бусурман болоюн.
Баатыр Сыргак, жаш бала,
Сени сайып мен алсам,
Бээжинге барып конуп бер,
Колум менен жасаган,
Колодон кылган бурканды
Анык кудай экен, - деп,
Ак диниме кирип бер!»
Калча минтип айтканда,
Жети күн бурсат бердим, - деп,
Желикмек болду Сыргагың.
Элиндей көрүп Калчаны,
Ыктап кетти Сыргак жан,
Жумулуп көзү чырм этип,
Уктап кетти Сыргак жан.
Уйкуга Сыргак кеткени,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Уктап турган Сыргакка
Ошол кезде жетти эми,
Алтын саптуу айбалта
Ала коюп имерип,
Таамайлап туруп Сыргакты
Чекеге чаап өттү эми.
Айбалта менен чапканда
Бура тартып кылт койду,
Буудан анык Көкчебич
Сыргакты жаза чаптырып,
Бура тартып жылт койду.

Камынып келген Калча кул
Жаза чаап салганы,
Астындагы Көкчебич
Санат жетпес сан колду
Карматпастан Сыргакты,
Аралай чаап калганы.
Эр Сыргактын чекеден,
Кара кочкул кан кетти,
Эси ооп алсырап,
Эр Сыргактан ал кетти.
Эр Сыргактын Көкчебич
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Алып барат Сыргакты
Учкан куштай зыркырап.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Тал жибектей куйругу
Чаткаякта чабылып,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроодо жабылып.
Аркар аяк, жез билек,
Анык тулпар мал экен,
Аманат жандан түңүлүп,
Үстүндөгү Сыргактын
Жаман болгон чагы экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Катынын кара баскансып,
Артынан түшүп бакырып,
Ой, Сыргак, - деп чакырып,
Кууп-кууп, жете албай,
Коңурбай калды бир сайда,
Кубаласа жеткирбей,
Эр Сыргак чыкты бир жайга.
Заманасы кысылып,
Сан колдон алып кутулуп,
Айбалта тийип чекеге,
Анык качты Мекеге.
Ит-Торпунун Кыя-Бел,
Ашып кетип баратат.
Башы канга чөмүлүп,
Бала Сыргак ойронуң
Качып кетип баратат.
Чекеден агып кан кетти,
Ченебеген эр эле,
Эр Сыргактан ал кетти.
Тал-Чокуда үчөөнө

Кайрылууга дарман жок,
Токтоп калар шайман жок.
Сыргак жанды көргөндө,
Айлантып акыл табалбай,
Азизкандын жалгызы
Артынан кууп чабалбай,
Шамал чыгып оозунан,
От төгүлүп көзүнөн:
«Бүгүн көргөн эртең жок,
Кокуй, Сыргак, кабылан,
Ушундай экен дүйнө шок!
Кандай ишке баштадың,
Жабылып кытай турганда
Жалгыз кайда таштадың?
Табылгылуу колотум,
Кокуй, Сыргак, кабылан,
Таптап койгон болотум,
Бетегелүү өзөнүм,
Берен, Сыргак, көзөлүм,
Каздың менин орумду,
Айтып жүрсөм тил албай,
Кайнаттың менин шорумду!»
Айбалтаны таянып,
Асыл көк жал Алмамбет
Каарданып көк тиктеп,
Каңырыгы бек түтөп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кадырлашы Сыргакка
Көздөн жашы төгүлүп.
Кылчайбастан бусурман,
Кылчайбастан кеткенсип,
Акбалтайдын Чубагы
Алаканын койгулап,
Арман кылып көп ыйлап:
«Асылым, Сыргак, - деп ыйлап,
Кызыталак алакчы,
Кымбатым, Сыргак, кабылан,
Арак ичпей мас эле,
Ашкере жанын аябас,
Өзү азыр жаш эле.
Быйыл Сыргак куу жолтой
Жыйырмада кези эле,
Минтип кудай урду го,
Абайлабай чаптырып,
Бизди өрт өчкөндөй кылды го!
Кабыланым, кан Сыргак,
Камырабас эр чунак,
Телегейи тең эле,
Үчөөбүз эмес бу жерде

Калың калык бусурман,
Бусурмандын чеби эле.
Азыркы Бээжин жер эмес,
Жеке кытай эли эмес,
Бекип жаткан бек жерге
Белек эле Сыргагым.
Бейпайга түшкөн куу жанга
Керек эле Сыргагым!»
Алмамбет, Чубак эр ыйлап,
Боз келтени таянып,
Араң турган Манас кан,
Аңгырап турду дагы ыйлап.
Үчөөнө жакын калганда
Сыргактын айткан кеби бул:
«Күдөрүң элем, кечип кой!
Күлүстөнүм, үч арслан,
Көңүлүң менден үзүп кой!
Айбалта тийди чекеме,
Өлбөсөм кирип кетейин,
Алыскы жаткан Мекеге!
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Балалыгым билгиздим,
Байкабай туруп чочкону,
Башыма Балтай тийгиздим!
Айбалта тийди чекеме,
Арсландарым аман бол,
Арада элге кайрылбай,
Атүгүл кең Таласка бурулбай,
Мен жеке кетем Мекеге.
Чекемден кара кан кетти,
Курган жандан ал кетти.
Тышымдын баары от болду,
Ичим толгон чок болду.
Кыймыл кылар алым жок,
Кылчаярга чамам жок.
Айза кетип колумдан,
Үзөңгү тайып бутумдан,
Кээде тилге мен келсем,
Кээде эсим жыялбай,
Канатыңды сындырып,
Кара жаным тындырып,
Качып барам көрдүңбү? »
Муну айтып турган соң,
Чокудагы чоң Манас
Чогула жандан түңүлдү.
«Кыймалуу жагдан чалдырып,
Кыстоо түшүп камалып,
Кыраанымы, Сыргак баланы

Кытайга кокус алдырып,
Ушун этер заманбы?
Атыңдын оозун бура тур,
Айланайын, жан биргем,
Акырындап тура тур!
Жетип барсаң Таласка айт,
Жеткилең журтум баарына айт!
Байлоодо Манас калды де,
Кырк кандын эли козголуп,
Манасты он эки курчап алды де,
Айбанбоз жүрбөй калды де.
Азыр жетип калайык,
Ажыратып албасаң,
Кармап алып Манасты
Зордук кылып динине,
Бээжиндеги кырк шуркут
Алпарып айгыр салды де.
Музбурчактай каныма айт,
Жолдогу он эки кандын баарына айт!
Кошой, Төштүк беренге айт,
Эйбит кандын эр Үрбү,
Эштектердин Жамгырчы,
Кыскасын айтам, Сыргагым,
Ажыбай, Бакай каныма айт,
Аалам журттун баарына айт,
Акыл табар кандарга айт,
Айза саяр айныбай,
Кайраттуунун баарына айт,
Кылыч шилтер ыктууга айт!
Кыркы кырк жерден келген эр эле
Кыргыл чал менен Шууту кул,
Бул сыяктуу мыктыга айт!
Капырга кыргын салбадым,
Айбанбоз жүрбөй астымда,
Айта бар, Сыргак, арманым!
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!»
Муну айтып аңгырап,
Артык тууган кайран шер,
Сыргагынан айрылып,
Канатынан кайрылып.
Үстүнө каран түн түшүп,
Эзелден жөө баспаган,
Эс-акылдан шашпаган,
Эшилген калың жоо келсе,
Эзелден кайра тартпаган,
Оозун жыйып, белестен
Сыргак өтө бергенче,
Топурак учуп токтобой,

Өлгөнү канча жоктобой,
Жер силкинип, тоо урап,
Жеткилең каны Коңурбай,
Жете келди Каканчын.
Кылкылдап кытай жарышып,
Кырк кандын эли калың журт
Каптап жетип келди эле,
Алек болуп жан менен
Алмамбет, Чубак - эки шер
Кыяны багып калды эми.
Кыжылдап кытай чуркурап,
Кыстоо кылып Манаска
Ошол турган Тал-Чоку
Кырк эки курчап алды эми.
Кабар түшүп Бээжинге,
Карыкандын өзүнөн
Жөө күлүк менен качырган
Калың колун берди эми.
Ошол чакта көп кытай,
Такыр таппайт акылды,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Жоонун айласын билген доңуз ай!
Ары-бери желди эми,
Акыл ойлоп, кеп түзөп,
Бул амалга келди эми,
Эр баш сайын колуна,
Бирден кирпич берди эми.
Бийиги кырк кез там болсун,
Чуңкуру кырк кез аң болсун,
Курчалта сепил салгыла,
Кудай берсе Манасты
Тирүү кармап алгыла.
Өзү тийген бурутка
Манас тийсе колуңа,
Өтө кыргын салгыла,
Таянганы - Мекеси,
Такыр айдап баргыла.
Төбөсүнөн баскыла,
Төрө Алмамбет, Чубагын,
Мен өлтүрдүм Сыргагын,
Эсен коюп Манасын,
Колго тийсе Алмамбет,
Жана Чубак кара көк
Тирүү койбой жанчкыла!
Төртөөн алсак кырк кан эл,
Кара суудa кеме жок,
Анан кийин буруттан
Бизге каш кайтарар эме жок.
Капта, кытай, капта», - деп,

Кабар кылды Коңурбай.
Коңурбай мындай дегенде
Козголду кытай көп журту,
Кырк кандын эли биригип,
Кылчайбастан жабылды,
Кээси кирпич, кээси таш,
Чеп салышка камынды.
Курт экени билинбей,
Же журт экени билинбей,
Же чөп экени белгисиз,
Же көл экени белгисиз,
Кырк кандын эли кытайлар
Кылчайбастан жетти эми,
Колундагы кирпич, таш,
Бирден коюп өттү эми.
Ар кимиси бир кочуш,
Буйрук кылган чуңкурдан
Чапчып алып өттү эми.
Көптүгүн көрчү кытайдын
Бийигин кырк кез там кылды
Чуңкурун кырк кез аң кылды
Ошол аңдын сыртынан
Куйку-шыйку эки урук
Курчап кытай жүгүрдү,
Курган Чубак, Алмамбет
Курган жандан түңүлдү.
Ошол кезде Алмамбет,
Алышса нечен жан болгон,
Баштатан кандык талашып,
Бала туйгун Алмамбет,
Кытайдын кылган ырымын
Билип келген эмеспи!
«Минтсе кытай оң кылбайт,
Эгер бизди соо кылбайт.
Эсил Чубак, жан досум,
Эрикпестен кытайга
Биз амалды салалык,
Минтип жанды багалык.
Уй түгүндөй капырдан
Ажал жетсе өлөлүк,
Ааламдын шери Манасты
Экөөбүз өлүп кетпестен,
Кантип тирүү берелик!
Көгала оозун бургун, - деп,
Көк жал тууган, Чубагым,
Көп балбанын өрдөтпөй,
Кыяны багып тургун», - деп,
Азизкандын Алмамбет
Уй куймулчак Сарала

Токуп келген эмеспи,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузучу,
Аябастан дубасын
Окуп келген эмеспи.
Азганакай бусурман,
Болгон Алмаң эмеспи.
Кырк дарбаза Бээжинди,
Ошону билген Карыкан,
Болгон Алмаң эмеспи.
Карыкандын алдына,
Аябаган дүмөктү
Сала келген эмеспи.
Жай ташы жанга керек, - деп,
Берен Алмаң көйкашка
Карыкандын жай ташын,
Ала келген эмеспи.
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Карыкандын жай ташты,
Бир жанаяк кара суу,
Көтөрүп туруп урду эле.
Ушунетип Алмамбет,
Чоң амалды кылды эми,
Күндү жайлап турду эми.
Асмандан булут күркүрөп,
Жерди көздөй дүркүрөп,
Көктүн жүзү бүтөлүп,
Жер булутка камалды.
Ушунетип Алмамбет,
Уй куймулчак Сарала
Байлап турду кайран шер,
Жайдын күндү кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кыңкылдатып кыз кылып,
Жайлап турду кайран эр.
Күн жааса да жабылып,
Каптап жатат көп кытай,
Кармачудай камынып,
Кырк кан эли мактанып,
Баатыр мыкты Коңурбай,
Буйрук кылып баарына.
Кабар угуп алган соң,
Кумурскадай жабылып,
Кумдай болгон көп Бээжин
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы.
Он эки кандын колуна,
Оорукка калган зор Бакай

Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Шашып амаз окунуп,
Кан Манастан чочунуп,
Көк тулпарды токунуп,
Шашканынан бакырып,
Ажыбайды чакырып:
«Кел, Ажыбай, жан бирге,
Түндө жатып түш көрдүм,
Корко турган иш көрдүм.
Көптөп кытай кас болду,
Көк жал Манас берендин
Көрөр күнү аз болду.
Көөнү келсе Ажыке,
Узун кулак шалпылдап,
Айбанбоз жүрбөй калган го
Эр Манастын башына
Селдей каптап көп кытай
Акыр заман салган го.
Түндөгү көргөн түш менен,
Көөнү келсе өлгөн го?
Өлбөсө да эр Манас,
Өлгөнчөлүк болгон го.
Кайсыны айтам, Ажыке,
Эр Манастан айрылсак...
Жакшылыктуу заман кыл,
Жан деп кудай жаратса,
Кабылан тууган шер эле,
Манасты кудай аман кыл!
Антип чочуп калганым,
Айта турган арманым,
Сапар келген Чоң-Бээжин,
Бекитилүү бел деген,
Ар ким жеңип албаган,
Азалдан бүтүн эл деген.
Барган жан кайра тартпаган,
Барса-келбес жер деген.
Ошончо жерден келгени,
Кызыл чаңга бөлөнүп,
Алдындагы Карткүрөң,
Кечээ качып келгени
Жаман ырым эмеспи!
Эми, Ажыбай, камынгын,
Таңга кысар болжош ал,
Кырк чоронун ичинен
Тандап жүрүп жолдош ал.
Аянбаган көзөлдү ал,
Ажыбайым, тилимди ал!
Токтолбостон өзүң бар,

Кытайдын кийимин кие көр,
Кыяматтык Манастын,
Кайда экенин биле көр!
Жетимиш бурку тил билген,
Жеткилең элең Ажыбай
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жетик чечен Ажыбай
Бакай мындай дегенде,
Баатыр Ажың турабы?
Кылдай көңүл бөлүнбөй,
Кылча жаны көрүнбөй,
Уктайын деп көзү илинбей,
Ошончолук сан колдун
Эч бирөөнө билинбей,
Баабедин кандын баласы,
Баатыр түуган Байчоро,
Байчоро менен Ырчы уул,
Жолдош кылып ээрчитип,
Эр Манастын Аккула
Күдөрү окто каттырып,
Ок жайылып кетпеске
Абайы менен жаптырып,
Аколпок менен Аккелте
Бууданга кошо арттырып,
Жатпастан уйку кандырып,
Байчорого коштотуп,
Жүрүп калды Ажыбай.
Аккуланы жетелеп,
Айкөлгө алып бармакка,
Ажыбай жүргөн жер ошол.
Аттанып Ажы чыкканда
Тозо чыкты Ажыбай,
Тобокелге бел байлап,
Токтогон жок эр Бакай.
Адырдын башы ак кайкы,
Аттын оозун бурду эле,
Чөңөрлүүнүн Буурул-Түн,
Ошону карап турду эле,
Карап туруп кан Бакай,
Капаланып токтобой,
Карaaнын көрүп Сыргактын,
Каарданып бакырып,
Жанындагы Ажыбай:
«Жан бирге!» - деп чакырып:
«Берен Ажы, көйкашкам,
Белгилүү журттан бир башкам!
Мен көргөндү көрдүңбү?

Мен билгенди билдиңби?»
«Жогуңуз, жолборс Бакайым,
Сиз билгенди билбедим,
Сиз көргөндү көрбөдүм!
Караңгырдын көзүнө
Карчалыңкы көрүнөт,
Караңгыда суу ичип,
Көзгө чыгып кетиптир.
Түгөнгүрдүн көзүнө
Түнөрүңкү көрүнөт.
Түк эчтеме билинбейт,
Түндө, күндүз көп жортуп,
Көз кубаты кетиптир».
Анда Бакай мындай дейт:
«Түк эчтеме көрбөсөң,
Астыбызда Буурул-Түн,
Буурул-Түндүн боюнда,
Чөңөрлүүнүн белинде
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Ойлоп, Ажым, жан чыгат.
Оргуган чаңды байкасаң,
Көкчебичтин чаңы экен,
Үстүндөгү мингени
Сыргак берен бала экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Азаптуу кордук салганбы,
Көөнү келсе, Сыргак жан
Жаралуу болуп калганбы?
Абайлачы, Ажыбай,
Көрүнгөндө көрүнөт,
Көрүнбөсө созулуп,
Көк түтүн болуп бөлүнөт.
Аркардай мойну ийилип,
Эликтей болуп түйүлүп,
Башын жерге салыптыр,
Шашканды көргөн Көкчебич
Эти кызып калыптыр.
Кызып калган Көкчебич,
Теңелишип жан жетпейт,
Алдап кармап албасак,
Ал айбанга мал жетпейт.
Үстүндөгү Сыргактын
Көңүлүндө кири жок,
Аңылдаган кул эле.
Кылдай кытмыр билбеген,
Ала көөдөн эме эле.
Байлоодо Манас жатат, - деп,
Айтып коюп кокустан,
Араң келген бусурман:

«Бир өлмөктөн миң өл», - деп,
Кезең-Белди ашпасын,
Таласта огой, кыргыздын
Талап алып мал-мүлкүн,
Өз жерине качпасын,
Кан Ажыбай, берениm,
Караан болуп тура тур,
Кармайын эптеп Сыргакты».
Ошондо Бакай муну айтып,
Олбуй-солбуй теминип,
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Баскан жерин уратып,
Көк тулпар менен чуратып,
Турбастан Бакай чу коюп,
Көк тулпар менен дыр коюп,
Түгөнгөн тоонун бурчугун
Алты сапар айланып,
Койдой этин бөлүнтүп,
Коёндой жонун түзөлтүп,
Башын жерге салыптыр,
Аркардай арыш алдыртып,
Кызытып этин салдыртып,
Адис болгон эр Бакай,
Жан жүрбөгөн Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Тозуп турду Сыргакты,
Тозок кылар чунакты.
Кан Бакайды көргөндө
Аттын оозун бурбастан,
Аста чаап турбастан,
Айтып өттү эр Сыргак:
«Айбалта тийди чекеме,
Өлбөсөм кирип кетемин,
Ысылам жаткан Мекеге,
Чекемден кара кан кетти,
Чымын жандан ал кетти.
Ай караңгы түн болду,
Аба Бакай, аман бол,
Ажал жеткен күн болду.
Достуң Манас кабылан
Карап жатат камоодо,
Алмамбет менен Чубагың,
Алар калды талоодо.
Кырк кан эли козголуп,
Ачылбас туман салам, - деп,
Белгилүүсү Коңурбай
Жакын калды Манаска:
«Тирүү байлап алам», - деп,
Ээр, токум үстүндө,

Жөөлөп Манас жүгүрдү,
Кыстап кытай келгенде
Шашып жандан түңүлдү.
Манас айткан кеп эле,
Ажыбай менен Бакайга
Айта көргүн, - деди эле.
Күйүттө калдым билип кой,
Күдөрүңү кан Бакай,
Эми менден үзүп кой!
Тозбо, Бакай, жолумду,
Коё бергин колумду!» -
Деп, ушунтип, Сыргак жан
Аябай качып калды эми.
Караңгыда жол тапкан.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Башына алтын бөлөгөн,
Аягын ак мамыкка жөлөгөн.
Казы кесип чайнаган,
Арсландай көзү жайнаган.
Байдын уулу Бакай кан,
Шай колдогон шер ошол,
Адамдан артык эр ошол.
Чымын жанга күч келсе,
Кырк чоро менен Манаска
Акыл табар эр ошол.
Касиетин мындан бил,
Ич этинен суп көйнөк,
Кийген Бакай эмеспи,
Башка келген балааны,
Үч ай мурун келерин
Билген Бакай эмеспи.
Акылы көлдөй дарыя,
Айдыңы аскар карыя,
Акыл таап берерге
Асыл Бакай олуя.
Сыргак болбой дыр коюп,
Көк жал Бакай көкзаада
Асты менен чу коюп,
Жанаша түшүп келгенде
Чылбырдан Бакай алды эми,
Камбыл тууган Бакайың
Көкчебичтин чылбырын
Жулуп алып колунан,
Үзөңгүгө салды эми.
Бакай кандай жан эле,
Көк тулпар кандай мал эле?
Азоолордой үйрөтүп,
Аты менен Бакайды

Бута атым жерге болбостон,
Көкчебич барды сүйрөтүп.
Ошондо Бакай канзаада,
Ачуусу келип Сыргакка:
«Айбалта тийген чекеңе,
Ажылдап ыйлап аласың,
Атаң Улак кан уруп койгонсуп,
Бек таарынып каласың.
Баары душман бусурман,
Айтып барып көргөнүң
Балакетке саласың.
Эмилден чокмор колго алып,
Эмгекке чапса өлбөйсүң,
Ажыбай, Бакай биригип,
Жолуңда турса көрбөйсүң.
Чекеме Балтай тийди - деп,
Ченемсиз качып аласың,
Ченебеген чыйрагым,
Четтен келген көп колго
Минтип бузук саласың.
Сени тирүү койгунча,
Көзүңдү казыр оёюн,
Көкчебичти соёюн.
Колум менен өлтүрүп,
Ушу жерге коёюн!»
Кара жаак камчыны
Кармап Бакай имерип,
Каң дедире Сыргакты
Чекеге чаап жиберди.
Бир чапкандан чыгарбай
Берен Бакай кабылан
Түшүрө чапты атынан.
Араң турган Сыргак жан,
Кулап барып жыгылды,
Бакай чаап ийгенде
Айбалтанын уусу
Чекесинен чачылды,
Орто жолдо Сыргактын
Умачтай көзү ачылды.
Өзү кылдат Бакай кан,
Кызыл башты кырганда,
Канча кызык кылганда,
Адамга себеп дарыны
Ала келген эмеспи,
Кордук менен зордукту
Ойлоп Бакай эсине,
Ала жүргөн эмеспи.
Ошол Бакай өзүндө
«Себеп» деген дары бар,

«Медет» деген дары бар.
Бу дарыдан ошондо,
Баатыр Бакай алды эле,
Айбалта тийген чекеге
Беш кур сыйпап койду эле.
Ооруган жери жоголуп,
Кайра баштан Сыргак жан,
Кадимкидей оңолуп,
Таамай тийсе айбалта,
Сыргак киши болобу,
Айзакерден Коңурбай,
Таамайлап туруп чапканда,
Сыргакты тирүү коёбу!
Коңурбай калча чапканда
Жаза чаап салыптыр,
Таамай тийбей чекеге,
Айбалтанын жебеси
Жаза тийип калыптыр.
Уусуна чыдабай,
Кайта качып кокустан,
Сыргакты теңиз соруптур,
Качып Сыргак келгенде,
Кан Бакайдай баатыры
Кадимкидей Сыргагын
Айыктырып алыптыр,
Айыккан соң Сыргакка
Акылман Бакай туйгуну
Акыл-кеңеш салыптыр.
Мундан кийин кан Бакай,
Оболдон китеп окуган,
Акылы жетик дарыя,
Акылман Бакай карыя,
Билбегенди билгизген,
Билимдүү Бакай олуя.
Туйбаганды туйдурган,
Туйгун тапты бу кепти,
Бала Сыргак, кебимди ук,
Көп сүйлөсөң бат сүйлө,
Онтобостон шарт сүйлө!
Байлоодо Манас калды, - деп,
Бакырып барсаң жети кан
Баарыбыз калып азапка,
Азап болор себеби,
Таласта турдук жер жайлап,
Он эки сан калың кол,
Ойлоп, Сыргак, кебимди ук,
Он эки сан бусурман,
Омбуткандан домбутуп,
Айдап келдик кембайлап,

Акылы жок аадандын:
«Арык атым» дегендин
«Атын союп жейбиз», - деп,
Айдап келдик кургуштап,
Таянып жаткан чоң Алтай,
Талас өңдүү жер бекен,
Таркап жүргөн ысылам,
Таласта огой эл бекен!
Дарылдап сырын айткандай,
Акылы жок, Сыргак жан,
Сени менен мен бекен!
Чамасын көрчү ысылам,
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе Сыргагым,
Чалганы турат өзүңдү,
Кыңырты турат сөзүндө.
Кыйшыгы турат өзүндө,
Кыйшайып кетсе кан Манас,
Кыргины турат өзүңдү.
Ак кагазга кат берем,
Манастын каты дедиртип,
Кечиктирбей бат берем.
Мен чатырга жеткенде
Катты кармап бакыргын:
«Бусурман!» - деп чакыргын,
Алтын, күмүш көп алып,
Жүктөй албай калдык де.
Агача келин, кыз алып,
Үптөй албай калдык де!
Тынбай төрт ай салышып,
Какан элин талкалап,
Чет-Бээжиндин жерине,
Калың кытай элине,
Кан Манасты заңкайтып
Кан көтөрүп салдык де,
Эсенкандын Бурулча,
Ай Жаң-Жуңдун Бирмыскал,
Канча сулуу кыз менен
Каканчындын Бээжинден
Муну тартып калдык де.
Алы жеткен шылуундар
Алда канча ат ал де,
Алың жетпес жаманың
Алтыдан айдап ат ал де.
Бул кысыкты көрсүн де,
Бусурман колу биригип,
Бири калбай келсин де.
Олжону Кошой карыя,
Өзү билип бөлсүн де,

Бу тамаша, кызыкты
Келип журтум көрсүн де!» -
Деп, кан Бакай кат жазып,
Кабылан берен Сыргакка
Бакай жазып берди эми.
Ажыбай, Бакай - эки эр
Аттарына миништи,
Арбайып Бакай кол жайып
Ажыбайды бет алып,
Сунуп колун тең жайып,
Кол көтөрүп арыштап,
Ошон этип артынан
Ажыбайдай беренди
Кырк чилтенге табыштап:
«Кош, Ажыбай, жан биргем,
Алдырып ийсең жаман ат,
Алыста айкөл жан экөөң,
Каптап келген капырдын
Кайнап жаткан жерине,
Кабыланым, барасың,
Бир кудайга аманат!
Жанындагы Байчоро,
Жоо бөрүсү ал эле,
Жолдошуң берки Боз уул,
Алакөөдөн эме эле,
Ырамандын Ырчы уул,
Жоодон кайра тартпаган,
Жолборс тууган эр эле.
Каарданып келгенде,
Ачуусуна алганда,
Кабарды катуу баштаган,
Төөнү жыга муштаган,
Төрөгө бешөөң барасың,
Аманат берген Аккула,
Айкөлүңдүн канаты,
Аны коштоп аласың.
Өлүмгө мойнуң бурбасаң,
Чындап кайрат кылбасаң,
Менин айткан акылым,
Берендин көзүн көрбөстөн,
Колго түшүп каласың» -
Деп, ошондо кан Бакай,
Ушундайча сөз кылып,
Кармап колун кабыштап,
Аккула менен Аколпок,
Аккелте менен Боз кисе,
Беш беренге табыштап,
Текенин жолун төтөлөп,
Ажыбай жүрдү беш киши.

Аккуланы жетелеп,
Күнүн тыным алган жок,
Күндөп жүрдү Ажыбай.
Чырым этип уйку албай,
Чыканактап тынч албай,
Түндө жүрдү Ажыбай.
Ат аябай жол жүрүп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Канча-канча бел ашып,
Агыны катуу суу кечип,
Далай ыраак жол басып,
Түн ортосу болгондо,
Кайнап жаткан кытайга
Ажыбай келип жолукту.
Дүмүрөйүп, дүмпөйүп,
Токой десе, сел экен,
Шоолдогон шоодурак,
Камыш десе айза экен,
Кумурскадай жыбырап,
Жаткан кытай колу экен,
Мунарык тартын көрүнгөн,
Чаң эмес, калың эл экен.
Айбанбоз жүрбөй калганда
Кылкылдап кытай жетиптир,
Чындап тозуп калыптыр.
Курчап жаткан кытайга
Калмак болуп калдырап,
Кытай болуп балдырап.
Берен Ажың оолугуп,
Калмак эмес, кытай жок,
Тыргоотко жолугуп,
Таш сайынган тыргооттун
Тазасы болуп балдырап,
Кызыл чоктуу тыргооттун
Кыйынынча кулдурап.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган Ажыбай,
Жаң-жуңдун бир уулундай,
Жарып жүрдү кытайды.
Тыргооттун баары жалдырап,
Жарым кандар экен - деп,
Жүгүнүшүп балдырап.
Ошо кезде Ажыбай,
Тактада турган кытайдын
Тазасындай күүлөнүп,
Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыраанындай сүйлөнүп.
Аты жүрбөй калганда,
Аадан кытай оңбой кал,

Жабылып барып жетпейсиң,
Алачыктай Манасты,
Эмгиче кармап кетпейсиң!
Кармап алып Манасты,
Түрүлө келген буруттун
Түбүнө али жетпейсиң.
Кырк кан эли чогулуп,
Кумурскадай кыжылдап,
Жөөлөп калган Манаска,
Батпай баарың жатасың.
Кокустан, калың бурут кол келсе,
Кайсы көргө батасың?
Убараны салайын,
Жаң-жуң менен манжуулар,
Шибээ менен тыргооттор,
Баарың мындай тура бер!
Өзүм барып Манасты
Байлап алып келейин,
Олжого чогуу туналы,
Оёну колго тийген соң,
Ойрон салып бурутка,
Бирин койбой кыралы».
Деп, ошонтүп, Ажыбай,
Каарданып турганда,
Карарып жаткан көп капыр
Жолун ачып дыркырап,
Жолун ачып баарысы,
Жолдон чыгып зыркырап.
Таазым кылып таң калып,
Жүгүнгөнү мундан көп,
Жаң-жуң келип калды, - деп,
Бүлүнгөнү мундан көп.
Минтип кытай жатканда,
Капырдын каны кан Жолой,
Каарданып калды эми,
Кармап келгин мында, - деп,
Кабар берди черүүгө,
Чериктүү кытай эл экен,
Каарына алганда
Жеке келген бешөө эмес,
Ай-ааламдын баарысын
Каптап кетер сел экен.
Кысыктагы кытайлар,
Кыстоо салды жабылып,
Кысталаң салып жөө күлүк,
Кармамак болуп жабылып,
Аргынкан уулу Ажыбай,
А дагы мыкты эр ошол.
Аңдап кытай жабылса,

Төө көтөргөн Агаяр,
Кыргын салар шер экен.
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Өткөрө кыйын эме ошол.
Айта жүрөр дүмөктү
Сала келген турбайбы,
Төрөмө жолдош болсун, - деп,
Төркүнүнөн Аярды
Ала келген турбайбы.
Туш-туштан кытай жабылса,
Кармаймын деп жабылса,
Бет алдына келгенин
Айза менен сайгылап,
Капталына келгенин
Түбү менен койгулап,
Калың жаткан кытайды
Мылтык менен аткылап,
Жакын келип калганын
Кылыч менен чапкылап.
Көздөгөнү Тал-Чоку,
Көлдөй болгон кытайга,
Бой бербестен бул бешөө.
Мундай далай кысталыш,
Көргөн чоро эмеспи,
Далай кыргын-урушка
Көргөн чоро эмеспи,
Далай алтын-күмүштү
Бөлгөн чоро эмеспи.
Каник болуп атышка,
Качыргандан жалтанбай,
Касташкандан сактанбай,
Кан Манастын кырк чоро,
Кыркы текши эр ошол,
Жер жүзүнөн табылгыс,
Баары бирдей шер ошол.
Бөрк ал десе, баш кесет,
Суу ич десе, уу ичет,
Кан төк десе, жин төгөт,
Кыркы кыраан бөрү ошол,
Кыйын жанга күч келип,
Тал-Чокуда Манасты
Ажыратар кез ошол.
Ажыбай кирип урушка,
Алтымышын кыйратып,
Аман чыкты кытайдан.
Ырчы кирип согушка,
Жетимишин кыйратып,
Эсен чыкты согуштан.
Боз уул кирип согушка,

Кырк, отузун кыйратып,
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бою дал болуп,
Бу да чыкты согуштан.
Байкачы, булар беш бөрү,
Акылманы Ажыбай,
Арслан тууган Агаяр,
Колу күчтүү Байчоро,
Аккуланы жулкунтуп,
Алы жетпей оозуна,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Эсен чыкты баарысы,
Салгылашып сан колдон,
Капырды бузуп талкалап,
Ажыбай чыкты чалкалап.
Эрендер кайдан аянды,
Түн ортосу ооганда,
Тал-Чокуну таянды.
Кыясы кыйын тар экен,
Кээ бир жери чокунун,
Өлөр жери бар экен.
Тегереги чеп экен,
Теңир өзү албаса,
Жан куткарар жер экен,
Кыясы кымбат бел экен,
Кытай түгүл, кылым жетип алгысыз,
Кыяматтай жер экен.
Азаптуу дүйнө, оңбой кал,
Кылчайбай кетер жер эмес,
Кыраан Манас кайран шер,
Киши таштаар эр эмес.
Өзү диндин жөлөгү,
Өң бусурман өбөгү,
Баатырлыгы башкача,
Адамзаттан бөлөгү.
Телегейи тең ошол,
Алтыны агып жатса да,
Ичи көлдөн кең ошол.
Карап бешөө турбастан,
Кан Манасты бет алып,
Коштоодогу Аккула,
Кошо алып кутулуп,
Кысык жолдон өтүшүп,
Беш кыраан жетип барганда
Жүрбөй калган Айбанбоз,
Аккуланы көргөндө
Энесин көргөн кулундай,
Кишинеди заңылдап,
Ажыбайдын алдынан,

Желип чыкты аңылдап.
Айбанбозду көргөндө
Ачуусу келип Ажыбай:
«Аңылдаган боз качыр,
Кузгун куран окусун,
Жоор кетпей белиңден,
Чобуркайлар чокусун!
Карышкыр жесин кардыңды,
Кудай тапсын дартыңды!
Түзөң жолго жүрө албай,
Дүмөктү башка не салдың?
Кысталышка жарабай,
Кыяматты сен салдың.
Булут элем жол кылдың,
Азабын жаман тарттырып,
Акканкыны арттырып,
Айкөлүмдү жөөлөтүп,
Артыкча жаман кор кылдың!» -
Деп, ушунтүп Ажыбай,
Бурулбастан өттү эле,
Ырамандын Ырчы уул,
Алтын жебе айбалта
Ала коюп имерип,
Жыга чаап өттү эле.
Аккуланы жулкунтуп,
Айкөл Манас баатырга,
Тал-Чокуда жатканда,
Аман булар жетти эми.
Аккуланы көргөндө
Атасы Жакып келгенсип,
Кылычы колдо кыңгырап,
Кыя басып зыңгырап,
Окоро түйгөн ак окто
Аккулага чак окто,
Созулуп басып кабылан,
Маңдайынан бир сылап,
Кармады Манас чылбырдан.
Чылбырды кармап бурду эми,
Бук болуп жаткан арсланың
Каарданып турду эми:
«Каранды мага салганда,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Алөөкөнүн Коңурбай,
Арт жагынан көп кытай
Тегеректеп алганда,
Аккула болуп астымда,
Анан кордук көрсөмчү,
Аккуланын үстүнөн
Ажал жетсе окко учуп,

Согушуп жүрүп өлсөмчү!
Далайды бузган адатым,
Кара жанга күч келсе,
Айбандан тулпар Аккула,
Алып учар канатым.
Кыядан Калча келгенде,
Арт жагынан көп кытай,
Селдей каптап киргенде,
Сыр найза менен Жойболот
Кынабайт белем, Аккула,
Кырк күн эмес, сексен күн,
Тынбай согуш салсам да,
Чыдабайт белем, Аккула!
Аккула болсо мингеним,
Аколпок болсо кийгеним,
Аккелте болсо атканым,
Ачпайт белем жүрөктү,
Кумурскадай кытайга
Салбайт белем дүмөктү!
Эми, калдайды чапсам кайрылбайм,
Каран күн түшсө башыма,
Аккула сенден айрылбайм!
Жапаа тартып жаныман
Жаман катуу чочунуп...
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Капталы кайың Акканкы,
Алып атка токунду.
Жоо-жарагын шайланып,
Жойболотун байланып,
Бир кудайга айланып.
Көргөндө Манас үшкүрүп,
Сүйүнгөнү эмеспи,
Баладай чуркап жүгүрүп,
Аколпокту кийинип,
Аккелтени колго алып,
Жаны ордуна келгенде,
Жана дейт эми кабылан:
«Алмамбет менен Чубагым,
Айбалта тийген Сыргагым,
Акылын Бакай тапты - деп,
Ажыбайы айткан соң:
«Баабедин!» - деп, бат айтып,
Колдоп жүргөн бирине
Ай туяктан ат айтып.
Ошондо Манас шаңданып,
Жоого жеке тиймекке
Жарактарын камданып,
Ачболотун Манасың

Алып кынга салды эми,
Аккелтедей мылтыгын,
Арслан колго алды эми.
Кудайдын берер жагында,
Аккелте үнү белгилүү,
Тарс дегенде күркүрөп,
Асман түшүп кеткендей,
Адамдын бою дүркүрөп.
Төлгө кылып атышты,
Манас жоого кирчү эле,
Кудай урар чагында
Үнү чыкпай чопулдап,
Карыш жерге жетпестен,
Аткан огу топулдап.
Атып жүргөн Аккелте,
Атып төлгө салайын,
Алмамбет, Чубак арсландын
Кабарын билип алайын!»
Муну ойлоп эр Манас,
Асынганда Аккелте,
Айдалынын айнеги,
Алышкан жоону бир койсо,
Аманат жандын бергени.
Боз кисесин курчанып,
Аккелтени сундуруп,
Алдындагы кайнаган
Көп кытайды бир атты.
Аккелте менен бир койду,
Аң-таң калып, көп кытай
Качуучудай дүркүрөп,
Кийин тартып дыр койду.
«Кабыландын Аккула
Аман жетип келген го», -
Деп, Алмамбет, Чубак ойлонуп:
«Тие турган күнүбүз,
Кадыр түндүн күнү экен,
Ушул жакка дүркүрөп,
Аккелтенин үнү экен.
Көөнү келсе айкөлдүн
Аккуласы ооруктан,
Келип калган кези экен» -
Деп, ушунтүп, эки шер
Кылычты кыңай байлашып,
Уруш жагын камдашып,
Ысылам жүзүн көрдүк, - деп,
Арман деп бармак тиштебей,
Эми армансыз болуп өлдүк, - деп,
Алмамбет, Чубак - эки шер
Кайраттанып алды эми,

Аккуланы жулкунтуп,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Белестеги беш берен
Жибербестен кытайга,
Манасты кармап турду эми.
Аккула тийип колуна,
Айкырып турган Манасты
Эми мындай таштайлык,
Белгилүү Бакай кабылан,
Берендин сөзүн баштайлык.

## 31 Кыргыздын колунун келиши[7]

Кылча көңүл бөлүнбөй,
Кызык кылып ар ишин,
Ошол жерде сан колдон,
Бирине Бакай көрүнбөй,
Манас кандын кырк чоро,
Бакай басып барды эми.
Кыргыл чалы баш болуп,
Кызыкты чоро салыптыр!
Эки тарап болушуп,
Ордо салып алыптыр,
Оюнда Манас шери жок,
Мөөрөйүнө алты бээ
Байге кылып алыптыр.
Ошондо Бакай муну айтат:
«Атаганат, кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген бөрү элең,
Кыраанын Манас бар болсо,
Кыйланы бузар шер элең!
Эр Манастын барында,
Өрүү чакта түр салдың,
Алыша чыккан душманга
Аянбастан чыр салдың!
Кан агызып катыктың,
Канкор чоро атыктың.
Кыркың кырк кан уулу элең
Жаңылбай менде коёбу?
Азып келдиң бир чоро,
Азып атсыз келгенде,
Аркар аяк, жез билек,
Ат мингизди зор Манас.
Тонсуз келди бир чоро,
Тонсуз келген чорого
Жакасы алтын, жеңи жез,

[7] Түп нускада мындай тема жок

Кош бадана, торгой көз,
Келеме жака, кең күрмө,
Тон кийгизди зор Манас!
Катынсыз келдиң бир чоро,
Катынсыз келген чорого
Ойкуштаган сулуудан
Алып берди зор Манас!
Малсыз келди кээ чоро,
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аркар моюн, алма баш,
Алып тамга салдырып,
Бөлүп берди зор Манас.
Салтанаттуу там кылды,
Сай-сайлап кеткен башыңды
Санжыргалуу зор Манас
Ар кимиңди кан кылды.
Эр Манаска келгени,
Капылет караң көрбөдүң,
Капысынан ок тийип,
Бирөөң жоодо өлбөдүң!
Жана Манас барында,
Жая кесип, жеп жүрдүң,
Жапаа көрсө бадышам,
Жаң-жуңду бузам - деп жүрдүң
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда
Жыргап калың эл жатса,
Жатчу белең шаттанып,
Жабыла баарың мактанып,
Дүмөктүү, түптүү жоо болсо,
Азыр минген тулпарды
Туйлатарбыз дечү элең,
Айкөл Манас барында,
Ай-ааламдын баарысын
Кыйратармын дечү элең.
Кырылышар чак келди,
Өлүшө турган тап келди.
Айбалта белден бүктөлдү,
Анык жанга күч келди.
Айкөл Манас шериңди
Абайлачы, кырк чоро,
Тегеректеп алыптыр.
Теңиз Манас шериңди
Калың кытай капырың,
Канча курчап калыптыр».
Бакайдан муну укканда,
Баары чоро токтобой,
Алты-алтыдан бөлүнүп,

Кайра качып кетчүдөй,
Он эки кандын элинин
Жолун тозуп төгүлүп,
Азыз берен кырк чоро
Арсландай көрүнүп.
Жаңгыз жанга көрүнбөй,
Чатырда Бакай турганда,
Короздой болгон Бакайың
Колун алып аркага,
Желбегей басып турганда,
Кан Бакайга кошулуп,
Катагандын кан Кошой,
Элемандын эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Эчен уруу жан келген,
Төмөнкү Меке дылдадан.
Ала чапан Айкожо,
Ыймандыкка ал келген.
Айкожосу баш болуп,
Жабыла көп кол турганда,
Ээр белдей белестен,
Сыргак келет бакырып:
«Сүйүнчү!» - деп чакырып.
Кызыгы кымбат шум ишке,
Батасыңбы динистам!
Баштагы Бакай, эр Кошой,
Баарың бирдей зерикпей,
Жатасыңбы бусурман!
Ажал жетсе күн бүтүп,
Өлбөйсүңбү бусурман!
Манас алды Бээжинди,
Баарың барып кызыкты,
Көрбөйсүңбү бусурман!
Артыкча асыл уз алдык,
Каканчындын Бээжинден
Оймок ооз, бото көз,
Оолжуган сулуудан
Канча келин, кыз алдык.
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай биз калдык!
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай биз калдык!
Чет-Бээжинди камадык,
Кытайдан кылымды бузчу эр кырдык.
Алмамбет, айкөл Манас бар,
Өлчөп көрчү, бусурман,
Баатыр Чубак баш болуп,
Өлбөгөн жерде калыштык.
Аянбай атыш баштадык,

Чет-Бээжиндин шаарына
Айкөл баатыр Манасты
Кан көтөрүп таштадык.
Ашка-тойго минерге,
Кылтылдатып жүрөргө,
Алтын менен такалуу
Аябаган жорго алдык,
Ал жоргонун артынан
Ургаачыдан узду алдык,
Эсенкандын Бурулча,
Эсепсиз сулуу кызды алдык.
Жаң-жуң кызы Бирмыскал,
Тартуу берип биздерге,
Топ кытайга чыр салдык.
Алдымдагы Көкчебич,
Канаты бар атым бул,
Калбай баары келсин, - деп,
Кабылан Манастын жазган каты бул!
Козголтуп журтту жыйсын, - дейт,
Олжого алган эки кыз,
Алмамбет менен Чубакка
Айкожо ике кыйсын, - дейт».
Бу кабарды уккан соң,
Айкожо, Кошой карысы,
Тегеректеп чуркурап,
Теңиз Сыргак баланы
Бусурмандын баарысы.
Ошол кезде карасаң,
Ыраңы чыгып толуптур,
Идерлүү тулпар, эр жигит
Байдасы тиер болуптур.
Кандын баары камынып,
Бир кудайга жалынып,
Ажал жеткен өлөр, - деп,
Азабы болсо тартар, - деп,
Азабы жок азамат
Түп-Бээжиндин шаарынан
Өлбөсө алып кайтар, - деп,
Буласын булап алабыз,
Көк жал Манас барында
Чоң урушту салабыз.
Алтынын талап чачабыз,
Бекитилүү Бээжиндин
Дарбазасын ачабыз!» -
Кайраттанып кеп айтып,
Сүйүнгөнү мындан көп.
«Искендер тийбес Бээжинге
Имериле жол жүрдүк,
Эгерде аман тартпайбыз,

Ажал жетсе Алдадан,
Бирибиз аман кайтпайбыз.
Кабары катуу жер деген,
Калың кытай эл деген,
Ал кытайдын ичинде
Кадимки Калча эр деген.
Көп кишиден биз уксак,
Көк букачан Мадыкан.
Кытай менен манжуунун.
Тилин билбес жан деген.
Астындагы буканын
Тумшугунда бир мүйүзү бар I
Манаска кубат бербесе,
Башкабыздан айла жок.
Каарданса Мадыкан,
Калкыбызды талкалап,
Каныбыздын баарысын
Байлап кетер жан деген,
Айкөл баатыр Манасты
Өлтүрүп, элин чабам, - деп,
Өзүбүз калдык азапка,
Кудай билет кайтышты,
Эсен-аман кайрылып,
Элге кайра тартышты.
Ар ким азар салбаган,
Алышка киши барбаган,
Айтылуу Бээжин ошо жер.
Азапка калып жатышкан,
Алакөөдөн биздин эл» -
Деп, ошондо сан колдон
Күйүнгөнү мындан көп.
Бир колдогон кан Бакай,
Журт башчысы карыя,
Акылы дыйкан дарыя,
Бакай туруп кат окуп,
Калкка угузуп бат окуп,
Кырк кандын эли Бээжинди,
Баарын окуп берген соң,
Токтобостон баарысы,
Ичинде Кошой карысы
Атка минди дүркүрөп.
Баары жапырт чуркурап,
Келген колдун баарысы,
Он башынын баарысы,
Ортого түшүп ороктоп,
Элүү башы эс билги,
Элүүсү менен бир бөлөк,
Алдыда жүрөт сороктоп.
Жүз башынын баарысы,

Жүргөн жүздөн бөлүнүп,
Ар кимиси ар башка,
Ыгы менен бөлүнүп,
Миң башысы бир башка,
Туусу колдо делбиреп,
Көргөн менде таң калып,
Көлдөй болуп калың кол,
Жүрүп кетти шаңданып.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин бети көрүнбөй,
Талаанын баары чаң болуп,
Оюу, тоосу тептегиз,
Кумурскадай жан болуп,
Адам түгүл, айбанат,
Канаттуу куш дал болуп,
Ошо колдун ичинде
Акылга дыйкан кары бар,
Айбыкпай жоону качырар
Азаматтын баары бар.
Урук-урук жан келген,
Бусурмандын колуна
Ыймам болуп берем, - деп,
Мекедеги Айкожо,
Адейи самап, ал келген.
Ушу колдун ичинде
Канча мыкты жаны бар,
Бусурман туусун көтөргөн,
Карыя Кошой дагы бар.
Бөлүнгөн тумшук урчукту,
Бөлүп кетип баратат,
Далай жердин соорусун
Көрүп кетип баратат.
Ак-Жолоочу бели, - деп,
Азамат жүрөр жери, - деп,
Жерин көрүп таң калып,
Жетик эрдин баарысы
Жоо-жарагын камданын,
Он эки кан бусурман,
Ар уруктан кан келген,
Ушул кандын ичинде
Баатыр экен кызыталак,
Буудайык кандын Музбурчак
Кары эмес, жаш экен,
Эр Манастан кийинки,
Эл бийлөөчү баш экен.
Көктө жылдыз боз экен,
Көк жал Манас, Музбурчак
Акыреттик дос экен.
Төмөнкү Кырым каны экен,

Ушу жылы Музбурчак
Жыйырма бешке илинип,
Жаңы келген чагы экен.
Астындагы мингени -
Телкызыл тулпар мал экен.
Буудайык кандын Музбурчак,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Өжөр баатыр жан экен.
Айчыгы алтын туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Телкызыл менен зыргытып,
Ошончолук көп колдон
Колун бөлүп Музбурчак,
Астына түштү бөлүнүп,
Арсландай көрүнүп,
Бастыра түшүп бакырып,
Жалгыз жанга билинтпей,
Жанындагы Көрөгөч,
Бери кел! - деп, чакырып:
«Билгич элең, Көрөгөч!
Мен билгенди билдиңби!
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билбесең,
Жаным Манас туйгундун
Барып, Бээжин алды», - деп,
Баякылар калп айтат.
Каканчындын Бээжинде
Айбанбоз жүрбөй калганы
Манасты тегеректеп алганы.
Кызды олжо кылды, - деп,
Кыраан Сыргак баланын
Кызыктырып турганы -
Кыстоого Манас калгалы.
Бери келгин, Көрөгөч,
Тик кирип уруш салгалы.
Тирүү жанды аябай,
Тизеден кызыл кан кечип,
Бээжинге уруш салгандын
Кайдан калсын арманы!
Мындай сөздү уккан соң,
Артына салды Көрөгөч,
Алды түштү Музбурчак.
Эсепсиз кыйын эрлерди,
Бүлөп алды Көрөгөч,
Ала көөдөн дардаңды,
Мурун жетип барганың,
Катын-кызды алдың, - деп,
Сүрөп алды Көрөгөч.
Арам кыял кытмырын,

Айдап алды Көрөгөч.
Кээ бирөөн домбутуп,
Кетип барат Көрөгөч.
«Санаабызда Бээжинге
Мурун жетип баралы.
Санжыргалуу Манастан
Сары алтын менен кыздарын
Соогаттыкка алалык.
Он эки сан калың кол,
Ойлонсоңчу чечкиндер,
Эл алды болуп калалык!» -
Деп, ошону уккандар,
Боз мингени бир башка,
Болумдуу жанын аябай,
Дүркүн-дүркүн бөлүнүп,
Айзаны колго алышып,
Аттын оозун жайышып,
Ала качып аттары,
Эки колу карышып.
Ошо колдун ичинен
Бир бөлөгү сарт болгон,
Белге таңуу эл эмес,
Бек ишенер журт эмес,
Бел оорудай дарт болгон.
Асмандаган чаң келген,
Аз болгонсуп мындагы,
Ындыстандан да келген.
Музбурчактын артынан
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Селделерин калдайтып,
Сакалдарын жайкалтып,
Аргымагы түрсүлдөк,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Сарттын колу жүрдү эми.
Бул аскердин артынан
Керегеси жыгачтан,
Түп атасы Алаштан,
Көк өтүгү өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Баатыр Көкчө кыраанын,
Көгала менен чамынып,
Энчи бөлүп берчүдөй,
Өлөңүн айтып зоолдоп,
Азаматы дуулдап,

Жоо дегенде сүйүнүп,
Ач арсландай ийилип,
Жүрүп берди көп казак.
Аскеринин мингени
Баары окшош кулача,
Маңдайында тумарча,
Баары тулпар көйкашка,
Кара байыр казанат,
Сары-Арканы жердеген
Айбанаттан бир башка.
Азаматы жабылып:
«Жоо кайда?» - деп камынып,
Кыйкырышып бакырып,
Көйрөңдүгүн көрдүңбү.
«Көкчө!» - деп, ураан чакырып,
Көкчө жүрдү жол менен,
Баары бир сан кол менен.
Казактардын артынан,
Эштектердин Жамгырчы
Түйүп акыл ойлогон,
Түн уурусун койбогон,
Жоодон кайра тартпаган,
Баш булгап кайра кайтпаган,
Эштегин жыйып катыккан,
Эр Жамгырчы атыккан,
А да жүрдү жол менен
Санаты бир сан кол менен.
Эки-Кемин жердеген,
Эгиз кара ат байлаган,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрмөгүн берип байлаган,
Кара үңкүрүн үй эткен,
Кулаалы таптап куш кылган,
Куюкканды журт кылган,
Телик куш таптап куш кылган,
Тентиген жыйып журт кылган,
Жарды жүрүп байыган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Эйбиттин уулу эр Үрбү,
Астында Үрбү алкынып,
Астынан сан кол талпынып,
А да жүргөн жол менен,
Канча калың кол менен.
Жүрүп кетти соңунан,
Өзү кыпчак эл экен,
Бул кыпчактын ичинде
Баатыр Шыгай дээр экен.
Ар күрөңүн токуган
Ар журт менен урушуп,

Согуш ыгын окуган.
Айбатынан Шыгайдын,
Ар бир киши чочуган.
Заманында эр Шыгай
Кызыл башты кыйраткан,
Кыраандарды сойлоткон,
Кыз-келинин ыйлаткан.
Эндей көйнөк кийишкен,
Кыпчактардын эр Шыгай
Алты-Шаар, Кокондон,
Андан өтүп, Самаркан
Эли менен тийишкен.
Күндүзүндө жылкы алган,
Түн ичинде уйку алган,
Эрдик менен катыккан,
Кыпчактардын кызыл Шыгай атыккан,
Ал да жүрдү жол менен,
Алда канча кол менен.
Айбалтасын шайланып,
Адис болгон түгөнгүр,
Айзаларын камданып,
Барабан тартып, дуу кылып,
Артын айдап, чуу кылып,
А да жүрдү Бээжинге.
Бозала желек туу алып,
Сыпаты сырттан эмеспи,
Сынына киши кубанган,
Масейилди жердеген,
Бактуу кыйын эр деген,
Тогуз уул кенжеси,
Бир теңирдин мендеси
Элемандын эр Төштүк,
Чалкуйрук тулпар ат минген,
Чайынги темир тон кийген,
Түпөгү жок айза алган,
Жер алдына эр Төштүк
Жети жылы кармалган.
Эрдигинен эл тапкан,
Эпчилине жан баккан,
Жер алдында жети жыл
Жердин даты өтпөсө,
Элемандын эр Төштүк
Эбегейсиз шер экен,
Бу да жүрдү жол менен,
Жайнаган калың кол менен.
Алайып көзү чолпондой,
Чоң кулагы калкандай,
Чеш-Төбөнү жердеген,
Көргөндөрдүн баарысы

Ченебеген эр деген.
Катагандын кан Кошой,
Батасы журтту байыткан,
Бакырды байдай жарыткан,
Баары журтту көтөргөн,
Календерге дос болгон,
Дубанага кой кошкон,
Оң далысы кең болгон,
Ойрон Манас кабылан
Ойноо бала чагында,
Оён Кошой эр болгон.
Керкабылан тулпарды
Кенебестен токуган,
Мисир менен Мекеден
Барып беш жыл окуган.
Нече тулпар ат алган,
Улук Кошой атанган.
Кошой баатыр абакең
Күпө-күпө жөтөлүп,
Бусурман туусун көтөрүп,
Бу да жүрдү жол менен,
Жер жайнаган кол менен.
Калайыкка эл айтат,
Кайран Кошой кеп айтат:
«Бурулуп бирөөң калбагын,
Мурунку Бээжин кыйла эл,
Кароолуна кезигип,
Караң калып калбагын,
Жарча белес, кайкаң жол
Жартың туруп калбагын,
Жайнаган Бээжин калың эл
Кыргын болуп калбагын.
Качып кирер токой жок,
Калып калсаң бусурман,
Көрбөгөндү көрөсүң.
Азап тартып кокустан,
Капырлардын сакчысы
Кармап алса, калайык,
Бөөдө өлүм болосуң».
Кошой мындай дегенде,
Кеп эмеспи, баатыр, - деп,
Кебиң журтка акыл, - деп,
Кебин угуп, кан Бакай
Кары жүрдү ошондо,
Калың кара бусурман,
Баары жүрдү ошондо.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Артына түшүп көп колдун,

Жүрүп барат кырк чоро.
Кол артында Музбурчак
Эрениң кайдан аянды,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Камап жаткан калың кол,
Кайнатылуу ачуу шор,
Калың кытай четинде
Жетип булар таянды.
Музбурчак жетип барганда,
Айтканым жалган болбосо,
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп турган киши жок,
Бири жалган, бири чын,
Билип келген киши жок.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Какайлап ураан чакырып,
Кайсы экени билинбей,
Каптады кытай жабылып,
Абайлабай барганды,
Дүмбөйгөн калың кара кыр,
Кара кыр эмес, эл экен,
Жалындаган көп жылдыз,
Жылдыз эмес, от экен.
Кумурскадай жыбырап,
Курчап жаткан кези экен.
Кузгун учуп кутулгус,
Көптүгүнөн кытайдын,
Кумдай калың эл экен.
Музбурчакты көргөндө:
«Буруттун колу экен», - деп,
Бурулбай кытай камынып,
Каптап калды жабылып.
Миңи кытай, бир бурут,
Аралашты бусурман.
Телкызыл менен Музбурчак,
Жекене белге курчанып,
Жеке кирди Музбурчак.
Жетимиш миң капырга
Жеке кирди кол салып,
Жер айрылып, чаң болуп,
Жердин бетин көптүктөн,
Булар каптап кетти эле,
Калың кытай жабылып,
Аны каптап кетти эле.
Буудайык кандын Музбурчак,
Айзалашып алышып,
Артыкча жанды аябай,

Абыдан мыктап салышып,
Капыр камап келгенде
Телкызыл менен кутулуп,
Кайнаган кытай колунда
Көрөгөч калды тутулуп.
Көөдөнүндө көп санаа:
«Көк жал Манас, кырааным,
Кантип жатат экен?» - деп,
Көзүнүн жашы он талаа,
Кайгы түшүп башына,
Капаланып алды эми,
Тал-Чокуда Манаска
Музбурчак жетип барды эми:
«Ат аябай сен үчүн,
Адейи келдим, кан Манас,
Аянбастан сен үчүн,
Атышка кирем тонуң бер,
Кырылышам сен үчүн!
Кытай менен эр Манас,
Уруштун мага жолун бер,
Кырк чоро баштык колуң бер!»
Буудайыктын Музбурчак
Муну айтып турганда,
Кысталып Манас турабы,
Аккула менен аргытып,
Бадыша Манас арсланың
Аккелте менен койгулап:
«Манас!» - деп, ураан чакырып,
Урушка кирди бакырып,
Аккуланы туйлатып,
Жарып кирди кыйратып,
Бууругуп калган көк жалың,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыстап жаткан кытайга
Бакырып Манас кирди эле,
Артына жакын Ажыбай
Көзөмөлдөп жүрдү эле.
Колу күчтүү Байчоро,
Козголбогон Агаяр,
Аралаша кирди эми.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Камгак учкан эмедей,
Берендердин баарысын
Берен Манас көк жалың,
Кырды Манас кыйратып,
Ач арсландай аралап,
Айкырып Манас киргенде,
Тизеден болуп кан агып,

Жердин бети жошулуп,
Манас кырып жүргөндө,
Он эки кандын бусурман
Согушка кирди кошулуп.
Айкырса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Катылганын кан кылган,
Кезиккенин дал кылган,
Кан Манастын кырк чоро,
Калың кытай көп колго
Каптай кирди жабылып.
Кырк чоро уруш кылганда,
Он эки кан бусурман
Кошо урушуп турганда
Козголбоду көп кытай.
Аралаша салышып,
Ажалы жеткен өлүшүп,
Канды суудай төгүшүп,
Кылычтын мизи кылкылдап,
Айзанын учу былкылдап,
Күн экени билинбейт,
Түн экени билинбейт,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин бети көрүнбөйт.
Айзалары карсылдайт,
Айбалта үнү тарсылдайт.
Тегерегин карашпай,
Деңиз болуп кан акты.
Баары жанын аябай,
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бою шалдайып,
Былк эте албай дал болуп,
Айза белден үзүлүп,
Эптей албай кээ бир жан,
Олоңдору үзүлүп,
Көктөй албай кээ бир жан,
Не бир күлүк тулпардын
Ээри түшүп бооруна,
Туйлап жүргөн мындан көп.
Арада аттан айрылып,
Айласын таппай жалдырап,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Таштай болуп жыбырап,
Кыйраганы андан көп.
Баягы шумдук дейсиңби,
Баягы кырк кан үстүнө
Жер бузулуп термелген,
Жети урий эл келген.
Кармаганда кан чыккан,

Добушунан жан чыккан,
Кыштын кыйын чилдеде
Бир кулагын жамынган,
Жесе нанга тойбогон,
Кезиккенин койбогон,
Айбан дебей, мейли адам,
Кезиккенин жейт экен.
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Кытай бузуларда чыгуучу,
Жөө күлүк деген эл экен.
Ошолордун кандары
Маңдайы темир Маңкуш алп,
Кулагы темир Кутан алп,
Артындагы Казан алп,
Жабылып кытай кан болуп,
Жалпы кытай бар болуп,
Кара кылар Манас жок,
Музбурчак, Көкчө, Төштүккө,
Кары Кошой баатырга
Ошо кытай жабылды.
Тирүү кармап алгын, - деп,
Алып барып Бээжинге
Дуңчу кылып салгын, - деп,
Өзү тийген бурутту
Түбү менен курут, - ден,
Кокондуктун Козубек,
Сарт канына жолукту.
Дадалатып сарттарды,
Айдап барат Маңкуш алп.
Колуна тийген кишини
Кармап алып колуна,
Чайнап барат Маңкуш алп.
Айдыңы бар акжолтой,
Алышкан жоого сан колдой,
Астынан чыкты кан Бакай.
Каарданып камчылап,
Камап чыкты кан Бакай,
Карсылдатып сарттарды
Сабап чыкты кан Бакай:
«Айт! Кокон! Айт! Кокон!
Атыңдын оозун тарт, Кокон!
Өткөрө уруш саларсың,
Өлүм болуп каларсың.
Кара кырдуу Тал-Чоку,
Адам ашар бел эмес,
Чалыяр тийбес Бээжиндик,
Чаркың келер эл эмес,
Чак келбеген кытайга
Чакташа турган сен эмес!»

Айгайды Бакай салды эми,
Астынан тозуп эр Бакай
Кызык уруш салды эми.
Бет алышып салышып,
Берен Бакай кабылан,
Маңдайы темир Маңкуш алп
Бакырып айза саларда,
Адис болгон эр Бакай,
Маңкуш алптын айзасын
Кыя чаап талкалап,
Кылды жоонун айласын.
Кыстоо түшүп бир жанга,
Аралашты куу чаңга.
Алышып Бакай турганда,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет
Сараладай ат минип,
Сары жаргак шым кийип,
Түпөгү жок айза алып,
Жанына болот байланып,
Өөдө жаккы капырды,
Кирген жерден Алмамбет
Кумдай кылып сапырды.
Чок ортого кирбестен,
Четтеп Алмаң келатат:
«Маңкуш алпка жетсем», - деп,
Беттеп Алмаң келатат.
Ачып көздү-жумганча
Андай-мындай дегиче,
Алмамбет берен жетти эле,
Маңдайы темир Маңкуштун,
Бакай кандын далына
Көмө коюп өттү эле.
Ал сыяктуу алптардын
Далайын көрүп мурунтан,
Көнгөн Бакай эмеспи.
Балбандары Маңкуштун
Көтөрүп атка салганча,
Көк жал Бакай жетти эми,
Ачболотун колго алып,
Жеткен жерден Маңкуштун
Башын чаап өттү эми.
Маңкушту Алмаң сайганда
Байкап калган Кутан алп,
Алмамбетти саймакка
Жакын калган Кутан алп.
Айза сунуп күркүрөп,
Капырдын каарын көргөндө
Добушуна чыдабай,

Каптап жүргөн ысылам
Как жарылды дүркүрөп.
Капырдын түрүн көргөндө
Ачкан көздү жумбастан,
Аны карап турбастан,
Кара болот кыргагы,
Качырып келет жакындап,
Кан Манастын Сыргагы.
Алмамбетке жеткизбей,
Андан мурун жетти эми,
Жеткен жерден эр Сыргак,
Боз качырдын үстүнөн
Тоодой болгон капырды
Көмө коюп өттү эми.
Жаңы жетип кан Бакай,
Жана башын кесерде,
Белен турган жөө күлүк,
Берендердин баарына
Темирдей курчап баарысы,
Жабылышып кетти эми,
Кудайдын кылган буйругу
Ушундай экен, көрдү эми.
Алмамбет менен Сыргакты,
Айтылуу кары Бакайды
Бытыратып бөлдү эми.
Уйгу-туйгу болушуп,
Сыргак кетти бир жонго,
Чакчелекей чаң болуп,
Каптаган кытай кол болуп,
Кайран башы дал болуп,
Алмамбет кетти бир бөлөк.
Чабышканга чарчабай,
Атышканга арыбай,
Кара айза, ач болот
Сууруп жүрөт кан Бакай,
Чөл түшүрүп сан колго,
Жөөлүктүрүп кытайды
Жууруп жүрөт кан Бакай.
Манастап булар бакырып,
Бир жактан чыкты кырк чоро.
Ураандарын чакырып,
Кошой, Төштүк каны бар,
Көкөтөйдүн Бокмуруну дагы бар.
Музбурчак, Көкчө кан болуп,
Канга колду малышып,
Кайра тартпай калышып,
Катуу уруш болду эми,
Ошондо Манас султаның
Кыйын согуш салыптыр,

Калың кытай капырды
Бээжинди көздөй сапырып,
Берени Калча ичинде,
Кайрылбастан көп кытай,
Кан Манаска чыдабай,
Кайра качып калыптыр.
Аянбай Манас айкөлүң
Көгөрүп кууп алыптыр,
Ач арсландай аралап,
Калың кыргын салыптыр,
Камоодогу көп кошуун
Канкорду көрүп алыптыр.
Айкөлүңдү көргөндө
Атасын көргөн эмедей,
Кубаттанып баарысы,
Ичинде Кошой карысы
Кээ бирлерин карасаң:
«Баабедин!» - деп бакырып,
Кээ бирлерин карасаң:
«Баатырга курман болом», - деп,
Бадышалап чакырып,
Кан Манастын артынан
Алты түмөн кытайды
Аралап калган кези экен,
Бетиндеги кытайды
Жаралап салган кези экен.
Мээнеттүү жанды аябай,
Берен көк жал Чубагың
Аралап калган кези экен.
Ошо Чубак киргенде
Береги Манас алдынан
Кара суудай кан агып,
Жошулуп калган жер ошол,
Ойрон Манас баш болуп,
Өң кыргыздын баарысы
Кошулуп калган жер ошол.
Калың кытай баатырын
Канкор Манас баш болуп,
Он эки кандын кошууну
Кайра кууп сапырды.
Орто жерин талкалап,
Оён Манас арсланың
Оюп кырып берди эле,
Тегерегин кырк чоро
Союп келип берди эле,
Калдай жагын кан Бакай
Камап келип берди эле,
Солоон жагын эр Төштүк
Айдап кууп берди эле,

Бээжинди көздөп көп кытай
Эч бир кайрат кылалбай,
Жайнап качып берди эле.
Кытай качып калганда
Күн экени билинбей,
Түн экени билинбей,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин бети көрүнбөйт,
Асман, жер кара чаң болуп,
Адамдын баары дал болуп,
Кырылып кытай жоюлуп,
Талаанын баары кан болуп,
Жабырап кытай жыйылып,
Сай-сайга толду кырылып,
Качып кытай чуркурап,
Кайрат кылбай Коңурбай,
Калың элин тосо албай,
Алапайын таба албай,
Эстен кетти Коңурбай.
«Манаска айла таппасам,
Кылгылыкты кылбасам!»
Ошо кезде кытайды
Он эки кандын кошуна
Камап кирип барыптыр,
Күрпүлдөктүн сары суу
Айдап кирип барыптыр.
Күрпүлдөктүн чоң дайра,
Чоң дайрага барганда
Алөөкөнүн Коңурбай
Колунан бөлөк бөлүнүп,
Кан Манастын алдына
Барбалактап Коңурбай
Чыга келди көрүнүп.
Коңурбайды көргөндө
Каарданып айкөлүң,
Кан Манастай кыраанын
Шамал чыгып оозунан,
Оту чыгып көзүнөн:
«Башка кытай, сан калдай -
Жаманга тийип этейин,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Керилген итке жетейин!»
Муну ойлоп эр Манас
Кайра тартпай, кайран шер,
Камырабай турган эр
Алачыктай Калчага
Күркүрөп айза сунду эми.
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,

Ал айзанын үстүнө
Кошо кармап болотту,
Артык тулпар Аккула
Оозун коё берди эми.
Кайратын Калча көрдү эми,
Ысыгына баталбай,
Эпкинине чыдабай,
Суу жээгинде жалгыз жол
Бура тартып жылт койду.
Түлкүдөй болуп мант берип,
Кайра качып кылт койду.
Айбандан тулпар Аккула
Анчалык жоого минелек,
Этине келген союлгур,
Ооздукту бек тиштеп,
Манасты алып учту эми,
Учуп өтөр канат жок
Жылкыда тулпар Аккула
Күрпүлдөктүн чоң дайра
Шар жеринен кирди эми.
Айзасы колдо сороктоп,
Айкөлдүн башы суудa короктоп,
Айлалуу баатыр Коңурбай
Жоонун айласын билген баатыр ай.
Кыйкырып айдап кытайды:
«Чыгарбай суугa жеткин, - деп,
Манасты жанчып өткүн», - деп,
Камданып кытай, калың эл
Короктогон башына
Жамгырдай төгүп, жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Камап кытай жетерде,
Суугa тыгып кетерде
Агын дайра көп кечип,
Адис болгон кан Бакай,
Биттейинен бир жүрүп,
Агып жаткан Күрпүлдөк
Амалын билген Алмамбет,
Акылдуу тууган эр Бакай,
Кырк кулачтай кыл аркан
Кыйкырып келип Манаска
Кылт эттирбей салды эле,
Азизкандын Алмамбет
Айзасын сунуп Манаска
Даярданып турду эми.
Баякы Бакай ошондо,
Бооруна арканды
Бекем басып алды эми,
Астындагы тулпардын

Санына камчы урду эми.
Алачыктай заңкайтып,
Арслан Манас, көк жалды
Сүйрөп чыкты далдайтып.
Тайызына келгенде
Азизкандын Алмамбет
Үзөңгүдөн алды эми,
Он эки кандын кошууну
Оён Манас көк жалды
Курчап жатып калды эми.
Суудан чыгып калган соң,
Султан Манас кыраанын
Күн да тынып калган жок,
Күн мезгилин алган жок,
Күндөп-түндөп салышты.
Туйгун тууган канкоруң
Далай-далай кан ичти.
Ал уруштун соңунан
Арслан тууган Манас кан
Какайлатып кытайды,
Каканчынын Бээжинге
Асман-көктү чаң кылып,
Жердин жүзүн кан кылып,
Айдап кирди дайрага.
Манастын каарын көргөндө
Качып кытай буркурап,
Баары бирдей чуркурап,
Баары кирди дайрага.
Мунарык болуп көрүнбөй,
Калың кытай киргенде
Кайсы экени билинбей,
Дарыядан кече албай,
Көбү агып кырылды.
Аман чыгып Коңурбай,
Теңи чыкты көп кытай.
Топон суу каптап кеткенде
Тобу эсен жан экен,
Теңи суута кетсе да
Калганынын көптүгү
Кыргыздардан он эсе
Артыктыгы бар экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Суудан чыгып алган соң,
Көп кытайдын баарына,
Кабар берди ошондо
Түп-Бээжиндин шаарына.
Бу кабарды укканда
Калың кытай каканы
Элин жыйып ошондо -

Эр-азамат калтырбай:
«Бурут менен уруш!» - деп,
Кумдай болгон сан колду
Коңурбайга жиберди.
Көк букачан Мадыкан
Башында жалгыз көзү бар,
Баш кылып жоого жиберди.
Мадыканы келгенче,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Арслан тууган Алмамбет
Жарык күндү түн кылды,
Жайдын күнүн кыш кылды.
Күндү жайлап жаздырып,
Күрпүлдөктүн чоң дайра
Адам өтөр муз кылды.
Алмамбеттин өнөрүн
Калың бурут көргөндө
Баары бирдей таң калып,
Ыраазы болуп баарысы
Манас баштап жалынып:
«Кызыл айза желегим,
Кыраанным, баатыр Алмамбет
Кытайдан келген белегим,
Кысталыштын күнүндө
Кымын жанга керегим,
Көрүнгөн Бээжин калаага
Казат кылып келишкен
Калың жаткан кыргыздар -
Баары сага садага!»
Алмамбетке кубанып,
Оозун жыйып алганча,
Он эки кандын сан колу
Муздан калган дайрадан
Бүткүл чыгып алганча,
Жер айланып, тоз болгон,
Жекеге чыгып Мадыкан
Каарына чыдабай,
Жердин жүзү козголгон.
Ошончо кытай баарын
Мадыкан баатыр артык эр,
Чымын жанга күч келип,
Кыргын болор ушу жер.
Ок өтпөс темир калканды
Кийип алган кези экен,
Башында жалгыз мүйүз бар,
Чоңдугу тоодой көк бука
Минип алган кези экен.
Астындагы бууданын

Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Үстүндөгү Мадыкан
Алышкан менен ал жетпейт.
Бука минип күүлөнүп,
Мурун кирди кол салып,
Аны-муну дегенче,
Ачып көздү-жумганча,
Жебеден мурун жетти эле,
Кошой менен Музбурчак
Кабат сайып өттү эми.
Булар аттан түшкөндө,
Арт жагынан миң кечил,
Кошой менен Музбурчак
Кошуп байлап кетти эми.
Мундай бура тартканча
Бокмурун менен Көкчөгө
Дагы кабат жетти эле,
Мааникер менен Көгала
Бул экөөнүн үстүнөн
Ыргыта коюп өттү эми.
Жабыла качып кеткенче,
Жагалмайдай эр Чубак
Көкөтөйдүн Бокмурун
Жерден эңип кетти эле,
Мааникерге мингизип,
Аман алып өттү эми.
Эр Көкчөгө кан Бакай
Элден мурун жетти эми,
Көк тулпарга камчы уруп,
Көп кытайга жеткизбей,
Айдаркандын Көкчөсүн
Көгалага мингизип,
Аман алын кетти эми.
Кысталаң түшүп бурутка
Кыйын уруш болду эми.
Кошой менен Музбурчак
Булар колго тийгенде
Колу-бутун бек байлап,
Бөрүкөзү баш болуп,
Качырга артып алыптыр,
Каршы алдынан кезигип,
Сыргак чыгып калыптыр.
Журт карысы Кошойду
Байлаганын көргөн соң,
Буудайык кандын Музбурчак
Качырга артып экөөнүн
Айдаганын көргөн соң,
Баатыр Сыргак кайран эр -

Ааламга жетет чамасы,
Манас экөө бир ата,
Агайындын баласы.
Көкчебичке камчы уруп,
Качырып кирди эр Сыргак:
«Манас!» - деп, айтып бакырып,
Байлап алган балбандын
Баарысын кырды жапырып.
Киши укпас дүмөктү
Салып чыкты эр Сыргак,
Музбурчак менен Кошойду
Ажыратып кытайдан
Алып чыкты эр Сыргак.
Ошондо Кошой абаңдын
Музбурчак менен экөөнүн
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Телкызыл менен Кабылан
Аттарына мингизип,
Аман алып кетти эми.
Казылган чуңкур аңды көр,
Каршы-терши жыгылып,
Капыр менен бусурман
Өлүктөрү биригип,
Туйлап жаткан жанды көр!
Кыйла журтка бой бербей,
Кырып-жоюп талкалап,
Кылып жүрөт согушту
Кытайлардын Мадыкан.
Ошондой кыргын кылганда:
«Оюна койсо Мадыкан
Түпкө кытай жетти, - деп,
Түгөл кырып кетет», - деп,
Ошондо канкор эр Манас
Аралашпай четтешип,
Мадыкан менен беттешип,
Өлбөгөн жерде калышып,
Экөө жүрөт салышып.
Бул урушту көргөндө
Алмамбет, Чубак, кан Бакай,
Сыргак менен Ажыбай,
Жалпы берен кырк чоро
Мадыкандай балбанды
Тегеректеп алганы.
Бука менен Аккула
Катар жүрөт жарышып,
Камыкпастан эр Манас
Мадыкан менен салышып.
Алмамбет, Сыргак аты уйкаш

Бирдей айза салганда
Зыӊ-зыӊ этип кенебейт,
Кан Манастан башкасын
Бучкагына теӊебейт.
Теӊебеген себеби -
Манас журттун жөлөгү.
Беттеп келген буруттун
Беги экен зор Манас,
Он эки кан кыргыздын
Шери экен зор Манас!
Телегейи теӊ экен,
Кыстоо салып Мадыкан,
Кырк чоронун баарысы
Текши кирди жабылып,
Алты миӊ кытай, сан калдай,
Артык эри Коӊурбай,
Кыстоо көргөн Мадыкан
Ажыратып алууга
Алар кирди жабылып,
Быкылдап киши толду эми,
Мыкты уруш болду эми.
Кара канга каныштты,
Кытай менен кыргыздар
Качпай туруп салышты.
Күндүз тынып калган жок,
Күн мезгилин алган жок,
Түндө тынып калган жок,
Түн мезгилин алган жок,
Башы челек кан болду,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдагыс дал болду.
Өлүк тоодой үйүлдү,
Дөбө болуп жыйылды,
Кытай, кыргыз ошондо
Кан жүргүзүп кырылды.
Кытай кайнап көп болду,
Кан Манастын кырк чоро
Жан бактырып жүргөнү -
Жалпак өркөч Желмаян,
Кан Манастын Каранар
Башында алтын окто бар,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Кара жанын аябай
Кошо жүргөн Желмаян,
Каныкей берген күлазык
Жүктөп келген Желмаян.
Кызык кыргын урушта
Кезек-кезек түшүшүп,

Тамагын тоё ичишип,
Кан Манастын кырк чоро
Жабыла атка минишип,
Баары урушка кирищти.
Кырк кандын эли кытайдын
Калкы каптап толуптур,
Алигиче «Чоң казат»
Ушундай согуш болуптур.
Кайра кирип кырк чоро,
Калган бурут баатыры
Кан Манасы баш болуп,
Кызык согуш салыптыр.
Жер айланып чаң болуп,
Чаңга аралаш жер жүзү
Кызыл дайра кан болуп,
Кырк кандын эли козголуп,
Ушул уруш дүмөгү
Жер жүзүнө сөз болуп,
Темир алп менен Чоюн алп
Ошо келип калыптыр.
Ошолордун баарынан
Мадыкан баатыр эр экен,
Манас каны болбосо,
Такыр кырып бурутту
Каптап кетер кези экен.
Мадыканды жибербей,
Баатыр Манас кабылан
Тозуп жүргөн кези экен.
(Ичи көлдөй Манастын
Кең экенин көрдүңбү,
Келберсиген чиркиндин
Шер экенин көрдүңбү?)
Кезеп турат Мадыкан,
Керилип саят Манас кан,
Кебелбей койду Мадыкан,
Чочубады зор Манас,
Букасына камчы уруп,
Буркурап түшүп күркүрөп,
Оозунан от чыгып,
Кош колдоп саят Мадыкан,
Козголбой турат эр Манас,
Бозала чаң болушуп,
Качпай туруп сайышып,
Бирин бири аябай,
Айбалта менен чабышып,
Кара жанын аябай,
Ошондо да алалбай,
Тиктешип турат эки шер.
Алыша албай турганын

Алыстан Калча көрдү эми,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Айзакердин мыктуу кул,
Жоонун айласын билген ыктуу кул:
«Ажал жетсе өлүм! - деп,
Ажалың сенин жетпесе
Караан болуп бергин», - деп,
Балбандардын баарысын,
Кытайдын жаш-карысын
Бирин койбой жапырып,
Кан Манастын үстүнөн
Айдап кирди Коңурбай.
Айзакерден бөлүндү,
Айлакери, мыктысы,
Балбандардын баарысы
Баары бирдей жабылып,
Уруша турган көрүндү.
Топон суу тоздоп кирбеген,
Эсен калган эл экен,
Искендер изин салбаган
Бейжай кытай эл экен,
Көптүгү кумдай чөп экен,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өлөрман кытай эл экен.
Түгөнөт десе - түтөгөн,
Тумандай басып күчөгөн,
Түптүү кытай журт экен.
Калыңдыгы кытайдын
Кумурскадан мол экен,
Казат кылган Бээжинге
Калың кыргыз шору экен,
Айланасы кытайдын
Кумурскадай кайнаган
Кумдан калың кол экен.
Кан Коңурбай айдаса,
Бөрүкөз менен Музкиндик
Кошо кирди камынып,
Чоң Ылама балбаны,
Чоң Жолойдой калмагы
Чогуу кирди жабылып.
Сараладай ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок айза алган,
Жалаң кылыч байланган
Азизкандын Алмамбет
Аралап кирди буларга.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгаладай ат минген,

Узун бойлуу, кең далы,
Зорлугу тоонун теңиндей
Акбалтайдын Чубагы
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Аянбастан согушка
Айкырып кирди бу дагы.
Ал Чубактын артынан
Астына салса акжолтой,
Артында жүрсө сан колдой,
Көк тулпардай ат минген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Жоодон кайра тартпаган,
Ажал десе кайтпаган,
Олуя чалдын эр Бакай
Ошо кирди согушка.
Өлө турган убагы.
Аралап кирди кытайга
Кабарыңда бар бекен,
Кан Манастын Сыргагы.
Берендин баары бөлүнүп,
Берендердин баарысы
Кытайга кирди жабылып,
Кан Манастын кырк чоро
Тегерете карабай,
Чымын жанын аябай
Чындап кирди согушка.
Түнөргөн калың кытайга
Түздөп айза сунам, - деп,
Түйшүгү кыйын дозоктон
Жанды азат кылам», - деп,
Манас кандын кырк чоро
Баары кирди жабылып,
Айза колдо кылкылдап,
Кара терге чөмүлүп,
Бара түшүп кырк чоро
Кыргын салып кытайга
Кызыл канга бөлөнүп,
Музбурчак, Көкчө кан болуп,
Кошой, Төштүк эр болуп,
Дагы кирди согушка.
Жердин жүзү кан болуп,
Асман бүткүл чаң болуп,
Акылынан ажырап,
Көргөн жандын баарысы
Эси кетип дал болуп,
Жер айланып жошулуп,
Кайсы экени билинбей,
Кытай, кыргыз ошондо

Тизгиндешти кошулуп.
Кошула түшүп сөгүлүп,
Жиги ажырап бөлүнүп,
Ушул уруш майданда
Жатып калды көп өлүк.
Ушул согуш ичинде
Атагы калган «Чоң казат»
Арманы жок алышып,
Аянышпай салышып,
Ажалы жеткен өлүшүп,
Кызыл канды төгүшүп,
Эче тулпар ат өлүп,
Азамат менен эр өлүп,
Далай мыкты кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Бириндешип салышып,
Бөлүнүшүп алышып,
Кызып калган эрендер
Кайта тартып салышып,
Ат үстүнөн жулкушуп,
Ары-бери булкушуп,
Аты өлүп калганы
Жөөлөшүп күрөшүп,
Бирин бири жыга албай,
Дал-дал болуп кийими
Ары-бери сүрүшүп,
Жыгып алып кээ бирөө
Башын кесип алышып,
Иче-кардын жарышып,
Бирин бири аябай,
Аз-көбүнө карабай
Кан агызды ошондо.
Азизкандын Алмамбет
Саралага камчы уруп,
Салтанаттуу кайран шер,
Бөрүкөзгө жетти эле,
Бөрүкөздөй балбанды
Көмө коюп өттү эле.
Көптү көргөн кыраакы,
Көк жал Бакай кабылан
Кытайдын бир балбаны
Көтөрүп атка салганча
Башын чаап өттү эми.
«Бөрүкөз өлүп калды», - деп,
Кабар берди канына,
Каканчындын шаарына.
Калың уруш туманда
Кан Ажыбай көк жалды
Карткүрөңдүн үстүнөн

Калмактардын кан Жолой
Көмө коюп өтүптүр,
Карткүрөңдөй бууданы
Чоң Ылама калмактын
Колуна түшүп кетиптир.
Канатынан кайрылган,
Кан Ажыбай берениң
Карткүрөңдөн айрылган.
Карткүрөң жүрөт коштолуп,
Ыламанын колунда.
«Бурутту минтип курут», - деп,
Таптап жүрөт Ылама.
«Буруттан түшкөн тулпар», - деп,
Мактап жүрөт Ылама.
«Беренжини салынса,
Бээжинге минер мал экен,
Калканчысын салынып,
Калдай минер мал экен.
Алтын, күмүш артууга,
Эсенканга тартууга
Эптүү күлүк мал экен!»
Карткүрөң жүрөт коштолуп,
Ыламанын колунда,
Ажыбай жүрөт аңгырап,
Чот, келтеси жонунда.
Кылкылдап кытай жүгүрүп,
Кыстап келип калганда
Ажыбай жандан түңүлдү.
Эзкара менен Каражой
Кандары келип калды эми,
Ажыны кармап алууга
Жабылып кытай калды эми,
Ошол кезде эр Сыргак
Муну көрүп барды эми.
Чыканактап калбаган,
Чырым уйку албаган,
Улак кандын Сыргагы
Ыламага бой бергис,
Арсланың экен чунагы.
Айбалта менен чалкалап,
Астындагы кытайга
Аралап кирди талкалап.
Айтылбаган дүмөктү
Салып чыкты эр Сыргак,
Ала качып бөктөрүп,
Ажыбайдай баатырды
Алып чыкты эр Сыргак.
Бош коштотуп алдырган
Касиеттүү Манастын

Калкамандын Кара аты -
Кайсы чоро жөө калса,
Кандай уруш болсо да
Абалынан акыры
Миндире жүргөн адаты.
А да тулпар мал эле,
Буга Сыргак жетти эми,
Ажыбайды мингизип,
Арасынан кытайдын
Ажыратып кеткени.
Мына ошондо эр Бакай
Көк тулпарга камчы уруп,
Кылча жанын аябай,
Кан Жолойго жетти эле,
Калмактын каны Жолойду
Жеткен жерден эр Бакай,
Ачбуудандын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Көгала тулпар ат менен
Акбалтайдын Чубагы
Калың балбан Жолойду
Аман алып кеткенче,
Чубак баатыр жетти эми,
Калмактын каны Жолойдун
Жеткен жерден эр Чубак
Башын кесип өттү эми.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Аянбай жүрөт кыйратып,
Баатыр зууган Алмамбет
Сарала менен чуратып,
Алты миң кытай, миң калдай,
Ошо калдай ичинде
Темиркол деген чоң калдай -
Чоң калдайга жетти эле,
Чоңун тандап Алмамбет,
Жеткен жерден жетөөн
Ыргыта коюп өттү эле.
Ошол кезде карасаң -
Кара калпак кыргагы,
Кайдан жетти белгисиз,
Кан Манастын Сыргагы!
Жыгылган жети калдайды
Темирколун баш кылып,
Башын кесип өттү эми.
Азизкандын Алмамбет
Андан өтүп чуратып,
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган

Ит-Өтпөс деген жер ошол,
Ит-Өтпөстүн баарында
Кумурскадай жайнаган
Калың кытай эл ошол,
Жара коюп Алмамбет
Жана кирген жери ошол.
Темир алп менен Канжаркол,
Тегеректеп Алмаңды
Каптап кеткен жери ошол.
Каптаганга бой бербейт,
Кызыл айза желеги,
Кылчайып койбойт ошондо,
Кыстап кытай келгенде
Алмамбеттей берени.
Серек менен Сыргагы,
Кыргыл чал менен Чубагы
Кызыктуу дүйнө, оңбой кал,
Өлүшө турган убагы.
Азизкандын Алмамбет
Ороккырга жетти эми,
Ороккырдай балбанды
Ат үстүнөн калдайтып,
Көмө коюп өттү эми.
Акбалтайдын Чубагы
Ай-ааламды буй кылган
Адамдан башка кыраань,
Кыраан Чубак берениң
Ороккырга жеткинче,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Керилген Чубак берениң
Эңкейип башын кесерде,
Капталынан жетти эми,
Кан Балтайдын Чубагын
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Бүткүл кытай чогулуп,
Орокбаштай балбанын
Тегеректеп алды эми,
Акбалтайдын Чубакка
Акжолтой Бакай, Алмамбет
Мунун баары баш болуп,
Алек болуп калды эми.
Төө көтөргөн Агаяр,
Төрө Манас баатыры
Калың чоктун ичинен
Ала качып Чубакты
Көгаланын үстүнө
Көтөрүп келип салды эми.

Качыр минген Коёнбоз
Каны экен кытайдын,
Караң күн түшсө башына
Жаны экен кытайдын.
Эрендерднн баарысы
Кезигишип алышып,
Кезек-кезек сайышып,
Айза менен салышып,
Учу сынып бытырап,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Айбалта менен салышып,
Жебе сынып бытырап,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Кыны колдо калышып,
Мылтык менен атышып,
Саздакты сая тартышып,
Ок түгөнүп калышып,
Ок түгөнүп калган соң,
Жулкулдашып булкушуп,
Кийим калбай үстүндө
Ат үстүндө силкишип,
Кайта-кайта жүрүшүп,
Качырышып киришип,
Кара жанга күч келип,
Ат үстүндө ыргалып,
Эси ооп турушуп,
Кызыл дайра кан акты.
Кытай менен кыргыздар
Кыргын согуш кылышты,
Кылча жанын аябай
Кыйын кылып урушту.
Эрени мыкты Коңурбай
Белеске тартып белсенип,
Каарданып чыдабай,
Чымындай айла табалбай:
«Буруттардын Сыргагы
Бу да тирүү турбайбы!
Өлүү десем, тирүү экен,
Өлбөс жандын бири экен,
Буруттугу болбосо
Адамзатта эр экен!»
Акыл ойлоп, Сыргактын
Алдынан чыкты Коңурбай:
«Ушу жолу Сыргактан
Качымыш болуп калсам, - деп,
Казылуу жаткан чоң орго
Алаксытып алпарып,

Ала көөдөн Сыргакты
Ошол орго салсам, - деп,
Сыргак орго түшкөндө
Таш алдына алайын!»
Муну ойлоп качкансып,
Бура тартып кылт койду,
Алдамакка Коңурбай
Алгара менен жылт койду.
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган
Четки-Бээжин жер ошол,
Бийигин зоодой кылдырып,
Жасап койгон чеги ошол.
Ошол чекти карасаң,
Айландыра салдырган
Калың кытай жери ошол,
Капталмакка ошого
Качып берди Коңурбай.
Ичи күйгөн эр Сыргак
Коңурбай качып алганда
Алды-кийинин карабай,
Алда эмне болот, - деп,
Акыл кылып ойлобой,
Кууп калды эр Сыргак
Эми жанын аябай.
Чындап качты Калча кул,
Илегердүү түгөнгүр,
Коңурбайга жете албай,
Эки көзү төрт болуп:
«Түп этектен алсам, - деп,
Сыргак барат өрттөнүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Орго жакын калганда,
Кууп Сыргак барганда
Азизкандын Алмамбет
Артынан жете кубалап,
Жеткен жерде Сыргакты
Чылбырдан алып бурулуп,
Алып кетти Сыргакты.
Коштоп алып Сыргакты
Эр Алмамбет муну айтат:
«Качкан жооң Коңурбай,
Айласы чоң капыр ай.
Качымыш болуп калбайбы,
Казган орго капталтып,
Күүлөнүп калган жаныңды
Балакетке салбайбы.
Дини кара Коңурбай,
Динсизди кудай урбайбы,

Колуна тийсең Калчанын,
Чыркыратып жаныңды
Чымындай кылып сойбойбу!»
Деп, ошондо Сыргакты
Алмамбет алып жөнөдү.
Бура тартып келгенде
Мунарланган чаңды көр,
Былчылдашып салышкан
Өлүп жаткан жанды көр,
Абыдан чындап согушкан
Бука менен булкунткан
Мадыкандай алпты көр!
Бука менен ойнотуп,
Кезиккенди сойлотуп,
Кызылала кан кылып,
Кырып жүрөт кыйратып.
Жүргөн жерден кан чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Качыр минген Коёнбоз,
Калың кытай түгөнгүс,
Баары жолдош болуптур.
Кытайлардын Мадыкан
Кез келгенин сулатып,
Кылчайбастан оңкоюп,
Элемандын кенжеси -
Эр Төштүккө жетти эле,
Чалкуйруктун үстүнөн
Көмө коюп өттү эле.
Качыр минген Коёнбоз
Качырып келди кызыталак,
Төштүктүн башын кескени.
Коёнбоз жетип келгенче,
Кабыланың эр Манас
Качырынын үстүнөн
Коёнбоздой балбанды
Жыга сайып өттү эми,
Баягы Бакай кайраның
Коёнбоздой балбандын
(Башка кытай жеткенче)
Башын кесип өттү эми,
Кытайлардын зор каны
Манас менен Бакайдан
Өлүм болуп кеткени.
Жөөлөп калган Төштүктү
Акбалтайдын кырааны
Арслан Чубак жетти эле,
Жетип атка мингизип,
Аман алып кетти эми.
Жалпы кытай черүүсү

Кырганына чыдабай,
Кыйкырыкка тура албай,
Жабыла качты Манастан.
Ошондо да качпастан:
«Качып кытай кетти», - деп,
Жалгызсырап шашпастан,
Жалгыз калды Мадыкан.
Жалгыз калган кытайга
Баатыр Манас баш болуп,
Камоосуна алышты,
Кырк чоролор түптүгөл
Дүпө-дүпкө алышты.
Алмамбет жетип тиштенип,
Ал да келип бир сайды.
Ажыбай менен Сыргагы,
Акбалтайдын Чубагы
Үчөө катар сайышты.
Кадимки баатыр эр Бакай
Бу да келип сайды эле,
Мадыкан менен урушуп,
Ары-бери сүрүшүп,
Баатыр Манас баш болуп,
Эр Манастын кырк чоро
Баары урушуп жүргөндө
Калган канча черүүлөр
Качкан кытай артынан
Кайкайлатып кытайды
Кууп баары кетти эми.
Кууган бурут артынан,
Баякы Сыргак кабылан
Бу да: - Чү - деп, кетти эми.
Эрдиги артык, жаш Сыргак
Ошончолук курчоодон
Озуп жүрөт эр Сыргак.
Кайрат кылган кытайды
Каптаганча бурутту
Көп кошуунга жеткизбей,
Кырып-жоюп кытайды
Тозуп жүрөт эр Сыргак.
Калка болуп бурутка
Кабылан Сыргак жүргөнү,
Кайраттанып кырк чоро,
Канкор Манас баш болуп,
Мадыканга чындашып,
Баары бирдей киргени.
Алмамбет менен эр Чубак
Арслан тууган кара көк
Үзөңгү кошуп биригип,
Чымырканып тиштенип,

Көздөрүнөн от чыгып,
Беттеринен түк чыгып,
Мадыканга кирди эми.
Айза менен сайышып,
Айбалталап урушуп,
Алы жетпей турду эле.
Ошондо Манас кыраанын,
Каарына келди эми.
«Оболунан бери мен
Душманды кырган шер болдум,
Бир кытайга ал келбейт,
Мынчалык неге кем болдум.
Атактуу Манас эр болдум,
Алакандай бурутту
Ай-ааламга тең кылган.
Далай-далай арсландын
Алышканын ар качан
Акырында талкалап,
Кара жер менен тең кылдым.
Алым келбей бир жанга
Казылган кара көр болдум», -
Деп, ушинтип, эр Манас
Ээрдин кесе тиштенип,
Кызыл чоктой көздөнүп,
Шамал чыгып оозунан,
Жалын чыгып көзүнөн
Каарданып берениң,
Кабылан Манас кыраанын
Сыр найза алып колуна
Кулаган таштай зымырап,
Аткан октой дүңгүрөп,
Каны качып этинен
Качырып келди Мадыны,
Өрттөн кайра тартпаган,
Жоодон коркуп качпаган,
Кытайдын алпы Мадыкан
Күндөй болуп күркүрөп,
Уккан киши калтырап,
Бүткөн бою дүркүрөп,
Качырып калды Манасты.
Качырганын көргөндө,
Кайран Бакай баатырың
Капталынан жетти эми,
Мадыкандай балбанды
Манастан мурун бул жетип,
Бу да муштап өттү эми.
Кан Бакайдын соңунан
Азизкандын Алмамбет
А да сайып өттү эми.

Алмамбет, Бакай эки эр,
Экөөлөп сайып өткөндө
Тизгинен кол кетти,
Чубак менен эр Шууту
Катар экөө жетти эми,
Бирдей муштап өттү эле.
Экөө коюп өткөндө
Мадыкан алпы кытайдын
Үзөңгүдөн бут кетти.
Кабылан Манас канкоруң,
Аккула менен зыргытып,
Мадыканга жетти эле,
Көк буканын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми,
Камданып турган эр Чубак
Алдындагы буканын
Башын кесип өттү эми.
Мадыкан аттан түшкөндө
Тегерегин карабай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чымын жанын аябай:
«Бээжиндин каны өлгөндө
Мен эмине болом, - деп,
Андан көрө аянбай
Мадыканга жетейин,
Калың бурут ичинен
Ажыратып кетейин», -
Деп, ошондо Коңурбай
Жан аябай бакырып,
Урааны экен кытайдын:
«Мөндү, мөнду, мөнду!» - деп,
Мөндүлөп ураан чакырып,
Мадыканга жетерде,
Ажыратып кетерде
Кайра тозду эр Сыргак.
Ошол чакта эр Бакай
Ач болотун колго алып,
Айкырып мурун жетти эми,
Жеткен жерден Мадыны
Башын кесип өттү эми.
Эр Мадыкан өлгөндө,
Баштагыдан миң эсе
Зору келип калыптыр,
Какайлап ураан чакырып,
Калың кытай баарысы
Чогуу келип калыптыр.
Атка оюнчу, жөө күлүк
Кытай бузуларда чыгуучу,
Казыналык чоң мерген

Аяры келип калыптыр.
Каканчында кытайдын
Бел кылганы ал экен,
Кармашканда жоо менен
Дем кылганы бул экен.
Мергендиги эң кыйын,
Айсыз кара түнүндө,
Сунган айза учунан
Жаңылбай аткан эр экен,
Муну Чоң Аяр мерген дээр экен
Кырк кан эли кытайга
Кыстоо түшүп турганда,
Карыкан буйрук кылганда,
Балдарды жыйып алганда,
Алмамбети баш болуп,
Алты миң бала барганда,
Алты миңи кырылып,
Алты бала калганда
Алтоонун бирөө бул экен,
Алмамбеттин өнөргө
Үч ай өксүп жетпеген
Кемчилиги бар экен,
Үч ай окуп толтурса,
Мунун билген билими
Алмамбетке тең экен.
Чоң мергендин келгенин
Эр Алмамбет көрдү эми,
Көрүп алып Алмамбет
Мергендин сырын билген соң,
Күндү жайлап турду эми,
Жайлаган күнүн жаадырбай,
Мергенди кудай урду эми,
Безбелдек учпас талаада
Калың уруш кылды эми.
Саадагын сая тартарда,
Салтанаттуу Чубакты
Чоң мерген жетип атарда,
Ак бараң мылтык бетке алып,
Азыр ирмеп иерде,
Кара калпак кыргагы,
(Кайдан жетти ошондо),
Кан Манастын Сыргагы
Аткан октой жетти эми,
Чоң Мергендей баатырды
Керчунак тулпар үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Аркасынан миң мерген
Ажыратып алганча,
Аңдып турган Алмамбет

Жойболотту бир шилтеп,
Жоюп башын кести эми.
Эр Алмамбет кабылан
Жердин жүзү сел болуп,
Кара кан агып көл болуп,
Кайсы экени билингис
Катуу согуш болду эми.
Топурак учуп, чаң каптап,
Адамдын көзүн бүтөдү,
Бири өлсө, миңи жабылып,
Кайтадан кытай күчөдү.
Чоң Ылама калмагы
Кытайлардын кызыл туу
Кыйшайтпай кармап алыптыр.
Ажыбай түшүп калганда,
Астындагы Күрөң ат
Кытайга түшүп кеткенде
Олжо кылып Ылама
Аны минип алыптыр.
Ыламаны көргөндө
Азизкандын Алмамбет
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыраанындай кийинип,
Таш сайынган кытайдын
Тазасындай кийинип,
Ыламага жетти эми,
Жетер замат Алмамбет
Карткүрөңдүн үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Айбалта алып колуна
Арслан Сыргак жетти эми,
Жеткен жерден беш башка
Ыламадай калмакты
Бөлө чаап өттү эми.
Желегин жерге тийгизбей,
Жеткилең мыкты Алмамбет
Саралага камчы уруп,
Ала качып өттү эми.
Бөлүнүп жалгыз жол менен
Бээжин жакка бет алып,
Кызыл туусун көтөрүп,
Калмак болуп калдырап,
Кытай болуп балдырап,
Качып Алмаң калганда,
Бул амалды салганда
Темир торун жыялбай,
Теги кытай, көп манжуун
Тең болуп казат кылалбай,
Чаң асманга буркурап,

Калың кытай, көп манжууң
Качып калды баарысы
Качкан туунун артынан
Бээжинди көздөп буркурап,
Канча-канча быткылды
Ашып кытай баратат,
Ит урушун кылышып,
Качып кытай баратат.
Кытай качып калганда,
Качкан жоо катын эмеспи,
Карап Манас турабы,
Арт жагынан качырып,
Сүрүп кетти зор Манас.
«Каңгайда калың кытайды
Бээжинге жете сүрбөсөм,
Айза сунуп, тоо бузуп,
Ажал келсе окко учуп,
Кырмызы көйнөк, жал-жал көз,
Кыйын сулуу кыздарын
Кошуунуна бербесем,
Алтын дилде, жакуттан
Ушу келген көп колго
Олжо кылып баарына
Камчыга ченеп бөлбөсөм!»
Каарданып кан Манас,
Камап калган кези экен,
Тегерегин эр Чубак
Айдап алган кези экен.
Бир жак четин кан Бакай
Сүрүп айдап баратат,
Бирин артка таштабай,
Ылаачын тийген таандай,
Ар жагына бир чыгып,
Бу жагынан качырып,
Калың кытай, сан колду
Сүрүп кетип баратат.
Артынан сүрүп киргенде,
Каканчындын Бээжинге
Какайлатып кытайды
Кырып-жоюп, сүргөн жер,
Кытайдын канын чачкан жер,
Кыргыздын жолун ачкан жер!
Кылчайып согуш кылалбай,
Кыргыздарга туруштук
Калың кытай бералбай,
Каканчындын Бээжинге
Калың колу чуркурап,
Баары жалпы качкан жер.
Талаага өлүп, жан толуп,

Далай тулпар бош калып,
Калың кытай черүүсүн
Кайраттанып эр Манас
Айдап сүрүп барганда,
Кытайлардын Коңурбай
Астынан тозуп Манастын
Каршы чыкты ошондо.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Келберсиген кыраан эр,
Айза сайган ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыктуу кул,
Астынан чыгып Манастын
Алгара оозун буралбай,
Айбаты артык көк жалдын
Астына каршы тура албай,
Кыйкырып айза суналбай,
Кымындай такоол бералбай,
Акыл ойлоп, Коңурбай
Ээр белдей белести
Ашып калды көрдүңбү,
Манастын каарын көргөндө
Шашып калды Коңурбай,
Бээжинди көздөй дыр коюп,
Качып калды Коңурбай.
Эр Калчаны көргөндө
Акылынан шашкан жок,
Аянып Манас турган жок.
Жалын чыкты оозунан,
Өрт төгүлдү көзүнөн.
Астыга салып кубалап,
Кетип барат жарышып,
Бөлүнүп колдон алышып,
Эчен-эчен белести
Ашып барат Коңурбай,
Энтелеңдеп Манастан
Шашып барат Коңурбай.
Качкан жерин карасаң,
Адыр-адыр бел эле,
Ошол белдин ар жагы
Кырк күнчүлүк чөл эле.
Куу учканда канаты,
Кулан жүрсө туягы
Күйүп кеткен чөл эле.
Чык эткенде суусу жок,
Чымчып жээрге чөбү жок,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган
Жерге сала качты эми,

Аккуланы көргөндө
Коңурбай акылынан шашты эми,
Чыны менен качты эми.
Эңкейиш жолго киргенде,
Коңурбайдын Алгара
Букадай мойну бултулдайт,
Өр таяна келгенде,
Манас кандын Аккула
Чакмактай көзү жылтылдайт.
Эңкейишке киргенде,
Коңурбайдын Алгара
Эликтей колу сайылат,
Өөдө жерге келгенде
Манас кандын Аккула
Жал-куйругу жайылат.
Эң ылдыйга келгенде
Кечилдин каны Коңурбай
Узап кетет закымдап,
Өөдө жерге келгенде,
Кадимкидей кан Манас
Кирип барат такымдап.
Такымдап Манас барганда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Такыр жандан түңүлүп,
Алдындагы Алгара
Шашканынан Коңурбай
Олбуй-солбуй камчылап,
Оңду-солду теминип,
Нече-нече чөл-кыя
Ашып качып баратат,
Манас жакын калганда
Кайран жандан түңүлүп,
Шашып качып баратат.
Артын Калча караса
Манас кандын Аккула
Омбул-домбул түйүлүп,
Оңко аткандай жүгүрүп,
Машаадай мойну ийилип,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Ооздугун каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,

Башын жерге салыптыр,
Тоңкочуктап жер чулгап,
Эти кызып алыптыр.
Коргошундай Манасты
Корголдой кылып көтөрүп,
Опол-тоодой Манасты
Омурткадай көтөрүп,
Баскан ташы быркырап,
Учкан куштай зыркырап,
Келе жатат аркырап,
Үстүндөгү Манастын
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Кан ичмейи кармаптыр,
Мундай туруп көргөндө,
Кайратына келгенин
Калча анык билгенде,
Кара жанын аябай,
Качып барат Коңурбай,
Ит жүрбөс кыя, далай бел
Ала качты Коңурбай.
«Эсенкандын дарбаза
Эптеп кире качсам», - деп,
Сала качты Коңурбай.
Дарбазага жеткиче
Алты күндүк жол ошол,
Кыбыр-жыбыр бел ошол,
Кулунунда Алгара
Оюн салып чоңоюп,
Адис болгон жери ошол.
Калчанын минген Кара аты
Айбандан бөлөк мал экен,
Капталында канаты,
Алдадан ажал жетпесе,
Колу сынып кетпесе,
Качан болсо Калчаны
Куткара жүргөн адаты.
Артына түшүп көгөрүп,
Айза оңдоп имерип:
«Жетип кулду сайсам», - деп,
Кууп калды эр Манас,
Түзөң жерге барганда
Түп этектен Калчаны
Алмак болду эр Манас.
Эшилме кумдуу, Чалкак-Бел,
Чалкак-Белге жетерде,
Жандай салып Аккула
Алгарадан өтөрдө,
Айкырып Манас арсланың
Сыр найзаны көтөрду.

Эшилменин Чалкактан
Эңкейип Калча дыр койду,
Бери жактан эр Манас:
«Оң далынын чети, - деп,
Өпкө-боор бети, - деп,
Айза менен бир койду.
Денеге айза тийгизбей,
Теги Калча эр экен,
Ар кескен сууруп имерип,
Айкөлүңдүн айзасын
Ортосунан Коңурбай
Үзө чаап жиберди.
Айзакерден ыктуу эр,
Кысталыштын күнүндө
Жоонун айласын билген мыктуу эр,
Кабыландын Аккула
Кайыптан бүткөн мал экен.
Жетип калар бекен, - деп,
Эптеп кестим айзасын
Эми жетип Манасың
Кармап алар бекен, - деп,
Кармаса Манас оң кылбайт,
Каран күн жанды соо кылбайт.
Колуна түшсөм кокустан,
Ичимди жарып салабы,
Ичимдеги кызыл кан
Суудай агып калабы!» -
Деп, ошонтүп, Коңурбай
Чындап качты закымдап,
Манасыңдын Аккула
Жетип барды такымдап,
Качып барат Коңурбай,
Чет-Бээжинде салынган
Капкасына жакындап,
Арт жагынан арыштап,
Аккула барат такымдап.
Ободон жылдыз козголгон,
Алмамбет качып келгенде
Манас менен анташып,
Көңүлү деп, дос болгон.
Жанын таштап, эр Манас
Калчаны кууп калганын
Капкайдан Алмаң көрдү эми:
«Айласы зор Калча кул
Капкадан эми кирет, - деп,
Ала көөдөн эр Манас
Капкага кошо кирет, - деп,
Кайра чыкпай капкадан
Ажалы анын жетет, - деп,

Капкага кирсе кан Манас
Капырды кудай урат, - деп,
Кан Манасты өлтүрүп,
Өрт өчкөндөй кылат, - деп,
Ала көөдөн киши эле,
Анык майып болот», - деп,
Ошонетип эр Алмаң,
Алыстан көрүп кабылан
Дарбазага киперде,
Калың кытай, манжуунун
Колуна Манас тиерде,
Дарбазаны жабарда,
Алтымыш кытай, көп калдай
Манастын башын аларда,
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип келип Алмамбет
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Эр Манасты булкунтуп,
Илип алып чылбырдан
Кайра тартып кеткени.
Арсланым, теңелбегин Калчага!
Карарып жаткан кара бел -
Адам ашар бел эмес,
Алөөкөнүн Коңурбай
Адам ойноор эр эмес.
Калчанын минген Кара аты -
Карчытында канаты.
Канаттуу куш болбосо,
Айбан атка жеткирбес -
Алгаранын адаты.
Чуркашына мал жетпейт,
Канаттуу куш болбосо,
Алгарага жан жетпейт!»
Ошентсе Манас барбактап,
Капа кылып Алмаңды
Каарданып дардактап:
«Койчу, Алмам, кебиңди!
Өз кебиңди жактайсың,
Коңурбайдын Алгара
Мунча неге мактайсың?
Чалгын чалса чарчабай
Оорукка калса оорунтпайт,
Астындагы Сарала,
Коңурбайдын Алгара
Сараладан күлүкпү?
Алты ай минсем арыбайт,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун сайып карыбайт.
Чын мүчөсүн карасаң

Кара байыр, казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Кайберенге кабылган,
Он экиге келгенде
Ошондо мага табылган,
Аккуладан күлүкпү?
Чын ажалы жетнесе,
Чындаган жоого алдырбай,
Чындап кудай урбаса
Мингенин өрткө чалдырбайт.
Эр Чубактын Көкчебич
Көкчебичтен күлүкпү? »
Ушундай деп, жулкунуп:
«Коё бер» - дейт алкынып.
«Кыраан Манас, оңбой кал,
Качан болсо тил албай,
Казмак болдуң орумду,
Кайнатмак болдуң кабылан,
Капкайдагы шорумду.
Ачылып турган дарбаза -
Эсенкандын эшиги,
Эптеп жүрүп амалдап,
Эрдин шорун кайнатып,
Качан болсо Калчанын
Кыла жүргөн кесиби.
Калп жеринен Калча кул
Качымыш болуп калбайбы,
Калаасына киргизип,
Каранды Калча салбайбы!
Ар жагында кытайдын
Камдап койгон балбандар
Эшикти бекем жаппайбы,
Эсебиңди таппайбы!
Эсил жаның барганда,
Эригип жаткан балбандар
Айбалталап башыңды
Эше-эше чаппайбы,
Эсердиктин саатынан
Эсил жан өлүп жатпайбы!
Белгилүү Бээжин жер ушул,
Бейпайды көрүп арсланым,
Сага барган мен ушул.
Кыргындан кытай түгөнбөйт.
Топон суу тоздоп кирбеген
Тозоку кытай эл ушул,
Тобуңдан эркин бөлүнүп,
Тозокту салба сен ушул!» -
Деп, ошонтүп, Манасты
Ээликтирип жулкунтуп,

Оолуктуруп булкунтуп,
Кармап чыкты Манасты.
Музбурчак, Көкчө кандары,
Сыргак, Чубак эрлери
Калың кытай черүүсүн
Айдап келген кези экен,
Миңден бөлүп кытайды
Ийрип калган кези экен.
Кырып-жоюп кыйратып,
Ителги тийген таандай
Тийип жүргөн кези экен.
Каканчындын Бээжинде
Какайлашып кытайлар,
Кайрат кылбай качышып,
Чоң-Бээжинди бет алып,
Жайнап калган кези экен.
Ааламдын баары жыйылып,
Ажалы жеткен кырылып,
Ар бир мыкты жигиттер
Олжосуна айдашып,
Алты жүздөн ат алып,
Алалбаган жамандар
Алтыдан, бештен ат алып,
Артына түшүп кытайдын:
«Манас!» - деп, айтты бакырып,
Ортосун карай ошондо
Оюп алган кези экен,
Кайрат кылган мыктысын,
Канкор баатыр кырк чоро
Союп калган кези экен.
Кара кумдай кытайды
Кабылан Бакай сапырды,
Сапырып сүрүп кеткенде
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Жер айрылып дүрүлдөп,
Он эки кандын көп колу
Канча бөлөк бириндеп,
Канча урук жан келген,
Мекедеги Айкожо
Кошууну менен бул келген.
Буйрук кылып эр Манас,
Алдындагы белеске
Арслан туусун орнотуп,
Алышканын токтотуп,
Ала чапан Айкожо
Айкырып азан салды эле,
Өлгөнүнөн калганы
Азан үнүн угушуп,
Туу түбүнө барды эле.

## 32 Кытайдын жеңилип Манасты Чет Бээжинге кан көтөргөнү[8]

Добулбасты кагышып,
Өлгөндөн калган бусурман
Чогулушуп алышып,
Канды катка салышып,
Калк эсебин алышып,
Элүү башы, он башы,
Жүз башы менен миң башы
Баары турду эсептеп,
Кошунум келген жолдошуң,
Калк атасы кан Кошой
Калк каттаткан ал болуп,
Эштектердин Жамгырчы
Эсептеген бул болуп,
Ордолуу шайык көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң
Кыйма чапкан жол эле,
Эки санча кол эле.
Эчен мыкты киши жок,
Эл эсебин алганда
Жарым санча адам жок.
Музбурчак, Көкчө - эки кан,
Булардан өлгөн далай жан.
Шыгай менен Бокмурун
Ок жаңылып аты өлгөн.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө шок!
Аты калып, башы аман,
Жаралуу болгон далай жан.
Кошой менен Үрбүнүн
Колун жоктой келгенде
Жарымчалык колу жок,
Жабыла уруш кылганда.
Кытай кыстап турганда,
Маңдайына келгенди
Кошуун минтип көрүптүр,
Ушул катуу согушта
Он эки кандын колунан
Далай киши өлүптүр.
Он эки кандын баш-башын,
Баарын жоктоп келгенде
Элемандын Төштүк жок,
Кырк чорону жоктосо
Белгилүү берен Чубак жок,
Белдүү сырттан чунак жок!
Кырк чоронун кырааны,

[8] Түп нускада мындай тема жок

Кыйын көк жал Чубак жок,
Баары кандын баасы
Баатыр Төштүк ынак жок!
Калың уруш-кагышта,
Кан агызган салышта
Азапты булар көрдүбү,
Же ажалы жетип эки шер
Алышып жүрүп жоо менен
Ара жерде өлдүбү?!
Көмүлбөстөн көрүнбөй,
Эч кабары билинбей,
Мындай кокуй болчу экен!
Көгала ат тулпарды
Көлдөгөн кытай калың журт
Олжого алып койдубу?
Кан Балтайдын Чубагын
Кармап алып көп кытай
Эки көзүн ойдубу,
Көмүлбөстөн денеси
Карга, кузгун, сагызган
Кайран Чубак арсландын
Ак этине тойдубу!
Өрттөй жанган эки көз
Куркулдап кузгун ойгон го,
Каалгадай кашка тиш
Карганын богу болгон го!»
Ушинтип Манас күпүлдөп,
Кан ичмесин карматып,
Тоодон учкан чоң таштай,
Жер айланып дүпүлдөп:
«Өлгөнүңдөн калганың,
Чогулгун!» - деп, эр Манас,
Баарын жыйнап алганы.
Айкожо, Кошой баш болуп,
Он эки кандын көп колу
Чогулушуп калганы.
Журт чогулуп келгенде
Түтүн чыгып оозунан,
Манастын катуу арманы.
Бетинен тешип түк чыгып,
Калың турган көп кошуун
Канкор Манас каардап,
Жутуп ие таштады.
«Катагандын кан Кошой,
Кошо мында турасың,
Чубак менен Төштүк жок,
Калың турган көп кошуун,
Кандай айла кыласың?
Акбалтайдын Чубагы -

Эгиз козу түгөйүм,
Эр Чубактан айрылып,
Эми кантип жүрөйүн?!
Акбалтайдын Чубагы -
Астыма жүрсө акжолтой,
Алышкан жоодо сан колдой,
Бел байлаган беренім,
Мээнеттүү башка күн түшсө,
Белгилүү Чубак керегим!
Эр Чубактын дартынан,
Баатыр Төштүк зарпынан,
Кайнап жаткан кытайга
Кайтадан согуш салбасам,
Чубак менен Төштүктөй
Миңинин башын албасам!
Канатымды чалдырып,
Кайратымды алдырып,
Калың кытай, манжуудан
Кантип тирүү кетемин,
Кайгы менен Таласка
Кантип эсен жетемин?!»
Муну айтып эр Манас,
Кызыкты жана баштады,
Санаа тартып чуркурап,
Карап турган калың кол
Кырылып кете таштады.
Кейип-кепчип көп айтып:
«Эми канттик», - деп айтып
Туйлап жүргөн мындан көп.
Азапка дагы калдык, - деп,
Арттагы катын-баланы
Анык көрбөс болдук, - деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
«Дагы уруш болот, - деп,
Эми уруш болгондо
Кытай көздү оёт, - деп,
Баарыбызды кырат», - деп,
Баары турду чуркурап,
Муну айтып көпчүлүк
Баары калды жатышып:
«Эртең уруш болот», - деп,
Баары санаа тартышып,
Тулпарынын баарысын
Байлап койду жайдактап,
Акканкыны жазданып,
Күн батышты баштанып,
Калың колдун баарысы
Куш уйкуну салды эле,
Асмандан жылдыз бириндеп

Таң каракчы билинип,
Таң жылдызы батарда,
Таң кашкайып атарда,
Жатып калган калың кол
Жапырт туруп алды эле.
Ала чапан Айкожо
Алдалап азан салды эле,
Дин бусурман баарысы
Чогулушуп калды эле.
Колун сууга салды эле,
Кол дааратын алды эле,
Бутун сууга салды эле,
Бут дааратын алды эле.
Экөө сүннөт, экөө парз,
Төрт ирекет багымдат
Кулак кагып баарысы,
Алдында ыймам Айкожо,
Башында Кошой карысы
Кыбыланы бет алып,
Окумакка турду эле,
Амаз окуп болордо,
Жаңы салам берерде,
Кыргынды Чубак салыптыр,
Кырылышып кан менен
Манжуунун каны Эзкара,
Эзкараны баш кылып,
Кырк төрөсүн кытайдын
Кыраан көк жал Чубагың
Жалгыз байлап алыптыр.
Бел-белинен бүктөтүп,
Эки-экиден тең кылып,
Аттарына төрөнү
Чубак жүктөп алыптыр,
Кан Манастын алдына
Тартуу алып келиптир,
Чубакты Манас көрүптүр.
Чубакты Манас көргөн соң,
Амазды бузуп барбактап,
Тура калды эр Манас
Сүйүнгөндөн дардактап:
«Аппак кожо, Айкожо,
Кереленип каласың,
Кечке окуу саласың.
Бейишиңди өзүң ал,
Береним Чубак келатат!
Созолонуп окуйсуң,
Адамдын денин талытып,
Султаным Чубак келатат.
Сообуңду өзүң ал,

Солтонум Чубак келатат!
Амазыңды өзүң ал,
Артыгым Чубак келатат.
Азанды айтып аласың,
Азапка элди саласың,
Алаксытып коёсуң,
Султаным Чубак келатат!
Кырк чоронун арсланы
Кырааным Чубак келатат,
Баарысынын баасы
Баатырым Чубак келатат!»
Сүйүнгөндөн бакырып,
Астынан чыгып, эр Манас:
«Эр Чубак!» - деп чакырып,
Ошондо Чубак кайран шер:
«Кырк кандын эли кытайга
Кыргын сала бердим, - деп,
Кызыктуу сенин башыңа
Кырк төрөсүн кытайдын
Эзкарасын баш кылып,
Эр Манас, сенин астыңа
Тартуу кылып келдим», - деп,
Көгала менен чуратып,
Айдап келген кытайды
Айза менен сайгылап
Ары-бери койгулап,
Аттарынан оодарып,
Түшүрдү баарын эр Чубак.
Муну көрүп эр Манас,
Колго түшкөн төрөгө
Ачуусу келип чамынып,
Башын чаап алмакка
Манас турду камынып,
Арачалап кандары
Манасты тутту жабылып.
Кара тилдүү чечен кул
Карап турду Эзкара,
Кан Манастын алдына
Сайрап турду Эзкара:
«Баатыр, өлтүрсөң мени айла жок,
Мени өлтүрүп таштасаң
Кылдай сага байда жок!
Өлтүрбөсөң өзүмдү
Кыл дегениң кылайын,
Кызматыңда турайын.
Кымын жаным өлбөсө,
Кыраан Манас өзүңө
Кылча жаным аябай,
Кыл дегениң кылайын, Манас!

Сен туулган мезгилде, Манас,
Кыргыздын эли сүйүнгөн,
Атыңды Манас койгондо,
Ааламга дайын болгондо
Бээжиндин каны Карыкан
Кабарың угуп күйүнгөн, Манас,
Күйүнүп калган себеби -
Бээжиндеги дарбаза
Белгиленип чийилген, Манас,
Берендигиң укканда,
Бээжиндин журту кейиген, Манас!
Мен санжыргалуу Бээжинге
Салылуу коргон там элем,
Бакай сизге керекпи,
Бакайыңча бар элем!
Мени өлтүрбө, кан Манас,
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын өзү элем,
Кара чоктуу калмактын
Караган кара көзү элем,
Кырк кандын эли кытайдын
Кыраанынын өзү элем!
Өлтүрбөй мени бек байла,
Кабар бергин каныма,
Каканчындын шаарына!
Эсенкан кызы Бурулча
Кызын тартуу кылайын,
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал
Узду тартуу кылайын!
Чет-Бээжиндин көп манжуу
Элимди тартуу кылайын,
Алтын кеним чайлуу тоо
Жеримди тартуу кылайын!
Айландыра чеби бар
Шагымды тартуу кылайын,
Атагың калып минерге
Тагымды тартуу кылайын!
Ээлигип Манас, өлтүрсөң,
Кара жерге киремин.
Ойлоп турчу, эр Манас,
Кокустан мени өлтүрсөң,
Кыяматка жеткиче:
«Кан өлтүрдү канды», - деп,
Басылбайт менин дүмөгүм.
Муну айтып Эзкара
Какшап сайрап турганда,
Кан ичер канкор Манастын
Кан ичмеси кармады,
Сууруп алып кылычты

Арсландай көзү жайнады,
Ажыбай менен кан Бакай
Арага түшүп Манастын
Кылычын булар кармады.
Кылычын кармап турганда,
Алтын айдар, чок белбоо,
Адис болгон Бээжинге,
Азизкандын жалгызы
Алмамбет келип сайрады:
«Берениm, Манас, жан соога!
Бейжайга тийбей тилимди ал,
Кытайдын каны Эзкара -
Манжуунун баатыр каны ушул,
Кырк кандын эли кытайдын
Карыкандан кийинки
Баш ийүүчү жаны ушул,
Эзелден Бээжин шаарына
Эсепсиз артык дагы ушул,
Акыл таап берүүчү,
Айгайлаган кытайдын
Бакай өңдүү эри ушул.
Өлтүргөн менен байда жок,
Калың колго байге жок,
Андан көрө тилимди ал,
Эзкара колго алалык,
Кырк төрөсүн бекитип,
Эсенканга элчиге
Ажыбайга биз кошуп,
Бир төрөсүн берелик.
Берип койсо Бээжинди
Берениm, сенин өзүңдү
Таажы ороп башыңа,
Такты коюп астыңа
Кан көтөрүп салалык!
Бээжинди кытай бербесе,
Байлоодо жаткан Эзкара,
Төрөлөрүн биз кошуп,
Анан кийин кыралык.
Кырып туруп буларын
Калың кытай Бээжинге
Кытайдан согуш салалык,
Чет-Бээжинин талкалап,
Чоң-Бээжинге тыгалык,
Ардактаган Бээжинге
Анык азап салалык!
Кырып, жоюп, эл-журтун,
Алтын, күмүш, көөрүн
Анан талап алалык,
Кең-Кол менен Таласка

Караламан көп элге
Олжо менен баралык!»
Мындай сөздү укканда
Кан Бакайы баш болуп,
Кеңеш кылып баарысы
Чогулушуп алды эми.
Ошондо туруп Алмамбет:
«Айзакерден ыктууң кел,
Артык чечен мыктууң кел,
Бөрүдөй кара көгүң кел,
Убадага бегиң кел,
Акылга зор каның кел!
Атпай кошуун баарың кел,
Көптү көргөн карың кел!»
Мындай кепти укканда,
Калың колдун баарысы
Алмамбеттин үстүнө
Баары келди чогулуп,
Он эки кандын баары аман,
Ичинде Кошой кары аман.
Каканчындын Бээжинге
Аянбай согуш салыптыр,
Суук-Төрдүн өрдөшкө,
Элемандын эр Төштүк
Кытайлардын миң балбан
Бөлүп айдап алыптыр.
Камап алып баарысын
Бүткүл кырып жиберип,
Сегиз жүз күлүк тулпарын
Олжолоп айдап алыптыр.
Элемандын жалгызы
Ойронду минтип салыптыр.
Өзү эсепсиз анык эр экен,
Тогуз уул кенжеси -
Анык сырттан шер экен,
Олжологон тулпарды
Оён Манас алдына
Тартуу кылган кези экен.
Бу тартууга аралаш
Жоголгон Төштүк табылып,
Жолдуу болуп калың кол
Абийири андан жабылып,
Он эки кандын баарысы
Кепти ортого салганда
Кеңеш-акыл табылып,
Баш көтөрүп кыйгаштап,
Катагандын кан Кошой,
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,

Эсепсиз кыйын сөз болсо,
Түйүнүн чечкен эр Кошой,
Эрегишкен шер болсо,
Эңсесин кескен эр Кошой,
Боз ала куштай баркылдап,
Он эки кандын элине
Баарына айтты мындай деп:
«Темир соот, ок өтпөс,
Кийгениң баргын Бээжинге,
Кеп түйүнүн чечүүчү
Билгениң баргын Бээжинге!
Башыңа жаман күн түшсө
Капаланып кайгырбас,
Кыраанын баргын Бээжинге,
Кара тилди кайраган,
Камыкпастан сайраган
Эрениң баргын Бээжинге!
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбай сөздү айтуучу,
Чечениң баргын Бээжинге!
Кимиң барсаң, аның бар,
Аянбай кепти айтып бар!
Белекке берсе Бурулча
Бейтаалайды алып кел,
Белекке кызын бербесе:
«Элчиге өлүм жок» - деген,
Көп кечикпей кайтып кел,
Бээжинден көргөн жамандык
Көргөнүңдү айтып кел!»
Минтип айтып, Кошой кан
Сөздү айтып турганда
Он эки кандын көп колу
Тапкычташып табышып,
Кепти ортого салышып,
Он эки уруу журт экен,
Урук кууп калышты.
Элчиге бирөө чыкпастан
Сары оорудай саргарып,
Кудай уруп салышты.
Өлүп калчуу эмедей,
Бир бирине корголоп,
Коргологен себеби -
Каканчындын Бээжинде
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар.
Бекип жаткан бели бар,
Бел байлап жаткан жери бар.
Барган жан кайта тартпаган,
Тирүү адам кайтпаган

Муна мундай жери бар.
Бээжинге элчи барууга
Он эки кандын кеби бар,
Элге жооп берүүчү,
Эштектердин Жамгырчы
Муна мундай беги бар.
Жамгырчы туруп кеп айтат:
«Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Улук Бакай барсын, - деп,
Көгала калкан ойногон,
Көк жал Бакай барсын, - деп,
Ушу турган кытайга
Ай караңгы түн барат,
Арслан Бакай болбосо
Андан бөлөк ким барат?!»
Ошонтүп айтып Жамгырчы,
Антип айтып турганда,
Айза менен сайгандай
Ыргып туруп ордунан,
Кылыч алып колуна,
Кыйкырып турду кан Манас:
«Элчиге Бакай барганда
Калың кытай чогулуп,
Капасына салбайбы!
Эзкара менен Бакайды
Айырбашка албайбы!
Анан азапка журтум калбайбы!
Камоодо Бакай калганда,
Ойлоп көрчү калың журт,
Башыңдан туман кетеби,
Алтын менен дилдени
Жыйып берсек кытайга,
Бакайдын кунуна аалам жетеби!
Колго Бакай түшкөндө
Тамына бутун артпайбы,
Кытайдын дардаң күүсүн тартпайбы,
Келсең кел, бурут дебейби,
Мына мындай дебейби!
Манас мындай деген соң,
Калк ойлонуп туура, - деп,
Манас кандын бул сөзүн
Элдин баары эп көрдү:
«Эштектердин Жамгырчы
Минтип жүрсө кызыталак
Кыйла азапка салат», - деп,
Элдин баары жек көрдү.
Аргынкан уулу Ажыбай,
Артык туурган туйгундай.

Караңгыда көз тапкан,
Капилет жерден сөз тапкан,
Кан Ажыбай бек ошол,
Башка кыйын иш түшсө
Айла табар эр ошол,
Жетимиш уруу тил билген,
Жеткилең чечен уул ошол.
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Карткүрөңдү мингизип,
Эки миздүү таш кесер
Ичинен кылыч илгизип,
Элчиге Эсенканга барууга,
Бурулчаны алууга
Ажыбайды жүргүздү.
Бээжинге кабар салсын, - деп,
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Кара токой мал эткен,
Кулаалы таптап куш кылган,
Курама жыйнап журт кылган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Жарды жүрүп байыган,
Кум жыйналып, таш болгон,
Куралган журтка баш болгон,
Эйбит кандын эр Үрбү
Артык чечен жан болгон,
Ажыбай менен барсын, - деп,
Жан жолдошу ал болгон.
Ажыбай, Үрбү кошулуп,
Элчиликке барууга,
Эсенкандын алдына,
Не деген жооп алууга
Жүрүп кетти бул экөө.
Экөө бара жатканда
Кабар барган канына,
Кан Эсенкан алдына,
Калайман түшүп калыптыр,
Эсенкандын шаарына.
Кырк кан эли кытайга
Кыстоо салып жыйдырган,
Теңи кирпич, теңи таш,
Эсенкандын шаарына
Ошондой мунар кылдырган.
Эсенкандын ичине
Коркунуч түшүп калыптыр:
«Кан Манас менен Алмамбет
Экөө келип калыптыр,
Кыргыздын эли кытайды

Кырып-жоюп талкалап,
Бээжинди камап келди», - деп,
Кабар угуп калыптыр.
Ал кабарды уккан соң,
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң
Эсенкан менен Коңурбай
Баягы турган мунарга
Төртөө чыгып алыптыр,
Ажыбай, Үрбү - эки элчи
Аны көрүп калыптыр,
Алөөкөнүн Калчасы
Аларга сөздү салыптыр:
«Элчиге келген буруттун
Экөөн бирдей соёюн,
Алмадай башын чабайын,
Эсебин минтип табайын.
Каканчындын чоң канга
Кайта кабар салайын,
Толгон кытай, көп журтту
Толук жыйып алайын.
Толуп журтум келгенде
Колодон кылган бурканды
Аса байлап алайын,
Алдынан элди чубатып,
Ушул эки бурутка
Анан азап салайын».
Коңурбай мындай дегенде,
Эсенкан турду күпүлдөп,
Оолуга түшүп түпүлдөп:
«Калча десем Коңурбай,
Барбактап калат экенсиң!
Ойлосоң боло, Коңурбай,
Өзөндөн күйгөн өрт жаман,
Өзүңдөн качып кетти эле,
Өрттөнгөн Алмаң ит жаман!
Бул элчини өлтүрсөң:
«Элчиге өлүм жок» - болот,
Түгөнүп чантуу калабы?
Камап келген кан Манас
Качып сенден турабы?
Каканчындын Бээжиндин
Калаба салып Алмамбет
Жылкысын тийип алганда,
Кечилден түмөн кол бердик.
Алмамбет дүмөк салганда,
Жылкыңды тийип алганда,
Кечүүдөн тозуп урушуп,
Алмамбетке тең болбой,
Кайра тарттың, Коңурбай!

Капкага кайра келгенде
Күпүлдөп калат экенсиң,
Ааламды бузуп ийгендей,
Түпүлдөп калат экенсиң!
Уялуу журт ал ошол,
Бурутту бузук кылат, - деп,
Бу жерге Манас келет, - деп,
Билип жүргөн мен ошол.
Бул элчини өлтүрсөк,
Эгерим Манас оң кылбайт,
Экөөбүздү соо койбойт,
Экөөнү мында өлтүрсөк,
Артындагы бурутту
Кайта баштан жыйбайбы,
Каканчындын Бээжинде
Калың манжуу, кытайды
Кайта баштан кырбайбы!»
Эсенкан мындай дегенде,
Каарданып калдактап,
Таарынып калды Коңурбай,
Эсенканга дердектеп:
«Мен Чет-Бээжин турун нетейин,
Түп-Бээжинге кетейин!
Кадыр билген Карыкан,
Карыканга жетейин
Жин-беринин Кан-Тоосу
Ошондон берки кытайды
Такыр жыя кетейин,
Түбүнө түрө жетейин,
Түбүнөн бери бурутту
Түгөл кырып кетейин!»
Каарданып Коңурбай,
Талак кылып Чет-Бээжин
Ашын кетти көрдүңбү,
Кырк кандын зору чоң канга
Кыстоо түшүп, Калча кул
Качып кетти көрдүңбү!
Чет-Бээжинге Эсенкан,
Эсенкандын дарбаза -
Эки элчи ошондо
Булар жетти көрдүңбү?
Эсенкандын дарбаза -
Эшиги эпсиз тар экен,
Суук киши кирбеген
Зыйкырчысы бар экен.
Бир жагынан караса -
Ажыдаар турат тартканы,
Бир четинен караса -
Мергени турат атканы.

Бир жагынан караса -
Каманы турат чалганы,
Бир жагынан караса, -
Жолборсу турат жарганы,
Бул өңдөнгөн зыйкырды
Ажыбай, Үрбү көргөнү.
Ажыбайдын Карткүрөң
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү мал экен,
Асыйын санап келгенде
Алтымыш асый мал экен.
Баса түшүп жорголоп,
Эси чыгып эр Үрбү
Ажыбайга корголоп,
Коркуп Үрбү калганын,
Эр Ажыбай билди эми:
«Бу жерде коркуп тургандай,
Жердеген Кең-Кол, Талас жок,
Келберсиген Манас жок!
Акылсыз адам экенсиң,
Алдадан буйрук келгенде,
Жебирейил жалаңкыч
Беш колун сунуп турганда,
Менде чиркин өлбөйбү,
Башка салса ар ишти
Менде чиркин көрбөйбү!
Кызык экен шум жалган,
Кызыгын биздер көргөнбүз.
Калың бурут элибиз,
Калкыбыз шайлап койгондо
Кан Кошойдон бата алып,
Элчиликке келгенбиз.
Аттанып бери чыкканда
Аңдачы, айткан сөзүмдү,
Ошондо биз өлгөнбүз!
Коркоонго коргон болучу
Музбурчак, Көкчө кандар жок,
Азап күн түшсө кытайдан,
Ажыратып алуучу
Алмамбет, Чубак дагы жок!
Тирүү эмес, өлүүбүз,
Өлгөн жандын бирибиз,
Жойболот кылыч алалык,
Жоругу жаман көрүнсө,
Тим эле өлүп калганча
Жаздыкты ала жаталык!»
Ажыбай мындай десе да
Коркконун Үрбү койгон жок.
Үрбүдөн кайрат кеткенде,

Арсландай көзүн жайнатып,
Астындагы Карткүрөң
Үрбүгө бекем карматып,
Айтылуу чоро Ажыбай
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган кул экен,
Өткөрө чечен жан экен,
Жетимиш бурку тил тилген,
Акылга дыйкан эр экен,
Жойболотун байланып,
Эсенкандын алдына
Жалгыз кирген бул экен.
Элчилердин адаты -
Эшигинен киргенде
Келиндерче жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Эсенканга баш ийди.
Эсенкандын алдында
Алтындаган дилде так,
Айланасы тактысын
Курчалта тиккен кара бак.
Эшигинин алдында,
Эчен балбан камдалуу,
Жалтанбастан балбандан
Басып өттү Ажыбай.
Эсенкандын жанында
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң
Бирге олтурган кези экен,
Буларга айткан алдында
Ажыбайдын сөзү экен:
«Атактуу Манас эр келди,
Ойротту бузуп олжо алган,
Ортосун бузуп жол салган,
Оён Манас шер келди.
Эр Манастын алдында
Суу ич десе, уу ичкен,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Бузук десе, күүлөнгөн,
Чатак десе, сүйүнгөн,
Жоодон кайра тартпаган,
Өлүмдөн коркуп качпаган,
Сунуп айза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Жер жарылып термелди,
Кан Манастын кырк чоро
Эр Манастын алдында
Кыркы бирдей тең келди.
Атым жалгыз дегендин

Атын союп жеп келди,
Артыктар тийбес Бээжинге
Алышамын, - деп келди.
Жылкыда тулпар ала баш,
Көйкашкасын сурасаң -
Алмамбет, Чубак аты уйкаш.
Эсебин билчи, Эсенкан,
Элчиге мени жиберип,
Эмне кылам, - деп келди.
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча -
Алым жетсе экөөнү
Тартууга алам, - деп келди.
Айтар сөзүм дагы бар,
Кырк чоронун кыйыны,
Кыраан Бакай каны бар,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Ааламга жетет чамасы,
Манас менен бул экөө
Ага-ини баласы,
Айтылуу Сыргак дагы бар.
Ал Сыргактын артынан
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ашкере тулпар ат минген,
Он эки кандын баары бар.
Он эки кандын ичинде
Музбурчак, Көкчө ошо бар,
Кошой, Төштүк кошо бар.
Он эки урук эли бар.
Ыймам болуп бермекке
Мекеден келген Айкожо,
Калың колдун ичинде
Ошо киши кошо бар.
Жетим калган атадан,
Жергелүү журтту бийлеген,
Мааникерди байлаган,
Жердин жүзүн чакырын,
Атасына аш берип,
Арбагын кошо чыгарган,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Бу да колдун ичинде.
Эштектердин Жамгырчы
Эригерлик жан эмес,
Кокон каны Козубек,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек
Аянышар кан эмес,
Бу да колдун ичинде».
Ажыбай сөзүн укканда

Ачуусу келди Эсенкан,
Канча-канча ой ойлоп:
«Ушу келген элчинин
Башын кесип жиберип,
Каптап келген жоо менен
Кыйрашсамбы! - деп ойлоп,
Кызыталак буруттун
Зордугуна көнөмбү,
Айнегим жарык Бурулча
Тартууга кантип беремин?» -
Деп, ойлонуп, Эсенкан
Каарданып турганда
Элчиге келген Ажыбай
Байланган ичтен болотун
Эсенканга билдирбей,
Оңдой кармап оңдонуп,
Башын алып бу кандын
Жаздыгым ала жатам, - деп,
Камынып турду сыр бербей.
Ушинтип турган кезинде.
Эзкаранын алдынан
Байлоодо жаткан кырк төрө
Бошонуп келип калыптыр.
Ошо чакта бир төрө
Тизеси жерге бүгүлүп,
Эсенкандын алдына
Кытайынча жүгүнүп,
Карап турду Шуйкучу,
Кара тилин карандай
Кайрап турду Шуйкучу,
Кан алдында безилдеп,
Сайрап турду Шуйкучу:
«Буруттан айтылуу Манас кан чыкты,
Добушунан жан чыкты,
Телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен,
Кытай журту биз түгүл
Он сегиз миң ааламды
Кырып кетер шер экен.
Кан агызып казатта
Кан Жолойдой эр өлүп,
Башкасын айтып нетейин,
Мадыкан баатыр дагы өлүп,
Эчен мыкты кан өлүп,
Кезиккендин баары өлүп,
Канча түркүн зор өлүп,
Калың уруш салганда
Эзкараны баш кылып,
Жалгыз Чубак чоросу

Байлап алды дүнүйө,
Кырк төрөнүн баарысын!»
Ушундай деп өкүрүп,
Өксөп-өксөп бакырып,
Сайрап турду Шуйкучу.
Шуйкучу минтип турганда,
Ажыбай кепти баштады:
«Бел байлаган белиңди айт,
Бекип жаткан жериңди айт,
Беремин десең чыныңды айт!
«Бербеймин», - деп, сен айтсаң,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча
Алты ай тынбай урушам!
Үстүңдөн чечип тонуң бер,
Астыңан түшүп тагың бер!
Аман калсаң Бээжинде
Алты ай сурак кылууга
Чет-Бээжин өңдүү шаарың бер!»
Алкынып Ажың турганда
Амалы кетти Эсенкан.
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң,
Эсенкан үчөө чогулуп,
Бул акылды кылды эми,
Кызыкты бурут чогулуп,
Салат деген эмине?
Кырк төрөсүн кытайдын
Жалгыз байлап, Чубак кул
Алат деген эмине?
Бул кыргынга кытайды
Салат деген эмине?
Мунарды көздөй камынып,
Буруттун жайын көрөлүк» -
Бул үчөө минтип турганда
Мурун көргөн Бээжинди
Адис болгон Алмамбет,
Айтылуу Манас султанга
Аккуланы мингизип,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө
Аколпокту кийгизип,
Асынганда жарыктык,
Ай далынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда
Алмамбет жандын бардеги.
Жакшы буюм Аккелте
Ай далыга илдирип,
Ошондо Манас көк жалдын

Арсландай көзүн жайнатып,
Каарлантып, булкунтуп,
Кырк чорого карматып,
Бээжинди көздөй жулкунтуп,
Кызыл туусун карматып,
Чогуу койгон бир жерге.
Кан Бакай менен Музбурчак
Кылычын кынга байлантып,
Аны койгон бир жерге.
Анын бери жагында
Эштектердин Жамгырчы,
Элемандын эр Төштүк
Темирден көпкөк тон кийип,
Тегиз тулпар ат минип,
Түбүнө азыр жетчүүдөй,
Коё берсе Бээжинди
Азыр бузуп кетчүүдөй,
Ал бир жерде жулкунуп,
Текши бурут камынып,
Тепсеп кетер эмедей
Тегеректеп жабылып,
Жабылганын көргөндө
Акыл-эсин таба албай,
Алек болду Эсенкан.
Кыялында муну ойлоп,
Жатмак болду Эсенкан,
Кыстоо түшүп башына
Кызына кошуп, миң кызды
Тартмак болду Эсенкан.
Эмине деген сөзүнө
Көнмөк болду Эсенкан,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Бермек болду Эсенкан.
Бир уруу кытай журтуна
Аянбастан кабарды
Салмак болду Эсенкан,
Кароол кандан бир тобун
Жыймак болду Эсенкан,
Агача келин, сулуу кыз
Айдап берип тартууга,
Кан көтөрүп Манасты,
Жан соогалап өлүмдөн
Калмак болду Эсенкан.
Эсенкан кызы Бурулча,
Ай Жаң-Жуңдун Бирмыскал
Эки кызды баш кылып,
Калың кыздын баарына
Желбегей торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизди,

Чылка кызыл кийгизип,
Эки кыздын артынан
Карлуу жерге кар жааса
Карды көрүп, этин көр,
Кар үстүнө кан тамса
Канды көрүп, бетин көр!
Ошондой ашкан сулуудан,
Бели тутам, бети айдай,
Короз моюн, колоң чач,
Койкойгонду бир бөлүп,
Оолжуган сулууну
Бурулчанын артынан
Топ-топ кылып жүргүздү,
Оймок ооз, жалжал көз,
Келеңкер чачпак, найча бел,
Керилген кызды бир бөлүп,
Айжаңдын кызы Бирмыскал
Бирмыскалды баш кылып,
Бул сыяктуу сулуудан
Бир тобун бөлүп алыптыр.
Эки кызды баш кылып,
Кара көздөн миңди алып,
Канча төөнү баш кылып,
Билге жүктөп, дилде алып,
Кан Эсенкан баш болуп,
Тартууга чыкты Манаска.
Ошол чакта кан Манас
Кошой менен Бакайга
Айтып турду мундай сөз:
«Ургаачыдан уз келет,
Алдыңа тартуу канчалык
Артык сулуу кыз келет,
Айта турган сөз келет.
Алтын, дилде, жибектен
Канча тартуу бөз келет.
Азизкандын Алмамбет
Бээжинге мурун кан экен,
Эсенкандын Бурулча
Аламын деген абалдан
Убадасы бар экен.
Менин айткан сиздерге,
Бурулчадай сулууну
Алмамбеттен айырба.
Артыкча жандан аз деген,
Эсенкандын Бурулча
Анык сулуу кыз деген.
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал
Атагы артык кан деген,
Ашыктыгы Чубакка

Абалдан ак бар деген,
Ургаачыдан уз деген,
Акылы толгон кыз деген.
Тилимди алсаң калайык,
Келер болсо эки кыз
Калың колду жыялы,
Алмамбет, Чубак - эки эр
Экөөнө ике кыялы!
Самап келген Бээжиндин
Кызыгын, элим, көрөлү,
Алып келген дилдесин
Тутамга ченеп бөлөлү!»
Манастын кебин укканда
Баары колдун баарысы
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып:
«Ала болуп кеткенди
Азыр анты урсун!» - деп,
Ак буудай унун чайнашып,
Колду бекем кармашып:
«Ереже мындай болсун», - деп
Эстүүлөрүн жыйнашып,
Он эки кандын баарына,
Карматып чыбык кыйышып,
Убадалуу тунуктар,
Ушундай дешти улуктар,
Кытайды Манас алганда
Болуп кеткен кызыктар.
Бурулча менен Бирмыскал,
Эки сулуу баш болуп,
Тартууга келди көп кыздар.
Боз ала желек туу алып,
Борумун көрүп Манастын
Каканчын Бээжин кубанып,
Эсенкан менен Ай Жаң-Жуң,
Бекер журтту кырба, - деп,
Эр Манастын алдына
Тартуу тартып суранып,
Каканчылуу Бээжиндин
Кандыгын бердим билип кет,
Астымдагы алтын так
Сизге бердим минип кет!
Кыргын кылба журтумду,
Качырбачы кутумду.
Сизге тартуу кылайын,
Кырк кан кытай элимди!
Эзкара каным өлтүрүп,
Сындырба менин белимди!
Бейилиң, канча кан болгун,

Бердим Бээжин жеримди!
Кан көтөрүн элиме,
Кызматыңды кылайын,
Айтканыңа көнөйүн,
Кырылып кеткен адамың -
Кунун азыр берейин!
Тамдын баарын уратпа,
Талды кесип кыйратпа,
Уялуу кытай эл эле
Уйпалап жүрүп кууратпа!
Манас, кан экениң чын болсо,
Казба менин орумду,
Кайнатпа менин шорумду!
Мен да сендей кан элем,
Байлаба менин колумду,
Талкалаба бутумду,
Талаалатып койбогун,
Далай кытай журтумду!
Кеп билбеген кежирлер
Муну угуп күйүнгөн,
Бээжинге Манас кирет, - деп,
Мындан мурун кырк жылы
Бээжиндеги Карыкан
Даңзасына чийилген.
Айландыра качырган,
Ак жолборс эми сен болдуң,
Амалым таап кача албай,
Колго түшкөн мен болдум.
Көрө сала качырган,
Көк жал арслан сен болдуң,
Каарыңдан кыз тартып,
Колго түшкөн мен болдум!»
Эсенкан мындай дегенде,
Кароол кандын баарысы
Таазым кылып Манаска
Тизесин бүгүп жүгүнүп,
Кулдук уруп ийилип,
Арт жагынан калың кыз
Таазым кылып Манаска:
«Бирмыскал менен Бурулча,
Экөө баштык бир миң кыз».
Баары келди жоодурап.
Жакут, дилде, көөр таш
Атандарга артылып,
Аппак күмүш, сары алтын
Бил үстүнө тартылып,
Баары колдун баарысы
Чогулушуп турушуп,
Тартууга келген кыздарды,

Далай алтын, дилдени
Олжо кылып бөлүштү.
Алтын менен дилдени
Казатка келген көп кошуун
Жүктөй албай калды эми,
Айдай аппак сулууну,
Адамзатта тунугу
Калың жаткан кошуундар
Үптөй албай калды эми,
Уялуу журт, калың эл
Убадалуу Кошойду
Калыстыкка алды эми.
Барган колдо арман жок,
Калыс болуп эр Кошой,
Олжо бөлө келгенде
Куру адам калган жок.
Карысы Кошой, эр Бакай
Акыл-кеңеш кылды эми,
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал
Алтындан чатыр тиктирип,
Чубакка ике кыйды эми.
Музбурчак, Көкчө калыска
Мунун баарын жыйды эми.
Эсенкан кызы Бурулча
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет
Буга ике кыйды эми.
Акбалтайдын Чубагы
Таш-Көпүрө шаарына,
Башына таажы кийгизип,
Алтын такты мингизип,
Жарым кандын элине
Алып барып кан кылды.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Тыргоот деген кытайга
Алмамбетти кан кылды.
Түрлүү-түрлүү сөгүлтүп,
(Туш-тушунан баарынан)
Он эки кандын кошуунун
Туш-тушунан кан кылды.
Кырк чоро менен Манасты
Кыргыз, кытай биригип,
Кырк жылы суугa чылаcа
Кыярып түрү оңбогон,
Кырк жылы селге кетсе да
Кылт этип чети койбогон,
Алтын түрдүү килемди
Алып келип жайды эми,

Айкөл Манас султанды
Ал килемдин үстүнө
Олтургузуп алды эми.
Энчи бөлүп берчүүдөй,
Калың кытай чуркурап,
Манасты тегеректеп алды эми,
Кан Эсенкан баш болуп,
Чынчуу кандуу улугу
Манасты чын көтөрүп алды эми.
Эсенкандын алтын так,
Алтын такка мингизип,
Каканчындын Бээжинге
Кан көтөрүп салды эми.
Алым алып Бээжинден
Алтын так минип, кан болуп,
Он эки кандын калың кол
Көңүлү текши жай болуп,
Кошой, Бакай кары бар,
Берендердин баары бар,
Ушу жолу Бээжинге
Кыйла кызык салдырып,
Эркин болду кыргыздар.
Эр Манасы баш болуп,
Кыздан алым алдырып,
Кырк кандын эли кытайга
Түтүнгө бир ат салдырып,
Түк койбой жыйып алдырып,
Кыргыздын колу жесин, - деп,
Семизден өгүз сойдуруп,
Кароолду мыктап койдуруп,
Баргандын баары бек болуп,
Аласы жок көп кошуун
Темирдей текши көк болуп,
Сулайман жетпес Бээжинден
Сурак кылып турду эми,
Искендер жетпес Бээжинге
Салык салып турду эми.
Союшуна бээ кылды,
Алык-салык көп алып,
Көп кытайды жөө кылды.
Кан болгон соң бусурман
Каканчында Бээжиндин
Буласын булап алганы.
Алык-салык көп тартып,
Азапка кытай калганы.
Эки үйүнө бир казан
Жан сакта - деп сурады.
Алтын, күмүш, көөрдөн
Алым алып сурады.

Эсенкандын элинен
Эсепсиз журтту жыйды эми,
Алтымыш күнү той кылып,
Шуйкучу деген кытайды
Чын бусурман кылды эми.
Шуйкучудай кытайды
Кылыч менен кыйдырып,
Балта менен бастырып,
Эрки менен буруттун
Боло берди, Шуйкучу,
Жалганына бусурман,
Чынында кытай бу болуп,
Жүрө берди, Шуйкучу
Ашмачы болуп Манаска
Кире берди, Шуйкучу,
Кандай кылган элдигин,
Кан Манастын кемдигин
Биле берди, Шуйкучу,
Кылыгы менен жоругун
Жазып жүрдү, Шуйкучу.
Сулайман барбас Бээжинге
Салтанаттуу кан болгон
Манасты мындай таштайлык,
Эмдиги сөздү баякы
Качып кеткен Бээжинге
Коңурбайдан баштайлык.
Түп-Бээжиндин өзүнө,
Карыкандын алдына
Барган экен Коңурбай,
Ааламга кабарды
Салган экен Коңурбай.
«Бусурманга чалдырдык,
Эсенкандын Бурулча
Бурутка биздер алдырдык.
Кармашканда кан өлдү,
Кара аламан баары өлдү.
Кулагы темир чоң балбан
Кутан алп барып жайланды,
Кырк төрөсү баш болуп,
Манжуунун каны Эзкара
Колго түшүп байланды.
Кара калмак калкыңдан
Кайран Жолой кан өлдү,
Төмөнкү шибээ канынан
Ылама балбан дагы өлдү.
Тыргооттун каны эле,
Катын да болсо Канышай
Караан кылган жан эле,
Каптап бурут келгенде

Тыргооттордон бул өлдү.
Солоон деген элиңден
Өлбөгөн жерде калышып,
Тынбастан алты ай салышып,
Эсенкандын Бөрүкөз
Бул сыяктуу эр өлдү.
Кыйын согуш салдырдым,
Кыйын кыраан эрлерди
Буруттарга алдырдым.
Ушу кезде чочунам
Буламды була алат, - деп,
Алымын тактап бербесек,
Айтканына көнбөсөк
Азапты Манас салат, - деп,
Манасы кыйын эр экен,
Шай колдогон шер экен,
Жыйнап койгун бөлөгүн,
Ушу жаткан Бээжинди
Жеке кырчу эр экен.
Кытай, бурут аралаш -
Калың уруш болгондо,
Кан Мадыкан болбосо
Чиет эле сызыкты,
Башыңарга Карыкан,
Кылат эле киши кылбас кызыкты!
Ара жерден чаң чыгып,
Качкын чочко сыр билги,
Алмамбет жоого да чыгып,
Улак кандын Сыргагы
Ушундай эрди көрбөдүм,
Умачтай ачты уйкумду,
Сыргак кырып таштады
Уялуу кытай журтуңду.
Узун бойлуу, кең далы,
Манаска тете эр экен,
Акбалтайдын Чубагы.
Капилетте сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Бекип жаткан бел тапкан,
Бел байлаган эр экен,
Берен Бакай дегени.
Адамзатта шер экен,
Ошолордун баарысын
Күтүп жүргөн Манасы
Зорлугу тоодой эме экен.
Бир караса - бир киши,
Жанына барса - миң киши.
Аркасынан качырсам
Ажыдаар түрү бар,

Айкырып айза сунганда
Алты миң эрдин сүрү бар.
Жер жүзүнө үрмөтү
Толгон экен Манастын
Ар кайдан келген чоросу
Дал өзүндөй Манаска
Болгон экен Манас кан.
Ар ким азар салбаптыр
Ушу келген Манаска
Ай-ааламдын журтунан
Укурук кайрар калбаптыр.
Беттеп жоого киргенде
Берендерден сурасаң
Алмамбет, Чубак дагы бар,
Кыйкырып жоого кирерге
Ажыбай, Бакай каны бар.
Кыз менен алтын, көөр таш
Кылчайбастан бербесек
Кызык кылар жери бар.
Чындаганда Сыргагы
Чыңоолуу кызыл темирдей,
Чын айкырса Манастын
Чоңдугу тоонун теңиндей».
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Чоң канына барганда
Кытайлардын Коңурбай
Көзүнүн жашы он талаа.
Коңурбайдын өзүнө
Карыкан туруп муну айтат:
«Кырк дарбаза Бээжиндин
Бир эшигин көрдүңбү?
Күн батыш карап ачылган,
Доор-кыямат болгуча
Алдырбайт Бээжин калаа, - деп,
Капкасына жазылган.
Ачкадан Бээжин өлбөйт, - деп,
Ушу турган Бээжинге
Кудайдын нуру чачылган.
Нур төгүлгөн жер ушул
Отуз адам илгертен
Алтын так минген жер ушул.
Сулайман келип Бээжинге
Кайта кеткен эр ошол,
Суук кол келип тийбеген
Эсен калган эл ошол,
Эрдигин билип Манастын
Эчен кыстап бурутту
Алалбаган мен ушул.
Ушу Бээжин шаарына

Эче балбан аттанган,
Ичинен ала жоо чыгып,
Ушу турган Бээжинге
Алты ай сурак кылат, - деп,
Алты жыл мурун кан Манас
Даңзабызга катталган.
Ошо турган Манастын
Кабарын уккан күйүнгөн,
Алмамбет Манас биригип,
Бээжинди сурап алат, - деп,
Бичигине чийилген.
Алты ай Манас кан болот,
Андан кийин жай болот.
Алым алса аябай
Дүнүйөгө караба».
Минтип айтып Карыкан
Каарды катуу салды эми,
Кабар кылып Бээжинге
Толуп жаткан усталар
Баарын жыйып алды эми.
Усталары келгенде
Буйрукту катуу кылды эми,
Курчтун жайын билүүчү
Кылдаттарын жыйды эми.
Усталары келишип,
Сабына алтын тарттырып,
Бетине ууну жаптырып,
Жасай берди айбалта
Көргөн жанды кубантып,
Ажыдаардын уусуна
Алты, жети сугартып.
Тийгенде ажал жетсин, - деп,
Бадырап кыйрап кетсин, - деп,
Кез болуп калган душмандын
Ажалы минтип жетсин, - деп,
Тагын Манас мингенде
Тарыккан жок Карыкан,
Далайларын кырганда
Арыккан жок Карыкан.
Кыйладан бери кан экен,
Өзү капыр дебесе
Касиеттүү жан экен.
Кашына келер балааны
Алты айдан мурун Карыкан
Биле турган жан экен.
Бүткүл Бээжин калааны
Ийирип турган кан экен,
Карыкандын өзүнө
Жакындашы ал экен.

Билгичтигин карасаң,
Алөөкөнүн Коңурбай
Карыканча бар экен.
Ылайыктуу айбалта
Алты ай жасап бүттү эми.
Балтаны алып Коңурбай
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Чардай берди Коңурбай.
Кошой, Бакай баш болуп,
Кан экенин билгизген.
Бээжинге Манас кан болуп,
Алтын так минип калды, - деп,
Желмаянды мингизип,
Үзүктөй калпак эр Шууту
Сүйүнчүгө жиберген.
Каныкейдин алдына
Жалпак өркөч кара нар -
Эр Манастын Желмаян,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Айбандан күлүк Желмаян
Караса көзгө илинбейт,
Жүгүргөнү билинбейт.
Мына ошондо эр Шууту
Калкка кабар салды ошол,
Таласта аргын, огойго,
Кайнардын кара көзүнө,
Сүйүнчүлөп барды эми
Каныкейдин өзүнө.
«Каканчындын Бээжинге
Каптап уруш салды, - деп,
Тынбастан алты ай салышып,
Буздук Бээжин ордосун,
Сойдук кечил молдосун,
Тартып алдык Бээжинден
Эчен сонун жоргосун.
Чыгардык Бээжин чаңдарын,
Кырдык эчен кандарын.
Атактуу кытай Бээжиндин
Талынын баарын сулаттык,
Тамын түртүп кулаттык.
Байгамбар баспас Бээжинди
Башынан кирип жол салдык,
Эч ким тийбес Бээжинге
Ичине кирип кол салдык.
Кол салгандын үстүнө
Эчен сонун олжо алдык,
Билге жүктөп дилде алдык.

Кара көздөн миңди алдык,
Искендер тийбес Бээжинге
Илесин таап кол салдык.
Чалыяр жетпес Бээжинди,
Чалкан салып ичине
Чаркыбыз жетип биз алдык,
Топон суу тийбес Бээжинди,
Тоз-тоз кылып эл-журтун
Талкалап жатып биз алдык.
Ташталканын чыгардык,
Айзанын учун кан кылдык,
Асман, жерди чаң кылдык,
Аралап жүрүп кытайды
Кырып-жоюп дал кылдык.
Алтын таажы кийгизип,
Айкөл Манас баатырды
Чоң Бээжинге кан кылдык».
Кабарга Шууту барган соң,
Кабар берип калган соң,
Кан катыны Каныкей -
Карасурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу
Кабарга Шууту барганда
Ыйлап турду зыркырап,
Көзүнүн жашы он талаа,
Боздоп турду буркурап.
Каныкей кайдан сүйүндү,
Сүйүнмөк түгүл күйүндү.
«Бээжинди билди дегиче,
Мээнетти билди десеңчи!
Алтын так минди дегиче,
Ажалы жетти десеңчи!
Кыян тийбес Бээжинге
Кыйкырып айза салганы,
Кырылып журттун калганы.
Топон суу баспас Бээжинге
Токтобой кирем дедиби,
Тоссом тилим түк албай,
Аркада эркек бала жаш
Мени тозокко салам дедиби?!
Байгамбар баспас Бээжинге
Баркым жетет дедиби?!
Маңдайкы сөөгүм кайкы эле,
Бадышам көзү өткөн соң
Күн көрөрүм тайкы эле.
Бээжинди журтум алганы -
Бейпайга бейбак калганы!
Белеси кымбат Бээжинди
Беш күнчүлүк жол - деди,

Берeним өзүн зор - деди,
Бээжиндин журтун кор - деди.
Бээжинге туруп кан болсо
Кыймалуу жактан чалдырат,
Кызыга берсе Бээжинге
Кыраандардын баарысын
Кытайга белек алдырат!
Бир угушум Бээжинден
Барган кайра тартпаган,
Кезиккен эсен кайтпаган!
Безеленип сураса
Бээжинде турган өлүүчү,
Бейлесеңчи, эр Шууту,
Берзентин качан көрүүчү?!
Бээжинде жатып мерт болсо
Адырда жылкы ала баш,
Аркада эркек бала жаш,
Арка кылар тууган жок,
Агайындын баары кас,
Таласта аргын, огой өзү баш,
Өлүп кетсе Бээжинден
Кургабай калат көздө жаш!»
Ошо түн жатып Каныкей
Ойлобогон иш көрдү,
Опурталдуу түш көрдү:
Таластан чыгып өрт күйүп,
Белестин баарыураптыр,
Чалкар көл, дайра соолуп,
Чынар терек куураптыр!
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ыйлап турду чыркырап,
Кандын кызы Каныкей
Боздоп турду буркурап.
Кабыргасы сөгүлүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген Манасты
Бир көрүшкө зар болуп.
Зар боло турган себеби
Бээжинге казат ачарда,
Семетейди тууган соң
Он күндөн кийин жөнөгөн.
Кызыгына Манастын
Батпай калган эмеспи,
Кумар болуп төрөгө,
Кучакташып Каныкей
Жатпай калган эмеспи!
«Бейлебей жатса Бээжинде

Береним кокус өлөт, - деп,
Биттейинде бириккен,
Бармактайда баш кошкон
Бейбакты качан көрөт?» - деп,
Кайгырып туруп Каныкей,
Карагаттай кара көз
Камчы бою жаш кетип,
Ителгидей кара көз
Ирмеген сайын жаш кетип,
Алсырап ыйлап тура албай,
Алапайын таба албай,
Үзүктөй калпак Шуутуга
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Күйүтүн айтып чыркырап,
Күйүп-бышып буркурап,
Карача кандын кан Сайкал
Тартууга берген Ар буудан
Алтымыш кулун өлтүрүп,
Асырап баккан Ар буудан
Башына үкү тактырып,
Семетейге энчилеп,
Кырк чорого бактырып,
Манаста турган Тайбуурул
Асый чыкма чагы эле,
Казатка минер табы эле,
Ар мүчөсү артыкча
Айбандан башка мал эле.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын эшитип,
Буттап алтын, зер берип,
Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек түгүл Буурулду
Бейдаарат киши минбеген.
Аркардай мойнун бураган,
Аркан бою аң болсо
Айныбастан чураган,
Алмадай мойну ийилген,
Айза бою жар келсе
Эликтей чурап түйүлгөн,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Туудум деген эне жок,
Туудурган айгыр ата жок,
Тунук кайып баласы.
Балтыр бешик Семетей

Бадананы кийгизип,
Ырым кылып эрбейтип,
Семетейди мингизип,
Алтын, жакут жамбыны
Куржунуна салды эми,
Чоң атасы Жакыптын
Ак батасын алууга
Семетейди жетелеп,
Каныкей жүрүп калды эми.
Чоң атасы кан Жакыптын үйүндө
Чапчакка салган бозо бар,
Ал бозонун ичинде
Чачама уусу кошо бар.
Ошол кезде кан Жакып
Чалгырты бар көзүндө,
Чалганы жүргөн өзүмдү.
Кыйшыгы бар көзүндө,
Кыңырты бар сөзүндө,
Айласы келсе аябай
Кылганы жүрөт өзүмө.
Карап туруп сүйлөшүп,
Байбичеси Бакдөөлөт
Ал экөө кеңешип:
«Катынында калк бузган,
Кыз экенде шуркуя
Кылым чайкап журт бузган.
Кыз кезинде бейбактын
Аалам көргөн дүмөгүн:
«Аламын» - деп, барганда
Ач болот менен Манастын
Жара сайган билегин.
Айыкпаган чоң чырды
Кураганы келатат,
Эрбеңдеген эмесин
Ээрчитип таңып алыптыр,
Бирдемени биздерден
Сураганы келатат».
Муну Жакып айтканда,
Безге сайган эмедей
Чочуп кетти Бакдөөлөт:
«Оңбогон как баш, оңбойсуң!
Качан болсо каржактап,
Бузугуңду койбойсуң!
Минтип жүрсөң, как баш чал,
Эзели сен оңбойсуң!
Сакалыңдын агында.
Өлө турган чагыңда
Ушундай сөздөн калбайсың!
Айзага таккан желегиң,

Аман жүрсө Семетей -
Айкөлүң Манастан тууган белегиң.
Тулпардан тууган туягың,
Туйгун Манас балаңдан
Туулган жалгыз чунагың.
Оң оюлуп жыйылып,
Капыр менен бусурман
Каршылашып турганда
Батадан бүткөн кыраанын.
Карасаң боло ой как баш,
Ушу Манас барында
Кара суу да кеме жок,
Калайык журт, жер үстү
Сага каш кайтарар эме жок!
Балаң Манас барында
Бал менен оозуң чайкадың,
Өзүң улук жан болдуң,
Үйүрүң өсүп, эл-журтка
Чынар терек, тал болдуң.
Манастын көзү жумулса
Чынар терек кыйылар,
Азыр турган кандыгың
Суу сепкендей тыйылар.
Айтканыңа көнбөстөн,
Аргын көчөр бир жерге,
Дегениңе көнбөстөн,
Огой кетер бир жакка.
Өлбөсөм көрөм, алты иттен
Айыкпас азап көрөрсүң.
Көк жал Манас чолпон, - деп,
Ошондо какшап, как баш чал,
Ажалдан мурун өлөрсүң!
Кабыл болбой тилегиң,
Какшанасың, как баш чал,
Көмүүсүз калат сөөгүң.
Байкасаңчы, как баш чал,
Бадыраң темир курч эмес,
Балам, - деп, как баш, ишенбе,
Алты уулуң сага журт эмес!
Курама темир курч эмес,
Кутурган иттер журт эмес!
Айкөл Манас өлгөндө
Алтының болбойт көмүрчө,
Азап кылып алты кул
Айылыңды чабар семирсе.
Күмүшүң болбой темирче,
Күнүң Манас өлгөн соң,
Күмүрөй болгон алты кул,
Журтуңду чабат семирсе.

Баданаң болбойт кийизче,
Баркыңды билбейт тыйынча
Шумкардын көзү жумулса
Тел кулунуң жебейби,
Темине бербе, куу сакал:
«Тек олтурчу!» - дебейби!
Ойлончу, кокуй, как баш чал,
Ошо сөзү жебейби!
Чуңкурду көрбөйм талаача,
Алты эмеңди көрбөймүн
Берен Манас балача.
Башыңдагы суусар бөрк
Ыргатканы келатат,
Баласын атка мингизип,
Батаңды сурап өзүңдөн
Көөнү келсе, зар алып,
Жыргатканы келатат,
Көңүлүң таап өзүңдү
Жай кылганы келатат.
Каада билген Каныкей
Карыганда, куу сакал,
Сени бай кылганы келатат».
(Бакдөөлөттөй байбиче)
Кайран келин Каныкей
Бадана кийин балкылдап,
Батасын сурап Жакыптын
Басып келди жаркылдап:
«Кан ата, батаңды берчи алайын,
Сапарга кеткен уулга
Андан кабар салайын,
Алыска кеткен балаңыз!
Ага кабар берген соң,
Алдейлеп келген Семетей
Ай кашында чолпонум,
Айым, күнүм, солтонум,
Эш кармаган жалгызым!
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамда жанат кундузум,
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм.
Өзөндөн аккан булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым.
Кара кашка тынарым,
Маңдайга бүткөн чынарым.
Канаттуудан шумкарым,
Төрт аяктуу тулпарым,
Батаңды сурап мен келдим.
Кан ата, сенден тилендим» -
Деп, ошондо Каныкей

(Алтын менен жакутту
Алып берди Каныкей.)
Баласын алып көтөрүп,
Кулдук уруп жүгүнүп,
Бата сурап ийилип,
Карап турду Каныкей.
Чоң атасы Жакып кан
Жакутту карап көрдү эми,
Кара ниет кан Жакып
Семетей жалгыз балага
Чала бата берди эми.
Батасын алып Жакыптын,
Байкуш катын Каныкей
Ыргала басып шоодурап,
Басып келди ордого.
Ордого басып келгенде:
«Олуя барбас Бээжинге
Ойлобой жатса өлөт, - деп,
Оёнум, арслан, айкөлүм,
Ордого качан келет, - деп,
Топон суу баспас Бээжинге
Токтоп калса өлөт, - деп,
Береним, султан, кабылан
Бейбагын качан көрөт? - деп,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Алты күлүк ат берди,
Тайбуурулду мингизип:
«Кайта бачым баргын», - деп,
Шууту кулдан тапшырып,
Алакандай кат берди.
Каныкей антип турганда
Агынай кызы Арууке:
«Азыраак калды айына,
Төрөй турган болдум, - деп,
Сагынгандын датынан,
Төрөбөстөн баланы
Кыяматтын сапарга
Жөнөй турган болдум, - деп,
Бедердүү алтын жоолугум,
Береним, баатыр сен Шууту,
Белекке муну ала бар,
Төрөй турган болду, - деп,
Азыз тууган төрөмдөн
Сүйүнчүңдү ала көр!
Атына каткан жүгөнү,
Эркек, кызын ким билет,
Жетилип калды күмөнү».
Муну угуп, Шууту кул
Буурулду минип булкунтуп,

Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Астындагы Тайбуурул
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Оң колунда карышып,
Ашкере күлүк Буурулдун
Оозу менен алышып,
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөй калып созулуп,
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Баскан ташы быркырап,
Учкан куштай зыркырап,
Эти качып калыптыр.
Эпсиз тулпар Тайбуурул
Баш-аягын сурасаң -
Кең Таластан чыкканы
Алты күнү жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Жакындашып Бээжинге
Калган экен эр Шууту.
Билгичтиги кылымдан
Озуп жүргөн кези экен,
Алөөкөнүн Коңурбай:
«Таластан кабар келет», - деп,
Түп-Бээжиндин түбүнөн
Түн ичинде уйку албай,
Күндүзүндө тынч албай,
Аңдып карап жолдордон
Тозуп жүргөн кези экен.
«Быйыл Бээжин тагына
Конор кези болду, - деп,
Аяр катын Каныкей
Акылга дыйкан жан эле,
Муну билер кези болду, - деп,
Арага киши салат, - деп,
Бээжинде жаткан буруттан
Кабарын катын алат, - деп,
Каныкейден сөз укса
Бекинип Манас калат, - деп,
Бээжинде кытай көп журтту
Мындан бетер буруттар
Бейпайга дагы салат», - деп,
Кечилдин каны Коңурбай
Ай-ааламга ал жеткен,
Арышы жетип Бээжинге
Акылы толук кан болгон.

Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Айласы артык ыктуу экен,
Адам жеткис мыктуу экен,
Телегейи тең экен,
Амал-айла ойлонуп,
Манасты аңдып жүргөн кези экен
Быйыл олжосун алган чагы экен,
Кабарга келген Шуутуну
Аңдып турган кези экен.
Алачыктай зор Калча,
Аянган жок Шуутудан.
Абайлап Шууту караса
Акылдан азды дал болуп,
Коңурбайды көргөндө
Эч акылын таба албай,
Туруп калды маң болуп.
Карап турса Коңурбай
Көзү көрдүн оозундай,
Көрүнгөндү соргондой,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткандай.
Мурду тоонун сеңирдей,
Өзү көкө теңирдей.
Каш-кабактын ортосу
Төбөсү түшкөн көргө окшойт.
Жазы маңдай, кең жайык
Бөлүнүп калган төөгө окшоп
Жоо бөрүсү эр Калча
Жолуккан жерде аянбай,
Алгара тулпар булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Жолборстой көзү чачырап,
Каалгадай кашка тиш
Тиштегенде бычырап,
От чагылып көзүнөн,
Шамал чыгып оозунан,
Каарына туралбай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Тоодон учкан аскадай,
Келе жатыр дүркүрөп.
Коңурбайды көргөндө
Кабарга келген Шууту кул
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти.
Кайра тартар айла жок,
Астынан чыкты Коңурбай.
Каарына бата албай,
Ысыгына тура албай,

Кара түшкүн камчысын
Кармай калып имерип,
Асый чыкма Буурулду
Такымга тартып жиберип,
Такымга камчы тийгенде
Астындагы Тайбуурул
Закым болуп бөлүнүп,
Учуп кеткен эмедей,
Аңтарылып кара жер
Арт жагына бүгүлүп,
Жердин жүзү закымдап,
Төрт аягы шакылдап,
Кайда экени билинбейт,
Туяк жерге илинбейт,
Учуп барат Тайбуурул.
Туягы тийген кара жер
Кемегедей оюлуп,
Баскан жери быркырап,
Төрт аяктын даңканы
Так төбөдө зыркырап,
Ала качып элирип,
Анда-санда көрүнүп,
Көрүнүп көзгө илинбей,
Булут болуп бөлүнүп,
Узап калды Тайбуурул,
Алгарадай тулпардан
Бир чакырым түйүлүп!
Желгенине жел жеткис,
Жетик экен Тайбуурул,
Басканына мал жеткис,
Башкача экен Тайбуурул.
Ыргайтынын белинде
Ары-бери жүрүшүп,
Ыргалышып турганда
Чындап уруш Алмамбет
Төө чүкөдө салганда,
Ак Сайкалдай сулууну
Адамдын шери зор Манас
Аттан эңип алганда,
Аманат жандын дартынан:
«Акыреттик болом», - деп,
Тартууга берген Тайбуурул,
Бейжай баатыр кыз Сайкал
Белекке берген Тайбуурул,
Жал-куйругун көшүлтүп,
Салып берген Тайбуурул.
«Казатка минип жүрсүн», - деп,
Тулпардыгын билсин», - деп,
Сынап берген Тайбуурул.

Аркасы бийик, зээри бас,
Адырга чапса оюбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуусун чалып карыбас,
Жет-кайтка минсе арыбас,
Жетимиш күнү да түнү,
Катар муну минсе да
Сыр билгизип тайгылбас.
Кылчайып артын карабай,
Кыйын качты Шууту кул.
Тегерете карабай,
Теңгече жанын аябай
Чындап катчы Шууту кул.
Асты жагын караса
Мунарыктап көрүнгөн
Үстү көбүк, туман-буу,
Бет алдына кез келген
Кара баткак, кара суу.
Кара суука союуга,
Астындагы Буурулду
Олжо кылып алууга,
Арт жагынан келаткан
Коңурбайдын оюнда:
«Алтын, күмүш артсам, - деп,
Астындагы Буурулду
Шууту кулду сулатып,
Карыканга тартсам, - деп.
Астындагы Буурулду
Калкандарын калдайтып,
Калдай минер ат экен,
Белдемчисин байланып,
Бээжин минер ат экен,
Ырысы жок бурутка
Кайдан бүткөн ат экен?!
Сейилдикке минишке
Табылгыс экен буурул ат,
Алтын үпчүн жабууну
Жаппай турган мал бекен?
Алтын эшик коргонго
Айда муну тазалап,
Бакпай турган мал бекен?
Таш бастырбай бутуна
Алтындан така ийдирип,
Какпай турган мал бекен?
Чындык кандын журту таш
Көкүлүнө Буурулдун
Такпай турган мал бекен?
Каканчындын канына
Жакпай турган мал бекен?»

Ичи күйүп, өрт болуп,
Тайбуурулга суктанып,
Эки көзү төрт болуп,
Арт жагынан зыргытып,
Алгараны жулкунтуп,
Кетип барат Коңурбай.
Чындап кууп алыптыр,
Темингиси телпилдеп,
Көөкөрдөй көпкөк шуру таш
Төбөсүндө желкилдеп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын өзү экен,
Күрмө кийген кытайдын
Күптөй бөлгөн чоңу экен,
Алоокенун уулу экен.
Акыл ийле үстүнө
Атка сынчы кул экен,
Сүйлөгөндө сөзү ачык,
Тиктегенде көзү ачык,
Адамзатта жүзү ачык,
Оң далысы кең экен,
Оңой эмес Коңурбай
Оң-солго татыр эр экен.
Баткак сууга камалып,
Баягы Шууту калды эми:
«Бурутту буркан берди», - деп,
Каруусунда сыр найза
Кармап колго алды эми.
Бели кетип мекчейип,
Көзү кайнап чакчайып,
Айбалтадай муруту
Бөлөк-бөлөк бириндеп,
Жер айрылып закымдап,
Алоокенун Коңурбай
Келе жатат жакындап.
Коңурбай жакын келерде,
Кордукту башка саларда
Баякы баатыр Шуутунун
Заманасы куурулду.
Эч айласын табалбай
Эки жакты каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Окоро түйгөн тизгинди
Оңтойлонуп кармабай,
Кара сууну бет алып,
Коё берди Буурулду.
Бугудай мойнун бурады,
Бута бою кара суу,
Буурул аттай тулпарың

Эр Шуутуну көтөрүп,
Буйдалбастан чурады.
Түйүлгөндө делп этип,
Кисенин оозу ачылды,
Каныкей жазган салам кат
Кара сууга чачылды.
Жейрендей көзү киртийди,
Жетик тулпар Буурул ат
Кара суунун кашаты
Аркы четке бир тийди.
Адис болгон Коңурбай
Бука сийдик жол менен,
Бурулуп кеткен жер менен,
Узатпастан Буурулду
Келе жатат закымдап,
Бу да тулпар эмеспи
Тайбуурулду такымдап.
«Колго түшүп калам», - деп,
Качып барат Шууту эр
Камчы уруп шакылдап.
Алтын айдар, чок белбоо
Адис болгон Бээжинге
Азизкандын Алмамбет
Шашып амаз окунуп,
Сараланы токунуп,
Каканчындын кытайдын
Күчөөр чагы болду, - деп,
Айласы балким озду, - деп,
Көөнү келсе Коңурбай
Үйдөн келген кишини
Жолунан бугуп тозду, - деп,
Буйгаттан кармап алат, - деп,
Колуна тийсе кабарчы
(Таластан чыккан кабарчы)
Курмандыкка чалат, - деп,
Баатырдыгы адамдан
Озуп жүргөн кези экен
Жолду чалып, жер кайгып,
Тозуп жүргөн кези экен,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Арслandай керилип,
Азизкандын Алмамбет
Сараладай ат минип,
Сары жаргак шым кийип,
Жүргөн экен туюнуп.
Шууту качып калганын,
Коңурбайдай калчанын
Астына салып алганын,

Алыстан көрүп Алмамбет
(Телегейи тең эсил эр,
Теги артык, арслан-шер)
Сараланы бура албай,
Коңурбайды көргөндө
Токтоп чыдап тура албай:
«Алмамбет!» - деп, бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Сарала буудан сөгүлүп,
Үстүндөгү Алмамбет
Опол-тоодой көрүнүп,
Алмамбетти көргөндө
Алөөкөнүн Калчасы
Көңүлү коркуп бөлүнүп:
«Күүлөнүп калган Алгара
Оозун тартып алганча,
Оңтойлоно калганча,
Капталдан чыккан түгөнгүр,
Качырып сайса оң кылбайт,
Камбыл тууган шер эле,
Кайраты зор эр эле,
Капталдан сайса оң кылбайт!» -
Деп, ошонтүп, Коңурбай
Буудан тулпар Алгара
Бура тартып калды эми,
Алмамбетке бет албай,
Алышарга баталбай,
Кайра тартып кылт коюп,
Түлкүдөй болуп жылт коюп,
Качып Калча калды эми.
Бээжинге салган бекем чеп,
Чындап шашкан Коңурбай
Камалып чепке калды эми.
Камалып Калча калганда,
Артык баатыр Алмамбет
Кыйкырыгы таш жарып,
Айкырыгы баш жарып,
Сараланы булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
Олбуй-солбуй камчылап,
Он-тетири теминип,
Көзү жайнап өрт болуп:
«Камалып турган кезинде
Калчаны сайып өтсөм», - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Жебедей болуп жетерде,
Арслан тууган Алмамбет
Алөөкөнүн Коңурбай
Алгаранын үстүнөн

Көмө коюп кетерде,
Айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыкты кул,
Мөндү! Мөндү! Мөндү! - деп,
Мөндүлөп ураан бу салып,
Анык тулпар Алгара
Такым этке бир салып,
Машаадай мойнун ийилтип,
Камалып турган Калча кул
Жанталашып түгөнгүр,
Бийик салган бек чептен
Аттата качты түйүлтүп.
Көктөн булут тутулду,
Алөөкөнүн Калчасы
Алмамбеттин астынан
Көрүнөө качып кутулду.
Калча качып кеткен соң
Барабанды чойгулап,
Баатыр жолборс Алмамбет
Арманын айтып зар кылып,
Алаканын койгулап,
Ачуусу келип оолугуп,
Бура тартып кайрылып,
Таластан келген кабарчы
Шуутуга келди жолугуп:
« Ассалому алейкум,
Сандыргалуу, эр Шууту!
Күкүгү талда күүлөнгөн,
Күүлөнүп булбул сүйлөнгөн,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жериң эсен жатабы?
Жыргалдуу журтуң көп огой,
Аргын, кыргыз аралаш
Элиң аман жатабы?
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө
Ордоң аман жатабы?
Ошол Талас боюнда
Ак селдеси казандай,
Айкырыгы азандай,
Молдоң аман жатабы?
Келеңкер чачпак, кең соору
Узун аман жатабы?
Короз моюн, колоң чач
Кызың аман жатабы?
Өзөндөй тартып кең конгон
Айыл эсен жатабы?
Артымда эркек туяк жок,
Агынай кызы Арууке

Зайыбым аман жатабы?
Калк энеси Каныкей
Кайгысын тартып элинин
Жеңебиз аман жатабы?
Өзөндөн аккан булагы,
Манастын өлгөндө көргөн чунагы,
Тоюна токсон сойдурган,
Атын эр Семетей койдурган,
Биз сапарга чыгарда
Орус тоюн жеп кеткен,
Эсен болсо Семетей
Ойротту бузат, - деп кеткен,
Кыйла журт тоюн жеп кеткен,
Эсен жүрсө Семетей
Кыйланы бузат, - деп кеткен.
Айзага таккан желеги
Семетей эсен бар бекен, Шуутум?
Арамдыкты ойлогон,
Арам эсти койбогон,
Кан Манастын атасы
Кары Жакып аманбы?»
Салам айтып салбырап,
Тайбуурул оозун бурду эми,
Эл-журт жайын туюнтуп,
Алмамбеттин алдына
Бастырып келип турду эми.
«Эрмек аман, эл аман,
Эстеген журттун баары аман.
Каныкей баштап, калк аман,
Кабарга барсам Таласка
Көргөн журтуң жалпы аман.
Калың журтуң ой тартып,
Оңуп жаткан кези экен.
Күндүзү кымыз, түндө кыз
Болуп жаткан кези экен.
Сырттап кылган суусар бөрк
Ыргап турган кези экен.
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе тим жатып,
Жыргап турган кези экен.
Бөлөгүн айтып нетейин,
Кең-Кол, Талас, талаа аман,
Биз бери сапар тартарда
Жаш төрөлгөн бала аман,
Алган жарың Арууке,
Ушу кезде ал да аман,
Артыкча айтып көп салам!
Атыңа каткан жүгөнүң,
Аруукенин ичинде,

Төрөлгөнү калыптыр
Курсакта калган күмөнүң!
Кечикпей Бээжин келсин, - дейт,
Кейиген жанды көрсүн, - дейт.
Ушундай кепти укканда
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Көңүлү эчен бөлүндү,
Артыкча кыйын сүйүнүп,
Арсландай керилип,
Капа болуп токтобой,
Карап турду кайран эр.
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат талаа, - деп,
Кайран Алмаң сүйүнөт
Карында калган бала, - деп,
Кулаалы деген курган куш
Куюлуп учат талаа, - деп,
Кубанып Алмаң сүйүнөт
Курсактагы бала, - деп!
Астындагы Сарала
Кыйгачтанып токтобой,
Туйлап чыгып келатат,
Кубаныч кирип ичине
Кубангандын артынан,
Алакең бир баланын дартынан
Артык тууган көк жал шер,
Ыйлан чыгып келатат!
Ыйлагандын себеби -
Тоодагы жылкы тогуз миң,
Ичинде тобурчак, буудан аралаш.
Топ жылкы күлүк мээси жок,
Токтоно албай Алмамбет
Күтүп аны алгыдай
Артында эркек бала жок.
Бууданы тулпар ала баш,
Казаа жетип, күн бүтсө
Кайда калбайт бу куу баш.
Мингени тулпар тегиз ток
Алакең кейип жүргөнү
Аркада эркек бала жок.
Алганы Агынай кызы Арууке
Аныктап белек берген соң,
Белегин алып көргөн соң,
Мээнеттүү жанды аябай
Коросонго кой айтып,
Баабединге ат айтып:
«Өлгөн менен арман жок,
Менде кенедей арман калган жок!

Айлансам болот теңирге,
Мындай кабар тийген соң,
Томсоруп кантип калайын,
Жылкыдан тулпар Сарала
Ай туякка чалайын
Көңүлдөгү дартымды
Минтип ачып алайын!»
Алмамбет келет сүйүнүп,
Ашкере тулпар Сарала
Ай туякка чалууга.
Мына ошондо кан Манас
Эчен түркүн көңүлдү
Бөлүп турган турбайбы,
Алтын тактын үстүнөн
Ала коюп дүрбүнү,
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Алмамбет келе жатканын
Көрүп турган турбайбы!
Алмамбетти көргөндө,
Козголбогон кайран шер
Кокустан Сарала чалып ийбесин,
Чочуп кетти арслан эр.
Сүйүнгөн бойдон Алмамбет
Дүмөктү чындап салбасын,
Сараладай бууданды
Сүйүнгөндөн Алмамбет
Ай туякка чалбасын.
Ойлонуп акыл таптырды,
Аргынкандын Ажыбай
Калкамандын Кара атын
Коштотуп каршы чаптырды.
Калкамандын Кара аты -
Кайсы чоро таарынса
Тарта келген адаты,
Сараланы чалаарда
Тартууга барды көрдүңбү,
Баягы айткан Кара аты.
Оң колунда ак шамшаар
Сараланы чалдырбай
Кармап турду Ажыбай:
«Сараланы сойбо», - деп,
Какшап турду Ажыбай:
«Баатыр Алмам, тилим ал,
Кудайдын салган күндөрүн
Көтөрбөскө чарасыз,
Көрсөң боло, Алмамбет,
Көп жыл жүрдүң баласыз.
Сараланы чалганда

Өзөнгө бойлой конобуз,
Өрт алган жоонун ичинде
Өрт өчкөндөй болобуз!
Сарала чалып жиберсең
Бийлеп кытай күлбөйбү,
Ала көөдөн качкындын
Бели сынды дебейби!
Бейлечи, Алма, кебимди,
Каканакта балага
Сарала чалып жиберип,
Сындырба менин белимди.
Уялбай атты чалуучу
Жылгындуу, Кең-Кол ою жок,
Сараланы чалбагын,
Сараланы чалуучу
Чоң Таластын бою жок!
Бу кезде кайыр диндүү капырдын
Камоосунда турабыз,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыстоосунда турабыз,
Кызыл кылыч болоттун
Толтосунда турабыз,
Кыян тийбес кытайдын
Ортосунда турабыз!
Жамгырдай болуп жаа тартып,
Жабылып кытай каптаса
Чалгынга минер тулпар жок,
Чамабыз кетип калабы?
Сараладан айрылсак
Чалыяр жетпес бу Бээжин
Жабыла каптап жетпейби,
Ойлонсоң боло, Алмамбет,
Ошондо амал кетпейби!
Астыңдагы Сарала
Канатың эле кайрылба!
Каран түн түшөт башыңа,
Тилимди алсаң, Алмамбет,
Сараладан айрылба!
Сараладан айрылсаң,
Тиги кытай чуркурап,
Тегеректеп албайбы,
Башыңа тозок салбайбы!
Сараладан айрылсаң,
Тегеректеп албайбы,
Тегерегиң кыйын жоо,
Терең орго салбайбы!
Теңизим, Алма, тилимди ал,
Сарала эмес, муну чал!»
Жазы жаак, жалпак тил,

Жаакта жок Ажыбай
Кара атты кармап турду эле.
Козголбогон Алмаңа,
Калкамандын Кара атты
Туйгунуңдун алдына
Туура тартып турду эми.
Туралбастан Алмамбет,
Алача моюн шамшарды
Ала коюп Алмамбет,
Көкүлү менен кулагын,
Калкамандын Кара атын
Кошо кармап алды эми,
Козголбогон арсланың
Туруп туруп Кара атты
Ай туякка чалды эми.
Сүйүнүп жүрөк айрылбай,
Ээрчиткени эр Шууту,
Алтын такта Манаска
Алып аны барды эми.
Шууту туруп Манаска
Таластан кабар салды эми:
«Өзөндүү Талас боюна,
Өрүшкө элиң толуптур,
Төрөлгөн бала Семетей
Балтыр бешик болуптур.
Аргын, огой журтуна
Токулуу турган буудандын
Ток экенин билгизбей,
Кабылан Манас өзүңдүн
Жок экениң билгизбей,
Калдайтып башын туу кылып,
Катын башын эр кылып,
Үзүлгөнүң улаптыр,
Чачылганың жыйнаптыр.
Ыйлап туруп Каныкей
Алты күлүк ат берди,
Чалыяр тийбес Бээжинге
Чалкалабай кайтсын, - деп,
Топон суу тийбес Бээжинге
Токтобостон зор төрөм
Таласка тезден кайтсын, - деп,
Бели катуу Бээжинге
Бейлебей жатса өлөт, - деп,
Бейлесе боло, бадышам
Береки берен Семетей
Жалгызын качан көрөт, - деп,
Кыраңы кымбат Бээжинге
Кылчайбай жатса өлөт, - деп,
Өлбөсө да бадышам

Кыйын азап көрөт, - деп,
Бээжинден азыр тартсын, - деп,
Бери карай кайтсын, - ден,
Каканчындын Бээжинге
Каарданып бадышам
Камырабай, ойлобой,
Болбой жатып алат, - деп,
Жети кандын көп кошуун
Он эки кан ыслам
Убалына калат, - деп...
Аманат берген ал катын
Чоң-Бээжиндин четинен,
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Салынган кара тумшуктан
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Качырып чыкты күркүрөп,
Кайрат кылар чамам жок,
Бүткөн боюм дүркүрөп,
Абыдан жаман шашкамын,
Коркконумдан аянбай
Алдына түшүп качкамын.
Асый чыкма Буурулдун
Аркырап оозун тарттырбай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кара суугa капталтып,
Камап жетип келерде,
Түп этектен аларда,
Жалгыз жанды шордотуп,
Жаңы өлтүрүп коёрдо,
Өкүм күлүк Буурулду
Өткөрө санга салгамын.
Бугудай мойнун бурады,
Буудан күлүк Тайбуурул
Бута бою баткактан
Буйдалбастан чурады.
Кисенин оозу ачылды,
Аманат берген катыңыз
Агып суугa чачылды.
Жоготту десең катыңды ал
Жолборсум Манас, кабылан
Тартууга берем малымды ал!
Атымды баатыр, албасаң
Көөкөргө куюп канымды ал!
Көк жалым, арслан, зор тыңда,
Башымды алсаң мен мына!»
Айтып, какшап турганда
Арслан тилин алган жок:
«Таласта долу калды», - деп,

Оюна көк жал алган жок.
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Тирүү киши калганда
Өлбөймүн, - деп жүрбөйбү!
Чыны менен жараткан
Чындап буйрук кылганда,
Жебирейил жалаңкыч
Жан алмакка келгенде,
Беш салаасын тең салып,
Жан алышка келгенде
Сүйлөбөй тили тутулат,
Чындап келсе, ажал-ок
Кандай киши кутулат?
Чындап ажал келгенде
Мендеси чиркин өлбөйбү,
Киргизбейби казган көр,
Батырбайбы кара жер!
Жаман катын, жаш бала
Таласта калып калды, - деп,
Дөөрүбөгүн, сен Шууту!
Сулайман тийбес Бээжинде
Сурак сурап мен турсам -
Умачтай көзүн ачпастан,
Бузук ишин баспастан,
Тентектигин тыйбастан,
Алтын, дилде жыйбастан,
Ушу турган Бээжинден
Уялбай кантип кетейин!
Чалыяр тийбес жер болсо,
Ушу жаткан Чоң-Бээжин
Чаң салып эли-журтуна,
Кан агызып калкына
Чаап алган мен болсом -
Таласта катын, бала, - деп,
Не муратка жетейин,
Мингениме алтын так
Алты ай толук боло элек,
Таласка кантип кетейин!
Үч жылы Бээжин сурабай,
Кайра барып Таласка
Кантип чыдап жатамын.
Чачылса мейли жыйганым,
Байгамбар ак, диним ак
Тилегеним ыйманым!
Ушу быйыл эр Шууту,
Айза кармап, топ бузам,
Ажал жетсе окко учам!» -
Деп, ушунтип теңизиң,
Жети кандын баарысын

Он эки кан бусурман
Калтырбастан аскерин
Алып баары келсин, - деп,
Кечикпестен баарысы
Бүткүл азыр болсун, - деп,
Эр Үрбүнү чаптырды.
Сулайман келбес Бээжинден
Сурак алган бусурман
Касиеттүү жан болгон,
Он эки кан ар башка
Он эки жерде кан болгон.
Катагандын кан Кошой
Кара калмак шаарына,
Кабарыңда бар бекен,
Кан Жолойдун элине
Кары Кошой кан экен.
Калмактын каны кан Жолой,
Катагандын кан Кошой
Кармашып жүрүп эзелден
Эскиден кеги бар экен.
Айкожонун Билерик
Колго түшүп кеткенде
Жолой менен салышып,
Эмгекти чындап тартышып,
Он эки жылы атышып,
Айзакерден ыктуу кан
Эрендин баары жыйылган,
Канча жылы урушуп,
Азаматтар кырылган.
Ошону үчүн кан Кошой
Эски кегин алган кез,
Канча катуу азапты
Калмактарга салган кез.
Салык кылып калмакка
Сары оорудай саргартып,
Алым алып сандалтып,
Эркечин элден жыйдырып,
Эчкилерин кырдырып,
Кыйма чаап уй түгүн
Баткагына септирип,
Алты миңче балбанын
Кетмен берип колуна
Ылайды кесе тептирип,
Кыйла жаткан калмакка
Кыш бышырып алдырып,
Кылганымдын атагы
Кыяматка калсын, - деп,
Мечитти түптөп салдырып,
Белгилүүнүн баарысын

Белин бекем буудуруп:
«Бусурман болом» - дегенин
Ак боз бээнин сүтүнө
Кириндирип жуудуруп,
Кири жок аппак, тунукту
Бойдок барган жигитке
Болбой ике кыйдырып,
Уска болуп калыптыр,
Баатырлардын кеби ошол,
Өлгөнүнөн калганы
Калмак менен кытайдан
Тукум алган жери ошол,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Жыргап жаткан эли ошол.
Уруктуу кытай эл экен,
Ур төгүлгөн жер экен.
Кырк жылы кыргын болсо да
Кылча көрбөй кыргынын
Кылчайбаган эл экен.
Кан Кошойдун кылганын,
Муну мындай таштайлык,
Тогуз уул кенжеси,
Бир кудайдын мендеси,
Масейилди жердеген,
Баарынан мыкты эр деген
Элемандын эр Төштүк,
Алачаңдын белине,
Алтын казчу кенине,
Алтын менен дилдеге
Канып калган кези экен.
Жер алдына түшкөндө
Жетеси күйүп калганбы,
Тыргооттордун баарысын
Сурап шорун кайнатып,
Үч үйүнө саагын, - деп,
Жалгыз эчки байлатып,
Тыргоот эли буркурап,
Азирет тийбес Бээжиндин
Айласы эми кетти» - деп,
Баары өксөп чыркырап.
Чуркуратып журт билген
Эр Төштүктү таштайлык,
Буудайык кандын Музбурчак
Мындан сөздү баштайлык.
Буудайык кандын Музбурчак
Бузулбаган там болгон,
Буйругун көрчү жазгандын,
Бөрүкөздүн ордуна
Такка минип, кан болгон.

Шибээнин турган шаарына
Касиеттүү кан болгон.
Жердин жүзүн ачтырып,
Кумун кенен чачтырып,
Аштыгын кенен айдатып,
Берекесин жайнатып,
Качыр, эшек, аттарын
Баарын текши байлатып,
Оюн салып бүгүлүп,
Далай шибээ жүгүнүп:
«Бөрүкөздүн барында
Бөйрөктөй жерге ээ болбой,
Бей-бечара болгонбуз,
Музбурчактын барында -
Баарыбыз текши оңгонбуз!» -
Деп, ырдашып шибээлер
Сыбызгысын тартышып:
«Бөрүкөздүн барында
Куурадык» - деп айтышып,
Куурагандай эмеспи,
Кыябына келгенде
Сууну бөлөк бурчу эле,
Жети миңдей кысыр тай
Жел жетпес жорго, жетик мүлк
Жылда сабап бизден
Алым алып турчу эле.
Музбурчак бизге келгенде
Көңүлүбүз жай болду,
Жегенибиз май болду» -
Деп, ушинтип, шибээлер
Сүйүнүшүп турушат,
Күндө чаган кылышат.
Бусурмандан кан болуп,
Бээжинди алган убагы.
Керегеси жыгачтан,
Түп атасы Алаштан
Айдаркан уулу эр Көкчө
Касиеттүү жан болгон,
Солоондорго кан болгон.
Каарына алганын
Тизесин жерге бүгүлтүп,
Кыйыгына тийгенин
Өөдө-төмөн жүгүртүп,
Буласын булап алдырып,
Казак колу өзү баш
Элине каран салдыртып,
Ак сакалдуу чалына
Чылгый тери ийлетип,
Көксөө болуп калганын

Тамашага бийлетип,
Солоондун баары жыйылып,
Чыдабастан кырылып,
Алтын айдар кең бурчту
Камап турду эр Көкчө,
Солоондордун баарысын
Сабап турду эр Көкчө.
Сабап туруп эл билген,
Эр Көкчөнүн кандыгы,
Азгынакай Көкчөдө
Ала көөдөн бардыгы.
Ата кесип абалдан
Болгон казак эмеспи,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Сары-Арканы жердеген,
Ата уулу казак эл деген.
Айкөл Манас болбосо,
Сары-Аркада сан казак
Бээжинди мурун көрбөгөн.
Кайран Манас Бээжинге
Калың уруш салганда,
Караан болгон бусурман.
Он эки колу, далай жан
Туш-тушунан кытайдын
Сурагын сурап турганда,
Кан болуп жаткан ысылам.
Кара аты менен эр Үрбү
Кан Манастын алдына
Баарын айдап барганда
Чогулушту калың кол.
Ошол колдун ичинде
Кошой, Төштүк каны бар,
Ажыбай, Бакай дагы бар,
Алмамбет, Сыргак шери бар,
Кырк чоро кыраан, бөрү бар.
Аксакалдан кары бар,
Мекеден келген Айкожо
Ыймандыкка дагы бар.
Айта турган кеби бар,
Кан Көкөтөй баласы
Эр Бокмурун беги бар.
Калайык журттун каны бар,
Ойроттон чыккан эр Шыгай
Ошол баатыр дагы бар.
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң
Атышканы ал келген.
Кокон каны Козубек,

Маргаландын Малабек,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,
Ошол баатыр дагы бар.
Ындыстандан да келген.
Так үстүндө кыйгачтап,
Жыйылып кандар барганда
Телегейи тең эле,
Күмүшү күйсө күйүнбөйт,
Алтыны акса аңдабайт,
Ичин карап отурсаң
Дүнүйөдө кең эле,
Кымбаттуу арслан асылың
Кара кулак шер эле.
Ошондо Манас сөз баштайт:
«Айкожо, Кошой, кан Бакай,
Карың мында турасың,
Калайык, калың бусурман
Баарың мында турасың.
Зордугум болсо кечип кой,
Омбуткан сөзүм бар болсо
Ордолуу журтум кечип кой!
Ордону бузуп, олжо алдым,
Он экиге келгенде
Эче жерге жол салдым.
Оруп берип орусту,
Тартып бердим кеңири
Коно турган конушту.
Кыйыр жаткан кытайды
Кыстоо салып башына
Кыялыма көн - дедиң,
Кыйратып бизге бер - дедиң.
Бул сөзүңдү укканда
Он эки кан бусурман,
Таласта турдум жер жайлап,
Орчун журтум баарыңар,
Баарыңарды калтырбай
Бээжинге казат кылам, - деп
Айдап келдим кембайлап.
Атым жалгыз дегендин
Атын союп жеймин, - деп,
Артыкча кыстым бусурман.
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп жеймин, - деп,
Өкүм кылдым бусурман.
Өкүм Манас баатырың
Өткөрө өкүм кылды, - деп,
Өктөм күчтү салды, - деп,
Өксөп жүрдүң бусурман.
Мээнетти Манас салды, - деп

Бегирээк кейип калбагын,
Убалың мага калбасын,
Таңда макшар күнүндө
Убарага салбагын.
Айдап жүрүп кырды, - деп,
Ааламдын элин жыйды, - деп,
Алып барып Бээжинге
Азапка бизди салды, - деп,
Жаман катын, жаш бала
Эми көрбөй калдык, - деп,
Кыяматтын күнүндө
Каныңды доолап турбагын.
Атам кары дегениң
Азыр кайткын жериңе,
Өзүм начар дегениң
Эми кеткин жериңе,
Кайта бергин кетериң
Туулган, тууган элиңе!» -
Деп, ушинтип, эр Манас
Жардык айтып турганда,
Калайык дүрбөп, элди эстеп,
Канчалары кубанып,
Киндик кесип, кир төккөн,
Ойноп жүргөн жерди эстеп,
Чубактын алган зайыбы
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал
Алтын, күмүш тең жүктөп,
Кызыл дилде кымбаттап,
Кыйла түрдүү бул алып,
Кытайдан канча кул алып,
Кырааны Бакай баш болуп,
Кайтмак болду Таласка.
Эсенкан кызы Бурулча
Алмамбеттин алганы -
Желбегей торко кийгизип,
Жеткилең сулуу кыздардан
Жан-жөкөргө кыз берип,
Кымбат баа тондордон,
Алтындаган булдардан
Таңылчактап бул берип,
Тандамалуу кул алып,
Энчисинен өзүнө
Эсенкандан мүлк алып,
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай кан Бакай,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай кан Бакай,
Жактырбай отун өчүрүп,
Ай Жаң-Жуң кызы Бирмыскал,

Эсенкан кызы Бурулча,
Салтанатын сай кылып,
Жердин бетин жайнатып,
Алып чыкты көчүрүп.
Каканчын, Бээжин калың шаар
Калкы кайгы тартты эми,
Бурулча менен Бирмыскал
Бул экөөнө жакыны.
Бадана кийип балкылдап,
Кырмызы көйнөк, кыйгач көз,
Короз моюн, кымча бел,
Эт-бетте жок сулуусу
Бурулча менен бөлүнүп,
Оолжуп жүрдү Таласка,
Олжо болуп Манаска.
Кызыл жорго ат минген,
Кынамалап жал түйгөн,
Кырмызы кызыл тон кийген,
Кыздарынын баарысы:
«Бакайга олжо болдук, - деп,
Бастырып калды Таласка.
Ушулардын баарысын
Кан Бакайдай карысы
Артынан түгөл ээрчитип,
Алып чыкты Бээжинден.
Булар жүрүп кеткенде
Жердин жүзү чаң болду,
Кырк кандын эли көп кытай
Кайгыдан баары дал болду.
Кайраттан калды көп кытай
Акылы азып маң болуп,
Мунун баары чын болсо
Бусурманга шаң болуп,
Бу кылганы Манастын
Жер жүзүнө угулуп,
Калайыкка даң болуп,
Катагандын кан Кошой
Сакалында ак экен,
Карып калган чагы экен.
«Кудайдын берген жыргалы
Ушундай экен көрөйүн,
Караламан катаган,
Кайкалаган калың эл
Журтума жетип өлөйүн», -
Деп, ушинтип, кан Кошой
Колунан бир миң жан алып,
Олжо жүктөп кетишке
Ошол шаар Бээжинден
Миңден кызыл ар алып,

Бу да чыкты Бээжинден.
Элемандын эр Төштүк
Жер алдына түшкөндө
Жети жылы жоголгон,
Жер алдынан чыкканга
Ушунда үч жыл болуптур.
Ажыдаар менен алышып
Даты өтүп кетиптир,
Кырк кулактуу казанды
Кыйналып сүйрөп чыкканда
Жарым жашы кетиптир.
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык,
Жука тондуу тайкысы,
Балаадан башы чыкпаган
Элемандын байкушу
Кетмек болду жерине.
Жоо-жобуркай катылса
Жолдо ажал жетет, - деп,
Жол кадырын билүүчү
Жолдош болуп берет, - деп,
Көрөгөчтү бирге алып,
Тандап беш жүз кол алып,
Алтын, күмүш, дилдени
Олжосуна мол алып,
Кара көздөн кыз алып,
Канчалык сулуу уз алып,
Төштүк кайтты жерине.
Калганы тогуз кан болду:
«Буруттун көбү кетти», - деп,
Көп кытайга даң болду.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Манаста турган Шуйкучу
Кеп ташыган Калчага
Эртели-кечи бу болду.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Жайдын күнүн кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кылчылдатып кыз кылып,
Жайлап жаткан ал болду,
Шибээ менен манжууну
Бийлеп Чубак кан болду.
Токсон тоонун урунуш,
Тогуз дайра куюлуш,
Адам билбес жалгыз жол
Эр Алмамбет баш болуп,
Тозуп жатты бир сан кол.

Колдун жайын айтайын,
Эриккенде тайын жеп,
Казы-карта, майын жеп,
Дуулдап жатты калың кол.
Союшун мыктап союшуп,
Күндүз кымыз, түнү кыз
Эселек, ээсиз калың кол
Өз эркинче болушуп,
Шабыят ойноп дардактап,
Кырк таман жерди чийишип,
Ордо салып ийишип,
Ойноп жатты калың кол.
Калча келет деген соң
Каканчындын Бээжинди,
Калың манжуу, кытайды
Эч көзүнө илген жок.
Ошол кезде Манасты
Кайтарганы кырк чоро.
Тыңчы болот Манаска
Серек менен Сыргагы,
Бер жагында булардын
Ырамандын Ырчы уулу,
Төлөмандын төлгөчү
Боз уул деген эркеси,
Кырктын башы Кыргыл чал -
Кыркында көпкөн жинди чал,
Кадырманы Шууту бар,
Баатыр экен Байчоро,
Агаяры дагы бар.
Тушуна атты желдирбей,
Эшигин сактап кырк чоро
Эр Манаска бир киши
Бей уруксат жибербей,
Темирдей курчап алды эми.
Арман кылса кытайдын
Атын союп дагы жеп,
Эр Манастын кырк чоро
Тилге келген адамды
Тили менен үркүтүп,
Тилге келбес адамды
Кылыч менен коркутуп,
Бөрк ал десе, баш кесип,
Бөлүп турду кырк чоро.
Бу кайратын көргөндө,
Кырк кандын эли кытайдын
Кыстоо түштү башына.
Минтип бизди аябай
Кырып Манас кетет, - деп,
Манжуу менен кытайдын

Түбүнө бурут жетет, - деп,
Манасыңдын кырк чоро
Багалак ойноп, чаң салып,
Оодарышмай ойношуп,
Эки-экиден чү коёт,
Кезиксе бизди кырат, - деп,
Каарына чыдабай,
Калың кытай, көп манжуу
Качып жолдон дыр коёт.
Ойлонуп акыл салган жок,
Кытай менен манжуудан
Укурук кайрар калган жок.
Каканчындын Бээжинге
Күркүрөп Манас эр болду,
Калың кытай, көп манжуу
Качып кара жер болду.
Кайтарып турган кырк чоро
Калың манжуу, кытайдын
Жүрөгүнө чер болду.
Качыр эмес ат болду,
Алым алган кытайга
Көкүрөккө дарт болду.
Кырк кан эли кытайга
Кыйын болду сурагы,
Алты ай сурак кылганы
Алтымыш жылга татыды.
Асылын көргөн бусурман
Кеткиси жок Бээжинден.
Ушу канкор барында
Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түкүрүп айза сундурам,
Калың кытай Бээжиндин
Сурагын бирге кылышам», -
Деп, ушинтип, кырк чоро,
Калган кандын баарысы
Коргон болду Манаска.
Буйрукту чындап салды эми,
Калдайынын баарысын
Камап турган ошол чак,
Таш сайынган кытайдын
Тазасында алымды
Далай-далай салды эми.
Далай барган бойдогу
Бирөө куру калбастан,
Катындуу болуп калды эми.
Күрмө кийген кытайды
Күндө камап турду эми,
Белдемчилүү кытайды
Бетин жыртып урду эми.

Алык-салык чыгымды
Ала берди бусурман
Аянбастан мал-мүлкүн
Ала берди бусурман.
Амалын таппай көп кытай
Акылдан азды сандалып,
Сурагы катуу экен, - деп,
Бусурманга таңданып:
«Убара кылды бурут, - деп,
Эми алты ай сураса
Каканчындын Чоң-Бээжин
Такыр тозуп куруйт, - деп,
Адамына узанып,
Алымына кыз алып,
Качырга алтын арттырып,
Кайгыны жаман тарттырып,
Булкунуп кирип, бу бурут
Минди алтын тагыңды.
Калың журтту каратты,
Калкка салды санатты.
Жазга маал болгондо
Жалдуу күлүк мингизбей,
Жайдын күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей,
Ушинтип турган бусурман
Бир күнү кыстап элиңден
Башчыларын жыят ко,
Айдап жүрүп кытайды
Акыры бир күн кырат ко!
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай -
Кебелбеген кара көк,
Калдай кайда кетти экен?
Айбалтасын билекке
Илди бекен Коңурбай,
Калың журт тозок тартканын
Билди бекен Коңурбай?
Бээжинге өтө белдүү эр,
Каканчындын кытайды
Багып алар шер эле.
Ушу Бээжин көп журтту
Туз салбастан бышырып,
Ак мөмөсүн жечү элек.
Алөокөнүн Коңурбай
Айкырып карап турганда,
Балакет кайда дечү элек!
Көзүн кузгун ойгонбу,
Көөнү келсе буруттун
Манасы союп койгонбу?»

Капаланып буркурап,
Калың кытай чуркурап,
Ырайымсыз Коңурбай
Аянбастан кытайдан
Алым алат дечү элек,
Анда кайгы кылчу элек.
Арылгыс азап, катуу күн
Анык мында турбайбы!
Алым алып күнүнө,
Азап салды элине» -
Деп, ушунтип, көп кытай
Арман кылды чуркурап,
Алек болгон көп кытай
Аны мындай таштайлык,
Алөөкөнүн Коңурбай
Андан сөздү баштайлык.
Айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыктуу кул,
Башына баса кийгени -
Ок өтпөгөн туулга,
Карысына илгени -
Болоттон кылган чарайна.
Билегине илгени -
Сугарып ууга жасаган,
Алтын жебе айбалта.
Күндүзүндө уйку жок,
Түн ичинде тынчы жок,
Аңдып жүрөт Коңурбай.
Күн чыгышта дарбаза
Жети күнү торулду ай,
Жетпей кетти Коңурбай,
Ичине тилчи салалбай,
Манастан кабар алалбай,
Кайгып кетти Коңурбай.
Тынч алам, - деп, бир жерге
Жатпай жүрөт Коңурбай,
Анык кабар билалбай,
Ысыгына Манастын
Батпай жүрөт Коңурбай.
Кабар албай Манастан
Калча кулда арман зор,
Коңурбайдын жанында
Манжуу деген балбан бар.
Көз байлоочу зыйкырчы,
Дубакердин өзү экен,
Аңдып жүргөн Калчанын
Караган кара көзү экен.
Кызыл кан акса майдандан
Кылчайбастын өзү экен,

Айкожонун Билерик
Эсенкандын алдына
Тартуу кылып келгенде,
Бусурмандын адетин
Билип калган эме экен.
Олоңдой болгон айдарын
Төбөсүнө түйдү эми,
Кожолордун эндей тон
Үстүнө баса кийди эми,
Белге орогон дүңгө кур
Селде кылып чалды эми,
Кара кашка эшекти
Баса минип алды эми,
Аса-муса колунда,
Ак куржуну жонунда,
Алда айтып бурутча
Жолду көздөй салды эми.
Кайтарып турган Кыргыл чал
Кең Бээжинди кыдырган
Дубана, - деп, ойлоду.
Молдо айтуучу зикирдин
Бирөөнү айтпай койбоду.
Желгенине жел жетпей,
Алда айтып закылдап,
Тозок менен бейиштин
Жайын айтып какылдап,
Тегерете чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Алтын тактын үстүндө
Бадыша Манас кара көк,
Калың кытай, манжууну
Билип турган ошо чак.
Камырабас көк жалың
Аябаган шер экен,
Телегейи тең экен,
Теңиздиги - дарыя
Акылга дыйкан кең экен.
Киреpге киши зар экен,
Кан Манастын алдында
Калп жеринен бусурман
Шуйкучу деген бир кытай
Ашмачысы бар экен.
Эр Манастай көк жалдын
Жүргөн менен турганын,
Кеп-кеңешин, кылганын
Билип жүргөн жан экен.
Коңурбайга бермекке
Катка салып баарысын,
Бусурманга көрсөтпөй

Катып жүргөн куу экен.
Дубана жакын барганда
Көрүп калды Шуйкучу,
Табактай болгон бир нанга
Ичине салып жазганын,
Сан кишиге көрсөтпөй
Берди катты Шуйкучу.
Нанды алып зыйкырчы
Бура тартып дыр коюп,
Камчы менен эшегин
Кара санга бир коюп,
Кайрылбастан токтобой
Жолго түштү чу коюп.
Калаадан чыгып закымдап,
Алтын казчу кенине
Коңурбай Калча жашынып,
Жатчу эле ошондо.
Дубана келди жакындап,
Көздү ачып-жумганча
Коңурбайга жетти эми,
Көтөрүп келген көмөчүн
Бере сала өттү эми.
Сындырып Калча караса,
Көмөчтүн орто жеринде
Шуйкучу берген каты бар,
Катын окуп караса
Шуйкучу деген аты бар.
Катка мындай жазылган:
«Бээжин билген Манаска
Күрөшүп күчүң жеткисиз,
Кужүрмөндүн бири экен,
Издегени Манастын
Бусурмандын дини экен.
Арсландыгы чын экен,
Ичин карап отурсам -
Дарыядан кең экен,
Телегейи тең экен.
Каарданса Бээжинди
Калың кытай, манжууну
Каканчындын баарысын,
Жашы менен карысын
Жеке кырар эр экен.
Бусурмандын калкына
Темир коргон чеп экен.
Буруттугу болбосо
Каканчындын Бээжинге
Кан болору эп экен.
Алыша келсе ал жетпейт,
Күрөшкөндө күч жетпейт.

Атышкан менен ок өтпөйт,
Айза, кылыч дагы өтпөйт.
Алышарга келсеңиз
Бүктөйт сенин белиңди,
Бүлдүрөт сенин элиңди,
Кан дарыя агызып,
Сел каптатат жериңди.
Көрүнүп калсаң Манаска
Убараны саласың,
Кырк кандын эли кытайдын
Убалына каласың.
Кыраан Манас каны бар,
Кырк миңди көрбөс кылчалык
Кырк чоросу дагы бар,
Ал чоронун ичинде
Алмамбет, Чубак зору бар.
Өңгөсүн айтып нетейин -
Өжөр Сыргак бөрү бар,
Кыскасын айтып нетейин -
Айзакерден мыктуу бар,
Ааламды бузар ыктуу бар.
Амал менен албасаң,
Алышканда Манастан
Күн жок бизге кутулар!
Кан Манас сырын айтайын:
Касиеттүү кан экен,
Ар жуманын күнүндө
Бир кылыгы бар экен.
Таң кашкайып сүрөрдө,
Жерге жарык киреерде
А дегенде артын жууп,
Анан кийин бетин жууп,
Бүткөн боюн тазалап,
Эң акыры бутун жууйт.
Өтүк кийбейт бутуна,
Жарагы жок үстүндө,
Жалаң чапан жамынып,
Кооп кылбайт кишиден.
Так түбүндө мунар бар,
Тегерете чынар бар.
Жерге жарык тийбестен,
Таң шаңкайып сүрбөстөн,
Оолжуй басып зыңгырап,
Кайтарганы кырк сакчы
Карап турат айланып,
Акырын басып жөтөлүп,
Ошол жакка эр Манас
Өзү чыгып мунарга
Күн батышты бет алып,

Азан айтып аңгырап:
«Алда!» - деп, колун көтөрүп,
Азан айтып турганда,
Ал ырымын кылганда,
Эки жакты карабай
Көзүнө келип калсаң да,
Сен кимсиң? - деп айтууга,
Башын кесип алсаң да
Асты Манас карабайт.
Ушунда айла болбосо
Зили чукуйт көзүңдү,
Жок кылат сенин өзүңдү.
Казат кара оруңду,
Кайнатат сенин шоруңду.
Сындырат сенин белиңди,
Антип айла кылбасаң
Кыйратат сенин элиңди,
Кытайды кырып жок кылып,
Сай кылат сенин жериңди.
Минтип иле таппасаң,
Буланды булап алат ко,
Бу келген бурут кандары
Азапты башка салат ко».
Муну окуп Коңурбай
Тилден калып сандалып,
Сары оору болду саргарып,
Айланы ойлоп табалбай,
Акылдан калды Коңурбай.
«Илелеп акыл таппасак,
Айтканы чын Шуйкучу
Аккулага мал жетпейт,
Ошол айла болбосо
Эр Манаска ал жетпейт.
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Ошо капыр буруттун
Добушунан жан чыгат.
Ушул айла болбосо
Чалышкан менен чак келбейт,
Алышкан менен ал жетпейт.
Кебез белбоо, кең болдум,
Алөөкөдөн туулуп,
Чоң-Бээжинге эр болдум.
Айла табар бирөө жок,
Азапка түшкөн мен болдум.
Жарча болдум кыясыз,
Жапаны тарткан курган жан
Жалгыз болдум уясыз.
Сулайман келбес Бээжинге
Сурагымды алдырдым,

Искендер тийбес Бээжинге
Ичине мечит салдырдым,
Колодон салган бурканым
Бурутка олжо алдырдым.
Бу көрөкчө өлөйүн,
Айткан Шуйку балбандын
Айтканын кылып көрөйүн!
Каарданып чыңданып,
Кайраттанып тыңданып,
Бөрүдөй болуп элеңдеп,
Кыргын кылып кытайды
Кырк күнү бирдей жасаткан,
Улабай учун чыгарткан,
Уу менен сугарткан,
Ар түлүгүн жайланып,
Айбалтасын байланып,
Ороодой болгон көзүнөн
Оргуп-оргуп жаш кетип,
Каалгадай кашка тиш
Тиштегенде бычырап,
Туйгун Калча күлүстөн
Тутамча жанын көрбөстөн,
Тоодой боюн топчулап,
Астындагы Алгара
Абайы менен үпчүлөп,
Теңиз экен Калчаңыз,
Тегерегин карабай,
Теңиз жанын аябай,
Карапчысын салынып,
Табынып турду Коңурбай
Бурканына жалынып:
«Кыйшыгым болсо оңдой көр, буркан!
Бурканым, мени колдой көр!»
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тилеп турду жүгүнүп,
Ыйлап турду буркурап,
Өкүрүп-өксөп даңгырап,
Бурканына жалынып,
Күндү күндө эсептеп,
Күн эсебин алды эми,
Ай эсебин эсептеп,
Ай эсебин алды эми.
Эсептеги жети күн
Эринбей санап болду эми,
Эликтей болгон Алгара
Ээр-токум токунуп,
Кылымды бузуп кетчүдөй
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,

Эрте ойлоп, кеч болуп:
«Эптеп Манас жетсем», - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Арсландай толгонуп,
Каарына чыдабай,
Кара чаар жолборстой
Калча турду комдонуп,
Кылыч жанда кыңгырап,
Айбалта колдо шыңгырап,
Айза колдо койкоюп,
Асынганы очогор
Оң ийинде оркоюп,
Кыя тартып бастырып,
Оозунан заар төгүлүп,
Көңүлү эчен бөлүнүп,
Бээжинди карап бастырды.
Опол-тоодой көрүнгөн
Алөөкө деген кан чыккан,
Алөөкөнүн Коңурбай
Арбагын угуп алыстан
Корконунан жан чыккан.
Күнү эмес түнүндө
Жүргөн Калча эмеспи,
Түндө жүрсө күндүздөй,
Алөөкөнүн Коңурбай
Билген кыраан эмеспи,
Жапалак учпас жар менен,
Өзү билген өр менен,
Жалгыз аттын жол менен
Келе жатат бет алып,
Капканы көздөй жол тартып.
Жакындап Калча калды эми,
Кырк дарбаза Бээжиндин
Кыркын бирдей кыдырып,
Кыраң чалды Коңурбай.
Ар эшикти кайтарган
Ар бириндe бир чоро,
Кырк чоро күткөн дарбаза
Канаттуу куш каттагыс,
Кайып тулпар аттагыс,
Кайтарган сан-кол чеп экен,
Эшиги таштан бек экен.
Чоң-Бээжинге киралбай,
Кайгып жүрөт Коңурбай.
Чыканактап калбастан,
Жатпай жүрөт Коңурбай,
Чыдап калаа киришке
Батпай жүрөт Коңурбай.
Керимселдей керилип,

Кейип жанын аябай,
Чымын жанга карабай,
Өлөмүн, - деп ойлобой,
Өөдө-ылдыйды болжобой,
Ачык турган эшиктен
Алгара менен чуратып,
Кирмек болду Коңурбай.
Туягы жерге илинбей,
Басканы жанга билинбей,
Коңурбай кирди эшиктен
Бурканына жалынып.
Кыргыл чал менен Агаяр
Таң мезгили болду, - деп,
Чыканактап чырм этип,
Уктап кетти тынч алып.
Алтын жаак айбалта
Ийинге салып катышкан,
Бекем уктап калышкан.
Берен Калча ыктуу кул,
Жоонун айласын билген
мыктуу кул,
Алгара менен дыр коюп,
Алдында чынар терекке
Жетип барды чу коюп.
Жеткенде чынар терекке
Алгара оозун бурду эми,
Түкүрсө колго өрт күйүп,
Түгөнгөн Калча турду эми,
Айбалта кармап шайланып,
Ар жагына камданып,
Карап Калча турду эми.
Карап турар Манасты,
Кырк чоронун ичинен
Ушу күнү келиптир
Ажыбайга кезеги.
Зың-зың этип кенебей,
Кан Манастын Ажыбай
Тыштан жоо келбейт, - деп,
Капилетсиз болуптур,
Эч бир ойлоп элебей,
Алтын тактын түбүнө
Карткүрөң оозун буруптур,
Ат үстүнөн айзасын
Кара жерге уруптур,
Таш өбөктү салыптыр,
Айзасына жөлөнүп,
Карткүрөңдүн үстүнө
Катуу уктап калыптыр,
Таласта жаткан эмедей

Коңурукту салыптыр.
Таң кашкайып атарда,
Таң чолпону чыгарда,
Асманда жылдыз бириндеп,
Жарыгы кетип күүгүмдөп,
Көк жал Манас баатырың
Колун суугa салды эле,
Кол дааратын алды эле.
Бутун суугa салды эле,
Бут дааратын алды эле.
Теңирине жалынып,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Төрт ирекет багымдат
Амазына камынып:
«Байгамбар ак диним, - деп,
Колдо, кожо бирим!» - деп,
Кыя тартып балкыйып,
Мунараны бет алып,
Опол-тоодой эр Манас
Басып чыкты даңкайып.
Өтүгү жок, жалаң бут,
Туулга жок, топучан,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Мунаранын башына
Басып чыкты керилип,
Акырындап жөтөлүп,
Кыбыланы бет алып,
Азан айтты эр Манас
Эки колун көтөрүп,
Кутпага туура турганда
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Келберсиген чиркин ай,
Алтын белбоо айбалта
Ала коюп имерип,
Азан айткан Манасты,
Кош колдоп туруп ошондо
Шилиге тартып жиберди.
А! - деген Манас бүк түштү,
Айбалта тийип калган соң
Төбөсү менен тик түштү.
Азан үнү басылды,
Уктап калган Ажыбай
Умачтай көзү ачылды.
Чочуп кетип, Ажыбай
Жетип келди дыр коюп,
Калча качып калганда
Камбыл тууган Ажыбай
Айза менен бир койду.

Качты Калча зыркырап,
Айза таамай тийген соң
Алда нече быркырап,
Ажыбай айза салганда,
Кош кабырга сөөгү
Кошу менен жанчылып,
Кошо кыйрап кетиптир,
Жаралуу болуп Коңурбай,
Астындагы Алгара
Баса түшүп жорголоп,
Капталдан аккан кара кан
Кара жерге шорголоп,
Эс билбеген эл менен,
Эси ооган жан менен
Алы кетип алсырап,
Акылы кетип далдырап,
Араң кетип баратат
Кан токтобой кансырап.
Калча мындай болгонун
Кайгырган Ажың көргөндө
Жаралуу Манас болду, - деп,
Калың элге кеп болуп,
Дарбаза эшик жабылып,
Канаттуу куш каттабай
Калды Бээжин бек болуп,
Адам кирип чыгалбай
Айлана турган чеп болуп.
Коңурбайдын Кара аты
Кара атынын бар экен
Капталында канаты,
Качан болсо коргондон
Мышыктай болуп түйүлүп,
Аттай жүргөн адаты.
Токтолуп Калча турбады,
Камчыны санга урганда
Астындагы Алгара
Бийик салган коргондон
Камчы бою чурады.
Канча боор, чап олоң
Баары үзүлүп бычырап,
Үстүнөн Калча жыгылып,
Алгарадан кулады,
Казып койгон чуңкурдун
Ичине түшүп сулады,
Эси ооп кансырап.
Чоронун бири көргөн жок,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ажалы жетип өлгөн жок.
Алыстан байкап калыптыр,

Алөөкөнүн Коңурбай
Чуңкурга түшүп калганын
Шуйкучу көрүп калыптыр.
Көрүп калып Шуйкучу
Муну көздөп басты эми,
Коңурбайдын үстүнө
Жабууну жая жапты эми,
Кырк күнү Калча алсырап,
Чуңкурда жатып калды эми.
Көз жаздырып жүгүрүп,
Келип турду Шуйкучу.
Керилип жаткан Калчага
Кең-кесири үч убак
Ашы менен суусунун
Берип турду Шуйкучу.
Жана турду дарылап
Күнүнө келип каралап,
Шуйкучунун бир киши
Анеткенин билген жок.
Дарылап жатып Калчаны
Өчкөн отун тамызды,
Өлгөн жанын тиргизди.
Ооруган жерин басылтып,
Умачтай көзүн ачылтып,
Зыйкырлыгын билгизди,
Кытайлардын Калчага
Календер кебин кийгизди.
Ак таяк берип колуна,
Элден кайыр суратып,
Калчаны салды жолуна.
Коңурбайдын кырк төрө,
Олоңдой бурап кара чач
Төбөсүнө чогултуп,
Түрүп жүргөн кези экен,
Каныбыз качан келет, - деп,
Алгараны жетелеп,
Алдынан тозуп баарысы
Күйүп жүргөн кези экен.
Өткөн күндү санашып,
Эсептеген табы экен,
Ошол күнү келбесе
Кетип калар чагы экен.
Туура тартып Алгара,
Кырк төрө келди бүгүлүп,
Таазим кылып канына,
Аттан түшүп баарысы
Ызаат кылып жүгүнүп.
Ушинтип төрө жетти эми,
Жеткен жерде Калчаны

Алгарага мингизип,
Алып, жүрүп кетти эми.
Кырк төрөсү баш болуп,
Кыйын узак жол тартып,
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Түгөнгөн тоонун урчугу,
Токсон жолдун тоому,
Тогуз суунун куюлуш,
Жаңырыктуу Жар-Кыя,
Алды жагы чер токой,
Жалгыз аттын чубама,
Жалгыз жолдун боюнда
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тынчтап уйку кандырбай,
Күлүктөрүн чалдырбай,
Чыканактап жаталбай,
Чырым этип уйку албай,
Чымчык учпас кең сайдан,
Чыңыроо чыккан талаадан,
Чыйралышып жол тозуп,
Ай караңгы, түн бүркөк
Адырдан чыкты үч берен -
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак.
Шектүү жерде жолдорду
Кезип жүргөн кези экен,
Шегин билип Калчаны
Тозуп жүргөн кези экен.
Алмамбет чыкты бакырып:
«Ысылам!» - деп чакырып.
Узун бойлуу, кең далы,
Качырса кайра тартпаган
Кайра жоодон качпаган,
Качырып келет артынан
Кан Балтайдын Чубагы,
Көзүнөн жалын төгүлүп,
Баарысынын алдында
Бута бою бөлүнүп,
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай,
Улак кандын Сыргагы
Октой болуп келайтат.
Үч берендин сүрүнөн
Жер айрылып дүркүрөп,
Байлап койгон арсландай
Күндөй болуп күркүрөп,
Кырк төрө менен Коңурбай
Ысыгына туралбай,

Качып берди бириндеп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чындап качты зирилдеп.
Жер жарылып, чаң чыгып,
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Добушунан жан чыгып,
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Качып калган кырк төрө,
Арт жагынан эр Сыргак
Жыйырмасын бир бөлүп,
Астына салып алды эми,
Акбалтайдын Чубагы
Онун бөлүп алды эми.
Алдына салып он бирин,
Коңурбайды баш кылып
Алмамбет айдап алды эми.
Калча кулга дүмөктү
Салып барат Алмамбет,
Жеткен жерге сойлотуп,
Кез келгенин кыйратып,
Оюп кетип баратат.
Урушту Алмаң салыптыр,
Он төрөсүн Калчанын
Такыр кырып коюптур,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ит урушун салышып,
Кайта-кайта кайрылып,
Алмамбет менен алышып,
Улак кандын Сыргагы
Айзанын учун кан кылып,
Кезикkенин дан кылып,
Бирин койбой жай кылып,
Алакелеп айкырып,
Жалынып Сыргак келайтат.
Качып калган Калчаны:
«Токтоткун!» - деп бакырып.
«Алмамбет!» - деп өкүрүп,
Он төрөсүн кыйратып,
Бирин койбой бүт кырып,
Баатыр Чубак келатат.
Алмамбеттин артынан
Жаны калбай бакырып,
Канча кайкы-белести
Ашып алды Коңурбай,
Алышарга алы жок,
Алды-артына карабай,
Амыз ишти санабай,
Качып калды Коңурбай.
Кууп-кууп жеталбай,

Үч берен калды токтошуп,
Үчөөнө бирдей жеткирбей
Коңурбай кетти жол түшүп.
Алөөкөнүн Коңурбай
Кабарды катуу салды эми,
Манасты жайлап салдым, - деп
Баарына кабар салды эми.
Коңурбай кабар бергенде
Токтобостон толгонду,
Токсон Бээжин козголду.
Топурак учуп тоз болуп,
Толгон кытай козголуп,
Манастын кылган кордугу
Көкүрөккө муз болуп,
Ураан тартып алышып,
Элден черик жыйышып,
Чет-четинен канды айдап,
Чет жердеги жанды айдап,
Толкуп жаткан көлдү айдап,
Тоону ураткан селди айдап,
Жапан жүрүп, эр өскөн,
Жалгыз көз деген элди айдап,
Жердин бети кылкылдап,
Жыбырашып кумчалык
Кумурскадай былкылдап,
Зубун-зубун бөлүнүп,
Ата-ата уулу болушуп,
Ар уругу ар башка
Эсеп берип көрүнүп,
Түн экени билинбей,
Топурак учуп асманга
Күн экени билинбей,
Асманда тозоң сөгүлүп,
Манасты өлдү дегенде
Бири калбай көп кытай
Бүткүл келип калыптыр,
Эр бүлөсү жыйылып.
Кумду көргүн, куртту көр,
Кумурскадай каптаган
Калың кытай журтту көр!
Жер жүзүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр!
Аскери жүрүп калганда
Айзанын учу кагышып,
Көптүгүнөн калың кол
Жүрө албастан кагышып,
Элүү башы энтеңдеп,
Он башысы ороңдоп,
Миң башысы бир бөлөк,

Жүз башысы сороңдоп.
Кылыч кында кыңгырап,
Айбалтасы шыңгырап,
Жүрүп калды көп кытай
Асабасы калкылдап,
Калкандары шаркылдап,
Коңурбайы баш болуп,
Бүткүл алпы ушунда,
Жүрүп калды көп кытай.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Үстүнө келди Манастын.
Бозала желек, кызыл туу,
Эр Манастын үстүндө
Бойбойлогон ызы-чуу.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат кетер кишидей,
Кыраан Манас көк жалың
Кыйын оору болуптур.
Арка-моюн арасы,
Кабылдап кеткен жер экен
Айбалта тийген жарасы.
Көк болотун дат алган,
Көрбөй калып Ажыбай,
Эки көзү кашайган.
Дарбаза оозун жаптырган,
Азанга турган айкөлдү
Абайлабай Ажыбай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кокусунан чаптырган.
Бусурман белин сындырган,
Жеке ээлеп жатчу эле
Калың манжуу, кытайды
Эми көөнүн тындырган.
Кыймалуу жактан чалдырган,
Кыраан Манас султандын
Байкабастан кырк чоро
Кытайга башын жардырган.
Арслан досу Алмамбет -
Адис болгон берениң,
Калың кытай Бээжинге
Канча кыргын дүмөктү
Сала кеткен эмеспи!
«Медет» деген дарыны
Ала кеткен эмеспи!
Карап туруп Алмамбет
Кан Манаска кайгырып,
Каңырыгы бек түтөп,
Ителгидей эки көз
Ирмебестен жаш алып,

Кайра карап Алмамбет
Жашып турду коңгурап:
«Ысылам журттун коргону
Досум Манас барында,
Эче-эче кыйынга
Жол саламын дечү элем,
Кытай эмес, кылымга
Кол саламын дечү элем!
Кубангандан курган жан
Көңүл кайнап толгонбу,
Ошол оюм кокустан
Өзүмө кесир болгонбу!
Кылчайбай жоого киргенде,
Кыраанным Манас турганда
Беттешкенди жечү элем,
Берeним Манас барында
Өлүм жок мага дечү элем!
Кыясы кымбат жер болсо,
А түгүл агып кеткен сел болсо,
Кыстап келген кол болсо,
Алдымда Манас барында
Асман менен кара жер
Чаң чыгарам дечү элем,
Канча кыйын болсо да
Чаңга аралаш салышып,
Кан чыгарам дечү элем».
«Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай бетпак алдамчы,
Опосуз жалган дүйнө - чок!»
«Медет» деген дарыны
Берениңдин башына
Беш которуп салды эле.
«Себеп» деген дарыны
Сээп туруп салды эле.
Дарыны мынча салган соң,
Ичинде уусун алган соң,
Көк жал Манас султандын
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
Баштагыдай кубат жок,
Кан азайып саруулап,
Ошондо да Алмамбет
Күндө турду дарылап.
Күлазыктан чайкатып,
Суусунуна бердирип,
Дарыны жаап бактырып,
Байтал бээнин казысын
Жарасына тарттырып,
Кадимкидей эсейтип,

Канкорду атка мингизди.
Жылгындуу Кең-Кол боюна,
Кең Таластын оюна:
«Жалгызыңды көргүн», - деп
Кан Манасты жүргүздү.
Азык-түлүк мол берди,
Жолдошу үчүн Манаска
Эче миң-миң кол берди.
Ат аябай жол жүрүп,
Алда канча күн жүрүп,
Ошондо Манас кыраан шер,
Ой ойлоду туйгун эр:
«Кече күнү эл-журтка
Каканчындын Бээжинди
Камап алды - дедирттим.
Эми элим айтпасын,
Катын-калач, калың журт
Качып кетти дедиртип,
Алтын, күмүш, дилдесин
Чачып кетти дедиртип,
Айбалта тийип башына,
Көп кытайдан корккондон
Шашып кетти дедиртип.
Калайыгым жыйдырып,
Калың элим баарысын
Мекеге жете кырдыртып,
Кытай менен беттешпей,
Кантип жүрүп кетейин!
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алданын салган буйругун
Моюнга түшсө көрөйүн!
Айкырышып топ бузуп,
Тагдыр жетсе окко учуп,
Не болсом да болоюн!» -
Деп, ошентип, кан Манас
Буйрук кылды сан колго.
«Токтодум, - деп, бу жерге!
Арман кылба бусурман,
Айтпай койду башта, - деп,
Атым арык дегендин
Азыр атын сойдурам,
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп өлтүрөм!
Каарыма тийгенди,
Караламан эл-журтум,
Аябастан кырамын!
Кылчайбастан диниңе
Кытайдан бетер кыламын!»
Манастан мындай сөз угуп,

Турган колдун баары угуп,
Алдыңкы туура сеңирге
Жалпы аттан түштү эми.
Алты, алтыдан тулпарды
Арасын керип байлатып,
Адис болгон калың кол
Алтыдан, ондон бөлүнүп,
Аш-тамагын кайнатып,
Берендер жатат керилип,
Сай тулпары эригип,
Шабыят тээп, даң салып,
Оромпой ойноп, чаң салып.
Ал аз болгонсуп, калың кол
Ордо салып алышып,
Кырк байталдан мөрөйгө
Байге кылып сайышып.
Адырдан кулан атышып,
Аркар, кулжа кубалап,
Тамашага батышып,
Тулпарды кесе байлашып,
Келип калса көп кытай
Канкор кандай болот, - деп,
Таштан катар чеп кармап,
Тегерегин бек кармап,
Баары бирдей сабылып,
Жоо ишине камынып,
Жатып калды калың кол.
Мерген турар жерлери
Бет алдыра таш коюп,
Айзакерден ыктууга,
Ай талаасын шайлашып,
Айбалта чабар мыктууга
Адыр жерди көздөшүп,
Кылыч чабар кыйынды
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Айдай кумдак далааны
Аны койду белгилеп.
Манасты койгон ортого
Баягы чепке чыңдашып,
Кароолчусун дайындап,
Чалгынчысын тыңдашып,
Ушу чакта Бээжинге,
Манас турган жерине
Калың аскер көп кытай
Коңурбайы баш болуп,
Жетип келди кылкылдап,
Манас жаткан калаага.
Айлантып алды он курчап,

Каптап кытай келгенде,
Чубак минип кан болгон
Бусурмандын аскери
Тамашасын кылышып,
Тойлоп жаткан кези экен.
Эр жарагын шайлабай,
Жоо келет, - деп камынбай,
Азизкандын Алмамбет
Туюк жаткан кези экен.
Алтындаган эшиктен,
Эсенкандын ордосу
Көлөкөлүү тешиктен
Карап турса Алмамбет
Кытайлардын кыздары
Эки-экиден жүгүрүп,
Баары бирдей сүйүнүп,
Баскан изин теңешет,
Баары бирдей кеңешет.
«Буруттун каны Манасты
Бугуп туруп Коңурбай
Айбалта менен чапты, - дейт,
Өлө турган болгондо
Таласка Манас качты, - дейт.
Кытай колу толот, - дейт,
Бүгүн, эртең эжеке,
Бурут менен беттешип,
Кыргын согуш болот, - дейт.
Мында туруп нетели,
Үйгө эрте жетели!»
Муну угуп Алмамбет
Айтканына таң калып,
Жоо бетине камданып,
Кабар салып калкына,
Бусурмандын жалпына.
Мындай сөздү укканда,
Жоо бөрүсү кырк чоро
Алмамбеттин үстүнө
Баары келди чогулуп,
«Берен Алмам, султаным,
Каарданып калыпсың,
Ашалбаган тоо барбы,
Аңдып калган жоо барбы?
Кайнап турган шор барбы,
Какайлап ураан чакырып,
Каптаган кытай кол барбы? »
Чоролор мындай дегенде,
Азизкандын Алмамбет
Айтып турат мындай деп:
«Арсланым, кыраан кырк чоро,

Азирет Аалы тийбеген
Азаптуу Бээжин жер ушул,
Тирүү жанды куткарбас
Бейжай кытай эл ушул!
Бейилин билип баштатан
Дебей жүргөн мен ушул!
Калың кытай, манжуудан
Кудай билет өлүштү,
Же өлбөй тирүү калышты.
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Азабы болсо тартпайбы!
Теңирдин салган буйругун
Ушундай болсо көрөлү,
Каканчындын Бээжинден
Ажал жетсе өлөлү!
Өлбөй тирүү турганда
Ээрчип келген ыслам
Кытай менен манжууга
Олжого кантип берели!
Таштап качсак калың кол
Убалын бизге артпайбы,
Жапаны жаман тартпайбы,
Жабыла бүлүк кылбайбы,
Мекеге жете куубайбы,
Бусурманды кырбайбы,
Буланды булап албайбы,
Бузукту кытай салбайбы!
Бусурманды кырдырып,
Кырк чоро качып кетти, - деп,
Бу дүйнөдө жаман ат
Акыретке барганда
Кырылган калың бусурман
Жакадан бизди албайбы,
Артта калган тукумга
Жаман аты калбайбы!
Атаганат, кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген шер элең,
Кыраан Манас көк жалдан
Кайсы бириң кем элең?
Кырк чоро тирүү болгондо
Кыйналбайм деп душмандан
Медер кылган мен элем.
Кытай менен манжууга
Кыйын кыргын салалык,
Кыраан Манас көк жалды
Ажыратып алалык.
Чындап сөздү бекитип,
Арслан тууган Чубакты
Кан Манастын ордуна

Кан көтөрүп алалык,
Ушул жаткан бусурман
Тулпарын тандап минелик,
Манжуу, кытай, калмакка
Ылаачындай тиелик!
Кызыл канга боёлуп,
Кырып-союп кытайды
Түп-Бээжиндин түбүнө
Түрүп айдап сүрөлүк.
Кечилдин каны Коңурбай,
Кезигип калса ошону
Тирүү кармап алалык,
Кан Манастын алдына
Алып барып Калчаны
Кардын эшип жаралык,
Сууруп алып өпкөсүн
Садагага кагалык!
Айланайын, кырк чоро,
Не да болсо өлөлү!
Бээжинден тирүү кайтпайлы,
Кыйын-кыстоо күн болсо,
Барибиз кайра качпайлы!
Беренибиз окко учса,
Бели боштон болгону,
Кылчайып карап турбайлы!»
Жеке чоро дейсиңби,
Музбурчак, Көкчө каны бар,
Эштектердин Жамгырчы,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Эки берен дагы бар.
Алмамбеттин айтканын
Медер кылып, дем кылып,
Кабыланы Манастай
Караан тутуп, шер кылып:
«Жакшы болот», - деп айтып,
Кол көтөрүп чуркурап,
Кыйрашмак болуп жоо менен
Баары турду дүркүрөп.
Бул айтканың акыл, - деп,
Жакшы болот баатыр, - деп,
Өлбөй тирүү жүрсө да
Не муратка жетет, - деп,
Кокустан кайра качкандын
Капыр болуп, дин бузуп,
Ыймансыз өлүп кетсин, - деп,
Ак буудай унун чайнашып,
Ак куранды кармашып,
Баары бирдей чуу туруп,
Бата кылып турду эми.

Кабарга келди эр Серек,
Шашып келди энтелеп:
«Жатасыңбы, бусурман,
Жайык казган ор келди,
Алакандай биз эмес,
Калың кытай, манжуудан
Коңурбайы баш болуп,
Ааламды каптап кол келди!
Алмамбет берен, кыраанам,
Топурак учуп тоз келди,
Толкуп кытай козголуп,
Тополоң түшүп, кол келди.
Бири эмес баарысы
Эсепсиз калың мол келди!»
Кабар салып эр Серек
Калкка айтып жар кылды.
Муну угуп калган соң,
Бусурмандын баарысы
Кайраттуусу сүйүнүп,
Кайраты жок бошоңдор
Каран түн түшүп, үстүнө
Капаланып күйүнүп.
Баатырынын баарысы
Жоо-жарагын алышып,
Коркуп турган жаманды
Жоого караан болсун, - деп,
Арасына салышып.
Берендердин баарысы
Кайраттанып кудайлап:
«Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Ажыбай менен Музбурчак,
Жамгырчы менен эр Көкчө
Булар аман болсун», - деп,
Жетөөнө бел байлап,
Жоо бөрүсү туйгундар,
Жоодон коркпос берендер
Ирээт-ирээт кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Колду айдап жайнатып,
Бусурмандын кызыл туу
Ажыбайга карматып,
Көйкашканын баарысы
Кытайды көздөп жабылды.
Коркогунун баарысы
Арада келет сабылып,
Алмамбет, Чубак арслан,
Улак кандын Сыргагы
Капталынан камынып,
Кулан чуркап аттабас

Токсон тоонун киндикке
Тозуп чыкты жыйылып.
Алыстан келген бусурман
Теңирине сыйынып,
Алдындагы кум далаа
Кумурскадай кыжылдап,
Каптап келет көп кытай
Кумдай болуп кыжылдап,
Каканчындын Чоң-Бээжин
Кагыш кылар жер экен,
Карaанын карап олтурса
Анык кырк кан эл экен.
Астындагы калдайган,
Токой десе каптаган
Калың кытай сел экен.
Боз чамбыл болуп бөлүнүп,
Боз атчанын бир бөлгөн.
Болбой каптап кирүүчү
Качырчанын бир бөлгөн.
Темирден зоот кийгизип,
Качканды кармап алуучу
Баатырларын бир бөлгөн.
Жаа тартуучу эренин,
Жан аябас беренин,
Жалпы баарын бир бөлгөн.
Качпай туруп салышчу
Канжарколун бир бөлгөн,
Киши талап жеп кетер
Мыкаачысын бир бөлгөн.
Көрүп туруп көз жетпейт,
Көлдөй толкуп келатат,
Көпчүлүгү ушундай
Айткан менен сөз жетпейт.
Кытайдын жүргөн чаңынан
Күн экени билинбейт,
Же түн экени билинбейт.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жердин жүзүн эл бүркөп,
Айзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Доолбас урган эмедей
Айбалта, кылыч каңгырап
Калың кытай, көп манжуу
Жайнап чыгып келатат,
Санатына сан жетпейт.
Түгөнгөн тоонун урчукта
Көбү чыгып келатат,
Баарысын айдап алдына
Алөөкөнүн Коңурбай

Лөгү чыгып келатат.
Кылыччаны бетинде,
Кылча жанын аябас
Кыйындары четинде.
Жазбай атчу мергенин
Капталына салыптыр,
Качпай туруп кармашар
Кара көктүн баарысын
Эң алдына салыптыр,
Жаманынын баарысын
Ортого салып курчашып,
Арасына алыптыр.
Бусурмандын келгенин,
Камынып баары турганын
Коңурбай көрүп калыптыр.
«Жекеге бурут келер, - деп,
Кезегимди берер», - деп,
Карагер минген Калдай алп:
«Жеке чыгып сайыш», - деп,
Эң алдына салыптыр.
Калдайдын келе жатканын
Эр Алмамбет көрдү эми.
«Кан Манастын кырк чоро,
Жеке бириң чыккын!» - деп,
Буруп мойнун турду эми.
Эгизкандын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Келип конгон Таласка,
Чоро болуп Манаска.
Баатыр, балбан Байчоро
Алмамбеттин алдына
Аксур оозун бурду эми,
Ак кулжадай даңкайып,
Алмамбеттен батаны
Сурап, тилеп турду эми.
«Баргын десең барайын,
Батаңды берчи алайын,
Кытайдан чыккан балбанга
Жеке чыгып барайын.
Ажалым жетсе өлөйүн.
Жекеге келген Калдай алп
Бир силкишип көрөйүн».
Байчоро минтип турганда
Батасын берди Алмамбет.
Алмамбет, Чубак - эки шер,
Серек, Сыргак эгиз эр,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Үзүктөй калпак Шууту бар.
Ырамандын Ырчы уулу,

Козголбогон Агаяр
Ажырашып кетчүдөй
Алаканын жайышып,
Жараткан жалгыз кудайга
Аманат - деп табыштап,
Батасын берди баарысы,
Карап турган калың кол,
Жашы менен карысы.
Калың жаткан бусурман:
«Кандай болор экен?» - деп,
Карап турду мелтиреп.
Баатыр тууган Байчоро
Жанына жолдош ат алып,
Алмамбеттен бата алып,
Аксур атын бир салып:
«Ысылам!» - деп, үн салып,
Айзада байрак делбиреп,
Качырып калды мелтиреп.
Өзү өтө эр экен,
Баатырдыгы артыкча
Коңурбайча бар экен,
Тозок күн түшсө кытайга
Тоскоол берер жан экен.
Бу да калды качырып,
Күндөй болуп күркүрөп,
Уккан киши чыдабай,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Качырышкан майданы
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Эки жагын карабай,
Качырышты эки шер
Чымындай жанын аябай.
Жетип айза салышып,
Аттары кетти майышып,
Ары-бери сүрүшүп,
Айзалары белинен
Чорто сынып калышып,
Ала коюп айбалта
Аны менен чабышып,
Бирине бири тийгизбей
Сырты менен кагышып,
Калгандарын ууштaшып,
Ыгын таап эрендер
Айбалта менен муштaшып,
Андан жакын келгенде
Кылыч менен чабышып,
Чукул кирип келгенде
Жакасынан алышып,

Ат үстүнөн тартышып,
Чиренишип булкушуп,
Кийим калбай үстүндө
Үзүп-тытып салышып,
Колу күчтүү Байчоро
Баатырлыгын билгизип,
Алачыктай Калдайды
Ат үстүнөн тоңкойтуп.
Ыйык жалга мингизип,
Коңурбай муну көргөндө
Айкырыгы таш жарып,
Каарына чыдабай,
Бурутка азап салам, - деп,
Байчоронун колунан
Ажыратып алам, - деп,
Жөөкүлүк деген бир балбан
Качырына камчы уруп,
Байчорого жетти эми.
Кара калпак кыргагы,
Кабарыңда бар бекен
Кан Манастын Сыргагы -
Качан болсо кыстоодо
Ажыратар чунагы,
Байчорого жеткизбей
Октой болуп жетти эми,
Жеткен жерден балбанды
Качырынын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Болушкан мындай болот, - деп,
Жекеге чыккан Калдайды
Түп этектен алды эми,
Миздей болгон талаада
Алачыктай дардайтып,
Улак кылып тартты эми.
Кынындагы Аркескен
Кыйыр тартып эр Сыргак
Кылычын сууруп алды эми,
Сүйрөтүлгөн Калдайды
Бөлөк-бөлөк кылды эми.
Бул экөөнү көргөндө,
Экөө бирдей өлгөндө
Карап кытай турабы,
Калдайынан жети миң
Качырып каптап кетти эми.
Мыктысынан сан калдай
Бу да каптап кирди эми.
Кытай каптап калганда
Бусурман кайдан аянсын
Булар кетти капташып,

Музбурчак, Көкчө кандары,
Камдалуу турган балбаны,
Кең көкүрөк эрени,
Качырып калды төрт миң кол,
Кайра тартпас берени.
Капыр менен бусурман
Аралашып урушту,
Кызыл канга боёлуп,
Билгендерин кылышты.
Көк ырапыс тон кийип,
Көк ала тулпар ат минип,
Кан Балтайдын Чубагы
Айкырса алы жетпеген,
Күрөштө күчү келбеген,
Аралап кирди кол салып.
Азизкандын Алмамбет
Чымын жанга күч келип,
Каарданса оңбойт, - деп,
Кан Манастын жогунда
Каптап кетсе көп кытай
Бусурманды койбойт, - деп,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп чуратып,
Кез келген манжуу, кытайды
Кырып-союп кыйратып,
Карыкандын жай ташты
Кисесинен алды эле,
Күн жайлагыч жай ташты,
Бириктирип буларды
Бир чөйчөктө кара суу
Алып барып салды эле.
Калмагынча калдырап,
Кытайынча кулдурап,
Күн жадырар дубанын
Баарын окуп алды эми.
Ачып көздү-жумгуча,
Аны-муну дегиче
Асмандан булут сабалып,
Жер бетине камалып,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп,
Күн көрүнбөй күүгүмдөп,
Жайдын күнүн кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кыңкылдатып кыз кылып,
Үшүп калган кытайды
Алмамбет, Чубак аралаш,
Жандай салып эр Сыргак,

Үчөө кирди согушка.
Орто жерин Алмамбет
Оюп кетти кыйратып,
Тегерегин эр Сыргак
Союп жүрөт сулатып,
Бет алдына келгенин
Берен Чубак талкалап,
Канды суудай кечишип,
Калың кытай, манжууну
Талкалады үч кыраан.
Кырып жүрөт бакырып:
«Ысылам!» - деп, чакырып,
Уй түгүндөй кытайды
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Дал-дал кылды майданды.
Кырып-жоюп үч сырттан
Согуш жери кан болуп,
Күн көрүнбөй чаң болуп,
Артынан кирди согушка
Музбурчак, Көкчө кырк чоро
Канча баатыр жан болуп,
Жапырт кирди баарысы
Үч кыраанга дем болуп.
Кытай кирди көптөшүп,
Көптөн коркпой бусурман
Согуш салды беттешип.
Айзанын баары кыйрашып,
Азаматтар сулашып,
Эр эңгиреп сүзүлүп,
Аттын бели үзүлүп,
Жатып калды көп өлүк.
Канча тулпар мал өлүп,
Кайраты зор эр өлүп,
Өлүк тоодой үйүлүп,
Түптүү кытай, калың журт
Түбүнөн түрө козголуп,
Миңи өлсө кытайдын
Кайрадан миңи кошулуп,
Которулуп асман, көк,
Закым болуп асманга
Учту бурап чыккан чөп.
Согуш салган көк майдан
Токумдай болгон тоосу жок,
Томук батар коосу жок.
Жайык талаа, кумдак чөл
Бусурман, кытай беттешип,
Талкандашкан ушу жер.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей,

Каршы-терши өлүктөр,
Кытай менен кыргыздын
Кайсы экени билинбейт.
Кыраандары кан жутуп,
Кызыл канга боёлуп,
Кыйрап калды далай эр.
Эки көзү оюлуп,
Тирүүнүн баары чаң жутуп,
Өлүгү жатат кан жутуп,
Согушуп жүрөт эрендер
Өлүктөрдүн үстүнөн
Ары-бери ыргытып,
Кайраттуунун баарысы
Камчы салып атына
Арандай оозун ачтырып,
Согушуп жүрөт жулкушуп.
Өлүктү кумдай бастырып,
Азизкандын Алмамбет
Кайратына келиптир,
Чындап согуш кылыптыр.
«Манас!» - деп, ураан чакырып,
Акбалтайдын Чубагы
Быт-чыт кылып кытайды
Арсландай айкырып,
Токтоно албай көп кытай
Буларга кайрат кылалбай,
Кайра качты бет алып.
Арт жагынан үч арслан
Айдап кирди Бээжинге
Ылаачындай сапырып,
Орто жерин эр Чубак
Өлүм билбейт эч убак,
Оюп кирип баратат.
Музбурчак, Көкчө карысы,
Каптап барат кытайды
Бусурмандын баарысы.
Алөөкөнүн Калчасы,
Кытайдын кыраан бадышасы
Акылы көлдөй эр экен,
Кытай, манжуу, калмактан
Эң биринчи шер экен,
Согуш кылган талаасы
Көп күнчүлүк жол экен.
Бээжиндин бир жак түбү экен,
Кыбырап жандар жүрбөгөн,
Куландан башка билбеген,
Кумга аттар батышып,
Ээрдин бели сынышып,
Эче күнү урушуп,

Чаалыгып калган көп тулпар,
Чарчап калган канча жан.
Чарчаганын көргөндө
Чактап жүргөн Коңурбай:
«Мелжемдүү жерге келди, - деп,
Буркан берип тилекти
Бусурмандын баарысы
Өлөр жерге келди, - деп,
Канжарколду чакырып,
Он миң кол алып жанына
Алмамбет менен Чубакты
Бетине чыгып капта, - деп,
Буйрук кылды бакырып.
Канжаркол жайын айтайын:
Жашы алтыга келгенде
Атасы менен энеси
Башка бөлүп бактырган.
Алтысында балдарды
Эртең менен турганда
Кайкайтып колун жуудуруп,
Унду жүз күн урдурган,
Кумду жүз күн урдурган.
Канжаркол деген жан экен,
Катылганды бир койсо,
Жарып салчу ал экен.
Акбалтайдын Чубакка
Алты миң кол жабылып,
Азизкандын Алмамбет
Каптаганга бой бербей,
Эр кабылан Чубакка
Жабылса да жол бербей,
Эче күнү, канча түн,
Кырып жүрөт Алмамбет.
Алек болуп Алмамбет
Оңго карап бир атып,
Ондон-бештен сулатып,
Солго карап бир атып,
Солдон канча кулатып,
Кезигип калган кытайды
Кесик тийген кишидей
Кырып жүрөт жаа тартып.
Караса көзгө илинбейт,
Капыр менен бусурман
Аралашып чаң болуп,
Кайсы экени билинбейт.
Топурак учкан тозоң-чаң,
Токтобой аккан кызыл кан,
Кызыл канга чөмүлүп,
Кыйрап жаткан кыйла жан.

Кырылганын кымынча,
Көрбөй жарым тыйынча,
Кырк кандын эли кытайга
Кыйноо түшүп аянбай,
Түркүн-түркүн кол келген,
Түбүнөн кытай түрүлүп,
Түмөндөгөн эл келген,
Эче жерден жыйылган
Эсепсиз сан, мол келген.
Карыкан турган Бээжинге
Темирден согуп чеп кылган,
Үйдөй болгон чоң буркан
Аса байлап салдырып,
Ылама менен кечилин
Бүткүл жыйын алдырып,
Элди койбой жыйдырып,
Өлөр антты кылдырып:
«Ай караңгы, түн бүркөк
Караңгыда салыш, - деп,
Калың кытай кырылып,
Бириң калбай уруш, - деп,
Он жетиден жогорку,
Элүү бештен төмөнкү
Бириң калбай жыйыл, - деп,
Алың жетпей баратса,
Агып кеткен селге окшоп
Тирүү калба, түгөн, - деп,
Зубун-зубун көп кытай
Зубун болуп бөлүндү,
Урук-урук манжуулар
Уругуна бөлүндү.
Көптүгү кытай мол экен,
Жери башка кытайлар
Жергесине бөлүнүп,
Жетелек түркүн, түмөн кол
Жекеге чыккан эмедей,
Жерди жайпап урушкан.
Бусурмандын бетинде,
Согушуп жаткан берки кол
Кайрат берет калкына
Кан Коңурбай кыйкырып:
«Каптагыла калың кол,
Кара жаның аябай,
Кабыланың мен турам!
Токтобой согуш, балбандар,
Тоодой калканч мен мына!
Кача көрбө балбандар,
Аскар бийик зоосу жок,
Ай-ааламды буй кылган

Айкөл Манас тоосу жок!
Бел байлаган бели жок,
Бейлечи, калың кытай журт,
Берен Манас шери жок!
Согушкула балбандар,
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын гүлү учкунча!
Мыктап алты ай урушсак
Аттарынан кан кетет,
Өздөрүнөн ал кетет.
Чындап согуш салалык,
Чындап кайрат кылганын
Тирүү кармап алалык!
Күнөөсү чоң кишисин
Кырк кез терең орлорго
Кырк жыл катар салалык!
Бурутту биз өлтүрбөй
Минтип кекти алалык!
Төбөсүнөн басалык,
Дүйнөсүн талап кыйратып,
Мекеге жете чачалык!
Бурутту бузуп, олжо алып,
Ордосун бузуп, жол салып,
Эчен сулуу кыз алып,
Колго түшсө буруттун
Өйдөлөгөн тентегин
Оюп көзүн алалык!
Өңчөй жаман момунун
Өлтүрбөй кармап алалык,
Кырк жылы алым бергин, - деп,
Кыстоону кыйнап салалык!» -
Деп, ошонтүп, Коңурбай
Далай акыл баштады.
Мындай кепти укканда
Каканчылуу Чоң-Бээжин
Кайраттанып күркүрөп,
Каптады баары дүркүрөп.
Кайраттанып сабылып,
Каптап талап кетердей,
Азгынакай бурутка
Ажалсыз өлүм жетердей.
Алмамбет, Чубак эрдиги
Ааламда сында жок,
Арсландай болуп кирүүчү
Айкөл Манас мында жок.
Бел байларга бели жок,
Берен Манас шери жок,
Бейпай катуу күн болду.
Кытайдын түрүн көргөндө

Аттын оозун тартышып,
Айласы кетип бусурман
Өлдүк, - деп, керээз айтышып:
«Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө шок!
Жети бөрү жалгызды
Таласа тарпын коёбу?
Чындап каптап алыптыр,
Чымын жанды коёбу?
Капкараңгы түн түштү,
Кайраты качып буруттун
Башына кайгы күн түштү.
Калтырап бурут турганда
Чыканактап калбаган,
Чырым уйку албаган,
Сумсайганын жазбаган,
Сундурганын тартпаган,
Кылычы кынга жөлөгөн,
Кыйын жоого кез келсе
Кызыл канга бөлөгөн,
Чындап белин курчанган,
Чымындай калың кол болсо
Жеке кирип кол салган,
Кара калпак кыргагы -
Кабарыңда бар бекен,
Кан Манастын Сыргагы -
Кайгырып турган сан колго
Кайрат берер чунагы.
Карачы калың бусурман,
Калкта сендей болобу,
Силерди киши деген оңобу?
Кудайдын жазган буйругун
Качан да болсо көрөсүң,
Качып Талас барсаң да
Ажалың жетсе өлөсүң!
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Өлбөсө күнүн көрбөйбү!
Качып арттан сүрдүрүп,
Иттей жоого куудуруп,
Ажалдан мурун кырдырып,
Минткенибиз болобу?!
Караан болчу бусурман,
Чоң-Бээжинин талкалап,
Карыкан көздөй сүрөйүн,
Какайлатып кытайды
Бирин койбой кырайын.
Уятың кеткен сында жок,
Уюлгуп каптап турганда
Ушунда кетип калам, - деп,

Улугуң Манас мында жок!»
Кайраттанып кагышып,
Каптап кирди калың жан.
Калың кытай, манжууга
Кайра кирди салышып,
Акбалтайдын Чубагы,
Азизкандын Алмамбет
Айкырып кирди майданга.
Мунарыктуу чаң менен,
Эсепсиз калың кол менен
Канды канга салышып,
Качпай баары турушуп,
Кытай менен бусурман
Тикелешип беттешип,
Кан агызып майданда
Өлүктү таштай атташып,
Ошончо калың капырды
Качпай туруп салышып,
Тулпардын баары туйлашып,
Тутамга келбей айзалар
Быт-чыт болду кыйрашып.
Ок өтпөс соот тытылып,
Кан акты суудай төгүлүп,
Капыр менен бусурман
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Урушка кирбей жасоо айрып,
Өң баатырын бир бөлүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Четтеп жүргөн кези экен.
Каарданып токтобой,
Айдап баары балбанын
Камап кирди Коңурбай
Кайра тарткан коркогун
Карсылдатып кубалап,
Сабап кирди Коңурбай.
Көйкашкасын бир бөлүп,
Атка чыйрак балбанын
Аны койгон бир бөлүп.
Каарданып камыгып,
Добушунан жан чыгып,
Коңурбай кайрат кылганда
Тегерегин карабай
Тебелеп кетчү эмедей
Теги жанын аябай,
Каптап кытай келгенин
Кабылан эрлер көрдү эми.
Баягы Сыргак көйкашка,
Баатырдыгын карасаң
Адамзаттан бир башка.

Жыйырма бирде чагы эле,
Жоодон коркпос табы эле.
Элик сындуу Көкчебич
Омбул-домбул түйүлүп,
Коңурбайды бет алып,
Качырып калды кара көк.
Жакын кирип калганын
Кылыч менен шыпырып,
Алысыраак кытайды
Айза менен сулатып,
Тоо ураган эмедей
Кезиккенин кыйратып,
Кырып барат эр Сыргак.
Кытайларды сойлотуп,
Чечекейди жара аткан
Мергенинин баарысы
Жакындап Сыргак барганда
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Эр Сыргактын үстүнө
Мөндүрдөй төгүп ок атып.
«Ажал жетсе өлөм, - ден,
Арслан Сыргак беренге
Такоол болуп берем», - деп,
Алмамбет кайран кыраанын
Артынан кирди качырып.
Акбалтайдын Чубагы
Көгала менен желигип,
Арсландай керилип,
А да кирди согушка.
Түгөнөт десе түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түгөнгүс кытай калың кол
Айкырыгы таш жарып,
Аянбай Чубак киргенде
Алөөкөнүн Коңурбай
Буйрук кылды балбанга:
«Канжарколдон алты миң,
Чубакты каптап кеткин, - деп,
Ала көөдөн буруттун
Түбүнө эми жеткин», - деп,
Аңды-дөңдү карабай,
Ажал өлүм санабай,
Аябай кылды согушту.
Көгала атын зыргытып,
Алдына келген Канжаркол
Кырып жүрөт арсланың
Аттарынан айырып,
Тебетейдей ыргытып,
Ителги тийген таандай,

Иргилтип айдап салды эми,
Жагалмай тийген чымчыктай
Көп кытайды кырды эми,
Калдай алп менен Коңурбай
Бу согушту көрдү эми.
Боз ала кумдуу талаадан
Коңурбай келет күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыктуу кул,
Эр Чубакка жетти эми,
Көгалачан Чубакты
Камынтпастан капталдан
Айза менен бир коюп,
Катуу муштап өттү эми.
Ээринен эр кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти.
Көгаланын ыйык жал
Кармап колго алалбай,
Алтын таман үзөңгү
Чирене тээп калалбай,
Эки буту далдайып,
Оолжуп Чубак турганда
Камбыл мыкты Калдай алп
Качырып калды Чубакты.
«Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өтөм», - деп,
Келе жатат зыркырап,
Этек-жеңи дыркырап,
Оздон чыккан жалыны
Өрттөй күйүп шыркырап,
Каалгадай кашка тиш
Тиштенип Калдай алганда
Таруудай болуп быркырап.
Мелтиретип айзасын:
«Мөндү-мөндү!» - деп келет,
Мөндүлөгөн урааны
Кулак-мурун жеп келет.
Улак кандын Сыргагы
Урчу теңир урат, - деп,
Ушу Калдай жеткенде
Урата сайып Чубакты
Өрт өчкөндөй кылат, - деп,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муратка жетейин,
Калдай кулдан Чубакты
Ажыратып кетейин!» -
Деп, ошонтүп, эр Сыргак
Алдындагы Көкчебич

Олбуй-солбуй камчылап:
«Калдайдан мурун жетсем, - деп,
Кара көзү чарадан
Чыга түшүп чачырап,
Астындагы Көкчебич
Башын жерге салыптыр,
Күлүктүгүн карасаң
Баштагыдан үч эсе
Эти кызып алыптыр.
Андай-мындай дегинче,
Ачып көздү-жумганча
Калдай аттуу балбанга
Качырып Сыргак жетти эле,
Жеткен жерден Калдайды
Көк качырдын үстүнөн
Көмө сайып өттү эми.
Опол-тоодой күркүрөп,
Аттан түштү Калдай алп.
Канжарколдон камынып,
Жая балбан жеткиче,
Буудайык кандын Музбурчак,
Бурулбаган кайран эр
Калдай алптай балбандын
Башын кесип өттү эми.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Калың уруш, көп чаңда
Музбурчак, Көкчө, Бокмурун -
Бул үчөөнө жетти эми,
Жеткенде бирдей кыйратып,
Көмө коюп өттү эми.
Оңоло Калча бергиче,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет
Октой болуп жетти эми,
Жеткен жерде Калчаны
Алгаранын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Аттан түштү Коңурбай
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Көңүлүндө көп санаа:
«Ушуну кудай берсе», - деп,
Көк жал тууган Чубактын
Көзүнүн жашы он талаа.
Жеткен жерде Калчанын
Башын кесип алсам, - деп,
Ичинен чыккан кара кан

Кочуштап жутуп алсам, - деп,
Качырып келет Чубагың,
Кан Чубакка жеткирбей,
Канжарколдон миң балбан
Көздөгөнү бар экен,
Миңи бирдей жетти эми,
Жеткен жерден Калчаны
Алгарага мингизип,
Алып жүрүп кетти эми.
Буудайык кандын Музбурчак
Тирүү кармап аларда,
Калың кытай чогулуп,
Капасына саларда,
Улак кандын Сыргагы,
Ушундай кыйын урушта
Кайра тартпас чунагы
Көкчебичке камчы уруп,
Жебеден мурун жетти эми,
Жети миң шибээ, миң калдай
Жеке кирип аралап,
Туурасында калдайды
Туура сайып шыпырып,
Камап жаткан калдайды
Кайта кууп бакырып,
Музбурчакка жетти эми.
Жеткен жерде Сыргагың
Оң дальыдан бир чапчып,
Оң тизеге мингизип,
Ашкере Сыргак кайран шер
Арсландыгын билгизип,
Ала качып Музбурчак
Телкызылга мингизип.
Ошо кезде Музбурчак
Аттан түшүп калганда,
Тегеректеп алганда
Башы челек кан болгон,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болгон.
Араң атка мингизип,
Аны мындай жүргүзүп,
Алып чыкса эр Сыргак,
Сүйүнгөндөн кытайдын
Күнү тууп калыптыр.
Айдаркандын Көкчөсү
Аттан түшүп калганда
Башына коок кийгизип,
Тескери атка мингизип,
Карыкандын алдына
Тартуу кылып барууга

Тирүү байлап алыптыр.
Муну көрүп эр Сыргак
Дин исламдап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Калың кытай аскерин
Качырып кирди жапырып.
Орто жерин эр Сыргак
Оруп айдап кирди эми,
Чеке-белин эр Шууту
Союп келип берди эми.
Бир капталын Кыргыл чал
Талап кирип барды эле,
Байчоро менен Агаяр
Чөл түшүрүп кытайды
Сүрүп кирип барды эми,
Тобокелге бел байлап,
Топ-топ жүргөн кытайдын
Тобун бузуп таркатып,
Тоодой болгон Көкчөнүн
Колун чечип жиберип,
Ажыратып Көкчөнү
Алып чыкты эр Сыргак.
Өчкөн отун тамызып,
Казактардан Көкчөнүн
Өлгөн жанын тиргизип,
Аман-эсен атына
Алып келип мингизип.
Калың турган бусурман
Кайратын көрүп Сыргактын
Баары бирдей буркурап,
Ыраазы болуп кол жайып,
Батасын берди чуркурап.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Көк жал Калча жеткенде,
Аттан түшүп кеткенде
Кытайдын баары кылкылдап,
Кылыччандын баарысы
Каптап кеткен былкылдап,
Согушуп жүрүп жыгылып,
Канатынан кайрылып,
Мааникерден айрылып,
Каптап кытай жабылып,
Кара жандан түңүлүп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ыйлап турган коңгурап.
«Басайын десем бутум жок,
Жыланга чалыш экемин.
Шыйпанарга куйрук жок,
Куланга чалыш экемин!

Жетимдик көрдүм башында,
Атакемден айрылдым
Он экиде жашымда.
Алыска сапар жол жүрсөм,
Аркар атып жечү элем,
Ата ордуна карманган
Айкөл Манас кабылан
Аман жүрсүн дечү элем.
Береним, Манас, кетпей кал!
Бейпай күнгө кабылтып,
Мээнетке мени салбай кал!
Калың кытай жабылып,
Кармап мени соёт ко,
Кайран жалгыз, кайран баш
Көмүлбөй калса сөөгүм
Кажыр чычып коёт ко!
Тегеректеп алат ко,
Теги кайран жанымды.
Жүрөккө канжар малат ко,
Кектүү кытай, манжуулар
Кегин менден алат ко!
Аккула оозун бурсачы,
Кытай кыстап келгенде
Манас карап турсачы!
Анан жалгыз өлсөчү,
Ошондо Манас көрсөчү!
Кара көрүм кең оюп,
Калың келген бусурман
Өлүгүмдү көмсөчү!
Сарала оозун бурсачы,
Алтын айдар, чок белбоо,
Жалгыз жан минтип турганда
Алмамбет карап турсачы!»
Оозун жыйып алганча,
Азизкандын Алмамбет
Алкым жактан чуратып,
Астына келген кытайды
Кырып-союп кыйратып,
Анын бери жагынан
Улак кандын Сыргагы
Жакын келип калыптыр,
Бокмуруңдун жанына.
Улак кандын Сыргагы
Жеткен жерден айзалап,
Жети миңин майдалап,
Көкөтөйдүн жалгызы
Эр Бокмурун кайдалап,
Антип Сыргак жүргөндө
Кабылан Алмаң жетти эми,

Кара жерден бөктөрүп,
Чымчык алган кыргыйдай
Илип алып кетти эми.
Шер экенин билгизип,
Ала качып беренди
Мааникерге мингизип,
Оңолушуп алгынча
Камышты көр, селди көр,
Каптап калган элди көр!
Мунарык жанган чокту көр,
Караса көзгө илинбейт,
Күндүзү кара түн болуп,
Кайсы экени билинбейт.
Жалгыз көздү бир бөлүп,
Жалпы алдына салыптыр.
Ит жээр, бит жээр кытай журт
Кошо каптап калыптыр.
Төгүлүп кытай келгенде,
Муну көрүп Алмамбет
Жалгыз жандан түңүлдү.
Колду көрүп алганда:
«Койгулашам эми», - деп,
Кыраан Сыргак сүйүндү.
Ок өтпөгөн чопкут тон
Киндигинин башынан
Шашып кийди жүгүрүп:
«Калың кытай, туптуу журт
Каптап кетет экен!» - деп,
Чубак турат күйүнүп.
Чуулгандуу эр Сыргак
Андан бетер сүйүнүп.
«Айгайлатып ит жээрин
Айдап, кырып жыямын,
Аманат жанга сабыр бер,
Айдап жүрүп кытайды
Бирин койбой кырамын!
Байгамбар ак, диним ак!
Чындап согуш саламын.
Алөөкөнүн Коңурбай -
Колума тийсе Калчаны
Жол үстүнө жарамын,
Минтип кегим аламын!
Жолдоштугуң жок болуп,
Жолобосоң бусурман,
Кете бергин жолуңа!
Жоо менен жалгыз урушуп,
Өлбөгөн жерден каламын!»
Муну айтып эр Сыргак
Чындап белин курчанып,

Толкуп келген кытайга
Токтобостон кол салып,
Чаап, сайып алганын
Тебетейдей ыргытып,
Жакын кирип келгенин
Кылыч менен майдалап,
Азизкандын Алмамбет
А да кирип согушка
Кырып-союп, айзалап,
Узун бойлуу, кең далы,
Атышкан жоого сан колдой,
Кабарыңда бар чыгар,
Кан Балтайдын Чубагы,
Ырамандын Ырчы уулу,
Бет жагынан кырк чоро
Кыйрашып уруш салды эми.
Бусурман такоол болгон соң,
Кытай менен манжууга
Кызыл канды агызып,
Кыргынды үчөө салды эми.
Атышканга болбостон,
Алышып жүрөт эрендер,
Чабышкан менен чарчабай,
Аябаган кыргынды
Салып жүрөт эрендер.
Этегин жерге тийгизбей,
Аралатып киргизбей,
Кайра айдап камалап,
Көп кытайды талкалап,
Бусурманга жолотпой
Тозуп жүрөт эр Сыргак,
Кыйын экен ошо жер,
Кырт этерге чөбү жок,
Кылт этерге суу жок
Кумдак экен ушу чөл.
Ушу чөлдө урушуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Башат булак, бетеге,
Баягы колдун баарысы
Бир көрөргө зар болуп,
Тулпар жүрбөй баш чайкап,
Туйгун эрдин баарысы
Суусагандан көз жайнап,
Аябай кирген майданга
Баштары челек кан болуп,
Көөдөндүн баарын чаң алып,
Дем алышка зар болуп,
Аттар араң былкылдап,
Азаматтын көздөрү

Араң чыгып жылтылдап,
Кандуу канга батышып,
Кабылан Чубак, Алмамбет,
Кайран сырттан эр Сыргак
Качпай жатып атышып.
Мынчалык чыдап жүргөнү,
Мунетерин Каныкей,
Баштатан байкап билгени.
Кара жанга күч келсе,
Кагылайын уулдар,
Ала жүрсөң күлазык,
Атка берер мээр чөп -
Караан күн башка түшкөндө
Кереги мунун тиет, - деп,
Кудус менен Мысырдан
Муну койбой чалдырган,
Эр Шуутуну жиберип,
Беш кожого кат берип,
Белек кылып алдырган.
Бармактайын чайнаса,
Адамдын мээрин кандырган,
Беш талын кармап чайнаса,
Тулпардын суутун кандырган.
Шири капка бекитип,
Бүктөп берген эмеспи,
Желмаяндын үстүнө
Кең Таластан чыкканда,
Кереметтүү Каныкей
Жүктөп берген эмеспи,
Арсландар мээнет көрөт, - деп,
Ойлоп берген эмеспи,
Акыр заман күн болсо,
Ай караңгы түн болсо
Асылдарга керек, - деп,
Аманат кылып Каныкей:
«Эсен бол, - деп, бөрүлөр!»
Ыйлап берген эмеспи.
Күлазыктан татканда
Эр ээлигип бук болуп,
Күлазыктан чалганда
Ат ээлигип ык болуп,
Арсландын баарысы
Күлазыктан татканда
Умачтай көзү ачылып,
Ооруган жери басылып:
«Кайда, кытай? Кайда?» - деп,
Аттарына камчы уруп,
Идерлүү жигит, күлүк ат
Кайратына келишип,

Кара көздөн от чыгып,
Кайра кирди согушка.
Күндө тынып калбастан,
Түндө токтоп албастан,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Астында кытай, аккан кан
Алек болгон далай жан.
Кара кан агып катылып,
Качпай туруп салышып,
Эчен асыл шер өлүп,
Кыйрап жатат көп өлүк.
Өлүктөрдүн көптүгү
Тоодой болуп көрүнүп.
Буурул сакал кары өлүп,
Буудандардын баары өлүп,
Журттун тобу чачылып,
Кытай менен бусурман
Кычырашып жатканда
Эчендин башы кесилип,
Керилген эчен жан өлүп,
Келберсиген кырчындай
Жаш жетпеген бала өлүп,
Өлгөнүнөн калганы
Кызыл канга бөлөнүп,
Жаралуу болгон андан көп.
Атка араң жөлөнүп,
Куюшкандар үзүлүп,
Көктөй албай жүргөн көп,
Басмайылы үзүлүп,
Эки көзү чачырап,
Эптей албай жүргөн көп.
Эчен күлүк тулпардын
Ээри түшүп бооруна
Коштоп жүргөн мындан көп.
«Эсил кайран бир боорум,
Балан жерге өлдү», - деп,
Боздоп жүргөн андан көп.
Айза менен көзгө жеп,
Олок болгон мындан көп,
Колун жаага жулдуруп,
Чолок болгон мындан көп.
Айбалта менен башка жеп,
Качып жүргөн мындан көп,
Алапайын таба албай
Кайра качып кетсем, - деп,
Шашып жүргөн андан көп.
Аттын оозун тартышып,
Алакчы дүйнө экен, - деп,

Бирине бири тапшырып,
Чындап керээз айтышып,
Эрдин баары сүйүнүп,
Эсер жаман коркоктор
Эстен тайып күйүнүп,
Мыктылардын баарысы
Кайра тартып калбастан,
Былчылдашып салышып,
Камбылынын баарысы
Түп этектен алышып,
Капыр менен бусурман
Бурулбастан беттешип,
Кызык уруш кылышып,
Айзакерден эрендер,
Анык арслан берендер
Аттарын октой чуратып,
Айза менен бир коюп,
Ат үстүнөн тоңкойтуп,
Тоодой кылып кулатып,
Токтобой уруш кылды эми.
Алмамбет, Чубак эр болуп,
Артында Сыргак шер болуп,
Аргынкан уулу Ажыбай
Анык бели бул болуп,
Кыргыл чал баштап кырк чоро
Кырылышкан ал болуп,
Эрендин баары көк болуп,
Кайта качып калбастан
Убадага бек болуп.
Айгайлаган чоң казат
Алышып жүргөн кытайга
Бусурмандын бетинде
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Темир коргон чеп болуп,
Бусурманды коргомок
Бул үчөөнө шерт болуп:
«Бусурман таштап биз кетсек
Ит экен, - деп билбейби.
Азирет тийбес Бээжинге
Алып барып кубалап,
Азап, кыргын салдык, - деп,
Айтылмышы чын болсо,
Акыреттин күнүндө
Бизди өлгөн бусурман
Кара эшек кылын минбейби!
Мундай уруш табылбайт,
Мундай кызык да болбойт.
Кайнап жаткан капырдан
Кайра тарткан оңорбу,

Кабылан Манас мында жок,
Кагылайын бусурман,
Качып берген оңобу?
Чыңап карма айзаны
Чындап кылгын айланы.
Эртеден-кечке жүрүшүп,
Түн болгуча салышып,
Ажал жетсе кырылып,
Бирибиз тирүү калбастан
Муну менен урушуп,
Кайратты журтум кылалы,
Калың кытай, манжууга
Качырып айза суналы,
Какайлаган кытайды
Кан агызып кыралы.
Түнөрүп жаткан кытайга
Түздөп кылыч суналы,
Түрү суук жалгыз көз
Тирүү койбой кыралы!»
Муну айтып кыйкырып,
Казык моюн Сарала
Камчы уруп Алмамбет,
Чыпка куйрук Сарала
Чымырылтып Алмамбет,
Мунарык талаа боюна,
Бурулбастан кол салды
Коңурбайдын колуна.
Алты миңин кайсалап,
Арам Калча кайдалап,
Жеткен жерин айзалап,
Желмогуз Калча кайда? - деп,
Ажалдан кайгы жебестен,
Арслан көк жал ушундай
Атыштан өлөм, - дебестен,
Зыңгырап арслан кенебей,
Коңурбайдан бөлөгүн
Бучкагына теңебей,
Кайнаган калың кытайды
Алмамбет кирди как жарып,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Муну байкап олтурсаң
Коңурбайдын чеби экен,
Чептин сыртын курчаган,
Алышканды койбогон,
Атышканды жайлаган
Атактуу кечил эл экен,
Акылын таап кытайды
Алек салып каптаткан

Акылман Калча эр экен,
Бүткүл Бээжин журтуна
Орнотулуу чеп экен.
Ай-ааламды буй кылган,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жумуру баштуу кишиден
Артык тууган эр экен.
Эрдигине бой бербей,
Азизкандын Алмамбет
Эшип кирген кези экен,
Канча кечил, манжууну
Кезиккенин талкалап,
Кесип кирген кези экен.
Алтайда Манас туулуп,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Ойротту бузуп, кабылан
Ортосуна жол салып,
Кокуйлатып Коконду,
Ордо кылып Таласты,
Ойрон кылып ар жанды
Оюп Манас турганда,
Оң менен солду кыйратып,
Союп Манас турганда
Кара сууга кан куюп,
Кан кожодон бата алып,
Кабылан Манас атанып,
Ушунетип турганда,
Элге өкүм кылганда,
Кайыбынан табылган
Манас алган Ташкесер -
Кылычтын кыйын мыктысы.
Бакай кандын Ойкума,
Ажыбай алган Ачалбарс,
Алмамбеттин Жойболот,
Чубак алган Колболот,
Сыргак алган Аркескен -
Алты болот курч ошол.
Кайран жанды кубанткан,
Ирмегенден тартпаган,
Каарданып шилтесе
Кан ичпестен кайтпаган,
Алты миң кытай, сан калдай,
Арасында Коңурбай
Колундагы Жойболот
Кындан сууруп кыйкырып,
Ажыдаардай айкырып,
Бет алдында кытайды
Аралап кирди Алмамбет.

Оңго тарта качканын
Ойду көздөй кыйратып,
Оюп барат Алмамбет.
Солду көздөй качканын
Сологой тартып оң атып,
Союп жүрөт Алмамбет.
Кан Балтайдын Чубагы
Качырып кирди бир четтен.
Алмамбет, Чубак, Сыргак эр -
Аралап кирип кытайды
Алек кылды чунактар.
Алмамбет айдап бир миңин
Адырды көздөй салды эми,
Алты миңче калдайын
Сыргак кууп алды эми,
Чок ортосун балбандар
Чубак кыргын салды эми.
Алты миң калдай ичинде
Артыгы анын Коңурбай,
Канга батты кара жер,
Капталынан кан болуп,
Кырып жүрөт Сыргак эр.
«Кандай айла кылам, - деп,
Аңдып жүрөт сыртынан
Коңурбай калча түгөнгүр.
«Сыргак тирүү чагында,
Ушу турган кытайга
Кең дүнүйө тар экен,
Бусурмандын ичинде
Манасынча бар экен.
Калың кытай, көп манжуу,
Айткан сөзүм уккула!
Кармап алсак Сыргакты -
Теңир бизге бергени!
Кармабасак Сыргакты -
Теңделип кытай өлгөнү!
Сыргактын сайган айзасын
Үч кур байкап көргөмүн.
Ашык экен айласы,
Алигиче кеткен жок
Көкөйүмдөн айзасы.
Оң далысы кең экен,
Оён Сыргак кыраан кул
Буруттан чыккан эр экен,
Күүгүмдөп көзү тумандап,
Көөп калган кези экен.
Амыз кылбай Сыргактан
Качымыш болуп калалы,
Ат соорусун салалы!

Алдап-соолап Сыргакты
Арткы жактан калың кол
Көп кытайга капталтып,
Казылуу орго салалы!»
Оозун жыйып алганча,
Ойрон салды Сыргагың.
Эңкүү жерде эр сайып,
Жетини кабат бир сайып,
Киши кылбас кызыкты,
Кылып чыгып келайтат.
Арт жагынан Байчоро
Аттан түшкөн кытайды
Бирин тирүү койбостон
Кырып чыгып келайтат.
Муну көрүп сан калдай
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Корkконунан сан калдай
Доолбасын бир коюп,
Баары жалпы качышты
Бээжпндп беттеп чу коюп.
Качпай манжуу калды эми,
Көп манжуунун ичинде
Коңурбай бугуп Сыргакты
Аңдып карап турду эми.
Сыргак чукул барганда
Бээжиндин каны Коңурбай
Качырып калды айкырып.
Капталдан Калча жетти эми,
Жеткен жерден Сыргакты
Катуу коюп өттү эми.
Айза кетти быркырап,
Бөлөк-бөлөк чыркырап,
Калчанын сайып өткөнүн,
Кабылан баатыр Сыргагың
Зың-зың этип кенебей,
Коңурбай кул калчаны
Шыйрагына теңебей,
Коңурбай сайып өткөндө
Баары манжуу жетти эми,
Эче кабат айланып,
Тегеректеп кетти эми.
Тегеректеп турганда,
Ортодо жалгыз калганда
Ошондо Сыргак муну ойлойт:
«Алакем качан көрөт, - деп,
Курчап манжуу турганда
Караан болуп берет, - деп,
Ичи күйүп чок болуп,

Ит урушун салалбай,
Эт бышымга эр Сыргак
Эндиреп турду алактап,
Эсин жыйып алалбай.
Мен эндиреп тургудай
Жылгындуунун ою жок,
Кең-Кол ата бою жок!
Жердеп жаткан Талас жок,
Аккула менен аргытып,
Айкырып келип тийүүчү
Арсланым көк жал Манас жок!» -
Деп, ушинтип, эр Сыргак
Кайраттанып тиштенип,
Көкчебичти бир салып,
Короолоп турган манжууга
Аралап кирди кол салып.
Арсландай көзүн жайнатып,
Баштагысын карматып,
Кезиккенин майдалап,
Бакырып жүрөт эр Сыргак:
«Баякы Калча кайдалап?!»
Тоодой болгон Коңурбай
Тобунан чыга бөлүнүп,
Тозуп турду Сыргакты
Бет алдынан көрүнүп.
«Кел, жекеге, Сыргак кул!
Сайып өтүң жарайын,
Ырымдаган эмеңди
Кайра кесип салайын!
Өлөрман бурут, Сыргак кул,
Бөрү тил айза сунайын,
Бириктирип Манаска
Өрт өчкөндөй кылайын!»
Муну угуп эр Сыргак
Түтүн чыгып оозунан,
Жалын чыгып көзүнөн,
Кулаган таштай зыркырап,
Тиштенгенде кашка тиш
Таруудай болуп быркырап,
Качырып калды Калчаны
Арсландай айкырып.
Эр Сыргактын алдында
Жалгыз аттын жолу бар,
Камдап койгон мурунтан
Казылуу терең ору бар.
Качырып Сыргак калганда
Алыстан көрүп Алмамбет:
«Эми Сыргак өлдү!» - деп,
Оңдоп-солдоп теминип,

Оӊ-тетири камчы уруп,
Алыстан: «Чү!» - деп, айкырып,
«Ай, Сыргак!» - деп бакырып,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип келип Сыргакты
Илип алып тизгинден,
Коӊурбайга жеткизбей,
Ээликтирип булкунтуп,
Эри өлгөн катындай
Кабыланды жулкунтуп,
Коштоп чыгып кетти эми.
Ошондо Алмамбет муну айтат:
«Береки ээрдей болгон кара бел -
Кеӊешпей ашар бел эмес,
Кечилдин каны Коӊурбай
Бейлебей сойчу эр эмес!
Кайсы жери болсо да
Бээжиндин жерин аӊдоосуз
Бет алып кирер жер эмес!
Эми ага жетишке
Аркан бою алдында
Казып койгон ору бар,
Ордун ары четинде
Ат тыгылар шору бар.
Же орго түшүп калганда,
Же тыгылып атыӊ турганда
Башыӊды кесип алуучу
Тетиги Калча зору бар».
Жетип Алмаӊ куткарып,
Коштоп алып чыкканда,
Кырк кандын эли кытайга
Кыстоо түшүп калыптыр,
Керикти минип ойнотуп,
Кезикkенин кыйратып,
Тикен алп келип калыптыр.
Тикен алпка бириги п,
Анык мерген Агаяр
Алмамбет менен окушкан
Ошо келип калыптыр.
Сүрүлгөн калыӊ кытайдын
Сүйүнүчтүү күнү тууп,
Барабан тартып алыптыр.
Зорлугу тоодой шер экен,
Келип калган Тикен алп
Бээжинден чыккан шер экен.
Агаяр баштап мергенин
Шайлап кирди Тикен алп,

Ачууланып Калчаны:
«Кантип журтту билдиң? - деп
Алтын такка миндиң, - деп,
Алигиче бурутту
Эмине тирүү койдуң?» - деп,
Астына салып Калчаны
Айдап кирди Тикен алп.
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошуп,
Азизкандын Алмамбет
Маанисин билет кытайдын
Агаяр, Тикен экенин,
Алардын келип калганын
Билип турат Алмамбет.
Ошондо Алмаң мындай дейт:
«Каканчындын Бээжинде
Багылган балбан бар эле,
Бээжиндин каны Карыкан
Азап менен ажалды
Алты ай мурун билүүчү
Акылга дыйкан жан эле.
Топон суу жүрбөс Бээжинге
Тозоктуу уруш болгондо,
Козголуп кытай турганда
Токтоосу жок чыгат, - деп,
Багып жүргөн жан эле.
Балбаны келип калыптыр,
Тикен алп деген аты бар
Коргону келип калыптыр.
Менин бала чагымда,
Ажыдаар алдына,
Окуйбуз - деп, ошондо
Алты миң бала барганда
Алты миңи кырылып,
Алты бала калганда
Анын бири Агаяр
А да келип калыптыр,
Казыналык чоң мерген,
Кытай козголоордо чыгуучу,
Азыр болгун жаныңа,
Айланайын, Сыргагым!
Аларга мен алдырбайм,
Алдырбаган себебим -
Сараланы токудум,
Бала тентек чагымда
Келип калган экөөнөн
Алты айча мурун окудум».
Оозун жыйып алгынча
Аңдып турган Агаяр

Тизеси жерге бүгүлүп,
Түздөп жүрбөй Агаяр
Кыры менен жүгүрүп,
Малакайын башкалап,
Жашыл кийип алыптыр,
Ортосуна барыптыр.
Ашуулуу тоонун чынары,
Көкөтөйдүн чырагы,
Башындагы жылдызы,
Көкөтөйдүн жалгызы,
Өзөн суунун булагы,
Агаярды көргөндө
Бөлүнүп кытай дыр койду.
Мааникер менен керилип,
Туура тартып турганда
Агаяр мерген кызыталак
Бокмурунду бир койду.
Көкөтөйдүн жалгызы
Ажалы жетип окко учту,
Аттан ыргып топ түштү.
Кылагар көзү кылайып,
Кыл муруту шыйпайып,
Кыяматка жол тартты.
Муну көрүп Коңурбай
Айкырып турду бакырып,
Токсон миң кытай, манжуунун
Тополоңун тоз кылды,
Тобун бузуп жиберди.
«Томуктай болгон Сыргагын
Ата көр!» - деп өкүрдү.
Муну угуп, Агаяр
Сыргакты беттеп чү койду,
Жалгыз кыя, жар ташка
Жаңы барып жатарда,
Жакын жүргөн Сыргакты
Жаңы беттеп атарда
Адис болгон Алмамбет
Сыр бараңды колго алып,
Мээлеп калды Аярды.
Мергендикке адистин
Белен турган машаасы:
«Агаярдын башы, - деп,
Айдай болгон кашы», - деп,
Ирмеп туруп калды эми,
Күркүрөп огу жетти эми,
Ташта жаткан Аярдын
Башын жулкуп өттү эми.
Ар жагынан Тикен алп
Керигине камчы уруп,

Күндөй болуп күркүрөп,
Келе жатат Алмаңа.
Алмаңа жакын калганда,
Кара калпак кыргагы,
Кайдан жетти шумкардай
Кан Манастын Сыргагы.
Алмамбетке жеткирбей,
Капталынан жетти эми,
Жеткен жерде Тикенди
Капталга муштап өттү эми.
Сыргак сайып өткөндө
Сырттан тууган Алмамбет
Оңдойлонуп алды эми,
Саймак болуп Тикенге
Жакын кирип барды эми.
Тиктесе Тикен эр экен,
Бээжинден чыккан шер экен,
Отуз беште чагы экен,
Толуп турган табы экен.
Эки айза бир тийсе,
Эки арслан тең сайса,
Ошондо Тикен былк этпейт.
Эрдин баары оолугуп,
Өң жаманды калтырып,
Өңкөй кашка беттешип,
Согушка кирди чогулуп.
Музбурчак, Көкчө эки алп,
А дегиче экөөнө
Тикен алп дагы жетти эми.
Жеткен жерде экөөнү
Көмө коюп өттү эми.
Арт жагында балбандар
Бул экөөнө жеткиче
Азизкандын Алмамбет
Музбурчакка жетти эми,
Жеткен жерден Алмамбет
Жембаштыктай бөктөрүп,
Ала качып өттү эми.
Алдырбай атка мингизип,
Аман алып кетти эми.
Айдаркандын Көкчөгө
Арслан Чубак жетти эми,
Жеткен жерден Көкчөнү
Эңип алып өттү эми,
Көгаласын мингизип,
Көк соотун кийгизип,
Аман алып кетти эми.
Көрүп турган ошондо
Кечилдин каны Коңурбай

Акбалтайдын Чубакка
Айкырып а да жетти эми,
Көгаланын үстүнөн
Опол-тоодой Чубакты
Көмө коюп өттү эми.
Оңолуп Калча келгиче,
Улак кандын Сыргагы
Көкчебичке камчы уруп,
Жебеден мурун жетти эми.
Келберсиген Калчаны
Жетер замат эр Сыргак
Алгаранын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Саралага камчы уруп,
Олбуй-солбуй теминип,
Башын кесип алам, - деп,
Алмамбет, чү - деп келайтат.
Ошо кезде Тикен алп
Үйдөй чокмор колго алып,
Келе жатат Чубакка,
Аттан түшкөн чунакка.
Астында турат Көгала
Аргынкандын Ажыбай
Алып коштоп жетти эми.
Жеткен жерден Чубакты
Көгалага мингизип,
Аман алып кетти эми.
Алмамбет жетип калгынча,
Башын кесип алгынча
Кытайлардан кырк балбан
Коңурбайга жетти эле,
Алгарага мингизип,
Аман алып өттү эле.
Кара канга малынып,
Каршы-терши салышып,
Калың уруш болду эми,
Кызыл канга боёлуп,
Кылча жанын аябай,
Өң бөрүлөр беттешип,
Кыйын уруш болду эми.
Ошо кезде эр Сыргак
Кыйла балбан, кыйын шер
Кымынчалык ойлобой,
Кылча жанын аябай,
Тикен алптын жанында
Баатырлары бир болуп,
Жалгыз жанын аябас,
Көйкашкасын бир бөлөк
Ушулардын баарысын

Тикен алпын баш кылып,
Арслан тийген эмедей,
Алдына салды кубалап.
«Ысылам» - деп бакырып,
Ылаачындай иргилтип,
Сүрүп кетти кытайды.
Каканчындын Бээжинден
Каптап келген кытайды
Кайта сүрүп кетти эми,
Орто жерин эр Сыргак
Оюп, кырып кетти эми,
Тегерегин Алмамбет
Союп жүрүп кетти эми,
Өңчөй бөрү кырк чоро
Кырк жеринен сапырып,
Эшип сүрүп кетти эми,
Буурчактай кылып баштарын
Кесип таштап кетти эми.
Керки менен ойнотуп,
Кез келгенин сойлотуп,
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Качырып эми кайрылып,
Тоодой болгон Тикен алп
Токтобостон аралап,
Кез болгонун айзалап,
Качырып кирди Тикен алп.
А дегенде айкырып,
Байчоро менен Ырчы уулу,
Аргынкандын Ажыбай -
Бул үчөөнө жетти эми,
Жеткен жерден буларды
Аттарынан кулатып,
Көмө коюп өттү эми.
Тикен алпты көргөндө
Калың бурут бусурман
Кайра тартып чуркурап:
«Эми өлдүк» - деп буркурап,
Муну көрүп көп кытай
Кайта каптап кетерде,
Аттан түшкөн үч эрди
Тирүү байлап кетерде,
Акбалтайдын Чубагы
Жалгыз кирди салышып,
Көрүнгөн манжуу, көп кытай
Аралап кирди алышып.
Бекитилүү Бээжиндин
Бели келип калыптыр,
Баштагыдан башкача

Эли келип калыптыр,
Арслан көк жал Чубакты
Ортосуна алыптыр.
Камалып Чубак калганда
Муну көргөн киши жок,
Бет-бетинен урушуп,
Кыйрашып кеткен кырк чоро
Чубак менен иши жок!
Калың кытай биригип,
Аттан түшкөн үчөөнү
Азыр байлап аларда,
Азизкандын Алмамбет,
Улак кандын Сыргагы
Аябай кыргын салган шер.
Кызыл канга малынып,
Кытай менен салышып,
Жөөлөп турган үч эрди
Ажыратып алган жер.
Каптаган кытай эл экен,
Түгөнөт десе түтөгөн
Түгөнбөгөн көп экен.
Алмамбет менен эр Сыргак
Бусурмандын бели экен,
Ажалды ойлоп койбогон,
Адамдан чыккан шер экен.
Акбалтайдын Чубагы,
Буруттардын чырагы
Арага кытай алыптыр,
Тикен алпы башы болуп,
Тегеретип калыптыр.
Миңдеп айза бир тийип,
Эси ооп шылкыйып:
«Эрендер кайда кеткен?» - деп,
Эки жагын алактап,
Издеп жүрөт Алмаңды.
«Кытай кыстоо кылганын
Алмамбет, Сыргак көрсө», - деп,
Башын чайкап оолжуп,
Оозунан чыккан көк түтүн
Тумандай болуп буркурап,
Карап турду эр Чубак
Эки көзү жалдырап.
«Ушунетип турганда
Аккула оозун бурсачы,
Арсланым Манас кабылан
Кашымда карап турсачы!
Анан кийин өлсөмчү,
Ушундай кордук көрсөмчү!»
Оозун жыйып алгыча

Келе жатат жүгүрүп,
Керигин Тикен түйүлтүп.
Муну Чубак көргөндө
Кетти жандан түңүлүп.
Буйрук кылды кытайга:
«Аткыла, - деп, - Чубакты!»
Ошондо кытай жабыла
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Бир жагынан көп кытай
Кылыч сууруп кынынан,
Айбалта ала сабынан,
Айзалары кылкылдап,
Каптап калды былкылдап.
Эми ошондо Алмамбет,
Улак кандын эр Сыргак:
«Бээжинге келип урушуп,
Берен Чубак сырттандан
Ушу жерде айрылып,
Таласка кантип кетебиз?
Тобокел!» - деп айкырып,
Токтоно албай эки шер:
«Чубакелеп!» бакырып,
Кумурскадай кытайга
Аралашып алды эми,
Караса көзгө илинбейт,
Топурак учуп тоз болуп,
Кайсы экени билинбейт.
Каарданып Тикен алп
Эр Чубакка жетерде,
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өтөрдө,
Адис болгон Алмамбет
Тикен алпты бет алып:
«Кемеринин чети, - деп,
Өпкө-жүрөк бети, - деп,
Алтын ээр кашы», - деп,
Октой жетип Алмамбет
Айза менен бир койду.
Алдындагы кериги
Мүдүрүлүп өттү эми,
Башындагы калканы
Учуп жерге жетти эми.
Ошо кезде Тикен алп
Ээринен эр кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
О! - дегенде оозунан
Өжөк-өжөк кан кетип,
Денесинен ал кетип,

Азизкандын Алмамбет
Аянбай муштап өтүптүр.
Жүрөктүн жүлүн, дүлөйүн
Жара берип кетиптир.
Жанталашып оолжуп,
Жалдырап Тикен турганда
Жана Сыргак жетиптир,
Жеткен жерде Аркескен
Сууруп алып кабылан
Тикен алптай балбанды
Башка чаап өттү эми.
Башы кетти быркырап,
Тикен өлүп калганда
Тиктеп турган кытайдын
Теңирге үнү угулду,
Боз ала кызыл туу болуп,
Бүткүл каптап чогулуп,
Каптап кирди согушка,
Коңурбайы баш болуп,
Дагы кирди согушка.
Кырк кан эли кытайлар
Өлөт десе өөрчүдү,
Өлгөн сайын күчөдү,
Түгөнгөн сайын түтөдү,
Түбүнөн Бээжин күчөдү.
Кабар берди Карыкан:
«Тикен балбан өлгөн соң,
Баарың бирдей кырыл!» - деп,
Топон суу тоздоп кирбеген
Толгон Бээжин тукуму
Толук баарың жыйыл!» - деп,
Буйрукту каны берген соң,
Урушпай карап турабы!
Күндө тынып калбастан,
Күн тынымын албастан,
Талаанын бети чаң болуп,
Капыр менен бусурман
Кайраттанып согушту.
Кайраты жогу маң болуп,
Айза колдо кайышып,
Аянбастан сайышып,
Жайнап жаткан жарадар,
Өлүп жаткан мындан көп:
«Минтип турса элимдин
Түбүнө бурут жетет! - деп,
Кытай менен манжууну
Тукумсуз кырып кетет», - деп,
Көптүккө салып Коңурбай,
Токсон уруу эл каптап,

Тоо томкоргон сел каптап,
Калың кытай жетти эми,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Топурак көпкө чачабы,
Алек болуп кетти эми!
Эрлер жүрөт урушуп,
Көп өлүккө жирелип,
Тизесинен аттары
Кызыл канга боёлуп,
Күчөп кытай келгенде,
Ошондо Сыргак кабылан
Токтобостон кисесин:
«Тобокел!» - деп курчанып,
Толгон кытай, манжууну
Токтотту кайра кол салып.
Сыргак тозуп турганда
Чубак кирди аралап,
Тогуз күнү урушуп,
Чубак чыкты боёлуп,
Токсон жерден жара жеп.
Тоодой Чубак чыкканда.
Ажал-өлүм казатка
Кең-Таластан келгенде,
Калың бурут бусурман
Кабылган экен азапка.
Аргынкандын Ажыбай,
Мингени күлүк Карткүрөң
Алтымыш асый толуптур,
Чылбырын жоого чалдырбай,
Чындаган жоого алдырбай,
Аралашып казатка
А да кирип урушту.
Ажыбай кирип барганда
Камышты көр, селди көр,
Каптаган кытай элди көр.
Булуттан ылдам топту көр,
Бурулбай тийген окту көр.
Алты күнү аралап,
Ажыбай чыкты боёлуп,
Алтымыш жерден жара жеп.
Ажыбайдын артынан:
«Тобокел!» - деп бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Ырчы уул чыкты кан болуп.
Ыргалалбай дал болуп.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн мыкты чал,

Кыялы терс болбосо
Айзакерден ыктуу чал,
Эки күнү аралап,
Эчен жерден жара жеп,
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болуп,
Кайта келди согуштан.
Баабединдин баласы
Баатыр тууган Байчоро,
Аксур менен ойнотуп,
Ар кимисин сойлотуп,
Аралап кирди кытайды.
Кезигерге кезикпей,
Жөө желдетке кезигип,
Алты күнү салышып,
Аянбастан урушуп,
Аксур кулап жыгылып,
Байчорону жөө желдет
Баары каптап кетти эми,
Ажыратып атынан
Колго түшүп кетти эми.
Муну көрүп баягы
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмамбет,
Жөө желдеттен бирөөнү
Жеткен жерден кулатып,
Жетип коштоп Алмамбет
Астындагы Аксурду
Алып чыкты чуратып.
Мунарык болгон талаада,
Кумурскадай көп колдо:
«Байчоро!» - деп бакырып,
Токтоп жүрөт Алмамбет.
Калың кытай, манжууга
Улак кандын Сыргагы
Чындап кыргын салыптыр.
Чымчыктайын бөктөрүп,
Байчорону эр Сыргак
Тартып алып кытайдан
Ала качып калыптыр.
Азизкандын Алмамбет
Коштоп жүргөн Аксурду
Туура тартып берди эле,
Берен Сыргак баатырың
Аксурга аман мингизип,
Алып жүрүп кетти эми.
Аты уйкаш Сыргак, Алмамбет -
Арслан тууган кара көк,

Алышканда арыбай,
Чабышканга чарчабай
Жайнаган кытай, көп манжуу
Жанына жакын келгизбей,
Бусурманга тийгизбей:
«Ысылам!» - деп бакырып,
Кырып-жоюп сапырып,
Тозуп жүрөт кытайды.
Күчөп кытай келгенде,
Азизкандын Алмамбет
Каарданып бакырып:
«Кел, Сыргак!» - деп чакырып,
Азирет тийбес Чоң-Бээжин
Урушабыз, - деп жүрүп,
Алда канча жара жеп,
Атыша албай жоо менен
Кансырап кетер бекенбиз?
Бээжинге карай кайрылып,
Берендерден айрылып,
Сыргагым, бейпай болор бекенбиз?
Толгон кытай козголуп,
Тозокту кытай салыптыр.
Колодон кылган бурканды
Аса байлап салыптыр,
Кайра тартып кетпеске,
Ант кылышып көп кытай
Көгөрүшүп калыптыр.
Кайра качкан кытайды:
«Кайта жүрүп уруш», - деп,
Коңурбай калча түгөнгүр
Камап айдап алыптыр.
Капкараңгы түн келет,
Кан агызар кол келет,
Кара жанга зор келет, Сыргак!
Бээжинден күткөн чоң келет,
Эсепсиз аскер мол келет,
Түркүн-түркүн эл келет,
Түк койбой каптар сел келет!
Кандай заман, кандай күн
Талак кылып бутумду,
Таштап такты, журтумду
Бурутту карай качканда
Көргөмүн далай баатырды,
Кайнаган кытай капырды.
Каптап кирип келгенде
Кытайды сүрүп жапырдым,
Көптүгүнөн салышып,
Калың манжуу, көп кытай
Башыма салган болучу

Кара күн заман акырды.
Ошо кытай эл ушул,
Жүрөктөгү чер ушул!
Кызыл канга боёлуп,
Кылчайбастан артыма
Жүрүп кеткен мен ушул!»
Ошондо Сыргак мындай дейт:
«Тозбогун, Алмам жолумду,
Коё бер, Алма, колумду!
Каптап келген кытайга
Качырып айза сунайын,
Каары катуу дозоктон
Жанымды азат кыламын.
Ажалым болсо кытайдан
Атышып жүрүп өлөмүн,
Чымын жаным барында
Чын-Бээжинде кытайды,
Чыркыратып балдарын
Быт-чыт кылып бөлөмүн,
Талкалабай кытайды
Таласты кантип көрөмүн!
Алөөкөнүн Коңурбай
Аяышпай салышып,
Ыгын таап Калчаны
Көк шилиден аламын,
Колума тийсе Калчаны
Курмандыкка чаламын!
Коңурбай канын чачпастан
Кантип бурут барамын!»
Болбой Сыргак турганда
Каныкей берген ок өтпөс
Согуш кийими бир бөлөк,
Биттеп-куштап кетет, - деп,
Кирдин кийими бир бөлөк,
Чаңдын кийими бир бөлөк,
Өрүүлүктө, тынчтыкта
Кандын кийими бир бөлөк.
Калпак өркөч кара нар
Кан Манастын Желмаян
Жүктөп келген соот тон -
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Күдөрү күрмө, кең жака.
Калаанын баарын чалдырган,
Соот тонго салдырган.
Тиштеп ныктап Каныкей
Кашка тишин сойдурган,
Тиктеп көзүн айырбай:
«Кайсы жер бошоң болду? - деп,

Кара көзү коюлган.
Кытай кыргын саларын
Биле келген чоролор
Болот кылыч байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Чоролор минтип турганда
Кайратты Калча кылыптыр,
Калың кытай, манжууну:
«Каптагын!» - деп кылычтап,
Астына айдап алыптыр.
Жер жүзүндө чөптү көр,
Чөптөн калың көп кытай
Кумурскадай жыбырап,
Кумчалык сансыз көптү көр!
Таш сайынган кытайдын
Тазалары бөлүнүп,
Күрмө кийген манжуунун
Кужүрмөнү көрүнүп:
«Мөндү!» - деп ураан чакырып,
Жерди жарып бакырып,
Жайнап кытай калганда
Баштагыдан миң эсе
Артык болуп жабылып.
Мынчалык колду көргөндө,
Азгынакай бусурман
Кетти жандан түңүлүп,
Кеңеш кылып буруттар
Кеп, акылын кылышып,
Атадан жалгыз болгонуң,
Артыңда тууган жок болсо
Азыр кеткин жериңе.
Алым начар дегениң
Атышам, - деп, бөөдө өлбөй
Азыр кайткын жайыңа!
Искендер изин салбаган,
Сулайман сурак албаган,
Ар ким сурак албаган
Түгөнөт десе түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түгөнбөс кытай эл экен,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Каптап кетер сел экен.
Бекер мындай жыйылып,
Бейлебестен кырылып,
Бейажал өлүп кетпегин.
Өлгөнүңдөн калганың
Жете көргүн Таласка,
Кордук көрүп калдык, - деп,
Айта көргүн Манаска!»

Араӊ жүргөн бусурман
Кайра тартты чуркурап,
Кайратсыз жашык буруттар:
«Кандай заман болот?» - деп,
Кетип барат буркурап.
Бурут минтип кеткенде
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Арслан тууган Алмамбет
Күндү жайлап ийгенде
Борошолоп шыбыргак,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жөө тумандай түштү эле,
Күн көрүнбөй күүгүмдөп,
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп,
Көктөн булут сабалап,
Жер бетине камалып,
Күн көрүнбөй түн түшүп,
Көрө албастан жан-жагын,
Кыйкырганда үн жетпей,
Үн жетсе да көз жетпей
Жайдын күнү кыш болду,
Жайылган суулар муз болду,
Кийими жука кытайлар
Кыӊшылаган кыз болду.
Ушинетип күн жайлап,
Каптап калган кытайга
Качып кеткен бурутту
Көрсөтпөстөн Алмамбет
Тозуп турду жол кармап.
Тозуп Алмаӊ турганда,
Токтобой кытай каптады
Каарланып жапырып,
Калыӊ журттун баарына:
«Каптап кет!» - деп, Коӊурбай
Кабар салып чакырып,
Кырк кандын эли кытайга
Кыстоо салды Коӊурбай.
«Кылчайбай журтум, кыргын, - деп,
Өзү тийген бурутка
Кызыкты минтип кылгын», - деп,
Коӊурбай мындай дегенде
Кылычтары кылкылдап,
Айза башы былкылдап,
Зубун-зубун кытайлар
Зубуну менен бөлүнүп,
Мергендери жабылып,

Дөөлөрүнүн баарысы
Чет-четине камынып,
Каптап кытай калганда
Жердин үстү чаң болуп:
«Заман кандай болот?» - деп,
Эрдин баары дал болду.
Жайнап келген мергендер
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жабылмак болду бурутка.
Топон суу жүрбөс Чоң-Бээжин
Топ-топ болуп бөлүнүп,
Токтобой уруш салды эми.
Манас кандын кырк чоро
Качкан журтту куудурбай,
Алдынан тозуп алды эми.
Иреттешип урушуп,
Кайра тартып калышып,
Кайран Алмаң бет болуп,
Качпай туруп салышып,
Эрендердин баарысы
Айзалашып топ бузуп,
Ажалы жеткен кээ бир жан
Атышып жүрүп окко учуп,
Былкылдап кытай жыйылып,
Мыктап уруш салыптыр,
Мыкты тууган Коңурбай
Ошол элдин баарына
Кабар берип калыптыр.
Эр баш сайын экиден
Бышырган кирпич бериптир.
Орто жери урушуп,
Эки чети бурутту
Тегеректеп калыптыр.
Тегерегин чеп кылып,
Тегеректеп аларда
Казып коюп орлорун,
Кайнатып чогуу шорлорун,
Кырк чорону курчашып,
Чогуу байлап аларда
Чочуп кетти Алмамбет.
Бир бирине каралаш,
Алмамбет, Чубак аралаш,
Серек, Сыргак аты уйкаш,
Ээрчиткени кырк чоро,
Сыргакты коюп артына,
Каптап келген кытайдын
Каршы коюп бетине,
Ордун салын дыр коюп,
Ит-Өлбөстүн чөлүнө

Кирип келди чү коюп.
Жапалак учпас жолдорду
Бек бекитип алышып,
Кытайды карыш жылдырбай,
Бусурманга жолотпой,
Ит урушун салды эми.
Кандуу канга бөлөнүп,
Каптаган кытай колу экен.
Каптап күчөп калган соң,
Ээр белдей кайкыга
Качкан бойдон эр Сыргак
Араң чыкты жөлөнүп,
Азизкандын Алмамбет
Алыстан көрүп кытайды
Алдыга салса акжолтой,
Астында жүрсө сан колдой,
Дүмөк салган кытайга
Качырып кирип Алмамбет
Аралашып алды эми.
«Ысылам!» - деп, бакырып,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмамбет,
Кууп келген кытайды
Уйгу-туйгу түшүрүп:
«Дин ислам!» - деп, бакырып,
«Манастап!» - ураан чакырып,
Кайра айдады сапырып.
Сарала менен ойнотуп,
Бет алганын кытайдын
Кырып жүрөт сойлотуп.
Аябай Алмаң киргенде
Топурак көр, чаңды көр,
Топ-топ болуп жыгылып,
Өлүп жаткан жанды көр!
Суудай болуп шыркырап,
Агып жаткан канды көр!
Арсландай болуп бакырып,
Аралап жүрөт кытайды
Алмамбет көк жал шерди көр!
Аттарынан айрылып,
Алапайын табалбай,
Акыл азап, маң болуп,
Топ-топ жаткан жөөнү көр!
Каптаган калың кытайды
Чымынчалык көрбөстөн,
Алмамбеттей дөөнү көр!
Кытай сансыз, бу жалгыз,
Кызыталак кытайдын
Кылмышы барбы теңирге?

Кыстоо салып, камоолоп,
Тирүү кармап алчуудай.
Алуучу болсо Алмаңдын
Башына бузук салчудай,
Каптап кытай чу койду.
«Кадырлаш Чубак кайда?» - деп,
Кайра тартып дыр койду.
Ат соорусун салды эми,
Артынан түшүп көп кытай
Аянбай кууп калды эми.
Кууп кытай жетерде,
Такыр каптап өтөрдө,
Узун бойлуу, кең далы -
Кабарыңда бар бекен
Кан Балтайдын Чубагы
Алышса адамдын алы жетпеген,
Атса мылтыктын огу өтпөгөн,
Жоо көрсө токтоп калбаган,
Ойгуттардын кыраны,
Миң айзаны бир жеген
Жарасы бар этинде,
Айыгып алып жарадан
Кытай менен беттешүү -
Эр Чубактын шертинде.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгаладай ат минген
Качырып кирди сан колдой.
Чымындай жанын аябай:
«Манастап!» - ураан чакырып,
Кумурскадай калың кол
Кумдай болуп, көп кытай
Калың колду баштаган
Алты миң кытай, миң калдай,
Ак сакалы Коңурбай.
Качырып Чубак калганда
Кабагым дебей, каш дебей,
Качырып чыкты Коңурбай.
Каарданып бакырып,
Балбандарын чакырып:
«Капта, калдай, капта! - деп,
Кан Балтайдын Чубагын
Тирүү кармап алалы,
Башы-көзүн ширилеп,
Карыкандын алдына
Тартуу кылып баралы!
Карыкандан суранып,
Калың черик бергин, - деп,
Кол чакыртып алалык.
Качырып калган бурутка

Кыяматты салалык,
Айдап барып Таласка
Кызы эмес буруттун
Катынын талап алалык!
Мурун качкан буруттун
Кызыл канын чачалык,
Кылчайбас кылып бурутту
Кырып-союп, жанчалык!
Белдеринен бүктөйлүк,
Бейбаш, тентек бурутту
Булап алып буласын,
Бээжинди көздөй жүктөйлүк.
Мелтиретип айзаны
Бек кармагын чыңданып,
Олоң менен башыңды
Оңдоп алгын тыңданып.
Кайра качып калганың
Өлбөй калам дебегин!
Абайлачы балбандар,
Алмамбет, Чубак, Сыргагы
Буруттун аскер бели экен.
Буруттугу болбосо
Жер жүзүндө адамды
Буй кылуучу шер экен.
Буруттардын Чубагы
Көптөн бери согушпай,
Бууругуп калган кези экен!»
Калча сүйлөп турганда
Качырган Чубак турабы,
Көгала менен зыргытып,
Көп кытайды дыргытып,
Коңурбайдын жанында
Такоолдогу миң калдай,
Калдайына жеткенде
Эчен-эчен эр сайып,
Эчени кабат бир сайып,
Кытайлар ыктап жөнөлүп,
Кырып жүрөт эр Чубак
Кызыл канга бөлөнүп.
Кайра качкан кытайды
Каарданып Коңурбай
Бирин кайта качырбай,
Сабап жүрөт айкырып,
Качканды Калча токтотуп,
Качпаганды эр Чубак
Союп жүрөт онтотуп.
Ортосунда көп кытай
Иргилип калды качалбай,
Тамшанганда кан татып,

Камбылдары камынып:
«Кармайбыз», - деп Чубакты
Калың кытай, көп манжуу
Каптап калды жабылып.
Таталашып көп кытай,
Далай айза салды эми,
Алмамбет менен Сыргак жок,
Арада Чубак калды эми.
Катынын кара баскандай,
Куугуну жакын калгандай,
Кытайлардын Коңурбай:
«Мөндү, мөндү, мөндү!» - деп,
Мөндүлөп ураан чакырып.
«Кармагын! - деп, Чубакты
Каарданып бакырып.
Калың кытай, манжууну
Кайран Чубак көк жалың
Коңурбайдан бөлөгүн
Көпөлөкчө көргөн жок.
Коңурбайды бет алып,
Айза сунуп, бет алып,
Калмак ээр кашы, - деп,
Как жүрөктүн башы, - деп,
Чындап коюп өттү эми,
Алтын кисе чети, - деп,
Өпкө, жүрөк өзү, - деп,
Коңурбай коюп өттү эми,
Коңурбайдын соңунан
Сансыз кытай жетти эми.
Коңурбайы баш болуп,
Кумурскадай кыжылдап,
Кумдай болуп быжылдап,
Тегеректеп кетти эми.
Жалгыз жүргөн эр Чубак
Санаа тартып бүгүлдү,
Чымын жандан түңүлдү.
Айза менен сайганын
Кайта кагып жолотпой,
Айбалта менен чапканын
Боюна жакын ченетпей,
Кылыч менен жан жагын
Кылча жанын аябай,
Кагып жүрөт эр Чубак.
Аянбай жүрөт Коңурбай,
Алек болду эр Чубак.
Эки көзү алактап,
Эси кетип дал болуп,
Эңгиреп Чубак турганда
Атышканда акжолтой,

Алышканда сан колдой,
Кара калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы
Каарданып бакырып,
Камап турган кытайды
Эр Чубактын үстүнөн
Сүрүп чыкты жапырып.
Оозу-мурдун жаланып,
Арсландай айкырып,
Айдап жүрөт эр Сыргак.
Калың кытай, манжууну
Кызыл канды агызып,
Жайлап жүрөт эр Сыргак.
Бөрү тийген миң койдой,
Бөлүп жүрөт эр Сыргак.
Жагалмай тийген таандай,
Жанын кылча аябай
Кырып жүрөт эр Сыргак.
Кезикkенин майдалап,
Кез болгонун айзалап:
«Кечилдин каны кайдалап?»
Айкырып жүрөт эр Сыргак.
Аянбастан арсланың
Ылаачындай тийди эле,
Сырт жагынан Сыргакка
Кан Балтайдын Чубагы
Караан болуп берди эле.
Какайлаган кытайды
Ителги тийген таандай
Ит-Өлбөстүн чөлүнө
Кайра сүрүп жапырып,
Кайран Сыргак кирди эми.
Чактаса чама келбеген,
Чарк келбес кытай эл экен,
Күрөшүп күчү жетпеген,
Кужурмөн кытай эл экен.
Күркүрөп каптап Ай Жаң-Жуң,
Күүлөнүп жетип калыптыр.
Айкырыгы таш жарып,
Аянбастан кол алып,
Эсепсиз калың кол алып,
Жаңыртышып шер алып,
Жан аябас көк алып,
Ай Жаң-Жуң келип калыптыр.
Эки алпы келгенде
Колу колго кошулуп,
Жердин жүзү жошулуп,
Селдей болду көп кытай.
Калыңдыгын карасаң

Уч-кыйырына көз жетпей,
Көлдөй болду көп кытай.
Ар манжуусу бир бөлөк,
Калың кытай, манжуунун
Канчалары кырылган.
«Буруттарды кырсам», - деп,
Эрдин кесе тиштенип,
Армандуусу бир бөлөк,
Алыстан чалма уруучу
Аярлары бир бөлөк,
Түркүн кытай эл болуп,
Түгөнүшөр жер болуп,
Каптап кытай калганда
Акыл таппай алактап,
Амалы качып, эс кетип,
Кытай кирди жабылып,
Байламакка камынып.
Мунарык түшкөн топту көр,
Бузулбаган окту көр!
Окту Сыргак ойлобой:
«Өлөмүн» - деп санабай,
Өөдө-ылдый карабай,
Баштагынын бири жок,
Каптап калган кытайдын
Кайра качар түрү жок.
Качырып айза салышып,
Онун сайып түшүрсө
Туш-тушунан сайгылап,
Бир жүз айза бир тиет.
Күркүрөп чыкса Коңурбай
Көзүнө киши көрүнбөйт,
Күчөп кетет Ай Жаң-Жуң.
Ай Жаң-Жуңдун артынан
Айкырып келет Күн Жаң-Жуң.
Эки Жаң-Жуң кан чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Беттеп Сыргак сайганда
Айза сынып бүктөлүп,
Жалгыз жанга күч келип,
Жабылып кытай турганда
Жылкыда тулпар Алабаш
Сыргакты көздөй жүгүртүп,
Алмамбет, Чубак аты уйкаш:
«Ажал жетсе өлөлү,
Алыбыз келсе экөөбүз
Эсил Сыргак балага
Караан болуп берели!»
Ушундай деп, эки шер
Чымын жанын аябай,

Көп кытайга карабай,
Кууп кирди качырып,
Кытайдын заарын учуруп.
Качырып тийди кытайга
«Манастап!» - деп ураан чакырып,
Эки арслан бакырып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыраандарың киргенде
Артынан бирге ат коюп,
Эр Манастын кырк чоро
Качырып каптап келгенде
Канды канга калышты,
Каптап келген көп кытай
Качпай туруп салышты.
Баягы берен Сыргагың
Көкчебич менен зыргытып,
Азизкандын Алмамбет
Аралап кирип арсландай,
Ар кимисин бир сайып,
Аттан айрып ыргытып,
Алмамбет чындап киргенде,
Сыргак кошо жүргөндө
Каптаган кытай токтолуп,
Кан Балтайдын Чубагы
Кырып жүрөт кытайды
Ок жыландай октолуп.
Орто жерин Алмамбет
Оюп кирип кетти эле,
Тегерегин эр Сыргак
Чоюп кирип кетти эле,
Качырып жанын аябай,
Кан Манастын кырк чоро
Бөлүп кирип кетти эми.
Согуш кылып турганы
Ит-Өлбөстүн чөлү ошол,
Томуктай болгон тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Миздей жайык жер ошол.
Талаанын баары чыкылдап,
Толгон кытай эли ошол.
Көп кытай менен кыйрашкан,
Кан Манастын кырк чоро,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Арслан тууган шер ошол.
Толкуп кетсе көп кытай,
Тоскоол бербей дайрадай,
Жайпап кетер сел ошол.
Көптөн коркуп качпастан
Аздап барып Таластан

Алтоо бирдей тынбастан,
Алышып жүргөн эр ошол.
«Качпагын!» - деп, кытайды
Кыйкырып чыкты Ай Жаң-Жуң.
«Кырып сал!» - деп, бакырып,
Айдап чыкты Күн Жаң-Жуң.
Кача түшүп көп кытай,
Кайра тартып сабылды.
Аралашып кеткенде
Айбалта менен чабышып,
Кытай менен кырк чоро,
Айтылуу арслан үч бөрү
Былчылдашып салышып,
Тополоң учуп тоз болуп,
Кайсы экени билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.
Асман кара чаң болду,
Жердин бети кан болду,
Көп кытай менен кыйрашкан
Кырк үч берен жан болду,
Эрдигине кубанып,
Эси кетип көп кытай,
Акылдан азып, дал болду.
Күн тынымын алган жок,
Күнү-түнү урушуп,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Кылт этип даам алган жок.
Көбү төгүн, көбү чын,
Көрүп келген киши жок.
Бири төгүн, бири чын,
Билип келген киши жок.
Чыңыроон чыкпай кең жайдан,
Чымчык учпай кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан,
Керилген жайык жер экен,
Эсепсиз кытай эл экен,
Толкуп кытай киргенде,
Токтолбой уруш кылганда:
«Тобокел!» - деп, эр Сыргак,
Каарданып бакырып.
«Алмамбет, Чубак, беркел!» - деп,
Кырк чорону чакырат.
«Каптап кытай келет - деп,
Кайран жаным өлөт» - деп,
Бошотпогун белиңди,
Кетирбегин демиңди.
Кең-Кол, Талас боюнда,
Кан Манастын барында,
Жая кесип жечү элек,

Капкалуу кытай журтуна
Жалгыз татыйм - дечү элек
Кызыл айза, ач болот
Көөлөшөбүз дечү элек,
Кыркыбыз катар бир болсок
Жөөлөшөбүз - дечү элек.
Согуша турган тап келди,
Өлүшө турган чак келди!
Азирет тийбес Бээжинден
Алышпай кайра тартпайбыз.
Өлбөй киши калабы
Өлмөйүн кайта кайтпайбыз!
Бешенеде жазууну
Качан да болсо көрөбүз,
Таластан бери чыкканда
Ошол күнү өлгөнбүз!
Карап тургун, кырк чоро,
Айза кармап, топ бузам,
Ажалым жетсе окко учам!
Теги, ойлочу, кырк чоро!
Теңирим буйрук кылганда,
Жалаңкыч колун сунганда
Киргизбейби казган көр,
Батырбайбы кара жер!
Өлбөс адам болобу,
Качыргыла чоролор,
Айныбастан кирели,
Айгайлатып кытайды
Бээжинди көздөй сүрөлү!
Жаманына тийбейли,
Кандарын беттеп көздөйлү!»
Качырып калды эр Сыргак,
Кайраттанып бакырып,
Качырбай туруп калгандын
Жети атасы капыр, - деп,
Аралап Сыргак кирди эле,
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин ур чалып,
Аралап кирип жүрдү эми.
Быт-чыт кылып чаң салып,
Чалышып Сыргак турганда
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет
Жетиктеп белин курчанып,
Жети сан уруу кытайга
Жеке кирди кол салып.
Кан Балтайдын Чубагы
Качырып согуш салды эле,
Мунарыкты көр, чокту көр,

Бул үчөө кыргын салганда
Бузулбай тийген окту көр!
Казып койгон орду көр,
Кайнатылуу шорду көр!
«Какайлап!» - ураан чакырып,
Каптаган кытай колду көр!
Көк көрүнбөс чаңды көр,
Чаң ичинде көмүлгөн
Агып кеткен канды көр!
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү кытай элди көр,
Кылчайып кайра тартпаган,
Кырылышкан элди көр!
Каарданып бакырып,
Каптап кытай калганда
Кайра тозот кытайды
Улак кандын Сыргагы.
(Ааламга жетет чамасы,
Манас менен эр Сыргак
Ага-ининин баласы.)
Ошондо Сыргак кайран шер
Кыргын салып жулунуп,
Көкчебич буудан ат минип,
Кайра тартпай бек кирип,
Карсылдашып жүргөндө
Жыйырма бирде кайран жаш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кыйындык көрүп кайран баш.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Узун бойлуу, кең далы
Качырып кирди бир жактан
Кан Балтайдын Чубагы.
Орто жерин Алмамбет
Оюп келип берди эле,
Эки четин эр Сыргак
Айдап келип берди эле,
Берендердин Чубак шер
Кырып келип берди эле,
Каканчындын Бээжинге,
Какайлатып кытайды
Кайра айдап сүрдү эле.
Казат кылып булардын,
Бек кагышып турган жер -
Ит-Өлбөс деген жер экен,
Кырк күнчүлүк жол экен,
Куу учканда куйругу,
Кулан жүрсө туягы
Такыр күйчү жер экен.

Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этерге суусу жок
Ошо чөлгө барганда,
Кайраттанып Коңурбай,
Астынан Калча кан чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң
Жолдош болуп Калчага
Жолуккан экен оолугуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айныбастан качырып,
Алты миң кытай, миң калдай,
Ашкереси Коңурбай,
А дагы каптап жетти эми,
Бөйрөгүнөн Ай Жаң-Жуң
Канча зубун кол менен
А да каптап кетти эми.
Шамал чыгып оозунан,
Өрт төгүлүп көзүнөн,
Эчен-эчен эрди алып,
Күркүрөп кирди Күн Жаң-Жуң,
Темирдей курчап көп кытай
Ортосуна алды эми,
Айзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Кылычка кылыч тийишип,
Удургушуп жүрүшүп,
Ушундай казат болду эми.
Алөөкөнүн Коңурбай
Алгарага камчы уруп,
Качырып келет Чубакты.
Чын качырып жетерде,
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өтөрдө
Көрүп калды Алмамбет.
Астындагы Сарала,
Олбуй-солбуй теминип.
Оң-тетири камчы уруп,
Ошондо Алмаң жетишип,
Кендир курдун четине
Муштап келип өттү эми,
Ооп Калча турганда,
Жанындагы кырк төрө
Жөлөй качып кетти эми.
Айкырык салып Ай Жаң-Жуң
Алмамбетке жетти эми,
Боз кемердин чети, - деп,
Өпкөнүн төмөн бети, - деп,
Муштап келип өттү эми,

Алмаңды аттан түшүрбөй,
Акбалтайдын Чубагы
Аттан жөлөп өттү эми.
Кара калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы
Жети миңин майдалап,
Кезиккенин айзалап,
Алмаңды сайып, Ай Жаң-Жуң
Оңолуп жүрө бергиче,
Ай Жаң-Жуңдай баатырды
Боз кериктин үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Аттан түшүп салактап,
Эки көзү алактап,
Эстен кетип турганда
Эр Алмамбет көрүптүр,
Ач болотун колго алып,
Качырып Алмаң жеткиче
Тоодой болгон Жаң-Жуңдун
Башын чаап өткүчө,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ай Жаң-Жуңга жетиптир,
Жетип атка мингизип,
Жел тийгизбей Жаң-Жуңду
Аман алып кетиптир.
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Эчен-эчен эр өлүп,
Өлбөй тирүү жүргөндөр
Кызыл канга бөлөнүп,
Көөдөндү каптап чаң жетип,
Көбүнчө суусап, ал кетип,
Тулпар чарчап-чаалыгып,
Эрдин көзү карыгып,
Ээн калсын кытай журт,
Күчөп келет жабылып!
Күчөгөнүн көрсөңүз,
Кашаттанган кара кыр,
Кара кыр десе сел экен.
Баштагыдан канча көп,
Каптаган кытай эл экен.
Канаттуу карга кутулгус,
Каарданган кези экен.
Кайнаткан шорго туш болуп,
Бусурман кайгыланар кези экен.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө шок.
Сыргак калып тозууга,
Кайран жандан түңүлүп,

Кан Алмамбет баш болуп,
Кырк чоро качып чу коюп,
Атышкан менен арыбай,
Чабышкан менен чарчабай,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Ит-Өлбөстү аштырбай,
Бери кадам бастырбай,
Өлөмүн, - деп санабай,
Өткөрө тозуп кытайды
Жети күнчө турду эми.
Күн кылкылдап батканда
Кайра тартып дыр коюп,
Көрүнбөстөн чу коюп,
Кайра тартты Сыргак эр.
Астындагы Көкчебич
Адеп, чү! - деп жөнөсө
Баскан ташы быркырап,
Чоң казандай даңканы
Сыргактын төбөсүндө чыркырап.
Ооздугу кагылып,
Эти кызып Көкчебич,
Тал жибектей куйругу
Чаткаякта чабылып,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Эңкейишке киргенде
Эликтей колу сайылып,
Өргө сала бергенде
Жал-куйругу жайылып,
Жер союлуп жошулуп,
Жеке калган Сыргак жан
Кырк чорого аман-эсен кошулуп,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калыптыр.
Кеткен изден айрылбай,
Эки жакка кайрылбай,
Кечилдин каны Коңурбай
Кенебей кууп калыптыр.
Токсон Бээжин козголуп,
Тоодой болгон Ай Жаң-Жуң
Тобу менен кытайды
Токтотпой айдап алыптыр.
Колу менен жасаган
Колодон кылган бурканды,
Ошону кудай экен, - деп,

Тооп кылып калыптыр,
Ээлигип кытай эл каптап,
Эмгекти башка салыптыр.
Жаңырыктын Жар-Кыя.
Жалгыз аттын чубама,
Сарала оозун бурду эми,
Азизкандын Алмамбет
Ит урушун салууга,
Бура тартып калды эми.
Ай Жаң-Жуң менен Күн Жаң-Жуң,
Артыкча эри Коңурбай
Жалгыз Алмаң көк жалды,
Жабылып каптап кетти эми.
Уй куймулчак Сарала,
Уюлгутуп кол салып,
Чыпка куйрук Сарала,
Чымырылтып кол салып,
Эңкейиштен эр сайып,
Эченин катар бир сайып.
Туура тартып бакырып:
«Манас!» - деп, ураан чакырып,
Туш-тушту көздөй сапырып,
Алысыраак жүргөнүн
Айза менен кулатып,
Беттеше жакын келгенин
Кылыч менен сулатып,
Тизелеше келгенин
Айбалта менен кыйратып.
Каптап кечил дыр коюп,
Жакынырак келгенин
Сыр бараң менен бир коюп,
Сыр бараң үнү чыкканда
Качып кытай дыр коюп,
Ит айбатын салышып,
Эс алышып чабышып,
Азизкандын Алмамбет,
Эчен-эчен алтынды,
Бөлгөн Алмаң эмеспи?
Энесин окко учуруп,
Келген Алмаң эмеспи?
Алтын тагын май кылган,
Бусурман динге кирбейт, - деп,
Атасы Азизканды жай кылган.
Талак кылган буттарын,
Талкалап кытай журттарын.
Эчен-эчен азапты
Мындан мурун кытайдан
Көргөн Алмаң эмеспи?
Кырылышып салышып,

Көнгөн Алмаң эмеспи!
Айры белес кайкаңдан
Ашкандан Алмаң коркпогон,
Алдындагы казатка
Чапкандан Алмаң коркобу?
Тозуп Алмаң турганда,
Токтобой согуш кылганда,
Ат соорусун салышып,
Бирөө кайра тартканда,
Бирөө калып урушуп,
Кытай кыстап кубалап,
Какайлашып жүрүшүп,
Кол алдында Күн Жаң-Жуң,
Койбой кууп Ай Жаң-Жуң,
Келберсиген Коңурбай
Коломочтоп айзасын,
Бурут качып калганда,
Ат соорусун салганда,
Айдай сары талаада
Кыжылдашып көп кытай,
Кумурскадай жыбырап,
Каптап чыгып келатат.
Ээн жайкын талаада
Кайнап чыгып келатат.
Эсеби жок калың кол
Жайнап чыгып келатат.
Жекеге калган Алмаңа
Күркүрөгөн Күн Жаң-Жуң:
«Качып жүргөн качкын кул,
Сени сайып алам!» - деп,
Кайрат кылар жан калбай,
Бурутка каран салам, - деп,
Таласка кеткен кыздарга
Дагы бир миң кыз кошуп,
Кайра тартып алам, - деп,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары бөлүнүп,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыраандары бөлүнүп,
Күрмө кийген манжуунун
Күн Жаң-Жуң тоодой көрүнүп,
Каш-кабагын карасаң,
Күүгүмдөгөн чөлгө окшоп,
Маңдайында эки көз
Жатып калган көлгө окшоп.
Чачырап тик муруту,
Айбалтанын сабындай,
Күн Жаң-Жуң алп баш болуп,
Каптап кытай кетти эми,

Жалгыз калган Алмамбет,
Жабалактап көп кытай,
Алды-артын курчашып,
Тегеректеп кетти эми.
Капталынан Ай Жаң-Жуң
Качырып айза салды эми,
Калың кытай, манжуунун,
Кабылан көк жал Алмамбет,
Күндөй бети жаркырап,
Ортосунда калды эми.
Астындагы Сарала
Мүдүрүлүп кылт этпейт,
Азизкандын жалгызы
Айза тийсе былк этпейт.
Туш-туштан тийген айзаны
Кылыч менен кыйратып,
Кыюусуна келгенде
Кыя чаап баштарын,
Кытайды жүрөт сулатып,
Алысыраак манжууну
Айза менен сулатып.
Андан алыс жүргөнүн
Сыр бараң менен бир атып,
Жер көрүнбөй чаң менен
Жеке жүрөт урушуп,
Калың кытай кол менен.
Жарып чыгып кытайды
Саралага сүйөнүп,
Бүткөн бойдо тамтык жок,
Кара канга бөлөнүп.
Алмамбет минтип калганда,
Кытай каптап турганда,
Кыйкырык чыкты ошондо.
Кытайлардын Коңурбай,
Ал аңгыча болбостон,
Акбалтайдын Чубагы,
Улак кандын Сыргагы:
«Кайрылбастан качканда
Кай муратка жетебиз!
Кабылан тууган Алмаңды
Кантип таштап кетебиз?!»
Шашып калды эки эрен,
«Кыстап кытай каптаса,
Кыраан көк жал Алмамбет
Кокус түшүп кетет, - деп,
Түшүп калса кытайга
Бөөдө өлүм жетет, - деп,
Кудай бизди урат, - деп,
Буруттун бели сынат, - деп,

Алмамбетке жетелик,
Ажыратып кетелик!» -
Деп, ошондо эки эрен
Аттын оозун жайышып,
Алмамбетке жетмекке,
Чу коюшуп жарышып:
«Манастап!» - ураан, үн салып,
Манжуу менен кытайга
Токтобой кирди кол салып.
Алмамбетти жибербей,
Тегеректеп турганда,
Аралап кирди арсландар,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындарын кыйратып,
Кез келгенин сойлотуп,
Беттегенин бир сайып,
Жүрөккө айза ойнотуп,
Азизкандын Алмамбет
Беркилерди көргөндө
Медер кылып, бел байлап,
Кайраттанып дем байлап,
Алмамбет кирди бир жактан:
«Бере көр!» - деп, кудайлап.
Аралап кирди салышып,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Аралай кирди жарышып,
Айбалта менен кылычты
Аркы-терки шилтешип,
Агып кетти кызыл кан,
Жатып калды калың сан.
Жаны кетип бүк түшүп,
Эсепсиз калың кытай кол
Эсепсиз калың кырылды.
Кара жору, кажыры
Өлүктөрдүн үстүнө
Калдайышып жыйылды.
Кытайлардын Күн Жаң-Жуң
Кыйын өзү эр экен,
Капырдыгы болбосо,
Кытайдан озгон шер экен.
Кыйкырып октой жетерде,
Сараланын үстүнөн
Алмамбеттей асылды
Көмө коюп кетерде,
Көгаланы зыргытып,
Көнүк болгон эр Чубак
Капталынан качырып,
Күн Жаң-Жуңга жетти эле,
Жеткен жерден эр Чубак

Тоодой болгон Жаң-Жуңду
Көмө коюп өттү эле.
Токтоно албай, көп кытай
Жарыла берди чуркурап,
Кулап Жаң-Жуң түшкөндө,
Жөө күлүк кытай жетерде,
Күн Жаң-Жуңдай балбаны,
Жан аябас ынагы
Ылаачындай жетти эми.
Жаны бирге Сыргагы,
Жеткен жерден Аркескен,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Башын кесип алды эми.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кейип жүрөт өкүрүп,
Кечилдин каны Коңурбай.
«Күн Жаң-Жуң өлүп калды», - деп,
Кабар берди канына,
Каканчындын шаарына,
Бул кабарды уккан соң,
Каптап кытай жайнады,
Балбандары бөлүнүп,
Коңурбай тоодой көрүнүп,
Бурканына жалынын,
Бузулбай кытай жабылып,
Жабылганын көргөн соң
Салышып жүргөн үч берен
Эми жандан түңүлүп,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү Манас шери жок,
Караан кылган бусурман,
Он эки кандын эли жок.
Кызыкты кытай салат бейм,
Ат чаалыгып келгенде
Көөнү келсе кытайлар
Тирүү кармап алат бейм!
Токтобой кыргын салуучу
Тозоктуу кытай эл ошол,
Токтобой качып Бээжинден,
Кыйланы көргөн мен ошол.
Кенелбестен кытайга
Кайра тартып калалы,
Кайрат кылып кытайга
Ит урушун салалы!
Өлгөнүңөн калганың
Жете баргын Таласка,
Кордук көрүп калдык - деп,
Айта баргын Манаска» -

Деп, ошонтүп, кеп айтып,
Алмамбет, Сыргак асыл шер,
Көк жал Чубак, артык эр
Кайра тартып калышып,
Кача берип эр Чубак,
Алмамбет калып салышып,
Алмамбет чыга бергенде,
Сыргак калып салышып,
Сыргак чыга бергенде,
Чубак кирип салышып.
Чубакты көрүп Коңурбай,
Чындап каптап калышып,
Айзачаны бир бөлөк,
Кылыччаны бир бөлөк,
Кыйынынын баарысы
Көмкөрүлүп кылкылдап,
Курт экени билинбей
Жайнап кытай келатат.
Дүмөктү Калча салыптыр,
Көгала менен самсытып,
Дүмөктү Чубак салыптыр,
Кан Коңурбай баш болуп,
Алмамбет, Чубак, Сыргакты
Калың кытай, көп манжуу
Көтөрө коюп алыптыр.
Айдай түптүз талаада,
Жети күнү эр Чубак
Жеке урушуп калыптыр,
Эки колу дал болуп,
Акбалтайдын Чубагы
Кайра тартып калыптыр.
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Дүмпөйгөн кара тумшуктан,
Ай тийгендей жаркырап,
Арсландай болуп күркүрөп,
Алмамбет тосуп калыптыр.
Дыр коюп Чубак калганда,
Кытай күчөп, кууп алганда
Кан Коңурбай, Ай Жаң-Жуң
Былкылдатып кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Оолугуп качырып,
Кечилдин каны Коңурбай
Алмамбетке жетти эми,
Алмамбеттин үстүнө
Ат оюнчу, жөө күлүк
Такыр каптап кетти эми.
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп кыйкырып,

Кырып жүрөт Алмамбет,
Кырганына кылчайбай,
Кызыкты кытай кылды эми.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жаң-Жуң кирди бир жактан,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Манжуу кирди бир жактан.
Какайлап ураан чакырып,
Калмак кирди бир жактан.
Шибээ, солоон - эки уруу
Бу да каптап бир жактан.
Тыргоот, кара кытайы,
Каканчындын Чоң-Бээжин
Катуулап уруш салды эми,
Эрендерднн баарысы
Туш-туштан айза сайды эми.
Кылчайбастан жүгүрүп,
Кыстоо түшүп башына
Кыйла жандан түңүлүп,
Сарала турат киртийип,
Салышып жүргөн Алмаңа
Эчен айза бир тийип.
Акканкыга жөлөнүп,
Алакең турат теңселип,
Атышканга алдырбай,
Адис болгон арсланың
Чабышканга чалдырбай,
Согушканга тажабай,
Кыдырата карабай,
Кыйкырып келген жөөлөрдү
Кырып жатат аябай.
Тогуз күнү аралап,
Алмамбет чыкты кан болуп,
Кыймылдабай дал болуп,
Токсон жерден жара жеп,
Туура тартып дыр коюп,
Кытайдын түрүн көргөн соң,
Кыстоо түшүп башына,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Кенебей кууп алды эми.
Алтын казчу кенинен,
Чай алуучу жеринен,
Каарына калганда
Калың кытай, көп манжуу
Каптап кетчү белинен
Тозуп турган эмеспи:
«Тобокел!» - деп, эр Сыргак
Дал ошондой жеринен.

Катынын кара баскансып,
Кууганы жакын качкансып,
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Дүмөктү башка салчудай,
Алмамбетти кубалап,
Түздөн сайып алчудай.
Ошондо Сыргак кайран шер,
Кайгырбаган кайран эр,
Көкчебич оозун жайды эми:
«Манастап!» - ураан салды эми
Кууп келген Калчанын
Капталынан эр Сыргак
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип Сыргак саярда
Эчени көргөн Коңурбай
(Астындагы кара аты,
Кара атынын бар экен,
Капталында канаты,
Өлөр жерге келгенде
Айла табар адаты.)
Бура тартып жылт коюп,
Сайдырбастан кылт коюп,
Колун көздөй чу коюп,
Коңурбай качып калды эми,
Колуна кирип барды эми.
(Бекип жаткан бел экен,
Бейжай кытай эл экен.)
Жакын Сыргак барганда
Мунарыкты көр, чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр.
Камышты көр, селди көр,
Каптап жаткан элди көр!
Тегерегин карабай:
«Өлөмүн», - деп санабай,
Кыжылдаган кытайды
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Көкчебич менен ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Кылычтуусун кыйратып,
Айзачанын аңтарып,
Айкырып Сыргак киргенде,
Аны көрүп Ай Жаң-Жуң,
Келберсиген Коңурбай
Алгарага камчы уруп,
Каарданып бакырып,
Сыргакты беттеп качырып,

Кузгун учпас талаада
Калың кытай, миң калдай,
Арсланы калча Коңурбай,
Баары каптап кетти эми.
Темирден соккон тор алып,
Тешилбеген кол алып,
Айкырышып Ай Жаң-Жуң,
А да каптап кетти эми.
Ошондо Сыргак балага
Кылыч тийди кылкылдап,
Айбалта тийди былкылдап,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары аянбай
Такыр кирди Сыргакка.
Далай айза салганда
Кыраан Сыргак канетсин,
Капаланып былк этпейт,
Ат үстүнөн кылт этпейт.
Белсенип кытай чогулуп,
Жакын кирип калганда
Эшип кетет Сыргагың,
Эрдин тиштеп Коңурбай
Элди айдап: «Капта!» - деп,
Бакырып жүрөт кылычтап:
«Берен экен Сыргагы,
Эми колго тиер убагы.
Телегейи тең экен,
Буруттан чыккан шер экен.
Жыйырма бирге илинип,
Келип калган кези экен.
Арслан Манас, Алмамбет
Аркалап жолдош болууга,
Аябаган эр экен!
Кербенчиден кеп уктум,
Жети кан эли топ болуп,
Чогулушуп турганда,
Бүткүл журттун баарысын
Бүткүл жыйнап алганда,
Чубатууга салганда,
Эр табалбай камалып,
Эл кысылып турганда,
Ошондо Сыргак оёнуң
Чалгынды бирге чаларда,
Алмамбетке кошулуп,
Чоң-Бээжинге барганда,
Бээжиндеги Коңурбай
Жылкысын тийип алам, - деп,
Буруттун жолун ачам, - деп,
Кытайдын малын чачам, - деп,

Өзү келди, - деп уктум.
Куткарар болсоң көп кытай,
Астындагы көк аты
Кубаласа мал жетпейт,
Алышкан менен Сыргакка
Айкалышар ал жетпейт.
Оң далысы кең экен,
Арбактуу Манас дебесе,
Андан Сыргак эр экен.
Тогуз сан кытай, бул жалгыз.
Эчен бир тоодойду сайып жок кылды.
Асманды бүркөп чаң кылды,
Жердин бетин кан кылды,
Канча эрди жай кылды.
Сындырды Сыргак белимди,
Кыйратты кыйла жеримди.
Жалгыз тийип жылкымды,
Умачтай ачты уйкумду.
Көрө албадым эл-журттан
Мен Коңурбай болгону,
Бу сыяктуу туйгунду.
Кечилдин каны мен элем,
Өлгөн менен арман жок.
Боору бүтүн кишиде
Сайышпай адам калган жок.
Кыйын экен айласы,
Сай-сөөгүмдөн кетелек,
Сыргактын сайган айзасы.
Кырк кан эли кытайлар,
Кылчайбастан баарыбыз
Жапырт каптап калалы,
Камындырбай, качырбай,
Тегеректеп тор тозуп,
Тирүү байлап алалы!
Какан кандын алдында
Казыналык кырк кызга
Алпарып кошуп коёлу.
Катылбай карап турабы,
Бирөө эркек төрөсө
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп алалык!
Сыргакты тирүү кармасак,
Сырттаны Манас башта өлгөн
Бел байлаган бели жок,
Алмамбет, Чубак болбосо,
Экөөнөн башка шери жок.
Ал экөөнү жайласак,
Анан кийин буруттун

Корголой турган жери жок,
Чындагыла, балбандар!
Сыргакты байлап алганда,
Калган калың буруттун
Буласын булап алабыз,
Бузук күндү туудуруп,
Башына дүмөк салабыз!
Мекеге сүрүп сабайбыз,
Кыз-келинин олжолоп,
Малы-мүлкүн талайбыз!
Өлтүрүп бүткүл дөөсүн,
Тиебиз жылкы-бээсин,
Кайрат кылган буруттун
Талкалайбыз мээсин,
Чыгарабыз ошонтүп,
Кордукта журттун кээсин!
Өзү келген бурутка
Кордукту мыктап салабыз,
Бөлөгү эмес буруттун
Үкүрүн айдап алабыз!»
Муну айтып Коңурбай,
Буйрук кылып турганда
Кылчайбай кырк кан камынып,
Кыйкырып кытай жабылып.
Жабыла кытай киргенде
Жалгыз Сыргак бой бербей,
Согушуп жүрөт аянбай,
Аты жерди таянбай.
Жыландай кылып ойнотуп,
Кытайды кырды эсепсиз,
Көрүнгөнүн сойлотуп,
Кара калмак балбаны
Сыргакты жетип башына
Даярданып барайтат,
Ыргытып чалма салганы,
Жаа тартар мергени
Жамгырдай кылып жаа атып,
Жалпы каптап келгени.
Темир аркан торчону
Тегеректеп калды эми.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Керилип айза салды эми.
Кыраан шумкар Сыргагың
Кылча муну көрбөстөн,
Кыйшайбай туруп алды эми.
Айкырып барып Ай Жаң-Жуң,
Алыстан чу - деп жетти эми,
Жетип келип Сыргакты

Бу да сайып өттү эми.
Зың-зың этип кенебей,
Калча менен Жаң-Жуңдун
Качырып айза сайганын
Тушарына теңебей:
«Өлөмүн!» - деп ойлобой,
«Жалгызмын», - деп кенебей,
Күлүмсүрөп эр Сыргак
Ошондо туруп муну айтат:
«Алмамбет менен Чубагым,
Кысталып турган кезимде
Көрсөтсөңчү, кудайым!
Кытай кыстап турганда,
Качан кыйкырыкты салат, - деп,
Качан жетип кыраандар
Ажыратып алат?» - деп,
Алактап карап турганда
Коңурбай баштап миң кытай,
Балбандын баары жетти эми,
Баары сайып өттү эми.
Аркасынан күркүрөп,
Алда канча кол менен
Ай Жаң-Жуң сайып өттү эми.
Анда да Сыргак былк этпейт,
Былк этпеген себеби -
Тула бою темирден,
Баары бирдей топчулуу,
Толтойгон бети көрүнбөйт,
Эки көзү жылтырап,
Туулга башта үпчүлүү
Карыда калкан калкайып,
Как жүрөктө чарайна,
Белинде болот белдемчи,
Үстүндө соот көк темир,
Канча атса ок өтпөс,
Бөйрөгүндө кош темир.
Кенедей жерде жылчык жок,
Бейбак катын Каныкей,
Белекке берген себеби -
Атында темир жабылуу,
Кытай күчөп келгенде
Токтобой Сыргак зыргытып,
Астындагы Көкчебич,
Айланса болот тулпарга
Көкүлдү көккө ыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Желгенине жел жетпейт,
Басыгына мал жетпейт,
Араандай оозу ачылып,

Тизгинине ал жетпейт.
Башын жерге салыптыр,
Аркардай болуп түйүлүп,
Капкандай бели ийилип,
Баскан жери быркырап,
Чарадай болгон даӊкан таш
Төбөсүндө чыркырап,
Ошо күнү Көкчебич
Эти кызып алыптыр,
Үстүндөгү Сыргагыӊ
Эрдин кесе тиштесе,
Каалгадай кашка тиш
Таруудай болуп быркырап,
Жакын кирип барганда
Ысыгына чыдабай,
Кармайын деген көп кытай
Жарыла берет зыркырап,
Как алдына келгенде
Как жарылат чуркурап.
Алөөкөнүн Коӊурбай
Жалгызы өлгөн эмедей,
Токтото албай кытайды
Ыйлап жүрөт буркурап:
«Кырк кан эли чогулуп,
Кытай, манжуу жерге кир!
Жалгыз Сыргак буруттан
Жабыла качып аласыӊ!
Эр Манастын кырк чоро
Кыркы бирдей Сыргакча,
Баары бирдей арслан-шер,
Манаска тете көк жал эр,
Буруттап ураан чакырып,
«Манасташып!» бакырып
Арсландай болуп айкырып,
Аралап кирип калганда
Анда кайда барасыӊ?!
Качырып кытай калганда,
Кыргынды Сыргак салганда
Манастан калган кырк чоро
Жетип кирип келгенде,
Алмамбет, Чубак аралаш,
Алар кошо жүргөндө
Анда кандай кыласыӊ?!
Кагылайын калыс журт,
Каптагыла Сыргакты,
Эмне качып турасыӊ?!» -
Деп, ошонтүп, өкүрүп,
Алгаранын оозун
Коё берди Коӊурбай.

Айзакерди бир бөлүп,
Шайлап кирди Коңурбай,
Калың манжуу, кытайды
Кара малдай токмоктоп,
Айдап кирди Коңурбай.
Өз билгенин бу жолдо
Кылып кирди Коңурбай,
Кыйшаңдап кайра тартканын
Кадимкидей талкалап,
Кырып кирди Коңурбай.
Коңурбайдын көп кытай
Каарына чыдабай,
Эрдин баары күркүрөп,
Коркоктору чуркурап,
Мергендери жүгүрүп,
Саадакчысы жабылып,
Чалма салчу калмактар,
Чалмасына камынып.
Кылыччаны четинде
Айбалта чабар бетинде,
Кыйкырыгы көк айрып,
Кыраааны Калча артында,
Жалпы кирди бет алып.
Айтылуу кытай өзү экен,
Арасында Сыргактын
Жалгыз жүргөн кези экен.
Жалгыздыкты көргөндө,
Жапаны чындап тартканда
Ээр белдей кайкыдан
Алмамбет, Чубак аты уйкаш
Аттарына камчы уруп,
Аркыратып келатат.
«Эр Сыргактан ажырап,
Не муратка жетем», - деп,
Учкан куштай көрүнүп,
Анда-мында бир тийип,
Зыркыратып келатат.
Жеткен жерден эки шер
Кытайга кирди аралап,
Самандай кылып сапырып,
Сыргакты жүрөт чакырып.
Көпчүлүктөн көрүнбөйт,
Асман туман, алды чаң,
Аралашкан канча жан.
Кайсы экени билинбейт,
Карап жүрөт Сыргакты,
Көзүнө кытай илинбейт,
Айза, кылыч тең шилтеп,
Муштап жүрөт кыраандар:

«Түгөйүм Сыргак кайда?» - деп,
Издеп жүрөт берендер.
Каптап кытай төгүлүп,
Тапмак түгүл Сыргакты
Алмамбет, Чубак - эки шер
Эки жакка бөлүнүп,
Баштагыдай дыркырап,
Качып кытай калган чак.
Каптап жүрөт салышып,
Арсландар жүрөт алышып,
Айбалта менен чабышып,
Айзаны шилтеп кээ чакта,
Как жүрөккө мадашып,
Жердин бети чаң болуп,
Өлүп жаткан көп кытай,
Төрт туякта нан болуп,
Асман мунар, жер бүркөк,
Жерден эме көрүнбөйт.
Тополоң түшүп, тоз болуп,
Караган киши дал болуп,
Кайсы экени билинбейт,
Ошондо да эр Сыргак
Караса көзгө илинбейт.
Кайран тууган Алмамбет,
Калың бурут коргону,
Убайымы эр Сыргак
Убара кылып көп кытай,
Ошондо да болбостон,
Уй куймулчак Сарала,
Ченеп чаап урушта
Байлап жүрөт Алмамбет,
Жанына чындап күч келип,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузултуп,
Жайлап жүрөт Алмамбет,
Кылчылдап кытай турганда
Кырып жүрөт Алмамбет.
Чаң басылып калганда,
Токтоп туруп караса,
Кара калпак кыргагы,
Көп кытайды талкалап,
Кырып жүргөн кези экен,
Кан Манастын Сыргагы.
Айзасын сайып таянып,
Таңдайы кургап Алмамбет,
Оозун улам жаланып,
Ыраазы болуп Сыргакка
Карап турду жалынып.
«Кесеси алтын, булу арзан,

Бусурмандын шаарында
Самаркандай калаа жок,
Кыйрашкан жоонун бетинде
Эр Сыргактай бала жок.
Манастын даңкы болбосо,
Эрдигине чара жок,
Айзага таккан желегим,
Жоо бетине керек, - деп,
Алып келген белегим!»
Кытайдын түпкү четинде,
Бээжинге кетер бетинде,
Кайра тозуп сапырып,
Акбалтайдын Чубагы
Астына салып кытайды,
Ылаачын тийген таандай,
Ийрилтип айдап алыптыр.
Качканына болбостон,
Калың кытай, манжуунун
Башына азап салыптыр.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ай Жаң-Жуң менен биригип,
Жалаң кылыч колго алып,
Эр Сыргакка чыдабай,
Качып калган кытайды
Кайра айдап алыптыр.
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп түйүлтүп,
Оңду карап ок атып,
Онун кабат сабатып,
Солго карап жаа тартып,
Солоондорун сулатып,
Аралап кирди сан колду,
Алмамбетти көргөндө
Жалгыз жанын аябай,
А да мыкты эр экен,
Кытайлардын Ай Жаң-Жуң
Канча балбан дөө менен
Качырып кирди Алмаңды,
Кабылан көк жал, кайран шер,
Кабагым-кашым дебестен,
Качырып кирди Алмамбет.
Жебеден мурун жетти эми,
Эче балбан, канча дөө,
Ай Жаң-Жуңду баш кылып,
Жыга сайып кулатып,
Баарын текши сулатып,
Катар кагып өттү эми.
Чымын жанга күч келип,
Чындап бою күчөнүп,

Ээринен эр кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Көңүлү канча бөлүнүп,
Көзүнө чакмак көрүнүп,
Эс алалбай эңгиреп,
Бүткөн бою зеңгиреп,
Алактап карап турганда
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Келе жатат жулкунтуп
Алгарасын булкунтуп,
Катынын кара баскандай,
Астынан жоосу качкандай,
Түгү беттен көрүнүп,
Түрү жылан өңдөнүп,
Бетинин баары түктөйүп,
Муруттары жайылып,
Бөлөк-бөлөк тикчийип,
Опол-тоодой күркүрөп,
Жанына киши туралбай,
Жер айрылып дүркүрөп.
Качырып Калча калганда
Узун бойлуу, кең далы,
Ойгуттардын сырттаны
Акбалтайдын Чубагы,
Качырып калган Калчанын
Капталынан жетем, - деп,
Кайран туйгун Алмамбет,
Курбан болуп кетем, - деп,
Кара жанын аябай,
Астындагы Көгала
Учкан куштай аркырап,
Бөрү тилдүү сыр найза
Ай тийгендей жаркырап,
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден эр Чубак
Капталга коюп өттү эми.
Кебез өтүк чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Бура тартып мыкчыйып,
Эки көзү чекчейип,
Бели кетти мекчийип,
Алты миң кытай, миң жаң-жуң
Аралай качты Коңурбай,
Кутулуп Калча кеткенде,
Муну көрүп Алмамбет,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Алтын айдар, чок белбоо,

Азизкандын жалгызы
Кайнап жаткан кытайды
Качырып жана кол салды.
Алмамбет, Чубак эгиз эр
Аралап уруш кылганда
Асыл Сыргак турсунбу,
Бир четинен кытайдын
Качырып кирди түйүлүп,
Булар согуш салганда
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп урчтанган
Чай алуучу кен экен,
Каарына алганда
Кайнап турган көп кытай
Каптап кетер сел экен,
Калыңдыгын капырдын
Мурунтан көргөн Алмамбет,
Билип жүргөн өзү экен.
Кыйкырып турду бакырып,
Чубак менен Сыргакты:
«Бери кел!» - деп чакырып,
Чакырганда эки шер
Бүткөн бою кан болуп,
Койго тийген бөрүдөй,
Оозу-башын жалактап,
Жетип келди Алмаңа.
«Берендим Сыргак, эр Чубак,
Казылган калың ор келди,
Кайнатылуу шор келди.
Бирөөбүз эсен кайтпайбыз,
Ушу турган Бээжинден
Өлмөйүнчө кайтпайбыз!
Кайтпай турган себеби -
Топон суу толкуп кирбеген,
Толтура кытай эл ошол.
Тогуз жыл кандык талашып,
Токтобой кырып журтумду,
Тобумдан минтип адашып,
Тозокту көрүп Бээжинден,
Силерди тапкан мен ошол.
Каарына алганда
Каптап кетер сел ошол,
Кырылган сайын күчөгөн,
Кымбаттуу Бээжин эл ошол.
Теңелишсек кытайга,
Тегеле эсен тартпайбыз,
Минтип турсак Бээжинден
Бирөөбүз эсен кайтпайбыз!
Ойлосоңчу эки шер,

Музбурчак, Көкчө эриң жок,
Айкырып караан болгондой,
Айкөл Манас шериң жок.
Каран түшсө бу башка
Качып кирер токой жок,
Караан болуп бергидей,
Калың ыслам журтуң жок.
Кытайга теңеле турган жөнүң жок
Теңеле берсек бу кытай,
Теңдешип кыргын салбасын,
Тегеректеп албасын.
Көптүккө салып кытай журт
Көл-дарыя эмеспи,
Тирүү байлап албасын,
Какан кандын алдына
Тартуу кылып барбасын,
Бээжинде белен кырк кызга
Алпарып айгыр салбасын,
Эптеп тукум албасын!»
Жердин баарын чаң каптап,
Дүнүйө толуп жан каптап,
Калың кытай жүгүрүп,
Сыягын көрүп кытайдын
Сырттаның жандан түңүлүп:
«Кабылан Манас каның жок,
Көмүүсүз калар бекенбиз,
Көк жал Сыргак, ойлочу,
Береним Чубак, бейлечи!
Бейлебей туруп кокустан,
Көмүүсүз калар бекенбиз?
Кайкайыңкы кара кыр,
Адам ашпас бел ошол,
Чалайыр чалып жүрө албай,
Шашып кеткен жер ошол,
Чакташып чамам келалбай,
Качып кеткен мен ошол,
Кумурскадай кайнаган
Кара кытай эл ошол.
Кытайлыгы болбосо,
Алөөкөнүн Коңурбай
Баарыбыздан шер ошол,
Келгендин баары өлүүчү
Кейиштүү Бээжин калаа ошол!
Бузулбас Бээжин эл менен
Мурунтан канча салыштык,
Бурулбай беттеп кытайдан,
Канча-канча салыштым,
Мураска минтип жетпейлик,
Буйругу келип кудайдын,

Бусурман журтун көрө албай,
Арманда өлүп кетпейлик!
Амыз кылбай эки шер,
Ат соорусун салалык,
Айкөлүң Манас бар болсо,
Калка кылып алалык.
Караан кылып Манасты,
Калың кара кытайга
Качпай согуш салалык,
Андан кийин Коңурбай,
Капкайда кекти алалык!
Каарланган кытайдан,
Кара күчкө теңелбей,
Кайгып кетсек бир билем,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Жалгызга жолдош жер эле,
Ошол жерден тоссокпу,
Толуп жаткан кытайга
Токтоп кыргын салсак бейм.
Тосуп туруп амалдап,
Тоодой болгон Коңурбай,
Тобун бузуп сайышып,
Колго тийсе Калчанын
Башын кесип алсак бейм.
Кечилдин каны Коңурбай
Капкайда кекти алсак бейм!
Амал менен салышып,
Айза кармап, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Чиелешкен кытайга
Чындап айза суналык.
Чын аты кымбат тозоктон,
Жанды азат кылалык!
Жайнаган манжуу, кытайга,
Өзүнчө амал салалык,
Өткөрө шери Коңурбай,
Өзүн кармап алалык!
Караан болсо бусурман,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктанып алты ай салышып,
Минтип өчтү алалык!
Жапалак учпас жалгыз жол,
Ээк алды чоң ак түз,
Ат капталдан калың шор,
Кезигишип салышып,
Өч алуучу ошол жол.
Эңкейип кирип барганда

Эр Калчасы баш болуп,
Кол салуучу ошол жол,
Эрикпестен салышып,
Өч алуучу кол ошол».
Алмамбет айтып турганда
Анын сөзүн эп көрүп,
Күүгүм кире, күн бата,
Эл талыкшып, ным жата,
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Кайра тартып дыр коюп,
Алмамбет, Сыргак, эр Чубак
Ордун салып чу коюп,
Үч арслан жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Бирдей күлүк тулпардын
Оозу менен алышып,
Баары тулпар көйкашка,
Айбандардан бир башка -
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Кол-колунда карышып,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жарык шоола тийгенде,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Алты миң кытай, миң калдай,
Ак сакалы ал болуп,
Аянбай кууп алыптыр,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
«Кырк кандын журту кытайдын
Кылчайтпай баарын жыям, - деп,
Кызык кылып талкалап,
Мекеге чейин кырам, - деп,
Жөөлөтүп жүрүп калганын
Жолдон кармап алам, - деп,
Кезиккендин баарысын,
Кесип башын алам», - деп,
Каарданып Коңурбай.
Кайраттанып Ай Жаң-Жуң,
Толкуп кытай сел каптап,
Тоо томкоргон көл каптап,
Алмамбет, Сыргак, эр Чубак,
Эрендер терге чөмүлүп,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Самсаалап кирген тумшукка,
Ошого жетти жөлөнүп,
Тулпардын оозун бурду эле,

Кылчая карап үч туйгун,
Кытайды карап турду эле.
Кабыргасы сөгүлүп,
Карап туруп кытайды,
Калыңдыгын көргөндө
Көңүлү жаман бөлүнүп, -
Деп, ошондо Алмамбет:
«Чубак, берен Сыргагым,
Атыңдын оозун бура тур,
Асыл туйгун, эки шер,
Алдыңкы жерге тура тур!
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Бура тарткын булакка,
Колду сууга салалы,
Кол дааратты алалы,
Бутту сууга салалы,
Бут дааратты алалы,
Азоолок атты чалдырып,
Суусундарын кандырып,
Анан атка минели,
Уруштун кийимин киели,
Качып барып Таласка:
«Качып келди» - дедирип,
Кантип эле жүрөлү!
Калың кытай жоо менен
Бул жерде согуш салалы!
Азап болсо көрөлү,
Ажал жетсе өлөлү!
Топон суу толкуп ашканда,
Жердин бетин басканда
Нур төгүлгөн Бээжинге,
Калың кытай эл ошол.
Калкынан киши калбастан,
Катуу кууп калыптыр,
Таласка эсен тартпайбыз,
Бирибиз эсен кайтпайбыз.
Ажал жетип кытайдан
Өлүп калсак бу жерде,
Белимден кармап бүктөй кет,
Кытайга сөөгүм таштабай,
Саралага жүктөй кет!
Тынчыган күнүң бар болсо,
Чарадай жерди оюп кет,
Колуң менен коюп кет.
Куран окуп атактап,
Сараланы союп кет!
Алган жарым Арууке
Эркек туубай, кыз тууса:

«Акырет кеткен Алмамбет,
Туяксыз кетти», - деп койгун.
Эркек болсо кокустан,
Тоюна токсон сойгун де,
Атын эр Күлчоро койгун де!
Минген аты сур болор,
Шай колдогон шер болор,
Менден беш эсе артык эр болор,
Күйүп турган чок болор,
Качырган жоосу токтолор,
Аралашып кеткенде,
Миңдеген түмөн душманы
Беттей албай жок болор.
Тоодогу жылкым тогуз миң,
Тобурчак, тулпар аралаш,
Кокустан өлсөм кытайдан,
Тозогум тартчу бала жаш.
Топтогон малым жыйып кой,
Агынай кызы Арууке,
Өзүм менен бир барган
Мажикке ике кыйып кой!
Алдыбызда казган ор,
Артыбызда жакындап,
Каптап келет калың кол.
Келберсиген Коңурбай,
Жекеге чыгып алыптыр,
Артыкча эри Ай Жаң-Жуң
Айкырыгы көк жарып,
Артынан сүрөөн салыптыр.
Бири калбай көп кытай,
Жердин жүзүн бербестен,
Жалпы каптап алыптыр,
Жер айрылып чыдабай,
Көптүгүнөн чаң болуп,
Туман түшүп калыптыр!»
Жылып аккан булакка
Каныкей берген күлазык
Кайталап чайкап ичишип,
Аз кеңешип олтуруп,
Асыл күлүк тулпардын
Жумурун чөпкө толтуруп,
Кылычты кыңай байланып,
Кылдай жанга күч келип,
Темир тонго камданып,
Жоону көрүп сүйүнүп,
Көпкөк темир кийинип:
«Тобокел» - деп, теңирге
Аттарга минди түйүлүп.
Барабан кагып калыптыр,

Баштагыдан шылкыйбай,
Чыңдалышып калыптыр.
«Бурутка кыргын салам», - деп,
Алөөкөнүн Коңурбай:
«Таластагы Манастын
Жылкысын тийип алам, - деп,
Катын, кызын олжолоп,
Ат сооруна салам, - деп,
Баатырынын баарысын
Жол үстүнө жарам, - деп,
Жаманынын баарысын,
Түбөлүк жалчы кылам, - деп,
Төбөсүнөн басам, - деп,
Казынасын чачам!» - деп,
Келе жатат дүркүрөп,
Күндөй болуп күркүрөп.
Коңурбайды көргөндө
Кайынын көргөн кишидей,
Улак кандын Сыргагы
Кабагын бүркөп турбастан,
Кашкайып туруп сүйүнүп:
«Ажалым жетсе өлөйүн,
Тетиги айдай сары талаада
Мен беттешип көрөйүн», -
Деп, ошондо Сыргагың
Бура тартып булкунуп,
Арсландай жулкунуп,
Алмамбетке бой бербей,
Мелтиретип айзасын,
Качырып калды зыркырап.
Муну көрүп көп кытай,
Тегеректеп алмакка,
Жакын келди Сыргакка.
Калча катуу качырып,
Катуу сайды Сыргакты,
Сайган менен былк этип,
Кебелген жок эр Сыргак.
Тирүү калган Эзкара,
Чоң күрөң менен ойнотуп,
Капталынан качырып,
Бу да келип бир сайды.
Күркүрөп келет Ай Жаң-Жуң:
«Атаңдын көрү, Сыргак ай,
Ааламды бузган чунак ай,
Кайдан чыккан жан элең?
Сындырдың менин белимди,
Кыйраттың канча шеримди!
Буладың койбой буланы,
Чымын жанды аябай,

Чындап кытай капта», - деп,
Айкырып келет Ай Жаң-Жуң.
Алты миң кечил, сан калдай,
Аралап жетип Ай Жаң-Жуң,
Айзаны чындап сайды эми,
Оролушуп көп кытай,
Ошондо Сыргак жаш бала
Ортосунда калды эми.
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Акбалтайдын Чубагы
Кабылан Сыргак балага
Караан болуп бермекке,
Качырып кирип калыптыр.
Ай тийгендей Сарала,
Ок жыландай ойнотуп,
Алмамбет кирди айкырып,
Асыл жанды аябай,
Аралап кирди сан колго.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын көк жалы
Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп:
«Ысылам!» - деп, бакырып,
Күүлөнгөн кара кытайды
Чымындай жанды аябай,
Чын токтотту сапырып,
Чымырканып эр Чубак
Капталынан айкырып,
Качырып Чубак өттү эми,
Ай Жаң-Жуң менен Эзкара,
Экөөнө катар жетти эми.
Жеткен жерде эр Чубак
Экөөн кабат түшүрүп,
Көмө коюп өттү эми.
Экөө аттан түшкөн соң,
Чымын жанын аябай,
Ар кескенди колго алып,
Жебеден мурун жетерде,
Жетип башын кесерде,
Желдет деген бир балбан
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип атка мингизип,
Экөөн бирдей эсен-соо
Алып жүрүп кетти эми.
Көгала менен кан болуп,
Көк жалың Чубак турганда,
Тегерегин карабай,
Алөөкөнүн Коңурбай

Тегеле жанын аябай,
Теңиз Чубак беренди
Качырып эми Калча кул,
Кара жанын аябай,
Катууланып Чубакты
Айза менен саярда,
Капталынан айкырып,
Алмамбет чыкты качырып.
Кайта Калча качканча,
Адис болгон Алмамбет
Көз ачканча жетти эми,
Төөдөй болгон Калчаны,
Томуктай кылып Алмамбет,
Алгаранын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми,
Кулап Калча кетти эми!
Коңурбай кулап кеткенде,
Жөө күлүктөр камынып,
Кабыландын баары жабылып,
Айза жеткен балбандар
Айза менен жанчкылап,
Айбалта менен баскылап,
Ошо кезде эр Сыргак
Калчаны көздөй чу койду.
Эки көзү төрт болуп,
Түп этектен алсам, - деп,
Туйгун Сыргак баргыча
Башын кесип алгыча,
Аркасында кырк кечил
Айкырыгы таш жарып,
Калчаны атка мингизип,
Оңолтуп алып кеткени.
Ошондо Сыргак баланын
Көңүлү жаман бөлүнүп:
«Кытай сансыз, биз жалгыз,
Бел байлаган бел да жок,
Бейкабар өлөр бекенбиз,
Белгилүү Манас шер да жок!»
Минтип айтып, Сыргак жан,
Кандуу аккан согуштан,
Капа болуп турду эми.
Тогуз күнү аралап,
Алмамбет чыккан ошондо
Тогуз жерден жара жеп,
Жети күнү согушуп,
Акбалтайдын Чубагы
Жети жерден жара жеп,
Бурулуп аккан канды көр,
Боо түшүп калган жанды көр!

Өлгөнүнө карабай:
«Өлөмүн», - деп санабай,
Калың манжуу, көп кытай
Каптап калды жабылып.
«Тирүү кармап алгын!» - деп,
Коңурбай жүрөт бакырып,
Кыстап кытай келгенде,
Кыйындык түшүп башына
Кайра качып калышты,
Ат озгундап келгенде
Ит урушун салышты,
Ошондо да көп кытай
Каптап калды буларды.
Камышты көр, селди көр,
Каптап калган элди көр!
Астына Чубак кеткенде
Кайра тартып кабылан,
Сыргак жүрөт салышып,
Сыргак кетсе чу коюп,
Алмамбет калат алышып.
Алмамбет, Сыргак кеткенде
Артында калат эр Чубак,
Жан аябай урушуп,
Күндөп-түндөп кубалап,
Чубак келет сабалап.
Үчөө жүрөт сүрүшүп,
Бел байлаган бели жок,
Эсепсиз калың жара жеп,
Ит урушун салганда
Берен Манас шери жок,
Кайрылбастан качышты,
Канча-канча бел ашып,
Далай-далай жол басып,
Кууп келет көп кытай,
Бириндешип чубашып,
Какайлашып чуулашып.
Өлгөнүнөн калганы:
«Жетебиз, - деп, - Таласка».
Коё берип ат оозун,
Зырылдатып үч берен
Алдындагы көп колго
Жетип келди ошондо.
Канча күнү, нече түн,
Кытай менен жанчышкан,
Беттеринен кан кетип,
Канча-канча жара жеп,
Кара канга бөлөнүп,
Өңдөрүнөн азышкан.
Жандарына күч келип,

Жалпы кытай көп менен
Үчөө жалгыз салышкан.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкунча,
Күнү тыным албастан,
Түндө уктап калбастан,
Чымын жанын аябай,
Өлөбүз деп санабай,
Жеке өзү үч туйгун
Кытай менен урушкан.
Каарданып бакырып,
Кайраттанып акыры,
Бусурманды жибербей,
Көк жал Манас сырттаның
Тозуп турган кези экен.
«Аттанып чыгып Таластан,
Адейи келип кытайга
Качып кантип кетем?» - деп,
Кылычтап колду токтотуп,
Ийирип турган кези экен.
Кызгалдак бышып, чөп болуп,
Ат семирип нык болуп,
Эригип жатып эрендер
Согуш болбой бук болуп,
Идерлүү жигит, күлүк ат
Кереги тиер чак болуп,
Алмамбет, Сыргак, эр Чубак
Аман-эсен Манаска
Эсендешип көрүштү.
Аттан түшүп алышып,
Атты айкаш байлашып,
Салам айтып турушуп,
Ошондо Манас муну айтат:
«Кызыл айза желегим,
Кырааным берен Алмамбет,
Кытайдан келген белегим!
Эгизим Чубак көзөлүм,
Эсимден кетпес эгерим,
Астыма салсам акжолтой,
Асылым менин Сыргагым,
Алышкан жоодо шумкарым,
Атышканда сан колум,
Үч бирдей менин берениm,
Телегейи тегизим,
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Аман-эсен келдиңби,
Үч бирдей арслан-жолборсум?!
Чарпышып, чындап Бээжинге
Чаң тополоң сала көр!

Чак келбеген кытайга
Кызыл канды агызып,
Түп-Бээжинге сүрө көр!
Келберсиген кандарын
Жол боюна жара көр!
Азоолок бурут бусурман
Кестирбеген кытайдан
Ажыратып ала көр!
Акыр заман башына
Кытайлардын сала көр!
Качып кетсек урушпай,
Каптап кытай келбейби!
«Манас качып кетти», - деп,
Кууп жүрүп буруттун
Түбүнө манжуу жетпейби!»
Сөзүн айтты эрлерге,
Астында турган үч берен
Тамактанып тыныгып,
Даарат алып жуунуп,
Таза суудга киринип,
Таза кийим кийинип,
Кыбыланы баштанып,
Акканкы ээр жазданып,
Уйкуга кирди ошондо.
Таң кашкайып сүрдү эле,
Жерге жарык тийди эле,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Күн батышка төгүлүп,
Таң кылайып сөгүлүп,
Куланөөк болгондо
Даараtына камынып,
Колун суга малышып,
Кол даараtын алышып,
Бутун суга малышып,
Бут даараtын алышып,
Азан айтып кыйкырып,
Амазга кирди эрендер.
Экөө сүннөт, экөө барз,
Төрт ирекет багымдат
Төптөп окуп алышып,
Аш-тамагын ичишип,
Ат-атына камынып,
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын кыскартып,
Айзаларын каркыттап,
Айбалтасын байланып,
Кытайды карап бурулуп,
Токтоно албай жалпы кол,
Кан Манасы башында

Карап турду камданып,
Тозуп турду тигилип,
Бүткүл бурут жыйылып.
Карап турса көп кытай
Баары каптап келатат
Түбүнөн бери түрүлүп,
Жердин бети көрүнбөйт,
Көк күүгүмдөп чаңданып,
Көптүгүнө таңданып.
Качырып кирди кыйкырып,
Көкчө менен Музбурчак,
Мелтиретип айзасын
Кошо кирди эр Чубак.
Жалпы кирди кырк чоро,
Астында кетип баратат
Алмамбет менен эр Сыргак,
Манастан башка бусурман,
Баары кирди бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып.
Өөдө-төмөн карабай,
Жалпы кирди бусурман:
«Өлөмүн», - деп санабай.
Келберсиген Коңурбай
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын бир бөлүп,
Кырмызы күрмө кытайдын
Кыйындарын бир бөлүп,
Астына түшүп алыптыр,
Артынан айдап кытайды,
Бирин кийин калтырбай,
Ай Жаң-Жуң жүрүп калыптыр.
Чоң күрөң менен бир четте
Манжууларды бир бөлүп,
Эзкара келет кыйкырып,
Чекеде жалгыз көзү бар,
Ажалды билбес өзү бар,
Жалгыз көз деген кытайдан
Калың кол келип калыптыр.
Мунарыктап көрүнгөн,
Артында башка бөлүнгөн,
Мунарык эмес, эл экен,
Көптүгүнө караса,
Эл эмес, аккан сел экен,
Калыңдыгы кытайдын
Дайра, деңиз, көл экен.
Бурут каптап калганда
Муну көрүп Коңурбай,
Ай Жаң-Жуңу артында,
Үзөңгү кошуп эки шер

Жекеге чыкты бөлүнүп.
Муну көрүп Алмамбет,
Айтылуу кыраан эр Сыргак
Мелтирешип тиктешип,
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Миздей сары талаада
Кетип барат дыркырап,
Даңканы көктө чыркырап,
Коңурбай келет зыркырап,
Сыргакты көздөй бет алып.
Ай Жаң-Жуң келет айкырып,
Алмамбетке бет алып,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Чымын жанын аябай:
«Өлөмүн», - деп санабай,
Кытайлардын Ай Жаң-Жуң
Камбыл туулган эр экен,
Камындырбай жалгызды
Качырып айза салды эми.
«Күрмөсүнүн чети, - деп,
Алтын кемер бети», - деп,
Күрсүлдөгөн кытайдын,
Ай Жаң-Жуңдан озунуп
Алмамбет шилтеп өттү эми.
Эки айза тең тийип,
Кыйрап кетет быркырап,
Сыныгы көктө чыркырап,
Ат башындай ак була
Ар кайсы жерде буркурап.
Көңкү кытай, көп манжуу,
Эзкарасы баш болуп,
Каптап кетти чуркурап.
Сыргак жакын калганда
Алгара менен кылт коюп,
Адис болгон Коңурбай,
Ордун салып булт коюп,
Бура тартып сан колго
Сайдырбай кирип кетти эми.
Кубалап Сыргак киргенде
Каршы алдынан жалгыз көз
Баары бирдей дөө экен,
Урушка адис жөө экен
Тозуп чыкты жабылып,
Жалгыз калды ортодо,
Алек болду жан менен
Улак кандын Сыргагы.
Орто жерин оргутуп,

Кууп жүрөт эр Сыргак,
Тегерегин дыргытып,
Сүрүп жүрөт эр Сыргак,
Кез келгенин шыпырып,
Кырып жүрөт эр Сыргак.
Таанга шумкар тийгендей,
Өз билгенин кытайга
Кылып жүрөт эр Сыргак,
Уруш эмес оюнча
Күлүп жүрөт эр Сыргак!
Чыдабастан Коңурбай
Чакырып манжуу, кытайды,
Айкырык салып бакырды,
Калың колго муну айтты:
«Баарың бирдей жабылып,
Түп этектен алгыла,
Дүмөктү чындап салгыла!»
Калчанын сөзүн укканда
Жалпы кытай жабылып,
Жаны калбай камынып,
Айбалтачан жалгыз көз,
А да кирди жабылып,
Кылыч чабар ыктуусу
Кыйырынан кирди камынып.
Жалгыз калып ортодо
Жана Сыргак турганда,
Муну көрүп алыстан
Акбалтайдын Чубагы,
Аргынкандын Ажыбай,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Ырамандын Ырчы уул,
Кырктын башы Кыргыл чал
Боз уул менен Байчоро,
Бүткүл каптап кырк чоро.
«Төгүлө кирген жалгыз көз,
Чындап согуш салам, - деп,
Жалгыз калган Сыргакты
Ажыратып алам», - деп,
Ат коюп кирди кырк чоро.
Чубак жетип кытайга
Чуулганды салды эми,
Кырк чоронун баарысы
Кытай, манжуу сан колго
Аралашып калды эми.
Кызыл канга канышып,
Кылчайбастан салышып,
Баатырлары жадашып,
Күчтүү менен күжүрмөн
Кайра тартып жалтанбай,

Как жүрөккө мадашып,
Эчен тулпар бош калып,
Эчен эрлер жатышат
Денеси жок, баш калып,
Күн экени билинбей,
Түн экени билинбей,
Кара туман чаң түшүп,
Салышып жүрөт кыраандар.
Кылча жанын аябай,
Өлгөнүнө карабай,
Тизесинен кан кечип,
Тирелишип калганда,
Кыргынды бурут салганда,
Аралаша согушуп,
Былчылдашып жүргөндө,
Алыстан көрүп буларды,
Көкчө менен Музбурчак
Кылкылдаган кытайга
Кылчайбай айза сунушка,
Караан кылып чорону,
Кайра сүрүп кытайды
Бээжинге жете барышка,
Канча калың кол менен
Каптап кирди согушка.
Телкызыл менен Музбурчак,
Көгала менен эр Көкчө
Астына түшүп көп колдун,
Аркыратып келатат,
Буларды көрүп алыстан,
Коңурбай менен Эзкара,
Акыл кылып турду эми:
«Миңдеген калың кол болсо,
Арсландай жойлойбуз,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Ошол үчөө болбосо,
Калган калың бурутту
Көз ачымга койбойбуз!
Музбурчак менен Көкчөнү
Жанагы айткан үч мыкты,
Ажыратып алгынча,
Жетип байлап алалы,
Башына азап салалы!»
Алгара менен чу коюп,
Астына алыс бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Артында келет балбандар,
Бири калбай жабылып,
Артын айдап келатат,
Эзкарасы камынып.

Ал аңгыча болбостон,
Жебеден мурун жетти эми,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жеткен жерден Көкчөнү
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Көкчө аттан түшкөндө,
Коңурбайдын кырк жайсаң
Ортосуна алды эми,
Тегеректеп калды эми.
Бир жагынан Музбурчак,
Айкырыгы таш жарып,
Келе жатат качырып,
Муну беттеп кырк жайсаң,
Кыркы айза тең шилтеп,
Музбурчакка жабылып,
Арасына алды эми.
Жамгырдай жааган окту көр,
Жаңылбастан качырган,
Зубун-зубун топту көр,
Кумдай болуп кайнаган,
Калың кытай көптү көр!
Ошондо да Музбурчак
Ат үстүнөн былк этпейт,
Көкчөнүн колго түшкөнүн
Көрүп турат Музбурчак,
Ажыратар арга жок,
Жара чайнап бармагын,
Эки көзү чачырап,
Өлүп турат Музбурчак.
Көгаласын Көкчөнүн
Бир жайсаң коштоп алыптыр
Түгөл кытай сүйүнүп:
«Түгөтөбүз эми», - деп,
Дүңкүлдөк уруп алыптыр.
Жөө күлүктөн бир миңи
Айдаркандын Көкчөсүн
Көк бөрү тартып калыптыр,
Ошондо Сыргак көгөрүп,
Кайып сындуу Көкчебич,
Эликтей болуп керилип,
Чалгынга минсе чарчабайт,
Оорукка калса оорубайт.
Башын жерге салыптыр,
Ала качып Сыргакты
Алек кылып калыптыр.
«Эр Манастап!» - үн салып,
Коштоодогу Көгала,
Аны Сыргак көргөндө,

Жоолоп жүргөн кытайды
Токтобой кирди кол салып,
Миздей болгон талаада
Кидирбестен жетти эми,
Канча калдай, жөө күлүк
Жыга сайып өттү эми.
Көгаласын Көкчөнүн
Жулуп алып кытайдан,
Аман коштоп кетти эми.
Алты миңге бой бербей,
Акбалтайдын Чубагы
Алышып жүрөт кол менен,
Көзүн салса эр Чубак,
Айдаркандын Көкчөсүн
Азапка чындап салыптыр.
Алактап айла табалбай,
Көк бөрү болуп жүрүптүр.
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бойдон тамтык жок,
Кара кочкул кан болуп,
Муну көрүп эр Чубак:
«Музбурчак, Көкчө кан өлсө,
Келгендердин баары өлсө,
Таласка кантип кетебиз,
Не муратка жетебиз!» -
Деп, ошондо эр Чубак,
Көгала менен ойнотуп,
Эр Көкчөнү бет алып,
Качырып кирди кытайды
Кезиккенин сойлотуп.
Чубак жаңы жеткенде
Жалгыз көз качты сабылып,
Өлбөс жанга камынып,
Чууну Чубак салды эми,
Өлөр-өлбөс жан менен
Казактардын Көкчөнү
Эңип алып ошондо,
Оң тизеге койду эми.
Ала качып Көкчөнү,
Ажыратып кетти эми.
Ачып көздү-жумгуча,
Андай мындай дегиче,
Туйгун Сыргак кабылан
Туура тартып качырып,
Эр Көкчөгө жетти эми,
Жеткен жерде Көкчөнү
Көгалага мингизип,
Аман алып кетти эми.
Алып кетсе Көкчөнү,

Оозунда дем, түтүн жок,
Кенедей жерде бүтүн жок,
Эр Көкчөнүн оозунан
Бөлөк-бөлөк кан кеткен,
Эр Көкчөдөн ал кеткен.
Аргынкан уулу Ажыбай,
Адамдан кылдат себепкор,
Ажыбайдын колунда,
Желмаяндын жонунда,
«Себеп» деген бир дары,
«Медет» деген бир дары,
Шири каптын ичинен
Жанаякты алды эми.
Кулазыктан томкоруп,
Алты-жети жанаяк,
Чар дары кылып жуткузса,
Казактардын кан Көкчө
Умачтай көзү ачылды,
Ооруган жери басылды.
Буудайык кандын Музбурчак,
Телкызылдан ал кетип,
Денесинен Бурчактын
Кызыл кочкул кан кетип,
Жетимиш айза бир тийип,
Жети миң калдай жабылып,
Айкырык салып Ай Жаң-Жуң,
Чоң күрөң менен Эзкара,
Чоң балбандын баарысы
Буудайык кандын Бурчагын
Ортосуна алыптыр.
Эки көзү алактап,
Эки буту салактап,
Буудайык кандын Музбурчак
Кытай келип калганда,
Кылыч менен айбалта,
Шилтегенде сыр найза,
Не кыларын билбестен,
Эси ооп эндиреп,
Акыл айтып зеңгиреп:
«Эми өлмөк болдум», - деп,
Унчугарга дарман жок,
Ат үстүндө чиренип,
Аманат жандан түңүлүп,
Карап турду күңгүрөп.
Сырын бербей кытайга,
Билдирбестен зыңгырап,
Ошондо алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет,
Арслан тууган кара көк,

Алыстан көрүп Бурчакты
Камап турган кытайга
Качырып жеке киргени:
«Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тнргизин,
Ажыратып алайын» -
Ден, ошондо кыраанын
Келе жатат түйүлүп.
Сарала менен зыргытып,
Жабыла түшкөн манжууну,
Тебетейдей ыргытып.
Аралап келет топ бузуп,
Кезиккен кытай топ түшүп,
Курчап жаткан кытайды
Кубалап чыкты Алмамбет,
Айланып алган кытайды
Айдап чыкты Алмамбет.
Баатырсыган кытайды
Баарын союп таркатып,
Музбурчактын үстүнөн
Сүрүп чыкты кытайды.
Музбурчактай баатырды
Телкызыл менен теңселтип,
Аман-эсен кытайдан
Ажыратып көк жалын
Алып чыкты ошондо.
Кутулуп Бурчак кеткен соң,
Өз кошуна жеткен соң,
Какайлаган көп кытай,
Карап манжуу турбастан,
Кан Коңурбай бакырып:
«Каптагын!» - деп, айкырып,
«Жайсаңдар!» - деп, өкүрүп,
Алмамбет берен көк жалды
Качырып калды калың кол.
Баары манжуу дүркүрөп,
Каптап кетти күркүрөп,
Кечилдери бир четтен,
Бу да кирди чуркурап.
Капталынан Коңурбай,
Качырып чыкты Ай Жаң-Жуң,
Каарданып Коңурбай,
Алгарага камчы уруп,
Жебеден мурун жетерде,
Сараланын үстүнөн
Көмө коюп кетерде,
Айза сайып калганда,
Азизкандын Алмамбет
Жойкуманы колго алып,

Жолборсуӊ, кыраан Алакеӊ
Кыя чапты Калчанын
Кыйкырып сунган айзасын.
Ушунетип турганда
Учкан куштай зыпылдап,
Кайдан келди жан билбейт,
Улак кандын Сыргагы
Аралашып калды эми,
Айкырыгы көк жарып,
Аянбай согуш салды эми.
Кытайлардын Калчасы
Каарданып ошондо,
Кара жанын аябай,
Кытайлардын Коӊурбай
Качырып кирди үчөөнү.
Мунун аркы жагынан
Кошо кирди Ай Жаӊ-Жуӊ,
Анын арка жагынан
Дагы кирди кырк жайсаӊ,
Арт жагынан миӊ кечил
Кыйкырып кошо кирди эми.
Жөө күлүк менен жалгыз көз
Жалпы кирди жабылып,
Каптап кирип калды эми,
Алмамбет, Чубак, Сыргакты
Арасына алды эми,
Чаӊга аралаш Коӊурбай,
Үчөөнө бирдей аралап,
Аянбай айза салды эми.
Канча айза сайса да,
Кыйла кылыч тийсе да
Кыӊкайып булар былк этпейт,
Ээринен көчүгү
Кыйшайбастан бүлк этпейт.
Орто жерин Алмамбет
Оюп жүрөт койгулап,
Эки четин эр Сыргак
Айдап жүрөт сойгулап.
Кара жанга күч келип,
Кабылан жүрөт урушуп.
Кайда экени билинбейт,
Кыргыздардан бир киши
Көздөрүнө илинбейт.
Түгөнөт десе түтөдү,
Түбүнөн бери күчөдү.
Жердин бети жыбырап,
Түркүн-түркүн кол келди,
Бир четинен бир чети,
Көрүнбөстөн мол келди.

Карап турса көз салып,
Калыңдыгы ошондой,
Аккан дайра, көл келди,
Адам эмес бықылдап,
Кумурскача сел келди.
Кытай каптап кеткенде,
Кыраан тууган кырк чоро
Кыйкырып ураан чакырып,
«Кан Манастап!» бакырып,
Качырып кирди сан колго,
Чалды-куйду болушуп,
Чапкылашып сайышып,
Аралашып кетти эми.
Канчанын каны төгүлүп,
Кайраты кетип калың эл,
Эки жакка бөлүнүп,
Эл бириндеп турганда
Манжуунун каны Эзкара,
Кытайдын каны Ай Жаң-Жуң,
Кечилдин каны Коңурбай
Элден чыгып бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Булар бөлөк чыкканда,
Кан Балтайдын Чубагы
Ай Жаң-Жуңга жетти эми,
Жеткен жерден эр Чубак
Көмө коюп өттү эми.
Оңолуп Чубак алгыча,
Капталынан Коңурбай,
Качырып бу да жетти эми,
Жеткен жерден Чубакты
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Кайрылып Калча жеткиче,
Башын кесип кеткиче,
Уй куймулчак Сарала,
Уюлгутуп Алмамбет,
Ал жабышып какчайып,
Эки көзү чакчайып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Оозунан жалын төгүлүп,
Көзүн ачып- жумгуча,
Коңурбайга жетти эми,
Капталынан Калчаны
Кабырганын бети, - деп,
Чындап туштап өттү эми.
Коңурбайдай Калчанын
Ээринен эр кетти,
«Өө!» - дегенде оозунан,

Бөлөк-бөлөк кан кетти.
Кайраты качып боюнан,
Калча кулдан ал кетти.
Кайрылып кайран кыраандар,
Түп этектен аларда,
Узунунан саларда,
Алдындагы кара аты,
Кара атынын барбы - дейм,
Капталында канаты,
Коңурбайдай Калчанын,
Башына каран күн түшсө,
Качан да болсо Алгара,
Куткара жүргөн адаты.
Тоодой болгон Калчаны
Учкан куштай закымдап,
Куткарып алып кетти эми,
Жаралуу болуп Коңурбай
Жанына алек болгондо
Кырк кандын эли кытайдын
Бел байлаган бели жок,
Берен Калча шери жок,
Кайрат берип туруучу
Калча сындуу эри жок!
«Кан Манастап!» - кырк чоро
Кытайга кирип аралап,
Кызыл кыргын салды эми.
Акбалтайдын Чубагы
Аман калып ал жолдо,
Куткарып кеткен Алмамбет.
Жабыла кирген сан колдон
Айкырып Чубак аралап,
Кытайга кирди бир четтен.
Аттарын октой ойнотуп,
Аралап кирди Алмамбет,
Кошо кирип эр Сыргак
Кытайды кырды сойлотуп.
Орто жерин Алмамбет
Оюп кирип кетти эле.
Капталынан эр Чубак
Камап кирип берди эле,
Бир четинен эр Сыргак
Кырып-сүрүп кетти эле.
Каканчындын Бээжинди
Иле-сала болгончо
Какайлатып кытайды,
Ылаачын тийген таандай,
Кан Манастын кырк чоро
Кайта сүрүп Бээжинге
Айдап кирип кетти эми,

Он эки күндүк жолуна
Токтобой кууп кетти эми.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Кеңири акыл ойлоду.
Ай Жаң-Жуң менен Коңурбай
Арага элчи салды эми,
Элчи болуп элинен,
Ашык-анык бир чечен
Билгич кытай барды эми.
Кан Манастан тиленип,
Канча, канча өтүнүп,
Жети күн бурсат сурады.
Ошондо деди Чаңтийбес:
«Каалап келдиң Бээжинди,
Кан көтөрүп, биз алдык
Кабылан сиздей көзөлдү!
Сулайман тийбес Бээжинден
Сурак алып кайтыңыз!
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай кайтыңыз».
Агача келин, сулуу кыз,
Үптөй албай кайтыңыз!
Тилегиме көнүңүз,
Тилеп келдим өтүнүп,
Жети күн бурсат бериңиз!
Каардансаң кан Манас,
Кайра кырсаң эл мына!
Элчини келген өлтүрсөң,
Алдыңда кытай, мен мына!
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын гүлү учкунча,
Мыктап жатып уруштук,
Бел байлаган эр өлдү,
Берен канча шер өлдү,
Караламан аскерден
Канча сансыз кол өлдү.
Жети күнү бурсат бер,
Кеңешели эл менен,
Карыкандай зор менен.
Акыл, кеңеш кылалы,
Алып барып Бээжинге,
Карыкандын тагына
Дагы сизди мингизип,
Алтын таажы кийгизип,
Кан көтөрүп салалы!»
Деп, ошонтүп, Чаңтийбес
Какылдап-какшап турганда,
Айтканына көндү эми,

Айкөл Манас кабылан
Жети күн бурсат берди эми.
«Бурсатты Манас берди» - деп,
Буруттардын баарысы
Эркин уктап алышып,
Эригип ордо салышып,
Чатыраш ойноп чатырап,
Кутурмач ойноп кутуруп,
Жашы менен карысы
Жай жатып калды баарысы.
Чалгынга жүрсө чарчабас,
Оорукка калса оорукпас,
Азизкандын Алмамбет
Жетип келди Манаска:
«Жети айчылык Бээжинди
Жети күндүк жол дедиң,
Камап жаткан кытайды
Кайрат кылбас эр дедиң.
Жети күн бурсат берипсиз,
Достум Манас, эсен бол,
Биз бул жерден эсен тартпайбыз,
Бирибиз тирүү кайтпайбыз.
Келген жан эсен кайтпайбыз,
Таласка тирүү жетпейбиз!
Айтсам айткан тилимди,
Албас болдуң сөзүмдү,
Түгөтмөк болдуң күнүмдү,
Казмак болдуң орумду,
Качан болсо тил албай,
Кайнатмак болдуң шорумду!
Салмак болдуң башыма
Капкайдагы сонунду,
Олжолотмок болдуң го
Сарала тулпар атымды!
Жети күн бурсат берипсиз,
Капкайда камын жедирип,
Баш-аягын жыйдырып,
Күчөтмөк болдуң капырды,
Кудайдын кылган иши экен,
Төкмөк болдуң канымды!
Керээз кылып кеп айтам,
Аман Талас барсаңыз,
Элди эсен көрсөңүз,
Тоодогу жылкым тогуз миң,
Тобурчак, буудан аралаш.
Тозоктуу башка иш келсе,
Кайда калбайт жалгыз баш!
Кеңешпей бурсат бердиңиз,
Арманым калды, кантейин,

Көзүмдөн аккан көлдөй жаш!
Тоодогу жылкым ээси жок,
Тоодогу жылкым жыйып кой,
Өзүм менен бир барган,
Аккандын кызы Аруукe
Алган жарым бакты жок,
Мажикке ике кыйып кой!
Атыма катар жүгөн бар,
Аруукенин боюнда
Үч ай калган күмөн бар.
Эгер эркек туулса,
Тоюна токсон соё көр,
Атын эр Күлчоро коё көр!
Минген аты сур болор,
Оң далысы кең болор,
Телегейи тең болор,
Өзүмдөн өтө шер болор!
Кызарып жанган чок болор,
Сан колго кирсе ок болор!
Ак маралды уй кылар,
Алышканды буй кылар!
Туландуу жерди тутантып,
Өзөндүү жерге өрт коёр,
Бекиген чепке жол салар,
Бет алышкан жоо болсо
Мендеден мурун кол салар!
Сарала мойнун бурганда
Үрбүстү жайлап турганда,
Чогулуп аргын конгондо,
Аташканым Аруукe
Шерге талгак болгондо,
Үрбүстүн башы адыр таш,
Муздактын белин чалгамын,
Атып шерди бүктөтүп,
Өлтүрүп ичин жаргамын.
Куурдак кылып жүрөгүн,
Аруукеге бергемин.
«Эркек болсо медер», - деп,
«Ургаачы болсо бир күнү
Теңин таап кетер», - деп,
Ошо күндөн ушу күн
Медер кылып келгемин!
Эркек эмес, кыз болсо,
Аркар атып жеп койгун,
Акырет кеткен Алмамбет -
«Туйгунум, Алмам жан досум
«Туяксыз өттү», - деп койгун!
Элиме эсен кайтпаймын,
Эми тирүү тартпаймын!

Өлүп калсам кытайдан,
Белимден кармап бүктөп кет,
Талаага сөөгүм таштабай,
Саралага жүктөп кет!
Мазарлуу жерге барганда
Көрүмдү кенен оюн кет,
Сараланы союп кет,
Көрүмдү казып табыштап,
Колуң менен коюп кет!
Ушу турган Чоң-Бээжин,
Энекем мени тууган жер,
Киндигим канын бууган жер,
Көйнөгүм чечип жууган жер,
Киндик каным тамган жер.
Ушу жерге кан Манас,
Дене каным төгүлөт,
Төгүлө турган себеби:
Каражой уулу Кожожаш
Ойноо бала жаш кезде,
Опсуз тентек, мас кезде,
Алтыга жашым келгенде,
Ардактуу болуп кытайга,
Суук-Төр деген төрүнө,
Жалгыз көздүн элине,
Ажыдаардын алдына,
Абалкы жылы Бээжинге,
Алты миң бала жиберип,
Алты миң бала кырылып,
Ажыдаар заарынан
Алты бала, мен калып,
Жети миң бала бир барып,
Жети миңдин ичинен
Жети бала, мен калып,
Он миң бала бир барып,
Он эле бала, мен калып,
Окуп жүргөн чагымда
Көк байталды токунду,
Каражой уулу Кожожаш
Менден алты айча мурун окуду.
Учаарын билип ал калды,
Жүрүштү билип мен калдым.
Келгендерден кеп уктум,
Өлбөй-житпей сегиз жыл,
Кезик оору - деп уктум.
Кезигинен айыгып,
Келип калса бу жерге
Баарыбызды оң кылбайт,
Жалпыбызды соо койбойт.
Ат оюнчу, жөө күлүк,

Кытай бузуларда чыгуучу
Казыналык чоң мерген!»
Какшап айтып Манаска
Оозун жыйып алгынча
Боз ала желек кызыл туу,
Ошо кезде кытайлар,
Бой-бойлогон ызы-чуу.
Сурнай тартып калыптыр,
Сүйүнө турган кытайдын
Күнү туул калыптыр,
Аркалуу мерген Кожожаш,
Анык келип калыптыр.

## 33 Кожожаштын келиши. Баатырлардын окко учканы[9]

Кан Манастын кырк чоро,
Алмамбет, Чубак аралаш
Аныктап кирди согушка,
Музбурчак, Көкчө эки кан
Кайта кирди согушка.
Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түз кирип айза сунам, - деп,
Түйшүгү кымбат тозоктон,
Жанымды азат кылам, - деп,
Серек, Сыргак - эки шер,
А дагы кирди согушка,
Карап турбай бусурман
Баары кирди согушка.
Ортосунан чаң салып,
Оён Алмаң, берениң
Оюп келип берди эле,
Топтоп жаткан кытайдын
Тобун чачып талкалап:
«Тобокел», - деп, Сыргагың
Союп келип берди эле.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын бир бөлүп,
Азизкандын Алмамбет
Астына салып кубалап,
Көгала минип айкырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Кайнаган кытай, манжууну
Кайра тозуп сапырып,
Ажал жетсе өлөм, - деп,
Өлбөй тирүү мен жүрсөм

[9]Түп нускада мындай тема жок

Алмамбет, Чубак, Сыргакка
Караан болуп берем, - деп,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Үзүктөй калпак Шууту бар,
Аргынкандын Ажыбай,
Ырамандын Ырчы уулу,
Колу күчтүү Байчоро,
Топ бузуучу Агаяр,
Сереңдеген Сереги,
Серпилишчү чыйрагы,
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Бусурманга күн тууса
Кайран жандын кереги,
Аралаша кырк чоро
Кез келген жакка жол салып,
Кезиксе жанын аябай,
Кытайды кырып, кол салып,
Өлгөндөн кайра тартпаган,
Кызыл канга тойбогон,
Кызык согуш болгондо
Жалтайлап качып койбогон,
Коно келген Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Жетиктеп белин курчанган,
Жети түмөн кол келсе
Желбегей кирип кол салган,
Манас кандын кырк чоро
Жеке кытай журту эмес,
Мындан мурун кырк чоро
Жетимиш жерден олжо алган,
Кез келгенди кан кылган,
Келберсиген Манасты,
Жер үстүнө кан кылган.
Манас жооп бергенде,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен,
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Кара сууга кан куюп,
Кармашкан жерге чуу салган,
Кан Манастын кырк чоро.
Калың кытай ичине
Аралап кирди согушка.
Алакандай бусурман,
Өлгөнүнөн калганы
Баары кирди согушка,
Музбурчак, Көкчө аты уйкаш,
Канча-канча кол менен

Дагы кирди согушка.
Айбандан тулпар аты өлүп,
Азаматтан шер өлүп,
Өлбөй тирүү жүргөндөр
Капкара канга бөлөнүп.
Айбалтачан жадашып,
Кайраты бар эрендер
Качпай тозуп айзаны
Как жүрөккө мадашып,
Эрлери көзгө көрүнүп,
Эчендин каны төгүлүп,
Сай жаманы самсаалап,
Корголотуп куу жанды
Ортосуна бөлүнүп,
Калдакташып калп эле,
Каарман болуп көрүнүп,
Айза тийсе былк этпей,
Арсландары бөлүнүп.
Аркырашып салышып,
Жан аябай калышып,
Эчен-эчен тулпардын
Токумдары мойнунда.
Эчен-эчен тулпарды
Коштоп жүргөн мындан көп:
«Баланчадай жакыным
Түкүнчө жерде өлдү», - деп,
Боздоп жүргөн мындан көп.
Канча мыкты жигиттин
Куюшканы үзүлүп,
Көктөй албай жаткан көп,
Басмайылы үзүлүп:
«Басып кетсе өлдүк», - деп,
Эптей албай жаткан көп.
Айза тийип антаңдап,
Басалбастан тамтаңдап,
Жаны чыгып калтаңдап,
Алапайын табалбай,
Качып жүргөн мындан көп.
Тулпарларын ойнотуп,
Туйлап жүргөн мындан көп:
«Кайрылып үйгө жетпестен,
Эсен-аман кетпестен,
Талаада өлмөк болдук», - деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Айза кармап, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Алышып жүрүп өлмөккө
Жыргап жүргөн мындан көп.
Кабаттап казган ор экен,

Кайнатып койгон шор экен,
Каптаганга чарчабайт,
Кырк кандын эли чогуу экен.
Шай колдогон шер экен,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артык тууган эр экен,
Кытай каны Ай Жаң-Жуң
Жолдош болуп Калчага
Келип калган кези экен.
Калың согуш ичинде,
Айдаркан уулу Көкчөгө
Кечилдин каны Коңурбай
Аа! - дегизбей жетти эми,
Жеткен жерде Көкчөнү,
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Курт экени билинбейт,
Кум экени билинбейт,
Артындагы көп кытай
Артык тууган Көкчөнү
Тегеректеп кетти эми.
Муну көрүп Алмамбет
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай,
Ачып көздү-жумганча,
Аны-муну дегенче,
Ар кайсысын бир салып,
Аралап кирип кытайды,
Дыгдырып кууп, кол салып,
Колго түшкөн Көкчөнү
Алмамбет илип алгыча,
Кабарыңда бар бекен?
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң мерген,
Жаман жанга таңылбас,
Караңгыда ийненин
Көзүн атса жаңылбас,
Астынан адам өтпөгөн,
Огу бекер кетпеген,
Каражой уулу Кожожаш
Жашыл кийип, дыр коюп,
Айдаркандын Көкчөсүн
Чекеден ары бир коюп,
Көкчөнү окко учуруп,
Көңүлү жаман бузулуп,
Бусурман катуу күйүнүп,
Кырк кандын эли кытай журт
Каткырышып сүйүнүп,
Минтип кытай турганда,

Сарала менен аралап,
Дүмөктү Алмаң баштады,
Каражой уулу Кожожаш -
Колунда кылыч ойкума,
Жара чаап таштады.
Жалпагы тийип кылычтын,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Кыйрап кетти быркырап,
Каарына чыдабай,
Калың манжуу, көп кытай,
Качып берди дыркырап.
Кытай каны Ай Жаң-Жуң
Туура тарта калганда
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Туура тарткан Жаң-Жуңду
Ыргыта коюп өттү эми.
Аркасынан эр Сыргак,
Алты миң кытай, миң калдай
Аткарып атка салгыча,
Кытай каны Жаң-Жуңдун
Башын кесип салды эми.
Адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Узун бойлуу, кең далы,
Акбалтайдын Чубагы
Чоң күрөң минген Эзкара,
Манжуунун каны ал экен,
Туура турган жеринен
Акбалтайдын Чубагы
Көмө коюп өттү эми.
Жөө күлүк минген Канжаркол
Кыйкырып атка салгыча,
Аман алып калгыча,
Кыраан Алмаң жетти эми,
Кытай каны Эзкара
Кырк эки бөлүп өттү эми,
Алтымыш жайсаң төрөсүн
Кошо чаап өттү эми.
Тамандан чыккан чаңды көр,
Агып жаткан канды көр,
Канга аралаш тоңкоюп,
Кулап жаткан жанды көр!
Караса көзгө илинбейт.
Камгак учкан эмедей,
Кайда экени билинбейт.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөйт.
Топурак учуп, тоз кайнап,

Тозушуп эчен урушуп,
Токтотуп жүрөт шор кайнап.
Боо түшүп тулпар ат өлүп,
Топуракка аралаш
Бопбоз болуп эр өлүп,
Кытай каптап алганда,
Кыйын тозок салганда
Айзанын башы кагышып,
Кылычка кылыч кагышып,
Кылчайбастан кайран эр
Күнү-түнү тыным жок,
Кырылышып салышып.
Айбандардан мал өлүп,
Абайласаң Бээжинге
Кез болгон жандын баары өлүп.
(Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен алдамчы
Атаңдын көрү, дүйнө шок!)
Эл бириндеп суюлуп,
Кез болгон адам кырылып,
Беттешкенди жанчышып,
Кандуу сууга агызып,
Уйгу-туйгу турушуп,
Салышып жүрөт баатырлар
Атчан тамак ичишип,
Тулпардын оозун бурбастан,
Туйгундардын баарысы
Биртике карап турбастан,
Таш сайынган кытайдын
Далай каны өлгөн соң,
Бели сынып Коңурбай,
Кайрат кетип башынан,
Дем кылганы Кожожаш
Алгара оозун бурду эми,
Акылга дыйкан түгөнгүр,
Акыл ойлоп турду эми:
«Кырды кытай элимди,
Кыйратты Бээжин жеримди,
Кызыталак буруттар
Сойлотту канча шеримди.
Сурап кетти талкалап,
Эзелден сурак бербеген,
Эч кимден кордук көрбөгөн,
Эсил кытай элимди!
Чебимди бузуп жол салды,
Ченебей элге кол салды.
Адеп тийди жылкымды,
Жылас кылды журтумду,
Талады далай мүлкүмдү,

Күндүз тыным бербестен,
Кетирди түндө уйкумду.
Буламды булап көп алды,
Бузукту бурут чоң салды.
Жазга маал болгондо
Жердин бетин ачтырбайт,
Кочуштап тукум чачтырбайт,
Коркконунан көп кытай
Коргондон тышка бастырбайт.
Азап салып ал алат,
Аз келгенсип дүнүйө,
Эркектен кул-күң баш алат.
Адилдик жок бурутта,
Апсиси бузук кызыталак,
Кыябына келгенде
Кызыл канды агызып,
Кылмышы жок башты алат.
Ушуну кылган буруттун
Кордугуна чыдабай,
Кырк кандын эли кытайды
Бүткүл жыйып аламын,
Бүтүн баарын чогултсам,
Бел байлаган бели жок,
Берениm мыкты Кожожаш,
Сен сыяктуу шери жок.
Кытай милек, мен жалгыз,
Кыраан киши жогунан
Кыйла эрден айрылдым.
Башкасын айтып нетейин,
Калың казды орумду,
Ушу турган Сыргагы
Көрсөттү далай сонунду.
Тирүү жүрсө Сыргагы
Теги бизди соо койбойт,
Жыйырма бирде кези экен,
Көөп алган табы экен.
Артыкча кыйын айласы,
Чучугума жетти го,
Сай-сөөгүмө өттү го,
Сыргак кулдун айласы!
Бала Сыргак эр экен,
Манасчалык шер экен.
Эптеп жаның бакпасаң,
Мерт кылуучу эр экен.
Кырк уруу кытай, ушул эл,
Кылчайбай жыйып алалы,
Кыйын мерген сен элең,
Кыяматты салалы!
Кыргын кылып баарысын,

Кыраaны Манас шер калса,
Тирүү байлап алалы» -
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Айзакерден ыктуу эр,
Жоо айласын бүт билген,
Акылга даана мыкты шер,
Балбаны менен камынып,
Мергенин шайлап жабылып,
Кылычтуусу кыңкайбай,
Кыйын кирди согушка.
Айза саяр ыктуусун
Бөлөк бөлүп алыптыр,
Жазбай атчу мергенин.
Дагы бөлүп алыптыр,
Көркөмдүүсүн бир бөлүп,
Кырк кан эли кытайды
Кырк бөлөк кылып чубатып,
Боз алалуу чуу болуп,
Бойбойлогон дуу болуп,
Кан Коңурбай баш болуп,
Каптап кытай алыптыр,
Көптүгүнөн бул кытай
Көлдөй толкуп калыптыр.
Алды менен кытайдын
Казыналык чоң мерген
Кожожаш келип калыптыр.
Бел байлашып белсенип,
Бет алышып калганын,
Берендер дагы көрдү эми.
Алакандай бусурман
Толкуп жаткан кытайга:
«Токтотуп уруш салам, - деп,
Тобунан бөлүп Коңурбай,
Капкайда кегим алам», - деп,
Кайнап жаткан кытайга
Качырып айза салам, - деп,
Айза кармап, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Бээжинге чейин сүрөм, - деп,
Топон суу тийбес Бээжинге
Токтобой кыргын салам, - деп,
Кандарын кырып Бээжиндин,
Каканчындын алтын так
Кайра тартып алам, - деп,
Татытарга туз алып,
Бээжинге чейин кубалап,
Сулуу-сулуу кыз алып,
Жылкыда тулпар ала баш,

Алмамбет, Чубак аты уйкаш.
Ажал келсе кайтпаган,
Өлүмдөн башын тартпаган,
Улак кандын Сыргагы,
Аргынкандын Ажыбай,
Артта жүргөн буруттун
Айдакчысы ал болуп,
Кан Манастын кырк чоро
Кырк жагынан бакырып,
Кырылышып токтобой,
«Манастап!» ураан чакырып,
Буудайык кандын Музбурчак,
Бура тарткыс кол менен,
Бука сийдик жол менен
Жер жайнаган жан болуп,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Көтөрүп тууну алганы
Музбурчактай кан болуп.
Берендери ээлигип,
Баатырлардын баарысы
Токтоно албай жээлигип.
Эчен-эчен бел ашып,
Эчен сонун жер басып,
Атышып жүрүп Бээжинде,
Эчен жерден согушуп,
Көнгөн Алмаң эмеспи!
Алтын тагын май кылып,
Атасын союп жай кылып,
Келген Алмаң эмеспи!
Чай алуучу Кара-Тоо,
Ашкан Алмаң эмеспи!
Эчен толгон сары алтын,
Жарты кылча көрбөстөн,
Чачкан Алмаң эмеспи!
Кожожаш келип калганын
Алмамбет көрүп калыптыр.
Аманат жандан түңүлүп,
Карыкандын жай ташын,
Күн жаадырчу дубаны
Жандан сууруп алды эми,
Жарым чөйчөк кара суу
Кур дегизе салды эми.
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмамбет,
Ойноп-ойноп алды эми,
Күн жаадырып салды эми.
Асманда булут сабылып,

Жер жүзүнө жабылып,
Көктөн булут күрүлдөп,
Жер айланып дүрүлдөп,
Жайлап салды Алмамбет.
Жайкы күндү кыш кылды,
Кийими жука кытайды
Кыңшылатып кыз кылды.
Тоонун башын муз кылып,
Эбелектеп токтобой,
Элди кырып, жай жайлап,
Кылыч колдо кылдырап,
Кечилдин каны Коңурбай
Аттан түшүп зыңгырап,
Эли-журтун сүрөргө,
Эми бир күн күн жайлап,
Бээжинге айдап кирерге,
Бейили турат Алмамбет.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын кыйратып,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындарын сулатып,
Кыйын жайлап турду эле.
Бусурман, - деп бакырып,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Айдап кирди сапырып.
Буудайык кандын Музбурчак
Капталынан кытайды
Камап келип берди эле,
Кан Манастын кырк чоро
Өкүрүгү таш жарып,
Чекесинен сүрдү эле.
Кызыл өрттүн ичине
Кылчайбастан Алмамбет,
Кыраанды Сыргак кирди эле.
Орто жерин эр Чубак,
Ойноп келип берди эле,
Туу түбүндө эр Сыргак,
Жойлоп келип берди эле.
Каканчындын Бээжинде
Какайлатып кытайды
Камап, айдап жүрдү эле.
Чаң-тополоң түшүрүп,
Мунарык түшкөн чаңды көр,
Кулап жаткан жанды көр,
Агып жаткан канды көр!
Түрдүү-түрдүү кытайды,
Тирүү айдап алды эми,
Капыр менен бусурман

Түгөнүшүп калды эми.
Түгөнгөнүн көргөндө,
Айлакери Коңурбай
Кыйкырыгы баш жарып,
Балбанынын баарысын
Жыйып алды Коңурбай,
Башын толгоп болбосту
Кырып ийди Коңурбай.
Кайрат кылып турганда,
Кан Коңурбай беренге
Кабылан Алмаң жетти эле,
Жеткен жерден Калчаны
Кыргагы болот сыр найза,
Кылчайбастан Алакең
Чындап сайып өттү эми.
Мына ошондо Коңурбай,
Алакең сайып өткөндө
Жаралуу болду кансырап.
Аты күлүк, чын тулпар,
Туйлап чыкты Коңурбай.
«Өзөндө күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман,
Ушу качкын болбосо
Олжолоп чаап Таласын,
Оңдурбайт элем Манасын», -
Деп, ошонтүп, Коңурбай
Алгара оозун бурду эле,
Буудайык кандын Музбурчак
Телкызыл менен ээлигип,
Боз кисе белге курчанып:
«Манас! Манас!» - деп үн салып,
Жеткилең тууган Музбурчак
Жебеден мурун жетти эми.
Жети сан кытай, манжууну
Жеке кирип аралап,
Ортосунан как жарып,
Коңурбайга жетти эле.
Түп этектен аларда,
Түбүнө эми жетерде,
Туу түбүндө Кожожаш
Кызыл кийип, чу коюп,
Кыйкырып кирген Музбурчак:
«Оң жаккы чеке өзү, - деп,
Өксүп тийсе көзү», - деп,
Мергендикке тазасы,
Белендеп турган машасы,
Ирмеп ийди Кожожаш.
Как жарылды курган баш.
Буудайык кандын Музбурчак,

Бурулбай окко учкан соң,
Көңүлгө батпас көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа:
«Музбурчак, Көкчө кан өлсө,
Кез болгон жандын баары өлсө,
Мураска кантип жетебиз?
Кыраандардан айрылып,
Кырылышпай Бээжинден
Элге кантип кетебиз?» -
Деп, ошонтуп, Сыргак жан,
Астындагы Көкчебич
Чу деген жерден чуратып,
Чуу түшүрүп кытайдын
Кез келгенин кулатып,
Каршы чыккан калмактын
Канчаларын сулатып,
Кыдырата карабай,
Азизкандын Алмамбет
Кыйкырып кирди согушка.
Кан Балтайдын Чубагы
Каарданса сан колдой,
Ойгуттардын кырааны,
Кырк кан эли кытайга
Кылчайбастан аралап,
Кыйкырып кирип келгенде
Кайран жандан түңүлүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Карап турду таң калып.
Кан Манастын кырк чоро
Кырк жагынан жабылып,
Жабылган жагы чуркурап,
Жалаң кытай, көп манжуу
Жабыла качып дыркырап.
«Жанды булар койбойт», - деп,
Кожожашка жалынып:
«Мен Коңурбай болгону,
Ай-ааламды сойгону
Он экимде эр болуп,
Бээжиндин болдум коргону.
Керүүгө салган там элем,
Кечилдин тоодой каны элем.
Ушу Сыргак баладан
Ээримен арт кетти,
Жүрөгүмө дарт кетти,
Боконо сөөгүм болк этти,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы ыйлап солк этти.
Бел байлаган белимди,
Эчен бузду чебимди,

Эчен сойду эр Сыргак,
Канча берен эримди,
Көп сындырды белимди,
Көп калтырды көөнүмдү!
Кез келгенде Сыргак кул
Эңкейиште эр саят,
Кулагы темир Кутан алп,
Жетөөнү катар бир саят.
Оюна койсо эр Сыргак
Түбүмө минтип жетпесин,
Ушул турган кытайды
Түгөл кырып кетпесин!
Айланайын, Кожожаш,
Айтканымды сөздөй көр,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Сыргак кулду көздөй көр!
Ушул турган Чоң-Бээжин,
Киши баспас жер ошол,
Атактуу Манас дебесе,
Манасынан Сыргагы
Айза салым эр ошол.
Бөлөгүнүн айласы,
Сай-сөөгүмдөн кетелек
Сыргактын сайган айзасы.
Кечээ Алмамбет, Сыргак баш болуп,
Жыласты чогуу салганда,
Кыр-Кайыңдын боюнан
Жылкымды тийип алганда,
Майлуу жүрөк, баатыр жан
Артынан кууп барганда,
Аябай колду салганда
Туура тартып салышып,
Жан аябай турганда.
Ошондо көрдүм Сыргакты,
Ааламды бузчу чунакты.
Астымдагы Алгара
Туйлап чыгып кеткенде,
Эки бирдей кабыргам
Айза тийип ошондо
Кыйрап чыгып кеткенде,
Сыпатын көзгө илгемин,
Сырттандыгын билгемин.
«Тирүү кармап алсам», - деп,
Балбандардын баарысын
Жабылтып айдап киргемин.
Ошончолук балбандын
Умачтай ачты уйкусун,
Уратты эчен журтумду,
Жайлап берсең Сыргакты,

Буруттардан бел кетет,
Мындан кийин буруттун
Качырсак канга тойбойбуз.
Көз ачкыча койбойбуз.
Сыргакты атып өлтүрсөң
Буласын булап алабыз,
Бузукту чындап салабыз,
Кырк кандын эли кытайды
Кызык кылып жыябыз.
Кыйратып, союп бурутту
Мекеге чейин кырабыз.
Качып берсе буруттар,
Кайрылбай айза сунабыз.
Кыраанды Манас жаралуу,
Кыйратып сайып, талкалап,
Кыйла азапты салабыз,
Тартып кеткен кыздарды
Кайра тартып алабыз.
Кайраттуусун саябыз,
Ошо жаткан буруттун
Алтынын кошо талайбыз.
Казынасын ачабыз,
Канын суудай чачабыз!
Артык балбан сен элең,
Бузуларда чыгуучу,
Алышкан жоого киргенде
Айла табар мен элем!»
Каражой уулу Кожожаш
Калчанын кебин уккан соң,
Кара жанын аябай,
Капа болуп токтобойт,
Токтобогон себеби -
Кытайдын сүйөнүчү жөлөгү,
Каражойдун уулу экен,
Алмамбет менен бирге окуп,
Адис болгон кул экен.
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң мерген,
Кечээ Бээжинди Манас алганда,
Бейпайды чындап салганда,
Олжого бурут канганда,
Сегиз жылы Кожожаш
Кезик ооруп калыптыр,
Ушу жылы Кожожаш
Кезиктен айыгып алыптыр.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнөн өртү төгүлүп.
«Качып кеткен Алмамбет
Кармашып жүргөн бурутка,

Каран күндү саламын,
Бөлөк кытай кыйналба,
Жеке өзүм аламын,
Кыйкырык салган буруттун
Кыйындарын кулатсам,
Кызыкты минтип салабыз,
Жаралуу болгон Манасын,
Тирүү кармап алабыз.
Капаланба Коңурбай,
Кара суудa кеме жок,
Канча жыл ооруп мен калдым,
Болбосо, каш кайтарар эме жок», -
Деп, ошонтүп, Кожожаш,
Беленденип, белсенип,
Көк байтал менен күркүрөп,
Бери ургандай теңселип,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көркөмдүү тууган кул экен,
Көрүнгөндү жуткундай,
Көзү кызыл чок экен,
Өзү Бээжинден чыккан шок экен,
Алты билге арттырган
Белен болот ок экен.
Муну угуп Коңурбай,
Кырк кандын эли кубанып,
Доолбасын какты эле,
Сурнайын тартты эле,
Сүйүнө турган күнү тууп,
Баатыры Калча баш болуп,
Басып каптап алды эми,
Балакетти салды эми.
Тирүү тулпар мал калбай,
Кыймылдаган жан калбай,
Түрдүү-түрдүү көп болуп,
Көңтөрүлүп жабылса,
Жерге чыккан чөп болуп,
Толкуп кытай токтобой,
Тоодой Калча кан болуп,
Туу түбүндө чоң мерген
Кожожашы бар болуп,
Кырк кан эли кытай журт
Кыйын мүшкүл күн салып,
Каптап кытай калганда
Эс билбестер күйүнүп,
Кайраты бар берендер:
«Мейли шейит болдук, - деп,
Кайрат кылып сүйүнүп,
(Бүгүн көргөн эртең жок,
Атаңдын көрү, дүйнө шок!)

Ушундай экен алакчы,
Туулуп-өскөн кайран жер,
Көрбөстөн өлмөк болдук, - деп.
«Азирет тийбес Бээжинге,
Алышабыз, - деп келип,
Азапка эми калдык», - деп,
Жарым эстүү дардестер
Ушүнтүп ойлоп кыңкылдап,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөйт,
Каптады кытай былкылдап,
Айзанын учу кагышып,
Капкараңгы түн түшүп,
Адамдын башы чабышып.
Кайра тартып аянбай,
Азганакай кыргыздар,
Кайран жанды аябай,
Ошондо алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Жетик темир курчанып,
Жер жайнаган кытайга
Жеке кирди кол салып.
Мындай жоону көргөндө
Аянбаган чунагы
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Кылычын кынга жөлөгөн,
Ушундай кыйын жоо келсе
Кылчайбай кирип кол салып,
Кызыл кынга бөлөгөн,
Кара калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Астына кирсе акжолтой,
Аркадан чыкса сан колдой,
Көлөкө кылса акжолтой,
Көрүп жүрсө сан колдой,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Олжо көрсө кызыкпас,
Ойрон Сыргак өзү ошол,
Кытайды кырар кези ошол.
Көкчебич менен ойнотуп,
Кезикkенин сойлотуп,
Орто жерин эр Сыргак
Оюп келип берди эле,
Дал ортосун Алмамбет
Камап келип берди эле.
Тегерегин эр Чубак
Тешип келип берди эле,

Манас кандын кырк чоро
Кыйкырыгы таш жарып,
Кырып-айдап сүрдү эле,
Алакандай бусурман
Аянбастан кирди эле.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү боо түшүп,
Э бир жалгыз эр өлүп,
Эчен сонун кан өлүп,
Тулпардан эчен ат өлүп,
Азаматтан эр өлүп,
Өлбөй тирүү жүргөнү
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Качпай туруп салышкан,
Эки колу шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы,
Былкылдабай дал болуп,
Аянышпай калышып,
Атагы чыккан казаттан,
Аянбастан салышып,
Кандуу канга малынып,
Капыр менен бусурман
Качпай туруп салышып,
Өлгөн менен арман жок,
Арслан тууган асылдар:
«Кыргыздар!» - деп бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Токтобой эчен урушуп,
Бет-бетинен баарысы
Өз билгенин кылышып,
Каарданып бакырып,
Кылычка алып үч баатыр,
«Кайра айдалап!» жапырып,
Какайлашып чуркурап,
Кадимкидей көп кытай
Кайра тартып качты эле,
Кырк кандын эли кытай журт
Кайра качып алган соң,
Ат соорусун салган соң,
Арт жагынан Алмамбет
Сүрүп келип берди эле,
Эс алдырбай эр Сыргак
Тийип келип берди эле.
Акбалтайдын Чубагы
Аянбай колду салган соң,
Арт жагынан кырк чоро
Бөлүп айдап алган соң,

Кара таандай манжууну
Кайра айдап сапырып,
Уй түгүндөй шибээни
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Каарданып бакырып,
Качып берген кытайды
Кайра тозуп сапырып,
Алгаранын оозун
(Катынын кара баскандай),
Жыйып жүрөт Коңурбай,
Эчен солоон, манжууну
Кырып жүрөт Коңурбай.
Астынан Калча тозгон соң,
Ортосунда чуркурап,
Качкан кытай жыйылып,
Кыраандар айдап алган соң,
Кыйла жандар кырылып.
Жаманына карабай,
Жайнап Сыргак кабылан
Алөөкөнүн Коңурбай
Алдымда менин кез келсе,
Ошону көздөй барам, - деп,
Алданын салган буйругун,
Маңдайга жазган көрөм, - деп,
Улак кандын Сыргагы
Жыйырма бирге илинип,
Көпкүлөң тарткан балага,
Кайнап жаткан кытайга
Кайра тартпай кол салып,
Туу түбүндө туруптур.
Кожожаштын атасы
Каражойго кол салып,
Кайра тарта бергиче
Кабыланды көргүчө,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде эр Сыргак
Каражойдой балбанды
Көмө коюп өттү эле.
Жесе деген бир балбан
Жетип атка мингизип,
Жетелеп жүрүп кеткиче,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Саралага камчы уруп,
Асылың Алмаң жетти эле,
Жеткен жерде Каражой,
Чууну Алмаң салды эле,

Чуу салгандын артынан
Каражойдой балбандын
Башын кесип кетти эле.
«Таш сайынган кытайдын
Тазасынан айрылып,
Өлбөй кантип турам!» - деп,
Өкүрүп ийди Коңурбай.
Мурутун булкуп ыргытып,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай:
«Эч болбосо качкын кул,
Алмамбетти соём», - деп,
Каалгадай кайран тиш,
Таруудайдан быркырап,
Алгара менен чуратып,
Келе жатат дыркырап.
Алмамбетке жетерде,
Сан кытайдын ичинен,
Сараланын үстүнөн
Көмө коюп өтөрдө,
Кыдырата карабай,
Кызыккан экен согушка,
Кылча жанын аябай,
Кара калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы
Көкчебичке камчы уруп,
Капталынан Калчага
Кайран Сыргак жетти эми,
Алгаранын үстүнөн,
Жети сан кытай ичинен
Тоодой кылып Калчаны
Көмө коюп өттү эми.
Алачыктай барбайып,
Ат үстүнөн Калча кул
Учуп кетти дардайып.
Аттан Калча түшкөн соң,
Алдындагы Алгара
Олжолоп белин сындырып,
Аты күлүк кечилдин
Минтип жанын тындырып,
Азапка минтип салайын.
Коңурбайдын Алгара
Кылчайып кача бергиче,
Кызыл каптал, даңгыл жол,
Кылт этип буйтап качкыча
Чылбырына тийди кол.
Олжо кылып Алгара,
Ойнотуп коштоп алды эми.
Казылып жаткан калың ор,

Кайнатып койгон калың шор,
Алтын казган кен эле,
Жалгыз ат баспас жаман жол.
Жалгыз жолго түшкөндө,
Жоо олжосу Көкчебич
Чалгын минсе чарчабайт,
Чарчай турган чагы эмес,
Оорукка минсе ооруктпайт,
Ошо күнү Көкчебич,
Мүдүрүлөр чагы эмес,
Астындагы Көкчебич
Мүдүрүлүп өткөнү,
Башында болот калканы
Учуп түшүп кеткени.
Каражой уулу Кожожаш
Ат оюнчу, жөө күлүк
Аңдып турган беренин,
Мергендигин ашырып,
Бет алдында зоңгокко
Калган экен жашынып.
Жерге түшкөн калканды
Жетип илип алганча,
Башына кие салганча,
Тиктегенден тартпаган,
Көздөгөндөн кайтпаган,
Кызыл кийип дыр коюп,
Жыйырма бирде Сыргакты:
«Эки көздүн ортосу,
Өлчөлүү жердин өзү, - деп,
Төмөндөсө көзү», - деп,
Тиктеп туруп бир койду.
Эр Сыргагың бүк түштү,
А деп айтар ал кетти,
Чекеден кара кан кетти.
Ок жаңылса Сыргакка
Астындагы Көкчебич
Желгенине жел жетпейт,
Желип чыга берерде:
«Ооз омуртка тушу, - деп,
Өлчөлүү жери ушу», - деп,
Узатпастан ошондо,
Көкчебичти бир койду.
Тегеренип бүк түшүп,
Теңириңдин Көкчебич
Аты менен ал өлүп,
Арадан Сыргак бала өлүп,
Топон суу тоздоп кирбеген,
Толкуган калың кытай журт
Өзү кырк кан эли экен.

Сүйүнбөгөн кытайдын
Сүйүнүчтүү күнү тууп:
«Ушул өлгөн Сыргактын,
Өлүгүн качырга байлап алалык,
Какан кандын алдына
Тартуу кылып баралык!»
Жайнап кытай жетти эле,
Кожожашы баш болуп,
Он эки курчап кетти эле.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көк жал жалгыз Алмаңдын
Көзүнүн жашы он талаа.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Куртчалык кытай журтту көр,
Казып койгон орду көр,
Кайнатылган шорду көр,
Какайлап ураан чакырып,
Каптаган кытай колду көр,
Кыра берсе түгөнгүс,
Чөпчөлүк кана болгон көптү көр!
Он башылар ороктоп,
Айзалары короктоп,
Эрендин баары бөлүнүп,
Эс алдырбай кол каптап,
Бээжиндин баары козголуп,
Караса көзгө илинбейт,
Топурак учуп, чаң каптап,
Кайсы экени билинбейт!
Асман ачык, жер бүркөк,
Камгак учкан эмедей,
Жер жайнаган кол болуп,
Жетимиш Бээжин козголуп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы каптап бөлүнүп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү көзгө көрүнүп,
Күн Жаң-Жуң менен Коңурбай
Жекеге чыгып бөлүнүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артыгынча бул эрен,
Опол-тоодой көрүнүп,
Оозунан заары төгүлүп,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Атырылтып булкунтуп,
Алгара тулпар жулкунтуп,
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Эрендердин кара аты,
Кара атынын бар экен,

Капталында канаты.
Ай-ааламды буй кылган,
Айласы тегиз адаты.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Өзү жоонун айласын билген берениң,
Айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыктуу кул.
Бел байлаган бели ошол,
Бекитилүү жери ошол,
Каканчылуу кырк кандын
Өзүн кайтарып турган эри ошол
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Алтын айлуу сыр канжа,
Адамдан артык кыраанын,
Алачыктай чоң Калча
Сумсайып түрү бузулуп,
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Алты миң кытай, сан калдай
Астыга салып айдаптыр,
Тилден калган дүмөк кул
Эки көзү жайнаптыр.
Ала буурул ат минген
Айзакерди бир бөлгөн,
Жазбай аткан мергенди
Жабырды көздөй айдаган,
Көрүп турган ыслам,
Жоонун түрүн көргөндө,
Моминтип шору кайнаган.
Кайнап турган себеби -
Азирети Аалы шер
Арадан келген жер экен.
Топон суу тоздоп кирбеген,
Искендер ага тийбеген,
Бүтүн кытай эл экен:
«Эчен дөөм өлдү», - деп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Каканчылуу Бээжинге
Кабар берген кези экен.
Кабарына аралаш,
Сүйүнө турган кытайдын
Күнү тууп алыптыр.
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Кытай бузуларда чыгуучу
Каражой уулу Кожожаш,
Ошо мерген келгенде
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,

Кара калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Ошондо Сыргак бала өлүп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ок жаңылып ал өлүп,
Керимсел өлүп, жан өлүп,
Каканчылуу Бээжинге
Кез болгон жандын баары өлүп,
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Талаанын баары чаң болуп,
Түмөндүн баары кан болуп,
Каарданып Кожожаш:
«Калайманды салам, - деп,
Каны Манас султанын
Азыр кармап алам, - деп,
Бээжиндеги кырк шуркут,
Алпарып айгыр салам, - деп,
Манастан эркек уул туулса,
Амыз кылбай Бээжинге
Кан көтөрүп алам, - деп,
Казатка келген буруттар,
Төбөсүнөн басам, - деп,
Төрт түлүгүн чачам, - деп,
Тийип алып бээсин,
Жакын келсе, жайната муштап мээсин,
Чыгарамын - деп келет,
Буруттун капкайдагы кээсин!»
Казылуу жаткан калың ор,
Какайлап ураан чакырып,
Каптады кытай ошол кол.
Жылкыда тулпар ала баш,
Кытай дүмөк салганда
Алмамбет, Чубак аралаш,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет
Тегерегин карабай,
Теги өлүүчү кыраанын
Тегеле жанын аябай:
«Ыслам!» - деп бакырып,
Токсон, сан кара кытайдын
Тобун бузуп сапырып,
Кайкалатып кайран шер,
Калдайып жаткан капырга
Жеке кирди кайран эр.
Кырк уруу кытай дүркүрөп,
Кыйыны Калча эр болуп,

Алакеңе жетерде:
«Ажалым жетсе өлөм, - деп,
Артыкча досум Алмама
Караан болуп берем», - деп,
Узун бойлуу, кең далы,
Кара болот бу дагы,
Кан Балтайдын Чубагы,
Ойгуттардын кырааны,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын тиши өтпөгөн,
Жекелеп белин курчанган,
Жети санча кол келсе
Желбегей кирип кол салган:
«Түрү суук кытайга,
Түз кирип айза сунам, - деп,
Түйшүгү кымбат тозоктон,
Жанымды азат кылам, - деп,
Кыраанным Алмам туйгунду,
Айгайлаган кытайга,
Атышып кыргын салам, - деп,
Асылым Алмам көк жалды,
Ажыратып алам», - деп,
Каарданып бакырып,
Кан Балтайдын Чубагы
«Манастап!» ураан чакырып,
Астындагы Көгала,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Өөдө-төмөн карабай:
«Өлөмүн», - деп санабай,
Каарданып бакырып,
Кара калмак, манжууну
Кирген жерден сапырып,
Айза жеткен жерлерин
Айза менен аңтарып,
Кылыч жеткен жерлерин
Кылыч менен кыймалап,
Кыйыныӊ Чубак киргенде
Жалпы манжуу, эр Калча
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жамгырды көр, чокту көр,
Жабылып тийген окту көр,
Казып койгон орду көр,
Кайнатылуу шорду көр,
Кайраны Калча баш болуп,
Каптаган кытай колду көр!
Анын бери жагынан
Алышканын койбогон,

Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Кара черүү Камбыл алп
Качырып жетип калды эми.
Кара жанды аябай
Каптап кытай урушуп,
Кайгысы жок эрендер
Качпастан карап турушуп,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Күндө тынып калган жок,
Мына минткен кыргында
Өлгөн менен арман жок.
Салышкан жери Ит-Өлбөс,
Кырк күнчүлүк чөл экен,
Куу учканда канаты
Күйүп кетчү чөл экен.
Томуктай жерде тоо жок,
Токумдай болгон коо жок,
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Чык этим жерде суусу жок,
Чымчып жээр чөбү жок,
Кырк күнчүлүк жол экен.
Кырк уруу кытай элине,
Кыраандардын баарысы
Бир кезигер кези экен.
Ошол чөлдүн ортосу
Уй күрөң тартып жөлөнүп,
Убара көрүп арсландар,
Капкара канга бөлөнүп,
Баштар челек кан болуп,
Эки колу шал болуп,
Кыргындашып алышып,
Кызыгын көрчү дүйнөнү,
Кыргындашып алышып,
Астыга салса акжолтой,
Алмамбет менен Чубагы
Айдап жүрсө сан колдой,
Буларыңды көргөндө
Кан Коңурбай баш болуп,
Канжарколдон бир илек,
Каптап кытай калды эми.
Кырк уруунун баарысы
Кызык кылып кыраанды,
Ортосуна алды эми,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү сандап айза алып,
Күчтүүлөп каптап кетти эми,

Күн көрүнбөй кетти эми,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары бөлүнүп,
Карап турса дин ыслам
Бирөө калбай бу кытай
Кыруучудай көрүнүп,
Талыгып элдер турганда,
Тамашалуу Алмаң шер
Уй куймулчак Сарала
Байлап ийди кайран шер,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Жайлап ийди кайран эр.
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Асмандан булут сабалып,
Жерге булут таралып,
Жайдын күндү кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кыңкылдатып кыз кылып,
Сарала буудан эмеспи,
Оозун кармап тутамдап,
Жыйып жүрөт Алмамбет,
Ошончо түмөн калмакты
Оң-тетири түшүрүп,
Кырып жүрөт Алмамбет.
Жанында жолдош Чубагы,
Аргынкандын Ажыбай
Ашкере жандын ынагы,
Жолдоштошуп алыптыр,
Манас кандын кырк чоро аттуу кыраны.
Ошондо орто жерин Алмамбет
Оюп келип берди эми,
Тегерегин кырк бөрү
Союп келип берди эми.
Калдайган четин кан Чубак,
Камап келип берди эле.
Как ортосун бусурман
Талап келип берди эле.
Ошол талаан согушта
Алайган көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Батасы журтту байыткан
Бадыша Кошой кары бар,
Эштектердин Жамгырчы,
Элемандын эр Төштүк,
Койчу, бусурмандын баары бар.
Качырып кирген согушта
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү далай бар,

Муруттары сербейип,
Эр өлүгү далай бар.
Айзасы сынып белинен,
Айласы кетип таптакыр,
Шашып жүргөн мындан көп.
Куюшканы үзүлүп,
Ээри кетип мойнуна:
«Эми кыргын болдук», - деп,
Качып жүргөн мындан көп.
Эчен качыр, тулпардын
Ээр-токум боорунда,
Туйлап жүргөн мындан көп.
«Эсил кайран жан боорум,
Эми кайдан көрдүм», - деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Эрендердин баарысы
Чет-четинде таралып,
Жамандардын баарысы
Кудай албай былкылдап,
Ортосунда камалып,
Камчыга кайрат берүүчү
Кабыландын баарысы
Чет-четинде бөлүнүп,
Каршылашкан чоң согуш,
Адамдын каны төгүлүп,
Топурак учкан чаңды көр,
Агып кеткен канды көр,
Канга аралаш тоңкоюп,
Өлүп жаткан жанды көр!
Күн бүлбүлдөп көрүнбөйт.
Күндүн көзү чаң болуп,
Караса көзгө илинбей,
Кара баскан көп уруш,
Кайсы экени билинбей!
Ит урушун салганда,
Качып кытай калганда,
Ат тизгинин айкырып,
Жыйып турду көрдүңбү,
Алты сан кара кытайын
Кайра кайрып Коңурбай
Кырып ийди көрдүңбү!
Мергендерин бир бөлүп:
«Бет алган жерин кыргын», - деп,
Кайлап кирди көрдүңбү!
Күн Жаң-Жуң менен Дөөдүр алп
Каны каптап аянбай,
Калың кытай кирди эле,
Каптап калган калың кол,
(Бүгүн көргөн эртең жок,

Ушундай экен дүйнө шок!)
Калың манжуу ээлигип,
Кан Коңурбай, зор Калча
Калган экен желигип.
Кылыч чабар мыктууну
Бөлөк бөлүп алыптыр,
Айзакерден ыктууну
Астыга айдап салыптыр,
Ат оюнча, жөө күлүк
Асты жанын аябай,
Ал дагы каптап алыптыр.
Жер айланып козголгон,
Ошол кезде Коңурбай,
Эчен илек кол болгон,
Урук-урук жан келген,
Калчасы аздык кылгансып,
Канжаркол деген жан келген.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан.
Кырк уруу кытай кайран журт,
Ичинен кыйын балбан жан чыккан.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөйт,
Бузулуп кытай келгенде
Мунарык болуп бурчтанат,
Булуңгур болуп учтанат.
Ченебес Бээжин жер экен,
Чериктүү кытай эл экен,
Каарына алганда
Каптап кетчү сел экен.
Топон суу тоздоп кирбеген,
Толкуган кытай эл экен,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артыгынча Чубакты
Аңдып калган кези экен.
Ошо кезде береки -
Кан Балтайдын Чубагы
Көгалага камчы уруп,
Жеткилең белин курчанып,
Каарданып сумсайып,
Кайран жанды аябай,
Канжаркол канга жетти эле,
Канжарколдой балбанын
Жеткен жерде Чубагың
Көмө коюп өттү эле,
Айба деген бир балбан
Көтөрүп атка салганча,
Аргынкандын Ажыбай
Башын кесип кетти эле.

Канжарколу өлгөндө
Он башысы ороктоп,
Элүү башы короктоп,
Эрендери кылкылдап,
Айзалары былкылдап,
От чагылып көзүнөн,
Шамал чыгып оозунан,
Кылычы кында кыңгырап,
Айбалта колдо шыңгырап,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Катынын кара баскансып,
Куугуну жаңы качкансып,
Көзү жайнап сөгүлүп,
Оозунан заары төгүлүп,
Канжарды сайган Чубакка
Качырып калган Коңурбай
Ажыдаардай көрүнүп,
Жер жарылып дүркүрөп,
Жебелүү айза колго алып,
Алгарага камчы уруп,
Итиң, жете эле келди күркүрөп.
Жебеден мурун жетти эми,
Көгаланын үстүнөн
Жеткен жерден Чубакты
Көмө коюп өттү эми.
Антип кылды шумдукту:
«Тирүү байлап алгын!» - деп,
Калкына кылды буйрукту.
Чубак аттан түшкөндө,
Алты миң калдай, сен балбан
Адис болгон ар жоого,
Жоонун аксакалы Коңурбай
Айкырып үндү салды эми,
Калың гана кытай, көп манжуу,
Чубакты каптап эле жатып калды эми!
Кылкылдап кытай жүгүрдү,
Кытай кыстоо кылганда
Кызыталак жандан түңүлдү.
«Ай караңгы болгондо -
Түн ушундай экен, - деп,
Ажалды башка салганда
Кудай, күн ушундай экен!» - деп,
Калдайды чапкан кек бүтөп,
Карап туруп Чубагың
Каңырыгы бек түтөп:
«Калың кытай, көп манжуу

Тирүү кармап алабы?
Кан Балтайдын Чубагы
Көөнү келсе кытайдын
Колуна гана түшүп калабы?!»
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чубагың тиктесе жандан түңүлүп,
Жер айланып тоз болгон,
Жетимиш Бээжин козголгон.
Даярданып балбаны
Чокмор алып жүгүргөн.
Ошондо Чубак көк жалың
Чогуу эле жандан түңүлгөн.
Чалмачаны жабылган,
Жөө күлүктүн баарысы:
«Байлаймын!» - деп камынган.
Кылкылдашып балбаны,
Жетип калды эми эле,
Чубакеңди кырк эки кан
Дагы эле курчап калды эми!
Аябаган дүмөктү
Салып турат көрдүңбү,
Чорто мылтык чорт этсе,
Чочубастан баш-башын
Алып турат көрдүңбү?
Бечара Чубак, көйкашка
Берендиги сында жок,
Бет алышып урушуп,
Ажыратып алуучу
Берениң Алмаң мында жок!
Улуктугу сында жок,
Ушу кыргын ичинде
Уялаш гана Манас мында жок!
Бел байлаган бел да жок,
Бек кыргын болуп турганда
Баягы гана ыслам эл да жок!
Өөдө-төмөн карабай,
Чубакең өлөмүн, - деп санабай,
Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын гана кынай мыктуусу -
Манас алган Зулпукор,
Ажыбайдын Ач албарс,
Бакай алган Ач болот,
Чубак алган Жойкума,
Алмамбет алган Ак албарс,
Сыргак алган Ар кескен
Алты болот курч ошол,
Алдыңкы кара кытайды
Айгайлатчу мүлк ошол.
Темирден кайра тартпаган,

Баш албай кайра кайтпаган,
Кан ичпей гана кынга кирбеген,
Суурул алса (кынынан)
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Ошондо Чубак көйкашка
Кармап алып сабынан,
Ошондо суурул эле алып кабынан,
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай,
Айзачан кирген кытайды
Ат үстүнөн кулатып,
Бет алдына келгенин
Чубак томурайтып сулатып,
Башына чалма салдырбай,
Толкуп жаткан кытайга
Тозуп турду Чубагың
Тогуз күнү алдырбай.
Асынганда жаныбар -
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда
Аманат жандын эрмеги,
Ойноп атса очогор,
Каарданса топ бузар,
Колундагы сур келте
Оңго ооп бир атып,
Ошондо ойрондорун сулатып,
Башына чалма чалдырбай,
Акбалтайдын Чубагы
Денеге торду салдырбай,
Өзү жөө болгондо Чубагың
Өөдө-төмөн жүгүрүп,
Өрттөнгөн дүйнө, оңбой кал,
Өмөлүп кытай келгенде
Өлөм, - деп жандан түңүлүп:
«Чогулуп кытай, Коңурбай,
Мени тирүү байлап алат бейм?
Чыркыратып жалгызды
Курмандыкка чалат бейм?
Ушу кыргын ичинде
Көмүлбөй сөөгүм калат бейм?
Аруудай болгон ууз этим
Ак кажыр талап тоёт бейм?
Аалам бузган кайран баш
Кытайга тепки болот бейм?
Турна сындуу моюнга
Тулганы кытай салат бейм?
Тургусу келбес кайран баш,
Каканчылуу кытайга,
Кудайга кембайланып барат бейм?

Бийиги кырк кез чупчуңкур,
Казган бир орго салат бейм?!
Кайыр диндүү, динсиз ит
Капкайда кегин алат бейм?!
Ачуусу келсе Чубакты,
Орто гана жолго чалат бейм!»
Топурак учуп чаң кетти,
Тогуз күнү урушуп
Чубакеңден ал кетти.
Ал кеткенин билгенде
Алөөкөнүн Коңурбай
Айкырып гана айза салды эле,
Арслан тууган кыраанын,
Этеги менен айзасын
Чубакең эше гана чаап салды эле.
Тегерегин карабай,
Чубак тегеле жанын аябай,
Канатынан кайрылган,
Ошол кезде Чубагын
Көгаладан айрылган.
Тегеректеп темир тор,
«Мөндүлөп» ураан чакырып,
Каптап кетти калың кол.
Кайнатылуу шор болду,
Тегереги какайлаган кол болду.
Кылкылдап кытай жетиптир,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп талкалап,
Топтоп жүрөт Алакең:
«Эгизим Чубак кайда?» - деп,
Эңкейишип урушуп,
Жоктоп эле жүрөт Алакең!
Орто жерин талкалап,
Сабап жүрөт Алакең:
«Ойронум Чубак кайда?» - деп,
Ошондо карап жүрөт Алакең.
Кандуу кыргын ичинде
Токтоп жүрөт Алакең:
«Эгизим кайда кеткен?» - деп,
Жоктоп жүрөт Алакең!
Ээр белдей кайкыдан
Эсил Алмаң көйкашка
Чыга калып караса
Жайнап жаткан көп караан
Токой десе эл экен,
Ал тунарып күйүп көрүнгөн
Жылдыз десе чок экен.
Түнөрүп күйгөн көп жайкын
Камгак десе, ок экен.

Түнөрүңкү көрүнгөн
Дүмпүйгөн кара кол экен.
Ошондо Чубак көрүнбөйт,
Алакеңдин шору экен.
Кайкайыңкы көрүнгөн
Камышты десе, эл экен,
Кан Балтайдын Чубагын
Курчап гана калган кези экен!
Кырк уруу кытай, кайран журт
Кыйкырып үндү салыптыр,
Кыйыны Маңкүш, Коңурбай
Тегеректеп алыптыр.
Көгаладан айрылып.
Көк жалың Чубак кабылан
Көмкөрүлгөн кытайдын
Колуна түшүп калыптыр!
Жаачынын баарысы
Жан алгычтай камынган,
Жакшысы Калча эр болуп,
Бир Чубакка жабылган.
Чалмачынын баарысы:
«Байлаймын», - деп камынган.
Кылкылдап балбан жүгүргөн,
Кыстоо түшүп Чубакка
Кызыталак жандан түңүлгөн.
Каптап кытай турганда,
Кабылан Алмаң эреннң:
«Кан Чубакка жетейин,
Айлам жетсе, кытайдан
Кабылан Чубак кыраанды:
«Кыйын Чубак эгиз», - деп,
Кыраан Алмаң көйкашка
Кыйкырыкты салды эми.
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерде Чубагын
Бөктөрө качып өттү эми.
Өчкөн отун тамызып,
Акбалтайдын Чубагын
Өлгөн жанын тиргизип,
Оң тизеге мингизип,
Астындагы Сарала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Аманат жандын айынан
Шашып чыкты көрдүңбү?
Ала качып Чубагын
Качып чыкты көрдүңбү?
Жолунда турган Көгала
Жолборсуң Алмаң жетти эле,

Жеткен жерде Чубакты
Мингизе качып өттү эле.
Чубак атка минген соң,
Тизгин колго тийген соң,
Камышты көр, селди көр,
Какайлап ураан чакырып,
Каптаган кытай элди көр.
Токойду көр, топту көр,
Токтонбой тийген окту көр,
Казылган калың орду көр,
Берени Калча баш болуп,
Келген кытай элди көр!
Кытай илек эл экен,
Азирети Аалы шер,
Аралап кеткен жер экен.
Топон суу тоздоп кирбеген
Толтура кытай эл экен,
Томуктай болуп бусурман
Колго түшөр кези экен,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өкүм кытай журт экен!
Бел байлаган бели жок,
Белине таңуу кылуучу,
Белгилүү Манас шери жок,
Каз айланбас зоосу жок,
Карылуу кара тоосу жок,
Бекип жаткан бели жок,
Мээнетти тарткан мүшкүл иш,
Баягы белгилүү Манас шери жок!
Каз айланбас тоосу жок,
Каргылуу кара зоосу жок,
Музбурчак, Көкчө каны жок,
Эми болду мүшкүл иш,
Бусурмандын баары жок!
Бул жоктугун көргөн соң,
Сакалы жок Бээжиндин
Беги келип калыптыр,
Берени Калча, Кожожаш
Эри келип калыптыр.
Каражой уулу Кожожаш
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң мерген.
Көк байталын токуган
Кечээ алты миң бала бир барып,
Алты миң бала кырылып,
Алты бала бир калып,
Алим-салим окуусун
Окуп турган кезинде,
Астындагы Көк байтал,

Көк байталды токуган,
Алакеңден бул кыраан
Алты ай мурун окуган.
Ич этинен ок өтпөс
Ошондо кийип калган эмеспи,
Алакеңден артыкча
Ажыдаардын окуусун
Билип гана калган эмеспи.
Келгендерден кеп уккан,
Өлбөй-житпей Кожожаш,
Каканчылуу Бээжинде
Кезик гана оору деп уккан.
Сүйүнбөгөн кытайдын
Күнү тууп калыптыр.
Ошо кыргын ичине
Ат оюнчу, жөө күлүк
Кожожаш келип калыптыр.
Бел байлаган бел экен,
Бээжинден чыккан шер экен.
Ирмеген тирүү кайтпаган,
Тирүү адам тартпаган.
Кожожашты көргөндө,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Карыкандын жай ташын
Чап жанынан алды эле,
Бир чөйчөктөй кара суу
Күр дегизе салды эле.
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жайдын күндү кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кыңкылдатып кыз кылып:
«Ыслам» - деп бакырып.
Ушул турган кытайды
Кайра тартып Алмамбет
Айдап жүрдү сапырып.
Орто жерин Алакең
Оюп келип берди эле.
Тегерегин Чубагың
Союп келип берди эле.
Кыл чекесин кырк чоро
Союп келип берди эле.
Кырк чоронун кымбаты,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыйыны Шууту эрен бар.
Аргынкандын Ажыбай,
Акбалтайдын Чубак бар,
Төө көтөргөн Акаяр

Берендердин баары бар,
Кошой, Төштүк каны бар,
Ысламдын баары бар.
Жылкыда тулпар Ала баш,
Алмамбет, Чубак аралаш,
Жекени белге курчанып,
Жети сан кара кытайга
Жеке аралап кол салып,
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Чыканактап тынч албай,
Чырм этип уйку албай,
Күндүз тыным алган жок,
Түндө тыным алган жок.
Каканчылуу Бээжинди,
Какайлатып кытайды
Мунарыктын чөлүнө
Бөлүп айдап кирди эле.
Сүйрөлүп жаткан чачты көр,
Кесилип жаткан башты көр,
Агып жаткан селди көр,
Кырылган кытай элди көр,
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр!
Искендер изин салбаган,
Ушу турган Бээжинден
Сулайман сурак албаган,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Бээжин журт экен.
Алакандай дин ыслам
Түгөнүшөр кези экен.
Бээжиндеги кытайдан
Алөөкө деген кан чыккан,
Алөөкөнүн Коңурбай
Добушунан жан чыккан.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Жоонун айласын билген доңуз ай!
Кызыталактын кара аты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Качан болсо ааламды
Алөөкөнүн Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Алгаранын оозун

Жыйып ийди эрениң.
Алты сан кара калмакты
Кайрып айдап алганы.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн бир бөлүп,
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын бир бөлүп,
Белбоо кийип белсинген
Эрендерин бир бөлүп,
Айза сайчу ыктуусун
Адырга бөлүп алыптыр,
Жазбай аткан мергенди
Бөлөк бөлүп алыптыр.
Сай балбандын баарысы
Чет-четинен таралып,
Сай жамандын баарысы
Сары ооpу болуп салпайып,
Ортосунда камалып.
Эрендин баары ээлигип,
Арсландын баарысы
Чет-четинде желигип.
Он башылар ороктоп,
Элүү башы эрендин
Айзалары короктоп,
Жүз башысы жүгүрүп,
Миңдин башы калдайлар
Кайран жандан түңүлүп,
Кызылала кийинип,
Кытайдын журту шалпылдап,
Кара калмак, көп манжуу
Каарына чыдабай,
Кайран Калча көк жалдын
Астына түшүп далпылдап.
Уруш кылган Ит-Өлбөс.
Кырк күнчүлүк жол ошол,
Кызырдуу эрдин баарысы
Кыйрап калчу жер ошол.
Томуктай болгон тоо жок,
Токумдай болгон коо жок,
Куу учканда кулагы
Күйүп кеткен чөл экен,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этимге суусу жок,
Эрен жүрсө мал таппай,
Кырк күнчүлүк чөл экен.
Кыйындардын баарысы
Бет алышар кези экен.
Ошондо алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет

Жебеден мурун берениң
Эр Маңкүшкө жетти эле,
Маңкүш алптай балбанын,
Жеткен жерде Алакең
Керигинин үстүнөн
Көмө коюп өттү эле.
Жөө күлүктүн бир саны
Чогуу каптап жеткиче,
Маңкүш алптай балбанын
Арачалап кеткиче,
Кара жандын ынагы,
Кайдан жетти билбеймин,
Кан Балтайдын Чубагы.
Узун бойлуу, кең далы,
Кара болот кыргагы,
Кабарыңда бар бекен
Кан Балтайдын Чубагы.
Ак марал айдап уй кылган,
Ачуусуна тийгенде
Адамдын баарын буй кылган.
Алышып адамдын алы жетпеген,
Сумсайганын жазбаган,
Сунгандан кайра кайтпаган.
Жоону көрсө кайтпаган.
Ойкума кылыч колго алып,
Ошондо Чубак жетти эле,
Жеткен жерде Маңкүштүн
Мөндүрдөй канын төгүлтүп,
Башын чаап өттү эле.
Кайраны Маңкүш өлгөн соң,
Кайгыны манжуу көргөн соң,
Ошондо кечилдин каны Коңурбай
Өкүрүгү таш жарып,
Темингиси телпилдеп,
Кежигеде айдар чач
Токмоктой болуп желпилдеп,
Көзү көлдүн ордундай,
Ачуусу келип айкырып,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Каш-кабактын ортосу
Ачылып калган корго окшойт,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Алгара тулпар жулкунтуп,
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Жер айрылып дүркүрөп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Келе жатат күркүрөп.
Алтын жаак айбалта

Билекке уруп чалыптыр,
Эки миздүү зулпукор
Кынынан сууруп алыптыр.
Шамал чыгып оозунан,
Өрт төгүлүп көзүнөн,
Кармаганда сыр найза
Сынуучудай качырап,
Каалгадай кайран тиш
Таруудайдан быркырап.
Чубактын бөйрөгүнөн бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Каарданып күйүнүп,
Эр Чубакка жетүүгө
Жакын калды Коңурбай.
Жетчү болсо Чубакты
Көгаланын үстүнөн
Көмө коюп өтүүгө,
Коңурбай Чубакка жакын калганда,
Кырк уруу кытай желигип,
Жөө күлүктүн баарысы
Чубакка жетмек бир болду ээлигип,
Чок орто кирбей салышка
Четтеп жүргөн эмеспи,
Акжолтой тууган Алакең:
«Асыл Чубак кантет, - деп,
Алакең көздөп жүргөн эмеспи,
Ажалым жетсе өлөм, - деп,
Өлбөй жүрсөм Чубакка,
Ошо караан болуп берем», - деп.
Чубакеңе жеткизбей,
Кечилдин каны Калчага
Керилип Алмаң жетти эле,
Жеткен жерден Калчаны
Алгаранын үстүнөн
Алакең көмө коюп өттү эле.
(Бүгүн көргөн эртең жок,
Баатырлар ушундай экен дүйнө шок.
Кытай илек, бул жалгыз,
Кылганы барбы дүйнөнүн.)
Буту кетти салактап,
Алгаранын үстүнөн
Коңурбай ооп алды эле,
Калың кытай, көп манжуу
Кайраны Калча көк жалын
Тегеректеп алды эми,
Алек болуп Калчага
Кырк уруу кытай калды эми.
Эйбе деген бир балбан,
Шейбе деген бир балбан

Жебеден мурун жетти эле,
Жетип атка мингизип,
Жеткилеңи Калчаны
Өлтүрбөй алып өттү эми.
Кабар берди канына,
Кат таштады кол бер - деп,
Төмөнкү Каканчынын шаарына.
Жер айланып, тоз болду,
Жетимиш Бээжин козголду.
Эчен-эчен эл келди,
Кытай каптап алганда,
Жер солкулдап тербелди.
Ошондо кандуу канга каныштты,
Эрендер качпай туруп салышты.
Күндүз тыным алган жок,
Түнүндө уктап калган жок,
Казатка кирген эрендер
Өлгөн менен арман жок.
Ошондо жаралуу болгон Коңурбай,
Жаман гана болгон Коңурбай,
Сайганда эки кабырга
Кыйрап кеткен кези экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Тарса-турса жөтөлөт,
Маралдай башын көтөрөт.
Өө дегенде оозунан
Өжөк-өжөк кан кетет,
Өлчөшүп уруш кыла албай,
Коңурбайдан ал кетет.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Берениң, бугудай мойнун көтөрүп,
Күркүрөсө оозунан
Күрөктөй кара кан кетип,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айласы кетти бир далай.
Жаралуу болуп Коңурбай,
Жапаа тартып бир далай,
Кабар берип канына,
Катты таштап жиберди
Тебереки Каканчынын шаарына.
Кылдаткерден кырк миңи
Даяр болуп калганы,
Эбеп-себеп дарыдан
Эптеп сыйпап салганы.
Кылдаттары келгенде:
«Жети күн мөөнөт бергин», - деп,
Мыйзат сурап алганы.
Жазбай аткан мергени
Жаңыдан кайра чогулуп,

Жайнап кытай келди эми.
Түн ичинде ок аткан
Капырдын түрдүүлөрү бөлүндү,
Жашылала кийинген
Мергени көзгө көрүндү.
Кум-Кыянын жээк жол
Жайнап келген кези экен,
Курт экени билинбей
Кайнап келген кези экен,
Кечилдин каны Коңурбай
Ооруганы жазылып,
Астыга салып токмоктоп,
Айдап эле калган кези экен.
Каарына чыдабай,
Калың кытай, сан манжуу
Кумурскадай кылкылдап,
Жайнап алган кези экен.
Өзү кырк уруу кытай эл экен,
Ортодо Калча шер экен,
Он сегиз миң ааламды
Таптап кетер кези экен.
Ээр белдей белестен
Сарала оозун бурду эми,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы
Кейигенден Чубакка
Керээзин айтып турду эми:
«Атыңдын оозун бура тур,
Атышка чыксаң акжолтой,
Асылым гана Чубак, тура тур!
Казылган калың ор келет,
Байкасаң, каран күн жанга зор келет!
Көгала темир кийинген
Көк жалы чыгып келатат,
Тиктебей айза саюучу
Мыктуусу чыгып келатат,
Кожожаш менен Коңурбай
Козголбой сайыш кылуучу
Мыктуусу чыгып келатат.
Уй түгүндөй былкылдап,
Кытайың гана каптап алыптыр!
Казылган калың ор келет,
Кайнатылуу шор келет,
Каран күн жанга зор келет.
Кандай заман, кандай күн,
Баатыр, болор экен кандай күн!
Калың кытай козголгон,
Баатыр ай, тегеректеп өтөт бейм!
Ажыратып алуучу

Айкөл Манас шериң жок,
Баатыр ай, ажалың минтип жетет бейм!
Чоңу Калча баш болуп,
Баатыр ай, чогулуп кармап алат бейм,
Чогуу кыйнап бул жанды
Баатыр ай, курмандыкка чалат бейм!
Чынды кандын алдына:
«Чын жоонун башы мына», - деп,
Баатыр ай, сүйүнчүлөп барат бейм!
Бүгүн кытай өлтүрсө,
Көмүлбөй бул сөөк калат бейм,
Ботодой болгон кайран көз
Каркылдап карга оёт бейм,
Аруудай болгон бул этке
Ак кажыр талап тоёт бейм!
Бөйрөктү бөрү оёт бейм,
Каалгадай кайран тиш
Сагызган гана чычып коёт бейм!
Адырда жылкы ала баш,
Атышып жүрүп өлгөндө
Кайда калбайт бу куу баш!
Кудай жазып койгонго
Көтөрбөскө чара жок,
Өтүп калсак дүйнөдөн
Калган медер кылуучу
Арт жакта эркек бала жок!
Өлүп калсак дүйнөдөн
Уга турган кулак жок:
«Кургур атам өлдү», - деп,
Куран окуп коюучу
Аркада эркек туяк жок!
Чубагым, Таласка эсен тартпайбыз,
Бээжинден эсен кайтпайбыз,
Өлүп калсам кытайдан,
Артымда эсен сен калсаң,
Белимден кармап бүктөп кет,
Эреним Чубак, кан досум,
Мекеге сөөгүм жүктөп кет!
Мазарлуу жерге жолуксаң,
Көрүмдү кенен оюп кет,
Аманат кылып ал жерге
Алакеңди коюп кет,
Куран окуп табыштап,
Сараланы союп кет.
«Береним Алмам өлдү», - деп,
Чубагым, минтип мени коюп кет.
Колуңду суута салып ал,
Чубагым, кол дааратың алып ал.
Тулпарды оңдоп токуп ал,

Кел, Чубак, тирүүлөй куран окуйлу,
Ажал жетсе өлөлү,
Алдыңкы кара капырга
Баатыр ай, атыш кылып көрөлү!
Өлбөй тирүү жүргөндө,
Баатыр ай, не мураска жетелик,
Анан согуш кылып өзүбүз
Курман эле болуп кетели.
Жетиктеп белди курчанып,
Желпинген кара кытайга
Баатыр ай, жеке аралап кол салып,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын күлү учкуча,
Мыктап бир алты ай салышып,
Топон суу жетпес Бээжинди
Токтобой кыргын кылалы!
Мунарык күйгөн кытайга
Бурулбай кыргын кылалык,
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан.
Токтобой белди курчанып,
Толкуган кара кытайга
Тобокел - деп кол салып,
Кол салышкан Ит-Өлбөс
Адыр-адыр бел экен,
Кырк күнчүлүк чөл экен,
Адам турмак бул жайга
Айбан тургус жер экен.
Чымчып жээрге чөбү жок,
Чык этим ууртар суусу жок,
Мунарыктап бурчтанган,
Үстүнөн жөө туман түшүп кеткисиз,
Басып жүргөн жан турмак,
Үстүнөн кара жору учуп өткүсүз,
Адыр-адыр бел экен,
Азабы кымбат жер экен.
Ат капталдан орногон,
Күйгөн кызыл кум экен,
Капкара болгон мунарык,
Мунар десе эл экен.
Казылып калган орду көр,
Какайлап ураан чакырып,
Каптаган кытай колду көр.
Мунарыкты көр, чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр,
Камышты көр, селди көр,
Каптаган кытай элди көр.
Ат көтөрбөс жөөнү көр,
Ошо колдун ичинде

Алышканды койбогон
Алты миңдей эр чыкса,
Акырысы тойбогон
Жөө күлүк деген эл келип.
Жөө күлүк каптап алганда,
Жер бузулуп тербелип,
Чекеде жалгыз көзү бар,
Эчен сонун эл келип,
Кыйкырып кытай күрүлдөп,
Кылчайып карап тура албай,
Алакандай дин ыслам
Кызыталак жандан түңүлүп,
Кыстоо салып кытай журт,
Келе жатат чуркурап:
«Үйдү көрбөй калдык», - деп,
Алакандай бусурман
Кээси ыйлап турат буркурап.
Кайраты бар мыктуулар
Чет-четинде бөлүнүп,
Канга тойбос көк жалдар
Оозунан заары төгүлүп,
Кайраты жок жамандар
Караң күн түшүп башына,
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Асан кайгы адамдар:
«Атым жалгыз эле», - деп,
Куурап жаткан мындан көп.
Арслан эрдин баарысы:
«Атышып кызык көрдүк, - деп,
Ажал жетсе өлдүк», - деп,
Жыргап жаткан мындан көп.
Алаңказар акылсыз
Шашып жаткан мындан көп.
Кайраты жок жамандар
Ортосунда камалып,
Качып жүргөн мындан көп.
Тулпар аты токтобой,
Туйлап жаткан мындан көп.
Кайраты бар эрендер
Кайгы тартпай өлүмдөн,
Жыргап жаткан мындан көп.
Жоонун түрүн көргөндө,
Ээлигип, жулкунуп,
Эри өлгөндөй булкунуп,
Алты киши бир жанды
Кармап жүргөн мындан көп.
Акыл кирбей көөдөнгө,
Жашып жүргөн мындан көп.
Айза менен мыкчыйып,

Камынганы сандан көп.
Бөрүдөй көзү жайнаган,
Тилди кесе чайнаган,
Берендери мындан көп.
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Түрүн карап отурсаң,
Түрдүү кытай каканчы
Соруучудай көрүнүп.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун чорт түйгөн,
Кыйындары бөлүнүп,
Адыр менен кылкылдап,
Анысы каптап алыптыр.
Кара чапан, кең көйнөк
Калдай колу чогулуп,
Чогуу каптап алыптыр.
Темир аркан тор алган,
Эринди кесе чайнаган,
Көзү ары жакта кайнаган,
Алышканын койбогон,
Адамзатка тойбогон
Ажгу менен Жажожо
Кошо каптап калыптыр.
Чериктүү кытай эл келет,
Ченеген жанга зор келет.
Бээлесең мусулманыңды
Байлап алчу кол келет.
Кытайларды карасаң
Жер айланып сөгүлүп,
Ошо болор казатта
Алакандай бусурман
Үрккөн койдой бөлүнүп,
Чериктүү кытай кайран кол
Ченебей каптап берген соң,
Кайнамак болду кайран шор.
Кызыл-тазыл мунарык
Жаанын огу шорголоп.
«Кызыл айза желегим,
Алакем аман койгун», - деп,
Алакеңе корголоп.
Алтын темир курчанып,
Алтындан кемер курчанып,
Азизкандын Алмамбет
Айдай бетин нур чалып,
Кара көзүн кан чалып,
Кандуу жүзүн нур чалып,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Тегерегин карабай,

Кытай каптап келгенде
Теги кыраан туйгунуң
Теги эле жанын аябай:
«Карарган кара капырга
Казатты эми кылдым, - деп,
Кааласа кудай мынакей
Кайран гана жанды кыйдым, - деп,
Байгамбар баспас Бээжинге
Бастырып казат кылдым, - деп,
Кааласа кудай мынакей
Кайран бир жанды кыйдым!» - деп,
Казык моюн Сарала
Кайкалатып кайран шер,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп кайран шер.
Кара жаак айбалта
Алакеңдин билегинде чалынуу,
Эки миздүү зулпукор
Кынынан даяр алынуу.
Кечээ сары талдан сайдырган,
Талы калып турганда,
Сар алтындан жасаган
Тагы калып турганда,
Чачып ийген жыйганды,
Издеп гана жалгыз ыйманды.
Аябаган дүмөктү
Сала келген эмеспи.
Жобо жоого атычу
Карыкандын сыр бараң
Белекке кармап Бээжинден,
Берениm Алмам көйкашка
Ала келген эмеспи.
Асынганда сыр бараң -
Ай далынын айнеги,
Атышкан жоого киргенде
Аманат эле жандын эрмеги,
Ойногондо очогор,
Чындаганда жоо бузар,
Сыр найза колдо былкылдап,
Алтын ооз сыр бараң
Ай далыда жаркылдап.
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Кирпигинде кири жок,
Кан Азиздин жалгызы
Оозунан көк жалын чыгып шыркырап,
Каалгадай кайран тиш
Таруудайдан быркырап:
«Алакандай ыслам

Алдырып кантип турам, - деп,
Айлам бир жетсе кытайды
Бээжинге чейин кырам, - деп,
Алты сан кара капырга
Атышып согуш кылам», - деп,
Алакең кирди согушка.
«Караан болуп бербестен,
Кантип тирүү турам», - деп,
Кан Балтайдын Чубагы
Каны кирди көрдүңбү.
Баабединдин Байчоро,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Ырамандын Ырчы уулу,
Төө көтөргөн Акаяр,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Бөрк ал десе, баш алган,
Ок кеч десе, чок кечкен,
Доодон кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра кайтпаган.
Ат семирип ык болгон,
Жалгыз жүрүп кырк болгон,
Мекен кылган Таласты,
Кан көтөрүп, шер кылган
Как көк жал Манасты.
Ак маралга уу кылган,
Кез болгон жерин чуу кылган,
Кырк кыраандын баары бар,
Кымбаты Чубак, Алмамбет
Кыраандардын баары бар.
Кошой, Төштүк аты уйкаш
Эки түгөй кан келген,
«Ажал жетсе өлөм, - деп,
Алакандай ысламга
Өлбөй жүрсөм кайран жан
Ыймам болуп берем», - деп,
Мекеден келген Айкожо,
Ошондо ыймамдыкка ал келген.
Эйбит кандын эр Үрбү,
Эштектердин Жамгырчы,
Каны мыктуу Коңурбай
Карып кылып жер жүзүн,
Каптап эле кытай алганда,
Чоң кандардын баарысы
Чогулушуп күйүнүп,
Чоң тозок түшүп башына,
Чогуу эле жандан түңүлүп.
Түңүлө турган себеби -

Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Топурак жайнап, тоз учуп,
Элден бир жан көрүнбөй,
Боз ала желек туу болуп,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Агала желек кара туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Чоң казаттын өзү экен,
Капыр менен бусурман
Кез келүүчү кези экен.
Кандуу кангаканышып,
Кайра тартпай эрендер
Качпай туруп салышып,
Эрендин баары жадашып,
Кадимкидей эрендер,
Кара темир сыр найза,
Качпай туруп эрендер
Как жүрөккө мадашып.
Жердин үстү күрүлдөп,
Элдин баары бириндеп,
Ошондо алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Токсон калдай, бул жалгыз
Тозуп жүрөт Алакем.
Оңго ооп сайганда
Он нечесин кулатып,
Солго ооп сайганда
Солтондорун сулатып,
Ошо казат ичинде
Уй куймулчак Сарала
Токуп жүрөт Алакең,
Уйба деген дубаны
Уйгу-туйгу түшүрүп
Окуп жүрөт Алакең.
Орто жерин Алмамбет
Оюп келип берди эле,
Тегерегин кырк чоро
Союп келип берди эле,
Как ортосун жети кан
Талап келип берди эле,
Бир бөйрөгүн Чубагы
Сабап келип берди эле,
Кашат жагын Ажыбай
Камап келип берди эле,
Бир бөйрөгүн Кыргыл чал
Кырып келип берди эле.
Талаанын баары чаң болуп,
Түзөңдүн баары кан болуп,

Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болуп,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү боо болуп,
Эрендердин баарысы:
«Ыслам!» - деп бакырып,
Кайра тозуп кытайды,
Бээжинди көздөй сапырып.
Каканчылуу Бээжинди,
Какайлатып кытайды
Кайра айдап сүрдү эле.
Камгак учкан эмедей,
Каршы-терши түшүрүп,
Камап айдап жүрдү эле.
Айза жеткен жерлерин
Айза менен уратып,
Бет алдына келгенди
Болот менен кулатын,
Жетиктеп белин курчанып,
Жети сан кара кытайга
Жеке аралап кол салып,
Толтура кытай кайран журт,
Толкуп каптап келгенде,
Манжуу деген бир кытай
Баштап каптап бергенде,
Кара калмак, маңгул журт
Каптап уруш салганда,
Шибээ деген бир уруу
Капталынан качырып,
Ал дагы каптап алганда,
Солоон деген эл экен,
Каканчылуу Бээжин журт,
Соолбогон кен экен,
Катын кандан тыргооттор
Каптап эле калган кези экен.
Калың кытай жабылып,
Кайран Калча эр көк жал
Кайтып айдап тозгон соң,
Токсон Бээжин козголгон.
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр,
Күркүрөп аккан селди көр,
Селчелик кытай элди көр!
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Ай көрүнбөй тумандап,
Айдын көзү билинбей,
Күн бүлбүлдөп көрүнбөй,
Күндүн жүзү кир болуп,

Күчөп кытай келгенде
Жер жүзү менен бир болуп,
Жер айланып толгонуп,
Жеткилеңи Чоң-Бээжин
Жер жүзү менен бир болуп,
Кабар алып Карыкан
Каны жаман тарыган.
Ачуусу келип абыдан,
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Күн батыш жагын ачыптыр.
Көптүгүнөн кытайлар
Кумурскадай ташыптыр.
Канынан буйрук барган соң,
Түтүнгө берген бир жигит,
Эми салым алган соң,
Каптап кытай каканчын
Казатка жетип калган соң,
Түрдүү-түрдүү кытайлар
Түрдөнүп баары көрүнгөн.
Мунун түрүн көргөндө
Алакандай дин ыслам
Асыл жандан түңүлүп,
Алда эче бөлүнүп,
Ошондо кан Азиздин Алмамбет
Коштоп алган буудан жок,
Кокуй күн жанга күч кылып,
Кытай кыстап турганда
Кабылан Сыргак бала жок.
Берен Алмаң жалгыздын
Берендиги сында жок,
Белине таңуу кылуучу
Берен Сыргак мында жок.
Кан Коңурбай баш болуп,
Качырып кытай жетти эле,
Кызырдуу Алмаң көк жалды
Кыйкырып кытай журттары,
Кырк эки гана курчап кетти эле.
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Өлбөй-житпей Алмаңдын
Коюлуп көзү киртейди.
Козголуп кытай кеткенде,
Алакеңе жетимиш айза бир тийди
Казылып кетти калың ор,
Курчады кытай кырк сан кол.
Алты миң кытай, сан калдай,
Аралаш кирди Алмаңа.
Ак сакалы Коңурбай:
«Демге койбой жеткин, - деп,
Качып жүргөн качкынды

Азыр байлап кеткин, - деп,
Башына коок кийгизип,
Карыкандын алдына
Тирүүлөй айдап баралык,
Балбандын баарын кыйратты,
Арамдан тирүүлөй өчтү алалык», -
Коңурбай бу кабарын бергенде,
Кылкылдап кытай жүгүрдү,
Кыйналып кетип кайран баш,
Алакең, кызыталак жандан түңүлдү.
Түңүлө турган себеби,
Турнадай кайран шер
Бүткөн бою дал болгон,
Кызмат берчү эки кол
Былкылдабай шал болгон,
Алмадай болгон кайран баш
Алда нече кан болгон.
Кытай каптап алганда,
Ээр белдей белести
Күлүгүнөн Сарала
Өлгөндө араң жөлөнүп,
Сараланын эчкидей болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Уй куймулчак Сарала
Араандай оозу ачылып,
Канга аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып,
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Баскан жери быркырап,
Таш аралаш даңканы
Асыл Алмаң төрөңдүн
Төбөсүндө чыркырап,
Казык моюн Сарала
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Бууданың ошо күнү байкасаң
Башын жерге салыптыр,
Желгенине жел жетпей,
Жеткилең чуркап алыптыр.
Замана жаман тарылып,
Өзү жалгыз кайран шер
Саралага жалынып.
Жалына турган себеби:
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошкон.
Кызыл канга чөмүлүп,
Кынап жүрөт Сарала.

Ошо күнү жаныбар
Башын жерге салыптыр,
Эти кызып алыптыр.
Күн айланып тутулду,
Күндөп-түндөп жол тартып,
Күлүк экен Сарала
Өлгөндө качып кутулду.
Токсон күнү аралап,
Алакең чыкты бир жайдан
Тогуз жерден жара жеп.
Баякы кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу,
Кайран жеңең Каныкей
Алты айчылык азапка
Болжоп берген эмеспи,
Себеп деген бир дары
Алмамбет асыл аяшын
Сыйлап берген эмеспи:
«Бели катуу Бээжин шаар
Бек азапка барасыз,
Бейпайга Алмам каласыз,
Мээнеттүү жанга күч келип,
Бейжай болуп турганда
Таңдайыңа саласың,
Ооруган жериң басылат,
Умачтай көзүң ачылат».
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Ыйлап берген эмеспи.
Аманат кылып табыштап,
Алакеңдей төрөгө
Сыйлап берген эмеспи.
Багдат менен Мысырды
Катар баарын чалдырган,
Жер жүзүнө кабарды
Жеткилең жеңең салдырган.
Ошол Меке шаарынан
«Эбеп» деген бир дары,
«Себеп» деген бир дары,
Ошондо, Каныкей жеңең алдырган.
Эки жол бармак башындай
Көйкашка таңдайына салды эле.
Ошондо ооруган жери басылып,
Алакеңдин умачтай көзү ачылып,
Жетимиш күнү аралап,
Жети жерден жара жеп,
Чубагы чыкты бир жайдан.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,

Кара буудан күлүктөр
Кызыл болуп калыптыр.
Манас кандын кырк кыраан
Өткөрө кыйын салышып,
Берендер ажырашып калыптыр.
Чөл-Майдан деген талаа бар,
Кырк чоронун эчен жерде жара бар,
Ажыбай, Шууту каны бар,
Арт жагына карасаң
Бүткүл дин ыслам журттун баары бар.
Акылдан кетип алтаңдап,
Айла таппай калтаңдап,
Алмамбет, Чубак шери жок,
Айласын таппай бусурман
Качып эле калган кези экен.
Орто жерин Коңурбай
Ойгулап кууп алыптыр.
Эки четин Эзкара
Эшип чыгып келатат,
Аттан түшүп калганын,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Казыналык балбандар
Баштарын кесип чыгып келатат,
Алакандай бусурман
Астыга салып ийирип,
Тийип чыгып келатат.
Көп токтобой бусурман
Сырт жагынан көп капыр
Сүрүп чыгып келатат.
Эчен күлүк тулпардын
Ээр токуму боорунда,
Коштоп чыгып келатат.
«Эсил кайран бир боорум
Кытайдан өлүм болду», - деп,
Боздоп чыгып келатат.
Кошой, Төштүк эки кан
Козголоң салып көп кытай
Артынан кууп алганда,
Эс таба албай элтеңдеп,
Качып келет бусурман,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Топтоп качып келатат.
«Кабылан Чубак, Алмамбет
Каным кайда кеткен?» - деп,
Жоктоп качып келатат.
Бусурманды көргөндө,
Буудандын оозун бура албай,
Бууругуп ыйлап өпкөлөп,
Бууданың Алмаң тура албай,

Айза кармап сабылып,
Жанындагы кырк жигитке жалынып:
«Айланайын кырк чоро,
Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда
Калың аргын ой тартып,
Конуп аткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп аткан кезинде,
Ок өтпөс кара калпакты
Кырдап турган кезинде,
Кошо билип кыргызды
Жыргап турган кезинде,
Омбуну бузуп олжо алып,
Ортосун бузуп жол салып,
Меке дылда кылымды
Чалып турган кезинде,
Алты-Шаар, Коконду
Айдап-сабап ошону,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Айда салып алымды,
Алып турган кезинде,
Жабылып баарың турганда.
Жаяны кесип жечү элем,
Жабыркатып жанымды
Жаң-жуңду бузам дечү элем.
Кара болот зулпукор
Коолошүп кетем дечү элең,
Кытай бир турмак кылымга
Сен жөөлөшүп кетем дечү элең,
Ойлонуп кылган ок өтпөс
Кийишермин дечү элең,
Алакандай дин ыслам
Азап түшсө башына,
Он сегиз миң ааламга
Тийишермин дечү элең,
Айза кармап жоо келсе,
Азаптуу жерден доо келсе,
Айзалашып кыйкырып,
Озуп алам дечү элең.
Кыр жагыңда кытайдан
Кыйын кыстоо иш келсе,
Кылчайбай кирип атышып,
Кызыталак, тозуп алам дечү элең.
Ок өтпөгөн асыл тон
Кийишермин дечү элең,
Мүшкүл иш көрсө бусурман
Бурулбай кирип атышып,
Сен тозуп алам дечү элең.

Ажалдуу киши өлбөйбү,
Азапты мендеси чиркин көрбөйбү,
Батырбайбы кара жер,
Киргизбейби казган көр!
Өлүм деген чоң конок,
Өлбөгөн жандын баарысы
Тирүүсүндө жутунат,
Жараткан жапар жалгыздан
Жакшылап буйрук келгенде,
Жебирейил жан тарткыч
Беш колун мыктап сунганда,
Кызарган өңүң тутулат,
Ушу турган өлүмдөн
Баатырлар, кайсы жан качып кутулат?
Түнөрүп келген капырга
Түз кирип айза суналык,
Түйшүгү кымбат тозоктон
Жигиттер, жанды бир азат кылалык!
Каптаган кара капырга
Качырып кылыч суналык,
Кабары кымбат тозоктон
Жигиттер, жанды бир азат кылалык!
Каптаган кара капырга
Калайман согуш салалык.
Азганакай ыслам
Ажыратып албасак
Наадандыкты билбейби,
Токонаалат дегенди
Мойнубузга илбейби.
Айтылмышы чын болсо
Таңда магшар күнүндө:
«Бизди сала бердиң», - деп,
Атышып өлгөн бусурман
Бизди, кара эшек кылып минбейби.
Толкуп келген капырга
Токтобой уруш салалык,
Толуп жаткан бусурман
Баатыр ай, ажыратып алалык.
Өлгөнүнөн калганы
Ыслам качып барбайбы:
«Өзү Манас жок эле,
Бизди кырдырып ийди чоро», - деп,
Ошондо өсөк эле кылып салбайбы!
Ушактап журтуң жебейби,
Кабыланы мында жок,
Кызыталак кырк чоро
Качып өлдү дебейби,
Кыркы кырк жерден келген дебейби.
Кызырлуу Манас анда жок,

Кыялында кырк чоро
Моминтип бизди жебейби».
Азизкандын Алмамбет
Арсландай чамынып,
Манас кандын кырк бөрү
Артынан кирди жабылып,
Мекеден келген жети эшен
Жети жерге орнотуп,
Жеткен жерде кыраандар
Кытайды жеткен жерде сойлотуп.
Күн эсебин алган жок,
Күнүгө тынып алган жок,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Күндө гана тынып алган жок,
Алмамбет, Чубак, кырк чоро
Баатырлар, өлгөн менен арман жок.
Эрендер: «Ыстам!» - деп бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Кайнаган кара капырды
Казатка кирген кайран эр
Кайра айдады сапырып.
Кан Коңурбай баатырды,
Кайра айдады сапырып.
Уйгу-туйгу айдашып,
Кез болгонун жайлашып,
Өткөөлдүктүн түзүндө
Кытай кайнап калыптыр.
Жайнаганга көз салса,
Аргын кан уулу Ажыбай
Ылама деген калмактын
Колуна түшүп калыптыр.
Башына коок кийгизип,
Ажыкеңи кытайлар
Тирүүлөй байлап алыптыр.
«Алмамбет, Чубак эгизим,
Эгизим качан келет», - деп,
Ажыкеңин эси гана ооп калыптыр.
Көзү кеткен алактап,
Ажыкеңин эки буту салактап.
Ээр белдей кызыл чөл
Алдында барат Алакең,
Колго түшкөн Ажыңдын
Жанында барат Алакең.
Ажыкеңди көргөндө,
Аянбай сунуп айзаны,
Бели ар жакта мекчейип,
Эки көзүн карасаң
Тышына чыгып чекчейип,

Айза колдо арбайып,
Акбалтайдын Чубагы
Ажыбайлап кыйкырып,
Ал дагы качырып калган дардайып.
Жеткилең кыраан, Алмаң шер
Чоң Ылама калмакка
Жеткен жери ошо жер.
Колундагы сыр найза
Козголбой кармап Алакең,
Саралага камчы уруп,
Жебеден мурун жетти эми:
«Кендир курдун чети, - деп,
Оң далынын бети», - деп,
Кыска кармап айзаны
Алакең, муштап келип өттү эми.
Алакең муштап өткөндө,
Чоң Ылама калмактын
Ээринен эп кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти.
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап,
Шашкан бойдон бакырып:
«Мөндүлөп!» - ураан чакырып,
Айласы кетип турганда,
Акбалтайдын Чубагы
Ойронуң Чубак жетти эми,
Ойкуманы колго алып,
Жеткен жерде Ылама
Мөндүрдөй каны бөгүлдү,
Учуп түшүп кайран баш,
Бөксөгө каны төгүлдү.
Сараланы койгулап,
Кайра тартып калмакка
Кабылан Алмаң жетти эми,
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Калмакты сүрүп эле кетти эми!
Азизкандын Алмамбет
Ойкуп-ойкуп алганда
Он экиси бир өлдү.
Ойрон Алмаң көйкашка
Ажыбайга жетти эми.
Жеткен жерде Ажыңды
Жембаштыктай бөктөрүп,
Ажыкеңди Алмамбет
Иле качып өттү эми.
Ошондо алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Коңурбайды көргөндө,
Алдындагы Сарала

Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Жеткилеңи Алмаң кан
Коңурбайга жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден Калчаны
Алгаранын үстүнөн
Көмө коюп кетти эми.
Чаначтай мурду барбайып,
Алгаранын үстүнөн
Учуп кетти Коңурбай,
Опол-тоодой дардайып.
Кайдан жетти билбеймин,
Кан Балтайдын Чубагы,
Жеткилең Чубак кайран эр
Ошондо Коңурбайга жетерде,
Эми жетип эле башын кесерде,
Ошондо Коңурбайдын кырк төрө
Чубакка жабылып айза салганы,
Аттан түшкөн Калчаны
Алпарып атка мингизип,
Ажыратып алганы.
Алтымыш аяр, сан мерген,
Аксакалы Кожожаш,
Адырдан тозуп калганы.
Кожожаш мергендиги ашынып,
Белесте турган зоңкок тоо
Бетегеге жашынып,
Кызыл-тазыл кийинип,
Жебеден мурун жүгүрүп,
Желгенине жел жетпей,
Маңышына мал жетпей,
(Кыр-кырдан кытайлар качып
Дыр койду)
Кылычтап Чубак жүргөндө
Ошондо Каражой уулу Кожожаш
Жашыл кийип кубулуп,
Алдындагы Чубакты
Баатыр ай, аңдып эле калган кези экен.
Ошондо бармагынан май чыгып,
Каарданган капырдын
Тырмагынан кан чыгып,
Аңтаңдап шашып сабылбай,
Тиктеген жерден жаңылбай,
Иттин белен турган машасы,
Мергендикке тазасы,
Акбалтайдын Чубагы
Баатыр ай, жеткен экен казасы!
Камчы бою капталдан,
Колунда болот ок менен

Ошондо камбыл мерген бир койду!
Баатыр ай, очогор тийди бооруна,
Чубактын от чагылды төшүнө!
Ошондо өлөр-өлбөс жан менен,
Жер көрүнбөс чаң менен,
Бээжинден алган сары алтын
Чачып кетти көрдүңбү,
Коркок болуп Чубагың элине
Качып эле кетти көрдүңбү.
Ошондо бийөнгө тийип белине,
Кан Балтайдын Чубагы
Качып эле кетти элине.
Ит-Өлбөстүн жалгыз жол
Сала качып кутулду,
Аркалуу күлүк Көгала
Акбалтайдын жалгызын
Баатыр ай, ала качып кутулду.
Алакандай дин ыслам
Кайра тартып дыр койду,
Чочко, жашылды кийип кубулду,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жедигердин эр Шыгай,
Экөөнү катар бир койду.
Катагандын кан Кошой,
Эштектердин Жамгырчы,
Бокмурун менен эр Шыгай
Экөө окко учканда,
Калып калган жети кан
Кайрат кылып баарысы,
Ичинде Кошой карысы,
Кожожашка жабылды.
Кожожашка жабылып,
Козголоң салып согушса,
Каражой уулу Кожожаш
Караса көзгө илинбейт,
Айласы жетик артык ит
Кайда экени билинбейт.
Адырга чыгып кутулуп,
Жайнап жаткан бурутка
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Адис болгон кыйын ит
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Болот октуу сыр келте
Үнүн үнгө коштуруп,
Аны менен миң атып,
Анын огу жеткиче,
Колундагы сыр жебе
Муну менен жүз атып,
Араан ооз ак жебе

Аны менен элүү атып,
Астындагы сыр келте
Аны менен кырк атып,
Жайнап огу тийгенде,
Ошондо кабылан Серек эр өлүп,
Төлгөчүдөй бөрү өлүп,
Көк жал өлүп, сан өлүп,
Төө көтөргөн Акаяр
Балбандары дагы өлүп,
Арча кандын Акжолтой
Ок жаңылып ошо өлүп,
Төгөрөктүн төрт бурчка
Төптөп кабар берчү эле,
Төрө Шууту дагы өлүп.
Аркан үзөр Акжолтой
Манаска жакын бала өлүп,
Баабедин кандын Байчоро
Ошондо Байчоро бала дагы өлүп.
Ошондо жалгыз Алмаң көйкашка
Ошондо Бээжинге кирип кайрылып,
Жалгыз калды Алакең
Берендерден айрылып,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көк жалың Алмаң эр жалгыз
Көзүнүн жашы он талаа!
Каарданып кагышып,
Алдыңкы кара көп калмак
Качпай туруп салышып,
Бадышалап бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Алдыңкы кара капырга
Алакең айдап эле жүрдү сапырып.
Каканчылуу Бээжинди,
Алакең какайлатып кытайды
Камап айдап жүрдү эле,
Ит-Өлбөстүн чөлүнөн
Ары өткөрүп Алмаң кан
Айдап келип ийди эле.
Анда-санда бакырып,
Кара талдай капырды
Кайра гана айдап сапырып,
Арт жагынан кырк чоро
Такоол болуп калыптыр,
Талоон болгон кытайдан
Алакең Чубактын өчүн алыптыр.
Бодур кумга келгенде,
Боз атчанын бир кырган,
Капчалга кирип келгенде,
Каны түшүп колуна,

Ошондо Кара атчанын бир кырган.
Алакең Сарала менен зыргытып,
Бет алышкан кандарын
Белге муштап Алмамбет,
Ошондо жем баштыктай ыргытып.
Орто жерин Алмаң шер
Оюп калган кези экен,
Ошондо бир чекесин кан Төштүк
Союп калган кези экен.
Как ортосун кырк берен
Камап алган кези экен,
Атын жыйнап бусурман
Талап калган кези экен.
Сайлар толуп тоңкоюп,
Толуп калган кези экен,
Кызыл алтын зер алып,
Өлгөнүнөн калганы
Капырай, оңуп калган кези экен.
Асылың Алмаң киргенде,
Бээжинди көздөй тийгенде,
Калың кытай, көп манжуу
Акылы кетип антаңдап,
Шашып калган кези экен.
Куюшканы үзүлүп,
Ээри кеткен мойнуна,
Баатыр ай, шашып жүргөн мындан көп.
Басмайылы үзүлүп,
Эс таба албай энтеңдеп,
Качып жүргөн мындан көп.
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйыны кыргын болгон жер,
Таш сайынган кытайдын
Далайы гана кыргын болгон жер.
Ошондо Жаң-Жуң баштап каны өлүп,
Капырлардын эр Кара балбандагы өлүп,
Жаңгыз калды Коңурбай.
Жапаа тартып кыйкырып,
Жаман болду доңуз ай.
Алгаранын оозун
Буруп жүрөт Коңурбай,
Ошондо токмоктой болгон айдар чач,
Токтоно албай кыйкырып,
Жулуп жүрөт Коңурбай.
Айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыктуу кул,
Каарданып сабылды,
Ошондо Кожожашка жалынды:
«Бөлөгүн айтып нетейин,
Баатыр, өлөңдөн күйгөн өрт жаман,

Өңгөчө өздөн чыккан жоо жаман,
Сырдашың гана жаман, сыр жаман,
Сырыңды билип кетти эле,
Жанагы сырттаның Алмаң ит жаман!
Жана ачмак болду уйкумду,
Жана Эртиштен тийип жылкымды,
Алты ай Бээжин кан болуп,
Көмүрдөй чачты мүлкүмдү,
Кырды эчен журтумду,
Бел байлаган белимди,
Өрттөп ийди ал качкын
Бекип эле жаткан жеримди.
Кароолдун баарын жай кылды,
Кадимки Манас төрөсүн
Бээжинге минтип кан кылды.
Татытып эчен тузумду,
Талап эле кетти кызымды.
Ачып кетти уйкумду,
Башта кырк кан журт элек,
Баатыр, кырып кетти журтумду.
Айтканыма көнө көр, баатыр,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Алмамбет гана атып бере көр!
Алмамбет атып өлтүрсөң,
Жакшы кан Манас султанын
Баатыр ай, тирүү кармап алабыз,
Бээжиндеги сексен кыз
Баатыр, алпарып айгыр салабыз.
Ошондо эркек төрөсө
Каканчылуу Бээжинге
Кан көтөрүп салабыз!»
Акылын Калча айтканча,
Аңдып жүргөн Алмамбет
Кылыч колдо кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап,
Сыр найза колдо ороктоп,
Ошондо белди бекем байланып,
Күүгүм туман көздөнүп,
Түн жалаңгыч түрдөнүп,
Ошондо күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Жетип калган кези экен.
Ач арслан түрдөнүп,
Асты жагын карасаң
Алты миң эрдин сүрү бар,
Аркасына карасаң
Ажыдаардын түрү бар,
Ач болотту шайланып,
Оозунан заары төгүлүп,
Белестен чыкты оркоюп,

Ажыдаардай көрүнүп,
Алмамбет түрүн көргөндө,
Калча кул акыл ойлоп калды эми:
«Астындагы Сарала
Жарышкан менен мал жетпейт,
Бу каарданган качкынга
Салышкан менен ал жетпейт,
Качымыш эле болуп калайын,
Муну калың бир шорго малайын.
Колума тирүү бул тийсе,
Иттен капкайдагы өчтү алайын.
Жети баса бир кыйнап,
Муну үшүнтүп өрткө салайын!»
Ошондо белеске чыгып Алмамбет
Сыр бараң менен бир койду,
Каарына чыдабай
Качып манжуу дыр койду.
Ээр белдей белести
Ашып калды Коңурбай,
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Качып калды Коңурбай.
«Манжууну кудай бергин», - деп,
Тегерегин карабай,
Чындап кууду Алмамбет
Тегеле жанын аябай,
Жете албай Алмаң сабылып,
Саралага жалынып:
«Бүгүн убарлашым Сарала,
Башыңды жерге сала көр,
Аркардай арыш ала көр».
Астындагы Сарала,
Алакең Сарала санга салды эми,
Ошондо чаң созулуп калды эми.
Ит ай, эңкейишке келгенде,
Эр Калчанын Алгара
Эликтей колу сайылып,
Өр таяна бергенде
Алакеңдин Сарала
Жал, куйругу жайылып,
Чыңк ылдыйга киргенде,
Коңурбайдын Алгара
Букадай мойну бултулдап,
Өр таяна бергенде,
Алакеңдин Сарала
Чакмактай көзү жылтылдап,
Капырыңдын Алгара
Эңкейишке киргенде,
Узап кетет закымдап,

Өр таяна бергенде
Алакеңдин Сарала
Жетип барат такымдап.
Баатыр ай, Күрпүлдөктүн кайкы кыр
Эңкейтип кууп алды эми.
Кубалашкан какыр түз,
Ошол какыр түзүндө
Суур казган ийин жок,
Буурусун тийген чийин жок,
Жилик чагар ташы жок,
Аңгек, чуңкур аң да жок,
Түз талаага келгенде,
Алапайын таба албай,
Асыл Калча эрениң
Жетмек болду жакындап.
Сарала менен чу коюп,
Асыл шериң жетти эми,
Жеткен жерде Калчаны
Оң далынын күзгүгө
Алакең оңтойлоп муштап кетти эми.
Ошондо астындагы Сарала
Муштаганда Калчаны
Аргып-аргып түйүлүп,
Ошондо сынып кетпей сыр найза
Түпкүч эле болуп ийилип,
Эси ооп Калчанын
Ээринен эр кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Көзү кетип алактап,
Буту кетип салактап,
Сан манжуу, черик кайдалап,
Айласы кетип Коңурбай
Куюшканды кармалап,
Бегирээк кейип бакырып,
«Мөндүлөп!» ураан чакырып,
Эстесе сөзү кеч болуп.
Акжолтой тууган Алакең:
«Түп этектен алсам», - деп,
Эки көзү төрт болуп,
Колума тийсе капырды
Курмандыкка чалсам, - деп,
Ичиндеги кара кан
Кочуштап жутуп алсам, - деп.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Этектен кармай каларда,
Узунунан саларда,
Койдой башын кесерде,
Коондой ичин жararда,

Ошондо, Аргынкан уулу Ажыбай
Желиккенден кыйкырып:
«Алаке!» - деп чакырып,
Ээликтирип жулкунтуп,
Азиз кандын беренин
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Кайра тартып жетелеп,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Андай кылган себеби,
Кызыккан бойдон Калчаны,
Кызырдуу Алмаң кайран шер
Кыйындап кууп алыптыр,
Бээжиндин дүмөк капкага
Алакең жарым бута калыптыр,
Кытай кармап союуга
Алакең жакындашып калыптыр.
Бул азабын көргөндө,
Аргынкандын Ажыбай
Алакеңди кыйкыртып коштоп алыптыр.
«Алаке, казып койгон ору бар,
Качымыш болуп Коңурбай
Кайната турган шору бар.
Балта менен чабуучу
Байкасаң эчен зору бар.
Коңурбайдын кара аты,
Кара атынын бар эле
Капталында канаты.
Ирмешине көз жетпейт,
Учкан карга болбосо,
Мындан бөлөк жан жетпейт.
Кечилдин каны Коңурбай
Боо алышкан менен ал жетпейт.
Кубалай берсең теңелип,
Ачуу шайтан, акыл дос,
Алөөкөнүн Коңурбай
Тирүү кармап албайбы ай!
Эки көзүң тең чукуп,
Бул азапка салбайбы,
Капкайда кегин албайбы,
Балааны мындай салбайбы!
Сыргак, Чубак эриң жок,
Алаке, түбү түптүү капырга
Теңеле бербе жөнү жок,
Бел байлаган белиң жок,
Белиңе таңуу кылуучу
Берениң Сыргак шериң жок.
Карагандан как жалгыз,
Ушунтип кайрыларың дагы жок.

Камыга бербе жөнү жок!»
Кайраттуу акыл көп айтып,
Кабылан Алмам - деп айтып,
Камбардай болгон Алмаңды
Кайра салып жетелеп,
Кайнап жаткан калың кол,
Казылуу жаткан кымбат жол,
Кан Кожожаш баш болуп,
Алмамбет менен Ажымды
Каптады белем ошо жол!
Калың кытай, Кожожаш
Балааны башка салыптыр,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Азизкандын жалгызын
Капырай, тегеректеп алыптыр.
Каз айланбас зоо жок,
Жанына караан кылуучу,
Кабылан Манас тоо жок.
Бел байлаган бели жок,
Бет алышкан кыргында
Беренинин бири жок.
Чоң казат жайын сураба,
Кырылган адам сында жок,
Кыйкырып караан болучу,
Кымбаты Сыргак мында жок.
Ободон жылдыз козгошкон,
О дүйнөлүк достошкон,
Ойрону Чубак эри жок,
Оркоңдоп чыгып атуучу
Ойрон Манас шери жок!
Карга айланар тоо таппай,
Караан болуп берүүчү
Кадырман султан эр таппай,
Күн мезгилин албастан,
Күнүндө тынып калбастан,
Күндөп-түндөп салышып,
Жан таба албай турганы.
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Качып кеткен кези экен.
Аргынкандын курганы,
Алышып жеке турганы,
Азизкандын тынары,
Атышка кирсе акжолтой,
Асылы канбай кумары.
Сарала менен ойнотуп,
Кез келгенин сойлотуп,
Жети миңин майдалап,
Жеткен жерден айзалап,

«Жеткилеңи Кожожаш,
Ошол чочко кайдалап? »
Кандуу согуш, чоң майдан,
Кан акты белем, кең сайдан!
Жүгүрсө тынбай жөлөнүп,
Эти кызып алыптыр,
Жем баштыктай кайран баш
Капкара канга бөлөнүп,
Өөдө-төмөн карабай,
Кан Азиздин жалгызы
Өлөмүн - деп санабай,
Тегерегин карабай:
«Ок жаңылып кетет, - деп,
Ажалым минтип жетет», - деп,
Кытайдан коош санабай.
Күчөп кирди Коңурбай,
Ай Жаң-Жуң баштап карысын,
Алек кылып талкалап,
Келгендердин баарысын,
Кетирип кытай каруусун,
Салышып жүргөн себеби,
Алакең эрдин жөлөгү,
Бучкагына теңебейт
Жалгыз Кожожаштан бөлөгү.
Теңелбеген себеби,
Уй куймулчак Сарала
Токуп кеткен эмеспи,
Ажыдаардын алдынан
Атышчу зыйкыр окуусун
Алакең окуп кеткен эмеспи.
Ич этинен суп көйнөк
Алакең кийип кеткен эмеспи.
Атышуучу амалын
Кытайдын билип кеткен эмеспи.
Айры белес кезеңди
Ашкандан Алмаң коркпогон,
Алтын менен дилдесин
Чачкандан Алмаң коркпогон.
Кара кытай, манжууну
Айдаштан Алмаң коркобу,
Колуна тийсе Коңурбай
Жайлаштан Алмаң коркобу!
Кытай милек сында жок,
Баягы кылчайбай кеткен турбайбы,
Кырк чоро кыраан мында жок!
Кызыл айза зулпукор
Кынап жүрөт Алмаң шер,
Баягы кыйрашкан кыргын казатта
Чыдап жүрөт Алмаң шер.

Темирден тарткан капырдын
Торунда жүрөт Алмаң шер,
Кара калмак, шибээнин
Колунда жүрөт Алмаң шер,
Күнү да жок, түнү жок,
Күн мезгилин алган жок.
Азизкандын чолпону
Капырай, өлгөн менен арман жок.
Ит-Өлбөстүн чөлүндө.
Күркүрөгөн Күн Жаң-Жуң
Күчөп кыргын саларда,
Азизкандын Алмамбет
Айлакер эриң жетти эле,
Күпсөрдөй болгон Жаң-Жуңду
Боз кериктин үстүнөн,
Болжолу жок кайран шер,
Көмө коюп өттү эле.
Алакеңдин ач албарс
Кызыгып кындан тартканда,
Кан ичпей кынга кирбеген,
Ирмесе куру кайтпаган,
Таш чапса бөлбөй жүрбөгөн,
Ойкуманы колго алып,
Ошо тушта манжууга
Ойронуң Алмаң жетти эле,
Жеткен жерде Жаң-Жуңду
Он эки бөлүп кетти эле.
Күн Жаң-Жуңу өлгөн соң,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жалгыздыкты көргөн соң,
Каарданып бакырды,
Кожожашты чакырды.
«Бел байлаган белимди,
Бейлеп турсаң Кожожаш,
Кырып ийди бу качкын
Мелтиреген шеримди,
Калың казды орумду,
Кайнатты далай шорумду,
Кырып ийди көрдүңбү,
Кыйла кытай зорумду.
Жүргөнүнөн чаң чыкты,
Добушунан жан чыкты,
Умачтай ачты уйкумду,
Упурак кылды журтумду!
Алмамбет көздөп албасаң,
Каканчылуу Бээжинди,
Какайлатып кытайды,
Сараласын минет ко,
Санат кылып журтуна

Сандатып айдап кирет ко.
Кудай бу качкын кулду урат ко,
Каканчылуу Бээжинди
Ачуусу келсе бу качкын
Айдап жүрүп кырат ко,
Бейпайды чогуу салат ко,
Өлчөөсүн көрчү бу качкын
Өлбөгөн жерде калат ко,
Эптеп жүрүп мент кылып,
Эчендин башын алат ко».
Оозун жыйып алгынча,
Алты миң кытай, сан калдай
Аралап кирип кол салган,
Алакең сындуу эр кандай.
Астында тулпар Сарала,
Ит-Өлбөс деген талаада,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткилең туйгун Алмаң шер
Алгаранын үстүнөн,
Арсландай Калчаны
Көмө коюп өттү эле.
Калчасы аттан түшкөндө,
Алты миң калдай, сан кытай
Аралаша кол салып,
Жабылып кытай кеткенде,
Жаа тарткан айзакерлери
Жабыла баары жеткени,
Ойронуң Алмаң шериңди
Ортого алып кеткени.
Жаман жанга күч келип,
Айзалар сынып бүктөлүп,
Алат күн, дүйнө, оңбой кал,
Аманат жанга күч келип,
Алтымыш күнү аралап,
Асылың чыгып кутулду,
Алтымыш жерден жара жеп.
Жетимиш күнү аралап,
Алакең чыгып кутулду,
Жетимиш жерден жара жеп.
Бошоп Алмаң чыкканда,
Мөндүрдү көр, чокту көр
Бөлүнө тийген окту көр.
Жамгырды көр, жааны көр,
Жабыла тийген окту көр.
Жаңжуулап ураан чакырып,
Жабылган кытай колду көр,
Кожожаш өңдүү зорду көр,

Араан ооз ак келте
Ала коюп миң атат,
Ардыккан жок Кожожаш.
Колундагы сыр бараң
Козголуп алып Алмамбет,
Оңго ооп бир атып,
Он эчесин кулатып,
Солго ооп бир атып,
Алакең солтондорун кулатып.
Алыскы кара капырды
Мылтык менен койгулап,
Астына жакын келгенин
Алмаң сыр найза менен сойгулап.
Боз алалуу туу болуп,
Кытайлар бой-бойлогон чуу болуп,
Качып кытай сабылып,
Каран калган Кожожашка жалынып,
Какайлап кытай жүгүрүп,
Алмамбет түрүн көргөндө,
Кайран жандан түңүлүп.
Болот учтуу сыр найза
Болумдуу Алмаң төрөңүз
Болбой кармап имерип,
Бодурлуу кытай сан колдун
Тобун чечип жиберип,
Алты миңин майдалап,
Атышкан чочко кайдалап,
Жети миңин майдалап,
Жеткилеңи жанакы
Кожожаш акмак кайдалап.
Кылымдын баары козголуп,
Кырылып калмак, сан калдай
Тополоңу тоз болуп,
Бейжай кытай күчөптүр,
Бээжинден бери козголуп,
Каражой уулу Кожожаш
Каарданып туруптур.
Каныңыз Алмаң төрөгө
Катуу амалды кылыптыр.
Катуу амал кылган себеби,
Каражой уулу Кожожаш
Бээжиндин болгон жөлөгү.
Көк байталын токуган,
Алакеңден Кожожаш
Үч айча мурун окуган.
Адис болгон эр ошол,
Атка оюнчу, жөө күлүк
Амалды салар кези ошол.
Алтымыш күнү атышып,

Алдырбай койгон Алакең.
Караса көзгө илинбейт,
Капырлардын Кожожаш
Кайда экени билинбейт.
Чамасы кетип эндиреп
Азизкандын Алмамбет,
Астындагы Сарала
Башын жерге салалбай,
Баштагыдай арышты
Сарала буудан алалбай,
Жерден каптап чаң кетип,
Алакеңден ал кетип,
Баатыр Манас дагы жок,
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Байкаса чоро дагы жок,
Акбалтайдын Чубак жок
Ушундай мүшкүл көргөндө,
Ажыратып алуучу
Акжолтой Сыргак дагы жок.
Кылчайгыс кырк кан эл экен,
Кыстоо салып Алмаңды,
Тегеректээр кези экен.
Каарданып капырлар
Каражой уулу Кожожаш
Ортого алган кези экен.
Байгамбар ак, дини ак,
Бадыша Алмаң кайран шер,
Кырк уруу кытай кырылып,
Кыйының Алмаң келгенде,
Өлүгү тоодой жыйылып,
Кезиккен кытай чыркырап.
Алмамбет жалгыз болгон соң,
Бет алдына келгени
Качып кытай дыркырап,
Арсландай Алакең
Айдап кирип келгенде,
Бөлөк-бөлөк быркырап.
Толопоюн тоз кылып,
Токтотпой айдап капырды:
«Тобокел!» - деп, үн салып,
Бээжинди көздөй сапырды.
Кайраттанып каканчы
Калың кытай жыйылды,
Эл эсебин алганда
Эзкарасы баш болуп,
Кырк миң балбан кырылды,
Уялуу журт кытайдын
Урушу кайдан тыйылды.

Жаңгыз Алмаң көйкашка
Жалпы кытай жыйылды.
Жабылып кытай аянбай,
Жалгыз Алмаң берендин
Башына салды кыйынды.
Кара жаак ач болот
Колдо жүрөт кыңгырап,
Кожожаш менен Коңурбай
Бул экөөнөн башканы
Бучкагына теңебей,
Алакең жүрөт зыңгырап.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жалпы кытай жабылып,
Жөө күлүк менен Канжаркол
Бир жагынан камынып,
Алтымыш күнү алышты.
Бир жагынан Каражой,
Кытайлар аңдып калышты.
Алыш кылган чоң майдан
Кырк күнчүлүк чөл ошол,
Казасы жетип Алмамбет,
Каран болчу жер ошол.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Керүүдөн чыкты керилип.
Коңурбайды көргөндө,
Кан Алмамбет жалгыз кул
Каарданып тура албай,
Тирүү жүрсөм жыйган бер,
Өлүп калсам ыйман бер,
Сарала менен самсытып,
Санжыргалуу Алмамбет
Ачып көздү-жумганча,
Андай-мындай дегенче,
Коңурбайга жетти эми,
Жеткен жерден Алмаң шер
Алгаранын үстүнөн,
Кечилдин каны манжууну
Көмө коюп өттү эми.
Сарала менен бурулуп,
Кан Алмакең жеткиче,
Сарала буудан жүгүрүп,
Аласасы келген соң,
Айбандан күлүк Сарала
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жыгылып жетпей сүрдүгүп,
Мүдүрүлүп кеткенде,
Башында алтын калканы
Учуп жерге жеткенде,

Ат оюнчу, жөө күлүк
Казыналык чоң мерген,
Каражой уулу Кожожаш
Мергендикке тазасы,
Мелтиреп кармап сыр бараң
Белен турган машасы
Башында алтын калканын
Берен Алмаң көйкашка
Көтөрүп башка салгыча,
Аманат жанды бекитип,
Бек камынып алгыча,
Тартып ийди Кожожаш,
Талкан болду асыл баш.
Алакең окко учканда,
Капкараңгы түн болуп,
Кайрылгыс мүшкүл күн болуп,
Каргылуу жерден айрылып,
Алакең өтүп кеткенде,
Кайран шерден айрылып,
Дин бусурман кайгырып.
Кан Алмамбет өлгөндө,
Калайык ыйлап, кан ыйлап,
Дин бусурман баары ыйлап.
Ээр токум үстүндө,
Туйлап чыкты Сарала,
Жанбашка ок жаңылып,
Үч бут менен жүгүрүп,
Аманат жанды моминтип,
Кыйнап чыкты Сарала.
Бетеге башын кайсактап,
Оттоп чыкты Сарала.
Кулуну калган эмедей
Тура калып кишенеп,
Жоктоп чыкты Сарала!
Кыймалуу жактан чалдырып,
Кыйындардын баарысын
Кытайга белек алдырып,
Кайран башка күн түшүп,
Күн көрүнбөй түн түшүп,
Бээжинге кирип кайрылып,
Берендерден айрылып,
Каз айланбас зоосу жок,
Каранды тарткан бусурман
Ажыратып алуучу
Байкасаң,
Алмамбет баатыр тоосу жок.
«Алакандай бусурман
Эчен азап көрдү», - деп,
Алты күлүк ат менен,

Алакандай кат менен,
Эр Манаска чаптырып.
Ырамандын Ырчы уулун
Ычкыры түпөк төрт муундун
Айкырып салып кеп айтып:
«Арслан Манас, - деп айтып,
Бел байлаган белдерден,
Белгилүү Манас кабылан,
Айрылдык асыл шерлерден.
Ит-Өлбөстүн чөлүнөн
Согушуп жатып кайрылдык,
Алмамбет, Чубак арслан шер,
Улак кандын Сыргак эр,
Кырк кыраандын ичинен
Он экиден айрылдык,
Калыңдап казды оруңду,
Кайнатты минтип шоруңду,
Өлтүрдү Алмаң чоңуңду.
«Мекеге чейин кууйм», - деп,
Бейжайлуу кытай калың журт
Момундай салды сонунду.
Бейпай кылды белиңди,
Тополоңун тоз кылып,
Кырды ыстам элиңди.
Кыйыным Алмаң дагы жок,
Баатырым, ким токтотот чебиңди?
Кырк кан эли козголуп,
Капырлар каарданып алыптыр.
Каканчылуу Бээжинден
Кез болгон адам оң болбойт,
Музбурчак, Көкчө кан өлдү,
Бу Бээжинге кезиккен жандын баары өлдү.
Кытайлар эми күчөп алыптыр,
Бирөөбүз аман кайтпайбыз,
Топон суу тоздоп кирбеген,
Тозоку кытай эл экен,
Тоспой эсен тартпайбыз», -
Деп, ошондо муну айтып,
Өлбөй-житпей шалайып,
Алакандай жазган кат,
Караса Манас алайып,
Алакең жазган кат экен,
Катын тиктеп караса,
Кайгырып жазган кайран шер,
Ысламдын аты экен.
Манас кан,
Менин киндик кан тамган Бээжинге,
Дене каным төгүлдү,
Арслан Манас жан досум,

Атыңды оңдоп токуп кет:
«Арсланым досум өлдү», - деп,
Жакшылап куран окуп кет.
Күн тийбес шаарын сүзүп кет,
Көп токтобой бул жерге
Күдөрүң менден үзүп кет!»
Алакең катын көргөн соң,
Каарданып кеп бүтөп,
Карады Манас оңгурап,
Каңырыгы бек түтөп.
Баатырың, баатыр Манас атанып,
Имерилип кайран шер,
Ителгидей кайран көз,
Ирмебей көзгө жаш алып,
Жаралуу Манас жабыркап,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Каныңдын көөнү бөлүнүп,
Каарданып алганда,
Бетин карап отурсаң,
Кан ичмеси бек кармап,
Байпак-байпак түк чыгып,
Ошондо Манас түпүлдөп.
Алакең сырын укканда,
Каарданып күрүлдөп.
Арсландай көзү жайнады,
Каалгадай кайран тиш,
Каның Манас кабылан,
Бөлө-бөлө чайнады.
«Эгиз козу түгөйүм,
Эгиздерди жеп алып,
Эми кантип жүрөйүн!
Алданын салган буйругу
Моюнга келди көрбөсөм,
Асылдардан айрылып,
Аңкайып куруу тартканча,
Мен Бээжинге кирип өлбөсөм,
Кечилдин каны Коңурбай
Башын кесип албасам,
Каражой уулу Кожожаш
Алмамды сойгон беренди
Кармап алып талаага
Курмандыкка чалбасам.
Алтайда кара кытайды
Алтай айдап жүрбөсөм,
Каңгайда кара калмакты
Каңгайга айдап кирбесем.
Бейили жаман кытайды
Бээжинге чейин сүрбөсөм,
Манас болбой өлөйүн,

Кыйындардан айрылып,
Кыйналып карап тургуча,
Туубай туна чөгөйүн.
Күрмө кийген калдайдын,
Күчтүүсүн кармап алайын.
Таш сайынган кытайдын
Тазасынан өлтүрүп,
Алмамбет өчүн алайын.
Туура жерин тул кылып,
Тирүү тийген кытайды
Кыяматка кул кылып,
Ушинтип өчүм алайын!»
Кайгырып айкөл турганда,
Айласын таппай бусурман
Аң-таң калып буркурап,
Араң турган көк жалга
Кудай урган бусурман
Арызын айтып чуркурап.
Кээ бирөөлөр кеп айтып,
Атым жалгыз деп айтып,
Көбүнчө тантык кеп айтып,
Өзүм жалгыз деп айтып.
Каарданды Манас кан:
«Атым жалгыз дегендин,
Атаңдын көрү, бусурман,
Атын союп кошуп жейм,
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп дагы жейм,
Алым начар дегенди
Азыр союп кошуп жейм!
Эрмегим өлсө, жан өлсө,
Эрендердин баары өлсө,
Эмне жооп кыласың,
Эселек тууган чочко журт,
Сен, не былжырап турасың?
Кайратсыз болсоң, жаман журт,
Калың элди кырасың,
Сапырылсаң баарыңар,
Сары изиңе чөп салып,
Сапыра кууп албайбы,
Саруулаган жаман журт
Ала болсоң кытайың
Баарыңды кырып салбайбы!»
Кан Манас минтип турганда,
Калың элиң былкылдап,
Болбой журтуң болкулдап,
Болумдуу турган айкөл шер
Бир кыйкырып ийгенде,
Боконо сөөгү болкулдап,

Тилден калып бусурман
Баары чогуу солкулдап.
Эрендин баары күйүнүп,
Кайраты жок жамандар
Кайран жандан түңүлүп,
Көздөрү кетип алайып,
Көп журтуң кейип турду эле,
Кан ичме Манас кабылан
Эми кайратты мыктап кылды эле.
Кечээ Кокондогу кожого
Колу жетип турганда,
Букардагы Муңчуну
Бузуп турган кезинде,
Алты шаар, Анжиян,
Аягы Кокон, Маргалаң
Ушуларга дүмөктү
Салып турган кезинде,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Алымды минтип ушинтип,
Айда сабап сарттардан
Алым алып турганда,
Жер жүзүнө бузукту
Салып турган кезинде,
Асмандан түшкөн боз кисе,
Кайран жанга дос кисе,
Кээ бир аадан кеп айтат:
«Коконго кордук салганда,
Тартып келген кисе», - деп,
Билген адам кеп айтат:
«Асмандан түшкөн боз кисе,
Аманат жанга дос кисе.
Кыйкырып белге чалганда,
Кырк чилтен жолдош бир болгон.
Айкырып белге чалганда,
Ак эшен кошту баштаган.
Атыша чыгып жоо келсе,
Айдап жүрүп кыйкырып,
Кабылан, такыр кырып таштаган».
Аккуласын байлаган,
Атыша жоо кез келсе
Алардын шору кайнаган.
Колдогону Кожосан
Колтугунда камынып,
Кара чаар арслан
Капталында чамынып,
Кытайга кыргын салууга
Кыйынын төрөң камынып.
Тулпардан сонун Аккула
Желгенине жел жетпес,

Басканына мал жетпес,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат.
Алты ай минсе арыбайт,
Асылыңдын Аккула
Алтымыш асый болгончо
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Ок өтпөгөн суп жабуу -
Каныкей канчык жасаган
Аккулага куп жабуу.
Айбалтаны колго алып,
Каарданып күпүлдөп,
Бек кармаган чеп таштан
Ошондо Манас дүпүлдөп,
Берениң Манас көй кашка.
Арслан кайдан аянып,
Аккелтени таянып,
Ичке басып төтөлөп,
Аккуланы жетелеп,
Короздой болгон кайран шер
Колдоюп карап турганда,
Ошондо Каражой уулу Кожожаш
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жебеден мурун жүгүрүп,
Мергендиги ашынып,
Белесте кара кыяга
Кожожаш жетти жашынып.
Кызыл кийим кийинип,
Бүргөдөн бетер түйүлүп,
Астында кытай көп жаң-жуң
Качып берди дыр коюп.
Манастын өзүн атса ок өтпөйт,
Астындагы Аккула.
Аңдып турган Кожожаш
Омурткага бир койду.
Жебенин огу жеткени,
Жеткен жерде Аккула,
Ооз омуртка сөөгүн
Таарый берип кеткени.
Кабыландын Аккула
Күрөөдөн кара кан кетти,
Күрсүлдөп Манас султаның
Бадышаңдан ал кетти,
Кабыландын Аккула
Бир кишинеп алганы,
Тегеренип Манаска
Ээгин артып калганы.
Ошондо көрдү Манас кан,
Дүнүйөнүн жалганын,

Ардай күлүк куланын
Кашык каны калбады,
Коштоюн десе турбады,
Кутпаны көздөй бет алып,
Тоо кулаган эмедей,
Кургуруңдун Аккула
Ошо кезде кулады.
«Азаптуу дүйнө оңбо», - деп,
Арман бир кылып тура албай,
Бадыша бармакты жара чайнады.
Алача моюн ак шамшар
Ала коюп кайран шер
Аккуланы чалганы.
«Өлчөөсүз дүйнө оңбой кал,
Өлбөй кантип жетем, - деп,
Таласты аман мен көрсөм,
Кагылайын Аккуламдын көкүлүн
Белекке жыттап кетем», - деп,
Кулагы менен көкүлүн
Берениң кесип алды эми.
Куркурата кур жыттап,
Куушуруп кармап кур жыттап:
«Курдашым Кулам», - деп жыттап,
Берениң Манас көк жал кан,
Мээнеттүү жанга күн түшүп,
Бек кейип турду кабылан.
Берениң кайдан аянып,
Аккелтени таянып,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатынан кайрылып,
Кара бир кылып отурган,
Кан Чубактан айрылып,
Кыраандардын барында
Кызыталак Бээжиндин,
Кыздарын талап көп алып,
Каран күн түшүп башына,
Айкөлүң кыраандарды жеп алып.
Кайнап жаткан Бээжинге
Качырып айза бир сунуп,
«Алтынды талап көп алып,
О кудай, алдырып кетмек болдум ээ,
Асылдарды жеп алып.
Алмамбет астыга жүрсө ак жолум,
Сыргагым айдап жүрсө сан колум.
Сан колумдан айрылып,
Сары оору тиер кез беле!
Санжыргалуу Чубагымдан айрылып,
Үшүнтүп кетер чак беле?!

Кече Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Жаяны кесип жечү элем,
Жанымда Чубак бар болсо,
Жаң-жуңду бузам дечү элем.
Тынч жатканда курган жан,
Казыны кесип жечү элем,
Кадырман Алмамбет карап турганда,
Маа кагышчу кайдан дечү элем.
Кара болот зулпукор,
Көөлөшөрмүн дечү элем,
Карап Сыргак турганда,
Он сегиз миң ааламды
Курган жан, жөөлөшөрмүн дечү элем!
Ок өтпөгөн келбото,
Кийишермин дечү элем,
Ойрон бир болсо жанымда,
Он сегиз миң ааламга
Мен тийишермин дечү элем!
Оң жагымда орусту
Оруп турган кезимде,
Кыр жагымда кытайды
Кыра турган чагымда,
Кыңкайбай Бээжин кайрылып,
Кызыталак кайдан кайрылам,
Эми кыраандардан айрылып,
Алмамбет, Чубак аты уйкаш,
Азирет тийбес Бээжинге
Алым келет дедимби,
Атышып жатып бул жерде,
Арсландардан айрылып,
Аман кетем дедимби.
Же кудай, капырды кырган шер кылдың,
Алакемден айырып,
Кудай, мынчалык неге кем кылдың?!
Арга жүгүн артып кет,
Айласы жок шум жалган,
Эми аманатың тартып кет.
Кыясы кымбат Бээжинден
Кызылды минсем өтөмүн,
Эрендерден айрылып,
Эми жалгыз кантип кетемин.
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак буудан аралаш,
Аны жыйып алуучу,
Аркада эркек бала жаш.
Арбайтып жалгыз таштабай,
Алмамбет, Чубак ала жат.
Аккуладан айрылып,

Арбайып жөө турамын,
Алмамбет, Чубак тууган жок,
Эми кандай гана айла кыламын?!»
Каарданып турганда
Он эки кылым салбаган,
Ошо кезде Айкөлгө
Укурук кайрар калбаган.
Ошо кезде Айкөлүң
Каарданып келди эми,
Асынганда айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого бир койсо,
Аманат жандын бардеги.
Кечээ кабылан Манас канзаадам,
Ырыскысы Алтайда
Жөнөп жаткан кезинде,
Энекеси Чыйырды
Төрөп жаткан кезинде,
Кудай кылган убара,
Байбиченин алдына
Келген экен ошондо
Бир аксакалчан дубана:
«Байбиче, айтканыма көнгүн, - деп,
Арслан экен бу бала,
Жашы он экиге келгенде,
Аманат кылып бергин», - деп,
Ошондо берген болот ок.
«Кайкайып турган кайран бел,
Бүктөгөндө атсын, - деп,
Алмадай болгон куу башка,
Күч келгенде атсын, - деп
Аманат жандан түңүлүп,
Жадаганда атсын, - деп,
Атасы капыр муталак,
Камаганда атсын», - деп,
Төрөгөндө оозандырып кабыштап.
Ойрон энең Чыйырды,
Каныкей экөө биригип,
Бекиткен экен ал окту,
Аколпоктун жакасына табыштап.
Жакасын кармап жалдырап,
Жанагы көк жал турганда
Алмамбет санап күйүнөт,
Жакага тиккен жалгыз ок,
Колго топчудай болуп илинет.
Ок колуна тийгенде,
Кабылан токтобой сөгө калды эми,
Жакшы атар жарым дарыны
Кабылан Аккелтенин оозуна
Күпсөрдөн алып куйду эми,

Баякы касиеттүү болот ок
Күр дегизе урду эми.
Жеткилең кылган дүрбүнү
Жети имерип толгоду,
«Жеткен жерди көргүн», - деп,
Бадыша жети аркан жерге болжоду.
«Тобокел!» - деп, дүрбүнү
Он имерип толгоду,
«Тиктеген жерди көргүн», - деп,
Он аркан жерге болжоду.
Кайран төрө кабылан
Кайра байлап кабыштап,
Кадимки чоң дүрбүнү
Аккелтенин үстүнө
Кошо байлап табыштап,
Асыл төрө туйгунуң,
Аккелте колго алды эми,
Ээр белдей кара таш
Эрикпей кармап бадышаң,
Ошондо арта салды эми.
Мунарыктап учтанган,
Булуңгур болуп бурчтанган,
Буйруксуз кара капырдын
Бурчун көрүп калды эми,
Кумурскадай кайнаган,
Курчаган кара капырдын
Журтун көрүп калды эми.
Жер айланып тоз болгон,
Кабар алып канынан
Токсон Бээжин козголгон.
Эчен сонун жан болгон,
Каарданып мактанып,
Бээжинге Кожожаш чочко кан болгон.
Бейилдүү кара капырдын
Бектерин жыйнап алыптыр,
Берени Калча, Кожожаш,
Баарысы тогуз кан болуп,
Капырлар мактанып жатып калыптыр.
Чынчы кандан Кожожаш
Чын мактанып алыптыр:
«Кара сууда кеме жок,
Кытайлар, кайран башым турганда,
Силерге каш кайтарар эме жок.
Өзүмдөн башка төрө жок,
Атышып кыргын болгондо,
Буруттун Алмамбетин аңтардым,
Акбалтайдын Чубагын,
Аңылдаган чунагын
Бу Бээжинден каңтардым.

Чындап жиним келгенде,
Болоттон согуп ок кылдым,
Кара калпак кыргагын
Бу Бээжинден жок кылдым,
Кайраты жок жаманын
Тирүү бойдон кармадым,
Каарыма тийгенде,
Кан Манастын кырк чоро
Он экисин жайладым.
Тирүү жүргөн буруттун
Тилегин минтип куруттум.
Тим эле каны Манасты
Белеске минтип улуттум.
Каяшаяк бергенин
Тим эле минтип куруттум.
Өлбөй жүргөн арсыз жан,
Өлбөймүн деп жутунат.
Жаралуу Манас көк жалдын
Атын атып таштадым,
Эми жалгыз кайда кутулат?
Жаралуу Манас султанын
Жабылып кармап алалык,
«Үпү» деген дарыдан
Жарасына салалык,
Эптеп-септеп Манасты
Айыктырып алалык,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Байлап барып Бээжинге,
Бээжиндеги кырк шуркут,
Казыналык катынга
Амыз кылбай Айкөлдү
Алпарып айгыр салалык.
Калк атасы Манастан,
Каалап тукум алалык.
Ошо кайнап жаткан катын-кыз
Алпарып айгыр салалык.
Кыз, катындан кыйындап,
Эркек уул туулса,
Каканчылуу Бээжинге
Карыкандын ордуна
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Алакандай Бээжиндин
Бирдигин берип билгизип,
Калкка кабар салалык.
Каканчынын өзүнө,
Ушундан эркек уул тууса,
Кан көтөрүп алалык» -
Деп, ошонтүп, Кожожаш,

Калмактардын кара арак,
Кадимки көөкөр менен бир арак,
Көмкөрүшүп ичишип,
Көтөрүшүп жутушуп,
Колодон кылган бурканын
Айдарым какыр талаага
Аса байлап салыптыр,
Коло жездүү бурканга
Кобо калып чокунуп,
Капырлар тобо кылып калыптыр.
Каарданып бакырып,
Кандарынын баарысы
Какайлап ураан чакырып,
Каарданып дүрүлдөп,
Кожожаш жатат күпүлдөп,
«Кызыл кындуу кытайдын
Кыйыны өзүм болом, - деп,
Кырк кан эли кытайдын
Кандыгын чогуу алам, - деп,
Башаалуу кытай бу журттун
Баштыгы өзүм болдум, - деп,
Басташа кеткен буруттун
Бары-жогун сордум, - деп,
Жойкара менен Кожожаш,
Шуйкучу менен Көрөгөч,
Угаркулак, Канжаркол,
Туурасынан Бозкертик,
Желжетпес менен сегизи
Ошондо катар туруп калыптыр.
Алөөкөнүн Коңурбай
Акылга дыйкан эр Калча
Бөлөк туруп калыптыр.
Сегиз турган кыйынды,
Жанакы Манас кан султан
Секиден көрүп калыптыр.
«Сегизин берсең бир кудай,
Аргымакка артып кет,
Арман кылбай калайын,
Айланайын бир кудай,
Аманатың тартып кет!
Капырды кырган эр кылба,
Кан алдырбай Бээжинден,
Мени кара жер менен тең кылба!
Кармап минер астымда
Аккула сындуу буудан жок,
Каралашып тургандай
Мында Алмамбет, Сыргак тууган жок!», -
Деп, ошондо муну айтып,
Берениң төрөң кабылан,

Аккелте колго алды эми,
Алдыңкы кыраан сегизин
Берениң кыйындап тиктеп калды эми.
Аккелтени сунганда,
Айкөлүң ашкере карап турганда,
Эки көзү төрт болуп,
Баатырың султан күйүнүп,
Аккелтенин кароолго,
Сегизиңдин кайран баш
Топчудай болуп илинип,
Тиктеген сайын закымдап,
Сегизи эшик бою жакындап,
Эрикпей жакын келгенде,
Эсилиң төрөң көргөндө,
Каалап карап турабы,
Канкорду кудай урабы,
Добулбасты бир койду,
Колундагы Аккелте,
Козголбогон кайран шер,
Аккелте менен бир койду.
Күркүрөп Келте жеткени,
Жойкара менен Кожожаш,
Серпилтип сегиз аярдын,
Аткан жерде Аккелте
Башын жулуп өттү эми.
Калың кечил дыркырап,
Аккелте үнүн укканда,
Сегиз дөөсүн жыкканда,
Качып манжуу дыркырап,
Кытай, солоон, манжуусу
Бөлөк-бөлөк быркырап,
Асылың кайдан аянып,
Арсланың Манас кайран шер
Белесте турат зыңгырап,
Аккелтени таянып.
Баягы кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу,
Баягы кайран жеңең Каныкей
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонун,
Колун сууга малынып,
Кол дааратын алынып,
Тура калып туйгунуң
Бакайына жалынып.
Айтса Алдага сөзү зар эле,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү
Колтугунда жеңеңдин
Жылаңач бала бар эле,

Кайран жеңең Каныкей
Касиеттүү жан эле.
Ошондо, мурдунун суусун тарта албай,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөөдөсүнөн түш көрүп,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
«Тултук мүйүз көк бука
Суу түбүндө кыйкырат,
Султаным Алмам өлгөн бейм!
Карга айдаган Акшумкар
Канаты жок калыптыр,
Кан Балтайдын Чубагы
Бир кордукту көргөнбү?!
Узун бойлуу чынары
Кыбыла көздөй сулаптыр,
Кымбатым Сыргак өлгөнбү?!
Он сегиз миң ааламга
Каны болуп турганда,
Султаным минген алтын так
Буту кыйрап калыптыр,
Көк жалыңдын бууданы
Кана бир окко учканбы?!
Кырк уруу кытай Каканчы
Айкөлдү тегеректеп алган бейм?!
Керээзин айтып бадышам
Кытайдын колуна түшүп калган бейм?!
Достуңуз Манас жалгызга
Кылкылдап кытай жеткенби,
Көөнү келсе, көк жал Манас достуңду
Кытай кырк эки курчап кеткен бейм?!
Бээжинде бейлебей жатса өлөт, - деп,
Беренди бейбагы качан көрөт, - деп,
Чалыяр жетпес Бээжинге
Баатырдын чамасы келбейт, кайтсын, - деп,
Байгамбар баспас Бээжинге
Баркы бир келбейт кайтсын, - деп,
Тилимди алса бадышам
Аман бери тартсын, - деп,
Адырда жылкы ала баш,
Азапка бөөдө салбасын
Көк жалым аркада эркек бала жаш.
Аман келсин Бээжинден,
Ага-ининин баары кас.
Тууган журттун чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе алты арам
Чалганы жүрөт өзүңдү.
Кыңырты жүрөт сөзүндө,

Кыйшыгы жүрөт көзүндө.
Кыясын тапса кесет ит
Кылган жүрөт өзүңө.
Бадыраң темир курч болбойт,
Жердигинде башка өскөн иттер журт болбойт».
Ыйлап-ыйлап кат жазып:
«Береним төрөм келсин, - деп,
Тилимди алсын баатырым,
Ушул бейпайлуу сөзгө көнсүн», - деп,
Алты күлүк ат берип,
Арбууданды баш кылып,
Алакандай кат берип.
Ошондо олуя чалыш эр Бакай
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Башын бар дилдеге бөлөгөн,
Аягын карк алтынга жөлөгөн,
Караңгыда көз тапкан,
Капилет жерде сөз тапкан,
Чууга кирсе таңылбас,
Караңгыда карсактын
Изин кууса жаңылбас.
Буурулду коштоп булкунтуп,
Асый чыкма чагы экен,
Кара байыр казанат
Казатка минер табы экен.
Боконо сөөгү болкоюп,
Болуп калган кези экен.
Кадимкидей Арбуудан
Толуп калган кези экен.
Жаныбар, бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын билгенде,
Буттап алтын зер берип,
Төмөнкү Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак Буурулга
Бейдаарат киши минбеген.
Аркардай мойнун бураган,
Айза бою аң келсе,
Айныбастан чураган,
Асылдыгын билгенде,
Ар кайсы кандар сураган.
Багылып жүрүп ат болгон,
Манаска сураган киши жат болгон.
Асый чыкма кезинде,
Кайра байлап кабыштап,
Жаңгызы Семетейге табыштап.

Көк тулпар менен кан Бакай
Көрүнөө коштоп алган соң,
Эңкейиштеп алганда
Эликтей колу сайылып.
Өргө тарта бергенде
Жал, куйругу жайылып.
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Жаныбардын көмөкөйдө карсылдап.
Ошондо Бакай кабылан
Эки тулпар ат менен
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Тарта албай колдо карышып.
Бириси буудан тулпардын
Оозу менен алышып,
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай болгон таш
Төбөсүндө чыркырап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Арада нече жол жүрүп,
Күндүзүндө уйку албай,
Түн ичинде тынч албай,
Күн эсебин алганда,
Күндү катка салганда,
Он эки күн жол жүрүп,
Арслан Бакай ээликти,
Асты жаккы белестен
Бир кайнаган журтка кезикти.
Жылдыз чыккан мунарык
Жылдызбы десе от экен,
Дүмүрөйгөн көп караан
Токойбу десе эл экен.
Кайкалап жаткан караанча
Камышбы десе сел экен.
Мунарык тарткан калың өрт
Камгакпы десе эл экен.
Курттай бир кайнап көп калмак
Бусурманды курчап бир алган кези экен.
Казылган кара ор экен,
Бет алдында дүмүрөйгөн,
Белеспи десе эл экен.
Бейили курган көп кытай
Берениң Манас баш кылып,
Алакандай дин ыслам

Бейпайга салган кези экен.
Ошондо Бакай канзаада
Санаган оюу бөлүнүп,
Кан аралаш чиркин жаш:
«Канымды кайдан табам», - деп,
Ошондо, акырек ылдый төгүлүп.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
«Көк жалды кайдан табам», - деп,
Көзүнүн жашы он талаа.
«Алты шердин кенжеси
Атышып кытай сойду, - деп,
Талаада сөөгү көмүлбөй,
Менин айкөлүм кайда болду, - деп,
Бел байлап белес-белимден,
Айрылдымбы ушинтип,
Айкөл Манас шеримден.
Бүгүнкү көргөн эртең жок,
Алдап жүргөн сен белең
Атаңдын көрү, дүйнө шок!
Кызырдуу айкөл шеримди
Кытайлар кыйкырып байлап алган го,
Бээжиндеги ургаачы
Бегимди айгыр салган го.
Караса көзгө илинбейт,
Кайсы экени билинбейт,
Кытайлар көрүнөө байлап алган го,
Каканчы кандын алдына
Кабыланды тартуу кылып салган го!»
Кейип Бакай, көп ыйлап,
Кененим султан, - деп ыйлап,
Чай алган тоонун кентинде
Токтоп жүрөт зор Бакай:
«Жан биргем Манас кайда», - деп,
Жоктоп жүрөт эр Бакай.
Досу Манас анда жок,
Жоктоп жүрөт зор Бакай.
Астындагы Көктулпар
Сабап жүрөт зор Бакай,
Кабыланга кайгырып,
Каршы-терши жыгылган,
Кырылган кытай өлүктөн
Карап жүрөт зор Бакай.
«Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетем, - деп,
Кызырлуу шерден айрылып,
Тирүү кантип кетем», - деп,
Минген аты Көктулпар
Коштогону Арбуудан.
Ошо кезде Тайбуурул

Асый чыкма мал экен,
Акжолтой Бакай кабылан
Эрикпеген жан экен.
Асый чыкма Буурулдун
Көкүлү көк жибек менен түйүлүп,
Куйругу куу шайы менен түйүлүп,
Ок өтпөс жабуу жабылуу,
Буурулдун башында үкү тагылуу.
Туудурдум деген ата жок,
Туудум деген эне жок,
Белгилүү кандын Сайкалы
Белекке берген Арбуудан,
Карача кандын Сайкалы
Тартууга берген Арбуудан.
Жетелеп Бакай кожосан,
Бадана кийип балкылдап,
Арбууданды жетелеп,
Адырдан чыкты көрдүңбү
Бадыша Бакай жаркылдап,
Жеткилең Манас достуна
Жетип берди Буурулду.
Белгилүү Манас канына
Белекке берди Буурулду,
Кытайдан кыстоо, көп азап
Көргөндө берди Буурулду,
Киши көрбөс дүмөктү
Көргөндө берди Буурулду,
Бендеси көрбөс азапты
Тартканда берди Буурулду.
Мелтиреп кармап кайран шер
Акканкыны далыга
Артканда берди Буурулду,
Азапты Манас каныңыз
Минтип, тартканда берди Буурулду.
Азапты тарткан себеби
Аккула окко учкан жер,
Алмамбет шейит кечкен жер.
Канатынан кайрылган,
Кара кылып отурган
Кан Чубактан айрылган.
Баатырыңдын артыкча
Кеткен экен чамасы,
Бир көрөргө зар кылып,
Шейит болуп ал өлгөн
Улак кандын баласы.
Кара болот кыргагы,
Шейит болгон Бээжинден
Кара туткан Сыргагы,
Баатыр канкор төрөнүн

Аккуладан айрылып,
Баатыр Бакай барбаса
Баатырдын колго түшөр убагы.
Бек кайгырып берен шер
Аккелтени таянып,
Баатырың капаланып калыптыр.
Кара кытай, көп манжуу
Бу капасын билгенде:
«Тирүү кармап алам», - деп,
Кабыланды тегеректеп алыптыр.
Теги жандан түңүлүп,
Теңизиң араң турганда,
Тең курбу Бакай кабылан
Теңизиң гана жетип калыптыр.
«Атышка кийген суп чепкен
Асылым достум кийгин, - деп,
Алты айга чыдайт Арбуудан
Белекке алып мен келдим,
Берениm төрөм мингин», - деп,
Өлчөөлөп Бакай кожосан
Өчкөн отун тамызып,
Арбайып жөө турганда,
Баатырдын өлгөн жанын тиргизип,
Тиргизип минтип жүргөнү,
Ободон жылдыз козголгон,
Бакай менен Манасың
Алты жашта дос болгон.
Ак буудай унун чайнашкан,
Келеме шарып кармашкан.
Достусу жөө турганда,
Тоодой Бакай токтобой,
Түшө калып жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Арбуудандын үстүнө,
Булгаары тердик, ак токум
Куштап кылган Каныкей,
Ошол Арбууданга чак токум,
Алмамбет кылган Акканкы,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Курч уютуп машаган,
Курдашың Алмаң жан достуң
Кабыланга куп ылайык жасаган.
«Эңкейиште эзишсе,
Тамандашып айкөлүң,
Эчендер менен кезишсе,
Ээри кыйрап кетет, - деп,
Шашылыш жерде айкөлүм
Ажалы бөөдө жетет», - деп,

Артык кылган Акканкы
Аккулага чак канкы,
Алып Манас токуса,
Асый чыкма Буурулга
Тердигине тердиги
Теңеп койгон эмедей,
Куюшканга куюшкан
Куюп койгон эмедей,
Басмайылга басмайыл
Бап келтирген эмедей.
Ошондо Манас көйкашка
Шашып амаз окунуп,
Ар буурулду токунуп:
«Кара калмак, солоонду
Алтай айдап кирем, - деп,
Каңгайда кара капырын
Бээжинди көздөй сүрөм, - деп,
Колум тийсе Коңурбай
Тирүү кармап алам, - деп,
Каканчылуу Карыкан
Курмандыкка чалам, - деп,
Курдашым Алмам, Чубактын
Ушинтип кегин алам», - деп.
Каарданып дүпүлдөп,
Кабылан Манас күпүлдөп,
Арсландай көзү жайнады,
Каалгадай кайран тиш
Кабылан Манас каныңыз
Бөлө-бөлө чайнады.
Шамал чыгып оозунан
Тиктесе көздөн кан чыгып,
Чын кайратын көргөндө
Караганда жан чыгып,
Кан ичмеси кармаптыр,
Кайра тартпай кыргынга
Кабыландын камынып калган кези экен.
Алтын жаак айбалта
Билекке кынай чалды эми,
Алыска атар Аккелте
Айдалыга салды эми.
Асмандан түшкөн алты курч,
Манас алган Зулпукор
Кызыгып кындан тартканда,
Кан ичпей кайра кирбеген,
Каарданып имерсе,
Булук салбай жүрбөгөн.
Ташты шилтеп чапканда,
Кылт этип мизи калбаган,
Аралашса мизинен

Кызыл кан чаңды бураткан,
Касташкан артык жоо келсе,
Каршы-терши шилтесе,
Кайран жанды кубанткан,
Шилтештен мурун баш кескен,
Манас кандын Зулпукор
Кынай белге чалды эми.
Баякы жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө
Келишимдүү Аколпок,
Келеп темир мадаткан,
Келтенин огун жадаткан,
Айзанын учу өтпөгөн,
Жебенин огу жетпеген,
Жеткилең катын Каныкей
Жети жыл араң эптеген.
Орумбур менен Букардын
Орто жерин чалдырган,
Ойрон катын Каныкей
Ошондон була алдырган,
Буттап ийип буладан,
Кабаттап ийип чалдырган.
Курч темирдин өгөндү,
Майда кумдун эленди,
Желим менен карматып,
Ортосуна салдырган.
Кере темир мадаткан,
Жоо жабдыгын жадаткан,
Ашаганда машаган,
Артык катын Каныкей
Айла менен жасаган,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Тиштеп атып олпокту
Кашка тиши жадаган.
Тиктеп атып олпокту
Кара көзү кардыккан.
Мээнет катын Каныкей
Берени султан Манаска
Белек берген Аколпок,
Сырттан Манас зыңгырап,
Аколпокту кийди эми,
Асмандан түшкөн Аккисе
Айкырып белге чалды эми.
Тутам жери кырдалуу,
Тутам жери сырдалуу,
Туйгунуңдун сыр найза
Чымын консо зыңк эткен,

Камчы сап тийсе,
Добулбастай зaң эткен.
Каарданып канкоруң
Сыр найза колго алды эле.
Асаба колдо калкылдап
Аркескен, айбалталары
Бүткөн бойдо жаркылдап,
Астын сала бергенде
Ач арслан сүрдөнүп,
Аркасын сала калганда
Ажыдаардай түрдөнүп,
Кабылан Манас эр ошол,
Кыраандардан айрылып,
Кырылышар кези ошол.
Олуя чалдын эр Бакай
Көктулпар менен желигип,
Манас кандын жанында
Көк жалың Бакай ээлигип.
«Аргын кандын Ажыбай,
Кырктын башы Кыргыл чал
Кыркың мында келгин», - ден,
Каарданын бакырып,
Ошондо Манас кан, султан
Кырк кыраанды чакырып:
«Атаңдын көрү, кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген шер элең:
«Кысталыш ишке жарайт», - деп,
Ушундай күтүп жүргөн мен элем,
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда
«Катылган жанды, дечү элең,
Кабардуу жерден жоо келсе,
Каңгайды бузам, дечү элең,
Кызыккан кымбат жоо келсе,
Кымбаттуу башка доо келсе,
Тилимди алган жан болсо,
Тилге салам, дечү элең,
Динсизден адам жолукса
Мен динге салам», - дечү элең,
Талкалашар чак келди,
Кырк уруу кытай журт менен
Баатырлар, кырылышар тап келди.
Чокон мылтык чорт десе,
Чочуп кача бергениң,
Баатырлар, ошонуң менден өлгөнүң.
Кара мылтык карс десе,
Качып чыга бергениң,
Караан кылбайм ошону
Карасаң менден өлгөнүң.

Алда Таала бир кудай
Буйрук кылып турганда,
Жебирейил жан алгыч
Беш колун бизге сунганда,
Батырбайбы кара жер,
Киргизбейби казган көр,
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Алдасы жазып койгонун
Мендеси кургур көрбөйбү!» -
Деп, ошондо муну айтып,
Каарданып кан Манас
Каранды эми баштады,
Баатырдын каарын уга албай,
Алакандай дин ыслам
Кырылып кете жаздады.
Камбыл айза саюучу
Канкорлорду бир бөлдү.
Кыймалаша чабышчу
Кыйындарды бир бөлдү.
Сунганда кайра тартпаган
Даңгылдарды бир бөлдү.
Бирөө миң кишилик сүрү бар,
Эрендерди бир бөлдү.
Айбалтаны чабуучу
Адистерди бир бөлдү.
Качпай туруп атышкан
Мергендерди бир бөлдү.
Акыл билбей тим жүргөн
Аадандарды бир бөлдү.
«Катын менен балдардын
Күнү кандай болот», - деп,
Куру бекер кайгырган
Жамандарды бир бөлдү.
Тобокел - деп, токтобос
Эптүүлөрдү бир бөлдү.
Жазы жаак, көйкашка
Жаңылбастан кеп айтчу
Кептүүлөрдү бир бөлдү.
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Ала-була тон кийген
Кожолорду бир бөлдү.
Түрдүү-түрдүү жан болуп,
Урук-урук бусурман
Уругуна бөлүнүп.
Буурул менен булкунтуп,
Ала-Тоодой айкөлүң
Астында жүрөт көрүнүп.
Асый чыкма Буурулу

Коргошундай Манасын
Койбой чуркап көтөрүп,
Опол-тоодой Манасын
Койбой жүрөт көтөрүп.
Жер айланып түрүнө
Жайнап калган кези экен,
Жеткилең кытай каканчын
Түбүнөн бери бузулуп,
Каптап калган кези экен,
Жер силкинип мелтилдеп,
Каптап калган кези экен.
Элдин баары четтешип,
Капыр менен бусурман
Ээн чөлдө беттешип,
Ат бош калып туйлашып,
Эрдин баары кыйрашып,
Бир бөтөн болду чыккан чаң.
Кабылан Бакай кожосан,
Караан болуп Манаска
Аргын кандын Ажыбай.
Белгилүү Манас кабылан
Мекеден келген жети эшен
Жети жерге орнотуп.
Ошондо Манас султаның
Жеткен жерин сойлотуп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнүн баарысын,
Өлүп кеткен эбакы
Шейиттер кырып салыптыр.
Калган кара кытайды
Кабылан Манас, Бакайың
Качырып айдап алыптыр,
Качып кытай калыптыр.
Кара таандай капырды
Кайран Манас жапырды.
Манастын түрүн көргөндө,
Айласы кетип шашышып:
«Өлүп Манас келди», - деп,
Өкүрүп жандан түңүлүп,
Туу көтөрүп бура албай,
Туруштук кытай бере албай,
Эринин баары жыйылып,
Эсеби жок кырылып,
Не бир сонун кан өлүп,
Манас менен Бакайга
Кез болгондун баары өлүп.
Каканчылуу Бээжинди,
Какайлатып кытайды
Камап айдап алды эми.

Орто жерин эр Манас
Оюп айдап баратат,
Эки четин эр Бакай
Союп айдап баратат.
Кыл чекесин кырк чоро
Кырып айдап баратат,
Кыл ортосун Манас кан
Кырып айдап баратат.
Тегерегин Бакайы
Камап кетип баратат.
Колго тийген тондуусун
Арт жагында бусурман
Талап кетип баратат.
Артык мыктуу азамат,
Бээжинге кытай качканда
Айлалуунун баарысы
Алты миңден ат алып,
Ала албаган жамандар
Алты жүздөн ат алып,
Жеткилеңдин баарысы
Жети миңден ат алып,
Жете албас топон аяктар
Жети жүздөн ат алып,
Олжо кылып билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Жан аябас эрендер
Кара көздөн миңди алып,
Ургаачыдан узду алып,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган сулуудан
Он эки миңче кызды алып,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай калды эми.
Алтын менен дилдесин
Өлгөнүнөн калганы
Бусурман жүктөй албай калды эми
Буласын булап алышып,
Бузукту мындай салышып.
Не бир жалгыз кан өлүп,
Не бир баатыр жан өлүп,
Кыргынга адам таң калып.
Кызыл чокой, көк көйнөк
Кытай журту сандалып.
Олжо болуп кандары,
Кырылып кытай сандары
Караганда күйүндү.
Чоң казат деп атанып,
Ушу болгон чоң кыргын
Каканчылуу Бээжиндин

Даңзасына катталып.
Кыргын десе күйүнүп:
«Кыяматка болгуча
Унутулбайт бул иш», - деп,
Ушу кезде кытайдын
Бичигине чийилип.
Эрикпей чаап казатта
Эчен алтын, бул алып,
Алмамбет, Чубак эр тургай
Ааламдан артык кун алып.
Эсенкан менен Коңурбай:
«Шери Манас келди», - деп,
Бээжинге кирип камалып,
Дарбазасын бекитип,
Калың кытай калганы,
Эшигин бузуп кире албай,
Эр Бакайдын ичинде турат арманы.
Каканчылуу Бээжин журт
Эшиги таштай бек экен,
Топон суу тоздоп кирбеген,
Ошондон берки эл экен.
Байгамбар баркы жетпеген,
Бадышалуу чеп экен,
Эч ким бузуп ала алгыз
Ит алган Бээжин бек экен.
Тамдын бери четинде
Кырк кез казган ору бар,
Тамга жакын барганда
Кайнатылуу шору бар.
Там үстүндө тарттырган
Темирден жайган тору бар,
Эч ким бузуп ала албайт
Боо катылган жандын шору бар.
Каарданып Балтайлап,
Токмоктоп турат Бээжинди
Баякы канкор Манас зору бар.
Бийиги кырк кез там экен,
Чуңкуру кырк кез аң экен,
Балта чапса коолдоп,
Чополуу десе темирби
Добулбастай шоолдоп,
Кырка турган бурчуна
Кырк киши катар тургандай.
«Бурчун тешип кирем», - деп,
Кызмат кылган жан болсо,
Кырк миң балбан чогулса,
Кырк жылы кызмат кылгандай.
Кызырдуу эрдин баарысын,
Кызыга берсе бул жерге

Кызыталак Бээжин кыргандай.
Каарданып күрүлдөп,
Жаман ишке баштады;
«Жабылып бузгун эшигин», -
Өлгөнүнөн калганын,
Өкүм кылып зор Манас
Кырып ийе таштады.
Козголбогон кайран шер,
Колодон кылган эшикке
Кол салганы ошо жер:
«Берекелүү эшигин
Белинен бузуп алам, - деп,
Бээжиндин каны Коңурбай
Курмандыкка чалам, - деп,
Алмамбет менен Сыргактын
Өчүн минтип алам, - деп,
Бек бекиткен Бээжиндин
Төбөсүнөн басам, - деп,
Төрөсү экен Эсенкан
Муну союп, канын ичем, - деп,
Алакандай бусурман
Азыр жолун ачам, - деп,
Алмамбеттен айрылып,
Мен алайып кантип кайтам, - деп,
Эгиз козу түгөйүм,
Экөөнөн катар айрылып,
Мен өлбөй кантип жүрөмүн».
Буурулду санга салды эле,
Буйругу экен кудайдын,
Мунарык тарткан Бээжинге
Бура кармап сыр найза,
Баатырың бул эшигин сайды эле,
Эр-шериң Манас бир сайып,
Эн темирин кулатты.
Кабылан гана Бакай бир сайып,
Ошонун босогосун уратты.
Кан Ажыбай бир сайып,
Чыныдай гана топо уратты.
Каарданып канкор шер
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерип,
Каалгасы болот мыкты эшик
Ошондо карсылдатып жиберди.
Эшигинен чаң чыгат,
Ажыбай, Бакай эки кан
Эстеген сайын жан чыгат.
Ошондо асмандан добуш үн чыгат:
«Чалыяр тийбес Бээжинге
Чаркыңыз келбейт кайтыңыз.

Топон суу келбес Бээжинге
Тобуңуз келбейт кайтыңыз!
Чалыяр тийбес Бээжинге
Чамаңыз келбейт кайтыңыз.
Баатырай, теңеле берсең Бээжинге
Кабыргаңыз качыр-бучур сөгүлөт,
Каныңыз кара гана суудай төгүлөт.
Кудайдын жазган буйругу
Ушундай экен көрсөңчү,
Сен жериңе гана кайтып өлсөңчү».
Асмандан добуш үн чыгып,
Айкырык гана чыгып турганда:
«Алда!» - деп эле тартты Бээжинден.
Баткактуунун кара суу
Бар олуя чогулуп,
Колун суута малышып,
Кол даарaтын алышып,
Касиеттүү жан келген,
Ушу каканчылуу Бээжинге
Он эки түгөй кан келген.
Мекедеги Айкожо:
«Алакандай бусурман
Ыймам болуп берем», - деп
Ошондо ыймамдыкка ал келген.
Аңгырап азан салышып,
Жыйылышып алышып,
Канды жоктоп келгенде
Музбурчак, Көкчө каны жок,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Эр жалгызы дагы жок.
Кырк чорону жоктосо,
Кабылан гана Алмаң шери жок,
Кайран гана Чубак бөрү жок,
Улак кандын Сыргак жок,
Бел байлаган бели жок,
Кырк кырандын ичинде
Кыйын гана Алмаң баш болуп
Он эки гана бөрү жок!
Бу Бээжинге киргенде,
Кызыр чапкан жол эле,
Ошо кезде ыслам
Эл эсебин алганда,
Ошондо кырк эки сан кол эле.
Калайыктын каны жок,
Кайгырып гана Манас өпкөлөйт,
Өпкөлөй турган себеби -
Баягы кайрандардын баары жок!
Казат кылган Бээжинде
Баатырың Аккула окко учурган,

Алмамбет гана шейит кечирген.
Канатынан кайрылган,
Каран кылган кан Чубактан айрылган.
Бээжинди чаап көп алган,
Берендердин баарысын
Бейлебей гана Манас жеп алган!
Музбурчак, Көкчө кан өлгөн,
Бээжинге кез болгон жандын баары өлгөн.
Баатыр кыйык суу жактан чалдырган,
Кыйындардын баарысын
Баатырың кытайга белек алдырган!
Келген өлүп, жан өлүп,
Кырылып калды Бээжинге
Баатыр, кез болгон жандынбаары өлүп.
«Күчүм жетет» - деп келип,
Күркүлдөп Манас кабылан,
Бээжинди сурап кайрылып,
Белек кылып отурган
Баатыр, бек Сыргактан айрылып,
Капа болуп токтобой,
Каарданып кайран кан
Өлүп кетпей өрт болуп,
Тутамга келбей шордуу жан,
Кара суулуу баткакта
Айкожо болуп ыймамы,
Амаз окуп жатканда,
Аргын кандын Ажыбай
Жетимиш уруу тил билген,
Жеткилең гана кыйын жан экен,
Амазга башын койгондо,
Ошондо кайтарып турган чагы экен.
Аргын кан уулу Ажыбай
Айзаны кармап таянып,
Баатырың куш уйкуну салганы.
Ажыбай уктап калганын,
Алөөкөнүн Коңурбай
Аңдып жүргөн көзөлүң,
Абайлап тиктеп калганы.
Ошондо чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Алтын айлуу сыр канжа,
Ошондо алачыктай чоң Калча,
Темингиси телпилдеп,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө селкилдеп.
Алтындан гана тизгин булкунтуп,
Алгара гана менен жулкунтуп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Алөөкөнүн Коңурбай

Күүгүм туман көздөнүп,
Алыстан Калча байкаса,
Колун сууга малыптыр,
Бусурмандын баарысы
Катар жерге жыгылып,
Тоңколоңдоп калыптыр,
Жоо сырын билген эр Калча
Алыстан көрүп калыптыр.
Таң кашкайып сүрүптүр,
Жерге гана жарык тийиптир,
Баатырдан антип жатканын
Байкуш Калча билиптир.
Кара жаак айбалта
Алөөкөнүн Коңурбай
Билегине салынуу,
Болоттоп учун чыгарган,
Ажыдаардын уусуна
Алтымыш бөлүп сугарган,
Сунганы аман өтпөгөн,
Кез болгон гана тирүү кетпеген,
Колундагы сыр найза
Имере гана кармап эр Калча,
Астындагы Алгара
Желгенине жел жетпейт,
Манас кан сежидеден башты жыйган жок,
Коңурбай бастырганын койгон жок.
Тоңкоюп Манас турганда,
«Кыр арканын бети, - деп,
Өпкөнүн өлчөө чети», - деп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Аянбастан кош колдоп,
Артыкча гана муштап алды эми.
Ошондо Манас кабылан
Коңурбай муштап турганда,
Зың-зың этип кенебей,
Коңурбайдын айзасын
Баатырай, бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти
Баатырга берген экен ченебей.
«Барыз намаз бузулса
Баарыдан жаман болот», - деп,
Кайра кайрып оң колду
Баатыр айзаны кармап алды эми.
Асыл Манас кайран шер
Айзаны булкуп алганда,
Сайып турган сыр найза
Сексен бөлөк быркырап,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кайра гана тартып чу коюп,

Качып эле берди дыркырап,
Ошондо Аргын кандын Ажыбай
Капталдан чыкты буркурап,
Жетик төрө Ажыбай
Карткүрөңгө камчы уруп,
Ошондо жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Калчаны
Капталга гана муштап өттү эми.
Жаралуу болуп Коңурбай,
Ошондо жаман болуп доңуз ай.
«Өө» - дегенде оозунан
Өжөк-өжөк кан кетип,
Ошондо Коңурбайдан ал кетип.
Кызыталактын Кара аты
Кара атынын бар эле
Капталында канаты,
Жапаа көрсө бир жерден,
Качан болсо ушунтип
Кача турган адаты.
Жанында кырктай төрөсү
Жолдош болуп жолобой,
Ободон булут тутулду,
Опсуз Калча кайран шер
Өлөр-өлбөс жан менен
Ошондо көрүнөө гана качып кутулду.
Көөдөнгө батпай көп санаа:
«Көрүнөө кудай урду», - деп,
Ажыбайдын көзүнүн жашы он талаа,
«Секиде кароол турганда
Серпилип уктап кеттим, - деп,
Баатырга серүүн көрүнүп,
Мен өзүм шерменде болуп кеттим, - деп,
Ушул турган ыслам
Иттигимди билбейби,
Бир эмес эки кылдың, - деп,
Мени кара эшек кылып минбейби».
Жалгыз жанга билинбейт,
Кытай кантип сайганын,
Эч ким билип калган жок.
Уктап Манас сайдырган
Ажыбайда арман жок.
Ошондо Аргын кандын Ажыбай
Айкөлүңдүн алдына
Аттан гана түшүп сабылып,
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Моюнга орой салынып,
Эки колу боорунда,
Салам гана айтып Манаска
Баатыр ай, Ажыбай эле барды жалынып:

«Бадышалуу калап жер мына,
Баатыр ай, башымды алчу мен мына,
Тартуу кылам алдыңа,
Карткүрөң өңдүү мал мына,
Көз кашайып калган соң
Баатыр ай, көөкөрдөп төкчү кан мына!»
Ошондо Манас барбактап,
Баатырың ыраазы болуп дардактап:
«Ажыбай, жапаа тартып эринбе,
Белимде айза сууруп ал,
Ажыбай, сен бир адамга көрүнбө!
Белимдеги айзага
Калың кол кайгы жебесин,
Кайгыланып бусурман,
Өлгөнүнөн калганы
Баатыр, жүрөгү түшүп кетпесин!»
Ажыбай чуркап кабышып,
Белиндеги кабажык
Баатырдын айзасына жабышып,
Тик тарткын десе бош тартып,
Айзаны гана бурап алганы
Болоттун учу корс этип,
Баатырдын белинде сынып калганы.
Ошондо, көөдөнгө батпайт көп санаа,
Көк жалдардан айрылып,
Ошондо, көзүнүн жашы он талаа:
«Каркылдап учкан карга куш
Асылдардын каптал этин оёт, - деп,
Казаттан өлгөн шейиттер
Айбандын богу болот», - деп,
Адырды тинтип караса,
Кара калпак кыргагы,
Кабыландын Сыргагы,
Баатыр бий өңгө тийген чекеге,
Баатыр бурулбай кеткен Мекеге.
Ошондо, күл күнүндө күбүлгөн,
Баатыр ай, жаш кезинде жайраган!
Кутан алп менен Маңкүш алп,
Ылама менен зор Жолой,
Төртөөнү бирдей өлтүрүп,
Курмандыкка чалганда,
Башын кесип байланып,
Белек кылып алганда,
Бейпайды Сыргак салганда,
Токсон сан кара кытайдын
Кечээ тобун чечип турганда,
Кутан алпын баш кылып,
Токсон алпын кырганда,
Кылчайбай кытай журтуңдун

Кыйындап бели сынганда,
Кезигерге кезикпей,
Кезикпеске кезигип,
Айза имерип топ бузуп,
Кожожашка кезигип,
Баатыр шейит болуп окко учкан.
Кыргын салып башында,
Шейит болгон Сыргагым
Баатыр ай, жыйырма бир жашында!
Асыл Сыргак кабылан
Күл күнүндө күбүлгөн,
Ак куранын жазданган,
Баатыр ай, кыбыланы баштанган.
Сыргак жан өткөн бир жайга,
Бели үзүлүп белеске,
Көкчебич аты кошо өлгөн.
Ит-Кыянын чаткалга
Музбурчак, Көкчө кан өлгөн.
Түгөнгөн тоонун бурчукта
Бокмурун баатыр дагы өлгөн.
Ошондо талаадан гана тапкан он үч жан,
Ойрондорду көргөндө,
Ойронуң Манас кабылан
Ошондо көк булуңдуу токойго
Миң тулпар кармап сойгон жер,
Кан Сыргагын баш кылып,
Аманат кылып койгон жер!
Муну менен көк булуң
Ошо күндөн ушу күн
Үлкөн мазар болгон жер.
Айланып, күйүп кобо албай,
Айланып карайт кайран шер,
Алмамбет менен Чубактын
Эзелде сөөгүн табалбай.
Каарданып кол курап,
Алтын жаак айбалта
Бөйрөгүнө таянып,
Баатырың ыйлап турат коңгурап:
«Калдайып жаткан капырдан
Журтум ай, өлбөй кантип кетемин,
Алмамбет, Чубак дайны жок,
Мен көрбөй кантип кетемин?
Эгизден кантип айрылам?
Энеси талак кытайга
Асылым Алакең айткан кеп эле,
Таштаба сөөгүм, - деди эле,
Белимден кармап бүктө, - деп,
Берениm айткан кеп эле,
Мекеге сөөгүм жүктө, - деп,

Асылым айткан кеби бар, -
Баатыр ай,
Сарала кармап сойгун, - деп,
Көмүлбөй сөөгүм калбасын, -
Баатыр ай,
Белгилүү жерге койгун, - деп,
Алакем айткан кеп эле, -
Атыңды оңдоп току, - деп,
Айлаң жетсе Манас кан,
Аңгырап куран оку», - деп,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Журтум ай, не мураска жетейин,
Алмамбет сөөгү жок болсо,
Мен ушу жерде өлүп кетейин!
Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түз кирип айза сунамын,
Түрү суук Бээжинди
Түгөтүп баарын кырамын.
Түйшүк салып башына
Алмамбет сурап аламын.
Кайрылса кытай калың эл
Казапты минтип саламын,
Калдайган Бээжин калың журт
Калаасына кызыкпайм,
Мен, Алмамбет сурап аламын!
Алакемди бербесе -
Суудай гана канын чачамын,
Сулайман тийбес Бээжинди
Мен төбөсүнөн басамын,
Төрөсүн кармап тирүү алып,
Орто жолго келгенде
Курмандыкка чаламын,
Каканчылуу Бээжинден
Моминтип кегим аламын!»
Эрендин баары камынып,
Эрдин баары камынып,
Ошо кезде бусурман
Иш эрмеги табылып,
Олуя чалдын эр Бакай
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойноптур,
Ээр белдей белестин
Белине чыгып караса,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды караса,
Бакай кандан жан чыгат.
Уйгу-туйгу көп кытай
Уюлгушуп алыптыр,
Сүйүнө турган капырдын

Күнү тууп калыптыр,
Берени Алакең окко учканда
Капырлар качырга байлап алыптыр.
«Качкыныңыз мына», - деп,
Карыкандын алдына
Капырлар сүйүнчүлөп баруута,
Баатырды жүктөп эле жүрүп калыптыр.
Ошондо барабанын тартышып,
Эми сыбызгысын чалышып,
Үйдөй болгон чоң буркан,
Колодон кылган эмеспи,
Капырлар өөдө байлап салышып,
Боз кисени курчанып,
Кытай түрүн көргөндө,
Болжолу жок кабылан
«Ыслам!» - деп, эми үн салып,
Буурул менен ойнотуп,
Кезикменин сойлотуп,
Артык таап дарысын,
Баатырың талкан кылып баарысын,
Алты сан кара кытайга
Айгайлап кыргын салды эле,
Асыл Бакай, Ажыбай,
Айкөлүң Манас үчөө бар,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Алакеңдин сөөгүн тартып алды эле.
Ошондо алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызын
Айкөлүң Манас өңөрүп,
Жаагына жаагын такады,
Күңгүрөнүп токтобой
Манас өкүрүп сөзүн баштады:
«Эгиз козу түгөйүм,
Экөөнү бирдей жеп алып,
Эрикпей кантип жүрөйүн!
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатымдан кайрылып,
Кан Чубактан айрылып,
Мен кантип гана кетем Таласка?!
Алмамбет - атышка салсам ак жолум,
Чубагым - артымда жүрсө сан колум.
Карагай жалгыз, как жалгыз
Кабыландан айрылган
Кайгырган Манас мен жалгыз.
Долоно жалгыз, топ жалгыз,
Топ жолдоштон айрылган
Томсоргон гана Манас мен жалгыз!
Адырдагы караган

Акжолтой Алмам, ала жат!
Алакем каз айланбас зоодайым,
Каргылуу кара тоодайым,
Болот элем таш кескен,
Маталып калган экемин,
Берендерди жеп алып,
Мен, кашайып эле калган экемин!
Ирмесем бутум басылбайт,
Жыланга чалыш болупмун.
Эгизимден айрылып,
Жал-куйругум такыр жок,
Мен куланга чалыш болупмун.
Алакем, кытайдан келген белегим,
Чубакем, ойгуттан келген эреним,
Чалкар дарыям соолуи,
Журтум, чамам келбей турамын,
Чалдырып салдым Бээжинге
Журтум, кандай айла кыламын!
Кең дарыя, чалкар көл
Чубагым табылгалуу өзөнүм,
Таалайга берген жасаган
Алмамбет колума келген эреним.
Кечээ Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Жаяны кесип жечү элем,
Жапаа түшсө бу башка,
Айкырып Алмаң турганда
Мен жаң-жуңду бузам дечү элем.
Жаң-жуңдун жаны тындыбы,
Жети сан кара жоо келсе,
Желбегей кирип кол салган
Алакем бели сындыбы!
Эрендерди жеп алып,
А кудай, эми эле жаным тындыбы!
Ак кисе белге курчанган,
Алты түмөн кол келсе
Аралап жеке кол салган,
Алдырып ийдим жаман ат,
Асылым, Алмам, ала жат!»
Кечээ Манас кабылан
Тайбуурул оозун бурганда,
Талыгып кейип турганда,
Алмамбеттин Сарала
Көкүлдү көккө зыргытып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылап,
Айтайын десе тили жок,

Айбандан эстүү жаныбар
Башын жерге салыптыр,
Кындырдай болуп жарыктык
Аза күтүп калыптыр.
Аза күткөн себеби,
Биттейинде биригип,
Бармактай күндө баш кошкон,
Кулун кезде куушкан,
Айбан да болсо Сарала
Алакең менен жаныбар
Экөө гана бир күн туушкан.
Ошондо Алмамбеттин Сарала
Ээр белдей кайкыдан
Токтоп жүргөн кези экен,
Көйкашкасы Алмаңды
Айбан да болсо Сарала
Айтайын десе тили жок,
Асыл Алмаң көйкашка
Жоктоп жүргөн кези экен.
Башын жерге салыптыр,
Кырт дегизип чөп чалбай,
Кылт дегизип суу жутпай,
Кындырдай жарап жаныбар
Аза күтүп калыптыр.
Арслан Бакай, эр Манас
Алмакеңин Сарала
Алыстан кармап алды эми,
Бадыша Бакай канзаада
Сарала оозун бурганда,
Манас кандын кырк чоро
Бадыша Манас жанында
Саралага Алмамбет жүктөп турганда,
Жибектен кылган суп аркан
Ошондо олуя Бакай кайран шер
Он эки ороп бүктөдү,
Олуясы Алмамбетти
Баатыр ай, Саралага жүктөдү.
Кабылан Бакай абакең
Капылетте сөз тапкан,
Караңгы жайда көз тапкан,
Кайра байлап кабыштап,
Канжыганын өзүнө
Алтындан кылган шаңшуурду
Кайра байлап кабыштап:
«Кан Алмамбет беренди
Бусурман жетип көмгөндө,
Акысы ушул болсун», - деп,
Капырай, канжыгага табыштап,
Белинен кармап бүктөдү,

Берениң Алмаң көк жалды
Саралага жүктөдү.
Алакеңди Сарала артып турганда,
Кадырман ыйлап, кан ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап,
Ажыбай, Бакай эр ыйлап,
Айкөлүң Манас шер ыйлап,
Сараланы Бакай кан
Ооздуктан кармап буркурап,
Алакандай бусурман
Алек түшүп башына,
Ошондо ыйлап эле турду чуркурап.
Айласы жаман кеткенде,
Аташканы кан Бакай
Сараланы ооздуктан кармап кабыштап,
Тил угуучу эмедей,
Алмамбеттин сөөгүн
Аманат кылып табыштап:
«Айланайын Сарала,
Башыңды жерге сала көр,
Алмамбеттин сөөгүн
Аман-эсен көргөзүп,
Жаныбар, ыслам алып бара көр!
Ыслам алып барбасаң,
Сенин айбандыгың билемин,
Айбандан айбан экен, - деп,
Сени мен эшекке теңеп жүрөмүн.
Ата, айланайын, Сарала,
Азирет тийбес Бээжинге
Алдырып ийдик жаман ат,
Адамдан жалгыз Алмаң шер
Бир өзүңө аманат!
Алпара көргүн өзүмө,
Айланайын Сарала,
Көргөзө көргүн көзүмө!»
Көкүлдөн кармап кур жыттап,
Кош, Сарала, - деп жыттап,
Арслан Бакай абакең
Сараладай бууданды
Ошондо айдап эле жолго салды эми.
Айкөлүң Манас кабылан
Айбалтаны таянып,
Асылды жоктоп калды эми.
Ителгидей кайран көз
Имерген сайын жаш кетип,
Карагат сындуу кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Баатырың Бээжинге кирип кайрылып,
Баатырың берендерден айрылып,

Адамдын баарын кырдырган.
Бүлүк алды Бээжинден,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Күлүк гана алды Бээжинден.
Асылдардын баарысын
Бүктөп эле алды Бээжинден.
Алтын менен күмүштү
Жүктөп эле алды Бээжинден.
Агача келин, сулуу кыз
Үптөп алды Бээжинден.
Кызыл куйрук билди алды,
Билге гана жүктөп дилде алды,
Кара көздөн миңди алды.
Абыдан эптүү азамат,
Бээжинден эсен тарткандар,
Жеткилеңдүү эрендер
Жети миңден ат алды,
Жете албаган жамандар
Жети жүздөн ат алды.
Артыкчанын баарысы
Алты миңден ат айдап,
Жаны аялуу жамандар,
Алты жүздөн ат айдап,
Кыйындардын баарысы
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылактаган кыз алып,
Кымбаттардын баарысы
Оймоктуудан уз алып,
Буттап алтын зер алып,
Ыслам жолун ачышып,
Кытайдын малын чачышып,
Буланы булап алышып,
Бузукту мындай салышып,
Эрендин баары кырылып,
Өлгөнүнөн калганы
Бет алган гана жайга жайылды.
Сары-Арканы жердеген,
Көргөн элдин баарысы
Салмактуу кыйын эр деген,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Көкчөсүнөн айрылып,
Сары-Арка көздөй кайрылып,
Казак түштү бир жолго.
Кырым деген элинен,
Бу дагы кызыгып келген жеринен,
Кыйкасынан чалдырып,
Кыйын каны Музбурчагын алдырып,

Кызыл айза жайланып,
Кылычын кынсыз байланып,
Бу да Бээжинге кирип кайрылып,
Бадышасы Музбурчактан айрылып,
Эринин башы кесилип,
Алакчы дүйнө, оңбой кал,
Тобунун гана колу чечилип,
Кырым журт кайтты бир жайга.
Өзү сары огой эл эле,
Элине эпсиз бек эле.
Тоюна бээ союлган,
Аты эр Бокмурун коюлган,
Адырмактын булагы,
Көкөтөйдүн өлгөндө көргөн чунагы,
Айзалашып топ бузган,
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Каканчылуу Бээжинде
Калың кытай келгенде,
Ал дагы казасы жетип окко учкан.
Өзү кең Ташкенди жердеген,
Келберсиген эр деген,
Бу дагы бийлебей Бээжин кайрылып,
Сары ногой журт экен,
Бокмурундан айрылып,
Арга алтын артышып:
«Алдырып Бээжин салдык» - деп,
Бу дагы кан азабын тартышып,
Капа болуп кейишип,
А да тартты элине.
Ошондо Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Эчен сонун жан өлүп,
Ошо турган Бээжинге,
Кез болгон жандын баары өлүп,
Ошондо кейип Манас турганда,
Арка моюн арасы,
Ооруп кетти баатырдын
Айбалта гана тийген жарасы.
Кайрылып атка мине албай,
Кыраандардан айрылып,
Каран түштү Бакайга,
Кара кылып олтурган
Манас кан гана атка мине албай.
Ошондо Бакай ойлонуп,
Карагай каршы, тал жумшак,
Арчадан табыт алды эми,
Суп төшөк салып алдына,
Султанды бегирээк эле таңып салды эми.
Алмамбеттин азабы,
Кан Сыргактын күйүтү,

Ошондо Чубак кандын азабы,
Тилден кетип алактап,
Баатыр тил сүйлөбөй шалактап,
Жети миң кызыл ар айдап,
Ошондо ар куйругун өрүшүп,
Асылдардан айрылып,
Дин бусурман азапты гана минтип көрүшүп.
Азирет тийбес Бээжинге
Атышып жатып кайрылып,
Каралуу болду бусурман
Баатыр ай кандарынан айрылып,
Каран түн түшүп, Манас кан
Ошондо кайра тартып Бээжинден,
Тулпарларга алтын, олжо артып,
Туйгундардан айрылып,
Баатыр Таласты көздөй жол тартып.
Аккула окко учуруп,
Манас алдырып койгон жери ошол.
«Алты күн мөөнөт берем» - деп.
Баатырлардын баарысын
Баатыр ай, чалдырып койгон жери ошол!
Каалап кирип кайрылып,
Каныҥ Манас кабылан
Ошондо кандарынан айрылып,
Оорулуу жаны жуурулуп:
«Ойронум Алмам!» - деп кейип,
Баатыр ай, ойлосо жаны куурулуп.
Күрдөлүү баштын өзүнө
Баатыр ай, күйүт түшүп алган соң,
Берени Бакай достусу
Табытка салып үптөптүр,
Ошондо Манас көк жалды,
Асый чыкма кези экен,
Баатырыңды Тайбуурулга жүктөптүр.
Желмаянга ок артып,
Жеткилең Бакай кабылан
Ошондо, Таласты көздөй жол тартып.
Күндүз жатып тынч албай,
Түн ичинде уйку алба,
Ошондо, түндөп жүрдү Таласка,
Дүмөк күн түшүп башына,
Ошондо түйшүк түштү Манаска.
Эчен алтын, эчен зер
Бусурманга таптырып,
Алты ай Бээжин кан болуп,
Асыл Манас турганда
Аңгырап азан салам - деп,
Башын Коңурбайга чаптырып.
«Кокусунан биз барсак,

Журт түбүнө жетет, - деп,
Аргын менен кыргыздын
Жүрөгү түшүп кетет, - деп,
Алты күлүк ат берди,
Таластагы эл-журтка
Баатырың алакандай кат берди.
«Карсак кирбес Бээжинге
Кабылан Манас султанды
Кан көтөрүп салдык, - деп,
Сулайман тийбес Бээжинден
Суракты мыктап алдык, - деп,
Сулуу шер Манас көк жалды
Бээжинге кан көтөрүп салдык, - деп,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Жылоого гана байлап алдык, - деп,
Сулайман тийбес Бээжинге
Суракчы болуп калдык, - деп,
Искендер баспас Бээжинге
Ишибиз жетип абыдан,
Ичине Алмаң төрөнү
Кан көтөрүп салдык, - деп,
Казылган алтын, чай тоосун
Бусурмандын энчисине алдык, - деп,
Таласта жаткан калайык,
Бээжинди алып салганда,
Өлүп кеткис ой кылсын,
Миң кара кашка бээ союп,
Миң карача төө союп,
Ошондо аябай калкым той кылсын.
Ал тойго журтум чогулсун,
Токсондогу карыгандар,
Ошондо, он экиде боз балдар
Дегениме көнсүн де,
Ошондо журт кубанган чоң тойго
Калктын баары келсин, - деп,
Ырамандын Ырчы уулу
Ырдап турат кашында.
Дөө кандын Төлгөчү
Төлгө гана салат башында.
Төрө Бакай султаным
Буйрук гана кылат кашыма.
Алмамбеттин ак ордо,
Аруукени кийинтип,
Таластын алкымына тиксин де,
Эшигинин алдына
Абыдан кур боз бээден
Алтыны байлап койсун де,
Алтындан кылган чатырдын

Алтымышын бүксүн де.
Алмамбет, Чубак ордосун
Таласка эшиктеше тиксин де.
Кызыл чырай кыз балдар,
Кыпкызыл тон кийсин де,
Келеңкир чачпак, кең соору
Ошондо келиндердин баарысы
Жашылдан жоолук салынсын,
Карк токтолгон катындар
Карадан кыргак байланып,
Алмамбет, Чубак экөөнүн
Ордосуна камынсын.
Алгылыктуу эрендер
Алты-алтыдан бээ сойсун.
Айласыз жаман начарлар,
Эки-экиден бээ сойсун».
Ошондо, алты күлүк ат берип,
Таластагы Каныкейге кат берип.
Таласта аргын, кыргызга
Ырчы уул кабар берген соң,
«Бээжинди алып салдык», - деп,
Кабар салып барган соң,
Калайык дүрбөп чуркурап,
Калың элдер жабылып.
«Кан Манас келе жатат», - деп,
Калайыктар камынып.
Кабарды мыктап салдырып,
Кайран жеңең Каныкей долу баш болуп,
Алмамбет, Чубак ордосун
Демге калбай алдырып,
Жылгындуунун оюна,
Кең Таластын боюна
Эчен алтын, мүлк жыйып,
Эшиктеш тигип салды эми,
Кайран жеңең Каныкей
Ич этинен суп көйнөк
Кийген жеңең эмеспи,
Алты айчылык азапты
Кадимкидей дапдаана
Билген жеңең эмеспи.
Чылбырдай чачты бура албай,
Чын азап түшүп башына,
Жеңекең чыркырап ыйлап тура албай.
Кан Манас кан өзү экен,
Ошондо өлгөндө көргөн Семетей
Алты айлык болгон кези экен,
Балтыр бешик чагы экен,
Ошондо бала Семетей
Алжактап күлүп калган кези экен.

Күйүттү тартып жеңекең,
Ошондо тура албай турган табы экен.
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ошондо көңүлү жаман бөлүнүп,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйдү эми,
Кара кашка аргымак
Токунуп долу минди эми.
Балтыр бешик кезинде
Семетейди өңөрүп,
Айкөл Манас кабылан
Астынан тосуп жүрдү эми.
Кереметтүү жеңекең
Кереметин ашырып:
«Ооруп султан барар, - деп,
Алакандай кайран журт
Жүрөгү түшүп калар, - деп,
Кара кашка аргымак
Кабакка оозун бурду эми.
Колтугунда балтыр бешик балага
Оймокбooч салып чымчылап,
Баланы чыркыратып урду эми.
Оймокбooч салса этине,
Бар-бар, бар-бар бала ыйлайт,
Бакырып бала бек ыйлайт,
Бала бакырык салып ыйласа,
Кулак мээни жеп ыйлайт.
Баягы табыттагы зор Манас
Тура калды барбайып,
Астына салса ак жолун,
Аташкан Бакай сан колуң:
«Баркырап чыккан шумдуктуу үн,
Байкачы Бакай кабылан,
Кара ниет күң эле
Каныкей кабактан күйүп калган бейм:
«Баланын үнүн укканда,
Кайраттанып калсын», - деп,
Балага оймокбоочту салган бейм.
Чын-чын, чын-чын ыйлайт,
Чыркырап бала бек ыйлайт,
Чыркырап чыккан бул үндөр
Кулак мээни жеп ыйлайт.
Боз ала гана туйгун болпоң го,
Маа боз карчыга чолпон го,
Өзөндөн аккан булак го,
Өлгөндө көргөн чунак го.

Көрүп койсом көөнүм ток,
Көк жалым Бакай тура тур,
Менин баламдан башка медер жок.
Алмамбет, Чубак асыл зат,
Бакай, эстеген сайын күйөмүн,
Туу казанат чунактын
Кудайдан өмүрүн сурап жүрөмүн».
Ошондо каарданып дардайып,
Кан ичмеси бек кармап,
Бөлүнүп эчен санааны,
Медер кылып баланы
Касиеттүү Бозкисе,
Кынай белге курчанып,
Кызырлуу Манас кайран шер
Ошондо: «Ыслам!» - деп, үн салып,
Ок өтпөгөн Аколпок,
Жоого кирчү эмедей,
Кийип алган кези экен.
Аркалуу күлүк Арбуудан
Сыртынан Манас курчанып,
Берениң Манас кабылан
Минип гана алган кези экен.
Атка минип толгонуп,
Арсландай комдонуп,
Айкөлүң Манас турганда,
Баякы кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу,
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Алтындан кемер курчанып,
Айдай гана бетин нур чалып,
Айкөлүңдүн алдынан
Байкуш Каныкей чыкты сумсайып.
Берендин жүзүн көргөндө,
Мелтиреген бейбагың
Адам, бет алышкан жери ошол:
«Барса-келбес Чоң-Бээжин
Бадышам, аман-эсен келдиңби?
Атышка салса акжолтой,
Берендердин баарысын
Сен Бээжинге белек бердиңби?
Бадышам, жылкыдан жылма кер да өткөн,
Алмамбет, Чубак эр турмак,
Илгерки Азирет Аалы шер да өткөн.
Төрөм, бүгүн көргөн эртең жок,
Алдап жүрөт алакчы,
Баатыр, ушундай болот дүйнө шок!
Өлгөнгө өксөгөн менен байда жок».
Кайрылып Манас тарткан соң,

Аташканы айымы керээз айткан соң:
«Долум, бөлүнтпө гана менин санаамды,
Алып келчи бер жакка
Өлгөндө көргөн баламды.
Боз ала туйгун болпоңду,
Алып келчи бер жакка,
Боз карчыга чолпонду,
Оозумду ачып өпкөндү,
Көзүмдү ачып көргөндү».
Сөз салса бейбак көнгөн жок,
Баласын баатыр-шерге берген жок.
Кундактагы баланы
Кымтып турат көргөзбөй,
Көргөзбөгөн себеби,
Баатырың диндин жөлөгү,
Телегейи тең болчу,
Баатырың Шай колдогон шер болчу.
Ичин карап отурсаң,
Жер жүзүнөн кең болчу.
Караганы аман калчу эмес.
Бадышасы Манас кан
Баланы сүйөр жан эмес,
Бала сүйбөс себеби,
Караган аман калчу эмес.
Көзүндө кара калы бар,
Жүзүндө жаман заары бар.
Сырын билген Каныкей
Сырттанга бербейт чыркырап,
Көзү канган Каныкей
Көк жалга бербейт буркурап.
Көп айласы кеткенде,
Манас кан алтайкан салды керекке,
Көп сагынган балага,
Баатыр камчысын берди белекке.
Баатырың камчысын сунуп турганда
Камчысын кармап билгизип,
Семетейдин чекесине тийгизип,
Чекеге тийген камчыны
Кур гана кур-кур-кур жыттап,
Кубат эле кылат курган кан
Кудайым берген деп жыттап.
Жакынрыраак калганда,
Таластын чети көрүнүп:
«Алмамбет, Чубак асыл», - деп,
Кабыландын көңүлү жаман бөлүндү,
Баатырың, баатыр Манас атанып,
Ителгидей кайран көз,
Ирмебей көзгө жаш алып,
Калдайды чапкан кол курап,

Каңырыгы бек түтөп,
Баатырың жашып кетти коңгурап.
Алтын жаак айбалта
Алкымдан кармап имерип,
Баатыр бөйрөккө таяп жиберип,
Баатырың коңгурап үндү салды эми.
Алмамбет, Чубак ордого
Баатырың өкүрүп жатып калды эми.
«Аккула окко учурдум, аяш,
Алтын айдар, чок белбоо, аяш,
Азизкандын гана жалгызы, аяш,
Алмамбет шейит кечирдим, аяш,
Канатымдан кайрылдым, аяш,
Кара кылып олтурган
Кан Чубактан айрылдым, аяш!
Мен Бээжинди чаптым, көп алдым, аяш,
Бээлесе жанга табылбас,
Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш,
Мен канатым окко жулдурдум, аяш,
Кабыландан айрылып,
Мен каран күн жанды тындырдым, аяш!
Сулайман жеткис Бээжинден, аяш,
Сурагын гана сууруп мен алдым, аяш,
Сурагын сурайм деп туруп, аяш,
Мен эгиздерди жеп алдым, аяш!
Мен Бээжинге кирип кайрылдым, аяш,
Мен берендерден айрылдым, аяш,
Мен канатым өрткө чалдырдым, аяш,
Кабыландын баарысын
Мен Каканчыга алдырдым, аяш!
Эгиз козу түгөйүм, аяш,
Экөөнү катар жеп алып,
Мен өлбөй гана кантип жүрөмүн, аяш!
Кара гана Бээжин, Каканчы аяш,
Мен камап гана турбадым, аяш,
Мен караткан шибээ, ылама, аяш,
Ошону сабаганда өлбөдүм, аяш,
Арслан-шер жардыгында өлбөдүм, аяш,
Алмамбет, Чубак, Сыргак шер
Бардыгында өлбөдүм, аяш!
Мен Бээжинге гана бейпай салдырдым, аяш,
Бек дүйнөгө кызыгып,
Мен берендерден айрылдым, аяш!»
Кан Манас минтип барганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Ошондо калайык журттун баары ыйлап.
Кызыл кырчын кыз балдар
Кызылдан кара кийишип,
Карк токтолгон катындар

Карадан кара кийишип.
Жылкыда тулпар ала баш,
Баатыр, аргын, кыргыз аралаш,
Токсондогу чал ыйлап,
Толгон журттун баары ыйлап,
Аракка тойгон мас ыйлап,
Ала көөдөн акылсыз,
Ошондо он экиде жаш ыйлап,
Боору жетик эр ыйлап,
Манас кандын кырк кырааны тең ыйлап.
Ошондо Агынай кызы Арууке,
Алмамбеттин зайыбы:
«Тоодоку жылкы тогуз сан,
Тобурчак, буудан аралаш,
Тозуп алар жаман ат,
Томсортуп жанды кууратпай,
Тоодоюм, төрөм ала жат!
Бадышам, бармактайда баш кошкон,
Ошо же, биттей кезде бириккен,
Канжыгаңа чала кет,
Караандаша кеткенге,
Кабылан, мен чиркинди ала кет!
Ар уруудан көйнөгүм
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай бейбакты
Кабылан, тарта кетчи койнуңа!
Отуз дайра бириксе,
Шар жериндей бадышам,
Отуз тоо бириксе
Тар жериндей бадышам».
Кошок айтып чыркырап,
Ошондо Алмамбет зайыбы Арууке,
Чубактын зайыбы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча
Ошондо кан Манастын алдына
Кайгырып ыйлап чыркырап,
Бадышаңдын алдына
Баатыр ай, үч айым чыкты буркурап.
Үчөөнүн канды бети жыртылуу,
Кара гана чачы жайылуу,
Ай-чырайлуу ур беттен
Ошондо арык-арык кан кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Караса бети бөлүнүп,
Кан аралаш кандуу жаш
Арык бою төгүлүп:

«Аяш жан ай караңгы болгондо,
Түндү эмине кылабыз?
Асылдардан аркада эркек бала жок,
Дегеле күндү эмине кылабыз?
Тоодогу жылкы тогуз миң
Муну тозуп коёр ээси жок,
Кудайдын салган ишине,
Баатыр ай, көтөрбөскө чара жок.
Алдейлеп кармап турганга,
Баатыр ай, колдогу эркек бала жок!
Алты айчылык Бээжинди
Баатыр ай, алты күндүк жол дедиң,
Азирет тийбес Бээжинди
Баатыр ай, айласыз жаман кор дедиң.
Баатыр ай, абайлабай чалдырдың,
Алмамбет, Чубак шериңди
Баатыр ай, кытайга белек алдырдың.
Баатыр ай, кыймалуу жагын көрдүңбү?
Аяш жан, кыйналбай эсен келдиңби?
Кызырдуу шердин баарысын,
Аяш жан, кытайга белек бердиңби?
Кыймалуу жактан чалдырып,
Кыраандардын баарысын
Аяш, кытайга белек алдырып,
Сак-саламат келдиңби?
Аяш жан, ыслам жүзүн көрдүңбү?
Белиңе таңуу беренди,
Бел тутуп жүргөн көсөлдү,
Бейлөөсүз кара капырга
Баатыр ай белек кармап бердиңби?
Жети айчылык ал Бээжин
Баатыр, жети күндүк жол дедиң,
Жеткилең кара кытайды
Баатыр ай, мендеден жаман кор дедиң.
Алтынды тактың желекке,
Асылдардын баарысын
Аяш жан, алдырып келдиң белекке.
Аяш жан, Бээжинден эсен келдиңби?
Аяш жан, бейлебей алты ай салышып,
Берендердин баарысын
Аяш жан, белекке кармап бердиңби? »
Безилдеп каралуу катын турганда,
Кан Манаска ушундай жооп кылганда,
Баатыр тил сүйлөбөй алайып,
Аяштар минтип турганда,
Баатырың тилден калды шалайып.
Аяштын сөзү күчөдү,
Арман кылып кан Манас,
Ошондо каңырыгы түтөдү:

«Алмамбет астыга жүрсө ак жолум,
Чубагым артыма жүрсө сан колум.
Кечээ кара болот Зулпукор
Кындай жаткан кезимде,
Он сегиз миң ааламды
Сындап жаткан кезимде,
Калдайган шаардын баарысын,
Камап турган кезимде,
Каяшаяк бергенди
Карсылдатып моминтип,
Сабап турган кезимде,
Кең дүнүйөнүн тарында,
Алакемдин барында,
Мында өлбөй не болдум?
Алдырып ийдим жаман ат,
Алмамбет, Чубак ала жат!
Ак маралды кубалап,
Уй кылганда өлбөдүм,
Ааламдын баарын токмоктоп,
Мен, буй кылганда өлбөдүм.
Алмамбет менен Чубакты
Дөө кылганда өлбөдүм.
Кытай турмак кылымды,
Кыйратып сайып баарысын,
Кыйындардын барында
Ошондо, жөө калганда өлбөдүм.
Кара Бээжин, Камбылын
Камаганда өлсөмчү,
Калдай менен солоонду
Сабаганда өлсөмчү!
Кырк кез салган дубалын
Жол кылганда өлбөдүм,
Кызыл алтын дилдесин
Той кылганда өлбөдүм,
Каканчылуу Бээжинди
Камаган жылы өлбөдүм,
Калың алтын дилдесин
Талаган жылы өлбөдүм.
Өлбөй бир өксүй бердимби,
Бээлесе колго тийбеген
Берендердин баарысын
Капырай,
Бээжинге кармап бердимби?
Алдырып кайттым жаман ат,
Эй, Алмамбет, Чубак ала жат!
Кечээ Жылгындуунун оюнда
Жаяны кесип жечү элем,
Жанаша болсо Алмамбет,
Мен жаң-жуңду бузам дечү элем.

Курсагым жаман ачканда,
Мен казыны кесип жечү элем,
Курдашым Чубак турганда,
Кытай турмак, кылымды
Мен кыйратып ием дечү элем.
Ок өтпөгөн суп көйнөк
Кийишермин дечү элем,
Ойронум Алмам барында,
Он сегиз миң ааламга
Мен сүрүшөрмүн дечү элем.
Кара болот Зулпукор
Мен көөлөшөрмүн дечү элем,
Каным Чубак жан бирге
Караан болсо жаныма,
Он сегиз миң ааламга
Мен жөөлөшөрмүн дечү элем.
Кармаган туум сындыбы,
Адам, касташкан жан тындыбы?
Чалкар көл баткак болдубу?
Алмамбет менен Чубагым,
Атаганат Сыргагым
Шум кара жер сордубу?
Кечээ Таласта турдум жер жайлап,
Он эки аалым дин ыслам
Кимиси тилим алчу экен,
Айкайлатып баарысын
Айдап эле бардым кембайлап.
Байгамбар баспас Бээжиндин
Башаалуу төрүн басам, - деп,
Бадыша Алмам көк жалдын
Ичинде муңун ачам, - деп,
Кечилдин каны Коңурбай
Жылкысын тийип алам, - деп,
Айлам келсе Бээжинге
Алмамбет менен Чубакты
Кан көтөрүп салам, - деп,
Кайгуулга кирип кайрылган,
Мендей шордуу бар бекен?
Алмамбет, Чубак - эки кан,
Атаганат Сыргагым
Үч беренден айрылган
Баатыр ай, мендей бир шордуу бар бекен?»
Айза муштап заңгырап,
Баатырың өкүрүп алган аңгырап.
Баягы чогулган эли тарабайт,
Чоңдугун көрчү Манастын,
Бирөө кой дегенге жарабайт.
Баякы кайран долу Каныкей
Бадышанын алдына

Басып келди сумсайып,
Баса түшүп жаркылдап,
Алтындан кылган чоң сөйкө
Омуроодо жаркылдап:
«Баатыр, айтса арман арылбайт,
Баатыр, акырет кеткен эгиздер,
Баатыр, арман кылсаң табылбайт!
Телегейден тең өткөн,
Теңизиң Алмамбет, Чубак, Сыргак эр эмес,
Баатыр, телегей журтуң көп өткөн.
Өкүрсөң оозуң жабылбайт,
О дүйнө кеткен эгиздер,
Баатыр ай, өпкөлөсөң табылбайт!
Телегейи тең да өткөн,
Он сегиз миң ааламдан
Баатыр, ааламды гана бузган шер да өткөн.
Кайгырса жүрөк камыгат,
Капаланба, султаным,
Кайрандар кайдан табылат?
Каның Алмаң жалгызың
Табылгылуу колотуң,
Султаным, талыккан менен айла жок.
Султаным, Акбалтайдын Чубагы
Таптап койгон болотуң,
Улак кандын Сыргагы
Алтындан кылган сом Балтай,
Аларга өксөгөн менен айла жок,
Өлүк менен тириктин
Куран жүрөт арага,
Өткөндөргө көп өксөп,
Баатыр ай, жолукпа чердүү балаага!
Эчен бир дөбө - жер өткөн,
Баатыр ай, ал эмес
Атабыз Адам тең өткөн
Искендер гана, кожо Сулайман,
Дүйнөдөн зарлап ал өткөн,
Эчендер сендей кан өткөн!
Өткөнгө өксөгөн менен айла жок,
Кеткендерге,
Кейиген менен байда жок», -
Деп, ошонтүп, Каныкей,
Манасты колтуктап аттан түшүрүп,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында,
Дарбазалуу коргондо,
Каныңыз Манас кандын ордого,
Кантты кардай томурган,
Сары майды опурган,
Бөлөкчө жорук баштаган:

«Багылан козу, ширин баш,
Бадышам келсе жесин» - деи,
Байкуш катын Каныкей,
Бор кайнатып таштаган.
Кара чайын шимиртип,
Казы кертип, жал берип,
Көк жалга жалаң каймак май берип,
Асылың жеңекең сыйлап турганда,
Арка моюн арасы
Кабылдап калган кези экен,
Баатырдын айбалта тийген жарасы.
Ошондо акылдашы зор Бакай:
«Муздактын башы муз жайлоо,
Ошондо бурулбай кетчи, Каныкей,
Салкын жайга кончу эми».
Ошондо кайран катын Каныкей,
Желбегей тон кийгизип,
Желмаянга мингизип,
Бурамалуу жез найдар
Бурчунан кармап имерди,
Буркурап ыйлап жеңекең,
Үзүктөй калпак эр Шуутуну жиберди.
Мысыр менен Багдатты
Катар муну чалдырды,
«Үпү» деген бир дары,
«Апы» деген бир дары,
Төмөнкү кең Мысырдан алдырды.
Баякы берен катын Каныкей
Медийнаны чалдырып,
Мындан дары алдырып,
Желпиниште чалдырып,
Жеңекең мындан дары алдырып,
Кайнатма кара дарыдан
Баягы кайран катын Каныкей
Жарасына салды эми.
Ар чириктин баарысын
Кузгундатып тептирип,
Тышынан сууруп алды эми.
Кырма кызыл дарыны
Жеңең ичинен баса берди эми.
Ошондо ооруган жери басылып,
Кабылан султан каныңдын
Умачтай көзү ачылып,
Кубаттанып тирденип,
Ошондо, курган төрө ирденип,
Кайра көчүп Таласка,
Баатырың кең Талас бойлой конгондо,
Баштагыдан артыкча султан болгондо,
Тилге келбес адамды

Баатыр тилге салып коркутуп.
Дин билбеген капырды,
Баатыр ай, динге салып коркутуп.
Касиеттүү жан болуп,
Ошондо кайран баатыр кан болуп,
Буудандын оозун бурганда,
Баатыр ай, мурункудай турганда,
Бир күнү таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Бадыша оң жагына толгонуп,
Шашып амаз окунуп,
Короздой болгон кайран шер,
Тайбуурулду токунуп,
Эрмендүүнүн жонунда,
Ач-Маралдын боюнда,
Өлгөнбү десе тири арбак,
Баатыр ай, эрбейип караан көрүнөт.
Көрүнгөндөн көрүнөт,
Көрүнбөсө Манастын
Көөнү ошондо бөлүнөт,
Баягы аманат кылып табыштап,
Жүктөп ийген Алмамбет,
Астындагы баякы
Жүктөп ийген эмеспи,
Ай тийгендей жаркырап,
Сарала буудан көрүнөт,
Уй куймулчак Сарала,
Көктөн көк ала булут тутулуп,
Алмамбеттин сөөгүн
Айгайлаган сан колдон
Ошондо, аман алып кутулуп,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жарыктык
Кылт дегизип суу жутпай,
Кырт этип чөптү чайнабай,
Күндө тынып калбастан,
Күн мезгилин албастан,
Ай тийгендей Сарала,
Капкара бөлуп жөлөнүп,
Баягы алмадай болгон алтын баш
Капкара канга бөлөнүп,
Арандай оозу ачылып,
Оозунан көбүк чачылып,
Ошондо башын жерге салыптыр.
Айбан да болсо Сарала,
Айланса болот бууданга,
Жаныбар аза күтүп калыптыр,
Кең Таласты бет алып,

Жаныбар керилип качып алыптыр.
Жал-куйруктан айрылып,
Жаныбар чолок атка конуптур,
Жайнап турган Сарала
Быйыл Сарала чолок болуптур.
Эңкейген сайын эрди жоор,
Тырмактай жери таза эмес,
Тердик салчу жери жоор,
Бел этинин баары жоор,
Ээр салуучу жери жоор
Эчен бир жерден бели жоор,
Ошондо уй куймулчак Сарала,
Айбан да болсо жаныбар,
Ошондо убараны көп тарткан,
Алыстан сапар жол жүрүп,
Сарала арык болуп калыптыр.
Алакеңди көтөрүп,
Бүткөн бойдон айрылып,
Ошондо карып болуп калыптыр.
Жал-куйруктан айрылып,
Чолок эле атка конуптур,
Ошол кезде Сарала
Жаман атты болуптур.
Ит-Өлбөстүн кайкаң кыр
Желген экен Сарала,
Айбан көрбөс кордукту,
Баатыр ай, көргөн экен Сарала.
Алмамбеттин сөөгүн
Арткан экен Сарала,
Айбан тартпас азапты,
Ошондо тарткан экен Сарала.
Ээр белдей эчен бел,
Ашкан экен Сарала,
Эчен ашуу, таш жолду
Баскан экен Сарала.
Төтө менен төп жүрүп,
Желген экен Сарала,
Төрө Манас ак жүзүн
Ошондо көргөн экен Сарала.
Алмамбеттин сөөгүн
Аман-эсен жеткизип,
Төрө Бакай колуна
Ошондо берген экен Сарала.
Алмамбеттин сөөгүн
Алып жүрүп кайран шер,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Чалып жүрүп кайран эр,
Ат-Башыга келгенде
Чеч-Төбө жолун ойду - дейт,

Азизкандын жалгызын
Чеч-Төбөгө койду - дейт.
Кара динден ак болгон,
Жана капырдан качып жат болгон,
Жана сары талдан сайдырган,
Талы калган Бээжинде,
Сап алтындан жасаган
Тагы калган Бээжинде.
Чачып ийген жыйганды,
Издеген жалгыз ыйманды.
Капырга кандык сүргүнчө
Мекеге барып коном - деп,
Капырдын каны болгончо,
Каймана бурут болом - деп,
Ошондо талак кылган буттарын,
Таштаган кытай журттарын.
А дүйнөнүн айынан
Баякы азаптуу тозок барынан,
Ошондо алтын тагын май кылган.
«Бусурман динге кирбейт», - деп,
Адалдын бирин билбейт», - деп,
Алтын тагын май кылган,
Атасы Азизканды жай кылган.
Көп жинине тийгенде,
Күмүш тагын кан кылган,
Күндө айтсам тилге кирбейт - деп,
Күн жаң-жуңду жай кылган.
Кара динден ак болуп,
Качып Алмаң чыкканда,
Өлбөгөндөн калышкан,
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын гүлү түшкөнчө,
Мыктап алты ай салышкан.
Сулайман тийбес Бээжинге,
Султан болуп кайрылган,
Ападал султан дин үчүн,
Энеси Алтынайдан айрылган,
Алакең айза кармап дин бузган,
Каканчылуу Бээжиндин
Казатына барганда,
Алакең каза болуп окко учкан,
Капырдан өлгөн шейитти
Ошондо Сараласын сойду эми,
Чеч-Төбөгө Алакеңди койду эми.
Капырдан окко учкан - деп,
Муну менен Чеч-Төбө
Үлкөн мазар болду эми.
Сараланы сойгондо,
Ошондо, Алакеңди койгондо,

Алмамбет жаңы өлгөнсүп,
Азапты жаңы көргөнсүп,
Достусу Манас кабылан
Токтобой ыйлап зарланып,
Алмамбеттин ордого
Өкүрүп келген чагы экен,
Эстен кетип эндиреп,
Манастын болбой калган табы экен.
«Жекени белге курчанган,
Жети түмөн кол келсе,
Желбегей кийип кол салган,
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы,
Алмамбет достум, ала жат,
Колоттогу карагат,
Кол кармашып кеткенге,
Кокуй күн, Алмам ала жат!
Алакем - кара жаак Акбалтай,
Кайкалатпай ким аштайт,
Каран түн түшкөн Бээжиндин
Кадимки жолун ким баштайт?
Кызыл болот желегим,
Алмамбет кытайдан келген белегим.
Кызыталак башка күн түшсө,
Кысталыш жерде керегим,
Өөдө чыксам өбөгүм,
Өлбөй кантип турамын,
Кокуй күн, Алмам жөлөгүм!
Бек бекиткен чебимен
Чын айрылып каламбы,
Береним Алмам шеримден,
Азизкандын жалгызы,
Алакем Сарала менен желгеним.
Атадан бирге тууган жок,
Алда Таала бир кудай,
Кытайдан айдап береним.
Ташка салса тарткызым,
Алакем жолдон кайра кайткызым.
Алакем көзү өткөн соң
Тирүү карап турамбы,
Асыл Алмам шеримди
Кара жерге кыямбы.
Күнүм кетти Бакай кан,
Менин күпсөрдө дарым күбүлдү.
Күйүттүү Манас кайран шер,
Бүгүн күпсөрдөй кандан түңүлдү.
Айлам кетти, Бакай кан,
Менин абийирим кандай жабылды.
Ыраазымын Алдага

Бүгүн Алакем сөөгү табылды.
Ай сайын болгон аркырап,
Аскардуу шамал жердейим,
Эчтеме келсе тартпаган
Кара кулак шердейим,
Айзалашса өбөгүм,
Алмамбет менин жөлөгүм».
Азаланып көп ыйлап,
Алмамбеттин ордодо:
«Асылым Алмам!» - деп ыйлап,
Ошондо өкүрүп Манас бүк түшүп,
Мээ аралаш сары зил
Кусуп ийип кан Манас,
Төбөсү менен тик түштү.
Ошондо кабылан энең Каныкей
Ыйлап ийди чыркырап,
Баатырдын башын жөлөп буркурап:
«Султаным, мээ аралаш сары зил
Бейпайга салчу оору экен,
Баатыр, сенин шилиңде жараң бар беле?»
«Айым, мен белимде жарам айтайын,
Кең Бээжиндин баткалда
Амаз окуп жатканда,
Сежидеге башым койгондо,
Аргынкандын Ажыбай
Алыста уктап алганда,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Мени керилип сайып салганда,
Айзанын учу коройуп,
Белиме калып калганда,
Аргынкандын Ажыбай,
Бек тарткын десем бош тартып,
Айзаны буруп алды эле,
Болоттун учу корс этип,
Менин белимде сынып калды эле.
Мен бул жерге жеткиче,
Оозу бүтүп калды эле,
Ар жагы зилдеп калды эле,
Байкачы бейлеп убарлаш,
Менин белимде жарам ушу эле».
Кабылан катын Каныкей
Ыйлап ийди буркурап,
Ошондо боздоп ийди чыркырап:
«Кокуй, төрөм, оңбой кал,
Сенин белиңде жараң көрбөгөн,
Сенин ажалыңдын жеткени,
Менин амалымдын кеткени.
Ошо кең Бээжиндин согушта,

Кара-Көлдүн баткалда
Амаз окуп жатканда,
Ошондо катын болбой эр болсом,
Канкорумдун алдында
Кароолчусу мен болсом,
Канкорумду Калча сайып турганда,
Ажыбай чоро мен болсом,
Сайбайт белем бүрүктү,
Сынабайт белем күлүктү,
Салбайт белем Бээжинге
Киши кылбас бүлүктү.
Сабайт белем далдайтып,
Коңурбай өңдүү бүрүктү,
Тарттырбайт белем Бээжинге,
Киши кылбас түлүктү.
Сойдурбайт белем казапты,
Бээжинге салбайт белем казатты.
Сындырбайт белем шырыкты,
Ургаачы болбой эр болсом,
Калчага көргөзбөйт белем кылыкты,
Салбайт белем Бээжинге
Менде кылбас бузукту.
(Канкордун ажалынын жетишин,
Карабеттин амалынын кетишин.)
Бээжинден берен келгенде,
Бейбагын эсен көргөндө,
Тар төшөккө жатканда,
Тамашага батканда,
Үстүнө колум артканда,
Боорума кынай тартканда,
Мында жара көрбөгөн,
Аркесканим дат алган,
Канчыктын ошондо көзү кашайган.
Адырдагы булактай
Жошулушуп турганда,
Аркар менен кулжадай
Кошулушуп турганда,
Жонуна колум артканда,
Боорума кынай тартканда,
Кызыкка минтип батканда,
Мында жара көрбөгөн,
Бадышамдын шердиги,
Кара беттин таалайынын кемдиги.
Маңдай сөөгүм кайкы эле,
Бадышам көзү жумулса,
Карабеттин күн көрөрү тайкы эле.
Менин кежиге чачым жок эле,
Баатырдын көзү жумулса,
Эмгегим толгон шор эле.

Менин талданган чачым чогуу эле,
Баатырдын көзү жумулса,
Менин маңдайым толгон шор эле.
Адырда жылкы алты сан,
Баатыр ай, аргымак-буудан аралаш,
Айдап алып тозмолоп,
Арканда эркек балаң жаш,
Азилде көзүң жумулса,
Ага-иниңдин баары кас.
Тоодогу жылкың тогуз сан,
Тобурчак, буудан аралаш,
Меники деп ээ болчу,
Тозуучу балаң мындан жаш.
Тоодой көзүң жумулса,
Аргын, огой журтуң кас.
Айкөлүм, көзүң жумулса,
Кандай болот жесир баш!
Султаным, керээзиңди айт, кебиңди айт,
Карабеттин корголой турган жерин айт!
Ай караңгы болгондо,
Бадышам, түндү эмине кыламын?
Арканда эркек туяк жаш,
Асыл көзүң жумулса,
Бадышам, күндү эмине кыламын?
Көк жалым, төрөм, баш көтөр,
Сени көрүүчү кишиң бар беле?
Кокустан көзүң жумулса,
Бадышам, көмүүчү кишиң бар беле?
Үзүлгөндү улоочу кишиң бар беле?
Уялаштай күйүүчү
Өзүңө жакын кишиң бар беле?
Алтының көп, дилдең көп
Баатыр ай, үлөшчү кишиң бар беле?
Аласаң жакын келди го,
Баатыр, сүйлөшчү кишиң бар беле?
Тулпарыңдын оозун
Буруучу кишиң бар беле?
Түнөрүп башка күн түшсө,
Түйшүктүү кымбат иш түшсө,
Туу түбүндө былк этпей,
Кабылан, туруучу кишиң бар беле?
Туйгун көзүң жумулса,
Кызматыңа былк этпей,
Туруучу гана кишиң бар беле?»
Ошондо Манас кабылан:
«Айым, келе бери колуңду:
Ажалым жетип мен өлсөм,
Мени менен сен өлсөң,
Өзөн бойлой конбогун,

Өрт өчкөндөй болбогун!
Жыйган алтын чачып кет,
Атаң Темиркан көздөй качып кет!
Кара кан барсаң батасың,
Темиркан барсаң жатасың,
Кан өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болуучу,
Атаң Темирканга барганда
Колуңдагы Семетей
Балтыр бешик чунакты,
Кыркып бергин чыбыгын,
Кылып бергин ырымын,
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Арка чачын кесе көр,
Тууганың Ысмайылга бере көр!
Ата жайын билгизбей,
Эне жайын туйгузбай,
Чунагың Семетейди бага көр!
Жашы он экиге келгенде,
Ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин,
Ошондо эне-ата жайын билгизгин.
Арбагым азыр бар болсо,
Жолунан колдоп алармын,
Бирим жолдош жар болсо,
Бир көзүмдү салармын.
Менин көзүм өткөндө,
Бу Талас саа жер болбойт,
Жыйылуу мүлкүң чачып кет,
Букарды көздөй качып кет.
Берки Абыке, Көбөш - эки арам,
Чыйбыт, Кочкор - төрт арам,
Ажыбай, Көлбай - алты арам
Чалгырты жүрчү көзүндө,
Чамасы келсе ушулар
Чалганы жүрчү өзүмдү.
Кыйшыгы жүрчү көзүндө:
Кыңырты жүрчү сөзүндө,
Кыябын тапса алты кул,
Кылганы жүрчү өзүмө.
Түбүндө бадыраң темир курч болбойт,
Ушу, башка өскөн арам журт болбойт,
Курама темир курч болбойт,
Ушундай кутурган иттер журт болбойт.
Булардын бөөдөсү жүрчү көзүндө,
Мындай болсом кезек ит,
Бөлгөнү жүрчү өзүмдү,
Кыйшыгы жүрчү көзүндө,
Кыңыры жүрчү сөзүндө,

Кыябын тапса алты кул
Кылганы жүрчү өзүмө,
Абийирдүү киши ирикпейт,
Дүйнөдө, акылсыз иттер бирикпейт.
Эртең көзүм өткөндө,
Тел кулунуң жебейби,
Ошондо тең тууган болом дебейби.
Алтының болбойт көмүрчө,
Алты арам, абийирди билбейт семирсе.
Күмүшүң болбойт темирче,
Кезек кул, күйгөнүң билбейт семирсе.
Башайың болбойт кийизче,
Кезек ит баркыңды билбейт кийинче.
Кокусунан мен өлсөм,
Белгилүү жерге сен көмсөң,
Алты арам менен бириксе,
Колум тийген кандар бар,
Менден кордук көргөн жандар бар,
Кутулбачу доолор бар,
Кан төгүүчү жоолор бар.
Өлүктөн өчүн алчудай,
Көрүмдү ачып албасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбасын,
Бул жагына сак болгун!
Долум, кетмендеп көрүм оё көр
Бир адамга билгизбей,
Кеңеш салып Бакайга,
Билинбес жерге коё көр!
Берен катын Каныкей,
Берендигиң ашыргын,
Бек акыл ойлоп өзүмдү,
Бир бейлебес жерге жашыргын
Асмандан жылдыз чаңыттап,
Козголгондон келейин,
А дүйнөлүк өзүмө,
Дос болгондон келейин.
Жети-Сууну жердеген,
Көргөн жандын баарысы
Жеткилең мыктуу эр деген,
Кабыланын токуган,
Каңгайдын башын чокуган,
Кан кожодон бата алган,
Кабылан Кошой аталган,
«Кандан бата алам», - деп,
Мекеде беш жыл окуган.
Белгилүүдөн бата алып,
Берен Кошой атанып,
Батасы журтту байыткан,

Байкаган жанды жарыткан,
Алайган көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Катагандын кан Кошой,
Акылы жетик жан эле,
Чын бедердүү кан эле,
Айла табар ал эле,
Кан Кошойго кабар айт,
Кошой келсе көмөсүң,
Акыл салсаң Кошойго
Өз эркиңче болосуң.
Кең-Алайды жердеген,
Көргөн жандын баарысы,
Келберсиген эр деген,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын мендеси
Элемандын эр Төштүк
Жел куюнду атты эле,
Жер алдына түшкөндө
Жети жылы күн көрбөй,
Жер азабын тартты эле,
Эчен айза көөлөшкөн,
Эрендер менен жөөлөшкөн,
Кара болот кагышкан,
Чоюнкулак, Чоюн алп,
Муну менен эр Төштүк,
Эки жылы кармашкан,
Мындай айтса эр Төштүк,
Ысыламдын бели ошол,
Сыртын карап олтурсаң,
Кабылан тууган кан Төштүк
Ысыламдын шери ошол.
Кайран көзүм жумулса,
Кан талоосун кылдырбай,
Кайтарып алчу бел ошол,
Амыс-ар кылбай Төштүккө
Кеңешти салчу эр ошол.
Кейитип жаның кууратпай,
Кеңешиң салсаң Төштүккө
Туруп берчү эр ошол.
Эр Төштүктүн алдында
Чалкуйрук сындуу аты бар,
Мен өлгөндө зыйнатка
Алтымыш күнү турам - деп,
Төштүктүн эбакы берген каты бар.
Бел байлачу бел ошол,
Бедерин салса Төштүгүң,

Бейпайга салбай өзүңдү,
Күтүп алчу эр ошол.
Өзүн карап отурсаң,
Шай колдогон шер ошол,
Элемандын Төштүккө
Долум, кабар бергин, сен ошол.
Масейилди жердеген,
Ойрот деген эл деген,
Сапарбайды жайлаган,
Кең Турпанды кыштаган,
Карача кандын кан Сайкал,
Олоңдой болгон кайран чач
Кечээ төбөгө кынап түйгөндө,
Төмөнкү айылын чапканда,
Карача кандын Сайкалы,
Кечээ төбөлөшө киргенде,
Ойногон жерден чаң чыккан,
Каарынан жан чыгып,
Көк темир өңдүү тон кийип,
Алгара өңдүү ат минип,
Кырк чоронун баарысын,
Кыядан таап дарысын
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Түз болгон кайкаң тумшуктан,
Кум-Дарыя бетинен,
Жылгындуунун четинен,
Кыраан тууган кырк чоро
Жылкысын тийип алганда,
Кыйкырып Сайкал кубалап,
Ошондо колду салганда,
Бакайды сайып түшүрүп,
Балакетти кылганда,
Чубакты сайып түшүрүп,
Чуулгандуу кыз Сайкал
Чууну минтип салганда,
Кылчайбастан сайышып,
Кырк ойрон жөө калганда,
Улак кандын Сыргагы
Акылынан шашканда:
«Айкөл аба, кантет!» - деп,
Мени айлана качканда,
Азизкандын Алмамбет,
Алтымыш күнү сайышып,
Айзалашып жатканда,
Алмамбеттен бөлөгүн
Алегин такыр кетирип,
Айзалап аттан түшүрүп,
Көөдөгүмдөн оолуктум,
Карачанын Сайкалын

Алдынан чыгып жолуктум.
Айкырып айза сундуруп,
Айдай сары талаада
Алыша албай турганбыз.
Түзөңүрөөк урчукка,
Түз болгон тоонун тумшукка,
Түгөнүшө келгенде,
Ачууланып кан Сайкал,
Айза менен сайганда,
Айлам кетип барбайып,
Чаначтай мурдум дардайып,
Бутум кетип салактап,
Көзүм кетип алактап,
Ээримен эр кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Эрдигинен Сайкалдын,
Эс табалбай бир калдым.
Каарданып жөтөлүп,
Кайран Сайкал көк жалың
Опол-тоодой дардайып,
Аккуланын үстүнөн
Ала койду көтөрүп,
Ошондо Сайкал ой ойлоп:
«Бусурмандын шери экен,
Ачуум менен ыргытсам,
Ыслам бели сынат, - деп,
Катындан Манас сайдырып,
Калжайып калган экен, - деп,
Кабарын укса капырлар
Кайрадан кудай урат, - деп,
Муну атынан алып нетейин,
Аттан алып айкөлдү
Не мураска жетейин».
Ошонтүп атка мингизип,
Оңбогон Сайкал турганда:
«Капырды бузган шер кылдың,
Бир катынга тең кылбай,
Мынчалык неге кем кылдың?» -
Деп, ошонтүп, курган жан,
Демеп уруш салганда,
Тамандашып салышып,
Жакалашып алганда,
Дарт кумарды жазышып,
Айбалта менен чабышып,
Кылыч менен кыйышып,
Сабы колдо калышып,
Кум-Талаанын чөлүндө
Жеңип алдым Сайкалды,
Жембаштыктай бөктөрүп,

Жетип ачуум келгенде,
Эңип алдым Сайкалды.
«Башына жоолук салам, - деп,
Азабы өттү долунун
Тал түштө муну алам, - деп,
Ала чапан Айкожо
Арабызда турганда,
Бир туткан бирим ал эле,
Кыямат ике кыйганда,
Карача кандын кан Сайкал
Убада кылган кеби бар:
«Өлөрүңдө кырк күнү,
Зыйнатыңда турам, - деп,
Курандашкан жери бар.
Кан Сайкалга кабар бер,
Сайкал келсе көмөсүң,
Ошо күнү сен долум,
Өз эркиңче болосуң.
Төмөнкү Кырым деген элде го,
Кырк күнчүлүк жерде го,
Урумкан уулу Көкбөрү
Ободон булут козгошкон,
О дүйнөлүк достошкон,
Биттей кезде биригип,
Бармактай кезде баш кошкон,
Бирге ойношуп токушкан,
Төмөнкү Меке шаарынан,
Беш жылы сабак окушкан.
Аңгеме сөздү козгошкон,
Бир күндө үч жол достошкон,
Көкбөрүгө кабар бер,
Көз ачык куу жан өтпөсүн,
Атына коюп ар убак,
Айкөлүңдүн абийири мындан кетпесин.
Уккун, Каныкей бейбак, кебим бар,
Анжыянда кырк эшен
Алдыра көргүн ошону,
Доорунума туруугa,
Анжыяндын Айкожо
Жаназама турсун да.
Ошону алып келе көр,
Зарып кылып малымдын
Тең жарымын бере көр!
Бере турган себебиң,
Кымыз ичкен мас кезде,
Айкожону камадым,
Кырк эшенди сабадым.
Чын жиниме тийгенде
Илекисин таладым,

Өздөрүн иттей камадым,
Арак ичкен мас кезде,
Акылым суюк жаш кезде
Болбой ичтим бозону,
Боздотуп урдум ошону.
Алып ичтим аракты,
А дүйнөгө барганда
Каныкей, кантем ошо
Мойнума кеткен талакты?»
Ошонтүп Манас күңгүрөп,
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат кетчү эмедей,
Кыңгайлап Манас жөн тартып,
Кылагар көзү кылайып,
Кыйын бир болуп Манас кан,
Кыямат кетчү эмедей,
Кыстоо бир түшүп шалактап.
Бул оорусун көргөн соң,
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат кетчү эмедей,
Байкаса көзү алактап,
А дүйнө кетчү эмедей,
Ашкере ооруп шалактап.
Тарса-тарса жөтөлүп,
Талыктырып долуну,
Жаздыктан башын көтөрүп.
Өөдө туруп: «Өө!» - десе,
Өжөк-өжөк кан кетип,
Өкүрүп ыйлап токтобой,
Каныкейден ал кетип,
Дүпө-дүпө жөтөлүп,
Төшөктөн башын көтөрүп,
Өөдө болуп: «Өө!» - десе,
Бадышанын оозунан
Табак-табак кан кетип,
Жабыгып ыйлап чыркырап,
Баякы жеңекеңден ал кетип,
Көк жал кан көбүрөөк оору болгон соң,
Чылбырдай чачты буралбай,
Жеңең, чыркырап ыйлап тура албай,
Опсолоң ооруп бадышаң,
Оозунан чыккан кара кан
Он эки гана ороо толду эми,
Чыккан канын көргөндө
Чыңырып ыйлап жеңекең,
Чымындай айла таба албай,
Кабыландын ажалынын жеткенин,
Кара беттин амалынын кеткенин.
Маңдай сөөгүм кайкысы,

Бадышам көзү өткөн соң,
Кара беттин ырысынын тайкысы.
Эми кымыз ичпес кайран баш,
Төрөнүн көзү өткөн соң,
Моминтип, кыйгыл суугa зар болот.
Кыйындын көзү жумулса,
Момунда кайран жаным кор болот».
Ошондо Манас муну айтып:
(Обу жок оору болду эми),
Каныкей, жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө,
Кээ жерине келеп темир мадаткан,
Келтенин эле огун жадаткан,
Жебенин огу жетпеген,
Болоттун учу өтпөгөн,
Алты ай тынбай салышса,
Ок жаңылып кетпеген.
Анжыян, Кокон чалдырган,
Алты шаар, Кокон буласын,
Алым салып алдырган,
Ар бир жерге бышыктап,
Аянбастан салдырган,
Кийсе, кишинин мээрин кандырган,
Денеге боздогон бороон тийбеген,
Жоого ылайык Аколпок,
Каныкей, жаап койчу үстүмө!
Акка бир мойнум бурайын,
Аласа жакын келгенде
Алда! - ден, көзүм жумайын.
Кайран жан чыр дей түшкөнчө,
Атышка кийген Аколпок
Мен эрмек эле кылып турайын,
Асынса ай далынын айнеги,
Артыкча жанга күч келсе,
Аманат жандын баргеги,
Ойногондо очогор,
Чындап соксо кой чагыр,
Жандуу мылтык Аккелте,
Кечээ Анжыяндын ар жагы,
Намангендин бер жагы,
Кокон кандын колтугу,
Айдай сары талаадан
Алтымыш орус жер ченчи
Чыгып келген кезинде,
Тулпар оозун бурганда,
Каршылашып турганда,
Качып эле берген шарактап,
Алтымыш балбан орусту,

Талаага союп карактап,
Олжого алган Аккелте,
Каныкей, коюп койгун жаныма!
Алдага тобо кылайын,
Аласам жакын келгенче,
Эрмек эле кылып турайын.
Берииште беш колун мыктап салганда,
Анан кийин калайын.
Аманат жан кеткиче,
Ажалым далдап жеткиче,
Жандуу мылтык Аккелте
Коюп койгун жаныма,
Ошону эрмек кылып турайын.
Асмандан түшкөн боз кисе,
Кайран жан менен дос кисе,
Он бирге өзүм келгенде:
«Белиңе муну чалгын», - деп,
Айкожо ата бергенде,
Кыймыл болуп жер жүзү,
Жандын баары токтолуп,
Кисени берген Айкожо
Көздөн кайып болуп жок болуп.
Кысталыш жоого киргенде,
Кыйкырып белге чалганда,
Кырк чилтен жолдош бир болгон.
Касташкан жоону көргөндө,
Каарланып курчанса,
Кара чаар кабылан
Капталымда чамынган,
Кыйкырып белге чалганда,
Чолок куйрук арслан
Жандай салып камынган.
Асмандан түшкөн боз кисе,
Жаным менен дос кисе,
Билген адам кеп айткан,
Кайыбынан кабылган,
Кудай сүйүп табылган.
«Асмандан түшкөн кисе», - деп,
Билбеген аадан кеп айткан:
«Коконго кордук салганда,
Маргалаң чаап алганда,
Календерди камаган,
Дубананы сабаган.
Ак марал айдап уй кылып,
Жердин үстүн чуу кылып,
Ошондо зордуктап алган кисе», - деп,
Билбеген аадан муну айткан.
Каныкей, илип эле койчу кашыма!
Мекеден келген зор куран,

Айым, жаздап койчу башыма!
Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кыл мыктуусу,
Манас алган Зулпукор,
Ажыбай алган Ачболот,
Бакай алган Кылболот,
Алмамбет алган Жойкума,
Чубак алган Ачалбарс,
Сыргак алган Аркескен,
Алты болот курч ошол,
Ачуусуна тийгенде,
Ааламды бузган мүлк ошол.
Кыйкырып кындан алганда,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Кызыгып кындан чыгарса,
Кан ичпесе кайрылып кынга кирбеген,
Кабарын угуп алганда,
Качып душман сүрдөгөн.
Таштан кайра кайтпаган,
Темирден кайра тартпаган
Касиеттүү алты курч,
Каныкей, коюп койчу башыма!
Береки сайышка алган Сырнайза,
Караңгыда көтөрсө,
Ай тийгендей жарк эткен.
Касташкан жоого сунганда,
Бура тартып жалт эткен,
Чымын консо зыңк эткен,
Камчы сап тийсе каңк эткен,
Улатпай учун чыгарган:
«Кабылып тийген жерлери,
Кабылдап жүрүп өлсүн», - деп,
Адамдын көз жашы менен сугарган.
Беттешкен жоону көргөндө,
Бет алыша келгенде,
Муштаганда кармаган,
Ээси боо сүйүнгөн,
Канчалык күч келсе да,
Сынып кетпей бачагар,
Түпкүч болуп ийилген.
Оң жагында оруска,
Ойрон салган Сырнайза,
Кыр жагында кытайга,
Кыргын салган Сырнайза,
Жөлөчү жакын кашыма!
Каныкей, акка мойнум бурайын,
Аласа жакын келгенде,
Анан го көзүм жумайын,
Азыр тирүү чагымда

Медер кылып айзаны
Эрмек кылып турайын!
Кокусунан мен өлсөм,
Каныкей мени менен сен өлсөң,
Сен экөөбүз тең өлсөк,
Калып калса Семетей
Көчкөндө, көк бука өгүз минбесин,
Абыке, Көбөш - алты арам,
Көбүнчө койчу кылып жүрбөсүн.
Уй артына салбасын,
Жашында сабап жалгызды,
Жалтаң кылып салбасын,
Абыке, Көбөш - алты арам,
Моминтип өчүн албасын!
Каныкей, Күйүктүн белин ашып кет!
Көп дүйнөңдү чачып кет,
Эр өлгөндө катынга
Төркүн жакын болуучу,
Сен, Темиркан көздөй качып кет!
Темирканга барганда,
Колуңдагы Семетей,
Кыркып бергин чыбыгын,
Айтып бергин ошондо,
Ишене турган ырымын.
Жашы он экиге келгенде,
Колуна мылтык бере көр,
Азыз кылгын баланы,
Кайрадан Талас көргөзгүн,
Арбагым азыр бар болсо,
Жолунан тосуп аламын,
Жоболоңдуу жетимге,
Бир көзүмдү салармын.
Кабылан Бакай, кан достум,
Өзөн бир бойлой конбой жүр,
Бадыша Манас туйгундун
Бардыгындай болбой жүр!
Бардыгындай сен болсоң,
Кузгундай көзүн кызарткан,
Куу сакалын чубаткан
Куураган Бакай дебесин,
Куу жаның ошо күнү өлбөсүн!
Кан өлгөндө карыя,
Кашат бойлой конуучу,
Калың бир топко жолобо,
Төрөсү өлсө карысы
Төөгө бир жакын болуучу,
Төө кайтаргын, абаке,
Желмаян менен Бозбуура
Мойнуна тумар тага көр:

«Канымдан белек калды», - деп,
Жетимдин төөсүн бага көр!
Тоюң менен топот түш,
Топ болгон жерге жолобо.
Айыл-апа чырдашса,
Азарыңды салбагын,
Асты, Бакай кабылан,
Арасына барбагын,
Атыңды оңдоп токуп жүр:
«Айкөлүм, достум өлдү», - деп,
Кезинде аңгырап куран окуп жүр.
Адырга чыга токтоп жүр:
«Айкөлүм Манас өлдү», - деп,
Тилимди алсаң,
Аңгырап мени жоктой жүр!
Айзаны кармап бура көр,
Кайран жан ары кеткенче,
Акылыңды айтып калганга,
Кашыма карап тура көр, Бакай!
Катагандын кан Кошой -
Жаназама турсун де,
Элемандын эр Төштүк -
Кызматым мыктап кылсын де,
Урумкандын Көкбөрү -
Дүнүйөсүн чачсын де,
Карачанын Сайкалы -
Кандуу бетин тытсын де,
Анжыяндын кырк эшен -
Колум тийген жери бар,
Доорорнумду алсын де!
Кайран жаным өлгөндө,
Бакай, тоодогу жылкым тогуз миң,
Дооронго тору аттан байла бир миңди,
Адырда төөм алты миң,
Асыл бир жаным кеткен соң,
Төөмдөн байла бир миңди.
Бакай дос, алып ичтим аракты,
Кутказа көргүн мойнумдан,
Куткарар бекен куу жанды,
Баякы мойнумдагы талактан,
Куткара көргүн куу жанды
Зына күнөө, азаптан.
Башчысын сойдум ар кандын,
Малдарын жедим ар жандын,
Азапты элге чоң салдым,
Алтынын талап көп алдым,
Тилимди чындап алганды,
Тилим менен багынттым,
Тилге көнбөс ааданды

Сабап жүрүп жалынттым.
Он экиге келгенде
Ордо бузуп олжо алдым,
Он үчүмө келгенде
Ордолуу журтка кол салдым.
Кылычтын учун кан кылдым,
Кезиккен жерди чаң кылдым.
Тулпарды туура байладым,
Кыйыгыма тийгенди
Кылчайбастан жайладым,
Канга тоюп катыктым,
Жер үстүнө чыр салып,
Кабылан Манас атыктым.
Касташканды кармадым,
Кыйыгыма тийгенди
Кармап алып жайладым,
Кастарымды тиккенди
Азууга салып чайнадым.
Өзүм касиеттүү жан болдум,
Жер жүзүнө кырк эки жылы кан болдум.
Ат семирип ык болдум,
Жалгыз элем кырк болдум,
Кулаалы жыйып куш кылдым,
Кулдарды жыйып журт кылдым.
Алтын жыйып таш кылдым,
Ушу турган калыкка
Тентиген журтту баш кылдым.
Калмак болдум башында,
Өтмөк болдум көрдүңбү,
Элүү эки жашымда.
Кан чыгарып жайдырып,
Как Бээжиндин баткалда
Амаз окуп жатканда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Аркасынан сайдырып,
Болоттун учу корс этип,
Бел сөөккө сынып калыптыр,
Оозу бүтүп жымыйып,
Ар жагы ылайлап дүмөк салыптыр».
Аласасы жетүүгө баатырга
Жакындашып калыптыр.
Баягы кайран жеңең Каныкей,
Касиети чын качып,
Канкору ооруп келгенин
Ошондо билбей калыптыр.
Бакай кан менен Каныкей
Айланып басып карайлап,
Ошондо алапайын таба албай,
Баякы асыл жеңең Каныкей

Алты торпок, төрт тайга
Сатып алган акболот,
Алеттен баатыр кетерде,
Далдап туруп жаранын
Оозуна тийип салды эле,
Баягы ойноп жаткан болотту
Колун салып жеңекең,
Ошону сууруп алды эле,
Сөөгүндө калган ал болот
Ойногон бойдон жетиптир,
Кыр аркада жан жүлүн
Такыр чирип кетиптир.
Кыл муруту чубалып,
Кылангар көзү кылайып,
Ошондо кымбат оору, мүшкүл иш!
Баягы желгенине жел жетпес,
Басканына мал жетпес,
Жалпак өркөч кара нар,
Башында алтын окто бар,
Манас кандын Желмаян
Чөгөрүп койду кашына.
Аккула окко учканда,
Коргошундай Манасты
Койбой алып көтөргөн,
Эр Коңурбай, сан калдай
Баатыр Манас көк жалың
Эңкейиштеп кууганда,
Жаш экенин билгизбей,
Бугудай мойнун бураган,
Кытайга кыргын салганда,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Аркасы бийик, ээри бас,
Адырга салса оюбас,
Карачанын Сайкалы
Кагышып берген Буурул ат,
Санжыргалуу Сайкалдын
Тартууга берген Буурул ат
Баатырдын жакын байлап тушуна,
Байлап салса токтобойт,
Коё берсе оттобойт,
Айбан да болсо жаныбар
Ошондо айтайын десе тили жок,
Ошондо аза гана күтүп калыптыр.
Чыркырап ыйлап тура албай,
Кайран жеңең Каныкей
Аргынкандын Ажыбай
Айтып кеңеш салыптыр.
Ошондо бөдөнөдөй кайран көз

Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Аргынкандын Ажыбай
Арманын айтып турду эми:
«Ажыке, адырда жылкы ала баш,
Аргымак тулпар аралаш,
Ааламга кабар берүүчү,
Аркада эркек бала жаш.
Айкөлгө күйүп кетүүчү
Ага-ининин баары кас.
Зыйнатын мыктап кылууга
Аргын, кыргыз өзү баш,
Ааламга кабар чоң берип,
Кандарды жыйнап келүүгө
Аркада эркек бала жаш.
Ажыке, долоно саптуу айбалта,
Толгонтуп ийбей ким аштайт,
Тоодой болгон баатырдын көзү жумулса,
Муну тополоң кылбай ким баштайт?
Кара жаак айбалта,
Муну кармап колго ким илет,
Канымдын көзү жумулса,
Алакандай кайран эл
Муну капа кылбай ким билет?
Байгамбар чалыш баш аба,
Үзүлүп кеттим улачы,
Ажыке, чачылмак болдум жыйначы,
Өчмөк болдум тамызчы,
Ажыке, өлмөк болдум тиргизчи!
Алтымыш уруу тил билген,
Адамдан күлүк абакем,
Бейбагың гана тилин ала көр,
Кырк күнчүлүк жерде экен,
Урум деген элде экен,
Урумкан уулу Көкбөрү,
Аяшка кабар сала көр,
Ажыке, чабаганга бара көр.
Ажыке, жер үстүндө жети алп,
Баатырды чыр кылбастан коёлук,
Эркибиз менен бололук.
Баатыр ай, жетип жыйнап ала көр,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Абаке, төптөп кабар сала көр,
Төрөңө жакын кан болсо,
Абаке, баарын жыйнап ала көр,
Медийнанын беш бурчу
Белгилеп кабар сала көр,
Манас менен бек достошкон кан болсо,

Баатыр ай, ошону жыйнап ала көр!
Касташып жүргөн кандарга
Ажыке, кайрылып кабар бербегин,
Маңдайдан орой жан чыкса,
Бакылдап тийип Ажыке,
Өкүлдөп элге тийүүчү,
Ажыке, өкүмүң шериң Манас жок.
Ажыке, Чет-Кайттын жолун чалбай кел,
Жесириң мүшкүл көрбөсүн,
Ажыке, жетинчи күндөн калбай кел!
Ашуунун белин чалбай кел,
Ажыке, Айкөлүң минтип жатканда,
Адамды мүшкүл тарттырбай,
Ажыке, алты күндөн калбай кел!
Көмүлбөй калса достуңду,
Кылганы жүргөн душмандар
Чогулушуп албасын,
Өлүктөн өчүн алчуудай,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Караң күн даңгыттарга салбасын!
Акылсыз аадан болгон журт
Ушинтип кегин албасын!
Ажыке, азыр гана уккун кебимди,
Таштай көрбө Алайга
Төштүк өңдүү бөрүңдү,
Унутпагын ылайым
Кабылан Кошой шериңди.
Астыга салса акжолтой,
Кошой кан, айдап жүрсө сан колдой,
Бадыша Кошой келсин де,
Баатырдын аманында көрсүн де.
Карача кандын кыз Сайкал,
Долуга кабар бере көр,
Ажыкан, Шайык - эки дөө,
Ошондой эрге кабар бере көр.
Ажыке, ай караңгы болгондо,
Түндү кандай кылабыз,
Асыл Айкөлдүн көзү жумулса,
Баатыр ай, күндү эмине кылабыз!?»
Ошондо Ажыбай туруп муну айтат:
«Макул болот, Каныкей,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төптөп кабар салайын,
Төрө Кошой, Төштүктү
Төрөнү жыйып алайын.
Белгилүү жердин беш бурчу
Бейлеп кабар салайын,
Белгилүүнүн баарысын
Бет алып, жыйнап алайын,

Тил алдым, долум, барайын!
Атышка минген Карткүрөң
Айбандан кары бул эле,
Чамбыл-Белде Жанаалы,
Карач - эки дөө,
Адамдан артык шум эле,
Ажыбайдын касташкан жоосу бул эле,
Карткүрөң минсем чалбасын,
Мени кашаттан карман албасын,
Өлтүрбөсүн өзүмдү,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Жана долу, Каныкей,
Чукубасын көзүмдү.
Жолуман байлап албасын,
Калкына кабар салбасын:
«Каны Манас барында,
Канчалык бүлүк салды», - деп,
Ушүнтүп өчүн албасын.
Мойнума кайыштан аркан бурбасын,
Кызыталак башка күн тууп,
Кыстап душман турганда,
Карткүрөң баспай турбасын.
Ашуусу катуу зоо келип,
Ошондон учуп өлүп жүрбөйүн,
Агыны катуу суу келип,
Каныкей балам, агып өлүм калбайын.
Ак бороон чыгып алдымдан,
Балам ай, тоңуп өлүп жүрбөйүн.
Агын дайра көп кечип,
Астымдагы Карткүрөң
Туягы мукур ит эле,
Ашуу, тоону көп ашып,
Көңүлү калган ит эле,
Каныкей балам, Буурулду берчи минейин,
Каныкей балам, Буулумду берчи киейин.
Ач албарс белге чалайын.
Кызыккан жоо беттешсе,
Өчүмдү гана минтип алайын.
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Минтип кабар салайын,
(Аташкан Манас достума)
Баргын десең барайын.
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу,
Сенин тилиң алайын».
Ажыбай тилге кирген соң,
Тайбуурулду берүүгө,
Ошондо асыл жеңең Каныкей,

Көзүнөн жашын арталбай,
Алакчы дүйнө оңбой кал,
Же мурдунун суусун тарта албай,
Ичкелей басып тотөлөп,
Кайран катын Каныкей
Алып чыкты ордодон
Тайбуурулду жетелеп.
Ошондо, аяш экен Көкбөрү,
Ошондо, атайылап ат жазып,
Көкбөрүгө арманын айтып, кат жазып:
«Кечигип калса калды, - деп,
Келбей калса Көкбөрү,
Жанды кейитип эле шорго салды - деп.
Келбей койсо жан достум,
Ошондо аадандыгын билербиз,
Айтылымыш чын болсо,
Таңда макшар күнүндө,
Кара эшек эле кылып жүрөрбүз.
Масейилдин белинде,
Алай деген жеринде
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын мендеси,
Элемандын эр Төштүк,
Эзелки досту келсин де,
Достусу Манас кабылан
Тирүүсүндө көрсүн де,
Баатыр Чалкуйрук оозун бурсун де,
Кан Манас өтүп турганда,
Зыйнатына турсун де.
Ажыке, төрө Төштүк каныңа айт,
Төрө Манас ооpу - деп,
Төмөнкү журттун баарына айт.
Даанышман жакшы молдого айт,
Доорон алчу бакырга айт,
Жетпей жүргөн жесирге айт,
Чокой кийген мискинге айт,
Өлгөн жан тирүү калабы,
Бадышамын жер жүзүнө бир билинсин сабагы,
Тоюнсун бечара, мискин тамагы.
Арканы бар бутуңда,
Боолуу келсин бул жерге,
Дүнүйөсүн алдырган
Көк жалга доолуу келсин бул жерге.
Иш кыла албай тим калган
Кары келсин бул жерге,
Кожо, молдо, дубана
Баары келсин бул жерге.
Атасынан айрылган
Артыкча жетим бир болгон,

Дагы келсин бул жерге,
Дооранына баатырга
Миң карача төө берем,
Зыйнатына баатырга
Миң кара кашка бээ берем.
Калкка жеткен канатым,
Кан Көкөтөй ашынан
Артык кылам санатын».
Какшап айтып кабыштап,
Чабаганын баякы
Ажыбайга табыштап,
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Бурулбай жүрдү Ажыбай.
Астындагы мингени -
Кан Манастын Буурулу,
Колундагы алганы -
Алакеңдин болоту,
Жердин түбү Желпиниш
Барганы кетти Ажыбай,
Жетиги Манас кан оору болгон соң,
Жер үстүнө кабарды
Салганы кетти Ажыбай.
Эңкейишке киргенде
Эр Манастын Буурулу
Эликтей буту сайылып,
Адырдуу жерге барганда,
Жал-куйругу жайылып,
Эңкейишке киргенде
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот оодук
Көмөкөйдө карсылдап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып,
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы
Ажыбайдын төбөсүндө чыркырап,
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Кош колдо гана карышып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Ооздугун каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка каккылап,
Аргынкандын Ажыбай
Тайбуурулду мингенде
Көрүнгөндө көрүнүп,

Көрүнбөгөн баткалда
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Караңгы жайга бактырып,
Башына үкү тактырып,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Бурулбастан чураган.
Буудандыгын билгенде,
Буттап алтын зер берип,
Төмөнкү Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турсун бууданга,
Бейдаарат киши минбеген.
Кумга зуул, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн.
Энеси чөлдүн тобурчак
Атасы тоонун туу чунак,
Калбыр өпкө, жез билек,
Кара байыр казанат.
Кайыптан чындап жалгашкан,
Талыктырып Сайкалды
Тартууга алган Буурул ат,
Эзилген досту кыз Сайкал,
Энчиге берген Буурул ат.
«Эрмек кылып баласы
Ээ болуп минип жүрсүн», - деп,
Энчиге келген Буурул ат.
Талас менен кең Кырым
Кырк күнчүлүк жер экен,
Талыкпай жүрүп Ажыбай
Төгөрөктүн бурчуна
Кабар берген кези экен.
Урумкан уулу Көкбөрү,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Шашып амаз окунуп,
Кууказыкты токунуп,
Колун сууга малынып,
Кол дааратын алынып,
Кудуретке жалынып,
Курдашы досту Манасты
Куп келтире сагынып,
Келгендерден кеп угуп,
Кырк эки сан кол менен
Бээжин кетти - деп угуп,
Алек болуп Көкбөрү:
«Ажалым жетсе өлөм, - деп,
Өлбөй тирүү бир болсо,
Достум Манас көк жалга

Кол алышып келем», - деп,
Карача кандын Күлнары
Көкбөрүнүн катыны,
Адамдан артык акылы,
Караңгы эмес, түн экен,
Өзү кереметтүү күң экен.
Кара сурдун сулуусу,
Катындардын мыктуусу:
«Акыреттик дос Манастын
Акыры жүзүн көрөм, - деп,
Өлүп калса Манаска
Куран окуп келем, - деп,
Жаман болсо Каныкей
Аяшка үзүр айтам, - деп,
Эгерде аман ал болсо,
Эркек бала Семетей
Жентектеп кайра тартам», - деп,
Сары дилде, ак күмүш
Билге жүктөп алыптыр,
Талыкпай эчен жол тартып,
Манасты көздөй Көкбөрү
Сапар тартып калыптыр.
Сапарына аралаш,
Аргындын уулу Ажыбай
Арбуудан менен булкунтуп,
Урумкан уулу Көкбөрү
Астынан утуру барыптыр.
Карыз саламын айтышып,
Көкбөрү карап турбады,
Ажыбайды көргөндө,
Көк жалдын баарын сурады.
«Жылгындуу өзөн кең Талас,
Жериң эсен жатабы?
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын,
Элиң эсен жатабы?
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Айкөлүм Манас кабылан,
Шериңиз эсен жатабы?
Караңгыда көз тапкан,
Капылет жерде сөз тапкан,
Астыга салса акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Башын бар алтынга бөлөгөн,
Аягын чылк күмүшкө жөлөгөн,
Журт булбулу кан Бакай,
Бегиң эсен жатабы?

Кара динден ак болгон,
Кытайдан качып жат болгон,
Кан Азиздин көк жалы,
Алакең эсен жатабы?
Алышса адамдын алы жетпеген,
Бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Ойгуттардын кырааны,
Акбалтайдын Чубагы
Шериң эсен жатабы?
Жекени белге курчаган
Жети түмөн кол келсе,
Жеке аралап кол салган.
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Жашың эсен жатабы?
Кырктын башы Кыргыл чал,
Карың аман бар бекен?
Ырамандын Ырчы уулу
Баарың аман бар бекен?
Суу ич десе уу ичкен,
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Октон кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Жоо келсе кайра качпаган,
Манас кандын кырааны,
Чоролор эсен бар бекен?
Көргөн-туйган калайык,
Баары эсен бар бекен?
Аяш эне Чыйырды
Кары эсен бар бекен?
Эр Манастын өлгөндө көргөн чунагы,
Аты эр Семетей коюлган
Чырагы гана эсен бар бекен?»
Анда Ажыбай муну айтат:
«Кайран дос, калайык аман, кан аман,
Ушу кезде капа болуп биз калдык,
Калың журттун баары аман.
Азирет баспас Бээжинге
Абайлап чалгын чалдырдык,
Асылдардын баарысын
Чоң-Бээжинге алдырдык.
Кызыр тийбес Бээжинге
Кыңынан кирип чалдырып,
Кылганы экен Алданын,
Кыйындардын баарысын
Кытайга белек алдырып.

Керилген эчен кан өлүп,
Ал Бээжинге кез болгон жандын баары өлүп,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Бээжинге кирип кайрылып,
Белине таңуу кайраны
Бек Чубактан айрылып,
Музбурчак, Көкчө кан өлдү,
Мээнеттүү Бээжин жер экен,
Бейжайлуу кытай эл экен,
Кез болгон жандын баары өлүп,
Достуңуз Манас кабылан
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге келе албайт.
Жан бирге Манас достуңуз
Дүпө-дүпө жөтөлөт,
Жаздыктан башын көтөрөт.
Өйдө болуп: «Өө!» - десе,
Кабыландын оозунан
Өжөк-өжөк кан кетет.
Тарса-тарса жөтөлөт,
Жаздыктан башын көтөрөт,
Козголуп туруп: «Аа!» - десе,
Күрөк-күрөк кан кетет,
Күндө ыйлап чыркырап,
Аяшың Каныкейден ал кетет.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат көздөй алактайт.
Кандардын ызаат кылган аты, - деп,
Кайран долу Каныкей,
Мынакей, сизге арнап берген каты», - деп,
Алакандай кат экен,
Катын алып караса,
Кан Көкбөрү аты экен.
«Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Кыстоо түштү кыйын иш,
Кысталып түштү мүшкүл иш.
Күндөп-түндөп келсин, - деп,
Мубарек Манас достусун
Тирүүсүндө көрсүн», - деп,
Каныкейдин каты экен,
Кан Бакайдын аты экен.
Ошол катты көргөндө,
Көкбөрүнүн уулу эле,
Кудайдын сүйгөн кулу эле.
Адырмактын булагы,
Көкбөрүнүн өлгөндө көргөн эмеспи
Коёнаалы чырагы:

«Аяш атам Манасты
Колум менен көмөм, - деп,
Көкөтөйдүн ашынан,
Көбүрөөк өйдө иш кылып,
Зыйнат менен көмөм, - деп,
Белимди бекем бууйм, - деп,
Бээжиндеги кытайдан
Аяш атам Манастын
Бегирээк кунун кууйм, - деп,
Зыйнатына турам, - деп,
Сырттан аяш атама
Өзүм кызмат кылам, - деп,
Кас санаган жан болсо,
Төбөсүнөн басам, - деп,
Тил албаган кан болсо,
Төрт түлүгүн чачам, - деп,
Тил албаган жан болсо,
Тийип, союп бээсин,
Жайната муштап мээсин,
Жаман уруп ээсин,
Чыгарайын ушунтүп,
Капкайдагы кээсин.
Тил албаган кан болсо,
Буласын булап алайын,
Бул атамдын зыйнаты,
Өзүм калбай барайын!»
Коёнаалы, Көкбөрү
Кошо жүрдү Таласка,
Көрүнүшмөк болду эми,
Султаны көк жал Манаска.
Масейилди жердеген,
Баарыдан мыктуу эр деген,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Катылган тирүү калбаган,
Тогуз уулдун кенжеси,
Жараткандын мендеси,
Элемандын эр Төштүк,
Коёнаалы берениң,
Боо кабар салды - дейт,
Койбой жатып көйкашка,
Элемандын Төштүгүн
Минтип айдап алды - дейт.
Катагандын кан Кошой,
Калк атасы карыя,
Өзү шай колдогон олуя,
Эсепсиз кара капырдын
Эшигин ачкан кан Кошой,
Эрикпес кара капырдын
Төрүн баскан эр Кошой,

Кара кындуу болотун
Көөлөп жүргөн эр Кошой,
Капырга казат көп кылып,
Жөөлөп жүргөн эр Кошой.
Калайык көөнүн оорутпай,
Алакандай бусурман
Ээлеп жүргөн эр Кошой.
Кытайдын кызыл алтынын,
Артып алган эр Кошой.
Айкожонун Билерик
Кытайга түшүп кеткенде,
Кыргын салып кытайга,
Тартып алган эр Кошой.
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Батасы журтту байыткан,
Байкаган жанды жарыткан,
Кабыланды токуган,
Мекеде беш жыл окуган,
Олуя чалдан бата алган,
Кары Кошой аталган.
Мысыр менен Багдаттан
Мындан беш жыл окуган.
Кожосандан бата алган,
Кабылан Кошой атанган.
Жер жүзүнө кабарды
Чогуу бойдон салыптыр,
Катагандын кан Кошой
Карып келген чагында:
«Каның жаман болду», - деп,
Коёнаалы чунагың,
Катагандын кан Кошой
Кайгыртып айдап алыптыр.
Анжыяндын ала чапан Айкожо,
Аяш атам Манастын
Жаназага тургун - деп,
Аны айдап алды эми.
Ар жагында кырк эшен
Кырк эшенге барды эмн,
Кырк эшендин баарына
Кыйындан кабар салды эми.
Кысталып сыпаа сөз айтып,
Кырк эшенге барды эми:
«Аяш атам Манастын
Ызаатына туруп бер,
Артыкчасы кырк эшен,
Кызматыңды кылып бер,
Аяш атам Манастын
Дооранына туруп бер.

Жүр, кырк эшен, барып бер,
Менин тилим алып бер,
Көңүлүңдү жай кылам,
Кырк эшен, сени бай кылам.
Чыйырчыктай Сарала
Аладан байлайм бир миңди,
Билериктүү минилбес,
Курдан байлайм бир миңди,
Кара байыр казанат
Мындан байлайм бир миңди.
Аяш атам Манаска
Барып куран окусаң,
Миң карача төө берем,
Миң кара кашка бээ берем».
Чаначтай мурду дардактап,
Кырк эшен болбой койду барбактап:
«Манасың, бачагар киши болуучу,
Манасың, кызагар киши болуучу,
Манасың, Коконго кордук салуучу,
Манасың бизди сабаган,
Илекини талаган.
Манасыңа барбайбыз,
Сиздин тилди албайбыз!
Жумушубуз бар, тыйын бар,
Бизде таба турган буюм бар.
Эригип келсек жатабыз,
Тамеки биттеп жатабыз» -
Деп, ошондо муну айтып,
Болбой койду кырк эшен.
«Манастан көрсөң кордукту,
Менден көргүн чоңдукту,
Казамын калың оруңду,
Атаңдын көрү, кырк эшен,
Азыр кайнатам сенин шоруңду.
Чиемин түрдүү сызыкты,
Кырк эшен, сага кыламын
Азыр киши кылгыс кызыкты!»
Ошондо Коёнаалы чунак кул,
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерди,
Астында турган кырк эшен
Карсылдатып жиберди.
Кырк эшен качты жорголоп,
Баралык деп барбактап,
Баарысы тамекиге корголоп,
Кырк эшендин баарысы,
Басып качып жорголоп,
Мойнуна каны шорголоп,
Басканына мал жетпейт,

Кырк эшендин баарысы
Желишине жел жетпейт.
Куран окуур адамды
Шайлап келген кези экен,
Курутуп, сабап кембайлап,
Айдап келген кези экен.
Үй көтөрүп Таласка,
Баягы көргөнү келген дөөлөргө
Көргөзбөй султан Манасты,
Ойрон катын Каныкей,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүптүр,
Эсил жеңең Каныкей
Аркада эркек бала жаш,
Ага-ининин баары кас,
Ошондо эл башкарып жүрүптүр.
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көк жал жеңең Каныкей
Көзүнүн жашы он талаа,
Санаасы жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Айкөлдү кудай алар, - деп,
Ааламдан артык кайран шер,
Белгисиз болуп калар», - деп,
Алты жүз атан комдотуп,
Арканын мыктап оңдотуп,
Анжыяндын ар жагы
Намангендин туурасы,
Кокон кандын колтугу,
Күл майдамды чалдырып,
Күл ботонун топурак
Кире менен алдырып,
Чоң челекке чалдырып,
Эчки жүнүн септирип,
Уйдун жүнүн коштуруп,
Аксакалдын баласы,
Аралбайдай балбан сарт,
Алтымыш балбан кетменкор
Ылайын ошо тептирип:
«Алты миң эркеч бергин», - деп,
Аргынга алым салды эле,
Эркеч турмак таш бербей,
Аргын көчтү бир жайга.
«Жети миң эркеч бергин», - деп,
Кыргызга алым салды эле,
Эркеч турмак бок бербей,
Кыргыз көчтү бир жайга.
Баш бербей кыргыз турганда,
Каны өлгөндө дагы өлүп,

Калган экен кызыталак
Баякы калың журттун баары өлүп,
Болбосо эркечи кемчил эл беле,
Асылың Манас кабылан
Болбосо аяна турган шер беле.
Айласын таппай чыркырап,
Асыл жеңең Каныкей
Ыйлап турса буркурап,
(Бүгүн көргөн эртең жок,
Чиркин ушундай экен дүйнө шок.)
Тизесин жерге бүгүлтүп,
Баягы Коёнаалы берениң
Айдап кирди Таласка
Кырк эшенди жүгүртүп.
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Коёнаалы чунактын
Алыстан даңкын уккан соң,
Аргын журттан жан чыгат.
Айтканына көндү - дейт,
Алым салган эркечин,
Аргын айдап берди - дейт,
Салыгына көндү - дейт,
Ал баладан корккондон,
Кыргыз айдап берди - дейт.
Баякы кайран катын Каныкей
Жети миң эркеч бир кырып,
Кыш бышырып бек салды:
«Жети кылым өткүчө,
Жетигимдин күмбөзү,
Бузулбай турсун», - деп салды.
Алты миң эркеч бир кырып,
Кыш кайнатып бек салды,
«Алты кылым өткөнчө,
Айкөлүмдүн күмбөзү
Бузулбай турсун», - деп салды.
Кең Мекеде Супкожо,
Супкожону алдырды.
Ичине кыял ойдуруп,
Манастан калган аңгеме
Чоң сүрөтүн салдырды.
«Чоңойсо жетим келер, - деп,
Атасынын эрдигин
Өлбөсө бала билер, - деп,
Атакем Манас экен, - деп,
Акыры бала билер, - деп,
Кара бет энесинин кылганын
Кулунум көсөр болбосо билер », деп
Күмбөздүн оозу жагынан,
Бакыбай, Дуулат - эки кан

Аны тартты сүрөткө,
Алөөкө кан, Азизкан
Аны тартты сүрөткө,
Бээжинде болгон мунарык
Жолду тартып сүрөткө,
Мээнетти тарткан калың кол,
Колду тартып сүрөткө.
Аккуланы мингизип,
Аколпок тонду кийгизип,
Асмандан түшкөн Зулпукор
Билекке кынай чалдырып,
Кайнаган кара капырга
Качырып кыргын салдырып,
Алысыраак капырды
Айза менен кулатып,
Боз ала желек, кызыл туу
Кан Бакайга карматып,
Айгайлатып кытайды,
Кабылан Манас канына
Айдатып, аны тартып сүрөткө.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Узун бойлуу, кең далы,
Акбалтайдын Чубагы
Кытайга кыргын салдырып,
Калмактардын Жолоюн
Кан Чубакка сайдырып,
Аны тарткан сүрөткө.
Анын бир жак жагында,
Көкчебич өңдүү ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Кызыл чырай, ур жүздүү
Жекене белге курчанган,
Жети сан кара кол келсе,
Желбегей кирип кол салган,
Кан ичпей кайра тартпаган,
Өлүмдөн эгер кайтпаган,
Кечээ Каканчылуу Бээжинди
Камап айдап барганда,
Какайлатып кытайды
Сабап айдап барганда,
Айзалашып топ бузган,
Жыйырма бир чагында
Казасы жетип окко учкан,
Улак кандын Сыргагы,
Кан Манастын чунагы
Аны тартып сүрөткө.
Ай Сарала ат минип,
Алтын кемер курчанган,

Айдай бетин нур чалган,
Күмүш кемер курчанган,
Күндөй бетин нур чалган,
Кечээ сары талдан сайдырган,
Талы калган Бээжинде,
Сары алтындан жасаган
Тагы калган Бээжинде,
Алтын тагын май кылып:
«Азыркы динге кирбейт», - деп,
Атасы Азизканды жай кылып.
Күмүш тагын кан кылып:
«Күнөөсү артык экен», - деп,
Агасы Күн Жаң-Жуңду жай кылып,
Кара динден ак болгон,
Капырдан качып жат болгон.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы
Аны тартып сүрөткө.
Кырктын башы Кыргыл чал
Кыялы жакшы кан Шууту,
Элди тартып сүрөткө.
Баягы байкуш катын Каныкей
Жалгыз жанга билинбей,
Бир адамга көрүнбөй,
Желпиниш, Урум элинен
Жетимиш балбан алдырды:
«Ачык көсөм асылды,
Көрүн ачып алат, - деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат, - деп,
Кыйшык гана жүргөн душмандар
Моминтип гана өчүн алат», - деп,
Эчкиликтин кара зоо,
Мелбилдеген үлкөн тоо,
Мом темирден мүлк берип,
Болоттон кетмен курч берип,
Зоонун бетин ачтырып,
Манастын гана жайын каздырып,
Ооз жагын жасатып,
Жалгыз киши баткандай,
Ар жак жагын көөлөтүп,
Алты миң гана кой баткандай:
«Үстү түшүп кетет», - деп,
Сексен гана уруу жагына
Алтындап түркүк орнотуп:
«Ичи жарык жатсын, - деп,
Жакут таштан жардырып,
Сексен уруу жерине
Чырак кылып салдырып.

«Ичи чирип кетет», - деп,
Кайран жеңең Каныкей
Арсландыгын билгизип,
Мом темирлеп буздуруп,
Эптүүлүгүн билгизип,
Үстүнөн аккан кара суу,
Ичи менен жүргүзүп,
Алтындан жаткыч салдырып,
Үстүнө суптан жаптырып:
«Асты чирип кетет», - деп,
Арчанын күлүн төктүрүп,
Бир адамга билгизбей,
Жаңгыз жанга туйгузбай,
Алты арамга көргөзбөй,
Акыры журтка чап кылбай,
Багып жатты Манасты,
Шегин билген жан болсо,
Алдап жеңең жайлады,
Ооруп жаткан Манастын
Сарамжал мүлкүн камдады,
Өлгөн баатырда кенедей арман калбады.
Ошондо долу Каныкей
Үзүлгөнүн улады,
Чачылганын жыйнады,
Көзүнүн жашын тыйбады,
Сары алтын дилде кымбатты
Зыйнатына жыйнады,
Дин бусурман ыслам
Капаланып ыйлады,
Ыйлай турган себеби,
Кабылан диндин жөлөгү.
Бел байласа кайран шер,
Бели Манас эмеспи,
Бек кысталып иш көрсө,
Бейпай кылбай ошону
Бакчу Манас эмеспи,
Жердин жүзүн тим койбой,
Чалган Манас эмеспи.
Каарынан жан чыгып,
Калың журтка баш болуп,
Калган Манас эмеспи.
Кыр жагында кытайды
Кырган Манас эмеспи.
Ар кылганы Алдага
Жаккан Манас эмеспи,
Аргын менен кыргызды
Жел чыгарбай ар кайда
Баккан Манас эмеспи.
Телегейи тең эле,

Ичи кең дарыя-көл эле,
Өзүн Шай колдогон шер эле.
Аалам журтка бой бербес,
Арслан Манас эр эле,
Артыкча оору бир болуп,
Көк жалың алекти салды дегеле.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Кыйындап оору болду эми.
Жаздыкта Манас жатканда,
Жапаны жалгыз Каныкей долу тартканда,
Кабар берди канына,
Жаман мүшкүл күн болду
Калайыктын баарына,
Кабар берип жиберди
Карача кандын шаарына.
Карткүрөң менен ойнотуп,
Арадан эчен жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Карткүрөңдү чалдырбай,
Жамбаштап уйку кандырбай,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Карачанын Сайкалга
Кан Ажыбай барды эле.
Кан Ажыбай келгенин,
Кабарга койгон миң жигит,
Кадуудан көрө калды эле,
Карачанын Сайкалга
Катуу кабар салды эле.
Бу кабарды уккан соң,
Ордосунан оолугуп,
Ойгуттун каны чыкты эми,
Оңурайган кара сарт,
Ажыбай келип калганын
Кайраның Сайкал укту эми.
Угуп, чыдап тура албай,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынай түйдү эми,
Ок өтпөс темир калканын
Башына баса кийди эми.
Алтын жаак айбалта
Адамдын жанын чыгарган,
Ажыдаардын уусуна
Алты бөлүп сугарган,
Шилтегенде кызарган
Чабышкан жоого киргенде

Аркан бою узарган,
Алтын жаак айбалта
Билекке кынап чалды эми,
Кынынан суурул кыйкырып,
Кылычты колго алды эми,
Карачанын кан Сайкал
Кайра кудай эми уруп,
Каарданып алды эми.
Каарына жан турбай,
Оозунан өртү төгүлүп,
Карачанын Сайкалы
Опол-тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Карачанын Сайкалы
Оң далысы кең экен,
Ургаачы айыбы болбосо,
Кылымды кырар эр экен.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштээрине таш таппай,
Кесээрине баш таппай,
Сары конуш бел таппай,
Сайыша турган эр таппай,
Касаба колдо калкылдап,
Кара болот сыр найза
Оң колунда жаркылдап,
Опол-тоодой көрүнүп,
Аргынкандын Ажыбай
Кан Сайкалды көргөндө,
Көөнү жаман бөлүнүп,
Кан Ажыбай чечен кул
Карткүрөң оозун бурду эми,
Каарына чыдабай,
Ушу кепти кылды эми,
Манас жаман болгонун
Маанисин айтып турду эми.
Карачанын Сайкалы
Касиеттүү жан эле:
«Кан Манас оору болуптур,
Кырк күнү зыйнат кылам», - деп,
Сиздин убадаңыз бар эле.
Ооруп жатат кабылан,
Касиеттүү жан эле
Кыл муруту кыйшайып,
Кымбат түштү башына.
«Дегениме көнсүн, - дейт,
Азыраак мойнун бурсун, - дейт,
Акыреттик болуштук,
Аркада эркек балам жаш

Менин зыйнатыма турсун, - дейт,
Эл башкарып, журт бийлеп,
Кызматым өзү кылсын, - дейт,
Келбей койсо Сайкалдын
Жалганчысын билем, - дейт,
Айтылымыш чын болсо,
Келбей калса Сайкалды
Таңда макшар болгондо
Кара эшек кылып жүрөм, - дейт.
Калбай келсин деди эле.
Аманат айткан сөзү ушул,
Асылым Сайкал кутулдум,
Айкөлүм Манас кеби ушу».
Ажыбай мындай деген соң,
Ачуусу келди Сайкалдын:
«Кызыталак Ажыбай,
Кыйшаңдатпа кебиңди,
Бүктөймүн сенин белиңди,
Өлтүрөм сенин өзүңдү,
Чукуйм бир жак көзүңдү.
Сарт Ажыбай - жинди кул,
Атыңдын оозун тарта бар:
«Сабап салды Сайкал», - деп,
Манасыңа айта бер!
Ойлосоң боло, Ажыбай,
Оролмо тоонун урчуктан,
Оңурайган тумшуктан,
Ойрон Манас бетинде,
Кырк чоросу четинде,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жабылып кирип келгенде,
Сыр найза колго алгамын,
Сырттаның Манас шериңди
Ошондо көмө сайгамын.
Кырк чоросун кыйратып,
Алмамбеттен башкасын
Ошондо байлап алгамын.
Бир жол эмес Манасты
Алты жол көмө сайгамын.
Адырга жаккан куюн от
Отунсунуп калыптыр,
Жаңгыз жол мени сайганга
Алакөөдөн Манасың
Мени катынсынып алыптыр.
Айры өркөчтүү төө союп,
Ашкере ике кыйгансып,
Мени катынсынып калыптыр.
Атыңдын оозун тарта бар,
Бир өлмөктөн эки өлсүн,

Манасыңа айта бар!»
Каарданып кыз Сайкал,
Карткүрөңдүн үстүнөн
Түп этектен алды эми,
Арага келген Ажыбай
Түйшүктү башка салды эми.
Карачанын Сайкалы
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерди,
Аргынкандын Ажысын
Карсылдатып жиберди.
Кадырман Манас султандын
Өлгөнү бүгүн билинди,
Кан Ажыбай көк жалдын
Быштактай жону тилинди,
Айкөлү Манас чолпондун
Оорусу бүгүн билинди.
Мурутун булкуп ыргытты,
Сакалын жулуп ыргытты.
Карачанын Сайкалы
Каарданып токтобой,
Кылычты колго алды эми,
Кымбаты Манас мында жок,
Кызыкты минтип салды эми.
Кызыталак Ажыбай,
Атыңдын оозун тарта бар:
«Кызыкты Сайкал салды», - деп,
Манасыңа айта бар!»
Эки сапар кайрылып,
Көрүнбө менин көзүмө,
Жолобо менин өзүмө,
Калың казам оруңду,
Кайнатам капкайдагы шоруңду!
Олжого чечип киемин,
Көөнүм келсе, үстүңдөкү тонуңду!
«Ушинтип Сайкал салды», - деп,
Айтып баргын Манасыңа жообуңду.
Ажыбай, Бакай болгону,
Чып этип чымчык тие элек,
Катын турмак, Ажыбайдай эренге
Кара дөө жакын келе элек,
Кадырман Манас барында,
Ажыбай эч кимден кордук көрө элек.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Ажыбайдын көзүнүн жашы он талаа.
Сакалы сыйда бөлүнүп,
Муруттун баары жулунуп,
Ыраактап басып кайран жаш,
Каранды көрүп кайран баш,

Кайгыланып токтобой,
Мөлтүлдөп агат көздөн жаш.
Коңгурап ыйлап саргарып,
Кошуп бир келет Манасты,
Ажыбай бок дүйнөгө таң калып.
Кара шаар Камбылын
Камап турган кезимде,
Калдай менен шибээсин
Карсылдатып курган жан
Сабап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум!
Алты-Шаар, Кокондон,
Алты мнң жамбы, миң кундуз
Алым алып ошондон,
Тайлак төөдөй тайтаңдап,
Көөи турган кезимде,
Кең дүйнөнүн тарында,
Кешигим Манас барында,
Мында өлбөй не болдум.
Кылымга кызык салганда,
Кытайды талап алганда,
Мында өлбөй не болдум?
Омбуну бузуп олжо алып,
Ойронум Манас барында
Ортосун бузуп жол салып,
Оруп турган кезимде,
Ажыдаардай ааламды
Соруп турган кезимде,
Ажыбай, Бакай түгөй кан
Болуп турган кезимде,
Кең дүнүйө тарында,
Султаным Манас барында
Мында өлбөй не болдум?!
Менин колум тийбеген
Маргалаң кайдан соо калды,
Жет-Кайтка бүлүк салганда,
Желпиниш чаап алганда,
Мында өлбөй не болдум?!
Айкөл Манас, өлбөй кал,
Азапты куу жан көрбөй кал!»
Таласка келсе Ажыбай
Башы челек кан болгон,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болгон,
Чабаган барып кайрылган,
Сакалынан айрылган.
Таласка түшүп караса,
Ажыбайда сакал жок.
Баягы кайран катын Каныкей

Ажыбайды көргөндө,
Ыйлап турду буркурап,
Боздоп турду чыркырап.
Каныкей ыйлап турганда,
Тилегин кудай бериптир,
Коёнаалы көк жалың
Ошондо он экиге келиптир.
Бу да кудайдын сүйгөн кулу экен,
Көк бөрүнүн өлгөндө көргөн уулу экен.
Телегейи тең экен,
Жер жүзүндө дөөлөрдөн
Тегеле мыктуу уул экен.
Ыйлап турган Каныкей
Кирип келди сабылып:
«Аяш эне Каныкей,
Не арманың барбы? - деп,
Бекип жаткан белиңди айт,
Берен эне Каныкей,
Сенин бейпай болгон жериңди айт!
Кымбаттуу жаман доо барбы?
Кытайдан келген жоо барбы?
Кылчайбай эне чыныңды айт!
Быйыл, Буурул ат берчи минейин,
Каканчылуу жоо болсо
Бээжинге айдап кирейин,
Ыслам душман бир болсо
Мекеге чейин сүрөмүн.
Бейили заман жан болсо
Бет алды кармап аламын.
Бек кызыккан жан болсо,
Курмандыкка чаламын».
Каарданып турду эле,
Манастан калган кырк кыраан -
Кырк кыраанды жыйды эле,
Кырк кыраан такоол бере албай,
Чогуу эле кудай урду эле.
Аяш эне Каныкей,
Буулумду берчи киемин,
Буурулду берчи минемин,
Бу кабарды билемин.
Озунуп чыгып беттешип,
Карачанын Сайкалын
Мекеге чейин сүрөмүн.
Талыкпай Сайкал канчыкты
Талаадан кармап аламын.
Тамашаны карап тур,
Талыкпай кармап бир алып,
Курмандыкка чаламын.
Кас санашкан кол болсо,

Каарданса кыйратам,
Карачанын Сайкалын
Кармап алып талаадан
Кан Манаска ыйлатам.
Кандуу бетин тыттырам,
Кара чачын жайдырам.
Тирүү койбой тул кылам,
Каарданган Сайкалдын
Төбөсүнөн басамын.
Төрөсүнгөн Сайкалды
Кармап алып жанчамын.
Буланы булап аламын,
Бузукту быйыл саламын.
Каарданган Сайкалдан
Капкайдагы өчүм аламын.
Ажалым жетсе өлөмүн,
Өлбөй аман мен болсом,
Карачанын Сайкалга
Ушу быйыл барамын.
Каарыма катылса
Атасы Карачаны чабамын.
Эрге тийбес эскинин
Ээелки жинин кагамын.
Буурулду берчи минейин,
Аяш эне Каныкей,
Буулумду берчи киейин,
Зулпукор берчи алайын,
Сулуу долу Сайкалга
Өзүм жеке барайын».
Ордодогу казына,
Ойрон жеңең Каныкей
Ошондо алып берди буулумду
Алмамбет кылган Акканкы
Ошондо токуп берди Буурулду.
Буулумду кийип алган соң,
Буурулду минип алган соң,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Бала опол-тоодой көрүнүп,
Баданадай балкылдап,
Бала бастырса бети жаркылдап,
Он экиде чагы экен,
Ойротту бузар табы экен.
Шай колдогон шер экен,
Телегейи тең экен.
Бастырып чыкты алактап,
Ач бөрүдөй жалактап.
Асый чыкма Буурулду
Баса түшүп сөгүлүп,
Көк түтүндөй көрүнүп,

Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Бир караса Буурул ат
Кара буурул, тайкы жал,
Калбыр өпкө, жез билек.
Эңкейиштеп жол жүрсө,
Эликтей колу сайылып,
Өр таяна келгенде,
Ошондо жал-куйругу жайылып.
Басып өтсө чакмак таш
От жаккандай жылтылдап,
Будурга чыга келгенде
Бугудай мойну бултулдап,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Көкбөрүнүн Коёнаалы жалгыздын
Он экиде кези экен.
Жоодон кайра тартпаган,
Өрттөн кайра кайтпаган,
Өрттөнгүрдүн өзү экен.
Өзөндөн аккан булагы,
Өлгөндө көргөн эмеспи
Көкбөрүнүн Коёнаалы чырагы.
Касиеттүү жан экен,
Кабылан тууган бала экен.
Туулганда берендин
Орус тоюн жеп кеткен:
«Аман жүрүп чоңойсо,
Ойротту бузат», - деп кеткен.
Кытай тоюн жеп кеткен,
«Аман жүрсө бул бала
Кылымды бузат», - деп кеткен.
Желпиниш тоонун баткалда,
Энеси төрөп жатканда,
Оң колуна кара алтын
Кармай түшкөн жан экен,
Сол колуна кызыл кан
Уучтай түшкөн жан экен.
Оң колува кара алтын кармай түшкөнү:
«Кас санаган жоо болсо,
Мен өзүм казышып өлөм» - дегени.
Сол колуна кызыл кан уучтай түшкөнү:
«Кыйыкташкан жоо болсо,
Кызыл кандай кыйратып,
Мен өзүм жанын алам», - дегени.
Таластан чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Арага бир күн конду эми,
Эртеси чыгып жол тартып,

Ошондо кыз Сайкалда болду эми.
Карачанын кыз Сайкал
Опол-тоодой көрүнүп,
Каарданып тура албай,
Калган экен канчыгың
Кырк жигиттен бөлүнүп,
Баланын караанын көрүп алганда,
Айзаны колго алды эми,
Алдында кырк жигитке
Кылчайып кепти салды эми:
«Көктөн туман бөлүнөт,
Көк жал Манас зордукчу
Көрүнө тартып алды эле,
Тай чагында кетти эле,
Астындагы мингени
Менин Буурул атым көрүнөт,
Кыраанымдын жакшысы,
Кырк чоромдун ыктуусу,
Айзачандын мыктуусу,
Айла табар эр Болот,
Атыңдын оозун бура тур,
Болотум, алдыңкы жерде тура тур!
Мен Алгара оозун бурайын,
Адырга кирип келгенде
Мен, айкырып айза сунайын.
Көмө сайып салайын,
Мен, башын кесип алайын,
Астындагы Буурулду
Тартып алып талаадан,
Жылкыма кошуп салайын.
Алмадай башын кагайын,
Арамдын башын кесип алайын.
Болотум, жеткен жерде соёюн,
Ичиндеги кара кан
Кочуштап ууртап тоёюн!»
Ошондо Сайкал муну айтып,
Айбалтаны байланып,
Зулпукорду камданып,
Алгарасын алкынтып,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Будурмак тоонун бурчукка
Бузулуп кетчү тумшукка,
Тогуз жолдун тоомуна,
Каарданып кан Сайкал,
Жигитинен бөлүнүп,
Оозунан жалын төгүлүп,
Аттын оозун бурду эле,
Абайлап Сайкал турду эле.
Тозуп турган Сайкалды

Зыңгырап бала кенебей,
Карачанын Сайкалын:
«Баякы канчык экен», - деп,
Балаңыз бучкагына теңебей,
Киши дебей өттү эми,
Кылчайбастан кетти эми,
Буурул менен булкунтуп,
Мурунку бала өттү эми.
Ойлонгон ою түн болуп,
Карачанын Сайкалы
Ичине кайнап жин толуп,
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Бели артында мекчейип,
Көзү ар жакта чекчейип,
Кылычы кында кыңгырап,
Карачанын Сайкалы
Качырып келди зыңгырап.
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде кан Сайкал
Коёнаалы эренди
Капталга муштап өттү эле,
Сыр темирден сыр найза
Сексен жерден быркырап,
Кыйрап чыгып кетти эле.
Коёнаалы эрениң
Козголгон жок берениң.
Астында күлүк Алгара
Ала качып өттү эле.
Астына Сайкал кирген соң,
Жоо экенин билген соң,
Коёнаалы чунагың
Кыйкырыкты салды эми,
Кылчайып Сайкал оңолуп,
Кыябына келгенче,
Ай далыдан бир чапчып,
Тебетейдей бөктөрүп,
Ала койду Сайкалды.
Эңкейишке киргенде
Эңип кетти Сайкалды,
Жем баштыктай бөктөрүп,
Жеңип кетти Сайкалды.
Коёнаалы эрениң
Эр экенин билгизип,
Эңип алып Сайкалды
Ээр кашына мингизип,
Кыстоо түшүп башына
Бир ыгырып ийгенде

Кабырга сөөгү быркырап,
Карачанын Сайкалы
Ошондо ыйлап ийди чыркырап.
Бала кыстап жиберсе,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Бели кетти мекчейип,
Чыгар-чыкпас жан менен
Көзү кетти чекчейип.
Буту кетти салактап,
Көзү кетти алактап,
Шашканда жаман сабылып,
Коё берди ошондо
Коёнаалы чунагыңа жалынып:
«Түн жан алгыч көздөнгөн
Түрүү суук, кайдан келгенсиң?
Көкбөрү жездем көздөнгөн,
Күлнаары эжем жүздөнгөн,
Айтканыңды алайын,
Балам, айдаган жакка барайын!
Арага төкпө канымды,
Акыры кыйба жанымды.
Башаалуу ойрон эл мына
Башымды кессең мен мына!»
«Көп атым билбей сен жүрсөң,
Бейбагым, Көкбөрүнүн уулумун,
Тоюма бээ союлган,
Атым Коёнаалы коюлган.
Өлөңдүү жерге өрт койчу
Өрттөнгүрдүн биримин,
Кара суугa кан куйган
Кабыландын өзүмүн,
Кайран башка күн түштү,
Кан Манастын караган кара көзүмүн.
Таеже, сураса бербес Алгара
Бүгүн суук укурук саламын,
Сурнайдай болгон жаныңды
Бүгүн талаага башың аламын!
Талыктырдың көзүмдү,
Тамаша кылдың көзүмдү,
Мынча неге унуттуң,
Таалайлуу Манас шериңди?» -
Деп, ошонтүп, муну айтып,
Ыктап ийди ээрине
Коёнаалы чунагың!
Кайран жандан түңүлүп,
Кайгыланып сабылды,
Ошондо ыйлап чыркырап,
Балага жан соогалап жалынды:

«Желпиништен жөө желдет
Кечээ үй үстүнөн желгенде,
«Күлнаарыдай кызыңыз
Эркек бала тапты», - деп,
Менин атам Карача
Кечээ сүйүнчүлөп келгенде,
Жылкыдагы миң байтал
Сүйүнчүгө бергенде,
Оң кабарын укканда,
Ой олкулдап өттү эле.
Чын кабарың эшитип,
Ич солкулдап кетти эле.
Ошондо боконо соогүм болк эткен,
Сени тууду дегенде
Менин жүрөгүм жаман солк эткен.
Жетилбей жүрөт мен десем
Сен жетилип калган экенсиң.
Жетилдиң тилиң алайын,
Жээним, жан соога азыр барайын!»
Бурулткан жок дүйнөгө,
Шайлап алды Сайкалды
Чала-була өлтүрүп,
Айдап алды Сайкалды.
Ара жерге келгенде
Балаңыз сөздү салды эми:
«Аяш атам Манаска
Күйбөгүдөй жан бекен?
Аяш атам Манаска
Бышпагыдай жан бекен?
Таеже, өлтүрөм сенин өзүңдү,
Талаага чукуйм көзүңдү.
Болбосо, үмүт кылсаң жаныңдан
Кандуу бетиң тытып бар,
Кара чачың жайып бар!»
Ушуну айтып жаш бала,
Асмандан түшкөн алты курч,
Манас алган Зулпукор
Кармап алып сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Кылычты колго алганда
Кыйналып Сайкал калганы,
Олоңдой болгон кайран чач
Омуроо көздөй жайды эми,
Ур чырайлуу ак бетти
Карача кандын Сайкалы
Булкуп-булкуп алды эми.
Кандуу бети жыртылуу,
Кара чачы жайылуу:
«Алтымыш дайра кошулса,

Шар жериндей кан төрөм,
Түгөнгөн тоонун мойногу
Урчугундай кан төрөм.
Каз айланбас бийик тоо
Каргылуу төрөм, үлкөн тоо», -
Деп, ошонтип, кан Сайкал
Кошуп кирип барды эле.
Тытынып Сайкал барганда,
Ошондо Манас кайран кан
Дүпө-дүпө жөтөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Жаман болгон чагы экен,
Кылаңгар көзү кылайып,
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат кетчү эмедей,
Баатырдын кыйын болгон чагы экен!
Бээжинге кирип кайрылып,
Берендерден айрылып,
Баатырың болбой калган кези экен!
Төгөрөктүн бурчуна
Коёнаалы баланы
Так ошондо чаптырып:
«Өлбөстөн мурун кырк күнү
Зыйнатыңа турам», - деп,
Убадасы бар экен,
Кыз Сайкалга бактырып,
Кейишти салып бадышаң
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге, келе албай
Кейиштүү оору бир түшүп,
Ошондо адырда жылкы алабаш
Аргымак-буудан аралаш
Айдап күтчү бала жаш,
Ошондо ага-ининин баары кас!
Кейишин айтып коңгурап,
Кейимек болду бадышаң:
«Менин көзүм өткөн соң,
Кең Талас сага эл болбойт,
Бадыраң темир курч эмес,
Жердигинде башка өскөн иттер журт эмес.
Курама темир курч болбойт
Жердигинде башка өскөн иттер журт болбойт.
Алты арамдын чалгырты жүрчү көзүндө,
Чамасы келсе алты арам
Чалганы жүрчү өзүмдү.
Кыңырты жүрчү сөзүндө,
Кыйшыгы жүрчү көзүндө,
Мен өлгөндө сен өлүп,
Сен экөөбүз тең өлүп,

Өзөнгө тартып конбойлу, айым,
Экөөбүз өрт өчкөндөй болбойлу!
Эр өлгөндө катынга төркүн жакын болуучу,
Жыйылуу мүлкүң чачып кет,
Төркүнүң Темиркан көздөй качып кет.
Темирканга барганда
Тентегиң ташта долу күң,
Арка чачың өрө көр,
Алты айлык болгон Семетей
Бир тууганың Ысмайылга бере көр!
Мойнуна тумар тактыргын,
Бир тууганың Ысмайылга бактыргын.
Кири бар кийим кийгизбе,
Жашы он экиге келгенче
Кыргыздын жайын билгизбе.
Ата жайын туйгузба,
Жанды бир кудай жаратат,
Долум, жаным чыгып баратат.
Он экиге келгенче
Кармап бергин молдого,
Олок эле болуп калбасын.
Мылтык берип колуна
Мерген кылгын баланы.
Жашы он экиге келгенде,
Кайра Талас көздөгүн.
Арбагым азыр бар болсо,
Жолунан тосуп алармын.
Чакыр бери, Кошойду
Тилегениң бердиби,
Кошой, Төштүк келдиби?
Үзүлгөнүң уланып,
Чачылганың жыйналып,
Сарамжалың бүттүбү?
Чыкыр бери, дөөлөрдү,
Алып кир, бери алптарды,
Бир көзүмдү салайын,
Кыяматтык досторго
Учурашып калайын!
Катагандын кан Кошой -
Шай колдогон эр эле,
Элемандын Төштүгү -
Эзелки достуу эме эле.
Карачанын Сайкалы -
Кыяматтык боз эле.
Урумкан уулу Көкбөрү -
Бир күндө үч анташкан дос эле.
Кызырдуу бирим кырк чоро -
Кыяматтык шеригим,
Кадырлашым Каныкей -

Кара жандан кешигим.
Кысталыш жерде жол берген,
Караңгы күндө көз тапкан,
Капылеттен сөз тапкан,
Башын баргектүү талга жөлөгөн,
Аягын миң алтынга бөлөгөн.
Туу кармаса былк этпес,
Турган жерден кылт этпес,
Жоодон кайра тартпаган,
Өлүм десе кайтпаган,
Көктөн жылдыз козгошкон,
Кыяматтык достошкон,
Биттей кезде бириккен,
Бармактай күндө баш кошкон,
Кыябынан кабылган,
Кичине күндө табылган,
Абам Бакай кабылан,
Караан кылган олуям -
Канымды бери чакырчы!
Аргынкандын Ажыбай -
Акылга дыйкан эреним,
Капыр менен бусурман
Арага жүргөн берeним.
Кара тилин кайраган,
Кан алдына сайраган,
Чубурата сүйлөгөн,
Ашык сөздөн билбеген,
Аргынкандын баласы,
Үзүлүп кетсе улаган,
Кайран жанды аябай,
Эсенкандын алдынан
Бурулча кызды сураган,
Ажыбай, Бакай аты уйкаш
Карымды бери чакырчы!
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Кырктын башы Кыргыл чал
Жанымды бери чакырчы!
Ырамандын Ырчы уулу,
Ырдап тургун кашыма,
Төмөн кандын Төлгөчү,
Төлгө салчы башыма,
Ажыкан уулу Баймат таз,
Ыйман айтчы кашыма!
Жакыным кел, жаным кел,
Жалаң жолдош кырк чоро,
Бириң калбай, баарың кел!»
Манас кандын зор ордо
Эшигин Каныкей долу ачты эле:
«Канкорум жаман болду», - деп,

Кан Бакайга басты эле,
Кандын баары дүркүрөп,
Кан Манас көздөй басты эми.
Көөдөнгө батпайт көп санаа,
Токсон беште Кошойдун
Көзүнүн жашы он талаа:
«Токсондо Кошой кары өлбөй,
Тоодоюм Манас эр өлүп,
Манас эмес береки
Толуп жаткан бусурмандын баары өлүп,
Бел байлаган бел өлүп,
Мындай кудай урабы?!
Белгилүү Манас шер өлүп,
Өзөнгө бойлой кондумбу,
Манасым, өрт өчкөндөй болдуңбу?!
Токсонго чыгып мен өлбөй,
Тоодоюм Манас сен көмбөй,
Алдыңкы жолду чаңдатып,
Бусурман журтту айдатып,
Кара ашыма тойбодуң,
Кабылан, колуң менен койбодуң!
Кантейин, Манас кабылан,
Сенден мурун өлбөдүм,
Капыр менен бусурман
Кан Кошойдун ашы, - деп,
Манасым, дүрбөтүп айдап келбедиң.
Манасым, сен ааламга жеткен дүмөгүң,
Бадыша сенден айрылып,
Кошоюңдун көмүлбөй калды сөөгү.
Манасым, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт,
Капырдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай ысылам
Муну капа кылбай ким баштайт?
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт,
Береги толкуп жаткан бусурман
Тозок бир келсе кытайдан
Муну тоздурбастан ким баштайт?
Белекке калса боз кисе
Белине кынай ким курчайт?
Белгилүү Манас белегим,
Мээнеттүү жанга керегим,
Ысык-сууктан тозуучу
Орнотулуу чынарым,
Капырдан жаман иш келсе,
Ким жазат минтип кумарым?
Токсондо Кошой кары өлбөй,
Мындай кудай урарбы?!» -

Алапайын таба албай,
Кан Кошой кирди каңгырап.
Арт жагынан карасаң,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын мендеси,
Элемандын эр Төштүк:
«Манас кан, эгиз козу түгөйүм,
Эгизим сенден айрылып,
Эл баштап кантип жүрөйүн!
Ата, кудай буйругу,
Жаяны кесип жечү элем,
Астымда Манас кан турса -
Жаң-жуңду бузам дечү элем,
Кара найза, Зулпукор
Көөлөшөрмүн дечү элем,
Олуям Манас турганда -
Он сегиз миң ааламга
Курган жан, жөөлөшөрмүн дечү элем.
Ич этимден ок өтпөс,
Мен кийишермин дечү элем,
Ушу Манас барында
Он сегиз миң ааламга
Мен тийишермин дечү элем!
Ааламдын жаны тындыбы,
Айкөлүм Манас сындыбы?!»
Коңгурап ыйлап эр Төштүк
Кол алышып турду эми.
Урумкан уулу Көкбөрү
Көктөн жылдыз боз экен,
Манас менен бир күндө
Үч антташкан дос экен.
«Достум Манас олуям,
Аласасы кудайдын
Жаман болуп турдуңбу?
А дүйнө сапар жол тартып,
Алакандай ысламды
Достум сен, өрт өчкөндөй кылдыңбы?
Айтылымыш чын болсо,
Акка моюн бурабыз,
А дүйнөгө барганда
Достум, кол кармашып турабыз.
Буракка жүктү артарбыз,
Ажайып талак күнүндө
Достум, тең бөлүшө жатабыз.
Кош, жан достум Манас», - деп,
Кол кармашты Көкбөрү.
Көкбөрү минтип турганда,
Калайык ыйлап, кан ыйлап,
Карап чыдап тура албай,

Ошондо калктын баары ыйлап:
«Көмүлбөй эми калдым», - деп,
Баякы көк жалың Кошой дагы ыйлап.
Аманат жаны куурулуп,
Акыреттик зор Бакай:
«Асылым Манас өлбө, - деп,
Көзүнөн аккан кандуу жаш
Акырек ылдый жуурулуп:
«Кара-Шаар, Камбылын
Камаганда өлбөдүм,
Калдай менен шибээсин
Талаганда өлбөдүм.
Тайлак төөдөй тайтаңдап,
Көөп турганда өлбөдүм,
Алым салып кыздарын
Өөп турганда өлбөдүм.
Камап Бээжин калаасын
Алган жылы өлбөдүм.
Узунунан Ай Жаң-Жуң
Салган күнү өлбөдүм,
Алтын жыйып кытайдан,
Алым-салык көп салып
Алган жылы өлбөдүм!»
Бакай ыйлап буркурап,
Бадышаңыз көргөн соң:
«Абаке Бакай, ыйлаба,
Акырет сапар баратам,
Менин аманат жаным кыйнаба!
Алдасы буйрук кылган соң,
Жан алуучу бериште
Беш колун сунуп турган соң,
Казасы жеткен өлбөйбү,
Жараткан жазып койгонго
Мендеси кургур көнбөйбү,
Киргизбейби казган көр,
Батырбайбы кара жер,
Кайгырба, Бакай, каным сен,
Өзөн бойлоп конбой жүр,
Манастын бардыгындай болбой жүр
Кан өлгөндө карыга
Уйкудан бөлөк жаны жок,
Төөдөн бөлөк малы жок.
Топуюп белиң курчанып,
Топко бузук салбай жүр.
Бадышаң Манас барындай
Баатырым, жыйын болсо барбай жүр
Жыйынга абаң барганда,
Баякы куу сакал Бакай дебесин,
Куу сакал сөздү укканда,

Курдашың Манас дагы жок,
Бакай кан ошол күнү өлбөсүн!
Бакай кан, топ жагына аманат,
Желмаян менен Бозбуура
Жана Куу инген сизге аманат!»
Керээзин Манас айткан соң,
Кейишти бүткүл журт тарткан соң,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Чиркин, ушундай экен дүйнө шок!
Арка-моюн арасы,
Кабылдап ооруп кетиптир
Баякы айбалта тийген жарасы.
Жана кабыргадан кадимкидей баатырды
Алар оору табылган.
Жана кан чыгарып жайдырган,
Кыр арканын кезеңден
Алөөкөнүн Калчага
Өпкөнү жара сайдырган.
Болоттун учу бактырган,
Коркок болуп көп ойноп,
Жүлүндөн ары өтүптүр,
Муну менен баатырдын
Ажалы чындап жетиптир.
Аласасы келген соң
Бадыша тарса-тарса жөтөлүп,
Ошондо Манас кайран шер
Жаздыктан башын көтөрүп,
Өөдө болуп: «Өө!» - десе,
Өжөк-өжөк кан кетип,
Дүпө-дүпө жөтөлүп,
Күрөктөй башты көтөрүп,
Күүлөнүп туруп: «Аа!» десе,
Баатырыңдын оозунан
Күрөк-күрөк кан кетип.
Бадышадан түңүлүп,
Бүткүл кандарыңдан ал кетип.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат көздөй жөн тартып,
Алакай көзү жумулуп,
Акырет көздөй жөн тартып,
А дүйнө көздөй кетерде,
Коёнаалы жалгыздын
Ошондо он экиде кези экен.
Баякы ойрон жеңең Каныкей
Коё бербей Манаска,
Баланы кармап турган кези экен.
Аяш атаң Манас кан
Касиеттүү кан эле,
Аяш атаң Манастын

Тиктегенди соо кылбас,
Көзүндө каары бар эле,
Жүзүндө заары бар эле,
Карачу болсо оң кылбайт,
Байкачу болсо соо кылбайт.
Аяш атаң Манас кан -
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси.
Бел байлаган Мекенин
Бели Манас болуучу.
Бел байлаган ыслам
Шери Манас болуучу», -
Деп, ошондо Каныкей,
Каарданып жулкунтуп,
Кармап турду баланы
Коё бербей булкунтуп.
Кандарынын баарысы
Кол алышып өттү эми.
Кылт деп Манас кабылан,
Кымбаттуу тууган кайран шер
Кыямат көздөй кетти эми.
Ошондо Коёнаалы чунагың
Он экиде кези экен,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Урунарга too таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кирерине чаң таппай,
Ичерине кан таппай,
Каарданып токтобой,
Күйүп турган кези экен,
Күйгүлтүктүн өзү экен.
«Ушу аяш эне Каныкей,
Аяш атам Манаска
Учурашып кол тутпай,
Ушунтүп кантип калайын.
Ушу турган куу жанды
Аяш атам эр үчүн
Курмандыкка чалайын.
Керек десе өзүмдү,
Аяш атам Манаска
Аякташа барайын,
Керек десе өлөйүн.
Аяш эне Каныкей,
Кебнң менен курун кал,
Аяш атам Манастын
Азыз жүзүн көрөйүн,
Ай элем өзүм батайын,
Жолдош кылып чын алса,
Аяш атам Манаска

Аякташа жатайын.
Не дегенин угайын,
Айтса жоого чыдайын,
Атыша чыккан жоо болсо,
Желегин кармап жыгайын.
Аяш атам Манастын
Кытайдан келген жоо болсо,
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Орустан келген жоо болсо,
Омбуга айдап кирейин.
Аяш атам Манаска
Кол алышып каламын».
Берен энең Каныкей
Белинен кармап бир силкип,
Колунан кармап зыргытып,
Арт жагына ыргытып,
Салам айтып сабылып,
Кирип барды жаш бала:
«Атакелеп» жалынып,
«Кызырдуу Манас атаке,
Кыямат кетип калыпсыз,
Кысталып турган бусурман
Каран таштап салыпсыз.
Кадыры толук кан атам,
Сапарыңыз саламат,
Балтыр бешик балаңыз
Бир кудайга аманат!
Кабылан атам кан Манас,
Мураадыңа жетиңиз.
Адырда жылкы алты сан
Артыңа таштап кеттиңиз!» -
Деп, ошондо муну айтып,
Жумулуп кеткен Манастын
Колунан кармап калды эми,
Кымбаттуу тууган кайран шер
Кыйындап кармап алды эми.
Катуу кармап алган кол,
Кайра көзү ачылып,
Кайра ойгонду Манас шер.
Манас, Манас болгону,
Манас атка конгону,
Кытайга кыргын салганы,
Бу колдууну көрө элек,
Бул өңдүүнү туя элек.
Азарын Манас салды эми,
Коёнаалы чунакты
Көздөп карап калды эми.
Муну менен Манастын
Коёнаалы чунакка

Көзү тийип калды эми:
«Аргын менен огойдон,
Кылым менен кыргыздан
Эл башкарып жүргөндө,
Сан кыйылган жок эле,
Бу өңдөнгөн баланы
Түк көргөнүм жок эле».
Ошондо кайран катын Каныкей
Ыйлап ийди чыркырап,
Боздоп ийди буркурап:
«Оңбогон төрөм, оңбойсуң,
Качан болсо, ач көздүгүң койбойсуң!
Кашына турган жалын жеп,
Кулан чалыш болдуңбу?
Басарга буттан айырып,
Сен жылан чалыш кылдыңбы?
Билбей турсаң ушуну,
Кең өзөндүн булагы,
Көкбөрүдөй достуңдун
Коёнаалы чунагы.
Кокуй канкор, койгун», - деп,
Колунан тартып алды эми.
«Оңбогон, долум, оңбойсуң,
Акылга дыйкан Каныкей
Качан болсо болбойсуң.
Бу бала эми күлгүнүндө күбүлөт.
Жаш экенде жайрайт ээ,
Жети күндөн калбайт ээ.
Менин айткан сөзүмө,
Кыяматтык дос элек,
Коёнаалы чунакты
Бересиңби Көкбөрү?
Берип ыраа сен көрсөң,
Достум ай, канжыгама чалайын,
Ичиңди жыйбай жакшы бер,
Чырагымды жолдош кылып алайын.
Колума кармап жалгызды,
Кыяматтык тар жолдо
Достумдан алган белек - деп,
Ушуну кармап барайын».
«Достум, балам бир эмес, өзүмдү ал,
Достум, көөкөргө куюп канымды ал,
Балам эмес, жан достум,
Керек болсо жанымды ал!»
Сапар салып дүйнөгө
Упат болгон жери ошол.
Калайык ыйлап, кан ыйлап,
Кошой, Төштүк дагы ыйлап,
Ажыбай, Бакай кары ыйлап,

Кан Манастын кырк чоро
Айза сайып бакырып,
Айкөлүм! - деп чакырып,
Катар тура калган жер.
Короолоп кызыл тал бүтүп,
Кожосандар жар бүтүп,
Ушу бүгүн Кең-Шордо,
Баякы кайран катын Каныкей
Тарак тийбес кайран чач
Талынан кармап жулганда
Ошондо тал-тал токой тал бүттү,
Сайыпбуруш кайран шерге
Жараткан өзү жар бүттү.
Бетинен аккан кара кан
Тушардан кызыл таш болду.
Көзүнөн аккан кандуу жаш
Дайра эле кара суу болду.
Алты күнү ай чыкпай,
Ой тобой, ай караңгы түн болду.
Ошондо жалпак өркөч Каранар
Төмөнкү Меке шаарынан
Кабылан алып келген мал эле.
Желгенине жел жеткис,
Басканына мал жеткис,
Өзү төө дебесе,
Жаныбар касиеттүү мал эле.
Ок өтпөгөн бадана
Бүктөп жүргөн Желмаян,
Ок, дарынын баарысын
Жүктөп жүргөн Желмаян.
Кайыңдын башын чалбаган,
Жалпак өркөч Каранар
Казаттан калып калбаган.
Манас жаткан капшытка
Чөгүп алды Желмаян,
Көздүн жашы он талаа,
Төгүп алды Желмаян.
Анын бер жак жагына,
Кум-Булактын белинен,
Даарат алган жеринен,
Таап алган Кумайык
Араандай оозун асманга
Ачып алды Кумайык,
Адамдан артык оңгурап,
Аягына Манастын
Жатып алды Кумайык.
Тамак берсе татпастан,
Айбан да болсо Кумайык
Боздогон үнүн баспастан,

Эчен күнү даам татпай,
Куруп калды Кумайык,
Капшыттан чыкпай оңулдап,
Улуп калды Кумайык.
Кан Манастын Ак шумкар,
Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап,
Сасык жемдин баарысын
Чачып кетти Ак шумкар,
Кайып болуп көрүнбөй,
Качып кетти Ак шумкар.
Алтын кыска боолорун
Тытып кетти Ак шумкар,
Асманды көздөй көкөлөп,
Сызып кетти Ак шумкар.
Баягы асый чыкма Арбуудан
Бадыша Манас өлгөндө,
Байлап салса токтобойт,
Коё берсе оттобойт,
Айбан да болсо жаныбар
Аза күтүп алыптыр.
Ошондо кайран катын Каныкей
Кандуу бети жыртылуу,
Кара чачы жайылуу,
Калдайган кара башында,
Канкорунан айрылган
Отуз эки жашында:
«Адырда жылкы алты сан,
Аргымак, буудан аралаш.
Өз журтун кармап билүүчү,
Арканда эркек балаң жаш.
Тоодогу жылкың ала баш
Тобурчак, буудан аралаш,
Тозуп койчу бала жаш.
Тозокко салбай жанымды,
Тоодоюм көк жал, ала жат!
Ар ууруудан көйнөгүм
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай султаным,
Тарта гана кетчи койнуңа!
Бармактайда баш кошкон,
Султаным, биттейимде бириккен,
А дүйнө кеткен сен болдуң,
Азапты тарткан мен болдум.
Береки кара жаак айбалтаң
Кайкалатпай ким аштайт,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Аргын, кыргыз элиңди

Тополоң кылбай ким баштайт.
Ашкере тулпар ала баш,
Сенин ага-иниңдин баары кас,
Азабыңды тарттырбай,
Айкөлүм гана султан, ала жат!
Кабылан, а дүйнө сапар жол жүрүп,
Бөлүнттүң менин санаамды,
Муну кимге тапшырдың
Аркаңда алты айлык эркек balaңды? »
Ошонтүп ыйлап турганда,
Кайраның төрөң өлгөндө,
Каранды калың элиң көргөндө,
Абыке, Көбөш аралаш,
Алты арам түштү адырдан,
Көбүнчө өкүрүк эмес тамаша.
«Эсил кайран, ээй», - деп адамдар
Анда-мында унчугат.
Унчугуп келген алты арам
Ааламга гана жетет чамасы,
Манас менен аталаш
Алты арам кичи катын баласы.
Абыке, Көбөш - эки арам,
Чыйбыт, Кочкор - төрт арам,
Ажыбай гана Көлбай - алты арам.
Анда-мында оңгурап:
«Эсил кайран, оой», - деп,
Алты арам өкүрүп коёт зоңгурап.
Бул арамын көргөндө,
Баягы кайран жеңең Каныкей:
«Бу кыйшыгы бар алты арам
Төбөмдөн түшүп жанчат, - деп,
Төрөмдүн сөөгүн көмдүрбөй,
Буламды булап алат, - деп,
Бузукту алты арам азыр салат», - деп,
Алапайын табалбай,
Асыл жеңең Каныкей
Бетинен кара кан агып төгүлүп,
Балтыр бешик Семетей
Колтукка кысып табыштап,
Алты арамга ошондо чыкты көрүнүп.
Абыкеси ак пейил зууган эр эле,
Көбөшү, көп кара мүртөс эме эле.
Баякы кайран жеңең Каныкей
Айлана басып сабылып:
«Уулдар», - деп ошондо
Алты арамга жалынып.
«Сенин бел байлап эле жаткан белиң
жок, уул ай,
Сенин белесте зор шериң жок, уул ай.

«Белгилүү Манас өлгөндө,
Калгандар белеске бойлой конду, - деп,
Кан өлгөндө баары өлүп,
Өрт өчкөндөй болду, - деп,
Уул ай, өрт өчкөндөй болбогун,
Береки кыйыгы турган душмандар
Төбөңүздөн баспасын,
Төрт түлүк малды чачпасын.
Тийип алып бээңи,
Кыргын кылып жүрбөсүн
Ушул өлүккө келген дөөнү.
Каяшаяк бергенди
Кармап алып урбасын,
Таласта аргын, кыргызга
Кан талоосун кылбасын!»
Каныкей ыйлап турганда,
Ак бейил тууган Абыке
Артыкча гана сөзгө көндү эми,
Аргын менен кыргызга
Кыйкырып гана конок алды эми.
Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көнүшүп,
Аргын менен кыргызга
Ошол келген конокту
Камчыга ченеп бөлүшүп.
Ар бир түрдүү канына
Сексен төөнүн отунун
Жагышына берди эми,
Сексен ирик, сексен бээ
Ошондо союшуна берди эми,
Жаткан төөдөй, уйдай кант
Чагышына берди эми.
Түтүнгө конок тартышып,
Алты күнү алты арам
Эчтеме менен иши жок
Конок бөлүп алды эми.
Күн кылкылдап батканда,
Элдин асты жатканда,
Кайран катын Каныкей
Баякы Кошойго ыйлап барды эми.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Эрикпей жаткан бейиштин
Эшигин ачкан эр абам,
Капталуу жаткан капырдын
Калаасын бузган шер абам,
Айза кармап топ бузган,
Ааламдын каны эр абам.
Байкуш катын мен элем,

Бадыша кан Кошой сен элең,
Үзүлүп кеттим улачы,
Абаке, чачылып кеттим жыйначы,
Өчкөн отум тамызчы,
Абаке, өлгөн жаным тиргизчи.
Айкөл Манас иниңиз,
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси
Бекитилүү Мекенин
Бели көк жал эмеспи.
Бел байлап турган дин ыслам
Шери гана көк жал эмеспи.
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Кара суугa кан куйган,
Канга кирип катыккан,
Кабылан Манас атыккан.
Колу тийген чени бар,
Кордук кылган жери бар.
Ашкере койсок айкөлдү,
Же көрүнөө койсок Манасты,
Көрдү ачып албасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Өлүктөн өчүн алчуудай
Даңгыттарга салбасын.
Кандай акыл кылабыз?
Эми кандай айла кылабыз?
Ай караңгы болгондо,
Абаке, түн эмине болуучу?
Аркада эркек бала жаш
Мунун күнү эмине болуучу?
Ага-тууган алтоонун
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе моминтип
Чалганы гана турат өзүмдү».
Аланайын табалбай,
Кан Кошой турду маң болуп.
«Түгөнгөн дүйнө ушу», - деп,
Төштүк капа бир болуп.
Жана жеңең Каныкей
Түн ичинде баарысын
Чын ээрчитип алды эми,
Касиеттүү жан келген,
Төмөнкү Меке дылдадан
Ысламга ыймам болуп ал келген.
Баштап чыкты Кошой, Төштүк дөөлөрдү,
Чубатып чыкты ордодон
Көкбөрү менен Коёнаалы жөөлөрдү.
Алып чыкты чубатып
Кырк эшендей жөөлөрдү.

Бадыша Манас кандын сөөгүн
Кошой, Төштүк канына
Адалдап ага жуудуруп,
Супка салып оротуп,
Табытына салды эми.
Кечээ каралуу калган Каныкей,
Балтыр бешик Семетей,
Ат баштаган алты миң
Дооранына токутуп,
Жаназасын кан Кошойго окутуп.
Баш-аягын килем менен таңдырып,
Баякы асыл жеңең Каныкей
Тайбуурулга минди эми,
Колуна көөхардан күйгөн шам алып,
Ошондо жолду баштап жүрдү эми.
Эчкиликтин ташынан,
Өлө электе Манаска
Жай камдаткан башынан.
Оозун казган Каныкей
Жалгыз киши баткандай,
Ар жак жагын көөлөткөн
Алты миң гана кой баткандай.
Ичи жарык туптунук,
Жакут менен көөхардан
Аралаша жардырган,
Алты бучмак жерине
Ошондон гана жарык салдырган.
«Үстү урап кетет», - деп,
Алтымыш мелжем жерине
Алтындан түркүк орноткон.
«Ичи былжып кетет», - деп,
Мом темирлер буздуруп,
Эптүүлүгүн билгизген,
Үстүндөгү кара суу
Ичи гана менен жүргүзгөн.
Баатырдын жатар жайына
Алтындан орун жасаткан.
«Асты чирип кетет», - деп,
Арчанын күлүн төктүргөн,
Кырк жыл суута чыласа,
Кылт этип чети оңбогон,
Сексен жыл суута чыласа,
Серпилип чети койбогон,
Алтын түрдүү килемди
Астына кынап жайдырган,
Кайран катын Каныкей
Бу дүйнөнүн бейиши кылып салдырган.
Кошой, Төштүк карысы
Кирип кетти үңкүргө,

Ошол турган кырк эшендин баарысы.
Айза сайып өкүрүп,
Буйругу кымбат Алданын
Буйругуна да өкүнүп,
Бууданың Манасты койгон жери ошол.
Буйругуна көнүшүп,
«Таппат» сүрөө куранды
Таамай окуп беришип.
Катагандын кан Кошой
Карап турду сабылып,
Ошондо Каныкейге жалынып:
«Каныкей балам - кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын урдуусу
Балам, сени катын деген оңбосун,
Сени ургаачы дегендин
Эгерде иши эки болбосун!» -
Деп, ошондо муну айтып,
Чубап кандар чыкты эми.
Көп кайгырып Манаска,
Чубагандын артынан
Чуулап кандар чыкты эле.
Кейип басып токтобой,
Кейиш кылат кайран кан:
«Ушу Манас турганда
Ыслам көөнү ток экен,
Кабыландан айрылып,
Бизге кенедей кешик жок экен.
Кадырман Манастын көзү жумулду,
Азгынакай ыслам,
Манасыңдан айрылып,
Эми жаның тындыбы?
Канкоруң Манас сулады,
Түгөндүк ээ, бусурман
Эми түптүү го чынар кулады».
Таң кашкайып сүргөнчө
Кайра тартып алды эле.
Кан Манастын ордого
Кайрылып журтуң келди эле.
Ченсиз чебер Бакай шер
Кыйып алып теректи,
Жасаган экен дардайтып,
Так Манас өңдүү керекти.
Колуна колун тууралап,
Бутуна бутун окшотуп,
Супка салып оротуп,
Булгаары менен чаптатып,
Ак кийизди жаптырып,
Кадимки Манас окшотуп,
Табытына салыптыр.

Миң кара төөлөрдү
Дооранына байлаптыр.
Анжыяндын аркагы кымбат сарала,
Букардын булу кымбат карала
Жыртышына жырттырып,
Ат баштаган алты жүз
Ак эшенге берди эле.
Төө баштаган тогуз жүз
Кырк эшенге берди эми.
Жармак акы барларга
Жалактаган бээ берип,
Доо доолаган кандарга
Буттап алтын зер берип,
Кутулду Манас кыяматтык азаптан,
Кутулбай калды бадыша
Азганакай койнундагы талактан.
Болбосо кайран катын Каныкей
Куткарып чыкты Манасты
А дүйнөдө көрө турган азаптан.
Бир иши болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону,
Алып ичкен аракты,
Алып жаткан айнектей сулуу жалапты,
Кутултуп чыкты азаптан.
Алты арам кирип келгенде,
Айтканына көндү эми,
Табытка салып Манасты
Аргын менен кыргызга
Алты арамга берди эми.
Алып жүрдү аңгырап:
«Айкөлүм!» - деп заңгырап.
Кан Манастын коргончо,
Коргончо алып барды эми,
Айкөлүм - деп, колжойтуп
Жыгачты көөмп салды эми.
Кошой, Төштүк турушуп,
Өлүүчү антты кылышып,
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Убаданы бек кылды,
Өлүп кетер шерт кылды.
Ар түрдүү жылкы ала баш
Айкөлдүн артында эркек бала жаш.
Кызматын мыктап кылалы,
Калың элге даң кылып,
Манастын ашында бирге туралык,
Акылын бирге кылалык.
Кокустан кас санаган жан болсо,
Төбөсүнөн басалык,

Төрт түлүгүн чачалык,
Тийип алып бээсин
Жакыңдаса жайната муштап мээсин,
Чыгаралык ушинтип,
Капкайдагы кээсин.
Байлап эчен дөөсүн,
Чыгара муштап мээсин.
Чыркыратып баласын,
Зордук кылса жетимге
Такыр өрттөп иелик
Ошол тийгендердин калаасын.
Айзага желек тагалык,
Бул айкөлдүн баласын
Жашы он экиге келгенче
Көз чаптыртып багалык.
Урумкандын Көкбөрү
Эл четинде көзүңдөн,
Кабар болсун өзүңдөн.
Масейилди жердеген,
Баарынан кыйын эр деген,
Көрө жүргүн Таласты,
Кабарыңа ала көр,
Кабылан тууган Манасты.
Карачанын Сайкалы,
Убаданы кыла көр,
Манастын ашын бергенде
Туу түбүндө тура көр,
Убарлашың Манаска
Ушунтип кызмат кыла көр!
Калк атасы кан Кошой,
Кабыланың Манаска
Аш башкарып тура көр.
Калкка жеткен канаты
Кан Көкөтөй ашынан
Ашык болсун санаты!
Эчен-эчен дөө сайып,
Эчен кыйын жоо сайып,
Калкка кабар кылалы,
Кан Манастын бул ашын
Өлбөсөк берип тыналы.
Кыямат кеткен шериңе
Өлбөсөк кызмат кылалы,
Ааламга кызык сын кылбай
Кантип карап туралык.
Өзөнгө бойлой конбойлу,
Каны өлгөндө баары өлүп,
Өрт өчкөндөй болбойлук!
Оозу түктүү орустан
Он эки кылым жыйнайлык,

Кызыл чоктуу кытайдан
Кырк уруусун жыйнайлык.
Кызыл алтын, сансыз мал
Кылчактап аяп турбайлык.
Абайлачы досторум,
Абыке, Көбөш арамдын
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе алты арам
Чалганы турат өзүңдү.
Кыңырты турат сөзүндө,
Кыйшыгы турат көзүндө,
Кыялында алты арам,
Айдаган тилге түк баспай,
Кылганы жүрөт өзүмдү.
Ошо кезде береки
Коңгурап ыйлап токтобой,
Кошой гана кайтты элине.
«Белгилүү Манас өлбө», - деп,
Бегирээк кейип токтобой
Төштүк бир кетти жерине,
Карачанын Сайкалы
Канкорунан айрылып,
Кайгырып кайра тартканы.
Ошо кезде кыз Сайкал
Кандуу бети жыртылуу,
Кара чачы жайылуу,
Алгара аты жорголоп,
Кан аралаш кандуу жаш
Атынын тизесинде шорголоп.
Бөдөнөдөй кайран көз
Карачанын Сайкалы
Бөлөк-бөлөк жаш кетет,
Ителгидей кайран көз
Ирмеген сайын жаш кетет,
Кадырдуу тунук көзүнөн
Каалап ыйлап алганда
Камчы бою жаш кетет.
Карачанын Сайкалы
Касиеттүү жан экен,
Каныңыз Манас султандын
Кыяматтык жары экен.
Катын да болсо Сайкалдын
Телегейи тең экен,
Тең курбунан айрылып,
Ошо кезде кыз Сайкал
Куруп калган кези экен.
Кыз Сайкал ойрот каны экен,
Кыз Сайкалдын колунда
Эр Болоту баш болуп,

Кырк чоросу бар экен.
Карачанын Сайкалы
Айзакерден ыктуу экен,
Зайыптыгы болбосо,
Өзү ааламды билчү мыктуу экен.
Оң далысы кең экен,
Он эки мүчө тең экен.
Эр Болоту баш болуп,
Урушарга жоо таппай,
Урунарга too таппай,
Көөп турган кези экен.
Астыңкы тоонун тумшуктан
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды карасаң
Эр Болоттун чаңы экен,
Кырк балбандай жан экен.
«Манаска Сайкал тийди», - деп,
Кумар болуп кырк чоро:
«Таласка жетип коном, - деп,
Манаска чоро болом», - деп,
Күйүп жүргөн кези экен.
Карачанын Сайкалы
Как алдынан чыкканда
Каралуу түрүн көрдү эми.
«Каныңыз Манас өлбө», - деп,
Кайгыргандан өкүрүп,
Эр Болоту баш болуп,
Кыйкырыкты салды эми,
Каралуу бойдон калдактап,
Кайран Сайкал барды эми.
Карача ойгут каны экен,
Касиеттүү жан экен.
«Кыз Сайкал Манас зайыбы», - деп,
Угулган дайны бар экен.
«Бел байлаган белине,
Кейип келди кулунум
Манас өңдүү шерине.
Ким кейибейт, ким койбойт
Өзү тийген теңине,
Келберсип Манас кайран эр
Кейибечү шер беле,
Кейип балам келди», - деп,
Алтымыш катын кошокчу
Тул салдырып берди эми.
Ал күнү Сайкал конгондо
Таң кашкайып сүргөндө,
Ордого жарык тийгенде,
Эр Болот ыйман айтыптыр.
Бир түнөбөй ордого

Карачанын Сайкалы
Дүнүйөдөн кайтыптыр.
Кайгырып ыйлап кабылбай,
Атасы Карача канга
Сайкалдын сөөгү табылбай.
Ордосу калып, өзү жок,
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Сайкал антип өлгөн соң,
Көмдүрбөй кайып болгонун,
Көбүрөөк журту көргөн соң,
Ак сакалдуу карысы:
«Кыямат болуп Манаска,
Кызырдуу Сайкал кетти», - деп,
Өзөк кылып баарысы,
Кызырдуу Сайкал эр экен,
Кыяматтык Манаска
Журту менен коштошуп,
Кошулуп кеткен кези экен.
Сайкалды мындай таштайлык,
Урумкандын Көкбөрү,
Көкбөрүдөн баштайлык.
Көктөн жылдыз боз экен,
Көк жал Манас эр менен
О дүйнөлүк дос экен.
Шыдыр чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Томуктай болгон тоо чыгып,
Токумдай болгон коо чыгып,
Чамбыл деген жер экен,
Жердеп турган Чамбылды
Жанаалы, Карач дээр экен.
Желеден айгыр минишип,
Жерден бакан алышып,
«Жапирим!» - деп салышып,
Жаман уруш болуптур.
Ошондо бузукту Көкбөрү берен салыптыр,
Башта алты сапар ошону
Барып чаап алыптыр.
Өт жарышып, баш кескен,
Өлгөнчө өчү калыптыр.
Кыйын чыгып жеринен,
Кол жайнаган кези экен,
Аркы оогандын элинен,
Ээр белдей белеске
Эңкейип жетип барганда
Бозалалуу кызыл туу,
Бой-бойлогон ызы-чуу,
Агалалуу кызыл туу,

Ар жагына барганда
Айкайлаган ызы-чуу,
Желпилдеген туу келет,
Жер майышкан кол келет,
Аркы түрүн карасаң,
Айзанын башы чабышат,
Адамдын башы кагышат.
Он башчысы ороктоп,
Элүү башы сороктоп,
Бозалалуу туу болуп,
Казган бир калың ор болуп,
Канчалык миңче кол болуп,
Жазбай аткан мергенди
Жабырга бөлүп салыптыр,
Айзакерден ыктууну
Адырга гана бөлүп алыптыр.
Кылыччаны бетинде,
Кыйындары четинде,
Балтачаны бетинде,
Баатырлары четинде.
Кара жанга канышчу,
Качпай туруп салышчу
Кабыланын бир бөлгөн.
Кылыч тийсе кыңк этпес,
Кыйындарын бир бөлгөн.
Балта тийсе байкабас,
Баатырларын бир бөлгөн.
Кара мылтык карс этсе,
Качпаганын бир бөлгөн.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубасын бир бөлгөн.
Жанаалы, Карач эки арам
Кек ойлонуп жүрүптүр:
«Ошо Манас өлдү, - деп,
Ошого булар келди», - деп,
Ошондо жолдорун тосуп жүрүптүр.
Баатыр ай, жеке олуя курчанып,
Жеткилең каның Көкбөрү
Кууказык атты бир салып,
Ошондо жыйылышкан сан колго
Жеке кирди кол салып.
Орто жерин Көкбөрү
Оюп айдап кирди эле,
Тегерегин Коёнаалы чунагы
Союп айдап кирди эле.
Орто жерин жалгызың
Оюп келип берди эле,
Эки четин кыраанын
Кадимкидей Көкбөрү

Союп келип берди эле.
Антаңдап алыс качканын
Коёнаалы жаш көк жал
Айза менен аңтарат.
Андан алыс качканын
Чорт келте менен койгулап,
Чогултуп айдап сапырып,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Чамбыл-Белдин кыраңда,
Кыйын уруш бир болду.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү боо болду.
Эчен күлүк тулпардын,
Ээри түшүп бооруна,
Мойноп жүргөн мындан көп.
Эчен кыйын азамат:
«Эзил кайран бир боорум -
Балан жерге өлдү!» - деп,
Боздоп жүргөн мындан көп.
Антаңдап шашып жабылып,
Эселек тууган жаман эл
Ат-атына камынып,
Баары качып дыркырап,
Журтуң куруп сабылып:
«Кулдугум гана бар», - деп жалынып,
Колго түшүп чуркурап,
Калың журтуң турду эми.
Коёнаалы балага
Аттарын тартып турду эми.
«Журтту бөөдө кырбайм», - деп,
Айтканына көндү эми.
Калың журттун баарына
Кырбас антын берди эми.
Аяш ата Манас кан
Белекке берген чатырды
Белеске тигип салды эле,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Ок өтпөгөн тондорду
Баатыр чогуу чечип салды эми.
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Алдасына жалынып,
Ок өтпөгөн зоотту
Үстүнөн кыңай жамынып,
Баатырың уктап калды эми.

Он экиде жашы экен,
Күйүп турган чынарга
Жанаалы чочко кас экен.
«Кабырга сөөктүн кашы, - деп,
Как жүрөктүн башы», - деп,
Ирмесе огу оолукту,
Коёнаалы жалгызга
Ошондо тагдырдын огу жолукту.
Күл күнүндө күбүлүп,
Жаш экенде жайрады,
Ошондо атакеси Көкбөрү
Кууказык аттан тик түштү,
Мөгөжүлөп бүк түштү.
Таласка кирип кайрылып,
Күйөрүнөн айрылып,
Энекеси Күлнаары
Чөгүп калган жери ошол,
Кан аралаш көздөн жаш
Төгүп салган жери ошол.
«Кызырдуу Манас», - деп жүрүп,
Кыр жагынан чалдырып,
Коёнаалы чунагын
Ошол Жанаалыга алдырып,
Чамбыл-Белдин элине
Оң жагынан чалдырып,
Он экиде жалгызды
Орто жерде алдырып,
Манаска барып кайрылып,
Бадышалуу баладан
Ара жерде айрылып,
Караса көзгө кабылбай,
Баланын сөөгү табылбай:
«Жериме кантип жетемин,
Жалгызымды бу жерге
Көмбөй эле кантип кетемин», - деп,
Көбүрөөк ыйлап Көкбөрү
Азарланып алганы.
Артынан келип Күлнаары,
Карача кандын кызы экен,
Өзү ургаачынын узу экен,
Ойлосоң кадыр түн экен,
Өзү акылга дыйкан күң экен.
Күлнаары Бөрү катыны,
Өзү адамдан артык акылы:
«Султаның Манас достуңа
Көнбөдүң беле бадышам,
Уядан жалгыз чырагың,
Чырагың сурап турганда,
Достуң Манас шериңе

Сен бербедиң беле, бадышам!
Жалгызыңа кайгырган адам оңобу?
Баатыр ай, кайгы төлөө болобу?
Жалгызың бердиң белекке,
Сенин убадаң эки болобу?
Туйгунуң жалгыз чырагың
Мурадына жеткени,
Буйругу ушул кудайдын,
Муңдашың Манас жан достуң,
Туйгунду жолдош кыла кеткени», -
Деп, ошонтүп кайгырып,
Көкбөрү элге барды - дейт,
Күйүт түшүп ичине:
«Коёнаалы жалгызым өлүп калды», деп,
Кан Манастын зыйнатка
Көкбөрү келбей калды - дейт.
«Көкбөрү келбей калды», - деп,
Төштүк келбей калды - дейт.
Төштүк келбей калган соң,
Катагандын кан Кошой
Каны келбей калды, - дейт.
Баягы убаданы бек кылган,
Кандарынын баарысы,
Муну менен баары келбей
калды - дейт!

## 34 Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү

Аалым - (кээде аалим формасында да айтыла берет) - окумуштуу, билимдүү адам. Алгачкы маанисинде көбүнчө диндик илимдердин өкүлүнө таандык айтылган.
Абайы - I. Кылдан, жүндөн токулган одуракай кездеменин түрү. 2. Коолдолгон ат жабуу, абайыдан жасалган ат жабуу.
Аберген - чоң жылан, ажыдаар.
Агала жамгыр шыбыргак - кар аралаш жааган жаан.
Адам ата - дин түшүнүгү боюнча бүт адамдардын түпкү атасы.
Адеми - сулуу, кооз, көркөм, өтө баалуу.
Ажайып - (ажайыптан окуган) -эпос түшүнүгү боюнча аярлыкты, сыйкырчылыкты үйрөнө турган окуу.
Азирет - ыйык, касиеттүү; кээде халифтердин, пайгамбарлардын, касиеттүү ыйыктардын аттарына кошо айтылып, титулдук мааниге ээ болгон сөз.
Азуу сөйкөп карыбас - сөз айкашынын түпкү теги жылкынын карыганда азуу тиштери жешилип кетип, натыйжада чөп жей албай карып калуусу менен байланышкан. Бул жерде сөөгү бышык, карыбай турган асыл тукум жылкы дегенди түшүндүрүп турат.
Аленгир жаа - жаанын өзүнчө бир түрү.
Айдар - көкүл, же эркектердин (калмак) аркасына өрүлүп коюлган чачы.
Ай туяк - жакшылыкка арналып союлуучу жылкы.
Айча бел - ичке түтүкчөгө салыштырылган ичке бел.
Айчык - жарым ай сүрөтүндөгү белги, көбүнчө туу бетинде.

Айырмач - өзү ээрде жүрө албаган кичинекей бала үчүн атайын жасалган ат жабдык.
Акканкы ээр - ээрдин өзүнчө түрү, алдыңкы кашы жазы жана тегерек формада, анын бети оюу, күмүш менен коздолот. Акканкы ээрди кээде кыргыз ээр деп да аташат.
Акырет - тиги дүйнө, о дүйнө.
Ала - жагдай, абал.
Алакчы - бул дүйнө, жалган дүйнө, опасыз дүйнө.
Алаткак - 1. Адамдарга ырайымсыз мифтик жандык. 2. Кээде жапайы адам маанисинде да колдонула берет.
Албарс - 1. Мыкты, өтө курч болот. 2. Ошол болоттон жасалган өткүр, курч
курал-жарак. 3. Өтмө мааниде болот куралдарды сугарган уу.
Алман - түтүн башынан алына турган салык.
Алты шердин кенжеси - эл арасында мурдатан мифологиялык жана диндик маалыматтардан кеңири белгилүү болгон Сулайман (Соломон), Искендер (Александр Македонский), Аалы (Мухамбет пайгамбардын күйөө баласы, халиб Али), Үрүстөм сыяктуу өзгөчө баатыр аталган ысымдарга манасчы «чалыяр» деген сөздүн түпкү маанисин (төрт, дос) түшүнбөстөн аны да өзүнчө энчилүү ат катары кабыл алып, Манасты аларга кошуп, баарын алты шер деп атайт. Мындай түшүнүк эл арасында да колдонулганы бизге белгисиз. Кыязы, бул манасчынын эле өз жеке «табылгасы» өңдөнөт.
Апы - дары, айла, себеп-арга.
Асаба - (касаба деп да айтыла берет) туунун чүпүрөгү, кээде туу, желек маанисинде.
Аптама - колго суу куюучу, узун моюн кумган.
Апси - алкым, кулкун, сук.
Арып - 1. Тамга, жазуу тамгасы. 2. Айла-амал. 3. Сыйкыр дуба.
Асый - беш жаштагы жылкы.
Атборой - бүткүл жер жүзү.
Асылкеч - 1. Тамашакөй. 2. Өтмө мааниде: ынак, ысык сүйгөн, сырдаш.
Аяр - коргоочу, сактоочу.
Баабедин - Орто Азия элдеринде ыйык деп эсептелген адам, Бухара шаарынын колдоочусу. Эпостордо, ал гана турмак динге ишенген өткөн кылымдар учурундагы адамдар арасында ага сыйынуу, жардам сурап кайрылуу адаттагы көрүнүш болгон.
Баана - эш тутуу, караан болуу.
Багылан - бышып жетилген козу, сүт эмген козу.
Бадана - ок өтпөс тон, баатырлар кийүүчү соот.
Бадирек - 1. Кара ниет, бузук. 2. Кээде эр жүрөк кайраттуу, жалтанбаган
баатыр маанисинде да колдонула бе-
рет.
Бадыраң темир - иштетилбеген жөнөкөй кара темир.
Бажы - алык-салык, налог.
Баймактоо - атты казыкка бир бутунан байлоо.
Бакбурчун - Баг-кудай, Пур-уулу,
Чын-Кытай - Кытайдын кудайынын уулу. Эпосто шаар аты, кээде жалпы кытай маанисинде да колдонула берет.
Басма ылоо - өкүмдүн күчү, зордук менен ат тандап минүүнүн түрү. Минген аты начар болсо, же жүрбөй калса жолуккан тың, дурус атты өкүм менен минип кетүү.
Батман - алты пуддан он эки пудга чейинки өлчөмдөгү оордук чен.
Беренжи - кыргыздын илгерки көрпөчөсү. Кийизден, жүндүү териден жасап, эки жеринен оюп, ээрдин кашынан жана артынан өткөрүп коёт.
Бакбаяк - жылкынын туягынын үстүндөгү шыйрактын жилигине чейинки мууну.
Бакыл - сараң, ач көз, дүйнөкор.
Балчы - күзгүгө, койдун далысына, сыйкырчылык китепке карап, көзү ачыктык кылуучу адам,

төлгөчү.
Бараан - 1. Нерсенин алыстан бүлбүл көрүнгөн карааны, сөлөкөтү. 2. Өтмө мааниде: жөлөк-таяк.
Басыр - укуксуз, кордолгон, басмырланган.
Баткал - 1. Тоолуу жердеги ойдуң, кабак, айылдын боз үйлөрүн тигүүгө ыңгайлуу кеңири жер. 2. Эки-үч суунун куюлушундагы жер.
Бедөө - 1. Байыркы убакта чөлдө жашаган көчмөн араб уруулары. 2. Күлүк, тулпар ат.
Бейжай - 1. Урушчаак, алкынып кечке ажаандануу, ачуусун токтото албай улам күчөп урушкан адам. 2. Тажаал.
Берен - 1. Кыраан бүркүттүн бир түрү. 2. Өтмө мааниде ашкан баатыр,эр жүрөк. 3. Оозеки сүйлөшкөндө какшык түрүндө уятсыз, ар нерсеге суктук менен кол суна берген кишиге карата колдонулат.
Бешене - маңдай, чеке, баш.
Бичик - моңгол, калмактардын касиеттүү деп эсептелген дин китеби.
Борбуй - 1. Чандыр, жука чурай. 2. Өтмө мааниде боор, көкүрөк. Борбуюн көтөрүү - боорун көтөрүү, эрезеге жетүү.
Бөөдөй кууруу - баштан-аяк кыруу, аёосуз кылуу.
Бөз - пахтадан токулган кездеменин түрү.
Булааруу - күчөгүү, татаалдашуу.
Бут - ар түрдүү металлдардан адам турпатында куюп жасалган жана коздолгон сыйынуучу сүрөт. Эпос боюнча калмак, кытайлардын сыйынган кудайы.
Бута - мишень. Мылтык же жаа менен атууда кароолго коюлган нерсе.
Бүлдүргө - айбалтанын, камчынын, таяктын колго алып алуучу боосу.
Бүрүк - сүннөткө отургузулбаган, колу адалданбаган адам.
Бээлебей - кунт койбоо, сактык кылбоо, көңүл бурбоо.
Бокчо - 1. Жан баштык. 2. Бир бокчосун тинтүү - бир кишинин бүтүн сырын, ал-жайын билүү.
Бор - замбиректин бир түрү.
Бор кайнатуу - көпкө кайнатып, эзилте бышыруу.
Бөрсө - кенгуру.
Букарай шарып - касиеттүү Букар, ыйык Букар.
Бурак - 1. Эпостордо айтылуучу чаалыкпас, чарчабас күлүк, канаттуу ат. 2. Өлгөн адамдын арбагына арналып берилүүчү ат.
Буркан - будда дининдегилердин сыйынуучу атайын жасалган сөлөкөтү -идол. Эпосто, адатта, калмактардын кудайы деген мааниде колдонулат.
Бурку - түр; алтымыш бурку - алтымыш түрдүү.
Бурсат - убакыт, мөөнөт берүү, уруксат берүү.
Бурут - эпос боюнча калмактар кыргыздарды ушундайча аташат.
Буурсун - жыгач соко, тиши темир, же темир капталган жыгач түрүндө да болот.
Былкылдак куурай бышкыча – күз болгуча, күз мезгили келгиче.
Даакы - 1. Айбандардын түшө элек жазгы жүнү. 2. Кулундун, торпоктун терисинен тигилген күрмө. 3. Кээде эскилиги жеткен, же жыртылган кийим маанисинде да колдонула берет.
Даңгыт - чоң ит, дөбөт.
Даңза - эпос боюнча калмак, кытайлардын атактуу адамдарынын аттары жазылуучу дептер.
Даңкан - аттын туягынан ыргыган топо, таш ж. б. (туяктын туурасына жабышып уюп калган баткак, чалма да даңкан делет).
Денекул - түбөлүк кул, кул болуунун өзүнчө түрү. Дене кул ээсине түздөн-түз кызмат кылууга ылайыкталган кул. Мындай кулдар адатта эч качан азаттык алууга акысыз болушкан.
Дилде - беш сомдук наркы бар алтын тыйын.
Добулбас//доолбас - согушта урулуучу барабан.
Дөөтү - усталардын колдоочусу. Түпкү теги Дөөтү (Давид) пайгамбардын атынан келип чыккан.

Дулдул - 1. миф. Азирет Аалынын күлүк аты; 2. Мыкты күлүк.
Дүмпеки - дөдөй, жарым эс, келесоо, чалыш. Кээде өтө орой, кыялы чатак маанисинде да колдонула берет.
Далбаа - 1. Алгыр кушту колго түшүрүү үчүн коюлган жем. 2. Алгыр куштардын жалпы эле жеми.
Долу - беттегенин бербеген, көк бет, ажаан аял.
Дорбо - аттарга жем берүүчү баштык.
Дөөкүрсү - өзүн дөө сезип мактануу, ар кимге тийишип, күч көрсөтүү.
Дөөлөт - 1. Байлык, дүнүйө, бакыт, сыймык. 2. Бийлик. .
Душаң - кытай-калмакча титулдук наам, кээде уруунун аталышы.
Жагал - калмактардын улуктарын өзгөчөлөнтүп турган сырт кийими.
Жадыкөй - сыйкырчы, дубакөй, көз боочу, көз байлоочу.
Жайчы - жай таштын магиялык күчү менен аба ырайын өзгөртүп жиберүү кудуретине ээ адам.
Жапаа - 1. Азап, кыйноо. 2. Эзүү, кордоо. 3. Жүзү каралык, арамзалык.
Жеке - булгаарынын жумшак ийленген түрү.
Желдет - 1. Өлүмгө буйрук кылынган күнөөлүүлөрдүн жазасын иш жүзүнө ашыруучу адам. 2. Кызматчы жигит. 3. Өтмө мааниде залим, катаал.
Жылоо - тизгин, чылбырдын оздукка байланган жери.
Жагал - калмак тонунун бир түрү.
Жагдан - темир каптаган кооз сандык.
Жайсаң - жигит (чоро), кичирээк аскер башчылык чин, кээде князь деген мааниде.
Жаке - ага, аке-жаке.
Жакут - кызыл түстүү асыл таштын бир түрү.
Жаланкыч//жаналгыч - миф. Ажал периштеси.
Жан казан - алыс жолго чыкканда ала жүрүүчү казан.
Жебилге - коздолгон ат жабуунун чачысы.
Жекене - 1. Баатырлардын кемер куру. 2. Мылтыктын огун сологон кур.
Жер кайгуу - жер чалуу.
Жолум үй - кичирээк боз үй.
Жоро - жолдош, теңтуш.
Жороо (алымын артык жороду) - буйруу, өкүм кылуу, тапшыруу.
Жөкөр - чоро, жолдош, эпосто аскер, жоокер маанисинде да колдонулат.
Зер//Зар - 1. Алтын. 2. Баалуу мүлк, буюм.
Зилзала - жер титирөө.
Зулпукор - кылычтын энчилүү аты, кээде курч кылыч маанисинде.
Зубун - 1.Уруу. 2. Топ, бөлүк. 3. Аскер бөлүгү.
Зымырык - ир. Симург (жомоктогу өтө чоң куш).
Зындан — 1. Терең казылган ор түрүндөгү түрмө. 2. Бийиктик, жалама зоо.
Зээр - омок, өркөч, бодо малдын моюн жак жону.
Илекер - айлакер, арамза, кытмыр.
Идерлүү - мыкты, болумдуу.
Илек - жүз миң.
Илий - закон.
Инек - ургаачы уй.
Ит урушу - көп жоонун алдына түшүп качып берип, улам жеткени менен кармаша кетип, кайра качуу. (согуштук ык.)
Кадыр түн - дин ишениминдеги касиеттүү түн.
Казат - согуш.
Казанат - күлүк аттардын тукумунун аты, кээде мыкты күлүк деген мааниде да колдонула берет.
Кайгуул - жер кайтаруу, душмандын жолун чалуу, чалгын.

Кайгы төлө - капалануу, наараазы болуу.
Какан // каканчын - эпосто кытай падышачылыгы Кытай мамлекети деген мааниде айтылат.
Калбыр өпкө жез билек - шыйрагы узун, күлүк (аргымак чалыш) ат жөнүндө.
Калдай - калмак, моңголдордогу административдик мансаптардын бири.
Календер - дубана, дербиш.
Калча - 1. Сүрдүү, каардуу. 2. Көзү чуңкур коңкогой мурун, сүрдүү адам.
Калыйпа-1. Халиф. 2. Түрк султаны.
Камбар ата - миф. Жылкынын колдоочусу, ээси.
Кандагай - тоо текенин терисинен жасалган баатырлар кийүүчү шым, кээде жалпы эле калың тери, булгаары.
Канзаада - кан тукумундагы деген мааниде.
Капчал - аскалуу капчыгай, тоонун боору, жан жагы.
Кара байыр - таза кандуу жылкы менен жөнөкөй жылкыдан туулган тукум.
Карсак - түлкү, кээде бөрү, түлкү сыяктуу жойлоп жүрүүчү жырткыч айбандардын жалпы аты.
Карапчы//карыпчы - колго кийүүчү соот, жең кап.
Кас буудан - чыныгы, анык буудан.
Кашка - сапаты, кубаты, баатырлыгы жагынан өзгөчөлөнгөн, мыкты.
Келеме бото - тордоп жасалган сырт кийимдин бир түрү.
Келеме жака - алтын, күмүш зымдар келептеп оролгон жака.
Келеме шарап - куран, касиеттүү сөз.
Келеңкөр - баалуу кездемеге асыл таштардан, алтын-күмүштөн кооздоп жасалган чачпак.
Келте - байыркы мылтыктын түрү.
Керден - моюн.
Керик - бир мүйүздүү териси калың айбан - носорог.
Кериш - уруш-кериш, чыр-чатак, согуш.
Керчөө тон - эң мыкты тон.
Кечил - калмак монахы, кээде жалпы эле калмактар маанисинде да колдонула берет.
Кисе - 1. Ар түрдүү майда буюмдар тагылуучу кайыш кур. 2. Оттук жана милте салынуучу кайыштан жасалган баштык.
Кожосан - баатырларды колдоочу духтардын бири.
Колун канга малуу - антташуу жөрөлгөсү.
Комокойлуу/көмөкөйлүү – учунда темири бар (найза).
Коок - төөнүн ширисинен жасалган баш кийим. Туткундарды кыйнаш үчүн кийгизишкен.
Коросон - 1. Чечектин ээси. 2. Күчтүү, курч маанисинде.
Кочку - айыл башчысы.
Кош бадана торгой көз - ок өтпөс тондордун бир түрү - жасалуу ыгына, көрүнүшүнө карата ушундай аталат, б. а., эки катталган зым тор маанисинде.
Кошуун - кол, аскер, черүү.
Көөхар - көөр - асыл таш.
Кумка - калмакча сөгүү.
Курмандык - 1. Жамандык-жакшылыкка карата союлуучу мал. 2. Өлүм жазасы.
Күбө тон - 1. Ок өтпөс соот кийимдин бир түрү. 2. Сооттун алдынан кийиле турган жумшак жана калың атайын кийим. 3. Баалуу сырт кийим.
Куп - бодонун терисинен жасалган идиш.
Күпсөр - мылтыктын дарысын сала турган чоң баштык.
Күрмө - жеңи жок кийим.
Күрөө - калмак чиркөөсүнүн кызматкери.
Күрөөкө - кымбат баалуу кездемеден тигилген сырт кийим. Кээде күрөөкө соот формасында да айтыла берет.

Кыбыла - 1. Меке шаары тарап (Меке шаарындагы мусулмандар ыйык туткан атайын жай. Намаз окуганда ошол жайга карап окулат). 2. Кыргыздар үчүн батыш тарап (Меке шаары жайгашкан тарап).
Кыдыр // Кызыр - дин ишениминдеги адамга багыт берүүчү олуя.
Кынжы - каппас үчүн иттин мойнуна байланган эки калакча.
Кырк чилтен - сүйгөн кишилерин колдоп, таяп, дүйнөнү тынымсыз кыдырып жүрүүчү олуялар.
Каймал - беш жаштагы ургаачы төө.
Какай - 1. Эпосто чочко, кээде каман маанилеринде да колдонула берет. 2. Калмак, кытайлардын согуштук ураany.
Камчы сүйрөп кирүү - душмандыкты билдирүү.
Капка - 1. Эпос боюнча шаардын дарбазасы. 2. Илгерки мезгилдерде согуштук коргонуу максатында курулган чептер.
Карап - 1.Кыйратуу, бүлдүрүү, жоюу. 2. Талкандоочулук. 3. Оопат болуу. 4. Бүлүнүп, кыйрап калган жай.
Кас - 1. Артыкча, өзгөчө, мыкты, чыныгы. 2. Жеке өзүмдүк, менчик.
Көмүркөй - устанын аспаптары, майда-чүйдө буюмдары салына турган сандыкча.
Кутпа - түндүк тарапта бир ордунан кыймылдабай турган жылдыз.
Күлазык - көпкө бузулбай турган, алыскы жолго арналып жасалган кыргыз элинин байыркы тамак-ашынын бир түрү.
Көлүк - унаа.
Кыл мүчө - мүчөсү келишкен, абдан келишимдүү деген мааниде.
Кырмызы - 1. Чымкый кызыл түс. 2. Кызыл жибек.
Луң-туң - кытайдын айылындагы старчын.
Макшар - кыямат кайымдан кийинки сурак болоордогу эл чогула турган жай. Кээде тиги дүйнө маанисинде да колдонула берет.
Мар - жылан.
Маржан - кымбат баалуу шурунун түрү.
Машайык - 1. Карыя, урматтуу киши. 2. Шайыктар палатасынын башчысы. 3. Аксакал, уруу башчысы. 4. Мугалим, жетекчи.
Милте - 1. Мылтыкка от берүүчү эшкен кебез. 2. Кооздук үчүн баалуу кездемеден тилке бастыруу.
Мискин - бей-бечара, байкуш, карып.
Мойнуна буурчак салынуу – тилек кылуу.
Момо токоч - бууга бышкан, тузсуз тоголок нан.
Мөндү - калмакча «кел» деген сөз. Эпосто көбүнчө калмактардын уруш ураany катары колдонулат.
Мөрүн - жылкынын калмакча аталышы.
Мубарек - 1. Касиеттүү. 2. Куттук айтуу.
Муз мурут - бүркүттүн бир түрү, тумшугунун эки жагында муруту болот.
Мураапы - мурасчы, жөлөк-таяк.
Мураа - ата-бабадан калган энчи.
Мустайып - эпосто баатырлардын жүргүзгөн ишин жактырып, кубаттоого алган улук инсандар.
Мүшкүл - кыйынчылык, азап.
Мыйзам - 1. Күз болгондо гүлү уча турган гүл чөп. 2. Күз малы.
Мысалдаш - колго жасалган жүзүм шарабы.
Наадан - 1. Билимсиз, окубаган. 2. Өтмө мааниде: адепсиз, осол, орой.
Наздар - каалоо, күсөө.
Назыр - 1. Кайыр, садага. 2. Өлгөнгө арнап тамак берүү.
Ноот көл - 1. Малга туз, жем берүүчү тепши. 2. Суу жүргүзүүчү түтүк аркылуу толтурулган атайы жасалма көл.

Обо эне - адамдардын түпкү энеси.
Оён - 1. Байыркы учурда уруунун же тайпанын башчысы, жетекчиси. 2. Феодалдык мамилелер өнүккөн мезгилдеги өкүмдар, аким төрө. 3. Кийин жалпы эле башкаруучу, жетекчи маанисинде айтылып калган.
Окмур кумка - калмакча сөгүнүү.
Окоро түйгөн - томолоктоп түйгөн. Чылбыр, тизгиндин өрүлүшүнүн бир түрү.
Ойрон - 1. Кыргын, бүлгүн, талкалануу. 2. Баатыр, эр, кыйраткыч.
Олпок - 1. Жаш баланын бешигине төшөлгөн кичинекей төшөкчө. 2. Баатырлардын сырттан кийген жоо кийими.
Оомийин - куран окулуп бүткөндө айтыла турган туруктуу сөз. «Кудай берсин, колдосун!» деген мааниде.
Оорук - 1. Согушка бараткан кол белгилүү жерге барып токтогон жай. 2. Согуштун арты, кээде, узакка көчпөй калган айыл маанисинде да колдонула берет.
Ордолуу шайы, көк жеке// көк жөкө -Кокон шаарынын эпитеттеринин
бири (мыкты шайы, коozдолгон өтүк чыгарган чоң Кокон деген мааниде).
Оромпой - балдар ойноочу оюндун бир түрү.
Отогот - мансап белгисин билдирүүчү баш кийимге тагылган куштун канаты, же таш.
Очогор - эпостогу баатырлардын мылтыгынын түрү.
Өкчө - бут кийимдин апкыты.
Өп - суйдаң, анча калың эмес.
Пир - 1. Дин ишениминде адамды колдоочу олуя. 2. Сыйына турган зоболосу бийик киши.
Саадак - жаа, жебе кап.
Саз - керсары, кыйналган, азган-арыган.
Сай - ылгый, өңкөй, жалаң.
Сайроо - суунун тайыз жери, кечмелик.
Сайыппуруш / / зайыппуруш - сахиби - ээ, хуруж - чыккан, баарына ээ болгон мыкты баатыр маанисинде тарыхый адамдар арасында мындай титулга үч адам: Александр Македонский; Чыңгыз хан, Тамерлан ээ болгон экен.
Салбурун // салбырын - көп адам чогулуп узак жерге аңчылыкка чыгуу, аң уулоо.
Сарпай - сый тон, аш-тойлордо сыйлуу адамдарга кийгизиле турган кийим.
Себил - 1. Ок өтпөс кийим. 2. Курал-жарак.
Сетер - 1.Ыйык. 2. Эң начар, эч нерсеге арзыбаган жаман.
Сом туяк - чоң, чулу туяк.
Сопол куйрук - чолок куйрук маанисинде.
Сулайман - пайгамбарлардын биринин аты.
Суп - ак төөнүн жүнүнөн жасалган кийим.
Супа саадак//супа садык - таң эрезеси, таң ата баштаган учур, таң сүрө баштаганда.
Сүрөк - мүйүздүү ири малдын жалпы аты.
Сүт кымыран - элейип, делдейип.
Саяң - суюк, сыйда.
Саят - 1. Илбээсинге аң кылуу. 2. Тор жайып, белестен куш же бүркүт күтүү.
Таш сайынган - кытай төрөлөрүнүн бөрктөрүнө сайган төрөлүк белги ташы.
Тинте - шамшар, канжар.
Тобурчак - чоң жакшы ат; согушка минүүгө жарактуу ат.
Торко - жибек кездеменин түрү.
Тул - эри өлгөн аял эринин кебетесине окшоштуруп жасап, өлгөн күйөөсүнүн чапанын жаап, үстүнө анын баш кийимин коюп, кошөгө тартып, бурчка отургузуп ашын бергиче сактоочу сөлөкөт, каралуу аял.
Туулга - согуш учурунда баатырлар кийүүчү болоттон жасалган баш кийим.

Түпөк - найзанын уч жагына тагылуучу топ кыл.
Түрк кылуу - 1. Күчтүү, чоң. 2. Ашып-ташыган, өсүп жетилген. Койду түрк кылуу - койду семиртүү, жетилтүү.
Талгак - кош бойлуу аялдарга мүнөздүү, тамактын кандайдыр бир түрүн эңсөө, күсөө.
Томого - 1. Алгыр куштардын башына каптап кийгизилүүчү булгаарыдан жасалган баш кап. 2. Баш кийимдин түрү.
Төл башы - бир короодогу малдын ичинен эң алгачкы туулган жандык.
Тумар - диний ишеним боюнча шайтан, жинден, ар кандай кырсыктардан дуба жазылып, баалуу кездеме же булгаары менен үч бурчтук түрүндө тышталып тигилет.
Түлөө - (тилөө) адамдар жаратkандан ырайымдуулук, жакшылык сурап, мал союп өткөрүлүүчү диний ырым-жырым.
Укурук - азоо жылкыны кармоодо колдонулуучу, учуна илмек кыл аргамжы байланган долоно, тал, четинден жасалган узун жыгач.
Укмактуу бээжин - бейиш сымал, жыргал Бээжин.
Үлкөн - чоң, эбегейсиз.
Үп - (үбүмө) - үй мүлк.
Үртүк - коoздолуп жасалган ат жабуу.
Үтүгүңө шөөдай - балит сөздөр менен калмакча тилдөө.
Чампан - тили түшүнүксүз деген мааниде.
Чалма - душманды, каршылашты жыгуу, колго түшүрүү үчүн жасалган аркан.
Чилик аралаш - чытырман, түнт, калың.
Чилтен - мифологиялык түшүнүктө адам көзүнө көрүнбөгөн, укмуштуудай касиетке ээ болгон жакшылык кылуучу дух.
Чоюнбаш - куралдын аты.
Чумпу - калмакча «тумар» деген мааниде.
Чыбык кыркуу - ант, шерт, убаданы бекитүү.
Чынмачын - эпос боюнча кытай эли.
Чыңыроо // чыңыроон - музыкалык аспап, сурнай керней.
Шай ата - колдоочу олуя.
Шамыян - кош айдаган өгүздүн мойнундагы моюнтурукка өткөрүлүүчү жыгач казык.
Шер - 1. Жолборс. 2. Кыраан, баатыр.
Ылама - чоң, башкы насаатчы.
Ылашкер - аскер.
Ыпча - Ферганадан түндүк кыргыздарга сатылуучу колго жасалган кездеменин бир түрү.
Ырапыс - кездеменин бир түрү («репс»).
Эбедей - ичи-боору эзилүү, өтө кубануу, сүйүнүү.
Эге - кудайдын аты.
Эдене тайтаң - эрке, тентек.
Эңиш - кыргыздын ат оюндарынын бир түрү.
Эрешен - өспүрүм.
Эриш бузуу - нике бузуу, үй-бүлөнү бузуу. Адатта эл түшүнүгү боюнча эр өлтүрүү менен бирдей бааланган өзгөчө чоң кылмыш эсептелген.

Сөздүктү даярдаган Аркарбек МАМЫТОВ,
Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери.

## 35 Алп манасчынын алдындагы парз аткарылды

«Манас» эпосу - ар бир кыргыз үчүн ыйык. Биз бала кезибизде «Манас» эпосун окуп чоңойдук, ар-намыстуулук, Ата Журтту сүйүү, эрдикке шыктануу сыяктуу көрүнүштөр кан-жаныбызга сиңип калгандай сезилет. Ошондуктан, «Манас» эпосун айтуучулар - манасчыларды касиеттүү, таланттуу адам катары сыйлап жүрөбүз. Улам мезгил өткөн сайын кийинки муундар манасчылардын өкүлдөрүн көрбөй кала берет турбайбы! Бул жаратылыштын мыйзам-ченемдүүлүгүнө байланыштуу мен да Улуу манасчы Саякбай Каралаевди тирүү кезинде көрбөй, Болот Шамшиев менен Мелис Убукеевдин даректүү тасмаларынан, Тургунбай Садыковдун сүрөтүнөн гана көрүп, ал кишинин элесине тартылып калдым. 1992-жылы Адабият жана искусство институтуна директор болуп шайланган күндөн тарта Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарында «Манас» эпосунун академиялык басылыштарын колго алып, Сагымбай таануу (жетекчиси С. Мусаев), Саякбай таануу (жетекчиси А. Жайнакова) деген эки чыгармачылык топ түздүм. Натыйжада «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата Сагымбай Орозбаковдун вариантында 6 китеп, Саякбай Каралаевдин вариантында 3 китеп окурмандардын колдоруна тийди. Ал эми илимий кызматкер Ооганбек Исмаилов менен бирдикте залкар манасчынын туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата Чыңгыз Айтматовдун, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Азиз Салиевдин, Тургунбай Садыковдун, Виктор Виноградовдун, Кусеин Карасаевдин, Зияш Бектеновдун, Самар Мусаевдин ж. б. эскерүүлөрүн, макалаларын жыйнап, «Алп манасчынын элеси» (Бишкек, «Кыргызстан», 1994) деген эмгекти чыгарганбыз. Саякбай Каралаевдин 100 жылдык маарекесин өткөрүү 1994-жылы Өкмөт тарабынан Адабият жана искусство институтуна тапшырылып калды. Филармониянын чоң залында эл аралык конференция өткөрүп, Балыкчы шаарына эстелигин ачууга барып калдык. Саякбай Каралаев жөнүндө көп уктук, таң калдык... Ошентсе да каражаттын тартыштыгынан улам Саякбай Каралаевдин «Манасы» (84 830 сап), «Семетейи» (397 775 сап), «Сейтеги» (17 948 сап) толук бойдон окурмандардын колуна жете элек. Ким күнөөлү?! Албетте, каражаттын жоктугу. Ага илимий кызматкер Айнек Жайнакова көшөрүп отуруп, академиялык басылыштагы тексттерди даярдап койгондон бери кыймылсыз «мүлк» катары жатат. Балким, бир күнү илимий түшүндүрмөлөрү менен жарык көрүп калар. Бар болуңуз, Айнек эже! Ушундай абалда турганда «Турар» басмасынын жетекчиси, кыргыздын ар-намыстуу жигити Тилек Мураталиев Саякбай Каралаевдин вариантында эпостун трилогиясын басмадан чыгаруу жоопкерчилигин алганы бизди кубандырып отурат. Бар бол, Тилек иним! А биз болсо жалпы калайыкка кантип жеткиребиз деген ой менен кайра түзүп чыктык. Биздин эмгегибизди кыргыз эли эч унутпайт. Биз өзүбүздүн парзыбызды аткардык.

Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Чыңгыз Айтматов атындагы
Тил жана адабият институтунун директору.

## 36 МАНАС

Баатырдык эпос
С. Каралаевдин варианты боюнча
Түзгөндөр: Жайнакова Айнек,
Акматалиев Абдылдажан
Теодор Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды.
Бишкек, «Турар» басмасы
Кыргыз тилинде

Редактору Жакин Теңирбергенова
Корректору Айгүл Сардарбекова
Дизайнери Рахим Төлөбеков
Компьютердик калыпка салган Гүлзат Ниязалиева
Терүүгө 10.02.2010-ж. берилди. Басууга 26.05.2010-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84х52г/8. Көлөмү 126,0 басма табак.
Заказ №446. Нускасы 2000.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек шаары, Жибек жолу проспектиси, 466.